А.А. АКУНОВ, Г.С. МАМБЕТАЛИЕВА

АДАМ УКУКТАРЫ ДЕМОКРАТИЯ БИЙЛИГИ





ЭНЦИКЛОПЕДИЯЛЫК СӨЗДҮК

А.А. Акунов
Г.С. Мамбеталиева

АДАМ УКУКТАРЫ ДЕМОКРАТИЯ БИЙЛИК

ЭНЦИКЛОПЕДИЯЛЫК СӨЗДҮК

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлиги тарабынан ЖОЖдордун студенттери үчүн «Саясат таануу» предмети боюнча окуу куралы катары сунушталды

Бишкек – 2015

УДК 323/324
ББК 66.3
А 44

Рецензенттер:

Ж.С. Сааданбеков, саясат таануу илимдеринин доктору, профессор;
А.И. Кангельдиев, саясат таануу илимдеринин доктору

Акунов А.А., Мамбеталиева Г.С.
А 44 Адам укуктары, демократия, бийлик. Энциклопедиялык сөздүк. – Б.: 2015. – 496 б.

ISBN 978-9967-27-790-8

Бул илимдер аралык ыкманы колдонуу менен түзүлгөн энциклопедиялык сөздүк биздин өлкөдөгү алгачкы саамалык болуп эсептелет. Ушундай ыкманы колдонуу окурмандардын талабын толугураак канааттандырганга ыңгайлуу шарттарды түзөт. Сөздүк миңден ашык терминдерди өзүнө камтып, мазмуну боюнча теориялык багытта гана болбостон, биздин заманбап саясий практиканы түшүнүүгө, анын катышуучуларына өздөрүн ишенимдүү алып жүрүүлөрүнө жардам берет деп ойлойбуз.

Китеп саясатчыларга, саясат жана укук таануучуларга, мамлекеттик кызматкерлерге, мугалимдерге, студенттерге, дегеле заманбап коомду түшүнүүгө далалат кылган жалпы окурмандарга арналат.

А 0801000000-15

ISBN 978-9967-27-790-8

УДК 323/324
ББК 66.3

© Акунов А. А.,
Мамбеталиева Г. С., 2015

КИРИШ СӨЗ

Колуңуздагы сөздүктүн аталышынан эле анын мазмунунун өзгөчө экендигин баамдаса болот. Китептин авторлору сөздүктүн түзүмүн аныктоодо катардагы окуучунун, жалаң эле саясатчы, же саясат таануучу эмес, жалпы эле бүгүнкү Кыргызстан коому башынан кечирип аткан түшүнүүгө татаал, көп тармактуу, бири-бирине чиеленишкен окуяларды аңдап-билүүгө аракеттенген окурмандын мүмкүнчүлүгүн жана кызыкчылыгын биринчи орунга коюшкан. Заманбап окурмандын өлкөдөгү коомдук-саясий окуяларды түшүнүүгө болгон ынтызарлыгын, суроо-талаптарын канааттандырууда «Саясат таануу», «Укук таануу», «Социология» же коомдук илимдердин дагы бир предмети менен эле чектелсек, анда авторлор сунуштаган жооптор толук болбой, жыйынтыгында окурман толук канааттанбай калаар эле. Ошентип, авторлор бул сөздүктү түзүүдө тигил же бул өзүнчө алынган бир илимдин тар чөйрөсүнөн чыгышып, терминдерди жазууда, алардын мазмунун ачып берүүдө илимдер аралык, предметтер аралык ыкманы колдонушту.

Энциклопедиялык сөздүккө кирген макалалар алфавиттик тартипте жайгаштырылып, коом таануунун азыркы парадигмалары менен категориялык аппаратынын негиздерин үйрөнүүгө зарыл болгон укук таануу, демократия, бийлик жана саясат жөнүндөгү илимдердин тарыхы жана заманбап абалы, жалпы кабылданган жана атаандаш теориялар менен илимий ыкмалар жөнүндө, белгилүү саясат таануучулар жана алардын ишмердиктери жөнүндө окуучуларга түшүнүк берүүчү терминдердин, процесстер менен кубулуштардын түшүндүрмөлөрүнөн турат. Китептин мазмунунан даана көрүнүп тургандай ага кирген терминдердин аталышы инсандын өзүн курчап турган, ал өзү активдүү катышып жаткан коомдук-саясий процесстерди түшүнүп-билүүгө жардам берүүнү негизги максат кылганын белгилеп кетүү зарыл.

Ааламдаштыруу шарттарындагы мамлекеттин орду жана ролу, кыргыздардагы коомдук-саясий ойдун өнүгүү тарыхы, саясий тутумду модерндештирүү, же башка бир катар заманбап коомдук-саясий парадигмаларды жазууда, адатта сөздүккө мүнөздүү болгон маалыматтарды өтө кыска берүү талабынан сырткары чыгып, окурманга түшүнүктүү болсун деп аларга китептен кенен орун берилди. Кыргыз тилинде жарык көргөн буга окшогон эмгектердин аздыгынан улам, экинчи жагынан, заманбап коомдогу тынымсыз ойдо-төмөн, оң-тетири жана чиеленишкен ар түркүн окуяларды сүрөттөп жазганда дайым эле жалпы коомчулук кабыл алган аныктама, баа же бүтүмдөрдү берүү бир кыйла кыйынчылыктарды туудурганын, мындай учурларда айрым талаш-тартыш маселелер боюнча авторлордун көз караштары, алардын жекече баалары жана бүтүмдөрү берилгендигин айта кетмекчибиз. Ушундан улам окурмандардан башкача ой-бүтүмдөрдү, идеяларды, конкреттүү сунуштарды жана демилгелерди күтөбүз.

Буга чейин кыргыз тилинде жарык көргөн эмгектердин кеңири чөйрөсү бул сөздүктү түзүүдө кеңири пайдаланылды. Албетте, Кыргызстандагы коомдук-саясий процесстерге

арналган орус тилиндеги адабияттар да колдонулуп, бирок сөздүктүн эрежесине ылайык тексттин ичинде шилтемелерди берүү кабыл алынбагандыктан, алар толугу менен библиографияга киргизилди. Алардын ичинен тарых илимдеринин докторлору Т.О. Ожукеева, Т.Кененсариев, Т.Чоротегин, О.Каратаев, философия илимдеринин докторлору А.С. Салиев, К.И. Исаев, А.Б. Элебаева, Н.Саралаев, саясат таануу илимдеринин кандидаттары О.А. Молдалиев, К.Ж. Базакеева, Э.Мамбеталиева, Ч.Сыдыкбаев, Э.Сыдыгалиева, А.Мурзакулова, В.Ибраеванын эмгектерин өзгөчө көрсөтүү менен авторлор аларга өздөрүнүн терең ыраазычылыктарын билдиришет.

Макалаларды дыкаттык менен окуп, өзүнүн баалуу сын-пикирлерин берип, тексти оңдоп-түздөп, кыргызчалаганга зор салымын кошкон профессор Н.К. Саралаевге, жаш адис Б.Усубалиевага жана техникалык кызмат көрсөткөн М.Акматовага авторлордун атынан терең ыраазычылык билдирилет. Кыргызстан коомунун саясий тутуму, башкаруу формасы, саясий партиялары, өкмөттүк эмес уюмдары, башка саясий институттары жана процесстери жөнүндө маалыматтар, көптөгөн терминдер нукура кыргыз тилинде берилди. Ушундан улам саясий кыргыз тилин өнүктүрүүгө да бул китеп өз салымын кошоорун айта кетмекчибиз.

Бул китеп мазмуну боюнча теориялык багытта гана болбостон, биздин заманбап саясий практиканы түшүнүүгө, анын катышуучуларына өздөрүн ишенимдүү алып жүрүүлөрүнө жардам берет деп ойлойбуз.

А

ААЛАМДАШУУ – түшүнүгү, мазмуну жана багыттары. А. XXк. 50-ж. тартып саясий өзгөрүүлөрдүн жана саясий өнүгүштөрдүн түрлөрү: жаңылоо, транзитология, туруктуу өнүгүш сыяктуу ар кандай теориялардын алкагында изилдене баштады. «Үчүнчү дүйнө» өлкөлөрүндө саясий өзгөрүүлөр жүрүшүн эң биринчилерден болуп жазып чыккан жаңылоо көз карашы болду. 50–60-жж. жаңылоо теориясы батыш саясат таануусунда жигердүү башталган. XX к. 60-ж. аягы – 70-ж. башында жаңылоо теориясы кайра карап чыгууларга жана шектенүүлөргө туштукту. Универсалдуулукка болгон жаңылоо көз карашынын дооматтары сынга алынды. Окумуштуулар коомдордун саясий жана социалдык-экономикалык түзүлүштөрүнүн өзгөрүшү батыш үлгүсү боюнча гана жүрбөйт деген тыянакка келишти. Өнүгүп бара жаткан өлкөлөрдөгү салттык институттар менен баалуулуктардын жашашы жаңылоо жолуна тоскоол болбойт. Негизги басым жаңылоонун универсалдык чен-өлчөмдөрүн сактоодо улуттук өзгөчөлүктөрдү эсепке алууга коюлду. Анын үстүнө жүргүзүлүп жаткан өзгөртүүлөрдүн маңызы капитализмге эмес, өзүнчө улуттук түрлөрү бар дүйнөлүк цивилизациянын жетишкендиктерин өзүнө камтыган өнүгүүнүн жаңы, натыйжалуураак үлгүсүнө өтүү катары каралды.

Өзгөчө маани каржылык тутумду турукташтырууга, бюджеттин тең салмактуулугуна берилди. Талаптардын бул пакети: алмаштыруунун өзгөрмө курсу; соода тоскоолдорун азайтуу; өндүрүш чыгымдары өтө эле аз, өндүрүш уюштура ала турган өлкөлөрдө трансулуттук корпорацияларды түзүү; улуттук экономикада мамлекеттин жөнгө салуучулук милдетин бошоңдотуу сыяктуу негизги элементтерден туруп, «Вашингтон тил табышуусу» деген ат менен белгилүү болгон. «Вашингтон тил табышуусу» деген атоо биринчи ирет 1998-ж. англиялык изилдөөчү, Лондон экономика мектебинин профессору Жон Грей тарабынан колдонула баштаган (бирок Америка булактары бул терминди 1990-ж. биринчи ойлоп тапкан Жон Уиллиамсон болгон деп эсептешет).

80-ж. аягында постжаңылоо теориясын алмаштырган жаңы идея – А. идеясы пайда болгон. «Глобалдашуу» термини тигил же бул жүрүштөрдүн жалпы планетардык мүнөзүн билдирген латын термини «глобус» (жер, жер шары) менен байланышкан. «А.» термини өзүнүн жалпы маанисинде экономиканы интернационалдаштыруу, дүйнөлүк байланыштардын жалпы тутумун өнүктүрүү, улуттук мамлекеттердин милдеттерин начарлатуу жана өзгөртүү, мамлекеттик эмес, трансулуттук түзүлүштөрдүн, анын ичинде улуттук диаспоралардын, диний кыймылдардын, мафиоздук топтордун ишмердигин жигердентүүнү туюнтат.

А. тең эместиктин терендешине, дүйнөнүн жаңы үлгүсүнүн пайда болушуна алып келет. Жаңы дүйнө катнашы 20:80, же дүйнөнүн бештен бир бөлүгүн түзөт. Болгон байлыктардын 80% «алтын миллиард» аталгандар, Жер шарынын (анын ичинде АКШ менен Батыш Европа өлкөлөрү – дүйнөлүк ресурстардын 70%) калкынын бешинчи бөлүгүн гана түзгөндөр көзөмөлдөп турушат. 20% гүлдөп өскөн өлкөлөр дүйнөлүк БУКтун 84,7%ына кожоюндук кылышат, алардын жарандарына дүйнөлүк сооданын 84,2% жана ички эсептердеги жыйган акчалардын 85,5%ы туура келет. XX к. 60-ж. тартып бай өлкөлөр менен жарды өлкөлөрдүн ортосундагы ажырым эки эсеге көбөйгөн.

Америкалык изилдөөчү П.Ратленд А-нун алты негизги белгисин бөлүп көргөзөт:

- Маалыматтык технологиялардагы революция.

- Негизи неолибералдуулук («Вашингтон тил табышуусу») болуп саналган экономикалык революция.

- Либералдык демократиянын (либералдык-демократиялык баалуулуктардын) салтанаты.

- Улутчулдук саясаты жана чектөө. Ар бир улутка улутчулдуктун, аймакчылыктын жана экономикалык ааламдаштыруунун айкалыш түрлөрүн издөө керек кылынат.

- Түз байланыштар. Аймактык соода-экономикалык жана саясий топтордун мааниси өсөт.

- Карама-каршылаштыруу. Мамлекеттер аралык теңсиздиктин өсүшү айрым бир өлкөлөрдүн ичиндеги теңсиздиктин өсүшү менен байланышкан.

Ааламдашуунун терс натыйжалары. А-нун артыкчылыктарын бөлүштүрүүнүн бир кылка эместигин эске алуу менен конкреттүү өлкөдөгү А. жүрүшүнүн терс натыйжалары бул өлкөнүн дүйнөлүк экономикадагы ээлеген ордуна көп байланыштуу болот. А. жүрүшүнүн маанилүүрөөк терс натыйжалары:

1. «Бай» жана «жарды» өлкөлөрдүн калкынын жашоо деңгээлиндеги аябагандай чоң диспропорциялар андан ары өсөт. Аларга экономикалык жактан өтө артта калган өлкөлөр менен аймактар гана эмес, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн, Латын Америкасынын, Түштүк-Чыгыш жана Борбордук Азиянын көптөгөн мамлекеттери кирген бир топ эле чоң аймактары кошулуп кетет.

2. А. жашоонун батыш стили, көпчүлүк маданият жана ой жүгүртүү түрлөрүн экспансиялоо менен да байланышкан. А. жүрүшү көптөгөн өлкөлөрдө, жада калса Европа Союзуна кирген, мис., Франция, Германия ж.б. улуттук өзүнчөлүктү сактоого умтулуу жана бири-бирине каршы багыттарды алып келет. А-га жооп катары улутчулдуктун өсүшү жана аймактык, анын ичинде Борбордук Азияда биригишүүнү өнүктүрүү пайда болот.

Борбордук Азиянын бардык өлкөлөрү үчүн А. кыйынчылыктарын жана коркунучун алардын экономикалык жана укуктук тутумдарынын жетишсиз даярдыгы менен шартталган экономикалык күч-кубатынын төмөндүгү пайда кылаарын белгилеп коюу керек. А. экономиканын чет жактардагы үлгүсүн бекемдөөгө жана өнүгүүнүн булактарын жоготууга алып келет. А. азыркы мамлекеттин маани-маңызына жана милдеттерине бир топ эле таасир бергендиктен, улуттук эркиндиктин бузулушу бул өлкөлөр үчүн олуттуу маселе болуп калат.

А. жүрүшүнө каршылык көрсөтүү борборлору жана нааразы болуунун айрым бир көрүнүштөрү азыркы шарттарда, бир кылка эмес жана өзүнө окшошпогон максаттары менен иш-аракеттери бар ар түрдүү бирикмелерди киргизген трансулуттук социалдык бирдиктүү-А-га каршы кыймылына кошулуп кетишкен. Кыймылдын радикалдарынын иш-аракеттери ааламдык чоң-чоң иш-чаралар өткөрүлгөн кездерде чуулгандуу-талоончул мүнөздө болот. Бүгүн А-га каршы кыймылдын дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн башкаруучу саясий элитасына таасирин күчөтүүгө мүмкүндүк бере турган өзүнүн парламенттик тутуму бар.

Ааламдашуунун оң жыйынтыктары. А-нун жүрүшүнүн оң жыйынтыктары (артыкчылыктары) катары төмөнкүлөрдү бөлүп көрсөтүүгө болот:

1. Баалардын төмөндөшүнө жана чыгымдардын кыскарышына, демек туруктуу экономикалык өсүшкө алдын жетишинче алып келе турган өндүрүш деңгээлиндеги экономия А. жүрүшүнүн маанилүү артыкчылыктарынын бири болуп эсептелет.

2. А. артыкчылыктары бардык тараптуу канааттандырган өз ара пайдалуу негиздеги эркин сооданын утушу менен да байланышкан.

3. А. атаандаштыкты күчөтүү менен бардык өлкөлөрдүн ичинде жаңы технологияларды андан ары өнүктүрүүгө жана жайылтууга колдоо көргөзөт. А-нун артыкчылыктары өлкөлөр чет элдик мамлекеттердин туура келген чөйрөлөрүндөгү алдыңкы илимий-техникалык, технологиялык жана кесиптик деңгээлин пайдалануудан алган экономикалык пайдалар менен да аныкталат, бул учурларда жаңы чечимдерди ишке киргизүү кыска мөөнөттөрдө жана салыштырмалуу аз чыгымдар менен жүргүзүлөт.

4. А. эл аралык атаандаштыктын өнүгүшүнө мүмкүндүк берет. Сөз өзүнчө мамлекеттин же корпорациянын күчү келбей бараткан жаңы атаандаштык чөйрөлөр жана салттык базарлардагы катуураак атаандашуулар жөнүндө бара жатат. Дүйнөлүк экономикадагы А. жүрүштөрү баарынан мурун керектөөчүлөргө пайда, анткени атаандаштык аларга тандоо мүмкүндүгүн берет жана бааларды түшүрөт.

5. А. дүйнөлүк деңгээлде өндүрүштү рационалдаштыруу жыйынтыгында эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатууга жана алдыңкы

технологияларды жайылтууга, ошондой эле дүйнөлүк деңгээлде инновацияларды үзгүлтүксүз киргизүү пайдасына жасалган атаандаштык кысымчылыктарына алып келет.

6. А. өлкөлөргө каржылык булактардын көбүрөөк көлөмүн пайдалана ала тургандай мүмкүндүк берет, анткени инвесторлор базарлардын көбөйгөн санында каржылык кенен куралдарды колдонушу ыктымал.

7. А. адамзаттын жалпы маселелерин, биринчи кезекте ар кандай чөйрөлөрдө иш-аракеттердин жөнгө салынышын, байлыктардын биригишин, дүйнөлүк коомчулуктун аракеттеринин баш кошушун шарттаган экологиялык маселелерди чечүү үчүн олуттуу негизди түзөт.

8. А-да ыкчамдык өсөт жана байланыштар ылдамдайт. А-нун терс жактарынын бири болуп эсептелген бай менен кедейлердин ортосундагы технологиялык ажырымдын аныктыгына карабастан, интернеттин жана башка техникалык каражаттардын өнүгүшүнүн оң натыйжасы элдин бир өлкөдөн экинчи өлкөгө баруусу жана башка элдер менен түзүлгөн алакасы болуп калды. Бул бизге тажрыйба алмашууга жана бири-бирибизден, башка маданияттардан үйрөнүүбүзгө мүмкүндүк берет.

9. А. акырындык менен чек аралардын ачылышына жардам болот.

ААЛАМДАШУУ жана МАМЛЕКЕТ – мамлекеттин өзү А. доорунда чоң өзгөрүүлөргө туш келе баштайт. Ушундан улам Роберт Купер тарабынан сунушталган мамлекеттердин типологиясы көңүлдү өзүнө бурат. Ал боюнча, азыркы мезгилде мамлекеттердин үч түрү бар:

1. «Азыркыдан кийинки», бул көбүнесе жер шарынын ар кайсы бурчтарында А. жүрүшүнө жигердүү катышкан өнүккөн батыш өлкөлөрү, Түндүк Американын, Батыш Европанын жана Чыгыш Азиянын индустриядан кийинки өлкөлөрү. Өлкөлөрдүн бул тобу өзүнө адамзаттын бешинчи бөлүгүн гана камтып турганы менен дүйнөлүк өнүгүштүн бардык чөйрөлөрүндөгү таасир берүүчү негизги каражаттарга ээ.

2. «Азыркы» же салттык мамлекет-улуттар, негизинен А. жүрүшүнө анчалык тартылыша элек батыштагы эмес өлкөлөр. Акыркы 20–30 жылда өз аймактарында А. анклавы өндүү бир нерсе түзүп алышкан, бирок аларга тышкы жана ички саясаттын багыттарын аныктоону уланткан салттуу коомдун зор дүйнөсү каршы турат. Бул көп учурда алардын өнүгүшүндөгү эки доминанттын карама-каршылыгын чагылдыруучу социалдык-экономикалык жана саясий кризистерге алып келет. Мамлекеттердин бул тобуна Чыгыш Европанын, Түштүк-Чыгыш жана Түштүк-Батыш Азиянын жана Латын Америкасынын көпчүлүк өлкөлөрү кирет.

3. «Азыркыга чейинки» же азыркынын алдындагы, башкача айтканда мамлекет – улут түзүү жолундагылар жана тарап кетүүгө ачык багыт алгандар. Бул топто дүйнөлүк жүрүштөрдөн өз алдынча бөлүнүү багыты, салттык багыттардын аябай басымдуулук кылаарлыгы байкалып турат. Ушуга байланыштуу чыныгы экономикалык жана саясий маселелерди чечүү экинчи катарда калат. Бул топко Африканын, Түштүк жана Түштүк-Батыш Азиянын, Латын Америкасынын айрым өлкөлөрүн кошууга болот. Азыркыга чейинки мамлекеттерди **квази-мамлекет** деп эсептесе болот, анткени андагы мамлекеттик институттар начар жана зомбулук аппаратына түздөн-түз монополдук көзөмөл жүргүзө албайт.

Азыркы мамлекет көп деңгээлде улуттук эркиндик жөнүндөгү салттык көз караштарга толугу менен жооп берет. Анын эркиндиги оң мүнөздө болот, мамлекет улуттук өнөр-жайлуу экономикага ээ. Азыркы мамлекеттер ортосундагы мамилелер күчтүн тең салмактуулук негизинде курулушу ыктымал, бирок ошол эле учурда кызматташтык менен институтташтыруунун олуттуу элементтерин камтышы мүмкүн.

Азыркыдан кийинки мамлекет – бул такыр бөлөк маселе. Бул жерде азыркы мамлекеттин негизинин өзү кол салуудан коргоону камсыз кылуучу эркиндик мурдагы маанисин жоготуп коёт. Азыркыдан кийинки мамлекеттер өздөрүнүн ички иштерине сырттан кириштүүгө жол беришет, анткени алар анын ордуна, башкаруунун суперулуттук деңгээлиндеги таасир сыяктууларды алышат.

Ошентип, XXI к. биринчи жарымында дүйнөлүк саясатта улуттук мамлекеттин жана

бардык өлкөлөрдөгү мамлекеттик бийликтин баркынын түшүшү күтүлөт. Бул А. менен шартталган. Азыркыга чейин А. жүргүзүнө улуттук экономикаларды, баарынан мурун өнүгүп бара жаткан жана өткөөл экономикалуу өлкөлөрдү кошкон, жалпыга бирдей «адилет» үлгү пайда боло калган жок. А-нун мындай үлгүнүн жок шарттарында андан аркы өнүгүүсү жана улуттук мамлекеттин социалдык маанисинин төмөндөшү планетанын калкынын көпчүлүк бөлүгүнүн социалдык корголбогондугунун аябагандай катуу өсүшүнө, мунун натыйжасы катары дүйнөдө башкаруучу идеологиялык негиздер менен саясаттардын күтүлбөгөн өзгөрүүлөрүнө алып келиши ыктымал.

ААЛЫ (АДАМ АТА) – кыргыздар көбүнчө Азирет-Аалы деп атайт. Мухаммед пайгамбардын чоң атасы менен бир туугандын баласы. Мухаммед пайгамбардын күйөө баласы. Фатима деген кызын алган. Төрт чахар йардын бири. Төртүнчү калыпа. А-нын калыпалык кезинде араб башкаруучуларынын ынтымагы кетти. Мухаммед пайгамбардан кийин биринчи калыпалык А-га тийиш болчу деп, экиге бөлүндү. А. тарабы «шиа» деп аталды «Өзүнчө топ» деген мааниде. Экинчи тарабы «сүнни» деп аталды. Ал Мухаммеддин айтканын эки кылбагандар. Ошентип, айгышкан катуу күрөш башталды. Магавиянын уулу – Йезит (Жезит) деген А-нын уулу Хусаинди Кербаланын чөлүндө (Иракта) үй-бүлөсү менен суусатып өлтүрдү. А. тараптагылар аны өтө жогору даражага көтөрдү. Аны *алуя, пир* катарына кошту. Толгон китептер чыкты. А-ны жигиттин пири «шахимардан» деп атады. Айрыкча анын уулу Хусаинди катуу даңазалап, имам катарына кошту. Анын өлүмүнө байланыштуу «шахси-вахси» деген уюм пайда болду. Мына ошол Хусаиндин өлгөн күнүнө арнап, ага сыйынган адамдар топтолуп алып, жүрүш жасап, өздөрүн кылычтап, денелеринен кан чыгара турган адат пайда болду. «Шахси-вахси» деген сөз – «шах Хусаин, ой Хусаин» деген кыйкырыктан пайда болгон дешет. А-нын аялы Фатиманы ургаачылар жынысынын пири деп аташат. Мына ушундан таралгандарды «сеид» деп, аларга чоң урмат көрсөтүү жөролгөсү пайда болду. Кыргыз эли да А-ны «шайимерден» («Шахимардан») деп, баатырлардын сыйынган адамына, колдоочусуна да айландырды. Кыргыздын эпостук чыгармаларында каармандардын бардыгы А-га гана сыйына турган адат туулду. «*Шаймерден* колдогон» деген сөздөр кыскарып, «шай колдогон» болуп калды.

Манастын уулу эр Семен,
Шай колдогон эр немең. (Семетей)
Искендер изин салбаган.
Азирет Аалы барбаган
Касиеттүү чоң Бээжин. (Манас)
Йа-а, жигит пири шаймерден, өзүң колдоо!
Ур – деп, өзү баштап алдыга чаап, кылыч булгалап, чабуулга өттү.

АБДРАХМАНОВ Жусуп (1901–1938) – мамлекеттик жана саясий ишмер. 1911–16-ж. Сазанов айылындагы (азыркы Ананьев) орус-жергиликтүү мектебинде, Каракол шаарындагы башталгыч окуу жайында окуган. 1916-ж. Үркүндө эл менен кошо Кытайга качып, 1917-ж. кайтып келген. Совет бийлиги орногондон кийин аны бекемдөөгө жигердүү катышкан. 1919-ж. РКСМ Түркстан бюросунун президиумунун жана РКСМдин Жети-Суу облусттук Уюштуруу бюросунун мүчөлүгүнө шайланган. 1920-ж. Москва шаарында өткөн РКСМдин 3-съездинин делегаты болуп, анда В.И. Ленин менен сүйлөшүп пикир алышкан. 1920-ж. партиялык жооптуу кызматтарда, 1927–33-ж. Кыргыз АССРинин Эл комиссарлар Советинин төрагасы болуп иштеген. 1933-ж. сентябрда «Алаш Ордо» контрреволюциячыл уюмунун өкүлү деген жалаа менен камалып, 1938-ж. 5-ноябрда атылган. 1958-ж. акталган. А. кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн зор аракеттерди жүргүзүп, Кыргыз АССРин союздук республикага айландыруу зарылчылыгы жөнүндө Сталинге бир нече жолу кат жазып кайрылган. Ал Кыргызстандын экономикасын, маданиятын өнүктүрүүгө, ошондой эле кыргыз тилинин маанисин көтөрүүгө, башкаруу жана чарбалык органдар аппаратына жергиликтүү элден адистерди даярдоого зор салым кошкон. А-дун кыргыз тарыхын изилдөө боюнча алгачкы эмгеги 1938-ж. «Кыргызстан» деген ат менен

жарык көргөн, мындан тышкары «1916-жылкы көтөрүлүш жөнүндө» (1932), «Көчмөн жана жарым көчмөн чарбалардын отурукташы жөнүндө» (1932), «Күндөлүгү» ж.б. эмгектери бар.

АБОЛИЦИОНИЗМ (анг. abolitionism, лат. abolitio – жокко чыгаруу, жок кылуу) – 1) кайсы бир мыйзамдын жокко чыгарылышын колдоочулардын коомдук кыймылы; 2) XVIII к. аягындагы XIX к. башындагы АКШдагы негрлердин кулчулугун жокко чыгаруу кыймылы.

АБОЛИЦИЯ (анг. abolition, лат. abolitio – жокко чыгаруу, жок кылуу) – тигил же бул мыйзамды жокко чыгаруу, башкаруу ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү чечимдерди жокко чыгаруу.

АБОРИГЕНДЕР (лат. aborigines – баштапкы, негизги, байыркы) – белгилүү бир аймакта орун алып, кийин көчүп келген тургундарга караганда ал жерде мурдатан өмүр сүрүп келе жаткан түпкү, байыркы калк (мис., америкалык индейлер менен австралиялык А.). А. көбүнесе белгилүү бир жердин байыркы тургундары иретинде өз ара отурукташып, тууган-туушкандык, тарыхый жана экономикалык карым-катнашта болушат. Алар бир улуттук-этникалык коомдоштуктун курамына кириишет. Америка жана Австралия өлкөлөрүнүн оторчулугу учурунда жергиликтүү калк кыргынга учурап, калгандары четтеги аймактарда – резервацияда отурукташып калган.

АБСЕНТЕИЗМ (лат. absen, absentia – катышпоо) – *бийлик*тин өкүлчүлүк уюмдарын, *мамлекет башчыларын* шайлоодо шайлоочулардын добуш берүүдөн баш тартышы. А-дин болушу бир жагынан, коомдогу адамдын эркиндигинин белгиси, адам өзүн алып жүрүүнүн варианттарын тандоо укугуна ээ. Экинчи жагынан, А-дин болушу жарандардын бир бөлүгүнүн шайлоонун жыйынтыгына ишенбөөчүлүгүн, талапкерлердин программалары жана убадалары менен жарандардын жашоо келечегинин ортосунда байланыштын жоктугун, шайлоо кампаниялары мезгил-мезгили менен өткөрүлүп турууну гана чоң саясий оюн экендигин күбөлөндүрөт. Жарандык коомдун институттары канчалык жогору өнүккөн болсо, адамдардын өзүн-өзү аныктоо мейкиндиги (өз алдынча ишинин болушу, мамлекеттик эмес структурада иштөө) канчалык кеңири болсо, анда А-дин дайыма жашап туруу мүмкүнчүлүгү ошончолук жогору болот. *Адам укугу жана эркиндиги* корголгон, экономикалык туруктуулук байкалган, социалдык системасы калыптанган өлкөлөрдө А. коомдун бир бөлүгү катары, астейдил көрүнүш болуп калат. Бирок А. дайыма эле эркиндик жана жыргалчылык менен бирге болбостон, кээде жарандардын бийликтен четтелиши катары көрүнүп, саясатчыларга карата ишенимдин кетишин, саясий ишкердикке карата кызыкчылыктын жок экендигин билдирет. Эгер А. массалык көрүнүшкө айланса, анда өкүлчүлүк уюмдардын легитимдүүлүгүнө, шайлангандардын авторитетине коркунуч туулат. Ошондуктан А. саясий практиканы сындап баалооого себеп болот. А-дин өсүшүн *саясий кризистин* белгиси катары, саясатчылар альтернативдик варианттарды берүүгө жөндөмсүз деп кароого да болот. А-ди *бойкот*тон, саясатка каршылык көрсөтүү демонстрациялары, аркылуу катышуудан, шайлоо кампаниясын үзгүлтүксүз учуратууга, бийликтин өкүлчүлүк системасын алсыратууга карата жасалган аракеттерден айырмалай билүү керек.

АБСОЛЮТИЗМ (лат. absolutus – сөзсүз, чексиз, шартсыз) – *мамлекет*ти башкаруу формасы; ага ылайык саясий *бийлик* бир адамдын-монархтын колуна топтолгон. А. *мамлекеттик бийлик*тин жогорку деңгээлдеги борборлоштурулушу менен айырмаланып, коомдогу жогорку бийликтин өкүлдүк уюмдары жоюлат (мис., Орусиядагы Романовдор династиясынын башкаруусу 1613–1917). А. көбүнесе XVII–XVIII к. Батыш Европа өлкөлөрүндө күч алган. Ал эми азыркы заманда мамлекеттик башкаруунун бул түрү Бахрейн, Бруней, Катар, Кувейт, Оман, Сауд аравиясы өлкөлөрүндө бар.

АБСОЛЮТТУК БИЙЛИК (анг. absolute power/authority – толук бийлик; абсолюттук ыйгарым укук) – тигил же бул субъекттин (монархтын, мафия башчысынын, уруу башчысынын ж.б.) таптакыр чеги жок, шексиз, эч нерсе жана эч ким тарабынан көзөмөлдөнбөгөн бийлиги.

АБСОЛЮТТУК (ЧЕКСИЗ) УКУК – ага эгедер жакка бир же бир нече милдеткер жактар

каршы турган субъективдүү укук. А. у-тун кызыкчылыгына туура келбеген иш-аракеттерди жасабоо жоопкерчилиги тууралуу башка жактардын баарына атайын билдирилет. А. у-ка айрым мүлктүк (айрыкча, буюмдар боюнча) жана мүлккө жатпаган бардык укуктар кирет. Мис., адамдын туулгандан тартып эле ээ болгон негизги укугу менен эркиндиктери (эч качан ажыратылбас жана бардык жагынан мыйзам менен сот тарабынан корголгон).

АБЫКЕ – «Манас» эпосунда Манастын атасы Жакыптын кичи аялы Бакдөөлөттөн төрөлгөн алты уулунун же *«алты арамдын»* бири. А. иниси *Көбөш* менен бирдикте Манаска каршы иш жүргүзөт. Айрым учурда Көбөшкө караганда ак көңүл, абийирдүү адам катары көрсөтүлгөнү менен басымдуу учурда Көбөштүн жетегинен чыкпаган жетелеме адам. «Чоң Казатка» аттанарда Манас баатыр калың элге жар чакыртып, жортуулду каалабагандарга үйлөрүндө калууга эрк берет. Ошондо А. менен Көбөш да барбай коюшат:

Дөбөгө чыгып дардактап,
Эми Манас өлдү деп,
Эгем бизге берди деп,
Барса келбес Бээжинден
Манас кайдан келсин деп,
Дөбөгө чыгып дардактап,
Элди көздөп бакырып,
Абыке, Көбөш эки арам
Көбөштөп ураан чакырып,
Кутуруп булар калыптыр (СК, КФ, 540-инв., 1641-б.).

А. эч качан Манас баштаган жортуулдарга катышпайт. Тескерисинче, ал Манастын жоктугунан пайдаланып оорукта калган элдин ыркын кетирип, баш-аламандыкты күчөтүүгө аракет жасайт. А-нин Көбөш сыяктуу өзүмчүл, мансапкорлук мүнөзү бара-бара эпостун «Семетей» бөлүмүндө айрыкча айкын ачылат. Манас өлгөндөн кийин анын аялы Каныкей менен али ымыркай-баласы Семетейди куугунтуктап, кандыкты, дүйнө-мүлкүн ээлөөгө умтулушунда феодалдык-патриархалдык уруулук түзүлүштүн өзгөчө мүнөзү, талап-түшүнүгү жатат. Уруулук түзүлүштүн салты боюнча Семетейге өтө күйүмдүү жакын агасы катары эсептелген А. Семетей эр жетип Таласка, элине келгенде ак пейил, жарык маанай менен тосуп алып, анын жылкыларын багып жүргөндүгүн айтып, өзүндөгү Манастын курал-жарагын чыр-чатаксыз кайтарып бергендиги айтылат. Бирок, А-нин Көбөшкө кошулуп, кайтадан Семетейге жамандык ойлоп уруш баштаганынан анын мүнөзүндөгү ээрчиме жасакердиги, эки жүздүүлүгү, жойпулугу көрүнөт. СКВда Семетейден өлөт, ал эми башка варианттары боюнча А. энеси Бакдөөлөт менен бирге Мекеге көчүрүп жиберилет.

АВАНСА (фр. avance) – белгилүү бир төлөм эсебине, же алдыдагы чыгымдар үчүн алдын-ала берилүүчү акча өлчөмү, же баалуу мүлк. А. баа башы сыяктуу эле өз ара келишим түзүлгөндүгүнүн далили, бирок, анын иш жүзүнө ашышын камсыз кылбайт. Анткени, ал милдетти аткара албай калса, А. алган каражатты кайтарып берүүгө туура келет. Эгер макулдашууда көрсөтүлбөсө, КР жарандык мыйзамдарына ылайык, алдын-ала төлөмдөрдүн бардыгы А. катары эсептелет.

АВАНТЮРИЗМ, саясатта (фр. avantyre – окуя, тобокелчилик) – чыныгы абалды, объективдүү шарттарды, саясий күчтөрдүн жана каражаттардын жайгашышын, коомдук турмуштун өнүгүү мыйзам ченемин эске албай, оңой эле ийгиликке жетүүгө умтулган, тобокелге салган саясий *ишмердүүлүк*. Бул бийликтен кетип жаткан же демократиялык жол менен бийликке келүүгө мүмкүнчүлүгү жок топтордун аракеттерине мүнөздүү. Бийликти басып алуу же кармап туруу – авантюристтер үчүн башкы нерсе. Алар жетекчиликке алган принцип – «негизгиси чырды баштап коёлу, андан аркысын көрө жатарбыз». Адатта А. элди оор кесепеттерге дуушар кылат жана алар өз күнөөлөрү үчүн жоопкерчиликти моюндарына алышпайт.

АВАНТЮРИСТ (adventurer, фр. aventure) – 1) сүйүүчү, укмуштуу окуяларды издөөчү, принципсиз урунуштурган шылуун соодагер; 2) бийлик чөйрөсүндө, анын ар кандай органдарында жана кызмат орундарында өзүнүн кылган иштеринин натыйжасында коркунуч алып келген адам.

АВГУСТИН Аврелий Блаженный (354–430) – орто кылымдын эң ири философу, батыш *«чиркөө* аталарынын» эң көрүнүктүү өкүлү. А-дин мекени – Тагаст шаары, Нумидия, (Түндүк Африка) – азыркы Алжир. Анын калемине таандык олуттуу чыгармалар: «Академиктерге каршы», «Жыргалдуу турмуш жөнүндө», «Жандын өлбөстүгү жөнүндө», «Устат жөнүндө», «Эрктин эркиндиги жөнүндө», «Тобо келтирүү», «Кудайдын шаары жөнүндө» ж.б. Өзүнүн философиялык көз карашы боюнча алгач *манихейчиликке* – жакшылык менен жамандыктын, жарык менен караңгынын карама-каршылыгы жөнүндөгү ишенимди туткан диний агымга ыкташкан, бирок андан көңүлү кайтып, академиктердин скептицизмине кошулат. «Жандын улуулугу жөнүндөгү» эмгегинде ал жан дегенибиз «жер да эмес, суу да эмес, аба да эмес, от да эмес, бардык ушул элементтердин же ошондой эле алардын кээ бирлеринин кошундусу да эмес» деп жазат. А. адамдын жанын материалдык эмес нерсе катарында, денесиз нерсе катарында түшүнөт. Мында ал адамдын материалдык эмес жаны адамдын материалдык денесинде жашайт деп эсептейт, ушул жерде алардын өз ара аракети жөнүндөгү проблема келип чыгат дейт, бирок ал бул суроого жооп бербейт. А. жанга акыл-эстүү жөндөмдүүлүк касиет гана бербестен, ошондой эле эрктүү иш-аракетке жөндөмдүүлүк касиетин да берет. Эрктен А. адам касиетинин мүнөздүү өзгөчөлүгүн көрөт, адамдын эпкиндүүлүгү айлана-чөйрөдөгү дүйнөнүн предметтерин негизинен пассивдүү гана чагылдырган ойлом эмес, аны дал эрк аныктайт. Адам эркинин проблемаларын карап чыгып, А. эрк эркин болуш керек деген бүтүмгө келген.

Өзүнүн доктринасын А. пелагианчылыкка каршы, монах Пелагий жактаган агымга каршы күрөштө өнүктүргөн. Пелагий *Адам-Ата*нын биринчи күнөөсүнүн мураска өтүүчүлүгүн жана ушундан улам бүткүл адамзаттын бузулгандыгын танган. Адам баласы чыны менен эле эркиндикке ээ, бул болсо ага жакшылыктын жолу менен же жамандыктын жолу менен барууга мүмкүндүк берет жана бул жерде эч кандай Кудай жазмышы жок. Пелагий Кудайдын ырайымын адамга, анын жакшы иштерине ылайык Кудайдын берген жардамынан көргөн. Мунун баарын А. жана чиркөө кабыл ала алган эмес, анткени муну менен чиркөөнүн бийлигине жана кадыр-баркына доо кетмек. Пелагианчылык акыр аягында чиркөө тарабынан айыпталган.

А-дин моралдык доктринасынын түпкү башаты – Кудайга болгон чексиз сүйүүдө. Дал Кудайга болгон сүйүү адамдын бүткүл өмүрүн коштоп, адамдын адамга болгон сүйүүсүн сүрүп чыгууга тийиш. А. чиркөө менен *мамлекет*ти бири-бирине карама-каршы койгон. Эгерде мамлекет – күнөкөрлүктүн дүйнөсү болсо жана ал өзүн өзү сүйүүгө негизденген болсо, чиркөө Кудайды чексиз сүйүүгө негизделген. Чиркөө *Христос*тун коому, ошондуктан чиркөө аркылуу гана адам такыбачылыкка жетише алат. Чиркөө – Кудай дүйнөсүнүн жердеги өкүлү. А-дин тарых философиясы бүткүл өзүнүн теологиялык мүнөзүнө карабастан коомдук прогресс теориясына негиз салган. Коомдун тарыхынын башталыш негизи бар жана ал өркүндөө жолу менен дайыма өнүгүп отурат. Социалдык прогресстин кийинки концепцияларында тарых эми христиандаштыруу ишиндеги прогресс менен эмес, өндүрүш менен илимдин өнүгүшүндөгү прогресс менен байланыштырыла баштаган.

АВТАРКИЯ (гр. autarkeia – өзүн канааттандыруу) – өзүнчө алынган бир өлкөнүн алкагында, башка өлкөлөрдөн көз карандысыз, обочолонгон экономиканы түзүү *саясаты*. Тарыхта А. көбүнесе феодалдык *мамлекет*терге мүнөздүү келет. А. – согуш учурунда, экономикалык блокада шартында өлкөнүн өзүн-өзү камсыз кылуусу катары, согушкан тараптардын расмий доктринасы катары да мааниге ээ. Азыркы заманда, мамлекеттер арасындагы тыгыз экономикалык карым-катнаш учурунда А-ны ишке ашыруу кыйын, а бирок бул көрүнүш кээ бир өнүккөн өлкөлөрдө да кезигип келет. Мис., XVII–XIX кк. Жапония, азыркы учурда Түндүк Корея ж.б.

АВТОКРАТИЯ (гр. autokrateia – өзү бийлөөчүлүк) – жеке адамдын чектелбеген, шарт коюлбаган, көзөмөлгө алынбаган толук бийлиги менен мүнөздөлүүчү башкаруу формасы (мис., байыркы Чыгыштагы – деспотия,

байыркы Рим ж.б. империялар, *абсолюттук монархиялар*).

АВТОКРАТТЫК БАШКАРУУЧУ (autocratic leader) – өзүнүн эркин аткаруучуларга таңуулоо үчүн жеткиликтүү көлөмдөгү бийликке ээ болгон башкаруучу. Керек болгон учурда ал мындай иштерди күмөн санабастан жасайт.

АВТОНОМИЯ (гр. avtonomia – көз каранды эместик) – Конституцияда бекитилген *мамлекеттин* кайсы бир бөлүгүнүн өз алдынча башкаруу боюнча укугу. Иш жүзүндө А. тили, үрп-адаты жана экономикалык турмушунун өзгөчөлүктөрү менен айырмаланган элдердин топтолушуп жашаган аймактарында түзүлөт. А. дүйнөнүн көп өлкөлөрүндө бар. Алсак, Орусия Федерациясынын субъектилери: Калмык Республикасы ж.б.; АКШдагы штаттар; Германиядагы Баварияга окшогон жерлер ж.б. А-нын эки формасы белгилүү – саясий жана административдик. Саясий А. – укугунун көптүгү, өзгөчө Конституциясынын, *мамлекеттик бийликтин* жогорку уюмдарынын болушу менен мүнөздөлөт. Административдик А. – башкаруу сферасын гана камтыйт, анын укуктарын мамлекеттин борбордук уюмдары аныктайт.

АВТОРИТАРДЫК БИЙЛИК (режим) (authotarian power/regime, фр. autoritaire – өкүмчүл) – унчукпастан баш ийүүгө негизделген, өзүнүн чексиз таасир этүүсүн бекитүүгө умтулган жана ошол эле учурда таасир этүүнүн ар кандай ыкма жана каражаттарын тандоонун астында токтолбогон бийлик (бийликтин режими).

АВТОРИТАРИЗМ (лат. autoritas – бийлик, таасир) – демократияга каршы бийлик жүргүзүү системасы. Тарыхый формалары: Азиялык тирания жана деспотия. Байыркы, орто кылымдык, жаңы жана соңку тарыхта согуштук-полициялык, фашисттик режимдер, «казармалык коммунизмдин» ар түрдүү варианттары. А. – жеке башкаруучунун мыйзамсыз зордукчул, чексиз бийлик укугу. Кыргызстанда авторитардык саясий режим А.Акаев тарабынан түптөлүп, гүлдөп, 2005-ж. кийин К.Бакиев тарабынан улантылган жана 2010-ж. 7-апрелдеги кандуу окуядан кийин А-дин укуктук негиздери жоюлган.

АВТОРИТЕТ (нем. autoritat, лат. auctoritas – бийлик, таасир) – 1) коомдук турмуштун ар түрдүү тармагындагы кандайдыр бир адамдын же уюмдардын жумурият кабыл алган формалдуу эмес таасири (мис., тарбиялоодо, илимде жана билимде, нравалык баркына, тажрыйбасына негизделген (ата-эненин, дарыгердин ж.б.); 2) саясий бийликке карата адамдын же уюмдун коомчулук тарабынан таанылган таасири. А. лидерлик кылуунун милдеттүү шарты. А. бардык адам коомдорунда болот. Анын зарылдыгын анархисттерден башка бардык саясий агымдар таанышат. А-ке ээ болгон официалдуу лидерлердин партиянын жетекчилигине келиши, премьер-министр, президент, спикер болуп шайланышы демократтык системаларга мүнөздүү көрүнүш. Демократтык саясий системаларда А-тин көптөгөн түрлөрү болот. А-тин эң маанилүү түрлөрү: адатка баш ийүү өнөкөтүнө, белгилүү бир адамды сыйлоого негизделген эркин сыйлоодон улам пайда болгон – *мыйзамдык* же *конституциялык*; лидерге жекече жакындыгы бар, анын өзгөчө сапаттарына байланышкан – харизматикалык ж.б. А-тин демократтык тиби – лидерге карата ишенимди, жетекчилик жалпысынан ийгиликтүү болсо, анда лидердин кээ бир мүчөлүштүктөрүн кечирүү, *оппозиция* тарабынан сын мамиленин болушу талапка ылайык деп билет. Саясий лидерге авторитардык тип мүнөздүү болсо, анда мамлекеттик бийлик бир адамдын колуна топтолушу мүмкүн. Анын адресине өтө терең сын айтылбайт. Коомчулуктун ою боюнча авторитардык лидердин өзгөчө сапаттары болот; өтө акылдуу, ишке жөндөмдүү, талбай натыйжалуу иштейт, окуяны алдын-ала билип турат, ага каршы чыгып, капалантууга болбойт ж.б. А-тин мындай тибин харизма дейт.

АВТОХТОНДОР, кара: *Аборигендер.*

АГЕНТ (өкүл) (лат. agentis – аракет жасоочу) – башка жактын кызыкчылыгы үчүн жана ал тарабынан берилген ыйгарым укуктарынын чегинде аракет кылуучу ишеним көрсөтүлгөн юридикалык же жеке жак. Белгилүү бир өлчөмдөгү сыйпул үчүн кызмат көрсөтөт.

АГЕНТТИК – 1) кандайдыр бир мекеменин (жарандын, мамлекеттик же муниципалдык түзүлүштүн) ыйгарым укугу же тапшырыгы (мис., жарнама, риэлтор А-ги) боюнча иш алпарган уюм; 2) бир катар өлкөлөрдөгү мамлекеттик башкаруу органдарынын аталышы (мис., КР Өкмөтүнө караштуу *Мамлекеттик* байланыш А-ги); 3) айрым эл аралык уюмдардын аталышы (мис., Атом кубаты боюнча эл аралык А. – АКЭА).

АГИТАЦИЯ (лат. agitatio – кыймылга келтирүү) – кеңири эл массасынын же бир социалдык топтун саясий жигердүүлүгүн көтөрүү жана саясий аң-сезимди жогорулатуу үчүн оозеки; басма ж.б. массалык маалымат каражаттарын колдонуу менен идеяларды, программаларды таратуу ишмердиги. Өзгөчө шайлоо кампаниялары мезгилинде талапкерлер жана саясий уюмдар тарабынан кеңири колдонулат. Пропаганда менен тыгыз байланыштуу.

АГОРА (гр. agora) – байыркы гректердеги элдик чогулуш, ошондой эле ал чогулуш өтө турган аянт (мындай аянттын айланасында храмдар, мамлекеттик мекемелер, соода катарлары жана дүкөндөрү менен портиктер жайгашкан).

АГРАРДЫК ПАРТИЯ – мамлекеттик официалдуу каттоодон 1993-ж. 26-ноябрда өткөн. А.'п. дыйкандардын кызыкчылыгын көздөйт жана коргойт, агрардык реформаны ишке ашырууну, рынокту арзан азык-түлүк менен толтырууну максат кылган партия. А. п-нын программасына жана Уставына ылайык төмөндөгүдөй милдеттери бар:

- коллективдүү чарбалардын эмгекчилерин, фермерлерди, арендаторлорду, заводдун жумушчуларын, токойчуларды, мугалимдерди жана партиянын планын ишке ашырууну каалагандардын бардыгын өз катарына тартуу;
- мамлекеттик уюмдардын кароосуна зарыл болгон сунуштарды киргизүү;
- айылдын кызыкчылыгы үчүн мыйзам чегинде ар түрдүү коомдук-саясий иш-чараларды өткөрүү;
- агрардык реформанын ишке ашырылышына көмөктөшүү жана ал процесстин иреттүүлүгүнө жетишүү ж.б. А. п. «Токой жөнүндөгү мыйзамды» иштеп чыгуу зарыл деп эсептешет. Суу, ирригациялык курулуштарды рационалдуу пайдалануу. «Суу жөнүндө мыйзамдын» кабыл алынышын сунуш кылат.

Кыргыз Республикасында жер жана агрардык реформаны тереңдетүү боюнча кабыл алынган мамлекеттик указдардан кийин А. п-нын ишмердүүлүгүндө бир топ жандануулар болгон. Республиканын ондон ашуун райондорунда баштапкы партиялык уюмдары түзүлгөн. Мамлекеттик бийлик структурасы менен тыгыз байланышта иш алып баруу А. п-га мүнөздүү белгилердин бири. Кийинки мезгилдерде бул партиянын ишмердиги солгундап, саясий аренада көрүнбөй калган.

АГРЕГАЦИЯ, кара: *Кызыкчылыктардын агрегациясы.*

АГРЕМАН (фр. agrement , agreer – жактыруу) – эл аралык укук боюнча, *мамлекеттин* жеке бир адамды башка бир өлкөнүн дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн башчысы катары тааныууга макулдук берүүсү. А. алмайынча расмий дайындоо мүмкүн эмес. Аккредиттеген мамлекет аккредиттелип жаткан жактын аккредиттөөгө сунуш кылган мамлекеттин өкүлчүлүк башчысы экендигине чындап ынануусу тийиш. Аккредиттеген мамлекет А-дан баш тартуу жүйөсүн аккредиттөөчү мамлекетке билдирүүгө милдеттүү эмес.

АГРЕССИЯ (лат. agressio – кол салуу) – БУУнун Уставы тарабынан мыйзамсыз деп табылган, *мамлекеттин* же улуттун эркине жана аймактык бүтүндүгүнө, саясий көз каранды эместигине каршы экинчи мамлекеттин куралдуу кол салуусу. А. тикелей же кыйыр түрүндө жана кошо катышуу формасында (өзүнүн аймагын агрессиялык аракеттерди ишке ашыруу үчүн пайдаланууга берүү, курал-жарак жана кеңешчилерди берүү, агрессорду материалдык-техникалык жактан камсыздоо) болот. Куралдуу кол салууну ишке ашырган мамлекет А. субъектиси болот. А. фактысын тааныу укугу БУУнун Коопсуздук Кеңешине таандык, СССРдин жана социалисттик лагердин жоюлушу менен эл аралык мамиледе согуштук күчтөрдүн атаандаштыгы басаңдап, А-ны болтурбай коюу мүмкүнчүлүгү жогорулоодо. Тикелей А-га бир мамлекеттин куралдуу күчтөрүнөн бөлөк бир мамлекеттин аймагына кол салуусу же басып кирүүсү, мындай кол салуунун же басып кирүүнүн натыйжасында өлкөнү басып алуусу

(убактылуу басып алуу да); бөлөк өлкөнүн аймагын аннекциялоонун бардык түрлөрү кирет. Ошондой эле мамлекеттин аймагын бомбалоо же ага каршы курал колдонуу, бир мамлекеттин куралдуу күчтөрүнөн башка мамлекеттин портторун же деңиз жээктерин курчоого алуусу, жөө аскерлерине жана аскер деңиз же аба күчтөрүнө кол салуусу, башка өлкөдө аскер күчүн кармап туруунун эл аралык келишимде белгиленген эрежелерин бузуу ж.б. да тикелей А. болуп саналат. А-га мис.: фашисттик Германиянын СССРге кол салуусу (1941), Египетке каршы англия-француздук-израилдик А. (1956), Кувейтке каршы ырактык А. (1992), Украинага каршы Орусиянын А-сы (2014) ж.б.

АДАМ – ар. Илгерки Тооратта жана Куранда айтылган биринчи адам. Бул түпкү атабыз топурактан жаралган. Бүткүл адам баласы ушул заттан таралган. Кыргыздар көбүнчө «Адам» деген сөзгө «ата» деген сөздү кошуп айтышат. Андан башка да «алей салам» деген араб сөздөрүн кошуп колдонот. «Ал киши тынчтыкта болсун» деген мааниде. Кыргыздар көп колдонуп жүргөн «Баба дыйкан» да ушул киши. Анткени, уламышта эң биринчи жолу эгин айдаган, буурсун сокосун чыгарган да ушул атабыз Адам.

Адам ата, Обо эне топурактан жаралган,

Бүткүл адам баласы ошолордон таралган. (Эл ыры).

АДАМ АТА – *Библияда* жана *Куранда* эң алгачкы киши, адамзаттын атасы. Библиянын «Жаңы осуятында» А.-А-ны Кудай топурактан жууруп жасаганы, жан киргизгени айтылат. Куранда болсо А.-А. чоподон, башка бир сүрөөсүндө топурактан, кыртыштан жасаган делет. А.-А-ны жалгызсыратпоо үчүн Кудай Обо энени (Библияда Ева, Куранда Обо – кабырга) жараткан имиш. Шайтандын (башка бир аты Ибилис) тилине кирип, А.-А. менен Обо Эненин бейиштеги даректын үзүүгө тыюу салынган мөмөсүн жеп «күнөөгө батышкандыгы» үчүн Кудай аларды жазалап «бу дүйнөгө» түшүргөн имиш. А.-А. Обо Эне – бейиштеги тилип жеген мөмөсү – буудай. Аларга кудай жакшы көргөн тамагыңарды жерде жашаганга насип кылдым деген. Ар кыл *расаларга, тилдерге, этностук топторго* кирген элдердин бардыгынын тең ата-теги А.-А-га барып такалат. С.Орозбаковдун «Манасындагы» «Алмамбет баатырдын окуясында» Көкчө тарабынан кеңири баяндалса, А.-А. баяны башка манасчыларда да элге мурдатан белгилүү аңыз катары эскерилет. Ислам уламыштарында А.-А. – алла тааланын пайгамбарларынын алгачкысы. Мухаммед пайгамбар – акыркысы деп айтылып жүрөт.

АДАМ МАМИЛЕЛЕРИНИН ТЕОРИЯСЫ – XX к. 2-жарымында АКШ ж.б. өлкөлөрдө иштелип чыккан адамдарды башкаруу концепциясы. Адамдын умтулууларын, мотивдерин, баалуулуктарын изилдөө менен эмгекти гумандаштыруунун программаларынын моделдерин түзүүнү негизги максат кылып коёт.

АДАМ УКУГУ БОЮНЧА ЕВРОПА СОТУ – Европа мамлекеттеринин *адам укуктары* жана *негизги эркиндиктери* боюнча Европа Конвенциясынын пайдаланышына жана Конвенцияга катышкан мамлекеттердин, алардын сот же башка органдарынын иш-аракеттерине баа берет. Соттун чечимин катышуучу-мамлекеттер сөзсүз аткарышы керек. Сотко Европа Советинин ар бир мамлекети бирден өкүл шайлашат. Сот мамлекет жана келишим тарабынан берилген иштерди карайт. Сот чечимин министрлер комитетине берет. Алар анын ишке ашырылышын көзөмөлдөйт.

АДАМ УКУГУ БОЮНЧА КОМИССИЯ – ЭКОСОСтун алдында түзүлгөн. ЭКОСОС шайланган 53 мамлекеттин өкүлдөрүнөн турат. Ал кийин ЭКОСОСко жиберилип резолюция жана келишим, резолюциялардын долбоорун иштеп чыгат. Адам укугу тармагындагы маселелерди изилдеп чыгуу максатында атайын доклад окуган адамдар жана жумушчу топторун дайындайт.

АДАМ УКУГУ БОЮНЧА ПАКТЫЛАР – БУУнун Генералдык Ассамблеясы тарабынан 1966-ж. 16-декабрда кабыл алынган, адам укуктарын коргоо тармагындагы эки эл аралык келишим: 1. Пакт; 2. Атуулдук жана саясий укуктар тууралуу эл аралык *Пакт*.

АДАМ УКУГУ жана ЭРКИНДИГИ – 1) адамга табият берген жана мамлекет тарабынан корголуп жана гарантияланып турган укуктар.

Бул укуктар ар бир адамга төрөлгөндөн эле таандык болуп, мыйзамдык чектөөлөрдөн жана мамлекеттик чек аралардан көз карандысыз аракет кылат. Буларга – жашоо жана дененин кол тийбестиги укугу, кишинин кадырын сыйлоо, мыйзамсыз камоо жана кармоодон эркин болуу, ишеним жана абийир эркиндиги ж.б. кирет; 2) инсандын укугу жана эркиндигинин өтө кеңири комплексин, алардын ар кандай түрлөрүн өзүнө камтыйт: жарандык, саясий, экономикалык, социалдык, маданий укуктар. Индивиддик жана *коллективдүү* укуктардын булардан башка да түрлөрү бар. Эң жогорку коллективдүү укук – бул көз каранды эмес мамлекетти түзүү укугу. Эгер бул укукту ишке ашыруу мүмкүн болбосо, анда мектептерде эне тилинде окутуу же белгилүү бир райондордо өз тилин официалдуу тил катары мыйзамды бекитүү үчүн күрөшүү ж.б. *Коллективдүү* укук көп улуттук мамлекеттердеги этностук азчылыктардын аракеттерине мүнөздүү. А. у. ж. э. «тепселген» өлкөлөрдө *коллективдүү* укук курч мүнөздө болуп, ички карама-каршылыктарга алып келет. 2010-ж. 27-июнда кабыл алынган Кыргызстандын жаңы Конституциясында А. у. ж. э. буга чейинкилерге салыштырмалуу кеңири берилген. А. у. ж. э. демократиянын эл аралык стандарттарынын негизги принциптеринен болуп эсептелет.

АДАМ УКУГУНУН АЖЫРАГЫСТЫГЫ – *демократиялык* өлкөлөрдөгү конституциялык түзүлүштүн жана адамдын конституциялык-укуктук статусунун байтүп принциптеринин бири. Ал адамдын укугу ага төрөлгөндө эле таандык болорун жана табигый мүнөзгө ээ экенин, *мамлекет* ага кепил болорун жана аны ишке ашырууну жөнгө саларын билдирет.

АДАМ УКУГУНУН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ – 1948-ж. 10-декабрда Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Генералдык Ассамблеясы тарабынан кабыл алынган. Кириш бөлүмдөн жана 30 беренеден турат. Расасы, жынысы, тили, динине карабай адам укуктарын, эркиндигин урматтоо, сыйлоо керек деп чечмеленет. Декларацияда инсандын элементардык укуктарынын ичинен эң оболу ар бир адам жашоого, эркиндикке, керт башына эч кимдин тийбестигине укуктуу (3-берене), эч ким кулчулукта же эрксиз абалда болбоого (4-берене), бирөө тарабынан кыйноого же адамдык беделди кемсинтүүчү ырайымсыз, катаал мамилеге, жазага кириптер кылынбоого (5-берене), зомбулук менен кармалбоого, куугунтукталбоого (9-берене) тийиш. Инсандын элементардык укугуна, ошондой эле адамдын жеке жана үй-бүлөлүк турмушуна, турак жайына, кат жазышуунун жашыруундуулугуна эч кимдин тийүүгө укугу жок, ар бир адам ар-намысы менен беделин коргоого (12-берене) укуктуу. Декларацияда адамдын саясий, жарандык укуктары, эркиндиги жөнүндө да айтылган. Алар: ой-пикирдин эркиндиги, динге ишенүү-ишенбөө, каалаган динди тутуу, көз караштын эркиндиги жана аны эркин билдирүү, чогулуш өткөрүүгө, бирикме, союз түзүүгө укуктуулук (18–20-беренелер); ар бир адамдын жалпыга тең, жашыруун добуш менен шайлоого, өз өлкөсүнүн башкаруу ишине катышууга укуктуулугу (21-берене); бир жактан экинчи жакка көчүп барууга жана жашоо үчүн өзүнө тургун жер тандоого укуктуулугу (13-берене); баш калкалоого укуктуулук (14-берене); жарандуулукка укуктуулук (15-берене); мүлк күтүүгө укуктуулук (17-берене). Анда экономикалык, социалдык жана маданий жактан укукту ишке ашыруу үчүн инсандын эркин өнүгүшүн, беделин коргоо зарыл (22-берене) деп көрсөтүлгөн. Буга төмөнкүлөр кирет: эмгекке укуктуулук, тең эмгекке тең акы төлөө, профсоюздарды түзүүгө укуктуулук (23-берене), дем алууга укуктуулук (24-берене) социалдык камсыздоого, эне менен баланы бөтөнчө коргоого укуктуулук (25-берене), билим алууга жана маданий турмушка катышууга укуктуулук (26–27-беренелер). Декларацияда көрсөтүлгөн адам укуктарынын бардыгынын негизинде тең укуктуулук принциби жатат. Бардык адамдар мыйзам алдында тең жана мыйзамдын коргоосунан эч кандай айырмасыз тең пайдалануга укуктуу (7-берене). Мындан тышкары ага жарандык жана саясий укуктар жөнүндөгү Эл аралык *Пакт* (1966-ж. кабыл алынган) кирет. Адам укугу жөнүндө Эл аралык Биллден тышкары БУУ тарабынан бир катар башка документтер да кабыл алынган (Баланын укугу Декларация-

сы – (1959-ж.) ж.б.). Адам укугу концепциясы өнүгүүдө.

АДАМ УКУКТАРЫ жана НЕГИЗГИ ЭРКИНДИКТЕРИ БОЮНЧА ЕВРОПАЛЫК КОНВЕНЦИЯ – Римде 1950-ж. 4-ноябрында Европа Совети тарабынан кабыл алынган. 5 бөлүк, 66 беренеден турат.

АДАПТАЦИЯ, с а я с а т т а (лат. adaptatio – ылайыкташуу, ыңгайлашуу) – саясий субъекттин өзүн курчап турган чөйрө менен өз ара аракетинин спецификалык түрү. Бул аракеттин жүрүшүндө жана жыйынтыгында субъекттин талаптарынын курчап турган абалга карата ыңгайланышуусу болуп өтөт. А. түшүнүгү алгач биология илиминде пайда болуп, жандуу организмдин жашоонун тышкы шарттарына карата ыңгайланышуусун мүнөздөгөн. Саясатта А. субъекттин саясий-социалдык чөйрөнүн талаптарына карата пассивдүү ыңгайлашуу процессин, же субъекттин активдүү түрдө өзгөрүш процессин түшүндүрөт.

АДАТ (араб. салт, үрп-адат) – коомдо же белгилүү бир социалдык топто узак мезгил бою колдонуунун натыйжасында, алардын мүчөлөрү үчүн көндүм болуп калган жүрүм-турум эрежелери. А. уруулук түзүлүш мезгилинде коомдо адамдардын жүрүм-турумун жөнгө салуунун негизги формасы болгон.

АДАТ УКУГУ – салт түрүндө колдонулуп келген адат нормаларынын жана жүрүм-турум эрежелеринин жыйындысы. А. у. алгачкы жамаат коому бузулуп, жеке менчик келип чыккан мезгилде пайда болгон. А. у. эл урууларга бөлүнүп жашаган коомго мүнөздүү. А. у-нун нормалары коомдун шарттарына жараша өзгөрүп ыңгайлашып турат. XIX к. орто ченине чейин кыргыздарда А. у. колдонулган, кийинчерээк Орусия империясынын мыйзамдары менен катар шарияттын эрежелери да укуктук негизде болуп келген (айып, кун, барымта, калың, көп аял алуучулук ж.б.). Кыргыздарда А. у-нун булактары болуп: адат, салт, бийлердин бүтүмү, бийлер тобунун жоболору эсептелген. Октябрь революциясынан кийин А. у. нормалары зыяндуу феодалдык калдык деп эсептелип, мыйзам жүзүндө жокко чыгарылган. А. у-н колдонгондорго кылмыш жоопкерчилиги белгиленген. Кыргыз журтчулугу А. у-нун жакшы жактарын сактап калышкан. Калк башына күн түшүп, оор саясий-экономикалык кыйынчылыктар мезгилинде оор абалдан чыгып кетишине ыңгайланыштырылган А. у-тары (уруунун ичиндеги ынтымак, бирине-бири жөлөк болуу, каны бир туугандардын биригиши, аксакалдардын соту ж.б.) бар.

АДВОКАТ (лат. advocetus – чакырым) – атуулдарга жана уюмдарга юридикалык (укуктук) жардам көрсөтүү, анын ичинде алардын кызыкчылыгын сотто коргоо кесибине ээ болгон адам.

АДВОКАТУРА – адвокаттардын коммерциялык эмес өз алдынча башкаруу уюму. А. адвокаттык мекемелерди түзүүгө акылуу, алар мыйзамдарга ылайык каттоодон өтүүгө тийиш.

«АДИЛЕТ» саясий партиясы – республикадагы саясий партиялардын бири. 1999-ж. мамлекеттик каттоодон өткөн. Республиканын бардык жерлеринде баштапкы уюмдары уюшулган. Жетекчи органдары – Саясий Кеңеш жана Саясий Кеңештин бюросу. Партиянын мүчөлөрүнүн саны 45 миңден ашык деп жарыяланган. Партиянын стратегиялык милдеттери – укуктук мамлекеттин калыптанышына, демократиялык реформалардын ишке ашуусуна парламенттик – президенттик башкарууга көмөк көрсөтүү. 2000-ж. бир мандаттуу округдар боюнча Жогорку Кеңешке 10 адам шайланган. А. п-нын Саясий Кеңешинин төрагасы Т.Касымов; Саясий Кеңештин бюро мүчөлөрү: А.Бөрүбаев, К.Жумалиев ж.б. Ардактуу мүчөсү Ч.Айтматов болгон. Жооптуу секретары О.Сергеева. Бул партия коомчулук тарабынан «бийликтин партиясы» катары кабылданган. 2005-ж. 24-марттагы саясий төңкөрүштөн кийин А. партиясы саясий аренадан дайынсыз жоголгон.

АДМИНИСТРАТИВДИК АЙМАКТЫК ТҮЗҮЛҮШ (бөлүнүш) – унитардуу мамлекеттин, же федеративдүү мамлекеттин субъекттеринин аймактарын белгилүү бөлүктөргө: облустарга, райондорго, департаменттерге ж.б. бөлүштүрүү. Жергиликтүү бийлик органдары ошого жараша түзүлөт жана иштейт. Алар эки баскычтуу (АКШ), үч баскычтуу (Англия, Франция), төрт баскычтуу (ГФР, КР) болушу мүмкүн. Өтө кичинекей мамлекеттерде (Мальта, Бахрейн) административдик-аймактык түзүлүш жок.

АДМИНИСТРАТИВДИК ЖАЗА (чара) – түзөтүү жана кайра тарбиялоо жолу менен адамды жоопкерчиликке тартуу максатында административдик укук бузууларды жасагандыгы үчүн колдонулуучу мамлекеттик таасир этүүнүн мажбурлоо чарасы.

АДМИНИСТРАТИВДИК ЖООПКЕРЧИЛИК – административдик укук бузууларды жасагандыгы үчүн жеке жана юридикалык жактардын жоопкерчилиги; кылмыш-жаза жоопкерчилигине караганда кыйла жеңил юридикалык жоопкерчиликтин бир түрү.

АДМИНИСТРАТИВДИК УКУК – укуктун тармактары; мамлекеттик башкаруу органдарын уюштурууда жана алардын аткаруу иш-аракетинин жараянында келип чыгуучу коомдук мамилелерди жөнгө салат. А. у-тун негизги булактарына *Кыргыз Республикасынын Конституциясы*нын мыйзамдары, *Жогорку Кеңеш*тин Указдары, Өкмөттүн токтомдору, кодекстер, инструкциялар ж.б. кирет. А. у. нормалары аткаруу, аткаруу-тескөө иш-аракетин жүргүзүүчү мамлекеттик органдарды уюштуруунун (түзүү, кайрадан түзүү, жоюу) эрежелерин; ушул органдардын жана аларда иштегендердин, ошондой эле жарандардын, мамлекеттик уюмдарда жана мекемелерде иштегендердин мамлекеттик башкаруу жаатындагы укуктарын жана милдеттерин аныктайт. Бул нормаларда көрсөтүлгөн эрежелер милдеттүү түрдө аткарылууга тийиш жана мамлекет тарабынан тарбия, уюштуруу, мажбурлоо чаралары аркылуу камсыз кылынат. А. у. нормаларын жүзөгө ашырууда А. у. мамилелери пайда болот. А. у. мамилелерин пайда кылуучу укуктук фактылар: мыйзамдын жана нормативдик актынын чыгышы, адамдардын аракеттери, табигый кырсык. А. у. объектиси болуп көбүнчө адамдардын иш-аракети, алардын жүрүм-туруму саналат; мүлктүк-уюштуруу мүнөздөгү мамилелери да, белгилүү бир мүлк да укук мамилесинин объектиси боло алат. А. у. тутуму жалпы жана өзгөчө бөлүмдөн турат. А. у. илими мамлекетти башкаруу органдарынын тутумун, ички түзүмүн өркүндөтүүгө, адамдын жана жарандардын укуктарын, милдеттерин тактоого активдүү жардам берет.

АДМИНИСТРАТИВДИК ЮСТИЦИЯ – мамлекеттик башкаруу чөйрөсүндөгү мыйзамдуулукту сактоого көзөмөл жүргүзүү боюнча атайын сот жана сот өндүү органдардын тармагы, ошондой эле (кыйла тар маанисинде), бир жагынан, административдик иштерди, жарандар менен юридикалык жактардын, экинчи жагынан, мамлекеттик башкаруу органдарынын ортосундагы административдик-укуктук талаштарды кароонун процесстик тартиби. Акыркы маанисинде, соттук териштирүүнүн негизги элементтерин сактоо менен жүзөгө ашырылгандыктан, сот ишмердигинин бир түрү болуп саналат. Бир катар чет өлкөлөрдө А. ю. тармагы XIX к. 2-жарымында эле калыптанган. Азыркы учурда атайын административдик (Франция, Германия, Швейцария ж.б.), же ведомстволук-административдик соттор менен айкалышкан жалпы соттор (АКШ, Улуу Британия ж.б.) анын органы болуп саналат. Кээде аткаруучу бийлик органдарынын, же жалпы юрисдикциядагы соттордун алкагындагы өзгөчө бөлүмдөр тарабынан жүзөгө ашырылат.

АДМИНИСТРАЦИЯ (лат. administratio – башкаруу) – аткаруу-тескөө иштерин жүзөгө ашыруучу, ошондой эле мыйзам чыгаруучу органдардын мыйзамдарын, чечимдерин жалпы мамлекеттик масштабда (Республиканын өкмөтү), областык жана райондук деңгээлде башкаруу.

АЖО. Ажа (моңг. Ажа-ата) – Энесай кыргыздарынын 840-ж. башкаруучусу. Ал уйгур кагандыгынын борбору, Орхон дарыясынын боюндагы Орду-Балык (Хара-Балгас) шаарына жүз миң аскери менен барган. Кытай авторунун маалыматы боюнча уйгур каганынын сарайын талкалоого катышкан. 847-ж. дүйнөдөн кайткан. Андан кийин кыргыздар бытырап бөлүнгөн экен. Ошондон улам «ай деп коёр Ажо жок, кой деп коёр кожо жок» деген ылакап чыккан. Кийин «ажо» (моңголчо ата) деген маанидеги сөз тараган. Кээ бир изилдөөчүлөр ушул А-ну Манастын прототиби катары карашат.

АЖЫ (араб. – хаж, зыяратчылык) – мусулмандардын эң негизги беш милдеттеринин

бири – Меккеге барып ыйык *Каабаг*а, же Мединага барып *Мухаммед*дин табытына зыярат кылгандыгы үчүн берилген диний наам. Зыяратка баруу мусулманча жыл календарынын 12-айында (зуль-хижжа) *Курман айт*та ишке ашырылат. Зыяратчы Меккеде бир топ диний ырым-жырымдарды аткарууга, курмандыкка ошол жерден мал сатып алып союуга милдеттүү. Зыяратка баргандар ак чапан (ихрам) жамынып тазалануу расмысынан өткөн соң Каабаны салтанаттуу айланып чыгышат да, «ыйык» булагынан суу ичишет. Меккенин тегерегинде намаз окулат, салтанаттуу процессиялар болуп өтөт. Арабдар *ислам* динине чейин эле Меккеге зыярат кылып келген. Себеби *Куран* боюнча, Кааба үйүн биринчи тургузган *Ыбрайым* пайгамбар деп айтылат. Ал эми Мухаммед пайгамбардын убагында Кудай Каабаны мусулмандардын кыбыласына айландырган. Илгери кыргыздар ажылыкка жөө-жалаң аттанышчу экен. Кеткендердин көпчүлүгү кайтып келчү эмес дешет, ошондон улам кийинкилер кетип атып бет аарчысына туулган жеринин бир ууч топурагын ороп алышкан, непада бөтөн жерде өлүп калсам ушул топурак буюрсун дешип. Жубайы, балдары, туугандары да аларды өлгөн кишиге өкүргөндөй кылып жөнөтүшчү экен. Тирүү кайтып келгендери калган өмүрүндө сый-урматка бөлөнүп, азан чакырылып коюлган атына «ажы» сөзү уланып айтылчу, мис., Мамытбай-ажы. Санжыра маалыматтарына ылайык илгерки кыргыздарда ажылардын коомдогу орду жогору болуп, эл арасында кадыр-баркка ээ болушкан, ал эми совет доорунда ажылык таптакыр эле токтоп калган болчу. С.Орозбаковдун вариантындагы «Манаста» Манас алтымыш жашка келгенче бала көрбөй арман кылып, Меккеге барууну ойлойт, Каныкей боюнда бар экенин айтып аны токтотот. Каныкей төрөп, Семетей 3 жашка келгенде, Манас ажыга жөнөйт. Аны менен Алмамбет, Сыргак, Токотой кошо барат. Манастын Меккеге кетиши, анын жогунан пайдаланган Коңурбайдан жеңилишине себеп болгон. Эгемендик жылдарында Кыргызстандан ар жыл сайын орто эсеп менен төрт миңдей адам ажылыкка барат десек, анда он бешжыйырма жылда алардын жалпы саны болжол менен 60-80 миң болгондой, бирок так эсеби жок. Башында автобус менен барышса, эми жалаң учак менен барып калышкан.

АЖЫРАТУУ – жарандык укуктагы кандайдыр бир мүлктү башка бирөөнүн менчигине өткөрүп берүү; менчик ээсинин өзүнө тийиштүү мүлктү жайгаруу укугунун бир ыкмасы. Ал өз ара келишимдин негизинде акы алып А. (соодалашуу) жана бекер А. (сый тартуу) болуп бөлүнөт. *Мыйзам*да каралган айрым учурларда мүлк менчик ээсинин эркинен тышкары деле ажыратылат (мис., тартып алуу жолу менен).

АЗИЯ ӨНҮГҮҮ БАНКЫ – Азия материги жана Тынч океан бассейниндеги өлкөлөр үчүн ал өлкөлөрдүн экономикалык саясатын координациялоо, алардын регионалдык кызматташтыгын стимулдаштыруу жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө өбөлгө көрсөтүү максатында БУУнун Экономикалык комиссиясынын чечими менен 1965-ж. негизделген. Бүгүнкү күндө анын 50гө жакын мүчөсү бар. Жайгашкан жери – Манила (Филиппины). Банктын ресурсу акционердик капиталдан жана кошумча тартылган каражаттардан турат. Мүчө – мамлекеттер кошкон уставдык капиталдын теңи: 50%ы алтын же конверттелген валюта да 50%ы – улуттук валюта менен төлөнүүгө өтөт. Банк кредитти жылына 1% менен 30–40 жылга берет. Эсеп америкалык доллар менен жүрөт. Уставдык капиталдын 70%на жакынын өнүккөн капиталисттик өлкөлөр көзөмөлдөшөт, ушундан улам банктын саясатын да алар аныкташат (биринчи кезекте Жапония жана Америка). Кредиттин көпчүлүгү демократтык багытта өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге берилет.

«АЙКӨЛДҮК» ЭЛ АРАЛЫК КАЙРЫМДУУЛУК ФОНДУ – коомдук ишмер, меценат А.М. Салымбеков тарабынан 2009-ж. 15-апрелде негизделген. Фонддун негизги милдеттерине Кыргыз Республикасынын бардык райондорун камтыган кайрымдуулук иш-чараларды өткөзүп туруу кирет. «Айкөлдүк» эл аралык кайрымдуулук фондусу атайын кайрымдуулук менен ак жүрөктөн иш кылып, өлкөбүздөгү социалдык маселелердин чечилишине ак жүрөктөн жардам көргөзүп келген мекенибиздин меценат инсандарын колдоп, кайрымдуулук иш аракеттерин бүткүл өлкөгө жайылтууну максат кылат. Бул багытта 2010-ж. бери «Ак Жүрөк» улуттук сыйлыгы негизделип, ар жылы жылдын меценаттары аныкталып, аларга атайын сыйлык жана дипломдор тапшырылып, Бишкек шаарынын Фучик паркында «Даңк Аллеясына» алардын ысымдары жазылып келет. Мындай аракеттер өлкөбүздүн ар кайсы аймактарынан ак жүрөк меценат адамдарды таап чыгып, алардын кайрымдуулук иштерине дем күч берип, моралдык колдоо көргөзүүдө. Бул иштер өлкөбүздө меценаттык кыймылдын негизделишине жана жалпы аракеттер менен биргеликте коомубузга пайдалуу иш-аракеттерди кылууга өбөлгө болот. Кайрымдуулук фондусу 2010-ж. Москва шаарынын көрүнүктүү меценаттары менен биргеликте Бишкек шаарында маданият тармагына байланыштуу фестивалдарды өткөрдү. Бишкек шаарында жогорку окуу жайлары, чоң жана чакан ишканалар менен биргеликте көптөгөн сынактарды, жолугушууларды, кайрымдуулук иш-чараларды өткөзүп келет. Ошондой эле жаш окумуштууларга, студенттерге ири суммадагы спонсорлук жардамдар көрсөтүлүп жатат. Жыл сайын кыргыз элине белгилүү опера ырчысы Болот Миңжылкыевдин туулган күнүнүн урматына кечелер өткөзүлөт, жаш өскүн келе жаткан опера ырчылары баалуу сыйлыктар менен сыйланышат. 2012-ж. Бишкек шаарындагы Ю.Фучик атындагы паркында Кыргыз Республикабыздын бардык райондорунан чыккан белгилүү бизнесмен-меценаттардын урматына арналган «Меценаттардын аллеясы» ачылды. Аллеяда орнотулган кызыл гранит плитасына кайрымдуулугу менен эл арасына белгилүү меценаттардын ысымдары жазылып түбөлүккө калат.

АЙКЫНДУУЛУК – советтик саясий илимде иштелип чыккан сөз эркиндиги түшүнүгү. Орусиялык А-тун тамыры Н.Карамзиндин «Орусия мамлекетинин тарыхы» эмгегинде айтылат. Ал «самодержавиенин өнүгүүсү дворяниндеп тартып мещанинге, жөнөкөй элге чейин укуксуз болгон багытта жүрдү» деген, кийин 1859-ж. Министрлер Совети «басма сөздүгү айрым окуялар жөнүндө чуулгандуу маалыматтар мамлекет үчүн кошумча маалымат алууга мүмкүн болсо гана жарыялансын» деп чыккан. Ошол мезгилде гана А. азыркы маанисин ала баштаган. 1905-ж. Мамлекеттик Думанын 1-сессиясына 44 делегат «Басма сөз, сөз эркиндиги жөнүндө мыйзам» долбоорун сунуш кылышат, бирок ал өтпөй калган. Революциядан кийин В.И. Ленин тарабынан атайын декрет, сөз, укук, шайлоо ж.б. эркиндиктер мыйзамдаштырылган. Митинг, чогулуштарда, басмада мамлекеттин иштери жөнүндө ачык талкуулоо мүмкүнчүлүгү А-тун демократиялык өнүгүшүнө мүмкүнчүлүк берген. Бирок, көп өтпөй, административдик система А-тун элементтерин жок кыла баштаган. А. жөнүндө мыйзамдын проектиси 1987-ж. даярдалып, Президиумда кабыл алынган эмес. А-тун негизги таянычы – сөз, басма сөз эркиндиги, демек – жарандардын өз оюн билдирүү, каалаган маалыматын таратуу, ал үчүн маалымат булактарынан колдонуу мүмкүнчүлүгү. Жарандын ички, жеке турмушуна, абийирине кийлигишүүгө болбойт. Жарандын суроолорго (журналист берген) жооп бербей коюуга да акысы бар. *Бириккен Улуттар Уюму* тарабынан кабыл алынган (1948-ж.) *Адам укугунун жалпы декларациясы* ар бир адамдын укугун, эркиндигин (сөз, басма сөз, көз караш) бекемдейт. Жарандык укуктарды коргоо *Кыргыз Республикасынын Конституциясы*нда атайын бөлүм менен белгиленет.

АЙЫЛ БАШЧЫСЫ – калктуу пункттун жашоочуларынын өкүлдөрү менен кеңешүүнүн жыйынтыгында дайындалат. Айыл өкмөтүнүн курамына кирет жана айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан тапшырылган функцияларды аткарат. Эгерде айыл өкмөтүнүн аймактык курамы эки-үч же андан көп айылдардан турса, анда ар бир айылда айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан дайындалган башчылары бар.

АЙЫЛ ӨКМӨТҮ – өз ыйгарым укуктарынын чегинде жергиликтүү коомчулуктун ишмердүүлүгүн жана жашоо-тиричиликти камсыз кылууну башкарууну ишке ашыруучу айылдык, посёлкалык кеңештердин ичиндеги аткаруучу-тескөөчү орган. Айылдык кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын

аткарылышына жана алардын шайлоочуларына бере турган отчётторду даярдоодо жардам көрсөтөт. А. ө. өзүнүн ишмердүүлүгү боюнча айылдык же посёлкалык кеңешке, ал эми жөнөтүлгөн мамлекеттик ыйгарым укуктары боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрациянын башчысына жоопкерчиликтүү. А. ө-нүн башчысы жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан төрт жылга шайланат. А. ө. жергиликтүү жамааттын өкүлү, анын юридикалык жагы. Бирок ал мамлекеттин атынан жана анын жалпы пайдасы үчүн иш жүргүзөт. А. ө. укук абалы жагынан мамлекеттик башкарууга тийиштүү, бирок мамлекеттик башкаруу чөйрөсүнөн тышкары функцияларды да аткарат.

АКАДЕМИЯ – жогорку байтүп жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү программаларын жүзөгө ашыруучу жогорку окуу жайы, белгилүү бир илимий жана илимий-педагогикалык тармактар үчүн жогорку адистиктеги кызматкерлерди даярдайт же кайра даярдайт, кесиптик билимдерин өркүндөтөт; фундаменталдык жана колдонмо илимий изилдөөлөрдү ишке ашырат; өз тармагы боюнча жетектөөчү жана илимий усулдук борбор болуп саналат.

АКАЕВ Аскар Акаевич – Кыргыз Республикасынын биринчи качкын *президенти.* 1944-ж. 10-ноябрда Кемин районунун Кызыл-Байрак айылында туулган. 1990–2005-жж. Кыргыз Республикасынын президенти. 1990-ж. 27-октябрда Кыргыз ССРинин курамы 350 депутаттан турган Жогорку Совети тарабынан президент болуп шайланган. 1991-ж. 12-октябрда жалпы элдик шайлоодон жалгыз өткөн. 1994-ж. 30-январда жалпы элдик добуш берүү аркылуу (референдумда) – президенттик укуктары ырасталган. 1995-ж. 24-декабрда президенттик экинчи мөөнөткө шайланган. 2000-ж. 29-октябрда президенттик үчүнчү мөөнөткө (эки мөөнөттөн ашык шайлоого баруу мыйзамсыз экендигине карабастан) шайланган.

Акаевдик-авторитардык саясий режимдин пайдубалынын түптөлүшүн төрт кадамга бөлүп кароого болот. СССР деп аталган жалпы мамлекеттик биримдиктин ичинде болсо дагы 1990-ж. республиканы башкаруунун президенттик институтунун киргизилиши Кыргызстандын соңку жаңы саясий тарыхындагы жаңы доордун башталышы болгон. Миң жылдардан ашык убакыттан кийин бирдиктүү кыргыз улуту өзү дайыма тилеп келген, ага жетүү үчүн талбастан күрөшүп келген эгемендүү мамлекетти курууга, өз башчысын өзү эркин шайлоого жетишкен. 1990-ж. 27-октябрда Кыргыз ССРинин Жогорку Совети А.Акаевди Кыргыз ССРинин президенти кылып шайлаган.

СССРдин курамында кезинде эле кыргыз мамлекетинин башкаруу системасында өтө оор кырдаал түзүлгөн. Башка бир да союздук республикада мындай кош бийлик жок эле. 1990-ж. октябрда болгон Жогорку Советтин сессиясында президентти шайлоо учурунда тагдыр А.Масалиевге канчалык каршы болсо да, Ак үйдөгүлөрдүн А.Масалиев эле президент болот деп күтүшкөнү билинип эле турган. Жада калса шайланган президент А.Акаевди салтанаттуу түрдө отургуза турган мурдатан даярдалган иш кабинети да жок болгон. Планга ылайык А.Масалиев эле шайланып, анан ал өзүнүн, Компартиянын 1-катчылык иш кабинетинде отуруп кала бермек, бардык кошуна республикалардагы бийлик алмашуу ушундай иретте жүргөн эле да.

Кыргыз Республикасынын президенти мамлекеттин да, өкмөттүн да башчысы. Авторитардык бийликтин пайдубалын куруунун биринчи кадамы. Президенттик институттун киргизилиши менен эле коомдун саясий системасы, мамлекетти башкаруунун модели өзүнөн өзү эле өзгөрүп кеткен жок. Мындай өзгөрүүлөр болуш үчүн, албетте, күчтүү саясий эрк, кажыбас кайрат, турмуштук тажрыйба, ар тараптуу терең билим жана убакыт керек эле. Мына ушундай тарыхый милдеттердин адам көтөргүс оор жүгү жаңы эле пайда болгон президенттик бийлик институтунун мойнундагы тагдыр чечүүчү тарыхый жүк болгон.

Кыргыз мамлекетин башкаруунун жаңы, президенттик моделинин негизи катары системалык кайра түзүүлөрдүн жергиликтүү шарттарын эске алган, улуттук, диндик жана салттык өзгөчөлүктөрдүн таасири аркылуу

баалануучу жана түшүндүрүлүүчү, дүйнөлүк практикада текшерилген жана көптөгөн өлкөлөр тарабынан кабылданган демократиялык баалуулуктар менен базар экономикасы кабыл алынган.

Ошол көз ирмемдеги, 1990-ж. октябрдын аягындагы, Кыргыз ССРинин мамлекеттик башкаруу системасы, анын конституциясына ылайык, үстүртөн караганда, төмөнкүдөй көрүнөөр эле: иш жүзүндө бирин-бири тең салмактап жана кармап турган бийликтин үч бутагы жок болсо да, бул бутактардын көлөкөсү, скелети бар болчу. Алсак:

- Жогорку Совет – мыйзам чыгаруучу бийликтин жогорку органы. Бийликтин бул бутагына облсовет, шаарсовет, райсовет, поссовет, сельсовет жана алардын ар биринин алдындагы аткаруу комитеттери кирчү;

- Министрлер совети – өкмөт – аткаруу бийлигинин жогорку органы. Өкмөттүн курамында 30дан ашык министрликтер, комитеттер, агенттиктер, ведомстволор болгон жана булардын ар биринин облустарда, шаарларда, райондордо, посёлоктордо, совхоз менен колхоздордо эбегейсиз көп сандагы башкаруу түзүмдөрү болгон;

- Жогорку сот – сот бийлигинин жогорку органы. Жергиликтүү соттор.

«Совет бийлиги», «совет өкмөтү» – деп мыйзамдарда жазылып, эл оозунда айтылганы менен, марксизм-ленинизмдин негиздөөчүлөрү элестеткендей жана алардын жазып калтырган осуяттарында сүрөттөлгөндөй социалистик түзүлүштүн өзү СССРде дегеле жок болгон сыяктуу эле, өлкөдөгү мамлекеттик бийлик советтердин колуна эч качан тийген эмес. В.И. Ленин дүйнөдөн кайткандан кийин Советтер Союзундагы мамлекеттик бийлик толугу менен И.Сталин башында турган Коммунисттик партияга өтүп, анан ал партия мамлекеттик бийликтин үч бутагынын үстүнөн карап, мамлекеттеги бардык бийликти өзүнө топтоп алган. Жогоруда айтылгандай, 1990-ж. жазгы сессияда, КПССтин башкаруусун кепилдикке алган конституциянын 6-беренеси жоюлганынан бери алты ай убакыт өтсө дагы советтер бийликти өз колуна ала алышкан эмес, жада калса аларда, башкаруу тажрыйбасы да жок эле. Бийлик советтердин жана алардын аткаруу комитеттеринин башына асмандан «дүп» этип келип түшкөндөй эле болгон.

Буга чейин иштеп келген мамлекеттик бийликтин эң жогорку кызматтагылары өз орундарында эле калышкан: Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы менен Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун төрагасы кызматтарын тең эзелеген – А.Масалиев, өкмөт башчы – министрлер советинин төрагасы – А.Жумагулов. Мамлекеттик бийлик пирамидасынын ылдыйкы тепкичтеринде деле ушундай эле абал сакталып калган. Мурдагы компартиянын обкомунун биринчи катчысы эми облаткаруу комитетине, ал эми райкомдун биринчи катчысы райаткаруу комитетине төрага болуп калышкан. Саясий система өзгөрсө да партократтар бийликте кала беришкен.

Анан буларга кошумча эми жаңы эле шайланган президент А.Акаевдин бийлик институту да бар эле, бирок анда реалдуу бийлик жок болчу, азыр анда бийликтин «эки тизгин, бир чылбыры» жок эле, бирок анда коомчулуктун, элдин эбегейсиз колдоосу менен ишеними бар болгон.

Эмне кылуу керек? Жаңыдан пайда болгон президенттик институтту Кыргызстандын мамлекеттик башкаруу системасына кантип кийирүү керек? Мамлекетти башкаруу реформаларынын башталыш шарттары укмуштуудай оор болгон. XX к. акыркы декадасында системалык кайра түзүүлөрдүн биздин өлкөдөгүдөй ойго келбеген кесепеттерин катуу азаптанып баштан кечирген өлкөлөр дүйнөдө аз болгон.

Президент А.Акаевдин алдында эки мүмкүнчүлүк, эки жол бар эле ал мезгилде:

- Биринчиси, 1990-ж. жазында башталып, алты айдан бери уланып келаткан мамлекеттик жана жергиликтүү бийликтерди советтерге өткөрүү процессин андан ары улантуу, жергиликтүү советтердин материалдык-каржылык негиздерин бекемдөө жана күчөтүү, кадрлык курамын бекемдөө, укуктук негиздерин иштеп чыгуу... Жогорку Советтин (парламенттин) бийлик-укуктарын күчөтүүгө багыт алуу, депутаттар тарабынан сессияда шайлангандан улам

президент Жогорку Советке баш ийет, ага отчёт берет, президенттин бийлиги чектелген, номиналдуу гана. Эки же көп партиялык системаны орнотуу – буга толук шарттар бар эле. Тез арада партиялык тизменин негизинде, учурдагы коомдук, прогрессивдүү күчтөргө таянуу менен парламенттик шайлоолорду өткөрүү... Кыргызстанда мамлекетти башкаруунун парламенттик республика формасын кийирүү.

- Экинчи жол, өкмөттү – аткаруу бийлигин колго алуу, президентти – мамлекеттин эле эмес өкмөттүн да башчысы кылуу. Жогорку Советке баш ийбөө, аны алсыратуу. Тез арада бүткүл эл тарабынан президенттик тикелей шайлоону өткөрүү. Президенттин бийлик-укуктарын көбөйтүү, күчөтүү, ал эми анын жоопкерчиликтерин, тескерисинче, азайтуу... Кыргызстанда мамлекетти башкаруунун чала президенттик республика формасын кийирүү жана андан ары авторитардык саясий режимди курууну көздөй багыт алуу.

Биринчи жол канчалык даяр, улуттун кызыкчылыктарына, кыргыздардын көп жылдардан бери топтоп келген башкаруу тажрыйбасына дал келип турса да, улап кеткенге ылайык келген реалдуулук болуп турса да, президент А.Акаев экинчи жолду тандап алган.

Ошентсе да, өлкөдөгү демократиялык күчтөрдүн үмүтү катары эсептелген А.Акаевдин саясий бийликке келиши менен мамлекеттеги курч саясий кырдаал жумшарып, коом демократиялык өнүгүү жолуна багыт алгандай маанай калтырган.

Ойлонулган пландарды ишке ашыруу үчүн биринчи кезекте мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүү жолу менен келечектеги кайра түзүүлөрдүн укуктук негиздерин тактап алуу керек эмеспи. Ушул максатта он экинчи шайланган Кыргыз ССР Жогорку Советтинин 3-сессиясында кабыл алынчу маанилүү документтерди даярдоо кызуу жүргөн. Сессия 1990-ж. 11-декабрда өз ишин баштаган. Анда депутаттар А.Масалиевди Кыргыз ССР Жогорку Советтинин Президиумунун төрагалык кызматынан алып, анын ордуна М.Ш. Шеримкуловду шайлашкан. Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысынын ордуна ошол эле БКнын идеологиялык иштер боюнча катчысы келди. Экөө тең эле партократтар, быйылкы жетишкен эң жогорку чекти эмдиги жылдын сөзсүз аткарылууга тийиш болгон планы кылышкан, советтик-партиялык номенклатуранын республикадагы эң мыкчыгер төбөлдөрү эле да. Бирок А.Масалиевге салыштырганда М.Шеримкулов ошол мезгилде А.Акаев үчүн ыңгайлуу, ийкемдүү кадр болгон. Ал эми экинчи жагынан, А.Акаев А.Масалиевге окшогон аброю күчтүү саясий оппонентти бийликтен четтеткен.

Президент А.Акаев сессия башталаар алдында Жогоку Советке «Мамлекеттик бийлик системасын кайра уюштуруу боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө» аттуу кайрылуусун жана «Кыргыз ССРин облустарга бөлүүнү өркүндөтүү жана жаңы облустарды түзүү жөнүндө» деген мыйзам долбоорун жиберген. Бул мыйзам долбоору 1990-ж. 14-декабрда кабыл алынып, анын негизинде Нарын менен Талас облустары кайрадан калыбына келтирилип, Чүй менен Жалал-Абад облустары жаңыдан түзүлгөн. Ош менен Ысык-Көлдү кошкондо Кыргызстан эми алты облус жана борбор калаадан туруп калган.

Жаңы түзүлгөн Чүй облусунун губернатору кызматына А.Жумагуловдун дайындалганынан улам, ал буга чейин ээлеп келген Кыргыз ССР министрлер советинин төрагасы – өкмөт башчысы – кызматынан бошоп калган.

Президенттин позициясын бекемдөө үчүн 1990-ж. 14-декабрда Жогорку Совет «Кыргыз ССРиндеги мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарынын системасын реорганизациялоо жана Кыргыз ССРинин Конституциясына (Негизги Мыйзам) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду кийирүү жөнүндөгү» мыйзам кабыл алган. Мыйзам аркылуу президент жалаң эле мамлекет башчысы макамын албастан, аткаруу бийлигинин да башчысы болуп, анын позициясын бир топ бекемдеген. Мыйзам чыгаруу демилгеси укугу, парламенттин ишине катышуу, өлкөнүн вице-президенти кызматына жана Жогорку соттун төрагалыгына талапкерлерди көрсөтүү, шаарлык жана облустук деңгээлдердеги советтердин төрагаларын дайындоо жана иштен алуу эми президенттин компетенцияларынан болуп калган.

Жогорку Советтин 3-сессиясы 1991-ж. 22-январда президенттин сунушуна ылайык «Кыргыз Республикасынын министрлер кабинети жөнүндө» мыйзамды кабыл алган. Бул мыйзамга ылайык Кыргыз ССР министрлер советинин төрагасы кызматы жоюлуп анын ордуна премьер-министр, вице-президент, ал эми министрлер советинин төрагасынын орун басарларынын ордуна мамлекеттик катчылар кызматтары киргизилген. Бул мыйзам боюнча премьер-министр эми өкмөт башчысы болбой калган, ал болгону биринчи министр макамын алган, анын бийлик-укуктары бир кыйла азайып, ал эми жоопкерчиликтери мурдагыдай эле көп боюнча кала берген. Өкмөт башчылык бийлик-укуктары эми толугу менен президентке өткөн. Министрлер кабинети президентке баш ийип, эми өкмөт анын жетекчилиги менен иштей турган болуп калган.

Мамлекеттин президентин парламент шайлаган өлкөлөрдө №1-мамлекеттик эң жогорку кызмат катары премьер-министрдин кызматы эсептелет. Бийликти бөлүштүрүүнүн логикасы боюнча деле, дүйнөлүк практиканын тажрыйбасы боюнча деле ошол мезгилдеги Кыргызстандын реалдуу бийлиги премьер-министрде болуш керек эле. Президент А.Акаев эми өкмөттүн да башчысы болуу менен өз колуна парламенттик республика башкаруу формасынын философиясына ылайык келбеген эбегейсиз көп бийликти топтоп баштаганына Жогорку Совет жана анын төрагасы М.Шеримкулов «байкамаксан» көз карашта болушуп, эгемендүүлүктүн келечегине кайдыгер мамилелерин көрсөтүшкөн.

А.Акаевдин саясий карьерасындагы авторитардык бийликтин пайдубалын куруунун биринчи кадамы мына ушул «Кыргыз Республикасынын министрлер кабинети жөнүндөгү» мыйзамды ишке ашыруудан башталган. Ошондо А.Акаевдин Жогорку Совет тарабынан президент болуп шайланганына үч ай да толо элек болгон. Эгерде 1990-ж. 14-декабрда эле Чүй облусун түзүп, анын башчылыгына А.Жумагуловду дайындаганын эске алсак, анан дагы бул планды А.Жумагуловдун өзү менен макулдашууга жана аны «көндүрүүгө» кеткен убакытты кошсок, анда А.Акаевдин өлкөдө авторитардык башкарууну орнотуу пландары ал президент болуп шайлангандан кийинки биринчи айында эле, 1990-ж. ноябрь айында эле дыкаттык менен иштелип чыкканы ачык айкын болуп турат жана мунун чындыгына Акаевдин кийинки он беш жылда жүргүзгөн үй-бүлөлүк-авторитардык бийлиги толук жана так далил болуп эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын биринчи премьер-министри болуп Жогорку Советтин 3-сессиясында, 1991-ж. 22-январда, жашыруун добуш менен, Н.Исановдун, ал эми вице-президенттикке Г.С. Кузнецовдун талапкерликтери бекитилген. Министрлер советинин төрагасынын мурдагы сегиз орун басарларынын ордуна эми беш мамлекеттик катчылар бекитилген: Т.К. Койчуев (бир эле убакта Кыргыз Республикасындагы экономикалык реформалар боюнча мамлекеттик комиссиянын төрагасы), А.А. Иордан, Э.Дуйшеев, Я.Е. Фишер, А.М. Муралиев. Ошондой эле, сессия 26 министрлик менен мамкомитеттерден турган өкмөттүн түзүмүн да бекитип берген.

Жаңыдан эле президент болуп шайланган А.Акаев премьер-министрлик кызматка эл арасында аброю күчтүү, чынчыл жана иштерман, анын үстүнө түштүктүн өкүлү болгон Н.Исановдун талапкерлигин колдоо менен өзүн демократ катары, жаңы толкундун өкүлү катары көрсөтүүнү максат кылган, эл көзүнө «мына Масалиев кетсе Исанов келди» дегендей ишараат кылган. Белгилүү болгондой, жаңы мыйзам боюнча, премьер-министр болгону биринчи министрдин гана бийлик-укуктарына ээ эле. Бирок, иш кызуу башталгандан эле, өзүнүн кумири А.Масалиевге окшоп, Н.Исанов дагы чынчыл, сөзү менен иши дал келген, өлкөдөгү абалды абдан жакшы билген, өз укугун билген, «шефтин» көзүн карабаган жетекчи катары иштей баштаган. Ошентип, авторитардык режимди курууну өзүнө максат кылып койгон А.Акаев үчүн Н.Исанов дагы, А.Масалиев сыяктуу эле, ыңгайсыз кадр болуп чыга келген.

КПССтин жоюлушу, республикадагы компартиянын бийлик-укуктарынын толугу менен президентке өтүшү – авторитардык

бийликтин пайдубалын куруунун экинчи кадамы. 1991-ж. апрелде Кыргызстан КП БКнын 1-катчылык кызматына А.Масалиевдин ордуна Ж.Аманбаев шайланган. Ошол эле учурда Ж.Аманбаевдин Президенттик кеңешке да мүчө болуп киргизилиши А.Акаевдин ага жана ал жетектеген партияга карата болгон «колдоо алуу» саясатынын белгиси болгон. 1991-ж. 19–23-августтагы ГКЧПдан кийин гана коммунистердин тагдырын толук жана биротоло чечүүгө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Москвада ГКЧП жеңилгенден кийин союздук республикаларда КПССтин уюмдарын жоюу чагылгандай тездик менен жүргөн. 1991-ж. 23-августта Литвада, Молдавияда – 24-августта, Белоруссияда – 25-августта, Грузияда – 26-августта, Түркмөнстанда – 28-августта, Украинада – 30-августта компартиянын республикалык уюмдары толугу менен биротоло жоюлган. Ошентип, бир жуманын ичинде алты союздук республикада компартиялар жоюлуп, көз карандысыздык декларациялары кабыл алынган. Кыргызстанда 1991-ж. 31-августта Кыргызстан Республикасынын Жогорку Совети «Кыргызстан Республикасынын мамлекеттик көз карандысыздыгы жөнүндөгү декларациясын» кабыл алуу менен бирге Кыргызстан коммунисттик партиясын жоюу жөнүндө токтом кабыл алган.

1991-ж. 4-сентябрда борбордук гезиттердин беттеринде Кыргыз Республикасынын президенти А.Акаевдин билдирүүсү жарыяланган. Анда «Коммунисттердин басымдуу көпчүлүгү КПССтин жана Кыргызстан Компартиясынын жогорку партиялык-бюрократтык жетекчилигинин иш-аракеттери жана саясаты үчүн, алардын соңку кылмыш – мамлекеттик төңкөрүшкө көмөктөшкөндүгү үчүн жоопкерчилик тартышы мүмкүн эмес», – деп айтылган. Ушундан кийин буга чейинки партиялык бийлик-укуктар, партиялык кызматкерлер иш ордулары менен кошо эми аткаруу бийлиги бутагына, иш жүзүндө президенттик башкаруу түзүмүнө расмий да, расмий эмес да өтө баштаган. Алар президентке мурдагыдай тең-ата деңгээлде эмес, тескерисинче, ага толук баш ийүү шарттарында иштей башташкан. Ушул көрүнүш Акаевдин авторитаризмди карай жолундагы экинчи орчундуу кадам болгон.

Постсоветтик республикалардын башкаруу системаларына салыштырганда Кыргызстандын жаңы саясий системасында авторитардык режимге жагымдуу укуктук негиздер түзүлө баштаган. И.Каримов, Н.Назарбаев, Б.Ельцин ж.б. бир катар республикалардагы президенттик башкаруу институту жалпылап айтканда буга чейинки партиялык башкаруунун ордуна келген. Жогоруда аталган лидерлердин бири да бир эле учурда мамлекеттин да, өкмөттүн да башчысы бийлик-укуктарына ээ болгон эмес. А.Акаев алгач мамлекет башчысы катары парламент тарабынан шайланган, анан тез эле өкмөт башчысы бийлигин колго алган, эми бир жылга жетпей бүткүл партиялык башкарууну да де-факто өзүнө алган.

Авторитардык бийликтин пайдубалын куруунун үчүнчү кадамы. Президент А.Акаевдин демилгеси менен, алдыга коюлган авторитардык режимди куруу максаттарына толук жетүү үчүн, 1991-ж. 12-октябрда өлкөдө жалпы элдик президенттик шайлоо өткөрүлгөн. Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин 1991-ж. 31-августтундагы токтому менен А.Акаев Кыргыз Республикасынын президенттигине талапкер болуп көрсөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын президентин шайлоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамы да ошол күнү кабыл алынган. Буга чейин Кыргызстандын калкынын түздөн-түз президентти шайлоо практикасы болгон эмес. Президентти шайлоо мыйзамын кабыл алган күнү эле Жогорку Совет өз токтому менен ал кызматка талапкер кылып А.Акаевди көрсөткөнү мыйзамдуу болгон эмес. Ал эми мыйзамдын тексти коомчулук үчүн А.Акаевдин талапкерлиги көрсөтүлгөндөн 10 күндөн кийин жарыяланган.

А.Акаевдин талапкерлигинин Жогорку Кеңеш тарабынан атайын токтом менен көрсөтүлгөнү да мыйзамга ылайык келген эмес. Кыргыз Республикасынын президентин шайлоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 8-беренесине ылайык «Кыргыз Республикасынын президенттигине талапкерлер мыйзамда белгиленген тартипте Кыргыз Республикасындагы саясий партиялар,

кесиптик союздар жана массалык кыймылдар тарабынан көрсөтүлөт». Ушул эле беренеде дагы бир ченем бекитилген: «Эгерде Кыргыз Республикасынын президенттигине бир дагы талапкер көрсөтүлбөсө же бардык талапкерлер өз кандидатураларын алып салса, талапкерлер Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин заседаниелеринде көрсөтүлөт». Мыйзам жарыя боло электе эле Жогорку Советтин токтому менен А.Акаевдин талапкерлигинин көрсөтүлүшү жогорудагы мыйзамдын чектерине туура келген эмес.

Ансыз деле чукулунан өткөрүлгөн бул шайлоодо А.Акаевдин талапкерлиги жалгыз коюлуп, ал катышкан 89,03% шайлоочулардын 95,30% добушун алып (4,6% каршы), ушул эле 1991-ж. 11-декабрында салтанаттуу ант берип, жалпы эл шайлаган президенттик кызматка киришкен. Эми А.Акаев мандатты Кыргызстан калкынан алган болуп, Жогорку Советтин көзөмөлүнөн чыгып, ага баш ийбей калган макамга жетишкен. Мыйзам чыгаруучу жана сот бийликтеринин ошол кездеги жетекчилеринин президентке карата толук баш ийүү мамилелерин эске алсак, анда А.Акаевдин жеке бийлигин чектей же көзөмөлгө ала турган реалдуу күч жок болгон. А.Акаев мамлекеттин да, өкмөттүн да башчысы, парламентке да отчет бербейт, бийликтин мынчалык көп көлөмү постсоветтик бир дагы республикада болгон эмес.

Ошентип, 1991-ж. аягына карата жаш, эгемендүү Кыргызстан Республикасында Акаевдик авторитаризмдин пайдубалы толугу менен курулуп бүткөн.

Акаевдик авторитаризмдин саясий жана укуктук негиздеринин андан ары бекемделиши. 1991-ж. 29-ноябрда, республиканы кыдырып жүрүп, жол кырсыгына кабылып, тунгуч премьер-министр Н.Исанов каза тапкан. Бул жогорку кызматта ал болгону он ай гана иштегенге үлгүрүп, элдин башына түшкөн кыйын кезеңде улуттун келечеги үчүн деген көптөгөн максаттарын ишке ашыра албай калган. Ушундай чукул өзгөргөн шарттарда «Кыргыз Республикасынын өкмөтү жөнүндө» мыйзам долбоору тезинен токулуп, 1992-ж. 26-февралда Жогорку Советтин 8-сессиясы тарабынан кабыл алынган. Ушул эле күнү сессияда жашыруун добуш менен жаңы премьер-министр болуп Т.Чыңгышевдин талапкерлиги бекитилген. Жаңы мыйзамга ылайык мурунку 5 мамкатчылык жоюлуп, 3 вице-премьер-министрлик кызматтар киргизилип, ал орундарга Г.С. Кузнецов, А.Эркебаев, Р. Отунбаева дайындалышкан. Өкмөттүн түзүмү да өзгөргөн. Эми 15 министрлик, 7 мамкомитет, 6 мамагентство, 5 маминспекциялар түзүлгөн.

Жаңы мыйзамга ылайык президент – өкмөттүн төрагасы, премьер-министр анын орун басары болгон. Өкмөттүн түзүмүн жана анын алдындагы мамлекеттик жана административдик ведомстволор менен агентстволордун курамын аныктоо укугу толугу менен президентке берилген. Теория боюнча да, башкаруунун президенттик формасын кабыл алышкан дүйнө мамлекеттеринин практикасында да, президентке мынчалык көп бийлик-укуктар берилгени учурабайт.

Ошентип, кийинчерээк «акаевдик үй-бүлөлүк - авторитардык» деп аталып калган саясий режимдин авторитардык пайдубалы президент А.Акаевдин саясий карьерасынын башталыш жылдарында эле түптөлө баштаган.

Коммунисттик тоталитаризмден демократияга өтүүдө сөзсүз түрдө авторитардык бийлик керек экендиги жөнүндөгү жаңы теориясын А.Акаев 1993-ж. 20-22-январда Израиль өлкөсүнө болгон расмий сапар учурунда, эл аралык мамилелер боюнча Израиль Кеңешинин жыйынында жасаган баяндамасында биринчи жолу жарыялаган.

Саясий карьерасынын алгачкы бир жылдарында авторитардык бийликтин пайдубалын куруп, 1993-ж. кабыл алынган демократиялык Конституцияга 1994-96-98-2003-жж. өтө орой, ачык эле авторитардык мүнөздөгү өзгөртүүлөрдү кийирүү жолу менен үй-бүлөлүк бийлигин бекемдегени башынан эле ойлонулган иш экендигин А.Акаевдин жогорудагы, өз өлкөсүндө эмес, чет өлкөдө жарыя кылганы, кеңири кыргыз коомчулугу үчүн учурунда сыр боюнча калган, Кыргызстанда авторитаризмдин зарылчылыгы жөнүндөгү теориясы ачык-айкын далилдеп турат.

Анын кызматтан кетүүсүн талап кылып ачкачылыкка чыккан 400дөн ашык адамдардын

арасынан 2002-ж. 7-февралда ачкачылыктын 22-күнү, 51 жаштагы Шералы Назаркулов каза тапкан. 2002-ж. 17-мартта акасвдик үй-бүлөлүк башкарууга каршы тынчтык жүрүшкө чыккан жарандарга Аксынын Боспиек айылына жакын жерде бийлик тарабынан ок атылып, бейкүнөө алты адам окко учкан, жүздөгөндөрү жараат алышкан. 2005-ж. 24-мартта – ушул жылы октябрынын акыркы жекшембисинде боло турган кезектеги президенттик шайлоодо А.Акаевдин эми төртүнчү мөөнөткө өз талапкерлигин коёруна, өлкөдө авторитардык саясий режимди орнотуп, мамлекеттеги бардык бийликти өзүнүн үй-бүлөсүнүн колдоруна топтоп алганына каршы чыгышкан элдик толкундоолор ыңкылапка өсүп жетип, анын натыйжасында ал Кыргызстандан түнү менен Орусияны көздөп качып чыгууга аргасыз болгон. 2005-ж. 5-апрелде – өзүнүн президенттик кызматтан кеткени тууралуу Москвадан туруп аргасыздан расмий арыз жазган. 2005-ж. 11-апрелде – Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши А.Акаевдин президенттик бийлик-укуктарын де-юре токтоткон.

«АК-ЖОЛ» саясий партиясы – 2007-ж. 15-октябрда президент К.Бакиевдин колдоосу менен түзүлүп, ушул эле жылдын 16-декабрында өткөн кезексиз парламенттик шайлоодо жалпы 90 депутаттык орундун 71ине ээ болгон. «А.-Ж.» п. менен принципсиз жана кылмыштуу «соодалашууга» барышкан КСДП – 11 орунга, ал эми ККП – 8 депутаттык орундарды алышкан. «А.-Ж.» п. К.Бакиевден толук көз каранды болгон сыяктуу эле, ал партия абсолюттук көпчүлүккө ээ болгон төртүнчү чакырылыштагы Жогорку Кеңеш да президенттин «чөнтөк парламенти» болуп калган. 2010-ж. 7-апрелдеги мамлекеттик төңкөрүштөн кийин «А.-Ж.» п. өзүнөн-өзү жоюлуп, ал ээлик кылган кыргыз парламенти Убактылуу өкмөт тарабынан мөөнөтүнөн мурда таркатылган. Бийлик тарабынан түзүлгөн «жел партиялардын» тагдыры дайыма ушундай болоорун дүйнөлүк тарых жетиштүү эле тастыктаган.

АК ОРДО – борборлошкон элдердин башкаруучусунун же жоокердик кошундун жетекчисинин туруктуу жайы. Жазма булактар маалыматтарына караганда байыркы гунндардын (3-5-к.) жана түрктөрдүн (6-8-к.) доорунда бир жерден сейрек көчүрүлгөн А. о-нун болгондугу айтылат. Көкүнор көлүнүн жээктеринен кетишип, Тибет мамлекетин башкарышкан «жетекчилердин» да бир нече жүздөн ашык адамдар бата турган үйлөрдө жашай тургандыгы кытай жазмаларында да айтылган. Мындай үйлөрдүн керегелерин «кош кабат» жана уктары улама болгон көрүнүштөрдү Миң-Суу ойдуңунда аскага чегилген сүрөттөрдөн (II-III к.) жана IV к. 1-жарымында тартылган «персиялык миниатюралардан» көрүүгө болот. «Манас» эпосунда А. о. башка боз үйлөрдөн көлөмүнүн чоңдугу жана кооздугу боюнча өзгөчөлөнүп сүрөттөлөт. Ал жада калса бор менен бордолуп, ак кийиз менен жабылган көрүнүшү боюнча да айырмаланат. Эпосто айтылган А. о-нун керегелери да эки кабат болуп, бийиктетилип, ар бир канат керегенин ортосуна орнотулган түркүктөргө керегелер чырмалып бекемделген. Ал эми ошол керегеден түндүккө чейин уктарды жеткизүү үчүн алар сөзсүз түрдө бири-бири менен улаштырылат. Өз учурунда жерге орнотулуп, узун түркүктөр менен карматылган иймек чоң айлана түрүндөгү туура жыгачтар улаштырылган уктардын асты жак ортосунан тиреп турган өбөк болуп калат. Ошондо гана А. о-нун жыгачтан кынаштырылып тургузулган бийик жана кенен көрүнүшү пайда болот. Үйдүн ушул жыгачтарына ак кийиздер жабылганда маңкайып башкалардан өзгөчөлөнгөн А. о. үйдүн тигилгенин көрөбүз. Эпосто айтылган Манас баштаган *кырк чоро,* кербендер, дагы толуп жаткан коноктор кенен баткан, эшигинен атчан адам эркин кирип чыккан эпикалык А. о-нун турмушта болгондугун ырастайт.

АК ҮЙЛҮҮ – бийлик ээлери тарабынан көз каранды элдин көрүнүктүү, кадырлуу, өкүлдөрүн (баласын же өзүн) барымтага алуу. Үстөмдүк кылуучу бийлик ээси буйругун эки кылбай аткарып туруш үчүн А. ү. ыкмасын колдонушкан. Кыргыз каганатында ж.б. түрк тилдүү элдерде «барымта» маанисин аныктаган. «А. ү.» термининин биринчи мааниси «тектүү жерден барымтага кармалгандар» дегенди туюнтат. Урууну, элди баш ийдирип кармап туруу максатында, же болбосо эки мамлекеттин ортосундагы өз ара түзүлгөн келишимдин кепили катары тектүү адамдардын балдарын барымтага кармоо байыркы жана орто кылымдар мезгилдерине мүнөздүү көрүнүш болгон. Бул саясий-дипломатиялык ыкманы кытай династиялары да өтө кенен пайдаланган-дыктары маалым. Көчмөн элдерде барымтага кармалгандар (же берилгендер) *хан* сарайына жакын жердеги ак боз үйлөрдө сыйлуу туткун үй-бүлөсүндө, терең көзөмөл астында турушканы белгилүү. Бул тарыхый термин («ак үйлүү») ушул себептерден улам келип чыккан. Экинчи мааниси түркмөндөрдө, ошондой эле, каршылык көчмөн-өзбектерде уруунун ээлеген чегин кайтарган, үй бүлө күтө элек боз уландардын тобун түшүндүрөт. Көчмөн элдерде байыртадан туруктуу сакталып келе жаткан эзелки барымта салты «Манас» эпосунда да кенен чагылдырылган. Алсак, Алтайдан Ала-Тоого көчүп келишкен кыргыздарды коркутуу максатында Алооке кан:

Өкмөттөн айрылып,
Өкүнбөс боло турсун деп,
Улуктуктан айрылып
Урушпас боло турсун деп,
Манас алам ак үйлүү,

Мага моюн сунсун деп (СО, 2. 178) Манастын өзүн А. ү-гө алмак болот. Алоокенин зордукчул өкүмүнө каршы турган Манас анын өзүн багындырып:

Башкы балаң Боокени
Мага жалдап бериңиз!
Ак үйлүүгө алганым,
Ал сөзүмө көнбөсөң
Азыр бүгүн башыңа
Акыр заман салганым! (СО, 2. 196), – деп айтат.

Манас баатыр багынып берген Алоокеден балдары Бооке менен Кошабышты А. ү-гө алат. Кийин Бооке менен Кошабыш Манастын чоролору болуп калат. А. ү. экинчи мааниде байлыктын жана бийликтин символу маанисин да билдирет.

АКИМ (араб. хаким – ойчул, философ, кийинки маанисинде – дин кызматкерлеринин жана ак сөөктөрдүн иштерин башкаруучу) – бийлөөчү; атайын дайындалган же шайланган башкаруучу. Кыргыздар Кокон хандыгына баш ийип турган мезгилде акимдик аймактардын башында турган адам А. аталып, кушбек, бек, датка сыяктуу титулдарга ээ болгон. Кийинчерээк А. деп тек гана бийликтин кайсы бир баскычын ээлеген мамлекеттик бийликтин өкүлдөрү аталып калган. Учурда Кыргыз Республикасында А. административдик–аймактык бирдиктин (райондун) аткаруу бийлигинин жогорку кызмат адамы. Облусттук, райондук жана шаардык акимчилик башкаруу институту 1992-ж. киргизилип, президенттик бийликтин жергиликтүү өкүлдөрү болушкан. 1994-жылдан А. мамлекеттик администрация башчысы деп өзгөртүлгөн. А-ди дайындоо же кызматтан алуу – Президенттин укугу болгон. Азыркы мезгилде А-ге талапкерлик альтернативалык негизде Премьер-министр тарабынан көрсөтүлүп, жергиликтүү кеңештердин депутаттары тарабынан шайланат. А-дин ишмердиги жергиликтүү өкүлчүлүк бийлик органдары тарабынан көзөмөлгө алынат. А-дин укуктары жана милдеттери мыйзам тарабынан бекитилет. 1995-ж. 5-февралда *Жогорку Кеңешке* шайлоо мезгилинде Бишкек жана Ош шаарларынын мамлекеттик администрация башчыларын (А-ди) түздөн-түз шайлоолор өткөрүлгөн. Учурда Бишкек шаарында эки бийлик бар: 1) шаардык кеңеш (өкүлчүлүк бийлик); 2) шаардык администрация башчысы (аткаруучу бийлик) – мэр.

АККРЕДИТТӨӨ, АККРЕДИТАЦИЯЛОО (лат. accredere – ишеним көрсөтүү) – 1) эл аралык укукта дипломатиялык өкүлчүлүктүн башчысы болуу менен, башка бир мамлекетте өз өлкөсүнүн өкүлү болуу. Бул ыйгарым укукту алуу өз ичине кабыл алып жаткан мамлекеттин (эл аралык уюмдун) тиешелүү уюмуна, же расмий адамына өзүнө ушундай укук берилгенин күбөлөгөн документти тапшыруу актысын камтыйт; 2) улуттук укуктагы мамлекеттик органдар тарабынан ар кыл субъекттердин (билим берүү, медицина мекемелеринин, илимий уюмдардын, коммерциялык банктардын ж.б.) өзгөчө укуктарын таануу каадасы. Мис., билим берүү мекемесин А. – мындай жол-жобо анын мамлекеттик статусун (тибин жана түрүн) белгилөө, бышыктоо.

АККУЛЬТУРАЦИЯ (англ. acculturation – билим алуу, өсүш) – адатта бир калктын маданияты өнүккөн башка бир элдин маданиятын бүтүндөй эле же жарым-жартылай кабыл алышы же ошо маданияттын таасиринде болушу. Бул терминди XX к. 30-ж. америкалык социологдор жана этнографтар илимге киргизген. Ассимиляциядан айырмаланып А. процессинде этнос өзүнүн толук салттык маданиятын жоготпостон, башка элдин кээ бир мүнөздүү белгилерин өзүнө сиңирет. А-нын эки түрү бар: табигый (байыркы заманда жана орто кылымда) жана зордук-зомбулук аркылуу (азыркы заманда).

АКСАКАЛДАР КЕҢЕШИ – Кыргыз Каганатында жана анын башкаруу иерархиясында өзгөчө функцияны аткарган. Бул кеңешке кыргыз коомуна жана мамлекеттин алдында өзгөчө эмгек сиңирген коомдук-саясий, аскер ишмерлери, уруу жана уруулук бирикмелердин жетекчилери, *каган*дын кеңешчилери, жакын жардамчылары катыша алышкан. А. К-нде каган тарабынан сунушталган маанилүү *мамлекеттик* маселелер, өлкөнүн ички жана тышкы саясатындагы учурдагы урунттуу жана болочок маселелер талданып, мерчемделген. Чарбалык-экономикалык түзүлгөн жалпы абал, өлкөдөгү калктын жашоо деңгээли талданган. Бул кеңештин патриархалдык-уруулук мамилелери терең калыптанып, өнүккөн коомдо өзгөчө абройго ээ болгондугу илимде маалым. А. К. Кыргыз мамлекетинин жана мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүүсүнүн соңку доорлоруна чейин өз функциясын аткарып келген. Арийне, борборлошкон Кыргыз каганаттары түзүлүп, өнүгүп-өсүп жаткан доорлордо мамлекет башчылары болгон кагандар өлкөдөгү өтө маанилүү маселелерди жеке өздөрү да чече алышкан. А. К. – алгачкы общиналык (жамааттык) коомдо (көпчүлүк учурда мамлекетке чейинки коомдордо да) жамааттык, уруктук, уруунун ичиндеги жашы боюнча башкаларга салыштырмалуу улуу мүчөлөрү, ошол жамааттын бийлик жана башкаруу органы болгон. Аксакалдардын коомдогу ээлеген (эреже катары, эркектер) орду алардын каада-салттарды сактап алып жүргөн кадыр-баркы, аброю менен аныкталган. Алгачкы общиналык (жамааттык) коомдун өсүп-өнүгүшү менен бирге, аксакалдар менен катар башка да бийлик жүргүзүүчүлөр, анын ичинде жолбашчылар (жолбашчы деп көбүнчө мураска калуучу башкаруу бийлигин түшүнүшөт) пайда боло баштайт. Аксакалдар менен жол башчылардын коомдогу (уруудагы, уруулук бирикмедеги) реалдуу бийлигинин салыштырмалуу салмагы өзгөрүп турган. Коомдун өнүгүүсү, жеке менчиктин жана мүлктүк бөлүнүүнүн пайда болуусу менен бирге жол башчылардын бийлиги жогорулай баштайт. Уруу башчылары болгон аксакалдар кеңеш берүүчүлөргө айланышат. Бирок, бул жаатта да аларды жол башчынын жан-жөкөрлөрү (аскердик түзүм же жамаат мүчөлөрү) артка сүрүп олтурушту. Ошого карабастан, алгачкы жамааттык коом ыдырап, бузулуп бара жатканда аксакалдар жамааттын жаш мүчөлөрүнө салыштырмалуу көбүрөөк артыкчылыктарды алууга мүмкүндүк алышкан. Аксакалдар мындай артыкчылыктарды өз туугандарына бекемдеп берүүгө умтулушкан. Ошону менен бирге, алар урук-уруулук өзгөчө бай-манаптык катмардын калыптанышында негизги булактардын бири катары калышкан.

АКСИОЛОГИЯ (гр. axios – баалуулук жөнүндөгү окуу) – баалуулук, нарктуулук жана бийик деөлөттөр жөнүндөгү илим. Коомдогу жана коом мүчөлөрүнүн ортосундагы адеп-ахлак мамилелериндеги баалуулук, нарктуулук түшүнүктөрдү, эрежелерди, талаптарды өз ичине камтыйт. Педагогикалык А. – жаштарды коомдун баалуулуктарына, асыл нарктарына, адеп-ахлактык идеяларына, канондоруна шайкеш тарбиялоо маселелери жөнүндөгү педагогикалык илим тармагы. Философияда: азыркы кездеги философиядагы негизги бир тармак. XX к. башында пайда болгон. А. коомдук көрүнүштөрдү идеалистче түшүндүрөт, *коомдук болмуш* менен *коомдук аң-сезим*дин мыйзам ченемдүүлүгүн танат. А-дагы негизги нерсе – баалуулук жөнүндөгү түшүнүк. Баалуулук этикалык, эстетикалык, диний, укуктук, саясий, экономикалык ж.б. болуп бөлүнөт. Жалпысынан А. – тарыхый материализмге, илимий социологияга каршы багытталган идеалисттик окуулардын жыйындысы.

АКТИВ (лат. activus – ишкердүү) – 1) уюмдун кандай гана болбосун менчиги: машиналар менен шаймандар, турак жайлар, корлор, банк салымдары, баалуу кагаздарга инвестициялар, патенттер; 2) бухгалтердик баланстагы ишкананын материалдык жана материалдык эмес (гудвилл) баалуулуктарын чагылдырган бөлүгү; кайта өндүрүүдө жол-жобосуна карай топтоштурулган каражаттардын курамын, жайгаштырылышын жана пайдаланылышын мүнөздөйт; 3) баланстын айрым түрлөрүндө (төлөм балансы ж.б.у.с.) кирешелердин чыгашалардан ашып кетүүсү.

АКТИВИЗАЦИЯ (activization, intensification) – 1) коомдук-саясий, бийликтик ишмердүүлүктү күчөтүү; 2) чечкиндүү иш-аракеттерге ниеттенүү, демилге көтөрүү.

АКТИВИСТ (activist, active member) – активге тиешелүү адамдар; тигил же бул мамлекеттик коомдук-саясий ж.б.у.с. уюмдардын ишкердүү мүчөсү; конкреттүү иш майданында жогорку активдүүлүктү көрсөткөн жаран.

АКТОР (лат. actor – ишмер) – конкреттүү аракеттерди жасаган индивид, коомдук топ, институт, саясаттын субъектиси; саясий конфликтин тарабы. *Саясат таануда* А. менен субъект түшүнүктөрү синонимдер болуп эсептелет.

АКТЫ (лат. actus – аракет, actum – документ) – 1) жосун, иш-аракет; 2) расмий документ, ал өз милдеттеринин чегинде, мамлекеттик орган, кызмат адамы тарабынан мыйзамда белгиленген таризде (мыйзам, жарлык, токтом ж.б.) чыгарылат жана милдеттүү аткарылуучу күчкө ээ болот. А-нын түрлөрү: өткөүү-кабыл алуу (жумуш, материалдык баалуулуктар, документтер); изилдөө (техникалык коопсуздук абалын, өрткө каршы коопсуздукту, эмгек шарттарын); сыноо (үлгүлөрдү, системдерди, технологияларды); жок кылууга жөнөтүү (материалдык баалуулуктарды, документтерди); өткөүү (курамдык бирдикти бир уюмдан башкасына); тартип бузуу; текшерүү; инвентаризациялоо; кырсыктарды тергөө; уюмду жоюу; уруксат берүү; таануу; каттоо; негиздөө; тыюу салуу; техникалык.

АКУНОВ Алыбек (1958-ж.т.) – тарых жана саясат таануу илимдеринин доктору (2000-ж.), профессор (2001-ж.).

Кочкор районунун Ак-Учук айылында төрөлгөн. 1981-ж. КМУнун тарых факультетин кызыл диплом менен аяктаган. 1982–2011-жж. аралыгында КУУда – окутуучу, ага окутуучу, доцент, профессор, философия факультетинин деканы, мамлекеттик башкаруу жана социалдык изилдөөлөр институтунун директору, КУУнун ректору болуп эмгектенген. 2011-ж. бери И.Раззаков атындагы КМТУда кафедра башчысы, профессор болуп эмгектенүүдө. Кыргызстандагы окумуштуу-саясат таануучулардын биринчилеринен болуп саналат. 2001-ж. саясат таануу илимдери боюнча кандидаттык диссертацияларды жактоонун Диссертациялык Кеңешин ачып, анын алгачкы төрагасы болгон. 15 монографиянын, китептердин жана окуу китептеринин, 100дөн ашык илимий макалалардын, алардын ичинен «Права человека и демократия» (1996), «Политология: Кыскача сөздүк» (1996), «Политический плюрализм: политические партии и партийные системы» (1997), «Адам укуктары» (1998), «Постсоветский Кыргызстан глазами зарубежных политологов» (1998), «Государственное управление Кыргызстана в транзитный период» (1999), «Политическая история Кыргызстана с древнейших времен до наших дней. Т.1» (2001), «Политический Кыргызстан. Т.2» (2002), «Саясат таануу: Энциклопедиялык окуу куралы» (2005) ж.б. автору жана тең автору. Польшалык белгилүү окумуштуу Тодеуш Бодио менен бирдикте жазган «Кыргызстан: история, общество, политика» (2004) аталыштагы көлөмдүү жана мазмундуу китеби Варшавадан жарык көргөн. Президент А.Акаевдин Польшага расмий сапары учурунда (2004-ж. март) Т.Бодио бул эмгеги үчүн «Данакер» ордени менен сыйланган. Саясат таануу илимдеринин доктору Г.С. Мамбеталиева менен бирдикте ЖОЖдордун студенттери үчүн «Саясат таануу» (2014) окуу китебин жазган. Кыргыздардын жана Кыргызстандын байыркыдан бүгүнкүгө чейинки 7 томдук тарыхынын 7-томунун – эгемендүү Кыргызстандын тарыхынын автору. Илимдин эки докторун, 16 кандидатын даярдаган.

АКЦИОНЕРДИК КООМ – юридикалык жана жеке жактардын макулдашуусу боюнча

мүлктөрүн бириктирүү аркылуу чарбалык иш жүргүзүү максатында түзүлгөн жана номиналдык наркы бирдей акциялардын белгилүү бир санына бөлүштүрүлгөн уставдык фондусу бар жана өз мүлктөрүнүн чегиндеги милдеттенмелери боюнча жоопкерчиликти алуучу бирикме (коом). Бул юридикалык жак катары эсептелет да, ачык жана жабык формада болушу мүмкүн. Коомдун уставына ылайык түзүлөт жана ошонун нугунда иштейт. Эгерде анын акциялары ачык сатуу же жазылуу аркылуу таратылса жана баалуу кагаздардын базарындагы эркин жүгүртүлүшү мыйзамдардын чегинде болсо (ал коомдун башка формасына кайра түзүлүшү мүмкүн эмес), анда А. к. деп эсептелет; эгерде баалуу кагаздардын базарында акциялардын жүгүртүлүшүнө тыюу салынса же анын уставы аркылуу чектелсе (ал ысымдуу акцияларды гана чыгара алса жана ачык акционердик коомго кайра түзүлүүгө мүмкүн эмес болсо), анда жабык А. к. болуп саналат. Жабык А. к. түзүү үчүн биргелешкен иш-аракеттер жөнүндөгү келишимди даярдоо, уставды бекитүү, коомду жана баалуу кагаздар жөнүндөгү мыйзамда белгиленген тартиптеги акцияларды мамлекеттик каттоодон өткөрүү керек. Мунун акциялары коом түзүлүп жатканда биргелешкен иш-аракеттер жөнүндөгү келишимге кол коюшкан инсандарга таркатылат.

Ачык А.к. акцияларга ачык жазылуу же жабык А.к-ду, башка бир чарбалык объектини же шериктештикти кайра түзүү аркылуу уюштурулат. Ачык коомду мамлекеттик каттоодон өткөрүү учурунда анын уставдык фондусу толук киргизилүүгө тийиш. Эгерде белгиленген фондунун өлчөмү кайра түзүлүүчү субъектинин мүлкүнүн балансалык наркынан ашык болсо, анда эмиссиялардын проспектисинде бул айырманы төлөө үчүн каражаттардын булагы көрсөтүлүшү керек. Акцияларга ачык жазылуу аркылуу ачык А.к-ду уюштурууда биргелешкен иш-аракеттер жөнүндөгү келишимди түзүү, акцияларга жазылууларды ишке ашыруу, уюштуруу конференцияны өткөрүү, коомду жана анын акцияларын мамлекеттик каттоодон өткөрүү сыяктуу жумуштарды камтыйт. Ал эми жабык А.к-дун катышуучулары уставда белгиленген тартипте анын катышуучуларына же үчүнчү жакка өзүнүн акцияларын эркин таратууга укуктуу. Ачык А. к-дун акцияларын анын ээлери эркин сата алышы мүмкүн. Акционерлердин жыйналышы бир акция – бир добушка ээ деген принцип боюнча жүргүзүлөт. Ачык коомдун уставынын өзгөрүшү, анын иш-аракеттеринин токтотулушу жөнүндөгү чечим же уставдык фондунун өзгөрүшү акционерлердин жыйналышындагы катышуучулардын төрттөн үч адамдан кем эмес добушу менен кабыл алынат. Башкаруунун акционердик формасы ишкананын иш-аракеттеринин натыйжаларынан кызматкерлердин жана айрым жамааттардын ажырап калышын жок кылууга маанилүү каражат болуп эсептелүүнү көздөйт. Башкаруунун акционердик формасы коомдук мүнөздөгү менчикти үнөмдүү пайдалануу жумушчуну (эмгек жамаатын) өз эмгегинин жыйынтыгы аркылуу кызыктырууга мүмкүндүк берет. Ишкананын өзүнүн, башка акционерлердин инвестицияларды тартууга катышуусу бюджеттин кыйын абалын кыйла басаңдатып, калктын акцияларды алышына көмөк көрсөтөт.

АКЫЙДА (араб. – түйүн, ишеним) – ислам ишениминдеги ыймандын чечмелениши. Б.а. бир Алланы гана күмөнсүз бардык нерсенин Кудайы деп таанып, анын затына, сыпатына ишеним келтирип жүрөккө түйүп алуу. А. аталгысы эгемендүүлүк мезгилден бери дин чөйрөсүндө кеңири колдонулуп келет. Орто Азия мусулмандары анын ичиндеги кыргыздар ишеними боюнча салттуу *«матуридия»* акыйдасында.

АКЫЙКАТЧЫ, Омбудсмен (швед. ombudsman – кимдир бирөөнүн кызыкчылыктарынын өкүлү) – ар кыл административдик органдардын, айрым олкөлөрдө, ошондой эле жеке адамдардын жана бирикмелердин адам укуктарын сактоолоруна көзөмөлдүк кылуу үчүн атайын дайындалган кызмат адамы. *Кыргыз Республикасынын Конституциясы*нын 110-беренесине ылайык, адамдын жана жарандын эркиндиктеринин сакталышына парламенттик көзөмөлдү А. (Омбудсмен) жүргүзөт.

АКЫЛГА СЫЯРЛЫК ЖЕТИШТҮҮЛҮКТҮН ПРИНЦИБИ – жаңы аскердик доктринанын, аскердик реформанын баштапкы абалы. Ага ылайык *мамлекет* өзүнүн коргонуусу үчүн керектүү болгондон ашпаган куралдуу күчтөрүнө ээ болуусу керек.

АКЫР ЗАМАН – бул дүйнөдөн өткөндөн кийин *кыямат кайымдан* башталган жашоо А. з. деп айтылат, ошондой эле кыямат кайымды А. з. деп да атап коюшат.

АКЫРЕТТИК ЖАР, кыяматтык жар – диний ишенимдерде эркек адамдын өлгөндөн кийин «чыныгы» дүйнөдө (тиги дүйнөдө) алуучу аялы, жары. Ар бир адамдын адилет, ак жашаган аялы тиги дүйнөдө бирге жашайт деген түшүнүк байыркы убактагы чыгыш элдеринин көпчүлүгүндө айрыкча түрк, моңгол элдеринде да салттык түрдө өкүм сүргөн. Айрым чыгыш элдеринде өлгөн адамдардын аялын кошо көмүү салты кийинки Моңгол доорунда да сакталгандыгын тарыхый фактылар далилдеп турат. XIII к. саякатчы Г. Рубрук: «моңголдордо жесир аял эч качан башка күйөөгө чыкпайт, анткени тиги дүйнөгө барганда (өлгөндө) ал өзүнүн күйөөсү менен кайра кошулуп бирге жашарына ишенет» (Путешествия в Восточные страны Плано Карпини и Рубрука. – М., 1957.), – деп жазган. Кыз Сайкалдын Манастан жеңилип, ага А. ж. болушу, Сайкалдын күйөөсү бар экени айтылбагандыгы, Манас өлгөндөн кийин Кыз Сайкал берген анты боюнча анын акыреттик аялы болуш үчүн кайып болуп кеткендиги баатырдык эпосторго таандык салттык баатырдык үйлөнүү сюжетинин «Манас» эпосунда аталык феодалдык коомдун бүлөлүк мамилелеринин жана түшүнүктөрүнүн нормаларына ылайыкталып өзгөртүлгөн түрдө да сакталгандыгын көрсөтүп турат.

«АЛАШ» партиясы – 1917–20-ж. Казакстанда пайда болгон саясий уюм. Конституциячыл демократия (кадет) партиясынын Казакстандагы тобу катары 1905-ж. пайда болгон. Ошол эле жылы жай айларында улуттук «А». п-нын Пишпектеги бөлүмү «Алаш ордо» *А.Сыдыков, И.Арабаев, К.Тыныстанов,* И.Тулин ж.б. тарабынан уюштурулган. Партиянын курамын негизинен интеллигенттер, улуттук буржуазиянын өкүлдөрү түзгөн. Анын программасында казак жана кыргыз элин өз алдынча буржуазиялык *автономияга* бөлүү мүдөсү каралган. Эркиндик, теңдик, *демократия*, суверенитет, достук ураандарын көтөргөн. 1917-ж. 5–13-декабрда Оренбургда «бүткүл кыргыз» (казак) съезди өтүп, Кыргыз крайын автономдуу деп жарыялап, элдик милиция уюштурулган. Ушул съездде курамы 15 кыргыздан (казактан) турган Алаш-Ордо (Убактылуу Өкмөт) түзүлгөн. Съездди Кыргыз крайына белгилүү коомдук ишмер А. Букейханов [өзү Кичүү жүздөн, Букей ордосунун [1801–76-ж. Орусиянын вассалы] султаны, Букет Нуралимовдун тукумунан] башкарган. Убактылуу өкмөт Семипалатинск шаарында жайгашкан. Совет бийлигинин чабуулунун натыйжасында, 1918-ж. ордуна Алаш-Ордо убактылуу өкмөтүн жоюу чечими кабыл алынган жана көп өтпөй, Колчактын «жогорку башкаруусу» пайда болгон. 1918-ж. Жети-Суу ревкому «А.» п-нын облустук, уездик уюмдарын жоюуга токтом чыгарганына карабастан, алар 1920-ж. мартына чейин жашап келишкен. Монархиялык бийликти көздөгөн Колчактын күчтөрү басып киргенден баштап «А.» п-нын жергиликтүү уюмдары Совет бийлиги тарабында болуп, контрреволюцияга каршы күрөшүшкөн. *Ленинди* өмүрүнө кол салуу окуясынан улам башталган «кызыл террордун» шарданы менен «А.» п-нын жергиликтүү уюмдарынын ишмердиги контрреволюциячыл деп табылып, 1920-ж. жоюлган. Бул партиянын мүчөлөрүнүн бир бөлүгү эмигрант болуп (Мустафа Чокаев), дагы бир бөлүгү контрреволюцияга жана басмачылык кыймылга кошулуп кетишкен, үчүнчү бөлүгү, бир катар прогрессчил өкүлдөрү Совет бийлигин колдоочулардын катарына өтүп, сабатсыздыкты жоюуда, маданиятты өнүктүрүүдө көп эмгек сиңиришкен. Алардын арасында И.Арабаев, А.Сыдыков, К.Тыныстанов ж.б. болушкан.

«АЛГА, КЫРГЫЗСТАН!» саясий партиясы – биримдик жана өнүгүү партиясы Бермет Акаеванын демилгеси менен 2003-ж. 7-сентябрда «Жаңы-Заман» биримдик жана өнүгүү партиясы, «Манас-Эл» руханий кайра жаралуу партиясы, Кыргызстан кооператорлор партия-

сы жана «Жаңы Кыймыл» партиясынын биригүүлөрүнүн натыйжасында түзүлгөн. «А., К.» партиясына 2003-ж. «Кыргызстан Биримдик партиясы» кошулган. Саясий Кеңештин төрагасы, партиянын Уставына ылайык, алты айда бирден алмашып турат. 1-төрагасы – Б.Бегалиев, кийинкиси – Т.М. Макарова, акыркысы – Р. М. Нурматов. Жогорку Кеңештин депутаты Р. Жээнбеков бул партиянын саясий кеңешинин мүчөсү болгон. Партиянын 56 райондук жана шаардык бөлүмдөрү, 688 баштапкы уюму жана 6523 мүчөсү болгон. Негизги максаты – жаңы кубаттуу экономикалык жана социалдык секирик жасоо. «Жетиген» – Кыргызстандын жети күчү – программасы иштелип чыккан: Биримдиктин күчү, Муундардын күчү, Суунун күчү, Жерлердин күчү, Жолдордун күчү, Тарыхтын күчү, Эркиндиктин күчү. 2003-ж. 12-декабрдан жума сайын чыгуучу «Алга, Кыргызстан!» газетасы болгон. Саясий багыты боюнча оңчул центристтик, эмблемасы менен туусу болуп, ураны: «Күчтүү Кыргызстан үчүн!». 2005-ж. 24-марттагы саясий төңкөрүштөн кийин «А., К.» партиясынан шайланган Жогорку Кеңештин депутаттары 2007-ж. октябрына чейин иштешкени менен, «А., К.» партиясы саясий аренадан өзүнөн-өзү жоголгон. Анын мурунку тарапкерлери «Мекеним Кыргызстан» коомдук кыймылын түзүшүп (лидерлеринин бири У.Барктабасов болгон), кийин аны саясий партияга айлантышкан. Бул партия өз кезегинде 2010-ж. парламенттик шайлоого да, 2011-ж. президенттик шайлоого да талапкерлерин койгон.

АЛМОНД Габриэль (1911-2002) – америкалык саясат таануучу. Саясатты изилдөөдө функционалдык методду колдонгон. Структуралык функционализмдин негизги түшүнүктөрдү А. «Политика развивающихся регионов» (1968-ж., Коулман менен бирге) эмгегинде иштеп чыккан. А. саясий системаны коомдогу бирине-бири көз каранды эмес топтордун биригип аракет кылуу системасы деп эсептейт. А-дун ою боюнча бардык системалар эки фазалык функцияны аткарат: а) функция – аракетке келтирүү, б) функция – жыйынтыктоо, тыянактоо, корутундулоо. Биринчи – аракетке келтирүү – төрт функцияны ишке ашырат: 1) коомдо *саясий* социализацияны өткөрөт; 2) коомдогу *кызыкчылыктардын артикуляциясы;* 3) коомдогу *кызыкчылыктардын агрегациясы;* 4) саясий бириктирүү, байланыш, *саясий коммуникация.* Экинчи – жыйынтыктоо, корутунду чыгаруу – үч функцияны өткөрөт: 1) коомдогу жаңы тартиптин нормаларын иштеп чыгуу; 2) нормаларды колдонуу; 3) нормаларды сактоону көзөмөлгө алуу. Биринчи функцияны мамлекеттик бийликке кирбеген органдар аткарат: *басым көрсөтүү* топтор, *саясий партиялар,* көз каранды эмес басма сөз органдары. Экинчи функцияны мамлекеттик органдар аткарат. А. биринчи функцияны аракетке келтирүүгө анализ жасайт да, *саясий социализация* менен саясий бириктирүү коомдогу *саясий сферанын* эффективдүүлүгүн аныктайт деген жыйынтыкка келет. Анын ою боюнча *саясий маданият* элдин фундаменталдуу түшүнүктөрүн камтыйт, коомдо негизги байлык болуп эсептелет. А-дун структуралык функционализм методун колдонуу *саясий системаларды* салыштырып изилдөөдө төмөнкүдөй корутундуга алып келет: саясий системалар, биринчиден, коомдогу структуралардын функцияларынын өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. Экинчиден, коомдогу структуралардын ар биринин ар түрдүү функцияларды аткаруу жөндөмдүүлүгү менен айырмаланат.

АЛТЫ АРАМ – Манастын аталаш инилери, Жакыптын кичи аялы Бакдөөлөттөн туулган балдары: *Абыке, Көбөш, Кочкор, Чыйбыт, Адыбай, Көлбай.* Булар башынан эле Манастын баатырдыгын, кандыгын көрө алышпайт. Инилери экендигине карабастан анын баатырдык иштерине катышпайт, ага жардамдашпайт. Атүгүл эр азамат бүт аттанган Чоң казатка да барбай Манастын казаттан кайтпашын тилеп калып калышат.

Аттанып жатып Манастын:
Аркамда эркек балам жаш,
Өлүп кетсем кокустан
Алты арам турат өзү баш.
Менин көзүм өткөндө
Буланы булап алабы,
Бузукту булар салабы? (СК, 2. 82), – деп

кабатырланганы да бекер эмес, А. а. Манастын өлгөнү кырк күн боло электе каралуу Каныкейге кордук көрсөтүшүп, дүйнөсүн бөлүп алуу үчүн балтыр бешик Семетейди өлтүрүп коюуга да даяр. Семетей Букардан келгенден кийин тууган экенбиз, өйдө болсом өбөк, ылдый болсом жөлөк болгула, башым тартуу, атым тартуу, кааласанар энемди бирөөнөргө алып берейин десе болбой Семетейге каршы кол курайт. Бийликти бергилери, басып алган дүйнөдөн ажырагылары келбейт. Манас өлгөндө элдин А. а. арамдан көргөн азабын:

Атаң Манас өлгөндө,
Кайгыны журтуң көргөндө.
Алты арам бизге кан чыкты,
Каарынан жан чыкты.
Алым-салык көп салды,
Абал мурда малды алды.
Калайманды баштады.
Каяшаак бергенди
Каарданып алты арам

Такыр кырып таштады (СК. «Семетей», 1. 324), – деп Каныкей Семетейге билдирет. Семетей «койгула» десе болбой согушабыз деп баштап, Абыке менен Көбөш өлөт. Кочкор баш болгон төрт бир тууган кырк чорого кошулуп Коңурбайды көздөй качышат. Экинчи жолу качышканда Семетей аркасынан куун барып баарын кырат, төртөөнү чогуу коюп, кырк чорого кошуп Кочкор өрөөнүндө күмбөз салдырганы айтылат. Эгемендүү Кыргызстандын саясий тарыхында орун алган үй-бүлөлүк башкаруу мезгилинде А. а. салыштыруулар, ал арамдардын аттарын атоо, аларды ардантып, мекенчил намысын ойготуу аракеттери көп кездешет. «Манастагы» А. а. кыргыздын душманы Коңурбайды көздөй качышса, заманбап арамдар Орусия, Белорусь, Казакстан жана алыскы чет өлкөлөргө качышууда.

АЛЬТЕРНАТИВА, саясатта (фр. alternative, лат. alter – экөөнүн бири) – эки же бир нече өз ара бирин-бири танган мүмкүнчүлүктөрдүн ортосунда тандоо зарылчылыгынын келип чыгышы, *саясатта* жана саясий ишмердүүлүктө да бирин-бири танган мүмкүнчүлүктүн пайда болушу. А. тарыхый көз караштан улам келип чыккан, бирок убакытка социалдык ишке ашпаган мүмкүндүк (абстрактуу жана конкреттүү, формалдык жана чыныгы, түздөн-түз жана перспективдүү) катары чыгат. Демек, убакыт факторунун көз карашында А. динамикалык субстанция катары каралышы керек. Альтернативдүүлүк менен бүткүл дүйнөлүк коомчулук сыяктуу эле, анын айрым региондору менен өлкөлөрүнүн, түрдүү социалдык-саясий институттарынын, коомдук уюмдар жана кыймылдардын, ошондой эле *саясаттын субъекттеринин: мамлекеттердин,* таптардын, саясий партиялардын жана саясий ишмерлердин өнүгүүсүнө байланыштуу. А-нын чыгуусу коомдук процессте солчул радикалдыктан ультра оңчулдарга чейинки карама-каршы күчтөрдүн катышуусу менен байланышкан. Себеби, алардын бардыгы өзүлөрүнүн өзгөчөлүктөрү, башка тараптар үчүн дал келбеген саясий *максаттар,* программалар жана аларды жүзөгө ашыруу үчүн каражаттары менен чыгышат. А. барыдан мурда социалдык өнүгүүнүн бурулуш мезгилдеринде, тарыхый мыйзам ченемдүүлүктүн ишке ашыруу процессинде альтернативдүүлүктү камтуунун зарылчылыгы сезилген кыйын учурларда пайда болот. Мындай мезгилдерде коомдун социалдык бир типтүүлүгү жогорулайт; анда түрдүү, кээде карама-каршы максаттарга жетүүгө умтулган *фракциялар,* страттар, партиялар жана кыймылдар өсөт. Түрдүү багыттагы эл массаларынын, адамзат биримдиктеринин жана индивиддердин альтернативдик издөөгө айландырган социалдык-экономикалык жана саясий механизмдердин болушун шарттаган мыйзамдардын коомдо аракет кылуусу саясий турмушта альтернативдүүлүктүн түп-тамырынан берки объективдүү себептери болуп саналат. А. – коомдук өнүгүүнүн көп варианттуулугу. Альтернативдүүлүк – прогрессивдүү, алдынкы катары, же регрессивдүү, артта калган, же радикалдуу багыттоо сапатында сунуш кылынат. Учурдагы саясаттын альтернативдик талаасы ар тараптан анализдөө жана түрдүү деңгээлдеги чечимдерди талап кылган масселелерди өзүнө камтыйт. Дүйнөлүк саясатта А. топтору өзгөчө мааниге ээ болууда. Алардын пайда болушу учурдун башкы коркунучтары: ядролук согуш жана курал-жарактардын атаандаштыгы менен байлашышкан.

Аларга тынчтыкта өнүгүү, жалпы коопсуздук, ядросуз, зордук-зомбулуксуз тынчтыкты куруу А. болуп чыгат. Коомдук прогресстин, адамзаттын цивилизациялык жана формациялык өнүгүүсүнүн карама-каршылыктары менен пайда болгон А. зор мааниге ээ болууда. *Экологиялык саясатта* тийиштүү А. топтору, адамзаттын курчаган табигый чөйрөсүнөн бузулуусунун катастрофалык натыйжалары менен шартталган. Улуттук мамлекеттердин чегинде А. маанилүү даражада глобалдык жана регионалдык проблемалардын чечилиши менен байланышкан. Бирок алар түздөн-түз берилген өлкөнүн шарттарынын жана өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысын чагылдырат. А-ны колдонуу илимий негиздөөнү жана саясий иштерди чебер алып барууну, анын ичинен жалпы макулдукка же саясий компромисске жетишүү үчүн диалогдун жардамын талап кылууда.

АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЙМЫЛДАР – жаңы коомдук кыймылдар, азыркы доордун глобалдык, курч маселелерин, экология, согуш жана тынчтык, жашоо сапатын чечүүдө традициялык жол менен эмес, жаңы жол табуу. XX к. 70-ж. Франция, ФРГда пайда болгон. Кийинчерээк Батыш Европа өлкөлөрүндө, АКШда, Канадада, Жапонияда, Австралияда, Жаңы Зеландияда, Чыгыш Европа өлкөлөрүндө да пайда болгон. Бул кыймылдардын пайда болушунун негизги себеби – *цивилизация*нын кризиси. А. к. социалдык курамы, чечүүчү маселелери боюнча ар түрдүү. Бардык социалдык *топ*тор негизги күч катары катышат. Башкы роль ортоңку социалдык топторго таандык: а) Уюшулган, өнүккөн кыймыл – экологиялык багыттагылар, көп өлкөлөрдүн партиялары Европарламентте бир фракцияны түзүштү; б) Тынчтыкты коргоого, тынчтыкка умтулган массалык кыймылдар; в) Жарандык укукту коргоо кыймылы; г) Жарандык демилге кыймылы: конкреттүү долбоорду ишке ашыруу. Батышта А. к-дын теоретиктери: И.Ильич, А.Горц, Т.Эберман, Р.Трамперт, Э.Дамман, И.Штрассер, К.Амери, К.Траубе, И.Хубер, И.Хирш, К.Оффе, П.Кеми, Т.Эберт; КМШда В.Ц. Худаверден, А.Н. Вдовиченко, В.Д. Грандов, В.Г. Васин, Б.С. Орлов, Я.Г. Фогелер ж.б.

АЛЬЯНС (фр. alliance – бирикме) – кандайдыр бир максатка жетүү үчүн жеке адамдардын, саясий партиялардын, мамлекеттердин биригүүсү. Адатта мындай бирикмелер келишимдин негизинде түзүлүшөт.

АМАНАТ – 1) *кыргыздардын* элдик же уруулук өкүлү, элчиси катары кандайдыр бир максат үчүн бир коңшулаш элде, урууда же *мамлекет*те, белгилүү бир мөөнөткө убактылуу кармалган киши. А-ка таасирдүү адамды, көбүнчө чоң манаптардын тукумунан, урук-туугандарынан тапшырылган. А. жасалгалуу ак боз үйдө жашагандыктан «ак үйлүү» деп коюшкан. Кыргыз эли орус падышачылыгына бириктирилгенден кийин А-ка киши калтыруу акырындык менен жоюлган жана анын ордуна мыйзамдык-укуктук эрежелер киргизиле баштаган; 2) элдин акчасын сактык кассалары менен мамлекеттик жана коммерциялык банктарда сактоонун негизги түрү. Элдин А. акчанын айлануусунун күчөшүнө жардам берип, өндүрүш ж.б. башка пайда берүүчү муктаждыктарына керектелет. Сактык кассалары жана банктар жашырындуулукту камсыз кылууга, аманатчылардын биринчи талабы боюнча акчаны кайтарып берүүгө милдеттүү ж.б. Сактык кассалардын жана мамлекеттик, коммерциялык, жеке банктардын ишмердиктери Кыргыз Республикасы бекиткен мыйзамдык-укуктук эрежелердин алкагында ишке ашырылат.

АМАНБАЕВ Бактыбек Абдилашимович (1969-ж.т.) – 2013-ж. октябрь айында КРнын Акыйкатчысы. 1996-ж. Кыргыз мамлекеттик университетин бүтүргөн. 1998-ж. КРнын Президентинин алдындагы Бишкек шаардык бизнес жана менеджмент эл аралык мектебин аяктаган. 2000-ж. Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин «Саясат таануу» боюнча аспирантурасын бүтүргөн. 2010-ж. КР ТИМдин Дипломатиялык академиясын аяктаган. 2012-ж. июнь-декабрь айлары Кеннеси университетинде (Джоржия штаты, АКШ) даярдоодон өткөн. Эмгек ишмердүүлүгү – котормочу (англис тилинен орус жана кыргыз тилине). 2000–2004-жж. КР ЖКнын мыйзам чыгаруу жыйынынын депутатынын ага кеңешчиси. Ушул эле мезгилде «Азаттык» үналгысынын

башкы офисинде (Прагада) корреспондент болуп эмгектенген. 2005–2007-жж. КРнын Улуттук теле-радио корпорациясынын жарнамалык-коммерциялык агенттигинин директору. 2008–2010-жж. КМУУнун саясат таануу боюнча ага окутуучусу. 2010-ж. Ош шаарынын вице-мэри. 2010–2011-жж. «Саясат пресс» газетасынын башкы редактору. 2011–2012-жж. КР ЖКнын пресс-кызматынын жетекчиси. 2013-ж. март айында «Айыл деми» газетасынын башкы редактору. 2015-ж. 26-июнда Жогорку Кеңеш А-ге ишеним көрсөтпөө тууралуу СДПК, Ар-Намыс, Ата-Мекен фракцияларынын сунушун кабыл алды.

АМЕРИКА МАМЛЕКЕТТЕР УЮМУ (ОАГ, OAS) (Organización de los estados americanos, англ. Organization of American states, фр. Organisation des Étatsaméricains, порт. Organização dos Estados Americanos) – 1948-ж. 30-апрелде Панамерикалык союздун базасында Боготадагы (Колумбия) 9-Америка аралык конференцияда түзүлгөн эл аралык уюм. Штаб-квартирасы Вашингтондо жайгашкан. Иштөө тили – испан, англ., фран. жана португалия тилдери. Жогорку органы – Генералдык ассамблея, Туруктуу кеңеш, тышкы иштер министрлеринин Консультативдик жыйыны, Башкы катчылык. Уюм андагы мүчө-өлкөлөрүнүн ортосундагы тынчтыкка жетишүү максатында түзүлгөн. Уставдын 1-беренесинде каралгандай: тынчтыкты жана адилеттүүлүктү колдоо, тилектештикке түртүү берүү, кызматташтыкты бекемдөө жана өзүнүн эгемендигин, территориялык бүтүндүгүн жана көз карандысыздыгын коргоо. Бүгүнкү күндө АМУ Түндүк жана Түштүк Американын бардык 35 көз карандысыз мамлекетин бириктирет жана жарым шардагы негизги саясий, юридикалык жана социалдык күч болуп саналат. Уюм өзүнүн максаттарынын эффективдүү ишке ашышы үчүн 4 багытты колдонот: демократия, адам укугу, коопсуздук жана өнүгүү. Мүчө-өлкөлөрү – Антигуа жана Барбуда, Аргентина, Багам аралдары, Барбадос, Белиз, Боливия, Бразилия, Венесуэла, Гаити, Гайана, Гватемала, Гондурас, Гренада, Доминика, Доминикана Республикасы, Канада, Колумбия, Коста-Рика, Куба, Мексика, Никарагуа, Панама, Парагвай, Перу, Сальвадор, Сент-Винсент жана Гренадина, Сент-Китс жана Невис, Сент-Люсия, АКШ, Суринам, Тринидад жана Тобаго, Уругвай, Чили, Эквадор, Ямайка.

АНАРХИЗМ (гр. anarchia – бийликсиз) – мамлекетсиз коомдук түзүлүш жөнүндөгү идея. А. – мамлекетти эркин жарандардын ассоциациясы менен алмаштырууну максат кылган саясий багыт. 1793-ж. англиялык жазуучу У.Годвин «Исследование о политической справедливости» деген эмгегинде «Мамлекетсиз коом» деген түшүнүктү киргизген. XIX к. 40–70-жж. саясий кыймыл катары пайда болгон. А. – бир идеологиялык доктрина эмес, анын төрт негизги багыты бар: 1) индивидуалисттик; 2) мутуалисттик; 3) коллективисттик; 4) коммунисттик. 1. Индивидуалисттик теориянын 1845-ж. М.Штернер «Единственный и его собственность» китебинде жазган. Теориянын негизин адамдын чексиз эркиндик идеясы түзөт. 2. Мутуализм багытын негиздөөчү – П.Ж. Прудон. Коомдогу социалдык теңсиздиктин булагы калыс эмес товар алмашуу болгондуктан, анын ою боюнча соода системасында реформа кылуу зарыл. Бул *реформа* инсандын *мамлекет*те көз каранды эместигине алып келет, мамлекет керексиз, өзү жоголот. 3. XIX к. 60-ж. М.А. Бакунин иштеп чыккан коллективдик А. теориясы жумушчу табынын арасында кеңири тараган. М.А. Бакуниндин ою боюнча мамлекет элди эзүү куралы болгондуктан, аны революциячыл жол менен жок кылуу зарыл деген. 4. Коммунисттик багыттын теоретиги П.А. Кропоткин «өз ара жардамдашуу» деген биосоциологиялык мыйзамды негиздеген. Адамдар бири менен бири күрөшкө умтулбастан, кызматташууга аракет кылат, мамлекеттик бийликти, жеке менчикти жок кылуу менен гана эркин коммуналардын союзунун федерациясына өтүүгө болот.

АНГЛИКАН ЧИРКӨӨСҮ – реформация доорунда пайда болгон, католицизмге эң жакын келип, протестантизмдин бир түрүн түзгөн мамлекеттик чиркөө. 1534-ж. парламенттик чечим менен король А. ч-нүн башчысы болуп жарыяланат. Кийинчерээк А. ч-ндө да үч багыт пайда болот: «жогорку», «төмөнкү» жана «жалпы». «Жогорку» чиркөө ак сөөктөр ме-

нен дворяндардын кызыкчылыгын көздөгөн. «Төмөнкү» чиркөө өзүндө протестанттык элементтерин сактап калууга аракет кылууда. Ал эми «жалпы» болсо Англиядагы бүткүл христиандык агымдарды бириктирүүгө аракет кылат. Башында король турган А. ч-н чындыгында Премьер-Министр жетектейт, епископторду дайындайт. Епископтордун көпчүлүгү лорддор палатасынын мүчөлөрү. Чиркөө чечими парламент аркылуу бекилет. Азыркы кезде А. ч. административдик жактан эки провинцияга бөлүнөт. Аларды архиепископ жетектейт. А. ч. Шотландияда, Уэлсте, Ирландияда, АКШда, Канадада, Австралияда, Жаңы Зеландияда, Индияда, Кореяда, Түштүк Африкада өз алдынча жашап, иш-аракеттерин улантууда.

АНИМИЗМ (лат. – жан) – бардык нерселер менен кубулуштарда жашырынып жаткан жана аларды «башкара» турган жаратылыштан тышкары күчтөргө – рухка жана жанга ишенүүчү диний мистикалык агым. А. алгачкы общиналык коомдо пайда болгон делет. Бул мезгилде өндүргүч күчтөрдүн начар өнүккөндүгүнөн, адам табияттын күчтөрүнө каршы күрөштө алсыздык кылып, өз турмушунда кезиккен ар түрдүү көрүнүштөрдү (түш көрүү, уктоо, эстен тануу, өлүү ж.б.) түшүнө алган эмес. Алгачкы адамдар жан дене менен байланыштуу жана ал денеден чыгып кетет деп эсептешкен. Бара-бара абстракттуу ойлонуунун өнүгүшү менен материалдык нерселерге байланыштуу болгон рух жөнүндөгү түшүнүктөр пайда болгон. Мындай укмуштай ишенимдерге кызмат кылуучу адамдардын тобу – шамандар пайда болуп, А-тик сыйынуунун жогорку формасы – шаманизм (бүбү-бакшылык) кеңири тараган. А. ар кандай диндин ажыратылгыс элементи. Тигил дүйнөгө, олуя-периштелерге, жин-шайтандарга, арбактарга, аян берүүчү түшкө болгон ишеним А-ден калган ишенимдер жана түшүнүктөр.

АНКЕТА (англ. form, questionnaire, фр. enquete – текшерүү, териштирүү, кароо, изилдөө) – сурамжылоонун жардамы менен материал жыйноо ыкмасы. Кадрдык жумушта, мамлекеттик кызмат системасында, бийликтин социологиясын изилдөө практикасында ж.б. колдонулат.

АНКЛАВ (фр. enclave, лат. inclavo – кулпу салып бекитем) – бөлөк же бир нече мамлекеттин кургак жер аймагы менен толук курчалган башка бир өлкө аймагынын бөлүгү. А-тын болушу, ага бөлөк өлкө аймагы аркылуу баруу укугу, ошондой эле башка зарыл маселелерге байланышкан белгилүү бир эл аралык-укуктук мамилелердин жаралуусун шарттайт. Мындай маселелер кызыкдар өлкөлөрдүн өз ара келишиминин негизинде чечилет. (Мис., Сох А.)

АННЕКСИЯ (лат. annexio – кошулуу) – башка мамлекеттин аймагын зомбулук менен өзүнө каратып алуу. Эл аралык укук аймактык бүтүндүүлүккө, мамлекеттик чек аранын кол тийбестиги менен бузулбастыгына шек келтирүү катары А-га тыюу салат.

АНОМИЯ (гр. anomie – терс бөлүкчө, nomos – мыйзам – мыйзамдын жоктугу) – 1) жүрүм-турумдун, жалпы баалуулуктардын жана пикирлердин стандарттарынын начарлашын же такыр эле жоголушун мүнөздөөчү, жыйынтыгында саясатта радикализм менен экстремизмдин өсүшүнө өбөлгө түзүү коомдогу абал. 2) коомдон алыстоо, социалдык дезориентация (коомдогу статусун жана ага ылайыктуу жүрүм-турум моделин аныктоо жөндөмдүүлүгүнүн жоктугу, өзүнүн ордун таба албай калган учур), дайыма бир нерседен коркуу, кабатыр болуу сыяктуу мүнөздүү белгилерге ээ индивиддин абалы. А. термини француз социологу Э.Дюркгейм тарабынан киргизилген. Ал, биринчи кезекте, бул түшүнүктү коомдун талкаланышына алып келген модернизация менен индустриализация процесстеринин жыйынтыгы катары карайт. Ал эми америкалык социолог Р.Мертон бул түшүнүккө байланыштуу төмөндөгүдөй гипотезаны айтып чыккан: А-нын жаралышынын эң негизги себеби – коомдо кеңири жайылган түшүнүктөрдүн, б.а. максаттардын жана аларга жетүү каражаттары, ортосундагы баланстын жоголушу, аларды жокко чыгаруу же башка түшүнүктөр менен алмашуусу.

АНТ – эч качан бузулбас, салттык ыйык убада-бүтүм, шерт, касам. Президент, Жогорку Кеңештин депутаттары, өкмөт мүчөлөрү, сот бийлигинин соттору өз кызматтарына киришүү алдында оң колун Конституциянын

үстүнө коюп алып салтанаттуу түрдө ант берүү аземи бар. А. жоокерчиликте, достукка бекем болууда, ар кандай жашыруун ишти аткарууда берилген. Байыркы кыргыздарда баатырлар элдин эркиндиги, намысы үчүн жоого каршы аттанарда жан аябаска, максатты орундатууга, шартты бузбоого ок тиштешип же кылычтын мизин өбүшүп А. беришкен. Магиялык касиети бар катары аксак сары атты ортого коюп достошуу салты болгон. «Манас» эпосунда Манас менен Алмамбеттин ортосундагы достуктун негизинде дал ошондой антташуу жатат. Бул мотив эпостун «Семетей» бөлүгүндө генеологиялык принципте Семетейдин энеси Каныкейдин эмчегин Күлчоро, Канчоро эмишип тууган-дашуусу (побратимство) аркылуу улантылат. Эпосто А-ташып достошуу салты башка көптөгөн каармандар ортосунда да жүрөт. Манаска келип кошулган баатырлардын бардыгы А. берип достошкондугу жөнүндө сөз болот. Алар «адам өлөөр шерт кылып, убаданы бек кылып» макулдашканда «төбөсү ачык көккө, төшү түктүү жерге», асмандагы ай, күнгө, караңгы түнгө жана өзүлөрү урунган жоо куралдарына сыйынышып А. беришкен. Мындай антты жеке оң, каармандар эмес, терс каармандар да (мис., Манаска каршы кутум уюштурган Алты кан, Семетейге каршы күрөшкөн Чынкожо менен Толтой, Канчоро менен Кыяс) өздөрүнүн чыккынчылык, жүзү каралык жашыруун иштерин жүргүзүү үчүн беришкен. Каармандардын бул түрдөгү эпикалык А-тарынан алардын жомоктун чыгыш доорунда же андан мурун да, кийинчерээк да, көп кудайлуу диний ишенимде болгондугун жана сөздүн магиялык күчүнө ишенгендигин көрүүгө болот. Эпостогу баатырлар достошкондо салт боюнча боз бээ союп, канына колдорун матырып, «эгер арабыздан чыр-чатак чыгарсак, бузулушсак так ушул ак боз бээдей мууздалып калалы», же убаданы бузган ушул жаш чыбыктай кыркылсын дешип А. беришкен, «Манастагы» А. берүү салты ислам дининин талабына жараша «кудайга» сыйынууга багытталбастан, көбүнчө жаратылыш көрүнүштөрүнүн (Көккө, Айга, Күнгө, Жерге, тоого, сууга) жана жоокердик курал-жарактардын касиети менен байланышкан. Эпосто мусулман дининин таасири менен келеме шарип (куран) кармап А-ташуу да айрым варианттарда жолугат.

АНТАГОНИЗМ (гр. antagonisma – күрөш, коомдогу карама-каршылыктардын күрөш формасы) – келишпес кас багыттардын, күчтөрдүн күрөшүн мүнөздөөчү карама-каршылыктардын бир формасы. А. коомдогу саясий жана социалдык *конфликт*тердин – агонисттик, келишүүчүлүктөн айырмаланып, антагонисттик, келишпөөчүлүк конфликттердин негизин түзөт.

АНТИКОММУНИЗМ – *коммунизм*ди куруу келечегин кабыл албоочу ар түрдүү коомдук кыймылдардын, багыттардын жана идеологиялардын биримдиги.

АНТИМИЛИТАРИЗМ (гр. anti – каршы, militaris – согуш) – улуттук, регионалдык, дүйнөлүк масштабда, *мамлекет*тердин ортосундагы ички жана тышкы карама-каршылыктарды чечүүдө зордук-зомбулук жоболорун колдонууга каршы идеянын тегерегинде бириккен ар түрдүү социалдык күчтөрдүн саясий кыймылы. Э.Роттердамский өзүнүн «Дүйнөнүн арыздануулары» трактатында, И.Кант «Түбөлүктүү дүйнө жөнүндө» трактатында согушту жана милитаризмди ашкерелешкен. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде, өзгөчө «кансыз согуштун аякташы» менен А. күч алып, жаңы мүмкүнчүлүктөр пайда болгон. СССРдин жоюлушу, социалисттик жана капиталисттик согуш тутумдарынын атаандаштыгы, жарыша куралдануусу токтогондон баштап, дүйнөлүк масштабда согушту болтурбай коюу аракети күч алып, А-дин өнүгүшүнүн жаңы баскычы башталган.

АНТИСЕМИТИЗМ – расисттик, улуттчулдук идеологиянын бир түрү. Семит элин – жөөттөрдү куугунтуктоо жана жек көрүү. А. – *библия*лык мезгилде Жакынкы Чыгышта уруулардын, *мамлекет*тердин өз ара карама-каршылыктарынан улам келип чыккан. Израилдиктердин дүйнөгө тарашы менен тил, салты, адаттары менен айырмаланып, геттодо жашашкан. 1905–07-ж. жана 1918–20-ж. жөөттөрдү куугунтуктоо, кыйратуу күч алып, ал эми гитлердик фашизм 6 млн жөөттү – Бабий-Ярда, Освенцимдеги лагерлерде өлтүрүшкөн. Азыр

А. идеясын Орусияда түзүлгөн оңчул радикалдык топ «Память» көтөрүүдө. А-ге каршы Э.Золя, Л.Толстой, М.Горький ж.б. көптөгөн жазуучулар күрөшүшкөн.

АНТИУТОПИЯ – утопияга карама-каршы болгон, батыштагы коомдук пикирдин агымы. Ал социалдык идеяларды жана калыс коомдук түзүлүштү орнотууну четке кагат. Жашоодо калыс коомдук түзүлүштү орнотууда алаамат дагы коштоп жүрөт. Аналогиялык мааниде батыш социологиялык адабияттарында «дистопия» деген дагы түшүнүк кездешет. Андан башка «какатопия», б.а. жамандыктын мекени деген түшүнүк кездешет. А. Батышта Октябрь социалисттик революциянын жеңишинен кийин кеңири тараган. А-га кеңири белгилүү болгон Е.Заметиндин романдары «Биз» жана О.Хакслинин «Маймыл жана маңыздык», Дж.Оруэллдин «Айбандар короосу», Э.Берджессанын «Механикалык апельсин», М.Янгдын «Меритократиянын жогорулашы» ж.б. социалдык жана саясий-фантастикалык жанрдагы чыгармалары кирет.

АНТРОПОМОРФИЗМ (гр. – адам жана форма) – 1. Жансыз жаратылыштын бардык нерселери менен кубулуштарына, асманга, жаныбарларга жана адам фантазиясы жараткан ар кандай табийгаттан сырткары күчтөргө: жин-шайтандарга, дөө-перилерге, адамга таандык болгон касиеттерди ыйгаруу. 2. Кудайды адам катары сүрөттөө.

АНТРОПОЦЕНТРИЗМ (гр. – адам жана лат. – борбор) – адамды ааламдын түп негизи жана максаты катарында эсептеген көз караш, теологиянын бир түрү. Диний окуу менен тыгыз байланышта. А-дик көз карашка Коперниктин теориясы, Дарвиндин окуусу ж.б. илимий ачылыштар салым кошкон. А-ди байыркы грек философу Сократ негиздеген делет.

АПАРТЕИД (африкаанс apartness – бөлөкчө жашоо) – расалык дискриминациянын катаал формасы. Түштүк Африка Республикасы (ТАР) 1990-ж. чейин расалар (актар жана түстүүлөр) арасындагы социалдык мамилелерге карата жүргүзүлгөн саясатын мисал катары келтирсек болот. Ага ылайык калктын түстүү катмарына экономикалык жана саясий дискриминация жүргүзүлүп келген, ошондой эле сегрегация (расалык топторду түзүү менен аларды чектелген аймакка отурукташтыруу, социалдык катнашка бөгөт коюу, бөлүп окутуу жана тарбиялоо ж.б. чаралар аркылуу мажбурлап бөлүү же өзүнчө кармоо саясаты) күч алган. Бул багытта 1950-ж. мамлекеттик деңгээлде калкты каттоо тууралуу Акт кабыл алынып, түштүк Африка калкы 3 категорияга бөлүнгөн: банту (кара африкалыктар), түстүү (аралашма расалар) жана актар; төртүнчүсү – азиаттар (Индия жана Пакистандан чыккан элдер) – кийинчерээк кошулган. 1993–1994-жж. ТАРдагы саясий өзгөрүүлөрдөн соң калктын негизги бөлүгүн түзгөн түстүүлөрдөн чыккан лидерлер калктын ак катмарына А. белгилерин колдонууга аракет жасашкан.

АПАТРИД (гр. а – жок жана patris – Мекен) – Мекени жоктор; бир өлкөгө атуул болуу укугунан ажырап, экинчи өлкөгө атуул боло элек адамдар.

АПЕЛЛЯЦИЯ (лат. appellatio – кайрылуу, датарыз) – кээ бир мамлекеттердеги сот актылары боюнча кайра даттануунун бир түрү (кылмыш-жаза иштери боюнча да, жарандык иштер боюнча да). Бул аталгы эки мааниде каралат: төмөнкү соттун чыгарган чечимин же өкүмүн кайра кароо тууралуу жогору турган (апелляциялык) сотко кайрылуу; төмөнкү соттун актысын ондоо же жокко чыгаруу боюнча жүйөлөрүн расмий өтүнүчүндө толук камтуу менен, жогорку сот баскычына даттануу.

АПОЛИТИЗМ (гр. а – терс жак жана politika) – *саясий турмушка* болгон негативдүү же индифференттик мамиле.

АППАРАТ – бийлик институту. Мамлекеттик аппаратка борбордук мыйзам чыгаруу, аткаруу, сот органдары кирет. Жергиликтүү администрациянын жана саясий партиялардын, коомдук уюмдардын А-ы болот. А. кабыл алынган негизги чечимдердиишке ашырат. А-тын таасиринин жогорулашы жана санынын көбөйүшү, функциясынын кеңейиши коомдогу өзгөрүштөргө жараша болот (мис., *Президенттик А., Өкмөттүк А., Жогорку Кеңештин А.* ж.б.).

АРАБ ЖАЗЫ – 2010-ж. жазында башталган Түндүк Африкада жайгашкан араб мамлекеттериндеги авторитардык жана тоталитардык саясий режимдерге каршы элдик толкундоолор. Хронологиялык жактан А. ж. 2010-ж. окт. Батыш Сахарада, бирок факты боюнча 2010-ж. 18-дек. Тунисте полициялык коррупцияга жана ырайымсыз мамиле кылууга каршы белги катары Мохаммед Буазизанын өзүн-өзү өрттөөсү менен башталган. Тунис, Египет жана Йеменде болгон төңкөрүштөр; Ливия жана Сириядагы жарандык согуштар; Бахрейндеги элдик көтөрүлүүлөр; Алжир, Ирак, Иордания, Марокко жана Оманда болгон массалык каршылыктар; Кувейт, Ливан, Мавритания, Сауд Аравия, Судан, Джибути жана Батыш Сахарадагы маанилүү каршылыктар, 2011-ж. май айында Израилдин чек арасындагы кагылышуулар да А. ж-нын таасири менен болгон десе туура болот. Протесттердин жүрүшүндө жарандык каршылык көрсөтүүнүн төмөнкүдөй ыкмалары колдонулган: иш таштоо, демонстрация өткөрүү, митингдер менен жүрүштөрдү уюштуруу ж.б. Интернет аркылуу социалдык тармактарды колдонуу да кеңири пайдаланылган. Эң массалык демонстрациялар бир нече ирет «жин күнүндө» – жума күнкү жарым күндүк сыйынуудан кийин болуп турган. Көпчүлүк демонстрациялар бийликтин зордук-зомбулук көрсөтүү, куралдуу күч колдонуу, куугунтуктоого алуу сыяктуу мыйзамсыз аракеттерине туш болгон. Араб дүйнөсүндөгү көтөрүлүшчүлөр – «Эл режимдин кулашын каалайт» деген ураан менен чыгышкан. А. ж. деп аталып калышы 1848–1849-жж. Европадагы революциялардын мезгилин атаган – «Элдин Жазы» айтылышы менен айкалышкан. Жакынкы Чыгыштагы жана Түндүк Африкадагы протесттердин жана демонстрациялардын төмөнкүдөй аталыштары да белгилүү: «Араб жазы жана кышы», «Араб жандануусу», «Панарабдык революция» жана «Араб көтөрүлүшү». Бирок катышуучулардын бардыгы эле өздөрүн араб деп эсептешкен эмес. 2012-ж. май айында революциялар 4 мамлекет башчысын кулатууга алып келген. Тунистин президенти Зин эль-Абидин Бен Али Тунистеги революциядан кийин 14-январда Сауд Аравиясына качкан. Египеттин президенти Хосни Мубарак 2011-ж. 11-февралда 18 күндүк массалык протесттерден кийин өзүнүн 30 жылга созулган президенттик кызматынан кетүү арызын жазган. 42 жыл бийликте турган Ливиянын диктатору Муаммар Каддафи 2011-ж. 23-августта кулатылып, 20-октябрда өзү туулган шаар Сиртте көтөрүлүшчүлөр тарабынан өлтүрүлгөн. Йемендин президенти Али Абдалла Салех 2012-ж. 27-февралда кызматтан кетүүгө мажбур болуп, бийликти жаңы президентке аргасыздан өткөрүп берген. Кыргызстандагы 2005-жана 2010-жж. революциялар жана алардын жүрүшүндө диктаторлук бийликке умтулушкан коррупционер президенттердин өз өлкөсүнөн качышы А. ж-на түздөн-түз таасирин тийгизген деген пикир дүйнөлүк коомчулукта байма-бай айтылып келүүдө.

АРАБАЕВ Ишенаалы (1882–1933) – кыргыз маданиятынын көрүнүктүү өкүлү, алгачкы агартуучулардын бири, саясий ишмер. Араб графикасынын негизинде кыргыз алфавитин түзгөн, биринчи кыргыз алиппесинин автору, грамматика жана табият илим боюнча алгачкы кыргыз окуу куралдарын түзгөн. А-дин көз-карашы көп кырдуу, анын ишмердиги коомдук илимдердин көп тармагын камтыйт. А. белгилүү казак демократ-агартуучусу, саясий ишмер, *«Алаш» партиясынын* лидери А.Байтурсуновдун жакын досу болгон. 1918-ж. «Алаштын» Пишпектеги бөлүмүн жетектеген. 1920-ж. А. өзүнүн пикирлештери Э.Байханов, И.Шайбеков, И.Шабданов ж.б. менен бирдикте В.И. Ленинге кат менен кайрылып, жыйынтыгында 1916-ж. көтөрүлүштөн улам Кытайга кетишкен кыргыздардын кайтып келишине, аларды отурукташтырууда чоң жардам көрсөтүшкөн. «Кошчу» союзунун ишине да катышып, 1922-ж. Советтердин бүткүл Орусиялык IX съездине делегат болгон. Өз алдынча Тоолуу кыргыз областын түзүүнүн демилгечилеринин бири болгон. «Алаш» партиясынын жергиликтүү уюмдары контрреволюциячыл деп табылып, 1920-ж. башталган «кызыл террордун», репрессиянын шарданында А. «эл душманы» деп аталып, 1933-ж. абактан каза тапкан. 1958-ж. акталган. А-дин эмгектери жарык көрүп эгемендүүлүк жылдарында анын ысмы Бишкек-

теги Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетине берилди (1992-ж.).

АРБИТР (Калыс жак) (лат. arbiter) – тараптар тарабынан алардын талашын карап чыгуу үчүн шайланган жак. Тиешелүү адистикке эге-дер, ортодогу талашты калыстык менен карап берүүгө жөндөмдүү жана тараптарга көз каранды болбогон жарамдуу жеке жак калыс катары чыга алат.

АРБИТРАЖ (фр. arbitrage) – тараптар тарабынан жарандык укук мамилелеринен келип чыккан талаш-тартыштарды чечүү үчүн шайланган (дайындалган) бейтарап сот.

АРБИТРАЖДЫК СОТТОР – менчигинин түрүнө карабастан, чарбакер субъекттердин ортосундагы экономикалык мамилелер жаатында сот адилеттигин ишке ашыруучу орган. КРде А. с. 1992-ж. Мамлекеттик арбитраждын базасында түзүлгөн; КР Конституциясынын жаңы редакциясы кабыл алынышы менен (2003-жылдын 18-февралынан) жалпы юрисдикциядагы соттор менен бириктирилген. Облустук жана Бишкек шаарынын А. с. облустагы жана Бишкек шаарындагы административдик жана экономикалык иштер боюнча райондор аралык сотторго кайра түзүлүү менен, сот иштерин баштапкы баскыч катары карайт. Облустук жана Бишкек шаарынын сотторунда баштапкы баскычтагы соттордун чечимдерине карата апелляциялык жана кассациялык тартипте карай турган административдик жана экономикалык иштер боюнча сот коллегиясы бар. КР Жогорку А. с. административдик жана экономикалык иштерди көзөмөл иретинде карай турган сот коллегиясы катары КР *Жогорку сотунун* курамына кирген.

АРГУМЕНТ (лат. argumentum – жүйө) – далил, далилдик, ырастоо: кандайдыр бир теориянын, концепциянын же пикирдин акыйкаттуулугун ырастоо, тактоо үчүн келтирилген ой-жорутуулардын жыйындысы: ал эми логикада болсо А. – далилдөөнүн негизги жүйөөсү, айрым учурда А. бир бүтүндөй далилдөө маанисине да ээ.

АРИСТОКРАТИЯ (гр. aristos – эң жакшы, kratos – бийлик) – коомдогу таптардын жана социалдык топтордун өзгөчө укук берилген чөйрөсү, катмары.

АРИСТОТЕЛЬ Стагирит (б.з.ч. 384–322) саясат проблемаларын өзүнүн эки китебинде «Саясат», «Афиндик полития» (саясат) караган. Өзүнүн саясий изилдөөлөрүндө А. адамзат коомдук турмушунда теңсиздик бар экенин делилдеп, анын негизинде кулчулук жатат деп жазган. Жаратылыш өзү бирөөнү бийликчил, өкүмчүл, башкаларын бийликке баш ийдирип, кул кылып жараткан. Кулчулук бул фундамент, мамлекеттин пайда болушуна негизги шарт. Зериктирип жиберүүчү эмгек жашоонун жардамчысы болгону менен эркин жарандарды мамлекеттик ишке катышуусуна тоскоол болот. Мамлекет адамдардын ортосунда кандайдыр бир келишүүнүн жемиши эмес, алардын эркин бириктирип туруучу база эмес. Ал табигый жол менен пайда болгон тарыхый түзүлүш. Мамлекет үй-бүлөдөн жана отурукташуудан өнүгүп чыкты. Адамдардын байланышынын эң жогорку такталган формасы катары жыргалдуу жашоого жетиш максатында биримдикке биригишкен ички максат катары пайда болду. А. – мамлекеттин маңызы укукта жатат деп көрсөткөн. Себеби укукта жарандардын жалпы биргелешкен кызыкчылыгы бекемделет жана бекитилет. Ошондуктан укуктун милдети – индивиддердин укук байланышында болгон өзүн канааттандырылышына жардам бериши, укуксуз бардыгы өзгөрүлөт, бардык жерде адамдардын бирдей укугу жок деген. Укук да ар түркүн ченем менен өлчөнөт, бай адамдардыкы бир башка, жардылардыкы бир башка. А. мыйзамды эки категорияга ар бир элдин түзгөнүнө жараша бөлгөн: жалпы – табигый жана жекече. Жалпы мыйзам жекече мыйзамдан жогору турат. Ал теңештирүү үчүн күрөшкөн. Эквивалент принциби менен жетектелет. Грециялык мамлекеттүүлүктөн саясат, укук институттарында үзгүлтүксүз өзгөрүүлөр болуп турганын көрсөттү. Бул өзгөрүүлөр менчикти бөлүштүрүүлөр менен тыгыз байланышта. Толуктоолор көңтөрүшкө өсүп өтүп кетүү мүмкүнчүлүгү аны коркутту. Эгерде революция болсо кул ээлөөчүлүк түзүлүштү талкалап салмак. Анан ал бардык эски мыйзамдын өзгөрүшүнөн коркот, өзгөрүүлөрдүн пайдасынан зыяны көп. Кандай гана өзгөрүүлөр болбосун мыйзамды күчтөн тайытат жана бийликти укпай калат. Ал жеке менчик принцибин колдогон, ошонун негизинде топтошкула, бириккиле деп үндөгөн. Кандай гана мамлекет болбосун жарандар үчкө: байлар, орточо абалдагылар, колунда жокторго бөлүнөт. Кул ээлөөчүлөрдүн ортоңку катмарына, өзгөчө жер-чарбагерлик демосторго социалдык саясий жактан баш ийсе, аларды кадырласа мамлекетте жыргалчылык түзүлөт деп ишендирген.

АРМИЯ, аскер (фр. armee, лат. armare – куралдандыруу) – мамлекет тарабынан чабуул жасоо же болбосо коргонуу максатында кармалып турган куралдуу адамдардын уюшулган биримдиги.

«АР-НАМЫС» саясий партиясы – 1999-ж. 9-июлда түзүлүп, каттоодон 1999-ж. 19-августта өткөн оппозициялык багыттагы партия. Эки жолу съезд өткөрүшкөн: 1–5-январь 2000-ж., 2–12-апрель 2000-ж. Партиянын 2-съездинде баштапкы уюмдарга иштөөнүн жашыруун шарттарына өтүүгө чечим кабыл алынган. 2001-ж. 3-ноябрда Кыргызстан элдик Конгресси түзүлгөн. Ага «А.-Н.» (Э.А. Алиев), «Эркиндик» (Т.Т. Тургуналиев), «Ата-Мекен» (Ө.Ч. Текебаев) жана Эл (Бей-бечаралар) (М. Эшимканов) партиялары киришкен. Конгресстин төрагалыгына Ф.Кулов шайланган. 2002-ж. Конгресстин курамына «Социал-демократиялык партия» (А.Атамбаев) кошулуп, ал эми «Эркиндик» анын курамынан чыгып кеткен. 2000-ж. президенттик шайлоодо «А.-Н.» партиясы Ө.Текебаевди президенттикке, Ф.Куловду – премьер-министрликке талапкер катары көрсөткөн. Партиянын негизги максаты – чыныгы укуктук, демократтык мамлекетти түзүү жолу менен калкка татыктуу жашоону камсыз кылуу. Урааны – ар-намыс, тартип, жыргалчылык. Саясий кеңешинин төрагасы Ф.Ш. Кулов, штаб жетекчиси Э.А. Алиев 2010-ж. 10-октябрдагы парламенттик шайлоодо 229 916 добуш алып (жалпы шайлоочулардын 7,57%ын түзгөн), парламенттен 25 депутаттык орунга ээ болгон. Азыркы күндө «А.-Н.» партиясы коалициялык көпчүлүккө кирген жана анын лидери Ф.Кулов бул коалициянын жетекчилигине шайланган.

АРСТАНБЕК Буйлаш уулу (1824–1878) – ойчул, төкмө, заманачы акын. *Калыгул, Молдо Кылыч* ж.б. менен бир катарда турат. 1941-ж. окумуштуу Тазабек Саманчин алгачкы жолу «Арстанбек» аттуу жыйнак чыгарган. Коммунисттик *идеология* мезгилинде А-тин ырлары, ойлору «эскичил», «реакциячыл» деп, аларды басып чыгарууга жана окуп үйрөнүүгө тыюу салынган. А-тин негизги ырлары эл ичинде айтылып, сакталып келген. 1994-ж. А-тин 170 жылдык салтанатына карата «Арстанбек» аттуу китеби чыгып, ага «Керээз», «Тар заман», «Кокон бийлиги жөнүндө ыр» ж.б. ырлары кирген. XIX к. орто ченинде, орус падышачылыгы Түндүк Кыргызстанды өзүнө карата баштаган мезгилде бирдиктүү кыргыз улуттук мамлекеттүүлүгү жок болуп, ошондон улам кыргыз *улуттук саясаты* уруулук кызыкчылыктарга көз каранды эле. Айрым кыргыз уруулары орус аскерлеринин жардамы менен экинчи кыргыз урууларынан «өч алууга» да үлгүрүшкөн. А. өз учурунун түрүн байкап, «азуулуга бар заман, кедейлерге тар заман» – деп, бирок түбү жакшылык болоор деп, келечектен үмүт кылган.

«АРТХАШАСТРА» (санскр. – пайда жөнүндө, жашоо жөнүндө илим) – байыркы Индия трактаты, мамлекетти башкаруу боюнча көрсөтмөлөрдүн жыйнагы. Болжол менен б.з.ч. IV к. – б.з. II-III к. чейинки мезгилдерде түзүлгөн. Мааниси боюнча «А-ны» изилдөөчүлөр үч темага бөлүшөт: акылдуу падышанын ишмердүүлүгү жана функциялары; башкаруу жана укук; согуш жана дипломатия проблемалары. «А.» – бул бийликти алуу жана кармап туруу жөнүндөгү илим. Булардан тышкары «А.» трактатында Индиядагы *саясий ойдун* салтына мүнөздүү көптөгөн проблемалар козголот. Анда *саясаттан* жана башкаруунун ыкмаларынын тизмеги, *бийликке* баш ийбөөчүлүк идеясы ж.б. бар. «А.» – Индиядагы саясий ойдун өнүгүшүн изилдөөдө негизги булактардын бири.

АРТЫКБАЕВ Мелс Табалдиевич (1939-ж.т.) – философия жана саясат таануу илимдеринин доктору (1996), профессор.

Ысык-Көл облусунун Ысык-Көл районуна караштуу Корумду айылында төрөлгөн. 1968-ж. КМУнун тарых факультетин аяктаган. 1980-ж. баштап азыркы убакка чейин Ж.Баласагын атындагы КУУда – аспирант, окутуучу, ага окутуучу, доцент, илимий коммунизм кафед-

расынын жетекчиси, философия факультетинин деканы, саясат таануу кафедрасынын жетекчиси болуп эмгектенип келет. КР УИАнын мүчө-корреспонденти.

Саясат таануу, философия жана саясий илимдердин методологиясы боюнча атайын курстардын жана атайын семинарлардын авторлорунун биринчилеринин бири. 35тей монографияны, социалдык илимдер багыты боюнча ар кандай китептерди, окуу куралдарын басып чыгарган. Алардын ичинен 20дан жогорусу саясат таануу боюнча: «Философия «открытых» и «закрытых» обществ» (2001), «Политический Кыргызстан» (2001), «Интернационализация политических систем постсоветских стран» (2002), «Демократия: методологические и теоретические аспекты» (2010), «Социальная политика Кыргызской Республики».

Илимий кызыкчылыктары: улуттардын теориясынын жана улуттук мамилелердин, коомдун социалдык структурасынын, саясаттын жана саясий системанын теориясынын суроолору.

Илимий жетекчилиги астында философия жана саясат таануу илимдери боюнча 25 кандидаттык жана 3 докторлук диссертация жакталган. КРнын Эмгек сиңирген ишмери.

АРХЕТИП (гр. arche – алгачкы, typos – образ) – алгачкы образ, баштапкы форма. Белгилүү швециариялык психиатр Карл Густав Юнг өзүнүн «Аналитикалык психологиясында» бул түшүнүктү «коллективдик сезимсиздиктин» алгачкы түзүлүшүнүн элементи, адамдын жашоосунда дайыма кайталануучу коркунучтардын жана ар түрдүү абалдардын психикалык катмарланышы, индивидуалдуу түрдө (фантазиялар, түштөр, жөөлүгүнүн кээ бир түрлөрү) жана мифологиялык, маданий системаларда көрүнгөн универсалдуу, жалпы адамдык алгачкы образдар жана баштапкы идеялар. Жеке адамдын жана коомдун жашоосунда А. кооптуу жана көйгөйлүү учурларда кайрадан жарала берет.

АРХИЕПИСКОП (гр.) – дин кызматкери, митрополиттен жогорку наам.

АРЫЗ, даттануу – бюрократтык башкаруунун курамдык бөлүгү, жогорку инстанцияларга конфликттерге кийлигишүү же башка кийлигишүүлөр жөнүндө жазуу же оозеки кайрылуу. А. жарандарда салыштырмалуу эрксиздик сезимин пайда кылат. А. берүү менен жарандын жогоркулардын бийлигин тааныгандыгын, башкаруунун эффективдүүлүгүнө ишенгендигин билгизет. Негизинен, бийликтин башы тартип, чындыктын, адилеттүүлүктүн булагы катары тааныгандыктын күбөсү.

«АСАБА» – улуттук кайра жаралуу партиясы. Уюштуруу съезди 1991-ж. 2-ноябрда болуп, официалдуу каттоодон 1991-ж. 30-декабрда өткөн. «А.» улуттук-демократтык саясий уюмун түзүү жөнүндөгү идея кыргыз жаштарынын 1990-ж. февралдагы чыгууларынан улам келип чыккан. Социалдык базасын кыргыз улутундагы жаштар түзгөн, жети жүздөн ашык мүчөлөрү бар. 1990-ж. ноябрда официалдуу каттоодон өткөн, отуз беш пункттан турган программасы жана Уставы бар. Программадан айрым үзүндүлөрдү келтирели: 1-пункт. Кыргыз Республикасынын *мамлекеттик* көз карандысыздыгын жана суверенитетин калыбына келтирүү. 8-пункт. Кыргыз Республикасынын аймагында 15 жыл жашаганда гана анын жараны боло алат. 13-пункт. Көп партиялуу системаны түзгөнгө аракеттенет. 17-пункт. Бүткүл бийликти шайланма органдарга берүү, КПССтин бардык мүлкүн элге берүү. Сот, прокуратура жана согуштук диктатураны орнотууну өз максаты кылып алган бардык партияларды жоюу. 18-пункт. Ишканалардагы парткомдорду жоюу. 28-пункт. *Рынок экономикасына* өтүү, туташ приватташтыруу негативдүү кесепеттерге алып келиши мүмкүн, ошондуктан атайын программаны иштеп чыгуу зарыл. Мына ушундан кийин гана жерди, ж.б. объекттилерди жеке менчикке сатууга болот. *Кыргызстан демократиялык кыймылын* (КДК) түзүүдө «Ашар» сыяктуу эле «А.» да маанилүү ролду ойногон жана анын коллективдүү мүчөсү болуп келген. Ал кездеги «А.» кыймылын саясий партия деп шарттуу түрдө гана айтса болот. Негизги ишмердүүлүк формасы митингдерге, демонстрацияларга чыгуу, ар кандай жүрүштөрдү жасоо болгон. 1990-ж. 22–30-октябрда болуп өткөн он экинчи шайланган Кыргыз ССР Жогорку

Советинин экинчи кезексиз сессиясындагы Президентти шайлоо учурунда коммунисттик режимге каршы чыккан. Өкмөт үйүнүн алдындагы ачарчылык уюштуруунун демилгечилеринин бири «А.» кыймылы болгон. Биринчи күнү ачарчылыкка чыккан 9 кишинин алтоо «А-дан» эле. 1991-ж. июль айында 1916-ж. кыргыздардын көтөрүлүшүнүн 75 жылдыгына арналган Бишкек – Каракол багытындагы 13 күнгө созулган жөө жүрүш акциясын өткөрүүнүн демилгечиси да «А.» кыймылы болгон. 1994-ж. сентябрда «А.» партиясы тарабынан «1916-ж. кыргыздардын жана казактардын көтөрүлүшү» – деген китеп жарык көрдү. 1994-ж. 8-октябрда «А.» улуттук кайра жаралуу партиясы өзүнүн жаңы программасын кабыл алган. Анда рынокко өтүүгө багытталган Президенттик стратегиялык курсун колдой тургандыктары ачык белгиленет. «Партиянын программасынын негизинде ар бир адамга *инсан* катары мамиле жасоо принциби жатат. Ар бир адам – инсан, кайталангыс дүйнө, ал гүлгө окшош. Мамлекет – көп гүлдүү килемдей. Гүлдөр канчалык көп ачылса, анда мамлекет ошончолук күчтүү гүлдөйт. «А.» партиясы өзүнүн программасын «ГҮЛ» деп атаган. «Гүл» программасында партиянын милдеттери төмөнкүчө аныкталат: «Биздин коом – бир чоң үй-бүлө. Адам өз үй-бүлөсүндө жүргөндөй сезип, өзүнүн бардык мүмкүнчүлүктөрүн ачкандай шарттарды түзүп берүүнү өзүбүздүн негизги милдетибиз деп эсептейбиз. Адамдын гүлдөшү үчүн 5 шарттын болушу зарыл: 1) материалдык жыргалчылык; 2) руханий жыргалчылык; 3) улуттар аралык ынтымак; 4) ички саясий стабилдүүлүк; 5) тышкы коопсуздук. «Аз болсо да, саз болсун» – деген принцип менен партияга кабыл алууда катуу талаптар коюлары «А-нын» программасынын корутундусунда айтылган. Бүгүнкү күндө «А.» партиясынын, негизинен кыргыз, казак, дунган жаштарынан турган, эки миңден ашык мүчөсү бар. Эки палаталуу Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоодо (1995-ж., 5-февраль) «А.» партиясынан 32 талапкер көрсөтүлүп, алардын экөө эл депутаты болуп шайланышты: Ө.Мамаюсупов жана Д.Садырбаев. «А.» партиясынын Борбордук Кеңешинин төрагасы Базарбаев Чапырашты болгон. Акыркы мезгилдерде бул партиянын жигердүүлүгү саясий аренада көрүнбөй калган.

АСАН КАЙГЫ – ойчул, акылман жана сынчы. «Буту сынган кумурсканы алаканына салып, байкуш эми кантип күн көрөт» – деп азап чеге кайгырган. Ал жөнүндө башка түрк элдеринде да айтылат. «Манас» эпосунда Манастын эң түпкү чоң аталарынын бири, жер кезип жүргөн көзү ачык олуя. Ал Манас туула электен алда качан мурун анын келечектеги тагдыры жөнүндө алдын ала айтат. Өз уулу Ногойдун турмушунда да көзү ачык олуя катары көрүнүктүү роль ойнойт. А. к. кыргыз, казак, ногой, каракалпак элдеринин оозеки чыгармаларында легендарлуу ойчул, сынчы, акылман. Ал өзүнүн элинин бейпил, жыргал турмушта жашашы үчүн кереметтүү өлкө Жер-Уюкту издеп жер кезет. Дүйнөдөгү мүлдө жан-жаныбарлар жөнүндө:

Боорунда буту жок,
Жылан байкуш кантти экен?
Куйругу жок, жалы жок
Кулан байкуш кантти экен? – деп боору ооруп, ойго батат. Ушундан улам элде өзүнөн-өзү санаага баткан адамдарга карата А. к. деген ылакап айтылат. Өз мезгилинин белгилүү инсаны болуп, ишмердиги эл ичинде аңыз сөзгө айланышы анын «Манаска» да кейипкер катары катышышын шарттаган. Элдин камын ойлоп, «кой үстүндө торгой уялаган» жер издеп, Ат-Башы, Нарын, Аксай, Талас, Ысар, Бадахшан, Үргөнч, Кара-Тоо, Астрахань, Крым, Эдил аймактарын кыдырган. Анын сөөгү Ысык-Көлдүн боюна коюлган деген уламыш бар.

АСКЕР, кара: Армия.

АСКЕР САЯСАТЫ – жашоодогу маанилүү максаттарга жетүү үчүн куралдуу күч каражаттарын ойлоп табуу жана колдонуу менен байланышкан мамлекеттер жана башка социалдык-саясий институттардын арасындагы мамилелердин чөйрөсү.

АСКЕРДИК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ – аскердик демократия учурунда уруу союздарынын *бийлик* жүргүзүүчү уюму. Жоокерчилик доорлордун мүнөздүү салттары жазма тарыхта гана сакталбастан, элдик оозеки чыгармачылы-

гында, айрыкча баатырдык эпосторунда кеңири сакталган. Элдик эпостордо бийликти жол башчылардын кеңеши – «элдик чогулуш» аскердик жол башчы жүргүзгөндүгү чагылдырылган. К.Маркс баатырдык мезгилде афиналык грек урууларында бийликтин координацияланган күч органы: 1) жол башчылардын кеңеши, 2) Элдик чогулуш (агора), 3) аскердик жол башчы (басилевс) болгондугун белгилейт. Афиналыктардай америкалык ирокез урууларында да бийликтин үч органы мүнөздүү болгондугун Ф.Энгельс аныктайт. «Манас» эпопеясынын сюжеттик тутумунан да жоокерчилик доорго мүнөздүү болгон бийликтин координацияланган үч органын жолуктурабыз: 1) Уруу башчыларынын же аксакалдарынын, 2) Элдик жыйын, 3) Аскердик жол башчы, к. *Аскердик демократия.*

АСКЕРДИК ДЕМОКРАТИЯ – Ф.Энгельс байыркы гректердин баатырдык эпосунун гүлдөгөн мезгили варвардыктын жогорку баскычына туура келерин көрсөтөт. Ал эми К.Маркс болсо жоокерлик мезгилде афиналыктарда бийликтин үч органы: 1) жол-башчылардын кеңеши; 2) элдик чогулуш (агора); 3) аскердик жолбашчы (басилевс) болгондугун далилдейт. А. д. доору уруулук-аталык түзүлүш ыдырай баштаган мезгилге туура келет. Бул доорго мүнөздүү салттар жөнүндөгү даректер көптөгөн тарыхый эстеликтер да бар. «Манас» эпосунда да А. д-нын бир катар белгилеринин бар экендигин ачык көрөбүз. «Манас» эпосунун идеялык мазмунун аныктаган негизги маанилүү бөлүк болуп саналган «Чоң казат» бөлүмүнөн бийликтин үч органын жолуктурабыз. 1. Уруу башчыларынын же аскердик аксакалдардын кеңеши. Эпосто көптөгөн уруулар аталып ар бир урууну уруу башчысы бар. Мис., Манас өзү ногой урууусунан, Акбалта – нойгут, Кошой – катаган ж.б. Олуттуу маселелер алгач уруу башчыларынын же аксакалдардын кеңешинде каралып, анан бир чечимге келишет. Мис., Манас уруу башчылары менен кеңешип, алар макул болгондон кийин Бээжинге казат жасайт. 2. Элдик жыйын. Уруу башчыларынын бүтүмү жалпы элге, кошуунга (колго) салынат. Эпосто ар бир уруу башчысынын өзүнүн эли, урууусу, кошууну (колу) бар. Бээжинге казат жасоо жөнүндөгү бүтүм жалпы элге же кошуундарга жарыяланат. Алардын каалоосу, эркн менен эсептешет. Зордоо, күчкө салуу жок экени Манастын Бээжинге казат жасар алдындагы колго кайрылуусунан көрүнөт:

Атым арык дегениң
Азыр кайткын үйүңө,
Өзүм жалгыз дегениң
Эми кеткин үйүңө (СК,2.80).

3. Аскердик жол башчы. Жортуулга аттанар алдында согуштук кол башчы же аскер башчы дайындалат. Аскер башчынын бардык буйругун жортуулга катышкан ар бир жоокер аткарууга милдеттүү. Аскер башчынын бийлиги бекем, чексиз. «Манас» эпосунда адегенде Бакай аскер башчы болуп шайланат. Бирок, аскердик тартипти бекем кармай албагандыктан, кийин аскер башчылыкты Алмамбетке ыйгарышат. Аскер башчы өтө жөндөмдүү, кошуундар арасына барктуу, согуштук стратегияны жана тактиканы мыкты билген адам болууга тийиш. Алмамбет ушул сапаттардын баарына ээ. А. д-га мүнөздүү болгон согуштук стратегиянын жана тактиканын айрым белгилерин «Манас» эпосунан учуратабыз. Эпосто кошуунду онго, жүзгө, миңге, түмөнгө бөлүү салты да баяндалат:

Онун санап өтүптүр,
Он кишиге бир киши.
Он башы коюп кетиптир...
Жүзүн санап алганы
Жүз адамга бир адам
Жүз башы коюп салганы (СО, 4. 124).

Манас баатыр өзү да он башы Тазбайматка баш ийип келет. Элдин эсебин алган кезде Байматтын бир киши жок болуп чыгат. Алмамбет каарданып Байматты жазаламак болот. Көрсө Баймат Манасты унутуп калыптыр. Ушундан улам «Манасты унуткандай» деген ылакап сөз тараган. А. д. мезгилинде согуш жан багуунун, «элдик турмуштун кадыресе функциясы болуп калат». Бытыранды майда урулар аргасыз биригип, өзүнчө эл болуп түзүлүүгө мүмкүнчүлүк алат. «Манас» эпосунда «Кулаалы жыйып куш кылдым, Курама жыйып журт кылдым» деген ыр саптары өтө арбын жолугат. Майда, бытыранды урууларды бириктирүү эпостун негизги

темаларынын бири. А. д-нын дагы бир белгиси – Манас баатырдын кан шайланышы. Уруу башчылары адегенде кеңешип Манасты кан көтөрүшөт да, анан бүтүмдү жалпы элге салат:

Кары-жашы күңүрөп,
Каныбыз Манас болду деп,
Калктын баары дүңүрөп,
Көпчүлүк топук алганы (СО, Х. 285).

«Айкол эрди ошондо, Ай талаада калайык Кан көтөрүп салды эми» (СК, 1. 215). Эпосто жоокерчилик доор, ошол кездеги стратегия менен тактика, адамдардын согуш учурундагы карым-катнаш мамилелери да реалдуу көркөм баяндалган.

АСКЕРДИК КҮЧ, мамлекеттин (мамлекеттердин коалициясы) – эл аралык аренада, ошондой эле өзүнчө өлкө ичинде: согушту даярдоо жана аны баштоо үчүн, *агрессия* же анын чагылдырылышы максатында, согушту токтотуу кызыкчылыгында, глобалдык, аймактык, улуттук ж.б. коопсуздукту камсыз кылууда белгилүү бир согуштук-саясий максаттарга жетүү үчүн колдонулган коомдун материалдык жана акыл-ой мүмкүнчүлүктөрүнүн жыйындысы. А. к. – өлкөнүн биргелешкен күчү (коалиция). Мамлекеттин саясатынын мазмунуна жана багытына, согуштук-саясий максатка жараша А. к-тү коргонуучу же чабуулдуу деп мүнөздөөгө болот. Тынчтыкты сүйгөн мамлекеттердин А. к-ү коргонуу мүнөзүнө ээ, ал эми агрессивдүүлөр – чабуулдук. А. к. ар дайым *саясат*тын куралы, белгилүү бир согуштук-саясий кырдаалда анын каражаты болуп эсептелет.

А. к. өзүнүн абалы боюнча потенциалдык же колдонулуп жаткан болуп мүнөздөлөт. Потенциалдык А. к. мамлекеттин максималдык мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтөт, алар өлкөнүн, коомдун, алардын аскердик уюмдарынын бардык күчтөрүн күчөткөн учурда согуштун жүрүп жаткан факторлору боло алат. Мис., совет элинин фашисттик Германияга каршы Улуу Ата Мекендик согуштун башталышы менен СССРдин материалдык жана акыл-ой мүмкүнчүлүктөрү согуштун факторлоруна которулуп, агрессиянын чагылдырылышын, *фашизм*дин үстүнөн жеңишти камсыз кылган. А. к-түн курамы мамлекеттин материалдык жана акыл-ойлук күчүнүн жыйындысынын курамы, ага тиешелүү потенциалдардан болуп – саясий, экономикалык, социалдык, руханий эсептелинет.

АСКЕРДИК ПОТЕНЦИАЛ – мамлекеттин (коалициянын) куралдуу күчтөрдү кармоосу жана жакшыртуусу, алардын согушуу күчүн жана согушуу жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу, окутулган кадрлар менен толуктоо, азыркы курал-жарактар, аскердик техника, тынчтык жана согуш убагында аскерге керектүү болгон нерселердин бардык түрлөрү менен куралдандыруу. А. п. *аскердик күчтөр*дүн бардык элементтеринин негизги мазмунунун синтези, кошундусу катары эсептелип, атайын аскердик уюмдарда бул мазмунду ишке ашырат. Аскердик күчтөрдүн ядролук куралдар менен жабдылышы мамлекеттердин (коалициялардын) А. п-ына жаңы сапаттуу маанини берген. Бул алардын согушуу потенциалынын өзгөрүлүүсүндө, ошондой эле согушту саясаттын туура келбеген каражаты кылуусунда чагылдырылган.

АСКЕТИЗМ (гр. – көнүгүү, машыгуу) – материалдык дүйнөнү жерүүчүлүк, турмуш жыргалчылыгынан баш тартып, такыба жашоо, сопучулук. А. адилетсиздикке, мүлктүк жана саясий теңсиздикке каршы социалдык нааразычылык катарында чыккан. Бирок А. элди социалдык теңсиздикке каршы күрөшкө үндөбөстөн, мүңкүрөөгө, ишенимдерге берилүүгө, өз турмушуна жана айлана-чөйрөсүнө кайдыгер мамиле кылууга чакырган.

АССОЦИАЦИЯ (лат. assotiatio – бириктирүү) – адамдардын өз ара карым-катнашынын жыйынтыгында белгилүү бир натыйжага жетүү максатында алардын ар түрдүү коомдоштуктарга, бирикмелерге жана топторго биригүүсү.

«АТА-ЖУРТ» саясий партиясы – 2006-ж. 14-ноябрда Ошто «А.-Ж.» с. п. түзүлүп, лидерлигине К.Ташиев шайланган. Анын штабы Жалал-Абадда жайгашкан. Партиянын лидери К.Ташиев 2005-ж. парламенттик шайлоодо депутат болуп шайланган, ал эми бакиевдик режим учурунда, 2007–2009-жж. Өзгөчө кырдаалдар министри болгон. Премьер-министр Д.Усенов менен кер-мур айтышып, 2009-ж. де-

кабрда министрлик кызматынан бошотулган. Ушундан улам 2010-ж. 7-апрелден кийин эл тарабында болуп, Жалал-Абад облусунун губернаторлук кызматын сунуштаганда андан баш тарткан. 2010-ж. 10-октябрдагы парламенттик шайлоого катышкан 29 саясий партиянын ичинен биринчи орунду эзелеп, 257 100 добуш алып, 8,47% менен Жогорку Кеңештеги 28 орунду «А.-Ж.» партиясы алган. 2011-ж. президенттик шайлоодо партия лидери К.Ташиев 266 189 добуш алып (14,32%), үчүнчү орунду эзлеген. Азыркы учурда бул партия парламенттик оппозиция катары эки комитетти жетектөөдө. Ал эми анын айрым мүчөлөрү өз фракциясынан чыгып, башка депутаттык топторду түзүүнү улантышууда. Коомчулукта бул партия бакиевчилдер партиясы катары кабылданган. 2010-ж. парламенттик шайлоо алдында партия лидерлеринин К.Бакиевди Кыргызстанга алып келебиз деген убада-агитациялары элдин эсинде калган. Анын үстүнө бул партиянын тизмеси менен депутат болгондордун көбү бакиевдик режим кезде жогорку мамлекеттик кызматтарда турушкан адамдар экендиги да коомчулуктун кыжырын келтирүүдө.

АТАМБАЕВ Алмазбек Шаршенович – 2011-ж. 1-декабрынан баштап Кыргыз Республикасынын 4-президенти. Аламүдүн районуна караштуу Арашан айылында 1956-ж. 17-сентябрда туулган. 1980-ж. Москва ш. Башкаруу институтун (аз. Орусия Башкаруу Академиясы) бүтүргөн. Кесиби боюнча инженер-экономист, өндүрүштү башкарууну уюштуруучу. Эмгек жолун 1980-ж. Кыргыз ССРинин байланыш министрлигинде инженер болуп иштөө менен баштаган. 1981–1983-жж. ДУ-4 башкы инженери, 1987-ж. чейин Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунда жооптуу кызматтарда эмгектенген. 1987–1989-жж. Фрунзе ш. эл депутаттарынын Биринчи май райондук кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасынын орун басары болгон. 1989-ж. баштап «Форум» илимий-өндүрүштүк фирмасын уюштуруп, жетектей баштаган. 1977–1999-жж. «Кыргызавтомаш» АКсынын башкы директору болуп эмгектенген. 1999-ж. Бишкек ш. бир нече ири заводдордун, алардын базасында уюшулган биргелешкен ишканалардын башын кошкон «Форум» (2004-ж. баштап «Кыргызавтомаш» корпорациясы) өндүрүштүк тобунун директорлор кеңешинин төрагалыгына шайланган. Бир эле учурда «Кыргызавтомаш» АКсынын, «КТИ Агромаш» АКсынын директорлор кеңешин жетектеген. 1995–2000-жж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты болуп шайланган. 1999–2011-жж. Кыргызстан Социал-демократтар партиясын жетектеп келген. 2000-ж. Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоодо Президенттикке талапкер катары катышкан. 2005-ж. сентябрынан 2006-ж. апрелине чейин Кыргыз Республикасынын өнөр жай, соода жана туризм министри болгон. 2007-ж. мартынан декабрына чейин Кыргыз Республикасынын Премьер-министри болгон. 2010-ж. декабрынан 2011-ж. декабрына чейин Кыргыз Республикасынын Премьер-министри болуп эмгектенген. 2011-ж. 1-декабрда Кыргыз Республикасынын Президенти. 1983-ж. Жазуучулар союзунун мүчөсү, 1991-ж. Кыргыз Жазуучулар союзунун башкармасынын катчысы болуп шайланган. Коомдук башталышта Кыргызстан жазуучуларынын Адабий фондусунун төрагасы богон. 1999-ж. «Даңк» медалы, 2007-ж. «Данакер» ордени менен сыйланган.

«АТА-МЕКЕН» саясий партиясы – уюштуруу съезди 1992-ж. 7-ноябрда болуп, каттоодон ошол эле жылдын 16-декабрында өткөн. «А.-М.» партиясы *«Эркин Кыргызстан»* партиясынан бөлүнүп чыккан. «ЭрК» партиясы менен биригип «А.-М.» партиясын түзүшкөн. Партиянын төрагалыгына К.Кененбаева, анын орун басарларына Ө.Текебаев, У.Орозалиев, К.Бердалиев шайланышкан. Бул партиянын либералдык-центристтик принциптери төмөндөгүдөй: – коомдук турмушта компромисс жана консенсус жолу; – коомду эволюциялык реформалоо; – «эски» жана «жаңыны» оптималдуу айкалыштыруу; – мамлекеттик күчтүү социалдык саясат (Байларга – эркиндик, кедейлерге – камкордук). «А.-М.» партиясынын программалык максаттары уюштуруу съездинде кабыл алынган декларацияда берилген. Анда демократтык идеялар: мыйзамдуулукту жактоо, адамдардын

жана азчылык этностук топтордун укуктарын сыйлоо менен биз реформаны активдүү колдойбуз жана рыноктук экономиканын базасын түзүүнү кубаттайбыз деп белгилешет. Партиянын Уставында адамдын укугу мамлекеттин кызыкчылыгынан жогору турган *жарандык коомду* түзүү, менчиктин бардык түрлөрүнүн тең укуктуулугун, жеке демилгенин эркиндигин камсыз кылуу максаттары коюлган. *Мыйзам* долбоорун иштеп чыгуу – «А.-М.» партиясынын ишмердүүлүгүнүн өзгөчөлүктөрүнүн бири. *Жогорку Кеңештин* кароосуна бул партия тарабынан абдан ашык мыйзам долбоорлору коюлган: Конституциянын долбоору, Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү мыйзамдын долбоорлору өткөн парламентте «А.-М.» партиясынын *фракциясы* болгон. Бүгүнкү күндө «А.-М.» партиясы социалдык-либералдык принципти колдошууда, б.а. калктын социалдык жана экономикалык турмушунда мамлекеттин ролу күчтүү болууга тийиш. Өнүгүүнүн мындай жолу *либерализм* менен социализмдин принциптеринин өз ара айкалышын билдирет. Алардын ою боюнча социал-либерализм менен социал-демократия бирине-бири өтө жакын агымдар. Бирок, социал-демократиядан айырмаланып, «А.-М.» партиясы таптык да, этностук да, диндик да эмес. Алар өздөрүн элдик партия, компромисстердин, социалдык консенсустун жана ортокчулуктун партиясы деп эсептешет. Ысык-Көл облусунан башка бардык облустарда «А.-М.» партиясынын баштапкы уюмдары бар. 1995-ж. 5-февралдагы Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо кампаниясына активдүү катышкан партиялардын бири. «Эмгек, Тартип, Адилеттүүлүк», «Кедейлерге мамлекеттик камкордук жана жеке демилгеге эркиндик» ж.б. ураандары бар. «А.-М.» партиясынан депутаттыкка 45 талапкер көрсөтүлүп, алардын жетөө депутат болуп калышты: *Мыйзам чыгаруу жыйынына*: Ө.Текебаев, А.Кадырбеков, Ж.Жоробеков, Р.Ачылова; *Эл өкүлдөр жыйынына*: М.Айбалаев; Ж.Орозбаев, В.Диль. Партиянын II съездинде (1994-ж. 19-ноябрь) анын кеңешинин төрагалыгына Ө.Текебаев, орун басарлары болуп К.Кененбаева, У.Орозалиев жана А.Адаханов шайланышты. 2010-ж. 10-октябрдагы парламенттик шайлоодо 166 714 добуш алып (жалпы шайлоочулардын 5,49%ын түзгөн), парламенттен 18 депутаттык орунга ээ болгон. Азыркы күндө «А.-М.» партиясы коалициялык көпчүлүккө кирген.

АТЕИЗМ (гр. – кудайсыздык) – Кудайга, табийгаттан тышкары күчкө таянган ар кандай ишенимдерге каршы турган көз караштардын түзүмү. А-дин конкреттүү мазмуну ар бир доордо, ар бир өлкөдө ага каршы күрөшкөн күчтөрдүн мүнөзүнө жараша болгон. Мис., байыркы Кытайда (Сунь-Цзы, Вин-Чун) жана Индияда (локаята – «чар-вак» мектеби) материалисттер ар кандай ишенимдерди сынга алып, алгачкы атеисттик ой-пикирлерди тарата са, Грекия менен Римде А-дин өнүгүшү бир кыйла бийик деңгээлге көтөрүлгөн. Грекияда Милет мектебинин философтору айлана-чөйрөнү илимий көз караш менен баамдоого аракет кылышкан. Феодализм доорунда диний идеологиянын миң жыл үстөмдүк кылышы байыркынын маданиятын жүздөгөн жылдарга артка тартса да, эркин ой-пикирди жогото алган эмес. Орто к. Европада дин үстөмдүк кылып турганда, илимдин, эркин ой-пикирдин өсүшүнүн борбору Иранга жана анын маданий чөйрөсүнө кирген Борбордук Азия өлкөлөрүнө оогон. Борбордук Азиялык белгилүү ойчул окумуштуулар Аль-Хорезми, Беруни, Низами, Ибн Сина ж.б. Батыш Европанын кайра жаралуу доорун тийгизген таасири зор болгон. XIX к. А-дин эң көрүнүктүү өкүлү – Л.Фейербах. Ал динди, диний ырым-жырымдардын жана түшүнүктөрдүн келип чыгышын изилдеген. Илимий коммунизмге негиз салуучулар К.Маркс менен Ф.Энгельс өткөндөгү атеисттер диндин келип чыгышы менен алек болгонун сынга алышып, максат революциячыл жол менен диний идеологияны пайда кылуучу жана коргоочу коомду жок кылууда экенин баса көрсөтүшкөн. В.И. Ленин К.Маркс менен Ф.Энгельс түзгөн илимий А. теориясын өнүктүрүп, Совет өкмөтүнүн динге болгон мамилесинин түпкү негизин түзгөн. Буга чиркөөнү мамлекеттен, мектепти чиркөөдөн бөлүү жөнүндөгү лениндик Декрет далил болот.

АТКА МИНЕР – Октябрь революциясына чейинки мезгилде өзүндө бийлиги жок,

бий-болуштун жан-жөкөрү. Ал күч эмгегинен качып, ат үстүндө жүрүп оокат кылган көшоматчы, мансапкор деген мааниде айтылат. Көбүнчө болушту, бийди жана старчындарды шайлоону уюштурууда өзүн бийлеген талапкерлерге жагынып, анын жеңип чыгышы үчүн көмөк көрсөткөн. Өз тарабы жеңип чыкса А. м-дин кадыр-баркы да өскөн. Бүгүнкү күндө, коммунисттик режим учурундагы «атка минерлерге» караганда демократтык саясий режимдин А. м. формасы жагынан да, мааниси жагынан да айырмаланып турат. Эми А. м-лер ачыкка чыгышып, өздөрүнүн коомдогу ээлеген ушундай абалына ыраазы болушкандай болуп, экинчи жагынан, кыргыз коомчулугу да мурдагыдай «жеribей», А. м-ди толук таануу жана кабылдоо толкуну башталды.

АТКАРУУЧУ БИЙЛИК – мамлекеттик бийликтин бир бутагы. Адам укугунун жана эркиндигинин корголушун, аракеттеги мыйзамдардын аткарылышын, мамлекеттин ички жана тышкы ишмердигин уюштуруп жана багыттап турат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, ага баш ийген министрлик, мамлекеттик комитет, администрациялык ведомстволор, мамлекеттик жергиликтүү администрациялар А. б. жүргүзөт. А. б-тин формалары ар башка өлкөлөрдө ар түрдүүчө. АКШда жана көпчүлүк Латын-Америкалык өлкөлөрдө жогорку А. б. бир адамдын колуна топтолуп, ал министрлер кабинетиндеги бардык дайындоолорду жүргүзөт жана ага бардык *саясий чечимдер* үчүн акыркы жана толук жоопкерчилик милдети жүктөлөт. АКШнын Президенти *мамлекет башчысы* болуу менен бирге А. б-ти да жетектейт жана анын ишмердиги үчүн жооп берет. Швейцарияда федералдык Кеңеш Мыйзам чыгаруучу жыйын тарабынан төрт жылдык мөөнөткө шайланган жети мүчөдөн турат. Ал эми Сан-Марино ж.б. башка бир катар өлкөлөрдө «коллегиалдуу президентчилик» бар. А. б-тин өтө кеңири тараган формасы – бул министрлер кабинети. *Парламенттик Республика* системасында *мыйзам чыгаруучу бийлик* өз ичинен А. б-ти түзөт. Өкмөттүн жетекчилери жана мүчөлөрү парламентке киришет, ал эми Улуу Британия, Германия, Жапония, Израиль өлкөлөрүндө премьер-министрлер жалаң гана парламенттин мүчөлөрүнүн ичинен дайындалат. Министрлер парламенттин алдында отчёт берип турушат жана алар өздөрү да депутат экендигин эске алсак, анда министрлер кабинети парламенттик комитетке жана комиссияга окшошуп кетет. Бирок парламенттик комитеттер эч качан министрлердин иштерине кийлигишпейт жана тоскоолдук кылбайт, алардын ишмердигине көзөмөлдүк кылат. Европа өлкөлөрүндө өкмөт башчысынын же кээ бир министрлердин кызматтан кетиши менен министрлер кабинетинин калган бөлүгү алмашылбайт. Анткени А. б. саясий кармаштардан формалдуу четте турган жана анын таасири менен күчү министрлердин профессионалдык деңгээлине жараша болот. Өкмөт башчысы парламентти (же төмөнкү палатасын) таркатып жиберүүгө жана чукул шайлоолорду белгилөөгө укуктуу. Ушундан улам А. б. мыйзам чыгаруучу бийликке күчтүү таасир тийгизип турат. Эгерде партиялык тартипти да эске алсак, анда АКШ менен Орусияга караганда, Европа өлкөлөрү менен Жапонияда кандай саясий чечимдер кабылданаарын алдын-ала айтса болот. Башкаруусу көп партиялуулук негизде болгон өлкөлөрдө, адатта коалициялык өкмөттөр түзүлөт. Эң ири партиялык фракция – өкмөт башчысы кызматын, андан кийинкиси – тышкы иштер жана каржы министрлиги ж.б. ээлешет. Бул өкмөттүн күчүн, ийкемдүүлүгүн жана тез убакытта чечимди кабыл алуу жөндөмдүүлүгүн азайтат. Башкаруучу партия өтө күчтүү жана таасирдүү болгондо гана жогорудагыдай мүчүлүштөргө жол бербейт. Булардын катарына Улуу Британия, Германия, Жапония, Швеция, Испания ж.б. кирет. Өкмөттүн туруктуулугу бул өлкөлөрдөгү майда партиялардын колдоосунан да көбүнесе көз каранды болот. Парламенттик республика системасында өкмөт мыйзам чыгаруу демилгесине, мыйзамдын кабылдашына вето коюу укуктарына ээ. Ал эми *Президенттик республика*да А. б. мыйзам чыгаруучу бийликтен тышкары өз алдынча түзүлөт. АКШ Конгресси иш жүзүндө президент сунуш кылган өкмөт курамын бекитпей коё албайт, ошондой эле Конгрессти таркатып

жиберүүгө Президенттин укугу жок. АКШда өкмөт мүчөлөрү депутат боло алышпайт. Бир гана АКШ вице-президенти депутат болот, анткени ал Сенаттын төрагасы. Президенттин вето-су өкүлчүлүк бийлигинин үчтөн эки бөлүгүнөн добушу менен гана четке кагылат. Дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндө А. б. жогоруда айтылган башкаруунун эки системасынын тең белгилерин, элементтерин камтыйт. Бул жарым-президенттик башкаруунун формасы. Францияда президенттин бийлиги, эгерде анын партиясы Улуттук жыйында көпчүлүктү түзсө күчтүү болот. Тескерисинче чыныгы *бийлик премьер-министр*ге өтөт. Кыргыз Республикасында Конституциянын 74-беренесине ылайык *Жогорку Кеңеш* Өкмөт мүчөлөрүн – коргоо жана улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилерин кошпогондо Өкмөттүн түзүмүн жана курамын аныктайт. Ал эми Президент Өкмөт мүчөлөрүн – коргоо, улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилерин, ошондой эле алардын орун басарларын дайындайт жана кызматтан бошотот (64-берене).

АТОМДУК ЭНЕРГИЯ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК АГЕНТТИГИ (МАГАТЭ) (англ. IAEA, кыск. International Atomic Energy Agency) – атомдук энергияны тынчтык жолу менен колдонуу жаатында кызматташтыкты өнүктүрүү үчүн түзүлгөн эл аралык уюм. Агенттик 1957-ж. БУУнун 1954-ж. 4-дек. чечиминин негизинде түзүлгөн. БУУнун топтомуна кирет. Жыл сайын БУУнун Башкы Ассамблеясына жана керек болгон учурда БУУнун Коопсуздук Кеңешине өзүнүн ишмердүүлүгү тууралуу доклад кылып турат. Анын ишмердүүлүгүндөгү эң маанилүү багыты – ядролук куралдын таралбастыгын камсыз кылуу. Штаб-квартирасы Венада жайгашкан (Эл аралык Вена борбору). Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндөгү келишимдин пайда болушу менен уюмдун иши өзгөчө мааниге ээ болгон. Өлкөдө агенттиктин максаты – ядролук тынчтык жаатындагы иштер согуштук максатына өтүп кетпестигин констатациялоо. Мамлекеттер бул келишимге кол коюуда изилдөөлөрүн согуштук кыймылга алып келбестиги тууралуу кепилдик беришет. Агенттик – эң эле техникалык орган. Ал тигил же бул мамлекеттин ишмердүүлүгүнө саясий баа бере албайт. Агенттик божомолдорду курууга укугу жок – ал тек гана накта фактылар менен иштейт.

АТТАШЕ (фр. attache, сөзмө-сөз – бирөөгө бекитилген) – 1) дипломатиялык кичи кызмат орундарынын бири. КР ж.б. бир катар мамлекеттердеги дипломатиялык кичи даража; 2) кайсы бир тармак боюнча адис катарында дипломатиялык өкүлчүлүккө кирген расмий адам (мис., аскер атташеси, басма сөз атташе).

АТТЕСТАЦИЯ (лат. attestatio – күбөлөндүрмө) – кызматчылардын адистик деңгээлин, иш ордун, окуучулардын билим деңгээлин, продукциялардын сапатын аныктоо; пикир, мүнөздөмө.

АТУУЛДУК БАШ ИЙБӨӨЧҮЛҮК – А. б. и. алып жүрүүчүлөр тарабынан акыйкатсыз жана четтетүү керек деп каралган, өкүм сүргөн тартипке, айрым мыйзамдарга, бул же тигил саясий лидерлерге же бийликтер тарабынан жүргүзүлгөн расмий саясий акцияларга карата ыраазычылыкты чагылдыруу менен байланышкан жеке же массалык аракеттер. Эреже катары А. б. и-түн жактоочуларынын аракеттери бийликтегилерге баш ийбөө жана саясий, диний же адеп-ахлактык ой-жүгүртүүлөрдөн улам мыйзамдарды аткарбоого чакыруулар менен байланышкан. Алгач А. б. и. термини америкалык ойчул жана жазуучу Г.Торо (1817–1862) тарабынан «Атуулдук баш ийбөөчүлүк» (1849) аттуу программалык эссесинде пайдаланылган. Анда ички адеп-ахлактык төңкөрүштүн тышкы көрсөтүүсү (бир адамдын революциясы) катары түшүрүлгөн зордук-зомбулуксуз революциянын моралдык негиздөөсү берилген. XX к. А. б. и. концепциясынын жана практикасынын андан аркы өнүгүүсү англиялык колониализмге каршы күрөштүн жүрүшүндө М.К. Ганди (1869-1948) тарабынан ашырылган. Ганди тарабынан иштеп чыгарылган жана анын улантуучулары тарабынан кабыл алынган баш ийбөөчүлүк саясаты өзүнө бийликтегилер менен кызматташтыкка барбоо, өкмөттүк окуу жайларын бойкоттоо, тынчтык демонстрацияларын уюштурууну камтыган. Батышта А. б. и. акциялары Франциянын Алжирдеги коло-

ниалдык согушуна, Вьетнамдагы АКШнын согушуна, ТАРдагы расалык дикриминация фактыларына каршы күрөштөрдө кеңири колдонулган. СССРде А. б. и. идеялары иш жүзүндө диссиденттик кыймылдардын көптөгөн активисттери тарабынан колдонулган. А. б. и-түн негизинде – күч колдонбостон каршылык көрсөтүү жатат. Формасы боюнча А. б. и. төмөндөгүдөй акцияларды жүзөгө ашыруунуу өзүнө камтыйт: ачыкка чыгуу, демонстрацияларды, нааразычылык маршtарын, пикеттерди, ачкачылык жарыялоолорду уюштуруу, аскердик кызматка чакырууга макул болбоо, мыйзам чыгаруу актыларын, шайлоолорду бойкоттоо. Бул кыймыл-аракеттери менен А. б. и-түн демилгечилери белгиленген саясий максаттарга жетүүгө алып келе турган кыймылдын массалык социалдык базасын кеңейтүү үмүттөрү менен байланышкан. Ошондуктан саясат таануу илиминде А. б. и. өзүнүн мүнөзү боюнча легалдуу оппозициянын укуктук ишмердүүлүгү менен коомдун саясий дестабилдештирилишине алып келген; укукка каршы аракеттердин ортосундагы аралыктык абалды ээлеген саясий нааразычылыктын аракети катары каралат.

АТУУЛДУК ДЕМИЛГЕЛЕР – атуулдардын өз укугун бийликтин кысымынан коргоо үчүн уюшулган локалдуу, ишмердүүлүгү боюнча чектелген, коллективдүү уюштурмасы. Үй-жай, билим, транспорт, маданият, шаардын өнүгүүсү ж.б. маселелер боюнча атайын түзүлөт. Курамы өтө ар түрдүү (көбүнчө орто катмар). Мис., ФРГда бир нече миң А. д. болгон. А. д. саясий феномен катары 60-ж. студенттик каршылык көрсөтүү кыймылы менен башталат. А. д-дин ишмердүүлүгүнүн формалары – чогулуш, митинг, акциялар, демонстрациялар аркылуу кээде кагылышууга чейин барып, массанын көңүлүн буруу, биргелешип өз укугун коргоо, бийлик органдарына басым көрсөтүү, түрдүү кампанияларды түзүү, чечимдерди кайра каратуу ж.б. А. д. локалдуу чыгуулар кээде чоң демократиялык кыймылга өсүп чыгышы мүмкүн. Ошондуктан А. д. көп социалдык кыймылдардын базасы, булагы же көбүнчө аларды ишке ашыруунун, мыйзамдаштыруунун формасы болуп калат. А. д. кыймылы Батыштта жаңы конфликтти пайда кылып, саясий маданияттын жогорулугун көрсөтөт да, коомдук өнүгүүнүн альтернатива издөө жолу болуп саналат.

АТУУЛДУК КООМ – 1) коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн экономикалык, саясий, социалдык жана руханий чөйрөсүндө ыктыярдуу түрдө түзүлгөн мамлекеттик эмес структураларды камтыган, өнүгүүнүн белгилүү бир тепкичиндеги адамдардын жалпылыгы; 2) мамлекеттик эмес – экономикалык, саясий, социалдык, үй-бүлөлүк, улуттук, руханий, диндик, үрп-адаттык ж.б. мамилелердин жыйындысы; 3) эркин индивиддердин жана ишмердүүлүгү мамлекеттик бийлик органдарынын кийлигишүүсүнөн мыйзам аркылуу корголгон, атуулдардын ыктыярдуу түрдө түзүлгөн уюмдарынын жана ассоциацияларынын чөйрөсү. А. к. мамлекеттен мурда түзүлгөн. Ал эми мамлекет болсо А. к. өнүгүшүнүн белгилүү бир тепкичинде, таптар пайда болгон мезгилде калыптанган. А. к-дун андан ары өнүгүшү, аны менен мамлекеттин ортосундагы мамилелердин мыйзамдуу түрдө иреттелип, такталышына жана адамдын эркиндик, укук, экономикалык көз каранды эместиги сыяктуу баалуулуктарга негизденген консенсустун болушуна ыңгайлуу шарттарды түзгөн. XX к. аягында А. к-дун жогорку өнүгүү деңгээлинин аркасында жашоонун индивидуалдык жана коомдук чөйрөсүнө мамлекеттин кийлигишүүсү өзүнүн эң төмөнкү чегине жеткен жана ушунун өзү өлкөдөгү саясий режимдин туруктуулугуна негиз түзгөн. А. к. – өзүн-өзү уюштурган жана өз алдынча өнүккөн система болуп эсептелет. А. к-дун жашоо ишмердүүлүгүнүн эң башкы шарты болуп анын ар бир мүчөсүнүн конкреттүү менчикке ээ болуу же ага ээ болууга катышуу, аны пайдалануу жана өз каалоосундай буйрук берүү укугу эсептелет. Ар түрдүү топтордун жана катмарлардын өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарын чагылдырган, өнүккөн жана көп кырдуу социалдык структуранын болушу А. к-дун жашоосунда маанилүү шарты катары чыгат. Такталбаган, ачык эмес социалдык структуранын учурунда индивид мамлекет менен түздөн-түз байланышта болот, мунун өзү адамдын жеке укуктарынын жана эркиндиктеринин ишке ашырылуусун олуттуу түрдө чектейт. Инсандын социалдык, интеллектуалдык, психологиялык өнүгүүсүнүн жогорку деңгээлде болуусу, тигил же бул коомдун институттун ишине катышканда инсандын ички эркиндигинин жана толук өз алдынчалыкка жөндөмдүүлүктүн болуусу А.к-дун ишмердүүлүгүнүн зарыл өбөлгөсү болуп эсептелет. А. к-дун экономикалык чөйрөдөгү структуралары: кооперативдер, арендалык бирикмелер, акционердик коомдор ж.б. чарбачылык кылууда жарандардын өз демилгелери менен түзгөн ыктыярдуу бирикмелери. А.к-дун социалдык-саясий чөйрөдөгү структуралары: үй-бүлө, коомдук, саясий кыймылдар жана уюмдар; жашаган же иштеген жери боюнча түзүлгөн коомдук өзүн-өзү башкаруу органдары; мамлекеттик эмес массалык маалымат каражаттары. А.к. руханий чөйрөдө ой жана сөз эркиндигин, өз оюн ачык билдирүүнүн чыныгы мүмкүнчүлүктөрүн шарттайт; чыгармачылык, илимий ж.б. бирикмелердин мамлекеттен жана саясий структуралардан өз алдынчалыгын жана көз каранды эместигин өбөлгөлөйт.

АТУУЛДУК МИЛДЕТ – Конституция, укук актылары тарабынан бекитилген укуктук милдеттерди конкреттүү өлкөнүн атуулунун сөзсүз түрдө аткаруусу. А. м-ти алуу жана андан ажыроо эл аралык макулдашуу, мыйзам аркылуу жүргүзүлөт. А. м-тин өнүгүшү бир нече этапка бөлүнөт. Мис., Байыркы Кытайда баш ийүүчүлүк абалы аталган, байыркы Грецияда Сократ – А. м. бардык эркин атуулдар үчүн ак иш деген. Кайра жаралуу доорунда А. м. инсандын мамлекетке, коомго болгон эркин мамилесин түшүндүргөн. Мында милдет – көбүнчө ишенимге таянган. Франция революциясынын тушунда 1789-1794-жж. А. м. жарандын улуттун, элдин алдындагы милдети катары белгиленген. Адам укугунун декларациясында А. м. ар бир адам өз укугун, эркиндигин ишке ашырууда; коомдук мораль, тартипти камсыз кылуу максатында, башкалардын укук, эркиндигине шек келтирбей тургандай болуусу керек деп айтылат. Ар бир адам өзү кирген жамааттын алдында милдеттүү. Социалдык абал, ата-теги ж.б.у.с – көп мезгилге чейин Совет өлкөсүнүн атуулдарын башка өлкөлөрдөн айырмалап кароого алып келген эле.

АТУУЛДУК СОГУШ – социалдык конфликтти чечүүнүн акыркы чегине жеткен курч формасы, бир мамлекеттин чегиндеги улуттук группировкалардын, социалдык топтордун, таптардын ортосундагы бийлик үчүн уюштурулган күрөш. А. с. улуттук кризисти жеңүүнүн легитимдүү формалары каражаттарынын бардыгы сарпталып бүткөн учурда келип чыгат. Тарыхта көптөгөн А. с. белгилүү, анын ичинде династиялык, мис., Англиядагы Кызыл жана Ак розалар согушу (XV к.). Анда Плантагенеттердин эки бутагы бири-бирин кырып, Тюдолордун династиясынын бийликке келишине жол ачышкан. Диний жана улуттук негиздеги А.с. өткөндө гана орун албастан, азыркы мезгилде да кеңири жайылган: Чечнядагы, Тажикстандагы согуштар, мурдагы Югославиянын аймагындагы согуш. А. с-тун эң эле мүнөздүү түрү болуп терең таптык конфликттерге негизделген согуш саналат: кулдардын көтөрүлүшү, көп сандаган дыйкан согуштары (Кытайда көп жолу ийгилик менен аяктаган), партизандык (Сальвадор), антиколониалдык согуштар. А. с. – эң зор улуттук кырсык. Өзүнүн мүнөзүнө карабай А.с. калктын арасында чоң курмандыктар, өндүрүш күчтөрүнүн бузулушу, маданият очокторунун кыйратылышы менен коштолот. А. с-тун бардык түрлөрү тең нравалык актануруга ээ эмес. Көбүнчө эл эпчил жана атак-даңкка умтулган авантюристтердин саясий амбицияларынын кучагында калат. Кандай окуя болбосун А. с-ту илимий анализдөөдө историзм принцибин сактап, колдонууну талап кылат. АКШдагы Түндүк менен Түштүктүн ортосундагы согуш, түндүктүн жеңиши менен аяктап, экономиканын, индустриянын, экономикалык эффективдүү фермер чарбаларынын тез өсүшү үчүн шарт түзгөн. Советтик Орусиядагы (1918–1922) А. с. абдан кандуу жана кыйраткыч болгон. Афганистан, Ангола, Эфиопия, Сальвадор, Никарагуадагы А.с. өлкөлөрдүн экономикасына залал келтирип, көптөгөн курмандыктарга, калктын

жакырланышына алып келген. Азыркы шарттарда А. с. өтө кайгылуу мүнөздө болушуп, ири регионалдык жана эл аралык конфликттерди инсценировкалоого жөндөмдүү. Социалдык конфликттерге жана А. с-ка жол бербөө жана чечүүнүн эффективдүү механизмин, каражаттарын жана ыкмаларын издөө азыркы күндө эң актуалдуу болуп саналат.

АТУУЛДУУЛУК – көп жактуу түшүнүк: 1) саясий коомчулуктун ишине активдүү, аң-сезимдүү кошулуу; 2) өзүн саясий коомчулуктун атуулу, толук мүчөсү катары психологиялык жактан сезүү; 3) атуулдун ролунда чыгууга жөндөмдүүлүк жана даярдык; 4) саясий акцияларга эркин катышуу; 5) мамлекеттин, коомдун саясий кызыкчылыгы үчүн күрөшкө даяр болуу. Ушул түшүнүктүн бардыгы бирин-бири толуктап, бекемдеп турат да, «Саясий жигердүүлүк» түшүнүгү менен ички байланышта болот. Тарыхый жактан А. демократиянын эрте формалары менен байланышта.

АУКУМ – адам укуктарын кепилдөөнүн универсалдык механизми.

АФРИКА СОЮЗУ (АС) – Африканын 54 мамлекетин бириктирген эл аралык өкмөттөр ортосундагы уюм. Африка биримдик уюмунун укук улантуучусу (АБУ). 2002-ж. 9-июлда негизделген. Уюмдун чегиндеги эң маанилүү чечимдер А. С-нун Ассамблеясында – мүчө-өлкөлөрүнүн мамлекет жана өкмөт башчыларынын жыйынында кабыл алынат. Ал жарым жылда бир жолу өтүп турат. А. С-нун Катчылыгы жана Комиссиясы Эфиопиянын борбору Аддис-Абебада жайгашкан. 2009-ж. февраль айында А. С-нун Комиссиясын А. С-нун Толук ыйгарымдуу органына кайта өзгөртүү чечими кабыл алынган. Максаты: Африка өлкөлөрүн жана алардын калкынын биримдүүлүгүн жана тилектештигин чыңдоо, мүчө-өлкөлөрүнүн эгемендигин, территориялык бүтүндүгүн жана көз карандысыздыгын коргоо, континенттин социалдык-экономикалык жана саясий интеграциясын тездетүү, континентте тынчтыкты, коопсуздукту жана туруктуулукту бекемдөө, БУУнун жана *адам укуктарынын жалпы декларациясынын* Уставына ылайык эл аралык кызматташтыкка жардам көрсөтүү.

«АШАР» коомдук-саясий кыймыл – 1989-ж. 15-июлда уюштуруу конференциясы болуп, ага 32 баштапкы уюмдан 250 делегат катышкан. «А-дын» Уставы каттоодон 1991-ж. 20-декабрда өткөн. 1989-ж. май–июнь айларында батирлерде жашап жүрүшкөн миңдеген кыргыз жаштарынын Фрунзе шаарынын тегерегиндеги жерлерди үй куруу үчүн өз алдынча басып ала башташы «А-дын» түзүлүшүнө себеп болгон. Кыймылдын уюштуруу конференциясын даярдоо учурунда жана уставын каттоодон өткөрүүгө бийлик тарабынан бут тосуулар болгон. Бийликтегилердин максаты бул жаңыдан пайда болуп жаткан кыймылга саясий мүнөз бербей, аны жалаң гана экономикалык ишмердүүлүк менен чектеп, кыймылдын ордуна чакан кооператив түзүп коюу эле. Бирок, райондук эле каттоодон өткөндүгүнө карабастан «А.» кыймылы тез арада күч алып, кийинки айларда жалпы улуттук кыймылга айланды. Кыймылдын курамына коллективдүү мүчө болуп киргендердин саны күн санап көбөйүп, анын эсебине чоң суммадагы акча которулган. 1999-ж. август–сентябрь айларында үй куруучуларды курулуш материалдары менен камсыз кылуу маселесин чечүүгө келгенде «А.» кыймылынын активисттери менен бийликтегилердин ортосунда кагылышуулар башталган. Ушул мезгилден баштап «А-ды» *саясий кыймылга* айландырууну жактоочулар менен саясатка кийлигишүүнү каалабагандардын ортосунда пикир келишпөөчүлүктөр күч алып, бул кыймылда эки агымдын, эки канаттын пайда болушуна алып келген. Уюштуруу конференциясы «А-дын» Кеңешин [төрагасы – Усупов Жумагазы (Жумагазы Усуп – чоң аюу)] жана аткаруу комитеттин төрагалыгына – Ж.Жекшеев шайланган. «А». кыймылынын саясатташкан бөлүгүн Ж.Жекшеев жетектеген. Бул багыттын саясий ишине каршы болгон Кеңештин көпчүлүк мүчөлөрү, б.а. «десаясатташкан» бөлүгү аткаруу комитетин таркатуу жөнүндө чечим кабыл алып, анын ордуна «убактылуу уюштуруу комитетин» түзүшкөн. Бул чечим 1990-ж. январдагы жаштардын толкундоолору учурунда кабыл алынгандыктан, «А.» кыймылынын

көптөгөн катардагы мүчөлөрү таркатылган аткаруу комитети тарабында кала беришкен. 1990-ж. февралдын башында Ж.Жекшеев жана кыймылдын дагы бир катар лидерлери бийликтин кысымы астында Фрунзе шаарынан чыгып кетүүгө аргасыз болушкан. 1990-ж. жазынан «А-дын» саясатташкан канаты улуттук саясий *оппозициянын* борборуна айланган. *«Кыргызстан демократиялык кыймылынын»* курамына киришкен. Жер участокторун (тилкелерин) бөлүп берүү жана «А.» коомун түзүү менен жаштардын үйгө болгон муктаждыктары чечилген жок. Бишкектин айланасынан улам жаңы жерлерди басып алуулар улантыла берди. Ошентип, 1990-ж. сентябрда үй куруучулардын «Көк-Жар», 1991-ж. июнда «Бишкек» ыктыярдуулар, «Келечек» коомдору түзүлгөн. 1990-ж. апрелде Ош шаарында да беш миңден ашык (үй-бүлө башчылары) мүчөлөрү бар үй куруучулардын «Ош аймагы» бирикмеси уюшулган. Буга чейин, 1989-ж. Ош шаарында кыргыздардын «элдик демократтык фронту» жана өзбектердин «Адолат» бирикмелери бар эле. «А.» жана башка коомдордун негизги максаттары өздөрүнүн мүчөлөрүн жеке менчик үй куруу үчүн жер участоктору менен камсыз кылуу, архитектурадагы улуттук стилди кайра жаратуу жана өнүктүрүү, кыргыз элинин тарыхын, маданиятын, тилин, салтын жана үрп-адатын үйрөнүү ж.б. болгон. Кыргыздардын улуттук сезиминин, саясий жигердүүлүгүнүн жана жалпы *саясий маданият*ынын өсүшүнө «А.» коомдук-саясий кыймылы чоң таасир тийгизген.

Б

БААТЫР – байыркы доордо Баатыр, Багадур формаларында белгилүү болгон термин. Согуштук аракеттер жүргөн кезде өзгөчө каармандыкты көрсөткөндөргө, эл четин кайтарган эр-азаматтарга берилген наам. Алар кошуунда он башы, жүз башы, миң башы, түмөн башчысы (мис., Субедей багадур) дайындалышкан. Бул термин орустарга «богатырь» формасында печенек, кыпчактар, монголдор аркылуу өткөн. Байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздар бул терминдин ордуна «эрен» титулун колдонушкандыгын кыргыздын рун сымал жазуу эстеликтеринен байкоого болот. Эрен титулу эрен (басыз), беш берен (саруу) урууларында урук аталыштары катары сакталып келет. Атактуу кыргыз аскер башчысы (сангуну) Ток Бөгүгө арналган жазуу эстелигинде (Элегест, Тува): «...Жүз эр (баатыр) менен чоролорунун күчү бар үчүн, жүз эрен менен элүү жолу... согуштан кийин айрылдым (курман болдум)...» – деген маалыматтар бар.

«БААТЫРЛАР» жана «КӨПЧҮЛҮК» теориялары – *саясат таануу* жана саясий психологияда лидер жана топтун, инсан жана массанын «баатыр жана көпчүлүктүн» мамилеси, катнашы негизги маселелердин бири. XX к. бул маселенин актуалдуулугу эл массасынын активдүүлүгүнүн өсүшү жөнүндө аналитиктердин алдын-ала айтканына карабастан, миллиондордун тагдырына таасирин тийгизген согуштар, революциялар, кризистер көбөйүп кетти. *Саясат таануюда*, теоретиктер «Б-ды» же «К-түү» социалдык турмуштан чыгарып таштоого мүмкүн болгон, айрымдар структуралык багытка салууга мүмкүн болгон кубулуш катары карашат. Буга жараша, «баатырлар» түшүнүгү эки түрдүү каралган. Биринчилер үчүн «баатырлар» көпчүлүктүн начар эмоционалдык сапаттарынын көрсөткүчү, экинчилер үчүн – саясий-практикалык аракеттердин уюштуруучусу. 1895-ж. чыккан Г.Лебондун «Көпчүлүктүн психологиясы» эмгегинде «көпчүлүккө кошулган адам интенсивдүү иштейт» – дейт. Көпчүлүккө анонимдүүлүк – жоопкерсиздик жана тез кабыл алуучулук тиешелүү. Демек, Г.Лебон массанын активдүүлүгүн, мүмкүнчүлүгүн, чондугун толук баалаган эмес. Ал «Жылып жүрүүчү көпчүлүк» массалык басма сөз каражаттарын коркунучтуу деп эсептебейт. Г.Лебонго таянган бүгүнкү айрым теоретиктер «көпчүлүктүн» төрт тибин көрсөткөн: 1) оппозициялык (кокустан чогулгандар); 2) конвенциалдык (белгилүү себеп менен чогулгандар); 3) экспрессивдүү (эмоциялык абалга таянган, кубанган же тескерисинче); 4) аракеттеги (агрессивдүү, кыйкырык-чуу менен). В.И. Ленин «Эмне

кылуу керек?» эмгегинде, «массанын стихиялуу аң-сезимин уюшулган деңгээлге жеткирсе болот» – деген. Г.Тарддын «*Коом*дук пикир жана көпчүлүк» деген классикалык эмгегинде «көпчүлүктүн» индивиддердин өз ара байланышынын мүнөзүн «тууроо механизми» катары ачат. Г.В. Плеханов муну сындап, ошол механизмге каршы турган социал-психологиялык, саясий мүнөздөгү фактыларды коёт. Ушул «Б.» жана «К.» феноменин изилдөөдө Фрейд жана Юнг «коллективдүү аң-сезимдүүлүктү» ачып, «К.» менен «Б.» маселеси гипноздук мүнөзгө ээ дешет. Саясат таануу, психология, социалдык психологияда «Б.» жана «К.» боюнча изилдөөлөр али бүтө элек.

«БАБУР-НААМА» («Бабур-намэ») – султан Бабурдун өмүр баянын жана 1493–29-ж. Борбордук Азия, Афганистан, Түндүк Индиядагы тарыхый окуяларды камтыган китеп. «Б-Н-нин» автору Бабур Захиреддин Мухаммед (1483–1530). Ал Улуу Моголдор мамлекетинин негиздөөчүсү, кадимки Темир-Аксак тукумунан болгон. Анын мамлекети азыркы Кабулдан Бенгалияга чейинки кеңири аймакты ээлеген. Чыгармалары орус тилинде «Б.-Н.» (1958) жана «Лирика» (1957) жарык көргөн. Буга чейин 1948–49-ж. чыгармалар өзбек тилинде жарык көргөн. Өзүнүн көркөмдүк деңгээли боюнча да айырмаланган бул мемуардык эмгекте Бабурдун замандаштары жөнүндөгү чындык жымсалданбай, бурмаланбай ачык жазылган. «Б-Н-да» Кыргызстандын саясий тарыхына жана тарыхый географиясына байланыштуу маанилүү маалыматтар арбын кезигет. Андан Ош шаарынын коомдук-саясий турмушу жөнүндө кеңири маалымат алууга болот. Бул китепте Түштүк Кыргызстандын тоолуу аймагын мекендеген кыргыздын чогорок уруусу тууралуу да айтылган.

БАГА («Baga») – байыркы жана орто кылымдардагы Кыргыз *каганат*ында аскердик-административдик башкаруу титулу катары маалым болгон. Өөк Тарлактагы (Тува) кыргыздарга таандык жазуу эстелигинде: «... Атым Эл Туган Тутук. Мен «теңри элимке элчи эртим, баг будунгка бек эртим...» – деген маалыматтар бар. Мындан бек Эл Туган Тутук бир аймактын жетекчиси, кагандын элчиси экендигин байкоого болот. Барлыктагы (Тува, Элегест) эстеликте: «...Йигин Алп-Туран алты баг будунда үч жыйырма жашымда адырылдым (айрылдым)...» – сыяктуу баалуу маалыматтар кездешет. Илтереш-каган өз амири менен Тоңйокукка («Юань чжен») «бойла бага таркан» деген титул ыйгарганы маалым. Байыркы жана орто кылымдардагы Кыргыз мамлекети административдик-аймактык жактан алты бирдикке («баг») бөлүнгөндүгү (азыркы маанисинде – аймак) тууралуу даректүү маалыматтар бар. Бүгүнкү Тувадагы Өөк Тарлактан табылган байыркы кыргыздарга таандык эстеликте: атым Эл Туган Тутук бен(мен). Теңири элимке элчиси эртим. Алты баг будунгка [элге, журтка] эр[тим]» – деген саптар жазылган. Анткени, эзелтеден аймактык-административдик бөлүнүштөр уруулук же этностук белгилерге карата аныкталып келери белгилүү. Багачы – мунгуш, моңолдор урууларынын курамдарындагы уруктар катары да белгилүү.

БАЖЫ – бир мамлекеттен экинчи мамлекетке өткөрүлүүчү товарлардан алына турган өкмөттүк салык, мамлекет тарабынан жүргүзүлүп, жөнгө салына турган кээ бир тейлөө кызматтары үчүн алынуучу алым. «Манас» эпосунда Б. көбүнесе кытай кандары элден зордоп казынага чогулткан мал катары сүрөттөлөт:

Бажыдан жыйган түмөн мал,
Казыналык түмөн мал,
Кастык кылып бу бурут,
Алганы жүргөн кези экен (СК, 1. 118).

БАЖЫ БИРИМДИГИ жана Орусия, Беларусь жана Казакстан Бирдиктүү экономикалык мейкиндиги – 2007-ж. 6-октябрындагы Орусия, Беларусь жана Казакстан мамлекеттеринин ортосундагы болгон Келишимге ылайык Бажы биримдиги түзүлгөн, анын негизги максаты экономикалык интеграция болуп саналат.

Бажы биримдигинин калыптанышы бирдиктүү бажы аймагынын түзүлүшүн талап кылат, ал аймакта атайын коргоочу, демпингге каршы жана компенсациялоочу чаралардан башка бажы алымдары жана экономикалык мүнөздөгү чектөөлөр колдонулбайт. Бажы биримдигинин алкагында бирдиктүү бажы тарифи (Бажы биримдиги-Т) жана бардык үч өлкөдө товарларды сатууну жөнгө салуунун башка бирдиктүү чаралары колдонулат.

Бажы биримдигинин Жогорку органы болуп мамлекет башчыларынын жана өкмөт башчыларынын деңгээлиндеги Мамлекеттер аралык Кеңештер саналат. Бажы биримдигинин Комиссиясы Бажы биримдигинин дайыма иштөөчү бирдиктүү жөнгө салуучу органы болуп эсептелет.

2009-ж. Бажы биримдигинин Жогорку органы, Бажы биримдигинин Комиссиясы жана тараптардын өкмөттөрү Бажы биримдигинин келишимдик-укуктук базасын калыптандыруунун аягына чыгаруу боюнча бир топ иш-чараларды өткөрүшкөн, алардын ичинде Бирдиктүү бажы тарифи, Бажы кодекси, Бажы биримдигинин Сотунун статусу сыяктуу документтер бар.

ЕврАзЭСтин мамлекеттер аралык Кеңешинин чечими менен 2010-ж. 1-январынан тартып Орусия, Беларусь жана Казакстандын ортосунда Бажы биримдиги иштей баштаган.

Маалымат үчүн: 2010-ж. жазында Бажы биримдигине катышкан өлкөлөрдүн жетекчилигинин ортосунда айрым пикир келишпестиктер келип чыккан жана 2010-ж. 28-майда ОФтин Өкмөтүнүн төрагасы Бажы биримдиги Беларусь Республикасынын катышуусуз эле иштеп баштайт деп билдирген.

2010-ж. июнь айында Беларусь Республикасы ОФ менен Казакстан Республикасынын аймактарында колдонула баштаган Бажы биримдигинин Бажы кодексинин күчүнө кириши менен Бажы биримдиги үч форматта иштейт деп тастыктаган. 2010-ж. 6-июлунда Бажы кодекси Бажы биримдигинин бардык аймактарында күчүнө кирген.

2011-ж. 1-апрелинен тартып, Орусия менен Белоруссиянын ортосундагы мамлекеттик чек арада транспорттук көзөмөл жоюлган. Ошондой эле Орусия, Казакстан жана Белоруссиянын чек араларында бажы көзөмөлү жоюлган жана ушуга байланыштуу бажы жана транспорттук көзөмөлдөр Бажы биримдигинин чек араларынын тышкы сызыгына жылдырылган.

2012-ж. 1-январынан тартып «үчилтик» интеграциянын терецирээк деңгээлине өтүшкөн – товардын, тейлөө кызматтарынын, капиталдын жана жумушчу күчтөрдүн эркин жүгүртүлүшүн, укуктук ченемдердин шайкештигин, макулдашылган салык, акча-насыялык, валюта-каржылык, соода жана бажы саясатын жүргүзүү каралган Бирдиктүү экономикалык мейкиндик (БЭМ) ачылган. Ошол эле мезгилде Евразия экономикалык комиссиясы (ЕАЭК) иштей баштаган, буга Бажы биримдигинин жоюлуп кеткен Комиссиясынын кызматы өткөн. ЕАЭК улуттар аралык орган болуп саналат жана анын чечимдери «үчилтик» үчүн милдеттүү мүнөзгө ээ.

ЕАЭКнын коллегиясынын төрагалыгына ОФтин Өнөр жай жана соода министри В.Христенко дайындалган. ЕЭБнын Кеңешине Бажы биримдигине мүчө-мамлекеттердин вице-премьерлеринин деңгээлинде бирден өкүл кирген. Комиссиянын коллегиясы тогуз мүчөдөн турган (ар бир өлкөдөн үчтөн) туруктуу иштөөчү кесиптик-аткаруучу орган болуп калган.

ЕАЭКнын калыптануусу ЕврАзЭСти реформалоо жолунда жана Евразия экономикалык биримдиктин түзүлүшүнүн жана 2015-ж. тартып иштей турган Евразия экономикалык биримдиктин түзүлүшүнө карай бирден бир негизги кадамы болуп калган.

2011-ж. 12-апрелинде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Бажы биримдигине кирүүгө даяр экендиктери тууралуу расмий түрдө жарыялаган. Бажы биримдиги ар бир мүчө-мамлекет өзүнүн тышкы соода режимин олуттуу түрдө өзгөртүүгө жана улуттук мыйзамдарды, ошондой эле Бажы биримдигинин алкагында кабыл алынган документтерди талдоого мүмкүнчүлүк берет.

2011-ж. 19-октябрында ЕврАзЭСке мүчө-мамлекеттердин башчыларынын Мамлекеттер аралык Кеңешинин кезектеги жыйынында ЕврАзЭСтин алкагында Кыргызстандын Бажы Биримдигине кошулуусу тууралуу чечим кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдында Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигине биригүүсү боюнча ведомстволор аралык комиссия түзүлгөн. Ал комиссия тарабынан республиканын ички рыногу үчүн

таасирдүү болгон товардык позицияны жана экономиканын секторлорун, экономикалык кызыкчылыктарын сактоону эске алуу менен биригүүнүн шарттары боюнча сүйлөшүүлөр позициясы иштелип чыгууда.

Мындан сырткары, 2012-ж. 25-апрелинде ЕАЭКнын Кеңешинин чечими менен Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигине кирүү маселелери боюнча Жумушчу топ түзүлгөн, бул топ жогоруда аталган Комиссия менен бирдикте Кыргыз Республикасынын Бажы биримдигине мезгил-мезгили менен биригүүсүнүн иш-чаралардын тийиштүү планын иштеп чыккан.

Планга 2012–2013-жж. аягына чейин жасалуучу иш-чаралар киргизилген. Үстүбүздөгү 2013-ж. кыргыз тарабы аталган планга ылайык ЕАЭКне Бажы биримдигинин келишимдик-укуктук базасына ылайыктоо үчүн улуттук мыйзамдардын талдануусун сунуштаган, алардын ичинде Бүткүл дүйнөлүк соода уюмунун алдында бажы тарифтери боюнча Кыргыз Республикасы менен Орусиянын милдеттеринин салыштырма талдоосу, ошондой эле ченемдик укуктук актылардын жана эл аралык келишимдердин пакетин сунуштаган. Аталган пландын максаты 2013-ж. аягына чейин Бажы биримдигинин келишимдик-укуктук базасына Кыргыз Республикасынын биригүү процесси боюнча Жол картасын даярдоо болуп саналат.

Бажы биримдигине кирүүнүн Жол картасы Кыргызстанда чоң кызыгууну пайда кылып, биздин өлкөгө берилүүчү жеңилдиктер жөнүндө кызуу талкуу башталган. Ага кирүүдөгү оң жана терс жактары коомчулукта ар түркүн мамилелерди калыптандырган. 2013-ж. декабрында Москвада болгон бул уюмдун кезектеги жыйынында Арменияны уюмга кабыл алуу оң чечилип, ал эми Кыргызстанды катыштырбай туруп эле Москва тарабынан жактырылган шарттар менен биздин өлкөнү бул уюмга кабыл алуу сунушталган. Президент А.Атамбаев буга каршы пикирин айтып, жеңилдиктерди берүүнү сураганына байланыштуу Кыргызстандын бул уюмга кирүү маселеси 2014-ж-га калтырылган.

Бул уюмдун алкагында Орусия тарабынан жалаң эле бажы маселелери эмес, жалпы эле тышкы чек ара маселелерине кийлигишүү аракеттери болуп атканы Н.Назарбаев менен А.Лукашенкону тынчсыздандырып, алардын Москвадагы жыйын учурунда улуттук эгемендүүлүккө доо кетүү коркунучу жөнүндө билдирүү жасашына түрткү болгон. Орусия менен Казакстандын БДСУга кирүү алдында турганы жана Кыргызстан мурдатан эле бул соода уюмуна мүчө экендиги да Бажы биримдиги үчүн олуттуу тоскоолдук болууда. Бажы биримдигине постсоветтик республикаларды «күчтөп» кийирүү аракеттери айрым серепчилер тарабынан Орусиянын Советтер Союзун толук болбосо да, калыбына келтирүүгө багытталган жаңы шовинисттик аракеттери катары бааланууда.

БАЖЫКАНА (түрк. тамга – tamoja) – чек ара аркылуу жүктү, инсандарды өткөрүүдө эсеп жана көзөмөл жүргүзүп туруучу мамлекеттик мекеме. Б., адатта, чек ара пункттарында, аэропорттордо, темир жол, деңиз жана дарыя вокзалдарында жайгаштырылат да, ошолор аркылуу товарды жана *мүлктү* алып өтүп, ошондой эле бир өлкөдөн экинчисине каттаган инсандар жана чет өлкөдөн келгендер ошолор аркылуу өткөрүлөт. Б-нын функцияларына төмөндөгүлөр кирет: бажылык көзөмөлдөөнү ишке ашыруу, белгиленген бажылык алымдарды жана жыйымдарды кошуп эсептөө жана алуу болуп саналат. Аларга чек ара аркылуу өткөн жүктөрдү, жеке инсандарды текшерип кароо милдети тапшырылат. Белгилүү бир өлкөдөн экинчисине алып бара жаткан маданий жана тарыхый баалуулуктарга, түрдүү жасалгаларга, буюмдарга, картиналарга көзөмөлдүк кылат. Бажылык мыйзамдын талаптарын бузуучуларга каршы күрөшүү – Б-нын башкы милдети болуп саналат.

БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ – товар-акча катыштарына, менчиктин ар кыл формаларына, өндүрүп-чыгаруулардын жана жарандардын эркин атаандаштыгына негизделген улуттук экономиканын уюштуруу тутуму. Анын алкагында төмөндөгүдөй негизги базарлар калыптанат: товарлар жана тейлөө иштери; эмгек, финансылык ресурстар; жерди пайдалануу. *Мамлекеттик жөнгө салуу* даражасы боюнча базар моделди, либералдык модель жана социалдык нукка багытталган модель (экономиканын өнүгүшүнө мамлекеттин бир кыйла кийлигишүүсү менен) болуп ажыратылат. Варианттардын кыйла көптүгүнө жана өзүнчө мүнөздүүлүгүнө карабастан, азыркы кездеги Б. э-нын башкы принциптери катары анын көп кырдуулугу, мамлекеттин активдүү кийлигишүүсү, экономикалык өсүштүн негизи катарында жогору өнүккөн технологияны пайдалануу болуп саналат. Базар тутумунда ишкердиктин эркиндиги, кесипти жана керектөөнү тандоо мүмкүнчүлүгү иш-аракетте болот. Тандоонун негизине ишкерлердин жана керектөөчүлөрдүн экономикалык кызыкчылыктары кирет. Ишкерлер пайда табууну колдон келишинче арбытууга, керектөөчүлөр болсо зарыл товарларды көбүрөөк чыгарып жана тейлөө иштерин жакшыртуу аркылуу пайда алууну оптималдаштырууга умтулушат. Кызыкчылыктардын келип чыгышы, атаандаштыктардын күчөшү, базар алкагындагы карым-катнаштардын калыптануусу аркылуу байкалат.

БАЗАРДЫ мамлекеттик жөнгө салып туруу – субъектилердин базарда чарбакерчилик иштеринин жүрүшүн мамлекеттин жөнгө салып туруусу. *Салык, бюджет*, инвестициялык, валюталык-финансылык, илимий-техникалык *саясат* аркылуу жеке менчиктин бардык формаларындагы коомдук өндүрүштүн келечекте өнүгүшүнө таасирин тийгизиши, эл аралык беделди жана тышкы экономикалык байланыштарды бекемдөө максатында ишке ашырылат.

БАЙТИК баатыр Канай уулу (1817–20, Ала-Арча капчыгайы – 5.3.1886, азыркы Байтик айылы) – солто уруусунун чоң манаптарынын бири. Б. калк арасында зор урмат-сыйга бөлөнгөн, эл башчысы, акылман жетекчи, баатыр болгон. Кыргыз жергесин Кокон хандыгынын эзүүсүнөн куткарыш үчүн күрөшкөндөрдүн катарында болуу менен, ушул жердеги башчы Рахматулла датканы жок кылууну уюштургандардын башында турган. Ал өз мезгилинде алысты даана көрө билген саясатчы катары, татаалдашкан кырдаалды так баамдап, өз табынын, элинин кызыкчылыгын коргогон. 1860-жж. Кокон хандыгына каршы күрөшкө көтөрүлгөн солто элин баштап 1862-ж. Пишпек сепилин алууга жана талкалоого активдүү катышкан. 1863-ж. Верныйдагы (Алматы) полковник Колпаковскийге кайрылган: «Биз Кокон хандыгынын эзүүсүнөн тажап бүттүк, Орусияга кошулууну туура таптык». 1863–65-ж. генерал Черняевдин жүрүшүнө катышып, анын жигиттери Мерке, Олуя-Ата, Чымкент сепилдерин алууга зор көмөк көрсөтүшкөн. Падышачылыкка берилгендиги үчүн Б. Анна тасмасына тагылган чоң алтын медалга, III даражадагы Станислав орденине татыктуу болгон. Өз элинин үрп-адаттары, салт-санаасына таянуу менен түндүк кыргыз урууларын бириктирүүгө аракет жасаган. Бул максатта Талас, Чүй жана Кемин өрөөндөрүндө болуп, уруу башчылары менен келишим жүргүзгөн.

БАКИЕВ Курманбек Салиевич – Кыргыз Республикасынын экинчи качкын *президенти*. 1949-ж. 1-августа Сузак районун Масадан айылында туулган. 2005–2010-жж. Кыргыз Республикасынын президенти. 2000-ж. 21-декабрдан 2002-ж. 22-майга чейин Кыргыз Республикасынын премьер-министри. 2004-ж. Кыргызстан Элдик кыймылын жетектеген. Президенттик бийликке 2005-ж. 24-мартындагы «Элдик ыңкылаптын» («Жоогазын ыңкылабынын») жеңишинин аркасында келген. Революциянын алгачкы сааттарында президенттик милдетти И.Кадырбеков аткарган, андан соң бул кызматты К.Бакиев аркалап калган. 2005-ж. 10-июлда президент болуп жалпы элдик тикелей шайлоонун натыйжасында шайланган.

Бакиевдик кландык жана үй-бүлөлүк-кылмыштуу башкаруу тутумунун пайда болуу жана бекемделүү тарыхын үч баскычка бөлүп карoого болот. Президент К.Бакиев 2005-ж. 24-марттагы ыңкылаптан кийин кыргыз коомунун саясий системасында эгемендиктин он беш жыл аралыгында бекем орноп калган акаевдик-авторитардык саясий режимди эч өзгөрткөн эмес. Саясий режим авторитардык бойдон кала берген, андагы кызмат орундарын ээлеген адамдар гана алмашкан: акаевчилер кетип, алардын ордун толугу менен эми бакиевчилер басышкан. Бакиевдик жарым-криминал

саясий режимдин пайда болушун жана бекемделишин негизинен төмөнкүдөй үч баскычка бөлүп кароого болот.

1-баскыч. 2005-ж. 24-мартынан 2007-ж. 16-декабрына чейин – жогорку мамлекеттик кызмат орундарына саясий төңкөрүштө «эмгеги сиңгендердин», негизинен түштүк кландын өкүлдөрүнүн жана Бакиевдердин ишенимине киргендердин келиши.

Саны жагынан анча деле көп эмес, март ыңкылабына чейинки региондордогу күрөштөрдө өзөрлүгү, жигердүүлүгү жана акчалай колдоосу менен иргелген аталган үч топтун өкүлдөрү, жогоруда Т.Сариевдин эскерме китебинде айтылгандай, 24-март күнү кечинде эле чогулушуп, Бишкек кароосуз калганына карабай, түнү бою ич ара мамлекеттик жогорку кызмат орундарын бөлүштүрүп башташкан. Ушундан улам, Акаевдик авторитаритардык режимди андан ары бекемдөө боюнча Бакиевдин багыты төңкөрүш болоор замат эле башталган десек туура болот. Ушул 1-баскычты мүнөздөгөн айрым бир көзгө урунтуктуу саясий өзгөрүүлөргө токтололук.

Акаевдик режимге каршы күрөшүп жүргөн мезгилдерде эле К.Бакиевдин оппозициялык ишмердигине «ичи чыкпаган», ага улуттук лидер катары анча ишенбестигин ошондо эле ачык билдирип жүргөн Ө.Текебаевдин парламенттин спикери болуп турушу Бакиевдердин, жалпы эле Ү.Сыдыков башкарган түштүк кландын алдым-жуттум пландарын ишке ашыруусуна тоскоол болгон негизги бөгөттөрдүн бири болгон. Ушундан улам, 2006-ж. 2-мартта өз эркы менен спикерликтен кеткен Ө.Текебаевдин ордуна Парламенттин төрагалыгына А.Акаевдин бийлигинин тушунда Улуттук банктын башчысы, Каржы министри болуп иштеген М.Султановдун келиши Бакиевдердин бийлигинин бекемделиш жолундагы орчундуу иш чаралардан болгон.

Ыңкылапка чыккан элдин, дегеле акаевдик үй-бүлөлүк террорго каршы болгондордун негизги талаптарынан болгон өлкөнүн президентинин бийлик-укуктарын кескин чектей турган жаңы Конституциянын кабыл алынышынын эми ар кандай шылтоолор менен улам кийинки мөөнөттөргө жылдырылышы Бакиевдик кландык башкарууну орнотууга зарыл болгон ыңгайлуу шарттарды түзүп берген. Тескерисинче, коомчулук талап кылган жаңы Конституция тезинен кабыл алынып калганда, анда Бакиевдик авторитаризмди орнотуунун укуктук негиздери болмок эмес.

Бакиев-Кулов тандеми мамлекеттик бийликтин бир адамдын колуна же жалаң эле түштүк кланынын айланасында топтолушуна жол бербей турган, коомчулуктун пикиринде түндүк менен түштүктү тең салмактап туруучу иштиктүү механизм катары кабылданган. Ф.Куловдун премьер-министрлик кызматтан кетиши менен президент К.Бакиевдин экономикалык жана кадр маселелерин жеке кызыкчылыгында чечүүгө таасири күчөп, мүмкүнчүлүктөрү кеңейген. Ал эми Ф.Куловдун ордуна премьер-министри болуп келген А.Исабековдун болгону эки ай – 2007-ж. 29-январынан 29-мартына чейин иштегени алигиче түшүнүксүз. Кантсе да 2007-ж. 29-мартта А.Атамбаевдин премьер-министр болуп калышы Бакиевдердин бийлигинин андан ары бекемделишине алып келген.

2007-ж. 14-сентябрдагы чечими менен баягы эле Ч.Баекова жетектеген Конституциялык Сот Конституциянын 2007-ж. 16-январынан баштап күчүнө кирген редакциясын токтотуп, 2003-ж. 18-февралындагы Конституцияны күчүнө киргизгени, өзгөчө 2007-ж. 21-октябрындагы жалпы элдик референдумда Президент сунуштаган баш мыйзамдын долбоорунун «жактырылышы» анын бийлигин ого бетер кеңейтип, өлкөдө авторитардык саясий режимди орнотуунун укуктук негиздерин толугу менен түзүп берген.

2-баскыч. 2007-ж. 16-декабрынан 2009-ж. 26-октябрына чейин – президент К.Бакиевдин бир туугандары тарабынан өлкөдөгү бардык кызматтардын жана бизнестин үстүнөн толук бийлөөчүлүктүн орношу, күч органдарынын оппозициялык көз карашка карата басымынын күчөшү. «К.Бакиевди бийликке биз алып келгенбиз» дегендердин, дегеле 24-марттан баштап жогорку бийликти бөлүшкөндөрдүн эми Бакиевдин бир туугандары тарабынан сыртка сүрүлө баштаганы байкалган.

Бакиевдин бир туугандарынан жана аларга өтө берилген адамдардын кичине тобу тарабынан 2007-ж. 16-декабрында өткөн кезексиз парламенттик шайлоонун жыйынтыктарынын тарыхта болуп көрбөгөндөй жана акылга сыйбагандай бурмаланышы, анын жыйынтыгында «чөнтөк» парламенттин пайда болушу аларды эрдемсинтип, бийик дымак берип, мындан ары мамлекетти бир туугандар эле башкарсак болот экен да деген алардагы ишенимди бекемдеген. А.Акаевдин учурунда шайланган Жогорку Кеңешти таркатуу менен бир далай саясий оппоненттерин алсыратып, референдум аркылуу Конституцияга өзгөртүүлөрдү кийирип президенттин бийлик-укуктарын кескин көбөйтүп, бийликтин үч бутагына тең жалаң эле өзүнө берилген адамдарды кызмат орундарына дайындоо менен президент К.Бакиев өзүнүн жана өз үй-бүлө мүчөлөрү менен жакын тууган-досторунун бийлигин мамлекетте толук орнотконго жетишкен.

Парламенттин Төрагалыгына А.Мадумаров, анын орун басарлары болуп Ч.Баекова, К.Исабеков жана А.Турсунбаевдер келишкен. Саясат талдоочулардын баамында, булар, Бакиевдердин авторитардык бийлигинин кызыкчылыгындагы мыйзамдарды кабыл алып берүү менен гана чектелбестен, өлкөдө монархиялык башкаруунун укуктук негиздерин орнотуудан да кайра тартпай турган адамдардан болгон. Бирок, бул «чөнтөк парламент» мөөнөтү бүткөнчө иштеген эмес, 2010-ж. 7-апрелдеги окуялардан кийин таркатылган. Өкмөт башчысы болуп 2007-ж. 24-декабрынан 2009-ж. 21-декабрына чейин И.Чудинов иштеген. И.Чудинов Кумтөр боюнча кен саткан келишимге 2009-ж. 24-апрелде кол коюп, ал үчүн, А.Атамбаев айткандай, М.Бакиевге Кумтөрдөн 1 млрд доллар пара өндүрүп берген.

2009-ж. 23-июнда мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоо өткөрүлүп, К.Бакиев жалпы катышкандардын 90% добушун алып экинчи мөөнөткө өз бийлигин узарткан. 2009-ж. 2-августтагы инаугурациядан баштап ал президенттик кызматты аткарууга киришкен. Ушундан тарта К.Бакиевдин жана анын бир туугандарынын бүтүндөй өлкөнүн чегинде өзүм билемдиктери күчөгөн. Алардын арасынан Мамлекеттик күзөт кызматынын башчысы, президенттин иниси Жаныш Бакиев менен баласы Максим Бакиевдердин таасирлери өзгөчө күчтүү болгон. Улам барган сайын ушул экөөнүн ортосундагы тымызын атаандаштык курчуп отуруп, акыры ачыктан ачык каршылашууга алып келгенин серепчилер далилдерди келтирүү менен жазып чыгышкан. Ал экөө өздөрүнүн кыймыл аракеттеринде президент К.Бакиевди көздөрүнө анча деле илбей калгандай маанай түзүлгөн.

3-баскыч. 2009-ж. 26-октябрынан 2010-ж. 7-апрелине чейин – Максим Бакиевдин ӨИИБА же ЦАРИИнин жетекчилигине дайындалышы менен мамлекеттик бийликтин негизги рычагдарынын жана акча агымдарынын анын колуна өтүшү. Ошентип, бир туугандардын бийлик жана байлык үчүн болгон кыл чайнаган кармашуусунда президенттин уулу Максим Бакиев жеңип чыккан. 2009-ж. 26-октябрындагы «Кыргыз Республикасынын Президентинин ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун камсыз кылуу боюнча иш чаралар» жөнүндөгү Президенттин №443-Жарлыгы менен түзүлгөн «Өнүктүрүү, инвестициялар жана инновациялар» боюнча борбордук агенттик (ӨИИБА) түзүлүп, ага М.К. Бакиев жетекчи болуп дайындалганы Бакиевдик кылмыштуу саясий режимдин логикалык туу чокусу жана К.Бакиевдин жеке саясий карьерасынын кыйрашынын башталышын айгинелеген көрүнүш катары тарыхка кирген.

Мамлекеттик бийликтин үч бутагы толугу менен эми Максим Бакиевге башын ийип калган. Атасынын мураскери катары таанылган Максим анын кызматтан кетишин күтүп отурбастан, атасын каратып туруп эле негизги бийлик тизгинин өз колуна тездик менен ала баштаган. Өзгөчө, 2009-ж. 21-декабрынан премьер-министрлик кызматка Д.Усеновдун дайындалышы менен Кыргыз өкмөтү ЦАРИИнин бир бөлүмүнө айланып, Д.Усенов, Н.Түлеев, Н.Сулайманов, О.Малеваная ж.б көптөгөн жогорку кызматтагылар Максимдин «чап Басакелери» болушуп, башкалары Е.Гуревич түзүп берген коррупциялык схемалар аркылуу «Азияуниверсал», «Манас» банктары жана

MGN групптун мүмкүнчүлүктөрү менен чет өлкөлөрдө жайгашкан оффшордук эсептерге накталай акчаларды которуп башташкан.

2010-ж. 1-январынан тарта электр энергиясынын баасы карапайым эл үчүн эки эсеге өскөн, уюлдук телефонду пайдалангандарга ар бир чалганы үчүн 60 тыйын кошумча баа киргизилген. 2010-ж. 25-мартындагы Өкмөттүн чечими менен «Кумтор Голд Компани» ЖАКсыга мурда берилген жер участогуна кошумча жер казынасын геологиялык изилдөө жана пайдалуу кендерди иштетүү үчүн аянты 16330,8 гектар болгон жер участогун кайра каралган Концессиондук келишимдин күчүнүн мөөнөтүнө (б.а. 2042-ж. 4-декабрына чейин) убактылуу пайдалануу берген. 2010-ж. 11-мартта «Азаттык» радио берүүсү, ал эми 15-мартта «БиБи-Си» радио берүүсү жабылган.

2009-ж. 13-мартта белгилүү мамлекеттик ишмер, саясатчы М.Садыркулов жана анын жолдоштору С.Слепченко менен К.Сулаймановдор Бакиевдердин кланы (Жаныш менен Максим Бакиевдер) тарабынан мыкаачылык менен өлтүрүлгөн. 2009-ж. 23-августта К.Бакиев мөөнөтүнөн мурда Кыргыз Республикасынын Президентинин экинчи мөөнөтүнө шайланган. 2010-ж. 6-7-апрелиндеги бакиевдердин үй-бүлөлүк башкаруусуна каршы элдик толкундоолор ыңкылапка өсүп чыгып, 7-апрелде Ала-Тоо аянтындагы бийликтин ок атууларынан 87 киши каза таап, 1500 ашыгы жарадар болушкан. Бакиевдердин кланы Ак үйдөн түнү менен качып, 8-апрелде Жалал-Абадга келишкен. Президенттик бийликти өткөрүп берүүдөн баш тартып, К.Бакиев мамлекеттин борборун Бишкектен түштүккө (Жалал-Абад же Ошко) көчүрүү маселесин көтөргөн. 2010-ж. 15-апрелде Убактылуу Өкмөттүн жетекчиси Р.Отунбаеванын макулдугу менен Н.Назарбаев жиберген учакка түшүп К.Бакиев өзүнүн экинчи үй-бүлөсү менен Жалал-Абаддан Казакстандын Тараз ш. келген. 2010-ж. 16-апрелде ушул шаардан туруп Кыргыз Республикасынын президенти кызматынан баш тарткандыгы жөнүндө арызын жазып берген.

2010-ж. 19-апрелден тарта К.Бакиев өз үй-бүлөсү жана башка жакын туугандары менен Беларусь Республикасында жүрөт. 2010-ж. 21-апрелде Минскдеги КМШ аткомунун имаратынан берген интервьюсунда К.Бакиев 5 күн мурун жазган президенттик бийликтен кетүү жөнүндөгү арызын таанылбай тургандыгын билдирген. 27-апрелде Убактылуу Өкмөт К.Бакиевди президенттик бийликтен кетирүү жана кол тийбестик макамын алып таштоо жөнүндөгү Декрет кабыл алган. 2010-ж. 6-майда Кыргыз Республикасынын Баш прокуратурасы К.Бакиевди артка кайтарып берүү жөнүндө Беларусь Республикасына талап жиберген, бирок бүгүнкү күнгө чейин аткарылбай келүүдө. 2014-ж. 5-апрелде Биринчи май райсоту британ бизнесмени Шон Дейлдин өмүрүнө кол салууну уюштургандыгы үчүн К.Бакиевди 25 жылга эркинен ажыратууга өкүм чыгарган.

БАКШЫ – өткөн кыргыз коомундагы өзгөчөлөнгөн социалдык топтун өкүлү. Элдик илим-билимдерден кабардар, кат тааныган бакшы-шамандар *коомдун* алдыңкы катмарында турушкан. Боло турган окуяларды алдын-ала билүү касиетине эгедер Б-лар кыргыз каганда-рынын жакын жардамчылары болушкан. Айрым маалыматтарга караганда Б-лык кесип атадан-балага мурас катары өтүп турган. Бакшы-шамандар өзгөчөлөнгөн тектүү уруулардын ичинен чыккан. Мис., байыркы кыргыздарда бакшы-шамандардын көпчүлүк бөлүгү мангыт («манги» – аюу маанисин берет) уруусунан чыгышкан. Кыргыз, казак, көчмөн-өзбек, кара калпак, түркмөндөргө – «бакшы», монгол тилдүү элдердеги – «бөө», тунгус-манжур тилдүү ж.б. элдердеги «шаман», Саян-Алтайдын түрк тилдүү элдериндеги – «кам» (кям) терминдери мааниси бир тектеш сөздөр. «Бахши» термини санскрит тилинен келип кирип, «катчы», «кат тааныган билимдүү адам» маанисин туюнткан. Бул термин байыркы кытай тилине санскриттен «бао-ши» формасында өтүп, мааниси «окутуучу», «устат» дегенди аныктаган. «Пахшы» – санскритче «кечил» (монах) дегенди да туюнткаңы маалым. Ал эми түркмөн тилинде «багшы» – ырчы, дастанчы, санжырачы маанилерин берет. Мындан сыртқары, «багшы» деген наамды түркмөндөрдүн уруу башчылары да алып жүрүшкөн. Хива хандары түркмөндөрдүн атактуу уруу башчыларына «бакшы» титулун ыйгарышкандыгы маалым. Демек, «бакшы» термини билимдүү, кат тааныган, жетекчилик шыгы бар киши», «*шайтан*дарды» кубалап чыга турган сыяктанып, буркан-шаркан түшүп, жаалданган аракеттер менен эмдеп-домдой турган дарымчы. Өлкөдөгү башкы шамандын (бакшынын) милдети, негизги диний-ритуалдарды уюштуруп, ага өзгөчө маани берип өткөрүү шыбагасы кыргыз *каганы*на таандык болгон. Кыргыз каганы жамааттык диний каадаларды уюштуруп, алып баруу, жетектөө милдетин аткарган. Ал эми билими күчтүү шаман-бакшылар кагандын эң жакын жардамчы, кеңешчилеринен болушкан.

БАНКРОТТУК, БАНКРОТ болуу (итал. banko – отургуч, орундук, банк жана rotto – сынып талкаланган) – карызды төлөөгө жарамсыздыгы; жеке же юридикалык жактардын өздөрүндө каражаттардын жоктугунан карыздык милдеттенмелери боюнча тиешелүү карызын төлөөдөн баш тартуусу. Б. б. ишканалардын (фирмалардын, уюмдардын) иш-аракеттеринин токтолушуна же мажбурлоо менен алардын жоюлушуна алып келет да, кредиторлордун талабына ылайык карызды төлөп берүү үчүн алардын мүлктөрүн сатуу аркылуу ишке ашырылат. Айыгышкан атаандаштык, *инфляция* ж.б. банкротко учуроонун башкы себеби болушу мүмкүн. Экономикалык кризистердин мезгилинде мындай көрүнүш күчөйт жана *жумушсуздук*тун, ошондой эле терс көрүнүштөрдүн көбөйүшүнө алып келет. Ишкананын өз карыздарын такыр төлөй албай жоюлушу, анын толук кыйрап калышын айгинелейт. Мындай ишкананын карыздарды төлөп берүүгө укуктуу кредиторлору, мис., артыкчылыгы бар акциялардын менчик ээлери, өздөрүнүн капиталынын бир бөлүгүн гана жоготот. Жөнөкөй акциялардын ээлери алардын наркынан толук ажырап калышат. Жеке менчиктүүлүк же шериктештүүлүк шартында кредиторлор ишкананын ээлеринен жеке менчигинин эсебинен карыздарды төлөп берүүнү талап кыла алат. Ал эми кыйрап калган учурларда кредитчилер менен фирма ээлери өзүлөрүнө ылайыктуу келгидей (зыяндын ордун толуктоо) шарттары жөнүндө келишим түзүшү мүмкүн. «Банкроттук, банкрот болуу» термини, ошондой эле төлөй албашы, иш оңунан чыкпай калышы, пландын жана үмүттүн акталбай ара жолдо калышы сыяктуу түшүнүктөргө дагы пайдаланылат.

БАПТИЗМ (гр. – сууга салуу, сууга салып чокундуруу) – христиан чиркөөсүнүн диний ырым-жырымдарын танып, баланын кудайга ишенүүсү аң-сезимдүү түрдө болуу керек деп эсептешип, жаңы туулганда эмес, бойго жеткен куракта гана чокундуруу керек деген көз карашты колдогон XVIII к. протестантизмдин бир тармагы. Кыргызстанда эгемендик жылдарында Б-дик секта пайда болуп, анын катарында кыргыздар да бар экендиги жөнүндө маалыматтар бар.

БАСКЫНЧЫ – эл аралык укукта баскынчылык жасаган мамлекет. Эгер алар баскынчылыкка иш жүзүндө катышса, бир канча мамлекеттен турган топ дагы (мис., аскердик жардам келишими боюнча байланышкан) Б. катары каралышы мүмкүн.

БАСМА СӨЗ ЭРКИНДИГИ – *Кыргыз Республикасынын Конституциясында* (31-берене) кепилденген саясий эркиндиктердин бири. Ал мамлекеттик, коомдук уюмдардын жана чыгармачыл союздардын жеке адамдардын өз басма мекемелерин жана органдарын түзүүгө, ар кандай басмаларды чыгарууга, таркатууга, элдин таламдарына ылайык келген коомдук түзүлүштү оңуктүрүүгө көмөк көрсөткөн чыгармаларды жарыялоого укуктуулукту билдирет. Б. с. э. – жарандардын өлкөнү башкарууга, чарбалык жана мамлекеттик аппараттын бардык звенолорунун ишинин так, натыйжалуу болушун камсыз кылууга катышуусунун маанилүү формасы катары чыгат. Өнүккөн демократтык саясий режимдеги өлкөлөрдө *массалык маалымат каражаттары*н мамлекеттик бийликтин төртүнчү бутагы деп аташат. Чынында эле башкаруучу элитанын бийлигин көзөмөлдөө, коомдун алдында маалымдоо багытында Б. с. э. чоң мааниге ээ. «Алиби», «Асаба», «Де-факто», «Жаңы Агым» ж.б. ондогон эркин газета, тиркеме, журналдар бар. Алардын ишмердиги мыйзамга негизделген укуктук-эрежелерге ылайык жүргүзүлөт. 1994-ж. «Свободные горы» газетасы жабылгандан кийин, басма

сөз менен иштөө боюнча Президенттик аппараттын алдында атайын бөлүм – Коомдук палата уюштурулган.

БАСЫМ – экономикалык структураларга, саясий, социалдык институттарга, өкмөт органдарына таасир кылуу үчүн жасалган түз, кыйыр аракеттер. Б-дын субъектилери – топтор, басым көрсөткөн топтору, формалдуу топтор, кыймылдар. Структурасы: адегенде өз каалоосу менен чогулат (кандайдыр бир кызыкчылыкты коргоо үчүн), акырындап, иерархиялуу орган, уюм ж.б. айланат. Б. топтору *саясий процесстерде* элита, *партия, лидер,* коомдук ишмер менен бирдей эле маанилүү орунда турат.

БАСЫМ КӨРСӨТҮҮ ТОБУ – өз максатын ишке ашыруу үчүн атайын бийлик *институт*тарына басым көрсөтүүчү коомдук бирикме. Алгач АКШда пайда болуп, кийин бардык өлкөлөргө таралган. Б. к. т. – саясий, аймактык, локалдуу, трансулуттук болуп бөлүнөт. Саясий *плюрализм*ге негизделген системада топтор *саясий партия*лар, мыйзам чыгаруучулар, өкмөт кишилери, *бюрократия,* коомдук пикир аркылуу жасашат. Б. к. т-нун бар болушу бир жагынан саясаттын субъектилеринин көбөйүшүнө алып келет, же көп партиялуулукка кошумча катары эле башка жагынан, ири Б. к. т-нун ири монополиялык бюрократия менен кошулуп кетүүсү күтүлөт. Б. к. т-нун иштөө методдору: бийликтегилерге кат менен кайрылуудан демонстрацияга чейин. АКШ, Европада, Б. к. т-нун ишмердиги көзөмөлдөнөт. Натыйжада *М.Дюверже* айткандай, бул Б. к. т. кыймылын *коррупция*дан маалыматтыкка жеткирди. Ошону менен катар Б. к. т. күчөдү, б.а., АКШда агент-лоббисттер, атайын *бийлик*ке басым көрсөтүүгө даярдалат. Басым көрсөтүүгө катышуучулар тобокелге салышат, анткени жеңилип калган учурда аларды репрессия күтөт. Б. к. т. негизинен мамлекеттин – *саясий система*нын ичинде болот да, бюрократтык аппараттын өз ара атаандашкан (жердешчил, *клан,* этникалык ж.б.) звенолорун түзүшөт. Б. к. т-нун эл аралык саясатка тийгизген таасири аз изилденген. Бирок, Кытайда Б. к. т. же АКШда нефти өндүрүүдөгү Б. к. т. мамлекеттер ортосундагы мамилеге чоң таасирин тийгизери белгилүү.

БАТРАКТАР – бай-манаптарга жалданып, кара күчүн сатып жан багышкан, кыргыз коомундагы социалдык бөлүктөрдүн биринин аталышы. *Люмпен-пролетариат*тардан айырмаланып Б-дын үй-бүлөсү, анча көп болбосо да, мал-мүлкү, жери болгон. Октябрь революциясы жеңип, бийликке кедей-кембагалдар келгенде, байлардын байлыгын кайрадан бөлүштүргөндө, өзгөчө 1921–29-ж. жер-суу реформасынын жүрүшүнөн кийин, Б. мал-мүлккө, жерге ээ болушкан жана коллективдештирүү мезгилинде колхоздорго, айыл чарба артелдерине, коммуналарга биринчилерден болуп киришкен.

БАТЫШЧЫЛЫК – европалык баалуулуктарга жана *оппозицияда* турган өзүнчөлүккө, башкалардан бөлөкчөлүккө, Орусиянын саясий тагдырынын уникалдуулугуна – XIX к. ортосунда славянофилдик деп аталып, «падышанын чектелбеген жеке бийлиги, православие, народничество», кечирээк почвенничество формуласы менен аныкталгандарга каршы турган орус коомдук ойлоосу менен саясий идеологиясынын туруктуу багыты. Мындай кеңейтилген мааниде Б. А.И. Пыпин, М.О. Гершензон тарабынан талкууланып, Г.В. Плеханов, Н.А. Бердяев тарабынан эскертилген. Тар мааниде Б. – XIX к. 40–50-жж. орус коомдук ойлоосунун багыты. Ал Орусиянын өнүгүшү үчүн зарыл жана В.Г. Белинский, А.И. Герцен, Т.Н. Грановский, К.Д. Кавелин, Б.Н. Чичеринге таандык (кийинки эки автордо саясат таануунун дагы байланышкан маанилүү маселелер козголгон) нерсе катары батыш либерализминин баалуулуктарын негиздеген жана коргогон. Плехановго ылайык тарыхтагы Б. салты Киев Русунун колониялаштырган бөлүктөрүнүн каршы туруусу аркылуу XII-XIII кк. эле пайда болот. Негизи эле анын жалпы шарты же парадигмасы «Орусиянын тарыхы Батыш Европанын тарыхына окшошпу?» деген суроого келгенде «Орусиянын маңызы» жөнүндөгү көптөгөн талаш-тартыштын жүрүшүнө көрсөтмө орун алган. Б. нугунун идеялары менен орус агартуучулугу, П.Я. Чаадаевдин «Философиялык каттар» декабристтик кыймылы сугарылган. 40-ж. башына карай батышчылар менен славянофилдердин ортосундагы карама-каршылык аныкталган. Батышчылардын 1939-ж. агым ка-

тары калыптанган социалдык идеалы – конституциялык монархия жана европалык үлгүдөгү буржуазиялык *парламент.* Батышчыларга *оппозиция* катары эки жыл кийин калыптанган славянофилдер Орусиянын тарыхый жолунун өз алдынчалыгы үчүн күрөшөт. Батышчылар менен славянофилдердин ортосундагы талаш-тартыштардын борбордук фигурасы – Улуу Пётр. Б-тын чегинде XIX к. биринчи жарымында толук идеологиясы болгон эмес, анткени батышчыларды бириктирүүчү башталыш катары конструктивдүүрөөк социалдык идеалды издөөгө караганда көбүнчө славянофилчиликти тануу кызмат кылган. Тигилердин да, булардын да катарында либералдык жана орточо акылдын багытындагы консерватизмди тутунган адамдар болгон. Талкуулоо үчүн негизги аянт катары адабий сын кызмат кылган; жергиликтүү социалдык чындыктар батышчылар тарабынан дагы, славянофилдер тарабынан дагы эске алынган эмес. Революциялык демократ-тамырчыларга орун берип, дыйкандарды бошотуу жөнүндөгү реформаларды кабыл алуу менен тигилер дагы, булар дагы идеялык турмуштун авансценасынан 60-ж. башында кетишкен. Ага карабастан орус батышчылары жарандык эркиндикке негизделген *укуктук мамлекет*тин (ал тургай конституциялык монархиянын формасында) идеяларын иштеп чыгууга катышкан. Бирок Г.Федотов Б-ты анын «жалындуу тамырсыздыгы» менен интеллигенцияны түзүүгө жооптуу деп санаган, бул Орусияда гана мүмкүн деп баса белгилеген. Батышчылардан кийинки Б-тын формалары чоң ар түрдүүлүгү менен айырмаланат: мында революциялык демократтар, либералдар дагы, *марксизм*ди көбүрөөк кармангандар дагы, позитивизмди (илимдин культундагы, анын ичинде социалдык) кармангандар дагы народничествонун, *анархизм*дин жана «элдик социализмдин» көп агымдарына каршы болгондор дагы бар. Идеялык тарыхтын багыты катары кайра түзүлгөн Б. – дайыма жаңыланып турган анализдин, кеңири саясий резонанс жарата турган курч дискуссиялардын предмети.

XX к. Орусиядагы идеялардын тарыхы дагы жетишсиз иштелген; анализин гана эмес, жок дегенде «сменовеховчулар» (кайсы бир жагынан азыркы технократтарга окшош) менен «евразийчилердин» (Орусиянын өзгөчө жолун жаңыча түшүндүрө турган); урбанисттер менен кыштакчылардын ж.б. кагылышууларынын негизги маселелери менен таанышууну күтөт. Б-тын мотивдери А.Д. Сахаровдун идеяларына өзгөчө А.И. Солженицындын идеяларына катар коюу менен так каралып чыгат. «Орусиянын тагдыры» жөнүндөгү батыштык жана эмигранттык медитацияларга келгенде, алар өсүп бараткан популярдуулукка карабастан, бардык эле учурда эски идеяларды жаңыча интерпретациялап, оригиналдуулук менен айырмалана беришпейт. Б. идеялардын, анын ичинде саясий идеялардын нугунда – өз чечилишин күтүп аткан маселе. Жалпы адамзаттык баалуулуктарга басым жасалган жаңы саясий ойлоонун чегинде Б., Орусиянын өз алдынчалыгынын, анын «өзгөчө ролунун» ар түрдүү интерпретациясы сыяктуу эле жаңы, байыган маанини алат. Бул үчүн ал эң кеңири багыттар – саясий, маданий, нравалык баалуулуктарды сактоо жана өз ара байытуу боюнча Чыгыш менен Батыштын ортосундагы конструктивдүү диалог үчүн платформа түзөт. Б. жаңы импульстарды Фукуяманын «Тарыхтын аягы» макаласын кеңири талкуулоонун жыйынтыгында алды. Ал макалада бардык Жер шарында, биринчи кезекте Европалык континентте батыш саясий стандарттарын кабыл алуудан буйтап өтүү болбостугу көрсөтүлгөн. Мында *кайра куруу*ну бул багыттагы маанилүү кадам катары түшүндүрүшөт. Саясат таануучу Саква: «Кайра куруунун башкы темасы болуп СССРдин европалаштырылуусу эсептелет» деп жазат жана анын түшүнүккө карата таяныч белгилерин: «цивилизация», «дүйнөлүк коомчулук», «жолдогу жалпы жарандык тынчтуулар» ж.б. деп көрөт. Бирок бул жагдайда өлкөнүн ичиндеги «жогорку батышчылык» (Балтия аймагы) жана Батыш Европа менен АКШдагы кеңири социалдык демократияга карай жолдогу тынчтуулар кайсы бир жагынан Б-ка карата тенденцияларды карманат. Ушундан улам квазибатышчылар («русофобдор») менен квазиславянофилдердин («русофилдердин») ортосунда талаш-тар-

тыштардын жаңы учугу башталды. Анда көбүнесе «XXI к. Орусияны вестернизациялоонун» сөзсүз болоорлугу тууралуу проблеманы вульгаризациялашкан – эгерде ал улуу мамлекеттик түзүлүш катары калгысы келсе. Сакванын бул жобосу Орусияны өнүктүрүүнүн перспективаларына карата саясат таануучулардын типтүү позициясын чагылдырат. Аларга Орусия мамлекетинин евразиялык мүнөзүн көзгө илбөө жана бүтүндөй азыркы саясаттагы «чыгыш факторун» жетишээрлик баалай албоо таандык.

БАШКАРМА (дирекция) – акционердик укук боюнча акционердик коомдун коллегиалуу аткаруу органы. Коомдун уставынын, ошондой эле аны чакыруунун жана чечим кабыл алуунун мөөнөтү жана тартиби белгиленүүчү, директорлор кеңеши тарабынан бекитилген коомдун ички документинин (жобо, регламент же башка документинин) негизинде иш жүргүзөт. Акционерлердин жалпы чогулушунун, директорлор кеңешинин чечимдерин аткарат. Акционерлердин жалпы чогулушунун, директорлор кеңешинин өзгөчө компетенциясына кирбеген коомдун күндөлүк ишмердигин жетектөөнүн бардык маселелери Б-нын компетенциясына таандык. Б. ишеним катсыз эле коомдун атынан иш жүргүзөт, анын мүдөөлөрүн чагылдырат, анын атынан бүтүмдөрдү түзөт, штаттарды бекитет, коомдун бардык кызматкерлери үчүн милдеттүү болгон буйруктарды чыгарат, көрсөтмөлөрдү берет.

БАШКАРУУ – 1) тигил же бул иш-аракеттин багыты; 2) мекеменин (фирманын) белгилүү бир көздөгөн максатын ишке ашыруу үчүн пландаштыруу, уюштуруу, ынандыруу жана көзөмөлдөө процесси. Белгиленген максат менен шартталып, белгилүү бир тартипте жайгаштырылган элементтери бар түзүмгө ээ болгон тутум (ишкана, фирма, машиналар ж.б.). Б. иши төмөндөгүдөй ажыратылат: технологиялык процесстерди буюмдар менен Б., адамдар менен Б. – өндүрүштү Б. ж.б. Б. процесси тигил же бул максатка иштиктүү багыттоону жана жамааттын (машинанын) иштеринин эп келүүчүлүктөрүн камсыз кылуу зарылчылыгынан келип чыккан адам баласынын иш-аракеттеринин өзгөчө түрү болуп саналат. Максаттуу Б. белгилүү принциптер жана ыкмалар тутумдарын пайдалануунун негизинде Б. функцияларынын аткаруунун натыйжасында жетишилүүчү анын максаттары менен аныкталып белгиленет. Б-нун материалдык өзөгүн органдар (аппараттын болушу), кадрлар (жетекчилер, адистер, аткаруучулар) тутуму, Б. техникалары (жыйноо каражаттары, маалыматты берүү жана иштеп чыгуу) ээлейт.

БАШКАРУУНУН СТРАТЕГИЯСЫ – базар экономикасынын шартындагы, анын жалпы конъюнктурасынын туруксуз болуп турган учурундагы Б. с-нын ишкананын өндүрүш-чарбалык иш-аракетинин турукташына жана андан ары карай ийгиликтүү өнүгүшүнө жардам берүү ыкмаларынын бири. Ишкананын кирешесинин туруктуулугу башкаруу ишинин сапатына дагы байланыштуу. Базар мамилесинин нугунда жеткиликтүү ойлонулуп иштелген стратегиянын зарылчылыгы төмөндөгүдөй бир катар себептер менен аныкталат: *экономикадагы, инфляциядагы,* атаандаштыктагы түзүмдүк өзгөрүүлөр, экономика тармактарына мамлекеттик деңгээлде таасир этүү, фирмада жаңылануунун масштабынын өсүшү, продукциянын жаңы түрлөрүн өздөштүрүүгө капиталдык чыгымдар ж.б. Бул көрүнүштөр социалдык-экономикалык шарттардын кыйла өзгөрүшүнө алып келип, тобокелдикке салуу даражасы жогорулайт, акырындап ишкананын (фирманын) болгон иш-аракеттеринин келечегине түздөн-түз олуттуу таасирин тийгизет. Мына ушунун өзү өнүгүүнүн келечегин мүмкүн болушунча тагыраак божомолдоо зарылчылыгын аныктайт. Өзгөрүлүп жаткан шартты иликтөө жана келечектеги өнүгүүнүн башкы багытын тандоо базар шарттарындагы башкаруунун эң маанилүү маселеси болуп эсептелет. Ишкананын Б. с. өнүгүүнүн узак мөөнөттүү максаттарын жана кирешелүүлүктүн жогорулашынын факторлорун базардагы мүмкүн болуучу өзгөчөлүктөрдү эске алып аныктоого толук мүмкүнчүлүк түзөт. Б. с. ишкананын өнүгүшүнүн узак мөөнөттүү маселери чагылдырылып, ошону менен бирге аларды ишке ашырууга зарыл болгон каражаттар жана ресурстар айкын көрсөтүлөт. Демек, ишкананын потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрүн

жана тышкы шарттарын талдоонун негизинде өнүгүүнүн жаңы мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө, жаңы продукцияга, технологияга өтүүдөгү чараларды, Б. с., чарбалык *саясат* жалпысынан кандай болоорун ойлонуу талап кылынат. Башкаруунун стратегиялык милдеттери катары ишкананы базардык жагдайынын өзгөрүшүнө даярдоо, терс факторлордун таасирине туруштук берүү саналат. Бирок, стратегия догма болбошу керек, аны болочок өзгөрүүлөргө ийкемдүүлүк ыкмасы катары үзүрлүү пайдалануу керек. Б. с. иштеп чыгуу жана аны ишке жигердүү ашыруу бир катар төмөндөгүдөй иштиктүү маселелерден турат: - тышкы чөйрөнүн базар алкагынын өнүгүү келечегинин негизги багыттарын баамдоо, ошондой эле илимий-техникалык прогресстин жетишкендиктерин, жалпы экономикалык жагдайды, атаандаштыкты ж.б. баалай билүү; - тышкы чөйрөнүн өнүгүүсүндөгү жагымдуу жана терс багыттарды тагыраак билип аныктоо; - ишкананын (фирманын) потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн жана келечектүү багыттарын бышыктоо; - ишкананын өнүгүшүнүн узак мөөнөттүү маселелерин иштеп чыгуу; - иш-аракеттин жана аны жүзөгө ашыруунун программасын даярдоо; - жагдайды ар тараптуу байкоо жана алдыга коюлган маселелердин айрымдарын өзгөртүү үчүн кайрадан такталган байланышты камсыз кылуу. Жалпылай алып караганда Б. с. тышкы жана ички шарттарды үзгүлтүксүз анализдөө, алардын өзгөрүүсүнө, тийгизген таасирине көзөмөлдүк кылуу дегендерди билдирет. Ишкананын ички абалын баамдап, анын мыкты жана чабал жактарын билип, багыттарын аныктап, болгон мүмкүнчүлүктөрдү максималдуу пайдалануу терс жагдайдан, болочоктогу келип чыгуучу опурталдуулуктан арылуунун жолдорун жеткиликтүү баалоо үчүн өтө зарыл болот. Б. с. ишкананын чарбалык бүт тутумунда сапаттуу чегерүүлөргө негиз түзөт. Эгерде узак убакыттын ичинде калыптанып калган ыкмалар менен чечиле турган болсо, жөнөкөй эле маселелер тигил же бул ишкана үчүн кыйла оор болушу мүмкүн. Анткени базар экономикасына толук өтүү жогорку адистикти, ишкердикти, жаңылануу рухун, башкарууга толук ыңгайлашкан мамилелерди талап кылат. Ошондуктан, ээлик кылуучулук маселесинде жалаң эле экономикалык же технологиялык нуктан карабастан, ошондой эле тарых, маданият, рухий байлык, психологиялык жактарын дагы толук эске алуу зарыл. Б. с. – жөн эле болочоктук сценарий эмес, эң алды менен азыркы учурдун келечеги. Тагыраак айтканда, ал ишке ашыруунун аныкталган ыкмаларын билип, аларды конкреттүү формаларга айландырат. Б. с. ишкананын кирешелүүлүгүн жогорулатууга үлүш кошуучу бардык факторлорду чегерүү үчүн уюштурулган. Тигил же бул ишкананын кирешелүүлүгүн жогорулатууга таасир тийгизүүчү факторлорго төмөндөгүлөрдү кошууга болот: - маркетингдик изилдөөнү бышыктоо жана олуттуу, керектүү жактарын ишке киргизүү; - продукциянын жаңы түрлөрүн иштеп чыгуу жана анын сапатын жогорулатуу; - илимий-изилдөө иштерин, тажрыйбалык конструктордук мыкты табылгаларды өнүктүрүү; - ишкананын башкаруу тутумун өркүндөтүү; - кадр саясатына өзгөчө көңүл бөлүү; - ишкананын финансылык-экономикалык саясатын бышыктоону үзбөй улантуу. Жогоруда көрсөтүлгөн багыттарды башкаруунун стратегиялык маселелерин жүзөгө ашырууну иштеп чыгууда толук эсепке алуу зарыл. Базар шарттарында ишкана кирешенин туруктуу өсүшүн менеджмент, маркетинг нугунан изилдеп билүүнү билгичтикте колдонбосо ийгиликтин болушу мүмкүн эмес. Менеджменттеги эң негизги маселе бул ишкананын бардык чарбалык иш-аракеттеринин базар койгон талапка ийгиликтүү жетишүү үчүн максаттуу багыт алуу болуп саналат.

БАШКАРУУЧУ КҮЧТӨР – таасирдүү социалдык, саясий, экономикалык чөйрөлөрдүн, жогорку катмарлардын, башкаруучу партиялардын идеологдорунун, таптардын, *кландардын* ж.б. топтордун, индустриалдык жана финансылык лидерлердин жабык клубдарына чейинки аталыштары. Б. к-дүн саясий ролу анын бар экендиги сыяктуу эле негизинен жарыяланбайт. Чындыгында, булар далай ирет өкмөттүн, *партия*лардын саясий багыттарын, *парламент*теги добуш берүүнү, көптөгөн конкреттүү коомдук көйгөйлөрдү чечүүнү аныкташат.

БЕКТЕР – бег, бей, бий (түрк. – бийлөөчү, төрө; ал амир же эмир дегендин синоними) – байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардагы аскердик титул. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү бул терминди титул катары карашат. Оболу, байыркы түрк (кыргыз) коомунда Б. каган менен карапайым элдин ортосундагы уруулук аристократияга кирген социалдык катмарды түзүшкөн. Бул титул байыркы айрым антропонимдерге жалганып айтылып жүрөт. VII–VIII кк. чектеринде Кыргыз каганатын атактуу Барс бек каган башкаргандыгы белгилүү. Мындан сырткары, Бек Арслан, Бек Барс, Бек Бука, Урун Бек, Бек Темир ж.б. энчилүү аттар болгондугу маалым. «Бек» сөзү байыркы доорлордо эле «бекем», «темирдей катуу, бекем» маанисин туюнткандын түркологдор белгилешет. Мис., Ынанчы бек, Нимазири бек ж.б. XVIII к. баш чендерине чейин энесай Кыргыз мамлекетинде бектер (бег) коомдогу өзгөчө аскердик башкаруучу катмарды түзүшкөн. Кемчик-Хая Бажы (Тува) аскасындагы жазуусунда Анның аттуу тамгачы (аскага жазуу түшүргөн) кыргыз: «...Сиздин улуу даражаңыз, Бул менин каганымдын жана Өлкөмдүн (мамлекетимин) Кара Сеңир тоосундагы түбөлүк калган эстелиги. Ынанчы Күлүк Чигши бек өлкөнүн (эстеликте – «үлкени») алты баг элине, кыштымдарына ээлик кылдым» – деп жазган. Энесай кыргыздарынын орус басып алуусуна каршы күрөшкөн (XVII к. экинчи жарымы) аскер жетекчиси атактуу Эренак-бек болгондугу белгилүү. Кыргыз мамлекетин башкарган Эренак-бек орустарга каршы ийгиликтүү жортуулдарды уюштуруп, Кыргыз жерин жан аябастан коргогон. «Кыргыз жерин» (Хакас-Минуса ойдуңун) Орусия басып алгандан кийинки элдик кыймылды Ханза-бек жетектегендиги маалым. Алтын Ордонун каны мусулман динин кабыл алган моңгол нойондоруна Бек титулун берген. Кокон хандыгына баш ийген кыргыздарда Б. өз вилаетинде хандын өкүлү болуп, хандын казынасына алык-салык чогултуу ишин көзөмөлдөгөн, хандын жергиликтүү өкүлү болуп, өз чегиндеги маселелерди чечип турган. Бек – «Манас» дастанында аскердик титул катары да эскерилери маалым: «Жедигер Чегиш калды, Жети бек тегиз калды» (СО, 4. 9). Б. аскердик титул катары да учурайт: «Жүз миңге барып бек кылды, Дүйнөгө сонун кеп кылды» (СО, 4. 124).

БЕНТАМ Иеремия (1748–1832) – англиялык окумуштуу. Утилитаризм философиясына негиз салуучу. Утилитаризм – 1) адамдардын жүрүм-турумунун негизинде жеке пайда табуу жатат деп эсептеген идеалисттик-этикалык окуу; 2) бардык нерседен материалдык пайда чыгарып алууга гана умтулуучулук. Б-дын саясий ойлору *либерализмдин* андан ары өнүгүшүнө таасир тийгизген үч негизден турат: 1. Табигый укуктун стандартын жокко чыгаруу менен, ал өзүнүн теориясын – утилитаризм философиясын сунуш кылат. «Жаратылыш адамзатты эки – бирине бири көз каранды эмес кожоюндун бийлигине берген: а) азап чегүү, кыйналуу, б) жыргал, ырахат. Адам, эгер ырахат көбүрөөк көрүп, аз азап чексе, өзүн бактылуумун деп сезет. Байлыктын баалуулугу азап чегүү, кыйналуу менен ырахаттын ортосундагы мамилеге жараша болот». Б-дын ою боюнча коомдун негизги максаты адамдардын бактылуу болушуна жетишүү. 2. 1820-ж. Батыштагы ойду «табигый мыйзам» деген тузактан кутултуу үчүн *мыйзам* жөнүндө окуунун жаңы ыкмасын жана жолун иштеп чыгат. Б-дын ою боюнча мыйзам, бул адамдар сыйынуучу, өзгөртүүгө болбогон ыйык нерсе эмес, ал коомдо жашаш үчүн адамдын социалдык абалын өзгөртүүгө жумшалган аспап. Табигый укуктар деген абсурд, маанисиз деп, эркиндикти коргоо, бул укук мыйзамдуу система аркылуу орнотулушу зарыл деп эсептеген. Өкүлчүлүк *демократия* жана ачык башкаруу бекитүү үчүн зарыл. 3. Б. демократия мамлекеттери турмушту оңдоо үчүн жакшы мыйзамдарды жана мамлекеттик чараларды көрүүсү зарыл экендигин далилдейт. Жарандардын теңчилиги, коопсуздугу мыйзам чыгарууда негизги проблемалар деп, Б. 1830–50-ж. ири *реформаларды* өткөрүүгө шарт түзгөн. Ошондуктан Б. азыркы либерализмдин негиз салуучуларынын бири катары да эсептелет.

БЕРК Эдмунд (1729–1797) – англиялык мамлекеттик ишмер, *консерватизмдин* теоретиги. *Мамлекет* менен *коом* – табигый эволюциянын өнүгүү жолу; мамлекеттин негизги максаты – *мыйзам* менен тартипти, социалдык жана саясий стабилдүүлүктү сактоо – Б-тин теориясынын негиздери. Бийликтин өкүлчүлүк формасын коргоо менен, Англия *парламентин* – бийликтин чыныгы формасы деп эсептеген. Бул институт көпчүлүктү жакшы башкарууга жардам берет. Б. боюнча коомду сактоо үчүн, аны дайыма реформалоо зарыл. Б. либералдардан айырмаланып, адамдын жаратылышына ишенген эмес, анын өзүнүн турмушун оңдоо үчүн акылга сыярлык иш кылаарына көзү жеткен эмес.

«БЕШИНЧИ КОЛОННА» – душмандын тылында терең жашыруун агентуранын Испаниядагы жарандык согуш мезгилинен бери келе жаткан образдуу аталышы.

БИБЛИЯ (гр. – китептер) – иудаизм жана христиан дининдеги «ыйык» китептердин жыйнагы, байыркы замандан калган жазма эстелик. Библия эки бөлүктөн турат – «Эски осуят» («Ветхий завет» же Тоорат) жана «Жаңы осуят» («Новый завет» же Инжил). «Эски осуятты» христиандар да, иудейлер да «ыйык» дешет, ал эми «Жаңы осуятты» христиандар гана ыйык санайт. Тоорат Кудай тарабынан Моисей (Муса) пайгамбарга жиберилсе, Инжил Иисус (Ыйса) пайгамбарга жиберилген.

БИЗНЕС (англ. business – иш, кызмат, өз иш) – пайда табууну көздөгөн экономикалык ишкердик. Киреше берүүчү же башка жеке пайда алып келүүчү ар кандай иштин түрү. Б. түшүнүгү ошондой эле өндүрүштүк, соода-коммерциялык иш-аракеттерди туюнтат; экономикалык, коммерциялык нуктагы иштерди билгичтикте уюштуруп, тиешелүү жыйынтык чыгарып, Б-кө илешкен адам *бизнесмен* деп аталат. Ал кандайдыр бир ишкананын жеке (менчик) ээси боло алат. Ошол эле учурда менеджмент, маркетинг, финансы, ошондой эле башка чөйрөлөрдө жалданышы мүмкүн. *Мыйзам* чегинде жана акыйкаттык нуктагы атаандаштыкка негизделген Б., *базар экономикасынын* шарттарындагы олуттуу иштердин бири болуп эсептелет. Чындыгында азыр Б-ти туура уюштуруу жана андан ары улоо жеке менчиктүүлүктүн жана жалпы эле бүт коомдун экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн булагына айланып олтурат. Ушундай шартта Б. менен коомдун кызыкчылыктарын ар тараптан шайкеш келтирүү максатында бизнесмендерге бир катар талаптар коюлат. Базар экономикасынын шарттарында ишкердик өкмөттүн расмий программаларынын чектеринде, ошондой эле өз алдынча социалдык ж.б. маселелерди чечүүдө олуттуу мааниге ээ болот. Бизнесмендердин ар кандай кайрымдуулук уюмдарында, коммерциялык эмес долбоорлорду каржылоо ролу барган сайын кеңири өнүгүп жатат. Бизнесмендердин социалдык жана экономикалык нуктан беттегени өзүнүн фирмасына түшкөн пайданын канчалык жогорулатылганына гана эмес, ошону менен бирге жаңы жумушчу орундарын түзүү, ишкердиктин жигердүү тажрыйбаларын кеңири таратуу, өз райондорундагы, шаарларындагы жана жергиликтүү бизнестерге жардам берүү сыяктуу маселелерге дагы олуттуу маани берет. Б-тин өз ыргагы менен өнүгүшүн ыкчамдатуу үчүн *мамлекеттин* атайын жүргүзгөн *саясаты* аркылуу ургаалдаштырылат. Б-ти аркалап аны менен иш алып баруучу инсандарга ар тараптан жардам көрсөтүүчү атайын мамлекеттик тийиштүү органдар уюштурулган. Ал эми Б-тин экономикалык маанисин, коомдогу ээлеген ордун, келечегин окутуп үйрөтүү үчүн мунун азыркыга чейин калыптанган түркүн окуу жайларынын, курстардын программаларына менеджменттин, маркетингдин, финансы иш-аракеттеринин, социалдык психологиянын, иштиктүү карым-катнаштын жана сүйлөшө билүү ж.б. иш жүргүзүү эрежелери киргизилген. Кыргызстанда Б. ишин жигердүү өнүктүрүү боюнча бир катар олуттуу иштер жүргүзүлүп жатат.

БИЗНЕС-ПЛАН (англ. busines-plan) – белгилүү бир мезгил ичиндеги ишканалардын (ишкердик иш-аракеттеринин) өнүгүү планы; пайда алуу максатында иш бүтүмдөрүн жүзөго ашыруу план-программасы; алдыга коюлган максатка жетүүнү көздөгөн иш-чаралар тутуму. Анын түпкү нугу өндүрүштү калыптандырууга жана аны андан ары карай өнүктүрүүгө багытталган маркетингдик жана техникалык-эко-

номикалык изилдөөлөрдүн комплексин ишке ашыруу болуп саналат. Мында көбүнчө инвестициялык долбоорлорду техникалык-экономикалык нуктан негиздөө үчүн Б.-П. иштелип чыгат. Бул учурда Б.-П. инвесторго – капиталдык салымдын максатка ылайыктуулугун (оң натыйжалуулугун) аныктоодо, ишкерге долбоорду ишке ашырууда программаны иштеп чыгуу жана жетекчиликке алууда, мамлекеттик органдарда кредиттик өз ара катыштарды жана менчиктештирүүнү жөнгө салуу жана козомолдөөнү ишке ашырууда эң зарыл болуп эсептелет. Б.-П. санацияны (банктардын же мамлекеттин жардамы менен ири ишканалардын *банкроттук* абалга жетишин болтурбоо боюнча иш-чаралар), рестрикцияны (товарлардын баасын жогору көтөрүү жана пайда табуу, кредиттерди кыскартуу максатында өндүрүштү, сатууну жана экспортту чектөө), ишканаларды менчиктештирүүнү жүргүзүү жана тышкы инвестицияларды алуу үчүн пайдаланышы мүмкүн. Б.-П. белгилүү бир ишкананын 12 айдын ичиндеги чарбалык иш-аракеттерин ийне-жибине чейин толук карап чыгуу менен бир жылга, ушундай эле жол менен 4 жыл ичиндеги абалын, өзгөрүүлөрүн иликтеген чоңураак Б.-П. дагы түзүлүшү мүмкүн; инвестициялык долбоорлорду даярдоодо аларды ишке ашыруу мезгилине карата түзүлөт. Мындай план ишкананын азыркы абалы, анын потенциалдык мүмкүнчүлүктөрүн, бизнесине байланышкан ички жана тышкы чөйрөсү, маркетинг стратегиясы, бизнестин өнүгүшү жөнүндөгү конкреттүү маалыматтарды камтыйт. Анда тобокелдик менен чечүүгө болуучу мүмкүнчүлүктөрү бышыкталып, аны болтурбай коюу же төмөндөтүү боюнча иш-чаралардын тутуму аныкталып көрсөтүлөт. Б.-П-га коюлуучу негизги талаптын озогу аны анык ишке ашыруу болуп саналат. Анын даярдалышына ишкананын базар мамилелеринин шартындагы финансылык-чарбалык иш-аракеттеринин ар тараптуу анализи жана жалпы кабыл алынган стандарттардын негизинде ишкананы өнүктүрүүнүн альтернативдүү техникалык-экономикалык түрдүү изилдөөлөрү негиз болот. Ишкананын Б.-П-ын, илимий-техникалык жана инвестициялык долбоорлорун даярдоону жана аларды көз карандысыз эксперттер тобунан өткөрүүнү финансылоо үчүн ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин каражаттары, министрликтердин, ассоциациялардын, союздардын *бюджеттен* башка фондулары, потенциалдуу инвесторлордун каражаттары кеңири пайдаланылат. Б.-П. төмөндөгүдөй негизги функцияларды аткарат: бизнес концепцияларын иштеп чыгуу үчүн пайдаланылат, бул болсо ишкананы (фирмаларды) түзүү мезгилинде, ошондой эле иш-аракеттердин жаңы багыттарын иштеп чыгуу (тандоо) үчүн өтө зарыл болуп саналат; пландаштыруу иш-аракеттердин жаңы багыттарынын өнүгүш мүмкүнчүлүгүн баалоого, ишкананын өнүгүү процесстерин көзөмөлдөөгө, аныкталган максаттарды аткарууга мүмкүнчүлүк берет; менчик капиталдарды же озулорүндөгү эң жаңы технологияны кошо ала турган потенциалдуу өнөктөштөрдүн пландарын ишке ашырууга, тартууга жардам көрсөтөт, финансылык булактарын аныктоого жана кеңейтүүгө (мис., ссудалардын, кредиттердин эсебинен) мүмкүндүк түзөт. Ишкана Б.-П-дын тутумун жана бөлүмдөрдүн көлөмүн өз алдынча аныктайт да, аларды даярдоодо колдонулуучу технологиянын, базардык ата-андаштык жөндөмдүүлүгүн жана жаңы продуктулардын (тейлоо), ар кандай маселелердин иштелип чыккан олчомүнүн озгочолуктөрү сыяктуу факторлор толук эске алынат. Ишкананын Б.-П-ынын болжолдуу тутуму негизинен төмөндөгүлөрдү камтыйт: резюмесинде (пландын бардык бөлүмдөрү иштелип чыккандан кийин даярдалат) пландын түпкү маңызы, анын артык- чылыгы, маркетингдик изилдоолөрдүн жана финансы-экономикалык эсептоолөрдүн (сатуу көлөмү, сатуудан түшкөн акча каражаттары, өндүрүшко кеткен чыгым, пайдалар, өзүн актоочулугу ж.б.) жыйынтыгы баяндалат; ишкананы сыпаттап жазуу бөлүмүндө анын реквизиттери, тармакка тиешелүү керек-жарактары, менчик формалары, жетекчинин толук аты-жөнү, ишкананын негизги багыттары жана иш-аракеттеринин башкы максаттары, калыптанган тарыхы, өнүгүү жолу жана азыркы абалы, жетишкен ийгиликтери жана айрым иши,

оңунан чык- пай калган учурлары; продукция жана тейлоо бөлүмүндө продукцияларды жана аны колдонуу жайларын сыпаттап жазуу, керектөөчүлөр, айырмаланган сапаттары жана уникалдуулугу, лицензиялар, патенттик укук, атаандаштардын артыкчылыгы белгиленет; маркетинг-планы бөлүмүндө болсо, базарды ар тараптуу анализдөө каралып, инвестициялык жана өндүрүштүк программанын көлөмдөрүн, өндүрүштүк кубаттуулукту, талап кылынуучу технологияны ж.б. аныктоодо эң толтолуу болуп саналуучу маркетингди пландаштыруу ишке ашырылат; ошондой эле мында маркетинг стратегиясы тужурумдалып жана ишкананын тышкы чөйросүнө баа берилет; илимий-изилдөө жана тажрыйба-конструктордук иштер бөлүмүндө өндүрүштүн тышкы жана ички бардык факторлорун анализдөө, эсептөө нугунда долбоордун оптималдуу чектери, анын тандалышын негиздөө, компоненттердин тизмесин келтирүү, тиешелүү технологияны аныктоо ж.б. сыпатталып жазылат; өндүрүш-планы бөлүмүндө ишкананын экономикалык, техникалык жана эмгек капиталы, материалдык-техникалык жагынан камсыз кылынышы ж.б. чагылдырылат; ишкананы башкарууну уюштируу-планы бөлүмүндө өндүрүштүк менеджменттин маселеси, кабыл алынган башкаруу чечимдеринин принципиалдуу схемасы, базар мамилелеринин тиги же бул шарттары өзгөрүлгөн учурда башкаруу тутумунун ыйкемдүүлүгү ж.б. келтирилет; долбоорду ишке ашыруу бөлүмүндө долбоорду жүзөго ашыруудан алынган негизги жыйынтыктар, финансылык ж.б. натыйжалар чагылдырылат; финансылык-планда мунун эң маанилүү бөлүмү катары Б.-П-дын ишке ашырылышынын аныкжыйынтыгы чагылдырылат да, ал жыйынтык- та инвестициялык, ошондой эле өндүрүштүк каржылар аныкталат, ошондуктан ал, мис., пайдалар, акча агымдары боюнча план, зыян тартып калбоо, рентабелдүүлүк жана өзүн-өзү актоо анализи, тобокелге барууну баалоо (аларды ишке ашырууда келип чыгуучу жоготууларды эң жок дегенде жалпы жонунан баалоо) сыяктуу бир катар бөлүмчөлөрдү камтыйт; юридикалык аспектер бөлүмүндө долбоорду ишке ашыруунун укук маселелери, тиешелүү жактардын укуктары жана милдеттери, катталуу жөнүндө маалыматтар, бюджет менен байланышкан өз ара катыштар ж.б. каралат; тиркемелеринде болсо негизги бөлүмдөрдү толуктоочу бардык материалдар, ошондой эле инвесторлор, эксперттер, жарнама ж.б. тууралуу толук маалыматтар да киргизилет.

БИЗНЕСМЕН, БИЗНЕСЧИ (англ. businessman – ишкер, эпчил) – *бизнес* менен иш алып баруучу *адам*, коммерсант, ишкер. Бул «акча табуу», тиешелүү капиталга ээлик кылып, топтогон акчасы дайыма жүгүртүүдө болуп, кирешe алып келген, б.а. экономикалык, коммерциялык активдүү иш-аракеттер менен илешкен адам. Карамагында эч кимиси жок, өз алдынча аракет кылган, ишке жөндөмдүү адам же белгилүү бир мекемеде, уюмда эч кандай туруктуу кызмат ээлебеген, бирок анын акцияларынын ээси катары саналып, анын башкармалыгынын мүчөсү болуп турган жеке менчик ээси Б. болушу мүмкүн. Ал кандайдыр бир жеке менчик ишкана ээси болушу мүмкүн. Бирок, айрым учурда өзү да менеджмент, маркетинг, финансы сыяктуу чөйрөлөрдө жалданып иштеши да ыктымал. Базар экономикасынын нугунда өнүккөн олкөлөрдө «бизнесмен» терминин көп убакта «менеджер» термини менен окшоштуруп дагы жүрүшөт. Ошондой болсо да булар эки башка термин деп эсептөө зарыл. Мында менеджер милдеттүү түрдө туруктуу кызмат аткарып, анын карамагында атайын иштеген адамдары болгондугу менен озгочолонот. Б-дин коомдогу социалдык жана экономикалык жактан ээлеген орду пайда алуучу анын капиталынын өлчөмүнө гана эмес, ошону менен бирге өндүрүш иш-аракеттерин өнүктүрүүгө кошкон салымы, жаңы жумушчу орундарын уюштуруусу, районго, облуска, мамлекетке жардам көрсөтүүсү жагынан дагы көз каранды болууга тийиш. Б-дин моралдык-этикалык жактан дагы калыптанышынын олуттуу мааниси бар. Анткени кызмат абалына байланыштуу этиканы сактай билүү, атаандаштыктын акыйкаттуу, мыйзамга ылайык келгидей ыкмаларын пайдалануу, формалдуу жана ага тиешеси азыраак милдеттенмелерди так аткаруу талап кылынат.

Ушундай жагдайга тыгыз байланыштуу Б-дин Жапон менеджментинин теоретиги Коносуке Мацусита жазып калтырган жети осуяты кыргыз Б-деринин туура калыптанышы үчүн өтө маанилүү: кууланба, ак ниеттүү жана адил бол; өз милдетиңди туура жана так аткара бил; кечеги күнкү жашоо нугунда туруп калбастан өзүңдүн таанып-билүүңдү дайыма өркүндөтүүгө жетиш; айлана-чөйрөңдөгүлөргө сый-сыпат жана түшүнүү менен мамиле жаса; тышкы дүйнө жөнүндө дайыма эстен чыгарбай, анын өнүгүү мыйзамдарына ийкемдүү бол; колуңда болгонго жана ала турганыңа каниет кыл, биз бардыгын коомдон карызга алабыз; сен ким үчүн иштеймин деп сурамчы боло бербегин, ага бир гана жооп бар – элиңдин келечеги үчүн коомго иштейсиң.

БИЙ – кыргыздардын мамлекеттик башкаруу иерархиясындагы титул-термини катары VII к. чейин эле белгилүү болгон. Бул терминден «бийлик», «бийлик жүргүзүү» ж.б. сөздөр келип чыккандыгы айкын. Кытайдын Тан династиясынын (VII–X кк.) жыл баяндары VII к. орто чендериндеги энесайлык кыргыздардын башкы министрлери Гйеси бей (бий), Гюй-шабо бей (бий) жана Ами бей (бий) жөнүндө маалымат берет. Уруудагы административдик өзүн-өзү башкарууну ишке ашырган бийлөөчү. Бул бийлик мансабы мурас катары атадан-балага берилген эмес. Уруунун бийинин мансабы жамааттын (уруунун) добуш берүүгө укугу болгон эркек мүчөлөрүнүн шайлоосунун жыйынтыгы менен бекитилген. Б-лер чарбалык-экономикалык, укуктук негиздеги талаш-тартыш маселелерди адат укугунун негизинде жөнгө салып турушкан. Уруулар жана уруулук бирикмелер жыйынына өз уруусунун (уругунун) атынан катыша алган мандатка ээ болгон. Өз уруусунун укугун коргоо менен бирге, кыргыз урууларынын жайлоо-кыштоо багыттарын тактоо, аскер ж.б. иштерине катыша алган. Кыргыз урууларынын атайын чакырылган (зарыл учурда жылына бир канча ирет) курултайына катышуу менен бирге, добуш берүү укугуна ээ болгон. Мис., XV–XVIII кк. Энесай Кыргыз мамлекетинде курултайга 300дөн ашуун делегат катышканын тактаган маалыматтар бар. Алардын дээрлиги жер-жерлерде бийлик милдеттерин аткарышкан. Орусияга каратылгандан соң, кыргыз Б-лери салык жыйноо, административдик-башкаруу милдеттерин да аткара башташкан. 1856–60-ж. Орусия падышачылыгы Түркстандагы башкаруунун тартиби жөнүндө чыгарган Жоболорго ылайык, казылар соту менен бирге үч баскычтуу Б-лердин соту уюштурулган. Б-лердин соту үч жылдык мөөнөткө шайланган. Айылдык Б., болуштук Б. болуп бөлүнгөн. Мезгил-мезгили менен Б-лердин жыйындары өткөрүлүп турган. Совет бийлигинин орношу менен Б. жана бийлерге байланыштуу башкаруу институттары толугу менен жоюлган. Жүздөгөн жылдар бою кыргыз коомуна, элдин каада-салтына кирип калган жана элдин талабын бир кыйла канааттандырган Б. институту бүгүнкү күндө аксакалдар соту формасында кайрадан жандандырылууда.

БИЙЛИК – бирөөлөрдү же бир нерселерди башкаруу жөндөмдүүлүгү, укугу же мүмкүнчүлүгү; *укук, авторитет*, эрк, күч колдонуу сыяктуу ар кандай каражаттардын жардамы менен адамдардын тагдырына, жүрүш-турушуна же ишмердигине чечкиндүү таасир этүү. Саясий илимдин негизги түшүнүгү катары, Б. маселеси көптөгөн даанышман ойчулдардын көңүлүн өзүнө буруп, байыркы мезгилден бери эле ага аныктама берүүгө аракеттер кылынып келген. Биз аларды Аристотелдин, Макиавеллинин, Монтескьенин ж.б. эмгектеринен көрөбүз. Б. – бул ар кыл социалдык күчтөрдүн, биринчи кезекте коом менен мамлекеттин ортосундагы мамиле. *Жарандык коом* менен мамлекеттин өз ара чектөө зарылчылыгынан тарыхтын жүрүшүндөгү алардын өз ара аракеттеринен улам келип чыккан Гегелдин укук философиясы бул маселеде бурулуш пункт болду. К.Маркс саясий бийликти социалдык карама-каршылыктардын келишпестигинин продуктысы, тап күрөшүнүн жыйынтыгы жана көрүнүшү катары аныктаган. Азыркы социологияда М.Вебердин аныктамасы кеңири таралган. Ага ылайык Б. тигил же бул социалдык ишмердин, ар кандай каршылыктарга карабастан, коомдо өз эркин ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү катары аныкталат. Б. концепциясы *саясат таануунун*

борбордук маселеси болуп эсептелет. Кайсы гана Б. болбосун – бул тейлөө, өкүм кылуу, башкаруу укугу жана мүмкүнчүлүгү. Үстөмдүк кылуу менен баш ийүү мамилелери Б-тин жалпыланма көрүнүшү болуп эсептелет. Коом канчалык демократиялуу болсо, анда Б. ошончолук чектелген болот. Б. адам коому менен бирге пайда болуп, башында коомдук мүнөзгө ээ болгон мезгилдин өтүшү менен Б. мажбурлоочу мекемелери, куралдуу күчтөрү, чалгындоочу органдары бар өзгөчө аппаратка ээ болуп, коомдон обочолонуп жана аның үстүнөн карап, мурунку коомдук мүнөздүн ордуна эми өкүлчүлүк мүнөзгө ээ болот. Коомдун бардык чөйрөлөрүнүн – экономикалык, саясий, социалдык, руханий – туруктуу жашоосунун жана ийгиликтүү өнүгүүсүнүн сөзсүз керек болгон, милдеттүү түрдөгү шарты Б. экендигин тарых тажрыйбасы күбөлөндүрүп турат. Б. негизги түрлөрү: экономикалык, саясий, социалдык, руханий, үй-бүлөлүк ж.б. Булардын ичинен *саясий бийлик* өзгөчө орунду ээлейт. Ал ар бир субъекттин саясатта өз эркин билдирүү боюнча чыныгы мүмкүнчүлүгү менен мүнөздөлүп, биринчи кезекте коомдун бүтүндүгүн жана биримдигин камсыз кылууну көздөйт.

БИЙЛИК КОРИДОРЛОРУ – XIX к. Дизраэли: «Чоң ийгилик менен ардактуу орунга жетишүүнүн жолу Б. к. аркылуу гана өтөт» – деп ырастаса дагы салыштырмалуу кечээ жакында чыккан аныктама. Ал аркылуу өкмөткө, ошондой эле чечимдерди кабыл алууга активдүү таасир эткен кеңешчилер менен серепчилерге катар эле көшөгө артындагы саясатчылар, лоббисттер (кара: *Лобби*), *басым кылуу топтору* аркылуу жүзөгө ашырылган мыйзам чыгаруу жана сот бийликтерине таасир этүү феномени белгиленет. 60-ж. чейин ал пресса беттеринде «саясий турмуштун кулуарлары» аныктамасынын аналогу катары чыккан, бирок Ч.Сноунун «Бийлик коридорлору» (1964) деп аталган белгилүү романынан кийин жалпы кабыл алынган аныктама болуп калды. Күнөөлөө иретинде колдонулат, анткени массалык саясий аң-сезимде Б. к. – ыплас иштердин, политиканствонун, алдоо стратегияларды иштеп чыгуунун орду. Азыркы *саясат* таануучулар кайсы бир демилге, программа, мыйзам чыгаруу акциясы көшөгө артындагы *саясий күчтөр*, басым көрсөтүү топтору, ал эми көп учурда өз бийлик-укуктарынын чегинен чыгып, мамлекеттик тармактар тарабынан коррупцияланган ж.б. чиновниктердин макиавеллдик ыкмаларынын жардамы менен кармалып жатса, «бийлик коридорлорунун синдрому» жөнүндө жазышат.

Саясаттын тилинде жолуккан синонимдик аныктама – саясий турмуштун кулуарлары (франц. couloir – коридор жана көшөгө), көшөгө артындагы *саясий турмушту* (XIX к. 60-ж. ортосунда колдонууга киргизилген «театр кулуарлары» аныктамасы андан мурда колдонулган); саясий ишмерлер менен кызыкчылык топторунун сүйлөшө турган жерин; мыйзам чыгаруу жыйындарынын мүчөлөрүнө (түз жана кыйыр) басым жасоо тажрыйбасын көргөзөт. «Б. к.» аныктамасы «бийликтин географиясын», өлкөнүн жетектөөчү саясий мекемелеринин жайгашкан жерин же локалдуу аймакты, ошондой эле кайсы бир ишкана, мекеме же ведомство тарабынан ээленген имараттын жетекчилигинин жайгашкан ордун дагы көргөзөт.

БИЙЛИКТИ БОРБОРЛОШТУРУУ жана БОРБОРДОН АЖЫРАТУУ – Б. б. бирдиктүү саясий борбордо бийликтин топтолуу процесси. Б. б. мамлекеттик түзүлүштүн тутуму, мында борбордук өкмөттүк бийлик бир гана мамлекеттик жашоонун жалпы багытын жөнгө салууга умтулбастан, жергиликтүү бийликтин ишмердүүлүгүн жетектейт, жергиликтүү жашоонун бардык же көптөгөн жактарын өзүнүн тике таасирине баш ийдирет. Б. б-га карама-каршы тутум – Б. б.а., анда борбордук жана жергиликтүү бийликтин функциялары чектелет, акыркылардын укугунун көлөмү биринчилердин көлөмүнүн эсебинен кеңейет. Мамлекеттин белгилүү бир аймактарында өз алдынча башкаруунун өнүгүүсүнө шарттар түзүлөт.

БИЙЛИКТИ БӨЛҮШТҮРҮҮ ТЕОРИЯсын Ж.Локк негиздеп, Ш.Монтескье өнүктүргөн, анын бүгүнкү күндөгү формасы «Федералисттин» авторлору А.Гамильтон жана Ж.Мэдисон тарабынан иштелип чыккан. Б. б. т-нын негизги маңызы төмөнкүчө: 1) Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтери *Кон-*

стипуцияга ылайык ар башка адамдарга жана органдарга берилет; 2) бийликтердин бардыгы тең жана өз алдынча, алардын бирөө да экинчи бир бийликти жок кыла албайт; 3) Конституция тарабынан бийликтердин бирөөнө берилген укуктардан экинчи бирөөлөрү пайдалана албайт; 4) *сот бийлиги* саясий таасирлерден көз карандысыз аракет кылат, соттор кызмат ордунда узакка чейин иштөө укугуна ээ. Эгер кабыл алынган *мыйзам* Конституцияга сыйбаса, карама-каршы келсе, анда сот бийлиги мыйзамды жараксыз деп таба алат. Бүгүнкү күндө бийликтин бөлүнүшү укуктук мамлекеттерге мүнөздүү белги болуп эсептелет. Ж.Мэдисон иштеп чыккан «кармап туруу жана тең салмактуулук» механизмин колдонуу бийликтин бөлүнүшүнүн эффективдүүлүгүн дагы бир кыйла жогорулатат. Бийликке ишене албаган Мэдисон, үч бийликтин ар биринин күчү салыштырмалуу бирдей болсун үчүн, ар бир калган эки бийликти аша чаап кетүүдөн кармап туруу үчүн механизм түзгөнгө аракет кылган. Кармап туруу жана тең салмактуулук – деп Мэдисон үч бийликтин укуктарынын кээ бир дал келүүчүлүктөрүн айткан. Алсак, Конгресс (АКШ) – мыйзам чыгаруучу орган экендигине карабастан, *президент* анын мыйзамдарына *вето* (тыюу салуу) коё алат жана эгер Конституцияга каршы келсе соттор да конгресстин мыйзамын жараксыз деп таба алат. Сот бийлигинин органдарына кызматчыларды дайындоо президенттин көрсөтүүсү жана Конгресстин бекитүүсү менен кармалып турат. Аткаруу органдарына дайындоолорду бекитүү укугу менен Конгресс президентти, ошондой эле бийликтин калган эки бутагына акча бөлүштүрүү укугуна ээ экендиги менен да аларды кармап турат. Мамлекеттик бийликтин үч бутагынын ар биринин ичиндеги бийликтин бөлүнүшү да маанилүү. Алсак, өкмөттүн ичиндеги функциялардын бөлүнүшү, парламенттин эки палатага бөлүнүшү (кызыкчылыкка, партиялык, социалдык багытка, өкүлчүлүк боюнча ж.б.). Сот бийлигинин ичинен үч бийликтин ортосундагы мамилелердин арбитри катары конституциялык соттун бөлүнүп чыгышы. Мамлекеттик бийлик ачык жана жабык түзүмдөрдүн ортосунда бөлүнүшү да мүмкүн. Мындай бөлүнүү эки жол менен жүрөт: 1) ачык бийликтин жашыруун аракеттери (жашыруун токтомдор, буйруктар, бийлик үчүн жашыруун күрөш ж.б.); 2) расмий түрдө ачык, бирок аракеттери жашыруун уюмдар (коопсуздук органдары, чалгындоо ж.б.). Ачыкка чыкпаган, легалсыз, саясий жана саясий эмес түзүмдөр болушу мүмкүн жана алар группировкалардын, коомдук кыймылдардын, ар кандай «фронттордун» күчүнө таянып, расмий бийликке атаандаш гана болбостон, кээ бир учурларда, бир топ жогорку деңгээлдеги мамлекеттик бийликти бөлүшүп, чыныгы ээлери да болушат. Жалпы жана саясий *кризис* мезгилдеринде бийликтин бөлүнүшүнүн жабык формалары кеңири тарап, коом үчүн чоң коркунуч туудурат. Бийликтин бөлүнүшүнүн жабык түзүмдөрү саясаттын криминалдашына, репрессиялык акциялардын болушуна, коомго *басым* көрсөтүүгө шарт түзүп, акыр-аягы саясий *заговорго* жана төнкөрүшкө алып келиши мүмкүн. Коомдун *саясий турмушун* иреттүү түрдө демократташтыруу гана бийликтин бөлүнүшүн легалдуу, ачык мейкиндикке алып чыгат, анын саясий эффективдүүлүгүн жогорулатууга ыңгайлуу шарт түзөт. Ар кандай демократиялык «оюндар», бийликтин жабык формаларынын таасиринин күчөшү өтө оор кесепеттерге алып келиши мүмкүн.

БИЙЛИКТИ ДАЙЫНДОО (лат. delegare – жиберүү, тапшыруу) – *бийликти* бир субъекттен башкасына өткөрүп берүү, анын иштөөсүнүн негизги ыкмаларынын бири жана саясий фундаменталдык институт.

БИЙЛИКТИН АКТИВДҮҮЛҮГҮ (activity of power) – күчөтүлгөн иш-аракет, бийлик курамынын активдүү кызмат кылышы; конкреттүү оң натыйжа бере турган бийликтин ишкердүү абалы.

БИЙЛИКТИН ЛЕГИТИМДҮҮЛҮГҮ жана **ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ**, алардын өз ара катнашы жана бири-биринен көз карандылыгы. «Легитимдүүлүк» терминин французчадан «мыйзамдуулук» же «мыйзамдашкан» деп которуп жүрүшөт. Мындайча котормо бул илимий терминдин так маанисин бербейт. Легитимсиз бийлик деле мыйзамдын чегинде

жүргүзүлүшү мүмкүн. Эгер *бийлик* жалаң эле *мыйзам* чегиндеги мажбурлоого (экономикалык же психологиялык күчкө салуу ж.б.) таянса, анда анын мүмкүнчүлүгү чектелүү болот. Бийлик мамилелери табиятынан субъект менен объекттин өз ара катнашы болгондуктан, мажбурлоо менен макулдуктун өз ара байланыштарына таянат. Бийлик бул кимдир бирөөнүн үстүнөн болгон мажбурлоосунун натыйжасы гана эмес, ошондой эле калктын ыктыярдуу түрдө, өз ниетинен бийликке баш ийишинин да натыйжасы болууга тийиш. Бийликтин бедели, калктын ага болгон ишеним даражасы, адилеттүүлүгү, ачыктыгы – «легитимдүүлүк» термини менен белгиленет.

Б. л-нүн үч түрү бар: 1) Традициялык легитимдүүлүк – салтка, илгертеден бери баш ийип келе жаткан бийликке ишенүүгө негизделген. Бул падышалардын, хандардын, монархтардын, б.а. бийлиги атадан балага мураска өткөн *саясий режимдин* бийлиги. Традициялык легитимдүүлүк өзүнүн бекемдиги жана узактыгы менен айырмаланат. Япония, Улуу Британия, Швеция, Сауд Аравиясы ж.б. өлкөлөр буга мисал боло алышат. 2) Харизматикалык легитимдүүлүк – бийлик ээсинин өзгөчө бир сапатына, укмуштай жөндөмүнө б.а. харизмага ишенүүгө негизделген. Жетекчини пайгамбарга теңеп, анын жеке керт башына сыйынуучулукту пайда кылат. «Харизма» термини грекчеден которгондо «теңир берген жөндөм» дегенди билдирет. Адатта, харизматикалык легитимдүүлүк өткөөл мезгилдерде, революциячыл кайра курууларда же стабилдүү эмес коомдордо пайда болот. 3) Рационалдык – укуктук (демократтык) легитимдүүлүк – кабыл алынган эрежелердин, мыйзамдардын тууралыгына болгон ишенимге негизделген. Мындай эрежелерге эркин шайлоолор, мыйзам жолунун улуктугу, мыйзам алдында бийликтер менен жарандардын бирдей жоопкерчилиги, *саясаттын адептүүлүгү* ж.б. кирет. Легитимдүүлүктүн бул үчөөнөн башка да көптөгөн түрлөрү бар: идеологиялык, таптык, структуралык ж.б.

Б. л. калктын саясий маданиятына негизделет жана ал легитимдүүлүктүн түзүлүшүнүн жарандардын баалуулук түшүнүктөрүнө дал келүүсүн билдирет. Ошентсе да жарандардын бийликке карата мамилеси жалаң эле баалуулук (адептүүлүк нормасында) түрүндө эмес, ошондой эле, баа берүү мамилеси, эффективдүүлүк түшүнүгү менен мүнөздөлөт.

Бийликтин эффективдүүлүгү – бул анын натыйжалуулугу, коомдогу өзүнүн функцияларын аткаруу деңгээли, жарандардын, биринчи кезекте, алардын өтө таасирдүү катмары – элитанын күтүү-тилектерин ишке ашыруу. Бүгүнкү күндө Б. л. менен э. – бийликтин туруктуулугунун эки эң негизги факторлору, элдин бийликке болгон ишеними жана колдоосу.

Б. л. менен э. өздөрүнүн мотивдери боюнча айырмаланып турганы менен, өз ара байланышта болушат. Барып келип Б. л-нүн жогоруда биз сөз кылган түрлөрүнүн кайсынысы болбосун элдин Б. э-нө болгон үмүтү, б.а. өз талаптарын канааттандырууга карата болгон үмүтү менен аныкталат. Мис., көптөгөн авторитардык режимдер, башында легитимдүүлүгү жетишпеген өлкөлөр (Чили, Түштүк Корея, Бразилия ж.б.) ийгиликтүү экономикалык саясат, коомдук тартипти бекемдөө жана калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу аркылуу легитимдүүлүккө жетишишкен. Бирок, легитимдүүлүгү жетишсиз, б.а. жарандардын ишеними жана колдоосу жетишсиз болсо, анда эффективдүүлүккө жетишүү өтө татаал. Бүгүнкү күндө көптөгөн мамлекеттер легитимдүүлүк кризисинин азабын тартууда, алардын катарына бүгүнкү Кыргызстан да кирет десек туура болот.

Б. л-нүн түшүнүгүнүн төмөнкүдөй белгилери бар: 1) мажбурлоо даражасынын өсүшү; 2) адамдардын эркиндиктеринин жана укуктарынын чектелиши; 3) саясий партиялардын саясий турмушка катышууга укуктук негиздеринин тардыгы; 4) эркин басма сөздүн укуксуздугу; 5) бийликтин коррупцияга батышы жана анын криминалдык курумдар менен жалгашып калышы; 6) бийликтин экономикалык эффективдүүлүгүнүн төмөндүгү. Акыркы белгиси – бийликтин легитимсиздигинин эң негизги көрсөткүчү. Революция, мамлекеттик көңтөрүш – Б. л-нүн түшүнүгүнүн эң жеткен чеги болуп эсептелет.

БИЙЛИКТИН НЕГИЗГИ ФУНКЦИЯЛАРЫ: коомдун социалдык уюмдашуусун,

анын экономикалык, саясий, идеологиялык стабилдүүлүгүн колдоо; башка социалдык жана *саясий субъектилерге* карата коомдун (мамлекеттин) көз каранды эместигин камсыз кылуу. Жалпысынан алганда *бийлик* коомдук тутумдун уюмдалышы менен иретин, жагымдуу абалын көзөмөлдөө функциясын аткарат. Бийликке жетекчиликтин (башкаруунун) ар кандай формалары мүнөздүү: чечимдер, көрсөтмөлөр, буйруктар ж.б. Коомдук тутум канчалык өнүккөн болсо, бийликтин уюштурулушу ошончолук татаал болот. Алсак, мамлекеттик бийлик мамлекеттик мекемелердин бүтүндөй тутумунан турат. Бийлик мажбурлоону талап кылгандыктан, ал анык ишке ашыруу каражаттарына да ээ болууга тийиш. Мажбурлоо нравалык талап (авторитеттин бийлиги), саясий императив же зомбулук формасында болушу мүмкүн. Бийлик социалдык уюмдашуунун институционалдык учуру болгондуктан аны күч колдонуп үстөмдүк кылуу (мажбурлоо) менен алмаштырууга болбойт. Азыркы мамлекеттик бийликтин түзүмү индустриалдык цивилизациянын түзүлүү доорунда калыптанган. XIX к. феодалдык мамлекет доорунда үстөмдүк кылган мамлекеттик бийликтин жеке-укуктук мүнөзүнүн ордуна анын ачык мүнөзү биротоло бекиген; бул бийликтин чектери орнотулган жекече жана саясий укуктар), бийликтин функциялары ар түрдүү мекемелердин ортосунда бөлүнгөн. Көп учурларда мамлекеттик бийликтин негизги функциялары эле эмес, анын ишмердигинин ар кандай түрлөрү жана ыкмалары да бийлик деп аталат (каржы маселеси боюнча мамлекеттин ишмердүүлүгү – каржы бийлиги). Мамлекеттик органдардын ишмердигинин ыкмалары – кеңешме, чечим чыгаруу, аткаруу – кеңешүүчү бийлик, чечим чыгаруучу бийлик, аткаруучу бийлик түшүнүктөрүнүн пайда болушуна алып келет. Бийликтин жарандык-укуктук мамилелер чөйрөсүндөгү түшүнүгү анын ачык-укуктук түшүндүрмөсүнөн айырмаланып турат. Жарандык укук боюнча бийлик – бул заттардын жана инсандардын үстүнөн болгон тикелей үстөмдүк. Менчик укугу мындай үстөмдүккө мисал боло алат. Жарандык-улуттук мамилелер индивиддик бийлик катары, ар бир адам, биринен-бири көз карандысыз, кандайдыр бир бүтүндүн: коомдун, мамлекеттин бийлигине баш ийген ачык укуктун каршысы, инсандын үстөмдүк чөйрөсү катары мүнөздөлүшү мүмкүн. Бийлик тартипке чакыруучу жана жазалоочу болуп да айырмаланат. Тартипке чакыруучу бийлик – бул ишмердүүлүктүн тигил же бул чөйрөсүндө белгиленген эрежени бузгандыгы үчүн тартипке чакыруу укугу, адамдарды ушул бийликке баш ийүүгө, аларга жүктөлгөн милдеттерди аткарууга чакыруу. Тартипке чакыруу бийлик мазмуну көзөмөлдөө милдеттери, тартиптин белгиленген эрежелерин бузгандарды жоопкерчиликке тартуу укугу менен да мүнөздөлөт. Жазалоочу бийлик – бул кылмышы үчүн жазалоочу-аныктоочу укуктук тартипти талап кылган, демек, өзүнүн нормалдуу жазалоосун камсыз кылуу чараларды талап кылган мамлекеттин өзүнүн маңызынан улам келип чыгат.

БИЙЛИКТИН РЕСУРСТАРЫ жана ТҮРЛӨРҮ – *бийликтин субъектисинин* (бийлик ээси) объектиге (бийликке баш ийгендер) таасир этүүдө колдонулуучу каражаттардын жыйындысы – бийлик ресурстары болуп эсептелет. Б. р. – утилитардык, зордукчулук жана нормативдик болуп бөлүнөт. Утилитардык ресурстар – бул адамдардын күнүмдүк кызыкчылыктарына байланышкан материалдык ж.б. социалдык жыргал, бардык нерседен материалдык пайда чыгарып алууга умтулуучулук. Бул ресурстардын жардамы менен *мамлекеттик бийлик* кээ бир саясатчыларды эле эмес, элдин бүтүндөй бир катмарын сатып алышы мүмкүн. Бийликтин утилитардык ресурстары күткөн жыйынтыкты бербей калган учурда, б.а. кээ бир саясатчыны сатып алуу (кызмат берүү, кредит же башка жеңилдиктер ж.б.) мүмкүн болбой калган учурда бийликтин зордукчул ресурстары ишке кирет. Буларга куугунтукка алуу, кээ бир күнөөлөрүн таап сотко берүү, экономикалык «блокада» түзүү ж.б. Ал эми бийликтин нормативдик ресурстарына – жетекчи менен баш ийгендердин максаттары, кызыкчылыктары бирдей экендигине ишендирүү, бийлик ээсинин аракеттери, кылган иштери туура экендигине колдоо көрсөтүүнү камсыз кылуу, анын

айткандарын аткарууга ынандыруу кирет. Бийликтин булардан тышкары дагы көптөгөн ресурстары бар: мажбурлоо, зомбулук, ишеним, харизма, ынаным, талам, укук, салттар ж.б.

Бийлик төмөнкүдөй элементтерден турат:

1. Бийликтин булактары – *авторитет*, күч, кадыр-барк, *мыйзам*, байлык, билим, харизма, жашырын сыр, талам ж.б.

2. Бийликтин субъектилери – *мамлекет* жана анын институттары, *саясий элиталар* жана лидерлер, *саясий партиялар*.

3. Бийликтин объектилери – индивид, социалдык топ, масса, тап, элдин катмарлары ж.б.

4. *Бийликтин функциялары* – үстөмдүк кылуу, жетекчилик, жөнгө салуу, көзөмөл жүргүзүү, текшерүү, башкаруу, уюштуруу, жазалоо ж.б.

5. Бийликтин ресурстары – мажбурлоо, зордук-зомбулук, ынандыруу, сыйлык берип көтөрмөлөө, укук, салттар, коркутуу, мифтер ж.б.

Бийлик жүргүзүүнүн эки негизги ыкмасы бар, муну бийликтин «эки жүзү» деп коюшат. Биринчиси, баш ийүүчүлөрдү бийлик ээсине жаккан иштерди жасоого түртүү. Экинчиси, бийлик ээсине каршы иш жасаган же аракет кылгандарды басуу, жок кылуу. Ушундан улам бийлик жүргүзүү – демократтык (бийликке баш ийүүчүлөр да катышат), авторитардык (чектелбеген бийлик, бирок ар бир адамдын үстүнөн толук көзөмөл жүргүзүүгө аракет кылбайт), тоталитардык (объекттин үстүнөн болгон субъектинин толук көзөмөлү), конституциялык (мыйзамдын чегинде башкаруу), деспоттук (мыйзамсыз, чектелбеген, өз билгенин кылган бийлик), либералдык (адамдын эркиндигин жана укуктарын сыйлаган бийлик) ж.б. болүнөт.

Ресурстарына карап бийликти төмөнкүдөй түрлөргө болот – экономикалык, социалдык, маданий-информациялык жана зордукчулук.

Экономикалык бийлик – бул экономикалык ресурстардын үстүнөн көзөмөл, ар кандай материалдык байлыктарды менчиктөө. Бейпил жашоо мезгилинде экономикалык бийлик бийликтин башка түрлөрүнө салыштырганда биринчи орунда турат. Экономикалык бийлик материалдык байлыкты бөлүштүрөт.

Социалдык бийлик – бул кызматтарды, сыйлыктарды бөлүштүрөт, льгота менен артыкчылыктарды берет, элдин кеңири катмарын өзүнө тартыш үчүн социалдык саясаттын мүмкүнчүлүктөрү абдан кеңири.

Маданий-информациялык (маалымат) бийлик – бул, биринчи кезекте, илимдин, билимдин, информациянын жана аларды таратуу каражаттарынын жардамы менен элдин үстүнөн бийлик жүргүзүү. Буга мораль, адеп-ахлактык жана дин бийлиги да кирет. Мындай бийликти жүргүзүү каражаттарына мектеп, жогорку окуу жайлары, массалык маалымат каражаттары – радио, гезиттер, телекөрсөтүү ж.б. кирет.

Зордукчул бийлик – бул күч ресурстарына таянган жана күч колдонуу жардамы менен элдердин үстүнөн болгон көзөмөлдү билдирет. Бул бийликтин чордонун – армия, милиция, коопсуздук кызматы, сот жана прокуратура, түрмө ж.б. түзөт.

Саясий бийликтин бир катар өзгөчө белгилери бар: 1) мамлекеттин чегинде күч колдонуунун легалдуулугу; 2) башка бийликтер үчүн чечимдери милдеттүү болот, аларга үстөмдүк кылат, башка мекемени же ишкананы чектеп же жоюп коюуга укугу бар; 3) ачыктыгы жана жалпыга бирдейлүүлүгү, бүтүндөй коомдун атынан бийлик жүргүзөт; 4) бир борбору болот, бардык саясий чечимдер бир борбордон кабыл алынат; 5) ресурстарынын көп түрдүүлүгү, бул ресурстар жөнүндө жогоруда кенен айтканбыз.

БИЙЛИКТИН СУБЪЕКТИЛЕРИ катары төмөнкүлөр чыгат: *мамлекет, саясий партиялар, таптар*, социалдык топтор, коомдук-саясий уюмдар, индивиддер. *Бийлик* мамлекеттик формада (*мыйзам чыгаруучу бийлик, аткаруучу бийлик, сот бийлиги*) мамлекеттик эмес уюмдардагы жана мекемелердеги бийлик ж.б. болуп бөлүнүшү мүмкүн. Үстөмдүк кылуу, башкаларды өзүнө баш ийдирүү тигил же бул субъектин же социалдык топтун төмөнкүлөргө негизделген укугу катары каралат: 1) чектелбеген артыкчылык (кудайдын бийлиги); 2) зарылчылыктан улам келип чыккан артыкчылык (балдардын үстүнөн ата-эненин бийлиги); 3) тиешелүүлүгүнө карата артыкчылык (сатып алынган эрксиздин үстүнөн кожоюндун бийлиги). Мамлекеттик, саясий бийлик коомду бүтүн-

дүн анын белгилүү бир бөлүктөрүн өзүнө баш ийдирүү укугун чагылдырат. Бийликтин мааниси бүтүндүк укуктары менен кызыкчылыктарынын бөлүктүн укук, кызыкчылыктарынан айырмасын көрсөтүү катары шартталат. Иш жүзүндө мамлекеттеги бийлик проблемасы, бул коомдук бүтүндүн кызыкчылыктарын жана идеологиясын алып жүрүүчү жана көрсөтүүчү катары жогорку бийлик ким тарабынан жана кандайча жүргүзүлүүгө тийиш экендигинде.

БИЛИМ БЕРҮҮ, ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ (ЮНЕСКО) – өкмөттөр аралык уюм, БУУнун адистештирилген мекемеси. 1946-ж. негизделген. ЮНЕСКОнун максаттары: билим берүү, илим жана маданият тармактарындагы эл аралык кызматташтыкты колдоо аркылуу тынчтык жана коопсуздук ишине салым кошуу; БУУнун Уставына ылайык расасына, жынысына, тилине жана диниие карабастан адамдын укуктарын жана негизги эркиндиктерин, мыйзамдуулукту жана адилеттүүлүктү камсыз кылуу. КР ЮНЕСКОнун курамына 1992-ж. 2-июнунда кирген.

БИЛЛЬ (англ. bill, орто кыл-да bulla – моор, мөөр басылган кагаз) – АКШ, Улуу Британия жана бир катар башка өлкөлөрдө *парламент*тин кароосуна алып чыгарылган мыйзамдардын долбоору; андан тышкары мыйзамдардын аты (мис., *«Укуктар жөнүндөгү билль»*).

БИОСАЯСАТ – саясий феномендерди изилдөөдө биологиялык түшүнүктөрдү жана ыкмаларды пайдаланууга колдонгон концепция. Б. соцбиологиядан айырмаланып, Э. Вильсон боюнча жүрүм-турумдун коомдук формасын изилдөөдө эволюциялык көз караш менен карап, эскирип калган социалдык турмушту жонго салуучу формалары катары аларды талкуулоодон четтеп турат. *Саясий турмуштагы* биологиялык факторлор *Платон* жана *Аристотель* тарабынан бааланып, алар айрым адамдар, табияты боюнча *кулдар* жана аялдар эркектерге баш ийүүсү керек дешкен. Мында негизги сөз ири саясий философиянын ачылышында болгон: *саясат* адамдын сезими тарабынан табигый түрдө жаралат. Бул проблема кийин *Н.Макиавелли, Т.Гоббс, Дж.Локк* тарабынан изилденген, XIX к. бул маселеге социал-дарвинизмдин жактоочулары, XX к. фрейдисттер, соцбиологдор кайрылышкан. *Агрессия*, зордук, коргоо реакциялары, жүрүм-турумду координациялоо – Б-ка жакындаштырылган. Мис., үстөмдүк кылуу топтун калган мүчөлөрүнүн көңүлүн буруу ыкмасы катары каралган (бул феномен биологияда жакшы изилденген). Ушундай өзүнө тартуунун эки тиби бар: 1) агониялык (коркутуу жана күч аркылуу); 2) гедониялык (кичи пейилдик, тынчтандыруу, сыйлоо). Приматтардын жүрүм-туруму көрсөткөндөй, *лидер*ди болуп чыгаруу үчүн «тортко», б.а., өтө стресс абалы керек болот. Негизинен лидерликке шыктуу инсандар стресске башкаларга караганда жакыныраак. Лидер же ар бир эле адам үчүн маанилүү факторлор: мээдеги процесстердин структурасында психофизиологиялык жандануулардан башка да, ден соолук, физиологиялык жарамдуулугу, энергиялуулук, кебете, бою жана салмагы сыяктуулар чоң мааниге ээ. Ошондой эле лидердин биологиялык ритми («түнкү» же «таңкы» инсан), тамактануу ыкмасы, көзөмөлдөө методу, физиологиялык өлчөмдөрүн билүү маанилүү. Б-ты изилдөөчүлөр андан башка «дененин тили», «дененин кыймылы», өң түзүлүшү, социалдык ролу канчалык таасирге кире алгандыгы сыяктуу феномендердин айланасында топтолушу мүмкүн. Баскан-турганы, кийген кийими, адамдар менен мамилеси да кирет. Б-та *саясий жүрүм-турумдун* жыныстык жаш курактын өзгочөлүктөрү каралат. Ошондой эле төрөлүүгө көзөмөл жасоону анализдөө да кирет. Мис., Францияда төрөлүүнү жактоо, сыйлоо, Кытайда тыюу салуу ж.б. адам ресурсун жонго салуу масштабында жүргүзүлөт. Мис., католиктердин арасында бойдон алдырууга тыюу салуу реалдуу максатты көздөйт, б.а. «чиркөөнүн күчүн сан жагынан көбөйтүү», XX к. 80-ж. АКШда бул маселе өтө курч турган. Негизинен Б. жалпы биологиялык мыйзамдарга таянып, социалдык-саясий турмушту жонго салуунун механизмдерин изилдейт.

БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ (БУУ) – эл аралык уюм. Башкы максаты – эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту колдоо жана

коргоо, мамлекеттер аралык кызматташтыкты өнүктүрүү. БУУнун уставынын алгачкы долбоору 1944-ж. август–октябрь айларында Думбартон-Окс (АКШ) конференциясында иштелип чыккан. БУУнун Уставы күчүнө кирген 24-октябрь (1945-ж.) жыл сайын белгиленет. БУУнун Уставы кириш бөлүмдөн жана II беренеден турат, анда БУУнун Эл аралык сотунун Статусу да көрсөтүлгөн.

БИРИМДИК (мамлекеттер аралык, улуттук, социалдык, таптык, топтор аралык) – кызматташтыктын конкреттүү маселелерин чечүүнү коомдун субъектилеринин мамилесинин жогорку деңгээлде уюштурулушу. Б. диалог, сүйлөшүүлөр, көбүнчө юридикалык жактан бекитилет да, декларация, келишимдерде жарыяланат. Дүйнөлүк цивилизациянын жашоосу үчүн азыр ар түрдүү *партиялардын* болушу маанилүү. Б. бир нече компоненттерден турат: 1) Б-тин материалдык базасы – өндүргүч күчтөрдүн деңгээли, эл аралык эмгектин бөлүнүшү, технология, социалдык күчтөр, идеологиялык күчтөр, жалпыга бирдей эл аралык укук нормалары; 2) Б-тин маңызы – мамилелердин субъектеринин өз ара ишеним мамилеси, достугу, эки жактуу ишеним, саясий, маданий, социалдык турмушту интернационалдаштыруу; 3) Б-тин мазмуну – объективдүү, субъективдүү мамилелердин жыйындысы; 4) Б-тин формасы мамилени уюштуруу ыкмасы; 5) Б-тин субъекттери – *партиялар, таптар,* катмарлар, *топтор, мамлекет, коомдук уюмдар* ж.б. 6) Б-тин объектилери – ички жана тышкы кыйынчылыктарды чечүүдө ишмердүүлүк багытталган нерсе; 7) Б-тин принциптери – Конституция, Уставда бекитилген юридикалык норма, эрежелердин жыйындысы; 8) Б-тин фактору – Б. чакырган объективдүү жана субъективдүү шарттардын өз ара аракеттениши; 9) Б. керектөөлөрү субъектилердин керектөөлөрү ички жана тышкы шарттардан кийин келип чыгат. Б-тин мааниси – пайда болгон маселени чечүүдө субъекттер биригишет да, жаңы системалуу мыйзам ченемдүүлүктөр пайда болот.

БИРШТЕЙН Борис Иосифович (1947-ж.т. Вильнюс, Литва ССРи) – «Сиабеко-Кыргызстан» мамлекеттик-жеке корпорациясынын президенти (1991-ж. 13-октябрь), Израилдин жана Канаданын жараны, дүйнөлүк масштабдагы машыккан аферист-бизнесмен, илимдин доктору, профессор, БУУнун алдындагы Түндүк америкалык маалымат таануу академиясынын академиги, Нью-Йорк Илимдер Академиясынын академиги, Орусия, Украина, Молдова жана Кыргызстан мамлекеттеринин президенттеринин экономика боюнча кеңешчиси, Бнай Брит-16 масондор тактысынын мүчөсү. 1972-ж. Вильнюстагы текстиль фабрикасынын директору, 1977-ж. Израилге эмиграцияланган, андан Батыш Европа өлкөлөрүнө өтүп бизнес кыла баштаган. 1982-ж. Швейцарияда «Сиабеко» (балдары Симон менен Алекстин баш тамгалары жана «Бирштейн жана компани» сөз айкалыштарынан турат) фирмасын түзүп, ишмердиги СССРден чыккан чийки заттарды сатууда ортомчулук кызмат көрсөтүү болгон.

Б. 1991-ж. А.Акаевдин чакыруусу менен Бишкекке келип «Сиабеко-Кыргызстан» деген мамлекеттик-менчик корпорация түзгөн жана А.Акаевдин мамлекеттик кеңешчиси деген бийик даражага ээ болгон. 1991-ж. Кыргыз Республикасынын экономикасын реконструкциялоо жана өнүктүрүү боюнча Комитет түзүлүп, анын курамына «Сиабеко-Групп» чет өлкөлүк фирмалардын бирикмесинин кызматкерлери киргизилген. «Сиабеко-Групп» корпорациясынын далдалчылыгы менен канадалык «Камеко» корпорациясы «Кумтөр» алтын кенин иштетүү укугун алган. «Кумтөр» долбоорун ишке ашыруу укугу ачык-айкын эмес жана атаандашсыз механизмдер аркылуу уран казуу чөйрөсүнө адистешкен «Камеко корпорациясына» берилген. Алтынды казууга адистешкен башка компаниялардын (мис., Грайберг Продакшн Корп., Англо Америкэн, Ньюмонт ж.б.) көбүрөөк пайдалуу шарттардагы сунуштарынан Кыргыз Республикасынын ошондогу жогорку бийлиги баш тарткан. Кумтөрдүн Б. *А.Акаев* менен бирдикте түзүп жана баштап кеткен *коррупциялык* схемалары, анын укуктук чиеленишкен негиздери бүгүнкү күндөрү да жалаң эле *өкмөттүн* эмес, бүтүндөй *кыргыз* журтунун көйгөйү катары кала берүүдө.

БЛЕФ (англ, bluff – алдоо, коркутуу) – көбүнчө жүрүм-турумдун (анын ичинде саясий) инсандык линиясы дегенге дал келет. «Б.» түшүнүгү карта оюнунун тажрыйбасынан киргизилген; ал ошондой эле ар түрдүү *саясий* күчтөрдүн – топтордун, партиялардын, союздардын чоң күчтөрдү демонстрациялоо же мурдагыга салыштырмалуу көбүрөөк таасир этүү аракеттерин белгилөө үчүн дагы колдонулушу мүмкүн. Саясий сөздүктөрдө, бирок адатта метафоралык мааниде көп учурайт. Ошол эле учурда саясатчылар менен саясий психологдордун айланасында Б-тин стратегиялары саясий таасир этүүнүн каражаттарынын бири катары иштелип чыгат. Алдоо менен козутуудан айырмаланып, Б. өзүнүн тууралыгына ишенимдүүлүктүн жетишээрлик жогорку деңгээли, каалаган натыйжанын «ачыктыгы» менен мүнөздөлөт. Ошентип, Чехословакиядагы советтик элчиликке жогорку советтик аскер начальниктеринин «алдоосу» туурасындагы немец чалгынчылары тарабынан ташталган каттар – козутуу; вермахттын жеңилбестиги жөнүндөгү Гитлердин мактаныч сөздөрү – Б-тин элементтери Хайек (биринчи кезекте «социалдык» деп аталган сын атоочту талдоо менен, андан дагы тереңи – бул «социалисттик» деген сын атоочко мүнөздүү, өзгөчө «социалисттик эмгек», «социалисттик тандоо» ж.б. сөз айкаштарында) «виляющий» деп атаган сөздөр менен сөз айкаштарын колдонууда көрүнөт. Бул өңдөнгөн сөздөр каалаган идеологиялык конструкцияда жана ага ылайык келген саясий риторикада бар. Күнүмдүк саясий сөздүктө «Б.» термини көбүнчө ылайыксыз маанидеги саясий партияларды көрсөтүү үчүн колдонулат.

БЛОК, саясий – жалпы максаттарына жетишүү үчүн мамлекеттердин, *саясий партиялардын*, коомдук-саясий уюмдардын бириктмелери. Б. термини биринчи жолу XX к. башында Францияда пайда болуп, монархисттерге, улутчулдарга жана клерикалдарга каршы өкмөттүн саясатын колдогон партиялардын бириктмесин билдирген. *Парламенттеги* партиялык *фракциялардын* блогу мыйзам долбоорлорун кабыл алуу же четке кагуу үчүн түзүлөт. Шайлоо кампаниясы мезгилинде көз караштары жакын партиялар бирге күрөшүү максатында өз ара келишим (депутаттык жана министрлик орундарды бөлүштүрүү, өз ара мамилелердин формалары жөнүндө) түзүшүп, бир шайлоо блогуна биригишет. Мис., 1995-ж. эки палаталуу Жогорку Кеңешке шайлоо алдында *Кыргызстан Биримдик партиясы, Агрардык партия*, Кыргызстан аялдарынын конгресси ж.б. бир катар коомдук-саясий уюмдар уюштуруу жана андан кийинки, парламенттин курамындагы кызматташтыктарды жүргүзүү үчүн (декабрь, 1994-ж.) түзүшкөн. 1994-ж. сентябрда ЭрК партиясы, ККП жана бир катар коомдук уюмдар кирген, радикалдуу багыттагы Б. «Демократтык күчтөрдүн Конгресси» түзүлгөн. Б-ко кирген партиялардын ишмердик формалары ар түрдүүчө болушу мүмкүн; элге карата биргелешкен кайрылуулар; депутаттыкка талапкерлерди биргелешип көрсөтүү; шайлоо алдында бирдиктүү *саясий платформаны* иштеп чыгуу; коалициялык өкмөттү түзүү; митинг, демонстрация ж.б. саясий акцияларды биргелешип өткөрүү ж.б. Мамлекеттер аралык Б-тор коргонуу, тынчтык, согуш (ТАКУ ж.б.), экономикалык (ПРООН ж.б.) ж.б. маселелерди чечүү максатында түзүлөт.

БЛОКАДА (фр. blockade – курчоо, бекитип таштоо) – белгилүү бир талаптарды аткарууну мажбурлоо үчүн мамлекеттин бир бөлүгүнүн сырт менен байланышуусун (саясий, экономикалык, аскердик, дипломатиялык) токтотууга багытталган иш-чаралар. Б. жер үстү, деңиз үстү, аба жолу аркылуу болуп болүнөт. Азыркы эл аралык укукта Б. *агрессия* түрүндө каралат (БУУнун Коопсуздук кеңеши гана эл аралык тартипти жана коопсуздукту орнотуу максатында киргизүүгө укуктуу).

БОДЕН Жан (1529, 30–1596) – француз ойчулу, социолог, юрист. Негизги эмгеги «*Мамлекет* жөнүндө алты китеп». Бул китепте: «суверенитет» деген түшүнүккө аныктама берилет. Б-дин ою боюнча суверенитет – негизги мыйзамдарды чыгаруучу жана аларды ишке ашыруучу, көз карандысыз, абсолюттук бийлик. Мындай бийлиги жок мамлекет жашай албайт, суверенитет жогорку мыйзам чыгаруучу орган болгондуктан, мамлекеттин тибин (*монархия, аристократия, демократия*) аныктайт. Б-дин

ою боюнча суверенитет мыйзамдарды акыйкат экендигине көз каранды эмес, аларды чыгаруучу күчүнө жараша болот. Б. суверенитеттин утилитардык концепциясын түзүүгө жардам берген.

БОЙКОТ – 1) адам менен, же бир уюм, *мамлекет* менен болгон мамилелерди толук же убактылуу өзүнө-өзүн камтыган саясий жана экономикалык күрөштүн каражаты. Мис., мамлекеттердин ортосунда – товарларды экспорттоого жана импорттоого эмбарго коюу, бажылык салыктын жана тарифтердин чындыкка дал келбөөчүлүгү ж.б. Б. коомдогу ар кандай социалдык топтор, таптар тарабынан да колдонулат. Мис., жумушчулардын ишкерлерге каршы Б. жумушка орношууда уюмдашып алып баш тартуу, тигил же бул ишкананын продукциясын сатып алуудан баш тартуу ж.б. Б. коомдун *саясий турмушунда* колдонулат. Мис., парламенттин депутаттарынын бир тобу тигил же бул маселени талкуулоодон, белгилүү бир максаттарга жетүү үчүн баш тартуусу, мамлекеттин аткаруучу бийликтин өкүлүнүн чечимдерин буйруктарын аткарбай коюу ж.б.; 2) каршы экендигин билдирүү үчүн белгилүү бир тарап менен мамилелерди үзүү.

БОЙЛА – Кыргыз *мамлекетинин* байыркы жана орто кылым дооорлорундагы мамлекеттик башкаруу титулу. VII к. таандык жазуу эстеликтеринде Тоңйокуктун демилгеси менен Кутлуг өзүн Илтериш-каган деп жарыялап, Тоңйокук «бойла бага тархан», ал эми Мочжо жана Дусифу деген кенже инилери *«шад», «ябгу»* («жабагы») наамдарына ээ болушкан. Демек, «бойла бага таркан» кагандын башкы кеңешчиси, иш башкаруучу баш министр, мамлекеттик башкаруу аппаратынын жетекчиси титулуна дал келген. Монголиянын Сужа деген жеринен табылган (Сужа жазуусу) рун сымал кыргыз жазуу эстелиги өтө баалуу тарыхнаамалык мааниге ээ. «...Мен келдим, Уйгур жергесинде Яглакар-ханды жаа менен атып өлтүрдүм. Мен кыргыздын уулумун (перзентимин). Мен Бойла Кутлуг Тарганмын. Мен башкаруучу Кутлуг Бага Таркандын өкүмүн (буйругун) аткаруучумун. Менин даңкым күн чыгыштан күн батышка чейин угулду. Менин ондогон айылым, сансыз мал-жаным бар эле. Жети кичүү инилерим, үч уулум, үч кызым бар эле. Уулдарыма чарба, мал-жан, энчи бөлүп бердим, кыздарымды калыңсыз күйөөгө узаттым...». Демек, Кутлуг Ярган (таркан) – кыргыз аскер башчысынын энчилүү атын, ал эми «бойла» термини титулду аныктайт. Кыргыздын көрүнүктүү аскер башчысы Бойла Кутлуг Тарган (Тархан) кыргыз тартибинин Борбордук Азиянын аймактарына орношуна жетекчилик кылган. Бул жазуу эстелигин кыргыз тарыхын, анын байыркы тил маданиятын изилдөө боюнча өтө баалуу булак катары кароо туура болот.

БОЛУШ (орусча – волость, волостной управитель – башкаруучу) – падышалык Орусияда аймактык-администрациялык бирдик. Орусиянын курамына кирген Кыргызстандын аймагы уезддерге жана волостторго (болуштарга) бөлүнгөн. Болуштуктун көлөмү тууралуу ар кандай көз караштар бар. Бирөөлөрү, болуштук 1000–2000 түтүндөн турган десе (Кыргыз тарыхы сөздүгү), экинчилери 300 түтүнгө жакын (Х.Карасаев. Өздөштүрүлгөн сөздөр, Фрунзе, 1986) деп белгилешет. Болуштукту башкаруучу адам Б. деп аталган. Б. эл тарабынан шайланып, шайлоо системасы эки баскычтан турган. Биринчи баскычында 50 түтүндөн бир шайлоочу өкүл «элүү башы» шайланган. Экинчи баскычында, ошол элүү башчылардын жыйынында (волостной сход), 3 жылдык мөөнөт менен Б. шайланып, өкмөттүн жардыктары менен сот өкүлдөрүнүн чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөп, талаш-тартыштарды чечип, жер, жайыт, чабынды болүү, салык салуу жана жыйноо милдеттерин аткарган. Күнөөлүүлөрдү уруп-сабоого, айып салууга, кыска убакытка камап коюуга укугу болгон.

БОНАПАРТИЗМ – 1) тарыхый жактан таптардын ортосунда «жылмалоочу», саясий-согуштук *диктатуранын* формасы; 2) XIX к. аягында жашоосун токтоткон Бонапарттардын династиясына багытталган саясий агым. Анын негизги белгилери: 1) мамлекеттин үстүнөн көзөмөл; 2) армияга таянат; 3) социалдык-таптык маселелерди тез жана жылма чечүү жөнүндө демагогдук аракет, билдирүү. Б. термини XVIII–XIX кк. башында саясий структураларды түшүндүрүү үчүн колдонулат.

О.Бисмарк жана П.Столыпиндин ишмердиктерине Б. мүнөздүү болгон. Б. ошондой эле Сталиндин саясатына да тиешелүү – ал өз саясий душмандары Л.Д. Троцкий, М.М. Тухачевский, Т.К. Жуковду «Б.» үчүн айыптоо маневрин колдончу. Б-ге окшош көп кырдаалдар XX к. 2-жарымында Латын Америкасында көп байкалат. Мис., Пиночеттин режимин – необонапартизм деп коюшат. Мында Б. үчүн сөзсүз экинчи императордук бийлик керек эмес, бирок армияга таянуу эң негизги болуп кала берет. Саясий психологиялык планда Б. *лидерликтин* стили катары төмөндөгүдөй каралат: биринчиден, провокация, күчкө сыйынуу, манипуляция; экинчи жактан, мобилдүүлүк, таасир көрсөтүү каражатын тандоодо өтө айлакерлик. Саясий «оюндун» негизги эрежелери: а) «тартипке чакыруу» максатында штампты пайдалануу; б) бийликти кармап калуу үчүн саясий ураандарды тез арада өзгөртүү; в) «тапсыз», «партиясыз» деген түшүнүктөрдү кеңири колдонуу. К. Маркстын «Луи Бонапарттын он сегизинчи брюмери» деген эмгегинде классикалык мүнөздөмө берилет: Б. – бул бир социалдык күчкө таянуу, башка бир күчтү активдүү пайдалануу, үчүнчү бирөөнү тукуруп (армия) андан кийин бардыгын басуу». Бир гана кызыкчылык – бийлик сакталып калышы үчүн курмандыкка бардыгы чалынат. Н.Р. Бакунин тескерисинче, Б-ге башкача мүнөздөмө берет. Ал боюнча Б. эч кандай социалдык, саясий, экономикалык өнүгүү менен байланышта эмес, жөн гана француз коомундагы таптардын ортосундагы терең пикир келишпестиктерден пайдаланган каракчылардын бандасы жана анын колунда эң күчтүү каражат – коррупция бар деген. Коррупция дегенди Бакунин – индивиддин коомдук пайдага жана биримдикке өз жеке кызыкчылыгы үчүн кайдыгер карашын түшүндүрөт. Ушул Б. үчүн түрдүү социалдык атмосферасы бар улуттук аймактарда негиз түзүлүп, жаңы варианттардын пайда болушуна алып келди.

БОРБОР – 1) мамлекеттин *саясий мейкиндигинде* жана анын *саясий тутумундагы* аймактарда, райондордо, цивилизациянын масштабында же *бийликти* жана анын атрибуттарын – күчүн, үстөмдүгүн, таасирин, авторитетин, анын функцияларын – саясаттын түзүлүүсү, башкаруунун ишке ашырылуусу, көзөмөл ж.б. топтоонун дүйнөлүк коомдоштугунда басымдуулук кылган аталыш. *Саясий мейкиндиктин* территориялык масштабы жана Б-дун маанисине жараша – мамлекеттик, облустук, райондук бийликтин Б-у, эл аралык уюмдарды башкаруу Б-у, мамлекеттердин блокторунда жана дүйнөнүн аймактарында таасир этүү Б-у ж.б. болуп айырмаланат. Күндөлүк саясий тилде Б. деп борбор шаар, административдик башкаруу Б-у ж.б. аталат.

Саясий Б-дун тарыхый пайда болуусу бийликти борборлоштуруу жана концентрация процесси, анын жетектөөчү мекемелеринин жана саясаттагы борбордук-перифериялык мамилелердин тутумунун түзүлүүсү менен байланыштуу. 2) Парламенттеги, ошондой эле орточо, борбордук *саясий партиялардын* жана күчтөрдүн компромиссине макул боло турган орточо топтошуунун аталышы. *Парламенттик* Б-дун мааниси өтө чоң – бул саясий күчтөрдүн тең салмактуулук борбору. Күчтүү борбор – *саясий туруктуулуктун* салымы. Борбордук көпчүлүктүн базасында түзүлгөн *аткаруучу бийлик* көбүнчө туруктуу келет. Мындай Б. оппозициянын ролуна парламентте сол жана оң топтошууну бириктирет.

БОШОҢДОО, с а я с а т т а (орусча разрядка; фр. détente – бошоңдоо, алсыздануу) – эл аралык мамилелердин кыйындагандыгынын төмөндөшү, разрядкасы. Бул термин *«Кансыз согуш»* мезгилиндеги АКШ менен СССРдин ортосундагы мамилелердин кыйындагандыгынын алсыздануусун мүнөздөө үчүн колдонулган жана түз эле куралдануунун үстүнөн контролдоо процесстери жана прогресстери менен ассоциацияланган. Б-нун негизги мезгили 1963-ж. баштап 1970-ж. чейин болгон. Мында ядролук куралды сыноого тыюу салуу тууралуу келишимине кол коюлган. 1980-ж. ортосунда СССРдин бийлигине М.Горбачевдун келүүсү менен Б-нун кайра өнүгүүсү башталган. Бирок *«Кансыз согуштун»* аякташы менен термин колдонулбай калган.

БОШОТУУНУН ТЕОЛОГИЯСЫ (исп. teología de la liberación, англ. liberation theology) – теологиянын христиандык мектеби, өзгөчө

Рим-католик *чиркөө*сүндө. Б. т-нын эки негизги принциби бар: 1) күнөөнүн булагы тууралуу маселе. 2) *христиандар Кудай* тарабынан берилген бардык таланттарын – интеллектти, өзгөчө илимди байгерлик үчүн колдонуусу керек деген идея. Бул багыттын теологдору жакырчылык күнөөнүн булагы деп эсептешет жана жакырчылыктын феноменин изилдөө үчүн социалдык жана экономикалык илимдерди колдонушат. Негизи Б. т. күнөөлөрдүн булагы болгон жакырчылык менен күрөшүүнүн мүмкүнчүлүктөрүн изилдейт. Натыйжада христиандык теология (өзгөчө римдик-католиктик) менен саясий ишмердүүлүктүн ортосундагы мамилени изилдейт, өзгөчө социалдык адилеттүүлүк, жакырчылык жана *адам укуктары* тармагында. Б. т-нын негизги методологиялык жаңы киргизүүлөрү болуп – теологияны жакырлардын жана эзилгендердин көз карашында кароо саналат.

БӨКӨЙ – кыргыз коомундагы *баатырлар* катмарына карата айтылган термин. Бул сөз кыргыз, монгол тилдеринде «балбан», «алп», «күчтүү» маанисин аныктайт. Монгол тилинде бул сөз «буку» формасында «балбан», «күчтүү» маанисин берет. «Манас» дастанында да «бөкө» термини жөнүндө маалыматтар чагылдырылат: Бөкө – эпизоддук кейипкер; Бөкө – балбан, карылуу адам. Мис., Саринжи Бөкөй. Түрк-монгол эпосторунда да жеке адамдын күч-кубатын, тайманбас кайратын мүнөздөй турган көркөм каражат катарында милдет аткарат. Эпосто сейрек болсо да сакталып калган Бөкө деген көркөм каражаттын байыркылыгы байкалат. Анткени, алгачкы баатырдык эпостордун салттык эпитеттеринин бири болгон Бөкө деген сөздүн Манас менен Жолойго карата айтылгандыгы алардын байыркы образ экенин аныктайт. Демек, «бөкөй» – балбандар, алптар ж.б. деген маанини туюнтат.

БРАХМАНИЗМ – Байыркы Индияда б.з.ч. бир миңинчи жылдын башында пайда болгон дин, соңку Веда дининин аты.

БРЕЙН-ДРЕЙН (англ. мээ жана чыгуу, агуу) – турмуш деңгээли төмөн өлкөдөн илимий, илимий-техникалык, гуманитардык жогорку квалификациялуу адистердин жашоо деңгээли жогору өлкөлөргө кетүүсү.

БРИФИНГ (англ. briefing – инструкция берүү, чакан чогулуш) – белгилүү бир маселелер жөнүндө өкмөт өкүлүнүн журналисттер алдында чакан чогулуш жасап, баяндап берүүсү. Б. пресс-конференциянын бир түрү катары белгилүү, бирок пресс-конференциядан айырмаланып сөзсүз түрдө басмага чыгышынын зарылчылыгы жок.

БУДДА (санскр. – «күнөөдөн арылган» деген мааниде) – буддизм дининде олуялыкка жеткен «касиеттүү» адам. Буддалык диний китептерде миңден ашык Б-лар бар. Тар мааниде Б. деп – буддизмди негиздөөчү Сидахатра Гаутаманы айтат, ал б.з.ч. 623-544-жж. жашаган. Б. жөнүндө ар түрдүү легендалар пайда болгон. Ага коюлган эстеликтер «касиеттүү» деп эсептелинет.

БУДДИЗМ – б.з.ч. VI к. Индияда пайда болуп, Түштүк-Чыгыш Азия менен Ыраакы Чыгыш өлкөлөрүндө таралган дүйнөлүк диндердин бири. Уламыш боюнча ага Б. негиз салган. Адегенде *Брахманизмдин* бир тармагы катары пайда болгон. Б-дин мүнөздүү өзгөчөлүгү анын этикалык жана практикалык багыты болуп, турмуш менен инсанды борбордук проблема катарында сунуш кылып, айрым түшүнүктөрүн мурастап алганында. Б-дин негизги мазмуну болуп *Будданын* «Төрт маанилүү акыйкат» жөнүндөгү үгүт-насааты эсептелинет: азап чегүү, азап чегүүнүн себеби, азап чегүүдөн бошонуу жана азап чегүүдөн бошонууга алып баруучу жол.

БУЙРУК (Buiruk), буйруктар – Кыргыз каганатындагы административдик башкаруу кызматтык функциясын аткарышкан. Түрк каганаты үч «ичкерки» жана алты «сырткары» буйруктарга бөлүнгөндүгү маалым. Кытай жыл баяндарында бул административдик башкаруу мансаптары министрликтер, *тутуктар* же жер-жерлердеги мандаты бар башкаруучулар деп жазылган.

БУКАРА (арабча) – 1) бир мамлекетке, уруулук бирикмеге же феодалдык төбөлгө (*бек, балуш, бай-манап*, хан, падыша) караштуу эл, уруу же жеке адамдын аталышы; 2) кедей-кембагал, жарды, колунда жок. Букарадан тың чыкса, манаптан тилин тартпаган (Токтогул); 3) бир урууга багыныктуу башка уруу

же адам. Күтүп калсаң букара, Аргын, ногой эл мына («Манас»); 4) совет бийлигинин алгачкы жылдарында Б. пролетариат деген мааниде кабылданып, 1917-ж. Пишпек уездинде кыргыз, казак, татар ж.б. улуттардын кедей жана орто дыйкандарын бириктирген демократтык уюм «Букара» союзу түзүлгөн. Уюмдун программасында кыргыз элинин *саясий аң-сезимин* жана *саясий маданиятын* көтөрүү, кыргыз коомунун *саясий турмушун* демократтык негизде жөнгө салуу максаттары коюлган. «Букара» союзун К. Сарыкулаков жетектеген. 1918-ж. май айында бул союз «Кыргыз пролетарларынын совети» болуп өзгөртүлгөн.

БУРЖУАЗИЯ (фр. bourgeoisie – шаар тургундары) – социалдык катмар. Феодализм учурунда Батыш Европа өлкөлөрүнүн шаардык тургундарын «буржуа» деп атап келишкен. Б. XVI к. революциялар менен реформалар мезгилинен калыптана баштап, кийинчерээк бул топтун курамын өндүрүш, соода жана каржы-насыя жаатындагы кызматкерлер түзгөн. Б-нын калыптануусу коомдогу саясий, экономикалык жана социалдык өзгөрүүлөрго байланыштуу болгон. Б. өндүрүш күчтөрүнүн өнүгүүсүндө чоң роль ойногон. XVII–XIX кк. Буржуазиялык революциялар Б-га *саясий бийлик* ыйгарып, капитализмдин өнүгүшүнө шарт түзгөн.

БУУнун АДИСТЕШТИРИЛГЕН МЕКЕМЕЛЕРИ – экономикалык, социалдык, маданий жана башка чөйрөлөрдө иш-аракет жүргүзүүчү эл аралык, өкмөттөр аралык уюмдар. БУУнун а. м. өз алдынча эл аралык уюмдар болуп саналат. Алардын түзүмдөрү, компетенциясы жана башка уюштуруу маселелери укуктук тартипте эл аралык келишимдерде, макулдашууларда же түзүү актыларында, алардын органдарынын регламенттеринде аныкталган. Азыркы учурда БУУнун 14 адистештирилген уюму бар: Бүткүл дүйнөлүк почта бирлиги (БДПБ), Эл аралык электр байланыш бирлиги (ЭЭББ), Эл аралык жарандык авиация уюму (ИКАО), Билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча Бириккен Улуттар Уюму (ЮНЕСКО), Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму (БДССУ), Бүткүл дүйнөлүк метереология уюму (БДМУ), Эл аралык деңиз уюму (ИМО), Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюму (ВОИС), БУУнун Азык-түлүк жана айыл-чарба уюму (ФАО), Эл аралык валюта фонду (ЭВФ), Айыл-чарбаны өнүктүрүүнүн эл аралык фонду (АЧОЭФ), Эл аралык эмгек уюму (ЭЭУ), Өнөр жайды өнүктүрүү боюнча Бириккен Улуттар Уюму (ЮНИДО), Бүткүл дүйнөлүк банк (ага төмөндөгүлөр кирет: Эл аралык кайра куруу жана өнүктүрүү банкы (ЭКЭБ), Эл аралык каржы корпорациясы (ЭКК), Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (ЭОА), Көп тараптуу инвестициялык кепилдиктер боюнча агенттиги (КТИК), Эл аралык инвестициялык талаштарды жөнгө салуу боюнча борбор (ЭИЖСБ)).

БУУнун БАШКЫ АССАМБЛЕЯСЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИ – БУУнун актылары; жазуу жүзүндө кабыл алынат, сунуштама гана күчүндө болсо дагы эл аралык укуктун принциптерин жана ченемдерин калыптандырууга жана чыңдоого жардам берет. Ушуну менен бирге эле БУУнун Башкы Ассамблеясы БУУнун мүчөсү болгон мамлекеттер үчүн милдеттүү болуп саналган чечимдерди (токтомдорду) да кабыл алат. Аларга БУУнун ички турмушуна (бюджетти жана жол-жобо эрежелерин бекитүү, чыгымдарды бөлүштүрүү ж.б) тийиштүү чечимдер кирет.

БҮЙҮР КЫЗЫТУУ – адамдын, социалдык топтордун, саясий партиялардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, мамлекеттик башкаруу органдарынын ж.б. коомдо орун алган тигил же бул процесске, окуяга же жараянга карата колдоо же колдобоо иретиндеги мамилеси, кызыгуусу, көз карашын кескин билдирүүсү. Б. к. термини соңку мезгилдеги кыргыз коомчулугунда аракеттерди так жана даана билдирүү максатында журналисттер тарабынан көп колдонулууда. Мис., Бийлик тарабынан 2013-ж. оор кылмышкер А.Батукаевдин бир күн ичинде түрмөдөн чыгарылып, атайын уюштурулган учакка салынып өлкөдөн чыгарылып кетиши коомчулуктун Б. к-кан окуялардан болду, же «Улак тартуу» оюну 2014-ж. 9-14-сентябрда Чолпон-Ата ш. болуп өткөн көчмөндөрдүн бүткүл дүйнөлүк 1-оюнуна келген коноктордун Б.к-ты ж.б.

БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО УЮМУ (ВОЗ) – Эл аралык өкмөттөр аралык уюм. БУУнун атайын органы, 1946-ж. түзүлгөн. Уставында көрсөтүлгөн милдеттер: өтө коркунучтуу оорулар менен күрөшүү, эл аралык санитардык эрежелерди иштеп чыгуу, айлана-чөйрөнүн санитардык абалын жакшыртуу ж.б. Жайгашкан орду – Женева.

БЮДЖЕТ (эски норманд тилинен bougette – капчык, баштык, булгаары кап) – белгилүү бир тараптын (үй-бүлө, бизнес, уюм, мамлекет ж.б.) белгилүү бир убакытка, көбүнчө бир жылга орнотулган чыгашалардын жана кирешелеринин схемасы. Б. – макроэкономика жана микроэкономикадагы эң маанилүү концепция (мамлекеттик бюджет). Б-ти каржы илими изилдейт.

БЮЛЛЕТЕНЬ (фр. bulletin, итал. bulletino – баракча) – 1) коомдук мааниси бар иштер, орун алган окуялар тууралуу кыскача расмий кабар; 2) мамлекеттик мекемелер жана коомдук уюмдар тарабынан маал-маалы менен чыккан басылмалар; 3) шайлоо Б-и – талапкерлердин аты-жөндөрү жазылган добуш берүүгө арналган барак.

БЮРОКРАТИЯ (фр. bureaucrate – мамлекеттик мекемелерде стол жапкан жашыл сукно; мамлекеттик аппараттын ортоңку звеносун тейлеген кызматчы). Б-нын болуусу саясат жана *бийликтин* жашоосу үчүн зарыл шарт. Б. администрациялык иштин техникасына ээ, маалыматтар, документтер колунда, ошондуктан ал мамлекеттик чечимдер, актыларды даярдоо, түзүү мүмкүндүгү, калк менен түздөн-түз байланышка чыгууну аткарат. Б. термини үч мааниде колдонулат: 1) Социалдык организм, социалдык карама-каршылыктар, *антогонизм конфликт*, уюштуруу-башкаруу гана эмес, саясий «бөлүнүүчүлүк» натыйжасы (обочолонуу). 2) Өзгөчө функция жана артыкчылыктарга ээ, коомдон обочолонуп, андан бийик турган бийлик аппаратынын жардамы менен ишке ашырыла турган башкаруу системасы. 3) Ушул система менен байланышкан элдердин катмары Б. коомдук өнүгүүнүн бардык этаптарында аң-сезимдин идеологиянын формасы, саясий структурасы, экономикалык мамилелери менен органикалык байланышта болот. Б-нын социалдык табияты ар түрдүү жана бир бүтүндүк. Б-нын мамилелери социалдык-экономикалык жактан шартталган индивиддердин аң-сезими, эркі, кызыкчылыгынан көз каранды эмес жана *мамлекет* менен коом, жаран менен бийликтин ортосундагы карама-каршылыктар, конфликттердин формасы болуп саналат. Бардык эле мамлекеттерде чиновникти идеалдаштырып, аны социалдык, саясий маселелерди чечүүдөгү эң зарыл, идеалдуу жаран, элемент катары көрсөтөт. Калган жарандар ушул саясий иллюзияны кандайча кабыл алгандыгына жараша «көңүлү түз» же «түз эмес» деп бөлүнүшөт. Мамлекетти башкаруу – бул чиновниктин саясий акыл-эске, саясий моралга болгон монополиясынын формасы. Бирок, бул акыл-эс социалдык чындыкты туура чагылдыра албайт, анткени чагылдыруу чиновниктин социалдык статусунан көз каранды. Мамлекеттик башкаруу иерархия түрүндө жүрөт. Чындыкты иерархия мыйзамына жараша тааныса ал жогорку деңгээлдеги укук болуп саналат. Бийлик демейде өзүнүн күнөөсүн жарандарга жана коомго жабыштырууга умтулат. Өз аракеттерин сындан коргоо үчүн бийлик бюрократташтырууну пайдаланат. Бюрократтык мамиле – саясий сокур ишенимди пайда кылат. Эгерде официалдуу адамдар адилеттүүлүктүн критерийине жараша социалдык проблемаларды чече албаса, саясий сокур ишеним – скепсис, шылдыңга айланып, жарандардын саясий окуяларга кайдыгер болушуна алып келет. Бул кайдыгерлик акыры мамлекеттик формализмдин өнүгүшүнө алып келет. Мамлекеттик формализм – мамлекеттин саясий максаттарынын кеңселик иштерге айланып кетиши. Бийликтин же башкаруунун аппаратындагы көп милдеттер – өкмөттүн жеке менчиги. Ошол кызматты аткаруу менен индивид өз материалдык кызыкчылыгын ишке ашырат, улам жогорку кызматка жылуу аркылуу анын саясий менчиги – масса менен каалагандай иштөө эркиндиги көбөйө берет. Чиновник өзүн гана ойлоп, ал эми *мамлекеттик аппарат* бардыгына каршы абалга келип калат. Саясий обочолонуу – көп улуттуу өлкөлөрдө кездешет, мында *саясий система* – жасалма туруктуулук, ал эми башкаруу эң негизги элемент. Бийлик мында атаандашкан катмарлар жана таптарга таянат.

Мамлекеттик кызмат улуттук кызыкчылыктан жогору коюлат. Аскердик бюрократтык топгруппа мамлекеттик өзгөчө кастага айланат да, мамлекеттин саясий негизин түзүп калат. Бюрократтык космополитизм пайда болот. Мамлекеттик аппараттын ушундай уюштурулушу өкмөткө калктан каражатты сыгып алып, ошол эле мезгилде баш ийдирип турган саясатты жүргүзүүгө мүмкүндүк берет. Өнөр жай, соода элдин керектөөсүнө эмес, мамлекеттик салыкты көбөйтүү жана чет элдик конкуренцияны четтетүү үчүн гана иштеп калат. *Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу* жана *сот бийликтери* башкаруу жана баш ийүүнүн традициялык мамилесине айланат. Б-га каршы турууга күч жок.

В

ВАКАНСИЯ (vacancy, фр. vacance, лат. vacans – бош, эркин) – эркин, бош орун, бош орун кызматы (бийлик органдарында, мекемелерде, окуу жайларда ж.б.).

ВАЛЮТА (итал. valuta, сөзмө-сөз – баа, нарк) – 1) мамлекеттин акча тутумунун негизин түзгөн акча бирдиги (мис., КР акча бирдиги – сом); 2) мамлекеттин акча тутумунун түрү (алтын В-сы, кагаз В-сы); 3) чет өлкөлөрдүн акча белгиси (банкнот, казына билети, тыйын), эл аралык эсептешүүлөрдө колдонулуучу (чет өлкө В-сы) кредиттик жана төлөм документтери (вексель, чек ж.б.).

ВАЛЮТА курсу – алмашуудагы эки валютанын нарктык катышы; бир өлкөнүн акча бирдигинин башка өлкөнүн акча бирдиги менен туюнтулган баасы. Бул В. к. борбордук (улуттук) эмиссиялык банк (банк операцияларын ишке ашыруу укугун пайдалануу менен бирге эле банк билеттерин чыгаруу укугуна дагы ээ болгон банк) же кандайдыр бир башка мамлекеттик валюталык орган тарабынан белгиленип коюлуучу расмий, ошондой эле сурам жана сунуштун катыштарына байланыштуу банктардын ортосундагы, валюта базарларындагы (биржалардагы) операцияларда түзүлгөн эркин базардык болушу ыктымал. Кез келген баалар сыяктуу эле В. к. бул же тигил валютага сурамдын жана сунуштун өзгөрүү күчүнө жараша өзүнүн нарктык нугунан четтейт. Төлөм балансынын абалы муну аныктоочу болуп саналат. Акыры келип чыгуучу шайкешсиздикти базар мамилелеринин механизми жөнгө салууга аракет жасайт. Бирок алар эл аралык экономикалык нуктагы алмашуунун динамикасына, багытына жана түзүмүнө олуттуу таасирин тийгизет жана эң оболу финансылык байланыш жаатында өз кезегинде айрым тармактардын жана өндүрүштүн өнүгүшүнө, экономикалык өсүү темпине таасир этүү менен олуттуу өзгөрүү жасайт. Чет өлкөлүк акчага сурам жана сунуштун негизинде белгиленүүчү жана каалагандай эркин котөрүлүп же төмөн түшүүчү В. к. ийкемдүү В. к. деп аталат. Ийкемдүү В. к. тутумундагы валюта базарынын тажрыйбасында сатуучунуку бир кыйла жогорку, ал эми сатып алуучунуку тескерисинче төмөнкү курс болот. Эки В. к. ортосундагы айырма адатта валюта операцияларын ишке ашыруучу банктардын жана ишкерлердин кирешесин калыптандырат. Атайын белгиленген В. к. валюталык өз ара катыштарда белгилүү бир *мыйзам* тартибинде негизделген улуттук валюталардын ортосунда (ар кандай өлкөлөрдүн акча бирдиктери менен) расмий белгиленген катыш болуп эсептелет. Анын колдонулушу, эреже катарында, эл аралык валюта фондусунун, ошондой эле эл аралык финансы институттарынын иш-аракеттери менен байланыштуу болот. Ошондуктан булардын алкагында өлкөлөрдүн валюта-паритет мүчөлөрүнүн макулдашуусу каралат (бул атайын эсепке жазуу жолу менен накта жүргүзүлүүчү эл аралык эсептөөлөр үчүн жана эсептөө бирдиги катары пайдаланылат). Алмаштырылуучу валюталар күндөлүк иш- аракеттеги бааларда туюнтулуп, өлкодогу инфляциянын же баанын деңгээлин, кимдин валютасы алмашыларын эсепке албай турган В. к. номиналдык В. к. деп аталат; ал эми өлкөлөрдө базалык жыл боюнча баалардын деңгээлиндеги өзгөрүүлөрдү, кимдин валютасы алмашыларын эсепке алуучу В. к. реалдуу В. к. болуп эсептелинет.

ВАЛЮТАЛЫК ИНТЕРВЕНЦИЯ – борбордук эмиссиялык банктын операциясы. Ал валюта курсун кармап туруу үчүн өз өлкөсүнүн валютасын сатып алуу же сатууну; улуттук валюта курсунун жогорулашын же төмөндөшүн белгилүү өлчөмдө кармап турууга чет өлкөлүк валютаны сатып алуу, сатуу боюнча максаттык операцияларды камтыйт. Улуттук валюта курсунун кармалып турушу жана жогорулашы үчүн борбордук банк чет өлкөлүк валютаны улуттук валютага сатып, ал эми анын курсунун төмөндөшү үчүн чет өлкөлүк валютаны улуттук валютага алмаштырып сатып алат (АКШнын долларын биринчи кезекте).

ВАНДАЛИЗМ (вандалдар – байыркы герман урууларынан, Римди басып алып, акылга сыйбаган мыкаачылык жана жапайычылык менен бир-эки жуманын ичинде шаарды талап-тоноп, күм-жам кылып талкалап кеткен) – маданий-тарыхый эстеликтерди, жеке жана коомдук баалуулуктарды, мүлктөрдү атайылап талкалоо же бузуу. В. басып алуучулук согуштар жана геноцид, депортация менен байланышкан мамлекеттик жана мамлекеттик эмес аракеттердин милдеттүү түрдөгү жандоочусу болуп эсептелет. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде, эки тараптан тең маданий-тарыхый эстеликтерди жана баалуулуктарды талкалоо, бомбалоо, талап-тоноо массалык мүнөзгө ээ болгон. Чет өлкөлүк изилдөөчүлөр В-дин төмөндөгүдөй түрлөрүн белгилеп көрсөтүшөт: а) формалдуу лидерлердин буйругу менен ишке ашырылган В.; б) басым көрсөтүү тобунун, көпчүлүктүн же алардын *лидер*леринин басымы астында жүргүзүлгөн В.; в) мүлккө ээ болуу, же башка бир саясий, улутчулдук, уруулук, диндик максаттарга жетишүү үчүн жүргүзүлгөн В.; г) канаатануу же ырахат алуу үчүн жеке арамза оюн ишке ашыруу максатында жасалган В. д) стресстик абалды жеңилдетүү, ачуусун таркатуу максатында жасалган В. бүгүнкү күндө В. байланышкан кылмышкердик күн санап өсүүдө. Көрүстөндөгү жез, коло, темирден, чоюндан жасалган коргондордон тактачаларды уурдоо, коло замбиректерди, Бишкектеги жаратылыш паркына коюлган колодон жасалган көркөм өнөр чыгармаларын, монумент-статуяларды уурдоо, мазактоо ж.б. В. менен байланышкан иш-аракеттер кылмышкерлик деп эсептелет.

ВАХХАБИЗМ – *суннизм*деги диний-саясий агым XVIII к. калыптанып, бул кыймыл Мухаммеддин атасы ибн Абд аль-Ваххаб ат-Тамиминин (1703–1792) ысымы менен аталып калган. Ал Мухаммед *пайгамбар*дын учурундагы исламдын абалкы тазалыгын кайрадан киргизүүнү, бир Кудайга ишенүү принцибин бекем сактоону жана «ыйык» жерлерге сыйынуудан баш тартууга үгүттөшөт. В. өзүнүн тарапкерлеринен тиричиликте ыгы жок дөөлөттөн баш тартууну талап кылган.

ВЕБЕР Альфред (1868–1958) – немец экономисти, социологу. Тарых жана маданият социологиясынын концепциясын иштеп чыккан. Анын концепциясы боюнча тарыхтын өнүгүшү интеллект (акылман) төбөлдөрдүн руханий чыгармачылыгынын жүзөгө ашырылышы аркылуу аныкталат.

«ВЕДДЕР» (санскр. – билим) – байыркы индиялыктардын төрт негизги ыйык китептери – Ригведа, Атхарваведа, Самлаведа жана Яжурведа. Бул ыйык китептер б.з.ч. XII–VII кк. түзүлгөн. В. Индия адабиятынын эң алгачкы чыгармаларынан жана алар пайда болгондон тарта Индиядагы саясий ойдун өнүгүшүнө оң же терс таасирин тийгизип келген. В-дин авторитетин таанып, аларды баалап келген философиялык системалардын катарына – миманса, веданта, сакхья, йога, ньяя, ваешешика кирет. Ал эми В. авторитетин тааныбаган мектептерге – материалисттик (чарвоки), будда жана жайн мектептери кирет. «Ригведа» ыйык китеби кийинчерээк веди адабиятындагы үч жанрдын: – брахмандар (В. салттарын жазган жана түшүндүргөн китептер), араньяки («Токой китептери» – веди салттарынын мистикалык мааниси сүрөттолгөн китептер), урпани-шаддар (В. мифологиялык-философиялык негизге ээ болгон жана биринчи орунга кудай, адам жана жаратылыш жөнүндөгү ой жүгүртүүлөр коюлган китептер) пайда болушуна негиз түзгөн. В. деген сөз жогоруда айтылгандардан тышкары жөн гана «ыйык китеп» же «жогорку акылдуулук» дегенди түшүндүрөт. В. китептеринде диндик түшүндүрмөлөрдөн тышкары дүйнөнүн жана адамдын жашоо себептери жана максаттары жөнүндөгү суроолор да коюлган.

ВЕДИЗМ – кийинчерээк брахманизмге ооп кеткен, негизи Веда китептеринде айтылган Индиянын эң байыркы дини.

ВЕДОМСТВО (мекеме) (department, office, agency) – мамлекеттик башкаруунун кайсы бир тармагын тейлеген мекеме же мекемелер жыйындысы.

ВЕСТФАЛ ДҮЙНӨ СИСТЕМАСЫ (1648-ж.) – сүйлөшүүлөр 1644-ж. тарта жүрүп келген, бир тарабынан, герман улутунун Рим империя- сы жана Франция менен Мюнстер шаарында, экинчи тарабынан, Швеция жана Германдык протестанттык княжество менен Оснабрюк шаарында кол коюлган эки тынчтык келишими. В. д. с-на европалык мамлекеттер катышып, ар түрдүү себептерден улам (диний, территориалдык, династиялык) уланып келген Отуз жылдык согуштун (1618-1648) аякташына шарт түзгөн. Жыйынтыгында Франция, Швеция жана алардын өнөктөштөрү көптөгөн аймактык ээликтерге ээ болуп, Империянын иштерине кийлигишүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Голландия жана Швецариялык конфедерация мамлекеттик суверенитетке ээ болуп, ал эми германиялык княздар – суверендүү мамлекеттерге укук алган. Муну менен бирге герман улутунун Рим империясы көз карандысыз мамлекеттердин (300гө жакын) конгломератына айланган. В. д. с-сы диний укук жана эркиндиктерди лютеранама жана кальвинисттердин колуна өткөрүп берген. Кээде В. д. с-на 1648-ж. Голландия менен Испаниянын ортосунда түзүлгөн келишимди да киргизишет, ага ылайык эки өлкө ортосунда сексен жылдан бери уланып келген согушка чекит коюлган (1625-ж. Голландия менен Испания ортосундагы куралдуу аракеттерди тарыхчылар бир эле учурда Отуз жылдык согушка жана Сексен жылдык согушка тиешеси бар деп баса белгилешет).

ВЕТО (лат. veto – тыюу салам) – 1) кең мааниде – атайын укуктары бар органдардын же адамдын кандайдыр бир чечимге оозеки же кат жүзүндө тыюу салышы; 2) мамлекеттик бийликтин кандайдыр бир бутагы чыгарган токтомго башка бир бийлик бутагынын сөзсүз (абсолюттук) же шарттуу – чектелген түрдө тыюу салышы. Абсолюттук В. орто кылымдарда кеңири колдонулуп, *парламентаризмдин* өнүгүшү менен маанисин жоготкон. Азыркы демократтык мамлекеттерде В. укугуна, адатта *мамлекет башчысы – Президент* ээ. Айрым мамлекеттерде парламенттин жогорку палатасына анын төмөнкү палатасы кабыл алган актыларга В. коюу укугу берилген. Мис., Улуу Британияда лорддор палатасы община палатасынын каржы актыларынан башка бардык актыларына тыюу салууга укуктуу. Республикалык түзүлүштөгү мамлекеттердин конституциялары президентке кийинкиге калтыруучу (б.а. суспензия – тунуп калуу) В. укугун берет. Бул В. парламент маселени экинчи ирет карап жана квалификациялуу көпчүлүккө таянып, токтом кабыл алуу жолу менен жоё алат. Кийинкиге калтыруучу В. укугуна, мис., АКШнын Президенти ээ. Бул укук Президентти 10 күндүн ичинде мыйзам долбоорунун тагдырын чечүүгө милдеттендирген конституциялык жобого негизделген; 3) Коопсуздук Кеңешинин мүчөлөрү БУУнун Уставына ылайык В. укугунан пайдаланат. Эгер Коопсуздук Кеңешинин бир эле мүчөсү талкууланып жаткан чечимдин кабыл алынышына макул болбосо, б.а. ага карата В. пайдаланса, анда чечим кабыл алынбаган катары эсептелет.

ВИЗА (фр. visa, лат. visus – көрүлгөн, каралган) – 1) паспортко коюлуучу, мамлекет тарабынан кирүүгө, чыгууга, жашоого же чет өлкөлүк жаранга өз аймагынан өтүүгө берилген уруксатты билдирүүчү атайын белги. Белгилүү мөөнөткө берилет; 2) тийиштүү кызмат адамынын кандайдыр бир документке анын аныктыгын күбөлөөчү же ага күч берүүчү колу.

ВОЖДИЗМ – 1) жогорку бийликке ээ болгон адамга берилип кызмат кылууга негизделген бийликтик мамиленин тиби. *Саясатта* В. бекем борборлоштурулган *идеологияга* сугарылган коомдорго мүнөздүү жана мекемелерде иерархия мүнөзүндө болот; 2) диний же согуштук кол башчылык жеке бийлигине негизделген. Көбүнчө Чыгышта, Африканын патриархалдык-уруулук, эрте феодалдык коомдоруна мүнөздүү бийлик *институту;* өнүккөн, кеңири таралган юридикалык эмес жөнгө салуу, социалдык ролдордун туруктуу бөлүнүшү

менен мүнөздөлөт. Институт катары Африкада, Чыгышта өнүгүп, «Чыгыш деспотизми» катары белгилүү. Капиталисттик мамилелердин пайда болушу менен Чыгышта да институт катары В. жоюлган, бирок, *бийликтин* тиби боюнча сакталып кала берген. Вождизмдин мүнөздүү белгиси – *саясий мамилелерде* этномаданий стереотиптерди колдонуу. Буга жол башчыны – харизматташтыруу жана атрибутташтыруу кирет. Харизматташтыруу – жол башчыга бардык сапаттарды, анын ичинен көрөгөчтүктү жабыштыруу. Бийликтеги жол башчынын атынан анын ишин улантуучулар, жүргүзүүчүлөр иштешет, анын ордуна кийин сөзсүз бардык жагынан талапка ылайык келген мурасчы тандалат. Атрибутташтыруу – жол башчыга сөзсүз кандайдыр бир окуунун негиз салуучусу деген наамды ыйгаруу. Азыркы күндө В-дин клиентелизм, неопозитивизм, трибализм сыяктуу түрлөрү бар. Африка өлкөлөрүндө клиентелизм, чыгыш өлкөлөрүндө неопозитивизм, трибализм мүнөздүү, мында башкаруучу элита уругуна, ата-тегине жараша, жердешчилиги боюнча шайланат. В-дин бардык түрү үчүн жалпы нерсе – төмөндөгүлөр өзүнүн жогоруга айрыкча, клан башчысына берилип кызмат кылуусу керек. Ошондой эле, В. көзөмөлдөнбөйт, адамдардын аң-сезимине таасир этүү аркылуу, тоталдык бийлөө болуп саналат.

ВОЛОНТЁР (лат. voluntarius – өз эркимен, өз ыктыяры менен) – 1. Өз ыктыяры менен бекер/акысыз эмгектенген адам. 2. Аскер кызматына өз эркимен келген адам.

ВОЛОНТЁРЛУК ишмердүүлүк (лат. voluntarius – өз эркимен) – өз ара жардамдашуунун жана өзүнө-өзү жардам берүүнүн салттык формаларын, расмий кызматтарды көрсөтүүнү жана жарандык катышуунун ар кандай формаларын камтыган ишмердүүлүктүн кеңири чөйрөсү. Коомчулуктун байгерлиги үчүн кайтарымсыз өз эркимен ишке ашырылат. Бул ишмердүүлүк биринчи кезекте калктын абдан мажбур болгон, өзүнө-өзү жардам бере албаган (карылык, багуусуздук, майыптык, жаратылыш кырсыктары, социалдык катаклизмдер) катмарына багытталган. В. и. – айлана-чөйрөнү жашылдандыруу; – атуулдардын төмөндөгүдөй социалдык категорияларына жардам берүү: карылар, багуусуз калган балдар, жаштар жана студенттер, үйсүздөр, мүмкүнчүлүгү чектелгендер (майыптар), мигранттар, качкындар, мурдагы соттолгондор ж.б.; – короолорду, участокторду, шаар көчөлөрүн тазалоо, жакшыртуу жана куруу; – жаныбарларга жардам берүү, зоопарк жана коруктарга өз эркимен жардам көрсөтүү; – наркомания, тамеки чегүү, алкоголизм, СПИД, өспүрүмдөрдүн кылмыштуулугун алдын-алуу максатында кеңештерди берүү; – кайрымдуулук концерттер жана театрдык көрсөтмөлөр; – экологиялык марш- тар, таштандыларды жана суулардын булганычтарын тазалоо; – сергек жашоо мүнөзүнө үгүттөө; – интернет-кайрымдуулук (мис., Википедия); – техникалык колдоодогу иштер; – тартип сактоо органдарына, пенсионерлерге, мединктерге колдон келген жардамдарды берүү ж.б. В. и-кө акы төлөнбөйт. Волотёрлор тажрыйба топтоо, атайын көндүмдөргө жана билимдерге ээ болуу, жеке байланыштарды түзүү үчүн иштешет. Эгемендиктин алгачкы жылдарында өлкөнүн райондорунда жашап келишкен орустар менен орус тилдүүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү борбор шаарга, андан ары Орусияга жер которуп кетишкен. Айылдык мектептер чет тилдерден сабак берген мугалимдерсиз калышканда жүздөгөн англис тилдүү волонтёрлор Кыргызстандын мектептерине, өзгөчө айыл жергесине жардамга келишкен. Көпчүлүк учурда В.и. – бул акы төлөнүүчү жумушка жол болуп саналат, бул жерде адам өзүн-өзү иш жүзүндө жакшы көрсөтүп алууга, ар кандай тармактарда иштеп көрүүгө мүмкүнчүлүк алат.

ВОЛЮНТАРИЗМ (лат. voluntas – эрк) – 1883-ж. Ф.Теннис тарабынан эрк жана аң-сезимдүү эрктин айырмасы ачылганда киргизилген түшүнүк. Ф.Т. Теннис, коомдун кыймылдаткыч күчү эрк импульстары деген ойду айтып, социологияны психологиялаштырган, ал эми анын мурасчылары политологияны психологиялаштырганга аракеттенишкен. Стихиялык кыймыл, эрктин биринчилиги жөнүндө багытка жол салып, Шопенгауэрдин окуусунда айтылат. П.П. Лавров, И.Михайловскийдин социологиясында *«баатырлардын»*

эркн көпчүлүктө артынан ээрчиткен күчкө ээ деп, народниктердин саясий ишмердүүлүгүндө чагылдырылган саясий В. термини «улуу саясат» метафорасы (1888-ж. Ницше) менен байланыштырылат. «Бийлик эркине» таянып, бул *саясат* социалдык жөнгө салуунун эскирген формаларын жок кылат жана негизги оордук, көңүлүн «христиандыктан» расага жүктөйт. Ф.Теннис «фашизм – азыркы варварчылык» деп атаган, себеби Муссолини менен Гитлер да «бийлик эркине» таянышкан. В.Розенбергдин эмгектеринде В. жогорку *саясий баалуулук* катары эсептелген. В. – индивидуалдуу бүттүн жана «көпчүлүктүн көтөрүлүшүнүн» таянычы болуп эсептелет, – деген Х.Ортега-и-Гассет. Эрктин стихиялуу көрүнүшүн адамдын, коомдун турмушунун башталышы катары карап В. жактоочулары *саясий процесс*ти баш аламан, түздөн-түз кыймыл-аракетке таянган процесс деп мындагы объективдүү мыйзам ченемдүүлүктү таанышкан. Көбүнчө саясатта В. *авторитаризм*ге, *тоталитаризм*ге же анархизмге алып келет. Көп учурда башкаруучунун эркн көпчүлүк үчүн *мыйзам* болуп калат. Волюнтаристтик көз караштар кайра куруу саясатын тездетүүдө чоң роль ойногон. Мис., «ар бир үй-бүлөгө өзүнчө квартира» деген ураан В. экендигин көрсөтөт. Система кулап жатканда эрктин импульстары – (администрациялык-командалык да) жаңы системаны түзүүнүн зарылдыгын унутуп таштоого да алып келет. Бюрократташтыруу өтө эле борборлошкон *бийлик, плюрализм*дин жоктугу В-дин өнүгүшүнө жагымдуу шарт түзөт. Жаңы *саясий* ой жүгүртүүлөр, *жарандык укук* жана *эркиндиктерди* гарантиялоо В-ди токтотууга көмөк берет.

ВОТУМ (лат. votum – каалоо, эрк) – добуш аркылуу билдирилген *саясий чечим*. *Ишеним көрсөтүү* В-у парламенттин добуш берүүсү аркылуу өкмөттүн жалпы саясатынын канаатандырылышын көрсөтөт, ал белгилүү добушка ээ болбой, *парламент* тарабынан жактырылбаса анда ишеним көрсөтпөө В-на ээ болду деп билсе болот. Адатта ишеним көрсөтүү В-у өкмөттүн беделин арттырып, саясаттын туруктуулугун камсыз кылуу үчүн пайдаланылат. КРнын Конституциясынын 85-беренесине ылайык Өкмөт өзүнүн *Жогорку Кеңеш*ке отчет берет жана анын алдында жооптуу болот. Премьер-министр Өкмөттүн иши жөнүндө жыл сайын Жогорку Кеңешке отчет берип турат. Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринин демилгеси боюнча Жогорку Кеңеш Өкмөткө ишеним көрсөтпөө жөнүндө маселени карай алат. Өкмөткө ишеним көрсөтпөө жөнүндө токтом Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Жогорку Кеңеш тарабынан Өкмөткө ишеним көрсөтпөө жөнүндө маселе кезектеги Президенттик шайлоого чейин алты ай калганда каралышы мүмкүн эмес. Өкмөткө ишеним көрсөтүлбөгөндөн кийин Президент Өкмөттүн кызматтан кетиши жөнүндө чечим кабыл алууга же болбосо Жогорку Кеңештин чечими менен макул болбоого укуктуу. Эгерде Жогорку Кеңеш 3 айдын ичинде Өкмөткө ишеним көрсөтпөө жөнүндө кайталап чечим кабыл алса, Президент Өкмөттү кызматынан кетирет. Ал эми КРнын Конституциясынын 86-беренесине ылайык Премьер-министр жылына бир жолудан көп эмес Жогорку Кеңештин алдына Өкмөткө ишеним көрсөтүү жөнүндө маселе коё алат. Жогорку Кеңеш тарабынан Өкмөткө ишеним көрсөтүүдөн баш тартылган учурда Президент 5 жумушчу күндүн ичинде Өкмөттүн кызматтан кетиши жөнүндө чечим кабыл алат же болбосо Жогорку Кеңешке шайлоону мөөнөтүнөн мурда дайындайт. Өкмөт кызматтан кеткен учурда *Конституция*да каралган тартипте жана мөөнөттө Өкмөттүн жаңы курамы түзүлгөнгө чейин ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну уланта берет.

Г

ГААГА КОНВЕНЦИЯЛАРЫ – 1) 1899-жана 1907-жж. Гаагадагы биринчи (3 конвенция) жана экинчи (13 конвенция) конференцияларда кабыл алынган, согуш мыйзамдары жана адаттары тууралуу эл аралык конвенциялар. Г. К. өзүнө эл аралык талаш-тартыштарды тынч жол менен чечүү, согуш туткундарынын режими, оорулуулардын жана жарадарлардын

абалы тууралуу жоболорду камтыйт; 2) 1954-ж. куралдуу конфликт учурунда маданий баалуулуктарды коргоо тууралуу Конвенция; 3) Эл аралык менчик укугу боюнча 1902-1905, 1954, 1955, 1956, 1961-жж. Конвенциялар.

ГАНДИ Мохандас Карамчанд (1869–1948) – Индиядагы улуттук боштондук кыймылдын *лидери*, идеологу. Г-нин окуусу (гандизм) улуттук боштондук күрөштүн программасы болгон. Негизги принциптери: адамдардын ортосундагы мамилелердин чыныгы формасы – сүйүү, бул жашоонун негизги *мыйзамы* тынчтык жол менен, күч колдонбой күрөшкө кеңири көпчүлүк элди тартуу аркылуу максатка жетүү. Г. күч колдонууну катуу сынга алып, күч колдонбогон коом жөнүндө концепциясын иштеп чыккан, *саясат*та жаңы ыкманы – *жарандык баш ийбөөнү* колдонууга чакырган. Г. мамлекетти зордук-зомбулуктун биримдигинин формасы деп эсептейт. Бирок адамзаттын азыркы доорунда мамлекет зарыл экендигин танган эмес. Г-нин ою боюнча күч колдонбогон *мамлекет* кичинекей, өзүн-өзү башкаруучу жана камсыз кылуучу, айылдык коммуналар сыяктуу болуп, анда моралдык жана социалдык мажбурлоо бар, чечимдерди көпчүлүк кабыл алат. Бирок жеке адам же азчылык да өзүлөрүнүн ар-сезимине туура келбеген аракеттерди жасабай, жарандык баш ийбөө жолу менен саясатка каршы ачык күрөшө алат.

ГЕГЕЛЬ Георг Вилгельм Фридрих Гегель (1770–1831) – немец философу. *«Жарандык коом»* деген эмгегинде үй-бүлө тегинен эле жарандык коом болгон деген түшүнүктү берет: «Үй-бүлө өзү табигый коом болуп эсептелет, анын мүчөлөрү сүйүү, ишеним жана табигый баш ийүү менен байланышкан (пиэтет)». Түшүндүрмө. Үй-бүлө өзү табигый коом. Биринчиден, өз эркинин күчү менен үй-бүлө мүчөсү боло албайт, өзүнүн жаратылышынын күчү менен гана боло алат, экинчиден, үй-бүлө мүчөлөрүнүн ортосундагы мамилелер жалаң эле ой-жүгүртүүгө, чечимге негизделбейт, ал ички сезимге түрткү, козголууга негизделет. Бул мамилелер зарыл жана акылман, бирок туюунун акыл-эс формасы болбойт. Бул алгач инстинкт. Үй-бүлөнүн бирине-бири сүйүүсү, биринчи «мен», экинчи өзүнчө «мен» менен кээ бир биримдигине негизделет. Алар бирине-бири болгон мамилелер боюнча, өзүлөрүн өз алдынча деп эсептешпейт. «Үй-бүлө органикалык бүтүн. Анын бөлүкчөлөрү – бөлүкчөлөр эмес, а мүчөлөрү, мына ушул бир бүтүндөн, өзүнүн субстанциясы бар, ал өз алдынча жалгыз өз алдынчалыкка ээ эмес». Г. өзүнөн мурункулардан айырмаланып, жарандык коомду жана мамлекетти өз алдынча институт катары караган. Жарандык коом мамлекеттин ичинде эмес, аны менен катар турат. Алар үй-бүлө менен бирдикте мамлекеттин базисин жана өндүрүү жолун түзүшөт. Жарандык коом мамлекетке көз каранды жана кандайдыр бир даражада ал аркылуу сорулуп-сиңирилип кетет. Мамлекетте жарандын жалпы эркн коюлган, жарандык коом болсо – бул айрым индивиддердин өзгөчө жекече кызыкчылыктарын реализация кыла турган сфера. Мамлекеттик сферага Г. өкмөттүк бийликти, администрацияны, жарандык коомго полициялык жана соттук бийликти караткан. Эгерде мамлекет мыйзамдуулукту сакташ үчүн, жарандык коомдун чегине кирип кетсе, мис., куралдуу күчтөргө полициялык функцияны тапшырып коёт же соттук уюмдардын ишмердүүлүгүнө кийлигишсе, ал коомго каршы чыгат эмеспи. Г. жарандык коом жөнүндөгү ойлорун толук чагылдырган. Ал үчүн жарандык коом турмуштун материалдык шартынын сферасы, табигый зарылчылыктын продукциясы, мында индивиддер жеке кызыкчылыгын көздөгөн материалдык кызыкчылыктар менен байланышкан. «Укук философиясы» деген эмгегинде, жарандык коом улап келген мурунку коом, нравалык руханий мамлекетке объективдештирилип көрсөтүлгөн. Г-дин ою боюнча үй-бүлөнүн жана жарандык коомдун нравалык идеясы мамлекеттен келет. «Чындыгында, – деп жазган ал, мамлекет жалпысынан алганда, биринчи болот да, ошонун чегинде гана үй-бүлө жарандык коомго өнүгөт. Ал эми мамлекет деген идеянын өзү, мына ушул эки мамлекетке бөлүнүп кетет. Г-дин жарандык коом жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрү индивидуалдуу жана жекече кызыкчылыктардын согуш талаасы катары көз алдыга тартылат. Индивиддер деп эсептеген ал, өз

ара байланышсыз, жарандык коомдон сырткары жашай албайт». Г. жарандык коомду ажыратып турган социалдык карама-каршылыктын бар экенин түшүнгөн, ал: «Мына ушул карама-каршылыктар жана алардын чырмалып калышы укмуштуудай сүрөттү көрсөтөт: аша чапкан байлыкты, артыкбаштыкты, ошондой эле экөөнүн тең – жакырчылыктын физикалык жана нравалык бузулуунун картинасы». Коомдогу жеке менчиктик мамилелердин үстөмдүк кылышы Г. үчүн бузулгус, ал эми адамдардын теңсиздиги тубаса. Анын ою боюнча жеке менчик эркиндиги жарандык коомдун өнүгүшүнүн сөзсүз – шарты. Жеке менчиктен тышкары инсандын эркиндиги мүмкүн эмес. Жалаң гана индивид жарандык коомго карата өзүнүн милдеттерин аткарыш керек, коом деле индивиддин укугун коргош керек. Жарандык коом жана мамлекет өзүлөрүнүн карама-каршылык биримдигинде көптүк сословиелик базада жашайт, башкача айтканда, коомдун өнүккөн социалдык структурасында жашай алат. Социалдык структуранын жакырчылыгы, өнүкпөгөндүгү жана коомдук социалдык катмарларын бириктирип жиберүүнү тездетүү – диктатордук режимди туудура турган чөйрөгө айланып кетишин, турмуш өзү көрсөттү жана далилдеди.

ГЕГЕМОНИЯ (гр. hegemonia – бийлөө, башкаруу) – гегомонизм – жеке көз караштын, саясий эрежелердин, көрсөтмөлөрдүн, *саясаттын* башка бирөөлөргө таануулануышы. Г. башка бирөөгө карата саясий күчтүн, таптык, мамлекеттик башкаруучулуктун, бийлөөчүлүктүн абалы. Г. *бийлик* эмес, ал таасир жана башкаруунун биригип, бийликти жүргүзүүгө айлануусу. Г. түрлөрү: маданий, идеологиялык, саясий ж.б. Г-нын масштабы континенталдыктан тартып тармактыкка чейин жетиши мүмкүн. Г. үчүн күрөш мамлекеттердин коалицияларынын түзүлүшүнө, согуштарга алып келген учурлар болгон.

ГЕНДЕР – ар башка жыныстагы адамдардын калыптанган, социалдык жактан бекемделген жүрүм-туруму.

ГЕНДЕРДИК МАМИЛЕЛЕР – карым-катнаш процессинде же биргелешкен иш-аракеттин ар кандай түрлөрүн жүзөгө ашырууда түзүлүүчү ар башка жыныстагы адамдардын ортосундагы жүрүм-турумдун жана мамилелердин мүнөзү.

ГЕНДЕРДИК САЯСАТ – ар башка жыныстагы адамдардын ортосундагы өз ара мамилелерде теңчиликти орнотууга багытталган мамлекеттик, коомдук иш.

ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУК – ар башка жыныстагы адамдардын мыйзам алдындагы, жумшартылуучу жагдайлардан башка укуктарынын, милдеттеринин жана жоопкерчиликтеринин теңдиги.

ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК – ар башка жыныстагы адамдардын коомдогу бирдей социалдык абалы. Г. т-ти камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясаттын негиздери болуп төмөнкүлөр саналат: 1) гендердик тең укуктуулукту камсыз кылуу үчүн ченемдик укуктук базаны түзүү, жакшыртуу жана өркүндөтүү; 2) Г. т-ке жетишүүгө багытталган мамлекеттик максаттуу программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу; 3) коомду Г. т-ти бузууга багытталган маалыматтан, үгүт жана насыяттан коргоо; 4) Г. т-тин маданиятына тарбиялоо жана аны пропагандалоо; 5) эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптери менен ченемдерин, ошондой эле КРдин гендердик теңчилик маселелерине тийиштүү эл аралык милдеттенмелерин аткаруу.

ГЕНОЦИД (гр. genos – уруу, урук жана лат. caedo – кырам) – калктын айрым тобун расалык, улуттук же диний ишенимине карап кыргын, адамзатка каршы оор кылмыштын бири. Г. катары төмөндөгү аракеттерди бөлүп караого болот: кандайдыр бир улуттук, этностук, диний топтун мүчөлөрүн өлтүрүү; алардын ден-соолугуна оор зыян келтирүү; бул топтун ичинде балдардын төрөлбөөсүнө багытталган чаралар; бир топтун балдарын зордоп тартып алып, башка топко берүү ж.б. Экинчи дүйнөлүк согушта (1939–1945) гитлерчилердин бейкүнөө элди (көбүнчө славян жана жөөттөрдү) кырышы Г-ге айкын далил. 1965-ж. БУУда расизмдин бардык формаларын (анын бутагы болгон фашизмди да) жоюу жөнүндө конвенция кабыл алынып, расалык, улуттук, диний айырмачылыкты кодулоого катуу тыюу салынган.

ГЕОГРАФИЯ, саясий – татаал интеграциялык процесстерди жана проблемаларды *по-*

литология, география, экономика, тарых ж.б. бир катар илимдердин айкалышуусунда изилдөөчү, учурдагы география илиминин багыты. Азыркы учурда Г. с-нын жалпы кабыл алынган аныктамасы жок. Ал изилдеген проблемалардын чөйрөсү гана жаңыдан такталууда (көптөгөн социалдык-экономикалык факторлордун, баарыдан мурда өндүргүч күчтөрдүн жана өндүрүш мамилелеринин географиялык өзгөчөлүктөрүнүн спецификалык айкалыштары менен шартталган. Коомдук саясий, аймактык уюмдардын келип чыгуу жана өнүгүү мыйзамдары). Учурдагы өнүккөн өлкөлөрдө географиялык билимдин бул багыты XX к. 70–80-жж. өзгөчө өргүүгө жетишкен. Г. с-нын проблемалары чагылдырылган «Геродот» (1976), «Политика Джиографии Куотерли» (1982), «Политика Джиографи» (Кырг. «Жуграфия») (1985) журналдары басылып чыгууда. Биздин өлкөдө Г. с. проблемалары 90-ж. өзгөчө актуалдуу болуп калды. Г. с. ыкмаларын коомдун алдында турган милдеттерди анализдөө үчүн колдонуу жоопкерчиликтүү *саясий чечим*дерди кабыл алууда социалдык-экономикалык жаңылыштыктарды жеңүүгө жардам берет.

ГЕОСАЯСАТ (гр. geo – жер, politike – мамлекетти башкаруу саясаты) – саясий-географиялык билимге таянып, экономикалык өнүккөн мамлекеттердин глобалдык кызыкчылыктарын жана *тышкы саясат*ын негиздөөчү саясий концепция. Г. терминин илимге швед окумуштуусу Р.Челлен киргизген. Бул концепциянын фундаментин немец географы жана зоологу Ф.Ратцел иштеп чыккан *мамлекет* жөнүндөгү өзгөчө окуу түзөт. Ал «тынымсыз өсүүгө жана аймактык кеңейүүгө умтулуучу, биогеографиялык организм катары көрсөтүлөт. Ф.Ратцелдин ою боюнча, мамлекеттин жашоосу ал ээлеген аймактын чегиндеги географиялык чөйрө менен шартталган. Мамлекеттердин эволюциясын ачып көрсөткөн, концепциясынын маанилүү түшүнүктөрү төмөнкүлөр: «чек аралардын табигыйлуулугу», «жашоо мейкиндиги», «мамлекеттик турмуштук маанилүү кызыкчылыктары», «географиялык абал». Алардын көбү биринчи басылышы 1897-ж. чыккан «Саясий география» аттуу Ф.Ратцелдин эмгегинде баяндалып, негизделген. XX к. Германия, Англия, АКШда геосаясий ой жүгүртүүлөрүнүн дүйнөлүк борборлору түзүлгөн. 1933-ж. бийликке фашизмдин келиши менен «жашоо мейкиндикти басып алуу» талабы Германиянын *саясатынын* башкы максаты деп жарыяланган. «Чоң мейкиндик», «Европалык жашоо мейкиндик», «Чыгыш мейкиндиги» концепциялары «жашоо мейкиндик» теориясынын курамдык бөлүктөрү болуп саналган. Генерал К.Хаусхофер геосаясий идеялардын өнүгүүсүнө жана германдык геосаясий концепциянын негизделишине маанилүү салым кошкон. Геосаясий идеяларды англиялык жана америкалык окумуштуулар Х.Маккиндер, Н.Спикмен, А.Х. Мэхэн ж.б. интенсивдүү өнүктүрүшкөн. Англиялык географ Х.Маккиндер дүйнө жүзүндө саясий жана экономикалык көзөмөлдү орнотуу үчүн алгач «ички курчоого» – Атлантика океанын жээктеген аймактарга жана Батыш Европа өлкөлөрүнө ээ болуу зарыл экендигин ырастаган. Муну «хартлендди» – жердин жүрөгүн, б.а. Евразиянын континенталдык мейкиндигин – Орусияны баш ийдирбестен ишке ашыруу мүмкүн эмес деген. Америкалык Г. «панамериканизм», «күчтүн борбору», «көп уюлдуулук», «биоуюлдуулук», «аскердик-деңиз кубаттуулугу» түшүнүктөрү иштеп чыгарылып, кеңири жайылтылган. Алар АКШнын тышкы саясатынын калыптанышына жана алардын эл аралык аренадагы позициясына зор таасир тийгизишкен. 40-ж. башында Берлин, Париж, Прага, Софиядагы орус эмиграциясынын интеллектуалдык элитасы өзгөчө «Орусия-Евразия» концепциясын иштеп чыгарышкан. Ал ушул учурда актуалдуу мааниге ээ болууда. Г. концепциясында «геосаясий мамилелер» түшүнүгүндө адекваттуу чагылдырылган «коомжаратылыш» системасындагы өзгөчө өз ара байланыштар бурмаланган түрдө чагылдырылат. *Политологияда* ал *саясий ишмердүүлүктүн*, геомейкиндик шарттардын жана натыйжалардын объективдүү биримдигин абстрактуу формада чагылдырат деп эсептелет. Түрдүү геосаясий концепциялардын келип чыгышында зор ролду планетада чийки жана энергетикалык ресурстарды бөлүштүрүүнүн текшисиз-

дигинин глобалдуу фактору ойноду. Индустриалдык *цивилизация* шарттарында ал батыш окумуштуулары тарабынан геосаясий теориялардын негизинде жана эл аралык карама-каршылыктарды түшүндүрүү үчүн колдонулган. Көптөгөн политологдордун ою боюнча бир топ мамлекеттердин, айрыкча АКШнын эл аралык саясатында геосаясий мотивдердин ролу өсүүдө. 80–90-жж. Ата Мекендик илимде Г-ты анализдөөгө жаңы мамиле калыптана баштады. Ал географиялык фактордун, улуттук кызыкчылыктардын, саясий жана экономикалык артыкчылыктардын өз ара байланыштырууга негизделген мамлекеттердин тышкы саясатынын теориясы жана практикасы сыяктуу түшүндүрүлөт.

ГЕРОНТОКРАТИЯ (лат. geron – кары, kratos – бийлик) – *бийлик* аксакалдарда болгон башкаруу принциби; алгачкы коомдо, анан таптык коомдо коомдук түзүлүштүн структурасын негиздөө үчүн этнографияга киргизилген түшүнүк. Сталин, Мао Цзе-дун, Бегин, Тито, Брандт, Рейган сыяктуу фигураларды изилдөөлөр көрсөткөндөй, жаш курак өзгөчөлүктөрү *саясий системаларда лидерликке* жетишүүдө кээде жолтоо, кээде абдан керек болот. Мында саясий лидер өз милдетине кеч шайланат, аларга ордун башка бирөөгө берүүгө учур келсе деле көбүнчө бийликте кала беришет. Жетектөөнүн бекемделип калган принциптерине таянып, Г. оор мезгилде туура чечим кабыл алып, кырдаалга туруштук берүүсү мүмкүн. Бирок чындыгында «аксакалдардын» бийлиги жетишерлик импульска ээ эмес, анын негизги күчү анахроникалык *консерватизмде.* Бирок, традицияга таянган коомдо деле, мис., католиктик Рим чиркөөсүндө кардиналдын эң жогорку жашы чектелет.

ГИМН (гр. – ыр токуу, төкмө ыр, мактап ырдоо) – байыркы Грекияда кудай менен баатырлардын урматына ырдалган даңаза, мактоо ыры. Азыркы мезгилде мамлекеттин символу катарында эсептелген салтанаттуу ыр. Кыргыз Республикасынын Г. ырдалып жатканда бардыгы орундарынан турушуп, оң колдорун жүрөгүнө коюшуп, чогуу ырдоо эрежеси киргизилген.

ГЛОБАЛДЫК ПРОБЛЕМАЛАР – эң курч, турмуштук маанилүү, дүйнөлүк жана жалпы адамзаттык маселелердин жыйындысы. Аларды чечүү бардык элдердин жана мамлекеттердин биргелешкен аракеттерин талап кылат. Г. п-дын комплекстүүлүгү, системалуулугу жана жалпылык мүнөзү, алардын айырмалануучу өзгөчөлүгү болуп саналат. Алар бүгүнкү күндөгү дүйнөнүн өсүп жаткан биримдиги, аны түзүүчү бөлүктөрдүн өз ара байланышы жана бирине-бириниң көз карандылыгынын күрөш тенденциялары менен шартталган. Г. п. башкы, биринчи даражадагылардын катарына согуш жана тынчтык проблемалары кирет. Анын ичинде төмөнкү проблемалар да бар: *эл аралык коопсуздук,* куралсыздандыруу жана конверсия, *эл аралык мамилелерди* демилитаризациялоо жана узак убакытка, бекем тынчтыкты орнотуу үчүн керек болгон гарантияларды түзүү; элдердин ортосундагы ишенимди бекемдөө жана алардын ортосундагы түрдүү тармактардагы кызматташтыкты кеңейтүү. Курчап турган табигый чөйрөнүн абалынын абдан начарлап кетишине байланыштуу алдыңкы планга *экологиялык проблема* чыгууда. Себеби, бул начарлоо адамзатты ракеталык-ядролук катастрофанын натыйжалары менен тең келген экологиялык кыямат коркунучунун алдында калтырды. Эң ири Г. п-дын бири – Азия, Африка жана Латын Америка өлкөлөрүндөгү кеңири эл массасынын жакырчылыгы, экономикалык жана маданий артта калуучулугу болуп саналат. «Үчүнчү дүйнөдө» калктын санынын өсүшүнүн жогорку темптери жана бул зонада жүз миллиондогон адамдардын жашоо деңгээлинин мындан ары төмөндөшүнө алып келген өнөр жайлык жана айыл-чарбалык өндүрүш үчүн шарттардын начарлоосунун алардын ортосундагы бөлүнүүнүн тереңдеши менен пайда болгон демографиялык кырдаалды оптимизациялоо зарылчылыгы да ушул проблема менен байланышкан. Бир катар Г. п-га илимий-техникалык революциянын жана дүйнөлүк рыноктун өнүгүүсүнүн, дүйнөлүк дүң продуктун эффективдүү өндүрүүнү жана кайра өндүрүп чыгууну камсыз кылуу зарылчылыктарынан улам келип чыккан. Дүйнөлүк энергетикалык, чийки заттык, азык-түлүк кризистерин чечүүнүн; тынчтык максаттарында жерге жакын мейкиндикти өздөштүрүү жана космостук мейкиндикти, Дүйнөлүк океанды демилитаризациялоонун жаңы ыкмаларын, акыр-чикирден тазалоонун жолдорун издөө зарыл. Г. п. өз ара, регионалдык жана улуттук-мамлекеттик проблемалар менен тыгыз байланышкан. Алардын негизинде – бүгүнкү күндөгү цивилизациянын жашоосунун негиздерин козгогон глобалдык масштабдагы карама-каршылыктар жатат. Жалпысынан бул социалдык, жаратылыш менен адамдын ортосундагы, анын ичиндеги карама-каршылыктар. Алардын кайсы бир тизмегинде курчушу Г. п-дын бардык системасындагы деструктивдүү процесстерге алып барып жаңы оңой менен чечилбөөчү проблемаларды пайда кылат. Дүйнөлүк коомчулукта Г. п-ды чечүүнүн көптөгөн программаларын жана пландарын каржылоо үчүн каражаттардын, ошондой эле бул максатта пайдалануучу калыптанган механизмдин жоктугунан улам абал оорлоодо. Бул үчүн БУУ, башка эл аралык уюмдардын, *демократтык кыймылдар*дын ишмердүүлүгүн активдештирүү; дүйнөлүк *согуш*тук чыгашаларды, конверсияларды кыскартуунун эсебинен ресурстарды көбөйтүп; бардык мамлекеттердин тыгыз кызматташтыгын калыптандыруу; жалпы адамзаттык кызыкчылыктар жана баалуулуктардын артыкчылыгын камсыз кылуу зарыл. Коомдук прогресс, Г. п-ды чечүүнүн негизинде адамзаттын жашоо стратегиясы элдерди цивилизациялык өнүгүүнүн жаңы чектерине алып баруусу мүмкүн.

ГЛОБАЛИСТИКА (лат. globi – шар) – макросоциалдык системалар, алардын динамикасы, глобалдык маселелерди чечүүнүн мүмкүнчүлүгүн изилдеген илимий багыт. Г. саясий, социологиялык, социал-философиялык ыкмалардын жыйындысы катары төмөнкү принциптерге таянат: 1) адам, табият, коомду бир бүтүндүк деп карап, алардын өз ара мамилесине структуралык мамиле кылуу; 2) жашап турган системаны кризисте деп кароо, анткени дайыма ар кандай чатак маселелердин изилдөө алкагында болушу күтүлөт; 3) кризисти башкарууга мүмкүн болгон проблематиканы иштеп чыгуу. Ушулардын негизинде, Батышта глобалдуу-менеджериалдык схематизм (З.Бзежинский, К.Боулдинг, Д.Дракер, Б.Жувенель ж.б.) келип чыгат. Булар саясаттын объект жана субъектине мамиле жасоо, *саясий ишмердүүлүктүн* максатын, натыйжасын аныктай билүүгө чакырышат. *Саясат* адамдын турмушуна таасир бере турган түрдүү конфликттерди жөнгө сала турган сфера болуп калуусу керек. Саясий үгүт – койгон максатка жетишүү үчүн сценарий түзүүдөн башталат да, керектүү маалыматты коммуникация каражаты аркылуу таратып жибере алат. Г. көп учурда массанын жөнөкөй, теоретикалык эмес көз караштарынан, жүрүм-турумунан көз каранды. Г-лык маселелер илимий-техникалык революция шартында өндүргүч күчтөрдүн абдан өсүп, өндүрүштүн кеңейиши, андан коом менен жаратылыштын ортосунда баланстын бузулушунан келип чыккан кыйынчылыктар катары каралат. Адамзат *цивилизация*нын тагдырына байланышкан бул маселелерди биргелешип, эл аралык масштабда чечүү керек. Г-нын өнүгүшү илимий багыт катары үч этапка бөлүнөт: 1-этап – 60-ж. өндүрүштүн масштабы жаратылыштын антропогендик таасирлерди толуктоо мүмкүнчүлүгүнө коркунуч туудурган деңгээлге жеткенде, ушул этапта адамзатты жок кыла ала турган каражаттар түзүлөт. 1972-ж. *Рим клубу* «Өсүүнүн чеги» аттуу китебин чыгарат, анда өлкөлөр, эгер табиятка мамилесин өзгөртпөсө, боло турган кырсыктар жөнүндө эскертилет. 2-этап – 70-ж. Батышта көптөгөн структуралык кризистер Г-нын изилдөө маселеси болуп калды. А.Гоффлер, Э.Ласло, С.Менловиц сыяктуу окумуштуулар негиздеген. 3-этап – 80-ж. эгерде мурдагы эки этап батыш-чыгыш, таптык, таптык эмес көз караштар болсо, бул маселеге объективдүү илимий көз караш калыптанган. Г-лык маселелер менен катар аймактык маселелер да бар, аларды туура чечүү маанилүү.

ГОББС Томас (1588–1679) – атактуу англиялык саясат таануучу, механикалык материализмдин алгачкы толук системасын түзүүчү. Г. биринчилерден болуп, королдун бийлиги кудайдан экендигине каршы болгон. Г. *мамлекет*ти библиядагы мифтик укмуштуу левиафанга (левиафан – адамдарды жеп-жутуп

турган мистикалык желмогуз) окшоштуруп, аны «бардыгынан бардыгына каршы согушуп турган, табигый абалын жөнгө салган адамдардын ортосундагы келишиминин натыйжасы катары көрсөткөн. Негизги эмгектери: «Левиафан» (1651), «Философиянын негиздери» («Тело тууралуу», «Адам тууралуу», «Жарандык тууралуу»).

ГРОЦИЙ (Гуго де Гроот) (1583–1645) – голландиялык юрист, социолог. Табигый укуктук теориясын жана эл аралык илимин негиздөөчүлөрдүн бири. Г-дин ою боюнча эл аралык конфликттерди чечүүдө универсалдык моралдык нормалар – жалпы мораль болушу зарыл. Ал төмөнкү принциптерден турган. Биринчиден, өзүн-өзү сактоого умтулуу мыйзамдуу иш; экинчиден, бирөөнү кемсинтүү мыйзамсыз деп таанылат. Ушул эки принципти табигый укуктардын негизи деп, ошондон улам *жарандык коом*дун негизи болуп да эсептелет деген. Г-дин негизги эмгектери: «Эркин деңиз» (1609), «Согуш жана тынчтык укугу жөнүндө» (1625).

ГРУППА (топ) – 1) элдердин бирикмеси, анын негизинде жалпы кызыкчылык, максат жатат. Эң байыркы аныктама Аристотелге тиешелүү. Достук мамиле, туугандык, анын кызыкчылыгы бир деп билет: 1. Батышта, социалдык, баштапкы биригүү; 2. аймактык, өндүрүштүк, конфессионалдык; 3. микротоптор. Г-нын архаикалык формасына – диада, триада кирет (2–3 адам). Бул жарым феодалдык, патриархалдык коомго мүнөздүү. Батышта адамдар ишмердүүлүгүнө жараша да бөлүнөт: экономикалык, саясий, маданий. Уюшулушуна жараша: уюшулган, уюшулбаган жана структуралаштырылган – структурасы жок ж.б. *Саясат таанууда* Г. – социалдык структуранын элементи, күчтүү саясий окуяларга таасир бере алган *субъекттер*. Өзүнүн экономикалык, *саясий кызыкчылыктарын* ишке ашыруу үчүн күрөшкөн, мамлекеттик структурага кирбеген субъекттердин тобу Г. деп аталат. Эгерде Г. бийлик органдарын өз чечимин аткарууга мажбурласа, анда ал *«басым көрсөтүү группасына»* айланат; 2) формалдуу, формалдуу эмес – өзүнчө санкцияланган максаты, нормасы, ишмердүүлүк эрежелери жок топтордун категориялары. Формалдуу категорияга – лидерди шайлоо, ж.б. нормативдүү документтерде, инструкцияларда бекемделген, тартиптүү топтор кирет. Ал эми формалдуу эмес Г. – кичинекей, институтташылбаган топтор кирет, жеке кызыкчылык, мүчөлөрүнүн керектөөлөрүнө, мамилелерине негизделет. Чет өлкөлөрдө формалдуу Г. изилдөөлөр ар тараптан жүргүзүлүп турат.

ГРУППИРОВКА (өкмөткө каршы) – *партия*лар, ар кандай кыймылдар, аскердик уюмдардын топтору, максаты: күч колдонуу менен өкмөттү кулатуу же өзүнүн талаптарын аткартуу. Мындай Г. *жарандык согуш* же *революция* мезгилинде легалсыз б.а. террор, куралдуу күчкө таянат. Г-нын пайда болушу алдын -ала даярдалган көтөрүлүш, козголоңдун бөлүгү. Социалдык базасы өлкөнүн өзгөчөлүгүнө жараша болот жана ага көбүнчө маргиналдык катмарлар, люмпендер кирет. *Идеологиясы* – диний фундаментализм, сектанство.

ГРУППИРОВКА, с а я с а т т а – 1) Саясий ишмердүүлүккө эки же андан көп борбордун биргелешип иштөөсү; 2) 2–3 борбордун жашыруун *келишим*дин негизиндеги аракети, алар коомчулуктан качышат; 3) 2–3 борбордун көз караштарынын убактылуу дал келишине байланыштуу келишим аркылуу ишмердүүлүгү. Г-нын тескери жагы – *коррупция*га өсүп кетиши мүмкүн.

ГРУППОВЩИНА – жалпы кызыкчылыкка карама-каршы келген, өз пайдасын, максатын көздөгөн адамдардын тобунун ишмердүүлүгү жана алардын ортосундагы түзүлгөн термин. Г. сталинизм тушунда киргизилген жана кызыкчылыктардын өз алдынча болуусуна тоскоол болууну максат кылган.

ГУАМ – Грузия, Украина, Азербайжан жана Молдова республикаларынын ортосунда 1997-ж. түзүлгөн «Демократия жана экономикалык өнүгүү үчүн» аймактык уюму (2001-ж. хартияга, 2006-ж. уставына кол коюлган). Уюмдун аталышы ага кирген мамлекеттердин аттарынын баш тамгаларынан алынган. Уюмдун курамы Кеңештен жана Катчылыктан турат. Кеңеш уюмдун негизги органы болуп саналат.

Ал өзүнүн жумушун мамлекет башчыларынын (саммит), тышкы иштер министрлеринин, улуттук координаторлордун жана туруктуу өкүлчүлүктөрүнүн негизинде жүргүзөт. Максаттары: демократиялык баалуулуктарды бекитүү, укуктун үстөмдүгүн камсыз кылуу жана адамдын укуктарын сыйлоо; туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу; эл аралык жана аймактык коопсуздукту жана стабилдүүлүктү бекемдөө; жалпы коопсуздук мейкиндигин түзүү үчүн европалык интеграцияны терендетүү, ошондой эле экономикалык жана гуманитардык кызматташтыкты кеңейтүү; социалдык-экономикалык, транспорттук, энергетикалык, илимий-техникалык жана гуманитардык потенциалды өнүктүрүү; өз ара кызыкчылыктарды көрсөткөн чөйрөлөрдө саясий карым-катнашты жана практикалык кызматташтыкты активдештирүү.

ГУМАНИЗМ (лат. – адамдык, адамгерчилик) – адам болууга, адамгерчиликке, адамдардын жыргалчылыгы үчүн, адамды кадырлоого негизделген көз караштардын топтому. Кайра жаралуу доорунда пайда болгон Г-дин алгачкы формасы өзүнүн тарыхый жактан чектелгендигине карабастан динге каршы багытталган.

ГУМАНИТАРДЫК КЫЗМАТТАШТЫК – *эл аралык мамилелер* системасындагы азыркы күндөгү эң маанилүү багыт. Негизги максаты: жердеги турмушту сактоо, бардык өлкөлөрдө адам турмушун жакшыртуу, түрдүү оорулар менен күрөшүү, адам өмүрү, ден-соолугу жөнүндө камкордук, балдарды окутуу ж.б. кирет. Г. к. эки жактуу, көп жактуу негизде жүргүзүлөт. Глобалдуу масштабда да болот. Качкындарга жардам берүү, улуттар аралык жаңжалды токтотуу, *терроризм*, наркоманияга каршы күрөшүү, билим берүү, маданий иштерге жардамдашуу кирет. Г. к-ты негизинен БУУ уюмдары ЮНЕСКО, ВОЗ, ЮНИСЕФ, Кызыл Ай ж.б. координациялайт. Г. к. Европа континенти үчүн негизги багыттардын жана чаралардын комплекси 1980-ж. Венада СБСЕ актысында каралган. Анда адамдардын бир өлкөдөн экинчи бир өлкөгө көчүү мүмкүндүгү, камакта жаткандардын укук-милдеттери, динге ишенүү эркиндиги ж.б. каралган. Дүйнөнүн айрым региондору үчүн СБСЕ чечими *идеал* болуп саналат, анткени алардын социал-экономикалык, саясий өнүгүүсү, жогорку деңгээлде эмес.

Д

ДААВАТ (араб. – чакыруу, үндөө дегенди түшүндүрөт). *Ислам*га даават, динге даават. Мусулмандардын, башка диндегилерди, гайрид дин өкүлдөрүн исламга чакыруу, мусулмандаштыруу, исламды кабыл алуусуна үндөө, даават кылуу деп аталат. Гайри дин өкүлдөрүн даават кылуу бардык момун мусулмандарга милдеттендирилген. Д. зордоо, мажбурлоо жолу менен болбойт. Д. түшүндүрүү жолу менен гана ишке ашырылат. Д. кылуу, Курандын аяттарында жана Мухаммед пайгамбардын хадистеринде кездешет. Ислам, даааватка өзүнчө көңүл бурат. Д. кандайдыр бир эрежеге киргизилбеген. Д. атайын кийим кийүү, өзгөчө тартип киргизүү менен байланыштуу эмес жана атайын түзүмдөштүрүлбөйт. Мис., *Таблиг жамааты* сыяктуу.

ДАЛЬ Роберт Алан (1915-2014) – америкалык саясат таануучу; бүгүнкү саясий илимдеги оригиналдуу жана таасирдүү *шкан*. Плюралисттик *демократия* теориясын негиздөөчүлөрдүн бири. «Демократия теориясына киришүү» (1956), «Батыш демократияларындагы саясий *оппозициялар*» (1966), «АКШдагы плюралисттик демократия» (1967) ж.б. белгилүү эмгектеринде Д. демократияны өбөлгөлөрү, эркиндик, теңдик жана демократия түшүнүктөрүнүн өз ара катнашы, *саясий система*лардын өзгөрүш проблемаларын караган. «*Полиархия*, катышуу жана оппозиция» (1971), «Демократия, эркиндик жана теңдик» (1986) деген эмгектеринде Д. өзүнүн полиархия теориясын кенен ачып берет. Ал полиархиянын беш түрдүү аныктамасын көрсөтөт. Биринчиден, башка режимдерден өзүнүн эки мүнөздүү белгиси менен: оппозицияга карата салыштырмалуу өтө жогорку чыдамкайлык жана кызматтагы адамдарды түшүнүүнүн тынчтык каражаттарын пайдалануу менен жүрүшү аркылуу айырмаланган бүгүнкү мезгилдеги *мамлекетти* башкаруунун демократтык режимдин өзгөчө тиби. Экинчи-

ден, полиархия улуттук *мамлекеттерди* демократташтыруунун жыйынтыгы катары. Үчүнчүдөн, полиархия *демократтык процесстер* үчүн зарыл керек болгон саясий *институт*тардын түзүлүшү катары. Төртүнчүдөн, бийлик үчүн болгон *саясий элиталар*дын ачык атаандаштыгынын аркасында жүргүзүлгөн башкаруучунун саясий системасы катары. Бешинчиден, полиархия белгилүү бир укуктар жана корголгон укуктар системасы катары.

ДАО ДЭ ЦЗИН, кара: *Лао-Цзы.*

ДАОСИЗМ – дао жөнүндөгү окуу, философиялык-диний мектептердин бири. Дао терминин которуу кыйын, түздөн-түз «Жол» дегенди түшүндүрөт. Мааниси жагынан алганда «Дүйнөнүн алгачкы себеби», «Ааламдын маңызы», «Жаратылыштын негизги *мыйзамы*». *Конфуций* окуусунда дао деп мыкты башкаруучунун жолу, адептүүлүктү өркүндөтүүнүн жолу, моралдык-этикалык нормалардын жыйындысын түшүнүшкөн. Д-дин негиздөөчүсү катары *Конфуцийдин* улуу замандашы Лао-Цзы эсептелет. Анын негизги китеби «Дао дэцзин». Бардык заттар өзүнүн менчик жолу – дао аркылуу жаралат жана өзгөрөт. Дүйнөдө өзгөрүлбөс зат жок жана бардык заттар ошол өзгөрүү процессинде өздөрүнүн карама-каршысына айланышат. Адам заттардын табигыйлуулугун таануугa жана куру акылдуусуна берүүдөн баш тартуугa тийиш. Д. үстөмдүк жана эзүүгө каршы туруп, адамдарды жашоонун алгачкы түзүлүшүн калыбына келтирүүгө чакырган. Б.з.ч. IV–III к. жашашкан Ян Чжу, Инь Вэнь, *Чжуан-цзы* Д-дин көрүнүктүү өкүлдөрүнөн болушкан. Ян Чжу боюнча жашоонун табигый мыйзамдарын (дао) сактоо адамга «өзүнүн жаратылышын жана бөтөндүгүн сактоого жол берет», ал эми Инь Вэнь айткандай, дао адамга акылдуулукту алууга жана чындыкты түшүнө билүүгө керек. *Чжуан-Цзы* ой жүгүртүүлөрүндө «асмандын жана жердин күзгүсү» деп атаган. Аны көпкө караганда жекеликти, кыймылга караганда токтоп турууну (покой) көбүрөөк колдогону, даону заттардан бөлүп чыгуусу кийинки мезгилде пайда болгон «иш кылбоо» (недеяние) теориясынын идеялык негизин түзгөн. Бүгүнкү күндө аны философиялык саясий Д. катары диндик Д-ди бөлүп кароо керек.

ДАРЕНДОРФ Ральф (1929-2009) – немец социологу. Д. *социалдык стратификация* жана конфликттер теориясын иштеп чыккан. *Социалдык конфликттер* концепциясында таптардын негизги белгисин менчикке эмес, үстөмдүк кылуучулукка жана баш ийүүчүлүккө байланыштырат, бул кайсы гана коомго болбосун тиешелүү болуп, конфликттерге алып келет деп эсептейт. Негизги эмгектери: «Индустриалдык коомдогу таптар жана таптык конфликттер» (1959), «Конфликт жана эркиндик» (1972).

ДАТКА (фарсыча «дадхох» – «адилетти сүйүүчү», «адилетти каалоочу», «адилетчил») – мансап даражасы. Кокон хандыктарынын тушундагы бийлик жүргүзүүчү эң жогорку наам жана ушундай наамы бар адам. 1. Бухара, Кокон жана Хива хандыктарынын убагындагы жогорку мансап. Амирдин атына келген арыздарды кабыл алып, анын жообун арыз ээсине билдирип туруучу адам. 2. Кокон хандыгындагы ири феодал төбөлдөрүнө берилген аскердик-акимдик чин. Бул чинди алгандар Кокон ханынын *саясат*ын жүргүзүүгө белгилүү деңгээлде милдеттүү болушкан. Д. негизинен жергиликтүү *бийлик*тин кызыкчылыгын борбордук Кокон бийлигинде коргой турган, байланыштыруучу функцияны да аткарган. «Манастын» көп эпизоддорунда жолугат. Жакып хан кыз издеп Букарга келип. Санирабигага сөйкө салган окуя- сында эскерилет:

Бул шаарда бектерден
Аялдатпай табыңар,
Үйүнө бирин койбоңор,
Удайчы менен датка деп (СО, 2. 369).

ДЕБАТ (фр. debats – талкуулоо) – кандайдыр бир чогулушта же жыйындарда пикирлешүү; жарыш сөз, айтыш. *Парламент*тик Д-тар – сунушталган мыйзамдар жана өкмөттүн иш-аракеттери тууралуу депутаттар арасындагы пикирлешүүнүн расмий тартиби.

ДЕВИАНТТЫК ЖҮРҮМ-ТУРУМ (лат. deviatio – чектен чыгуу) – коомдогу укук жана каада-салтка жат жүрүм-турум. Ага коомчулукка коркунуч келтирген жосундар да кирет.

ДЕЗИНТЕГРАЦИЯ (лат. de – приставка, сөздүн алдына жалгануучу аффикс, ал жоготуу, токтотуу, жок болууну билдирет, integer – бүтүн) – 1) бүтүндүн курамдуу бөлүктөргө бөлүнүшү, чачырашы; 2) Г.Спенсердики боюнча өнүгүүнүн жогорку тибинен төмөнкү тибине карай артка жылуу, татаалдан жөнөкөйгө карай кыймыл.

ДЕИДЕОЛОГИЯЛАШТЫРУУ – XX к. 50-ж. Европада кеңири тараган *социал-демократтык* концепция; алар коомдо «идеологияны жок кылып», идеологиясыз илимди түзүүгө аракет жасашкан. *Т.Парсонс,* Э.Шилз, С.Липсет ж.б. колдогон. Идеология – социалдык чындык жөнүндө ачык картинаны бере албайт, анткени ал өзүнчө бир таптын, социалдык катмардын кызыкчылыгын көздөйт дешкен. Коом нормалдуу өнүгүүсү үчүн тапка негизделбеген социалдык негиз керек. Жогорку индустриалаштырылган коомдо антогонисттик карама-каршылыктар жок, ошондуктан, идеологияны жок кылуу керек дешкен Д-нун талапкерлери. Д. концепциясынын өнүгүшүнө *конвергенция идеясы* таасир берген. Мында коомдук өнүгүү коомдун социалдык-саясий тибине карабастан үч этапка бөлүнгөн: 1) индустриялаштырууга чейин; 2) индустриалдуу; 3) постиндустриалдуу (индустриялаштыруудан кийинки). Ушул ирет менен өнүгүүдө *идеология* акырындап жок болууга тийиш. 70-ж. кайрадан реидеологиялаштыруу агымы, б.а. коомдо идеологияны жандандыруу агымы башталган.

ДЕИЗМ (лат. – Кудай) – дүйнөнү Кудай жаратканы чын, бирок дүйнөнүн кийинки өнүгүшүнө ал кийлигишпейт деген диний-философиялык окуу. Д. XVII–XVIII к. Англияда пайда болгон.

ДЕКЛАРАЦИЯ (фр. declaration – билдирүү) – 1) конституциялык укуктагы тиешелүү мамлекеттин тагдыры үчүн өзгөчө зарыл маани берүү менен, салтанаттуу мүнөз күтүү максатын көздөгөн саясий-юридикалык актынын аталышы (мис., КР мамлекеттик эгемендүүлүгү жөнүндөгү Д-сы). Кошумча мыйзамдык жөнгө салууну талап кыла тургандай, укук-ченемдик акты катары жалпылык менен так эмес мүнөз күткөндүгү – Д-нын өзгөчөлүү белгиси болуп саналат; 2) эл аралык укуктагы тараптардын жалпы көз караш менен максаты бирдей чыккандыгын туюндура турган салтанаттуу акт. Ал милдеттүү түрдө аткарыла турган күчкө ээ эмес. Буга мамлекеттер тарабынан милдеттүү түрдө аткарыла тургандай күчкө ээ болгон 1948-ж. кабыл алынган *Адам укугунун жалпы декларациясы* гана кирбейт.

ДЕКРЕТ (лат. decretum – көрсөтмө, токтом) – *мамлекеттик бийлик*тин жогорку органдары (президенттик жана өкмөттүк Д.) тарабынан чыгарылган актынын бир түрү. Октябрь революциясынан кийинки алгачкы күндөрү жарыяланган Совет бийлигинин Д-тери. Кыргызстанда 2010-ж. апрель айынан декабрь айларына чейин Убактылуу өкмөт тарабынан республиканын территориясында милдеттүү түрдө аткарууну талап кылган Д-тер кабыл алынган.

ДЕЛЕГАТ (лат. delegatus – жөнөтүлүүчү) – мамлекеттин, уюмдун, жамааттын шайлануучу же дайындалуучу ыйгарым укуктуу өкүлү. КР мыйзамдарында Д. түшүнүгү көбүнесе курултай же конференция катышуучуларына карата колдонулат.

ДЕЛЕГИТИМДЕШТИРҮҮ (лат. de – жокко чыгаруу, legitimus – мыйзамдуу) – *легитимдештирүү* түшүнүгүнө каршы турган процесс, б.а. *бийликке, саясий лидерге,* институтка, жалпы эле *саясий процесске* ишенимди жоготуу.

ДЕМАГОГИЯ – массанын реалдуу проблемаларын, суроо-талаптарын билип алып, ошолорду ишке ашыруу деген ураанга жашынып, өзүнүн же топтун, социалдык же саясий максатын көздөгөн аракеттер жана аларды ишке ашырууга умтулуу. Реакциячыл жалган жана өзүнүн чыныгы жүзүн, максаттарын жашырган саясатчылар Д-нын чеберлери болушат, аларга калп айтуу, кооздоп сүйлөө, элди алдоо ж.б.у.с. мүнөздүү.

ДЕМОГРАФИЯЛЫК САЯСАТ – социал-экономикалык *саясаттын* бөлүгү. Д. с. мамлекеттик же аймактык болушу мүмкүн, негизги мазмуну, элдин таралыш жана жайгаштыруу процессине таасир берүү. Бул *мыйзамдар* жана шарт түзүү аркылуу ишке ашырылат. Д. с-тын натыйжасы мамлекеттик статистикада катталат. Д. с-тын негизги багыттары – калктын көбөйүшү жана миграция, эмгек ресурстарынын курамы жана структурасы, эмгекке орноштуруу, калктын иш менен камсыз болушу ж.б.

ДЕМОКРАТИЯ – түшүнүгү доордон доорго өзгөрүп келген. Антикалык доордо «Д.» терс сапаттар менен мүнөздөлүп, башкаруунун начар түрү катары эсептелген жана монархтын же аристократтардын башкаруусунан айырмаланып, элдин (көпчүлүктүн) түздөн-түз башкаруусу катары каралган. «Д.» бийлиги Афиныда көпкө өкүм сүргөн эмес, ал алгач охлократияга (көпчүлүктүн бийлиги), андан соң тиранияга айланган. Платон «Д.» бийлик маданиятсыз жана кедей адамдарга таандык болгон башкаруунун өзгөчө түрү катары караган. «Демократияда бардыгы бирдей, баары тең башкарса болот, а бул башаламандыкка алып келет. Мамлекетти көп нерседен түшүнүгү жок төбөлдөрдү бийликке алып келген билимсиз көпчүлүк башкарып калат. Башкаруучу элди кулдандырат, ошентип залимдик орнойт», – деген ал. «Д.» түшүнүгүн кайра баалоо Жаңы мезгилге туура келет. Эрте либерализмдин идеологдору Д.Локк менен Ш.Л. Монтескье инсан эркиндигин колдошуп, аны элдик эркиндиктин демократиялык негиздери жана жеке укуктарынын жардамы менен бийлик зомбулугунан коргоону жазып чыгышкан. Монтескье «өкүлдүк демократия» ой-пикирин негиздеген. Бул жерде ал эл өз өкүлдөрүн кеңешке же сенатка шайлаган башкаруу түрүн түшүнгөн.

«Д.» жөнүндөгү түшүнүктөрдүн өнүгүшүндөгү жаңы баскыч Француз революциясынан башталган жана жарандык коомдун институттарынын пайда болуу шарттарында башкаруучулар менен алардын кол алдындагылардын ортосундагы мамилелерди негиздөө муктаждыгы менен байланышкан. Жаңы мезгилде демократияны иш билги башкаруу катары караган демократиянын классикалык (либералдык) теориясы калыптанган. «Д.» катары өзүнө эркиндик, адам укугу, элдик эркиндик сыяктуу баалуулуктарды киргизген коомдук түзүлүш мүдөөсү түшүнүлгөн. Бийлик булагы болуп эл эсептелген, алар кандайдыр бир мөөнөткө өз ыйгарым укуктарын тандалып алынган өкүлдөргө тапшырып жана алар аркылуу өз каалоолорун билдирип турушкан. Эл менен эл өкүлдөрүнүн ортосундагы мамиле эл өз өкүлдөрүнө тапшырган ыйгарым укуктардын тизмесин бекиткен Конституция менен аныкталган.

Бирок, чыныгы «Д.» эч качан элдин бийлиги болбогондугун эстен чыгарбашыбыз керек, анткени ал мамлекет менен, демек зордук-зомбулук менен байланышкан. XX к. башында «Д.» классикалык маанисин сынга алынган; «Д.» жөнүндө туураараак ой-пикирлер пайда болуп, жаңы теориялар иштелип чыккан. XVIII к. ураандары жасалма, ал эми элдик бийлик болсо утопиялык же туура эмес мүдөө деп табылган. XX к. өкүлдүк демократиянын ой-пикирлерин таратуунун жыйынтыгы: атаандаш партиялар, шайлоо өнөктүгүн жүргүзүү эркиндиги, шайлоочулар теңдиги жана жалпы шайлоо укугу, добуштарды туура эсептөө, парламенттин иштеши, партиялык тутумдардын өнүгүшү сыяктуу эркин шайлоолордун чен-өлчөмдөрүн иштеп чыгуу болгон. Бул ой-пикирлер азыркы «Д.» негизи болуп калган.

Шайлоо тутумдарынын, партиялардын жана парламенттин иш тажрыйбасы көрсөткөндөй, саясат элдин эрки менен аныкталбайт; шайлоочулардын эрки көп учурда эске алынбайт, бузулат. Каарман жана көпчүлүк теориясы, элитардык теориялар пайда болуп, «Д.» классикалык теориясы шек туудура баштаган. М.Вебер бул теорияны сынга алгандардын бири болгон. Анын түшүнүгү боюнча чоң коомдун «Д.» ишке ашпай турган нерсе жана бюрократиянын бийлигинин өсүшүнө каршы тура ала турган күч болуп бериши ыктымал. Көпчүлүк демократиялардын пайда болушу башкаруунун бюрократиялык ыкмасы менен коштолот. «Д.» менен бюрократиянын ортосунда сөзсүз кагылыш келип чыгат. М.Вебер кагылыштын себебин демократиянын шайлоолор аркылуу өкүлдүн кызматта туруусун азайтууга болгон аракетинен, ошол эле кезде бюрократиянын кызматта көбүрөөк калышка умтулган аракетинен көрөт. Бюрократиянын күчү – иштерди адистештирүүдө, чечимдерди эксперттик даярдоодо. Бул бюрократияны эч нерсе менен алмаштыргыс жана көзөмөлгө алынбай тургус кылып салат.

Р.Михельс «Д.» элдик бийлик катары ишке ашпай турган нерсе деп эсептеген. Чоң уюмдардагы чечимдер аз гана кишилер тарабынан кабыл алынат. В.Парето менен Г.Моска элита

менен лидерлердин демократиялык жол-жоболорду өздөштүрүп алганын белгилешкен. Италиялык саясатчы Ж.Сарторинин ою боюнча, «Д.» бул эркти билдирүүдө түздөн-түз жана өкүлдөр түрүнүн айкалышы, тандоону камсыздоо жана бийликтин топтолушунан кепил болуу тутуму.

ДЕМОКРАТИЯГА ӨТҮҮ: үлгүлөрү, баскычтары, шарттары. Саясий транзитологиянын борбордук түшүнүгү катары тоталитардык жана авторитардык бийликтен демократиялык бийликке өтүү жүрүшүндөгү институционалдык кайра өзгөртүүлөрдү «саясий өтүү» деп түшүнөбүз. Д. ө. теориясын биринчи ирет Д.Ростоу иштеп чыккан. 1970-ж. «Демократияга өтүүлөр: динамикалык үлгү аракети» аттуу эмгегинде саясий өзгөрүштүн үлгүлөрүн куруу үчүн баштапкы жоболорду жазып чыккан. Ростоу саясий күч-кыймылдын ылдамдыгын, мүнөзүн жана багытын аныктаган себептерге көңүл бурган.

Д. ө. тажрыйбаларын салыштырмалуу талдоонун негизинде Ростоу өтүүнүн үч негизги баскычын бөлүп көрсөтөт: 1) даярдык баскычы, буга саясий күчтөр менен коалициялардын карама-каршылыгынын күчөшү мүнөздүү; 2) чечимдерди кабыл алуу баскычы, мында негизги саясий күчтөрдүн ортосунда келишимге жетишүү менен «оюн эрежеси» аныкталат; 3) жетишилген келишүүлөрдү бекемдөө жана демократиялык институттардын түзүлүшү (же «көнүшүү» баскычы).

XX к. 80–90-жж. А.Пржеворский, Ф.Шмиттер, Г.О. Доннел, *С.Хантингтондун* ж.б. ысымдары менен байланышкан Д. ө. үлгүсү иштелип чыгат. Доннел менен Шмиттер Д. ө-нүн үч баскычын: либералдаштыруу, демократиялаштыруу жана социалдаштыруу болуп көрсөтүшкөн. Либералдаштыруу деп алар бийлик аппаратын өзгөртпөгөн жарандардын эркиндигин институтташтыруунун жүрүшүн түшүнүшкөн. Тутумдун өзү өзгөрбөйт, жыйынтыгында аппараттын камкордугу алдындагы формалдык демократиялык институттардын бийлигинен турган «камкорчу демократия» пайда болот. Демократиялаштыруу баскычында саясий бийликтин бардык түзүлүшү алмаштырылат, анткени оппозиция парламент сыяктуу жаңы институттарда чечимдерди кабыл алууга мүмкүндүк алат. Биринчи эркин атаандаш шайлоолордун жыйынтыгында жаңы саясий тутумду түзүү башталат. Д. ө. үчүнчү баскычы жарандарды ресоциалдаштырууну билгизет, башкача айтканда жаңы чен-өлчөмдөр менен баалуулуктарды өздөштүрүү, демократиялык саясий жүрүш учурунда мамилелердин жаңы тутумуна акырындап кирүү.

А.Пржеворский өтүүнүн эки негизги баскычын: «либералдаштырууну» жана «демократиялаштырууну» бөлүп көргөзөт. Либералдаштыруу эки багытта — жогортон жана төмөнтөн ишке ашышы мүмкүн, ага туруксуздук мүнөздүү. Либералдаштыруу өзгөрүүлөрдүн уланышына өбөлгө түзүүгө жарамдуу, ошол эле мезгилде репрессияларды чакырышы, ошону менен бирге мурдагы авторитардык бийликтин кайрадан күчөшүнө алып келиши ыктымал. Өзгөрүүлөрдүн уланыш мүмкүндүгү жогортон өзгөртүүдө көбүрөөк. Эгер өзгөрүүлөр уланып олтурса, анда кийинки баскыч – демократиялаштыруу келет. Экинчи баскыч – «авторитардык бийликтен бошонуу» жана демократиялык башкарууну «конституциялаштыруу» өндүү эки баскычка бөлүнөт. Биринчи баскыч реформаторлор менен солгундардын ортосундагы келишимдин натыйжасында келип чыгышы мүмкүн. Экинчи баскыч сүйлөшүүлөр жолу менен ишке ашырылат. Баскычтарды өтүүнүн жана Д. ө. жолдорун тандоонун ылдамдыгы көбүнесе негизги саясий күчтөрдүн жайгашына жана өз ара катышына жараша болот.

С.Хантингтон Д. ө-нүн бир нече тарыхый үлгүсүн бөлүп көргөзөт. Биринчи үлгүнү ал түрмөктүү деп атайт. Мында авторитардык бийликтин демократиялык бийлик менен, демократиялык бийликтин кайра авторитардык бийлик менен кезек-кезеги менен алмашып туруусу түшүндүрүлөт. Экинчи үлгү ал тарабынан экинчи аракеттин үлгүсү катары белгиленет. Жаңылануунуу ишке ашырып жаткан өлкөлөрдөгү демократия транзиттин экинчи аракетинен кийин гана орногон. Бул жерде авторитардык бийлик демократиялык бийлик менен алмашкан. Натыйжалуулуктун төмөндүгүнүн

себебинен демократия жеңилүүгө дуушар болгон, андан соң экинчи ирет демократиялык бийлик менен алмашкан авторитардык бийлик орногон. Үчүнчү үлгүнү америкалык саясатчы үзүлгөн демократия деп атайт. Ал демократиялык күчтөрдүн жеңилиши жана Д. ө-гү жеңилиш менен мүнөздөлөт. Төртүнчү үлгү ал тарабынан авторитардык бийликтен туруктуу Д. ө. менен байланыштырылат. Акырында, бешинчи үлгү – деколониялаштыруу – колониялыктан кол үзгөн өлкөлөрдө демократияны мурдагы метрополиялар тарабынан «жогортон» киргизүүнү болжолдойт. Демократиялык транзиттин натыйжаларын жана жыйынтыктарын С.Хантингтон бир нече себептердин ортосундагы күрөш менен байланыштырат. Аларга ал өкмөттүн реформисттик жана консервативдик бөлүгүн, ошондой эле радикал-экстремисттик жана солгун-демократиялык оппозицияны кошот. Кезегинде өкмөттүн реформисттик бөлүгү ал тарабынан либералдуу жана демократиялык реформаторлорго бөлүнгөн. Өкмөттөгү демократиялык реформаторлор да, оппозициядагы солгун демократтар да бийликтин демократиялашуусуна кызыкдар. Ошол эле учурда консерваторлор авторитарчылыкты, ал эми оппозициянын радикал-экстремисттик бөлүгү демократиялык багытта болбогону менен, бийликтин өзгөрүшүн сактап калууга умтулгандар. Эгер реформаторлор консерваторлордон, ал эми чечүүчү маанини солгундар ойногон өкмөт оппозициядан күчтүү болгондо С.Хантингтон трансформация деп атаган демократиялаштыруу болуп өтөт деген. Эгер оппозиция өкмөттөн күчтүү болсо, ал эми солгундар радикал-экстремисттерди көзөмөлдөй алууга жарашса, анда Д. ө-нүн жолу эски бийликти жаңы бийлик менен алмаштыруу болуп саналат. Акырында, эгер өкмөттөгү реформаторлордун күчү менен оппозиция ичиндеги солгундардын күчү бирдей болуп калса, анда Д. ө-нүн жаңы үлгүсү – орун алмаштыруу түзүлөт. Трансформация учурунда башкаруучу элита авторитардык бийликти жок кылат жана бийликтеги мурдагы элитаны четтетип, бийликке жаңы элита топторунун келишин шарттаган жаңы бийлик менен алмаштырат. Өтүүнүн бул үлгүсү улантуучулуктан жана мурдагы мыйзамдуулуктан баш тартуу менен байланышкан. Орун алмаштыруу өкмөт менен оппозициянын кызматташуусу менен айырмаланат, анткени реформа жүргүзүүнүн жалгыздап аткаруу алардын колдорунан келбейт. Натыйжада бийликти алмаштыруу соодалашууга жана өкмөт менен оппозициянын ортосундагы келишимдерге негизделген. Оппозиция бийликке мурдагы башкаруу элитасынын мүчөлөрүнө кепилдик берүү шарттарында кошулган. Мындай келишимдер чыңалууну жок кылып, көптөгөн курч чыр-чатактардан кутулууга мүмкүндүк берген, демек Д. ө. жумшак жүргөн.

ДЕМОКРАТИЯЛАШТЫРУУ ТОЛКУНДАРЫ теориясы 90-ж. башында пайда болуп, саясат таануда курч талкууларды жараткан. Бул теориянын эң белгилүү авторлорунун бири болуп, *«Үчүнчү толкун:* XX жүз жылдыктын акырындагы демократиялаштыруу» деген белгилүү китептин автору С.Хантингтон эсептелет. С.Хантингтон тарабынан демократиянын өнүгүш жүрүшү ар кандай мезгилдердеги ар кандай өлкөлөр менен аймактарда Д-нун бир кылка эместигин чагылдырган синусоиддик толкундар сыяктуу «кирүүлөр» менен «тартылуулар» түрүндө түшүндүрүлөт. Д-нун ар бир толкуну кер толкун менен алмашат (реверсивдүү толкун менен).

Д-нун биринчи (узун) толкуну болжол менен 1828-ж. башталат да, 1926-ж. аяктайт. Анын тамырлары Америка жана Француз революцияларына дейре кетет. Бирок демократиянын чыныгы түзүлүшү XIX к. болуп өтөт. Бул мезгилде демократия АКШда, Францияда, Швейцарияда ж.б. 29 өлкөдө орнойт. Бул мезгилдеги демократиянын пайда болушунун негизги себептери өнөр жайлаштыруу, шаарлаштыруу, буржуазия менен ортоңку таптын пайда болушу, жумушчу таптын уюмдарынын түзүлүшү, теңсиздиктин акырындап азайышы болуп эсептелет.

Д-нун биринчи толкунунун ордуна биринчи реверсивдик толкун келет (1922–1942). Ал нагыз Италиядагы (1922) Муссолини орнотконфашисттик бийликтин учурунан башталат да, тоталитардык идеологиянын таасиринин күчөшү менен мүнөздөлөт. Жада калса демократиялык бийлик сакталган өлкөлөрдө да (Великобритания, Франция), Улуу депрессиянын таасири астында демократияга каршы кыймылдар күч ала баштайт. Ушул мезгилдеги авторитардык бийликке кайтып келүү 33 өлкөдө болуп өткөн.

Д-нун экинчи (кыска) толкуну 1943-ж. башталып, 1960-ж. башына чейин барат да, 20 жылдай уланат. Демократиялык бийликтердин санынын көбөйүшү экинчи дүйнөлүк согуштагы шериктердин жеңиши жана деколониалдаштыруу менен байланышат. Кайсыл бир мамлекеттерге демократиялык жол америкалык басып алуунун жыйынтыгында таңууланган (Батыш Германия, Италия, Австрия, Жапония, Түштүк Корея). Айрымдары аны өз ыктыяры менен тандап алышкан (Түркия, Греция, Бразилия, Аргентина, Перу, Эквадор, Венесуэла, Колумбия). Бул мезгилдеги демократиялык бийликтин жалпы саны 36га жеткен.

Экинчи артка кетүү толкуну 15 жылдай созулуп (1958–1975), негизинен «үчүнчү дүйнөнүн» өлкөлөрү менен байланышкан. Демократиядан жаш гана мамлекеттер кетпестен, демократиялык түзүлүш 25 жана андан көп жылдай жашап турган өлкөлөр да кете баштаган (Чили, Уругвай, Индия, Филиппиндер). Бул мезгилде демократия 30дан ашык көп өлкөлөрдө сакталып кала берген.

Үчүнчү толкун 1970-ж. башталып, азыркы күнгө чейин уланып келе жатат. Адегенде Грециядагы (1974), Португалиядагы (1975), Испаниядагы (1977) авторитардык бийликтер кулайт. Андан кийин Д. Латын Америкасын (Доминикан Республикасы – 1975, Гондурас – 1982, Перу – 1988), Азиянын айрым өлкөлөрүн (Түркия – 1983, Филиппиндер – 1986, Түштүк Корея – 1988) кучагына алат. Акыры ал Чыгыш Европага жетет (Венгрия, Польша, Чехословакия, Болгария – 1989, Орусия, Украина – 1991, ж.б.). 1990-ж. 45% эркин мамлекеттер демократиялык саясий тутумга ээ болушкан жана 39% чукул дүйнө эли демократиялык коомдордо жашашкан. С.Хантингтон Д-нун үчүнчү толкунунун негизги беш себебин бөлүп көрсөтөт: 1) Авторитардык тутумдардын мыйзамдуулугуна доо кетирүү. 2) 60-ж. болуп көрбөгөндөй экономикалык өсүш. 3) Ошол эле жылдардагы католиктик чиркөөнүн саясатындагы олуттуу өзгөрүүлөр. 4) Дүйнөлүк чоң мамлекеттердин саясатынын өзгөрүшү (куралсызданууу). 5) Демонстрациялык натыйжа, же «кар тогологу» натыйжасы.

Ошол мезгилдеги демократия көз карашында турган мамлекеттердин жалпы саны 40-45ке жеткен. Бирок Д-нун үчүнчү толкунунун ордуна үчүнчү реверсивдик толкундун да келиши ыктымал. Айрым бир божомолдор боюнча ал 4–5 өлкөнүн демократиялык негизине доо кетирет.

ДЕМОКРАТИЯЛАШТЫРУУНУН ҮЧҮНЧҮ ТОЛКУНУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ – азыркы, үчүнчү толкун кененирээктиги, масштабынын ааламдуулугу менен айырмаланып турат. Өзгөрүүчү коомдук тутумдардын жана саясий бийликтердин баштапкы мүнөздөмөсү – Латын Америкасы менен Түштүк Европадагы авторитардык жана аскердик хунтадан баштап, СССР менен европалык социалисттик өлкөлөрдөгү тоталитардыктан кийинки авторитардыкка чейин аябай эле айырмаланып турат. Мындай демократиялык өтүүлөр жыйынтыгында бириккен демократия түзүү жөнүндө айтууга мүмкүндүк бербейт, алар көп учурда токтоп калышат же жалган демократиялык риторика менен жаңыланган авторитардык бийликтердин пайда болушуна алып келет. С.Хантингтон «үчүнчү толкун» деп аталган өлкөлөрдөгү Д-нун төмөндөгүдөй түрлөрүн бөлүп көрсөтөт: а) трансформация; б) алмаштыруу (бөлүнүү); в) транс кайра жайгаштыруу (бошоо); булардан соң жаңы бийликтин биригүүсү жүрүп өтөт.

Анын үстүнө Д. жолундагы чоң тоскоолдуктар батыштагы эмес жарды өлкөлөрдө байкалат. Азыркы мезгилде демократияны экспансиялоо эмес, баш коштуруу башкы маселе болуп эсептелет. Жаңы демократияларды баш коштурууда демократиянын морт болбостугу үчүн: саясий институттарды чыңдоо жана экономикалык реформаларды жүргүзүү сыяктуу эки маселеге көңүл буруу сунушталат. Саясий институттар тутуму кайсы бир бутакта бийликтин өтө эле күчөп кетишине алып келбегидей болуп түзүлүшү керек. Саясий Д-га караганда

экономикалык реформалар татаалыраак, алар калктын калың катмарлары үчүн кыйынчылыктар менен коштолот. Хантингтондун ою боюнча экономикалык реформаларды шайлоолордогу жеңиштен кийин дароо эле баштоо туура болот. Реформа үчүн дайыма аткаруу бийлигинин күчтүү башчысы талап кылынат, ошондуктан жаңы демократия шартында башкаруунун президенттик же жарым президенттик түрлөрү туура келет. Ийгиликке реформаны тезирээк жана бир мезгилде жасаган өкмөттөр жетишет.

ДЕМОКРАТИЯЛЫК КЫЙМЫЛДАР – азыркы мезгилдеги коомдук өнүгүүнүн эң башкы кыймылдаткыч күчү. Прогрессивдүү *реформаны* жүргүзүү, глобалдык, регионалдык жана улуттук проблемаларды чечүү Д. к-дын максаты болуп саналат. Коомдук өз алдынча ишмердикке ээ социалдык таптар, ассоциациялар, коалициялар, союздар, козголуштар Д. к-дын структурасын түзөт. Д. к. өзүнүн өнүгүшүндө бир нече этаптарды басып өткөн акыркы жылдары пайда болгондору: «жаңы демократтык кыймыл», «жаңы социалдык кыймыл», «Кыргызстан демократтык кыймылы» ж.б. Д. к-дын багыттары төмөнкүчө: максаты боюнча – тоталитардык *саясий система*га, *авторитардык режим*дерге каршы кыймыл, согушка каршы, *экологиялык кыймылдар*; социалдык жана улуттук курамы боюнча – жумушчулардын, дыйкандардын, *интеллигенция*нын, улуттук топтордун, аялдардын, жаштардын жана студенттердин, диндик уюмдардын кыймылдары; *радикализм* деңгээли жана массалык акцияларды пайдалануу боюнча – демонстрациялар, митингдер, иш таштоолор, *парламентаризм*дин мүмкүнчүлүктөрүн пайдалануу; аймактык-географиялык белгилери боюнча – глобалдык, өңүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө; улуттук мамлекеттин рамкасында ж.б. Д. к. өзүнүн өнүгүшүндө жаралуу, түзүлүү, жетик, максималдуу активдүүлүк этаптарын, ал эми өзүнүн жашоо булагы түгөнгөн кезде төмөндөө жана тарыхый аренадан жок болуу этаптарын башынан кечирет. Бүгүнкү күндө *тоталитаризмге* каршы, согушка каршы, улуттук-бөштондук, экологиялык кыймылдар күчөп баратат. Д. к. Кыргызстандын өнүгүшүнө олуттуу таасир тийгизди. *«Ашардан»* бөлүнүп чыккан Кыргызстан *демократтык* кыймылы тоталитаризмден демократияга өтүүдө негизги ролду ойноду.

ДЕМОКРАТИЯЛЫК ПРИНЦИПТЕР – демократтык *саясий режим* негиздеген принциптер. *Демократия* өзүнүн өнүгүшүндө бир катар принциптерди иштеп чыккан. Биринчи кезекте бул – элдик бийлик, эл бийликтин булагы, *бийлик* ал тарабынан тикелей же өкүлчүлүк формасында ишке ашырылат. Кеңири тараганы өкүлчүлүк формасындагы принцип, ага ылайык жарандар мыйзам *чыгаруучу бийликти* жана *аткаруучу бийликти* шайлашат. Д. п-тин кийинкиси – чечимдердин көпчүлүк добуш менен кабыл алынышы. Мындан азчылыктын укугун коргоо принциби келип чыгат. Азчылык оппозиция түзүү укугуна ээ болууга тийиш. Жарандардын саясий, социалдык, экономикалык, маданий укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу Д. п-дин бирине кирет. Бул *бийликтин бөлүнүшүнө* негизделген укуктук мамлекет учурунда гана толук мүмкүн болот. Демократиянын жана укуктук мамлекеттин дагы бир принциби – бул мыйзам алдында жарандардын тендиги. Саясий атаандаштык жана *плюрализм* Д. п-дин бири, бийликке умтулган көптөгөн *партиялар* өздөрүнүн ар түрдүү программалары жана максаттары менен чыгышат. Шайлоо тууралуу атайын *мыйзам*дарга ылайык иштеген партиялар эркин, мезгилдүү, жалпы жана жашыруун *шайлоолордун* жыйынтыгында мамлекеттик жогорку бийликте бирин-бири алмаштырып турат. Маалымдуулук принциби – демократиянын алмаштыргыс шарты. Ар бир адам өз оюн айтууга жана өзгөчө көз карашы үчүн куугунтукка алынбашы керек. *Массалык маалымат каражаттары* өкмөттүк цензурадан эркин болот. Чыдамкайлык принциби, ак-сезимдүү прагматизм, кызматташтык жана компромисс – демократиянын негизги принциптерине кирет. Д. п. өтө эле көп. Д. п-дин бардыгы ишке ашкан бир да өлкө жок. Д. п. – бул демократиянын модели, идеал, демократтык өнүгүү жолуна түшкөн өлкөлөр бул идеалга жетүүгө аракет кылышат.

ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕЖИМ – *саясий режим*дин бир түрү; ага *бийликтин бөлүнүшү* жана легитимдүүлүгү, *саясий плюрализм*, негизги *адам укуктарынын* жана *эркиндиктеринин* сакталышы мүнөздүү. Демократтык коомдо өкүлчүлүк *демократия* дайыма тикелей демократиядан кийин турат. Коомчулуктун ою дайыма изилденет жана эске алынат. Мамлекеттик бийликтин өкүлчүлүк органдары жана *жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу* эл тарабынан жалпыга бирдей түз шайлоолордо жашыруун добуш берүү жолу менен шайланат. Шайлоолор саясий партиялардын атаандаштыгынын башкы аренасына айланат. Өкүлчүлүк органдары тарабынан колдоо болгондо гана тигил же бул партия өз саясатын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Д. р. учурунда *мыйзам чыгаруучу бийлик*, *аткаруучу бийлик* жана *сот бийлиги* бирин-бири болүнүп турат. Мамлекеттик бийликтин тигил же бул бутагы өзүнө көп ыйгарым укуктарды топтоп албашы үчүн *Ж. Мэдисондун* кармап туруу жана тең салмактуулук принциби өкүм сүрөт. Адам укугу жана эркиндиги эң жогорку баалуулук катары каралып, аларды кепилдикке алуу – мамлекеттин башкы социалдык-саясий функциясына айланат. Д. р-де жалпыга бирдей белгилеринен тышкары ар бир өлкөнүн өзүнүн тарыхый, экономикалык, саясий шарттарына жана себептерине жараша улуттук өзгөчө белгилерге ээ болушу да мүмкүн.

ДЕМОКРАТИЯЛЫК СОЦИАЛИЗМ – Социалисттик Интернационалдын официалдуу идеологиялык жана саясий доктринасы. Д. с. термини XIX к. аягында Германия, Австрия жана Улуу Британия жумушчу кыймылында пайда болгон. Д. с. идеясы II Интернационалдын теоретиктери тарабынан, биринчи кезекте Э.Бернштейн жана «австромарксизмдин» өкүлдөрү тарабынан иштелип чыккан. Д. с. концепциясынын башкы тезиси социализмдин принциптери (капиталисттик эзүүгө каршы күрөш, социалдык адилеттүүлүк) менен *либерализмдин* баалуулуктарын биригтирүү жана анын негизинде прогрессивдүү социалдык-экономикалык жана саясий *реформаларды* жүргүзүү жолу менен адилеттүү коомдук түзүлүшкө жетүү болуп саналат. Өз алдына саясий бийликти басып алуу жана пролетарий *диктатурасын* орнотууну максат кылып койгон II Интернационалдын большевиктик агымы менен Д. с. принциптери дайыма кармашып келген. 1917-ж. Орусиядагы революциядан кийин Д. с. СССРде орногон коомдук түзүлүшкө альтернатива катары карап келген. Д. с-дин кеңири концепциясы биринчи жолу Социнтерндин I Конгрессинде (Франкфурт, 1951) иштелип чыккан. Ага ылайык келечектеги социалисттик коом демократтык каражаттар менен түзүлгөн эркин коом катары сүрөттөлгөн. «Эркиндиксиз социализм болбойт. Социализм *демократия* аркылуу гана ишке ашырылышы мүмкүн, демократияны камсыз кылуу социализм аркылуу гана болушу мүмкүн», – деп айтылат Франкфурт декларациясында. Д. с. концепциясына ылайык демократия – бул элдин башкаруусу, ал төмөнкүлөрдү камсыз кылат: ар бир адамдын жеке турмушуна мамлекеттин мыйзамсыз кийлигишүүсүнөн коргоо; саясий *эркиндиктер;* көпчүлүктүн башкаруусу жана азчылыктын укугун сыйлоо; мыйзам алдында бардык жарандардын тендиги; маданий *автономия укугу* ж.б. Акыркы мезгилдерде бир катар социал-демократтык партиялар «уюмдашылган» же «башкарылма» рынок концепциясын иштеп чыгышты. Д. с-дин идеологдорунун сунуштарында жумушсуздукту азайтуунун жолдору көрсөтүлүүдө. 70–80-ж. күч алган *глобалдык проблемалардын* таасири астында Д. с. концепциясы экологиялык программа менен толукталды. Социал-демократия идеясы жана Д. с. принциптери Кыргызстандагы саясий партиялардын өзгөчө Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын программалык документтерине да кирди.

ДЕМОКРАТИЯЛЫК ТРАНЗИТ (лат. transitus – өтүү) – бул бир коомдук жана саясий абалдын экинчи абалга өтүүдөгү ар түрдүү процесстерди биригтирүүчү түшүнүк. Муну менен бирге акыркы пункт катары сөзсүз эле консолидацияланган демократия болушу зарыл эмес.

ДЕМОКРАТИЯЛЫК ЦЕНТРАЛИЗМ – башкаруунун жана мамлекеттик түзүлүштүн кээ бир саясий *партия*лардын жана коомдук уюмдардын түзүлүшүнүн жана ишмердиги-

нин принциби. *Демократия* жана централизм бул принциптин өз ара шартталган тараптары. Тарых далилдеп тургандай, администрациялык-командалык системанын шартында демократиянын жоктугу жана централизмдин күчөшү, бардык чоң-кичине маселелердин борбордон чечилип калышы *бюрократияга* алып келди. Централизмден толугу менен баш тартуу анархияга алып келет. Ошондуктан Д. ц. зарыл болгон катнашта болгону жана аң-сезимдүү ишке ашырылганы зарыл. Д. ц. жок жерде кеңири демократия, мамлекеттин, өзгөчө көп улуттуу, бүтүндүгү, *автономия* ж.б. болушу мүмкүн эмес.

ДЕМОКРАТИЯНЫН ЗАМАНБАП ТЕОРИЯЛАРЫ – демократиянын маңызын туура түшүнүү үчүн коомдук өнүгүү жүрүшүндө пайда болгон жана өркүндөгөн демократия теорияларына кайрылабыз. XX к. 2-жарымында демократияны элитардык, плюралисттик, партиципатордук жана полиархия деп түшүндүргөн багыттар бөлүнүп турат. Демократияны элитардык деп атоо башкаруучулардын аздыгынан (элитадан) келип чыккан. Элдин баркы шайлоолорго катышуу, элитаны жаңыртып, алмаштырып туруу менен чектелген. Эл бийлиги шайланган элитанын бийлиги менен алмаштырылган. Демократиянын элитардык теориясын жактоочулар, анын ичинде Й.Шумпетер (1883–1950), демократиянын маңызын атаандашуу аркылуу өткөн топтун бийликке жетишинен көргөн. Шумпетердин пикири боюнча эл түздөн-түз бийликке ээ боло албайт, ошондуктан демократияны эл бийлиги деп атоо туура эмес. Көпчүлүк саясатка даяр эместигинен жана иш билбестигинен улам жигердүү катыша албайт. Алар бардык саясий иштерди аткара тургандарды гана шайлап бериши керек. Шумпетердин демократиялык теориясында эл бийлиги шайланган элита бийлиги менен алмаштырылат.

Плюралисттик демократиянын маселелери боюнча классикалык эмгек катары А.Токвилдин «Американын демократия» аттуу эмгеги эсептелет. Плюралисттик демократиянын теориясынын авторлору коомдогу элдин эркинин бирдигинин бар экендигин жокко чыгарышат, анткени адамдар өз иш-аракеттерин коомдук негиздерден эмес, жеке кызыкчылыктардан улам жасашат. Коом өз кызыкчылыктарын ишке ашырууга аракеттенген социалдык топтордун жыйындысы катары каралат. Саясий жүрүш артыкчылыктар менен жыргалчылыктарды бөлүштүрүүдө талашка түшкөн көптөгөн «кызыккан топтордун» ортосундагы атаандаштык жана компромисс катары түшүндүрүлөт. Мамлекетке топтук кызыкчылыктарды макулдаштыруучу, оюн эрежелерин, мыйзамдарды сактоону камсыз кыла турган калыстын милдети ыйгарылат. Плюралисттик демократиянын башкы мүнөздөмөсү катары батыш саясатчылары эл өкүлдөрүнүн катышуусунда бийликтин өкүлдүк мекемелери аркылуу чечимдерди кабыл алуунун ачык мүнөзүн эсептешет. Демократиянын белгилүү аныктамаларынын бири АКШнын президенти Авраам Линкольн тарабынан берилген (1809-1865): «Демократия – бул эл шайлаган элдин эл үчүн башкаруусу».

Демократиянын **партиципатордук теориясы** (катышуу демократиясы) элдин бүтүндөй коомдун деңгээлиндеги жана анын ар кайсы чөйрөлөрүндөгү толук катышуу укугунан келип чыгат. Демократия, алардын ою боюнча коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө – үй-бүлөдө, окуу жайларында, өндүрүштө, партияда, мамлекетте уюштуруунун универсалдуу негизи. Жарандар шайлоолорго, референдумдарга, чогулуштарга гана эмес, ошондой эле чечимдерди даярдоого, кабыл алууга жана ишке ашырууга, аларды аткаруу көзөмөлүнө да катышуусу керек. Жарандардын жигердүү катышуусунун башкы максаты коомду бардык жагынан демократиялаштыруу, саясаттагы элдин кызыкчылыгын катуу эсепке алуу болуп саналат. Жарандардын саясатка жигердүү катышуусу демократиянын мүдөөлөрүн эл бийлиги катары ишке ашырууга мүмкүндүк берет.

Америкалык саясатчы Р.Даль **полиархия теориясы** деп аталган демократиянын жаңы концепциясын иштеп чыккан. Полиархия ой-пикири – бул саясий түзүлүштүн мүдөосүнүн жаңы негизделиши. Полиархия «оппозицияга, өкмөттүн иш-аракеттерине каршы тургандарга карата катуу чыдамдуулуктун, ошондой эле өкмөттүн жүрүш-турушуна таасир этүүгө катышуунун жана ар кандай расмий адамдарды тынчтык жолу менен кызматтан кетирүүгө кенен мүмкүнчүлүктөрдүн бар экендигин» шарттайт.

ДЕМОКРАТИЯНЫН МҮНӨЗДҮҮ БЕЛГИЛЕРИ – 1) инсан укугу жана аларды конституциялык коргоо; 2) эркин шайлоолор, алардын жардамы менен жарандар бийлик мекемелерин түзө алышат, кабыл алынуучу чечимдерге таасир бере алышат; 3) кызыкчылыктардын өкүлчүлүгү, башкача айтканда элдин эркин алардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү аркылуу билдирүү; 4) көп партиялуу тутумдун түзүлүш мүмкүндүгүн шарттаган саясий көп түрдүүлүк. Көп партиялуулук атаандашууга жана бийлик үчүн күрөшкөн, мыйзамдуу мүнөздөгү жана мыйзам чегинде иштеген оппозициянын пайда болушуна алып келет; 5) мыйзамдын үлүштүгү негизинин иштеши; 6) парламентаризм институтунун болушу. Парламентте ар түрдүү кызыкчылыктар сунушталган; ал элдин эркин жар салууну камсыздоого чакырылган; 7) бийликтин мыйзам чегинде иштеген оппозициянын пайда болушуна алып келет; 5) мыйзамдын үлүштүгү негизинин иштеши; 6) парламентаризм институтунун болушу. Парламентте ар түрдүү кызыкчылыктар сунушталган; ал элдин эркин жар салууну камсыздоого чакырылган; 7) бийликтин мыйзам чегинде иштеген оппозициянын пайда болушуна алып келет; 5) мыйзамдын үлүштүгү негизинин иштеши; 6) парламентаризм институтунун болушу. Парламентте ар түрдүү кызыкчылыктар сунушталган; ал элдин эркин жар салууну камсыздоого чакырылган; 7) бийликтин мыйзам чегинде иштеген оппозициянын пайда болушуна алып келет; 5) мыйзамдын үлүштүгү негизинин иштеши; 6) парламентаризм институтунун болушу. Парламентте ар түрдүү кызыкчылыктар сунушталган; ал элдин эркин жар салууну камсыздоого чакырылган; 7) бийликтин мыйзам чегинде иштеген оппозициянын пайда болушуна алып келет; 5) мыйзамдын үлүштүгү негизинин иштеши; 6) парламентаризм институтунун болушу. Парламентте ар түрдүү кызыкчылыктар сунушталган; ал элдин эркин жар салууну камсыздоого чакырылган; 7) бийликтин мыйзам чыгаруу, аткаруу жана соттук деп бөлүнүшү. Бийлик бутактары бири-бирин тең салмактап жана көзөмөлдөп турууусу керек. Бийликтер бөлүнмөйүн коом диктатурадан, адам укугун бузуудан сырткары боло албайт; 8) көпчүлүк маалымат каражаттарынын эркиндиги. Мамлекеттиктен тышкары мамлекеттик эмес газеталар, журналдар, теле жана радиокомпаниялар болушу керек. Эркин басма сөздүн болушу – бул ар түрдүү маалыматты алуу мүмкүндүгү болот, мунун негизинде адам өзүнүн саясий көз карашын калыптандырат.

Сөздүн толук маанисинде демократия ар кандай уюмдарды түзүү түрү катары каралат, ал анын мүчөлөрүнүн башкарууга бирдей катышуусуна жана чечимдерди кабыл алуусуна негизделет. «Демократиялаштыруу» термини коомдук турмуштун кайсы гана чөйрөсүндө болбосун күч-кыймылы жана мүнөздөмөсү үчүн пайдаланылышы ыктымал. Ошентсе да демократия негиздерин ишке ашыруу үчүн негиз болуп, коомдун саясий чөйрөсү жана саясий тутуму эсептелет.

ДЕМОКРАТИЯНЫН ТҮРЛӨРҮ – элдин мамлекетти башкарууга катышуусуна, бийлик иштерин кимдин кандай аткараарына жараша демократия – түз, б.а. плебисциттардык жана өкүлдүк болуп экиге бөлүнөт.

Түз Д. жарандардын чечимдерди даярдоого, талкуулоого жана кабыл алууга түздөн-түз катышуусун шарттайт. Ал кабыл алынуучу чечимдер жөнөкөй жана атайын адистерди жана дасыгууну талап кылбай турган учурда, анча чоң эмес жамааттарда болушу мүмкүн. Түз Д. ишканаларда, уюмдарда, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу деңгээлинде (мис., айылдык жана шаардык жыйындар, жарандардын жашаган жерлериндеги чогулуштар ж.б.) жүргүзүлүшү ыктымал.

Жарандардын бийлик жүргүзүүгө катышуусунун негизги каналы болуп плебисциттардык Д. эсептелет. Бирок, плебисциттардык Д. учурунда жарандардын чечим кабыл алуу жүрүшүнө тийгизе ала турган таасири чектелүү: аларга президент, өкмөт тарабынан даярдалган мыйзам долбоорун же башка чечимдерди добуш берүү аркылуу колдоо же четке кагуу укугу берилген. Референдумдар жана сурамжылоолор сыяктуу жарандардын катышуу түрү башкаруунун ар кандай деңгээлдеринде кеңири пайдаланылат. Түз жана плебисциттардык Д-нын ортосундагы айырмачылык дайыма эле жүргүзүлө бербейт.

Элдин саясий катышуусунун негизги түрү болуп өкүлдүк Д. эсептелет, анда жарандар бийлик мекемелерине өздөрүнүн кызыкчылыктарын билдирүүчү жана мыйзам кабыл алуучу өз өкүлдөрүн шайлап алышат. Өкүлдүк Д-ны ишке ашыруунун түрү болуп парламент эсептелет.

ДЕМӨӨРЧҮ (лат. sponsor – кепилдик берүүчү) – кандайдыр бир иш-чараны колдоо максатында каржылаган, ошол эле учурда өзүнүн ишмердүүлүгүн рекламалаган юридикалык же физикалык жак.

ДЕМӨӨРЧҮЛҮК – КР мыйзамдары боюнча, жеке же юридикалык жак (демөөрчү) тарабынан башка бир жеке юридикалык жактын (демөөр алуучунун) иш-аракетине салым кошуусу (мүлктү берүү, интеллектуалдык менчиктин үзүрлөрүн ыйгаруу, кызмат көрсөтүү, жумуш аткаруу түрүндө). Мында демөөр алуу-

чу тарап демөөрчүнүн товарлары тууралуу жарнама таратуу шартын аткарат: демөөрчүнүн кошкон салымы жарнама үчүн төлөнүүчү акы, демөөрчү – жарнама берүүчү, демөөр алуучу – жарнама таратуучу болуп эсептелет. Демөөрчү демөөр алуучунун иш-аракетине кийлигишүүгө акысы жок.

ДЕНОНСАЦИЯ (фр. denoncer – жокко чыгаруу) – бир мамлекеттин экинчисине убадалашкан келишимдин мөөнөтүнүн аяктаганына байланыштуу эрежеге ылайык күчүн жоготкондугу тууралуу маалымдама.

ДЕПОРТАЦИЯ (лат. deportatio – чыгаруу) – чет өлкөлүк жарандар менен, жарандыгы жок адамдар мамлекеттин чегинен: 1) эгерде анын аракеттери мамлекеттик коопсуздукту камсыз кылуунун же коомдук тартипти сактоонун кызыкчылыктарына каршы келсе; 2) эгерде бул калктын саламаттыгын жана адеп-актыгын сактоо, ошол мамлекетте жашаган жарандарынын жана башка адамдардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын коргоо үчүн зарыл болсо; 3) эгерде ал укуктук абал жөнүндө мыйзамдарды жана алардын мамлекетте болуу тартибин же мыйзамдарды бир нече жолу орой бузса, анда чыгарылып жиберилет.

ДЕПУТАТТЫ ЧАКЫРТЫП АЛУУ – шайлоочулардын ишенимин актабаган КР ЖК депутаты көпчүлүк шайлоочулардын чечими боюнча кайрадан чакыртылып алынышы жөнүндө мыйзамда белгиленген тартип. Д. ч. а. тууралуу сунуш укугу шайлоочулардын жергиликтүү жыйналышына таандык. КР ЖКнын депутаты саясий көз караштары, чыгып сүйлөгөн сөздөрү жана аракеттери үчүн, өзгөчө же аскердик абалда, КР ЖК КР Президентин кызматынан четтетүү жөнүндө маселени карап жаткан мезгилде, ошондой эле КР ЖК шайланган биринчи жана акыркы жылда кайра чакырылышы мүмкүн эмес. 2010-ж. КР Конституциясына ылайык Д.ч.а. иш жүзүндө өтө кыйын, өлкөнүн өз тажрыйбасында да мындай көрүнүш болгон эмес.

ДЕПУТАТТЫК ИММУНИТЕТ – КР ЖКнын депутаты кол тийбестик укукка ээ. Ал депутаттык ишине байланыштуу өз ой-пикирин билдиргендиги же КР ЖКсындагы добуш берүү жыйынтыгы үчүн куугунтукка алынышы мүмкүн эмес, ал императивдик мандатка байланышкан эмес, б.а. партиянын же фракциянын көрсөтмөсү менен добуш берүүгө милдеттүү эмес, добуш берүүдө алі өз абийирinin алдында гана жооптуу дегенди билдирет. Кылмыш кылып жатканда кармалгандан башка учурларда, КР ЖКнын депутаты кармалбайт же камакка алынбайт, жекече жеткире каралбайт же тинтилбейт. Сот тартибинде депутатты кылмыш, ошондой эле административдик жоопкерчиликке тартууга КР ЖКнын макулдугу менен гана жол берилет.

ДЕПУТАТТЫН СУРОО-ТАЛАБЫ – мамлекеттик бийликтин өкүлдүк органына шайланган депутаттын мамлекеттик бийликтин аткаруу органдарына же кызмат адамдарына алардын ишине тийиштүү маалыматтарды жана түшүнүктөрдү берүү тууралуу талап менен кайрылышы. Демократтык өлкөлөрдө Д. с.-т. – өкүлдүк органдын өзүнө баш ийген аткаруу органдарынын ишине көзөмөлдүк кылышынын формаларынын бири. *Кыргыз Республикасынын Конституциясы*нын 74-беренесинде: «*Жогорку Кеңеш* Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизет, мыйзамдарды кабыл алат; Өкмөт мүчөлөрүн – коргоо жана улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилерин кошпогондо Өкмөттүн түзүмүн жана курамын аныктайт; Президенттин, чет мамлекеттердин, эл аралык уюмдардын өкүлдөрүнүн сүйлөгөн сөздөрүн угат; *Акыйкатчы*нын (*Омбудсмен*дин) ар жылдык баяндамасын угат; Премьер-министрдин, Башкы прокурордун, Улуттук банктын төрагасынын, Эсептөө палатасынын төрагасынын ар жылдык отчётторун угат. Ушул беренеде көрсөтүлгөн кызмат адамдарынын ар жылдык отчётторун жана баяндамаларын угуу ушул Конституциянын жана мыйзамдардын мамлекеттик органдардын жана алардын кызмат адамдарынын өз алдынчалыгы жана көз карандысыздыгы жөнүндө жоболорун эске алуу менен жүзөго ашырылат», – деп айтылат.

ДЕРЖАВА (орус. дърҗа – күч) – 1) ири, күчтүү, экономикалык, аскердик ж.б. потенциалы бар, дүйнөлүк саясатта жана эл аралык мамилелерде өзгөчө орду бар мамлекет; 2) мо-

нархтын бийлик белгиси (мис., Орусияда таажылуу же крестүү алтын шар).

ДЕСПОТИЯ (гр. despoteia – чексиз бийлик) – бийликтин толук чектен чыгуусу, анын өзүм билем сыяктуу саясатынын орношу, зордук-зомбулуктун күч алышы менен мүнөздолгөн *саясий бийликти* ишке ашыруу топтому.

ДЕЦЕНТРАЛИЗАЦИЯ – мамлекет тарабынан мамлекеттик функциялардын автономдуу аймактык башкаруу органдарына берилиши. Бийликтин балансынын борбордук деңгээлден жергиликтүү деңгээлге берилиши – бул децентрализациялоонун жалпы түшүнүгү. Ал эми тар түшүнүгүндө мамлекет менен анын администрациялык-аймактык бөлүктөрүнүн өз ара аракеттеринин системасын берет. Д. башкарууну демократташтыруу үчүн шарттарды түзүү менен өкмөттү элдерге жакындаштырат. Д. борборлоштурулган жетекчиликти да, жергиликтүү өз алдынча башкаруудагы өзүн-өзү жөнгө салууну да, экөөнү тең өзүнө камтыйт. Д. жүрүп жаткан бардык өлкөлөргө мүнөздүү болгон анын төмөнкүдөй белгилери бар:

1. Мыйзам чыгаруу бийлиги жергиликтүү өз алдынча башкарууну жалаң гана мыйзамдын чегинде иштөөгө милдеттендирбестен, ага мамлекеттик саясатты да жүргүзүүнү жүктөйт. Мыйзамда жергиликтүү өз алдынча башкаруу кандайдыр бир деңгээлде мамлекеттик башкаруунун бир звеносу катары берилет. Бул көрүнүш өзгөчө континенталдык моделге кирген мамлекеттерге көбүрөөк мүнөздүү.

2. Жергиликтүү жамааттар өздөрүнүн өкүлчүлүк органдарын (кеңештерди) шайлашат, алар жергиликтүү кызыкчылыктарды коргоого милдеттүү. Ал эми анын аткаруу-тескөөчү аппаратына мыйзам өзгөчө талаптарды коёт, ал аппарат мамлекеттик таасирден төмөнкү эки вариантынын бирөөнү камсыз кылат:

- Көпчүлүк өлкөлөрдө аткаруу-тескөөчү орган эл тарабынан шайланбайт, өкмөт же жогорку администрациялык органдар тарабынан дайындалат. Демек, аткаруу-тескөөчү аппарат элден бөлүнүп турат. Албетте, Кеңештер кабыл алган чечимди аткаруучу орган ишке ашырууга милдеттүү.

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун үстүнөн администрациялык көзөмөлдү орнотуу. Мындай көзөмөл атайын дайындалган кызматчы аркылуу жүргүзүлөт. Италияда – бул провинциянын префекти жана областтын комиссары; Францияда – бул департаменттердеги өкмөттүк комиссарлар. Бул дайындалган өкүлдөр мамлекеттик кызыкчылыкты көздөгөн жергиликтүү органдын актыларын бекитет, же тескерисинче, мыйзамга же жалпы улуттук кызыкчылыктарга каршы келген учурларда андай актыларды токтотууга же алып салууга укуктуу. Кээ бир учурларда аларга жергиликтүү кызматчылардын үстүнөн иш козгоого жана жергиликтүү кеңештерди таркатууга чейинки укуктар берилет. Д-лоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруу чечимдерди дайыма эле өз алдынча кабыл ала албайт. Мис., жергиликтүү бюджет мамлекеттик кызыкчылыктарды эске албай бекитилсе, анда күч менен өзгөртүүлөр киргизилет: милдеттүү түрдө билим берүүгө чыгымдар ж.б. Албетте, Д-лоодо жергиликтүү өз алдынча башкарууга белгилүү өз алдынчалыктар берилет. Анын көлөмү өкмөттүн саясатына, экономиканын абалына, элдин маданиятына көз каранды. Кандай болбосун, эгер өкмөт чектен чыга кийлигише баштаса, анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сотко кайрылууга укуктары бар.

ДИАЛОГ, саясий – жалпы саясий көз караш табуу үчүн, окшош кызыкчылыктарды ачуу, белгилөөгө арналган маселенин азыркы учурдагы чечүүчү формасы. Д. эки жактын саясий эркин, бийлигин күч колдонбоо жолу аркылуу ишке ашыруусу. Д. *конфликт*терди жөнгө салууда, кыймылды багыттоодо, кызматташтыкты аныктоодо ж.б. эң керек курал. Д. процесс катары «суроо-жооп» негизинде түзүлөт. Д. ишке ашыруунун методдору: лингвистикалык, феноменологиялык, герменевтикалык жана психоаналитикалык, ушулардын негизинде саясий аракеттерди прогноздоо жана *саясий программа*ларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу жүргүзүлөт.

ДИВЕРГЕНЦИЯ (лат. diuergo – ажыроо) – *саясий система, саясий процесс, саясий маданияттын* сапаттык жана сандык жактан ар түрдүүлүгүнүн көбөйүшү. Дүйнөлүк саясий процесске көп өлкөлөрдүн жаңыдан кошулушуна байланыштуу саясий маданият байып,

жаңы маданият жана салттар пайда болот. Жаңы саясий феномендердин, окуялардын пайда болушун азыркы саясий илимде эмергенция деп атап жүрүшөт.

ДИВЕРСИФИКАЦИЯ (лат. diversifcato – ар түрдүүлүк) – *саясий ишмердүүлүктүн* стилинин ар түрдүүлүгү, кандайдыр бир маселеге карата ар кандай көз караштардын болушу.

ДИКТАТУРА (лат. dictatura – чексиз бийлик) – мамлекетте *бийликти* ишке ашыруу системасын мүнөздөөчү түшүнүк; бийлик бир кишинин – диктатордун, же бир нече кишинин колуна топтолуп, мамлекеттик бийликтин *институт*тары тарабынан эч чектелбейт жана саясат куралдуу зомбулук, террор жолу менен жүргүзүлөт. Бул учурда Д. диктатордук бийликтин чексиздиги, көзөмөлдөнбөстүгү менен, *Конституция*да жарыяланган *демократтык укуктар*га, эркиндиктерге чабуул коюу, өкүлдүк органдардын укуктарын чектөө ж.б. менен мүнөздөлөт. Диктатордук режимдин орнотулушу тарыхый жактан алганда *саясий кыроолор* кескин күчөгөн социалдык экономикалык кризистер курчуган, башкаруучу режимдин социалдык базасы тарыган же бийликке күч менен келген мезгилдерине туура келет. (Мис., Испаниядагы Франко Д-сы, фашисттик Германиядагы фашисттик Д.). Д. бийлик жүргүзүүнүн жолу катары демократиялык режимдин *альтернативасы* болуп эсептелет. Д. авторитардык жана тоталитардык, согуштук жана реакциячылык ж.б. Д. болуп бөлүнөт. Д. түшүнүгү марксизмде өзгөчө аныктамага ээ болгон. Ал боюнча, ар кандай мамлекет белгилүү таптын Д-сы болот, үстөмдүк кылуучу тап өз бийлигин күч менен ишке ашырат, ал эч нерсе менен чектелбей турган эч кандай *мыйзамдар*, абсолюттук эч кандай эрежелер менен кысым жасалбай турган, тикеден-тике зордукка сүйөнүүчү *бийлик* дегенден башканы билбейт. Буржуазиялык коомдо мамлекеттер ар түрдүү болгону менен алардын маңызы бир, акыры сөзсүз буржуазиянын Д-сы болуп эсептелет. Капитализмден социализмге өтүүдө пролетариаттын Д-сы, б.а. эзүүчү азчылыктын үстүнөн эмгекчил көпчүлүктүн Д-сы зарыл, ал Д. социализмди куруунун куралы болот дешкен. Бул идеянын утопия жана коркунучтуу экендигин тарых далилдеди. Иш жүзүндө, өзүн пролетариаттын Д-сы деп атаган өлкөлөрдүн биринде да мындай болгон жок, тескерисинче, жол башчынын, жогорку партиялык-мамлекеттик жетекчиликтин, жалпысынан номенклатуралык катмардын гана Д-сы болуп калды. Пролетариаттын Д-сы идеясы коммунисттик режимге каршыларга жана башкача ойлогондорго каршы репрессия функциясын аткарган. Азыркы мезгилде, өзгөчө коммунисттик режим кулагандан кийин, дүйнөдөгү Д-дын саны кескин кыскарды.

ДИН – 1. (араб. – табияттан тышкары «күчкө» ишенүү, моюн сунуу). 2. (лат. «religios» – адептүүлүк мамиле, уяттуулук, сопулук, Кудайдан коркуу, ыйыктык, табынуу, сыйынуу) – бир же бир нече кудай жана табияттан тышкары кереметтүү «күчтөр» бар деген ишенимге таянган көз караштардын, сезим-туюмдардын, ырым-жырымдардын, каада-салттардын, диний окуулардын жыйындысы.

ДИН жана САЯСАТ – коомдук аң-сезимдин формасы катары дин коомдун *саясий турмуш*унда маанилүү ролду ойнойт. Диндик тексттерде адамдардын кылган иш-аракеттери кудайдан келди деген ойлор, түрдүүчө насыяттар, үгүттөр, ар кыл аңгемелер, кудайга кулдук уруу, таазим кылуу, адам баласы бул жалган дүйнөдө жүрүп жыргай турган, тиги чын дүйнөгө кам көрө турган көрсөтмөлөр камтылган. Динге ишенгендер өзгөчө жаштардын жана аялдардын арасында көп кездешет. Акыркы мезгилдерде жаштардын жана аялдардын коомдук турмушка, ички саясий жана эл аралык проблемаларды чечүүгө көбүрөөк тартылышы менен диндик уюмдардын саясатка катышуу агымы күчөдө. Коммунисттик режимдин кулашы менен мурда марксизм-ленинизм духунда, атеист болуп тарбияланып калган жаштар, эми өзү менен өзү болуп, мектептен (мурдагыдай маданий-агартуу мекемелери да иштебейт) тийиштүү деңгээлде тарбия ала албай жаткан учуру. Ушундай шартта көптөгөн кыргыз жаштары ислам динине, андан тышкары христиан ж.б. диндерге көбүрөөк берилип, алардын саны күн сайын көбөйүп барат. Кайсы динге

ишенүү же ишенбөө ар бир *адамдын укугу* жана *эркиндигине* кирет. Бир улуттун өкүлдөрү бир эле динди тутканы зарыл. Себеби, бир эле элдин, улуттун ичинде диндик айырмачылыктарга негизделген карама-каршылыктардан улам узакка созулган согуштар болгондугун тарых айгинелейт. Азыркы Югославиядагы уланып жаткан кайгылуу окуялар да буга ачык мисал.

ДИН СЕКТАЛАРЫ – адамдардын обочолонгон тобу, өзүнчө диний көз караштарды жетекчиликке алып, жалпы динден бөлүнүп чыккан динчилдер тобу. Бардык эле диндерде сектанттык агымдар, топтор, уюмдар бар.

ДИНИЙ ИДЕОЛОГИЯ – диний догматиканы жана диний келип чыгышы жөнүндөгү жалпы дүйнөнү элестетүүлөрдү, маанилүү диний кызыкчылыктарды негиздөө жана саясий талаптарды келтирүү үчүн колдонулуучу идеялык элестетүүлөрдүн салыштырмалуу бүтүндүк системасы. Д. и. адамдын *саясий активдүүлүгү*нүн шарты катары алардын динге карата окшош мамилесинин басымдуулук кылышына: ыйык китептерден (Веда, Куран, Библия, Талмуд) алынган элестетүүлөрдү иш жүзүнө ашырууга, коомдук бүтүндүүлүктүн шарты катары бийликтегилердин кыймыл-аракеттеринин диний моралдын нормалары жана саясаттары менен чектелишине жалпылаштырылган көрсөтмөнү өзүнө камтыйт. Бир катар Д. и. өзүнө либералдык-демократтык мүнөздөгү идеяларды камтуу менен бирге жарандык мамлекеттердин руханий турмушунун ажырагыс элементи болуп калды. Ошол эле учурда көптөгөн Д. и. догматтык позицияларда турган философиялык, теологиялык окуулар менен байланышкан. Алар куру ишеним жана диний көрсөтмөлөр менен салттарды иш жүзүнө ашыруу үчүн *саясаттагы* рационалдык-сандык аргументтердин маанисин жокко чыгарышат. Ошондуктан бул идеологиялардын жактоочуларынын *саясий жүрүм-турумуна* көп учурда оңчул жана солчул экстремизм, *радикализм, терроризмдин* түрдүү формалары менен байланышат. Мис., Латын Америкасында кеңири жайылган солчул радикалдык «бошотуу теологиясынын» негизинде динге ишенгендердин боштондук кыймылдарына активдүү катышуусун талап кылуу жатат. *Революция* бул жакта динди модернизациялоонун негизги себеби, «христиан үчүн сүйүү мыйзамдары менен жашоонун ыкмасы, анын кудай менен байланышуусунун формасы» (П.Бланкар) катары каралат. Традициялык оңчул Д. и-га исламдык фундаментализм, ортодоксалдык индуизм жана иудаизм, сикхизм ж.б. кирет. Д. и. Африка, Азия жана Латын Америкасынын бир катар өлкөлөрүндө таралган. Официалдуу мамлекеттик *идеологиянын статусуна* ал Иран, Пакистан, Сауд Аравиясы, Ливия ж.б. өлкөлөрдө ээ болгон.

ДИПЛОМАТИЯ – белгилүү бир мамлекеттин *тышкы саясат*ына байланышкан милдеттерин, максатын жүзөгө ашыруу үчүн *өкмөт башчы*сы же атайын органдар жүргүзгөн саясат. Адатта Д-ны кээде «тышкы мамилелер жөнүндөгү илим», «сүйлөшүү өнөрү» деп да аныкташкан. Д. термини байыркы Грекияда чет өлкөлөргө жиберилүүчү атайын адамдардын өкүлдүгүн көрсөтө турган ишеним грамотасы – «диплома» деген бүктөлмө тактайдын атынан чыккан. Д. негизинен *мамлекет* жаралгандан кийин пайда болгон. Д-нын жолдору жана иш-аракети дайыма өзгөрүп турган. XV к. чет өлкөлөрдө туруктуу өкүлдөр пайда болуп, Д-лык *иммунитет*, даражалар (Д-лык рангдар) келип чыгат. XVII к. тартып эл аралык конференция, конгресстер чакырыла баштайт. Д-лык иштерди атайын элчиликтер, миссиялар же ишенимдүү адамдар жүргүзүшөт. Алар Д-лык мыйзамдардын артыкчылыктарынан пайдаланат. Эл аралык укук Д-лык өкүлдөрдүн өздөрү иштеп турган мамлекеттин ички иштерине кийлигишүүсүнө жол бербейт. Д-лык иштердин негизги түрлөрү: дипломатиялык өз ара сүйлөшүү, келишим (договор) түзүү, конференция, конгресс өткөрүү, эл аралык уюмдардын иштерине катышуу. XX к. Улуттар Лигасы, БУУ сыяктуу ири эл аралык уюмдар түзүлгөн. Кыргыз Республикасы суверендүү эркин мамлекетке айлангандан бери анын тышкы мамлекеттер менен болгон Д-лык байланыштары күч алды. Кыргыз Д-сынын учурдагы максаты – өлкөнүн түпкү таламдарын чечкиндүү коргоо, эл аралык аренада, республикада коомду жакшыртууга зарыл болгон бардык шарттарды түзүү, кыргыз

элинин улуттук эркиндиги менен көз карандысыздыгын колдоо, башка мамлекеттердин чон-кичинелигин ылгабай суверенитетин урматтоо жана алардан да ошондой калыс мамилени талап кылуу. Кыргыз Д-сынын багыттарын, мазмунун жана методдорун иштеп чыгуу менен, ийкемдүүлүгүнө, бийиктигине умтулуу жана келечегине кам көрүү.

ДИПЛОМАТИЯЛЫК ИММУНИТЕТ – дипломатиялык өкүлчүлүктөрдүн иш-милдетин аткаруусуна тийиштүү деңгээлде шарт түзүп берүү максатында, чет өлкөлүк өкүлчүлүктөргө, алардын башчылары менен кызматкерлерине иштеп жаткан өлкөдө өзгөчө укук менен артыкчылыктарды берүү. Д. и-тин юридикалык табияты бир эгемен мамлекет башка бирөөнүн бийлигине баш ийбегендигинде, ал эми дипломатиялык өкүлчүлүк менен анын дипломатиялык жамааты мамлекеттин өзүн билдире тургандыгында турат. 1961-ж. «Дипломатиялык карым-катнаштар жөнүндөгү» Вена конвенциясына ылайык, Д. и. дипломатиялык өкүлчүлүк *иммунитети,* дипломатиялык жамаат жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн иммунитети болуп бөлүнөт. Биринчисине – дипломатиялык өкүлчүлүк имараттарынын кол тийбестиги, мүлкү менен унаа каражаттарынын, кат-кабарларынын, архивинин иммунитети; салык иммунитети; өзүнүн коргоо жана өз мамлекетинин дагы башка өкүлчүлүктөрү менен эч тоскоолдуксуз байланышуу укугу кирет. Жеке Д. и-ке – керт башы менен турак-жайынын кол тийбестиги; өзү турган мамлекеттин кылмыш-жаза юрисдикциясынан, ошондой эле аткаруу аракетине карата жарандык жана административдик юрисдикциядан толук иммунитети; текшерүү (салык) иммунитети кирет. Дагы башка дипломатиялык өкүлчүлүк (административдик-техникалык жана тейлөө) жамааттары да азыноолак көлөмдөгү иммунитетке ээ.

ДИСКРЕЦИЯЛЫК БИЙЛИК (фр. discretionnaire – жеке ыктыярга көз каранды) – органга же кызмат адамына мыйзам алкагында өзү ойлогондой аракеттенүү укугунун берилиши (мис., *парламентардык республикада мамлекет башчысы* демейки шарттарда премьер-министрдин же тиешелүү министрдин кароосусуз *(контрасигнатура)* ченемдик актыларды чыгара албайт, өзгөчө кырдаалдарга гана чыгара алат). Д.б. административдик органдар жана соттор тарабынан өзгөчө көп ишке ашырылат, ал иш жүзүндө кол тийбестик, айыпсыздык презумпциясы деген сыяктуу демократиялык принциптерден баш тартууну билдирет.

ДИСКРИМИНАЦИЯ (лат. discriminatio – ажыратуу, бөлүү) – айрым жарандарды жынысы, улуту, социалдык теги, расасы, дини, саясий көз караштарына байланыштуу укуктарынан ажыратуу же чектөө. Ал катуу сегрегациядан (бөлүнүү) атайын бөлүнгөн аймакка күч менен көчүрүп жиберүү, геноцидге чейин алып келүүсү мүмкүн. Кандай убакта жүргүзүлгөндүгүнө карабастан, Д. адам укугун бузуу болуп саналат. (1949-ж. БУУнун Конвенциясын кара). Д. диний себептер менен да болгону жөнүндө маалыматтар бар. Д-нын башка түрү: аялдардын, балдардын, «түстүүлөрдүн» айлык акыларын аз төлөө ж.б. Советтик *тоталитаризмде* да Д-нын көп түрү болгон. Мис., кээ бир жогорку окуу жайларына өтүүдө, идеологиялык багыттар ж.б. Д. либералдык-демократтык коомдо да орун алган, *адам укугу* жана *эркиндигин улутуна,* расасына, динине карабай сактоо, коргоо актуалдуу маселе болуп саналат. 1982-ж. БУУнун 42-сессиясында, Орусияда *инсандын укугу* бузулуп жатат деп билдирген. СССР кулагандан кийин Д-лык жаңы фактылар пайда болуп, натыйжада жергиликтүү эмес калк эмиграцияга дуушар болууда. Мис., Эстонияда 1,5 млн шайлоочудан 600000 жергиликтүү эмес калктын өкүлдөрүн *шайлоо* укугунан ажыраткан *мыйзам* кабыл алынган.

ДИСКУРС (лат. discursus – ой-жүгүртүү, далил) – далилдештирүү, тыштан басым көрсөтүүдөн эркин, макулдашууга жетишүүгө мүмкүн болгон, талаш суроолордун тематизациясына багытталуу.

ДИССИДЕНТ (лат. dissidens – каршы сүйлөгөн, макул эмес) – *дин*дин тарыхынан келип кирген термин; орто кылымда Д. деп еретиктерди аташкан. Реформациядан кийин Д. катары өлкөдөгү негизги динди тутпаган адам эсептелген. XX к. 70-ж. СССРде пайда

болгон бул термин өлкөдөгү абалга нааразы болгондорду түшүндүрө баштаган. Д. тоталитардык түзүлүштүн *кризис* мезгилине таандык кубулуш. Репрессия, бир партиялуулук Д-терди жок кыла албайт. Эмиграция жолу менен да Д-тик кыймылды жоюу мүмкүн эмес. Д-тик кыймылга негизги максаты инсанды баалоо, анын укугун коргоо экендигин түшүнгөндө ага диний агым да кирген. 1968-ж. «*Адам укугун* коргоочу демилгелүү группа», Эл аралык амнистиянын советтик бөлүмү (1970-ж.) ж.б. уюмдар түзүлгөн. Д-тердин ураану: коомду демократташтыруу, айкындык, радикалдуу экономикалык *реформа* ж.б. Д-тиктин негизги формалары: 1. Өкмөт тарабынан тыюу салынган адабияттарды чыгаруу, таратуу (И.Бунин, А.Ахматова, М.Цветаева, А.Солженицын. Р.Медведев, А.Сахаров, В.Гавел ж.б.); 2. Мыйзамсыз айыпталгандарды коргогон, коомдук турмушту чагылдырган «ачык каттарды» жарыялоо (Л.Чуковская, Л.Копелев, В.Войнович ж.б. репрессияланган комиссарлардын балдарынын КПСС БКга каты ж.б.); 3. Демонстрациялар (1965-ж. 5-декабрда Москвадагы Пушкин аянты, адам *укугун коргоо* боюнча; 1969-ж. 25-август Кызыл Аянт, Чехословакияга совет аскерлеринин киришине каршы); 4. 1974-ж. репрессиялангандардын үй-бүлөсүнө моралдык, материалдык жардам берүү боюнча атайын жардам Фонду түзүлгөн ж.б.

ДИФФАМАЦИЯ (лат. diffamatio – маскаралоо) – кайсы бир жарандын беделин түшүрүп, аны жаманатты кылып, атына шек келтирген маалыматтарды, макалаларды *массалык маалымат каражаттары* аркылуу жарыялоо, таратуу. Адатта Д. шайлоо кампаниясы учурунда оппоненттерге каршы саясий курал катары колдонулуп келет.

ДОБУШ БЕРҮҮ – конституциялык укукта: а) шайлоочу-жарандын өзү каалаган депутаттыкка же дагы башка шайлануучу кызмат орду на талапкерге оз добушун берүүгө; б) коллегиялык мамлекеттик органдын же жергиликтүү оз алдынча башкаруу органынын чечим кабыл алуу максатында; в) уюм мүчөлөрүнүн же коомдук бирикменин жетекчи органынын алардын чечимин кабыл алуу боюнча жасаган аракеттери.

ДОГМАТИЗМ (гр. dogma – ой, окуу, токтом) – терминин байыркы грек скептиктер Пиррон жана Зенон киргизген. Кийин Д. өз маанисин бир аз өзгөрткөн. Гегель боюнча Д. – бул метафизикалык, эч кандай диалектикасы жок, маңызсыз. Диндин түрлөрүндө Д. жогорку өзгөртүлгүс чындык катары чыгат. Ошондуктан Д. авторитетке (диний, саясий) сокур ишенген фанатизмге чейин алып келген. Д-дин бир түрү – фашисттик *идеология.* Д-дин социалдык бутагы болуп эскирген эрежелер, концепциялар аркылуу өз абалын сактоого умтулган группанын, топтун, таптык кызыкчылыгы эсептелет. Д-дин саясий булагы – коомдо ишмердүүлүк, чыгармачылык менен ой жүгүртүүгө шарттын (*демократия,* айкындык) жоктугу, натыйжада теория практикадан ажырап калат. Доктрина, платформа, концепцияларды улам текшерип туруу көрсөткөндөй, алар улам өзгөрүлө турган шарттарга жараша гана чын болот. Сталинчинанын жылдарында ошол коомдун абсолюттук чындыгы марксизм-ленинизм болгондуктан Д. Союзда жакшы өнүккөн, *өкмөт башчы*лары доктринаны өзгөртүүгө окумуштууларга социалдык заказдарды беришкен эмес. Д. коммунисттик режим учурунда кибернетика, генетика илимдеринин өсүшүнө тоскоол болгон.

ДОКТРИНА (лат. docere – окутуу, doktrina – окуу) – абройлуу окуу; принциптердин жыйындысы; кубулуштардын кайсы бир тармагы жөнүндөгү теориялык жоболордун тутуму; кайсы бир окумуштуунун же ойчулдун көз караштарынын топтому. Д. терминдин тек жайы христианчылыктан башталган жана алгачыйык текстке негизделген диний окууну туюндуруп, *чиркөө*дөгү диний окуунун маңызына байланышканы аркылуу жалпыга таанылган. Ушу убакка чейин *христиан*дык мазмундун артыкчылыгын сактап калуу менен Д. түшүнүгү ошондой эле жалпы дин таануучулук менен диний эмес мазмунду да сиңирип калган.

ДОКУМЕНТ (лат. «үлгү, күбөкат, далил») – маалыматты сактап, убакыт жана мейкиндикте алып өтүп жеткизүү үчүн атайын түзүлгөн заттык буюм.

ДОНОНБАЕВ Алим Дононбаевич (1940-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору (2006-ж.), профессор (2000-ж.).

Кемин районунун Ак-Туз айылында төрөлгөн. 1964-ж. «Кытай тили жана адабияты» адистиги боюнча Ташкент мамлекеттик университетин аяктаган. 1968–1976-жж. финансы-өндүрүштүк институтунун философия кафедрасынын ага окутуучусу. 1983–1997-жж. чыгыш таануу бөлүмүнүн секторунун башчысы, этнография бөлүмүнүн алдыңкы катардагы илимий кызматкери, экономика жана саясат таануу бөлүмүнүн башчысы, КР УИАсынын чет өлкөлүк саясий-экономикалык тажрыйбалар институтунун директору. 1997–2000-жж. КР Президентинин алдындагы стратегиялык изилдөөлөр Эл аралык институтунун директору. 2000–2008-жж. Ж.Баласагын атындагы КУУнун алдындагы интеграциялык эл аралык билим берүү программалар институтунун профессору. 2006-ж. саясат таануу боюнча докторлук диссертациясын жактаган. 2009-ж. КОСУнун эл аралык мамилелер кафедрасынын башчысы.

«Эл аралык мамилелердин саясий маданияты» теориялык концепциясынын автору. 150дөн ашуун илимий жана методикалык эмгектерин жарыялаган, анын ичинде: «Международные отношения и политическая культура» («Эл аралык мамилелер жана саясий маданият») (2002), «Нация государство» и политическая культура» («Мамлекеттин улуту» жана саясий маданият») (2002), «Кыргызстан. Политическая культура. Человек и государство» («Кыргызстан. Саясий маданият. Адам жана мамлекет») (2002).

ДУБАН (кыт. дуан – аймак; араб. диван – акимдик жыйын) – чакан аймак.

ДҮЙНӨЛҮК САЯСАТ – эл аралык *укуктун* негизги субъекттеринин жыйнактуу *саясий ишмердүүлүгү*; БУУ жана башка дүйнөлүк коомчулуктун мыйзамдуу органдары жана мекемелеринин чыгармачылыгында чагылдырылган, интеграцияланган кызыкчылык. Д. с. эл аралык мамилелердин жана байланыштардын түрдүү жактарын түзгөн *улуттук* мамлекеттердин тышкы *саясий ишмердүүлүгү*; регионалдык, мамлекет аралык жана коомдук структуралардын, группировкалардын, союздардын ж.б. бирикмелердин саясий акциялары; мамлекеттер жана элдер менен полномочияланган БУУ ж.б. уюмдар жана мекемелердин глобалдык ишмердүүлүгү менен структурасы көрсөтүлгөн, Д. с-тын мамлекеттердин ортосунда жана мамлекеттин үстүндөгү рамкада калыптанган *саясий мамилелердин* бүткүл спектрин камтыйт; анын башкы артыкчылыктары бүткүл адамзаттын келечеги көз каранды болгон проблемалардын чечилиши менен шартталган. Бардыгынан мурда алар: согуш менен тынчтык, жалпы коопсуздук, экологияны коргоо, артта калуучулукту жана жакырдыкты жеңүү. Д. с-тын негизги элементтери өз ара тыгыз байланышат жана бир бүтүндүн бөлүктөрү катары өз ара аракеттенишет. Д. с-тын эффективдүүлүгү көптөгөн факторлор, анын ичинен кабыл алынган *саясий чечимдердин* жана сунуштардын ишке ашуусу, мамлекеттердин *тышкы саясат*ынын реалдуу абалга ылайык келүүсү менен байланыштуу. Элдин Д. с. демократташтыруу, гумандаштыруу жана демилитаризациялоонун удаалаш ишке ашырылышына, коомдун *кризис* шарттарында адамзаттын жашоосун камсыз кылган чаралардын иштеп чыгуусуна кызыкдар. Д. с-та *глобалдык проблема*лардын чечилиши көп учурда чарбалык өнүгүүнүн динамикасын илимий-техникалык революциянын жайылышы, дүйнөлүк чарба жана дүйнөлүк рыноктун чегинде өз ара байланыштын күчөшүнө алып келип, дүйнөлүк саясий мамилелердин прогресси үчүн экономикалык негизин түзүүчү келечектеги интеграциялык процесстер менен аныкталган.

ДҮЙНӨНҮН МАМЛЕКЕТТИК-БОРБОРДУК (ВЕСТФАЛДЫК) МОДЕЛИ – 1) эл аралык мамилелердин аналитикалык схемасы, объект катары суверендүү мамлекет каралат, эл аралык аренадагы негизги фактор катары анын башка мамлекеттер менен болгон мамилеси; 2) өз алдынча тышкы саясат жүргүзүп келген улут-мамлекеттердин биригүүсүн көрсөткөн 1648-ж. Вестфалдык келишимде белгиленген

тынчтык түзүмүнүн системасы. Вестфалдык системанын алкагында биринчи жолу суверенитет монархтын эмес, мамлекеттин атрибуту катары белгиленген.

ДЮВЕРЖЕ Морис (1917-2014) – француз саясат таануучусу. Д. саясатты «эки жүздүү Янус» менен салыштырган. *Саясат* бир жагынан, – бул *конфликт*, ким *бийлик*ке ээ болсо, анда ал ага пайда табууга жана коомду башкарууга мүмкүнчүлүк берет. Экинчи жагынан, саясат – бул жеке кызыкчылыктардын басымына каршы жалпы кызыкчылыкты жана бүткүл жыргалчылыкты кепилдеген бийлик негизги болгон тартиптин жана адилеттүүлүктүн эрежелерин коомдук турмушка киргизүүгө карата жасалган аракет. Биринчисине ылайык саясат көпчүлүктүн үстүнөн болгон азчылыктын артыкчылыгын жоюуга кызмат кылса, экинчисинде саясат коомдогу бардык жарандардын биригишинин жана адилет мамлекет куруунун каражаты катары чыгат. Д-нин ою боюнча саясий конфликт вертикалдуу жана горизонталдуу болушу мүмкүн. Бийлиги барлардын жана бийлиги жоктордун ортосундагы конфликт; ал эми башкаруучу таптын ичинде: башкаруучу *аппаратты* көзөмөлгө алган азчылык менен бул таптын калган көпчүлүгүнүн ортосундагы конфликт. Саясий конфликттин формалары баалуулуктар системасынан, жамааттык түшүнүктөрдүн, *саясий институт*тардан көз каранды болот. Д. *саясий күрөштөн – саясий режимдер, партиялар, басым көрсөтүү топтору, стратегия жана тактика* сыяктуу формаларын изилдеген. Конфликт – Д-нин ою боюнча, интеграция менен коомду гармониялуу жана легитимдүү кылуучу процесстер менен тыгыз байланыштуу. Бул процесстин уюмдашылган күчкө, өкмөт жана *мамлекет*ке тиешелүү жагын Д. *саясий интеграция* деп атаган. Ал мындай интеграциянын негативдүү (конфликттерди басуу) жана позитивдүү (тилектештикти өнүктүрүү) жактарына көңүл бурган. Негизги эмгеги «Саясаттын идеясы. Бийликти коомдо колдонуу» (1966).

Е

ЕВА (кырг. – Обо эне) – Инжил менен Куранда Кудай Адам атанын кабыргасынан жараткан аял. Кудайдын айтканын аткарбай, күнөөкөр болгону үчүн бейиштен куулган.

ЕВАНГЕЛИЕЧИЛЕР – баптисттерге жакын турган христиан-протестанттык сектанын бири жана анын тарапкерлери.

ЕВАНГЕЛИЯ (гр. – жакшы кабар) же Инжил. Е. Ыйсанын (Иисус) калтырган насааттары, кереметтери, өлүмү жана кайра тирилген өмүр баяндары камтылган. Бүгүнкү күндө Е. төрт нускасы белгилүү. Алар: Матфей, Иоан, Лука жана Марк.

ЕВРОАЗИЯЧЫЛЫК – XX к. 20-ж. Орусиялык эмиграциянын чөйрөсүндө келип чыккан коомдук-саясий жана идеялык агым. Анын башкы идеологдору: Н.С. Трубецкой, П.Н. Савицкий, Г.В. Флоренский (кийин четтеп кеткен), Л.П. Карсавин, Г.В. Вернадский, Н.Н. Алексеев. Е-тын негизги идеясы: Орусия – *империя* жана *улут* катары бир мезгилде өнүккөн улуу Евроазиялык держава. Демек, орус улуту – империялык улут. Орусия – европалык *цивилизация*нын чет жакасы эмес, өзүнө чыгыш жана батыш маданияттарынын жетишкендиктерин камтыган өз алдынча цивилизация. Бирок евроазиячылар маданияттагы жалпы адамзаттык баштапышты жокко чыгарышкан, себеби маданиятты улуттук деп эсептешкен. Алардын ою боюнча жалпы адамзаттык болуп жалгыз материалдык маданияттын жетишкендиктери – цивилизациялар гана боло алышат. Е. Батышка жана анын маданиятына ашкере терс мамиле кылуу менен мүнөздолот, бул пландагы лоялдуулук «евро баш ийүүчүлүк», «жансыз интернационализм» катары каралган. Е-тын жактоочулары Петр Iдин ишмердүүлүгүнө Батышка багыт алгандыгы үчүн сын көз караш менен мамиле кылышкан; славянофилдерди панславизмди жогору коюп, орус улутунун калыптанышындагы түрк-татардык таасирди унуткандары үчүн жектешкен. Большевиктик атеизмди жокко чыгаруу менен бирге, евразиячылар анда Батышка туруштук берип, Орусияны Чыгышка бурган

реалдуу күчтө; элдик стихиянын чыгуусун; күчтүү адамдардын, улут жол башчыларынын илгерилөөсүн; мамлекеттин куткарылышын көрүшкөн. Келечекте евразиячылар большевизмди четтетип, Орусияны башкаруудагы анын ордун эзлегенге үмүттөнүшкөн. Бул үчүн Е-тын бир туугандык идеясынын принциптеринде түзүлгөн, «жаңы типтеги партияга» калыптануусу керек болгон. Келечектеги мамлекеттик түзүлүштүн түрү евразиячылар тарабынан идеократия катары ойлонгон. Жакындап кароодо анда коомдун индивидуалдуулуктан, инсандыктан ажыраган мүчөлөрүнүн үстүндө элитанын үстөмдүгү менен кармалып турган тоталитардык режимдин белгилери байкалып турган. Ошентип, коом объективдүү түрдө тиранияга барып такалмак. «Эски» Е. карама-каршылыктуу. Ал «эксплуататордук пролетардык *мамлекетке*» каршы, ошондой эле адамдардын өзүмчүлдүккө тарбиялаган жеке менчиктик капиталисттик түзүлүшкө да каршы чыгат. Е-тын өкүлдөрү экономикалык дүйнөдө стимулдарды ырастаган «боорукер кожоюнга» макул болушкан. Канчалык парадокс болбосун, евразиялыктар корккон так Батыш цивилизациясы чарбалык турмушунун бардык негиздери менен дал ушундай кожоюнду тарбиялоону ишке ашыра алды. Евразиялыктардын ою боюнча «боорукер кожоюндар» экономиканын жалпы мамлекеттештирилишинен көп айырмаланбаган «собордук биримдикти» түзүүсү керек. *Саясат*та да евразиялыктар ийгиликке жетише алышпады. Бара-бара кыймыл консервативдик багытка бурулуп, тарап кеткен. Бүгүнкү күндө Е. *геосаясий* концепция катары принципиалдык жаңы өнүгүүгө жетишти. Анын негизинде Орусиянын келечегин жана КМШ чегинде пайда болгон мамлекеттердин биригиши жөнүндөгү көз караш жатат.

ЕВРОПАРЛАМЕНТ – Европанын 27 өлкөсү кирген (Бельгия, Улуу Британия, Германия, Греция, Дания, Ирландия, Испания, Италия, Люксембург, Нидерландия, Португалия, Франция, Швеция, Австрия, Финляндия, Польша, Чехия, Венгрия, Словакия, Литва, Латвия, Словения, Кипр, Эстония, Мальта, Румыния, Болгария) *мамлекеттер* жана улуттар аралык саясий орган. Е-те 518 депутат бар, 5 жылда бир жолу түз добуш менен шайланат. Е. Батыш Европада саясий интеграцияга жол ачкан. 1970-ж. 18-июлда Е-те 1-шайлоо болуп өткөн. Е-тин депутаттары Францияда чогулушат. Депутаттардын саны ар бир өлкөнүн чондугуна жараша болот. Мис., Улуу Британия, Италия, Германия, Франция – 81, Ирландия – 15, Люксембург – 6 ж.б. Депутаттар улуттук таандыгына жараша эмес, партиялык фракцияларга биригишет. 1989-ж. шайлоодон кийин 9 фракция пайда болгон. Е-тин иштешинде интеграциянын эки тенденциясы бар: консервативдүү жана либералдуу.

ЕВРОПОЦЕНТРИЗМ – батыш европалык маданияттын тиби бүткүл адамзат үчүн үлгү болот, ал эми Батыш Европа дүйнөлүк өнүгүүнүн борбору концепциясы.

ЕЛТЕБЕР (Elteber) – коомдогу, өлкөдөгү өтө таасирлүү адамдарга, атактуу аскер башчыларына ыйгарылган титул. Бул титулду атактуу кыргыз башкаруучусу, 642-ж. Тан императору Ли Шиминдин кабылдоосунда болгон Е. Шибокюй Ачжан алып жүргөндүгү тарыхый булактардан белгилүү. Бул титул аздарда жана карлуктарда да белгилүү болгон. Атактуу уйгур аскер башчылары, ошол доорго замандаш Булгар (волгалык булгарлар) хандары да «Е.» титулун алып жүрүшкөн.

Ж

ЖАДИДИЗМ – кээ бир мусулман элдеринин Орусиялык самодержавие бийлигинен бошонуу, *саясий реформалар*, маданий-диний салт-санааларды сактоо жана өнүктүрүү үчүн буржуазиялык-либералдык кыймылы болгон.

ЖАЛПЫ БАЙГЕРЛИК – байыркы саясий теория тарабынан жарыяланган (Аристотелдин «Саясат» эмгеги) саясаттын максаттарынын бири. Ж.б. тууралуу ой өтө эле мазмундуу, ал өзүнө адилеттүүлүктүн, теңдиктин, биримдиктин, *коом* жана *бийлик* тарабынан эң маанилүү жалпы максаттарды тандоону жана аларды аткаруунун түшүнүү идеяларын камтыйт. Ж.б. идеясына ар тараптуу саясий ойчулдар, анын

ичинде христиандык жана светтиктер да көңүл бурушкан. Ж.б. идеясы XVII–XVIII кк. *жарандык коомдун* жана *укуктук мамлекеттик* долбоорлору даярдалган жана коомдук байгерлик урааны менен биринчи буржуазиялык революциялар башталган мезгилде толугу менен ийгиликтүү ишке ашкан. XIX к. Ж.б. концепциясы идеологдордун *либерализмди* жана *демократияны* изилдөөлөрүндөгү предмети болгон. XX к. Ж. б. концепциясы кеңири илимий (саясий, экономикалык, социалдык) жана философиялык изилдөөлөрдүн предмети болуп калган.

ЖАМААТТЫК АҢСЫЗДЫК, *саясатта* – кеңири маанисинде саясий жүрүм-турумдагы жеке субъектинин аң-сезиминде көрсөтүлбөгөн (же баамчылдыктын жетишсиз деңгээли аркылуу көрсөтүлгөн), бирок активдүү, ал эми айрым кырдаалдарда адамдардын маанилүү жалпылыктарынын (мис., жыйылган элдин) жүрүм-турумуна аныктоочу таасир бере турган психикалык процесстер менен абалдардын биримдиги.

«Ж. а.» термини кылымдын башында З.Фрейддин жолун жолдоочу К.Юнг тарабынан жеке өздүк аңсыздыктан айырмаланып мурас катары берилип келаткан адамзаттын филогенетикалык өнүгүшүнүн тажрыйбаларын алып жүрүүчү болуп саналган психикалык кубулуштардын өзгөчө классын белгилөө үчүн киргизилген. Юнг үчүн Ж. а-тын башкы мазмуну архетиптер – жүрүм-турумдун жалпы априордук схемалары болгон. Ал схемалар филогенетикалык маанидеги айрым «жамаатка» (мис., бир этноско) тиешелүү болгон элдердин мекемелеринин окшоштугун аныктай турган адамдардын айланасында жүрүп жаткандарды кабылдоо жана ага реакция кылуу инсандык (түрдүк, топтук) жөндөмдөрүнүн өзгөчө түрү, адамдардын чыныгы жашоосун айкын мазмун менен толтурат.

Саясат таанууда Ж. а. түшүндүрмөсү Э.Дюркгейм тарабынан киргизилген «жамааттык элестөөлөр» түшүнүгү аркылуу кошумчаланат. Ал аңдалбаган, көндүм көрүнүштөрдүн айынан, автоматташтырылууну, социалдык топтор менен жалпылыктардын мүчөлөрүндөгү социалдык тажрыйбадан улам топтолгон билимдердин, ойлордун, жүрүм-турум нормаларынын жыйындысын билдирет. Мындай көрүнүштөр адамдардын жеке аң-сезимин басуу менен В.М. Бехтеров «жамааттык рефлекстүүлүктүн», митингдердеги, массалык астериялардагы, паникалардагы ж.б. жыйылган элдин жүрүм-турумунун түрлөрүнүн феномени менен байланышкан социалдык психология менен саясаттын психологиясынын атайын тармактарынын предмети деп санаган стереотиптүү реакцияларды пайда кылышы мүмкүн.

Түзүлүштүк жактан Ж. а-тан жамааттык эмоциялар, сезимдер, маанайлар, ойлор, билимдер, баалар жана пикирлер бөлүнүп чыгат. Үстөмдүк кылуучу ролду эмоциялык компоненттер ойнойт. Рационалдык элементтер Ж. а-тын тутумуна баш ийген, көп учурда иррационалдык учурларга карата кызмат көрсөтүүчү роль ойногон катып калган *стереотип*тер, салттуу көз караштар жана ишенимдер катары гана жашайт.

Ж. а. адатта эки ар түрдүү түрлөрдүн массалык жүрүм-турумунда көрүнөт. Биринчиси индивиддерди Ж. а-тагы анын бардык мүчөлөрү үчүн жалпы негизде жетишээрлик бүтүн монолиттик массада бириктире турган бир өңчөй баалоолор менен иш-аракеттерге алып келет. Адатта мунун өзү эмоциялык абалдары жана массалык маанайлары окшош адамдардын маанилүү бөлүгүнүн – мис., өздөрүнүн жетекчисин көргөндө анын дарегине карата учурашып кыйкырууларды, ураандарды ж.б. көтөрүп, бирдей экстаздык жарылууга түшкөн фанатиктердин тобунун ошол абалга чалдыгуусунун жыйынтыгында жүрөт.

Массалык жүрүм-турумдун Ж. а. маанилүү роль ойногон экинчи түрү, тескерисинче, эмоциялык жарылуулар адамдарды бириктирбестен, ажырымдай турган кырдаалдарга байланыштуу. Анда иш-аракетке адамдардын маанилүү бөлүгү үчүн жалпы эмес, ар түрдүү болгон жүрүм-турум механизмдери кирет, жана негизги мазмуну объективдүү жана кокусунан пайда болгон кескин («чек аралык») кырдаалдарга карата көптөгөн адамдардын спонтандык бир өңчөй реакциялары эсептелет.

Ж. а. харизматикалык жетекчиге истерикалык ишеним болгондо, же айталы, тигил же бул терс кырдаалдардын болжолдонгон күнөөкөрлөрүнө карата түшүндүргүс кастык менен бириккен, ошого шыктанган чоң массадагы адамдардын саясий биримдиги стимулдаштырган учурда таяныч боло алат. Мындай шарттарда Ж. а. уюшулган *саясий жүрүм-турумдун* негиздери катары чыга алат. Мунун өзү адамдардын маанилүү массасына – мис., митингдерде, манипуляциялык таасир этүү тажрыйбасында колдонулат, тескерисинче, Ж. а. жүрүм-турумдун социалдык уюшулган формаларын бузганда жана саясатка каршы коюлганда абдан коркунучтуу. «Алсыз өкмөт менен бунтарлык түрдө чыккан элдин ортосундагы мамилелерде бийликтин ар бир актысы массаны таптакыр үмүт үзүүгө алып келе турган, ал эми бийлик тарабынан болгон ар бир баш тартуу анын дарегине карата жек көрүүнү пайда кыла турган учур келет» (Рид Д. «Дүйнөнү толкундаткан он күн». – М., 1923. – 56-б.). Мындай учурларда кийин чоң мөөнөттү жана өзүнүн кыйраткыч жыйынтыктарын жок кылуу үчүн күч-аракеттерди талап кыла турган социалдык-саясий деструкцияга алып келе турган хаостук псевдо-саясий жүрүм-турум басымдуулук кылат.

Негизинен Ж. а. адамзаттын өнүгүүсүнүн мурдагы баскычтарында маанилүү роль ойногон. Азыркы цивилизациялуу коомдо анын мааниси төмөндөйт, ал кризистик, экстремалдык учурларда гана көрүнөт, саясий жүрүм-турумду аң-сезимдүү регуляциялоодогу элементтердин ролу кескин түшүп кетет. Туруктуу социалдык-саясий тутумдун турмушунда күнүмдүк аң-сезимдин бүтүндөй сүрүлүп бүткөн формаларында гана көрүнөт. Өнүккөн өлкөлөрдөн айырмаланып, Ж. а-тын ролу азыркы күнгө чейин «үчүнчү дүйнөдө» жетишээрлик жогору. Мис., Ж. а-тын күчтүү таасири 1978-ж. Ирандагы ислам революциясынын көптөгөн эпизоддорунан көрүнөт. Кыргызстанда 2005-ж. 24-мартта жана 2010-ж. 7-апрелде болуп өткөн мамлекеттик бийликти күч менен алмаштыруу үчүн уюштурулган тополоңдор учурунда Ж. а-дын бардык элементтери толугу менен көрүнгөнүн байкоого болот.

ЖАМААТТЫК КООПСУЗДУК жөнүндө КЕЛИШИМ УЮМУ (ЖККУ), (Организация договора о коллективной безопасности (ОДКБ)) – келишимдин негизинде бир нече Евразия мамлекеттери тарабынан түзүлгөн согуштук-саясий союз. *КМШ*нын жамааттык коопсуздук системасын түзүү зарылдыгы келип чыккан. Бул эң маанилүү маселе КМШнын алты мамлекетинин – Арменияның, Казакстандын, Кыргызстандын, Орусиянын, Тажикстандын жана Өзбекстандын башчылары 1992-ж. 15-мартта ЖККУ кол коюшкандыгынын аркасында чечилген. Ага ылайык кол койгон тараптар өздөрүнүн ортосундагы жана башка мамлекеттер менен пикир келишпестиктерин жалаң тынчтык каражаттары менен чечүүгө милдеттенишкен. 1993-ж. Келишимге Азербайжан, Грузия жана Беларусь кошулган. ЖККУ Бириккен Улуттар Уюмунун катчылыгында 1995-ж. 1-ноябрда катталган. Келишимге ылайык катышкан мамлекеттердин башчылары нан, тышкы иштер жана коргонуу министрлеринен жана жамааттык коопсуздук кеңешинин Башкы катчысынан турган курамдагы – Жамааттык коопсуздук кеңеши түзүлгөн. Кеңеш келишимге катышуучулардын кызматташтык ишин координациялайт жана камсыз кылат деп айтылган. Бирок, 1999-ж. апрелде үч мамлекет – Азербайжан, Грузия жана Өзбекстан Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишимди Узартуу жөнүндөгү протоколго кол коюшкан эмес, алар де-факто анын курамынан чыгып кетишкен. ЖККУнун максаты: келишимдин катышуучу өлкөлөрүнүн территориалдык-экономикалык мейкиндигин армиялардын жана жардамчы бөлүктөрдүн биргеликтеги күчү менен тышкы согуштук-саясий агрессорлордон, эл аралык террористтерден, ошондой эле чоң масштабдагы жаратылыш кырсыктарынан коргоо. Курамы: Армения (15-май, 1992-ж.), Казакстан (15-май, 1992-ж.), Кыргызстан (15-май, 1992-ж.), Орусия Федерациясы (15-май, 1992-ж.), Тажикистан (15-май, 1992-ж.), Беларусия (31-декабрь, 1993-ж.). Парламенттик ассамблея алдында байкоочу-мамлекеттер: Сербия (11-апрель, 2013-ж.), Афганистан (11-апрель, 2013-ж.). Мүчөлүгүн токтоткон мамлекеттер:

Азербайжан (24-сентябрь 1993-ж.–2-апрель 1999-ж.), Грузия (9-сентябрь 1993-ж.–2-апрель 1999-ж.), Өзбекстан (15-май 1992-ж.–2-апрель 1999-ж., 6-август 2006-ж.–28-июнь 2012-ж.).

ЖАН-ЖАК РУССО (1712–1778) – француз жазуучусу жана философу – жарандык коомду мамлекетке кайра курулган коом катары мүнөздөйт жана аны коомдук келишимдин жардамы менен тактайт. «Коомдук келишим жана саясий укуктун принциптери» – деген эмгегинде ал элдик суверенитетти жактайт, элдин абсолютизмди кулатуу жана демократиялык түрдө шайланган өкмөттү бийликтен четтетүү укугу бар экендигин негиздейт. Ушул эмгегинде жарандык коом түшүнүгүн иш тажрыйба негизинде иштеп чыкты. Мындай саясий организмдин маңызы баш ийүүнү жана эркиндикти бир келишимге келтирүү экендигин көрсөтөт. Ал, элдик суверенитетинин принцибин жүзөгө ашыруу жалпы иш, бул бардыгынын жана ар биринин башкарууга катышуусу, бул эркин жана көз каранды эмес элдин жашашынын ийгиликке жетишиши, эркин жана тең укуктуу жарандардын жалпылыгы. Элдик суверенитет өзүнүн өкүлдөрүнө жана аткаруучу бийликке реалдуу көзөмөлдөө жүргүзүү деп баса белгилеген.

ЖАҢЫ ДҮЙНӨЛҮК ТАРТИП – *коомдук* өнүгүүнүн концепциясы, ал адамзат коомунун түп тамырынан бери социалдык-экономикалык кайра түзүлүүсүн карайт, б.а. байлар менен кедейлердин, экономикалык жактан өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин, ар кандай социалдык тутумдагы мамлекеттердин ортосундагы кризисти, конфликттүүлүктү, конфронтацияны жок кылуучу же басаңдатуучу эл аралык саясий, экономикалык жана маданий өз ара байланыштарды кайра уюштуруу. Бул адамзатына биринчи кезекте ядролук катастрофадан кутулууга жардам бермек. Ж. д. т-тин чегинде анын негизги курамдык бөлүгүнүн бири болуп – экономикалык мамилелерди кайра уюштуруу жана жаңы дүйнөлүк экономикалык тартипти түзүү эсептелет.

«ЖАҢЫ ОҢЧУЛДАР» – 60–70-жж. өнүккөн батыш өлкөлөрүндөгү *интеллигенциянын*, технократиянын жана башка социалдык-привилегиялуу катмардын *неоконсерватизмдин* идеологиясына таянышкан кыймылы.

ЖАҢЫ САЯСИЙ ОЙ-ЖҮГҮРТҮҮ – 80-ж. экинчи жарымында КПСС жана СССР тарабынан жарыяланган ички жана тышкы саясаттагы жалпы адамзаттык идеалдардын жана баалуулуктардын тутумдарынын артыкчылыгы. Бул артыкчылыктардын тутумун ички, бир жагынан *тышкы саясат*та ишке ашыруу 1991-ж. 21-декабрына чейин ырааттуу эместиги жана бири-бирине каршы келе тургандыгы менен айырмаланган.

«ЖАҢЫ СОЛЧУЛДАР» – 60–70-жж. батыш мамлекеттеринде студент жаштардын жана *интеллигенциянын* арасында басымдуулук кылган кыймыл. Бардык азыркы социалдык-саясий түзмөктөрдүн формаларын жана экономикалык жашоону уюштурууну катуу сынга алуусу менен айырмаланат.

ЖАРАНДУУЛУК – көп жактуу түшүнүк: 1) саясий коомчулуктун ишине активдүү, аң-сезимдүү кошулуу; 2) өзүн психологиялык жактан саясий коомчулуктун жараны, толук мүчөсү катары сезүү; 3) жарандын ролунда чыгууга жөндөмдүүлүк жана даярдык; 4) саясий акцияларга эркин катышуу; 5) мамлекеттин, коомдун *саясий кызыкчылыгы* үчүн күрөшкө даяр болуу. Ушул түшүнүктөр бирин-бири толуктап, бекемдеп турат да, «саясий активдүүлүк» түшүнүгү менен ички байланышта болот. Тарыхый жактан Ж. демократиянын алгачкы формалары менен тыгыз байланышта.

ЖАРАНДЫК АҢ-СЕЗИМ – *коомдук аң-сезим* менен коомдук пикирдин маанилүү тутумдук бөлүгү, коом жана анын социалдык идеалы жөнүндөгү өз алдынча элестөө. Ж. а.-с. тиешелүү нерсеге дагы, анык нерсеге дагы багытталган. Саясий-психологиялык позициядан алганда ал – макамга жана коомдун өнүгүү келечегине карата элестөөлөр менен өз алдынча баа берүүлөрдүн катары. Социалдык аң-сезимдин негиздеринин бири жана жарандык жүрүм-турумдун багыттоочусу болуу менен, Ж. а.-с. социалдык кабылдоого, социалдык окуяларга тиешелүүлүк жөнүндөгү таасирлерди калыптандырууга, социалдык ишмердиктин субъектилерин, ошондой эле белгиленген эре-

желерди, стереотиптерди, ырым-жырымдарды баалоого бөтөнчө түс берет. Ж. а.-с-дин маанилүү жагы – социалдык идеалды конструкциялоо, эң кеңири планда алганда, «кеңейген социалдык иретке келүүнүн» (Ф.Хайек) парадигмасы. Дал ушундай, жоопкер, иллюзиялардан арылган, өзүн-өзү сындоочу аң-сезим чыныгы жарандык болуп саналат жана *жарандык коом*дун мүчөсүнүн аң-сезими катары каралат, анда анын жогорку инсандык сапаттары, анын милдетти түшүнүүсү, өз укуктары менен эркиндиктерин аңдоосу, өзүнө отчет берүү жөндөмү коомдун өзүнүн жана андагы жарандык мамилелердин кепилдиги катары кызмат кылат.

ЖАРАНДЫК БАШ ИЙБӨӨЧҮЛҮК термини америкалык ойчул жана жазуучу Г.Торо (1817–1862) тарабынан «Жарандык баш ийбөөчүлүк» (1849) аттуу программалык эссесинде пайдаланылган. Ж. б. и. алып жүрүүчүлөр тарабынан акыйкатсыз жана четтетүү керек деп каралган өкүм сүргөн тартипке, айрым мыйзамдарга, бул же тигил саясий *лидер*лерге же бийликтер тарабынан жүргүзүлгөн официалдуу саясий акцияларга карата нааразычылыкты чагылдыруу менен байланышкан индивидуалдык же массалык аракеттер. Эреже катары Ж.б. и-түн жактоочуларынын аракеттери бийликтегилерге баш ийбөө жана саясий, диний же адеп-ахлактык ой-жүгүртүүлөрдөн улам мыйзамдарды аткарбоого чакыруулар менен байланышкан. XX к. Ж.б. и. концепциясынын жана практикасынын андан аркы өнүгүүсүн англиялык колониализмге каршы күрөштүн жүрүшүндө *М.К. Ганди* иштеп чыккан. Ганди тарабынан иштеп чыгарылган жана анын улантуучулары тарабынан кабыл алынган баш ийбөөчүлүк саясаты өзүнө бийликтегилер менен кызматташтыкка барбоо, өкмөттүк окуу жайларын *бойкоттоо*, тынчтык демонстрацияларын уюштурууну камтыган. Батышта Ж.б. и. акциялары Франциянын Алжирдеги колониалдык согушуна, Вьетнамдагы АКШнын согушуна, ТАРдагы расалык дискриминация фактыларына каршы күрөштөрдө кеңири колдонулган. СССРде Ж.б. и. идеялары иш жүзүндө диссиденттик кыймылдардын көптөгөн активисттери тарабынан колдонулган. Ж.б. и-түн негизинде – күч колдонбостон каршылык көрсөтүү жатат. Формасы боюнча Ж.б. и. төмөндөгүдөй акцияларды жүзөгө ашырууну өзүнө камтыйт: ачыкка чыгуу, демонстрацияларды, нааразычылык марштарын, пикеттерди, ачкачылык жарыялоолорду уюштуруу, аскердик кызматка чакырууга макул болбоо, мыйзам чыгаруу актыларын, шайлоолорду бойкоттоо. Бул кыймыл-аракеттери менен Ж.б. и-түн демилгечилери белгилеген саясий максаттарга жетүүгө алып келе турган кыймылдын массалык социалдык базасын кеңейтүү үмүттөрү менен байланышкан. Ошондуктан *политологияда* Ж. б. и. өзүнүн мүнөзү боюнча легалдуу *оппозиция*нын укуктук ишмердүүлүгү менен коомдун саясий дестабилдештирилишине алып келген; укукка каршы аракеттердин ортосундагы аралыктык абалды ээлеген саясий нааразычылыктын аракети катары каралат.

ЖАРАНДЫК ДЕМИЛГЕЛЕР – жарандардын өз укугун бийликтин кысымынан коргоо үчүн уюшулган локалдуу, ишмердүүлүгү боюнча чектелген, коллективдүү уюштурмасы. Үй-жай, билим, транспорт, маданият, шаардын өнүгүүсү ж.б. маселелер боюнча атайын түзүлөт. Негизинен буга киргендер тарабынан ыктыярдуу, ишеничи аркылуу иштер жүргүзүлүп, ар кандай формалдуулуктарга жол жок. Курамы өтө ар түрдүү (көбүнчө орто катмар). Мис., ФРГда бир нече миң Ж. д. болгон. Ж. д. саясий феномен катары 60-ж. студенттик каршылык көрсөтүү кыймылы менен башталат. Ж. д-дин коомдук саясий ролу түрдүүчө баалanat. Ж. д-дин ишмердүүлүгүнүн формалары – чогулуш, митинг, акциялар, демонстрациялар аркылуу кээде кагылышууга чейин барып, массанын көңүлүн буруу, биргелешип өз укугун коргоо, бийлик органдарына басым көрсөтүү, түрдүү кампанияларды түзүү, чечимдерди кайра каратуу ж.б. Ж. д. локалдуу чыгуулар кээде чоң *демократтык кыймыл*га өсүп чыгышы мүмкүн. Ошондуктан, Ж. д. көп социалдык кыймылдардын базасы, булагы же көбүнчө аларды ишке ашыруунун,, мыйзамдаштыруунун формасы болуп калат. Ж. д. кыймылы Батышта жаңы *конфликт*ти пайда кылып, *саясий маданият*тын жогорулугун көрсөтөт да, коомдук өнүгүүгө *альтернатива* издөө жолу болуп саналат.

ЖАРАНДЫК КООМ – 1) коомдун жашоо ишмердүүлүгүнүн экономикалык, саясий, социалдык жана руханий чөйрөсүндө ыктыярдуу түрдө түзүлгөн мамлекеттик эмес структураларды камтыган, өнүгүүнүн белгилүү бир тепкичиндеги адамдардын жалпылыгы; 2) мамлекеттик эмес, экономикалык, саясий, социалдык, үй-бүлөлүк, улуттук, руханий, диндик, үрп-адаттык ж.б. мамилелердин жыйындысы; 3) эркин индивиддердин жана ишмердүүлүгү мамлекеттик *бийлик* органдарынын кийлигишүүсүнөн мыйзам аркылуу корголгон, жарандардын ыктыярдуу түрдө түзүлгөн уюмдарынын жана ассоциацияларынын өзүн-өзү көрсөтүү чөйрөсү. Ж. к. мамлекеттен мурда түзүлгөн. Ал эми мамлекет болсо Ж. к-дун өнүгүшүнүн белгилүү бир тепкичинде, таптар пайда болгон мезгилде калыптанган. Ж. к-дун андан ары өнүгүшү аны менен мамлекеттин ортосундагы мамилелердин мыйзамдуу түрдө иреттелип, такталышына жана адамдын эркиндик, укук, экономикалык көз каранды эместиги сыяктуу баалуулуктарга негизделген *консенсус*тун болушуна ынгайлуу шарттарды түзгөн. XX к. аягында Ж. к-дун жогорку өнүгүү деңгээлинин аркасында жашоонун индивиддик жана коомдук чөйрөсүнө мамлекеттин кийлигишүүсү өзүнүн эң, төмөнкү чегине жеткен жана ушунун өзү өлкөдөгү *саясий режим*дин туруктуулугуна негиз түзгөн. Ж. к. өзүн-өзү уюштурган жана өз алдынча өнүккөн система болуп эсептелет. Ж. к-дун жашоо ишмердүүлүгүнүн эң башкы шарты болуп анын ар бир мүчөсүнүн конкреттүү менчикке ээ болуу же ага ээ болууга катышуу, аны пайдалануу жана өз каалоосундай буйрук берүү укугу эсептелет. Ар түрдүү топтордун жана катмарлардын өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарын чагылдырган, өнүккөн жана көп кырдуу социалдык структуранын болушу Ж. к-дун жашоосунун маанилүү шарты катары чыгат. Такталбаган, ачык эмес социалдык структуранын учурунда индивид мамлекет менен түздөн-түз байланышта болот, мунун өзү адамдын жеке укуктарынын жана *эркиндик*теринин ишке ашырылуусун олуттуу түрдө чектейт. Инсандын социалдык, интеллектуалдык, психологиялык өнүгүүсүнүн жогорку деңгээлде болуусу, тигил же бул коомдук институттун ишине катышканда инсандын ички эркиндигинин жана толук өз алдынчалыкка жөндөмдүүлүктүн болуусу Ж. к-дун ишмердүүлүгүнүн зарыл өбөлгөсү болуп эсептелет. Ж. к-дун экономикалык чөйрөдөгү структуралары: кооперативдер, арендалык бирикмелер, акционердик коомдор ж.б. чарбачылык кылууда жарандардын өз демилгелери менен түзгөн ыктыярдуу бирикмелери. Ж. к-дун социалдык-саясий чөйрөдөгү структуралары: үй-бүлө, коомдук, *саясий кыймыл*дар жана уюмдар, жашаган же иштеген жери боюнча түзүлгөн коомдук өзүн-өзү башкаруу органдары; мамлекеттик эмес *массалык маалымат каражаттары*. Ж. к. руханий чөйрөдө ой жана сөз эркиндиги, өз оюн ачык билдирүүнүн чыныгы мүмкүнчүлүктөрүн шарттайт; чыгармачылык, илимий ж.б. бирикмелердин мамлекеттен жана саясий структуралардан өз алдынчалыгын жана көз карандысыздыгын өбөлгөлөйт.

ЖАРАНДЫК МАДАНИЯТ (англ. civic culture) – 1) катышуучулук (активисттик) түрдүн маданиятын түзгөндөрдүн (плюрализм, рационализм, өз ара ишеним көрсөтүү, саясий максаттарга, негизги саясий институттардын баалуулуктарына жана легитимдүүлүгүнө карата макулдук берүү, саясатка практикалык түрдө кириштүүгө багыт алуу) басымдуу көптүгү менен бирге башкаруу (патриархалдык) жана багынуу элементтери орун алган саясий маданияттын аралашма түрү (Г.Алмонд жана С.Вербе); туруктуу демократиялык түзүлүшкө эң ылайыктуусу болуп саналат; 2) өнүккөн саясий маданияттын белгиси (өзгөчө америкалык-британдык).

ЖАРАНДЫК МИЛДЕТ – конституция, укук актылар тарабынан бекитилген укуктук милдеттерди конкреттүү өлкөнүн жаранынын сөзсүз түрдө аткаруусу. Ж. м-ти алуу, ажыроо, эл аралык макулдашуу, мыйзам аркылуу жүргүзүлөт. Ж. м-тин өнүгүшү бир нече этапка бөлүнөт. Мис., Байыркы Кытайда баш ийүүчүлүк абалы аталган, байыркы Грецияда *Сократ* – Ж. м. бардык эркин жарандар үчүн

ак иш деген. Кайра жаралуу доорунда Ж. м. *инсандын мамлекетке*, коомго болгон эркин мамилесин түшүндүргөн. Мында милдет – көбүнчө ишенимге таянган. Франция революциясынын тушунда 1789–1794-жж. Ж. м. жарандын улуттук, элдин алдындагы милдети катары белгиленген. *Адам укугунун декларациясында* Ж. м. ар бир адам өз укугун, эркиндигин ишке ашырууда; коомдук мораль, тартипти камсыз кылуу максатында, башкалардын укук, эркиндигине шек келтирбей тургандай болуусу керек деп айтылат. Ар бир адам өзү кирген жамаатттын алдында милдеттүү. Социалдык абал, ата-теги ж.б.у.с. көп мезгилге чейин Совет өлкөсүнүн жарандарын башка өлкөлөрдөн айырмалап кароого алып келген эле.

ЖАРАНДЫК СОГУШ – *социалдык конфликтти чечүүнүн* акыркы чегине жеткен курч формасы, бир мамлекеттин чегиндеги улуттук группировкалардын, социалдык топтордун, таптардын ортосундагы бийлик үчүн уюштурулган күрөш. Ж. с. улуттук *кризисти* жеңүүнүн легитимдүү формалары жана каражаттарынын бардыгы сарпталып бүткөн учурда келип чыгат. Тарыхта көптөгөн Ж. с. белгилүү, анын ичинде династиялык, мис., Англиядагы Кызыл жана Ак розалар согушу (XV к.). Анда Плантагенеттердин эки бутагы бирин-бири кырат, *Тюдорлордун* династиясына жол ачышкан. Диний жана улуттук негиздеги Ж. с. азыркы мезгилде да кеңири жайылган: Чечнядагы, Тажикстандагы согуштар, мурдагы Югославиянын аймагындагы согуш. Ж. с-тун эң эле мүнөздүү түрү болуп терең таптык *конфликт*терге негизделген согуш саналат: кулдардын көтөрүлүшү, көп сандаган дыйкан согуштары (Кытайда көп жолу ийгилик менен аяктаган), партизандык (Сальвадор), антиколониалдык согуштар. Ж. с. – эң зор улуттук кырсык. Өзүнүн мүнөзүнө карабай Ж. с. калктын арасында чоң курмандыктар, өндүрүш күчтөрүнүн бузулушу, маданият очокторунун кыйратылышы менен коштолот. Ж. с-тун бардык түрлөрү тең нравалык актанууга ээ эмес. Көбүнчө эл эпчил жана атак-даңкка умтулган авантюристтердин саясий амбицияларынын кучагында калат. АКШдагы Түндүк менен Түштүктүн ортосундагы согуш, Түндүктүн жеңиши менен аяктап, экономиканын, индустриянын, экономикалык эффективдүү фермер чарбаларынын тез өсүшү үчүн шарт түзгөн. Советтик Орусиядагы (1918–1922) Ж. с. абдан кандуу жана кыйраткыч болгон. Афганстан, Ангола, Эфиопия, Сальвадор, Никарагуадагы Ж. с. өлкөлөрдүн экономикасына залал келтирип, көптөгөн курмандыктарга, калктын жакырланышына алып келген. Азыркы шарттарда Ж. с. өтө кайгылуу мүнөздө болуп, ири региондук жана эл аралык конфликттерди инсценировкалоого жөндөмдүү. Социалдык конфликттерге жана Ж. с-ка жол бербөө жана чечүүнүн эффективдүү механизмин, каражаттарын жана ыкмаларын издөө азыркы күндө эң актуалдуу болуп саналат.

ЖАРАНДЫК УКУК жана ЭРКИНДИК – коомдун саясий, социалдык, маданий турмушуна катышууга жарандардын конституциялык негиздеги статусу, дайыма *БУУ*нун көзөмөлүндө турат. 1948-ж. 10-декабрда БУУнун Генералдык Ассамблеясы *«Адам укугунун жалпы декларациясын»* кабыл алган. Бул укуктарга: инсанга кол тийгизбөө, жеке, үй-бүлөлүк турмушуна кийлигишпөө ж.б. баштап, коомдук турмушка таасир көрсөтүү ж.б. кирет. 1976-ж. 3-январында БУУда «Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө пакт» кабыл алган. Бул декларацияда адам, анын абийири, «коомдук, мамлекеттик эң жогорку баалуулук» деп белгиленет. *Кыргыз Республикасынын Конституциясында* Ж. у. ж. э. белгиленген. Анын 36-беренесинде «Үй-бүлө – коомдун негизи. Үй-бүлө, ата болуу, эне болуу, балалык – бүткүл коомдун камкордугуна алынат жана мыйзам менен артыкчылыктуу корголот. Мамлекет жетим балдарды жана ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдарды багууну, тарбиялоону, окутууну камсыз кылат», 45-беренесинде: «Ар ким мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди акысыз алууга укуктуу» деп көрсөтүлөт.

ЖАШТАР САЯСАТЫ – коомдун, анын ар кандай топторунун, социалдык институттарынын калктын өзүнчө чоң демографиялык тобу сыяктуу жаштарга мамилеси, ошондой эле

жаштардын өзүнүн калктын башка топторунун жана катмарларынын, социалдык институттарынын жана адамдарынын (топтордун жана институттардын өкүлдөрү катары) өкүлдөрүнө, жалпысынан башка социалдык топторго, социалдык институттарга, коомдун баалуулуктарына болгон мамилеси катары аныкталат. Жаштардын социалдык мартабасы жана турмуш сапаты көп деңгээлде бардык өз ара мамилелердин уюшкандыгына байланыштуу болот. Кыргызстанда 14төн 35ке чейинки адамдар жаш деп саналышат жана жаштардын категориясына кирет. Расмий маалыматтар боюнча Кыргызстандын жалпы калкынын 48% жаштар түзгөн. 2013-ж. башына карата калктын орточо курагы – 27,2 жашка барабар, эркектер – 26,3, аялдар – 28,1 жаш.

Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик Ж.с. 2000-ж. 18-июнунда Кыргыз Республикасынын Президентинин указы менен бекитилген «Кыргызстанда 2010-ж. чейин жаштарды өнүктүрүү боюнча Улуттук «Жаштык» программасында аныкталган. Бул программа толугу менен ишке ашпаса да анын маанилүү жыйынтыктарынын бири – жаштардын жашоо-турмуш маселелерине тийиштүү бир катар мыйзамдардын кабыл алынышында. Мындай чен-өлчөмдүк актыларга «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө», «Билим берүү жөнүндө», «Баштапкы кесиптик билим берүү» ж.б. кошууга болот.

Жаштарды билим берүүгө тартуу көрсөткүчтөрүнүн жогору экендигине карабастан билим берүү сапатынын начардыгы негизги маселе бойдон кала берген. Ушундай абалга байланыштуу, жаш кадрлар эмгек базарында тажрыйбалуураак талапкерлер менен атаандаша албайт. Буга окшогон жагдайларда, расмий маалыматтар боюнча жаштар Кыргызстандын жумушсуздарынын ичинде 98%ды түзөөрү анча деле таң калтырбайт.

Көптөгөн изилдөөлөр боюнча, социалдык-экономикалык катаалчылык шарттарында жаш муундун акыбалы башка жаштагы топторго салыштырмалуу начар болуп эсептелет. Жаштар өзүн-өзү ишке ашыруунун көптөгөн мүмкүндүктөрүнөн ажырап калгандыгын моюнга алуу керек, чоң кишилердин турмушуна кирүү үчүн керек болгон баштапкы мүмкүндүктөр жаштарда жокко эсе.

Жаштарды жумуш менен камсыз кылуу боюнча зарыл шарттардын жоктугу жалаң эле эмгек миграциясынын өсүшүнө эмес, ошондой эле кылмыш жана баңгилик сыяктуу терс көрүнүштөргө да алып келүүдө. Кыргызстандын жаштары көбүрөөк криминалдуу демографиялык топ болуп эсептелет. Мис., укук бузуулардын жарымынан көбүн 30 жашка чейинкилер, ошондой эле 7% жашы жете элек балдар жасашат. Уурдап-тоноочулук, тентектик, баңгилерди мыйзамсыз жүгүртүү – жаштардын арасындагы кылмыштын көбүрөөк таралган түрлөрүнөн.

Акыркы 10–15 жылда баңгилик көз карандылыктан жапа чеккен адамдардын саны 6–8 эсе өсүп кеткен. 2013-ж. 10 миңден ашык жаштар наркологиялык диспансерлердин эсебинде турушкан. Ошенткен күндө да баңгилик жыл сайын жашарууда. Расмий маалыматтар боюнча, баңгини биринчи ирет 10–12 жаштарында пайдаланышат, баңгинин орточо жашы 13–14 жашты түзөт.

Бишкектеги СПИД Борборунун маалыматтары боюнча, 2009-ж. 1-январына Кыргызстанда ВИЧ-инфекция жуктуруп алган 2031 кокустук катталган, анын 550сү 2008-ж. жуктуруп алгандар. Алардын басымдуу көпчүлүгүн 25тен 35ке чейинки репродуктивдүү куракгагы жаштар түзөт. Миграция боюнча эл аралык Уюмдун маалыматтарына ылайык, жыл сайын Кыргызстандын 4000 ашуун жаш аял киши сатуу курмандыктарына айланышат. Ошол эле кезде киши сатып соода кылуу жыл санап өсүүдө. Сооданын 10% курмандыктары жашы толо элек өспүрүм балдар.

2010-ж. 7-апрелдеги кандуу саясий төңкөрүштөн жана өлкөнүн түштүгүндөгү этностор аралык кагылышуудан кийин жаштар маселесин чечүү приоритеттүү деп жарыяланып, атайын түзүлгөн жаштар иштери боюнча министрлик иш алып барууда. Азыркы мезгилде жаш муундарды өнүктүрүүгө багытталган бир катар мамлекеттик жана социалдык милдеттер Ж.с. катары эсептелет. Ж. с-нын максаты экономикалык, саясий жагымдуу шарттарды,

ошондой эле жаштардын турмуш сапатын жакшыртуу үчүн укуктук кепилдиктерди түзүүдө турат. Жаштар пайызы улам барган сайын өсүп бара жаткандыктан улам, жаштар «өлкөнүн өсүшүнүн стратегиялык байлыгы» деп айтууга болот. Ушуга байланыштуу мамлекеттин алдында жаштардын өзүн-өзү ишке ашыруусу үчүн шарттарды түзө ала турган саясатты аныктап чыгуусу керек.

ЖЕКШЕНКУЛОВ Аликбек Жекшенкулович (1957–ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору (1999-ж.).

Нарын облусунун Кочкор районуна караштуу Чолпон айылында төрөлгөн. 1980-ж. Украина айыл чарба академиясын токой чарба инженери адистиги боюнча бүткөн. 1999-ж. Орусиянын тышкы иштер министрлигинин дипломатиялык академиясын аяктаган. 1980–1982-жж. Аламүдүн районундагы «Ала-Арча» Кыргыз мамлекеттик табигый паркынын участогунун начальниги, 1982–1986-жж. комсомолдун Аламүдүн райкомунун 2-, 1-катчысы, 1986–1990-жж. ЛКЖС БКнын катчысы, Кыргызстан ЛКЖСнын Ош обкомунун катчысы, 1990–1992-жж. Жаштар иши боюнча мамлекеттик комитеттин төрагасынын 1-орун басары, 1992–1994-жж. Президенттин Аппаратында референт, Жогорку Кеңештин эл аралык жана парламенттер аралык байланыштар боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы, 1994–1995-жж. Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министринин орун басары, 1995-ж. 1-орун басары. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты (1992–95), Австрия, Венгрия, Чехия, Словакияда КРнын 1-класстагы Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчиси (1996), «Акыйкат» партиясынын лидери.

«Новые независимые государства Центральной Азии в мировом сообществе» (2000) аттуу монографиянын жана башка публикациялардын автору.

ЖЕНЕВА КОНВЕНЦИЯЛАРЫ (1949-ж.) – 1949-ж. 12-августта кабыл алынган «Согуштан жапа чеккендерди коргоо тууралуу» эл аралык конвенциялар: 1) «Аскердеги жарадар жана оорулуулардын абалын жакшыртуу тууралуу»; 2) «Деңизде кыйраган кемедеги адамдардын, деңиз аскер күчтөрүнүн курамындагы адамдардын, жарадар, оорулуулардын абалын жакшыртуу тууралуу»; 3) «Согуш тутқундарына мамиле кылуу тууралуу»; 4) «Согуш мезгилиндеги тынч жаткан калкты коргоо тууралуу».

ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ ИШТЕР – аймактын жашоо-тиричилигин камсыз кылууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан чечиле турган маселелер. Ж. м. и-ди башкаруу жергиликтүү кеңештер жана мыйзамда белгиленген тартипте калктын өзү тарабынан түзүлгөн башка органдар аркылуу турмушка ашырылат.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯ – аткаруу бийлигинин облус, райондордогу жергиликтүү бийлик органы.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕР – тийиштүү аймакта жашаган жарандар тарабынан жалпы, тең, тикелей жана жашыруун добуш берүү менен калк тарабынан 4 жылга шайланган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлчүлүктүү органдары. Жергиликтүү депутаттарды шайлоо процессинин жүрүшү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде аныкталат. Биздин өлкөдө Ж. К-дин үч деңгээли бар: баштапкы, базалык жана облустук. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110-беренесинде белгиленгендей: жергиликтүү өз алдынча башкаруу тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында жергиликтүү жамааттар тарабынан жүзөгө ашырылат. Ж. к-дин бардык деңгээлдери юридикалык жак болуп эсептелет да өзүнүн компетенциясына кирген бардык суроолорду өз алдынча чечүүгө укуктуу. Чет өлкөлөрдө жергиликтүү өкүлчүлүк органдардын бир нече түрлөрү бар. Эреже катары жергиликтүү өкүлчүлүк органдар төмөнкү жана ортоңку деңгээлдерде түзүлөт. Төмөнкү деңгээлде – бул айыл башчылары: Польшада – солтыс, Болгарияда – кмета, Индонезияда жана Таиландда – айылдык жана шаардык кварталдардын башчылары. Өзбекстанда – айыл менен кыштактардын, шаардык махаллалардын төрагалары (аксакалдары) жана алардын кеңешчилери, Казакстанда – маслихаттар ж.б.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ КООМДОШТУКТАР – айылдык (кыштактык), посёлкалык жана шаардык кеңештердин аймактарында туруктуу жашаган калктын, жергиликтүү маанидеги маселелерди өздөрүнүн өкүлчүлүктүү, аткаруучу-тескөөчү жана башка органдары аркылуу чечүү үчүн жалпы таламдарда бирикмеси. Ж. к-тар Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун баштапкы деңгээли болуп саналат. Ж. к-тун өкүлчүлүктүү органдары – айылдык (кыштактык), поселкалык жана шаардык кеңештер, тике жана жашыруун добуш берүү менен калк тарабынан шайланган депутаттардан турат. Кыргыз Республикасынын Ж. к. аймагында жашабаган, бирок аталган аймакта кыймылсыз мүлктү менчиктеген, жергиликтүү бюджетке салык төлөгөн жана жергиликтүү коомчулуктун ишине катышууну каалаган жараны ага мүчө боло алат, жергиликтүү өкүлчүлүк органдарын шайлоого катышуу укугуна ээ.

ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ – тийиштүү аймактагы жамааттардын мыйзамдын чегинде, өз жоопкерчилиги алдында, элдин кызыкчылыгынан, анын тарыхый, маданий жана башка жергиликтүү салттарынан келип чыккан маанидеги иштерди, өкүлчүлүк, аткаруучу органдары аркылуу жана жарандардын түздөн-түз катышуусу менен башкаруудагы ишмердиги жана укугу. Өз алдынча башкаруу болгондо белгилүү бир аймактын жергиликтүү жамааттары жана өзүнүн бийлик-укуктары бар шайланма органдары юридикалык статуска ээ болушат. Алар мамлекеттик башкаруунун бөлүгү эмес. Эреже катары, эгер өкмөт жалпы улуттук маселелерди (эл каттоо, шайлоолорду өткөрүү ж.б.) чечип калса, анда ал өз алдынча башкарууга таяна албайт, анткени өз алдынча башкаруу органдары мамлекеттик структурага кирбейт. Дүйнөлүк практикада, өз алдынча башкаруу, бардык эле юридикалык жак сыяктуу, мамлекеттик кызмат системасына кирбейт, бирок, албетте, өкмөттүк мекемелер менен кызматташат. Саясий функцияларды аткарыш үчүн өкмөт жер-жерлерде өзүнүн башкаруу органдарын, кызматчы адамдарын дайындайт. АКШда жер-жерлерде федералдык мыйзамдарды ишке ашырууга департаменттердин региондук бөлүмдөрү жооп берет. Бул бөлүмдөр Ж. ө.а. б. системасынан, уюштуруу жагынан сыртта турат. Өз алдынча башкаруу мамлекеттин агенти эмес жана саясий маселелер менен байланышпаган. Өз алдынча башкарууга администрациялык өз алдынчалыкты берүү менен мамлекет өз алдынча башкаруу органдарынын үстүнөн көзөмөлдөөгө кетчү каражаттарын чектейт. Ж. ө.а. б-га таасир этүүгө, аны көзөмөлдөөгө мамлекеттин үч негизги мүмкүнчүлүгү бар:

- мамлекет мыйзамдарды чыгарат. Бул мыйзамдарга бардык юридикалык жактар сыяктуу эле Ж. ө. а. б. да баш ийет;

- мамлекет каржылык көзөмөлдөө каражаттарына ээ. Борбордон каржылык колдоо болбосо Ж. ө. а. б. өз ишмердигин жүргүзүү албайт. Каржылык жактан колдоо көрсөтүү менен бирге мамлекет өз алдынча башкарууга тигил же бул мамлекеттик ишти аткаруу шарттарын коё алат;

- өз алдынча башкаруу тигил же бул мыйзамды бузуп, өзүнүн бийлик-укук алкагынан сыртка чыккан иштерди жасаса, анда мамлекеттин сотко кайрылуу укугу бар. Сот экөөнү тең бирдей кароого милдеттүү, ошондуктан мамлекеттик орган сотко кайрылуу менен өзү утулуп калышы да мүмкүн.

Ж. ө. а. б-нун бүгүнкү күндөгү жалпы аныктамасы 1985-ж. 15-октябрда Европа Кеңеши кабыл алган «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Европалык Хартиясында берилген: «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын мыйзамдын чегинде аракеттенип, өзүнүн жоопкерчилиги алдында жана жергиликтүү элдин кызыкчылыгы үчүн мамлекеттик иштердин белгилүү бир бөлүгүн өзүнө алып жана аны башкарууга укугу жана иш жүзүндө жөндөмдүүлүгү Ж. ө. а. б. деп аталат. Бул укук эркин, жашыруун, тең, тикелей жана жалпы добуш берүү менен шайланган мүчөлөрдөн турган Кеңештер же жыйындар аркылуу ишке ашырылат. Кеңештердин же жыйындардын алдында аларга отчет берип туруучу аткаруу органдардын болушу мүмкүн. Ж. ө. а. б. элдик бийликтин өзгөчө институту болуп эсептелет. Конститу-

циялык түзүлүштөрү ар түрдүү болгон мамлекеттерде, жада калса бир эле мамлекеттин ичинде анын өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында Ж. ө. а. б. ар түрдүүчө болушу мүмкүн. Ж. ө. а. б-нун өз алдынча башкаруунун уюштуруу формалары, анын органдарынын бийлик-укуктары, ал органдардын укуктарын коргоонун ыкмалары абдан көп түрдүү. Бирок ошентсе да бардыгына бирдей, жалпы баалуулуктар бар. Эң башкысы – бул Ж. ө. а. б-нун жергиликтүү маанидеги иштерди, жарандардын тикелей же шайлоо органдары аркылуу ишке ашыруучу, мыйзамдын чегинде, бирок борбордук башкаруунун кийлигишүүсүз бийлиги. Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 110-беренесинде Ж. ө. а. б. түшүнүгүнө мындайча маани берилген: «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – жергиликтүү жамааттардын жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн ушул Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү. Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында жергиликтүү жамааттар тарабынан жүзөгө ашырылат». Ж. ө. а. б. органдарынын бири-бири менен жана мамлекеттик башкаруу органдары менен болгон мамилелерине ылайык, англосаксондук (англиялык) жана континенталдык (француздук) моделдер жергиликтүү башкаруунун негизги моделдери болуп эсептелет. Англосаксондук моделге ылайык, жергиликтүү өкүлчүлүк органдар өздөрүнө берилген бийлик-укуктардын чегинде өз алдынча иш алып барышат жана төмөнкү органдар жогоркуларга түздөн-түз баш ийишпейт. Ж. ө. а. б. органдарынын ишмердигине «көз салып» туруучу мамлекеттик башкаруу органдарынын ыйгарымдуу өкүлүнөн жергиликтүү деңгээлде жоктугу, өлкөдөгү жүрүп жаткан борбордук жана жергиликтүү деңгээлдердеги саясий процесстердин белгилүү бир деңгээлде биринен-бири бөлүнүп тургандыгы, бул моделдин мүнөздүү белгилеринин бири. Англосаксондук моделге тиешелүү өлкөлөрдө Ж. ө. а. б. бийлигине көзөмөл жүргүзүү кыйыр түрүндө, борбордук министрликтер аркылуу болуп, жергиликтүү бийлик өз укуктарын жана жергиликтүү кызыкчылыктарын сот органдары аркылуу коргоп алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ж. ө. а. б-нун континенталдык моделине ылайык жергиликтүү деңгээлде тикелей мамлекеттик башкаруу Ж. ө. а. б. менен айкалышкан. Континенталдык моделдин алкагындагы өлкөлөрдө мамлекеттик администрациянын өкүлдөрү жергиликтүү өкүлчүлүк бийликтин ишмердигинин үстүнөн көзөмөл жүргүзүү менен бирге, бийликтин ушул, жергиликтүү деңгээлинде бир катар жалпы мамлекеттик мүнөздөгү функцияларды да аткарышат.

ЖЕРДЕШЧИЛИК – локалдуу, жергиликтүү кызыкчылыктарды же артыкчылыктарды камсыз кылууга багытталган, аймактык, мамлекеттик, жалпы улуттук кызыкчылыктарга зыян алып келүүчү ишмердүүлүк.

ЖИБЕК жана ТҮСТҮҮ РЕВОЛЮЦИЯЛАР – классикалык революциялардан айырмаланган «жибек революцияларынын» теориялык принциптери Италия коммунисттик партиясынын негиздөөчүсү жана теоретиги А. Грамши тарабынан 30-ж. эле иштелип чыккан. Анын көз карашы боюнча мындай революциянын эң негизги белгиси коомдун базисин (системасын) эмес, анын саясий мамилелерге, идеологияга, аң-сезимге тиешелүү болгон надстройкасын «жумшак, кансыз жана жарандык согушсуз» өзгөртүү менен бир катар маанилүү реформалар аркылуу тигил же бул өлкөдө системалык өнүгүүгө жетишүү.

А.Грамшинин теориясынын өзөгү бийлик менен жарандык коомдун өз ара келишүүсүнө негизделген «маданияттын гегемондуулугу» деп аталат да, бул келишүү жумшак «жибек революциясы» аркылуу ишке ашырылат.

А.Грамшинин окуусу көптөгөн саясат таануучулар тарабынан улантылып, анын негизгилеринин бири Дж.Шарптын 1993-ж. жарык көрүп, бир нече жолу кайра басылган «От диктатуры к демократии. Концептуальные основы освобождения» деген китеби болуп саналат.

XX к. 2-жарымында «үчүнчү дүйнө» деп аталган өлкөлөрдүн басымдуу көпчүлүгү орто кылымдык мамилелерден заманбап рынокко багыт алган системаларга өтүүгө багыт алышты. Постсоветтик республикалар болсо советтик-тоталитардык алкактан бошонуп, эгемендүүлүк алуу менен демократиялуу өнүгүү жолуна түшүштү. Бул процесстер соңку жаңы тарыхта «жибек жана түстүү революциялар» деп аталып келе жатат.

«Жибек революциясынын» түпкү мааниси – өлкөнүн өтө активдүү чакан азчылыгынын коллективдүү аракети менен мурунку тоталитардык режимдердин, анын ичинде коммунисттик режимдин революция жасагандардын пайдасына «жумшак», «жеңил» (бул түшүнүк «жибек сымал» деген түшүнүктү берет) өткөрүп берүүсүнө байланышкан.

СССРдин ыдырашы болжол менен XX к. 70-ж. башталып, ал жараян СССРдин кулашы менен 90-ж. башында аяктаган. Бул доор жалпысынан «жибек революциялары» деп аталган процесстин алкагында жүргөн.

«Жибек революцияларынын» толук ишке ашпай калышынан, анын максат-милдеттерине жетүү үчүн күрөш уланып, «жибек революциясынын перманенттик өнүгүүсүнө» алып келет да, жаңы этаптагы саясий революциялык акт катары «түстүү революциялар» жаралат. Бул теориялык жобо акыркы мезгилдеги бир катар окумуштуулар тарабынан иштелип чыккан. 2003–2005-жж. Грузиядагы «роза», Украинада «малакай» жана Кыргызстандагы «жоогазын» аталган «түстүү революциялар» анын конкреттүү мисалдары болуп саналышат.

СССРди жана социалисттик лагерди ыдыратуу жана андан ары кулатуу үчүн АКШ баш болгон империалисттик мамлекеттер «түстүү революцияларды» жакшы колдоно алышты. Айрыкча АКШ каржылаган бир катар эл аралык уюмдар «адам укугун коргоо, Батыштын баалуулуктары катары эсептелген модернизацияланган либералдык демократияны орнотуу» деген шылтоо менен постсоветтик өлкөлөрдү өз таасирине тартуу үчүн «түстүү революциялардын» өтүшүнө зор көңүл буруп келген. Муну да көңүлгө алып коюу керек.

1980-ж. акырында жана 1990-ж. башында постсоветтик республикалар «жибек революциясынын» принциптери менен советтик-тоталитардык системадан бошонуп, эгемендүүлүк алуу менен заманбап рынок шарттарына негизделген коомго багыт алышса, алардын кай бирлери, мис., Грузия, Украина жана Кыргызстан сыяктуу республикалар «түстүү революциялардын» негизинде авторитаризмден кутулуп, толук кандуу эркин мамлекеттик системаны курууга аракет кыла баштаган.

«Жибек революциялары» менен «түстүү революциялардын» айырмачылыгы.

Саясат таануучулардын бир катары булар эки башка революция деп санашат. Басымдуу көпчүлүгү бул экөө тең «жибек революциялардын» алкагында турат деп эсептешет. Болгону «түстүү революция» азыркы кай бир заманбап өлкөлөрдө бир топ айырмачылыктары менен ишке ашкан «жибек революцияларынын» сапаттык жаңы баскычы катары кабыл алынган.

«Жибек революциялары»

- Жарандык согуштун жоктугу
- Таптык күрөштүн жоктугу
- Кансыздыгы
- Салыштырмалуу тынчтыгы менен айырмаланышат.

Жыйынтыгы – коомдук жана социалдык-экономикалык жактан системалык өзгөрүүгө багытталып, жаңы, заманбап коомдук жашоону баштоо. (Башкача айтканда жогору жакта айтылгандай «үчүнчү дүйнө» деп аталган өлкөлөрдүн орто кылымдык мамилелерден, ал эми социалисттик деп аталган өлкөлөрдүн советтик-тоталитардык алкактан бошонуп заманбап рынокко, демократиялык коомго багыт алышы, жаңы коомдук системага өтүшү.)

Соңку доордун тарыхында Евразия континентинде болуп өткөн саясий окуялар, мис., 1981–83-жж. Польшадагы «Солидарность» уюму тарабынан уюштурулган окуялар, 1989-ж. болуп өткөн Чыгыш Европадагы бир катар социалисттик мамлекеттердеги (Румыния, Венгрия, Болгария ж.б.) «революциялар», 2000-ж. Сербияда Милошевичтин режиминин кулашы, ж.б. окуялар, ошондой эле мурунку совет өлкөсүнүн ыдыроосунун негизинде ар түрдүү ыкма жана жолдор аркылуу постсоветтик эгемендүү республикалардын түзүлүшү, анын ичинде Кыргыз Республикасынын уюштурулу-

шу «жибек революцияларынын» мисалы болоалат.

«Түстүү революциялар» болсо
- Жибек революцияларынын» жаңы этабы
- Жарандык согушсуз.
- Таптык күрөшсүз.
- Салыштырмалуу кансыз.
- Өлкөнүн калкынын «оппозицияда» турган белгилүү тобу тарабынан уюштурулуп, же колдоо таап жасалгандыгы.
- Тышкы фактордун таасиринин күчтүүлүгү (Мис., АКШ, РФ)

Жыйынтыгы – бийликтин жөн гана алмашуусу эмес, мамлекеттик системанын легитимдүүлүгүн жана анын геосаясаттык багыттарын принципиалдуу өзгөртө алгандыгы.

Мис., 2003-ж. Грузиядагы «роза революциясы», 2004-ж. Украинадагы «апельсин же малакай түстүү революциясы», 2005-ж. Кыргызстандагы «жоогазын революциясы» эсептелишет.

Бул жерде кыргыз «түстүү революцияларынын (2005, 2010)» Грузия жана Украинага караганда бир катар өзгөчөлүктөрү да бар.

ЖИХАД (араб. – аракет кылуу). Жихад, чоң жана кичи болуп экиге бөлүнөт. Биринчиси чоң жихад: бул адамда болгон напси (эго) менен күрөшүү, ички каалоолорду жеңүү. Экинчиси кичи жихад: бул газават, казат же мусулман элин, жерин сырттан келген кайры диндерден коргоо же дин жолунда согушуу дегенди билдирет. Совет бийлиги жаңыдан орногондо жергиликтүү мусулман диний аалымдар тарабынан ага каршы «ыйык согуш» – Ж. жарыяланган. Кичи Ж. идеясы азыркы мезгилде ислам динине жамынган террорист, экстремисттер тарабынан ашынган фанатизмди күчөтүү, мусулмандарды ислам дини аркылуу бириктирүү, душмандарга каршы күрөш ураан катары пайдаланылып келет.

ЖОГОРКУ КЕҢЕШ – Кыргыз Республикасынын Парламенти. Кыргыз Республикасынын Ж.К-нин тарыхын үч баскычка бөлүп карасак болот:

Биринчи баскыч – 1990–1994-жж. «автономдуу», легендарлуу парламент.

Экинчи баскыч – 1995–2010-жж. президенттик бийликтен «толук көз каранды» парламент.

Үчүнчү баскыч – 2010-ж. бери карай – мамлекетти башкаруунун парламенттик республика формасын жана парламентаризмди калыптандыруу баскычы.

Өткөн тарыхыбызга кайрыла турган болсок, дүйнөнүн башка элдери сыяктуу эле кыргыз коомчулугунда да парламентаризмдин башаттары байыртан эле жашап, курултайлар менен элдик жыйындар чоң мааниге ээ болуп келген. Ошондуктан, «Курултай», «Элдик жыйын», «Аксакалдар кеңеши» сыяктуу түшүнүктөр элдик башкаруунун формалары катары кыргыздардын каада-салтында азыркы мезгилге чейин сакталып калган. Түрк элдеринин түпкү теги – байыркы «төбөсү бийик калпак кийишкен көчмөн сактардын» мезгилинде, андан кийин көчмөн уруулар бирикмеси – хуннуларда (тарыхта «гуннидар» деген ат менен калган) жана анын курамына кирген кыргыздарда, окумуштуулардын пикирине караганда, көчмөн рухка таянган аскердик демократиянын элементтери болгон.

Ал эми IX–X кк. кыргыздар ордосу Эне-Сай дарыясынын жана Миң-Суу өрөөнүнүн чөлкөмүндө орун алган күчтүү кагандыкты түзгөн. Аны окумуштуу В.В. Бартольд «Улуу кыргыз дөөлөтү» деп атаган. Бул мезгилде уруу башчыларынан турган *Аксакалдар кеңеши* каган алдындагы кеп-кеңеш берүүчү органдын милдетин аткарган. Кийинки мезгилдерде, өздөрүнүн мамлекеттүүлүгүн жоготуп алгандыгына карабастан, кыргыздар улуттун, журттун тагдырын чечүүчү маселелерди караганда дайыма эл өкүлдөрүнүн катышуусу менен, демократиянын негизги элементтерин колдонуп келишкен.

Кыргыздардын XIX к. орто ченинен баштап Орусия падышачылыгынын курамына каратылышы менен, кыргыз коомунун жашоосуна орус мыйзамдары киргизилип, жаңы административдик-аймактык бөлүнүү системасы орнотулган. Падышалык Орусия 1905-ж. 6-августта өзүнүн алгачкы парламенти болгон Мамлекеттик Думаны түзүп, колониялык аймактардагы элдерди мамлекеттик башкарууга азыноолак тартууга аракет кылганы менен,

кыргыздар ал мезгилдеги парламент ишине аралашып, ар кандай мамлекеттик маанидеги чечимдерди кабыл алууга түздөн-түз катыша алган эмес. 1912-ж. ноябрынан 1917-ж. февралына чейин иштеген падышалык Орусиянын Мамлекеттик Думасынын IV чакырылышындагы 442 депутаттын бири катары Жетисуу облусунан өкүл болуп Пржевальск оёздугундагы болуштардын бири – Кыдыр-аке Байсары уулу шайланган. Ал эми оёздук жана болуштук деңгээлдерде дээрлик бардык чоң жана кичине маселелер толугу менен аткаруу бийлик өкүлдөрү тарабынан чечилип, эл өкүлдөрү чечим кабыл алуу процессинен четтетилип, мурунку замандарда колдонулуп келген «Курултай», «Элдик жыйын», «Аксакалдар кеңеши» сыяктуу демократиянын формалары пайдаланылган эмес.

1917-ж. Октябрь революциясынан кийин парламенттин милдетин мамлекеттик бийликти өз колдоруна алышкан жумушчу-дыйкандар депутаттарынын кеңеши аткара баштаган. 1924-ж. 21-октябрда Кара-Кыргыз автономиялуу облусунун баардык бийлик бутактарынын милдетин аралаш аткарган Революциялык комитет (Ревком) түзүлүп, анын башында Иманалы Айдарбеков болгон. Ал эми Борбордук аткаруу комитети (БАК) 1925-ж. 27-мартында түзүлүп, анын төрагалыгына Абдыкадыр Орозбеков шайланган. Борбордук аткаруу комитетинин сессиялары жана анын президиуму республика аймагындагы бардык бийлик органдары үчүн аткарууга милдеттүү күчкө ээ болгон токтомдор менен резолюцияларды кабыл алган. Ал эми мыйзамдарды кабыл алуу андан жогору турган борбордук органдардын гана ыйгарым укуктарына кирген.

1936-ж. Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы түзүлгөндүгүнө байланыштуу кыргыз парламентинин милдетин, 1937-ж. кабыл алынган Кыргыз ССРинин Конституциясына ылайык, 1938-ж. 18-июлунан тарта иштей баштаган, тикелей шайланган, бир палаталуу Кыргыз ССР Жогорку Совети аткарып (анын алгачкы төрагалыгына мурдагы жумушчу Асаналы Толубаев шайланган), ал 1994-ж. 13-сентябрда А.Акаев тарабынан таркатылган.

Ж.К-тин тарыхынын биринчи баскычы – 1990–1994-жж. – «автономдуу», легендарлуу парламент. 1990-ж. СССРдин курамындагы союздук жана автономиялык республикаларды эгемендештирүүнүн жылы катары, эгемендүүлүк жөнүндөгү декларациялардын парадынын жылы катары, улуттук жана саясий эркиндиктер үчүн ачыктан-ачык күрөштүн жылы катары тарыхта калган. Улуттардын тарыхый тагдырын чечкен, дүйнөлүк өнүгүүнүн нугун бурган бул тарыхый окуялар СССРде 1985-ж. башталган кайра куруу жана айкындуулук саясатынын логикалык ой-бүтүмүн камтыган белестүү жыйынтыктарынан болгон. 1990-ж. Кыргызстанда, бардык башка союздук республикалардагы сыяктуу эле, кезектеги парламенттик шайлоолор менен башталган.

Кыргыз ССРинин он экинчи, акыркы жолку чакырылышындагы Жогорку Советине депутаттарды шайлоолор 1990-ж. 25-февралда, ал эми экинчи туру 11-мартта болгон. Кыргыз ССРинин 1977-ж. кабыл алынган Конституциясына ылайык Жогорку Совет 350 депутаттан турган. Депутаттарды шайлоолор бир мандаттуу округдарда, шайлоолордун мажоритардык системасына ылайык жүргүзүлгөн. Республиканын территориясы шайлоочуларынын саны боложол менен бирдей болгон 350 даана шайлоо округдарына бөлүнгөн. Ар бир шайлоо округунда, орточо санын алганда, 5-7 миңден шайлоочулар болгон.

Жогорку Советтеги 350 депутаттык орунга 875 талапкер катталып, ат салышуу кадимкидей эле ачыктан-ачык таймашуу менен өткөн. Ал кезде талапкерлердин дээрлик көпчүлүгү коммунистер болушкан, антпесе депутат болуш мүмкүн эмес эле. Бирок, бул жолу күрөш ошол коммунисттердин арасында болду да. Бир мисал келтирели. Ак-Талаа райкомунун 1-катчысы К.Кадыралиев менен райаткомдун төрагасы Д.Берикбаев Жогорку Советтин депутаттыгына бир шайлоо округунан атаандаш катары чыгышат. Обкомдун 1-катчысы Ж.Аманбаевдин кысымына карабастан, буга чейинки калыптанып калган 1-катчылар шайланып келген эрежени бузуп, Д.Берикбаев депутаттыкка шайланган. Республика боюнча мындай көрүнүштөр көп болбосо да бул факт саясий жаңы чыйырдын башталганынан, эң алыскы район экендигине карабастан элдин партияга карата ишениминин

кете баштаганынан, улуттук ан-сезимдин өзгөрүшүнөн, негизги баалуулуктардын алмаша башташынан кабар берген окуялардан болгон.

Совет мезгилинде, административдик-командалык система үстөмдүк кылып турган партократия шарттарында шайланган Кыргыз ССРинин он экинчи чакырылышындагы Жогорку Совети тагдыр чечүүчү окуяларга жык толгон, миң жылда бир кайталанчу, укмуштуудай кызыктуу жана жоопкерчиликтүү ишмердикти башынан кечирген. Ал өзү жаралган коммунисттик дүйнөнү танып, марксизм-ленинизмдин сормо сазынан суурулуп чыгып, «империализмге өлүм» деген сыяктуу акыр-чикирлерден тазаланып, жаңы коомдун саясий-экономикалык жана укуктук негиздерин түзүп, демократиялык жол менен өнүгүүгө багыт берген, жеке менчик мамилелерине, экономикадагы базар мамилелерине жан киргизген.

Дал ушул Жогорку Совет тунгуч *президентти* шайлаган, Кыргыз мамлекетинин аталышын өзгөрткөн, мамлекетти башкаруунун жаңы моделин түзгөн, эгемендүүлүк жана көз карандысыздык декларацияларын кабыл алып, аларды бүт дүйнөгө жар салган. Курамынын 90%дан ашыгы коммунисттик партиянын мүчөлөрү болсо дагы, ушул Жогорку Совет, 1991-ж. 31-августта, өзүнүн кезексиз чакырылган 6-сессиясында, «Кыргызстан Коммунисттик партиясынын ишмердиги жана мүлкү жөнүндө» токтом кабыл алып, ага ылайык, Кыргызстан Коммунисттик партиясы жоюлуп, ага тиешелүү мүлк улутташтырылган. Бул тарыхый кадам Жогорку Советтин өзүн-өзү таңганга тете окуя болгон. Тарыхый чечимдерди кабыл алгандыгы үчүн бул парламент ошол мезгилде эле татыктуу түрдө «легендарлуу парламент» деген атка конгон.

Жогорку Совет, өз ишинин сессиялык мүнөзүнө карабай (алар жылына эки гана жолу – жазгы жана күзгү жыйындарга чогулушкан, азыркыдай жыл бою туруктуу иштешчү эмес, депутаттык маяна да каралган эмес, акчалай чыгымдары жокко эсе болгон) 1990-ж. апрелинен 1994-ж. сентябрына чейинки ишмердигинде пайдубалы жаңыдан түптолүп жаткан Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн ички жана тышкы жашоо чөйрөлөрүн толук камтыган, мамлекеттик организмдин кан тамырларынын үзгүлтүксүз согуп турушун камсыз кылган, формасы жагынан да, мазмуну жагынан да, улуттук тажрыйбада буга чейин кездешпеген 256 мыйзамдарды жана 708 токтомдорду кабыл алган.

1993-ж. чейин эле А.Акаев тарабынан пайдубалы абдан бекем түптолуп калган авторитардык бийлик режимине түп-тамырынан бери каршы келген, президенттин бийлик-укуктарын кескин чектеген, нукура демократиялык, кыргыз коомчулугу тарабынан да, дүйнөлүк эксперттер тарабынан да кызуу колдоого алынган Конституцияны 1993-ж. 5-майда кабыл алуу менен Жогорку Совет өзүн-өзү эми экинчи жолу танган. Ошентип, диалектиканын танууну тануу мыйзамына ылайык өнүгүү, өсүү жана жаңы сапатка жетүү процесси толугу менен ишке ашып, эми парламенттин аты да өзгөрүп, ошондон баштап Ж.К. – деп атала баштаган.

Буга чейин Жогорку Советтин жетекчилиги менен алдын-ала тымызын макулдашып алып, депутаттык топтордун айрым бир принципсиз лидерлери менен ич ара ымала түзүп алып, өзүнүн авторитардык бийлигин бекемдөөчү мыйзам, токтомдорду кабыл алдырып, парламенттеги «көпчүлүктүн» ар тараптуу колдоолорго ээ болуп келген президент А.Акаев 1993-ж. 5-майда «кендирди кескен», бийлигин чектеген, демократиялык жаңы Конституцияны кабыл алган легендарлуу Жогорку Советти эч качан кечирген эмес.

Өзүнүн авторитардык бийлигин сактап калууну жана бекемдөөнү максат кылган президент А.Акаевдин мындан аркы иш планында ага мурдагыдай «баш ийбеген» Ж.К-ке да, ал кабыл алган демократиялык Конституцияга да орун жок болгон. Айтканын айткандай аткарып келген Ж.К-тин төрагасы М.Шеримкуловдун да эми А.Акаевге кереги жок болуп калган. «1991-ж. 31-августта мыйзамга туура келбей турса дагы А.Акаевдин талапкерлигин президенттикке көрсөтүү тууралуу Жогорку Советтин токтомун чыгарып, мен туура эмес иш кылган экемин», – деп М.Шеримкулов ошондо ээгин кесе тиштегендир, балким, оюна дагы

биз билбеген, ал экөө гана билген көп нерселер чубуруп келгендир. А.Акаевдик авторитардык саясий режимдин пайдубалынын курулушуна М.Шеримкуловдун кошкон салымы чоң болгон. Эми «ак көңүл, элпек» М.Шеримкулов реалдуу жагдайды түшүнгөндөй болгон, ошондон улам анын оппозициялык ишмердиги башталган. Бирок, өлкөнүн тагдыры үчүн кеч болуп калган. Бул мезгилде А.Акаев «баралына келип, балтыр эти толуп дегендей, бала ажыдаарга окшоп», бет алган жагын оп тартканга жарап калган күчтүү авторитардык лидер болуп калган эле.

1993-ж. 5-майда кабыл алынган жаңы Конституция толук кандуу иштеп баштаганда коомдун саясий системасынын институттарын өзгөртмөк, мамлекеттик башкаруунун жаңы моделин киргизмек, Президенттин бийлигин кайрадан бөлүштүрүү жолу менен Ж.К-тин да, Өкмөттүн да бийлик-укуктарынын көлөмүн көбөйтмөк, эми парламент 350 эмес 105 депутаттан туруп калмак, ошондуктан, ал кабыл алынаары менен эле президент да, Ж.К. да чукул шайлоолорго барышы керек болмок. Бирок, Конституциянын ушул жана башка прогрессивдүү жоболорунун бири да аткарылган эмес.

1993-ж. аяктап калган кезде, А.Акаевдин Конституцияны өзгөртүү боюнча «көп тараптуу планынын» даярдыгы бүткөн кезде, «дежур чалдар» – президент А.Акаевдин легитимдүүлүгү жетишсиз – дешип, теле-радиодон түшүшпөй, гезиттерге байма-бай жазып чыгышкан. Саясий маанилүү ишти аткараар алдында, А.Акаев, коомдук пикирди шайма-шай кылып даярдап коюп, иштин жыйынтыгын эле күтүп калчу ыкмасы бар болгон. Бу жолу да ушундай кылган. 1994-ж. 30-январда өткөрүлгөн референдумдун жыйынтыгында, катышкан добуш берүүчүлөрдүн 96,36%ын алып (совет бийлиги мезгилиндеги шайлоолорду элестетет), А.Акаев өзүнүн президенттик бийлик-укуктарын мыйзамдаштырып алган.

Жаңы Конституциянын талаптарына ылайык чукул парламенттик шайлоону өткөрүү А.Акаевдин максаттарына төп келбеген иш болгон. Анын оюндагы план боюнча, биринчи кезекте, Конституцияны өзгөртүү керек эле. Бирок, «конституцияны сөзсүз өзгөртүү керек кырдаалын» жаратып, анан аны бышырып, жетилтиш үчүн убакыт керек болгон. Ошондуктан, Ж.К-тин депутаттарынын аткаруу жана сот бийлиги органдарында иштеген бөлүгү, соцреализмдин сормо сазынан баштары көрүнгөн, чириген интеллигенцияга тиешелүү бөлүгү, Акаевдик «акырдан жем жеп» калган жана ушундай келечектен үмүтү бар бөлүгү ушундай «кырдаалды» жаратуунун жана жетилтүүнүн «эмгеги сиңген» кыймылдаткыч күчтөрү болуп чыга келишкен.

Мына ушул күчтөр, башында, 1993-ж. 5-майдан кийин чукул шайлоого барбайбыз, Ж.К. өз мөөнөтүнүн аягына чейин иштеши керек дешсе, эми А.Акаевдин авторитардык пландары бышып жетилгенден кийин, 1994-ж. сентябрда, ушул эле күчтөр, Ж.К-тин сессиянын ишине катышуудан биргелешип баш тартышкан. Парламенттик кризис «кырдаалы» түзүлгөн. Мындай «ордо оюндарды» жогорку деңгээлде уюштура билген, Акаевге жана анын үй-бүлөсүнө «эмгеги сиңген» сценаристтер менен режиссёрлор да бар болгон анда.

Ж.К-тин 50, 51 жана 29 депутаттан турган үч чоң тобунун «Парламентке ишеним болбой калды» деген ат менен Кыргызстандын элине, президент А.Акаевге жана Ж.К-ке кайрылуулары «Кыргыз Туусу» гезитинин 1994-ж. 3-сентябрдагы санына басылып чыккан. Анда «Парламент иш жүзүндө мыйзам чыгаруучу орган болуудан калды. Өзүлөрү өзүлөрүн «легендарлуу жана тарыхый» деп аташып, парламенттин айрым мүчөлөрү өз адепсиздиги жана маанисиз келжиреген сөздөрү менен биздин элибиздин көз алдында күлкү болушкан. Мына ушунун баары Ата Мекендин талаптары кымбат болгон бизди, эл депутаттарын Ж.К-тин ишине, анын сессиясына мындан ары катышуудан баш тартууга мажбурлады», – деп айтылган.

1994-ж. 6-сентябрда А.Жумагулов жетектеген өкмөттүн билдирүүсү чыгып, анда депутаттар тобунун Ж.К-тин сессиясына катышуудан баш тарта тургандыгын билдирген кайрылуусунан кийин өкмөттүн толук курамы менен отставкага кетишин кабыл алууну өтүнгөн. Бул өтүнүчтү кабыл алган президенттин жарлыгы 1994-ж. 5-сентябрында жарыяланган.

1994-ж. башынан тарта кызуу жүрүп жаткан алтын маселесинин тегерегиндеги, өкмөттүн айрым өкүлдөрүнүн коррупцияга малынышынын тегерегиндеги узакка созулган тажатма талкуулар А.Акаев жана анын кошоматчылары тарабынан убакытты утуудагы, максатка ылайык «кырдаалды» түзүүдөгү оңдой-берди механизмдер катары гана пайдаланылган.

Демократиялык Кыргызстанды курууга эбегейсиз чоң салым кошкон, тарыхтын өткөөл мезгилиндеги өтө кыйын шарттарда абийирдүүлүк менен үзүрлүү иштеген легендарлуу Ж.К-тин (парламенттин) ишмердигинин аягы аянычтуу болуп бүткөн. 1994-ж. 13-сентябрга белгиленген Ж.К-тин кезектеги жыйынына тизмедеги 323 депутаттын 162си, теңинен көбү келбей коюшкан. Булар аткаруу бийлигинде иштешкен же башка бир себептерден улам бийликтен көз каранды болгон депутаттар эле.

Алардын ар бирин президенттик администрациянын бөлүмдөрүнө чакыртышып, бул Акаевдин жеке суранычы дешип, өз ыктыяры менен депутаттык мандаттан баш тартуусу жөнүндөгү арыздарын жаздыртып алышканын бүгүнкү күндө алар өздөрү ачыктан ачык эле айтып жүрүшөт. Ж.К-тин өзүн-өзү таркатуусу мына ушундайча болгон.

Ал эми жыйынга келишкен демократиялык азчылыкты түзүшкөн депутаттар кворумдун жоктугунан иштерин уланта алышпай, ушул 1994-ж. аягына чейин кезексиз парламенттик шайлоону өткөрүү өтүнүчү менен өлкөнүн президентине кайрылуу жасашкан.

Албетте, президент Акаевдин пландары башка – конституцияны өзгөртүү эле да, ал демократ депутаттар менен коомчулук күткөндөй чукул парламенттик шайлоону жарыя кылган жок. Анын ордуна, бир айдан кийин, 1994-ж. 22-октябрга белгиленген жергиликтүү кеңештерге шайлоолордун добуш берүү бюллетендерине Акаев өзүнүн 1994-ж. 21-сентябрдагы жарлыгы менен кошумча эки суроону кошкон.

1) Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөр жана толуктоолор, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана мамлекеттик турмуштун башка маанилүү маселелери референдумга (бүткүл элдик добуш берүүгө) коюлушу мүмкүн.

Жооп: Ооба. Жок.

2) Кыргыз Республикасында мыйзам чыгаруу бийлигин Ж.К. жүзөгө ашырат, ал төмөнкүдөй эки палатадан турат:

Туруктуу иштөөчү жана республиканын бүткүл калкынын таламдарын билдирүү үчүн шайлануучу 35 депутаттын курамындагы Мыйзам чыгаруучу жыйын;

Сессиялык жол менен иштөөчү жана аймактык таламдарды билдирүү үчүн шайлануучу 70 депутаттын курамындагы Эл өкүлдөр жыйыны.

Жооп: Ооба. Жок.

1994-ж. 22-октябрдагы референдумга добуш берүүчүлөрдүн жалпы санынын 86,71%ы катышып, анын ичинен 85,15%ы «Ооба» деп жооп бергендиктери тууралуу акаевдик-авторитардык-административдик ресурс «салтанаттуу» рапорт берген.

Эми бул эки палатадан турган Ж.К-тин депутаттары кандай тартип менен шайланышат, бийлик-укуктар эки палатанын ортосунда кандайча бөлүнөт... деген сыяктуу коомчулуктун мээсин ачыткан, жайнаган суроолор пайда болгон. Бирок бул суроолорго бийлик тарабынан жооп болгон эмес. А.Акаев тарабынан бул жоо- сунсуз жорук болгон, Конституцияны тебелегендик эле, шайлоочуларды, жалпы эле Кыргызстан калкын шылдыңдагандык, мазактагандык менен барабар болгон. Максатка жетүүнү көптөгөн жолдору болот эмеспи, А.Акаев болсо өзүнүн авторитардык бийлигин бекемдөө үчүн орой, адилетсиз жана ачык эле көк беттик жолду тандап алган жана аны ушундайча ишке ашырган.

Ошентип, 1994-ж. 22-октябрда референдум аркылуу Конституцияга эки палаталуу Ж.К. жөнүндөгү алгачкы өзгөртүүлөрдүн киргизилиши менен Кыргыз парламентинин тарыхынын «автономдуу, легендарлуу» баскычы бүтүп, мындан ары анын мамлекеттик бийликтин алсыз бутагы катары, президенттик жана аткаруу бийликтеринен көз каранды парламент катары өнүгүү баскычы башталган.

Ж.К-тин тарыхынын экинчи баскычы – 1995–2010-жж. – президенттик бийликтен «толук көз каранды» парламент. Бул жылдары Ж.К-ке 3 жолу (1995-ж.; 2000-ж.; 2007-ж.) шайлоолор болуп, парламент 2 жолу (2007-ж.; 2010-ж.) мөөнөтүнөн мурда таркатылган. Ушунун өзү эле Кыргызстандагы авторитаризмге каршы күрөштүн курч мүнөздө болгонунан кабар берет. Мамлекеттик жогорку саясий бийликтин 2 жолу (2005-ж. 24-март; 2010-ж. 7-апрель) күч колдонуу менен алмашылышы, 2 президенттин өлкөдөн качууга мажбур болушу, Кыргыз парламентинин соңку жаңы тарыхынын экинчи баскычына мүнөздүү тарыхый окуялар болуп эсептелет.

Коомдун *саясий системасынын* бардык институттарын демократиялаштыруу, мамлекеттик мүлктү жеке менчикке жана экономиканы базар мамилелерине өткөрүү боюнча зарыл болгон укуктук-нормативдик базаны сессиялык тартипте иштеген легендарлуу Жогорку Совет жүздөгөн мыйзамдарды кыска убакытта кабыл алуу жолу менен чечип бергенине карабастан 1995-ж. кийинки Кыргыз парламентинин депутаттары туруктуу негизде, кабинеттерде отурушуп, кызмат унаасын минишип, айлык маяна алышып иштеп башташкан. Мурункуга салыштырганда депутаттар үчүн түзүлгөн мындай артыкчылык шарттар аларды мыйзам чыгаруу ишмердигинде эркин жана көз карандысыз кылгандын ордуна, тескерисинче, жеке кызыкчылыктарын биринчи кезекке коюп, ар кандай саясий кырдаалдарга ыңгайлашып, алардын ишмердигиндеги саясий конформизмдин күчөшүнө алып келген.

Биринчи чакырылыштагы Ж.К. – Кыргыз Республикасынын 1994-ж. 22-октябрдагы киргизилген өзгөртүүлөрдөн кийинки Конституциясына ылайык, 1995–2000-жж. аралыгында Кыргызстанда курамы бир мандаттуу, абсолюттук көпчүлүктүү мажоритардык тутумунун негизинде шайланган депутаттардан турган эки палаталуу – 35 депутаттан турган Мыйзам чыгаруу жыйынынан жана 70 депутаттык оруну бар Эл өкүлдөр жыйынынан турган – Ж.К-тин алгачкы чакырылышы иштеп турган.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 54-беренесине ылайык, Ж.К. – өлкөнүн мыйзам чыгаруу бийлигин жүргүзүүчү, ошондой эле көзөмөл иш милдетин аткаруучу жогорку өкүлчүлүк органы болуп саналган. Ж.К-тин курамдык саны 105 депутаттан туруп, алардын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү 5 жылга белгиленген.

Туруктуу жана кесипкөйлүк негизде иштеген Мыйзам чыгаруу жыйынынын курамына 35 депутат кирген. Ал эми сессиялык негизде иш жүргүзгөн Эл өкүлдөр жыйынынын курамы 70 депутаттан турган. Эки палатанын тең депутаттары жалпыга бирдей шайлоо укуктарынын негизинде бир мандаттуу мажоритардык округдардан шайланып келишкен. Республиканын территориясы шайлоочуларынын саны болжол менен бирдей санда болгон 70 шайлоо округуна бөлүнүп, ар бир округдан Эл өкүлдөр жыйынынын курамына бирден депутат, ал эми эки шайлоо округу биригип Мыйзам чыгаруу жыйынынын курамына бирден депутат шайлашкан. Эки палаталуу парламентке депутаттарды шайлоонун мындай тартиби дүйнөлүк практикада сейрек кездешет. Эки палаталуу кыргыз парламентинин дүйнөнүн башка парламенттеринен айырмасы да, кемчилиги да мына ушунда болгон.

Туруктуу негизде иштеген Мыйзам чыгаруу жыйынынын курамына шайланып келишкен 33 депутат 22 комитетте иш алып барышкан. Көрүнүп тургандай комитеттердин саны депутаттардын санына жакындап барган, албетте бул өтө эле көп комитеттер болгондугунан кабар берет. Жалпы депутаттардын орточо курагы 52,4 жашты түзүп, Ж.К-тин эгемен мезгилиндеги тарыхына орточо жаш жагынан эң улуу чакырылыш катары кирген. Эл өкүлдөр жыйынынын төрагалары – спикерлери А.М. Матубраимов (1995-ж. 28-мартынан – 1997-ж. 26-ноябрына чейин) жана А.Э. Эркебаев (1997-ж. 26-ноябрынан – 2000-ж. 14-апрелине чейин) болушкан. Ал эми Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагалары – спикерлери болуп М.Ш. Чолпонбаев (1995-ж. 29-мартынан – 1996-ж. 15-ноябрына чейин) жана У.М. Мукамбаев (1996-ж. 15-ноябрынан – 2000-ж. 14-апрелине чейин) иштешкен.

АКШ парламентинин сенаттар палатасы өлкөнүн ар бир штатынан, алардын калкынын санындагы чоң айырмачылыктарга карабастан, шайланган экиден сенатордон түзүлөт. Орусия менен Германияда деле ушул принцип сакта-

лат. Булар федеративдүү мамлекеттер. Ал эми Кыргызстан сыяктуу унитардык мамлекеттердеги эки палаталуу парламенттердин түзүлүү принциптерин карап көрөлү. Биздин жакын кошуналарыбыздын тажрыйбасына кайрылалык: Өзбекстандын парламенти да эки палатадан – Олий мажлис жана сенаттан (эл өкүлдөр палатасы) турат. Сенаттын депутаттары мажоритардык тутумдагы округдардан шайланбайт. Өлкөдөгү 12 облус, Ташкент жана Каракалпак автономиясы, аларда катталган шайлоочулардын санына карабастан, алар сенатка алтыдан өкүл жиберишет. Казакстандын сенаты да ушундай эле тартипте куралат.

1995-ж. февралда болуп өткөн эки палаталуу Ж.К-ке депутаттарды шайлоо бул палаталардын бийлик-укуктарын мыйзамдуу түрдө тактабай туруп өткөрүлгөн. 1991-ж. 12-октябрдагы биринчи президенттик шайлоодо да президентти шайлоо жөнүндөгү мыйзам жарыя боло электе эле, 1991-ж. 31-августтунда Жогорку Совет тарабынан А.Акаевдин талапкерлигин президенттикке көрсөтүү боюнча токтом кабыл алынып, жыйынтыгында альтернативасыз шайлоо өткөрүлгөн. Эми минтип эгемендиктин шартындагы биринчи парламенттик шайлоо да А.Акаев тарабынан депутаттыкка талапкерлерди да, шайлоочуларды да сыйлабагандык, жалаң гана жеке кызыкчылыкты ишке ашыруу маанайында өткөрүлгөн. Мыйзам чыгаруу жыйынына депуттарды шайлоо округдарындагы шайлоочулардын саны Эл өкүлдөр жыйынынын округдарына салыштырганда, орто эсеп менен, эки эсе көп болгондугуна байланыштуу, талапкерлер да, шайлоочулар да Мыйзам чыгаруу жыйынын бийлик-укуктары көп болууга тийиш деп ойлошкон. Бирок, иш жүзүндө андай болгон эмес.

Шайланып келген депутаттар, кесипкөй иш алып баруунун ордуна, бир жыл бою, 1996-ж. февраль референдумуна чейин, жалаң гана эки палатанын ортосунда бийлик-укуктарды бөлүштүрүү талаш-тартыштары менен алек болгон. А.Акаевдин режимине оппозициялык маанайдагы депутаттардын *Мыйзам чыгаруу жыйынында* басымдуу болгонунан улам, референдум *Эл өкүлдөр жыйынынына* реалдуу укуктарды көбүрөөк ыйгарган.

1996-ж. 10-февралда республикада референдум өткөрүлүп, *Кыргыз Республикасынын Конституциясына* өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Ага ылайык Кыргыз Республикасы башкаруунун парламенттик формасынан президенттик башкарууга өткөн. *Президентке* кеңири укуктар берилген. Президент өкмөттүн түзүмүн аныктап, Эл өкүлдөр жыйынынын макулдугу менен республиканын премьер-министрин дайындаган, ал эми премьер-министрдин сунушу боюнча өкмөттүн мүчөлөрүн, Эл өкүлдөр жыйынынын макулдугу менен Кыргызстандын башкы прокурорун, республиканын улуттук банкынын башкармасынын төрагасын дайындаган.

Мыйзам чыгаруу жыйыны Кыргыз Республикасынын Конституциясында белгиленген тартипте республиканын Конституциясына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизген, өлкөнүн эл аралык келишимдерин ратификациялаган, аскер наамдарын, дипломатиялык даражаларды жана башка атайын наамдарды белгилеп, шайлоо жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын төрагасы менен мүчөлөрүнүн үчтөн бирин шайлаган ж.б.

Эл өкүлдөр жыйыны республиканын Конституциясында белгиленген тартипте Кыргызстандын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизген. Мыйзам чыгаруу жыйыны кабыл алган мыйзамдарды Конституцияда белгиленген мөөнөттө талкуулап, республикалык бюджетти жана анын аткарылышы боюнча отчетту бекиткен, өлкөнүн чек арасын өзгөртө алган, президентти шайлоо мөөнөтүн белгилеген. Кыргыз Республиканын премьер-министрин дайындоого, Республиканын башкы прокурорун, улуттук банктын башкармасынын төрагасын дайындоого макулдук берген, өзгөчө абалды киргизүү, согуш абалын жарыялоо сыяктуу президенттин жарлыгын бекиткен же алып салган, бюджеттин аткарылышы боюнча өкмөттүн отчётун уккан ж.б.

Ж.К-тин эки палатасы өздөрүнүн энергиясын жана убактысын бири-бири менен кармашууга кетиришип, легендарлуу парламент сыяктуу президентке тең ата болбой калган. 1996-ж. февраль референдумунан кийин президенттин бийлик-укуктары чектен аша көбөйгөн. Парламент алсыз жана ынтымагы жок болгондуктан, эми ар бир депутат өз алдынча президентке карата саясий конформистик позицияны ээлей баштаган. Депутаттыктын эл үчүн иштөө деген негизги маңызынын өзгөрүшү, жоопкерчиликтин азайышы, жеке кызыкчылыктардын алдыга чыгышы, дегеле депутаттык материалдык байуунун башкы булагы катары калыптануу процесси мына ушул мезгилден башталган. Акаевдин «чөнтөк парламенти» деген түшүнүк ушундайча келип чыккан.

Ж.К-тин Мыйзам чыгаруу жыйынында депутат Д.Усенов жетектеген «18тин синдрому» депутаттык бейформалдуу лоббистик тобу пайда болгон. 35 депутаттан турган бул палатада жөнөкөй көпчүлүктүн добушу менен кабыл алынуучу мыйзамдарды кабыл алууда бул топтун ролу чоң болгон. Алсак, «18тин синдрому» аркылуу өлкөдөгү сүт-товар фермаларын салык тардан бошотуу боюнча мыйзам кабыл алынган. ММКлар жазып чыккандай сүт-товар фермалары (Эль-вест ж.б.) негизинен Д.Усеновдун туугандарына тиешелүү болуп чыккан. Д.Усеновдун бул «18тин синдрому» тобу ошол кездеги өлкөнүн премьер-министри, анын устаты А.Жумагулов менен бир тандемде, өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн далай иштерди жасашканы бүгүнкү күнгө чейин коомчулукта айтылып жүрөт.

Президент А.Акаев 1998-ж. 17-октябрындагы референдум аркылуу Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттарынын санын 35тен 60ка жеткирүүгө аргасыз болгон. Ал эми Эл өкүлдөрүнүн жыйыны, тескерисинче, 70тен 45 парламентарийге чейин азайтылган (чынында бул палатанын санын кыскартуу тууралуу алдын-ала эч сөз болгон эмес); мыйзам чыгаруучулардын палатасындагы 15 орун саясий партияларга берилген; республиканын жашы 25ке толгон, шайлоого катышууга укугу бар жана депутаттыкка талапкерликке көрсөтүлүү алдында өлкөдө 5 жылдан кем эмес туруктуу жашаган жарандары Ж.К-тин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты боло алган, ал эми Эл өкүлдөрү жыйынынын депутаты болуп жашы 25ке толгон, шайлоолорго катышууга укугу бар жана депутаттыкка талапкерликке көрсөтүлүү алдында өлкөдө 5 жылдан кем эмес туруктуу жашаган жарандар шайлана алган, мунун 3 жылдан кем эмеси тийиштүү облустун же Бишкек шаарынын территориясына тиешелүү болушу керек; палаталардын экөөсүнүн тең депутаттары ыйгарым укуктарынын бүткүл мөөнөтү ичинде айтып чыккан пикирлерине же депутаттык ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу учурунда добуш бергенине байланыштуу жооптуу болуп же куугунтуктоолорго алынышпаган; республикалык бюджет тууралуу мыйзамга өзгөртүүлөр, салыктарды киргизүү же жокко чыгаруу, аларды төлөөдөн бошотуу тууралуу, мамлекеттин каржылык милдеттенмелерин өзгөртүү туурасындагы мыйзамдардын долбоорлору, анын киреше бөлүгүнүн эсебинен жабылуучу чыгымдоолорунун көбөйтүлүшүн көңүлгө алуучу мыйзамдардын башка да долбоорлору өкмөттүн макулдугу менен гана кабылданышы мүмкүн, сөз жана басма эркиндигин чектөөчү мыйзамдарды кабыл алынышына жол берилбеген.

Ошентип, Конституцияга президенттик ыйгарым укуктар менен түздөн-түз байланышпаган өңдоолорду киргизүү менен, А.Акаев өзүнүн авторитардык бийлигин андан ары бекемдеген. Парламенттик иммунитетти чектөөнүн жардамы менен ал көңүлүнө туура келбеген депутаттарды куугунтуктоо мүмкүнчүлүгүн алган, ал эми өкүлчүлүктөр палатасынын сандык курамын кыскартуу палатанын үстүнөн көзөмөлдү жеңилдеткен. Мындан тышкары, аткаруучулук бийликтин бюджеттик-каржылык саясатын монополизациялоо парламенттин позициясын алсыздантып, ошол эле учурда А.Акаев бул чөйрөдөгү артыкчылыктарын сактап калган.

Экинчи чакырылыштагы Ж.К. – 2000-ж. 20-февралда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин экинчи чакырылыштагы депутаттарын шайлоо болуп өткөн. Шайлоо Кодексине ылайык, Мыйзам чыгаруу жыйынын жана Эл өкүлдөр жыйынын депутаттарын шайлоо боюнча 45 бир мандаттуу шайлоо округдары жана Мыйзам чыгаруу жыйынынын 15 депутатын партиялык тизме менен шайлоолор боюн-

ча бирдиктүү республикалык шайлоо округу түзүлгөн. Шайлоолор альтернативалуу болуп, бир мандаттуу шайлоо округдарынан эки палатадагы 90 депутаттык орунга 414 талапкер ат салышкан. Бул шайлоо пропорционалдык-мажоритардык тутумуна ылайык өткөн.

2000-ж. 20-февралдагы парламенттик шайлоодо саясий партияларга 15 орун бөлүнгөн. Парламенттик шайлоо алдында адилет министрлиги бийликке оппозиция болуп келген Эл (бей-бечаралар) жана Ар-намыс партияларына шайлоого катышууга мыйзам жол бербестигин аныктаган. Ал эми шайлоого катышууга укук алган *Кыргызстан демократиялык кыймылы партиясы* соттун чечими менен шайлоодон четтетилген. Натыйжада бөлүнгөн 15 орун үчүн 7 саясий партия жана 2 шайлоо блогу депутаттыкка өз талапкерлеринин тизмесин көрсөтүшкөн.

Добуш берүүгө укугу бар эки жарым миллиондон ашуун шайлоочулардын 60%дан ашыгы шайлоо жараянына катышышкан. Бирдиктүү республикалык шайлоо округу боюнча *Кыргызстан коммунисттер партиясы* – 5; Демократиялык күчтөр союзу – 4; *Кыргызстан аялдар демократиялык партиясы* – 2; *Ооган-дагы согуштун ардагерлеринин жана башка майда жаңжалдардын катышуучуларынын саясий партиясы* – 2 мандатты; 5%дан ашык добушту топтоого жетишишкен *«Ата Мекен» социалисттик партиясы* – 1; *«Менин өлкөм» иш-аракет партиясы* – 1 депутаттык мандатты алышкан.

Бул жолку шайлоо саясий партиялардын коомдук турмуштагы ролунун көтөрүлүшүнө чоң өбөлгө болгон. 2000-ж. 20-февралдагы Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоонун жүрүшүнө саясий партиялардын, блоктордун, коомдук жана бейөкмөт уюмдардын 5 миңдей байкоочулары, ошондой эле 250 эл аралык байкоочулар көзөмөл жүргүзүшүп, көптөгөн мыйзам бузууларга жол берилгендигин, бардык жерлерде административдик ресурс колдонулгандыгын белгилешкен. Ошентип, 2000–2005-жж. аралыгында Кыргызстанда курамы 105 депутаттан турган эки палаталуу парламенттин экинчи чакырылышы иш жүргүзгөн. Социалдык курамы боюнча экинчи парламенттин 60%ы мамлекеттик кызматчылардан, 25%ы ишкерлерден, ал эми калган бөлүгү да коомдун кедей эмес катмарларынын өкүлдөрүнөн турган.

Ж.К-тин биринчи чакырылышындагы депутаттардын курамына салыштырганда экинчи чакырылышында бизнесмендер менен аялдардын саны өскөн. Курагы боюнча да биринчи чакырылышка салыштырганда 5 жашка жашарып, экинчи чакырылыштагы депутаттардын орточо курагы 47,4 жашка барабар болгон. Партиялык тизме аркылуу жөнөкөй кесиптин ээлери да парламентке мүчө болуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушкан. Курамы 60 депутаттан турган Мыйзам чыгаруу жыйынын 25 комитет түзгөн. Ж.К-тин тарыхындагы комитеттеринин саны жагынан эң көп парламент катары тарыхта калган.

Парламенттин ичинде фракциялар менен депутаттык топтордун пайда болушу экинчи чакырылыштагы Ж.К-тин ишмердигиндеги жаңылыктардан болгон. «Оң Ордо» депутаттык фракция – парламенттеги оң канатты, «Кыргызстандын региондору» жана «Эл үчүн» депутаттык топтору – центристтик, борбордук, ал эми оппозициялык фракция «Элкомсоц» (Эл, коммунисттер, социалистер) – сол канатты түзгөн.

Аз санда болсо дагы, Ж.К-ке беш саясий партиялардын өкүлдөрүнүн келиши менен саясий плюрализмдин парламенттеги өнүгүүсү башталган. Дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндөгү сыяктуу, эң кур дегенде Кыргыз парламентинин жалпы курамынын 50%ы партиялык тизме менен шайланып келгенде, албетте, саясий партиялардын андан ары өнүгүшүнө, алардын коомдун саясий тутумундагы ордунун жана ролунун кескин жогорулашына ыңгайлуу шарттар түзүлмөк. Арийне, кийинки шайлоого чейин, тескерисинче, партиялык тизме толугу менен алынып ташталган.

Экинчи чакырылыштагы Ж.К-тин курамы 45 депутаттан турган Эл өкүлдөр жыйынынын төрагалары болуп А.А. Бөрүбаев (2000-ж. апрелинен – 2005-ж. 24-мартына чейин) жана М.О. Мукашев (2005-ж. 24-25-март күндөрү), ал эми

курамы 60 депутаттан турган Мыйзам чыгаруу жыйынынын төрагалары болуп А.Э. Эркебаев (2000-ж. апрелинен – 2005-ж. 24-мартына чейин) жана И.Д. Кадырбеков (2005-ж. 24–25-март күндөрү) иштешкен. М.О. Мукашев менен И.Д. Кадырбековдордун эки күндөн спикерлерден болуп калышы 2005-ж. 24-мартта Бишкекте болуп өткөн саясий төңкөрүшкө байланыштуу болгон.

2001-ж. 16-декабрда Кыргыз Республикасынын айыл өкмөттөрүнө шайлоолор болуп, айыл башчылыгына демилгелүү адамдар көбүрөөк шайланган. Базар экономикасына өтүү мезгилинде мамлекеттик башкаруу аппаратынын көлөмүн азайтып, анын сапатын жакшыртууга өзгөчө көңүл бурулган. Кыргызстандын президентинин 1996-ж. 2-декабрындагы «Аткаруу бийлигинин борбордук органдарынын курамын өзгөртүү» жана 2000-ж. 28-декабрындагы «Мамлекеттик башкаруунун борбордук органдарын өзгөртүү жөнүндөгү» жарлыктарына ылайык, министрликтер менен административдик мекемелердин саны бир кыйлага кыскартылган.

2003-ж. 2-февралда «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жаңы редакциясы жөнүндө» мыйзам долбоору боюнча референдум (бүткүл элдик добуш берүү) өткөрүлүп, Кыргыз Республикасынын Конституциясын реформалоо боюнча өлкөбүздүн негизги мыйзамынын жаңы редакциясы кабыл алынган. Ага ылайык Ж.К-тин үчүнчү чакырылышындагы шайлоодон баштап башкаруунун жогорку өкүлчүлүк тутумуна курамы 75 депутаттан турган бир палаталуу парламент киргизилген. Партиялык тизме менен депутаттарды шайлоо толугу менен жоюлган.

Саясий партиялардын андан ары өнүгүшүнө бир катар чектөөлөр киргизилген. Эми Конституция боюнча Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана партиялык институттардын биригип кетишине, ошондой эле мамлекеттик иштерди партиялык программаларга жана чечимдерге баш ийдирүүгө, мамлекеттик мекеме, уюмдарда партиялык уюм түзүүгө тыюу салынган. Мамлекеттик кызматтагылар партиялык ишти өзүнүн кызмат ишине байланыштырбай жүргүзүү аркылуу, аскер, ички иштер, улуттук коопсуздук, юстиция, прокуратура жана сот органдарынын кызматкерлеринин партияга мүчө болушуна, кандайдыр бир саясий партияны колдоп чыгышына; диний негизде саясий партияларды түзүүгө жол берилбейт; диний уюмдар саясий максаттарды жана багыттарды көздөбөшү керек; диний уюмдардын жана дин кызматындагылардын мамлекеттик органдардын ишине кийлигишишине; башка мамлекеттердин саясий партияларынын Кыргызстанда иштешине тыюу салынат.

Ошол жылдары Кыргыз Республикасында адилет министрлигинен каттоодон өткөн 40тан ашуун партия болгон. Анын ичине коомчулукка белгилүү Кыргызстан коммунисттер партиясы, *«Эркин Кыргызстан» прогрессчил-демократиялык партиясы, «Асаба» улуттук кайра жаралуу партиясы*, «Ата-Мекен» социалисттик партиясы, Кыргызстандын республикалык элдик партиясы, *Кыргызстан социал-демократиялык партиясы, «Ар-Намыс» партиясы, Эл (Бей-бечаралар) партиясы, Кыргызстан биримдик партиясы, Кыргызстан аялдарынын демократиялык партиясы*, Ооган согушунун ардагерлеринин ж.б. майда жаңжалдарга катышуучуларынын саясий партиясы, «Менин өлкөм» аракет партиясы ж.б. кирген. Аталган партиялар мүчөлөрүнүн саны жагынан арбын эмес болгон. Көпчүлүгүнүн мүчөлөрүнүн саны эки-үч миңден ашкан эмес.

Экинчи чакырылыштагы Ж.К-тин Эл өкүлдөр жыйыны палатасында эки депутаттык топ түзүлүп, парламенттик ишмердиктин жаңы технологиясын өздөштүрүүгө карай аракеттер болгон. Бирок, депутаттардын жалпы кесипкөйлүк жана билим дэңгээлинин жетишсиздигинен, жеке жана жердешчилик кызыкчылыктардын басымдуулугунан улам бул аракеттер саясий турмушка таасир бере алган эмес. Бул экинчи Кыргыз парламенти мыйзам боюнча туруктуу жана кесипкөйлүк негизде иштеши керектигине карабастан, анын депутаттары өздөрүн сессиялык тартипте иштеген, же болбосо советтик мезгилдеги депутаттар сыяктуу алып жүрүүнү улантышкан, өздөрүнүн мыйзам чыгаруучу негизги милдетине тийди-качты мамиле кылуусу улана берген.

Эки палаталуу Ж.К-теги депутаттык фракциялар менен топтордун курамы жасалма болуп, алар туруктуу мүнөзгө ээ болгон эмес. Партияда жок депутаттардын фракцияларга кирип алышы андагы партиялык жана фракциялык тартиптин бузулушуна алып келген. Парламенттик оппозиция да туруктуу болбой, алардын айрым мүчөлөрү саясий жана бизнес кызыктарынан улам өз көз караштарын улам-улам өзгөртүп турушкан. Партиялык тизме менен шайланып келишкен депутаттардын саны Мыйзам чыгаруу жыйыны палатасынын болгону 25%ын гана түзгөнүнөн улам, алардын парламенттик демократиянын салттарын калыптандырууга дараметтери жетишсиз болгон. Жооптуу чечимдерди кабыл алуу учурунда депутаттардын арасында мурдагыдай эле жеке, достук, жердешчилик, регионалдык жана тууганчылык кызыкчылыктар үстөмдүк кылып турган.

Ж.К-тин палаталарында көмүскө лоббизм менен коррупция терең тамыр жайып, жаандан кийинки козу карындай болуп мындай терс көрүнүштөр коомдук турмуштун бардык чейрөлөрүндө жыбырап тарай баштаган. Ар бир май куючу жайдын, казинонун, мыйзамсыз менчиктештирилген бала бакчанын, шаардын ортосундагы бак-даректарды кыйып ордуна мыйзамсыз курулуштардын, Кытайга темир ташуунун, ал жактан товарларды ташыган унаалардын ж.б. артында депутаттар менен президентке «кирди-чыкты» чиновиктер турушкан. 2003-ж. Кумтөр боюнча Кыргызстандын үлүшүн 33%га түшүргөн келишим, 2004-ж. анын 14% акциясын сатып жибергени – Ак үйдөгү лоббизм менен коррупциянын «гүлдөгөн» мезгилинен кабар берет.

Кыргыз парламентинин кээ бир мүчөлөрүнүн түрктөрдүн «Импаш-Манас» компаниясы менен, чет өлкөгө пластинация үчүн кишинин өлүгүн чыгаруу менен, ата мекендик тамеки өндүрүүчү «Вест» компаниясына зыян келтирүүчү Казакстандык «Мальборону» колдоо ж.б. менен байланышкан коррупциялык схемаларга катыштыгы шайлоочулардын кыжырын келтирген. 2002-ж. 17–18-марттагы Аксы кайгылуу окуялары бийлик менен жарандык коомдун ортосундагы ажырымдын, мамлекеттик бийликтин бардык бутактарынын эл алдында кадыр-баркынын өтө төмөн түшүп кеткендигинин, Акаевдин «чонток парламентине» коомчулук нааразы экендиги жөнүндөгү аянычтуу белги, бийликке катуу эскертүү катары көрүнгөн.

Ал эми 2003-ж. 2-февралда өлкөдө кайрадан референдум аркылуу конституциялык реформа жүргүзүлүп, 2005-ж. тарта кайрадан бир палаталуу парламенттин түзүлө тургандыгы белгиленген.

Үчүнчү чакырылыштагы Ж.К. – 2005-ж. мартынан 2007-ж. октябрына чейин үчүнчү чакырылыштагы, бир палаталуу, абсолюттук көпчүлүктүн мажоритардык шайлоо тутумуна негизделген бир мандаттуу округдардан шайланган 75 депутаттан турган парламент иштеген.

2005-ж. 27-февралда Кыргыз Республикасынын үчүнчү чакырылышындагы 75 депутаттык орундан турган Ж.К-ке 422 талапкер катышкан шайлоонун биринчи туру болуп, ага шайлоочулардын тизмесине киргендердин 60%ы добуш берүүгө катышкан. Бул күнү 31 шайлоо округдарынан депутаттар шайланышкан. Калган 43 (Кочкор шайлоо округунан тышкары) округдардагы шайлоолор БШКнын чечимине ылайык экинчи турга, 13-мартка калтырылган.

Оппозиция өкүлдөрү шайлоонун биринчи турунда «чалгы менен чапкандай» эле өтпөй калышкан. Дээрлик бардык шайлоо округдарында жеңилген тараптар арыздар менен сотко кайрылышып, бүт өлкө боюнча соттук териштирүү иштери башталган. Шайлоо бир мандаттуу округдарда өткөрүлгөндүгүнө байланыштуу депутаттыкка талапкерлердин добуш үчүн күрөшүү мезгилинде саясий партиялардын бары-жогу алар жөнүндө олуттуу сөз кылаарлык деңгээлде билинген деле эмес анда.

2005-ж. 28-февралда ЕККУ менен Европарламенттен келген байкоочулар болуп өткөн шайлоо эл аралык ченемдерге дал келбейт деген баа беришип, бийлик тараптан да, оппозиция тараптан да шайлоочуларга басым

көрсөтүлгөнүн, ошондой эле добуштарды сатып алуу орун алгандыгын белгилешкен. Курамына Кыргызстандагы беш оппозициялык кыймылды бириктирген саясий күчтөрдүн Форуму добуш берүү учурунда шайлоо участокторундагы көптөгөн мыйзам бузууларга жол берилгендигин билдирген, өзгөчө оппозиция өкүлдөрү талапкерлигин коюшкан округдарда бийлик колдогон талапкерлер тарабынан ачык эле добуштарды массалык түрдө сатып алуу, административдик ресурстарды пайдалануу, арак ичимдиктерин таратып мас кылуу сыяктуу мыйзам бузуулар болгондугун айтышкан.

2005-ж. 13-мартта парламенттик шайлоонун экинчи туру өтүп, анын жыйынтыгында деле депутаттык орундардын басымдуу көпчүлүгү президентти жактоочуларга тийген. КЕКтин лидери К.Бакиев менен активдүү оппозиционер А.Мадумаровдун депутаттыкка өтпөй калышканы элдин бүйүрүн кызыткан.

Р.Отунбаева жетектеген «Ата-Журт» оппозициялык блогунан – Ө.Текебаев, Д.Садырбаев, Б.Шерниязов, М.Мукашев, коммунистер партиясынын лидери И.Масалиев, КЕК мүчөсү А.Бекназаровдор депутат болуп шайланышкан. Парламент курамынын 10%ына жетпеген оппозиция өкүлдөрү бийликти колдогон көпчүлүккө каршы тура албайт деп байкоочу-эксперттер айтып чыгышкан.

2005-ж. 14-мартта шайлоонун жүрүшүнө жана жыйынтыктарына нааразы болушкан Ж.К-тин депутаттыгына талапкер Р.Жээнбековдун жактоочулары митингге чыгышып, Талас облустук мамлекеттик администрациясынын кеңсесин басып алышкан. Парламенттик шайлоонун жүрүшүндөгү мыйзам бузууларга каршы митингдер өлкөнүн башка региондорунда да башталган.

2005-ж. 19-мартта – Ошто, 23-мартта – Баткенде жана Кочкор, Тоң, Базар-Коргон, Өзгөн сыяктуу райондук борборлордо курултайлар өткөрүлүп, ал жерлердеги бийлик дагы олуттуу каршылыктарсыз эле көтөрүшчүлөр тарапка өткөн. 2005-ж. 24-мартына карата өлкөдөгү жети облустун бешөөндөгү, Чүй менен Ысык-Көлдөн башка, мамлекеттик бийлик иш жүзүндө оппозиция тарапка өтүп, бул региондордогу бийликтин тикелей түзүлүшү убактылуу үзгүлтүккө учураган.

Оппозициянын эң башкы эки талабы болгон:

Биринчиси, Ж.К-ке депутаттарды шайлоо учурунда талаш-тартыш чыгып, мыйзам бузулду деп эсептелген округдарда шайлоону кайрадан ачык, адилет, таза өткөрүү;

Экинчиси, ушу жылы күзүндө боло турган президенттик шайлоого А.Акаев өзүнүн катышпай тургандыгын расмий билдирүүсү керектиги.

Булар жеңил эле аткарыла турган, жөнөкөй жана адилет талаптар болгон. Бирок, Акаевдик-үй-бүлөлүк бийлик тарабынан бул эки талап тең аткарылган эмес. Арийне, өз элинин акыркы чегине жеткен суроо-талабын укканга бийлик дүлөй жана босогого келип калган «бороонду» көргөнгө сокур эле анда.

2005-ж. 22-мартта Ж.К-тин жаңы шайланган курамынын биринчи жыйыны болуп, аларга БШКнын чечими менен депутаттык мандаттар таратылып берилген. Конституциянын беренелерине ылайык жаңы шайланган Ж.К-тин биринчи жыйынынан баштап Ж.К-тин мурунку шайланган депутаттарынын бийлик-укуктары токтойт, тактап айтканда, 2005-ж. 22-мартынан баштап эки палаталуу Ж.К-тин иши токтоп, эми бир палаталуу парламент ишке киришкен. Үчүнчү чакырылыштагы курамы 75 депутаттан турган бир палаталуу мажоритардык системага ылайык шайланып келишкен депутаттар 24-марттагы баш аламандыктан кийин толук кандуу иштеп башташканда анын курамында бир дагы аял-депутат болгон эмес. Ал эми депутаттардын орточо курагы 45,6 жашты түзүп, Ж.К-тин бардык чакырылыштарындагы эң жаш парламент катары тарыхта калган. Анын спикерлери болуп Ө.Ч. Текебаев (2005-ж. 28-мартынан – 2006-ж. 2-мартына чейин) жана М.А. Султанов (2006-ж. 2-мартынан – 2007-ж. 22-октябрына чейин) иштешкен. 2007-ж. 22-октябрда үчүнчү чакырылыштагы Ж.К. мөөнөтүнөн мурда таркатылган.

2005-ж. 24-мартында эртең мененден баштап, алгач, Бишкектин батышындагы белгилүү дарыгер Назаралиевдин Чүй проспек-

тиси менен Фучик көчөсүнүн кесилишинде жайгашкан медициналык борборунун тегерегинде, ошол эле мезгилде, борбор шаардын чыгыш бөлүгүндө жайгашкан А.Атамбаевдин «Форум» мекемесинин жанында элдер чогулуп, анан алар борборду көздөй агылып жыла башташкан. ИИМдин кызматкерлери элдердин колонналарына эч тоскоолдук кылышкан эмес. Жолдо карай улам жаңы элдер кошула берип, митингчилердин саны бир нече эсе көбөйүп, уюштуруучулар эми аларга ээ боло албай калышкан. Жалданган жаштар жолдон кездешкен автобустардын айнектерин сындырышып, тосмодо турушкан милиция кызматкерлерине таш ыргытышып, көчө жээгиндеги дүкөндөрдүн айнектерин талкалашкан.

2005-ж. 24-мартта кечке маал митингчилер тарабынан Ак үй, өкмөт үйү алынган. Режимге кызмат кылган, элдин кыжырына тийгендердин колго түшкөндөрү катуу таяк жеген, калгандары качып кутулушкан. 1990-ж. 27-октябрда Москвадан түнү менен учуп келип президенттикке шайланган А.Акаев 2005-ж. 24-мартта Москвага түнү менен качып кеткен, тагдырдын жазмышы мындай болот деп ким ойлогон. Ошентип, туңгуч президент макамына ээ боло турган А.Акаев Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 ж. ашык тарыхындагы алгачкы «качкын президент» катары тарыхта калган.

2005-ж. 24-марттан 25-мартка караган түнү Кыргыз Республикасынын Жогорку соту чукул жыйын өткөрүп, жаңыдан болуп өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгарып, парламенттин мурунку эки палаталуу курамынын бийлик-укуктарын 2005-ж. 14-апрелине чейин узартып берген.

Ушундай мыйзамдаштыруудан кийин эки палаталуу Ж.К-тин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаттары өзүнө спикер кылып, акыркы шайлоодо Нарындан депутаттыка өтпөй калган, оппозиция лидерлеринин бири И.Кадырбековду шайлашкан. Ал эми А.Бөрүбаев спикери болгон Ж.К-тин Эл өкүлдөр жыйыны премьер-министр Н.Танаевдин кызматтан кетүү жөнүндөгү арызын канааттандырып, анын орду на К.Бакиевди Кыргыз Республикасынын премьер-министри кызматына шайлаган.

2005-ж. 28-мартта БШК үчүнчү чакырылыштагы жаңы шайланган 75 депутаттан турган бир палаталуу парламенттин легитимдүүлүгүн кайрадан бекитип берген. Анткени, 2005-ж. 22-мартта Ж.К-тин жаңы курамынын биринчи жыйыны болуп, аларга мандаттар таратылып берилген. Эми Ж.К-тин бул курамы өзүнүн спикери кылып оппозиционер Ө.Текебаевди шайлаган. Ж.К-тин жаңы курамы 2005-ж. 28-мартта жыйын өткөрүп, мамлекеттин премьер-министрлик кызматына кайрадан эле, дагы бир жолу К.Бакиевди шайлаган.

Ушул күндөрү Кыргыз парламентинде кош бийлик кырдаалы түзүлгөн. Ошентип, Ж.К-тин эски курамы да, жаңы курамы да премьер-министрлик кызматка дайындоо боюнча өздөрүнчө чечим чыгарышкан. Жакшы жери, эки чечимде тең эле бир адамдын ысымы – К.Бакиевдин ысымы премьер-министрликке көрсөтүлгөн, бийлик талашуу орун алган эмес. Жаман жери, ушул эки чечим тең эле мыйзамсыз болгон, ал тууралуу бул китептин тийиштүү бөлүмүндө кеңири баяндалган.

Ошентип, 2005-ж. 28-мартта экинчи чакырылыштагы эки палаталуу Кыргыз парламенти мөөнөтүнүн бүткөндүгүнө байланыштуу өз ишин токтоткон.

2005-ж. 9-апрелде үчүнчү чакырылыштагы 75 депутаттан турган бир палаталуу Ж.К. – «Кыргызстандын президентинин ишмердигине кепилдиктер жөнүндөгү» мыйзамга өзгөртүүлөрдү кийирүү жолу менен А.Акаевден «биринчи президент» деген макамды, ошондой эле анын үй-бүлөсүнө таралуучу бардык артыкчылыктарды алып таштаган шарттар менен анын 2005-ж. 5-апрелинен баштап Кыргыз Республикасынын президенттик кызматынан өз ыктыяры менен баш тарткандыгы жөнүндөгү арызын канааттандырып, президенттик жаңы шайлоону 2005-ж. 10-июлуна дайындаган.

Ошентип, мамлекеттик бийликти 2005-ж. 24-мартта күч колдонуу менен алмаштыргандан кийин чала мыйзам жолуна түшкөн жаңы бийлик бириккен оппозициянын, жалпы эле митингди колдогондордун – Ж.К. таркатылсын, Конституцияны өзгөртүү жолу менен үй-бүлөлүк бийлик жоюлсун сыяктуу негизги

талаптарынын аткарылышын президенттик шайлоо өткөндөн кийинки мезгилдерге калтырган.

Кыргыз Республикасынын Ж.К-инин 2005-ж. 25-апрелинде кабыл алган «Конституциялык кеңешмени түзүү жана Кыргыз Республикасында конституциялык реформаны өткөрүү жөнүндөгү» токтомунун ишке ашырылышы ар кандай куру шылтоолор менен улам артка жылдырыла берип, кырдаалдын өзгөрүшү менен ал өзүнүн баштапкы актуалдуулугун да жоготкон.

Ж.К-тин үч депутатын: 2005-ж. 10-июнда, чак түштө, Бишкектин чок ортосунда Ж. Сурабалдиевди, 2005-ж. 22-сентябрда, үйүнүн жанынан Б.Эркинбаевди, ушул эле жылы октябрда, түрмөлөрдүн бирин кыдырып жүргөн жеринен Т.Акматбаевди өлтүрүп кетишкен. Ушул үч депутат тең, өтө чиеленишкен, бутташтырылган жагдайларда өлтүрүлгөн, кылмышкерлердин бети толугу менен ачылбаган боюнча кала берген.

2006–2007-жж. өлкөдөгү саясий кырдаал барган сайын курчуп, президент К.Бакиев парламентти өзүнө толук баш ийдирүүгө аракеттерди кылган. Белгилүү саясий ишмер Ө.Текебаевди Бакиев менен болгон пикир келишпестиктердин жана атайын уюштурулган чыр-чатактын айынан отставкага кетүүгө мажбурлап, анын ордуна 2006-ж. 2-мартта парламенттин төрагалыгына А.Акаевдин бийлигинин тушунда улуттук банктын башчысы, каржы министри болуп иштеген М.Султанов келген. Ал Бакиевдер үчүн Ө.Текебаевге салыштырганда абдан эле ыңгайлуу кадр болгон.

Кыргыз Республикасынын 2007-ж. 21-октябрында референдум аркылуу кабыл алган Конституциясынын 46-беренесинин 1-пунктуна ылайык президенттин бийлик-укуктары азайтылып, тескерисинче, кайрадан көбөйгөн. Анда президент «Премьер-министрди жана өкмөт мүчөлөрүн дайындайт» деп көрсөтүлгөн. Көрүнүп тургандай бул жерде буга чейинкидей Ж.К-тин макулдугунун кереги жок, эми президент өзү жеке чечет. Баш мыйзамга ылайык, эми дайындоо эле эмес, аларды кызматтан кетирүү да президенттин жеке укугу болуп калган.

2007-ж. 21-октябрда өткөн референдумда президент сунуштаган баш мыйзамдын долбоору менен бирге эле Шайлоо кодексине сунушталган өзгөртүүлөр да жактырылып, Борбордук шайлоо комиссиясы элдин 70-80%ы президент сунуштаган долбоорду колдогонун жарыялаган. Оппозиция жана бир катар эркин байкоочулар референдумга эл өтө аз келгенин, бийлик жалган маалыматтар менен анын жыйынтыктарын туура эмес чыгарганын айтып чыгышкан.

Референдумдун эртеси күнү эле, 2007-ж. 22-октябрда, президент К.Бакиев парламентти мөөнөтүнөн мурда таркатып, 2007-ж. 16-декабрына кезексиз парламенттик шайлоо күнүн белгилеген.

Төртүнчү чакырылыштагы Ж.К. – 2007-ж. 16-декабрдагы мөөнөтүнөн мурда өткөрүлгөн парламенттик шайлоо 1991-ж. эгемендүүлүк жарыялангандан кийинки төртүнчү шайлоо болуп, бул Ж.К. да мөөнөтү бүтө электе, 2010-ж. 7-апрелдеги күч менен бийлик алмашууга байланыштуу таркатылган.

Ж.К-ке 2007-ж. 16-декабрдагы шайлоо жаңы шайлоо системасынын алкагында өткөрүлгөн, ага ылайык 90 депутат беш жылдык мөөнөткө шайланган. Депутаттык мандаттар бирдиктүү жалпы улуттук шайлоо округу боюнча, жабык партиялык тизменин негизинде, пропорционалдык өкүлчүлүк системага ылайык бөлүштүрүлгөн.

Шайлоого катышкан саясий партиялар үчүн эки тоскоолдук аныкталган, биринчи тоскоолдук жалпы улуттук деңгээлде катталган бардык шайлоочулардын 5%дан кем эмес добушун алуусунун зарылдыгы болгон. Экинчи тоскоолдукту жеңүү үчүн партиялар жети облустун ар биринде жана Бишкек жана Ош шаарларында катталган шайлоочулардын добуштарынын 0,5%дан кем эмесин алуусу керек эле.

Саясий партиялар БШКга 90дон кем эмес жана 100дөн ашпаган фамилиядан турган талапкерлердин тизмесин бериши керек эле. Талапкерлердин тизмеси мандаттын санынан аз болбошу керек деген жобо укуктук жактан негизсиз тоскоолдук болгон. Шайлоо жөнүндөгү кодексте (72-берене, 5-пункт) талапкерлердин тизмесин Борбордук шайлоо комиссиясына сунуш кылгандан кийин анын курамы өзгөртүлүшү мүмкүн эмес деп көрсөтүлгөнү,

практика айгинелегендей өтө эле көйгөйлүү шарт болгон, мунун айынан далай партиялар тизмеден чыгып калышкан.

Алсак, шайлоого катышуу үчүн 12 саясий партиялар БШКнын расмий каттоосунан өтүшкөн: «Аалам» (партиясыздардын-партиясы), «Ак Жол», «Ар-Намыс», «Асаба», «Ата Мекен», «ЭрК (Эркин Кыргызстан)», «Эркиндик», «Элдин үнү», «Жаңы күч», Кыргызстан коммунисттеринин партиясы (ККП), Кыргызстандын социал-демократиялык партиясы (КСДП), «Туран» (Борбордук Азиянын иранча аталышы). Ал эми төмөнкү 7 партияны, Шайлоо кодексинин 72-беренесинин 3-пунктуна ылайык, гендердик өкүлчүлүк жөнүндөгү жобону сактабагандыгы үчүн БШК каттоодон өткөрбөй койгон: Кыргызстандын коммунисттик партиясы (ККП), Кыргызстандын дыйкандар (фермерлер) партиясы, Кыргызстандын жашылдар партиясы, Оогандагы согуш ардагерлеринин жана башка майда жаңжалдардын катышуучуларынын партиясы, «Родина», «Таза коом» жана «Замандаш». Булардын арасынан «Замандаш» партиясынын бул шайлоодо жакшы мүмкүндүгү бар экендиги жөнүндө көпчүлүк серепчилер айтып чыгышкан.

БШК партиялык тизмени каттагандан кийин, тизмеге кирген айрым талапкерлердин катталуусун алып салган. Алсак, Э.Байсалов КСДПдан талапкер катары каттоодон алынып салынган. КСДПнын тизмесинде биринчи турган талапкер Ө.Бабановдун Бишкектин Биринчи май райондук соту тарабынан талапкерлиги алынып салынган. Бул айрым тизмелерде жыныска таандыктыгы боюнча түзүлгөн ыраатуулук тартибин бузууга алып келген. Айрым талапкерлер, алар талапкердин макамы менен сыйышпаган кызматынан кеткендиги жана кызматынан бошогондугу же убактылуу кызматын токтотконду гу тууралуу документтерди өткөрүшпөгөнү үчүн каттоодон алынып салынган.

Шайлоо өнөктүгү мезгилинде жергиликтүү администрация тарабынан административдик ресурстарды «Ак Жол» партиясын колдоого кыянатчылык менен колдонулганы коомчулукка ачык эле көрүнүп турган. Бийликтин жергиликтүү органдары бир катар аймактарда үгүт плакаттарын илүү үчүн расмий жайларды белгилешпей, өзүлөрүнүн мыйзамдуу милдеттерин аткарышкан эмес. 2007-ж. 6-декабрда бир катар саясий партиялар жана бейөкмөт уюмдар БШКга өздөрүнүн ишеним көрсөтпөөсүн ачык билдиришкен, аны саясий партиялардын шайлоо процессине бирдей «эркин атмосфера, шайлоочуларга жана шайлоо процессинин башка катышуучуларына коркутуу жана кысым көрсөтпөөсүз» тең укукта катышуусун камсыздай албайт деп эсептешкен.

2007-ж. 12-декабрда *«Асаба» партиясынын* лидери Ж.Назаралиев шайлоо процессине ишенимдин жоктугунан шайлоого бойкот жасоо жөнүндө өзүнүн чечимин жарыялаган. 2007-ж. 14-декабрда, шайлоого эки күн калганда «Ата Мекен» партиясы башкы прокуратурага кайрылып, БШКнын төрайымы К.Камилова өзүнүн мыйзамдык милдеттерин аткарбаганы үчүн, шайлоочулардын укуктарынын өтө көп бузулушуна жол бергени үчүн, ага карата кылмыш ишин козгоо талабы менен кайрылган. Мындай окуялар шайлоонун катышуучулары тарабынан шайлоону уюштурууга жооп берүүчү органдарга жана бүтүндөй шайлоо процессине ишенимдин жетишсиздигин баса көрсөткөн.

БШКнын 2007-ж. 18-декабрында берген расмий маалыматы боюнча шайлоочулардын шайлоого катышуусу 73,86%ды түзгөн. 2007-ж. 16-декабрында өткөн шайлоонун жыйынтыгында өлкө тарыхында алгачкы жолу курамы толугу менен үч саясий партиянын: «Ак Жол» элдик партиясынын 71 өкүлүнөн, «Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын» 11 өкүлүнөн жана Кыргызстан коммунисттеринин партиясынын 8 өкүлүнөн, бардыгы 90 депутаттан турган IV чакырылыштагы Кыргыз Республикасынын Ж.К-и шайланып келип, өзүнүн ыйгарым укугун аткарууга киришкен.

«Ата Мекен» социалисттик партиясы чын-чынында шайлоочулардын добушунун эң көбүн алганы менен Ош шаарынан 0,5% чектен өтпөй калды деген бийлик атайын уюштурган шылтоо менен парламентке өтпөй калган.

«Азаттык» эркин радиосунун кабарчысы А.Жапаровдун «Артур мырза, сиз мурда К.Бакиевдин учурунда Улуттук коопсуздук кызматынын төрагасынын орун басары болуп иштеп туруп, капыстан эле кызматтан кетип калгансыз. Анын себеби эмнеде эле? – деген суроосуна жооп берип жатып А.Медетбеков мындай деген: «2007-ж. парламенттик шайлоо болбоду беле, ошондо «Ата Мекен» партиясы чынын айтканда 50-60%ды утуп алган. Шайлоо бүтүп, өзүнчө чогулуш болгондо «Ата Мекенди» парламентке коё бергиле, болбосо элдин көбү көчөгө чыгат, көчөдө кыйкырып жүргөндөн көрө өздөрү депутат болуп, сессиядан болгон маселелерди туура айтып чыгып турса элге да, силерге да пайда, болбосо кийин иш чатак болот десем, алар мага терс көз карашта карап, башкача чечим чыгарышкан. Экинчиден, 2007-ж. декабрында Кыргызстанга АКШ фирмасы аркылуу Түркмөнстандан эки учак учуп келген эле. Анда 100 тоннага жакын ок-дары, «Калашников» автоматтары, пулеметтор бар эле. Алардын бардыгы контрабандалык жол менен келген. Ага биз иш козгоп, мен аларды кармаганга аракет кылсам ошол убактагы УКМК башчысы М.Суталинов менен Бакиевдин баласы Марат каршы чыгышып, ал учакты коё берип жиберишкен. Анан көп өтпөй эле «сага жарлык чыкты, сен жумуштан кете бергин, башка жумушка барышың мүмкүн», – дешкен.

Бул өтө ыплас өткөрүлгөн, орой бурмалоолор менен коштолгон шайлоо дагы кыргыз парламентинин тарыхый таржымалындагы уятсыз окуялардын бири болуп калган. Этемендүүлүктүн тарыхында өткөрүлгөн парламенттик шайлоолордун жыйынтыгын чыгаруу мезгилинде бийлик тарабынан ушунчалык өз элин кемсинтүү, мазактоо, шылдыңдоо болгон эмес.

Төртүнчү чакырылыштын депутаттары өз иштерин 12 комитеттерде алып барышкан. Комитеттердин санынын мындай аз болушу конституциялык чектөөлөргө байланыштуу болгон жана бул сан Ж.К-тин тарыхындагы комитеттердин санынын эң азы болуп эсептелет. Депутаттардын орточо курагы 45,8 жашты түзүп, салыштырмалуу түрдө бул жагынан жаш парламент катары кабылданган. Депутаттардын орточо курагынын жашарышы шайлоонун партиялык системасы менен түздөн-түз байланышта экендиги 2000-ж. февралда болгон экинчи чакырылыштагы шайлоонун жыйынтыгында эле байкалган жана ал көрүнүш төртүнчү чакырылыштагы шайлоонун жыйынтыгында дагы бир жолу тастыкталган.

Эки жыл үч ай иштеген бул парламентте үч спикер алмашкан: А.К. Мадумаров (2007-ж. 24-декабрынан – 2008-ж. 29-майына чейин), А.С. Тагаев (2008-ж. 29-майынан – 2009-ж. 17-декабрына чейин), З.К. Курманов (2009-ж. 29-декабрынан – 2010-ж. 2-июлуна чейин). 2010-ж. 7-апрелдеги төңкөрүшкө байланыштуу И.А. Масалиев 2010-ж. 7-8-апрелдеринде, эки күнгө Ж.К-тин спикерлик милдетин аткарган.

Сан жагынан көп болбосо да, арасында Ө.Текебаевге окшогон, чындыкты бетке айтып, адилеттик жана улуттук кызыкчылыктар үчүн күрөшкөн депутаттары бар, А.Акаевдин учурунда шайланган Ж.К-ти таркатуу менен бир далай саясий оппоненттерин (каршылаштарын) алсыратып, референдум аркылуу Конституцияга өзгөртүүлөрдү кийирип, президенттин бийлик-укуктарын кескин көбөйтүп, бийликтин үч бутагына тең жалаң эле өзүнө берилген адамдарды кызмат орундарына дайындоо менен президент К.Бакиев өзүнүн жана өз үй-бүлө мүчөлөрү менен жакын тууган-досторунун бийлигин мамлекетте толук орнотконго жетишкен.

2007-ж. 16-декабрдагы шайлоонун чыныгы жыйынтыктарына карабастан эле, шайлоо участокторунун протоколдорун карап да койбостон, мыйзам бузуулар жөнүндөгү арыздарды эч көзгө илбей Ак үйдүн 7-этажындагы кабинеттерден эле Ж.К-теги 90 депутаттык орунду өздөрү каалагандай кылып үч саясий партиянын ортосунда бөлүп коюу менен түзүлгөн жаңы Парламенттин төрагасы болуп А.Мадумаров, анын орун басарлары болуп Ч.Баекова, К.Исабеков жана А.Турсунбаевдер шайланышкан. Саясат талдоочулардын баамында, булар, Бакиевдердин авторитардык бийлигинин кызыкчылыгындагы мыйзамдарды кабыл алып берүү менен гана чектелбестен, өлкөдө монархиялык башкаруунун укуктук негиздерин орнотуудан да кайра тартпай турган адамдардан болгон. Бирок, бул «чөнтөк парламент» мөөнөтү бүткөнчө иштеген эмес, 2010-ж. 7-апрелдеги окуялардан кийин таркатылган.

Ошентип, 2007-ж. 16-декабрда шайланган төртүнчү чакырылыштагы Ж.К. 1995–2010-жж. иштеген президенттик бийликтен «толук көз каранды» парламенттердин акыркысы болгон. Ушуну менен эгемендик мезгилиндеги Ж.К-тин тарыхынын экинчи баскычы аяктаган.

Бешинчи чакырылыштагы Ж.К. – Ж.К-тин тарыхынын үчүнчү баскычы – 2010-ж. бери карай – мамлекетти башкаруунун парламенттик республика формасын жана парламентаризмди калыптандыруу баскычы. 2007-ж. 16-декабрда шайланган төртүнчү чакырылыштагы Ж.К. – өлкөдөгү 2010-ж. 7-апрелдеги саясий төңкөрүштөн кийин мөөнөтүнөн мурда таркатылган. Өлкөдөгү бардык бийлик Убактылуу өкмөткө өткөн, ал Декреттерди чыгаруу жолу менен башкара баштаган.

2010-ж. 27-июнунда кабыл алынган жаңы Конституциянын жоболоруна ылайык 2010-ж. 10-октябрында пропорционалдык-өкүлчүлүк системасына ылайык же 100% партиялык тизме менен парламенттик шайлоо өткөрүлгөн. Ж.К-тин ыйгарым укуктарынын кыйла кеңейиши менен бирге, анын жоопкерчилиги да ошончолук арткан. Ошентип, V чакырылыштагы Ж.К-тин шайланышы менен, Кыргызстандын соңку жаңы тарыхында жаңы барак ачылган. Өлкөдөгү коомдук-саясий абал кескин өзгөргөн. Конституциянын жоболоруна ылайык Кыргызстан парламенттик-президенттик башкаруу тарызиндеги өлкө болуп калган.

Шайлоонун жыйынтыгында 5 саясий партия жеңип чыгып, алардын ортосунда парламенттеги 120 депутаттык орун төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн: «Ата Журт» партиясы – 28 мандат, «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» – 26 мандат, «Ар-Намыс» партиясы – 25 мандат, «Республика» партиясы – 23 мандат, «Ата Мекен» партиясы – 18 мандат. Шайлоочулардын катышуусу 55,31 %га жеткени айтылган. Босоголордон өтүшкөн беш партиянын биргелешип топтогон добуштары өлкө боюнча тизмеге катталган шайлоочулардын жалпы санынын 36,29%ын гана түзгөн.

Негизинен бул парламенттик шайлоо мурдагыларга салыштырганда бийлик тарабынан тазараак жана калысыраак өтүп, административдик ресурстар дээрлик колдонулган эмес. Бирок, шайлоонун жүрүшүндө бийлик тарабынан мыйзамдардын аткарылышын так жана даана көзөмөл болбогонун байкашкан оппозициялык күчтөр шайлоонун ыплас технологияларын колдорунан келишинче ээн-эркин пайдаланышып, кээ бир участоктордо шайлоочуларга ачыктан ачык эле басым көрсөтүүгө чейин барышкан. Ушундан улам шайлоонун расмий жыйынтыгында бакиевчил делген «Ата-Журт» саясий партиясынын биринчи орунду алышына жана революциячыл делген «Ата-Мекен» саясий партиясынын акыркы болуп парламентке өтүшүнө ошол кездеги прогрессивдүү коомчулук ыраазы болбой калган.

Бул Ж.К-тин партиялык жана персоналдык курамы, депутаттардын жеке билим, маданий жана кесипкөйлүк деңгээли, идеологиялык багыттарынын ар түрдүүлүгү ошол кездеги өлкөдөгү жалпы кырдаалды, көз караштардын жалпы шайлоочулар арасындагы бөлүнүшүн жана жакынкы келечекке карай ишеним-үмүттөрдүн даана жана так чагылдырылышын көрсөтүп турган. Депутаттык курамда парламенттик тажрыйбасы жана жаш курагы боюнча ар кандай мүүндардын жандуу байланышы түзүлгөн.

Курамы беш партиялык фракцияга жана бир катар көз карандысыз депутаттык топторго бөлүнгөн, бардыгы 120 депутаттан турган V чакырылыштагы Ж.К. – Конституция тарабынан президенттин бийлик-укуктары кескин чектелген, ал эми парламенттин укуктары кеңейтилген шарттарда иштеп жаткан алгачкы парламент болуп эсептелген.

2010-ж. 10-ноябрында жаңы шайланган Ж.К. өзүнүн эң алгачкы жыйынын өткөрүп, өз ыйгарым укуктарын аткарууга киришкен. Уюштуруу жана парламенттик көпчүлүк коалициясын түзүү иштери бир топ убакытка созулуп, ошого карабастан, парламенттик көпчүлүк коалициясы түзүлүп, коалициялык өкмөт курамы бекитилген жана премьер-министрлик кызматка Кыргызстан социал-демократиялык партиясынын лидери А.Ш. Атамбаев шайланган. Ж.К-тин парламенттик көпчүлүк коалициясына 3 депутаттык фракция кирген – «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы», «Республика», «Ата-Журт». Ал эми «Ата Мекен» менен «Ар-Намыс» фракциялары оппозицияда калышкан. Андан сырткары, Ж.К-те 16 тармактык комитет түзүлүп, анын экөө жаңы Конституцияга ылайык оппозициялык партияларга таандык болгон.

Жаңы парламенттин спикери болуп «Ата-Журт» партиясынан депутат болуп келген А.Келдибеков шайланган. Кыргыз коомчулугу үчүн бул күтүлбөгөн иш болгон. «Ата-Журт» партиясы депутаттарынын курамы боюнча да, шайлоо учурундагы берген убадалары менен аны колдогондордун көпчүлүгүнүн мүнөзү боюнча да, өзү түзгөн имиджи боюнча деле коомчулук тарабынан бакиевчил партия катары кабыл алынып келген. Спикер болуп шайланган А.Келдибеков Бакиевдин режими учурунда өкмөттүн салык тармагын жетектеп, ал мезгилде өзүн Бакиевдердин командасынын абройлуу мүчөсү катары алып жүргөн, коомчулукта ушундай маанай калган ал жөнүндө.

Серепчилердин алдын-ала божомолдору боюнча парламенттик шайлоодо «Ата Мекен» менен КСДП партиялары добуштардын басымдуу көпчүлүгүн алып, парламенттик башкаруу формасын кийирген жаңы Конституциянын демилгечиси жана негизги автору делген Ө.Текебаев Ж.К-тин спикери болуп, ал эми А.Атамбаев премьер-министрлик кызматка дайындалмак. 2010-ж. 7-апрелдеги 87 адам окко учкандан кийинки жалпы кыргыз коомчулугунун маанайы да ошол кезде ушундай таризде болгон десек жаңылыштык болбойт деп эсептейбиз.

2010-ж. 10-октябрдагы парламенттик шайлоо эгемендик жылдарында биринчи жолу ошол кездеги мамлекеттик бийлик тарабынан административдик ресурстарды колдонбостон, мыйзамды бузбастан өткөрүлгөнү менен, ошол кездеги оппозициялык саясий күчтөр тарабынан шайлоо учурунда ыплас технологиянын бардык механизмдерин колдонууга жол берилген. Шайлоочуларды коркутуп-үркүтүү, добуштарды сатып алуу, шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктарын бурмалоо, кошумча тизме менен добуш берүүлөрдү уюштуруу ж.б. мыйзамсыз жүргүзүлгөн иштер бүгүнкү күндө жашыруун деле болбой, ачык эле айтылган учурлар болгон.

А.Келдибековдун парламентке спикер болуп шайланып калышы КСДП партиясынын А.Атамбаевге премьер-министрлик кызматты камсыз кылуу менен аны бир жылдан кийин болуучу президенттик шайлоого даярдануунун куралы катары пайдалануу үчүн «Ата-Журт» партиясы менен болгон принципсиз «соодалашуусунун» жыйынтыгы болгон. Бул коалицияга кирген «Ар-Намыс» партиясы да өкмөттөгү орчундуу орундарга ээ болгон.

Экинчи жагынан КСДП партиясы «Ата-Журт» менен мындай «соодалашууга» баруу аркылуу президенттик шайлоодо А.Ш. Атамбаевге негизги атаандаш боло турган Ө.Текебаевдин мүмкүнчүлүктөрүн кескин чектөөгө жетишкен. Бул соодадан, албетте, КСДП партиясы уткан, бирок 2010-ж. 7-апрелде бул партиянын өкүлдөрүн бийликке алып келген эл утулган, кыргыз коомунун жакшы келечекке болгон үмүтү утулган.

2011-ж. 30-октябрында өткөн президенттик шайлоодон кийин Ж.К-те жаңы парламенттик көпчүлүк коалициясы түзүлгөн, бул жолу ага 4 депутаттык фракция кирген – «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» (26 мандат); «Ар-Намыс» (25 мандат), «Республика» (23 мандат), «Ата Мекен» (18 мандат). Ал эми «Ата Журт» фракциясы (28 мандат) оппозицияда калган. 2011-ж. 21-декабрында парламенттин спикери болуп КСДП партиясынан депутат болгон А.Жээнбеков шайланган. Өкмөттүн да жаңы курамы бекитилип, премьер-министрлик кызматка «Республика» партиясынын лидери Ө.Т. Бабанов бекитилген.

2012-ж. августтун аягында Ж.К-теги парламенттик көпчүлүк коалициясы кайрадан түзүлүп, эми ага 3 депутаттык фракция кирген – «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» (26 мандат); «Ар-Намыс» (25 мандат), «Ата Мекен» (18 мандат). Ал эми «Ата Журт» (28 мандат) менен «Республика» (23 мандат) фракциялары оппозицияда калышкан. Өкмөттүн жаңы курамы бекитилип, премьер-министрлик кызматка парламенттеги партиялардын бирине да мүчө болбогон, бирок «Кыргызстан со-

циал-демократиялык партиясы» жана президент А.Ш. Атамбаев тарабынан колдоого алынып, алар тарабынан сунушталган Ж.Ж. Сатыбалдиев шайланган.

Ошентип, 2010-ж. 10-ноябрынан баштап Ж.К-тин тарыхынын үчүнчү баскычынын алгачкы парламенти – V чакырылыштагы Ж.К. иштеп баштаган. Азыркы парламент коомдун саясий тутуму мамлекеттик башкаруунун парламенттик формасын көздөй өзгөргөн шарттарда иштеп, өсүүнүн «балалык оорусун» башынан кечирип жаткан кези.

Өткөн 90 жылдарга жакын мезгил аралыгында, кыргыз парламенти ар кандай аталганына карабастан, аны төмөнкүлөр жетектеп келишкен: Иманалы Айдарбеков, Абдыкадыр Орозбеков, Асаналы Толубаев, Молдогазы Токобаев, Төрөбай Кулатов, Султан Ибраимов, Арстанбек Дүйшеев, Темирбек Кошоев, Таштанбек Акматов, Абсамат Масалиев, Медеткан Шеримкулов, Мукар Чолпонбаев, Алманбет Матубраимов, Абдыганы Эркебаев, Усуп Мукамбаев, Алтай Бөрүбаев, Ишенбай Кадырбеков, Муратбек Мукашев, Өмүрбек Текебаев, Марат Султанов, Адахан Мадумаров, Айтибай Тагаев, Зайнидин Курманов, Ахматбек Келдибеков. Кыргыз Республикасынын Ж.К-инин азыркы төрагасы – Асылбек Жээнбеков, бул жогорку кызматка ал 2011-ж. 21-декабрында шайланган.

ЖОГОРКУ СОТ – жарандык, кылмыш-жаза, административдик сот өндүрүшү чөйрөсүндө, ошондой эле КР мыйзамдарында каралган экономикалык жана башка иштер боюнча сот бийлигинин жогорку органы. КР Ж. с-у өлкөнүн бардык төмөнкү сотторунун чечимдери даттанылуучу жогорку баскыч болуп саналат. КР Ж. с-у: а) көзөмөлгө алуу тартибинде сот иштерин жана материалдарын кайра карайт; б) сот иш-тажрыйбасын изилдейт жана жалпылайт, сот статистикасын жүргүзөт; в) КР мыйзамдарына ылайык ага берилген башка ыйгарым укуктарды ишке ашырат. КР Ж. с-унда төмөнкүдөй түзүмдөр иштейт: пленум; президиум; кылмыш-жаза иштери жана административдик укук бузуулар жөнүндөгү иштер боюнча соттук коллегия; жарандык иштер боюнча соттук коллегия; административдик жана экономикалык иштер боюнча соттук коллегия.

ЖОРОБЕКОВ Жолборс Жоробекович (1948-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору, профессор.

Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Жал айылында төрөлгөн. 1974-ж. КМУну аяктаган.

Эмгек ишмердүүлүгүн 1966-ж. Ноокат районундагы айылдык орто мектебинен баштаган. 1967–1968-жж. Фрунзе шаарындагы машина куруу заводунун жумушчусу. 1974–1976-жж. Кырг.ССРнин ИАсынын тарых институтунун кенже илимий кызматкери. 1976–1978-жж. Москва шаарында СССРдин ИАсынын Миклухо-Маклай атындагы этнография институтунда стаж өткөн. 1981–1993-жж. БГУнун окутуучусу, ага окутуучусу, доценти. 1993–1995-жж. Ош облустук мамлекеттик администрациясынын аналитикалык борборунун башчысы. 1995–1999-жж. КРнын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты. 1999–2001-жж. КР Өкмөтүнүн алдындагы дин иштери боюнча Мамлекеттик комиссиянын төрагасы. 2001–2005-жж. «Дастан» университетинин, Юридикалык академиянын кафедра башчысы, БГУнун ректорунун милдетин аткаруучу. 2006–2007-жж. КР Өкмөтүнүн алдындагы дин иштери боюнча Мамлекеттик агенттиктин төрагасы. 2007-ж. Ж.Баласагын атындагы КУУнун Эл аралык билим берүү программаларынын интеграциясы институтунун директорунун орун басары.

Саясат таануу боюнча кандидаттыкты жана докторлукту жактоодо кеңешчилер мүчөсү. Кызыл-Кыя шаарынын ардактуу атуулу.

ЖУМА НАМАЗ (араб. – аль-джума) – жалпы намаз күнү болуп эсептелинет, анда бардык мусулмандар коллективдүү намаз үчүн кыштактын, аймактын, кварталдын же шаардын башкы мечитинде чогулушат. Жума күнкү намаз үгүт-насият жүргүзүп, массага таасир тийгизүүнүн эң маанилүү каражаты болуп келген жана кала берүүдө. Жума мусулмандардын ыйык күнү болуп эсептелет.

ЖУМУШСУЗДУК – эмгекке жөндөмдүү калктын бир кыйла бөлүгүнүн иш таппай бош

калышын чагылдырган социалдык-экономикалык жагдай. Ж. базар экономикасынын атаандаштык шартындагы ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Анын белгилүү бир өлчөмгө чейинкиси болумуш көрүнүш катары эсептелинет да, Ж-тун чыныгы турмушта калыптанган абалын билгизет. Алсак, базар мамилелери дурус өнүккөн өлкөлөрдөгү экономисттер бул боюнча «фрикциондук» деп аталган терминди кеңири пайдаланышат. Белгилүү бир же бир нече кызматкерлердин өз эркы менен башка бир жумушка которулуу максатында убактылуу ишсиз калышы жогорудагы терминдин түпкү маанисин билгизет. Илимий-техникалык прогресстин ыкчам өнүгүшүнөн улам чарба комплекстеринин тигил же бул тармактарында түзүмдүк өзгөрүүлөрдүн болушу менен кызматкер, жумушчулар белгилүү учурга чейин иши жок жүрүп калышы мүмкүн. Бул түзүмдүк Ж-тун өзгүн түзөт. Ж. экономикалык кризистин убагында, фирмалар банкрот болуп, жумушчуларын кыскартууга аргасыз болгон учурда бөтөнчө күч алат. *Базар экономикасына* өтүү маалында Ж-тун өсүшү түрдүү өзгөрүүлөр, олуттуу себептер менен коштолот. Ушундай учурда жумушунан айрылып, бирок адистигин өркүндөтүү же жаңы адистикке ээ болуу үчүн аракеттенип, кесипке даярдоо курсуна киргендер стипендия алышат да, алардын окуган учуру үзгүлтүксүз жалпы иш стажысына кошулат. Мындай көрүнүш көбүнчө экономикасы дурус өнүккөн өлкөлөрдө жакшы жолго коюлган.

ЖУМУШЧУЛАР КЫЙМЫЛЫ – эки жактуу түшүндүрүлөт: 1) кең мааниде, Ж. к. – жумушчулар табынын *эмансипациясына* жетүү же жашоо жана эмгек шартын кандайдыр бир конкреттүү жакшыртуу максатында жалданма жумушчулардын (пролетариат) жана алардын үйбүлөлөрүнүн өнүккөн же өнөр жайы өнүккөн мамлекеттердеги социалдык-массалык кыймылы. Бул аныктамага ошондой эле коомдук башаламандыктарды, нааразылык акцияларын, стихиялык иш таштоолорду, эзүүчүлөр менен экономикалык же саясий күрөшүүнүн каражаты катары ж.б. уюштурулбаган ишмердүүлүктү киргизүүгө болот. 2) тар мааниде, Ж. к. – бул жумушчулардын өзүлөрүнүн социалдык абалын жакшыртуу жана саясий укуктарга ээ болуу максатында уюштурулган биригүүсү.

Мындан тышкары, Ж. к-да жогорку таптын өкүлдөрү жана ар кандай саясий топтор катыша алышат.

ЖУСУП БАЛАСАГЫН, Йусуф Хасс Хажиб [(Хасс – а) бир, б) атактуу, даңктуу; Хажиб – даанышман, ойчул), (болжол менен 1015/1018 – 1070-ж. кийин)] – түрк элдеринин акыны, ойчул жана мамлекеттик ишмер. Чүй өрөөнүндөгү Баласагын шаарында туулган. 1068–1070-жж. Баласагын шаарында «Кутадгу билиг» («Кут билим», «Кут алчу билим» же «Куттуу бийлик») поэмасын жазган. Кашкардагы Чыгыш Караханийлер каганы Сулайман Арслан Кара Хакандын уулу Тавгач Буура Кара хакан Абу Али Хасанга (1056-1103-жж. бийлеген) тартуу кылган. Бул эмгек түрк тилинде жазылган көөнөргүс философиялык-дидактикалык дастан. Ж. Б-дын «Кут алчу билим» поэмасы кыргыз тилинде Т.Козубековдун котормосу менен 1993-ж. жарыкка чыккан. Анын кириш сөзүн академик, жазуучу Түгөлбай Сыдыкбеков жазган. Бийликтин адилеттүүлүгүнүн символу катары Күнчыктыны (Күн тууду) эсептейт. Айтолду – бийлик ээсинин жардамчысы, увазири. Акдилмиш – акыл ой ээси. Өткүрмүш – колунда барга каниет кылуунун ээси. Биз Ж. Б-дын бул көлөмдүү дастанындагы саясатка түздөн-түз тиешеси бар ой-жүгүртүүлөргө гана токтолдук:

Эгер сен эл башкарган улук болсоң.
Көңүл, сөздү эң сылык тутканың оң.
Сак болгунуң, жаңылба туура жолдон,
Кут табасың терс жолго баспай койсоң!
Көңүл бур акылмандын айтканына,
Кеңешин туура тутуп, ишинди ула.
Кирешеге жараша чыгаша кыл,
Чыгашаңды эсептеп, так кылып тур.
Алыш-бериш ишинде так болгунуң,
Так болсоң дайым таза басар жолуң.
А кокус кыйындык иш түшсө башка,
Жүгүндү өзүң көтөр, бирөөгө артпа.
Мындайда жакын дос да жардам бербейт,
А жатың, шылдың кылып күлүп сүйлөйт.
Сенден дос, тууган дагы четтеп калат,
Жүрөгүң кайгы-муңдан алат жарат.
Пайда күтпө, байлыкты көздөбөгүн,

Өкүнүчтө өмүрдү өткөрөсүң.
Билим, илими бар акылманды,
Жоомарт болуп, сый тартып кадырлачы.
Жаман зулум, көөдөндү көтөрбөгүн,
Жол бербегин чоң кырсык табат элиң.
Мактанчаакка башкадай олжо бербе,
Андайлардан азап-шор келет элге.
Өзүңө, элиңе да камкор болуп,
Бирөөдөн жардам күтпө, анын кордук.
Талап кылба өзүңө элден байлык,
Адат кылып кетесиң өзүң айнып.
Акыреттүү адамды баалай билгин,
Ар дайым иш тапшырып кармай жүргөн.
Бийлик берген өзүндө үч укук бар,
Не сурарды элиңден түшүнүп ал.
Элиңдин бир милдети – жарлыгыңды,
Ыйык тутуп, ар бирин так аткаруу.
Экинчиси – так төлөө казына акы,
Учурдан өткөзбөй турса жакшы.
Үчүнчүсү жек көрүп душманыңды.
Жакшылап урмат кылуу досторуңду.
Эгер сен өз милдетиң так аткарсаң.
Анда болот элиңден талап кылсаң...

Ж. Б-дын улуу китебинде төмөнкү төрт принцип так көрүнүп турат:

Адилдик – адилеттүүлүк, актык;
Дөөлөт – кенч, байлык, мамлекет;
Акыл – акыл, эс;
Канаат – ырахат, аз нерсеге топук кылуу.

Ж. Б-дын пикиринде адилеттүүлүк Күнтууду аттуу башкаруучу менен элестетилген бекем, туура мыйзамдарга негизделиш керек. Ойчул «Билимге ээ бол, адам бол, өзүңдү ардакта. Же өзүңдү айбан атап, адамдардан обочо жаша» деп чакырган. Орто кылымдын шарттарында Ж.Б. коомду эстүү башкаруу жөнүндө олуттуу пикирлерин билдирип келген. Мында ал адамдар адилеттүү башкаруу шарттарында гана бактылуу боло алаарын белгилеген. Коом тууралуу анын окуусунун чордону деп адилеттүүлүк, бакыт, акыл жана канаат кылуу түшүнүктөрү эсептелет. Коомдогу туруктуулукту камсыздаган биринчи жана негизги принцип – бул башчыдан тарта ар бир баш ийүүчүгө чейин сакташы керек болгон адилеттүү мыйзамдар. Этикалык-дидактикалык чыгарма катары «Куттуу билим» адам баласынын жашоосунун негизги жолдорунун бири башкаруу жана кол астындагыларга кайрылуунун даанышмандыгын аңдоо болуп эсептелээрин бийлөөчүгө көрсөтөт. Ошол эле учурда өз чыгармасында даанышман башкы нерсе тууралуу жазат – «бек наамына татыктуу бек кандай болуш керектигин» – башкача айтканда, бүгүнкү күндүн талаптарына ылайыкташтырганда – министрлер, губернаторлор, мэрлер, акимдер, айыл өкмөт башчылары ж.б. мамлекеттик кызматчылар кандай болушу керектигин айтат. Ойчулдун баамында:

Мырза болсоң оттуу, күчтүү, жалындуу
Кайраттуу бол, чечкиндүү бол, сабырдуу
Акыл менен билимге ээ бол, күчтүү бол
Андан бөлөк табалбайсың зарылды.

«Вазир кызматы үчүн жарамдуу мырза кандай болуш керек» дегенге карата Ж.Б. буларды жазган:

Акыл - деңиз, терендикте акак бар,
Адал ишти өз маалында жасап кал.
Абийир деген ак ниет экөө бир тууган.
Ар бир күндү актык менен жашап кал:
Вазир жакшы, хан да жакшы, эл жакшы.
Жакшылыктан жакшы деген атакты ал.

Аскер кол башчысына карата Ж.Б. «Куттуу билимдин» «аскер баштаган мырза кандай болуш керек» деген талаптарга арналган бөлүгүндө буларды жазат:

Эң чоң адам аскер ишин алган жан
Коркпош керек душман салчу майдандан.
Кыраакылык, көрөгөчтүк, тапкычтык.
Артык болот андай кезде жардамдан.
Мерген да бол, жоо карегин агызгын,
Көргөн жоокер сенден үлгү алышсын.

«Казыначы кызматына татыктуу мырза кандай болуш керек» – деген суроого жооп берип жатып, Ж.Б. мындай деп жазган:

Берешен бол, меймандос бол, а бирок,
Сарамжал бол, эл мактасын: «калыссың!»

«Куттуу билимди» окуп жатканда, мамлекеттик кызматчылар үчүн төмөнкүдөй насаттарга кайдыгер калуу мүмкүн эмес:

Кызматкердин карай турган Сарайды,
Үч түрү бар. Анда бирден санайлы:
Бири – сени байкап, бийлеп тургандар,
Булар менен иштеш, баш ий, булганбай.

Экинчиси – сени менен от болот:
Алыстаарың менен душман, жакындасаң дос болот.
Үчүнчүсү – арттан келген муундарың,
Сен аларды тарбияла, уруш, сыйлагын.

Ж. Б-дын адилеттүүлүктү, бакытты, акылды, ашыра талап кылбагандыкты даңазалаган гуманисттик идеалдары жакшылык жана жамандыктын призмасы аркылуу бүгүнкү күндүн өтө керектүү көйгөйлүү маселелери менен үндөшүп турат. Ал мамлекеттүүлүктү сактап калуу жана өнүктүрүүдө аткаминерлердин ролун жана маанисин көрсөтөт.

ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН – казак, кыргыз сыяктуу көчмөн элдердин орто кылымдардагы оозеки чыгармаларында айтылуучу элдик ойчул. Аны белгилүү бир доордогу тарыхый инсанга окшоштуруу кыйын, бирок ага байланыштуу сүрөттөлгөн окуялар феодалдык турмуштун көрүнүштөрүн чагылдырат. Айрым учурда ал Жаныбек хандын тушунда жашаган көчмөндөрдөн Асан кайгы (XIV–XV к.) деген башка бир даанышман менен чаташтырышып жүрөт.

ЖЫГА – 1) хандык белги – таажы сайылуу тебетей; 2) эң жогорку даражаны көргөзө турган кооз жана сымбаттуу жасалган атайын белги; 3) баш кийимге кооздук үчүн тагылган куштун куйрук же канат жүндөрү; 4) шөкүлө. «Маната» Ж. кандык даражаны көрсөтө турган белгиси бар баш кийим маанисинде колдонулат: «Кан таажысы ушу деп Кан Манастын башына Жыгалуу бөрктү кийгизди» (СО. 1. 290). Мөөрдүк белгини билдирген учурлар да кездешет. Ж-луу мөөр ар бир хандыкка энчилүү мөөр. Жети кан куралып Манаска каршы келгенде, алардын Бээжинге казаттап барууга макулдугун алып, кат жаздырып, ар биринин мөөрүн бастырганы эпосто: «Жыйып алып кандардын Жыгалуу мөөрүн бастырды» (СО, 4. 59) – деп айтылат.

З

ЗАГОВОР, саясий – белгилүү бир саясий максатты көздөгөн, *саясий* күчтөргө кирген бир нече адамдардын бирөөгө же *саясий институтка* каршы макулдашып уюшулушу. Тарыхта ишке ашкан З-лордун көбү индивидуалдуу мүнөзгө ээ болуп, көбүнчө инсандарга каршы багытталган. З. ошондой эле *саясат*та таасир, *бийлик* үчүн күрөштүн традициялуу, эффективдүү каражатынын бири болуп саналат. Адегенде, З. – бул жок кылуу эле, кийин анын методдору жумшарган. З-дун ролу саясаттын куралы катары тоталитардык, авторитардык системаларда маанилүү, анткени, *бийлик* көбүнчө *саясий элита*нын колунда, көп маселелер жекече пикир аркылуу да чечиле берет. Демократтык, укуктук *социалдык-саясий турмушта* З-дун мааниси төмөндөй баштайт да, бийлик үчүн күрөш ачык эле мүнөзгө өтөт. Бийликти концепциялоону азайтуу, *бийликти* бөлүштүрүү, өкүлдүк структуранын пайда болушу, бийликтин тез алмашып турушу З-дун эффективдүүлүгүнүн төмөндөшүнө алып келет. З. саясаттын куралы катары массаны өзүнө тарта албайт. З-дун мүмкүнчүлүгүн азайтуу коомдо айкындуулукту өстүрүүдө жатат.

ЗАМАН, доор, мезгилдин башталышы – адам коомунун өнүгүшүнүн белгилүү бир мезгили; Римде кечил (монах) болгон Кенже Дионисий (500–545-ж.) Пасха күндөрүн эсептөөнүн жадыбалын түзүп (525-ж.), дүйнөлүк тарыхтын жыл эсебин Христос туулган күндөн баштоону сунуш кылган. Христостун туулган күнүн Рим шаары негизделгенде (Варрондун (б.з.ч. 116–27-ж.) эсептөөлөрү боюнча Рим б.з.ч. 753-ж. 21-апрелде негизделген) 753-ж. 25-декабры өткөндөн кийин деп белгиленген. Кийинчерээк X к. Кенже Дионисийдин бул жадыбалы Батышта кабыл алынып, буга чейинки ар түрдүү жыл эсептөөлөрдүн бардыгын сүрүп чыгарган. Христос туулган күнгө чейинки тарыхый окуялар биздин заманга чейин деп шарттуу белгиленип, жыл эсеби чоң сандан кичине санды карай саналат. Мис., Байыркы Греция тарыхында б.з.ч. 444–429-жж. Афины полисинин улуу демократы Периклдин урматына «Перикл заманы» деп аталат.

ЗАМАНАЧЫЛАР – XIX к. ортосу – XX к. башында кыргыз коомундагы саясий жана философиялык ойдун өнүгүшүндөгү өзгөчө бир агым. Сулайман Бакырган менен Кожо Акмат

бул агымдын негиздөөчүлөрүнөн болгон деген пикир бар. З-дын курамы ойчул-акындардан турган. Өз ырларында акыр заман, *кыямат кайым, зар-заман* маселелерин чагылдыргандыгына байланыштуу алар З. деп аталышат. З-дын негизги ырлары, ой-чабыттары өз мезгилиндеги *коомдук, саясий турмушту,* андагы карама-каршылыктарды ачып көрсөтүүгө жана жакынкы жана алыскы келечекке көз жүгүртүп, келечектеги коомдук түзүлүштү, андагы кыргыздардын эзелей турган ордун, ролун сүрөттөп, ачып берүүгө арналган. Ошондой эле З-дын чыгармаларынан өнөргө, илим-билимге, улууну кадырлоого, жакшы каада-салттарды унутпай сактоого жана улантууга, эмгекчилдикке үндөгөн, ач көздүктү, залимдикти айыптаган мүнөздөгү ой-мурасты көрүүгө болот. З. жалпы эле Борбордук Азия жана Чыгыш Түркстандагы мусулман калктарынын жазма жана оозеки адабиятына, саясий философиялык нугуна мүнөздүү чыгармаларды жаратышкан. З-дын өздөрүнүн акындык өнөрү, философиялык ой мурасы менен *Токтогул, Барпы, Тогалок Молдо* ж.б. демократ акындарга олуттуу таасир тийгизген. З-дын көрүнүктүү өкүлдөрүнө *Калыгул Бай уулу* (1785–1855), *Арстанбек Буйлаш уулу* (1824–1878), *Молдо Кылыч Шамыркан уулу* (1868–1917), Нур-молдо, Молдо Нияз, Женижок, Алдаш-молдо ж.б. кирет.

«ЗАР-ЗАМАН» (иранча зар – кайгы, ый) *Молдо Кылычтын* эң ири чыгармасы. Жазылган жылы тууралуу автор төмөнкүчө баяндайт:

Бир миң үч жүз он алты.
Мусулманча бул сана
Отуз эки жашында,
Молдо Кылыч бечара.

«З. з.» санат түрүндө жазылган. Кыргыз адабиятында көлөмү жагынан «З. з-га» теңдеш келе турган башка эч кандай санат ыр жок. «З. з.» сюжет жок, окуясыз, ал макал сыяктуу маанеси терең, үлгү, насыят сөздөр менен толтурулган. «З. з-да» пикирлерди иретке келтирип, акылга сыйыштыруу өтө кыйын. Анда, биз көнүп калган тема, глава, бөлүмдөр ж.б. учурабайт. Молдо Кылыч «З. з-га» башынан кирип «сайратып» жүрүп олтуруп, аягына бир чыккан. Ошондой болсо да, маанисине карай бир ыңгай байкалат. «З. з-дын» баш жагында негизинен коомдук турмуштун абалы баяндалат. Мында падыша өкмөтүнүн, бий-болуштардын сурагы сүрөттөлүп, мунун натыйжасында эл арасы бузулуп, куулук-шумдук көбөйүп, бей-бечаралардын зар турмушу айтылат. Анан элге санаттарын сүйлөй баштайт. Молдо Кылыч «З. з-да» санаттары аркылуу коомду өзгөртүп, заманды оңдогусу келгени байкалат. Эл бийлеген «жакшыларды» адилеттүү, боорукер болууга, элдин оор турмушуна каралашууга чакырат. Карапайым элге тиричилик санаттарды айтат: өз мээнетиңер менен күн көргүлө, бириңерге-бириң кайрымдуу болгула ж.б. «З. з-дын» орто бөлүмүндө пайгамбарлардын тарыхы жөнүндө айтылат. Бул жерде өмүр менен өлүм маселелери козголуп, бул дүйнөдөн жөнөкөй пенделер эмес, кереметтүү пайгамбарлар да өтүп кеткен делет. Ошондуктан, бириңерге-бириң жамандык кылып, курулай күнөөнү көтөрө бербегиле, азын-оолак өмүрдө саламдашып өткүлө деген пикирди айтат. Молдо Кылыч олүмдү эскертип, дагы эле болсо, ал аркылуу коомдук турмушту оңдогусу келген. «З. з-дын» мазмуну жагынан кыргыз коомчулугундагы саясий жана философиялык ойдун өнүгүш деңгээлин жана багытын көрөбүз. «З. з.» чыгармасынын аягы төмөнкү ойлор менен бүтөт:

Айта берет «зар-заман»
Айып дебе шайырды
Орустун кана жазыгы?
Малайга берет акыны,
Падышалуу чиркиндин
Мыйзамга туура жатыгы.
Каратса да жеринди,
Арзан кылды эгинди,
Сураса кыргыз орусту,
Тердирет эле конузду.
Акы бербей аларга,
Салат эле жумушка.
Кылба журтум убайым,
Орусту берген кудайым,
Мусулманга карата,
Деп тилеймин, сураймын.
Мусулмандан кан болсо,
Курутпайбы жудайын?

ЗЕКЕТ (араб. – тазалануу) – мусулмандар үчүн төлөй турган салык. Исламдын беш парзынын бирөөсү. Мал-мүлккө ээ болгон,

колунда бар мусулмандын жылда бир жолу байлыгынан бир бөлүгүн ажыратып, колунда жок муктаждарга берүүсү зекет деп айтылат. Жөнөкөй мисал келтиргенде, кырк коюу бар адам, бир койун зекетке берүүсү парз. Малмүлктүн түрлөрүнө карап Ислам укугу боюнча канчадан канчоо берилүүсү айырмаланат. Алтын, күмүшкө карата өзүнчө эсеп, ал эми жандыкка карата башкача эсеп жүргүзүлөт.

«ЗИЛЗАЛА» (Кысса-и-Зилзала кыйраткыч жер-титирөө) – *Молдо Кылычтын* чыгармасы. Алгач 1911-ж. Казан шаарынан араб тамгасында басылып чыккан. 1910-ж. Кыргызстандагы, борбору Чоң-Кемин болгон, чоң жер титирөө алааматка арналып жазылган казал. Бул кыргыз элинин алгачкы ирет жазылып, басмадан чыккан эмгектеринин бири. Казалдын көлөмү – 200 сапка жакын. Эл ичине катуу тараган. Кеңеш бийлиги курулгандан кийин, бул чыгарманы: «тескери чыгарма, элдин салт-санаасын бузат» деп, андан мисал алгандар куугунтукка учураган. Диссертация жазган адам партиядан катуу жаза алып, кыргыздын эски мурасына чоң балта чабылган. «З.» чыгармасы адам коому менен табияттын кубулуштарынын ортосундагы мамилеге, коомдук мамилелердин өзгөрүшү, адамдардын күнөөлөрүнүн көбүйүшү чоң табигый кырсыктарга алып келет деген философиялык ойго, *акыр заман* идеясына (Айтып өттүм далай сөз, Акыр заман журтуна) арналган. 1991-ж. жарык көргөн Молдо Кылычтын «Казалдар» жыйнагындагы «З-дан» мисал келтирели:

Куйруктуу жылдыз көп чыгып,
Асмандагы ай, күндү,
Бетин жаап кир чалмак.
Адамзаттын шумунан,
Аны, шерти убада,
Баары кетти жалтайлап.
Эл кыдырды кожолор,
Амал кылбай молдолор,
Адам акын көп жеди,
Түрлүү, түрлүү бенделер,
Кууланган жорук көбөйдү.
Кудайдан башка ким билет,
Акыретке барганда,
Адам бенде тергелер.
Бенденин кылган күнөөсүн,
Өзү турган жер көрөр.
Адистин уккан бул сөзүн,
Адам бенде шумунан,
Кара жер минтип термелер ж.б.
Чүйдүн башы Чоң-Кемин,
Мен айтамын билгеним.
Анык билген адамдар,
Айтып берди көргөнүн.
Үч жүздөн артык киши деп.
Жер тууралуу өлгөнүн.
Там жыгылып баскандын,
Өлүгүн алып көмгөнүн.
Матоодо түйө бышкырып,
Ат кишенеп кошкуруп,
Таш короолор калдырап,
Эчки, койдун баарысы
Үркүп чыкты чүчкүрүп.
Желеде үйлар өкүрүп,
Байлаган жиби үзүлүп.
Өкүмү күчтүү Кудайдан
Өткөрө кыйын иш болду,
Өлүмдү эске түшүрүп.

ЗООМОРФИЗМ (гр. – айбан, образ, форма) – байыркы гректердин кудай айбандар образында болот экен деген диний түшүнүгү.

ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК (англ. violence) – каалаган максатка жетүү үчүн бирөөнүн үстүнөн башка бирөөлөрдүн үстөмдүк жүргүзүүсүнөн пайда болгон коомдук теңсиздиктин идеалистик теориясы. Е.Дюринг таптардын пайда болушун коомдогу бир бөлүктүн башкаларына зомбулук көрсөтүүсү менен (ички зомбулук) байланыштырган; австралиялык социолог Л.Гумплович (1838–1909), ошондой эле К.Каутский жана башка таптардын жана мамлекеттин пайда болушунун чечүүчү ролу алдуу уруулардын алсыздарын кулдандыруусу болгон деп эсептешет. Тарыхый материализм коомдук турмуштун өнүгүшүндө зомбулук жөнүндө жобонун чечүүчүлүгүнүн илимге каршы мүнөзүн ачып, коомдун өнүгүшүнүн аныктоочу негизи материалдуу өндүрүш экендигин далилдейт. Ошону менен бирге эле ал тарыхтагы зомбулуктун ролун танбайт; социалдык революциянын мезгилинде тарыхый зарылчылыкты ишке ашыруунун маанилүү формасы болуп эсептелет. Азыркы учурда зордук-зомбулук идеясын

«күчтүүлөр позициясы» саясатын негиздөө үчүн, жарыша куралданууну, жаңы согуштарды даярдоо үчүн пайдаланышат.

ЗОРОАСТРИЗМ – байыркы доордо жана орто кылымдарда Иран, Орто Азия, Азербайжанда тараган отко табынуу *дини*. Б.з.ч. VII к. пайда болгон. Бул динди негиздөөчү деп эсептелген пайгамбар Зороастранын (Иранча Заратуштра) ысымынан аталган. З. окуусу *«Авеста»* ыйык китебинде баяндалган. З-дин негизги принциптери: диний дуализм, б.а. «карама-каршы эки кудай, бири мээримдүү – Ахурамазда, экинчиси ырайымсыз – Анхра-Маню бар» деп жакшылык менен жамандыкты карама-каршы коюу, алардын ортосундагы күрөш дүйнөлүк процесстин негизин түзөт деп эсептөө, акырында жакшылыктын жеңип чыгаарына ишенүү. З. Сасанийлер дөөлөтүнүн (III–VII кк.) тушунда мамлекеттик динге айланган. VII к. Иранды арабдар басып алып, З. динин куугунтукка алып, перстерди мусулман динине зордоп өткөрүшкөн. Азыркы учурда бул динди бир кыйла өзгөрүлгөн түрүндө перстер менен Ирандагы гебрлер тутушат.

И

ИДЕАЛ, саясий – *саясий жүрүм-турумдун* жана өнүгүүнүн максат жол-жобосу. Мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн мүнөзүнөн улам ага болгон зарылчылык келип чыккан. Ал аркылуу түзүлгөн, бышып жетилген, бирок канаттандырылбаган таптары бар чындык адамдардын аң-сезиминде кызыкчылыктарына жооп бере турган саясий түрүндө чагылдырылган. Ошол боло тургандын элеси И. болуп калган. Анда социалдык субъекттин реалдуу чындыкка карата позициясы көрсөтүлөт. Ал келечектин тенденцияларын учурунда көрсөтүп, тандоону жүргүзөт. Адамдар өзүлөрүнүн И-дарын ойлоп чыгарбай, турмуштун өзүнөн алган; И. коомду аныктабайт, коом И-дарды жараткан. И. келечекке кайрылганы менен өзүндө өз мезгилинин белгисин алып жүрөт. Бүгүн боло турганды сунуш кылып, болгондун карама-каршылыктарын өзүнө камтыйт. И-да, алардын чечилишинин жол-жоболору чагылдырылган. И-дын өнүгүү максатынын жол-жобосу болгондуктан, өзүндө таптардын жана башка социалдык катмарлардын ал-абалын чагылдырат. Ошол себептүү өзүнүн табияты боюнча И-дар «субъективдүү». Бирок массалар өздөрүнүн И-дарынын ишке ашырылышы үчүн күрөшкө көтөрүлүшөт. Ар бир саясий кыймыл, эреже катары, чечилиши саясий өбөлгөлөрдү түзүүнү талап кылган, экономикалык карама-каршылыктардан улам пайда болот. И. өзүнүн мазмуну менен коомдогу бышып-жетилген массалык талаптар менен дал келген учурда гана массалар саясий кыймылдарга тартылышат. Ушундай дал келүү шарттарында гана И. аларды жооп берүүгө чакырып, аракеттенүүгө түрткү берет. Ошондуктан субъективдүү өбөлгөлөр бышып-жетилип, социалдык аткаруучулардын *саясий аң-сезими* калыптанмайынча *революция* жана *реформаларды* И. аркылуу үгүттөө жолу менен таануулоого мүмкүн эмес. Алгачкы коомдук түзүлүштүн өндүрүш күчтөрүнүн негизинде, баарына жана ар бирине өздүк «Менди» ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан улам, тарых ага жасалган жолду жакындоо деңгээли боюнча бөлгөн. Бул үчүн адамзат социалдык-жиктелген коомго өтүү менен өзүнүн өнүгүүсүндө ири бурулуш жасаган. Анын шарттарында менчикти жана бийликти алып жүрүүчү, ошону менен экономикалык жана *саясий эркиндикке* жеткен адамдар гана инсандык потенциалды ача алышкан. Ошондуктан узак убакыт бою жогорку И-дуу жолду үстөмдүк кылуучу таптын өкүлдөрү салышкан. Алардын кызыкчылыктары социалдык прогресстин тенденциялары менен дал келип турганда, алар эмгекчилердин да И-ы боло берген. Алар тарыхтын объективдүү жүрүшү менен карама-каршылыкка келген убакта адамдардын акылында жаңы И-дар пайда болгон. Алар өз учурунда адамзатты жаңы максатына дагы бир кадамга жакындатууга чакырган. Ошентип тарыхта ишке ашкан И-дар бирин-бири алмаштырган: күл ээлөөчүлүк коомду демократтык *республика,* феодалдыкты борборлоштурулган мамлекет, буржуазиялыкты – ишкердик, индивидиалдуу демилге жана эркиндиктерин өздүк

кызыкчылыктарды чектебеген саясий тартиптер. Жалпы адамзат И-ына түздөн-түз жакындоону адамзаттын тарыхындагы экинчи ири бурулуш чагылдырат. Бул бурулуш – социалдык интеграцияланган коом. Анын саясий негизи болуп жалпылаштырылган бийлик – элдин өзүн-өзү башкаруусу эсептелет. Мындай И-дын бекемделиши инсандын экономикалык жана саясий эркиндигине алып барат. Ал болсо коомдун бардык мүчөлөрүнө өздүк «Менин» ишке ашырууга мүмкүндүк берет. Ошентип, И. биринчи жолу өзүнүн таптык таандыгын жоготуп, жалпы адамзаттык И-га орун берет.

ИДЕНТИФИКАЦИЯ (лат. identifico – окшоштуруу) – индивиддин өзүн башка адам, топ (группа), коомчулук менен окшоштуруудагы психологиялык процесс. Ошентип ал социалдык ишмердүүлүктүн ар түрлөрүн таанып, үйрөнүп, ошол коомчулуктун баалуулук жана нормаларды өздөштүрөт.

ИДЕОЛОГИЯЛАШТЫРУУ – саясий жана башка коомдук институттарды, карама-каршы таптык кызыкчылыктарды чагылдырган жана алардын легитимдешине жана корголушуна багытталган тигил же бул *идеологиянын* толук чагылышы катары түшүнүү. Бул жагдайда *саясий институттар* менен саясий иш-аракеттердин милдеттери массаны бул кызыкчылыктарды жүзөгө ашырууга идеологиялык мобилизациялоого туура келет. Саясий институттар менен саясий иш-аракеттерди толук идеологиялык көз караштан түшүндүрүү *мамлекеттүүлүктүн*, укуктук тартиптин формалары ж.б. дагы айкын социалдык-саясий шарттарга ылайык социалдык жана *саясий турмуш* ишмердигин уюштуруунун жалпы адамзаттык талаптары менен нормаларын чагылдырышы керектигин көңүлгө албайт. Бул формалардын (идеологиялык жана сөзсүз анын аркасынан ээрчиген саясий, социалдык-экономикалык), бул жалпы адамзаттык басмырланышы мамлекеттүүлүктүн кулашы, солгун тартуу, регрессивдүү өнүгүүгө өтүү ж.б. келип чыккан. *Эл аралык мамилелерди* И. таптык күрөштүн милдеттерине тоталдык баш ийүүнү, карама-каршы идеологиялык лагерлерге тийиштүү мамлекеттердин саясатына фокусталган таптык пролетардык жана буржуазиялык кызыкчылыктардын көрүнүшү катары мамлекеттер аралык мамилелерди трактовкалоону билдирет. Эң чоң И-да эл аралык мамилелер 1940-ж. экинчи жарымында башталып, 1985-ж. чейин уланган «кансыз согуш» убагында жетишилген. Анын жүрүшүндө саясий үгүттөө институттары жана *массалык маалымат каражаттары* саясий күрөшкө карата социалдык, саясий идеологияны салтанаттуу жарыялашты. Бул төрт он жылдыктын советтик эл аралык саясатында тынчтыкты орнотууга аракеттенүү, капиталисттик жана социалисттик өлкөлөрдүн ортосундагы кызматташтыкка чакыруу жана капиталисттик түзүлүштүн тез арада кыйроосун башкалардан мурда билүүнүн ортосунда реалдуу карама-каршылыктар турган. Идеологиялаштырылган рухта тынч бирге жашай берүү дүйнөлүк алкактагы таптык күрөштүн бөтөнчө формасы катары аныкталган, бул тынч кызматташууга чакыруунун астейдилдигине күмөн салат. Түзүлгөн кырдаалдан чыгуунун жолу конфронтациядан баш тартуудан жана эл аралык мамилелерди жана башка саясий институттарды гумандаштырууну издөөдөн табылган.

ИДЕОЛОГИЯЛЫК БЮРОКРАТИЯ – идеялык-теориялык ой-жүгүртүүнүн бюрократиялык ой-жүгүртүүдөн көз карандылыгын даңазалай турган идеолог-функционерлердин катмары. И. б-га ишеним жоопкерчиликтен жогору болуп кете турган *саясий ой жүгүртүүнүн* өзгөчө тиби мүнөздүү. Ой жүгүртүүнүн баштапкы категориясы практикалык ишмердиктин багыты болуп эсептелет. Анын негизине социалдык өнүгүүнүн идеалдары конструкциялашат. Алар чындыктын «жакшыларынын» түзүлүш жана «жамандарынын» кемиш жолу аркылуу түзүлөт. Бирок чындыктын мындай тараптарга бөлүнүшү илимий изилдөөлөрдүн нормаларына ылайык эмес, тигил же бул идеологдун конъюнктуралык саясий артыкчылыктарынан чыгып жүзөгө ашат. Акыр-аягындагы баалоо критерийи зомбулук болот, анткени чындыкты бардык анын татаалдыктарында, карама-каршылыктарында таануунун кызматтык роль таандык. Мамлекеттик кызматкерлер адатта социалдык илимди жүрүп жаткан бийликти ак-

тоонун керектөөлөрүнө баш ийдирүүгө аракеттенишет. Идеологдор өз дараметтерине жараша бул зака́зды аткарышат жана *идеология* менен илимдин ортосундагы айырмачылыкты жоюуга аракеттенишет. Идеал конструкциялашкандан кийин саясий стратегиялар, программалар жана ага жетишүүнүн тактикасы келтирилет. Бардык бул процедуралар идеологдун айкын саясий шарттарынын жана моралдык-саясий артыкчылыктарынын күчтүү таасири алдында болот. Жыйынтыгында социалдык өнүгүүнүн чыныгы тенденциялары дагы, айкын тарыхый кырдаалдын бөтөнчөлүгү дагы адекваттуу чагылдырылбайт. Адамдардын чыныгы кызыкчылыктары жана тарыхый тенденциялар ыктыярдуу конструкциялар менен алмашылат. Ошондуктан чындык ишенбөөчүлүк жана сактануучулук менен кабылданат. Идеологдун бул сапаты классикалык бюрократ менен жакындашат. Адамдар, топтор, таптар жана бүтүндөй коом идеологдун жана мамлекеттик чиновниктин ишмердигинин пассивдүү объектилери катары каралат. Көп учурда бул илимий жана саясий функционерлер «кара адамдарга» чыныгы тартиптин, мээримдүүлүктүн жана адилеттүүлүктүн жолуна чыгууга жардам берүү максатындагы соопчулукка шыктанышат.

Идеолог менен бюрократ өздөрүн чындыктын жеткен жери катары бекемдөөгө аракет кылышат. Адамдардан социалдык кайра өзгөрүүлөрдүн сунушталган программалары менен макул болуусу гана талап кылынат. Бардык макул эместик сунушталган жолдун тууралыгына күмөн салууга мажбурлабайт. Анын ордуна адамдарга тарыхтын «жетиле элек» курулуш материалы катары мамиле кылууга түртөт. Чиновник сыяктуу эле идеолог дагы адамдарда өз алдынчалыктын ой жүгүртүүсү менен иш-аракетин жайылткандын ордуна ар дайым өз туусунун алдында кантип жолун жолдоочуларды көп чогултсам болот деген ойго тынчсызданышат. *Саясий партиялардын* программалары менен уставдары бул өз алдынча эместикти саясий жүрүм-турум эрежесине айлантышат. Эгерде чындык *саясат* менен идеологиянын пассивдүү объектиси катары гана каралса, ал каалаган теориянын чындыгынын критерийлик ролун жоготот. Ага конструкциялашкан идеалдар менен стратегияларга макул болуу укугу берилет. Ошентип, практиканын идеалдык-максат көздөөчүлүк тарабы бүтүндөй практиканын өзү менен дал келет, мындан улам же практика болбой калат, же чиновник менен идеологдун, ошондой эле саясий конъюнктуранын таанып-билүүчүлүк-саясий көрсөтмөлөрүнө ылайык жөнөкөйлөшөт. Адамдар башынан эле жана дайыма ойлоп табуучуларга жана эпигондорго, айдоочуларга жана баш ийүүчүлөргө, интеллигенцияга жана элге бөлүнүп келет. Чиновниктердин ишмердиги сыяктуу И. б-нын ишмердиги көп жагынан саясий демилгени жана адамдардын саясий чыгармачылыгын шал кылат.

ИДЕЯЛАР – азыркы мезгилдин саясий идеалдары саясий ишмердүүлүккө *мамлекетке* жана саясий бийликке карата мамилелерин билдирген, XX к. аягындагы чындыкка дал келген көз караштардын, теориялардын жана концепциялардын системасы. Азыркы мезгилдеги саясий өзгөрүүнүн теориялары үчүн материалды коомдук практикадан, *социалдык мамилелердин* жашоо тажрыйбасынан алышат да, төмөнкүлөр үчүн каражат катары кызмат кылышат; а) белгилүү бир *идеологияны* калыптандыруу; б) инсандын социалдык катмардын же топтун, бүтүндөй коомдун тигил же бул *саясий кызыкчылыктарын*, аракеттерин, багыттарын билдирүү. Саясий И. тигил же бул идеологиянын элементардык бөлүкчөлөрү катары эсептелип, теориялык түрдө ар кандай деңгээлдерде көрүнүшү мүмкүн – жалпы адамзаттык конкреттүү коомдук же социалдык топтук И. традициялык саясий И. (*консерватизм*, неолиберализм, социализм, *коммунизм*) узун тарыхка ээ болсо жаңы саясий И. *цивилизациянын* өнүгүшүнүн бүгүнкү этабы менен байланышкан. Мунун башкы мүнөздүү белгилеринен болуп планетардуу, глобалдуулук, дүйнөнү традициялык эмес көрүү эсептелет. Азыркы мезгилдеги саясий И. бүгүнкү социалдык чындыктын көп кырдуулугун жана татаалдыгын ар тараптан чагылдырган жалпы теорияларга жана окууларга (философиялык, укуктук, адептик, эстетикалык ж.б.) таянышат. Ошол эле учурда алардын XX

жана XIX кк. чегиндеги тизмектешкен кырдаалдарга карата өздөрүнүн *саясий мамилесин* көрө билүүсү керек. Алсак, күч колдонбоо идеясындагы алардын өзгөчө көрө билүүсү төмөнкүчө каралган: а) саясий талаштарды чечүүнүн жалгыз каражаты – кызматташтык; б) *саясий конфликтке* тартылган адамдарды аны чечүүдө массалык жана активдүү катышуусу; в) инсандын жарандык укуктарын урматтоо жана өз ара түшүнүшүүгө жетишүү; г) азыркы мезгилдин регионалдык жана *глобалдык проблемаларын* чечүүнүн ыкмасы. *Демократия* идеясы да азыркы мезгилдеги саясий И-дан өткөн тажрыйбаны эске алуу менен каралат, тактап айтканда, эркиндик жана адилеттүүлүк айкалышкан чыныгы *социалдык-демократия* катары каралат. Сөз керектөөлөрдүн, баалуулуктардын жана нормалардын парадигматикалык өзгөрүүлөрү жөнүндө болуп жатат. Бул азыркы демократия тарабынан эске алынбаган, басмырланган адамдарга карата; жарандык укуктар үчүн түндүк американдык кыймылда, латын американдык жана африкалык боштондук кыймылдарында жана адам укугу үчүн дүйнөлүк кыймылда көтөрүлүш жакырчылыкка, ачкачылыкка, адилетсиздикке карата; аялдар кыймылы көтөрүп чыккан жыныстык айырмачылыктардын ролун жаңыча кайра баалоого карата; мамлекеттин *тышкы саясатына* карата жаңы мамиле. Адамзаттын идеологиялык эволюциялык бүтүшү жана көптөгөн талаш-тартыш жана дискуссияларга алып келген башкаруунун универсалдуу жана бүткөн формасы катары батыштагы либералдык демократиянын жеңиши жөнүндөгү Ф. Фукуяманын идеясы акыркы убактарда кеңири таралууда. Тышкы саясатта азыркы *саясий ой-жүгүртүүлөрүнүн* принциптерине негизделген жаңы дүйнөлүк тартиптин калыптаныш идеясы популярдуу болуп калды. «Жаңы» улутчулдук идея (Э.Геллнер) пайда болду. Бул теорияга ылайык XX к. аягындагы *индустриалдык коомдун* шартында маданият менен бийлик стандартташтырууга учурап, бирине-бири негиз катары кызмат кыла башташат жана акыры барып кошулушат. Ушундан улам, алар, чынында эле азыркы дүйнөдө биз байкагандай, саясий картадагы өзгөрүүлөргө алып келет. Азыркы мезгилдеги саясий И-ды иштеп чыгууда теологдор активдүү катышууда. *Саясий турмушта* көптөгөн терс көрүнүштөрдү жараткандыгы үчүн атеизмге саясий күнөөлөр коюлууда. Акыркы жылдардагы мусулмандык фундаментализмдин жанданышы (өзгөчө коммунисттик режим кулап, марксизм-ленинизм мамлекеттик идеология болбой калгандан кийинки мезгилдерде) азыркы *саясий* И-га жана *саясий аракеттер* менен кыймылдарга өз таасирин тийгизүүдө. *Экологиялык кризиске* байланыштуу көптөгөн саясий И. иштелип чыгууда. Илимий-техникалык революцияга байланышкан бир катар жаңы идеялар, теориялык концепциялар бар. Технократтык ан-сезимдин өнүккөн, ар кандай саясий мазмундан обочолонгон идеология пайда болот. XX к. саясий партияларсыз саясат концепциясы көрсөтүлдү, муну кээ бир өлкөлөрдөгү шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүнөн да байкаса болот. Азыркы мезгилдеги саясий И-да маанилүү орунду төмөнкүлөрээледи: *геосаясат* жана *глобалистика*, дүйнөлүк саясаттын, саясий интеграциянын, чектелген укуттук суверенитеттин субъектилеринин өз ара байланышы жана өз ара көз карандылыгы концепциясы; саясий жана этносаясий конфликтология; жаңы *саясий мейкиндик* жана саясий убакыт азыркы коомдорду *саясий модернизациялоо* идеясы; Чыгыш-Батыш жана Түндүк-Түштүк мамилелерине карата жаңы көз караштар ж.б.

ИЕРАРХИЯ (гр. hieros – касиеттүү, гр. arche – бийлик) – бүтүн, туташкан нерсенин бөлүмгө, түзүүчүлөргө бөлүнүп, жогорудан төмөн карай жайгашуу тартиби; атак, даража, кызматтык абалына жараша баш ийүү тартиби. «И.» термини XV к. 2-жарымында жашаган Дионисий Псевдо-Ареопагиттин калемине таандык «Осмон империясы тууралуу», «Чиркөө иерархиясы тууралуу» аттуу эмгектеринде жазылган жана XIX к. чейин *христиан* чиркөөсүнүн ишмердүүлүгүн түшүндүрүүдө колдонулуп келген. Ал эми XIX к. 2-жарымынан баштап коомдогу *бийлик* курамын жана бардык тутумдарды мүнөздөөдө колдонула баштаган. Негизи И. баш ийүү, кызматтык абал, илимий даража, аскердик чин, кандайдыр бир түзүмдү

мүнөздөө сыяктуу түшүнүктөр менен тыгыз байланышта. Мис., Кыргызстанда «Мамлекеттик кызмат» тууралуу мыйзамга жана Реестерге ылайык саясий, атайын жана административдик мамлекеттик кызматтар бар. Анын ичинен саясий жана атайын кызматтар И-лык принципке ылайык беш топко, ал эми административдик кызматтар – жогорку, башкы, улуу жана кичүү кызматтарга бөлүнүп, ошондой эле класстык чиндер жана мамлекеттик кызматтар түшүнүктөрү киргизилген.

ИЛИМИЙ САЯСАТ – саясий өнүгүүнүн узак процесси жана бардык илимий, философиялык баскычтарга негизделип, акыркы жүз жылдыкта тигил же бул түрүндө иш жүзүнө ашып, тарыхта өтө маанилүү роль ойногон коомдук өнүгүү жана кайра түзүүнүн көп сандуу илимий, философиялык долбоорлоруна: *жарандык коом, укуктук мамлекет, бийликтин бөлүштүрүлүшү, согушка каршы багытталган саясий өзгөрүүлөр, адам укугун коргоо идеялары, демократия* ж.б. сыяктуу долбоорлорго таянуу менен XX к. бери ишке аша баштаган саясий концепция. Мунун негизинде адамзаттын бул жетишүүлөрү саясатты мындан ары дагы «илимдештирет» деп үмүттөндүрөт, бирок муну менен кошо бул процесстин принципиалдык маселелерин да көз жаздымда калтырууга болбойт. Саясий билимдин функцияларын иш жүзүнө ашыруу, демек, анын изилдениши жана коомдук милдетин чечмелөө аркылуу илим менен саясатты бири-бирине абдан тыкыс жакындаштыруу аркылуу философтордун бийлигин кууруга ниеттенген байыркы *Платон*дон баштап, аттары анча унутула элек кечээги саясатчылар да умтулуп, кылымдар бою саясий жактан артыкча такшалган акылмандар дагы эңсеп келген аталышы чуулгандуу «илимий саясаттын» жогорку чегине жетүүгө мүмкүн болмок. Байыркы доор же азыркы учур болсун билим (чыныгы илимдин өзүн албаганда) жана саясат ар дайым өз ара аракеттенип келген жана бөлүнгөн эмес: билим бул – бийликтин өзү сыяктуу саясаттын өзү – билим, *бийлик* дагы бул – билим болгон. Кол башчынын жанында ар дайым кечил, король же президенттин жанында окумуштуулар же акылман кеңешчилер жүрсө, бийликти бөлүштүрүү менен аткаруу бийлигинин практикалык билими жана сот бийлигине профессионалдуу көзөмөл жүргүзө турган компетенттүү мыйзам чыгаруучуларды жөн жерден бириктирген эмес. *Саясат* менен илим мамилесиндеги прогресс саясий ордолордун айланасына акыл тапкыч борборлорду жана партиянын, өкмөттүн, мамлекеттик мекемелердин адистештирилген кеңешмесин баш коштурду. Азыркы учурдагы мамлекетти башкарууда жана эл аралык мамиледеги саясий милдеттердин оорлошу саясат менен илим союзуна ар дайым жогорулаган талаптарды коюп, жоопкерчилигин арттырат.

Ошону менен бирге практика менен теория сыяктуу эле илим менен саясатта дагы чоң айырмачылыктар бар. Болгону бул экөө өз ара жакындыгы, түшүнүп билүүсү аркылуу аракеттениши керек жана аракеттенет. Алардын мамилеси бир бүтүндүн эки жартысындай шайкеш, бирдей эмес: илим саясаттын эмне экенин түшүндүрөт, ага жардам берет, кийлигишет, бирок илимди саясат деп айтууга болбойт. Мындан тышкары кайсы бир окумуштуунун саясатка кийлигишүү чарасы функционалдуу түрдө гана эмес, канчалык чектелүү болсун, анын авторитетине жана илимдин коомдогу абалына (бул абдан маанилүү) жана илим сунуштаган нерселерге саясатчынын көз карашы жана өздүк деңгээлине карай саясатты илим катары түшүнүүгө болот, бирок бул түшүнүк чексиз жана эч кандай талашсыз эмес. Саясатчы болсо өз тарабынан заказ берүүчү катары илимий изилдөөлөрдү аныктабаганы менен анын тыя- нагына макул болуу-болбоосу өз эркси. Окумуштуу-теоретик катары саясатчы боло албайт, ал эми саясатчы катары ал илим менен байланышуудан ажырайт. Тарых баракчарындагы бул эки функцияны бириктирүүгө жасалган кээ бир аракеттер трагедиялуу болбосо дагы өтө кайгылуу жыйынтыктарга алып келген. Албетте, көрүнүктүү саясий окумуштуу жана саясий ишмерлердин бири болгон Ленин практикалык маселелерди чечүүдө саясатты илимден бийик койгон – ошондуктан Октябрь революциясынан кийин башталган саясий багыттардын тынымсыз алмашуусу жана ошол

багытты таңдоодо (өнүгүүгө жетише элек доор жана даяр эмес өлкөдө социализмди куруу ж.б.) маселени «иш үстүндө» чечүү боюнча ж.б. сыяктуу көптөгөн тарыхый жаңылыштыктар кетирилген. Ошол эле учурда ал үчүн стратегиялык жаңылыштыктарын айтып чыккан каршылаштарынын нааразылыктарын төгүнгө чыгаруу оңоңой болгон: иш жүзүндө алар саясий абалга саясий ой жүгүртө алышкан эмес. Ленин жок дегенде эле теория менен саясаттын карама-каршылыктарын түшүнө билген. Илимий билим менен саясатты гармониялуу түрдө толук бириктирүү оюн ишке ашыруруга тоскоолдук кыла турган саясатка байланыштуу принципиалдуу, объективдүү себептер бир эле эмес, алар толтура.

Чыныгы дүйнөгө түшүнүү, ошондой эле салыштырмалуу жана анык образдуу долбоор жаратуу үчүн практика менен теориянын айырмачылыктары сыяктуу эле саясат жана билим мамилеси өзгөчө касиет аркылуу аныкталып жана чектелип турат. Бул мамиле *саясий процесс*тердин салыштырмалуу мүнөзүнө, анын белгисиздигине жана диний ишеним, миф, иллюзия, эрктүү же эрксиз өзүн-өзү алдоо, көндүм болуу, искусство, кумар, оюн сыяктуу саясаттын өзгөчө касиетине байланыштуу (бардык башка ишмердүүлүктөр сыяктуу эле) практика жүзүнө келгенде чектеле баштайт. Рационалдык жана иррационалдык мындай чектөөлөр кандай гана аракеттер болбосун саясат менен билимди бириктирүүгө жол бербейт: алар өз алдынча жол, каражат, милдет жана функция аркылуу ишке ашат.

Саясат дагы, билим дагы кандайдыр бир чындыкка жеткирет: бирок ал жалгыз эмес: *саясий кыймыл*, күрөш, мүнөзү, берилгендик, учурдагы чындык жана чындыкты бириктирүү принциби, система жана тармакты салыштыруу сыяктуу бир эле саясий жагдайдагы ар түрдүү чындык болуп калат. Саясат менен билимдин ич ара аракети ушул чындыктарга макул болуу аркылуу ишке ашат. Ошол эле учурда кандайдыр бир рационалдуулукка каршы турган иррационалдуу нерсе катары саясат менен илимий теория бири-бирине карама-каршы боло албайт. Алгач ал алардын экөөнө бирдей мүнөздүү, бирок саясат үчүн иррационалдуулук көбүрөөк касиет болуп эсептелет. Эгер өзүнөн башка интеллекттерди сүйбөй же баалабай жана илимден дагы алда канча жогору, чыныгы күч – талапташ, *партия*, эл массасын жана өзүнүн саясий тажрыйбасына же «көрөгөчтүгүнө» өтө ишенген жана илимий теорияны танган саясатчы гана ар дайым өз алдынча аракет кылууну көздөйт. Бирок, илим менен саясатта мамиленин бузулушу кандай коркунуч алып келери жакшы белгилүү: XX к. саясий ишмердүүлүккө катышууда жогорку жана ар дайым өсүп жаткан компетенцияны (бул саясий искусстводогу бардык маселени, сөзсүз жана айла жок керектүү интуитивдүү чечимдерди, салттуу саясаттын башка атрибуттарын чече албайт) талап кылат.

Мындан тышкары өтө олуттуу саясий акциялар – *революция, реформа*, кайра куруулардын бардык түрү саясий өзгөрүүнүн масштабы жана концепциянын терендигине жараша аны алдын-ала иштеп чыгууну талап кылат. Импровизациялоо айла жоктон болушу мүмкүн, бул саясаттын өзгөчөлүгү, ошондой болсо дагы ал иррационалдуу жолдун натыйжасын эске албай, жөн жерден жаралбашы керек. Буга жакында эле, жаңылоону эч кандай концепциясыз ишке ашырып, аягында андан дагы ажыраган, тарыхый өнүгүүгө арналган программаны жол үстүндө, ийгиликсиз, иш жүзүндө көз жумуу менен кабыл алып, коомдун бардык катмарында экономикалык, улуттук, геосаясий, маданий, руханий жактан перманенттик жаңжалдарды жаратып, саясий жана социалдык түзүмдөрдү стихиялуу жоюп салган – Горбачев демилгелеген советтик кайра курууну мисал кылууга болот. Ошондуктан саясатчы-практиктерге тарыхый өнүгүү жолунда саясатка, мындай маселелерди чечүүдө саясий билимдин ролуна кайра-кайра көңүл буруп турушуна негиз бар. Өзгөчө – ошондой эле өнүгүү жолундагы кризистерди жөнгө салуу, ал маселени чечүү үчүн салым кошуу зарыл.

ИМАМ (араб. – алдыда туруучу) – 1. мусулмандардын диний жетекчиси, насыятчысы. 2. мусулман жамаатынын башчысы, мусулман теократиясынын (динчил) мамлекетинин баш-

каруучусу, халиф. 3. суннизмде шарыят жана адат маселелерине негиз салуучулар. 4. VII-IX к. шииттер жамаатынын башчысы. 5. мечит башчысы.

ИМАНАЛИЕВ Каныбек Капашович (1969-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору (2010-ж.).

Чүй облусундагы Кемин районунун Кайыңды айылында төрөлгөн. 1993-ж. Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүн эң жакшы баада окуп бүтүргөн.

1998-ж. «Политология» адистиги боюнча Орусия Федерациясынын Президентинин алдындагы Орусия мамлекеттик кызмат академиясын эң жакшы баада бүтүргөн. 2002-ж. Москва шаарында кандидаттык диссертациясын жактаган, 2010-ж. Орусия Федерациясынын Тышкы иштер министрлигинин алдындагы Дипакадемияда докторлук диссертациясын жактаган.

Эмгек ишмердүүлүгүн 1992-ж. «Асаба» эркин гезитинде корреспондент болуп баштаган. 1994–1995-жж. пресс-кызматынын референти, 1996-ж. январь айында пресс-кызматынын жетекчилик ордуна дайындалган, 1996-ж.–1999-ж. чейин Кыргыз Республикасынын Президентинин Пресс-катчысы. 1999–2004-жж. «Учкун» АКнын президенти. 2000–2005-жж. №2 Жал округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйынынын депутаты. Эл аралык жана парламенттер аралык байланыш боюнча комитеттин мүчөсү болгон. 2005-ж. февраль айында №62-Аламүдүн шайлоо округу боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутат болуп шайланган. Бир катар мыйзам долбоорлорунун автору болгон. 2008-ж. – 2010-ж. чейин Кыргыз-Орус Славян Университетинин эл аралык байланыш боюнча проректору. 2010-ж. ноябрь айынан тартып «Ар-Намыс» партиясынын тизмеси менен Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты. Эл аралык иштер жана парламенттер аралык кызматташтык боюнча комитеттин мүчөсү, ЕККУда Жогорку Кеңештин өкүлү.

Бир катар монографиялардын жана көптөгөн илимий макалалардын автору.

И.К. – республикада көрүнүктүү журналист, публицист. Орус жана англис тилдеринде басылган «Кыргызстан (Слово о Родине)» китебинин, «Жоогазын ыры» («Тюльпаны пустыни»), «Кыргызские притчи» (2007), «Алтын көлдүн аккусу», «Тагай бий» (2010) повесттеринин жана «Арзуу ыры» ырлар жыйнагынын автору. Ошондой эле кыргыз элинин тарыхы, маданияты, этнографиясы жөнүндө макалалар жана маалыматтар жыйналган «Кыргыздар» басылмасынын 10 томдугунун түзүүчүсү.

2009-ж. анын «Каганат» («Сокровенное сказание кочевников») китеби КМШнын катышуучу өлкөлөрүнүн эл аралык сынагында «Наш современник» номинациясындагы I даражадагы Диплому менен сыйланган. 2010-ж. Улуу манасчы С.Каралаевге арналган «Саякбай» («Баллада о гение») китеби басылып чыккан.

2002-ж. Парламенттер аралык КМШ ассамблеясы К. Иманалиевди «Древо дружбы» («Достук багы») алтын медалы менен сыйлаган.

ИМИДЖ, саясий – субъекттин өзү жөнүндөгү түшүнүктөрү менен ал жөнүндөгү *массалык маалымат каражаттарын*да калыптанган сүрөттөмөлөрдүн кошундусунан улам пайда болгон образ, саясий мүнөздөмө. Саясий И. жалаң эле лидердин *саясий аң-сезимин*ин жана жүрүм-турумунун чыныгы өзгөчөлүктөрү жөнүндө эмес, андан тышкары, ал жөнүндөгү элдердин ой-мүдөөсү, элестетүүсү жөнүндө да жалпыланган, жөнөкөйлөтүлгөн маалыматтарды берет. Ыңгайлуу же ыңгайсыз абалдын, шарттын таасири менен саясатчынын артыкчылыктары жана кемчиликтери жөнүндө коомдук аң-сезимде белгилүү бир образ пайда болот жана калыптанат, бул образ, белгилүү бир мааниде, өз алдынчалыкка ээ болуп, саясатчыны коомчулуктун пикирине ылайык иш жүргүзүүгө мажбурлайт. Тигил же бул саясатчынын И-ин аныктоодо маалымат каражаттарынын ролу чоң. Элдин көпчүлүк бөлүгү өзүнүн саясий симпатиясын билдирүүдө көбүнесе колдо болгон маалыматтарга таянууга мажбур болушат. Ушундан улам азыркы мезгилде, өнүккөн өлкөлөрдө саясатчылардын И-ин аныктоодо одоно каталарды кетирбөө үчүн саясий маркетинг теорияларын жана методдорун колдонушат. *Лидер*дин жекече иш стили, идеологиялык көз карашы жана *саясий программасы* бирине-бири төп келсе, анда бул саясий И. пландоонун ачкычы болуп эсептелет. Эгерде И. *саясий рынок*тун талаптарына дал келсе, анда саясатчыга ийгилик алып келет. Ушул максатта саясатчынын артыкчылыгын баса белгилөөчү жана анын начар жактарын жаап-жашырып туруучу маалымат үчүн атайын программалар иштелип чыгат. Маркетинг буга өбөлгө түзөт: конкреттүү кырдаалда саясатчы өзүнүн жеке сапаттарына жараша, электораттын талаптарына ылайык, атаандаштарынын абалына карата кандай көз караштарда туруу керектиги аныкталат. Демократтык *институттардын* өнүгүшү, шайлоо алдындагы мезгилде саясий атаандаштардын көбөйүшү саясатчынын И-ине карата болгон талаптардын курчушуна алып келет. Шайлоолордогу ийгилик, саясий карьера көбүнесе саясий И-дин өзүнө тартуучулук күчүнө, аныктыгына, иш аракеттеринин иреттүүлүгүнө жараша болот. Ошондо гана *электорат* аны башка атаандаштардан айрып-таануу, ага саясий симпатия көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

ИММИГРАНТ (келгин) – бир мамлекеттен экинчи мамлекеттин аймагына *мыйзам* негизинде көчүп келип, отурукташып калган чет өлкө жараны же жарандыгы жок адам.

ИММИГРАЦИЯ (жер оодаруу) (лат. immigrare – көчүп келүү, отурукташуу) – чет өлкө жарандары менен *жарандыгы* жок адамдардын башка бир мамлекеттин аймагына туруктуу жашоо үчүн көчүп келүүсү.

ИММУНИТЕТ (лат. immunitas – бир нерседен бошонуу) – укук субъекттеринин белгилүү бир чөйрөсүнүн жалпы укук аракетинен бошонуусун билдире турган жалпы укуктук аталгы. Эл аралык жарыя укукта төмөндөгүлөр белгилүү: мамлекет И-и, аскер кемелеринин И-и, дипломатиялык И., мамлекеттик деңиз соода кемелеринин И-и. *Конституциялык укукта* кол тийбестикке тийиштүү кээ бир катмардагы кызмат адамдарына берилген артыкчылык. Ал көбүнесе депутаттык И. (парламенттик), президенттик И., сот И. болуп бөлүнөт. Каржы укугунда салык И-и деген түшүнүк бар.

ИМПЕРАТИВ (лат. imperativus — буюруучу) — талап, буйрук жана мыйзам. И. Кант колдонгон термин, эмне кылуу жана милдеттенмени кантип аткаруу керектигин аныктаган башкы принципти, жогорку талапты, жалпы *мыйзам*ды көрсөтөт. Категориялык И. төмөндөгүдөй формулага келтирилет: Өзүң жетектелип, ошол эле мезгилде, анын жалпы мыйзам болушун каалаган эрежелерге ылайык гана аракет кыл, ар дайым сен өзүндө жана башка бирөөнүн жүзүндө адамзатка каражат гана эмес максат катары мамиле кыл. *Саясат*та И. индивиддердин, социалдык топтордун жана мамлекеттердин ортосундагы өз ара мамилелердин өзгөрүлгүс эрежеси катары түшүндүрүлөт. Ядролук, химиялык, бактериологиялык согушка жол бербөө менен байланышкан адамзаттын жашоосун сактап калуу, айлана-чөйрөнү коргоо зарылчылыктары бүгүнкү күндүн шексиз И-и болуп саналат. Адамзаттын өнүгүүсү менен И. менен аныкталган милдеттүүлүктөрдүн чөйрөсү кеңейүүдө. «И.» түшүнүгү менен саясий лидердин ыйгарым укуктарынын көлөмү да камтылат (анын мандаты).

ИМПЕРИЯ (лат. imperium – бийликке ээ, кубаттуу, күчтүү) – 1) байыркы Римде – шайлоолордо, *мыйзамдарды* кабыл алууда, согуш жарыялоодо жана тынчтыкка келишүүдө, жогорку сотто көрсөтүлгөн элдин жогорку мамлекеттик бийлиги; 2) байыркы римдик магистр – падышалардын, Рим *республика*сында – консул, претор, диктатор, протопретор, шаардык жана преториандык префект жана цензорлордун жогорку ыйгарым укугу. Жогорку мамлекеттик *бийлик* аларга же *шайлоо* аркылуу же өзгөчө мыйзам менен берилген. Диктатор Рим республикасында император жогорку даражасын алган; И-нын ыйгарым укуктарынын республикалык мүнөзүнүн жоюлушу менен анын жогорку даражасы бийликке ээ болоору менен Римдик императорлоруна өмүрлүк кылып берилген; алардын И-сы тарабынан Рим көзөмөлдөгөн аймактын бардыгына таркалган; 3) императордун бийлиги таркаган аймак; 4) император титулун алган же династиялык жол аркылуу ага ээ болгон адам башкарган мамлекет; 5) метрополия – колония, борбор – *провинция*, борбор – улуттук республикалар жана чет жакалар

мамилесинин негизинде катуу борборлошкон бийликтин астында гетерогендик этно-улуттук жана администрациялык-аймактык бирикмелерди бириктирген *саясий система.* Бардык маанилеринде И. түшүнүгү жер-жерлерде борбордук бийликти катуу колдонуу менен байланышкан.

ИМПИЧМЕНТ (англ. impeachment – мамлекеттик кылмыш жасагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу) – бир катар өлкөлөрдө (Англия, АКШ, Жапония ж.б.) мамлекеттин жогорку кызмат адамдарын, *президентти* Конституцияны бузгандыгы жана кылмыш жазагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуунун тартиби. И. тартибинде жоопкерчиликке тартуу укугу парламенттин төмөнкү палатасы аркылуу ишке ашырылса, ишти карап чыгуу жогорку палата тарабынан жүргүзүлөт. И-ти жүзөгө ашыруу түрдүү өлкөлөрдө өздөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ. АКШнын Конституциясы боюнча И. окуяларында өкүм кызматтан четтетүү жана Кошмо Штаттардын кызматында кандайдыр бир ардактуу, жоопкерчиликтүү кызматты ээлөө укугунан ажыроо менен гана чектелет. Андан соң тергөө жүргүзүлөт да, кызматынан четтетилгенге күнөө коюлат, ал сотко берилет жана өкүмгө ылайык мыйзамда көрсөтүлгөндөй жазасын алат. Кыргыз Республикасынын Конституциясына ылайык чыккынчылык же башка кылмыштары үчүн мыйзам чыгаруучу жыйын тарабынан күнөө коюлса 68-беренеде белгиленгендей, Президент өз ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтоткон учурда жаңы Президент шайланганга чейин анын ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңештин төрагасы аткарат. Президенттин ыйгарым укуктарын Жогорку Кеңештин төрагасы аткарууга мүмкүн болбогон учурда Президенттин ыйгарым укуктарын премьер-министр аткарат. Мөөнөтүнөн мурда Президентти шайлоо Президенттин ыйгарым укуктары токтотулган күндөн тартып үч айлык мөөнөттө өткөрүлөт.

ИНАЛ, Энал – байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын мамлекеттик башкаруу тутумундагы титул. Болжолу, XIII к. мамлекеттик бытырандылыкты (бир нече өз алдынча эзликтер) башынан өткөрүп жаткан кыргыздарда *«каган»* терминине тектеш сөз катары колдонулган. Азыркы Тувадагы (Оттук Даш, Е-5) кыргыздарга таандык жазуу эстеликтеринде (VI–X кк.) «ынал» («инал») термини жөнүндө маалыматтар айтылат. Кыргыздар жөнүндө маалымат бергенде, алардын падышасы «инал» деп аталарын, кыргыздарды Урус Инал аттуу хан башкарарын жазат (Рашид ад-Дин, Т.1, Кн.1. – С.150). Махмуд Кашгари «Сөздүктө» «инал» сөзүнө төмөнкүдөй аныктама берет: 1. Энеси хан тегинен, атасы карапайым жерден чыккан; тектүү, жогорку даражалуу. 2. Энчилүү ат, титул. Ал эми ушул эле Туванын Көжелик Хову деген жеринде табышкан [Е – 45] кыргыздарга таандык жазуу эстеликте: «Баатырдык атым Шубуш-ынал, өз атым Күмүш өгө..., ...отуз жашка чыкканда акылым толду, мамлекетте тутуктук (башкаруучу) кылуу менен бирге, эл башкардым, тышкы душмандар менен согуштум, жендим...» – деп жазылган. Минуса музейинде (Тува эстелиги): ...Эр атым Ак-Баш атык, мен Ынал Өгө жетимиш жашымда кырк эки того (белги) менен сыйландым, жоодо отуз эрди өлтүрдүм» – деген маалыматтар бар. Ак-Юс дарыясынын боюндагы жардагы таш бетинде: «...Алту Шанга келдим, менин мамлекетим, менин элим..., менин улуу эр (баатырдык) атым Өгдөм Алп Ынал...» – деген кыргыз жазуусу чегилген.

ИНАУГУРАЦИЯ (англ. inauguration) – АКШ жана башка бир катар өлкөлөрдө жаңы шайланган мамлекет башчысынын кызматына киришүүсүнүн салтанаттуу аземинин аталышы. Кыргызстанда да шайлоодон жеңген президент И-дан кийин гана өз милдеттерин аткарууга киришет.

ИНВЕСТИЦИЯЛЫК САЯСАТ – ички чарбалык объектилерде (ишканалар, фирмалар, компаниялар ж.б.), регионду, өлкөдө, ошондой эле андан тышкаркы жерлерде өндүрүштү, ишкерликти өнүктүрүү, пайданы же жыйынтыкталган натыйжаларды алуу максатында узак мөөнөттүк салымдардын (инвестициялардын) көлөмүн, түзүмүн жана багытын аныктоочу чарбалык чечимдердин тутуму. И. с. аркылуу көп маселелер ишке ашырылат. Мис., өндүрүштүн түзүмүн өркүндөтүү жана анын

өнүгүү темпин тездетүү, экономиканын тармактарынын балансыланышы жана натыйжалуулугу, продукциянын жана кирешенин (пайданын) ж.б. олуттуу жыйынтыгын алуу. Коомдун чыгармачылык потенциалынын өсүшүн камсыз кылуучу жумушчулардын (кызматкерлердин) квалификациясын, алардын билимдерин жана тажрыйбасын жогорулатууда социалдык, табигатты коргоо ж.б. иш чаралардагы салымдар өзгөчө маанеге ээ болот. Башкаруунун экономикалык ыкмаларын кеңири колдонуу, кризистик жагдайдан чыгуу жана базар мамилерине өтүү шарттарында И. с-тын келечегин илимий нукка негизделгендигин камсыз кылып, инвестицияларды пландоонун (божомолдоонун) практикасын жаңы чарбалык механизм менен байланыштырып, узак мөөнөттүк салымдарды пайдаланууну ар тараптан жакшыртууну, өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүшүн андан ары тездетүү, алардын натыйжалуулугун жогорулатууну камсыз кылуу зарылчылыгы келип чыгат. Иш-аракеттеги ишканаларды (өндүрүштөрдү) техникалык кайра жабдууга жана реконструкциялоого узак мөөнөттүк салымдардын үлүшүн көбөйтүү жана ошого ылайык эскилеринин үлүшүн төмөндөтүп, жаңы нуктагы түптөлүүгө (курулушка) бет алуу И. с-тын азыркы шарттардагы өзгөчөлүгү болуп саналат; инвестициялар көбүнчө машина куруунун олуттуу тармактарына, айыл чарбасына багытталат; ресурстарды өндүрүүчүлөр менен кайра иштеп чыгаруучулардын жана керектөөчү тармактардын капиталдык салымдарынын ортосундагы катыштарды (акыркысынын пайдасына) жакшыртуу; негизги фондулардын активдик бөлүгүндө узак мөөнөттүү салымдардын үлүшүн көбөйтүү болуп эсептелет. Инвестициялык иш-аракеттерди мамлекеттик жөнгө салып туруу *салык* төлөмдөрү, амортизациялык *саясат*, инвестицияларды финансылоого бюджеттик каражаттарды бөлүү механизми аркылуу экономикалык ыкмалар менен ишке ашырылат.

ИНДЕКСАЦИЯЛОО (лат. index – көрсөткүч, реестримен, аталыш) – керектөөнүн эң аз себетинин курамына кирген кеңири керектелүүчү товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн баасынын өсүшүнө карата калктын кирешелерин автоматтык түрдө иретке келтирүү механизми. Акчалай кирешенин бардык түрлөрү – эмгек акы, бааракы, жөлөкпул, стипендия, аманаттар жана башка бир ирет гана төлөнүү мүнөзүнө ээ болбогон кирешелер индексацияланат. Ошондой эле калктын сактык кассаларындагы аманаттары, мамлекеттик карыздардын облигациялары жана баалуу кагаздар, төлөмдөрдүн айрым түрлөрү И-го жатат.

ИНДИВИДУАЛДУУЛУК – нравалык принцип; анын негизинде коомдук кызыкчылыкка карама-каршы жеке адамдын кызыкчылыгы жатат. Жеке кызыкчылык коомдук кызыкчылыктан жогору турат.

ИНДУСТРИАЛДЫК КООМ – илимий-техникалык ишмердиктин, машиналык өндүрүштүн, фабрикалык уюм менен жумушчу эмгектин, жалпы улуттук базар менен айылчарба тутумунун борбордук ролу аркылуу таатаал өнүккөн коомдун түрү. Өнүккөн, алдыңкы И. к. катары адатта ал агрардык «салттууга», «дыйкандыкка», «азаттыкка» ж.б. коомдун аз кыймылдуу түрлөрүнө каршы коюлат.

«И. к.» терминин К.А. Сен-Симонго тиешелүү дешет. Андан ары И. к. концепциясы социологиянын: О.Конттун, А.Токвилдин, К.Маркстын, Э.Дюркгеймдин ж.б. идеялары менен байыган. И. к-дун дээрлик расмий академиялык теорияга жетип гүлдөгөн доору батыш социологиясында 1950–60-жж. (Ж.Фурастье, Р.Арон, Р.Дарендорф, У.Ростоу, Дж.Гэлбрейт ж.б.) туура келет. Бул мезгилде «И. к.» түшүнүгү көбүрөөк жалпы түшүнүк катары капиталисттик коомду маркстык түшүндүрүү менен теңтайлашкан. Бул өңүттө алгач капитализм–социализм карама-каршылыгынан качуу жана кызматы өндүрүштүк күчтөрдү өнүктүрүү, коомдук байлыкты чогултуу болгон. Азыркы өнүккөн И. к. үчүн биринчи (айыл чарбасы) жана экинчи (өнөр жай) сектордон чарбанын үчүнчү секторуна – кызматтарга демилгелүү калктын оошу мүнөздүү. Бул дайыма болуучу массалык жумушсуздукту жок кылат, биринчи жана экинчи секторлордун продуктыларынын кирешелери менен керектөөлөрүн акырындап теңдөөнү камсыздайт (же бул чөйрөнүн техникалык прогресске аз гана жетиштүүлүгүнүн

айынан эң байлар тарабынан керек кылынган кызматтардын акысы менен баасы жогорку темпте өсөт) жана социалдык толкундардын (Фурастьенин теориясы) коркунучу кескин төмөндөйт. Мурдагы социалисттик өлкөлөрдө айыл-чарба секторлорунун эски шайкештиги азырынча сакталат. Бирок жалпы «индустриялаштыруу логикасы» бардык коомду айыл-чарбаны уюштуруунун негизги институттары менен ыкмаларынын окшоштугунун (конвергенциясынын) жогорулашына алып барат. Коомдордун индустриялашуусунун деңгээли канчалык жогору болсо, анда бул тенденция ошончолук күчтүү келет. И. к. концепциясы – *конвергенция, модернизация* жана менеджерлердин технократиялык революциясы теорияларынын ажырагыс бөлүгү. *Капитализм* И. к-дун узап аткан баскычы катары – бул коом, өнөр-жай өндүрүшү дээрлик толук бойдон жеке колдордо жана ишкерлерде турат, ал бир эле мезгилде анын ээси жана башкаруучусу.

Индустриялашкан уюмдун масштабынын өсүшү менен капиталга болгон менчик бийликтин үстүнөн болгон көзөмөлдү жана башкаруу, менеджерлик кылуу боюнча адистерге өтө турган, жалпы улуттук «социалдык рыноктук чарбалар» тутумдарын түзүүгө көбүрөөк ийкемдүү ишканаларды башкарууга кепилдик бербейт. Бул «жаңы башкаруучу таптын» бийлиги менчиктик укукка караганда, маалыматты эксперттик көзөмөлдөөгө көбүрөөк негизделген. Ойдун мындай жүрүшү окумуштуулар кеңештери менен техникалык серепчилердин И. к-ду башкаруусу жөнүндөгү Сен-Симондун утопиясын улантат.

И. к. теориясында ал үчүн салттуудан И. к-го өтүүдө негизги нерсе – *демократия*лаштыруу процесси, анын ичинде мурасталган социалдык айырмачылыктарды жоюу, салттуу катмарлык артыкчылыктар менен иерархияларды жок кылуу, мыйзам алдында *жарандык укуктар* менен жалпы коомчулуктун тең болушу маанилүү болгон Токвилден бери келе жаткан нерселер негизги саясий мааниге ээ. Жарандык укуктардын (юридикалык, саясий, социалдык) тутумунун өнүгүүсүндө таптык бөлүнүүнүн каршы турган тутумуна карата XX к. батыштык социологдор (Т.Маршалл, Т.Парсонс, Р.Бендикс ж.б. көптөгөндөр) таптардын (пролетариат менен капиталисттердин) келишкис полярдашуусунун жана Маркс тарабынан алдын-ала айтылган Батыштагы зомбулук революциясынын болбогондугуна жооп издешет. Таптык мамилелер И. к-дун алгачкы баскычтарында гана курч зомбулук келишпестиктеринин булагы болгон. XIX к. мүнөздүү таптык келишпестиктер акырындап алардын укуктук институтташтырылышына, эмгек келишимдеринин, жамааттык сүйлөшүүлөрүнүн өнүгүшүнө жана иш уюмдарынын мыйзамдаштырылышына жараша жумшарды. Токвиль алдын-ала көргөндөй, демократиялык кыймыл, бардык калкка карата саясий жарандык укуктардын (жалпы добуш берүү жана саясий партияларды түзүү укугу) кеңейиши өнөр-жайдын өзүнүн өнүгүүсү менен бирге полярдашууга эмес, аралык (орто) катмарлардын жогорулашына алып келет. Таптык полярдашуу, аны менен бирге таптык антагонизм дагы жоголот. Мүмкүнчүлүктөрдү формалдуу-укуктук теңдөөдөн тышкары билимге кеңири жетишүүнүн базасындагы социалдык мобилдүүлүктүн реалдуу өсүшү дагы катаал таптык жолтоолорду жоюуну жөндөмдоштүрөт.

Азыркы И. к-дун өнүгүүсүнүн жалпы тенденциясы – социалдык катмарлануунун тутуму болушунча адистик жөндөмдүүлүгү менен кесипкөйлүк сапаттарынын айырмачылыгынан чыккан «ички» теңсиздикке таяныш үчүн «тышкы» (социалдык жактан бекемделген) теңсиздиктерди прогрессивдүү түрдө четке кагуу. Бул жеңиштер бардык *саясий чойро*лор сыяктуу эле мамлекетке кескин каршы турган коомдун экономикалык өз алдынча кыймылы биринчи деп саналган сен-симондук (жана маркстик) мамлекетке караганда токвилдик салт И. к-дун өнүгүүсүнүн өз алдынча жана маанилүү фактору деп эсептеген улуттук либералдык-демократиялык мамлекетти коргойт. Мындан келип социалисттик салтта утопиялык программалар И. к-ду демократиялаштыруунун проблемаларын «саясаттан тышкаркы», формалдык эмес-укуктук жолдор менен, капитализмден арылган өндүрүшчүлөрдүн эркин

ассоциациялары аркылуу чечет. Иш жүзүндө бул бийликтин ашынган, көзөмөлсүз деңгээлине алып келди. Батыштагы жана «экинчи модернизация» өлкөлөрүндөгү индустриялаштыруунун социалдык-саясий жыйынтыктарынын жүрүшүндөгү айырмачылыктар көп убакта Англия менен АКШда жарандык укуктар (б.а. саясий эркиндик принциби) идеясы, адам укуктары жана бир мамлекеттүүлүктүн чегиндеги ар түрдүү этностук бир жарандуулук катары улут идеясы биринчи өндүрүштүк революцияга чейин эле ырасталгандыгы менен түшүндүрүлөт. Орусияда болсо бул саясий милдеттер алыска жылган индустриялашуунун шартында деле чечилген эмес. И. к. идеяларынын тутумунун табигый уландысы 70-жж. «постиндустриалдык коом» теориясы болуп калды (кара, *Постиндустриализм*).

ИН жана ЯН – байыркы Кытай натурфилософиясынын негизги түшүнүгү. *Конфуцийдин* «Өзгөрүүлөр» китебинде «ян» жана «ин» аркылуу жаратылыштагы жарык менен караңгыны, катуу менен жумшакты, пассивдүү менен активдүүнү, муздак менен ысыкты, аял менен эркекти ж.б.у.с. бирине-бири каршы жана бирине-бири өтүп туруучу күчтөрдү белгилешкен. И. ж. Я. бирдиктүү башталыш болгон – Ци түшүнүгүнөн эки чети катары түшүндүрүлөт жана анын өнүккөн этабы «беш стихияга» туура келет (дарак, от – ян; жер – нейтралдуу; темир, суу – ин). *Неоконфуций окуусунда* И. ж. Я. – жаратылыштагы токтоп туруунун жана кыймылдын көрүнүштөрү катары берилген. И. ж. Я. жөнүндөгү түшүнүктөр Кытай медицинасы, химия, музыка ж.б. илим тармактарынын теориялык негиздерин иштеп чыгууда кеңири колдонууга ээ болгон.

ИННОВАЦИЯ – жаңылоо, жаңылык киийрүү.

ИНСАН, с а я с а т т а – 1) өзүнө тиешелүү интеллектуалдык, эмоционалдык, эрктик жекече белгилери жана сапаттары бар адам; 2) адам мамилелеринин жана аң-сезимдүү ишкердүүлүктүн субъекти катары; 3) адамды коомдун мүчөсү же калктын бөлүгү катары мүнөздөөчү социалдык маанилүү белгилердин туруктуу системасы. Саясаттагы И. төмөнкүлөрдү камтыйт: И-дын *саясий баалуулуктар*га багыт алуусунда жана *саясий жүрүм-турум*унда көрүнүүчү жекече социалдык, биологиялык, психико-физиологиялык жана руханий сапаттар; адам тарабынан *саясий мамилелер*ге кандайдыр бир социалдык топтун-таптык, этникалык, кесиптик, конфессионалдык, демографиялык ж.б. өкүлчүлүк кылуу; жаран катары, коомдук *саясий уюм*дун мүчөсү катары белгилүү бир социалдык-саясий *статуска* ээ болгон салыштырмалуу өз алдынчалык жана ар кандай деңгээлдеги активдүүлүктүн, ишмердүүлүктүн бүтүндүгү. И. *саясат*тын *субъектилери*нин алгачкысы болуп эсептелет. Саясий субъект катары И. коомдогу *саясий процесс*терге жана эң башкысы саясий *бийлик*ке таасир тийгизүү мүмкүнчүлүгү бар. Саясаттын субъектиси катары алганда И-дын төмөнкүдөй негизги түрлөрү бар: *саясат*ты танган, саясий процесстерден четтеген жана өзүнүн саясатка катышуусуна терс мамиле кылган И; пассивдүү, саясатка болгон кызыкчылыгы аз, ага кээде эле катышкан же анын маанисин жакшы түшүнбөй туруп, үстүртөдөн сындаган И.; жарандык-коомдук уюмдун мүчөсү, коомдук кыймылдын катышуучусу, саясий практиканын сферасына катышкан шарттуу түрдө кошулган И.; коомдук, коомдук-саясий ишмер, саясий ишмердүүлүктү өзүнүн негизи, башкы иши кылып алган профессионал саясатчы; саясий жетекчи, эң жогорку деңгээлдеги уюмдашкан, идеялык, формалдык же формалдык эмес *лидер*. И. саясаттын субъектиси экендиги анын саясий жүрүм-турумун өтө кеңири чектеринде – жабык каршылык көрсөтүүдөн баштап ашыгган *саясий экстремизм*ге чейин көрүнөт. Саясатты танган жана пассивдүү И. көпчүлүк учурда саясаттын объектиси катары чыгып жана ушул сапатында ар кандай саясий «оюндардын» базасын, тирегин түзүүчү мүмкүн. И. саясатка катышуусу анын саясий билими, маданияты жана *саясий социалдашуу*сунун даражасы менен шартталат.

ИНСАНДЫН КУЛЬТУ – тоталитардык түрдөгү бөтөнчөлүү жеке бийликтин мүнөздөмөсү, СССРде кеңири жайылган жана И.В. Сталиндин керт башына сыйынууну ашкерелөө менен байланышкан тарыхый-социал-

дык жана саясий түшүнүк. Анын гносеологиялык тамырларын культтук, диний чөйрөлөрдөн издөөгө туура келет. Байыркы ишенимдердин жана жетишээрлик кеңири жайылган азыркы диний формалардын бири өлгөндөрдү пир тутуу экендиги белгилүү. Мис., байыркы Кытайда, Индияда, Грекияда жана Римде көзү өткөндөргө Кудайга сыйынгандай сыйынышкан, өзгөчө жөрөлгөлөрдү жасашкан жана ата-бабалардын культун издеп табышкан. Будда, Христ жана Мухаммеддин жеке таасирлеринин жана окуучуларынын алдында замандаштарынын колдук урушу көзү өткөндөн кийин аларды кудай тутууга чейин өсүп жеткен, ал эми алардын инсандарынын культу өз кезегинде дүйнөлүк үч чоң динге ылайык келген диний культтарды пайда кылууну жана өнүктүрүүнү жөндөмдөштүрдү.

Бирок тарыхта динден тышкаркы чөйрөдө деле айрым инсандарды ашыкча көкөлөтүп ийген мисалдар көп учурайт. Бул баарыдан мурда *бийлик* чөйрөсүнө, андан башкаларга деле тиешелүү. Падышалардын, кол башчылардын, атактуу коомдук ишмерлердин алдында тизе бүгүү да белгилүү. Байыркы Римдеги «өкүмдар» сөзү колдун өз ээсине кайрылганындагыдай мамилени көрсөтөт. Император Августтун учурунда жыл сайын башкаруучу эмне кылса жана эмне кыла турган болсо анын баарына моюн толгобоо үчүн ант беришкен. Бардык римдик цезарлар чексиз бийликке ээ болушкан. Тигил же бул деңгээлде «цезаризм» идеялары кээде ал тургай революциялык кыймылга чейин кирип, демократиялык коомду начарлатуу менен бийликтин жогорку эшелондорунда тамырлаган.

Мурдагы СССР элдерине «Сталиндин инсандык культунда» жашоого туура келген, ал өзү башкарган тоталитардык диктатуранын маанилүү атрибуту болгон, андан ары сталиндик да, жаңы сталиндик дагы «культтардын» катары үчүн бул атрибут үлгү болгон. ВКП(б)-нын болочок жетекчилеринин бири катары, ал эми 1924–53-жж. советтик мамлекеттин иш жүзүндөгү башчысы катары Сталин (1879–1953) «мамлекеттик социализмдин» идеологиясы менен практикасынын өнүгүшүнө бөтөнчө инсандык таасир эткен. Сталиндин учурунда социализмди куруу социалдыкка караганда көбүнесе административдик милдет катары каралган. Партиялык-мамлекеттик аппарат бөлүнгүс бир бийликти камсыздоонун, өз алдынча нео- цезаризмди ырастоонун каражаты болду. Социалисттик фразеология Чыңгызхандын, Темирландын, Гитлердин ж.б. тирандар менен диктаторлордун рухундагы орто кылымдык тоталитардык режимдин калканчы катары гана кызмат кылды. Бул жагдайда анын «элдердин атасы» катары өмүрдөгү даңазасы артып, анын революциялык процесстерге, тарыхты фальсификациялоого кошкон салымы кеңейтилип сөзгө алынган. Бул бийлик бир эле учурда катаал, атууга чейин жеткен, Сталиндин субъективдүү көз караштарын өзүнүкү деп билген партиянын «генералдык линиясынан» кичине четтеген ой же кыймыл болсо дароо басылып жок кылынган. И. к-тун «социализмдин табияты» менен шайкеш келбестиги жөнүндөгү акыркы мезгилдеги партиялык сөздөргө карабастан, инсандын культтук көрүнүшү Н.С. Хрущевдун, Л.И. Брежневдин, мурдагы Советтер Союзунун союздук республикаларынын ж.б. «чыныгы социализм» өлкөлөрүнүн бир катар жетекчилеринин ишмердигинде орун алган. Постсоветтик аймактагы эгемендүү мамлекеттерде бул советтик «салт» өнүгүүгө ээ болуп, Беларусь, Түркменстан, Өзбекстан, Казакстан, Азербайжан сыяктуу өлкөлөрдөгү *саясий мамилелер* буга мисал боло алат десек туура болот.

ИНСПЕКЦИЯ (лат. inspectio – кароо) – мамлекет тарабынан орнотулган эрежелердин так сакталышына көзөмөл жүргүзүүчү (мис., өрт коопсуздугунун эрежелерине, жол кыймыл эрежелерине) орган. И. милдетине аткарылышты текшерүү эле эмес, жер-жерлерде тартип бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрүү да кирет.

ИНСТАНЦИЯ (лат. instantia – түздөн-түз жакындык) – административдик жана соттук укуктун ошол мекеме, ошол тармактагы салыштырмалуу жогору же төмөн турган мекемеге карата кандай деңгээлде турганын билдирүүчү аталгы.

ИНСТИТУТТАР – саясий тилде саясий жана социалдык кубулуштардын эки тибин түшүндүрөт: 1) уюштурулган структурасы, борборлоштурулган башкаруусу, аткаруучу аппараты бар саясий мекемелерди (*бийлик* И. *өкмөт*, мыйзам чыгаруу чогулушу, мамлекеттик же шаардык кеңеш, префектура ж.б.); 2) саясий функциялардын, мамилелердин, башкаруу түрлөрүнүн формалары жана маңызы: президенттик И. (президенттик бийликтин), өкүлчүлүк И-ы (б.а. *парламент* ж.б. бийликтин өкүлчүлүк органынын мүчөлөрүнүн ж.б., шайлоо процедурасы), *партия*лардын, ассоциациялардын И. (коомдун мүчөлөрүнүн кандайдыр бир белги жана себептери боюнча топторго биригүүсү) ж.б. Коомдун *институтташтырылышынын* даражасы жана мүнөзү, б.а. анда пайда болгон И-дын саны жана алардын түзүлүшүнүн жеңилдиги коомдун тиби жана өнүгүү деңгээли, анын *саясий системасы* жана ассоциациялык турмушу, саясий жана башка *группировкалардын* түзүлүү эркиндиги жөнүндө күбөлөндүрөт. Бул мамиледе бүгүнкү күндөгү демократтык мамлекеттер саясий жана коомдук структурасы формалдуу жана официалдуу И-дын аздыгына такалган архаикалык жана авторитардык, айрыкча тоталитардык мамлекеттерден абдан айырмаланат.

ИНСТИТУТТАШТЫРУУ – кайсы бир саясий кубулуштун же кыймылдын белгилүү мамилелердин структурасы, түрдүү деңгээлдеги бийликтин иерархиясы жана уюмдун башка белгилери: тартип, жүрүм-турум эрежелери ж.б. бар формага, тартипке келтирилген процесске, уюмдашкан мекемеге айкалышы. И-нун башкы формалары коомдук өзүн-өзү башкаруунун жана стихиялык процесстердин; массалык же группалык кыймылдардын, толкундоолордун ж.б. деңгээлинде пайда болот. Бир гана шарты: И. үчүн аларда тартипке келтирилген, багытталган аракеттер, башкаруу жана уюштырууга жөндөмдүү лидерлер, кийин туруктуу жетектөөчү группа пайда болуп, кубулуш башкарууга баш ийүүсү керек. И-нун өнүккөн формалары калыптанып бүткөн саясий *институт*тары жана бийликтин, мекемелердин, саясий ассоциациялардын ж.б. институтташкан структурасы бар коомдун калыптанган *саясий системасы* менен көрсөтүлөт.

ИНТЕГРАЦИЯ, саясий – коомдук, мамлекеттик структуралардын мамлекеттин чегинде же андан кеңирээк мамлекеттер аралык биримдикке кошулуусу. Мамлекеттер аралык И. улуттук саясий органдардын суверендик укуктарынын бөлүктөрү берилген бийликтин жаңы *институттарын* түзүү жолу менен ишке ашырылат. И. элдер менен мамлекеттердин өз ара байланышынын өсүшү илимий-техникалык прогресс менен тездетилген бардык коомдук турмушту интернационалдаштыруунун негизинде өнүгөт. Дүйнөнүн айрым региондорунда, айрыкча Батыш Европада экономикалык, саясий, социалдык ж.б. коомдук ишмердүүлүктөрдүн интернационалдаштыруусу, аны транснационалдык институттардын тескөөсү зарыл болгон деңгээлге жеткен. И-лык процесске тартылган мамлекеттер өздөрүнүн бийлик ыйгарым укуктарынын бөлүгүн беришет. Мамлекет аралык системада И-лык комплекстин пайда болушунун сапаттык өзгөчөлүктөрү: *Эл аралык мамилелердин* бүткүл жыйындысында берилген мамлекеттердин группасын обочологон өзгөчө регионалдык кызыкчылыктардын бөлүнүп чыгышы, комплекстин чегинде анын катышуучуларынын ички жана тышкы байланыштарын башкарууну ишке ашыруу, И-нын катышуучуларынын *саясий системаларынын* деңгээлинде бүтүндөй бир комплекстин келип чыгышы. Советтик илимий адабиятта, айрыкча Ю.В. Шашков, В.Г. Барановскийлердин эмгектеринде И-лык комплекстин саясий системасынын татаалдыгы белгиленген. Ага надстройканын саясий-укуктук жана институтташкан бөлүктөрү кирет. И-нын катышуучулары – бийликти ишке ашыруу жана коомдук башкаруу менен байланышкан, белгилүү саясий функцияларга ээ уюмдар, топтор. Аларга атайын түзүлгөн транснационалдык институттар сыяктуу эле, улуттук – мамлекеттик институттар (өлкөлөрдүн мамлекеттик механизмдеринин бөлүгү, *партиялар*, профсоюздар, ишкерлер союзу ж.б.) да кирет. *Саясий ишмердүүлүктүн* субъектеринин И-сынан башка, чарбалык-саясий, социалдык-саясий, административдик-

саясий, аскердик-саясий жана тышкы саясий ишмердүүлүктүн сфераларында алар иш жүзөгө ашырган саясий фукциялардын кошулушу жүргүзүлөт. И. процесси 50-ж. түзүлгөн европалык коомчулуктардын – ЕОУС, ЕЭС жана Евратомдун базасында Батыш Европада бардыгынан илгери жылган. Коомчулуктардын катышуучулары – өлкөлөрдүн экономикасын активдүү транснационалдаштыруу алардын башкаруу механизминин өзгөчөлүктөрүнө алып келет, коомдук мамилелердин мүнөзүнө жана структурасына, коомдук *идеологияга*, калктын жашоосуна таасир тийгизет. Бир нече жолу И-га ийгиликсиз аракеттер жасалган. Бирок 80-ж. башында коомчулуктардын катышуучулары мамлекеттер ортосундагы жакындашуунун деңгээли Европалык союз сапаттык жаңы саясий биримдикти түзүү үчүн практикалык аракеттерди жүргүзүүгө мүмкүндүк берди. 1985-ж. декабрында коомчулуктардын жогорку инстанциясы – *мамлекет* жана *өкмөт башчыларынын* Европалык Кеңеши Бирдиктүү европалык актты макул көрүшкөн. Ал ратификацияланган соң 1987-ж. 1-июлунан күчүнө кирди. Бул документ үч Европалык коомчулукту түзүү жөнүндөгү Париж (1951) жана Рим (1957) келишимдерин кошумчалап, өнүктүргөн. Ошондой эле Европалык саясий кызматташтык жана Европалык кеңеш – коомчулуктарынын ишмердүүлүгүнүн негизинде калыптанган саясий институттарды юридикалык түргө келтирген. Мамлекет – мүчөлөрдүн экономика, социалдык саясат, каржы, илимий изилдөө жана технологиялык өнүгүү, айлана-чөйрөнү коргоо жана тышкы саясат чөйрөлөрүндөгү ишмердүүлүгүнүн системасынын, андан ары Европалык союзга айланышы жөнүндө сөз жүргөн. Коомчулуктун консультативдик парламенттик органынын, алардын аткаруу органы – Коомчулуктардын комиссиясынын компетенциясына жана коомчулуктардын министрлер Кеңешинде айрым өлкөлөрдүн каршы болгонуна карабай көпчүлүк добуш менен чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү каралган. Бирдиктүү Европалык акт коомчулуктун мүчө мамлекеттерин көрсөткөн министрлер кеңешине каршы коомчулуктун «улуттун үстүнөн караган» органдары – Комиссия менен Европалык парламенттин компетенциясынын кескин күч алышын билдирбегени менен федералдык типтеги уюмду түзүүгө этаптык илгерилөөнү түшүндүргөн. 1991-ж. январынан коомчулуктардын мүчө – мамлекеттеринин саясий И. маселелери боюнча атайын конференция ишин баштаган. И. областындагы ишмердүүлүктүн тажрыйбасы күбөлөндүргөндөй, ал көптөгөн мамлекет катышуучуларды түрдүү сферадагы суверенитетинин чектелишине байланыштуу, олуттуу каршылыгы менен кездешет. Алардын ортосунда «улуттардын үстүнөн караган» органдардын компетенциясы жана интеграциялык бирикменин географиялык чек арасы жөнүндөгү суроолор боюнча да карама-каршылыктар өкүм сүрөт. Социалдык-экономикалык мамиледе абдан жакын батыш европалык мамлекеттер ортосундагы бул карама-каршылыктарды жеңүү – жай баракат өтүүчү жана оор процесс. Анын өнүгүүсү көптөгөн экономикалык, социалдык ички жана тышкы саясий факторлордон көз каранды. Ошондуктан И-ны коомдук өнүгүүнүн тенденциясы катары динамикада кароо зарыл. Саясий И. менен аскердик-саясий И. тыгыз байланышкан. Аны менен мамлекет катышуучулардын аскердик структураларынын кошулуу процесси түшүндүрүлөт. Бул мамлекеттердин аскердик областагы саясатынын координацияланышында, алардын жалпы согуштук доктриналарды, согуштук *стратегиясын* жана аскердик курулуштун принциптерин иштеп чыгуусунда, коопсуздук областында тышкы саясий ишмердүүлүгүнүн координацияланышында, алардын бириккен куралдуу күчтөрүнүн *башкаруу* механизмин түзүүдө көрсөтүлөт. Бириккен аскердик-саясий ишмердүүлүгү мамлекеттердин согуштук союздарынын чегинде ишке ашырылат. Бирок алардын башкысы – ТАКУда да анын катышуучуларынын коопсуздукту аскердик камсыз кылуунун түрдүү чөйрөлөрүндө өз ара аракеттери тең эмес масштабка ээ, ар кандай интенсивдүүлүктө аткарылат. Ал эми *мамлекет* – катышуучулардын согуштук потенциалдары белгилүү обочолонгондукту сактоону улантууда. Толук аскердик И-нын базасында гана мүмкүн. Бирдиктүү европалык актты кабыл

алгандан соң батыш европалык интеграциялык комплекстин мамлекет-катышуучуларынын интеграцияланган коргонуу механизмин түзүү боюнча аракеттер кайрадан активдештирилген.

ИНТЕЛЛЕКТ (лат. intellectus – акыл, эс) – акыл, ой жүгүртүүгө болгон жөндөмдүүлүк, сезим органдары тарабынан кабыл алынган нерселерди билимге айландырган же мурдагы билимди сынга алган жана анализдеген акылэстин функциялары (салыштыруу, абстракция, түшүнүктөрдү, пикирлерди, ой бүтүмдөрүн ж.б. пайда кылуу). Орто кылымдарда эле эрк И-ке баш ийеби, же тескерисинче И. эрк тарабынан башкарылабы деген талаш-тартыштуу курч маселе коюлган. Биринчи көз карашты Фома Аквинский, ал эми экинчисин Дунс Скот жана Уильям Оккам сыяктуу англиялык ойчулдар жактаткан. Бүгүнкү күндө И. да, эрк да объективдүү жагдайлардан көз каранды, ал эми И. рухий чөйрөнүн курамына кирүү менен психикалык чөйрөнүн элементи болуп эсептелген эрктен бир кыйла жогору турат деген түшүнүмдөр үстөмдүк кылат.

ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ (лат. intelligens – акылдуу, түшүнгөн, билген, ойлогон) – акыл эмгеги, көбүнчө татаал чыгармачылык эмгек менен кесип кылып, маданиятты өнүктүргөн жана жайылткан элдин коомдук катмары. Билимдүүлүк жана интеллигенттүүлүк жакын, бирок бирдей эмес түшүнүктөр. Интеллигенттүүлүк жогорку адеп-ахлактуулук, гумандуулук, терең сезимдер, жарандык жетилүү, социалдык тажрыйба, эмгектин, турмуш-тиричиликтин, жүрүм-турумдун маданияты, өнүккөн психологиялык касиеттер сыяктуу сапаттарга ээ. Билимдүүлүк бул сапаттардын бардыгын байытат, бирок алардын бирин да алмаштырбайт. Өзгөчө социалдык катмар катары И. акыл эмгегинин күч эмгегинен бөлүнүшүнөн тартып калыптана баштады. Машиналарды колдонууга негизделген, абдан өнүккөн өндүрүш көп сандагы инженердик-техникалык жана илимий кызматкерлерди гана эмес, өнүккөн тейлөө сферасын (саламаттыкты сактоо, агартуу, соода, маданият, башкаруу структуралары ж.б.) талап кылган капитализм учурунда гана өзгөчө социалдык катмарга айланган. Бул шарттарда үстөмдүк кылуучу таптарга тиешелүү интеллектуалдык ишмердүүлүккө монополия эмгектин рыногу менен алмаштырылат, анда өзгөчө товар болуп – билим, талант, уюштыруучулук жөндөмдүүлүктөрү көрсөтүлөт. Аларды сатып алуучу катары өндүрүш каражаттарынын ээлери жана *мамлекет* чыгышат. И. коомдун түрдүү катмарларынан жана таптарынан алынат. Анын жогорку катмарлары (башкаруу, илимий, аскердик элита) буржуазияга кошулса, (төмөнкүлөрү контролдук кызматкерлер, мугалимдер, медицина кызматкерлери ж.б.) эмгекчи тапка биригишет. Кесиптик структурасы боюнча И. илимий-техникалык, башкаруучулук, аскердик, укуктук жана сот органдарынын кызматкерлери болуп бөлүнүшөт. Маданият *массалык маалымат каражатынын* кызматкерлери И-нын чоң отрядын түзүшөт. Дин кызматкерлери *идеологиялык* жана адеп-ахлактык функцияларын аткарышат. И-нын илимий жана инженердик-техникалык катмарынын ыкчам өнүгүүсү байкалууда. Кээ бир өлкөлөрдө иш менен камсыз болгондордун арасында алардын салыштырма салмагы 30–50%га жетет. Жапонияда күч эмгегинин бир кызматкерине акыл эмгегинин он кызматкери туура келет, И. коомдук негизги өндүрүш күчүнө айлантуу тенденциясы көбүрөөк өзүн көрсөтүүдө. Анын саясий ролу да жогорулоодо. Ал *идеологиянын* башкы жаратуучусу, көп учурда саясий *партияларды* түзүүнүн демилгечиси болуп чыгат да, алардын башкаруу структурасына кирип, түрдүү коомдук кыймылдарды башкарат. Бүгүнкү күндөгү *цивилизация* жалпы адамзат керектөөлөрүнө, кызыкчылыктарына, максаттарына артыкчылыктарды берүүдө. Бул болсо *демократтык кыймылдардын* жана демократтык кайра түзүүлөрдүн маанисин жогорулатат. Кыргызстандагы демократтык процесстер И-нын бардык кесиптик топторун кыймылга келтирди. Бирок ар бир топ анда түрдүү даражадагы активдүүлүк менен катышат. Көбүрөөк радикалдык жолду – журналисттердин, илимий кызматкерлердин, адабиятчылардын маанилүү бөлүгү ээлеген, алар өткөндөгү өкмүчүл-администрациялык системанын запкысын тарткандар. Андан тышкары: маалымдуулук-масса-

лык маалымат каражаттары, ал эми коомдун өнүгүүсүндөгү жаңы этаптын проблемаларын иштеп чыгуу – илимий адистер аркылуу жүргүзүлгөн. Бул алардын түрдүү коомдук бирикмелердин ишмердүүлүгүндө катышуусун жана жогорку рейтингин аныктаган. Булар жана И-нын башка кээ бир катмарлары өлкөдө пайда болгон демократтык *партия*лардын кыймылдардын социалдык базасын түзгөн. Алардын көпчүлүгү *реформа*ларга, рынокко өтүүгө жана жеке менчикти жана ишкердикти өнүктүрүү аркылуу дүйнөлүк экономикага кирүүгө багыт алышкан. Жаңы процесстерди башкарууну И-нын өкүлдөрү бирдей кабыл алышкан жок. Алардын кээ бир бөлүгү *реформа*лар, алардын абалына, артыкчылыктарына, кызыкчылыктарына таасир тийгизгендиктен консервативдик позицияны ээлешти. Бардык коомдук мамилелерди терең демократташтыруунун негизинде квалификациялык жана моралдык белгилери боюнча адистерди тандоону күчөтүү, алардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөнүн элдик механизмин түзүү зарыл. Өлкөдөгү демократтык куруулардын ийгилиги И-нын жумушчу табы жана дыйкандар, кооператорлор жана ишкерлер менен болгон союзунун бекемдигине байланыштуу.

ИНТЕРНАЦИОНАЛИЗМ – түрдүү мамлекеттердин, улуттардын, элдердин же алардын айрым бөлүктөрү – таптардын, социалдык катмарлардын же топтордун түпкү кызыкчылыктарын же аракеттерин бириктирүүгө умтулуусун чагылдырган көз караштар жана саясат. Өндүрүштө маалыматтык алмашуу, илимий-техникалык жана маданий өнүгүүнүн интернационалдаштыруу процесси И-дин объективдүү негизи болуп саналат. Анын күч алышы менен улуттук келишпөөчүлүктүн үстөмдүк кылышынан улуттар аралык кызматташтыкка карай бара-бара глобалдуу бурулушу шартталган XIX жана XX к. түрдүү таптардын И. башкы мааниге ээ болгон да, аны калыптанышында өзүлөрүнөн салымын кошкон. Буржуазиялык И. айрыкча түрдүү өлкөлөрдүн буржуазиясынын ортосунда атаандаштык менен чектелген. Бирок ал капитализмге чейинки түзүлүшкө каршы күрөштө башкы ролду ойноп, социалдык прогресске жөндөгөн. Ошондой эле буржуазиянын кызыкчылыгына ориентацияланган көптөгөн *өкмөт*төрдүн, *партия*лардын жана кыймылдардын кызматташтыгынын жана түрдүү союздарынын идеялык–саясий таянычы бойдон калууда. Дыйкандык И. түрдүү өлкөлөрдүн дыйкандарынын кызыкчылыктарынын тардыгы жана санынын көптүгү менен айырмаланат. Бирок, дыйкандык тилектештиктин жана уюмдардын идеялык-саясий негизи катары ага да көптөгөн региондогу дыйкандар кыймылында көп роль тийиштүү. Жумушчу табынын (пролетардык) И. *К.Маркс* жана анын улантуучулары тарабынан иштеп чыгарылган. Жумушчу табынын түрдүү катмарларынын өзгөчө кызыкчылыктарынын дал келбөөсүнө карабай, ал жумушчу уюмдарынын бир катар эл аралык бирикмелеринин – партиялардын, профсоюздардын, I, II жана III Интернационалдардын, жумушчу Социалисттик Интернационалдын (Социнтерндин) ж.б. идеялык-саясий базасы болуп калды. III Интерна- ционал (Коминтерн) пролетардык И. реформаны жокко чыгарган жалаң гана революциячыл жумушчу уюмдарынын, барыдан мурда коммунисттик партиялардын тилектештик жана өз ара жардамдашуу мүнөзүн берген. Пролетардык И-де бул курч алган системасында жетектөөчү уюмдардын иерархиясы орнотулган. Анын эң жогорку чегинде РСДРП РКП(б) ВКП(б) – КПСС болгон. Бул И. реалдуу социализм өлкөлөрүнүн өз ара мамилелер системасында өнүгө алган. Себеби анын идеялык-саясий өнүгүүсү болуп социалисттик И. жарыяланбаган. Эгерде пролетардык И. эл аралык революциячыл кыймылда КПССтин гегемониясын бекемдөө үчүн колдонулса, СССРдин дүйнөлүк социализм системасында, социалисттик шериктештиктеги *гегемониясы* социалисттик И-ге таянган. Жумушчулардын күч алган жигителиши жана дүйнөлүк өнүгүүнүн алдыңкы планына жалпы адамдык жашоого умтулуу жумушчу табынын обочолонушуна жана башка И-ге каршы коюуга эмес, адамзаттын жашоосуна мүмкүндүк берген кеңири И. иштеп чыгып, ишке ашырууга түртүү берет. Мындай жаңы И-ди иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу

адамзаттын жашоосу үчүн зарыл өз ара аракеттердин идеялык-саясий негизи катары улуттардын, бардык этностордун, таптардын ж.б. социалдык катмарлардын кызыкчылыктарынын балансына жетишүүнү талап кылат.

ИНТЕРПЕЛЛЯЦИЯ (лат. interpellatio – «сөздү бөлүү», «сотко арыз берүү») – жалпы саясат же кайсы бир министрликтин же мекеменин ишмердүүлүгү боюнча түшүндүрмө берүүнү талап кылган өкмөткө кайрылган *депутаттык суроо-талап*. Көбүнчө И. коомдо олуттуу тынчсыздандыруунu туудурган кандайдыр бир факт боюнча жасалат. Ошондуктан И. жалпы талаш-тартышты, андан соң саясий санкцияны: министр берген түшүндүрмөнүн канааттандырганын же канааттандырбоосун чагылдырган добуш берүүнү туудурат. Кээ бир учурларда талаш-тартыш министрге же өкмөттүн бардык курамына ишенбөө жөнүндөгү суроону киргизүү менен аяктайт. И. маалымат алуунун гана күчтүү ыкмасы болбостон, депутаттар тарабынан тике көзөмөлдөөнүн күчтүү формасы болуп саналат. Муну менен парламенттик турмушту демократташтыруу шарттарында И-нын ролунун жогорулашы түшүндүрүлөт. Реакциянын шарттарында же анын күч алышы менен бул укук чектелет же таптакыр жоюлат. Бүгүнкү күндө бул практика сакталып калган батыш европалык өлкөлөрдүн көпчүлүгүндө регламенттештирилген. Мис., Финляндияда И. 20дан аз эмес депутаттардын атынан берилсе, ФРГда – 30дан аз эмес депутаттар (чоң суроо-талап) бере алат. Швецияда И-га палатанын макулдугу менен гана жол берилет. Министр жооп берүүгө милдеттүү мөөнөттөр (эки жумага чейин) коюлган. Өкмөттүн же министрдин жообу боюнча кеңири талкуулар жүргүзүлөт. Францияда суроо-талапка үчүнчү адамдын кийлигишпөөсүн талап кылат. Бул процедура 1869-ж. легалдаштырылган Англияда суроо-талап кандайдыр бир элитетти камтыбашы, суроочунун оюнун чагылдырылбашы, мурда берилген суроолорду кайталанбашы, общиналар палатасынын чечимин сындоону камтыбашы, ордо кызматкерлеринин, жеке фирмалардын ишмердүүлүгүнө кийлигишпөөсү, жашыруун иштерге жана ошондой эле парламент алдында министр жооп бербеген суроолорго тийишпөөсү керек. Суроо-талап прессанын кабарларын текшерүү ж.б. талаптарын камтый албайт. Суроо-жооп процедурасын уюштурууда общиналар палатасынын спикеринин ролу зор: суроо берүүгө депутатка уруксат берет, ар бир учурда ал талаш-тартышты токтотуп, кийинки суроого өтө алат. Ошондой эле спикер Англияда өкүм сүргөн кошумча суроо практикасын тескейт. Аны депутаттар министрдин жообунан кийин бере алышат. Министр «мамлекеттин кызыкчылыгы талап кылган кабарларды жарыялоого мүмкүндүк бербейт», – деп жооп берүү укугуна ээ. Францияда суроолор туура келген палатанын төрагасына тапшырылат. Ал аларды өкмөткө берет. Суроолор атайын китепке жазылат, да, парламенттин китепчелеринде жарыяланат. Жазуу түрүндөгү суроо талаш-тартыш менен коштолушу мүмкүн. Францияда улуттук чогулушта жума күнкү кечки отурум жана Сенаттагы шейшемби күнкү отурум оозеки суроо -талаптар үчүн белгиленген. Ар бир отурумдун биринчи жарымы талаш-тартышсыз суроо-талаптарга арналган. Суроолор функциялардын төрагаларынын конференциясынын күн тартибине киргизилет. Ал суроолорду окшош проблемалар менен бириктириши, бир тизмеден экинчисине алып өтүүсү, оозеки суроо-талапты жазуу түрүндө киргизиши, суроолордун тартибин өзгөртүшү мүмкүн. Талаш-тартышуу оозеки түрдө палатанын төрагасы тарабынан жарыяланат, ошол эле замат ал 15ден 30 минутага чейин чыгып сүйлөө үчүн регламент бекитет. Туура келген министр берилген суроо боюнча эки жакын отурумдун биринде өкмөттүн кабары болот деп жарыялайт. Эгерде министр даяр болсо, ал ошол эле замат жооп бере алат. Жооптон кийин төрага жазылгандардын тизмесине ылайык, өзү бекиттирген регламентти кармап, талаш-тартышты уюштурат. Талаш-тартышсыз оозеки суроо-талап, анын автору 5 гана минут сүйлөй тургандыгын билдирет. Эгерде отурум учурунда автор жок болуп, аны өзүнүн коллегаларынын бирине тапшырбаса, берилген суроо китептен сызылып ташталат. Ал эми министр жок болсо, суроо кийинки күнгө калтырылып, биринчи болуп коюлат. Жазуу түрүндө суроо

туура келген отурумдун стенограммасынын кийин парламенттин китепчесинде толугу менен жарыяланат. Министр бир айдын ичинде жооп бериши керек. Ал «коомдук кызыкчылыкка» таянып, жооп берүүдөн баш тарта алат. Ал ошондой эле мөөнөттү дагы бир айга узартууну талап кылуу укугуна ээ. Эгерде депутат макул болбосо, ал бул суроо-талапты оозекиге айландыра алат. Депутаттар суроо-талап процедурасына активдүү таянууда. Себеби ал алардын административдик маселелер боюнча консультациясынын каражаттарынын бири болуп калат. Ошондуктан, түзүлгөн эреже боюнча министрлердин депутаттын суроо-талаптарына берген жообу администрациялык юстиция үчүн юридикалык күчкө ээ эмес. Башка учурларда депутаттар алынган жоопторду шайлоо кампанияларын жүргүзүүдөгү материал катары колдонушат. Улуу Британиянын общиналар палатасында оозеки суроолорго дүйшөмбү, шейшемби, шаршемби, бейшемби күндөрү отурумдардын башталышында бир саат берилет. Ар бир отурумда жооп берүүчү министрлердин тизмеси алдын-ала жарыяланат. Ар бир депутат күнүнө үчтөн ашык эмес суроо бере алат. Ал өзүнүн ниети жөнүндө палатанын кызматкерлерин 48 саат мурдараак алдын-ала билдирип коюуга милдеттүү. Суроо жазуу иретинде берилет. Жооп оозеки же жазуу түрүндө болот, бирок баары бир парламенттик талаш-тартыштын протоколуна киргизилет. Тизмеленген министрлердин суроолорго жооп берүү кезектүүлүгү ар жумада өзгөртүлөт жана фракциялар менен кеңешүү жолу менен аныкталат. Суроо-жооп алмашуу ритуалына спикер көз салат. Депутаттын фамилиясы аталганда ал өзүнүн суроосунун номерин айтат. Министр жооп берет. Андан соң депутат кошумча суроо берүү укугуна ээ. Кийин министрдин жообу угулат. Суроо-жооптордун алмашуусу бир нече минутка созулат. Талаш-тартышта башка депутаттар да катыша алат. Спикер бул процедураны токтотуп, кийинки суроого өтө алат. Бир саатта палата кээде 50гө чейинки суроону угууга жетишкени суроо жана жооптордун кыскалыгы жөнүндө кабар берет. Депутаттык суроолор *аткаруучу бийликти* көзөмөлдөөнүн каражаттарынын бири болуп саналат. Жооптору даярдаган министрлер жана кызматкерлер, алар жарыялагысы келбеген маалыматтар жана фактылар жөнүндө сөз жүргөндө, өзгөчө басымга деле кабылган эмес. Көбүнчө жооп ашык суроолорду жана күмөн саноону туудурбагандай формада чагылдырылат. Жана ошондой эле, бул суроого жооп берилгенден кийин, ага экинчи жолу кайрылууга болбойт. Ошого карабастан, суроо-жоопко ыйгарылган убакыты, көп учурда саясий талаш-тартыштарга колдонушууда. Аларга катардагы депутаттар гана эмес, фракциялардын жетекчилери да катышышат. Суроо-талап процедурасы депутат үчүн министрлерге басым көрсөтүп өзүнүн шайлоочуларына алардын кызыкчылыктарын коргоп жаткандыгы жөнүндө билдирүүнүн бирден бир каражаты болуп саналат. Депутаттык суроо-талаптардын саны ар башка өлкөлөрдө ар түрдүү. Францияда, мис., жылына депутаттар Улуттук чогулушта 300–350 суроо жана Сенатта 100 суроо бере алышат. Англияда суроолор мындан көбүрөөк, алардын саны акыркы жылдары абдан кеңейген. Эгерде 50-ж. жылына 15 миң суроо-талап берилсе, 80-ж. 40 миңге жакын болуп көбөйгөн. Өзгөчө жазуу жүзүндөгү суроолордун өсүшү өткөн кылымдын биринчи жарымында күнүнө 20 болсо, 80-ж. башында күнүнө 100–200 суроого жеткен.

ИНТРИГА (фр. interige, лат. intricare – баш аламан кылуу, алмаштыруу) – 1) кайсы бир максатка жетүү үчүн жашыруун аракеттер; 2) фабула, сюжетти түзүүнүн ыкмасы; персонаждардын кызыкчылыктарынын айкалышуусу жана кагылышуусунун, абалдын өзгөчөлүгүнөн жана аракеттин динамикалык өнүгүүсүн камсыз кылуучу алардын катышынын жардамы менен окуялардын өнүгүү схемасы; 3) сейрек кездешүүчү сүйүү мамилелери, сүйүү байланышы. Бул үч маани тең бүгүнкү күндөгү саясий турмушта жана аны анализдөөдө кездешет. Кадыресе колдонууда И. – кадимки ач-сезим үчүн начар прогноздолгон, күтүлбөгөн кесепеттерге алып барган татаал, чаташкан, кээде абалдардын табышмактуу түзүлүшү. Сыртынан И. *саясий кырдаалдын* өнүгүүсүнө сапаттык жаңы багытты түзгөн, түрдүү тартиптеги саясий

окуялардын жана процесстердин убактысында жана мейкиндиктеги биримдикти билдирет. Ички механизмдердин көз карашынан И. максатка багытталган аракеттердин, окуялардын жүрүшүн өзүлөрүнө зарыл натыйжаларга багытталган саясий күчтөрдүн же айрым саясий ишмерлердин оюнунун жемиши болуп саналат. Ошол эле учурда алар бул окуялардын өз алдынча күтүлбөс өнүгүүсүнүн көрүнүшүн түзгөн шарттарды да пайда кылышты. И-нын бул механизмдери так жана айкын, анын *заговор* сыяктуу көп түрдүүлүгүндө чагылдырылат. И. – *бийлик* жана таасир үчүн күрөштүн эң байыркы, салттуу ыкмаларынын бири, «саясат жасоонун» элитардык ыкмасы. И. 1) персоналдуу, бир саясий ишмерге каршы багытталган; аны физикалык жок кылуу; бийликтен четтетүү; саясий дискредитациялоо; моралдык-нравалык компроментациялоо; 2) айрым ишмерлерди эмес, өлчөмүнө карабай тигил же бул топту физикалык же символдук четтетүү жана компроментациялоону максат кылып койгон. Саясаттын тарыхында И-нын адаттагы куралдары байыркы убактардан биздин күндөргө чейин өзгөргөн деле эмес. Бул физикалык четтетүүнүн ыкмалары сыяктуу эле саясий жана моралдык басым көрсөтүүнүн жолдоруна да таандык. Акыркы он жылдагы окуялар террористтик акт (мис., Индиядагы 1991-ж. шайлоо алдындагы кампаниянын апофеозунун учурундагы И-нын натыйжасы катары премьер-министр Раджив Гандини өлтүрүү) сыяктуу эле моралдык нормаларды жана тыюу салууларды бузгандыгы жөнүндөгү күнөөлүүнүн, мис., америкалык сенатор Г.Хартка каршы, анын өздүк турмушунун айрым деталдарын жарыялоо менен байланышкан, президенттик кызматка талапкер катары анын дискредитациялануышы үчүн багытталган И. таасири күбөлөндүрөт. Биринчи учурда айрым алынган мамлекеттин ичиндеги саясий таасирлердин балансын өзгөртүү жөнүндө сөз жүрсө, экинчиси регионалдык, континенталдык же жалпы дүйнөлүк масштабды өзүнө камтыйт. Мис., 30-ж. аягында Германия жана СССРдин ортосундагы конфиденциалдык документтерге б.а. Молотов-Риббентроп пактысы жана башында Гитлер жана Сталин турган жашыруун протоколдорго кол коюу менен байланышкан. И. регионалдык маанидеги И. (Польшаны бөлүү жана Балтика суроосунун «чечилиши») болуп башталып континенталдыкка өтүп, андан дүйнөлүк масштабдагы согушка келип жеткен. Пропагандада саясаттын негизги куралы катары И. колдонууга ыктуулукту «интриганчылык» деп аныкташса, И-га ыктуу саясатчы – «интриган» деп аталат. Бирок И-га ыктуулук «интрига жөндөмдүүлүгү» менен коштолот. Саясаттагы адаттагыдай түшүндүрүүдө ал татыктуулардын тизмесине кошулат. И-нын белгилүү чеберлери: кардинал жана премьер-министр де Ришелье (Франция); британ жашыруун кызматынын аты – негиздөөчүлөрүнүн бири, жазуучу Д.Дефо; Француз сарайынын өзгөчө жумуштарын аткаруучу Бомарше; бирин-бири тез алмаштырган өкмөттөрдүн министри Талейран ж.б., Орусияда – Б.Годунов, граф Лесток, үч падышанын министри А. Бестужевдер болушкан. XX к. тарыхында Сталин, Мао Цзедун, адмирал Канарис көрүнүктүү интригандар деп аталышат. Интригандуулуктан качуунун каражаты – *саясий турмуш*тун толук демократташтырылышы, кеңири маалымдуулук, *жарандык коом* чегинде социалдык көзөмөлдүн атайын куралдарын түзүү.

ИНФЛЯЦИЯ (лат. inflatio – көөп чыгуу) – кагаз акчаны керектөөдөн (чыныгы акча – өлкөдөгү алтындын баасынан) алда канча ашык чыгаруу. Саясий И. (саясий балуулуктардын) кыска мезгилдик (конкреттүү саясий структуралардын бузулуу натыйжасында) жана узак мезгилдик (коомдун тең салмактуу өнүгүүсүнүн жыйынтыгында) мүнөзүн алып жүрүүчү *саясий ач-сезим*дин өнүгүү тенденциясы. И. өзүнүн баштапкы маанисинде – ураандарга жана *идеяларга*, биринчи кезекте, *саясат сферасындагы* ишендирүүлөргө чындыкка дал келбеген, ашыкча мүнөздөмө берүүнү түшүндүргөн. И-нын экономикалык түшүндүрмөсү Европада XIX к. орто ченинде пайда болгон. Ал эми И. саясий мааниде XIX к. 70-ж. АКШда колдонулуп, жасалма баюу дегенди түшүндүргөн. Президент Грант тарабынан өзүнүн саясий максаттарына жетишүү үчүн колдонулуп, терс көрүнүшкө ээ болгон. *Саясий баалуулуктар*дын И. – коомдук турмуштун ар кыл жактарын ар кандай терендикте камтыган, бир топ

узак мезгилди ичине алган феномен, бирок оң жыйынтыктарга гана алып келиши керек. Мындай болсун үчүн гиперсаясатташтыруу эффектисин четтетүү, ал эми саясий баалуулуктарды, экономикалык, маданий ж.б. баалуулуктардан жогору койбоо максатка ылайык келет. Саясий баалуулуктар: жарандуулукту сезүү, *бийликти* урматтоо, *партияларды* жактоо, шайлоолор, *референдумдар* сыяктуу *саясий процесстерге* катышуу, укуктар жана эркиндиктерди камсыз кылуу – коомдун өнүгүү жолунда дайыма текшерилип жана кайрадан текшерилип турат. Кайсы жерде *саясат* өтө көп болсо ал жерде нормалдуу жана натыйжалуу жашоо болбойт, коомдук жыргалчылык болбойт. Ушул маанисинде алганда саясий баалуулуктардын И-сы деп социалдык-турмуштун борбордук ордунан саясатты сүрүп чыгаруу, коомдук иштерге мамлекеттин кийлигишүүсүн минимумга жеткирүүнү, экономикада компетенттүүлүккө жана өзүн-өзү иреттөө механизмине таянууну, эл аралык иштерде күч колдонууга эмес (мындайда дайыма «саясат же псевдосаясат» болот) өз ара түшүнүүгө (бул дайыма адамкерчиликтүү болот) таянууну түшүнсө болот. Саясий баалуулуктардын И-сы социалдык турмуштун гиперсаясатташтырылган шарттарында жүрбөгөнү кызык тескерисинче ал учурда саясий баалуулуктар өздөрүнүн маанилүүлүгүн жана интенсивдүүлүгүн толугу менен көрсөтүшөт. Саясий баалуулуктардын И-сы көпчүлүк учурларда узакка созулган социалдык-экономикалык өнүгүүнүн, социумдун курамын түзгөндөрдүн бардыгынын аң-сезимдүү тең салмактуулугунун шарттарында өнүгүүгө эө болот – ушундай учурда саясий баалуулуктар өзүнүн проблемалык курчтугун жоготот да, бир катар жалпы баалуулуктарды «басуунун» ордуна, аларга орун бошотот. Саясий баалуулуктардын И. *саясий турмушуна* тигил же бул жагына карата мамилеге *нигилизм* менен аяктоочу ишенбөөчүлүк жана тануунун өнүгүшү катары кароо да мүмкүн. Бирок мындай кырдаалда бир саясий баалуулуктар жоголгону менен, башка бирөөлөрү өнүгүүгө эө болот. (СССРдеги *жарандык согуштун* башталыш мезгилинде «бирдиктүү жана бөлүнгүс Орусияга» же жөн эле Орусияга болгон ишенимдин өлүп жок болгону менен, каршылаш тараптардын тигинисинде да, мунусунда да «дүйнөлүк *революцияга*» болгон ишеним өсүүгө эө болгон.) «Жакшы саясат аз саясат» бүтүмү көпчүлүк жагынан адилеттүү болуп эсептелет.

ИНФОКРАТИЯ – маалымат бийлиги. «Коомду маалыматташтыруу авторитардык агымдарды күчөтүп, акыр аягы *диктатурага* алып келбейби» – деген маселе жаңы олуттуу саясий проблемалардын бирине айланды. Көп сандаган жана ар түрдүү маалыматтарга борборлоштурулган көзөмөл орнотсо болот, анткени маалыматтардын чоң жана кичине банктары жана базалары компьютердик телекоммуникациялык түйүн аркылуу бири-бири менен байланышта турат. Компьютердик түйүндөн пайдаланганда, бир жагынан, ар бир жаран жөнүндө так маалымат алуу, ал эми экинчи жагынан эл массасын ары-бери калчоо жөндөмдүүлүгү тездик менен өсүүдө. Башкаруучу чөйрө өзүнө керектөөлөрдүн баарын билген, ал эми калгандары эч нерсе билбеген абал түзүлүп калышы да мүмкүн. Көпчүлүк тарабынан маалыматты чогултуу аркылуу алынган саясий *бийлик* тикелей турмушка ашырылбайт, ал *мыйзам чыгаруучу* жана өкүлчүлүк бийликтерди азайтуу жана *аткаруучу бийликти* күчөтүү аркылуу жүрөт деп маалымат сферасындагы өнүгүү тенденцияларынан улам болжолдоого болот. Ушундай жол менен түзүлгөн бийлик жүргүзүүчү элита өзүнчө бир «И.» болуп калышы мүмкүн. Мында бийликтин булагы, негизи элитанын калк алдындагы сиңирген эмгеги эмес, а маалыматтарды пайдалануунун чоң, кеңири мүмкүнчүлүктөрү болуп калат.

ИНФОРМАЦИЯ (маалымат) (лат. informatio – түшүндүрүү, баяндоо) – адамдар арасында бири-бирине оозеки жана жазуу түрүндө шарттуу белгилер жана техникалык каражаттар аркылуу берилүүчү кабарлар менен маалыматтар; ошол кабарларды берүү жана кабыл алуу процесси. И. адамзаттын турмушунда илгертен эле зор мааниге ээ болуп келсе да, бүгүнкү күнгө чейин анын бирдиктүү жалпы аныктамасы жок. Информация термини төмөнкүдөй маанилерде пайдаланылат: 1) маалымат, фактылардын сүрөттөлүшү; 2) жаңылыктар, жаңы маалыматтар; 3) кабар берүүдө аныксыз нерселерди кыскача баяндоо; 4) жандуу жаратылыштагы жана машиналардагы байланыштар менен башкаруунун негизи; 5) кабарларды берүү жана кабыл алуу. И. түшүнүгү XX к. илимий-техникалык прогресстин жана кибернетика илиминин өнүгүшү менен өзгөчө мааниге ээ болгон. Ушунун негизинде И-нын төмөнкүдөй эки түшүнүгү пайда болгон: 1) И. түшүнүгү адамдар алмашкан кабарларды гана эмес, киши менен автомат ортосундагы, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүндөгү өз ара сигнал алмашууларды да өз кучагына камтыган. Клеткадан клеткага, организмден организмге берилүүчү белгилер да И. катары эсептелип калган. 2) И. теориясын түзүүгө алып келген И-нын сандык өлчөмү сунуш кылынган (К.Шеннон, А.Н. Колмогоров ж.б. эмгектери). Каалагандай И. мазмун, сан жана баалуулук сыяктуу негизги үч параметрге ээ. И-нын сандык параметри математикалык статистика, ал эми аксиологиялык жана мазмундук өңүттөрү (аспект) семантикалык теория тарабынан изилденет. И-нын сандык формуласы К.Шеннон тарабынан сунуш кылынган: И-нын саны кабарланган аныксыз нерселердин сандык өзгөрүшү аркылуу чагылдырылат. А.Колмогоров аталган проблеманы алгоритмдик мүнөздө чечкен: мында И-нын сандык өлчөмү бир системаны бир абалдан экинчи абалга өткөрүп турган алгоритмдин татаалдыгына дал келет. Сөз болуп жаткан проблеманын семантикалык жобосу И-ны белгилүү бир тилдин белгилеринен түзүлгөн тексттеринин маани-маңызы менен байланыштырат. И. түшүнүгүнүн өнүгүшү жана кеңири пайдаланылышы учурдагы илимдеги анын дүйнөгө көз караштык, философиялык, интерпретациялык формаларынын пайда болушуна алып келген.

ИНЦИДЕНТ (лат. incidens – болуучу окуя) – кооптуу өндүрүш жайында колдонулуучу техникалык түзүлүштүн бузулуусу же иштебей калуусу, технологиялык жүрүм тартибинен четтеп кетүү, мыйзамдардын жоболорунун, ошондой эле кооптуу өндүрүш жайларында иш жүргүзүү эрежеси белгиленген ченемдик техникалык документтеринин бузулушу.

ИПОТЕКА (гр. hupoteke – күрөө) – акчалай ссуда алуу максатында кыймылсыз *мүлктү* (жерди, ишканаларды, курулушту, имаратты, жер менен түздөн-түз байланыштуу башка объекттерди) күрөөгө коюу. Экономикасы мыкты өнүккөн өлкөлөрдө И. азыр айыл чарба тармактарында кеңири таралган. Булар негизинен И-лык банктарда – кредиттик мекемелеринде топтоштурулуп, алар кыймылсыз мүлктү күрөөгө койгондорго узак мөөнөттүү акча ссудаларын берет, ошондой эле күрөөгө коюлган кыймылсыз мүлктү камсыздоочу баракчаларды чыгарышат. И. жерге менчиктүүлүктүн бышыкталышына жана айыл чарба өндүрүшүн ийгиликтүү өнүктүрүүгө кыйла өбөк болот. Мурда Кыргыз Республикасында жеке менчиктүүлүк укугу жана жерге ээлик кылуу укугу жок болгондуктан, күрөөнүн бул түрүн колдонуу мүмкүн эмес эле. Азыр абал кыйла өзгөрүлүп И. милдеттенмелери, өзгөчө узак мөөнөттүү инвестициялар менен байланыштууларын камсыз кылуунун өтө маанилүү ыкмаларынын бирине айланып отурат. Мында, тийиштүү келишимми бар И-нын негизги предмети мамлекеттик (муниципиалдык) ишкана эсептелиши мүмкүн. Ишкана И-сы анын бүт мүлкүн, балансындагы бардык активин (эгерде келишимде күрөө жөнүндө чектөөлөр жок болсо) камтыйт. И. термини азыр бүт дүйнөгө кеңири белгилүү. Базар мамилелеринин шарттарында ал республиканын ар бир үй-бүлөсүнө, кооперативге, ишканага терең сиңип калды. Албетте, мындай жигердүү жагдай И-нын иш-аракетте болгонунун келечектүүлүгүн билдирет. Күрөөгө, мис., эски батирди коюп, анын ордуна жаңы батирге кредит алууга же жер сатып алууга болот. Сатып алган жерди күрөөгө коюп, үйдүн пайдубалын тургузуу үчүн кредит алууга толук мүмкүнчүлүк түзүлөт. Күрөө коюп, үйдү, дүкөндү, фирманы, стадионду толук курууга кредит алууга болот. И-нын мына ушундай бир топ артыкчылыктары бар. И. өз кезегинде кредиттерди төлөп-жабуунун, карыздарды кайтаруунун зарылдыгын алдын-ала карайт.

ИСЛАМ – дүйнөдө кеңири тараган үч диндин бири. Дүйнөдөгү мусулмандардын жалпы саны 1 миллиардан ашык. И. б.з. VII к. Хижазда (Мекке) пайда болгон. Аны *Мухаммед* негиздеген. Мусулмандар жамааты (умма) диний гана эмес, саясий да уюм болгон. Бул уюмга И. дининин талаптарын сөзсүз орундагандар гана баш кошкон. И. өзүнөн мурда келген христиан дини менен иудаизмдин толуктоочусу

болуп эсептелет жана жаңы жоболорду алып келген. Кыргыз мамлекетинин жарандарынын 90%дан ашыгы салттуу исламдын талаптарын тутунушат, алар *ханафи* мазгабындагы мусулмандарбыз дешет. Ошентсе да азыркы мезгилде өлкөдө исламдын башка багыттарын карманышкан жана элдерди өзүнө тартууга аракет кылышкан топтордун пайда болгону байкалууда.

ИСЛАМИЗМ, *саясатта* — мусулман дүйнөсүндөгү өлкөлөрдүн, диний-саясий уюмдардын жана кыймылдардын ички жана *тышкы саясатынын* улуттук-диний өзгөчөлүгү. И. мусулман коомунун бүгүнкү күндөгү *саясий турмушунун* нормалары жана принциптери катары исламдын негизги жоболорунан (догмат) улам келип чыккан көрсөтмөлөрдү келтирүү менен чагылдырылат. Бир тарабынан *улуттук ан-сезимдин* ойгонушун, улуттук-боштондук кыймылдарынын өнүгүүсүн, экинчи жагынан — белгилүү социалдык күчтөрдүн диний-улуттук, экспонционисттик умтулууларын чагылдырат. И. *саясатта* исламдын дүйнөлүк дин катары өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен караш керек. Ислам (араб. баш ийүүчүлүк) VI к. пайда болгон. Анын негизги принциби – күчтүү кудайга ишенүү, тагдырдын Алла-таала менен алдын-ала белгиленип койгондугу, жеке индивидуалдуулукка караганда коомчулуктун артыкчылыгы. Анын гүлдөп өсүшү IX–XII к. дал келген. Андан соң ал начарлоо жолуна түшөт. Бара-бара мусулман өлкөлөрүнүн бардыгы европалык державалардын колониясы жана жарым колониясы абалында калат. Исламдын жайылышынын башкы региону – Азия жана Африка. Азыр дүйнөдө 1 млрддан ашык мусулман жашап келүүдө. 35 өлкөдө алар калктын көпчүлүгүн түзүшөт. Алардын кээ биринде «ислам» термини мамлекеттин атына кошулган (Иран ислам республикасы ж.б.). Көпчүлүк өлкөлөрдө мусулман саясий *партиялары,* диний-саясий уюмдар жана кыймылдар аракет кылышат. Ислам көптөгөн багыттарга, агымдарга, коомдорго бөлүнгөн. Ар бир өлкөдө ал өзүнүн өзгөчөлүк белгилерине ээ. Исламды теориялык жана практикалык (турмуштук, элдик) деп бөлүшөт. Акыркысы элдик салт-санааларды, үрп-адаттарды терең сиңирип, *дин* гана эмес, этика жол-жобосу катары да чыгат. Исламдагы ортодоксалдык, адаттагы жана реформаторлук агымдарын эсепке алуу маанилүү деп эсептелет. Биринчи агымдын жактоочулары акыйкаттуулук жана теңчилик принциптери күчтүү болгон исламдын алгачкы доорундагы салт-санаа, үрп-адаттарга багыт алышса, экинчиси – феодалдык тартиптердин *идеологиялык* таянычы болгон орто кылымдардагы исламда кездешет. Реформаторлук агымдын (XIX к. 2-жарымында пайда болгон) жактоочулары жарандык жана диний бийликтердин бөлүштүрүлүшү, шариаттын (мусулман укугу) чектелиши жана анын жарандык укук менен алмашуусу үчүн чыгышат. Диндик жана улуттуктун биригиши Мухамедди чыныгы динди орноткон пайгамбар катары таануу жана кадырлоо, исламдын бир кудайга (монотеизм) ишенүү принцибинен улам келип чыккан бардык мусулмандардын биримдигин түшүнүү динге ишенгендердин бөлүгүндө өзүнүн ишениминин өзгөчөлүк жана башка динге карата күжүрмөн чыдамсыздык комплексинин калыптануусун шарттаган. Саясаттагы И. – бул барыдан мурда *панисламизм идеясы,* бардык мусулмандардын диний-саясий биримдигине умтулуу. Панисламизм XIX к. 2-жарымында мусулман өлкөлөрүндө буржуазиялык коомдук мамилелердин өнүгүүсүнүн жүрүшүндө келип чыккан. XX к. башында жана экинчи дүйнөлүк согуштан кийин колониялык системанын кулашына байланыштуу жогорулаган. Азыркы учурда да панисламисттик ойлордун жандануусу байкалууда. Панисламизм менен исламдык кызматташтык идеясы байланышкан. Ал бир тарабынан антиимпериалисттик (акыркы жылдары антиизраилдик), экинчи жагынан – антикоммунисттик багыттагы ураандардын көтөрүлүүсү менен чагылдырылат. И. – капиталисттик жана социалисттик тандоодон айырмаланган мусулман өлкөлөрүнүн өзгөчө жолу жөнүндөгү *идея.* Бул идеянын нугунда түрдүү «ислам мамлекети», «ислам экономикасы», «исламдык социализм» концепциялары өнүгүшөт. Бул концепциялардын жалпы белгилери: жарандык жана диний бийликтер Алланы бийликтин жалгыз булагы катары таануусуна негизделет; кирешелерди акыйкат бөлүштүрүү; шариаттагы көрсөтмөлөргө ылайык экономиканы, *социалдык мамилелерди* теске салуу. И. түрдүү социалдык жана саясий күчтөрдүн ишмердүүлүгүнө таандык. Алардын кызыкчылыгына байланыштуу, И-дин социалдык-саясий багыттуулугу – прогрессивдүүдөн консервативдикке чейин радикалдык түрдө өзгөрөт. Мусулман дүйнөсүнүн Өлкөлөрү, баарыдан мурда Иран, Түркия, Сауд Аравиясы, Орто Азия, Казакстан, Закавказье Республикаларындагы процесстерге, ислам жайылган Орусиянын ички региондоруна карата кызыгуулары артууда. Алар менен байланыштарды өнүктүрүү, алардын элдерин исламдык коомго интеграциялоо боюнча иш-аракеттер жүргүзүлүүдө. Бул мамлекеттердин эки негизги өнүгүү жолдору талкууланууда. Биринчиси – Ирандын өнүгүүсүн көрсөтсө (бардык натыйжалары менен исламдык мамлекетти куруу). Экинчиси – Түркия (жарандык жана диний бийлик бөлүштүрүлгөн, учурдагы илим, техника, маданияттын жетишкендиктерине жол ачылган). Бул өлкөлөр өзүлөрүнүн өнүгүү жолун үгүттөөнү жүргүзүүдө. Алардын кайсынысы артыкчылыкка жетишээрин келечек көрсөтөт.

ИСТЕБЛИШМЕНТ (англ. establishment – орнотуу) – башкаруучу элита; саясий тутумда авторитети жогору, маанилүү кызматты ээлеген адамдар. Бул термин АКШнын коомдук-саясий тажрыйбасында кеңири колдонулуп келет.

ИСТОН Давид (1917-2014) – канадалык саясат таануучу. *Саясат таануу*да биринчилерден болуп системалык ыкманы колдонгон. И-дун трилогиясы: *«Саясий система»* (1953), «Саясий анализ үчүн концептуалдык структура» (1965), «Саясий турмушту системалык анализдөө» (1965) – бул системалык анализди саясат таануунда пайдаланууга кийирген зор салым. И-дун саясий анализ методу эки артыкчылыкка ээ. Биринчиси, саясий система – бул анын структураларынын өз ара аракеттеринин жөн гана системасы эмес, бул дайыма өзгөрүп туруучу, жашап туруучу, динамикалык система экендигине негизги көңүлдү бургандыгында. И-ду өтүп жаткан процесстерди анализдөө кызыктырган. Ал саясий системанын структураларынын системасын тынымсыз жашап турушун камсыз кылуудагы ролу жөнүндөгү маселени койгон. И. саясий системаны өз ара аракеттер катары аныктайт. Ошол өз ара аракеттердин жардамы менен коом авторитеттүү түрдө бөлүштүрүлөт жана анын негизинде коомдун мүчөлөрүнүн ортосундагы конфликтерге жол берилбейт. Кайсы саясий система болбосун, аны жашап турат деген көз караш менен карап, И. системанын кирүүсүндөгү жана чыгуусундагы жашоонун көрсөткөн күчтөрүн өлчөөдө «кибернетикалык принципти» колдонгон. Анын «кирүүсүндө» – жарандардын суроолору жана талаптары, ал эми «чыгуусунда» – бийликтин чечимдери жана аракеттери болот. Экинчи артыкчылыгы, И-дун эң сонун стандартташтырылган жана логикалык концептуалдуу структурасы ар кандай саясий системаларды салыштырмалуу анализ жүргүзүүгө жардам берет.

ИЧКИ САЯСАТ – саясаттын субъектилеринин (таптар, социалдык катмарлар, *улуттар, партиялар,* коомдук кыймылдар, саясий лидерлер) ортосундагы мамилелердин сферасы. *Бийликти* жеңип алуу, кармап калуу жана пайдалануу И. с-тын эң башкы маселеси. И. с-та мамлекеттин экономикалык, саясий кубатына жана саясий лидердин харизматикалык жана диний *авторитетине* таянган бийлик структуралары аркылуу ишке ашырылат. Батыш өлкөлөрдө И. с-ты улуттук саясат деп аташат. И. с-тын төмөндөгүдөй түрлөрү бар: социалдык, улуттук, маданий. И. с-тын негизинде тигил же бул принциптер (социалдык адилеттүүлүк, этатизм, фундаментализм, эталитаризм) жатат. *Ички саясий максаттарды* ишке ашыруу тынчтык жолу менен же зордук-зомбулук каражаттарын колдонуу менен жүргүзүлүшү мүмкүн. *Мамлекет* бул учурда, адатка ылайык, кеңири мүмкүнчүлүктөрдү пайдаланат: экономикалык рычагдар жана жеңилдиктер; жаңы жумушчу орундарын түзүүгө жана адистерди кайра даярдоого каражаттарды бөлүү жолу менен калкты иш менен камсыз кылууну жөнгө салуу; пропагандалык жана репрессивдик каражаттар; паспорттук, визалык, бажылык режим ж.б. И.

с. маселелерди чечүү методдору коомдогу саясий бийликке мамлекеттин монополиясы менен шартталат.

ИШ ТАШТОО – экономикалык жана социалдык кызыкчылыгын коргоо максатында жумушчулар тобунун өз эркн менен толук же жарым-жартылай иш токтотуусу (жумушка чыкпай коюу, эмгек милдетин аткарбашы). Келишүү комиссиясынын сунушу четке кагылгандан кийин, эгер тараптар ортомчуга же сотко кайрылса, ортомчунун сунушу четке кагылгандан кийин, же сот чечими тараптардын сөзсүз аткаруусун милдеттендиргенден башка, анын чечими менен макул болбогон учурда И. т. жүргүзүлөт. КРнын жарандарына КР Конституциясында И. т-го укук берилген.

ИШМЕРДҮҮЛҮК, саясий – *саясий активдүүлүктүн* негизги түрү. И. *саясий турмуш* чөйрөсүндө объект менен субъектти каршы коёт жана ошол эле убакта аларды бириктирип турат. И. структурасында өзүнө ишмердүүлүктүн максатын, каражатын, процессин, алдынала айтылган жана реалдуу натыйжаларын камтыйт. И-түн негизи болуп, акылга салып кабыл алынган максат чыгат. Максат менен каражаттын ортосунда дал келүү болушу зарыл. Эгерде ишмердүүлүктүн максаты *тоталитаризмди* жеңил, *демократияны* орнотуу жана бекемдөө болсо, каражаттар демократтык эмес болушу мүмкүн эмес. И-түн эффективдүүлүгү анын нравалык багыт алуусунун даражасы баалуулуктарды жана *саясий кызыкчылыктарды* чагылдыруунун толуктугу менен аныкталат. И. *саясаттын субъекттерин* (коом, топ, инсан, биримдик, уюмдар) классификациялоого ылайык өзүнүн спецификасына ээ. И. милдеттүү түрдө өзүнө максатка умтулуу жөндөмдүүлүгүн, жалпы эрктин, башка субъекттерден айырмаланган субъекттин ички руханий дүйнөсүнүн биримдигин уюштуруу жана чагылдыруу механизмин жана ошондой эле белгилүү физикалык түрүн эмес, уюштуруу структурасын камтыйт. Бул кандайдыр бир кызыкчылыктарга жараша уюшулган кыймыл (экологиялык, согушка каршы ж.б.) саясий *партия*, клуб болушу мүмкүн. Татаал саясий субъект тарыхый болуп саналат. Түрдүү саясий мезгилдин чегинде ал өзүнүн субъектүүлүгүнүн сапаттарынын бөлүгүн жоготушу мүмкүн. Алар башка саясий мезгилдин чегинде кандайдыр бир бөлүгү же толугу менен калыбына келет. И. өзүндө эки негизги багытты камтыйт. Биринчисинде саясий курсту иштеп чыгуу, экинчисине *саясий чечимдерин* иш жүзөгө ашыруу тийиштүү. И. бир катар деңгээлдерде иш жүзүнө ашырылат. Англиялык саясат таануучулар Дж.Понтон жана П.Джил төрт деңгээлди бөлүп карашат. Алар: 1. Жергиликтүү маселелерди чечүү маселеси (турак жай шарттары, мектептер, коомдук транспорт ж.б.). 2. Региондун чегинде уюштуруу план топтору жана ассоциациялар субъектиси катары чыккан локалдык деңгээл. 3. И-тө жайылтуунун башкы сферасы болуп улуттук деңгээл чыгат. И-түн субъектилеринин арасында – ресурстарды бөлүштүрүүнүн негизги *институту* катары улуттук *мамлекет*. 4. Улуттук мамлекеттер жана түрдүү транснационалдык уюмдар И-түн субъектиси болгон эл аралык деңгээл. И. теориялык жана практикалык болуп бөлүнөт. Анын биринчи түрү социалдык-саясий өнүгүүнүн концепциясын иштеп чыгуу, *саясий платформаларды* жана программаларды түзүү менен байланышкан. Ал илимий-аналитикалык мүнөздө болжолдойт. Практикалык И. мамлекет, *саясий* структура, жарандар тарабынан *саясий* курстун иш жүзөгө ашырылышынан турат. И-түн эки түрү тең айрым өлкөлөрдүн жана эл аралык улуттук тажрыйбаны пайдалануура негизделген.

К

КАГАН (gagan) – байыркы жана орто кылымдардагы Кыргыз *каганд*ыктарындагы, Түрк жана Уйгур каганаттарындагы өлкөнүн жогорку башкаруучусунун жана башкы аскер жетекчисинин даражасы (титулу). Оболу, «каган» термини жуан-жуандардын (жужандар же аварлар) аскер башчысынын наамы катары кытай жыл баяндарында б.з. 312-ж. баштап эскерилет. *Мамлекет*тик-башкаруу салты жогору даражада өнүгүп-өскөн кыргыздарда жана кыргыз коомунда бул мамлекеттик башкаруу титулу б.з.ч. III к. эле белгилүү болгон. Анткени, К. даражасы (титулу) алгачкы Кыргыз мамлекети жана кыргыздар менен замандаш жашашкан хунну, сабир, хазар, булгар, аварларда да белгилүү болгондугу илимде маалым. Бул мамлекеттик-башкаруу наамын б.з. VI к. тартып уйгур, карлук башкаруучулары кабыл алышкан, «каган» – император, шахиншахка маанилеш эң жогорку мамлекеттик башкаруу титулу болгон. Байыркы мамлекеттик түзүлүштөрдө коомдун саясий негизи аскердик-саясий жана аристократиялык багытка таянган. Мындай мамлекеттик-саясий өнүгүүдө салттуу аристократиянын колуна коомду идеологиялык жактан башкаруу шыбагасы тийген. Арийне, «аскердик демократия» принциптери үстөмдүк кылган коомдо мамлекеттин алгачкы пайдубалы болгон уруулук бирикмелерди элдик жыйналыш, аксакалдар кеңеши башкарган. Дал ушул шарттарда коомдун социалдык номенклатурасындагы эки топтун (аскердик жана аристократиялык-башкаруучулардын) милдеттерин бириктирүү менен акырындап уруунун, уруулук бирикменин жетекчиси бир эле учурда аскер башчылык милдетин аткара баштайт. Бул функцияны «каган» (мамлекет жана аскер башчысы) аткара турган болуп калган. VIII к. аягы – IX к. башынан XIII к. чейин киевдик княздар (Киев Русу) да К. титулун пайдаланышып, саясий жактан өздөрүн түрк тектүү Хазар кагандарына тең экендигин көрсөтүүгө аракеттенишкен. Арийне, мындай маалыматтар мурдагы советтик доордогу окуу, илимий басылмаларда чагылдырылбай келгендигин билебиз. Мис., 843–844-жж. Тан (Кытай) императорлорунун кыргыз К-дарына жазган мамлекеттик-расмий каттарынан эки өлкө тең өз ара легитимдүү бийликтерин таанышкандыктарын көрүүгө болот: «...Падыша урмат менен Кыргыз каганына салам айтат. (Сизден) Ошкор Сангун келди, (Сиз) белекке берген 100 жылкы, он бүркүтүңүздү тапшырып алдым...». Борборлошкон Монгол мамлекетин негиздеген Темучин (Чынгыз-хан) да ушул наамды кабыл алган. «Каган» термини мусулман булактарында тилдик өзгөчөлүктөргө жараша *«хан»*, «хакан» түрүндө пайдаланылган. Изилдөөчүлөрдүн айрымдары бул терминди байыркы кытай тилинен (Хань доору) кирип, «улуу башкаруучу» (кэ-хан) дегенди аныктарын белгилешет. Gagan-kekuan – улуу башкаруучу, көсөм маанисин туюнтат. Титул кыргыз ж.б. жазуу эстеликтеринде антропонимдердин (адам аттары) компоненттери катары кездешет: Бумын-каган, Ай-каган, Боз-каган, Билге-каган, Барс-бек каган ж.б. Кыргыз мамлекетинин башкаруучулары – К-дар бир эле учурда коомдогу башкы шамандын жана башкы темир устанын милдеттерин аткарышкан. Тарыхый маалыматтарга караганда байыркы Түрк Каганатындагы мамлекеттик бийликте кесиби темир уста болгон шамандардын (бакшылардын) коомдогу таасири өзгөчө күчтүү болгон. Жапон чыгыш таануучусу Масао Мори өз иликтөөлөрүндө байыркы кыргыз (түрк) доорундагы К. бир эле убакта темир устанын функциясын аткарганын чагылдырган кытай булактарындагы (Чжоу династиясынын мезгили) уламышка токтолуп, муну шаман дининин өнүгүп, калыптанышынын алгачкы баскычы катары карайт. Байыркы кыргыздарда темир иштетүү, зергерчилик кылуу жогорку деңгээлде өнүккөндүгүн археологиялык табылгалар тастыктап келери бышык. Бүгүнкү Хакас-Минуса ойдуңунда эзелки кыргыздар иштеткен шахталардын эбегейсиз зор чалдыбарлары сакталып калганы буга далил. Түркүн металлдардан ширелип, жасалган зергер буюмдары кыргыздардын өлкөсүнөн ыраакы жерлерге да белгилүү эле. Буга кыргыздар өндүргөн сапаттуу темир металлын кытайлар жана түрктөр өзгөчө баалагандары далил боло алат. Кыргыз аскер куралдары өзгөчө сапаты, кооздолуп, ширетилген жасалгалары аркылуу айырмаланган. Кыргыз К-дары шаман дининин (Көк Теңирдин) урматына өткөрүлгөн жамааттык диний-ритуалдарды өткөрүүдө башчылык кылышкан. Жамааттык сыйынуу жыйындары азыркы Хакасиядагы, Тувадагы, Түндүк Монголиядагы Хайрахан тоолорунун (кыргыздар массалык түрдө сыйынып, түлөө өткөрүп турууучу ыйык эсептелген бийик тоолуу чокулар) этектеринде өтө турган. Бул тарыхый маанилүү жерлер бүгүнкү расмий географиялык карталарда да дал ошол түпкү тарыхый аттарын сактап келет.

КАЗЫ, кадий – мусулман өлкөлөрүндө шарият жолу менен тергөөгө алып, тийиштүү чечим чыгаруучу сот, орто кылымдарда К. ар кыл документти күбөлөндүрүүнүн (нотариустун) да милдетин аткарган: жетимдерге көз салган же аларга көз салып туруу үчүн адамдарды дайындаган; кылмыш иштери же жарандык иштер боюнча өкүмдөрдүн аткарылышын көзөмөлдөгөн. XIX к. жана XX к. башында ак сөөктөр сотунун пайда болушуна байланыштуу К. үй-бүлө, диний, мураска калтыруу иштерин кароо менен гана чектелген. К. феодал төбөлдөрүнүн жана падышачылыктын жергиликтүү башкаруучуларынын кызыкчылыгын коргогон.

КАЗЫНА – бүгүнкү кыргыз тилинде *мамлекет*тин, өлкө падышасынын, элдин акча, кымбат баалуу металл, таш ж.б. сакталган атайын жайы, имараты маанисин туюнтат. Экинчи бир тарыхый мааниси «казына үчүн» же мамлекеттин пайдасы, кызыкчылыгы үчүн бекер же арзан иштеп берүү дегенди түшүндүрөт. К. сөзү байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз тилинде «өлкө» дегенди туюнткан. Энесай кыргыздарынын урпактары болгон хакастар мамлекетти азыр да «хазына» деп аташат. Тувалар да ушул терминди колдонушуп жүргөндүгү белгилүү. Бул термин «казына», «казна», «казначейство» ж.б. формаларында славян тилдүү элдерге ж.б. тараган. «Жумурият» (Жумхуриет), «мамлекет» (мамлакот) терминдери төл сөз эмес, кыргыз тилине араб-фарси тилдеринин таасири астында, тактап айтканда, кыргыздар *ислам* динин кабыл ала баштаган доордо келип кирген. Демек, К-га төлөө, К-га иштеп берүү деген сөз «мамлекеттин казынасына салык төлөө», «мамлекет үчүн милдеттүү түрдө иштеп берүү» ж.б. туюнтат. «Мамлекеттин казынасы» же «казынага тиешелүү» деген сөздөр өлкөнүн байлыгын, коомдук менчигин билдирет десе туура болот.

КАЙРА КУРУУ – СССРдеги экономикалык жана саясий түзүмдөрдөгү ири жана бир маанилүү эмес өзгөрүүлөрдү билдирүү үчүн колдонулган советтик партиялык жетекчиликтин реформасынын жана жаңы идеологиясынын жалпы аталышы. 1986–1991-жж. КПСС БКнын генералдык секретары М.С. Горбачевдун демилгеси менен болгон. 1987-ж. К. к-нун башталышы болуп эсептелет, январь айындагы КПСС БКнын пленумунда К.к. мамлекеттик өнүгүүнүн багыты болуп жарыяланган. К. к-нун объективдүү курамы болуп – советтик экономиканы, *саясат*ты, *идеология*ны жана маданиятты жалпы адамзаттык идеалдар жана баалуулуктар менен дал келгидей кылуу; абдан иретсиз ишке ашкан жана натыйжада карама-каршы аракеттерге алып келүү менен КПССтин кыйроосуна жана СССРдин тарашына өбөлгө түзгөн.

КАЙРА МЕНЧИКТЕШТИРҮҮ – менчиктештирүүнүн эле өзү, айырмасы К.м. аталгысын колдонгондо сөз ар дайым мурда жеке менчиктен тартылып алынган, б.а. муниципалдаштырылган же улутташтырылган мүлктөрдү менчиктештирүү жөнүндө жүрөт. Акыркы учурда К.м. мамлекеттен ажыратуунун синоними болуп калган.

КАЙРЫМДУУЛУК УЮМУ – коммерциялык эмес, жалпы коомчулуктун же жактардын айрым катмарларынын кызыкчылыктарына кайрымдуулук иштерин жүргүзүү жолу менен мыйзамда каралган максаттарды ишке ашыруу үчүн түзүлгөн уюм. К. у. коомдук уюмдар (бирикмелер), фонддор жана башкалар сыяктуу эле мыйзамда каралган тариздерде түзүлөт. К. у. эгер анын уюштуруучусу кайрымдуулук уюму болсо, мекеме түрүндө түзүлүшү мүмкүн. К. у. эгер ал өз ишин филиалдары, өкүлчүлүктөрү же мекемелери аркылуу 2 же андан көп мамлекеттерде жүргүзсө, эл аралык болуп саналат.

КАЙТА ЧАКЫРТЫП АЛУУ – шайлоочулардын өз өкүлдөрүнүн, кандайдыр бир шайлануучу кызмат адамынын жана жаңы шайлоолордун ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу процедурасы. Алгач мыйзамда көрсөтүлгөн коломдогу кол чогултуш керек, андан кийин изилденип жаткан шайлоолорду кайта чакыртып алуу процедурасын тастыктоого добуш берүү жүргүзүлөт. Бул процедура АКШнын 15 штатында жана көптөгөн шаарларында таркаган, ошондой эле өзгөчөлөнбөгөн чечим чыгарган сотторду жана коррупция боюнча жоопкерчиликке тартылган мэрлерди кайта чакыртып алуу көп учурда байкалган. Негизинен кайта чакыртып алуу аракеттери жергиликтүү башкаруу деңгээлинде эффективдүү, бирок, жалпы улуттук кызматка ээ болгон адамдарга карата бул процесс процедуралардын катаалдыгына байланыштуу оорчулукту туудурат (мис., АКШда 1921-ж. бир гана ирет губернаторду кайта чакырып алышкан). Ошону менен бирге бул процесстин потенциалдуулугу бийликти кыянаттык менен колдонгондорго, өзгөчө компетенттүү эмес же эффективдүүлүгү жок башкарууну токтотууга карата ишенбөөчүлүк билгизүү практикасы жок саясий системаларда көрүнөт.

КАЛЫГУЛ Бай уулу, Калыгул ырчы (1785–1855) – *заманачы* акын. Аркалык кыргыздардын акыны жана санаат-насаатчылардан болгон. Анын *«Акыр-заман»*, «Кыямат кайым» аттуу мистикалык-философиялык ырлары эл оозунда айтылып калган. Анын муңайым маанайдагы чыгармаларында ич ара феодалдык чыр-чатактар, Кокон хандыгынын алык-салыктары, карапайым элдин каржалган турмушу таасын чагылдырылган. 1854-ж. Ормон хандын айылындагы бугу менен сарбагыш уруулары-нын чабышына шылтоо болгон ордо оюнун токтотууга аракеттенген. К-дун эл оозунан чогултулган ыр жыйнактары, акын жөнүндөгү маалыматтар бүгүнкү күндө чогултулуп, жарык көрүүдө. К-дун *саясий ойлору* терең изилдөөлөрдү талап кылат. Кыргыздын көрүнүктүү карыя-акын, ырчы, өнөрпоздорунун (*Тоголок Молдо*, Сагымбай, Шапак Ырысмендеев, Ыбрай Абдыракманов ж.б.) айтуулары боюнча К. – «олуя», «аяр», «козу ачык» даанышман катары таанылган адам. К. бийликке келбесе да, анын адилдигине карап, кээ чакта арка кыргызы чиеленишкен чоң доосу болсо Калыгулга тапшырган. Замандын шартына карай кээде адилеттик кылып, байыртан келе жаткан адат-мыйзамын колдонуп, «Туура *бийде* тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок» деген анын башкы принциптерин айрым учурда адилет кармагандыгы үчүн «калыс *бий*» аталып кеткен. К. өз заманынын изденгич, таланттуу уулу. Анын жарандык мүнөздөгү ырлары жалаң гана ошо доор менен жок болуп кетпестен, азыркы учурда да маанисин жогото элек.

КАМАК (нем. arrest, англ. arrest, лат. arrestum – соттук токтом) – КР кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык, жазалоонун негизги түрлөрүнүн бири. К. камалган жакты башкалардан обочо шартта кармоо тартиби менен айырмаланат. К. 1 айдан 6 айга чейинки мөөнөткө белгиленет. К. коомдук иштер менен алмаштырылып, жазаны аткаруудан баш тарткан учурда, К. 1 айдан кем эмес мөөнөткө белгиленет. Кош бойлуу аялдарга, жаш балалуу аялдарга, өкүм чыгарылган учурда жашы 16га толбогон, эрезеге жетелек балдарга карата К. колдонулбайт. Аскер кызматкерлери К. мөөнөтүн гаупвахтта (аскер абагында) өтөшөт.

КАМЧЫБЕК Шераалы уулу – орус падышачылыгына элчиликке барган алгачкы өкүлдөрдүн бири. Бугу уруусунан чыккан Шераалы *манап*тын уулу. 1813-ж. ноябрда Жакыпбек бай менен кошо Орусиянын Сибирь аймагын башкаруучу Г.И. Глазенапка жазылган катты жеткирүү үчүн А.Л. Бубновго кошулуп, Ысык-Көлдөн аттанышкан. 1814-ж. 5-январда алар Семейге жетишкен. Бирок каражаттын жоктугунан улам, Глазенап элчилерди Санкт-Петербургга жиберүүдөн баш тарткан. К. кызыл тасмага тагылуучу алтын медаль менен сыйланган. 1815-ж. жайында элчилер кайра элине кайтышкан. 1855-ж. 17-январда бугу уруусунун Орусиянын букаралыгына өтүү жөнүндөгү катын орус падышалыгына К. жеткирип барган.

КАНГЕЛЬДИЕВ Азамат Нурказыевич (1957-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору.

Фрунзе шаарында төрөлгөн. 1980-ж. Алма-Ата шаарындагы Киров атындагы Казак мамлекеттик университетин аяктаган.

1980–1983-жж. Орус тил жана адабият педагогикалык институтунда окутуучу болуп эмгектенген. 1984–1988-жж. М.В. Ломоносов атындагы МГУда аспирантурада окуган. 1988–1993-жж. Орус тил жана адабият педагогикалык институтунда факультеттин деканы. 1993–1996-жж. Кыргыз-немис соода үйүнүн директорунун орун басары. 1996–2001-жж. «Бишкек-ЭЭЗ» бажысынын начальниги, Бишкек бажысынын начальниги, КР Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик бажы инспекциясынын директорунун орун басары, директору. 2001–2004-жж. КР Эсептөө палатасынын төрагасы.

2004–2005-жж. Түй облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы. 2005–2010-жж. Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору. 2010–2011-жж. КР Жогорку Кеңешинин депутаты. 2011-ж. КР Эсептөө палатасынын аудитору, Ж.Баласагын атындагы КУУнун алдындагы интеграциялык эл аралык билим берүү программалар институтунун профессору.

Бажы кызматынын полковниги, 2-класстагы мамлекеттик кеңешчиси.

КАНОН (гр. – эреже) – диний жоболордун жыйындысы; «ыйык» деп эсептелинген библиялык китептердин жыйындысы; христиан чиркөөсү тарабынан мыйзамга айландырылган жоболор, табынуу, чиркөөлүк уюштуруу ж.б. боюнча эрежелер, чиркөө К-у.

КАНСЫЗ СОГУШ – чектелген куралдуу карама-каршылык (мис., Вьетнамда, Афганистанда, Жакынкы Чыгышта) менен коштолгон социалисттик (чыгыш блок – СССР жана анын шериктештери) жана капиталисттик (түндүк АКШ жана анын шериктештери) системалардын саясий, идеологиялык, экономикалык жана аскердик-стратегиялык (жарыша куралдануу) атаандашуусу. К.с. жарыялоону У.Черчиллдин 1946-ж. Фултондогу (АКШ) сүйлөгөн сөзү менен байланыштырышат.

КАНТ Иммануил (1724–1804) – немец философу. *Жарандык коом* жөнүндөгү түшүнүктү андан ары кеңитти. К-тын социалдык-саясий көз карашы Руссонун таасири менен калыптанды жана элдин жогорку бийлиги (элдик суверенитет) жөнүндөгү идеяны өнүктүргөн. Анын жарандык коомду түшүндүрүүсү диалектикалык мүнөзгө жакын. Адамдын натурасындагы карама-каршы сапатты: батпай калууну, кекирейүүнү, тартып алууга суусагандыкты изилдейт, бирок ошол эле мезгилде макулдашууга умтулуу бар экендигин негиздейт. Мына ушул маселелерди чечүүдө К. жарандык коомдун керектигин айткан болчу. К-тыкы боюнча жарандык коом төмөнкү принциптерге негизделген: а) коомдун мүчөсүнүн адам катары эркиндиги; б) анын букарасы катары башкалар менен барабар тендиги; в) жаран катары коомдун мүчөсүнүн өз алдынчалыгы.

КАНЧАЙЫМ (канайым, кунчуйум) – каныша. Gunchui – каныша, каныш кыз. Кунчуйумдар (каныш кыздар, канышалар) *кагандар* тегинен (кагандар династиясы) чыгышкан. Gunchui – кытайча Gung-chu – «каныша» маанисин туюнтат. Улуг Кем (Тува, Енисейдин куймасы) суусунун жанынан табылган, кыргыздын Эл Туган *Тутук* аттуу аймак башчысына, мамлекеттик ишмерине багышталып тургузулган жазуу эстелигинде: «...Элим (өлкөм, мамлекетим), канышам (эстеликте, байыркы кыргыз тилинде – кунчуйум), уулум, журтум сиздерден алтымыш жаш курагымда айрылдым...» – деген маалымат бар. Уйук-Туран (Тува) суусунун жанынан табылган, тархан Үчүн Күлүк Тирикке багышталган кыргыз жазуу эстелигинде: «...Өргөөдөгү канышама (кунчуйум), уулума бөкбөдүм (жетпедим?), алтын кемер тагындым, теңир жараткан элиме тойбодум...., ...өлкөмдүн тагдырына туура келдим...» – деп жазышат. Кызыктуусу, эстеликтердин бир катарында текст «канчайымдан айрылдым» деп башталат. Мис., кыргыз аскер башчысы (сангуну) Ток Бөгүгө арналган эстелик: «Өргөөдөгү канышам (кунчуйум, аттигиниң, өз уулум сиздерден айрылдым. ...Каныма (каганыма), элиме – тойбодум (кызмат өтөй албадым). ...Калың журтум кайраттангын, эл (өлкө) заңын (мыйзамын) бузбагыла...» – деген мазмунда жазылган (Орхон-Енисей тексттери, 1982, 154). Ча-Холдогу (Тува) эстелик да ушундай мазмунда жазылган. Жогорудагы маалыматтардан Чур Күч Барс, Ток Бөгү, Эл Туган Тутук, Күлүк Тирик, Жарук Тегин (Ча-Хол, 1-эстелик), АтаУруңу (Ча-Хол, 2-эстелик), Чур (Чор) (Ча-Хол, 5-эстелик), Ынаң Уграч (Ча-Хол, 10-эстелик) ж.б. мамлекеттик жогорку чиндеги адамдар (аскердик-административдик) гана эмес, кагандардын жана алардын үй-бүлөлөрүнүн күйөө балдары болгондугун байкоого болот.

КАПИТАЛИЗМ – *Марксизм* окуусу К-ди өндүрүш каражаттары жеке менчикке, ал эми жалданма эмгек капитал тарабынан эзилишине негизделген коомдук-экономикалык формация деп аныктайт. К. XV к. Италиянын (соода) жана Голландиянын (мануфактура) шаарларында пайда болуу менен XVI к. болуп өткөн

капиталды топтоонун алгачкы процесстеринин жүрүшүндө бүтүндөй Европа мамлекеттеринде орной баштаган. К-дин шарттарында базардык атаандаштыктын механизми ишкерди кирешелүү пайда табуу үчүн туруктуу түрдө капиталды көбөйтүп жана өндүрүштү жакшыртып турууга мажбурлайт. Бул болсо өндүргүч күчтөрдүн, илимдин жана техниканын динамикалуу өнүгүшү үчүн зор көмөк берет. XIX к. аягы – XX к. башында Батыштын өнүккөн өлкөлөрүндө ири өнөр жай жана банк корпорациялары пайда болот, каржылык капитал үстөмдүк кыла баштайт, базардык атаандаштык экономиканы өнүктүрүү механизмдери менен толукталат. Ири менчик ээлери жана жалданма жумушчулар менен катар эле коомдун жашоосу үчүн маанилүү орунду ээлеген менчик ээлеринин ортоңку табы болгон туруктуу социалдык структура калыптанат. Бүгүнкү күндөгү К. өз кучагына төмөнкүдөй формаларды камтыйт: 1) кыска мөөнөттүү (антициклдүү, антиинфляциялык) жана узак мөөнөттүү (макроэкономикалык) мамлекеттик жөнгө салуу; 2) индикативдүү, сунуш мүнөзүнө ээ тармактык жана чөлкөмдүк (регионалдык) программалар (пландар); 3) тике (мыйзам чыгаруу жана административдик актылар) жана кыйыр (салыктар, мамлекеттин *бюджетке* багытталган чыгымдары, амортизациялоочу саясаты) түрүндөгү жөнгө салуу.

Көптөгөн өлкөлөрдө акырындык менен калыптанган социалдык багыттагы базар экономикасы жана парламенттик *демократия* XX к. 2-жарымында калктын турмуш деңгээли менен маданиятынын жогорулашын, социалдык карама-каршылыктардын жумшарышын жана аларды чечүүнүн укуктук механизмдерин иштеп чыгууну камсыз кылган. Чарбалык турмуштун улут аралык өсүшү, трансулуттук корпорациялардын күч алышы менен аймактык (регондук) жана дүйнөлүк экономикалык *интеграция*, экономиканы мамлекеттер аралык жөнгө салуу өнүгүп бара жатат. Бул экономикалык кызматташуунун жана өнүгүүнүн уюму, эл аралык валюта фонду, реконструкциялоонун жана өнүгүүнүн эл аралык банкы, европалык жамаатгар ж.б. атайы уюмдардын пайда болушуна түрткү берген.

КАРМАП ТУРУУ САЯСАТЫ – *агрессия*ны же *экспансия*ны алдын-алууга же тыюу салууга багытталган чаралардын комплекси.

КАТОЛИЦИЗМ (гр. – жалпы, ааламдык) – христиан дининин негизги агымдарынын бири. Дүйнөдө 700 млнго жакын адам католик динин туткандар. Руханий борбору катары Ватикан шаар-мамлекети эсептелет.

КАТУН (катын, хатун) – орто кылымдардагы түрк-монгол династияларында тектүү жерден чыккан аялдарга, ханышаларга өз аттарына «хатун» («катун») термини жалганып айтылган. Бул термин улуу даражалуулукту, тектүүлүктү аныктап турган. Кыргыз каганаттарында *хан* тегинен чыккан ханыша-аялдар *«канчайым»* (кунчуйум) деп аталарын жазуу эстеликтери баяндайт. Сары уйгурларда «катын» – тектүү жерден чыккан аял, бийик даражалуу кызмат адамынын аялы маанисин туюнткан. Туваларда «кадын» сөзү «падыша аял», «ханыша» дегенди туюнткан (Тувинско-русский словарь, 1968, 217). Бул сөз кыргыздарда «улуу аял», «байбиче» маанисин да түшүндүргөн.

КАЧКЫН – КР жараны болбогон жана өзүн КРден качкын катары таануну өтүнгөн, расасына, динине, улутуна, саясий ишенимдерине, белгилүү социалдык топко тийиштүүлүгүнө байланыштуу курмандыкка айланып калуу коркунучу олуттуу болгондуктан, башка мамлекеттеги өзүнүн туруктуу жашап турган ордун таштоого аргасыз болгон, ошондой эле улуттар аралык каршылашууларда жана куралдуу кагылышууларда куугунтукка алынуу коркунучу бар, ушул жагдайларга байланыштуу өз өлкөсүнүн коргоосунан пайдалана албаган же пайдалангысы келбеген адам.

КАШКА – байыркы жана орто кылымдардагы Кыргыз каганатындагы аскердик, мамлекеттик-башкаруу титулу. Илимий адабияттарда «кашка» сөзүнүн бир мааниси «уруу башчысы», «жол башчы» дегенди туюнтат. «Мажму ат-таварихте» мандайларына ак кашкалары бар 7 атка минген, 7 бир туугандын жети кашка деп аталгандыгы жөнүндө баяндалат. Мындан тышкары солто уруусунда жана ферганалык кыпчактардын ичинде «жети кашка» аттуу уруунун болгону белгилүү. Ал эми 1582-ж. жа-

зылган түрк автору Сейфинин чыгармасында «кыргыздардын каны жок, бектери гана бар, аларды «кашка» деп айтышат. «К.» калмактарда да жыш кездешүүчү титул» – деген маалымат бар. Бул жагдай «Манастын» В.Радлов жазып алган вариантынан айкын көрүнүп турат: «Калакай кашка дегеним, Каныҥ барбы дегеним». Ошону менен катар К. XVII к. Эне-Сайлык кыргыздарда (хакастарда – титул катары) кездешет. Энесайлык кыргыздардын уруулук курамында «к.» («хасха») деген уруу (этноним) болгон. Этнонимдин параллели байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз этнокомпоненттери басымдуулук кылган азыркы хакас-качиндерде «хасха» формасында белгилүү. Мындан сырткары, хакастардын курамында «хаска хыргыс», «хасха пүрүт», «хасха пүүр», «хасха иргит» аттуу тектүү уруулар (сөөктөр) белгилүү. «Хасха» бүгүнкү хакастардын курамындагы ири урук (сөөк) болуп эсептелет. «К.» титулу энесай кыргыздарынын мамлекеттик-башкаруу тутумунда кеҥири колдонулгандыгын тастыктаган маалыматтар бар: «Энесай кыргыздарынын коому социалдык жиктелүүдө байыртадан эки катмарга бөлүнүшкөн: «Хасха сөөк» – ак сөөктөргө (башкаруучу, аристократиялык уруу) – кыргыздар, ал эми «пора сөөк» же боз сөөктөргө. К. башкаруу титулу жана этностук аталыш катары кыргыздарда энесай доорунан (V–IX кк.) белгилүү. Орус жазма булактарында алардын бектерин к. деп айтышкандары белгилүү. Ошону менен бирге, кыргыздын саруу уруусунда «онтогор кашка», мунгуш уруусунда «эрке кашка», дөөлөс уруусунда «чулум кашка» аттуу параллелдери сакталып келет. К. – басыз, сары багыш, тейит урууларынын курамдарындагы урук аталыштары катары белгилүү. К. кыргыздарда, хакастарда, өзгөчө «Манас» эпосунда титул, жетекчи маанисинде колдонулушу кыргыз жана хакас элдеринин түпкү тамырлары бир экенин даректейт. Уруу башкаруучу же уруудан, жоокерлердин арасынан чыккан мыкты жетекчи, билгич адам:

Салтанаттуу сай кашка
Сайышы журттан бир башка!
Кызыл байрак кырк кашка,
Кыраакы Манас бадыша,
Кылыгы журттан бир башка! (СО, 3.174).

К-нын төмөнкүдөй маанилери бар: 1) Жылкынын маңдайындагы ак белги. 2) Өтө чыгаан, эң көрүнүктүү башкаруучу, жетекчи бийликте турган адам. 3) Тайманбас, бетке айткан, улуу адамга көп ишенбеген аял киши. 4) Уруунун аты (мис., жети кашка). Жалпысынан алганда эпосто төрт мааниси тең кездешет.

КАШКА – XVI к. кыргыз элин башкарган адамдын наамы. 1582-ж. жазылган кол жазмада — «Кыргыздар адам баргыс тоодо жашайт. Кокустан бир душман кол салса, бала-бакыраларын тоого житирип жиберет. Жай таш менен күндү жаадырат. Душманын тондуруп өлтүрөт... Кыргызда хан болгон эмес. Башкаруучуларын «К.» деп атаган, – дейт. Бул кабар В.В. Бартольддун чыгармасында бар. «К.» деген сөз кийин жаңы мааниге ээ болуп кеткен, тайманбас, бетке айткан дегенди билдирип калган.

КВОРУМ (лат. quorum praesentia sufficit – катышууга жеткиликтүү өкүлдүн саны) – мыйзамдуу деп эсептеле турган жана чечим кабыл ала турган жыйын мүчөлөрүнүн эң төмөнкү саны. Ал кандайдыр бир сан менен же жалпы мүчөлөрүнө карата пайыздык катыш аркылуу белгиленет. Айрым учурларда өтө маанилүү маселелерди кароо үчүн К. көрсөткүчү жогорулатылат.

КВОТА (лат. quota – ар бирине туура келүүчү бөлүк) – 1) өнүмдөрдү өндүрүүдө, сатууда, экспорттоодо же импорттоодо улуттук же эл аралык шериктештик ж.б. макулдашууларга кирген ишканалар менен компаниялар үчүн коюлган катыш үлүшү; 2) айрым товарлар, кызмат көрсөтүүлөр, өлкөлөр, өлкөлөр тобу боюнча белгилүү бир мезгил аралыгында киргизиле турган нарк же экспортту, же импортту сандык жактан чектөө; 3) депутаттарды шайлоодо жана аткаруу бийлигинин курамын түзүүдө алардагы аялдар, жаштар жана башка этностордун өкүлдөрү үчүн мыйзамдуу К. аныкталат.

КЕПИЛ – *кепилдик* берүүчү; кандайдыр бир нерсеге кепилдик берген *мамлекет*, мекеме же жак. Кепилдик берүү келишими боюнча, К. башка бирөөнүн өз милдеттенмелерин толук

же жарым-жартылай аткарышы тууралуу карызкор менен бирдикте кредитордун алдында жоопкерчилигин алат. К-дин кепилдик милдеттенмеси менен камсыз болгон карызкор өз милдеттенмесин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда, эгер кепилдик келишиминде К-дин субсидиардык жоопкерчилиги каралбаган болсо, К. менен карызкор кредитор алдында бирдей жоопкерчилик тартат.

КЕПИЛДИК – 1) жарандык укукта карызкордун кредитор алдындагы милдеттенмесин толук же талаптагыдай аткаруусуна кайсы бир адамдын жоопкерчилиги (толук же жарым-жартылай) тууралуу мыйзамда же келишимде каралган милдеттенме; 2) кандайдыр бир мөөнөткө чейин колдонуу максатына төп болуу үчүн товардын материалдык кемчиликтерине сатуучунун мыйзамда каралган милдеттенмеси. Товардын сапат К-и анын бардык бөлүгүнө (куралуучу буюм) бирдей тиешелүү.

КЛАКА (фр. claque) – саясий иш-чарага атайын колдоо үчүн чакырылган катышуучулардын тобу; окуяны кол чабуу же чаппоо аркылуу көтөрмөлөп турушат.

КЛАН, саясий клан – мамлекеттик бийлик үчүн же буга чейин ээ болгон колундагы бийлигин сактап калуу үчүн күрөш жүргүзгөн, патриархалдык үй-бүлөлүк (каны бир туугандык, уруулук) же жердешчил, региондук жана азыркы саясий уюмдардын мүнөздөрүн айкалыштырган, башкаруучу элитада туруктуу, формалдуу эмес бирикме. К-дын курамында анын *лидеринин* (кландын башчысы) айланасында туугандык же башка белгилери бар адамдар болушу мүмкүн. Коомдук башкаруунун бул топко чейинки *институту* азыркы көптөгөн мамлекеттердин *саясий мамилелеринин* системасына кирип алган. *Мыйзам*дын күчү, анын аткарылышын эмес, тескерисинче, мамлекеттик бийликти «ыйык» туткан өлкөлөрдө кландардын активдүүлүгү өтө күчтүү болот. Башкаруучу катмарлардын К-га бөлүнүшү элита менен эле чектелбейт. Ар бир элиталык К. социалдык пирамиданын ортоңку жана төмөнкү бөлүктөрүндөгү өзүнүн клиенттерине жана алардын социалдык базасына таянат, ушунун өзү эле К-дык топтордун тышкы таасирлерге туруштук берүү мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. К-дык топтор дайыма бир гана чоң үй-бүлөнүн мүчөлөрүн бириктире бербейт. Ошентсе да ишке жөндөмдүү бардык К-дардын ядросун жакын туугандар түзүп, патриархалдык этика, тууганчылыктын жазылбаган «мыйзамдары» К-дын ички тилектештигин, ынтымагын камсыз кылып турат. К-дык белгилери боюнча бөлүктү башкаруучу элита, адатта К-дык топтошуунун негизги түрүнөн турат. Бир жагынан, бийликтин жогорку жана ортоңку эшелонунда бир нече муундар катары менен бийликте турган адамдардын тобу. Экинчиси, коомдо жакында эле болуп өткөн ири социалдык-саясий өзгөрүүлөрдүн жыйынтыгында саясий аренага чыккан, жаңы адамдардын тобу. Кыргызстанда акыркы жылдарда менчиктештирүү процессинин жүрүшүндө коомдук менчикти бөлүштүрүүгө тикелей катышкандар өздөрүнүн К-дарын түзгөнгө үлгүрүштү. Эми бул К-дар мамлекеттик бийлик үчүн, *саясий чечимдерди* даярдоого, кабыл алууга, аны ишке ашырууга катышуу үчүн күрөш жүргүзүп атышат. Башкаруучу элитанын ар кандай К-дарынын ортосундагы мамиле тынчтык жолу менен же тескерисинче, курч *конфликт*тер менен коштолушу мүмкүн. Көпчүлүк учурларда негизги күрөш эски жана жаңы К-дык топтордун ортосунда жүрөт. Атаандаштыкты өтө курчутпай туруп, жаңы К-дын бийликти алуу шансы аз болот. Дегеле бийликке келгенден кийин да жаңы К-дын абалы көпкө дейре туруксуз бойдон кала берет. Ал эми эски К-дын күчү мамлекеттик жогорку кызматты алдырып ийүү менен эле бүтүп калбайт. Башкаруучу элитанын чөйрөсүндө бекем орун алыш үчүн жаңы кландык топ башкаруу аппаратынын ортоңку бөлүгүндөгү эски К-дын өкүлдөрүн же сүрүп чыгаруу же өзүнө баш ийдирүүсү керек. Эски К-дын көптөгөн клиенттери менен иш алып баруу өтө татаал иш жана ал кошумча убакытты жана материалдык ресурстарды талап кылат. Ошондуктан башкаруу элитасынын К-дарынын өзгөрүүсү же алмашышы коомдогу чоң кыймылдар, коомчулукту дүҥүрөткөн өзгөрүүлөр менен коштолот. Мамлекеттик чечимдерди кабыл алууга катышкан К-дык топтордун санынын азайышы

да, көбөйүшү да социалдык пирамиданын жана администрациялык системанын бардык деңгээлиндеги өзгөрүүлөрдү, баш-аламандыкты пайда кылат. Өзүнчө алынган саясий К-дын бийликти кармап калуу же аны жеңип алуу үчүн атаандаштык күрөштү жүргүзүү жөндөмдүүлүгү бир нече факторлорго көз каранды болот. Биринчи кезекте, К-дын ички ынтымагы, тартиби жана мыкты лидери болушу зарыл. К-дын аялдар бөлүгүнүн да күчтүү болушу чоң ролду ойнойт. К-дын өзүнүн этностук жана географиялык чөйрөсүнөн тышкары да бутактарынын болгону абзел. К-дык топтордун күрөшүнүн ийгилиги анын күчүнүн ички, субъективдүү мүнөздөмөсү менен гана аныкталбастан, өлкөнүн ички *саясий процессинин* объективдүү динамикасы менен да шартталат. Алсак, эски К. коомдук турмуштун карама-каршылыктарын башкаруучу катмардын деңгээлинде чечүүгө далалат кылат. Мындан тышкары, жаңы К-га окшоп, эски К. өзүнүн саясий душманына каршы ачык чабуулга өтө албайт. Бирок, позициялык атаандаштыктын жана күрөштүн шартында артыкчылык дайыма эски К-дар тарабында болот. Ал эми жаңы К-дар, тескерисинче, бийлик үчүн күрөш жана кагылышуулар башталганда эле социалдык катмарлардын кеңири массасын тартууга аракет кылышат. Калктын демократтык катмарларына таяныч жасоо жаңы К-дын бийликтин жогорку тепкичиндеги алсыздыгын кандайдыр бир үйбүлөдө тең салмактап турат. К-дардын ортосундагы күрөшкө тигил же бул региондун же этностун масштабында саясий лидерлик абалына ээ болгон К. катышса, анда бул күрөштүн кесепеттери өтө коркунучтуу мүнөзгө ээ болот. Региондун же этностун саясий лидерлигине чейин көтөрүлүш К., иш жүзүндө, алардын үстүнөн чектелбеген көзөмөлдөө укугуна ээ болот да, регион менен борбордун ортосундагы карама-каршылыктардын курчушуна алып келет. Эгерде бул карама-каршылыктар өлкөдөгү социалдык-экономикалык кризистер менен коштолсо, анда эски К. да, жаңы К. да социалдык чыңалууну азайтуунун ордуна, тескерисинче, бөлүнүп-жарылууну дагы терендетүүгө жөндөмдүү келишет.

КЛЕРИКАЛИЗМ (лат. cularis – чиркөө бийлиги) – католик чиркөөсүнүн саясий жана маданий багыттарын жайылтууну көздөгөн идеологиялык жана саясий агым.

КОАЛИЦИЯ – 1) эки же бир нече мамлекеттин жалпы душманга каршы саясий жана согуштук союзу; 2) бирдиктүү ишмердүүлүктү ишке ашырууда *партия* же *лидерлер* тарабынан иштелип чыккан макулдашуу.

КОДЕКС (лат. codex – мыйзамдар жыйнагы) – өз ара дал келген жана бир багыттагы коомдук мамилелерди жөнгө салуучу укук ченемдери бириктирилген жана тутумдаштырылган мыйзам актыларынын жыйындысы. К. мыйзам чыгаруучулардын кодификациялык ишмердиктеринин натыйжасы болуп саналат. Жалпы эреже боюнча, К-ке белгилүү бир укук тармагы кирет (мис., жарандык, кылмыш-жаза, үй-бүлө, эмгек ж.б.). Адатта, ал тиешелүү тармак боюнча укук негиздерин гана камтыйт. Калган укук ченемдери башка мыйзамдар менен мыйзамга негизделген актыларга кирет. Айрым К-тер ченемдерди, *мыйзам* тармактарын (деңиз-соода К-и, турак жай К-и ж.б.) же укук тармакчаларын (Салык К-и, Бюджет К-и) бириктирет. «К.» түшүнүгү чет өлкөлөрдө белгилүү өзгөчөлүк менен айырмаланат. АКШда К. деген түшүнүк жөн эле жалпы укуктун айрым мыйзамдары менен ченемдеринин кошундусун билдирет. Ал эми Францияда болсо, акыркы кезде кадимки К. менен катар эле, укуктук жактан жөнгө салуунун айрым тармактары боюнча К. аттуу мыйзам актыларынын кошунду жыйнактарын басып чыгаруу иши жайылтыла баштады (эмгек жөнүндөгү, жол, айыл чарба, салык, бажы, деңиз порту жөнүндөгү К-тер). Мындай К-ке мыйзамдык да, регламенттик да ченемдер кирет.

КОЖО, ХУДЖА (фарс. – кожоюн) – *ислам* дини тараган өлкөлөрдөгү руханий кызмат титулу, белгилүү адамдарды, акындар менен жазуучуларды да ушинтип атаган учурлар кезигет. Негизги мааниси – башчы, ээ, ээлөөчү. Ал тургай орус тилиндеги «хозяин» да ушул сөздөн. «Кожо» деген сөзгө «ин» мүчөсү кошулуп, ал да бир аз өзгөрүп, *«хозяин»* болуп калган. Ислам дини тараган элдерде, Мухаммед

пайгамбардын Фатима деген кызынан тараган адамдар «кожо» деген наамга ээ болуп кеткен.

Молдо менен кожону,
Боздотуп урду ошону... («Манас»)
Кожо, молдо, эшендер,
Мечитинде сулады. (Токтогул)
Ишенген кожоң сууга акса,
Алды-алдынан тал карма. (Накыл)

Белгилүү аалым Осмонаалы Сыдык өзүнүн мындан жүз жыл мурда жазылган тарых китебинде «Кыргыздар караңгы болушат, сакалчан көрсө молдо дейт, селдечен көрсө кожо дейт, орусту көрсө төрө дейт», «алар эмне десе деле «ооба» дегендей башын ийкеп отура беришет» – деп жазган жери бар.

КОЖО АКМАТ ир. (ар. хоже Ахмед) Хоже Ахмед, дагы бир аты – Хазрет Султан (1103 ж. – Сайрам – 1166-ж. Түркстан), чыгаан акын. Адабияттагы, тарыхтагы аты Ахмед Ясовий. Сопулук идеясын эл ичине тараткан акын. Чыгармаларын чагатай тилинде жазган. «Хикмет» аттуу чыгармасы кыргыздардын арасына да кеңири таралган. Молдолор жогорку сыныптагы балдарга окута турган – деп эскерет мударис К.Карасаев. Ал эски өзбек тилинде жазылган. Чыгармасында дин башчыларын, жогорку мансаптагы адамдарды катуу сындаган. Анын мүрзөсүнүн үстүнө, эки кылым өткөндөн кийин атактуу Амир Темир – 1397-ж. укмуштуу күмбөз салдырган. Казакстандын Түркстан ш. бул күмбөз мусулмандар тарабынан кичи Мекке катары кабылданып, ага миңдеген момундар жылына *зыярат* кылып турушат. Кыргыздар К. А-ты касиеттүү адам катары санаган. Кыяматта чоң сурак болгондо, К. А. калыс киши катары, күнөө менен соопту таразалаганда, тарazанын түбүндө болот деп ишенишкен. Анын Ясовий аталышы мындан. Илгери Түркстанды Яси деп атачу экен. «Хикмет» аттуу китебинде, кыргызды кырк кыздан тараган деп калпты айткан Шайых Мансурдун жазага тартылганын, ошого байланыштуу «аналхак-миналхак» деген сөздөрдүн чыгышын баяндаган. Чыгармасы кооз тилде жазылган. Нечен жолу басылып чыккан. К. А. китебинде, кадимки эле Арслан бабанын (Арслан баб) Түркстанга келгенин, аны менен жолукканын да жазат. *Ислам* диниинин жоболору жөнүндө өтө көп маалыматтар бар.

Кошумча жыйган эшендер,
Азезилдин алдында,
Кокуйга калат деп уктум.
Акчасын алдап алмакка,
Айтат жалган деп уктум,
Кожо Акматтын алдында,
Алдап алган аттарын,
Кайтарып берет деп уктум. (Токтогул).

К. А. 63 жаш курагына келгенде Мухамеддин жашынан ашык жашоого болбойт деген ишеним менен тирүүлөй эле жердин алдына кирип кеткен делет, ал жакта күндүн көзүн көрбөй дагы жети жыл жашагандыгы жөнүндө айтылат. К. А. олуялардын катарына кирет. Анын Түркстан ш. күмбөзүнө казак, кыргыз жана башка түрк элдеринен чыккан чыгаан-олуялардын сөөктөрү коюлган. Сарыбагыш уруусунан чыккан Эсенгулдун (Ормон хандын чоң атасы) сөөгү да ушул күмбөзгө коюлгандыгын тастыктаган такта күмбөздүн ичинде илинип турат.

«КОЖОЖАШ» – кыргыз элинин эпикалык дастаны, кенже эпосторунун бири. К. мерген гана эмес, анын болжолдуу курмандыгынан табийгат жиберген айыптоочусуна жана жазалоочусуна айланган Сур эчки да дастандын негизги каарманы болуп эсептелет. Эпосто уруучулук түзүлүштөгү байыркы *кыргыздардын* диний-анимисттик жана тотемисттик түшүнүктөрү ачык сүрөттөлөт. «К.» эпосундагы негизги философиялык ойдун *экологиялык саясат*ка маанисси өтө зор.

КОКУТОЙ (уникалдуу жапондук улуттук маңыз) – *синтоизмдин* мифологиясы менен *Конфуций окуусунун* этикалык принциптерин өзүнө камтыйт. 1825-ж. Сэйсисой Айдзова өзүнүн «Синрон» («Жаңы теория») деген саясий чыгармасында аныктама берген. К-го ылайык, Жапония күн кудайы Аматреску мурастаган өзгөчө улуттук өз алдынчалыкка ээ. Анын маңызы бир жагынан «кудайдын тукумдары» болгон, түбөлүк тынымсыз алмашып туруучу императорлордун династиясы, эл эми экинчи жагынан, Конфуцийдин окуусуна ылайык улууларды сыйлоо, аталык камкордукка негизделген жапондук мораль. Айдзова син-

тоизмди *мамлекеттин* жаңы руху деп жарыялап, К. түшүнүгүнө үч түрлүү маани берген: саясий жагынан – өзгөчө коомдук түзүлүштү билдирет (же императордук бийлик *институту)*; дин жагынан мамлекеттин руханий негизин билдирет (өлкөнүн жана династиялардын кудай тарабынан келип чыгышы); моралдык жагынан – жапондуктардын өзгөчө улуттук мүнөзү (салтты ыйык тутуу, аталык камкордук, сыйлоо ж.б.). К-дун башкы элементи – император менен жапон элинин ортосундагы байланыш жөнүндөгү мистикалык *идея*. Официалдуу жапон адабиятында ушул байланыштын өзү жапон мамлекетинин жана улутунун пайдубалы катары таанылган.

КОЛЛЕГИЯ (акылдаштар) (лат. collegium) – 1) жетекчилик, кеңешчилик же тескөө органдарын түзө турган адамдар тобу (мис., министрлик, сот К-сы); 2) бирдей кесиптеш адамдардын ыктыярдуу бирикмеси (адвокаттар К-сы); 3) Орусиянын XVIII к. жогорку өкмөт мекемесинин аталышы.

КОЛЛЕГИЯЛУУЛУК (акылдаштык) – ар бири белгилүү бир ишкердүүлүк чөйрөсү үчүн жеке жоопкерчилик тартуучу, ыйгарым укуктуу адамдардын тобу (*коллегия*) аркылуу жетекчилик жүргүзүлүүчү башкаруу принциби.

КОЛЛЕКТИВДҮҮ ПИКИР – уюштурулган топ катары коллективдин кызыкчылыктарын чагылдырган, дал келүүчү көз караштардын, божомолдоолордун, баалоочулук ой-пикирлердин жыйындысы. К. п. – группалык пикирдин ар түрү. Англиялык саясат таануучу Д.Робертсондун ою боюнча ал бир жагынан рационалдык индивидуализм, ал эми экинчи тарабынан стейтизм менен туура келишпөө үчүн негиз болуп эсептелинет; анда *мамлекет* же өзүмчүл индивиддин эмес, түрдүү багыттагы коллективдин кызыкчылыктары эске алынып, өз ара таанылган укуктарга жана милдеттүүлүктөргө, азчылыктын байлыгына эмес, жалпынын жыргалчылыгына басым жасалат. К. п. – коомдук ой-пикирди түзүүчүлөрдүн негизгилери: бул планда алар индивиддин психикасын өзүнө баш ийдирген коллективдүү элестетүүлөр жөнүндөгү Э.Дюркгеймдин идеясына жана коллективдүү психика жөнүндө В.Вундттун идеясына таянган саясий психологдордун анализинин предмети боло алышат. К. п. – батыш саясат таануучулары атаган «көпчүлүктүн тираниясы» (Эркиндик жөнүндөгү эссесиндеги Ж-Ст. Миллдин сөзү) менен мүнөздөлөт. Бул болсо жалпы кабыл алынгандан айырмаланган ой-пикир жана жүрүм-турумга чыдабоого алып келет. Ушундан улам аны баалоодогу бүткүл инстанциялардын маанилүүлүгү келип чыгат.

КОЛЛЕКТИВИЗМ – элдердин коомдук жашоосу жана ишмердүүлүгүнүн принциби; өз ара жардамдашууда жана жолдоштук шериктештикте көрүнгөн, жеке кызыкчылыктын коомдук кызыкчылыкка аң-сезимдүү баш ийүүсү.

КОЛОНИЯ (лат. colonia – жайгаштыруу) – 1) бөтөн элдин, жергиликтүү калктын бош же отурукташкан жерлерине зордук менен көчүп келип отурукташуусу; 2) экономикалык жана саясий жагынан көз каранды болуу менен, өзүн басып алган чет мамлекеттин бийлигине өткөн өлкө.

КОМИССИЯ (лат. commissio – тапшырма) – 1) кандайдыр бир белгилүү милдеттерди аткаруу (шайлоо К-сы, эсептөө К-сы, текшерүү К-сы) же атайын иш-чараларды өткөрүү (мис., парламенттин палаталарынын макулдашуу К-сы) үчүн түзүлгөн орган; 2) комиссия келишими.

КОМИТЕТ (лат. committo – тапшырам) – 1) кандайдыр бир тармакты жетектөө же атайын иш-чараларды өткөрүү үчүн түзүлгөн мамлекеттик орган; 2) *саясий партиялардагы* жана коомдук уюмдардагы жамааттык шайланууучу жетекчи орган.

КОММУНИЗМ – бул түшүнүк үч мааниде колдонулат: коллективизм абалынан туруп, жеке менчикти тануу, капиталисттик мамилелерди тануу негизги маңызы болгон *идеологиянын* аталышы катары; негизинде коммунисттик идеология турган *партияларды* жана кыймылдарды атоо үчүн; коомдук *бийлик* толтура болуп жайнап турган жана бөлүштүрүүнүн негизинде ар бир адамдын керектөөсүн (күндө өсүп турган) толугу менен канааттандыруу принциби жаткан эң сонун келечекти белгилөө

үчүн. К-дин негизги принциптери төмөнкүлөр: антикапитализм, жеке менчикти кыйратуу жана менчиктин эки формасын орнотуу, эски мамлекеттик машинаны жоюу жана башкаруунун, бөлүштүрүүнүн жаңы принциптерин түзүү, маданияттын ичинен «зыяндуулардын» бардыгын алып таштоо. Бул максаттарды ишке ашыруу *революция*чыл жол менен гана мүмкүн, революциянын негизги кыймылдаткыч күчү *жумушчу* табы болуп, анын бийлиги диктатордук мүнөзгө ээ болот. XX к. курч таптык карама-каршылыктардын шартында К. идеясынын пайда болушу жана өнүгүшү тарыхый мыйзам ченемдүү болгон. Бирок *индустриялык коом*дун өнүгүшү жана анын жаңы технотрондук доорго өтүшү менен, ортоңку таптын коомдун негизги табына айланышы менен, диалогдор жана *компромисс*тер маданиятынын таралышы менен К. идеясы жоюлуп баратат. Анын куру кыял экендиги практикада далилденүүдө. Батыш өлкөлөрүнүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, социалисттик идеяларды ишке ашыруу үчүн революциянын, *диктатуранын, жарандык согуш*тун, миллиондор үчүн концлагердин, бардык адамдарды бир эле коммунисттик идеологияга баш ийдирүүнүн, тышкы дүйнөдөн бөлүнүүнүн эч кереги жок, анын ордуна демократтык, гуманисттик принциптерди жана механизмдерди акырындык менен жайылтуу, *жарандык коом*ду жана *улуттук мамлекет*ти куруу жана аларды социалдык коргоо маңызы менен сугаруу керек. Дүйнөлүк прогрессивдүү коомчулук ушул багытта өнүгүп баратат жана ири ийгиликтерге жетишүүдө.

КОММУНИТАРДЫК КЫЙМЫЛ – жаңы социалдык кыймылдардын бутагына таандык; индивиддин өздүк стилине жана жашоо образына, өздүк чөйрөсүн калыптандыруу укугун коргойт. К. к. көп учурда коомдук турмуштун эскирген формаларынын кыйрашы менен кошталган өзгөчө интенсивдүү модерндештирүү мезгилдеринде активдештирилген. Ага мис., европалык романтизм менен американдык коммунитаризм: биринчиси – өнөр жай революциясына эпкиндүү жооп катары болсо, экинчиси – XV к. башындагы урбанизацияга жооп болгон. Бүгүнкү күндөгү коммунитаризм контркультуранын агымдарынын тегерегинде кайра жаралган жана сапаттык жаңы социалдык тартиптин түзүлүшүн көрсөткөн. Ал өзүн-өзү башкаруу башаттарында өкүм сүргөн эркин жарандардын децентралдаштырылган коммунитардык биримдигине негизделген. К. к. күчтүү утопиялык маңызга ээ. «Чоң коомго» каршы турган, өзүнүн утопиясын сөзсүз түрдө ишке ашыруу-га умтулуусу менен мүнөздөлөт. Ошону менен бирге ал *жарандык демилгелер*, өзүнө-өзү жардам берүү тармактарын түзүү үчүн кыймыл сыяктуу жаңы социалдык кыймылдардын терең прагматикалык багыттары менен байланышкан. Альтернативдүү диний кыймылдардын өкүм сүрүүсүнүн формасы катары коммунитаризм көп учурда кездешет. Жалпысынан алганда коммунитардык пландагы кыймылдар жаңы түшүндүрүлгөн «убакыттан тышкары» баалуулуктарга таянган, кезектеги коомдук *консенсус*тун орношуна бел койгон жаңы түшүнүүнү иштеп чыгууга кызмат кылат.

КОММУНИСТТИК КЫЙМЫЛ – дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндөгү коммунисттик партиялардын ишмердүүлүгү. Эл аралык жана социалисттик кыймылдын *В.И. Ленин* башчылык кылган радикалдык-революциячыл большевисттик канатынын II Интернационалдын көптөгөн ишмерлери менен биротоло ажырашуусу К. к-дын келип чыгуусунун саясий өбөлгөсү болуп калды. К к-дын башталышы деп орус *социал-демократиясындагы* большевиктик агымдын консолидациясын жана 1917-ж. октябрында большевиктердин *бийликти* тартып алышын эсептейт. 1919-ж. Коминтернди түзүү К. к-дын бир өлкөнүн чегинен чыгуусуна, өзүнүн түпкү максаты деп, социалисттик революциянын жеңишин жана пролетариаттын диктатурасын орнотууну эсептеген коммунисттик партияларды түзүүгө түрдүү каражаттар менен жардам көрсөтүүгө багытталган. Ленин тарабынан уюшулган Коминтерне кабыл алуунун шарттары улуттук компартиялардын ишмердүүлүгүн координациялаган жана аны бир Борбордон багыттаган бирдиктүү нерархиялык уюмду түзүүгө багытталган. СССРдеги коммунисттердин бийлигин бекемдөө, 1920–30-жж. Батыш өлкөлөрдөгү кризистик

процесстер жана таптык күрөштүн курчушу, К. к. тарабынан антиколониалдык күрөшкө колдоо көрсөтүү сыяктуу факторлор менен жумушчу кыймылынын радикалдык революциячыл канатынын лидерлерине каржылык жардам көрсөтүүнүн айкалышын камтыган Коминтерндин активдүү ишмердүүлүгү Европа, Түштүк жана Түндүк Африканын бардык өлкөлөрүндө улуттук компартиялардын пайда болушуна мүмкүнчүлүк берген. 1920-ж. аягы 1930-ж. К. к-дын ишмердүүлүгү троцкисттик агымдын пайда болушун шарттаган СССРдеги *партия*нын ичиндеги күрөштүн курчушун, андан соң түздөн-түз сталинизмдин таасири менен ишке ашып жатты. Бул болсо Л.Д. Троцкий тарабынан IV Интернационалдын түзүлүшүн, эл аралык аренада К. к-дын бөлүнүшүнө алып келген, бардык компартиялар жана социал-демократиянын Коминтерн тарабынан жумушчу кыймылындагы социал-фашизм катары бурмалап баалагандыктан, көптөгөн коммунисттик ишмерлерге каршы сталиндик репрессиялар жүргүзүлгөн. Бирок 1935-ж. Коминтерндин VII Конгрессинде бирдиктүү антифашисттик фронтту түзүү үчүн күрөштүн стратегиясы иштелип чыккан. Экинчи дүйнөлүк согуш жылдары Батыш Европанын бир катар өлкөлөрүндө (Франция, Италияда) коммунисттик партиялар каршылык көрсөтүү кыймылдарында активдүү катышышкан. Бул болсо согуштан кийинки мезгилде алардын позицияларынын бекемделишине жардам берген. 1943-ж. Коминтерн таркатылган. СССРде КПССтин XX съездинде сталинизмдин кылмыштарынын бетин ачып жарыялоо, 50-ж. К. к-дагы *кризис*, улуттук компартиялардан катардагы мүчөлөрдүн массалык чыгуусуна алып келген. К. к-дын чегинде жарака пайда болуп, ал өсүп жаткан келишпестик, кийин СССР менен КЭРдин, демек КПСС менен КПК ортосундагы саясий бөлүнүүдөн улам тереңделген. Натыйжада К. к-да негизги постсоветтик бөлүк, IV Интернационалдын партиялары көрсөткөн аз сандаган троцкисттик агым менен катары прокытайлык жана проалбандык багыттагы партияларды камтыган маоисттик канат пайда болгон. К. к-дагы кризисттик процесстерге карабай бир катар өлкөлөрдө компартиялардын абалдары узак убактысы менен бекемделип турган; айрым мамлекеттерде (Италия, Франция, Бельгия, Индия) компартиялар массалык саясий партияларга айланышкан, шайланма мыйзам чыгаруучу органдарда өзүлөрүнүн өкүлдөрүн кармашкан. Бир катар мамлекеттерде айрым мезгилдерде өкмөттүн курамына киришкен (Италия, Франция, Финляндия). Сталинизмдин кризиси жана КПССтин аша чабууларынан четтөөсү толук өлчөмдү камсыз кылбаса дагы улуттук партиялардын өз алдынчалыгынын өсүшүнө көмөк көрсөткөн (көбүнчө КПССтен каржылык көз карандылыкта болушкан). Бирок 70-ж. Батыш өлкөлөрдөгү структуралык алга жылуулар, илимий-техникалык революция, эл аралык чыңалуунун жоюлушу, «чыныгы социализм» өлкөлөрүндөгү кризисттик процесстер, «жаңы солчулдар» кыймылынын активдештирүүсү сыяктуу факторлордун таасири астында компартиялар көптөгөн өздөрүнүн мурдагы программалык көрсөтмөлөрүнөн баш тартуу зарылчылыгы келип чыкты. Бул шарттарда К. к. «еврокоммунизм» сыяктуу агым пайда болду. Италия, Испания, Франция жана бир катар өлкөлөрдүн партияларында өнүктүрүлгөн «еврокоммунизм» идеясы өзүнө СССРдеги «негативдик кубулуштарды» сындоону (биринчи кезекте адам укугунун бузулушу) пролетариат диктатурасынан баш тартууну, «демократтык *социализмдин*» көптөгөн жоболорун кабыл алууну камтыган «Еврокоммунизмдин» көптөгөн өкүлдөрү Чехословакияга жана Афганстанга советтик куралдуу кийлигишүүнү айыпташкан. 80-ж. аягы 90-ж. башында КПССте жана СССРде болуп өткөн процесстердин, ошондой эле Чыгыш Европада социализмдин жеңилүүсүнүн таасири астында К. к-дын ичиндеги кризистик процесстер күчөгөн. КПСС тарабынан көптөгөн чет өлкөлүк компартиялардын каржыланышы тууралуу көптөгөн фактылардын Орусияда ачыкка чыгуусу алардын *авторитет*ин түшүрүп, саясий таасирин начарлатты. Көптөгөн партияларда алардын ортодоксалдык агымы жана эл аралык *социал-демократия*га ориентация жасаган демократтык күчтөрдүн ортосундагы бөлүнүү күчөп жатат.

КОММУНИСТТИК ПАРТИЯЛАР – коомду коммунисттик кайра курууга аракет кылган партиялар. РСДРП(б) 1918-ж. Ленин-дин демилгеси менен *социал-демократия*дан бөлүнүп чыгуу жана өз максатын – анда жакын көрүнгөн коммунизмди белгилөө үчүн РКП(б) деп кайра аталган. К. п-дын көбү 20–30-жж. Сталин тарабынан башкарылган РКП(б)нын жана «марксизм-ленинизм» деген аталыштагы кеңири жайылган Коминтерндин керектөөлөрүнө ылайык калыптанган идеялардын комплексинин негизинде түзүлгөн. Индустриялык жумушчу таптын ролун мессиандык түшүнүүдөн улам К. п. *дүйнөлүк коммунисттик революцияны* өткөрүүгө, кечирээк *дүйнөлүк революциялык процессти* жайылтууга багытталган. Коммунизмдин биринчи фазасы болгон социализмге өтүүнүн негизги принциптери деп алар пролетариаттын диктатурасын (кийинчерээк – башка эмгекчилер менен союздагы жумушчу таптын бийлигин) орнотууну, өндүрүштүн негизги каражаттарын мамлекеттештирүүнү жана базар мамилелерин мамлекеттик пландык чарба жүргүзүү менен сүрүп чыгарууну эсептешкен. Алар үчүн революцияны эволюциянын жетишээрлик бааланбагандыгынан улам башка нукка бурулган коомдун жаңы сапатына жетишүүнүн каражаты катары жана мамлекетти тоталитаризмге айланган коомдук кайра түзүүлөрдүн каражаты катары абсолютташтыруу мүнөздүү. К. п-нын маанилүү сапаты болуп: сталиндик жана Сталинден кийинки РКП (б) – ВКП(б) – КПСС багыттарын, СССРдин өнүгүш тажрыйбасын, бардыгы үчүн үлгү, социализмге карай «түрктүк жол» болгон «реалдуу социализмди» идеалдаштыруу эсептелет.

К. п. «жаңы түрдөгү партиялар», «ленин-дик типтеги» деп аталышкан жана чындыкка монополиялык эзилик кылууну жана жетекчилик орунду көздөө менен өздөрүн бардык башка партияларга каршы коюшкан. Өздөрүнүн уюштуруучулук принциби катары демократиялык борбордоштурууну жарыялоо менен, ал аны – тирүү кезинде кынтыксыз жол башчы эсептелген, революцияда жана социализмге деген «түрктүк жолдо» партиялык аппараттын катаал бийлигине – абсолюттук бийликке алып келген.

К. п. эмгекчилердин эң бактысыз катмарларын коргоодо, *фашизм* менен колониялаштырууга каршы күрөшүүдө маанилүү тарыхый роль ойношкон, бирок ошол эле учурда өздөрү башкаруучу болуп калган жерлерде тоталитардык түрдөгү жеке режимдерин түзүүгө үлгүрүшкөн. СССРдин колдоосу менен алар 40–60-жж. Чыгыш Европа өлкөлөрүндө, бир катар Азия өлкөлөрүндө жана Кубада бийликке келишкен, Батыш Европанын айрым өлкөлөрүндө, Латын Америкасында, Кипрде таасирдүү болуп калышкан. Көпчүлүк өлкөлөрдө К. п., аз сандаган уюмдар бойдон калуу менен, догматизм менен сектантчылыктын айынан саясий турмушта жетишээрлик таасирге ээ боло алышкан эмес.

Акыркы он жылдыкта жогорулап бараткан К. п-нын идеялык-саясий багытынын чыныгы турмуштук өнүгүүгө дал келбей калышы алардын көз караштары менен саясатын бир нече ирет модернизациялоодон четте боло алышкан жок. Бул ажырым К. п-нын көз караштарынын, саясатынын жана уюмдарынын терең кризиске батышына алып келди. Кризис баарыдан мурда өз өлкөлөрүнүн өнүгүшү үчүн жоопкерчилик алган К. п-ды талкалады. Чыгыш Европада «реалдуу социализмдин» кыйрашы бул айматын К. п-ынын жана дүйнөнүн башка бир катар райондорунун К. п-нын жеңилишине, трансформацияланышына, ал тургай кулашына алып келди. КПССтин кризисинин тереңдеши жана анын сценадан кетиши К. п-дын салттуу көз караштарын, саясатын жана уюмдарын, алар тарабынан дүйнөдөгү жүрүп жаткан терең өзгөрүүлөргө ылайык жаңы идеялык-саясий багыттардын иштелип чыгышын олуттуу кайрадан карап чыгуу токтоосуз зарыл экендигин аныктады. К. п-ды адамзаттын жашап кетишине жана өз өлкөлөрүнүн айкын шарттарында социалдык прогресске эффективдүү жетишүүгө жөндөмдүү партияларга трансформациялоо татаал процесс, болгону эң башкысы курсту социал-демократташтыруу максатында өнүгүү жана салттуулукту жактоочулар менен реставраторлордун келишпестигине урунуу гана бай-

калат. 1924-ж. республикалык партиялык уюм катары түзүлгөн Кыргызстан Коммунисттик партиясы 1991-ж. 31-августта Жогорку Советтин токтому менен биротоло жоюлуп, анын мүлкү улутташтырылган.

КОМПЕТЕНЦИЯ (лат. competentia – укуктуу эө болуу) – кайсы бир мекеме же адам ээ болгон укуктардын жалпылыгы; ал адамдын тажрыйбасы бар, билген маселелеринин биримдүүлүгү.

КОМПРОМИСС, с а я с а т т а (лат. compromissum) – карама-каршы, түрдүү пикирлердин, багыттардын ж.б. ортосундагы өз ара макул болуу жолу менен жетишилген келишим. Практикалык, күндөлүк аң-сезимдин деңгээлинде К. «алтын ортолук» позиция катары кабыл алынат. Саясий контекстте К. термини биринчи жолу нидерланддык дворяндардын ортосунда 1566-ж. түзүлгөн келишимдин аты катары колдонулган. Ал ошол убакта Нидерланды башкарган испандыктарга, короолук укуктарга жана инквизицияга каршы болгон. Саясаттагы К. – *саясий ишмердүүлүктүн* субъекттеринин (*мамлекет, партия,* коомдук кыймыл, айрым инсандар ж.б.) ортосунда пайда болуучу карама-каршылыктарды чечүүнүн ыкмаларынын бири. Саясий К-ке жетүү жолу менен каршылаш тараптар *конфликттик* кырдаалдардан (анын ичинде куралдуу күрөш мүнөзүндөгү) кутулуу же чыгууну көздөшөт. *Саясий* К-тин натыйжасында келип чыккан абалдын стабилдүүлүгүнүн даражасы карама-каршылыктардын терендиги жана келишкен тараптардын бири же бир нечеси үчүн пайда болгон залалдын (саясий, *экономикалык,* адеп-ахлактык ж.б.) кабыл алуу мүмкүндүгү менен аныкталат. Саясий К. натыйжасында тараптар убактылуу келишимге, мөөнөтсүз же кандайдыр бир мөөнөткө эл аралык келишимди түзүүгө чейинки макулдашууларга жете алышат. *Басым көрсөтүү,* күч колдонуу, алдоо, шантаж жолу менен жетишилген саясий К. кийин мажбур болгон тараптан юридикалык негизде жетишилген макулдуктун, келишимдин чын эмес деп таанылышына алып келет. К-ке жол издеген саясатчы дайыма пайда болгон кырдаалды тактык менен анализдейт, саясий *толеранттуулукту* көрсөтүү менен К-тин потенциалдык катышуучусу – саясий каршылашынын абалын ал тараптан, объективдүү баалоого аракет жасайт. Бул жол саясий К-тин алдын-ала турган милдеттүү шарты болуп саналат. Эл аралык деңгээлде түрдүү коллективдик чечимдерди консенсус жолу менен кабыл алууда саясий К. маанилүү ролду ойнойт.

КОНВЕНЦИОНАЛДЫК ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНИШҮҮ – ич ара бекитилген келишимди же биргелешкен ишмердүүлүк программасын кийин ишке ашырууда, субъекттердин позицияларын макулдашуусуна же макул болуу формаларынын жакындашуусуна жетишүүгө өз ара аракет ориентири (бутагы).

КОНВЕНЦИОНАЛИЗМ (лат. conventio – макулдашуу, келишим) – философиядагы субъективдүү идеалисттик багыт. К-дин негиздөөчүсү А.Пуанкаре. Оксфорддук сөздүккө ылайык: 1) конвенционалдуу (өз ара кабыл алууга боло турган) нерсеге карата жактоочулук же ымалага келишүүчүлүк, конвенционалдуу салттарды жана жүрүм-турум эрежелерин сактоо тенденциясы; 2) жөн гана конвенцияга тийиштүүлөрдү мүнөздөөчүлөрдүн бардыгы; 3) логика принциби – «жөн гана макулдашуунун предмети деп тапкан философиялык принциби». Советтик коомдук окууда бул терминдин үчүнчү мааниси эң толук чагылдырылган; этикада «макулдашуучулук» *императивдик* жана конвенционалдык ыкмаларды каршы коюуда К. термини сейрек колдонулат; акыркысы биринчиге караганда курчураак сындалат. Р.Карнап К. чыдамкайлуулуктун принциби катары түшүндүргөн. Ал «ушундай дейли да, макул бололу», «...жөнүндө келишелик» тибиндеги жоболордун негизинде илим жана социумдук эрежелердин түзүлүшүндөгү ролун баса көрсөткөн. Эл аралык келишимдердин тилинде «конвенция» – мамлекеттер ортосундагы келишимди, трактатты билдиргендигин эстесек, саясий мазмунда К. өз ара кабыл алына турган жашоо шарттарына, мүмкүн болсо саясий курска да карата бардык *саясий күч*төрдүн, алардын *лидер*инин *мамлекет*тердин, топтордун, индивиддердин пикиринин макулдашуусу, идеялык *консенсус* платформасы катары түшүндүрсө болот. Конструктивдүү К. демократтык процесстин маанилүү убактысына, жактырылган же бардыгы тарабынан кабыл алына турган саясий процедураларга таянат. К. термини менен макулдашуулардын, келишимдердин, конвенциялардын, пактылардын, статьялардын түзүлүш, ишке ашыруу жана түшүндүрүү процедурасын да чагылдыруу мүмкүн. Саясий философия катары К. – коомдун ачыктыгынан, *саясий чечимдердин* сапатын, текшерүүчүлүктүн белгиси, кризистик кырдаалдардан чыгуунун адекваттуу ыкмасы. К. – эл аралык укуктун маанилүү идеялык платформасы. Бирок айрым шарттарда макул болуучулукка өтө көп маани берүү «чын эмес консенсус» (элита жана элита эместердин, «жеңүүчүлөр» жана «жеңилгендердин» ортосунда (феноменин жаратып, социалдык күчтөрдүн жана *саясий кыймылдардын* ортосундагы чыныгы карама-каршылыктарды жашырып коёт.

КОНВЕНЦИЯ (лат. conventio – келишим) – Эл аралык келишимдин бир түрү. Кайсы бир тармактагы мамлекеттердин өз ара укук жана милдеттүүлүктөрүн аныктайт.

КОНВЕРГЕНЦИЯ КОНЦЕПЦИЯСЫ (лат. converg – кыйыштыруу, жалгаштыруу) – ар түрлүү биологиялык жана социалдык системалардагы бөлүнүүчүлүк менен индивидуалдуулукка караганда жалпылык тенденциясынын артыкчылыгын тактоо үчүн иштелип чыккан. Бул термин социалдык-саясий илимге биологиядан келип кирген (гибриддик коомду түшүндүрөт). Индустриалдык цивилизациянын чегине кирген өлкөлөрдүн эң башкы экономикалык жана саясий параметрлер боюнча объективдүү жакындашуусун, конвергенцияны негиздөөчүлөрдөн жана жактоочулардан болуп төмөнкүлөр эсептелет: Р.Арон, Ж.Фурастье (Франция), Ж.Гэлбрейт, У.Ростоу (АКШ), П.Сорокин (Орусиялык, кийин америкалык социолог), Я.Тинберген (Нидерландия) ж.б. Конвергенция идеясын активдүү иштеп чыгуучулардын жана таратуучулардын бири А. Сахаров болгон. К. к. 50-ж. калыптанып, өнүгүүгө ээ болгон. К. к. коомдогу чыныгы процесстердин социалдык структурасына, функция жана багыттары өтө жакын, мааниси жагынан оқшоштуктарды таануугa таянат. Конвергенция тенденциялары коомдук турмуштун бардык сфераларын өзүнө камтыйт. Окшоштуктар өндүрүштө илимдештирүү, социалдык башкаруунун рационалдаштыруу жана бюрократташтыруунун күч алышы, тейлөө сферасынын өсүшү жана социалдык-таптык структурадагы сапаттык өзгөрүүлөр процесстеринде көрүнөт. Конвергенция кубулушу ар түрлүү *индустриалдык коомдордогу* чыгармачылыктын өнүгүшүнүн, ар кыл социалдык катмарлардын кирешелерин теңдөөдөн, көпчүлүктүн кызыкчылыгын материалдык керектөөлөрдүн кийинки бөлүккө алып чыгуудан, элге билим берүүдө жаңы парадигмага өтүүдөн байкалууда. 80-жж. ортосунан баштап бардык өнүккөн өлкөлөрдү камтыган индустриалдык цивилизациянын кризисине байланыштуу жана күн тартибине постиндустриалдык же маалымат коомуна өтүү жөнүндөгү маселенин коюлушу менен К. к. өзгөчө мааниге ээ болду. *Глобалдык проблема*лардын курчушу менен, дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө баалуулуктар системасынын кайрадан каралышына байланыштуу конвергенция адамзаттык абалдан чыгуу механизмине айланды. XX к. аягында чыныгы конвергенция капитализмге да, социализмге да мүнөздүү болгон социалдык жашоо образын уюштуруунун конструктивдүү компоненттеринин биригишин божомолдойт. Алардын аралашкан рынок экономикасы, көп укладдуулук, жеке менчик, *жарандык коом, укуктук мамлекет, социалдык саясат* ж.б. бар. К. азыркы дүйнөлүк өнүгүүнүн объективдүү мыйзам ченемдүүлүгү, ага ишке ашырбай туруп адамзат жашай албай турган – тарыхый зарылчылык. Конструктивдүү конвергенция маданияттардын өз ара аракеттенишинин, анын ичинде саясий диалогдун негизинде гана болушу мүмкүн. Формалдуу эмес, чыныгы *демократия* гана маданияттардын диалогдуулук базасы боло алат. «Чыныгы социализмдин» жеңилишин аныктаган 90-жж. башындагы Чыгыш Европа өлкөлөрүнүн *саясий режим*деринин кыйрашы, СССРдин кулашы, КМШнын түзүлүшү К. к-на бир катар жаңы теориялык жана практикалык маселелерди кийирди, алар илимий жактан изилдөөлөргө муктаж.

КОНГРЕСС (англ. congress – съезд, курултай) – АКШнын, Парагвайдын жана башка бир катар мамлекеттердин эки палаталуу парламенттеринин аталышы.

КОНДОМИНИУМ (лат. condominium < con – бирге + dominium – ээлик кылуу) – кош суверендүүлүк, бир аймакты эки же андан көп *мамлекеттин* биргелешип башкаруусу. Көп учурда аймактык *конфликттин* толук эмес чечилишинин натыйжасында пайда болот. Бирок кийинчерээк бирдиктүү суверендүүлүк орнойт. К-дун мисалдары: Орегондун үстүнөн Улуу Британиянын жана АКШнын кош суверендүүлүгү (1818–1846), Самоанын үстүнөн үчилтик суверендүүлүк (1889–1899) (АКШ, Улуу Британия жана Германия), Жаңы Гебриддердин үстүнөн (1906–1980) Франция менен Улуу Британиянын суверендүүлүгү. К-дук башкаруунун түрү катары дээрлик сакталып калган жок. Бирок анын өзгөчолүктөрү – өз алдынча мамлекеттик структуралардын эффективдүү кызматташтыгын чечүүнүн мүмкүн болгон ыкмаларынын бири катары кылдат изилдөөнү талап кылат. Андан бөлөк, рим укугунда К. термини эки же андан көп адамдар үчүн жалпы менчикти; азыркы убакта – Улуу Британияда жана АКШда жер участокторуна, турак жайга жалпы ээ болуунун формасын билдирет (башка өлкөлөрдөгү кооперативдик менчиктин аналогу).

КОНСЕНСУС (лат. concensus – биримдүүлүк, макулдашуучулук) – ар кандай коомдун мүчөлөрүнүн көпчүлүгүн жашап турган тартипке, эрежеге макулдугу. К-ту адегенде О. Кант «гармония» деп түшүндүргөн. Гегель адамдардын бирин-бири сыйлоо, таануусунун баалуу механизми К. деп, ал коомдун жашоосун камсыз кылат деген. К. нормалдуу коомдун атрибуту эмес, коомдун мүчөлөрүнүн мүнөздөмөсү катары каралат. К. түшүнүгү – социалдык *интеграциянын* терең, элементардык катмары. «Келишим» коому деген түшүнүккө караганда К. эч кандай келишимди нормалабайт. К. ар кандай мотивдерге таянат да, эң негизгиси акыркы максат үчүн жүрүм-турумун багыттоосу. 50–60-жж. К-ту ар кандай түшүндүрүүгө аракеттер болду. Эң негизгиси коомдун бир пикирге келиши, мында сөзсүз алдыга коюлган жалпы максатка умтулуудан улам келип чыгат. К. чечимдердин ыктыярдуу *компромисстердин*, өз ара теңдиктин, ар бир тараптын кызыкчылыктарын таануунун негизинде кабыл алынуусун өбөлгөлөйт, *авторитаризм*, диктат, басым көрсөтүүнү четке кагат. Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Кеңешмени (Хельсинки, 1975) өткөрүүдө бул метод маанилүү роль ойногон. Өлкөнүн ички саясий мамилелеринде К. методу ар түрдүү саясий *партиялар*, кыймылдар, уюмдар, агымдар тарабынан тигил же бул талаш маселе боюнча жалпы позицияга жетишүүдө, «жарандык ынтымак», «тегерек стол», саясатын ишке ашырууда *мыйзам чыгаруучу бийлик* органдарындагы партиялык фракциялардын өз ара аракеттенишин уюштурууда пайдаланылат. К. эффективдүү болсун үчүн, ал коомдук турмуштун төмөнкү сфераларында таркатылуусу керек: *статусту*, престижди жана жыргалчылыкты аныктоо; *социалдык-стратташтыруу* жана *мобилдүүлүк* принциптеринде; чечимдерди кабыл алуу процессинде. Ушул маанисинде К. өкмөттүн стабилдүүлүгүнүн, анын *легитимдүүлүгүнүн* негизи катары каралышы мүмкүн. Пикир келишпөөчүлүктөрдө жана алардын ачык *конфликтке* өтүп кетүүсүн болтурбоо, ал эми, ал болуп калган учурда — диалог жана тараптардын өз ара эпке келүү жолу менен тынчтык (күч колдонбоо) формасында чечүүнү камсыз кылуу К-тун коомдогу негизги функциясы болуп эсептелет. К-ту камсыз кылууда дин, этика, жалпы кабыл алынган социалдык нормалар жана баалуулуктар, салт, үрп-адаттар жана ошондой эле *мамлекет*, үйбүлө сыяктуу *институттар* маанилүү ролду ойнойт. *Кризистик* кырдаалда мына ушуларга кайрылышат. Адамдардын бирикмелеринин көпчүлүгү үчүн толук К-ке жетишүү кыйын, коомдун стабилдүү өнүгүшү үчүн жетиштүү К. болушу зарыл. К-ка карама-каршы түшүнүк – «Диссенсус», башкача айтканда, ынтымактын жоктугу.

КОНСЕРВАТИЗМ (франц. conservatism – сактоо) – 1) саясий философия, б.а. коомдук кыймылдарга, массага ишенбөөчүлүк, революциячыл өзгөрүүлөрдү тануу, мында XVIII к.

Э.Берк тарабынан негизделген индивидуализм менен чыгармачылыкка традиционализмди каршы коюу; 2) саясий күчтөргө, коомдук катмарларга, индивиддерге тиешелүү болгон акыл-эстин багыттуулугу, ал традиция, стабилдүүлүк, тартипке негизделет; 3) саясий практиканын деңгээлинде Англиядагы консервативдик ж.б. партиялардын программалык курсу. АКШда консервативдүү агым республикалык жана демократтык *партияларда* да бар. К. социалдык философиясы «Мыйзамдын күчү менен теңөөгө болбой турган социалдык, таптык айырманын болушу, дин тарабынан санкция алган универсалдуу, моралдык тартип, эркиндик үчүн жеке менчиктин маанилүүлүгү, адамдын ар-сезиминин чектүүлүгү, саясий бийликтин тең салмактуулугу керек» – деп үйрөтөт. К. идеологиясынын үч түрү бар: традиционализм, либертаризм жана *неоконсерватизм*. 1-түрү – традиционализм – классикалык капитализмге, «өткүндөгү жакшы заманга» тиешелүү моралдык салт-санааларды сактап калуу мүнөздүү; 2-түрү – либертаризм – индивиддин эркиндиги эч нерсе менен чектелбешин коргоп, өзүнчө саясий теория иштеп чыгышкан; 3-түрү – неоконсерватизм – адам эркиндигин, коомдун өнүгүшүн демократташтыруу ж.б. колдоп, ал мамлекеттик капитализмге, улутташтырууга, жалпылаштырууга каршы, инсан чарбанын рентабелдүү эместигин даана бөлүүгө тийиш деп эсептелет. Саясий К. – коомдогу жаңылыктарга сын көз менен карайт, анын жашоочулары экономикалык, социалдык, саясий түзүлүштү сактоого жардам берген гана жаңылыктарды кабыл алуусу керек деп сунуш кылат. К-дин жогоруда каралган структурасы менен катар илимий-техникалык прогресске таяныч жасаган, *демократияга* каршы коюлган технократтык К. да бар. Ага ылайык *мамлекет* массадан бөлүнүп, башкаруу негизинен профессионалдардын колуна берилет. Рентабелдүү эмес мамлекеттик ишканаларды приватташтырууга, бизнес сферасындагы ар кандай чектөөлөрдү алып салууга, жаңы техника менен технологияны кийирүүгө, базалык тармактарды реконструкциялоого, капиталды борборлоштырууга, үнөмдүү күчөтүүгө, бюрократтык аппаратты кыскартууга жана өндүрүш менен башкарууну уюштырууну өркүндөтүүгө багытталган консерваторлордун саясаты. Батыштын бир катар өлкөлөрүндө олуттуу жыйынтыктарды берди. Алсак, М.Тэтчер баш болгон Улуу Британиянын Консервативдик партиясы бийликте турган он жылдын (1979–1989) ичинде өлкөнү кризистен чыгарууга, өнөржай өндүрүшүнүн, калктын кирешесинин олуттуу өсүшүнө, *инфляциянын* азайышына жетишти. *Тышкы саясатта* К. көпчүлүк учурда күч колдонуу, жаңы согуштук программаларды жайылтууну, ядролук куралдарды модернизациялоону, талаш проблемаларды чечүүдө бөлүнүүчүлүк ыкмаларды пайдалануу колдойт.

КОНСЕРВАТИВДИК ПАРТИЯЛАР тарыхта мамлекеттик жана коомдук турмуштун формаларын биринчи кезекте *улут*, дин, үйбүлө, менчик, никеде чагылдырган анын моралдык – укуктук негиздерин сактоого жана колдоого багыт алган саясий *идеологияга* негиздеет. Биринчи жолу *«консерватизм»* терминин француз жазуучусу Ф.Р. Шатобриан Улуу Француз революциясына (1789–1793) катышкан белгилүү саясий топтордун идеологиясына мүнөздөмө берүүдө колдонгон. Консерватизм туура келген уюмдардын негизи катары *либерализмге* жана социализмге каршы күрөштө туулган. Биринчисин ал адаттагы тартиптерди сындоону алып жүргөн рационалисттик пафосунун бардыгынан улам жаратпаса, экинчисин – социализмге жана анын саясий уюмдарга таандык революциячыл умтулууларынан улам кабыл алган эмес. *Саясий консерватизм* – реакция эмес; анда реакциячыл идеологиянын элементтери бар. Бирок ага азыркы К. п-дын саясатында «консервативдик революцияга» айлануучу реформисттик потенциал көбүрөөк таандык: келечекте сактап калууга татыктуу болгон өткөндүн бөлүгүн калыбына келтирүү. Ушунун негизинде азыркы К. п. кабыл алган неоконсерватизм идеологиясы келип чыккан. Коомдун жана инсандын негизги органикалык баалуулуктарын сактоого багыт алган К. п. (мис., Улуу Британиянын Консервативдик партиясы) коомдун түрдүү катмарларында кеңири социалдык базасына ээ. Ал адамдардын жашоо

жол-жобосунун жана ой-жүгүртүүлөрүнүн туруктуулугуна умтулуусу жана объективдүү өзгөрүүлөрдүн социалдык-маданий жана моралдык-этикалык натыйжаларын кабыл албоосу менен шартталган. «Калкты башкаруу – бул профессионалдык топтордун иши болуш керек» – деген терең ишенүүсү К. п-га туруктуулукту берет. Неоконсерватизм идеологиясын өздөштүргөн бүгүнкү күндөгү К. п-дын либералдык жана неолибералдык партияларга, алардын саясий жана идеологиялык көрсөтмөлөрү менен жакындоо байкалууда. Либералдык рыноктук принциптер кабыл алынып, тартипти жана мыйзамдуулукту кармоонун каражаты катары *этатизм*дин жогорулашы байкалат. Өкүм сүрүп жаткан дүйнөлүк тартиптин этикалык аспектисине, мектеп, чиркөө, үй-бүлө сыяктуу социалдык институттардын бекемделишине, *инсан* жана *мамлекет*тин ортосундагы байланыштыруучу тизмек жана *авантюризм* жана адам укуктарын басып алууга тоскоолдук катары турмуштун ассоциациялык формаларына чоң басым жасалат.

КОНСОЦИАТИВДҮҮЛҮК (англ. consociationism) – коомдогу автономдуу сегменттердин кызыкчылыктарын коргогон саясий элиталардын ортосундагы кызматташтыктан улам келип чыккан бийликти түзүү принциби; К. принцибине таянуу «улуттук биримдикти» жогорку деңгээлде кармап турууга, «фрагменттешкен саясий маданиятка» (А.Лейпхарт) ээ өлкөлөрдө демократиянын стабилдүүлүгүн орнотууга жардам берет. «Консоциация» (коомдук биргелешүү тобу) термини саясат таануу илимине биринчилерден болуп Д.Аптер тарабынан киргизилген. К. бийлик системасынын түзүлүшүнүн элитардык мүнөзүн көрсөтөт. К. эффективдүүлүгү саясий элитанын курамындагылардын кызматташууга канчалык деңгээлде даярдыгына, лидерлердин толеранттуулугуна жана элита ортосундагы кызматташтыктын институционалдык түзүлүшүнүн ийкемдүүлүгүнө байланыштуу болот. Мындай шарттардын жоктугу саясий системанын урашына, ал эми саясий системанын урашы зордук-зомбулуктун күчөшүнө алып келет (Ливан, Кипр, Югославия).

КОНСТИТУЦИОНАЛИЗМ – 1) жогорку юридикалык күчкө ээ болгон башкы мыйзамдын (конституция) же мамлекеттин эң маанилүү мыйзамдарынын жыйындысы, конституциянын процедураларын жана эрежелерин туура колдонуу, так аткаруу принциби; мыйзамдуулук өкүм сүргөн тартип, б.а. мамлекеттик органдар менен кызмат адамдары баш-аламан эмес, буйрукка карата иш алып баруусу; 2) мыйзамдуулукту саясий бийликтин эң негизги инструменти катары көрсөткөн саясий ой-жүгүртүүнүн багыты. Англосаксондук саясий салт К. менен башкаруунун конституциялык системасын бир өңүттө карайт. Ал эми башкаруунун конституциялык системасынын башкы элементтери болуп төмөндөгүлөр эсептелинет: процедуралык стабилдүүлүк (негизги процедура жана эрежелер өзгөрүлбөйт жана жокко чыгарылбайт, анын ичинде адам укуктары бар); өкмөттүн шайлоочулар алдындагы жоопкерчилиги; саясаттын ачык мүнөзгө ээ болуусу.

КОНСТИТУЦИЯ (лат. constitutio – түзүлүш) – мамлекеттин негизги *мыйзамы*; өлкөнүн коомдук, экономикалык түзүлүшүнүн негиздерин, башкаруусун, *мамлекет*тик түзүлүштүн формасын, адамдын мамлекеттеги укуктук абалын, *бийлик*, башкаруу органдарын түзүү тартибин, сот адилеттигин, шайлоо системасын уюштурууну жана алардын негизги принциптерин бекемдейт. К. мамлекеттеги башка нормативдик актыларга караганда жогорку укуктук күчкө ээ, б.а. алар К-га ылайык келиши зарыл. Укуктук акт катары К. алгач АКШда 1787-ж. кабыл алынган. Феодалдык коомдук-мамилелерди жеңип чыгууга багытталган буржуазиялык революциялар ошол кездеги коомдук, саясий жана экономикалык кырдаалдын мүдөөсүнө жооп берген демократтык талаптар, ураандар менен өтүп, алар революция жеңгенден кийин түзүлгөн мамлекеттердин К-н бекемдеген. Азыркы кездеги демократтык өлкөлөрдүн К-да жарандардын демократтык укуктары жана эркиндиктери (жалпыга тең шайлоо укугу, саясий партияларды түзүүгө, иш таштоого укуктуулук ж.б.) жарыяланган. К-нын формасы боюнча: белгилүү бир схемага жараша түзүлгөн бирдиктүү документ түрүндө, же ар түрдүү мыйзамдардын, адаттардын жыйындысы катары (Улуу Британия, Жаңы Зеландия) болушу мүмкүн. Бардык демократтык мамлекеттердин К-сы системалаштырылган бирдиктүү акт болуп саналат жана эреже катары атайын түзүлүүчү К-лык комиссиялар тарабынан иштелип чыгып, бүткүл элдик талкууга коюлат. Кара: *Кыргыз Республикасынын Конституциясы*. Б., 2010.

КОНТРАССИГНАТУРА (контрассигнация) (кийинки лат. contrasignatura – министрдин бекитиши, колу) – *мамлекет башчы*сынын актысын министрдин колу менен бекитүү, бул ал акты үчүн юридикалык жана саясий жоопкерчиликти аны бекиткен министр тартарын билдирет. К. формалдуу түрдө мамлекет башчысы өзүнүн (эгер сөз президент жөнүндө болсо, мамлекеттик чыккынчылык жана башка кылмыштардан башка) аракеттери үчүн юридикалык жактан жооп бербестиги менен түшүндүрүлөт. Сейрек учуроочу өкмөт башчысынын актысын тийиштүү министрдин К-сы кабинеттин биримдигин чыңдоого умтулуу менен түшүндүрүлөт.

КОНТРИБУЦИЯ (лат. contributio) – согуш аяктагандан кийин жеңилген мамлекет жеңген мамлекетке төлөөчү акча суммасы. К. негизине ал адилеттүү же адилетсиз согуш жүргүзгөнүнө карабастан «жеңүүчүнүн укугу» коюлган. К-нын өлчөмү, төлөө шарттары жана таризи жеңүүчүнүн каалоосуна жараша гана аныкталат. 1949-ж. согуш мезгилинде жарандык калкты колдоо жөнүндө Женева конвенциясы К. алууну караган эмес. К-нын ордуна мамлекеттин материалдык жоопкерчилигин репарация, реституция, субституция жана башка таризди келген. Мис., Германия тарабынан 1-дүйнөлүк согуштагы келтирген зыяндары үчүн Сербияга төлөп келаткан К-сынын мөөнөтү 2020-ж. бүтөт.

КОНСТРУКТИВДҮҮЛҮК (лат. construere – түзүлүш) – саясий теория, *саясий процесс*, программаларга коюлган суроо-талап. К. *саясат*тын, *бийлик*тин, *саясий концепция*лардын, *идеология*лардын эффективдүүлүгүн мүнөздөйт. К. саясий *кризис*, *реформа*, согуш учурларында абдан зарыл.

КОНФЕДЕРАЦИЯ (лат. confoederatio – бирлик, бирикме) – 1) бирликтин ага кирген мамлекеттердин бардыгы өз эгемендүүлүктөрүн толук көлөмдө сактап калуучу таризи. К. өзүнө эл аралык укуктук уюмдун да, мамлекеттик уюмдун да белгилерин камтыйт. Жалпы органдары белгилүү чөйрөлөрдө (адатта, сырткы саясий, аскердик, валюталык-каржылык, бажы, байланыш жана коммуникациялар) К. мүчөлөрүнүн ишмердиктерин координациялайт. К. бардык мүчөлөрүндө андан эркин чыгып кетүү укугу сакталат. Азыркы учурда дүйнөдө бир гана К. – Европа бирлиги бар. Ар кыл мезгилдерде: Австро-Венгрия – 1918-ж. чейин, Швеция жана Норвегия – 1905-ж. чейин, АКШ – 1781-ж. 1789-ж. чейин, Швейцария – 1815-ж. 1848-ж. чейин болгон; 1958–1961-жж. Египет жана Сирия; 1982–1989-жж. – Гамбия жана Сенегал К. түзүп турушкан; 2) кандайдыр бир коомдук жана башка уюмдардын (мис., Франциядагы Бүткүл жалпы эмгек конфедерациясы) аталышы.

КОНФЕССИОНАЛДЫК ПАРТИЯЛАР – католицизм, протестантизм жана ислам конфессийлеринин идеологияларынын базасында түзүлгөн жана аракет кылган *партия*лар. Бул саясий уюмдар өздөрүнүн теорияларын адам, анын дүйнөдөгү ээлеген орду жөнүндөгү диндик түшүнүктөрдүн негизинде, азыркы мезгилдеги социологиялык жана социалдык-экономикалык *идея*ларды пайдалануу менен иштеп чыгышат. К. п-дын катарына – христиан-демократтык партиясы (Италия), Христиандык-демократтык союз (1950-ж.) жана Христиандык социалдык союз (1945 ж.), (Германия) ж.б. кирет.

КОНФЛИКТ (лат. conflictus – кагылышуу) – түрдүү багыттагы күчтөрдүн өз кызыкчылыгын ишке ашырууда кагылышуусу. К-тин субъекттери – индивиддер. Кичине, чоң топтор, уюмдар, бирикмелер ж.б. түрдүү объективдүү жана субъективдүү тенденциялардын, инсандын, топтун ишмердүүлүгүндө келип чыгат. К-тин аналитикалык жана антогонисттик түрү бар. Коомдун социалдык, саясий тутумдарында К. деңгээл, масштаб, курчтук ж.б. мүнөздөргө ээ. Түрдүү чөйрөдө болуп жаткан К. эл аралык,

таптык, этнос, улут аралык, диний, демографиялык мамилелерге тиешелүү болсо, анда саясий маанеге ээ болот. Саясат таануу, психологияда атайын бөлүк – «конфликтология» ачылган. К-тен чыгуунун ар кандай жолдорун сунуш кылып жатышат. Конфликттүү кырдаалды көзөмөлдөө үчүн демократиялык процесске төмөндөгү процедуралар кирет: 1) К-ке катышкан жактар кызыкчылык, максат иштери жөнүндө туура маалымат менен бөлүшүүсү зарыл; 2) К-түү кырдаалды курчутуп жибербөө үчүн курал колдонуудан аң-сезимдүү баш тартууну камсыз кылуу; 3) К-ти күчөтүүчү аракеттерге каршы бирдиктүү чара көрүү; 4) *Кампромисске* жол ачуу, арбитр тандоо; 5) К-ке тартылган жактарды жакындаштыруу максатында жаңы укук нормаларын, административдик ж.б. процедураларды кабыл алуу; 6) Ишкер партнердук мамилелерди түзүүгө аракет кылуу ж.б. Бул процедуралар ички гана эмес эл аралык К-ти жөнгө салууда да колдонулат.

КОНФОРМИЗМ (лат. conformism – окшош, бирдей) – негизги *идеяларга*, көз караштарга, пикирлерге өз ичинен каршы болсо да кошулуу, ыңгайлашуу. Конформисттик жүрүм-турум алып келген *инсан* үчүнбү же саясий *лидерлер*, социалдык топтор жана коомдук таптар үчүнбү, саясаттагы К. объективдүү негизин түзөт. Эгерде, жок эле дегенде, убактылуу пайда берсе, жагымсыз иштен жана *конфликттен* арылта турган болсо, эч бир принциптерге карабай К-ге аракет кылуу, ага даяр туруу К-дин кеңири таралышынын башкы себеби болуп эсептелет. Принципиалдуу планда алып караганда К. албетте терс көрүнүш. Башкаруучу элитанын дайыма *бийликте* турушуна жана гүлдөшүнө карата өлкөдөгү коомдук өнүгүүнү багыттоо, коомдун жашоосун элитага пайдалуу жагдайга мажбурлоого аракеттер – коомдук прогресс жолундагы олуттуу тоскоолдуктар болуп эсептелет. Саясаттагы К. менен күрөшүү бийликтин ишмердүүлүгүнүн үстүнөн элдин көзөмөлүн камсыз кылуу, *популизмди* ашкерелөө, коомдун өнүгүшүндө өткөн менен жаңы өзгөрүүлөрдө ийкемдүү айкалыштыруу жолу менен жүргөн абзел.

КОНФУЦИЙ (Кун-цзы, б.з.ч. 551–479-ж.) – байыркы кытай ойчулу, *Конфуций окуусунун* негиздөөчүсү. Байыркы Кытай тарыхынын Чжанго доору (б.з.ч. V–III к.) кытай философиясынын өнүгүшүнүн «алтын доору» катары эсептелинет. Бул доордо сөздүн толук маанисинде алганда философиялык окуу калыптанган. Ал окуунун эң маанилүүлөрү – *Конфуций окуусу, даосизм, моизм, легизм* ж.б. Конфуций окуусу б.з.ч. VI–V к. пайда болуп, анын негиздөөчүсү катары К. эсептелет. К-дин балалыгы өзүнүн айтымына караганда кедейчилик менен өткөн, койчу, кароолчу болуп иштөөгө туура келген. Жашы он бешке келгенде окууга кызыгып, отузунда – өз алдынчалыкка ээ болуп, кыркында – ишенбөөчүлүк жана шектенүүчүлүктөн бошонуп, элүүсүндө – асмандын эркин туюп, жашы алтымышка барганда – чындыкты жалгандан айрып билгенди үйрөнгөн. Анын көптөгөн окуучуларынын жыйырма экисинин ысымы сакталып калган. К-дин негизги көз карашы «Лун-юй» («Аңгемелешүүлөр жана ой жүгүртүүлөр») китебинде берилген. К. өз окуусун аңгемелешүү, диалог формасында түзгөн. Кытайдагы сабаттуулук жана окумуштуулук түшүнүктөрү К-дин ысымы менен дайыма байланышта болуп келген. Кытайдын тарыхында алгачкы жолу К. өзүнүн жеке мектебин ачкан. К-дин мектебинде ыймандуулук жана башкаруу маселелерин камтыган практикалык философияга көп көңүл бурулган. К. башкы көңүлүн турмуш маселелерине эмес, адамдын өзүнө жана адам коомуна бурган. К. жана анын окуучулары «Өзгөрүүлөр китеби»,«Ырлар китеби», «Уламалар китеби» ж.б. бир катар ыйман адабияттарын түзүшкөн. К. Лун-Юй («Аңгемелешүүлөр жана сүйлөшүүлөр») чыгармасы XX к. чейин кытай мектептериндеги баштапкы билим берүүнүн негизин түзүп, окуучулар аны жатка билүүгө тийиш болгон. Мамлекеттик деңгээлде К-ге сыйынуу б.з.ч. 53-ж. баштап дээрлик 1926-ж. чейин жашап келген.

КОНФУЦИЙ ОКУУСУ – Кытайдагы этикалык-саясий окуу. Байыркы Кытайда Чжанго доорунда *Конфуций* тарабынан негизделген. К. о. жөнүндөгү негизги булак – бул Конфуций жазма салты, биринчи кезекте «Төрт китеп», эсептелет. 1. Дпюнэ – кызматкерлер үчүн көрсөтмө, Конфуцийдин окуучусу Цзен Цзи тарабынан

жазылган. 2. Чжун-юн (алтын ортолук). «Ортолук жана туруктуулук», Конфуцийдин небереси Цзы Сы жазган. 3. Лун-Юй «Аңгемелешүүлөр жана ой-жүгүртүүлөр», Конфуцийдин өзү жана анын философ-окуучулары тарабынан жазылган. 4. Мэн-Цзы, Конфуцийден жүз жылдан кийин анын жолун жолдоочу Мэн-Цзы тарабынан жазылган. Бул китептердин ичинен эң башкысы «Лун-юй». Ал Цин империясы мезгилинде өрттөлүп, кийин үч вариантта кайра калыбына келтирилген. Азыр кабыл алынган текстти 20 главадан турат. К. о-на ылайык коомдун структурасы, дүйнөнүн түзүлүшү сыяктуу эле, түбөлүктүү жана өзгөрүлбөйт, Ааламдын эркине ылайык алардын ар биринин өзүнүн ээлеген орду бар. Адамдардын бөлүнүшү: ыймандуулукка жөндөмү бар «башкаруучулар» – «чоңдор» жана «баш ийүүчүлөр» – «төмөнкүлөр», кара-таман эл, жаратылышынан ыймансыздар, «чоңдорду» багыш жана тейлөө үчүн кара жумушту аткаруучулар болуп бөлүнүшү – бул Асмандын эркн. К. о-нун өзүнө «Башкаруучу – башкаруучу, атасы – ата, баласы – бала болууга тийиш». Ата-энеге баш ийүү, улуу бир туугандарды урматтоо – бул адамкерчиликтин гана негизи эмес, бул социалдык баш ийүүчүлүктүн да негизи. Ата-энесин, агаларын урматтаган адам эч качан «чоңдорго» каршы сөз айтпайт. Баладай болуп баш ий, агаларың менен ынтымакта бол – мына ушунун өзү башкаруу болуп эсептелет. Конфуций жазма укукту кийирүүгө каршы болуп, башкаруунун байыркы салттарын жана ыкмаларын кайра жаратууга чакырган. К. о-да диндик-философиялык маселелерин Мэн Цзы (б.з.ч. 372–289 жж.) иштеп чыккан. Анын көз караштары «Мэн Цзы» китебинде берилген. Ага ылайык адамдын тагдыры объективдүү зарылчылык катары адамдын өзүнөн көз каранды эмес. Адамдын жашоосу, жашоо күчү эркке баш ийдирилүүгө тийиш. «Эрк – башкы нерсе». Мэн Цзы мындай деп түшүндүргөн: «Эгер сөздөр бир жактуу болсо, анда акылдын кирдегени. Эгер сөздөр жагымсыз болсо – анда акылдын аңга түшкөнү. Сөздөрдүн калптыгы – бул акылдын өз принциптеринен тайышы. Үч кайлантып айтылган сөздөр – акылдын арыганын билдирет. Акылдуу болуп төрөлүш – бул башкарууга зыян келтирүү». Мэн Цзы Асмандын Каары-Гэмин (Асмандын Эркинин өзгөрүшү) концепциясын иштеп чыккан. Буга ылайык күч колдонуу менен алмаштырылган бийлик – бул жогортон ылдый түшүрүлгөн жаза. «Асманда эки күн болбогон сыяктуу эле, элде да эки башкаруучу болушу мүмкүн эмес». Мэн Цзы окуусуна ылайык жердеги социалдык теңсиздик, мураска өтүүчү *саясий бийлик* ж.б. асмандын эркн менен болот. Жыйынтыктап айтканда К. о. – социалдык жана экономикалык жактан азыраак камсыз болгон, төмөн жакта тургандарга карата «чоңдордун» аталык камкордугу катары, саясий илимге *патернализмди* түшүндүрөт.

КОНЦЕССИЯ (лат. concessio – уруксат, чечүү, кайрылышуу, макул болуу) – жеке менчиктүү ишкерлерге, чет элдик фирмага же башка өнөр жай ишканаларынын юридикалык тарабына улуттук экономиканы өнүктүрүү же калыбына келтирүү, табигат байлыктарын өздөштүрүү максаттарында пайдалуу кендерди казып алуу, ар кандай курулуштарды куруу укугу менен мамлекеттин жер аянтын берүү келишими, ушундай келишимдин негизинде уюшулган ишкана. К-да ижаралык төлөмдүн өлчөмү же эмгек акы тартиби, айлана чөйрөнү коргоо жана калыбына келтирүү боюнча концессионердин милдеттенмеси, жумушчуларды жалдоо тартиби ж.б. шарттар алдын-ала каралат.

КОНЪЮНКТУРА, саясий (лат. conjungere – байланыштырган, бириктирген) – жалпы маанисинде «К.» термини шарттардын жана аларды түзгөн аракеттердин жыйындысын, бардыгын камтыган буюмдардын өз ара байланышы жана кайсы бир тармактагы алар менен болгон операцияларды билдирет. XIX к. ортосунда Ф.Лассал жазган: «Бул коомдук өз ара карым-катнаштарды байланыштырган тасма, белгилүү жана белгисиз шарттарды өз ара байланыштырган чынжыр». К. феноменин изилдөөчүлөрдүн бардыгы болгон байланыштарды жана таасирлерди алдын-ала айтууга, эсептөөгө болбостугун көрсөтөт. Ошол эле учурда белгилүү максаттарды ишке ашырууга багыт алуу зарылчылыгын белгилешет. Ошону менен К. түшүнүгү болгон шарттар жана факторлорду гана эмес, аларды

кайра түзүү боюнча, белгилүү тобокелге салуу элементтери бар кыймылдарды да эсепке алуу зарылдыгын көрсөтүүнү камтыйт. К. термини астрология- да пайда болгон. XVII к. тартып коммерция- лык ишмердүүлүктүн практикасында («жагымдуу» жана «оңтойсуз» К.) XVIII к. тартып айрым социалдык-тарыхый шарттарда кайра өндүрүп чыгуу процессин жана анын коомго тийгизген таасирин көрсөтүү үчүн экономикалык теорияда пайдалана башталат. Андан ары саясий-экономиянын, *саясат таануунун* жана социологиянын дисциплина аралык проб- лемаларын иштеп чыгарышкан окумуштуулардын (Т.Веблен, В.Зомбарт ж.б.) эмгектеринен улам К. термини саясаттын теориясына жайгаша баштады. Ал түрдүү типтеги саясий жана социалдык күчтөрдүн бирге өкүм сүрүү моменттерин жана анын өзгөрүү тенденция- сын билдире баштады. Бирок саясий К. экономикалык К-га активдүү таасир көрсөткөн факторлордун табигый, экологиялык, улуттук менен катар түшүндүрүү үстөмдүк кылды. Бул учурда саясий К. – маанилүү даражада метафоралык чагылдыруу. К-нын эсеби – башкы чечимдерди кабыл алуунун *саясий стратегия*сын иштеп чыгуунун милдеттүү элементин кадимки саясий сөздүктө эскини – кулатуу аркылуу өзгөртүү учуру (ар дайым эле жакшы жакка эмес). Ал эми конъюнктурщик (конъюнктурачы) – жалаң гана өзүнүн максаттары үчүн жагымдуу кырдаалды, шартты колдонуугa, жаңычылыкка активдүү багытталган адам жана саясатчы.

КООМ – кеңири маанисинде адамдардын биргелешкен ишмердүүлүгүнүн тарыхый калыптанган формаларынын жыйындысы. Тар маанисинде социалдык системанын конкреттүү тарыхый тиби, коомдук мамилелердин белгилүү бир формасы (мис., Гегелдин окуусундагы мамлекетке карама-каршы коюлган коом). К. – адам болмушунун мейкиндикте жайгашкан жана убакыт боюнча өнүгүп туруучу чөйрөсү, анын жашоосу менен ишмердүүлүгүнүн чөйрөсү жана өндүрмөсү. К. адамдардын материалдык турмушту өндүрүү жана кайра өндүрүү процессинде негизделген мамилелеринин суммасы болуп эсептелет. К-дун пайда болушу адамдардын өндүрүштүк иш-аракеттеринин зарыл натыйжасы. Өз ишмердүүлүктөрү аркылуу адамдар бири-бири менен коомдук мамилелер деп аталган алакаларды күтүшөт, коомдук мамилелердин жыйындысы адамдардын ишмердүүлүгүнүн социалдык мүнөзүн аныктайт. Өндүрүштүк-материалдыктан тартып интеллектуалдык жана көркөм ишмердүүлүккө чейинки ишмердүүлүктөрдүн түрдүк иерархиясы коомдук мамилелердин иерархиясына шайкеш келет. Өнүккөн К-дун негизги чөйрөлөрү болуп өндүрүштүк (экономикалык), социалдык, саясий жана рухий чөйрөлөр эсептелишет. К-дун убакыт боюнча өнүгүшү тарыхты жаратат. Тарых муундар аралык тажрыйбаны, маданиятты, маалыматты топтоонун жана өткөрүп берүү сыяктуу социомаданий удаалаштыктын негизинде өнүгөт. Тарыхта болуп жаткан өзгөрүүлөр ар кандай типтеги коомдун, маданияттын алмашышын, адамдын инсан катары өнүгүшүн шарттайт. Өндүрүү процессинде пайда болгон коомдук байланыштар менен мамилелер адамдардын табиятка болгон мамилесин аныктайт. К-дун турмушу табият менен тыгыз байланышта. Адамдар табиятты өзгөртүп түзүп, аны өз керектөөлөрүнө ылайыкташтырышат жана К-дун материалдык негизине айландырышат. *Адам* К-нун жашоосунун жана өнүгүүсүнүн негизин өндүрүш каражаттары жана материалдык байлыкты өндүрүү түзөт. Ошондуктан бардык коомдук мамилелердин ичинен өндүрүштүк, экономикалык мамилелерге башкы роль таандык.

КООМДУК БОЛМУШ жана КООМДУК АҢ-СЕЗИМ – *марксизм*дин социалдык философиясынын өзөктүү категориялары. Аталган категорияларынын иштелип чыгышы коомдук турмушту жана анын тарыхын материализмдин позициясында түшүнүүгө мүмкүндүк берген. Алардын ортосундагы алака жалпы философиядагы болмуш жана материалисттик философиядагы аң-сезим категорияларынын ортосундагы алакага тең маанилеш. К. б. объективдүү, материалдуу жана аң-сезимге караганда биринчи жана андан көз карандысыз болот. К. а.-с. идеалдуу, экинчи, болмуштун туундусу жана

болмуш аркылуу аныкталат. Бирок, коом табият менен ажырагыс биримдикте, ал эми адам табиятка да, коомго да таандык болгондугуна карабастан, К. б. табияттын болмушуна тең маанилеш эмес. Табияттын болмушунан айырмаланып К. б. адамдар тарабынан ишмердүүлүк процессинде түзүлөт жана алардын табиятка, бири-бирине болгон материалдык мамилелеринин жыйындысы болуп саналат. К. б-ту табияттын болмушунан айырмалоо коомдун, коомдук мамилелер менен мыйзам ченемдүүлүктөрдүн, адамдын маңызынын сапаттык спецификасын илимий аныктоо үчүн принципиалдуу маанige ээ. XX к. 60–80-жж. советтик адабиятта К. б. «кеңейтилген түшүнүгү» кеңири жайылтыла баштаган да, ал түшүнүк өз кучагына надстройкалык түзүлүштөрдү, ал тургай кээде К. а.-с. да камтыган. К. б-тун мындай жобосу аталган көрүнүштөр коомдо гана жашайт деген пикирге негизделген. Бирок, социалдык реалдуулук жана К. б. тең маанилеш түшүнүктөр болуп саналышпайт. Эгерде алар тең маанилеш түшүнүктөр катары карала турган болсо, анда К. б. жана К. а.-с. түшүнүктөрү тарыхты материалисттик түшүнүү концепциясындагы, тактап айтканда «адамдардын аң-сезими алардын болмушун аныктабайт, тескерисинче, коомдук болмуш алардын аң-сезимин аныктайт» деген принциптеги аткарган теориялык функциясынан ажырашат. К. б. менен К. а.-с-дин айкалышы тууралуу маселенин материалисттик маанайда чечилиши коомдогу себептик ж.б. маңыздуу байланыштарды теориялык түшүндүрүп, коомду социалдык детерминизмдин позициясында анализдөөгө мүмкүндүк берет. К. б. менен К. а.-с-дин айкалышуусунун дагы бир маанилүү принциби болуп К. а.-с-дин коомдук болмуштан салыштырмалуу өз алдынчалуулугун таануу саналат. Бул принцип К. а.-с-ди К. б-тан туунду катары алынган жөнөкөй жана пассивдүү рефлекс катары орой, вульгардуу түшүнүүнүн алдын алат. К. а.-с-дин К. б-тан болгон көз карандылыгы татаал жана кыйыр мүнөзгө ээ, ал эми К. а.-с-дин өзү коомдук болмуш менен алака түзгөн жана ага таасир берген активдүү ишкер башат болуп саналат. К. а.-с. социалдык-философиялык категория катары К. б. категориясы менен тыгыз байланышкан. Башка жуп категориялар сыяктуу эле алар бири-бирин аныктайт жана бири-бирисиз жашай албайт. К. а.-с. коомдук болмуш менен шартталган социалдык реалдуулукту чагылдырган коомдун рухий турмушу (саясий, укук, этикалык ж.б. теориялар, көз караштар, идеялар; философия, мораль, дин ж.б. аң-сезим формалары) болуп эсептелет. К. а.-с. жеке аң-сезим менен тыгыз байланышкан, жеке аң-сезим аркылуу аныкталат жана ошол эле учурда андан маңыздуу айырмаланат. Аң-сезимдин мындай абалдары жалпы жана жеке түшүнүктөрүнө дал келет. Алардын ортосундагы айырмачылык коомдук негиз жана социалдык чөйрө менен шартталган. Эгер К. а.-с. үчүн мындай чөйрө болуп К. б. гана эсептелсе, анда жеке аң-сезим К. б-тан сырткары таптардын жана социалдык катмарлардын турмуш шарты, улуту, үй-бүлөлүк жашоо шарты, идеялык чөйрөсү, б.а. адам жашаган чөйрөдөгү рухий, маданий жана информациялык кырдаалдар сыяктуу жагдайлар менен шартталат. К. а.-с. өз ичине камтыган идеялар менен түшүнүктөрдүн көлөмү, байлыгы менен да жеке аң-сезимден айырмаланат. К. а.-с-дин структурасы эки деңгээлден жана алты формадан турат. К. а.-с-дин деңгээлдери болуп социалдык психология, эл массасынын кадыресе аң-сезими жана идеология, теориялык аң-сезим түзөт. «Биринчи» деңгээлде социалдык реалдуулук тике, стихиялуу чагылдырылса, «экинчи» деңгээлде мындай чагылуу концептуалдуу, теориялардын түрүндө болот да, ой жүгүртүү ишмердүүлүгү менен тыгыз байланышат. К. а.-с-дин формаларына саясий жана укуктук көз караштар менен түшүнүктөр, мораль, искусство, дин жана философия кирет. Бүгүнкү күндө көпчүлүк авторлор бул тизмеге экономикалык, табият таануу жана математикалык, инженердик, медициналык, технологиялык, экологиялык ж.б. аң-сезимдерди киргизип жүрүшөт. Айрым авторлордун пикири боюнча К. а.-с-дин формаларынын мындай өсүшү чындыкка дал келбейт. Анткени алардын санынын көбөйүшү К. а.-с-дин формаларынын калыптанышынын жана жашоосунун 1) алардын К. б. менен шартталгандыгына; 2) алардын мазму-

нундагы идеологиялык деңгээлге; 3) алардын кандайдыр бир идеологиялык мамилелердеги негиз же булак катары ойногон ролу сыяктуу критерийлерине каршы келет. К. а.-с-дин формалары, алардын спецификасы бири-биринен чагылдырган предмети, чагылдыруунун формалары менен ыкмалары, коомдук ролу боюнча айырмаланышат. К. а.-с. жана анын формалары коомдук болмушка карата белгилүү бир деңгээлдеги көз карандысыздыкка жана өнүгүүнүн өздүк мыйзам ченемдүүлүктөрүнө ээ. Мындай өзгөчөлүктөр төмөнкүчө байкалат: 1) белгилүү бир идеялык традициялардын улануучулугу; 2) ар кандай формалардын өз ара таасир көрсөтүүсү; 3) К. а.-с-дин К. б-тун өнүгүшүнөн артта калуусу же андан озуп кетүүсү; 4) К. а.-с-дин жалпы адамзаттык элементтерди четке какпаган таптык жана идеологиялык мүнөзү; 5) К. а.-с-дин активдүүлүгү жана анын коомго, анын негиздерине тийгизген таасири.

КООПЕРАТИВДИК КЫЙМЫЛ (лат. cooperatio – кызматташтык) – адамдардын тобу жалпы чарбага (кооперация) бириктирүү жолу менен, экономикалык турмушту уюштуруунун капитализмге альтернативдүү ыкмасын түзүү үчүн кыймыл. Артелдик типтеги биринчи кооперативдик ассоциациялар алгач XVIII к. аягында Англияда, өнөр жай революциясынын кесепетинен коргоо каражаты катары ун чыгаруу жана нан жасоо өндүрүшүнүн жумушчуларынын арасында пайда болгон. Ийгиликтүү ишмердүүлүгүнө карабай, бул мезгилдин кооперативдери коомдук ан-сезимге маанилүү таасир тийгизе албады. Азыркы типтеги К. к-дар XIX к. 20-ж. Англияда пайда болгон. Роберт Оуэн анын идеялык шыктандыруучусу жана теоретиги болуп калды. Жакырчылыктын себебин жана аны чектөөнүн каражатын изилдеп жатып, Оуэн өкүм сүргөн түзүлүштүн тынч, ыктыярдуу кайра курулуусунун жана бардык катмарлардын бошонуусунун мүмкүндүгү жөнүндөгү ойго келген. Ал жеке менчикти жектеп, товар алмашуу менен байланышкан жана жалпы жыргалчылыкка кызмат кылган децентралдаштырылган өндүрүш коомчулугу жөнүндөгү идеясын өнүктүргөн. Оуэндин идеялары токуучулардын группасы «Рочдейлдик пионерлердин» ишмердүүлүгүндө өнүккөн. Алар 1844-ж. жетекчиси жана руханий устаты Чарлз Говартс (1814–1868) тарабынан формага келтирилген принциптерде керектөөчүлөрдүн кооперативине биригишкен. Принциптери: товарлар дүң эмес, рыноктук баа боюнча сатылган; кирешенин бөлүгү пайщиктердин ортосунда тең бөлүштүрүлгөн; ал эми башка бөлүгү жолдошчулуктун социалдык фондун түзүүгө сарпталган. К. к-дын Европада өнүгүшү эки жол менен жүргөн; өндүрүштүк жана керектөөчүлүк кооперациялары. Керектөөчүлүк кооперациясынын ийгилиги ачыктан ачык көрүнүп турган учурда, өндүрүш кооперациясы эзүүнүн идеологдорунун үмүтүн актаган жок. Айыл чарбалык коммунналар – өндүрүш кооперациясынын бүткөн формасы – же узакка созулган эмес, же экономикалык эффективдүү болгон эмес. Бул айрыкча күч колдонулуп уюштурулган коммуналар үчүн мүнөздүү. Ар бир айрым чарба белгилүү өлчөмгө жетээри менен кооперативдик идеологиянын негизи теңчилик – өндүрүштүн андан аркы өнүгүүсүн кармап жаткан факторго айланган. Кооперативдик социализмдин теоретиги Э.Бернштейн өндүрүштүк кооперативдерди чарба жүргүзүүнүн капиталистикке чейинки жөнөкөй формаларына кайрылуу катары караган. Британ тарыхчылары С. жана Б.Веббдер өндүрүштүк кооперациянын жактоочуларынан болбосо да, келечектеги коомдон ага орун беришкен. Алардын ою боюнча өндүрүштөгү бирдиктүү эмгек адамдардын белгилүү тиби үчүн кызыктыруучу болуп эсептелинет. XX к. башында кооперативдик социализмдин концепцияларынын түрдүү модификациясын иштеп чыгышкан: Францияда – Ш.Жид, Э. де Буан, А.Доде Бансел, Е.Пуассен, Б.Лаверн, Ирландияда – Г.Рассел, АКШда – Дж.Уорбас, Германияда – Райфатзен, Гааз, Орусияда – А.Чаянов, М.Туманов-Барановский, М.Лозовский, В.Гиотомианц. Социалисттик ойдун айрым багыты катары К. к-дын теориясы кооперацияны экономикалык эффективдүү өндүрүштөн капиталисттик формасы менен бөлүштүрүүнүн өркүндөлбөгөндүгүнүн ортосундагы карама-каршылыкты четтетүүнүн каражаты катары карайт. К. к. Европада айрыкча *бийликте* узак убакыт *социал-демократтар* турган мамлекеттерде – Швеция, Австрия, Финляндия, Дания, Норвегияда таркаган. Кооперациянын өнүгүүсү социал-демократтык партиялар тарабынан реформалоонун жана таптык *конфликт*терди чечүүнүн стратегиялык жана эффективдүү ыкмасынын бири катары каралат. Италия, Голландия, Канадада да кооперативдик чарбалар аз эмес. Бир катар өлкөлөрдө кооперативдик партиялар аракеттенүүдө. 1895-ж. эл аралык кооперативдик альянс түзүлгөн жана ал дүйнөнүн 72 өлкөсүнө 500 млн адамды бириктирет (1986-ж.). Ошого карабай Батышта К. к. кризиске учураган. Алсыз коомдук топторду социалдык коргоонун формасы катары түзүлгөн кооперативдер Батышта өз маанисин жоготууда. Азыр ал топтор жашоо деңгээлинин жалпы жогорулашынан улам, мурдагыдай күчсүз эмес. Орусияда жана КМШ өлкөлөрүндө иш башка. Бүгүнкү күндөгү кооперативдердин негизги проблемаларынын бири – кооперативдик идеалдар жана иштин коммерциялык жагынын ортосундагы тең салмактуулукту сактап калуу. Кооперативдик принциптер коммерциялык ишканалардын башкы максаттарына – капиталды тартуу жана киреше алууга дал келбейт. Кооперативдердин көпчүлүгү майда жана орто ишканалар. Аларга экономикалык проблемаларды чечүүгө тажрыйба жана капитал жетишсиз. Кыйынчылыктарга өндүрүштүк гана эмес, керектөөчүлүк кооперативдери да дуушар болууда. СССР кулагандан кийин пайда болгон суверендүү жана көз карандысыз мамлекеттердин ортосундагы мурдагы экономикалык тыгыз байланыштын түзүлүшү алардын ар бириндеги К. к-дын өнүгүшүнө олуттуу кыйынчылыктарды пайда кылды.

КОРПОРАТИЗМ (лат. corporatio – биригүү, биргелешкен уюм) – Ф.Шмиттердин аныктамасы боюнча – өкүлчүлүктөрдүн кызыкчылыктарынын системасы. Ага ылайык чектелген гана айрым, өз эркине каршы, күрөшө албаган, иерархиялык түрдө түзүлүп, иш жүзүндө ар кандай типтеги, мамлекет тарабынан таанылган же түзүлгөн элементтер лидерлерди шайлоодогу жана талаптарды артикуляциялоодогу көзөмөлдөөнү колго алууга алмашуу менен монополдук өкүлдүккө ээ болот.

КОРРУПЦИЯ – бул мамлекеттик кызмат адамы тарабынан бийликтин мүмкүнчүлүгүн өз кызыкчылыгына пайдалануучу, кылмыштуу ишмердүүлүк. Чиновниктерди, коомдук ишмерлерди «сатып алуу» К-га мүнөздүү белгилерден, ал экономикалык-социалдык теңсиздиктин күчөөсүнүн булагы болуп саналат. К. менен мафиянын биригип кетүүсү демократтык процесстерге коркунуч туудурат.

Экономиканы либералдаштыруу, базар экономикасын калыптандырууга карата багыт алуу, өнөр жай ишканаларын, айыл чарба жана тейлөө объектилерин ж.б. менчиктештирүү процессинин күч алышы, жеке ишкердикти коргоо боюнча мыйзамдардын толук эместиги, тууганчылык, жердешчилик сыяктуу жат көрүнүштөр Кыргыз Республикасында К-нын өнүгүшү үчүн жагымдуу шарттарды түзгөн.

Өткөөл мезгилдин боло турган кыйынчылыктарынан пайдаланган жабык жана ачык «шылуун» жегичтердин экономикалык жана каржылык мүмкүнчүлүктөрүнүн өсүшү мамлекеттик бийликтеги жогорку кызмат орундарын жана кызматкерлерин сатып алуу масштабын кеңейткен. Ар кандай деңгээлдеги бийлик кызматкерлери менен мафиялык элементтердин биригүүсү байкалган, алар экономикалык жана саясий чечимдердин кабыл алынышына таасир этүүгө, керек болсо, саясий бийликти колго алууга да аракет кылышкан.

Бул тенденциялар өлкөдөгү социалдык-саясий абалды оордотуп, кыргыз коомун демократташтыруу процессине коркунуч келтирүүдө. Биздин чакан өлкөбүз үчүн бул оор илдет чоң жоготууларга жана көптөгөн кыйынчылыктарга алып келүүдө. Мына ушундай оор шарттарда бийликти К-дан жана бюрократташтыруудан арылтуу боюнча, мамлекеттик чиновниктердин бийликте алмашкыс болуп отурукташып алуусуна каршы, аткаруучу бийликтин мыйзам чыгаруучу бийликтин толук көзөмөлүнөн чыгып кетүүсүнө жол бербөө, өкүлчүлүк, аткаруу жана укук коргоо органдарынын жалаң гана мыйзам чегинде иш алып баруусун камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын кеңири комплекси зарыл десе туура болот.

Мурда, СССРдин убагында К. ишин уюрданып жасап, эгер кармалып калса жазага тар-

тылса, эми эгемендик мезгилинде массалык менчиктештирүү шарданында К. мамлекеттик саясатка айланып, мындай иштер үчүн жазаламак тургай, «аларга бюджеттин эсебинен айлык маяна бере баштады да». Кызматтан-кызматка которулушуп, ал тургай коррупционерлер тийиштүү акчаларын «кошелёкторго» төлөп коюшуп, кезекке турушуп, орден менен наамдарды алып жатышы элге маалим.

Эгемендүүлүктүн акаевдик 15 жана кийинки бакиевдик 5 жылдыгында «К. ак-үйдүн 7-кабатына жетип», мамлекет башчылары өздөрү баш болуп пара алышып, өздөрүнүн ар намысы менен абийирлерин акчага сатышпаганда элдин адилеттүүлүккө, мамлекеттик бийликке карата ишеними бүгүнкүдөй төмөнкү деңгээлге түшпөйт эле десек туура болот.

Дүйнөдөгү К-нын деңгээлин иликтеген «Transparency international» эл аралык уюмунун маалыматы боюнча 2005-ж. өлкөбүз К. боюнча 163 өлкөнүн ичинен 142-орунга, 2007-ж. 180 мамлекеттин ичинде 150-орунга, 2008-ж. 180 мамлекеттин ичинен 160-орунга, 2010-ж. 180 мамлекеттин ичинен 166-орунду ээлеген. Ал эми 2012-ж. Кыргызстан байкоо салынган дүйнөдөгү 174 өлкөнүн ичинен 154-орунду ээлесе, 2013-ж. 177 өлкөнүн ичинен 150-орунду ээлеп, К. жогорку деңгээлде болгон өлкөлөрдүн тобунда калып келет.

КОЭВОЛЮЦИЯ [со – сөздүн алдына келүүчү (аффикс) кошумча мүчө, көпчүлүк тилдерде чогуу, макулдашылган дегенди түшүндүрөт, лат. evolutio – ачуу, жайылтуу, таратуу, өркүндөтүү] – өнүгүп келе жаткан, максаттуу системаны түзгөн элементтердин макулдашылган түрдө өзгөртүүлөрүнүн механизмдерин көрсөтүү үчүн азыркы илимде колдонулган термин (мамлекет менен коомдун коэволюциясы).

КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ШЕРИКТЕШТИГИ (КМШ) – мамлекеттер аралык бирикме, 1991-ж. 8-декабрда Минскиде СССРдин 3 республикасынын – РСФСР, Белоруссия жана Украинанын өкүлдөрү кол койгон КМШны түзүү жөнүндө макулдашууларынын негизинде 1991-ж. 21-декабрда 11 союздук республикалардын башчыларынын катышуусу менен Алма-Атада түзүлүп, расмий түрдө СССРдин жоюлгандыгы жарыяланган. КМШнын Уставы 1993-ж. 22-январда Минскиде кабыл алынган. Аталган Макулдашууга жана КМШ Уставына ылайык, Шериктештиктин максаты элдер менен мамлекеттердин саясат, экономика, маданият, билим берүү, саламаттык сактоо, айлана-чөйрөнү коргоо, илим, соода жагындагы, кайрымдуулук жана башка чөйрөлөрдөгү тең укуктуу жана өз ара пайдалуу кызматташтыгын өнүктүрүү, кеңири маалыматтык алмашууга көмөк көрсөтүү, өз ара милдеттенмелерди ак ниет жана так сактоо болуп саналат. КМШга СССРдин мурдагы 11 республикасы – Орусия Федерациясы, Украина, Өзбекстан, Азербайжан Республикасы,Тажикстан Республикасы, Кыргыз Республикасы, Армения Республикасы, Молдова Республикасы, Түркмөнстан, Казакстан жана Беларусь кирет. КМШ органдарынын ырасмий жайгашкан орду – Минск. Шериктештиктин Мамлекет башчыларынын кеңеши, Өкмөт башчыларынын кеңеши, КМШнын Аткаруучу катчылыгы, Мамлекеттер аралык экономикалык комитет, КМШнын Экономикалык соту, КМШга катышкан мамлекеттердин Парламенттер аралык Ассамблеясы КМШнын негизги институттары (консультативдик жана координациялоочу органдары) болуп саналат.

«КӨК КАСКАЛАР» – тынчтыкты орнотуучу күчтөр, карама-каршы турган куралданган тараптарга чек салууга катышуучулар; мындай айтылыштын келип чыгуусу – БУУнун куралдуу күчтөрүнүн униформасынын элементинен улам болгон.

КӨЛӨКӨ КАБИНЕТ – Парламенттик системанын шартында, башкаруучу *партияга* карата *оппозиция*да турган партиянын мүчөлөрүнүн ичинен дайындалган министрлер кабинети. Эгер *Парламент* тарабынан дайындалган официалдуу орган *аткаруучу бийлик* – министрлер кабинети – башкаруучу партиянын лидери аркылуу түзүлсө, анда структурасы боюнча ушул официалдуу органга окшош, бирок официалдуу эмес *өкмөт* – К. к. оппозициядагы партиянын лидери тарабынан түзүлөт. Официалдуу кабинет менен К. к-тин

ишмердүүлүктөрүнүн ортосундагы негизги айырмачылыктар төмөнкүчө: официалдуу кабинет башкаруучу партия иштеп чыккан *саясат*ты турмушка ашыруунун үстүндө конкреттүү ишмердүүлүктү жүргүзөт, ал эми К. к-тин максаты – парламенттеги дебаттардын жүрүшүндө башкаруучу, официалдуу кабинеттин ишмердүүлүгүн сындоо, башкаруучу партиянын саясатынын туура эмес экендигин көрсөтүү болуп эсептелет. Ушундан удам башкаруучу кабинеттин символун – «иш», ал эми К. к-тин символу – «сөз» деп эсептесе болот. К. к-тин министрлери официалдуу саясаттан айырмаланып турган өздөрүнүн саясатын иштеп чыгышат, саясий күрөштүн тажрыйбасына ээ болушат, көлөкө министрлердин кызматында өздөрүн көрсөтүшөт. Кийинки шайлоолордо *бийликке* келгенде оппозициялык партиянын сыноодон өткөн аткаруу бийлигинин структурасы болот. Мис., Улуу Британиянын мурунку премьер-министри М.Тетчер өзүнүн саясий *лидерлик* карьерасын 60-жж. аягында консерваторлор партиясы оппозицияда жүргөн мезгилде К. к-тин мүчөсү катары баштап, андан кийин официалдуу кабинетте билим берүү жана илим министри жана оппозициядагы партиянын лидери, 1979–90-жж. башкаруучу кабинеттин премьер-министри болуп иштеген. Британ парламентинде «Суроолордун сааты» деген иш-чара бар, ал учурда өкмөттүн мүчөлөрү К. к-тин мүчөлөрүнүн катышуусу астында оппозициянын суроолоруна жооп беришет.

КӨМҮСКӨ ЭКОНОМИКА – эске алынбаган, катталбаган, ошондой эле товарды өндүрүп чыгаруу жана тейлөө боюнча иш-аракетердин мыйзамга каршы келүүчү түрлөрү. Мамлекеттик жөнгө салып туруу механизми аркылуу кезөмөлгө алуу кыйыныраак болуучу белгилүү өлчөмдөгү өндүрүш, бөлүштүрүү, товардык-материалдык баалуулуктарды жана тейлөөлөрдү алмашуу жана керектөөнүн жыйындысы. Бул мамлекеттик башкаруу органдарынан жана коомчулуктан өзүнүн керт башынын пайдасына же белгилүү бир топтун кызыкчылыгына мамлекеттик же жеке менчик мыйзамга сыйбаган ыкмада, караөзгөйлүк менен пайдалануу боюнча айрым жарандардын, уюшулган топтордун ич ара социалдык-экономикалык нуктагы карым-катнаштары. Көмүскө экономикасы төмөндөгүлөрдү камтыйт: криминалдык экономика (мис., түрдүү баскычтагы уурдоо, кызматтык абалынан кыянаттыкта пайдалануу жана чарба ишинде жеке пайдасын көздөө, жашыруун кылмыштуулук; көзөмөлдөөнүн бардык түрлөрүнөн толугу менен көмүскөлөнгөн жашыруун экономикалык иш-аракеттер (баңгизат бизнеси, кумар оюндары, сойкулук); кирешени экономикалык нуктан тышкары бөлүштүрүү формасы катары жеке менчикке каршы жалпы кылмыштуулук (жеке менчик мүлктү уурдоо, тоноо, каракчылык кылуу, жула качуу, б.а мамлекеттик, жеке менчиктүү мүлктү, акча каражаттарын коркутуу, опузалоо же күч колдонуу менен алуу); жалган экономика – расмий экономика тармактарындагы эсеп-кысап иштеринде чындыкка жакындашпаган, жалган көрсөткүчтөрдү берүү, көз боёмочулук кылуу; формалдуу эмес экономика – уюмдун официалдуу белгиленген тартибин, экономикалык байланыштардын ишке ашуусун алмаштыруучу. жана жеке карым-катнаштарга, алардын ортосундагы түздөн-түз байланыштарга негизделүүчү экономикалык субъектилердин ортосундагы карым-катнаштар тутуму. К. э. азыр дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө тигил же бул өлчөмдө орун алган. Мунун тамырын толугу менен кыркуу мүмкүн эмес. Мамлекеттин башкаруу органдары канчалык мыкты жана таза иштесе көмүскө экономика элементтери кыйла солгундайт, ал эми тескерисинче мамлекеттин башкаруу органдары чабал болуп, өздөрү дагы аралашып кетсе, анда көмүскө экономика күч алат. Мунун түбү келип өлкөнүн экономикасына олуттуу терс таасирин тийзип, калк ичинде жиктөөнү пайда кылат. Батыштын мыкты экономисттери К. э-га, адатта, төмөндөгүлөрдү киргизет: расмий статистика тарабынан эсепке алынбаган экономиканын сектору; ал сектор салыктардан баш тартып, тыюу салынган товарларды өндүрүп чыгарып, тейлөөлөрдү жүргүзүп, нормативдүү документтерде жана чарбаны жүргүзүү эрежелеринде көрсөтүлгөн талаптарды аткарышпайт. Натыйжалуу салык

механизмин, бааны чыгаруунун жаңы тутумун түзүү менен, базарга өтүү мезгилинде К. э. бөлүгүн ишке ашыруу жана анын ишкерлердин нормалдуу иш-аракеттерине айланышы боло турган иш катары саналат. Мында укук коргоо органдары көмүскө экономикага жана мамлекетке коркунуч келтирүүчү зыяндуу иштерге (наркобизнес, пара алуучулук, уурдоо) каршы катуу күрөш жүргүзүп, аларды болтурбоого бардык күчүн жумшайт.

К. э-нын шартталышы. Мыйзамдар бардыгына бирдей жана толук иштебеген мамлекеттте, мыйзам күчүнө ишенбегендиктен, ишкер менен бизнес чөйрөсү, экономиканын жеке менчик бөлүгү көмүскө секторго, анын убакыт менен текшерилген традициялары жана механизмдери менен иштөөгө өтүп кетишет. Бул терс кубулуш өлкөнүн бюджеттик чөйрөсүн туруксуздаштырууга көмөк көрсөтүп, салык салынуучу базаны азайтат. Маанилүү мамлекеттик органдар тарабынан тийиштүү чаралар көрүлбөйт. К. э. кайсы өлкөнүн болбосун коопсуздугу үчүн реалдуу коркунуч жаратат жана адилеттүү атаандашуу үчүн тең эмес шарттарды түзүп, чакан жана орто бизнести өнүктүрүү үчүн олуттуу тоскоолдук болуп саналган өнөкөт көйгөй болуп эсептелет. «Көмүскө экономиканын» жалпы дүйнөлүк масштабдагы салыштырма салмагы ИДПнын 5-10%ы өлчөмүндө бааланат, эң жогорку жеткен чегинин көрсөткүчү 40-50 %ды түзөт. К. э-нын (криминалдык секторду кошо) дүйнөлүк көлөмү 9 трлн АКШ долларына бааланат, бул бардык өлкөлөрдүн суммардык ИДПнын 40%нан ашат. Кыргыз Республикасында бул сумма 130 млрд сомдон ашык. «Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүгө өткөрүү боюнча өкмөттүн программасы жана планы (2013–2017-ж.ж.)» деген беш жылдык планда 2006-ж. Кыргыз Республикасында К. Э. деңгээли ИДПнын 53%ын түзгөн, ал эми 2012-ж. анын деңгээли 39%ды түзгөн – деп көрсөтүлгөн. К. э-нын чыныгы деңгээли боюнча башка булактардан да маалыматтар бар. Алсак, 2012-ж. ноябрда өткөн өлкө президентинин алдындагы Коргоо кеңешинин отурумунда К. э-нын деңгээли республиканын ИДПсынын 60%ын түзөт, анын акчалай көлөмү 120–130 млрд сомго барабар жана ушундан улам жыл сайын өлкөнүн жалпы жоготуулары 30 млрд сомдон ашат – деп айтылган. Бул көйгөйлүү көрүнүш азаймак тургай, жылдан жылга кеңейүү жана өсүү тенденциясына ээ болууда.

Бизнес менен ишкерлер чөйрөсүн «көмүскө экономикага» кетүүгө аргасыз кылган негизги себептерге төмөнкүлөр кирет: - коррупциялык көрүнүштөрдүн пайда болушу; - саясий стабилдүүлүктүн жоктугу; - накталай акча каражаттарын жүгүртүүнүн жогорку үлүшү; - көмүскө экономиканын көрүнүштөрүнө каршы күрөшүүнүн укуктук жана институционалдык базасынын өркүндөтүлбөгөндүгү; - ишти мыйзамдуу жүзөгө ашыруудагы административдик тоскоолдуктар; - ишкердик субъекттери үчүн салыктык отчёттуулуктун жана каттоонун таталл жол-жоболору.

Жалпысынан көмүскө экономиканы мыйзамдаштыруунун жана кыскартуунун аракети өлкөдө эпизоддук түрдө жүргүзүлүүдө, институционалдык база түзүлгөн эмес жана бүгүнкү күндө экономика субъекттерин «көмүскөдөн» чыгаруу үчүн таасир берүүчү куралдар боюнча бирдиктүү мамлекеттик саясат жок. Буларды эске алып Кыргыз Республикасынын өкмөтү 2013–2017-жж. эсептелген беш жылдык программасын ишке ашыруунун чегинде экономиканын көмүскөлүгүн пайда кылуучу шарттарды жана себептерди жоюу, ошондой эле аны мыйзамдаштыруу жана кыскартуу боюнча кечиктирилгис чараларды кабыл алууну белгилөөдө. 2017-ж. карата өлкөдөгү К. э-ны, анын ИДПдагы өлчөмүн 25%га чейин кыскартуу менен мыйзамдаштыруу үчүн шарттарды түзүү өкмөттүн беш жылдык планынын негизги максаты болуп эсептелет. Буга чейин деле биздин бийлик мындай максаттардын далайын коюп келген, бирок алар аткарылбай калганда коом алдында жооп беришкен эмес.

КӨП ПАРТИЯЛУУЛУК – коомдо бир нече саясий *партия*лардын болушу жана аракет кылышы; коомдун саясий *систем*асынын белгилеринин бири. К. п-тун объективдүү негизин төмөнкүлөр түзөт: а) коомдогу социалдык бөлүнүүчүлүк, таптардын, *улут*тардын, диндик

бирикмелердин ж.б. өзгөчө кызыкчылыктары бар социалдык жалпылыктардын болушу; б) ар бир социалдык топ, катмар, бирикмелер үчүн жалпы *социалдык-саясий кызыкчылыктар*дын болушу, в) үстөмдүк кылуучу таптагы ж.б. социалдык топторду *парламент* жана жергиликтүү *бийлик* үчүн, шайланма кызматтар үчүн пайдалануу, *мамлекеттик* заказдар жана программалар үчүн күрөшүү ишмердүүлүгүнүн болушу. Коомдун социалдык структурасы канчалык татаал болсо көптөгөн саясий партиялардын пайда болушуна жана иштешине ошончолук көп негиз болот. Азыркы учурда көптөгөн мамлекеттерде бир эле мезгилде ондогон жана жүздөгөн саясий партиялар жашайт. Алардын ичинен мамлекеттик иштерди башкарууга, адатта, бир нече партия гана катышат. К. п. коомдун саясий системасынын демократтуулугунун шарты. Бирок бардык эле көп партиялуу система *демократия*луу боло бербейт. Демократтык процесстин өнүгүшүнүн зарыл жана аныктоочу шарты: саясий партиялардын калктын кеңири массасы менен жана алардын өкүлчүлүк органдары менен тыгыз байланышы; партиялар тарабынан эл массасынын кызыкчылыктарынын туура чагылдырылышы, партиялар эл менен өкмөттүн ортосундагы чыныгы данакер болуусу; италиялык саясат таануучу Сарторинин пикири боюнча, бир өлкөдө бештен ашык саясий партиянын болушу максатка ылайык келбейт.

КР ПРЕЗИДЕНТ АППАРАТЫ – түздөн-түз КР Президентине баш ийүү менен, мамлекет башчысынын конституциялык ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырууну камсыз кыла турган КР мамлекеттик органы.

КРИЗИС, с а я с и й – саясий *институт*тардын ишмердүүлүгүнүн туруксуздугу, шайкеш келбестиги, экономикалык процесстерди башкаруу мүмкүнчүлүгүнүн төмөндөшү, массанын сындоо активдүүлүгүнүн күчөшү менен мүнөздөлгөн коомдун саясий *системасынын*, биринчи кезекте анын мамлекеттик – бийлик структурасынын өнүгүшүнүн жана жашоосунун өзгөчө абалы. Саясий К. өзүнүн калыптанышында бир нече этаптарды басып өтөт: коомдун же анын саясий системасынын кризис болоор алдындагы абалы, б.а. *конфликт*тик кырдаалдын өнүгүшүнүн *компромисс* жолу менен чечүүгө мүмкүн болбой калган деңгээлге чейин жетиши; К-тин пайда болушу, коомдун алдында турган проблемаларды *өкмөт* саясий методдор менен чече албай калгандыгын түшүндүрөт; кризистин өнүгүшү жана курчушу, саясий структуралардын кулашын өзүнө камтып, *бийликтин* жоюлушуна алып келет. К-тин курчушу анын чечилишинин башталышы да же саясий катастрофанын башталышы да болуусу мүмкүн. Саясий К. – коомдун тагдырындагы кыйын кезең, кайгылуу учур. Эгерде аны ийгиликтүү чечсе, анда ал коомдун жана анын саясий системасынын өнүгүшүндөгү жаңы этаптын башталышы болот. Социалдык сис- теманын карама-каршылыктарынын жана ага байланышкан К-тердин үч тиби бар: функционалдык, структуралык жана системалык. Биринчи тиби коомдун жана анын саясий системасынын ишмердүүлүк механизмдеринин бузулушу, мамлекеттик бийлик *институт*тарынын иш формаларынын жана методдорунун турмуштун өзгөргөн социалдык-экономикалык шарттарда дал келбей калуусу менен түшүндүрүлөт. Бул К-тен чыгууга тийиштүү *реформа* жүргүзүү жетиштүү болот да, мамлекеттик түзүлүштүн формасын өзгөртүү зарылчылыгы талап кылынбайт. *Саясаттагы* структуралык К. башкаруучулар коомдогу кыйынчылыктарды, анын оор проблемаларын чечүү жөндөмдүүлүгүн жоготту дегенди билдирет. Объективдүү жактан алып караганда коом өзүнүн өнүгүшүндө бир баскычтын чегиндеги мүмкүнчүлүктөрүн бүтүрдү жана сапаттык жаңы баскычка өтүү шарттары жетилди да, кийинчерээк башка сфераларда структуралык реформаларды жүргүзүү зарыл. XIX к. акыркы чейрегинен баштап капитализмдин эволюция- сы мына ушундай жол менен жүргөн. К-тин үчүнчү тиби, системалык карама-каршылыктар – коомдук негизги элементтери (базис, экономика, *социалдык сфера, саясат, укук*) жашап турган социалдык-экономикалык түзүлүштүн чегинде чечүүгө мүмкүн болбогондой өз ара дал келбөөчүлүккө, карама-каршылыкка келди дегенди түшүндүрөт. Булар социалдык революциянын жүрүшүндө гана чечилиши мүмкүн. Саясаттагы систе-

малык К. – бул мамлекеттик бийлик структурасынын узакка созулган, жабык же ачык шал болуусу, башкаруучу тарабынан коомдук өнүгүүнүн стратегиялык демилгесин толугу менен жоготушу. К-ти чечүүнүн субъектилери катары жаңы таптар ж.б. социалдык катмарлар чыгышат. Саясий К. улам келип чыккан карама-каршылыктардын жогоруда көрсөтүлгөн үч тибинин чыгуу, көрүнүү формалары өтө ар түрдүү. Көпчүлүк учурда – өзгөрүп кеткен экономикалык жана социалдык сферага дал келбей же артта калган саясатты (биринчи кезекте мамлекеттин *ишмердүүлүгүн*) коргоо формасы. Сейрек учурда – саясий-укуктук надстройканын социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлинен озуп кетиши. Мындай озуп кетүү өнүгүүнүн экинчи эшалонундагы өлкөлөргө мүнөздүү. Бул өлкөлөрдө өз мүмкүнчүлүгүн бүтүрө элек чарба жүргүзүүнүн формаларын жыйыштырып, аларды жоюп, чындыктан алыс, ашыкча максаттарды коюп, өнүккөн өлкөлөрдө «кууп жетүү жана ашып кетүү» сыяктуу ишке ашпаган ураандарды көтөрүшкөн. К. пайда болуп келе жаткан шарттарда, анын алгачкы симптомдору көрүнө баштаганда төмөнкүлөрдү ишке ашыруу маанилүү: биринчиден – карама-каршылыктардын курчушун танбоо, аларды чечүүнү чойбоо, алардын өнүгүшүн жымсалдабоо; экинчиден – бул карама-каршылыктардын мүнөзүн туура аныктоо; үчүнчүдөн – аларга дал келген реформанын тибин туура тандоо. Бул маселелерди чечүүдө келтирилген каталыктар коомдун өнүгүшүндөгү олуттуу бузулууларга, оор зыяндуулукка, кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Коомдук саясий системанын чегиндеги ички саясий К-терге төмөнкүлөр тиешелүү: 1) мамлекеттин негизги мыйзамын факт жүзүндө токтошуна байланышкан конституциялык К.; 2) өкмөттүн *авторитет*инин жоголушунан, өкмөттүн көрсөтмөлөрүн аткаруучу органдар тарабынан аткарылбай калышынан көрүнгөн өкмөттүк К.; 3) тигил же бул саясий *партия*нын (барыдан мурда башкаруучу партиянын) бөлүнүшүнүн жана программалык документтерде көрсөтүлгөн функцияларды аткарбай калышынан улам пайда болгон ички партиялык К. Булардан тышкары ар түрлүү мамлекеттер аралык, регионалдык жана эл аралык конфликттер менен шартталган тышкы саясий К-тер да болот.

КСЕНОФОБИЯ (гр. «xenos» – чоочун, «фобия» – коркуу) – биринчиден, бул чоочун адамдардан коркуу абалы; экинчиден, кандайдыр бир чоочун же башкага карата чыдабоо, жаман көрүү, жек көрүү маанисинде. «Ксенофобия» сөзүнүн антоними болуп «толерант-туулук» түшүнүгү эсептелет. Коноктордун үй ээсине карата кыр көрсөтүү мамилеси, ал тургай жек көрүүсү «кириофобия» деп аталат. Ал эми улуттук же расалык инстинктин жоктугу, бөлөк элдердин маданиятын өз элинин маданиятынан жогору коюу «ксенофилия» деген термин менен түшүндүрүлөт, аларды космополит интеллигенттер деп да коюшат.

КУЛ – кожоюндун жеке менчигине айланган, бардык укугунан ажыраган адам. К. ээлеринин буюму катары эсептелген. К-дун ээси аны сатып жиберүүгө, өлтүрүп салууга укуктуу болгон. Кыргыздардын арасындагы К-дар негизинен ата-бабасынан бери кул-күң болуп келгендерден, *бай-манап*тын кызматындагы күңдүн балдарынан, калыңга келгендерден, жоодон туткунга түшкөндөрдөн, ата-тегин билбеген тексиздерден, сатып алгандардан турган.

КУН – бирөө колдуу болуп өлгөн адам үчүн алына турган айып. Алгачкы жамааттык түзүлүштөн Совет бийлигине чейин мерт тапкан адамдын тарапкерлерине өлтүргөн адамдын уруусу К. төлөп келишкен. К. алуу уруунун парзы катары адатка айланган. Феодалдык коомдук өнүгүү улам илгерилеген сайын К. алуунун түрү өзгөрүп, маркумдун кунуна тткун алып, кул-күңгө айландыруу, «тогуздап» берүү сыяктуу жолдор орун алган. К. алуунун таптык тамыры Кыргызстанда Совет бийлиги орногондон кийин жоюлган.

КУРАЛСЫЗДАНДЫРУУ – согуш каражаттарын көбөйтүүнү токтотууга, аларды чектөөгө, кыскартууга жана жоюуга багытталган иш-чаралар топтому. «Куралсыздандыруу менен куралдануунун жөнгө салууну аныктоо принциптерин» «тынчтык менен коопсуздукту сактоо ишиндеги кызматташтыктын жалпы принциби» катары карай турган К-нун жалпы эл аралык-укуктук негизи БУУ Уставында камтылган.

«КУРАН» (араб. – окулган) – мусулмандык диний окуу боюнча Алланын амири жана көрсөтмөлөрү жазылган исламдын негизги ыйык китеби; диний жол-жоболордун, үрп-адат жана укук эрежелеринин мисалдатып айтылган үгүт-насаат аңгемелер, келмелер менен дубалардын жыйнагы. Куран Каримде (Ыйык Куран) жүз он төрт сүрөө, алты миңден ашык аяттар бар. Бет ачар сүрөөнү («Фатиха») айтпаганда сүрөөлөр көлөмү чоң сүрөөдөн баштап, кыска сүрөөлөргө өтүү тартибине жайгаштырылган. Экинчи сүрөө «Уй сүрөөсү» («Сура ал-Бакара») аталып, 286 аяттан турат. 103, 108, 110-сүрөөлөрдө үч гана аят бар. Ар бир «аят» сүйлөм же бүтпөгөн сүйлөм түрүндө жазылган. Жалпысынан «К-да» 77934 сөз бар. *Мухаммед* пайгамбар «К-дын» алгачкы ыйык сөздөрүн рамазан айында «жогортодон» алган делет. Биринчи сүрөө – «Фатиха» (Ачуучу, Бетачар), акыркысы – «Ан-Нас» (Элдер). Алла сөзгө муктаж эмес, ошондуктан Мухаммед пайгамбар окуганды билбесе да Жабраил периште Алланын амирин аткарып К-ды Мухаммеддин жүрөгүнө салган делет. Сүрөөлөр пайгамбарга Мекеде жана Мединада түшүрүлгөндүктөн ар бир сүрөө «Мекелик» же «Мединалык» деп белгиленип жүрөт. «К.» Мухаммеддин тирүү кезинде оозеки түрдө гана айтылып келген. Халиф Абу Бекрдин тушунда Зайд ибн Сабит деген адам алгачкы ирет «К.» жыйнап, айрым оозеки сүрөөлөрдү жазып калтырган. Үчүнчү халиф Омордун тушунда сүрөөлөр китеп түрүндө жыйналып бүткөн. Осмон халифтигинин тушунда «К-дын» акыркы варианты такталып, азыркыга чейин өзгөрүүсүз сакталган. Анда ар кыл диний, чарбалык, юридикалык, экономикалык, этикалык мүнөздөгү осуяттар бар. Акыркы кездерде К-да илимий ачылыштар байкалууда.

КУРМАНЖАН ДАТКА, Курманжан Маматбай кызы (1811–1907) – алайлык кыргыздардын башкаруучусу. «Алай канышасы» деген ат менен белгилүү. Оштун аймагын жердеген (азыркы Кара-Суу, Мады кыштагы) муңуш уруусунун баргы уругунан чыккан. Кудалап барган биринчи «күйөөсү» Садыр уулу Кулуну чанып, атасынын төрүндө үч жыл отурган. 1832-ж. Алайды башкарган Алымбек датка-га турмушка чыккан. Алымбек менен 29 жыл жашаган жана анын акылдашы, жардамчысы, кеңешчиси болгон, беш бала төрөгөн. 1862-ж. анын күйөөсүн Кокон ханынын сарайында козголоңчулар өлтүргөндөн кийин Алайды башкарууну Курманжан өз колуна алган. 1864-ж. Кокон хандыгына каршы алайлык кыргыздардын күрөшүн басуу үчүн Ошко келип, Мады чебин каратып алган Бухара эмири Санд Музаффар Аддин Курманжанга кезигип, алайлык кыргыздарга анын таасири күчтүү экендигин түшүнүп, Курманжанга *«датка»* деген мансап наамын ыйгарган. Даанышман аял *кыргыз* урууларынын ички чыр-чатактарын басып турууга өз салымын кошкон. Алардын биримдиги аркылуу Кокон хандыгына көз каранды болбоого умтулган. Мындай көз карандысыздыкка умтулуу орус падышачылыгынын аскерлери Фергана аймагына кирип келген маалда да байкалган. 1876-ж. Кокон хандыгы жоюлгандан кийин Кыргызстандын түштүгүн Орусиянын букаралыгына өткөрүү жөнүндө Түркстан генерал-губернаторунун койгон талабына каршы болуп, алайлык кыргыздар тоого (Кашкарга чектеш Көксууга) көчүп кетишкен. Генерал М.Д. Скобелев Ош уездинин начальниги майор Ионовго даткага жолугуп, жарашуу жөнүндө макулдашууну тапшырган. 1876-ж. К. д. генерал М.Д. Скобелевге кыргыздардын Орусияга кошула тургандыгын билдирген. Колониялык бийлик К. д-га сый-урмат көрсөтүп турган ага «полковник» чини ыйгарылган. К. д. жалпы кыргыз элинин кызыкчылыгын жактаган. К. д-нын сөөгү Оштогу Сулайман тоосунун этегине Сары-Мазар көрүстөнүнө коюлган.

КҮРӨӨКАНА (ЛОМБАРД) – кыймылдуу мүлктү күрөөгө койдуруп ссудаларды берүү менен иш алып баруучу кредиттик мекеме. Күрөөгө коюлуп, оңой сатылуучу кыймылдуу мүлктүн кыска мөөнөттүү кредити ломбарддык-кредит деп аталат. Эгерде кредит мөөнөтүндө төлөнүп жабылбаса менчиктик укук кредитчиге өтөт да, ал *мүлктү* соодалап, түшкөн акчадан берген карызынын пайызы менен бирге кармап калат.

Күрөөгө көбүнчө *биржада* белгиленүүчү баалуу кагаздар кабыл алынат. Мүлктү, баалуу кагаздарды, товарларды күрөөгө коюп, ссуда алуу К. операциясынын өзөгүн түзөт. Кредиттин өлчөмү адатта күрөөгө коюлуучу баалуулуктардын наркынан азыраак болот. Буюмдар сакталуучу жай (имараты) да К. деп аталат.

КУРУЛТАЙ – жалпы кызыкчылыгы бар маселелерди талкуулоо максатында жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрүнүн жыйыны. Тигил же бул саясий партиянын, коомдук уюмдун же башкаруу органдарынын съездин, конференциясын же жыйынын да К. деп атаган учурлар кездешет. Кийинки мезгилдерде коомчулук арасында биздин мамлекеттик бийликтин үч бутагынын үстүнөн көзөмөлдөй турган бийлик-укуктары бар К. тутумун киргизүү жөнүндөгү ой-пикирлердин талаш-тартышы орун алууда.

«КУТАДГУ БИЛИГ», «Кут алчу билим» же «Куттуу билик» – Теңир-Тоодогу түрк элдеринин даанышман акыны жана ойчулу *Жусуп Баласагын*дын 1069–1070-жж. Баласагун шаарында жазган саясий-философиялык дастаны. Анын үч көчүрмө нускасы белгилүү. Бири 1439-ж. Герат шаарында (азыркы Түндүк Афганстанда) уйгур жазмасы менен даярдалган (Вена шаарында сакталууда). Экинчиси XIV к. биринчи жарымында араб жазмасы менен даярдалган Каир нускасы, булардын эң байыркысы – Наманган (Фергана) нускасы XII к. аягы – XIII к. башында араб жазмасы менен көчүрүлгөн. «К. б.» азыр бир катар тилдерге (немец, түрк, орус, өзбек, уйгур, англис, кыргыз ж.б.) которулган. «К. б-дин» жалпы көлөмү 13444 ыр сабын түзөт, андан тышкары кара сөз түрүндө жазылган чакан кириш сөзү бар, дастанда өлкөнү кантип башкаруу, кантип туура *саясат* жүргүзүү керектиги айтылат. Ал өтө бай тарыхый-этнографиялык, лингвистикалык, социологиялык ж.б. энциклопедиялык маалыматтарды камтыйт.

КҮЛҮК (Kulug) – мамлекеттеги белгилүү башкаруучулардын, аскер башчыларынын, кыргыз кагандардын жакын тууган-туушкандарынын аттарына жалганып айтылган наам. Бул терминдин баштапкы мааниси Kulug – «атактуу», «тектүү» деген маанини туюнтат. Кемчик-Хая Бажыдагы (Тува Республикасы) аскадагы жазууда ошол доордогу кыргыз Анның аттуу битигчинин (тамгачы, жазгыч, сабаттуу адам) жазгандарынын мазмунунда: «...*Ынанчу* Күлүк Чигши Бек Кара Сеңирдеги эрдигим үчүн алты баг (аймак) элди, кыштымдарды (баш ийген элдердин аталышы) башкардым... Сангун Бөдбү бул аймактын мыкты башкаруучусу, Кыргыз каганы аркылуу жазылды...» – деген саптар бар. Бул маалыматтардан аталган мамлекеттик ишмердин көзү тирүү мезгилинде алган мансап наамдарын, даражаларын да байкоого болот. Кызыл-Чыраадагы (Тува) экинчи эстеликте: «...Үчүн Күлүг Тириг(к) уулумун, Күлүк Туганмын. Теңир колдогон өлкө (мамлекет) үчүн тогуз эр (баатыр) өлтүрдүм...» – деген саптар бар. Жазуу эстеликтеринен төмөнкү энчилүү аттарды (наамдарды) байкоого болот: Az Kulug, Kulug Chigsi, Kulug Inanch Sachu Sangun, Kulug Tirig, Kulug Tutuk, Kulug Urungu ж.б. Маалыматтар титул-терминдин байыркы Кыр- гыз каганатынын аймагында кенен таралган мамлекеттик-башкаруу титулу, ошону менен катар мансап ээлерине түбөлүк ыйгарылуучу энчилүү ат, наам жана антропокомпонент болгондугун тастыктайт.

КҮЧ КОЛДОНУУ жана КҮЧ КОЛДОНБОО, саясатта – күч колдонуу коомдук-*саясий турмушта* күчтүн түрдүү көрүнүшү, *саясий максат*та физикалык мажбурлоонун колдонулушу. Күч колдонуу актыларына саясий максаттарда куралдуу күчтөрдү колдонуу, террор, өлтүрүү, уруп-сабоо, жардыруу, имараттарды өрттөө, мүлктөрдү, коммуникация каражаттарын бузуу ж.б. кирет. Күч колдонууну түрдүү типке бөлүүгө болот. Чыгуу формалары боюнча күч колдонуу: көчөдөгү тартипсиздиктер, көтөрүлүштөр, жарандык ж.б. согуштар, саясий куугунтуктоо, эл аралык мүнөздөгү куралдуу *конфликттер* жана *терроризмге* бөлүнөт. Саясий актылардан тышкары аскердик, руханий (психологиялык, идеологиялык), администрациялык, соттук күч колдонуулар бар. Саясатта күч колдонуу социалдык акыйкатсыздыкты мүнөздөгөн (экономикалык теңсиздик, социалдык эзүү ж.б.) коомдогу ма-

милелердин белгилүү тиби менен шартталат. Саясий көз карашта азыркы шарттарда күч колдонуу эффективдүү каражат болуп эсептелбейт. Коомдук кайра түзүүлөр үчүн ыңгайлуу факторлор (экономикалык, саясий, социалдык-маданий ж.б.) менен айкалышкан учурда гана күч колдонуу чаралары натыйжалуу болот. Күч колдонуу бул аморалдык каражат. Анткени ал материалдык бузууларга, адамдын курмандыктарына алып келип, коомдук мамилелерди дегумандаштырат. Бирок белгилүү шарттарда күч колдонуу салыштырмалуу актанууга ээ болуп, кырсык, жамандыкты билдирбейт (*тоталитардык режимге* каршы күрөш, *агрессиядан* коргонуу, куралдуу чыгууларды басуу). Күч колдонуу белгилүү саясий, юридикалык, адеп-ахлактык чектерге коюлушу керек. Ал *саясий ишмердүүлүктүн* башка ыкмаларын колдонуу мүмкүнчүлүгү болбогон учурларда гана каражат катары пайдаланылат. Күч колдонуу кырсыкка айланып, акыйкатсыз мүнөзгө ээ болот да, позитивдүү социалдык-саясий милдеттерди чечүү мүмкүндүгүн жоготот. Күч колдонбоо – адеп-ахлактык актанууга ээ саясий каражат. Ал физикалык гана эмес, руханий мажбур кылууну колдонуудан да баш тартууну сунуш кылат. Айрым бир изилдөөчүлөрдүн ою боюнча күч колдонбоо аракеттеринин 200дөн ашуун формалары бар (кайрылуу, митингдер, демонстрация, *жарандык баш ийбөөчүлүк*, пикетке чыгуу, баракчаларды таркатуу). Күч колдонбоону пайдалануу – чоң чеберчилик. Күч колдонбоочулук аракеттерин ишке ашыруу так даярдыкка, кырдаалды терең анализдөөгө, аракеттердин планын иштеп чыгууга муктаж. Күч колдонбоо аны ишке ашыруучулардан жогорку сапаттарды: эркттүүлүк, курмандыкка өзүн чала билүү, сабырдуулук, жоопкерчилик ж.б. талап кылат. Ал өзүнүн саясий эффективдүүлүгүн Индиянын көз карандысыздыгына жетүү үчүн күрөштө, АКШдагы 1960-ж. рассалык дискриминацияга каршы күрөштө, Филиппиндерде Ф. Маркостун режимин кулатууда көрсөтө алды.

КҮЧ-КУБАТ (лат. potentia – күч, кубат) – каражаттардын жыйындысы, б.а. потенциалдуу, колдо бар каражаттардын таасир этүү жолдору жана ыкмалары. Аларды колдонуу же колдонуу ыктымалдуулугу күч эзсинин алдыга койгон максаттарына (мис., экономикалык күч, аскердик күч ж.б.) жетүүдө салыштырмалуу жакшы шарттарды түзөт. Азыркы учурдагы социалдык топтордун, корпорациялардын, мамлекеттердин өз ара атаандаш иш-аракеттеринде күч-кубаттуулуктун каражаттарынын бир гана сандык артыкчылыгы эмес, аларды белгилүү бир учурларда таасир этүүнүн оптималдуу жолуна айландыруу мүмкүнчүлүгү да маанилүү.

«КҮЧТӨРДҮН БАЛАНСЫ» КОНЦЕПЦИЯСЫ – мамлекеттер аралык мамилелердин тутумунун тең салмактуулугунун бөтөнчө формасын аныктайт. Дипломатиянын тарыхында «К. б.» түшүнүгү Кайра жаралуу доорунан баштап жолугат. XVI–XVII кк. ал «тең салмактуулук принциби» сапатында ашыкча тез өсүп кеткендерге карата тең салмакты түзүү үчүн алардын ортосундагы тарыхый жактан түзүлгөн шайкештикти сакташ үчүн аракет кылган алдыңкы европалык державалардын дипломатиясынын практикасына органикалык түрдө кирип калган. XIX к. «К. б.» түшүнүгү мамлекеттер аралык мамилелердин тутумунун абалын аныктай турган, баарыдан мурда «Европалык концернде» көрүнгөн үстөмдүк кылуучу концепцияга айланган. 2-дүйнөлүк согуштан кийин эл аралык мамилелердин теориялык изилдөөлөрүн кеңири өнүктүрүүнүн фонунда «К. б.» атайын теориялык изилдөөлөрдүн, баарыдан мурда америкалык жана батыш европалык окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн предмети болуп калды. Тутумдун динамикалуу тең салмактуулугу анын иш жүргүзүүсүнүн негизги мыйзамы катары аң-сезимде тутумдун иш жүргүзүүсүнүн объективдүү мыйзамын гана чагылдырган концепция катары К. б-на окшош эмес. Бул чагылуу эки формада көрүнөт: К. б-нын саясаты катары жана эң башкысы, саясий реализмдин мектебинин өкүлдөрүнүн теориялык концепциялары катары.

Терминдин өзүнүн көп маанилүүлүгү жана ачык эместиги анын концептуалдашуусун бир топ кыйындатат. Америкалык теоретик Э.Хаас, мис., К. б. түшүнүгүнүн адабияттарда жолукканэң жок дегенде сегиз, бирин-бири жокко чыгарган интерпретацияларын айырмалайт.

Анын эң таанымал маанилеринин бири эгерде мамлекеттин баарыдан мурда аскердик күч катары түшүнүлгөн күчү бир дагы мамлекет башка мамлекетке коркунуч келтирбегендей болуп бөлүштүрүлгөндө гана тынчтык орноору жөнүндөгү идеяга байланыштуу. Эгерде кимдир бирөө алдыга жулкунса, башка мамлекеттер өздөрүнүн жеке кызыкчылыгынан чыгып, союз түзүшү жана жоголгон баланстардын ордун толтурушу керек. Ошентип, эл аралык сценадагы атаандаш актёрлордун балансталган салмагынын натыйжасында гана тынчтык орнойт.

Концепциядагы теориялык корутундулар ар түрдүүлүгү менен айырмаланат. Баарыдан мурда бул корутунду башка мамлекеттер тарабынан кызматташтык жөнүндөгү ак ниет эрк менен ынандырууларга ишенүүгө болбойт дегендик, же бардыгы тең жеке кызыкчылыктарын жетекчиликке алышат. Аны күч аркылуу ишке ашырышат, б.а., «бардыгы бардыгына каршы» делген гоббсовдук согуш жүрөт. Мындай жол кайсы бир мамлекеттин жеке кызыкчылыгы башка мамлекеттин жакшылыгы үчүн кам көрөөрүн болжолдобойт. Ошентип, ар бир *мамлекет* карама-каршы күч тарабынан гана тыйылып турган өз күчүнүн көбөйүшүнө аракет кылат. Имплициттик түрдө К. б-да аскердик потенциалдын жогорулашы тынчтыктын мүмкүндүгүн жакшыртат жана согушка баарыдан мурда алсыздык, ызалануу, агрессордун козутуучу кол салуусу жеткирээрине ишеним бар. Эл аралык туруктуулукту камсыздоого жөндөмдүү механизм катары концепциянын жактоочулары союздарды чыгарышкан. Коалициялар менен альянстар бирөөлөрдүн ага карата баскынчылык коркунучу пайда болгон же агрессияга тушуккан каалаган мамлекетти коргоону камсыздоо үчүн механикалык түрдө калыптанат. Классикалык «К. б.» дагы союздар алардын башка катышуучуларына карата достукту же ал тургай лоялдуулукту көздөбөйт. Союздардын саясатынын динамикасын жана ал аркылуу «К. б-н» «эч кандай дайыма болуучу байланыштар эмес, дайыма болуучу кызыкчылыктар» принциби аныктайт. Союздардын ортосунда өз кезегинде күч үчүн конкуренция жана күрөш болушу мүмкүн.

Ядролук коркунуч менен аныкталган жаңы саясий реалдуулуктун шартында концепциянын жактоочулары кандайдыр·бир жол менен аны модернизациялоого, координаттарды ядролук тутумга киргизүүгө аракет кылышат. Мында азыркы коомдогу «К. б-нын» ролуна эки карама-каршы көз караш бар. Алардын бири (мис., Х.Балл ж.б.) «К. б.» тутуму *эл аралык тартипке* карата мурда эле болгон функцияларды аткарган тарыхый феноменди эмес, азыркы кыймылдагы нерсени билдирээрин айтат. Бирок кеп эң маанилүү актёрлордун ортосундагы «К. б.» жөнүндө гана болуп жатат. Мындай тутумдагы күч бардык башкы актёрлор тааси ри боюнча тең экендигин билдирбейт. Алардын күчү алар ядролук курал, кадимки куралдар, эл аралык валюталык мамилелер, эл аралык соода жана инвестициялар, идеологиялык күрөш сыяктуу «шахматтык такталардын» бүтүндөй сериясында роль ойногондо гана өлчөнөт. Бирок «классикалык» сыяктуу эле, азыркы «К. б.» дагы, бул жолду жактоочулардын ою боюнча, барып келип эле негизги үч функцияны аткарышат: биринчиден, мамлекеттердин тутумун бир глобалдык империяга айлантууну болтурбайт; экинчиден, жергиликтүү «К. б.» өздөрү турган жерде белгилүү деңгээлде мамлекеттерди ошол аймактагы башка күчтүү мамлекеттердин үстөмдүгүнөн көз карандысыз кылып коргоого кызмат кылат; үчүнчүдөн, андан эл аралык тартип, анын ичинде эл аралык укук, дипломатия жана улуу державалардын өз ара аракеттешүү тутумун башкаруу көз каранды болгон институттарды шарттайт. «К. б-нын» динамикасы, америкалык теоретиктердин ою боюнча, бүгүн баарыдан мурда негизги ядролук державалардын ортосундагы аскердик-стратегиялык *паритет* аларды стратегиялык чойрөгө жакындаштырып, ошол эле мезгилде башка мамлекеттердин эркин «күч оюндары» үчүн мүмкүнчүлүктөрдөн куткарааарын аныктайт. Ал эми бул өз кезегинде, бир жагынан, көп сандаган локалдуу келишпестиктерге, экинчи жагынан союздар менен өз ара байланыштардын кайра калыптанышына, б.а., бир «К. б-н» регионду жана субрегиондук деңгээлдердеги башкаларына алмаштырууга алып келет. Мындан тышкары, эл аралык мамилелердин азыркы тутуму үчүн, айрым «саясий реалисттер» эсептегендей, делегаттарды жиберүү типтүү болуп саналат – бир жагынан бир нече мамлекеттин бири-бирине ылайык келген улуттук кызыкчылыктары – алардын күчтөрүнүн бөлүгү улутту көзөмөлдөөчү кайсы бир органга, мис., БУУга жиберилет. С.Хоффман ж.б. бир катар теоретиктер тарабынан аныкталган көз караш «К. б.» тутум катары үмүтсүз, эскирди же азыркы эл аралык тартип ага зарыл шарттарды канаа ттандырбайт дегенге туура келет. Акыркы жылдары аймактык кырдаалдарды анализге алууда өз маанисин сактап келе жатса дагы, эл аралык кырдаалдын нормалдашуусуна, аскердик конфронтациянын деңгээлинин төмөндөшүнө байланыштуу «К. б.» К-на карата кызыкчылык батыш теоретиктери тарабынан бир топ төмөндөдү.

КЫЗЫКЧЫЛЫК ТОПТОРУ – саясий партиялар эмес, бирок *Өкмөткө* түрдүү ыкмалар менен таасир тийгизүүгө умтулган индивиддердин топтору. К. т. конкреттүү социалдык топтордун (ишмерлер, фермерлер, аялдар, жаштар, иммигранттар, диний ж.б.) кызыкчылыктарын ишке ашыруу үчүн түзүлөт. *Партиялардан* айырмаланып, К. т. шайлоо кампанияларында талапкерлерди көрсөтүшпөйт. Алардын аракеттенүүсүнүн башкы ыкмасы ынандыруу, башкаруучуларга кеңеш берүү болуп саналат. Ошентип, К. т-нун негизги саясий функциясы – түрдүү социалдык катмарлардын *кызыкчылыгын артикуляциялоо*. К. т. коомдогу болгон кызыкчылыктардын көп түрдүүлүгүн (экономикалык, социалдык, идеологиялык, маданий, этикалык, экологиялык, аймактык, тармактык, диний) көрсөткөн учурда гана өзүлөрүнүн функцияларын эффективдүү аткарышат. Мындай кызыкчылыктарды көрсөтчү чечимдерди кабыл алууга таасирин тийгизет, *бийлик* органдары муктаж болгон маалыматтардын агымын жана колдоолорду камсыз кылат. К. т-нун *Г.Алмонд* жана Г.Пауэлл тарабынан иштеп чыгарылган типологиясы кеңири жайылган. Алар К. т-ун уюштуруу жана адистештирүү даражасы боюнча төрт типке бөлүшөт: аномисттик топтор (стихиялуу жана узак убакытка созулбаган, көбүнчө күч колдонуу аракеттери менен чыгышат, мис., демонстрациялар, митингдер), ассоциативдик эмес топтор (диндик, туугандыктын ж.б. негизинде түзүлгөн формалдуу эмес, туруксуз, ыктыярдуу эмес бирикмелер), алардын уюмдары жок; институционалдык К. т. формалдык уюмдар, мис., облусттардын же республикалардын өкүлчүлүктөрү, армия же чиркөөнүн администрациялык мекемелери; адистештирүүнүн жана уюштуруунун жогорку деңгээлине ээ ассоциативдик К. т. (кызыкчылыктарды артикуляциялоого, адистешкен ыктыярдуу уюмдар, мис., профсоюздар, ишкерлердин бирикмелери, этностук ассоциациялар, жарандык укук үчүн күрөшүүчүлөрдүн топтору). Бардык К. т. таасир тийгизүүнүн белгилүү ресурстарына ээ. Алардын ичинен эң маанилүүлөрү – сандык курамы жана уюму. Уюмдун масштабы чоң мааниге ээ, бирок башка факторлор же ресурстар менен компенсацияланышы ыктымал, мис., уюмдук биримдиги менен формалдуу уюштуруу жана биримдүүлүктүн элементтери болбогон ассоциацияланбаган топтор дегинкиси анча күчтүү эмес, алардын саны көрсөткөн эффектине адекваттуу эмес. Экинчи башка ресурс – менчикке ээ болуу же экономикалык бийлик. Өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдөгү таасирдүү экономикалык топтор үчүн мүнөздүү. Бизнести сунуш кылган К. т. жумушчу орундарын түзүү же кыскартуу мүмкүнчүлүгүнө жараша, жетектөөчү профсоюздар – иш таштоолордун жардамы менен экономикага таасир тийгизүү аркылуу башка топтор – келишим түзүүгө колдонула турган акчалардын жардамы менен таасир тийгизе алышат. Маалымат, квалификация, тажрыйба сыяктуу ресурстарга да маанилүү ролдор тийиштүү. К. т. *Өкмөткө* эффективдүү саясатты иштеп чыгаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарга жана тажрыйбага ээ. *Саясатка* таасир тийгизүү үчүн алардын *лидер*лери, кесиптик кадрлары жана лоббистери бар. Керек болгон билимге жана даярдалган эксперттерге ээ болуу менен К. т. саясий суроонун чечилиши татаал техникалык проблемаларды талап кылган учурда өзгөчө таасирдүү болушат. К. т. өз талаптарын билдирүүнүн ыкмалары менен өзгөчөлүктөрү: талаптар ачык

же бүдөмүк болуусу мүмкүн; абалды өндоонун каражатына эмес, кандайдыр бир канааттанбагандыкты көрсөтүүчү так эмес билдирүүлөр, так, ачык, айкын талап (мис., минималдык айлык акыны кандайдыр бир пайызга көбөйтүү жөнүндө), талаптар жалпы (байларга көбүрөөк салык салыш керек (же жеке) «күндө керектөөчү азыктарга салык азайышы керек») болушу мүмкүн; кызыкчылыктарды чагылдыруу бул же тигил шарттар сунуш кылынган сүйлөшүү формасында болушу ыктымал.

КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН АГРЕГАЦИЯСЫ – өкмөттүк структураларга берилген көптөгөн жеке талаптарды бир өңчөйлөштүрүүчү процесс. Талаптардын көп түрдүүлүгү белгилүү ырааттуулукка ээ болуп, иерархиялык мамилелер бекемделет. К. а-нын жардамы менен кээ бир саясий талаптар күчүнө чыгып, компромисттик формага ээ болуп же жарабай калышы мүмкүн. Иш жүзүнө ашыруугa деталдуу сунуштары менен берилген айкын талаптар ийгилик менен тез мөөнөттө келиши мүмкүн. Түрдүү өлкөлөрдө маданий жана саясий салттарга байланыштуу К. а-нын түрдүү стилдери артыкчылык кылат. Европа жана АКШда прагматикалык макулдашуунун стили кеңири жайылган. Бул учурда макулдашуу жана *компромисстер* идеологиянын ой-пикиринен артыкчылык кылат. Кээде *партия*лар кызыкчылыктарды макулдаштыруу үчүн да идеологиялык өзгөчөлүктөрүн унутууга даяр эмес. Бул учур үчүн принциптерди сактоо стили мүмкүн. Ошентип, кээде К. а-нын натыйжасы – саясий уюмдашуу болуп калат. К. а. саясий системанын функцияларынын бири.

КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН АРТИКУЛЯЦИЯСЫ – индивиддер жана топтор өз кызыкчылыктарына ылайыкташтырып талаптарды түзүп, бул талаптарын *саясий курош*тун борборуна же *саясий чечим*дерди кабыл алуучу чөйрөгө алып чыгаруу процесси. К. а. *кызыкчылык топтор*унун ишмердүүлүгүнө байланыштуу. *Г.Алмонд* жана Р.Пауэлл К. а-нын мүмкүн болгон стилин мүнөздөгөн бир катар белгилерди санап өтүшкөн: 1) талаптар ачык-айкын (мис., талаптын профсоюздун жетекчилиги тарабынан так түзүлүшү) же латенттүү болушу мүмкүн. Латенттүү убакта нааразылык жүрүм-турумда же жумуштун жайланышынан байкалат; 2) Талаптар аныкталбаган декларация түрүндө болушу мүмкүн. «Биз өзгөрүүлөрдү каалайбыз», – жоюнун жолу көрсөтүлбөйт; же айкын түрүндө – мынча пайызга стипендияны көбөйтсүн; 3) талаптар жалпы (мис., айлык акы көбөйсүн же баалар ушул бойдон калсын) жана жеке (товарга салынган салыктын ставкасы азайтылсын) болот; 4) К. а. инструменталдуу, б.а. макулдашуу формасында (мис., өкмөт менен профсоюздун ортосундагы кагазга түшүрүлгөн талаптарды аткарса, иш таштоону токтотуу жөнүндө) жана эффективдүү, б.а. канааттангандыкты, жини келгендикти, көңүл калгандыкты сезим менен билдирүү. К. а. *саясий система*нын кирүү функцияларынын бири.

КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛК (кыймылсыз буюмдар) – КР жарандык мыйзамдары боюнча жер участоктору, жер алдындагы участоктор, өзгөчөлөнгөн суу объекттери жана башка жер менен байланышкандардын баары, б.а. алардын дайындалуу милдеттерине тете зыянсыз ордун которуштуруу мүмкүн болбогон объекттер, анын ичинде токойлор, көп жылдык бак-даракгар, турак-жайлар, курулуштар. *Мыйзам* менен К.м-кө жана башка мүлктөр дагы киргизилиши ыктымал.

КЫПЧАКТАР – орто кылымдардагы Борбордук Азиядан тараган түрк элдеринин бири. К. тууралуу адепки кабарлар кытай жылнаа- маларында б.з.ч. 201-ж. («кюс-ше», «кинча», «хи-би-са», ж.б. түрлөрдө, Санжырада – күпчүк) жазылып калган. Орто кылымдардын алгачкы мезгилинде К. Енисейдеги кыргыздардын батыш тарабын (Иртыш) мекендеген. Кимак мамлекетинин (VII–X к.) курамындагы К-дын бир топ бөлүгү IX к. экинчи жарымы – X к. Борбордук Азиядан батышка оогон. Сыр-Дарыянын төмөнкү агымына жана Итил дарыясынын боюна чейин жетип, алар огуз, печенег, хазар, булгар, башкырт ж.б. түрк элдери менен аралашып, алардын бир катар урууларын өздөрүнө сиңирген. XI–XII кк. батышка оогон К. Киевдик Рус мамлекетинин түздөн-түз коңшусу болуп калган. К. байыркы орустарда «половец», латын тилиндеги европалык дарекгерде «куман» деп аталган. К. мекендеген Дон дарыясынын чыгыш тарабы, Итил дарыясынын бою, Орто Азиянын түштүк-батышы, Батыш Казакстан мусулман даректеринде «Дашт-и-кыпчак» («Кыпчак талаалары») деген ат менен белгилүү. Кичи Азияда К. XI к. башында эле пайда болгон. XII к. ортосунда кыпчак *бектери* Сириянын (Шам) айрым *дубандарын* кол башчы катары жана кийинчерээк эмир (бек) катары бийлеп турган. Мисир (Египет) менен Шам мамлекеттериндеги бектердин негизги тобу кыпчак аскер башчыларынан чыккан. Чыгыш Европа жана Түндүк Африка, Жакынкы Чыгышта да К. көптөгөн элдерге аралашып сиңип кеткен. Орто Азия менен Казакстанда К-дын бир бөлүгүнөн казак (казак-орус) эли түзүлгөн, калган бөлүгү кыргыз, өзбек, кара калпак, уйгур элдерине аралашып кеткен.

КЫРГЫЗДАР – улут; Кыргыз Республикасынын негизги калкы. К. Орто Азия жана Борбордук Азияда байыртадан бери маалым түрк элдеринен болуп саналат. К. Өзбекстан, Тажикстан, Казакстан ж.б. Борбордук Азия мамлекеттеринде, Кытай (Кызыл-Суу Кыргыз автономия облусту), Афганистан, Пакистан, Түркия ж.б. өлкөлөрүндө да жашайт. Тили боюнча К. түрк тилдеринин кыргыз-кыпчак тобуна кирет. Динге ишенүүчүлөрү мусулман динин (суннит) тутушат. Жергиликтүү К. жазмасында жаңы алфавитти (кирилица) (1939-ж.), башка өлкөлөрдөгү К. араб алфавитин колдонушат. К-ды түзгөн негизги компоненттердин бири б.з.ч. 201-ж. чейинки кытай жылнаамаларында эскертилген байыркы К. (Гяногунь) болуп саналат. К-дын түпкү тарыхы хуннулар менен динлиндерге байланышкан. Байыркы К. болжол менен азыркы Монголиянын түндүк-батышында, азыркы Кыргыз-Көл (моңголчо Хирхис-ноор) аймагында жашаган. Хуннулардын кысымынан биздин замандын алгачкы кылымдарында байыркы К-дын негизги бөлүгү Енисей тарапка оогон жергиликтүү динлиндери К. өздөрүнө сиңирип алган. VI к. өз алдынча мамлекети – Кыргыз *кагандыгы* болгон. 840-ж. Борбордук Азиядагы Уйгур кагандыгын талкалаган жана Чыгыш Түркстанга качкан уйгурлардын артынан куып келип, Теңир-Тоо аймагына туруп калышкан. К. чыгыштан Теңир-Тоого кара кытайлардын, наймандардын жана моңголдордун жортуулу учурунда да оошуп келген. Енисей К-нын айрым бөлүктөрү түштүк-чыгышка да ооп, алардын бир катары бүгүнкү күндө Түндүк Кытайдагы Фу-Йь уездине өз этникалык ысымын жана тилин сактап, жашап келишет. XIV–XVII к. башына чейин Енисей К-дын чоң тобу (Сибирдин кыргыздары) моңголдордун алтын хандарына, кийинчерээк ойротторго (калмактар) баш ийип (кээде сөз жүзүндө гана) келишкен. XVIII к. башында Жунгар хандыгы аларды талкалап, бир катарын Жунгарияга (Теңир-Тоонун чыгышында) көчүрүп кеткен соң, Сибирдеги жана Алтайдагы К. кийинки Саян-Алтайдагы түрк жана моңгол элдерине аралашып кеткен. Монголиядагы К. моңголдоштурууга дуушар болгон. XVI к. башынан К. Теңир-Тоодо этностук курамы татаал өзүнчө эл катары белгилүү. Санжыра боюнча К. 40 уруудан куралган. Ошондуктан алар «кырк уруу угуз» (кыскарып «Кыргуз – кыргыз» болуп өзгөрүп кеткен) деп аталган. Кыргыз элинин курамындагы этнонимдер анын эл болуп калыптанышына байыркы жана орто кылымдарда жашаган көптөгөн уруулар катышкандыгын далилдейт. К-дын тарыхы негизинен байыркы К. (б.з.ч. III к – б.з.ч. V к.), орто кылымдардагы К. (VI–XIV к.), кийинки К. (XV–XX к.) болуп үч мезгилге бөлүнөт. К. түштүк Сибирь, Алтай, Борбордук Азия, Теңир-Тоо аймактарын мекендеген. Орто кылымдардагы К-га Енисей К-ы (VI к-XIV к.). Теңир-Тоо К-ы (IX–XIV к.), Борбордук Азия К-ы (IX–XIV к.; Манжурия, Моңголия, Алтайдагы К.), Сибирь К. (XV–XVIII к.) кирет. Кийинки К. Теңир-Тоо же Ала-Тоодогу К. (XV–XX к.), Манжуриядагы Фу-Йү уездинде жашаган К. (XVIII–XX к.) Иорданиядагы К. (XIX–XX к.) ж.б. кирет.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯСЫ (Кыргыз Республикасынын негизги мыйзамы) – республиканын коомдук, саясий жана экономикалык түзүлүшүнүн негиздерин бекитет. Биринчи жолу 1929-ж. 30-апрелде Кыргыз АССР Советинин II съездинде Кыргыз АССР Конституция-

сы кабыл алынган. 1937-ж. 20-мартта республикалык Советтердин чукул чакырылган V съездинде Кыргыз ССРинин Конституциясы кабыл алынган. Ушул Конституциянын негизги принциптерин сактап, айрым толуктоолор, өзгөртүүлөр менен 1978-ж. 20-апрелде Кыргыз ССРинин Конституциясы кабылданган. СССРдин жоюлушу менен Кыргыз Республикасы толук эркиндикке, көз карандысыздыкка жетишип, 1993-ж. 5-майда К. Р. К. кабыл алынган. Анын 1-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) – эгемендүү, унитардык, улуттук, динден тышкары демократиялык *республика* – деп жарыяланган. К. Р. К. 97-беренени камтыган 8 бөлүмдөн турат. К. Р. К. дүйнөлүк тажрыйбаны эске алуу менен даярдалып, эл аралык эксперттердин да кароосунан өткөрүлгөн. Ошентсе да коомдук турмуштун кыска мезгилде тез өзгөрүшү К. Р. К-на толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киийрүү зарылчылыгын пайда кылган. 1994-ж. 22-октябрда өткөрүлгөн бүткүл элдик *референдумдун* жыйынтыктарына ылайык, ушул эле жылы 6-декабрда түзүлгөн Конституциялык Кеңешме Конституциялык өзгөрүүлөр жана толуктоолор долбоорун иштеп чыккан. Эки палаталуу парламентти түзүү – өзгөртүүлөрдүн өзөгүн түзгөн. 1995-ж. 5-февралда өткөрүлгөн *Жогорку Кеңеш*ке шайлоолор да ушул эки палаталуу парламенттин негизинде өткөн. 1996-ж. 10-февралында өткөрүлгөн референдумдун жыйынтыктарына ылайык, Кыргыз Республикасынын 17-февралындагы «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киийрүү» жөнүндөгү мыйзамы менен К. Р. К-на өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. А.Акаев баш мыйзамды дагы эки жолу өзгөртүүгө үлгүргөн: 1998-ж. жана 2003-ж. бул өзгөртүүлөрдүн негизги көздөгөн максаты демократиялык ураандарга жамынып алып өлкөдө авторитардык бийликтин укуктук негиздерин кеңейтүү жана бекемдөө болгон. 2005-ж. 24-марттагы саясий төңкөрүштөн кийин коомчулуктун баш мыйзамды тезинен өзгөртүү жөнүндөгү талаптарына, мындан ары үй-бүлөлүк башкаруунун укуктук негиздерин биротоло жоюу талаптарына карабастан, К.Бакиевдин саясий режими учурунда, 2007-ж. 21-октябрында, мурдагыдан да күчтүүрөөк авторитардык баш мыйзам кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын 2010-ж. 7-апрелдеги кандуу окуялардан кийин жаңы Конституциясынын кабыл алынышы – коомдун саясий системасынын өзгөрүшүнө укуктук негиз болуп калган. Эми биз 2010-ж. 27-июнундагы референдум (жалпы элдик добуш берүү) аркылуу кабыл алынган К. Р. К-нын буга чейин иштеп келген 2007-ж. 21-октябрында референдум аркылуу кабыл алынган Конституцияга салыштыргандагы демократиялык маанайдагы айрым бир айырмачылыктарына кыскача токтоло кетелик. Айырмачылыктардын бардыгына токтолууга бизде мүмкүнчүлүк жок, ал абдан чоң көлөмдүү орунду талап кылаар эле. Жаңы Конституция өзүнүн мазмуну жана маңызы боюнча мурункудан кескин түрдө айырмаланган, ал коомчулук тарабынан чыныгы демократиялык Конституция катары бааланган.

Эгер мурунку Конституциянын жалпы көлөмү 98 беренеден турса, эми жаңысы –114 беренеден турган. Беренелердин санынын көбөйүшү негизинен «Адам укуктары жана эркиндиктери» менен «Жарандык. Жарандын укуктары жана милдеттери» бөлүмдөрүнүн эсебинен болгон: эми бул маанилүү маселеге 44 берене арналып, мурункуга караганда 15 беренеге көп болгон. Жаңы Конституцияда адам укуктары менен эркиндиктери ачык жана так берилип, чечмеленип, жарандар үчүн терең түшүнүүгө ыңгайлуу болуп калган.

Балким, бир караганда, майда, анча деле арзыбаган нерсе сыяктуу көрүнөөр – биринчи бетинен баштап эле жаңы Конституцияда Жогорку Кеңеш адегенде жазылып, анан Президент менен Өкмөт аталат. Мурда тескерисинче болгон, биринчи Президент жазылып, анан калган бийлик бутактары аталчу. Бу да болсо жаңы Конституцияда бийликтин кайсы бутагына артыкчылык берилип жаткандыгы жөнүндө кабар берет.

Кыргыз Республикасынын Президентинин бийлик-укуктарын аныктоого жаңы Конституциянын 60–69-беренелери арналган. Анда

«Президент мамлекет башчысы болуп саналат. Президент элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин көрсөтүп турат. Президент Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан 6 жылга шайланат. Бир эле адам эки жолу Президент болуп шайлана албайт» деп көрсөтүлгөн. Мурда Президент 5 жылга шайланып, эки мөөнөттүк укугу болгон. Президент болуп 35 жаштан төмөн эмес жана 70 жаштан жогору эмес жарандар шайлана алат деп, эми жогорку чеги 5 жашка узартылган.

Президенттин бийлик-укуктары кескин түрдө кыскартылган. Мурунку Конституциядагы Президенттин көп ыйгарым укуктары эми Жогорку Кеңеш менен Өкмөткө тең салмакта бөлүнүп берилген. 2003-ж. Конституциянын 46-беренесине ылайык, Президенттин эбегейсиз көп бийлиги болгон. Үй-бүлөлүк башкаруу да, авторитардык режим да мына ушул беренеинин аркасы менен жашап турган. Премьер-министр баш болгон Өкмөттүн мүчөлөрүн дайындоо жана кайра аларды кызматтан алуу жалаң гана Президенттин эч ким менен макулдашпай туруп ишке ашыра турган укугу болчу. Премьер-министр менен кеңешкенден кийин облустардын губернаторлору менен райондордун акимдерин дайындоо жана кызматтан алуу укуктары да Президентке берилген. Сот бийлигинин судьяларын дайындоо жана кызматтан алуу боюнча да Президенттин таасир этүү механизмдери күчтүү болгон. Бул беренеде көрсөтүлгөн мурунку Президенттин бийлик-укуктарын тизмелеп берүүнүн өзү эле бир нече баракты талап кылаар эле.

Жаңы Конституцияда – Президент: 1) ушул Конституцияда каралган учурларда Жогорку Кеңешке шайлоолорду дайындайт; ушул Конституцияда каралган тартипте жана учурларда Жогорку Кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоолорду дайындоо жөнүндө чечим кабыл алат; 2) жергиликтүү кеңештерге шайлоолорду дайындайт; мыйзамда каралган учурларда жана тартипте жергиликтүү кеңештерди таркатууну жүзөгө ашырат деп көрсөтүлгөн. Бул азыркы Президенттин бийлик-укуктарынын эң негизгиси болуп эсептелет.

Мындан тышкары Президент «Өкмөт мүчөлөрүн – коргоо, улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилерин, ошондой эле алардын орун басарларын дайындайт жана кызматтан бошотот. Жогорку Кеңештин макулдугу менен Башкы прокурорду дайындайт. Улуттук банктын төрагасынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерди Жогорку Кеңешке киргизет. Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын мүчөлөрүнүн үчтөн бирин шайлоо жана кызматтан бошотуу үчүн талапкерлерди Жогорку Кеңешке киргизет. Эсептөө палатасынын мүчөлөрүнүн үчтөн бирин кызмат орduна шайлоо жана кызматтан бошотуу үчүн талапкерлерди Жогорку Кеңешке киргизет. Дүйнөдөгү парламенттик республикалардагы Президенттердин ыйгарым укуктарында мындай мүмкүнчүлүктөр бар.

Калган учурларда жаңы Конституцияга ылайык Президент бийликтин үч бутагынын ортосундагы арбитр, калыс катары ролду ойноп, элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдигин көрсөтүп турат. Эми бир адамдын колуна эбегейсиз көп мамлекеттик бийлик-укуктардын топтолушу мүмкүн болбой калган, үй-бүлөлүк бийликти жаратуучу укуктук негиз биротоло жоюлган. Эми Президент элдик нааразычылыктын, митинге чыккандардын, оппозициялык күчтөрдүн бутасы болбойт эле. Президент канчалык каалап турса дагы бийликтин башка бутактарына өз оюн, жекече чечимдерин, жеке кызыкчылыгын эч талуулай албай турган укуктук абалга келген.

Кыргыз Республикасынын мыйзам чыгаруу бийлиги болгон Жогорку Кеңештин бийлик-укуктарын аныктоого жаңы Конституциянын 70–82-беренелери арналган. Жогорку Кеңеш – Кыргыз Республикасынын парламенти – мыйзам чыгаруу бийлигин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу өкүлчүлүктүү жогорку орган болуп саналат. Жогорку Кеңеш партиялык тизме менен 5 жылдык мөөнөткө шайлануучу 120 депутаттан турат. Шайлоонун жыйынтыктары боюнча саясий партияга парламентте 65тен көп эмес депутаттык мандат берилиши мүмкүн. Мындай чектөө мурунку баш мыйзамда көрсөтүлгөн эмес. Эми «Алга, Кыргызстан» же «Ак-Жол» сыяктуу бийлик

партиялары түзүлүп калса, анда алар мурдагыдай парламентте толук үстөмдүк кыла албайт. Бул жобо парламенттин курамында сөзсүз түрдө эки же андан көп саясий партиялардын болушун шарттайт, жөндөйт жана кепилдейт.

Жаңы Конституцияда Жогорку Кеңештин депутаттары фракцияларга биригишет (70-берене) деп так көрсөтүлгөн. Парламенттик республика башкаруу салты жакшы өнүккөн Евросоюздун көптөгөн өлкөлөрүндөгү парламенттер, Европарламенттин өзү дагы, эбак эле фракциялык негизде иштешип, баалуу тажрыйба топтошсо да, биздин жаш мамлекет үчүн бул жаңылык эле. Адатка ылайык, парламенттик фракциялар шайлоодон жеңип чыккан партиялардын негизинде түзүлүшөт. Азыркы Кыргыз парламентинде 5 партиялык фракция бар: *КСДП, Ата-Журт, Республика, Ар-Намыс* жана *Ата-Мекен.*

Бул жаңы баш мыйзамда парламенттик көпчүлүк деген аныктама бар. «Жогорку Кеңеште фракциялардын коалициясын түзгөндүгү жөнүндө расмий жарыялаган, депутаттык мандаттардын жарымынан көбүнө ээ болгон фракция, же фракциялардын коалициясы парламенттик көпчүлүк болуп саналат» (70-берене, 3-пункт). Шайлоонун жыйынтыгы боюнча 61 депутаттык мандаттан кем эмес орунга ээ болгон партия парламенттик көпчүлүк статусуна ээ болот. Эгер бир дагы партия мынча орунга ээ боло албаса, анда эки же андан көп партиялар же фракциялар биригишип парламенттик көпчүлүк коалициясын түзүшөт.

«Парламенттик көпчүлүктүн курамына кирбеген жана ага карата өзүн оппозиция катары жарыялаган фракция, же фракциялар парламенттик оппозиция болуп саналат» (70-берене, 3-пункт). Парламенттик оппозиция жөнүндөгү мына ушундай так аныктаманын жаңы Конституцияга киргизилиши ата мекендик конституциялык укуктагы алгачкы саамалык болуп эсептелет. 76-берененин 1-пунктуна ылайык «парламенттик оппозициянын өкүлдөрү бюджет жана укук тартиби маселелери боюнча комитеттердин төрагалары болуп саналат». Бул өтө маанилүү эки комитеттин оппозициялык партиялык фракцияларга берилиши өлкөдөгү оппозициялык күчтөрдүн өнүгүшүнө укуктук негиз болуп кызмат кылат.

Мындан тышкары, оппозициялык фракциянын беделин дагы көтөрө турган бул жаңы Конституцияда 74-берененин 4-пункту бар. Анда Жогорку Кеңеш «Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын мүчөлөрүнүн курамынын үчтөн бирин – парламенттик оппозициянын сунуштамасы боюнча шайлайт; мыйзамда каралган учурларда аларды кызматтарынан бошотот» деп даана көрсөтүлгөн. Ушул эле берененин 5-пункту да оппозициянын пайдасы үчүн чечилген: «Эсептөө палатасынын мүчөлөрүнүн курамынын үчтөн бирин – парламенттик оппозициянын сунуштамасы боюнча шайлайт; мыйзамда каралган учурларда аларды кызматтарынан бошотот». Жогорку Кеңештин төрагасынын орун басарлары парламенттик оппозициянын курамына кирген депутаттардын ичинен алардын шайланышын камсыз кылган санда жана тартипте шайланат, башкача айтканда, төраганын орун басарларынын бири парламенттик оппозициянын өкүлү болууга тийиш. Мына ушундай, мыйзам чегиндеги, оппозиция гана өлкөдөгү адилеттүү бийликтин орношуна жана стабилдүүлүктүн болушуна негизги шарт жана зарыл фактор экендигин өзүбүздүн трагедиялуу тажрыйбабыздан көрүп, бир нече жолу баштан кечирдик го.

Бул Конституциянын дагы бир чоң жаңылыгы болуп 73-берененин 1-пунктунда көрсөтүлгөн: 1. «Жогорку Кеңештин депутаты императивдик мандатка байланышпайт. Депутатты кайра чакырып алууга жол берилбейт. 2. Жогорку Кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары тийиштүү чакырылыштагы Жогорку Кеңештин ишинин токтотулушу менен бир учурда токтотулат». Партиялык тизме менен шайланышканына карабастан, депутаттар, мына ушул беренедеги ыйгарым укуктун негизинде өзүнүн партиясынан көз каранды эмес болушат. Башкача айтканда, депутат Жогорку Кеңеште каралып жаткан тигил же бул маселе боюнча өзү мүчө болгон партиянын жалпы көз карашына шайкеш келбеген же ага каршы келген ой-пикирди айтып, билдирүүгө, өз эркимен «макул» же «каршы» деп добуш берүүгө укуктуу. Тигиндей же мындай добуш бер деп депутатты партия дагы, фракция дагы, шайлоочулар дагы мажбурлай албайт. Депутат өз ишмердигинде жалаң гана өзүнүн ар-намысы менен абийиринин алдында милдеттүү. Бул жобо парламентте кабыл алынуучу маанилүү документтердин объективдүүлүгүн жана адилеттүүлүгүн камсыз кылуу максатын көздөйт. Жогорку Кеңештин депутаты императивдик мандатка байланышпайт дегени, ал депутат кимдин гана болбосун, шайлоочуларбы, партиябы же фракциябы – наказын аткарууга милдеттүү эмес, ал өз ишмердигинде эркин дегенди түшүндүрөт.

Жогорку Кеңеш менен Өкмөттүн, мыйзам чыгаруу бийлиги менен аткаруу бийлигинин ортосундагы өз ара укуктук мамилелер жаңы Конституцияда буга чейин болуп көрбөгөн тартипте, парламенттик республика башкаруу формасына шайкеш келген тартипте аныкталган. Мурунку, 2007-ж. 21-октябрда кабыл алынган, «бакиевдик» Конституцияда «Президент Премьер-министрди жана Өкмөт мүчөлөрүн дайындайт» (46-берене, 1.1-пункту) жана «өзүнүн демилгеси менен же Премьер-министрдин сунушу боюнча Өкмөт мүчөсүн бошотот» (46-берене, 1.3-пункту) деп көрсөтүлгөн. Көрүнүп тургандай, Президентке абдан чоң ыйгарым укуктар берилген: ал эч ким менен макулдашпастан эле, өзү каалаганын Премьер-министр, каалаганын министрлик кызматтарга дайындайт, жакпаса бошотот. Ошол эле учурда Президент өкмөт башчысы эмес, анда жоопкерчилик жок, өкмөт жаман иштесе, Премьер-министр күнөөлүү. Эгемендүүлүктүн 22 жылы ичинде 24 Премьер-министр алмашкан. Алардын бири да жоопкерчиликке тартылган жок. Мына ушуну авторитардык бийлик дейт. А.Акаев менен К.Бакиев мына ушундай Конституцияны жаратышкан, коргошкон жана аны өзгөрткүлөрү келген эмес.

Жаңы Конституцияга ылайык, Жогорку Кеңеш «Өкмөттүн ишинин программасын бекитет, Өкмөт мүчөлөрүн – коргоо жана улуттук коопсуздук маселелерин тескеген мамлекеттик органдардын жетекчилерин кошпогондо – Өкмөттүн түзүмүн жана курамын аныктайт» (74-берене, 3.1-пункту). Айта кетчү нерсе, Өкмөттүн түзүмү кандай болоорун (канча жана кандай министрликтерден жана комитеттерден тураарын) жана анын курамына кимдер кирээрин (министрлер менен комитет төрагаларынын аты-жөнүн) Жогорку Кеңеш өз демилгеси менен, өзү каалагандай аныктаганга укугу жок. Жогорку Кеңештеги депутаттык мандаттардын теңинен көбүнө ээ болгон фракция же парламенттик көпчүлүктүн коалициясы Премьер-министрдин кызматына талапкерди көрсөтөт. Андан кийин «Премьер-министрдин кызмат ордуна талапкер Өкмөттүн программасын, түзүмүн жана курамын Жогорку Кеңешке киргизет» (84-берене, 1-пункту).

Бул жерде белгилеп кетүүчү, маани берүүчү демократиялык механизм бар. Алсак, Жогорку Кеңештеги депутаттардын 61ден кем эмес мандаты бар фракциясы, же парламенттик көпчүлүктүн коалициясы, Премьер-министрдин кызматына талапкерди көрсөтөт. Анан бул талапкер өз демилгеси менен, жоопкерчиликти жана тобокелчиликти толук мойнуна алуу менен Өкмөттүн түзүмү менен курамы жөнүндөгү долбоорду иштеп чыгып, Жогорку Кеңештин жактыруусуна коёт. Депутаттардын 61ден кем эмес мандаты бар фракциясы, же парламенттик көпчүлүктүн коалициясы, Премьер-министрдин кызматына талапкерди көрсөткөндүгү үчүн анын ишмердигинин жоопкерчилигин өз мойнуна алат, ошондуктан, логика боюнча, Премьер-министрди кызматтан кетирүү демилгеси да ушул депутаттардын 61ден кем эмес мандаты бар фракциясына, же парламенттик көпчүлүктүн коалициясына таандык. 2012-ж. 27-августта Премьер-министр Ө.Бабановду кызматтан кетирүү Конституциянын мына ушул жобосунун негизинде жүргүзүлгөн. Өз демилгеси менен түзүмү жана курамын сунуштаган Өкмөттүн иши үчүн Премьер-министр жооп берет.

Ал эми Жогорку Кеңеш «Өкмөт тарабынан киргизилген Кыргыз Республикасынын өнүгүүсүнүн жалпы мамлекеттик программаларын бекиткени» (84-берене, 2-пункту) үчүн, өз кезегинде, Өкмөт тарабынан бул программалардын

аткарылышын толук көзөмөлдөйт жана жоопкерчиликти алат. «Өкмөт өзүнүн ишинде ушул Конституцияда каралган чектерде Жогорку Кеңешке отчёт берет жана анын алдында жооптуу болот. Премьер-министр Өкмөттүн иши жөнүндө жыл сайын Жогорку Кеңешке отчёт берип турат» (85-берене, 1-2-пункттар).

Жаңы Конституциянын 84-беренесинин 5-пунктуна ылайык «Президент үч күндүк мөөнөттө Жогорку Кеңеш тарабынан жактырылган Премьер-министрди жана Өкмөттүн башка мүчөлөрүн дайындоо тууралуу жарлык чыгарат. Эгерде Президент жогоруда көрсөтүлгөн мөөнөттө Премьер-министрди жана Өкмөттүн мүчөлөрүн дайындоо жөнүндө жарлык чыгарбаса, алар дайындалды деп эсептелет». Ачык эле көрүнүп тургандай, Премьер-министрди жана Өкмөттүн мүчөлөрүн дайындоо жөнүндө жарлык чыгаруу Президенттин укугу эмес эле, тескерисинче анын милдети болуп калган. Мына ушул жободо Президенттин ыйгарым укуктарынын арбитрлык касиети, калыстык мүнөзү даана көрсөтүлгөн.

Ошентсе да, жаңы Конституцияга ылайык Президенттин күчтүү рычагдары бар. 84-беренеинин 6-пунктунда «Эгерде ушул Конституцияда белгиленген тартипте Өкмөттүн программасы бекитилбесе, курамы жана түзүмү аныкталбаса Президент Жогорку Кеңешке мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындайт. Мындай учурда Өкмөт жаңы чакырылыштагы Жогорку Кеңеш тарабынан Өкмөт түзүлгөнгө чейин ушул Конституцияда каралган тартипте өз милдетин аткара берет» деп көрсөтүлгөн. Көрүнүп тургандай, бул жерде Президент тарабынан Жогорку Кеңешти таркатуу жана жаңы шайлоону дайындоо тартиби берилген. Чынында эле бул Президенттин колундагы күчтүү рычаг.

Президентке карата Жогорку Кеңештин да кармап туруу укугу ушул Конституцияда даана берилген. Алсак, 74-береенин 7-пунктуна ылайык «Жогорку Кеңеш ушул Конституцияда каралган тартипте Президентке каршы айып коёт; Президентти кызматынан четтетүү жөнүндө чечим кабыл алат». «Президент кызматтан четтетилгенден кийин жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн. Президенттин аракеттеринде кылмыш белгилери болгону жөнүндө Башкы прокурордун корутундусу менен бышыкталган, Жогорку Кеңеш тарабынан кылмыш жасагандыгы жөнүндө коюлган айыптын негизинде гана Президент кызматынан четтетилиши мүмкүн. Президентти кызматтан четтетүү үчүн ага каршы күнөө коюу жөнүндө Жогорку Кеңештин чечими депутаттардын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин демилгеси боюнча жана Жогорку Кеңеш тарабынан түзүлгөн атайын комиссиянын корутундусу болгондо гана Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү менен кабыл алынышы керек. Президентти кызматтан четтетүү жөнүндө Жогорку Кеңештин чечими Президентке каршы күнөө коюлгандан кийин үч айлык мөөнөттөн кечиктирилбестен, Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынышы керек. Эгерде бул мөөнөттө Жогорку Кеңештин чечими кабыл алынбаса, коюлган күнөө четке кагылды деп эсептелинет (67-берене, 1-4-пункттар).

Курамы ар түрдүү фракциялар көрсөткөн министрлер менен комитет төрагаларынан турганына карабастан Өкмөт өзүнүн жаратылышы боюнча коллегиалдуу орган, ишти чогулуп жасоочу жана жоопкерчиликти да чогуу тартуучу орган. Өкмөт Жогорку Кеңеш бекитип берген өнүгүү программаларын ишке ашырат, Премьер-министр бул программалардын толук жана өз мөөнөтүндө аткарылышын уюштурат. Жаңы Конституциянын 89-беренесинин 1-пунктуна ылайык Премьер-министр «Өкмөттү башкарат, анын иши үчүн Жогорку Кеңештин алдында жеке жоопкерчилик тартат». Эгерде Премьер-министр жеке күнөө кетирсе – коррупцияга аралашкандыгы аныкталса, же мыйзам бузгандыгы билинсе, же өз ыктыяры менен кызматынан кетүү жөнүндө арыз жазса, же башка бир шарттардан улам кызматынан кетсе, анда Өкмөт толугу менен отставкага кетет. 87-беренеинин 2-пунктунда «Премьер-министрдин кызматтан кетишин кабыл алуу Өкмөттүн кызматтан кетишине алып келет» деп так көрсөтүлгөн.

Эгемендүүлүктүн 22 жылга созулган мезгили ичинде өлкөдөгү сот адилеттүүлүгүн камсыз кылууда эбегейсиз көп көйгөйлөр топтолгон. Саясий, экономикалык, социалдык, маданият, руханий тармактарда жамандыр-жакшыдыр реформалар жүргүзүлүп, аракеттер жасалып жатканына карабастан, сот адилеттүүлүгү чөйрөсүндөгү абал эч өзгөрбөстөн кала берип, коомдун жалпы өнүгүшүнө кедергиси тийип, олуттуу бөгөткө айланган. Жаңы Конституцияда азыркы күндө жүргүзүлүп баштаган сот реформасынын укуктук негиздери берилген, сот реформасын толугу менен ишке ашырууга жол ачып берген десек жаңылыш болбойт.

2007-ж. «бакиевдик» Конституцияда «Кыргыз Республикасынын сот тутуму Конституциялык соттон, Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат» (82-берене, 3-пункту) деп көрсөтүлгөн. Акаевге да, Бакиевге да Конституциялык сот абдан жаккан, аны Жогорку соттон да биринчи жазганын каражызчы. Төрайымы «түшпөс хан» Ч.Баекова болгон Конституциялык сот кыргыз коомунун «көңүлүнө көк талкандай» эле тийген, президенттик үчүнчү мөөнөттү экинчи деп, президенттердин мыйзам бузууларын мыйзамдаштырып, коомдун көзүнө «күл» чачып, элдин кыжырына тийген. Албетте, дүйнөлүк практика далилдеп тургандай, таза иштесе Конституциялык сот бизге абдан эле керек укуктук институт болгон, бирок Баекова бул сотту «сасытып», аябай булгап салган. Кыргыздын үй-бүлөсүндө кыз төрөлсө, анда ага эми «Майрам» деген атты оңой менен койбой калган сыяктуу эле, Кыргызстандын саясий системасында көпкө чейин Конституциялык сотко орун жок болуп калгандай кырдаал түзүлгөн.

Ооба, жаңы Конституцияда Конституциялык сот деген аталыш жок. 93-береенин 3-пунктунда «Кыргыз Республикасынын сот системасы Конституция жана мыйзамдар менен белгиленет, ал Жогорку соттон жана жергиликтүү соттордон турат. Жогорку соттун курамында Конституциялык палата иштейт» деп көрсөтүлгөн. Ошентип, биздин өлкөнүн сот системасы эки деңгээлден турат: Жогорку сот жана жергиликтүү соттор. Конституциялык палата Жогорку соттун ичине кирет, ал эми облустук, шаардык жана райондук соттор жергиликтүү соттун курамын түзүшөт.

2007-ж. Конституциянын 83-беренесинин 5-пунктуна ылайык «Президент Жогорку Кеңештин макулдугу менен Конституциялык соттун жана Жогорку соттун төрагаларын жана алардын орун басарларын беш жылдык мөөнөткө дайындайт» деп көрсөтүлгөн. Авторитардык саясий режим үстөмдүк кылган саясий системада мындан башкача болушу да мүмкүн эмес эле. Жаңы Конституцияда бул эреже толук демократиялык маанайда берилген. «Жогорку соттун судьялары өздөрүнүн курамынан Жогорку соттун төрагасын, төраганын орун басарларын 3 жылдык мөөнөткө шайлайт. Бир эле адам катары менен эки мөөнөткө Жогорку соттун төрагасы, төраганын орун басары болуп шайлана албайт» (94-берене, 7-пункт). Бир жагынан адилеттүүлүк механизми колдонулганын көрсөк, экинчи жагынан, Президент да, Жогорку Кеңеш да Жогорку соттун төрагасын жана анын орун басарларын дайындоого таптакыр катышпаганын көрөбүз.

Ошентип, 2010-ж. 7-апрелдеги кандуу окуялардан кийин Кыргыз коомунун саясий системасы өзгөргөн. Эгемендүүлүктүн тарыхында биринчи жолу саясий системанын өзгөрүшү логикалык иреттүүлүк менен жүргүзүлгөн. Алгач жаңы Конституция кабыл алынган, анан анын жоболоруна ылайык парламенттик жана президенттик шайлоолор өткөн. Бирок бул процесс да тынч өткөн жок. Жаңы Конституциянын долбоору өлкөдөгү бардык саясий күчтөрдүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен даярдалып бүтүп, элдик референдумдун кароосуна коюлган мезгилде, аны өткөрбөө максатында, контрреволюциячыл күчтөр, бакиевдик режимдин жактоочулары Ош менен Жалал-Абадда трагедиялуу кыргыз-өзбек кагылышуусун уюштурушкан. Кыргыз элинин кыраакылыгы менен даанышмандыгы болбогондо бакиевдик күчтөр Кыргызстанды бөлүп-жарып кеткенден да кайра тартпай тургандыгы ачыктан-ачык көрүнүп турган.

Жаңы Конституциянын башкы жетишкендиги – «үй-бүлөлүк башкаруунун» жана авторитардык бийлик режиминин укуктук негиздерин биротоло, экинчи баш көтөргүс кылып жойгондугунда. Бул Конституция мамлекеттик бийликтин бир адамдын колуна, айталык Президенттин, Премьер-министрдин, Спикердин, же алардын үй-бүлөлөрүнүн тегерегине топтолуусуна таптакыр жол бербейт, эми мындай болушу мүмкүн эмес болуп калган. Эки жолку ыңкылапка алып келген негизги себептер жоюлган. Эми саясий көйгөйлөр, алар канчалык татаал жана курч болбосун, митингдер жолу менен эмес, көчөлөрдө эмес, тынчтык жолу менен, парламенттин ичинде, добуш берүү жолу менен чечиле тургандай укуктук талаа түзүлгөн.

А.Акаев өзүнүн авторитардык режимин бийликке келгенден бир айдан кийин түзүп баштаса, К.Бакиев бийликти өз колуна жана туугандарынын тегерегине топтоону бийликке келгенден бир жумадан кийин эле баштаган. Мына эми, 2010-ж. 7-апрелден берки мезгил үч жылдан ашып калды, кыргыз саясий майданындагы талаш-тартыш, кыйма-чийме маселелердин эбегейсиз көптүгүнө карабастан, эң жогорку мамлекеттик кызматтагылардын кимдир бирөөсү мамлекеттик бийликти өз колуна мыйзам чегинде топтой баштаганы, же топтоп алганы байкалбайт (президент А.Атамбаевдин иш жүзүндө, де-факто, экономикалык жана кадр маселелерине кийлигишип жатканын мыйзамды тымызын аттап өтүүгө барабар кадам катары кароо керек, анткени баш мыйзамга ылайык президентке мындай бийлик-укуктар берилген эмес). Мына ушунун өзү жаңы Конституциянын тууралыгын, ал өзүнүн алгачкы түшүмүн бере баштаганын, кыргыз коомунда кайрадан үй-бүлөлүк бийлик орнобой тургандыгын көрсөтүп турат.

КЫРГЫЗСТАН АГРАРДЫК-ЭМГЕК партиясы – Кыргыз Республикасындагы саясий *партия*лардын бири. Мамлекеттик каттоодон 1994-ж. 10-октябрда өткөн. Партиянын максаты өнөр жайды эң оор *кризис*тен чыгарууга көмөктөшүү жана айыл инфраструктурасын биротоло сактап калуу, 1994-ж. 22-октябрда болуп өткөн баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоолордогу бул партиянын ишмердиги жөнүндө маалыматтар жок. 1995-ж. 5-февралда болгон *Жогорку Кеңеш*тин депутаттарын шайлоого К. а. э. п. өз талапкерлерин көрсөтүп, шайлоочулардын арасында партиянын Программасын пропагандалоо багытында бир топ иштерди жүргүзүшкөн. Партиянын Борбордук Кеңешинин төрагасы Ү.С. Сыдыков Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйынына депутат болуп шайланган. Кийинки мезгилдерде саясий процесстерге көп катышпай, саясий аренада көрүнбөй калган.

КЫРГЫЗСТАН АЯЛДАРЫНЫН ДЕМОКРАТИЯЛЫК партиясы – саясий *партия*. Мамлекеттик каттоодон 1994-ж. 10-октябрда өткөн. Негизги максаттары жана милдеттери: Кыргыз Республикасынын *коомдук-саясий турмуш*унда аялдардын катышуусун активдештирүү, коомду жана мамлекетти башкаруу ишине аялдарды кеңири тартуу, чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдериндеги бийликтин шайланма органдарында аялдардын өкүлдөрүнүн санын көбөйтүү. Аялдар партиясы жаңы түзүлгөнүнө карабастан баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоого (1994-ж. 22-октябры) жигердүү катышканга үлгүрдү. *Жогорку Кеңеш*тин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүп, К. а. д. к. Жогорку Кеңешинин төрайымы Т.А. Шайлиева Жогорку Кеңештин *Эл өкүлдөр жыйыны*на депутат болуп шайланган. Кийинки мезгилдерде саясий процесстерге көп катышпай, саясий аренада көрүнбөй калды.

КЫРГЫЗСТАН БИРИМДИК партиясы (КБП) – Кыргыз Республикасындагы саясий *партия*лардын бири. Уюштуруу конференциясы 1994-ж. 9-апрелде болуп, мамлекеттик официалдуу каттоодон ошол эле жылы 8-июнда өткөн. Партиянын максаты инсандын, жарандын укугун, саясий жана экономикалык эркиндигин көздөгөн олуттуу демократтык коомду, жаңы *укуктук мамлекет*ти курууга аракеттенүү. КБПнын социалдык базасын ортоңку социалдык катмар түзөт: интеллигенттер, ишкерлер, фермерлер, илимий кызматчылар ж.б. Бардык облусттарда бул партиянын регионалдык, укук жагынан өз алдынчалыкка ээ болгон уюмдары бар. Башка саясий партиялардан айырмасы КБПнын өзү түзүлгөндө эле демилгечилер тобу тарабынан иштелип чыккан, уюштуруу конференциясы талкуулап бекиткен, өлкөнү *кризис*тен чыгаруу боюнча Программасы бар. Ал Программа коомдук өнүгүүнүн бардык тармактарын өзүнө камтып, конкреттүү сунуштарды жана ишке ашыруу механизмдерин көрсөтөт. КБП өзүн центристтик багыттагы партия деп эсептейт. Парламенттик жол менен бийликке келүүнү жана өз Программасын ишке ашырууну көздөйт. 1994-ж. 6-октябрда КБПнын демилгеси жана каржылоосу менен Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 70-жылдыгына карата республикалык илимий-теориялык конференция уюштурган. КБП «Кут билим» гезити, Кыргыз радиосу («Демократия сабактары» берүүсү), «Азаттык» радиосу, «Слово Кыргызстана» гезити ж.б. менен өз ара тыгыз байланышта. *Адам укугу жана демократия* маселелери боюнча КБП ПРООН менен бирдикте иш алып барат. Биримдик партиясы 1994-ж. декабрында «Шайлоолордон кантип жеңүү керек» китепчени жарыкка чыгарган. Депутаттыкка талапкерлерге китепче чоң жардам көрсөткөн. 1995-ж. 5-февралда *Жогорку Кеңеш*тин депутаттарын шайлоодо КБП көрсөткөн талапкерлердин арасынан алтоо эл депутаттары болуп калышты: Мыйзам чыгаруучу жыйынга – А.Артыков, К.Байболов, М.Жангарачева; Эл өкүлдөрү жыйынына – Е.Исмаилов, И.Токоев, Б.Фаттахов. 1995-ж. 16-мартта болуп өткөн КБПнын II съезди кийин шайлоолорду мажоритардык-пропорционалдык же таза *пропорционалдык өкүлчүлүк системасында* жүргүзүү боюнча «Жогорку Кеңештин депутаттарын шайлоо мыйзамына өзгөртүүлөрдү кийирүү жөнүндө» сунуштарды иштеп чыккан. Бул сунуштар башка саясий партиялардын жана көптөгөн депутаттардын колдоосуна ээ болууда, КБПнын Саясий Кеңешинин координатору А.М. Муралиев болгон. 2003-ж. сентябрда «Алга, Кыргызстан!» партиясына өз ыктыяры менен кошулуп кеткен.

КЫРГЫЗСТАН ДЕМОКРАТИЯЛЫК КЫЙМЫЛЫ (КДК) – улуттук кайра жаралуу багытындагы, Кыргызстандын формалдуу уюмдарынын демилгеси менен түзүлгөн кыймыл. Уюштуруу конференциясы 26–27-майда 1990-ж. Бишкек шаарында болгон. Юстиция министрлигинде каттоодон 11-ноябрда 1990-ж. өткөн. 1993-ж. 29-майдан – *Кыргызстан Демократиялык кыймылы партиясы* болуп кайра түзүлгөн. Ар кимиси өз алдынча, чачыранды аракет кылган коммунисттик режимге каршы күрөшүшкөн 24 коомдук уюмдар биригишип – КДК уюштурган. Алардын катарында – *«Асаба»*, «Ашар», «Атуулдук демилге», «Боорукер», «Ак-Кеме» (Ленинграддагы кыргыз студенттеринин жердешчилиги), Базар-Коргон, Жалал-Абад, Ысык-Көл, Кара-Балта, Майлысай, Ош, Каракол, Талас, Токмок, Чолпон-Ата ж.б. шаар жана кыштактардагы уюмдар кирген. 1991-ж. февралына карата КДК 34 өз алдынча уюмдарды бириктирип, жалпы саны 300 миңден ашкан. «Славян фонду», «Кыргызстан *социал-демократтары»*, «Мемориал» клубу ж.б. республикадагы улуттардын өкүлдөрүнөн турган уюмдардын КДКга мүчө болуп кириши бул кыймылга интернационалдуу мүнөз берген. КДКнын уюштуруу конференциясына 301 делегат чечүүчү добуш менен катышып, 83 адамдан турган Кеңеш жана 19 мүчөдөн турган Башкарма шайланган. Башкарманын 5 тең төрагасы: Казат Акматов, Жыпар Жекшеев, Топчубек Тургуналиев, Кадыр Матказиев жана Төлөн Дыйканбаевдар шайланган. Конференция кабыл алган убактылуу программада республиканын суверенитетин талап кылуу, демократтык *жарандык коом*ду жана рынок экономикасына өтүү көрсөтүлгөн. Программа жана Уставдан тышкары, конференцияда төрт резолюция кабыл алынган: Литвада блокаданы алып таштоо жөнүндө, демократиялык кыймылдын активистерин аңдууну токтотуу жөнүндө, 1916-ж. геноцид жөнүндө жана карапайым калкка каршы куралдуу күч колдонбоо жөнүндө. КДКнын саясий аренага чыгышы кыргыз коомчулугу тарабынан ар түрдүүчө кабыл алынган. Бул кыймылдын республикалык партиялык жетекчилик менен мамилесинин начардыгы аны «улутчул кыймыл» деп айыптоого шыкак берген. Бирок, Ош окуялары мезгилиндеги 1990-ж. 6–7-июндарында Бишкектеги Өкмөт үйүн курчап алган

жаштардын митинги менен жалпы тил табышууда, КДКнын активисттери алгылыктуу иштерди жасашкан. Студенттер жана кыргыз улутундагы жаш жумушчулар КДКнын социалдык базасын түзүшкөн. КДК кыргыз айылдарында өтө белгилүү болгон. 1990-ж. октябрдагы Жогорку Кеңештин сессиясында Республиканын Президенттик шайлоодо КДКнын активисттери Өкмөт үйүнүн алдында ачарчылык уюштуруп, шайлоонун жүрүшүнө иштиктүү таасир тийгизишкен. КДКнын программасы 1991-ж. 10-февралда кыймылдын I съездинде кабыл алынган. Ал программа 6 бөлүктөн турат: 1 – учурдагы абал, 2 – коомдук-саясий жана мамлекеттик системаны демократташтыруу боюнча милдеттер, 3 – КДКнын улуттук саясаты, 4 – экономика, 5 – жаратылышты коргоо, 6 – социалдык жана маданий турмуш. Бул Программада КДК өзүн КПССке карата *оппозициялык* кыймыл – деп билдирген жана Президентти жана анын программасын колдойбуз деген. КДКнын Союздук Келишимге карата мамилеси жөнүндөгү анын I съезд кабыл алган Резолюцияда «Жогорку Кеңеш республиканын аймагында референдумду өткөрбөөгө тийиш» – деген талап коюлган. «КДК кабарлары» гезитинин биринчи номеринин нускалары типографиядан эле бийлик тарабынан конфискацияланган. Кыргызстанда коммунисттик партократиянын мамлекеттик жогорку бийликтен четтетилиши жана бийликке *Президент* баш болгон демократтык күчтөрдүн келиши менен өлкөдөгү социалдык жана *саясий кырдаал* кескин өзгөрдү. Кыргызстан суверендүү (15–12. 1990-ж.) жана көз каранды эмес (31.08.1991-ж.) мамлекет деп жарыяланды. КДК *кыргыз* элинин жана республикада жашаган жалпы калктын саясий, социалдык, руханий кулчулуктан бошонушуна, өз эркине, оюна ээ болушуна, өз күчүнө ишенишине чоң салым кошту. Кыргызстандагы улуттук, *жарандык кыймыл* тез аранын ичинде КДКнын рамкасынан чыгып, массалык кыймылдын мүнөзүнө ээ болду. Кыргызстандын демократиялык багытта иштей башташы менен КДКнын Программасынын негизги максаттары мамлекеттик саясатка айланды. Кыймылдын буга чейинки *тактикасы* демократиялык *саясий режим* орногондон кийин мурдагы эффективдүүлүгүн жоготту. КДКнын көптөгөн активисттери мамлекеттик *бийлик* органдарынын жогорку кызматтарына көтөрүлүштү, экинчи бир бөлүгү ишкерликке, фермерликке, бизнес кылуу жагына өтүштү. Мына ушундай социалдык-саясий кырдаалда КДКнын ичинде жикке бөлүнүүлөр башталды. Жаңы демократиялык *мамлекетти* жана анын *саясий системасын* калыптандырууда жалпы мүнөздөгү сөздөрдөн, ураандардан саясий майданда чечкиндүү аракет жасаган, ар тараптан иштелип чыккан, конкреттүү сунуштары бар, *саясий күрөш* майданында туруктуу, кайраттуу иштей турган *саясий партияны* түзүү зарылчылыгы келип чыкты. КДК ичинде, ал түзүлүп, өз ишмердигин баштаганда эле байкалган, аны убакыттын өтүшү менен күч алып, тереңдеп жана кеңейип келген үч саясий агым бар эле: радикалдык, улутчул-патриоттук, центристтик. Ушул агымдар бара-бара саясий партия деңгээлине өсүп жетилишти. КДКнын ичинен бөлүнүп чыккан партиялардын катарына – *(«Эркин Кыргызстан», «Ата-Мекен»* жана *«Асаба»)* кирет. Кыймылдын калган мүчөлөрү 1993-ж. 29-майда КДК партиясын түзүп алышты.

КЫРГЫЗСТАН ДЕМОКРАТИЯЛЫК КЫЙМЫЛЫ партиясы (КДКП) – К. Д. к-нын 1993-ж. 29-майда болуп өткөн III съезди КДК партиясынын уюштуруу съезд катары эсептелинет. Мамлекеттик каттоодон 1993-ж. 15-июлда өткөн. Бул мезгилге карата КДК массалык кыймыл катары өзүнүн милдеттерин аткарып, ал кыймылдын коомду демократташтыруу боюнча койгон талаптарынын бир бөлүгү аткарылып, ал эми негизгилери болсо мамлекеттик саясатка айланып калган. КДКны колдогон калк эми Президенттин *демократиялык режимди* курууга багытталган саясатын колдоп, КДКнын көптөгөн активисттери мамлекеттик бийлик структурасына кызматка өтүп, кыймылдын саясий багытына макул эместер өздөрүнчө саясий *партияларды* түзүп кетишкен *(«Эркин Кыргызстан», «Ата-Мекен», «Асаба»)*. Ошентип, КДКнын жетекчи курамында анын ишине бекем берилген, «оңго» да «солго» да ообогон, аз

сандагы топ калган. Мына ушул топ КДК партиясын түзүүнүн демилгечиси болгон. Уюштуруу съездине КДК партиясынын жаңы Уставы жана Декларациясы кабыл алынган. Бул документте КДКП центристтик багыттагы *партия* деп жарыяланган жана коомдун эволюциялык жол менен өнүгүшүнө макул. «Башкысы – бул адам» – партиянын негизги ураany. Декларацияда өкмөттүн кандай болуш керектиги жөнүндө катар талаптар коюлган. КДК партиясынын ишмердүүлүгүнүн негизги формаларынын бири митингдер жана пикеттерди уюштуруу. КДКП демилгеси менен уюшулган экономиканын учурдагы абалы боюнча конференцияда жетекчиси Ч.Жакыпова болгон стратегиялык изилдөөлөр борбору түзүлгөн. АКШдагы эл аралык республикалык институт жана эл аралык мамилелердин Улуттук демократиялык институту уюштурулган Алматыдагы, Бишкектеги жана Оштогу конференцияларга КДК партиясынын өкүлдөрү активдүү катышкан. 1995-ж. 5-февралдагы *Жогорку Кеңешке* депутаттарды шайлоо өнөктүгүнө КДКП активдүү катышкан. Бардыгы 28 талапкер көрсөтүлүп, экөө *Мыйзам чыгаруучу жыйындын* депутаттары болуп калышты: Ж.Жекшеев жана У.Мукамбаев. КДК партиясынын Кеңешинин төрагасы Ж.Жекшеев. Кийинки мезгилдерде саясий процесстерге көп катышпай, саясий аренада көрүнбөй калган.

КЫРГЫЗСТАН ЖАШТАР СОЮЗУ (КЖС), (Ысык-Көл клубу) – 1988-ж. декабрында Каракол шаарында уюшулган. КЖС алгач формалдуу эмес, жаштардын коомдук-саясий кыймылы катары түзүлгөн. Негизги максаттары маалымдуулукту жана демократияны күчөтүү, *кыргыз* элинин улуттук кызыкчылыктарын коргоо жана *улуттук ар-сезимди* өнүктүрүү, Кыргызстандын көз карандысыздыгы үчүн күрөшүү. Курамы жаш интеллигенттерден, студенттерден жана жаш жумушчулардан турган. Алгач саясий аренага 1989-ж. 22-январда «жер-суулардын тарыхый аттарын калыбына келтирүү жана кыргыз тилине мамлекеттик *статус* берүү талабы менен чыккан, жыйынга 400дөн ашуун адам катышкан. 1989-ж. февралда КЖСтин 180 туруктуу мүчөсү жана активисттери болгон. КЖС өз ишмердүүлүгүн Бишкекте жана Ошто таратууга аракет кылган. Каракол шаарында жана Бишкекте активдүү үгүт иштерин жүргүзүп, Прибалтика республикаларынын гезиттерин өз алдынча көбөйтүп таркатышкан. Ысык-Көл облусттук партиялык жана советтик жетекчилердин куугунтуктоосунун жана кысымынын кесепетинен КЖС Ысык-Көл облусттук комсомол уюмунун алдындагы «Ысык-Көл» клубуна айлануuga аргасыз болгон. 1989-ж. кыргыз тилине мамлекеттик статус берүү жөнүндө *мыйзамды* колдоого 20 миңден ашуун кол чогулткан. Ушул эле жылдын сентябрынан баштап *«Ашар»* кыймылын колдоодо Ысык-Көл аймагында үгүт иштерин жүргүзүүгө жана каражат топтоого көмөктөшкөн. 1990-ж. Кыргызстан *Демократиялык кыймылын* түзүүгө активдүү катышкан жана анын курамына коллективдүү мүчө катары кирген жана ушуну менен өз алдынча коомдук кыймыл катары ишмердигин токтоткон. КЖСнын төрагасы Ылаев Таалайбек болгон.

КЫРГЫЗСТАН КАЛКЫНЫН АССАМБЛЕЯСЫ – Кыргыз Республикасындагы массалык коомдук уюм. 1994-ж. 22-январда Кыргызстан калкынын биринчи курултайында түзүлгөн. Мамлекеттик каттоодон 1994-ж. 11-мартта өткөн. Өзүнө 26 *улуттук-маданий* борборду бириктирет: славян фонду, «Чингисон», *«Очак»*, «Иттипак», «Фольстрат», «Оруз», «Астүрк», «Туган-Төл» ж.б. Ассамблеянын максаттары: коомду бириктирүүгө аракет, республикасынын бардык жашоочуларын баш коштуруу, улуттар аралык достукту бекемдөө, калктын руханий жана маданий кайра жаралуусуна жардам көрсөтүү, тилди, салтты жана үрп-адатты өнүктүрүү. 1993-ж. 5-февралындагы *Жогорку Кеңештин* депутаттарын шайлоодо Ассамблеядан 36 талапкер көрсөтүлүп, алтоо депутат болуп шайланышты. Ассамблея Улуттук илимдер академиясы менен бирдикте 1994-ж. июнда миграция проблемалары жана этнос маселелери боюнча эл аралык семинар уюштурган. 1995-ж. сентябрда Достук үйү (мурунку тарых музейи) ачылып, Ассамблеянын облусттук жана региондук бөлүмдөрү уюшулган. «Кыргызстан – жалпыбыздын үйүбүз»

деген ураандын астында Ассамблея тарабынан көптөгөн маанилүү иштер жасалууда. Ассамблея өзүнүн *саясий ишмердүүлүгүндө* көбүнесе *Президент* жана *Өкмөт* менен биргелешип иш жүргүзөт. Биздин Республикада *улуттук мамилелерди* башкаруу процессинде Ассамблеянын кошкон салымы чоң.

КЫРГЫЗСТАН КОММУНИСТТЕРИНИН партиясы (ККП) – Кыргызстандагы саясий *партиялардын* бири. Уюштуруу конференциясы 1992-ж. 20-июнда болгон. Мамлекеттик каттоодон 1992-ж. 17-сентябрда өткөн. ККПнын негизги максаттары: социалдык-экономикалык өнүгүү багытында социалисттик түзүлүштү жактайт жана жалпы адамзаттык баалуулуктардын артыкчылыгын тааныйт. Рынок экономникасына өтүү, партиянын Программасында көрсөтүлгөндөй акырындык менен жүрүүгө тийиш, менчиктештирүү учурунда эмгекчилерди тоноону, спекуляцияны ж.б. кылмыштарды токтотуу зарыл. *Саясат* жана *идеология* багытында Кыргызстанда *укуктук мамлекетти* курууну, көз карандысыздыкты жана суверенитетти камсыз кылууну көздөйт. Өзүн парламенттик типтеги *партия* деп эсептейт. Республиканын бардык облусттарында жана Бишкек, Ош, Каракол, Кара-Балта, Балыкчы, Талас, Ташкөмүр, Кант шаарларында ККПнын баштапкы уюмдары бар. 1993-ж. мартта партиянын I съезди болуп, Программага жана Уставга өзгөртүүлөр жөнүндөгү маселени караган. 1994-ж. июнда ККП БАКтын пленуму болуп, өз өтүнүчү боюнча бошоп кеткен Ж.А. Аманбаевдин ордуна Ш.М. Сыдыковду Борбордук аткаруу комитетинин төрагасы кылып шайлашкан. 1995-ж. 5-февралдагы *Жогорку Кеңешке* депутаттарды шайлоодо ККПдан 17 талапкер көрсөтүлүп, экөө: А.М. Масалиев жана Ш.М. Сыдыковдор депутат болуп шайланышкан. Орусиянын жана КМШга кирген башка өлкөлөрдүн коммунисттик партиялары менен ККПнын тыгыз байланышы бар. 2000-ж. 20-февралдагы парламенттик шайлоодо саясий партияларга 15 орун бөлүнгөн. Бирдиктүү республикалык шайлоо округу боюнча Кыргызстан коммунисттер партиясы – 5 депутаттык орунду жеңип алган. Ал эми 2007-ж. 16-декабрдагы толугу менен партиялык тизмеге ылайык өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгында ККП бакиевдик бийлик менен «соодалашуунун» негизинде 8 депутаттык орунга ээ болгон. Акыркы мезгилде бул партиянын жигердүүлүгү анча деле байкалбайт.

КЫРГЫЗСТАН СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯЛЫК партиясы (КСДП) – Кыргыз Республикасындагы саясий *партиялардын* бири. Уюштуруу съезди 1993-ж. 25-сентябрда болгон. Мамлекеттик каттоодон 1993-ж. 19-октябрда өткөн. КСДПнын негизги максаттары – республикада социалисттик жана капиталисттик системалардын жакшы жактарын пайдаланууга негизделген жогорку жашоо деңгээли бар чыныгы демократиялык, *укуктук*, жарандык *коомду* куруу. Демократиялык коомдун КСДП таянган негизги баалуулуктары: гуманизм, прогресс, эркиндик, адилеттик жана социалдык коргоо. Саясий *экстремизмди* пайда кылуучу ар кандай революциячыл *идеологияга* каршы. Рыноктун инфраструктурасы жана укуктук негиздери түзүлгөнгө чейин коомдук жана экономикалык иштерге *мамлекеттин* жеңил кийлигишүүсүнө КСДП жол берет. Бардык облусттарда жана региондордо КСДПнын баштапкы уюмдары бар. 1994-ж. 24-сентябрда КСДПнын II съезди болуп, анда партиянын аракеттеринин программасы кабыл алынган. 1994-ж. 22-октябрдагы баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоого КСДП жигердүү катышкан. 1995-ж. 5-февралдагы КСДП көрсөткөн талапкерлердин ичинен адам *Жогорку Кеңештин* депутаттарын шайлоодо депутат болуп шайланышкан: А.Ш. Атамбаев, М.М. Айбалаев, Ж.Казакбаев, К.Идинов, М.Мамасаидов, А.Н. Марышев, Б.Нурунбетов, И.Ш. Өмүркулов, Ш.Садыбакасова, Э.Төрөбаев, Ж.Төлөбердиев, Т.Анаркулов, А.Э. Эркебаев – Эл өкүлдөр жыйынына, Р.А. Ачылова, Ж.Б. Бокошев, Ж.Жоробеков, Б.Журсаев, А.Кадырбеков, М.Ш. Чолпонбаев, И.Д. Кадырбеков – Мыйзам чыгаруучу жыйынга. СДПнын жетекчи курамында беш тең төрага бар. Партиянын Координациялык Кеңешинин биринчи Координатору Ж. Ибраимов болуп, ал эми 1994-ж. февралынан координаторлукка

Атамбаев А.Ш. шайланган. 2005-ж. да, 2010-ж. да, эки мамлекеттик төңкөрүш тең КСДПнын Бишкектин Форумдагы кеңсесинен башталган. Биринчи төңкөрүштөн кийин партия лидери А.Атамбаев министр жана премьер-министр кызматтарын ээлеген болсо, 2010-ж. экинчи төңкөрүштөн кийин премьер-министр жана президенттик жогорку кызматтарга жетишкен. Ал эми 2007-ж. 16-декабрдагы толугу менен партиялык тизмеге ылайык өткөн парламенттик шайлоонун жыйынтыгында СДПК бакиевдик бийлик менен «соодалашуунун» негизинде 11 депутаттык орунга ээ болгон. 2010-ж. парламенттик шайлоодо 237 634 добуш алып, жалпы шайлоочулардын 7,83%ына барабар, Жогорку Кеңештен 26 депутаттык орунга ээ болгон.

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ САЯСИЙ ПРОЦЕСС – учурдагы татаал *саясий процесстерге* мүнөздөмө берүү, баа берүү, кыргыз коомчулугу тарабынан ар түрдүү, көп учурларда карама-каршы ой-пикирлерди пайда кылууда. Саясий аморализм *саясий турмуштан* өз ордун таап, калыптана башташы – өлкөдөгү демократиялык өзгөрүүлөрдүн башкы белгилеринин бири. Коомдук пикирди толугураак берүү максатында К. с. п-ке эки түрдүүчө түшүндүрмө берүү ылайык. Биринчиси – официалдуу, экинчиси официалдуу эмес, бирок коомдук пикирде өзүнчө бир багытка ээ болуп калган түшүнүктөр. 1. Өз алдынчалыкка жана көз карандысыздыкка жетишүү менен Кыргызстан тоталитардык *саясий режимден* демократияга, борбордук-пландоо экономикасынан социалдык-багытталган рынок экономикасына өтүү жолун тандап алды. Кыргыз Республикасы 1993-ж. 5-майда кабыл алган жаңы *Конституцияга* ылайык демократиялык республика деп жарыяланды. Максаты *укуктук мамлекетти* жана *жарандык коомду* куруу. Мамлекеттик бийликтин бардык үч бутагы – мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот бийликтери өз алдынча иш алып барууда. Калктын аң-сезиминде рынок экономикасына жана демократияга карай гиганттык бурулуш болду. Көпчүлүк жарандар бийликке карата «жетеленүү», «балапандай ооз ачуу» мамилесинен кутулуп, өзүнүн күчүнө ишенүүгө өзүнүн чыгармачыл жана ишкердүүлүк жөндөмдүүлүгүн арттырууга өттү. Чет элдик жана ички инвесторлордун көбөйүшү буга мисал. Советтик системадан калган мамлекеттик ишканалар менен иштегенге караганда, жеке менчик ишкерлер менен иштөөнү инвесторлор толук колдошот. Ошондуктан Кыргызстандагы өнөр жай жана айыл чарба ишканаларынын дээрлик көпчүлүгү, ал эми соода жана тейлөө ишканалары толугу менен приватташтырылды. КМШ өлкөлөрүнүн ичинен биринчиден болуп улуттук валюта – сом киргизилди. Сом эң бир бекем валюталардын бирине айланууда. Кыргыз сомунун АКШ долларына карата катнашы эки жылдан бери бир калыпта кармалууда. Инфляция салыштырмалуу түрдө төмөнкү деңгээлде. 1994-ж. баа бар болгону 3,3 эсе өскөн, «ал эми 1993-ж. – 10,8, 1992-ж. – 14 эсени түзгөн. Калктын аз ооматтуу бөлүгүн колдоо программасы иштелип чыгып, мамлекет тарабынан аларга адрестүү жардам көрсөтүлүүдө. Акыркы жылдарда болуп өткөн шайлоолор жана *референдумдар*, алардын жыйынтыктары калктын *саясий аң-сезимин* жана *саясий маданиятынын* тез аранын ичинде болуп көрбөгөндөй көтөрүлүшүнө мисал. Саясий жана экономикалык *реформанын* кыйын кезеңи өтүп, эми алдыга өнүгүүнүн алгачкы белгилеринин пайда болушуна толук шарттар түзүлдү. 2. Иштелип чыккан жана колдоого ээ болуш үчүн коомчулуктун кеңири катмарына жеткирилген программасы жок болгондуктан Кыргызстандын кандай коомдук түзүлүштү, демократиянын кандай моделин курууга аракеттенип жатканы абстрактуу маселе. Ушундан улам, бүгүнкү мезгилди өткөөл мезгил деп аташ кыйын. Кандай коомдук түзүлүштү курууга өтүп жатабыз? – түрк моделиндеги капитализмгеби, же швейцариялык социализмгеби, жапондук монархиялык *тоталитаризмгеби* же америкалык *полиархиягабы*? Айтор К. с. п-тин өнүгүүсүнө терең структуралык *кризис* мүнөздүү. Жаңы *идеологиялык* ар кандай ураандарга жамынып алып, Кыргызстандагы мамлекеттик жогорку бийликтегилер коомдук түзүлүштүн авторитардык формасын орнотууга багыт алып жатышкандай. Мамлекеттик *бийлик* элдин жыргалчылыгы үчүн эмес, тескерисинче, элдин байлыгын талап-тоноо

(приватташтыруу), *мыйзамдарды* одоно бузуу аркылуу пайда табуу, бийлик абалынан пайдаланып байлык топтоо үчүн иштеп калды. Кылмышкерлик менен *коррупция*, кошоматчылык менен паракорчулук күчөп кетти. Элдин *демократияга* болгон, мыйзамдын күчүнө болгон ишеними күн сайын азаюда. Бийликтин кризиси эмес, бүгүнкү күндө, кризистин *бийлиги*, башаламан, зордук-зомбулуктун бийлиги өкүм сүрүүдө. Илгери *уруу* билермандары карапайым элден бөлүнүп турган сыяктуу, бүгүнкү бийлик коомдон өзүнчө обочолонуп, бөлүнүп баратат. Коомго карата бийликтин *автономиясы* түзүлүүдө. Мамлекеттеги курч карама-каршылыктардын бийлик менен коомдун ортосундагы мейкиндикке өтүп кетүү коркунучу бар. Бийликтен четтетилген кыргыз коомунда бүгүнкү күндө он төрт саясий *партия* жана жүздөгөн коомдук уюмдар бар. Бирок, бул *көп партиялуулук* бийликке эч таасир тийгизе алган жок. Бул партиялар Батыш өлкөлөрү эчак өткөн моделдерди кабыл алып, өздөрүнүн күчсүз экендиктерин көрсөтүүдө. Кыргыз Республикасынын тышкы карыздарынын күн санап көбөйүп баратышы Африка жана Латын Америкасындагы өлкөлөрдүн аянычтуу тагдырын көз алдыга элестетет. Өнүккөн Батыш жана Чыгыш өлкөлөрүнөн алган карыздарды жана ал карыздардын жылдык пайыздарын төлөө үчүн жыл сайын Кыргызстандын улуттук кирешесинин 50%га жакыны сарпталышы күтүлүүдө. Мунун өзү Кыргыз мамлекетинин саясий жана экономикалык көз карандысыздыгын жоготуп алууга алып келиши мүмкүн. Карыз берген бай өлкөлөрдүн Кыргызстандын мамлекеттик бийлигине койгон саясий жана экономикалык шарттары, алардын эксперттеринин көзөмөлү астында жүргүзүлүп жаткан менчиктештирүү процесси бүгүнкү күндө, өнүккөн айыл чарбасын толук кыйроого алып келди. Өнөр жайы, ири завод-фабрикалар иштебей токтоп калды, жумушсуздук күч алды, социалдык чыңалуу чегине жетти. Бул кыйынчылыктардан улуттун кызыкчылыгы үчүн, илимий жактан иштелип чыккан, кыргыз руханий өзгөчөлүгүн сактап калууга багытталган жана ага таянган коомдун бардык сфераларын чечкиндүү *модернизация-лоо* жана терең *реформаны* жүргүзүү гана чыгармакчы.

КЫРК ЧОРО – Манастын баатырдык кошуну, *нөкөрлөрү*, эң жакын кеңешчилери, жан жолдоштору, кол башчылар, ар башка уруулардын тандалган мыктылары, кылданган баатырларынан куралган көйкашкалардын тобу. Ар башка варианттарда ар башка санда, айрым учурларда алардын аталыштары да ажырымдуу болгону менен негизинен элге кенен тараган саны кырк. Көпчүлүк учурда алардын баары тегиз саналбай негизгилери гана аталат да окуянын жүрүшүнө ылайык алар көпчүлүк учурда эпикалык каармандардын негизин түзөт. К. ч. айрыкча Сагымбай Орозбак уулунун вариантында Манас чоролору менен Канык ейге күйөөлөп барганда эки-үч жолу кайталанып толук саналат. К. ч-го төмөнкү каармандар кирет: Бакай, Кыргылчал, Чалыбай, Ажыбай, Кутунай, Каратоко, Мажик, Камбар уулу Чалик, Сатай, Атай, Үмөт, Жайсаң, Каракожо, Бообек, Шаабек, Шүкүр, Алтай (албандардан), Төртай, Төлгөчү кара Төлөк, Төкөтай, Калкаман, Элеман, Серек, Сыргак, Кошабыш, Эр Ыбыш, Алакен, Арстан Мажик, Чубак, Жоорунчу, Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу, Кербен, Дөрбөн, Бөгөл, Каратүлөө Кабыке, Жабыке, Бооке (Алоокенин уулу), Ырчуул, Бозуул, Тазбаймат, Шууту... Булардын ичинен жарымынан көбү туруктуу, дайыма аталган активдүү каармандар, ал эми акыркы он чактысы жалпы санга кирип аттары сейрек аталат да, айрымдары кээде башкача да атала берет.

КЫЯМАТ-КАЙЫМ (араб. «тик туруу») ислам окуусунда: К. к. болгондо бүткүл тиричилик кыйрайт да, кыйла жылдар өткөндөн кийин Алла Таала бардыгын тирилтип, суракка алып, жаңы дүйнөнү жасайт. Ошондо өлүп калган Исраил периште тирилип, Сур деген сурнайын тартканда арбактардын бардыгы тирилип туруп, Махшар майданына барат. Майданда чоң сурак башталып, адамдардын жүрүм-туруму, кылган кылмыштары, иштери жазылган дептер таразага салынат. Махшар майданында күнөө-сооп текшерилгенден кийин периштелер пенделерди айдап, кыл көпүрөдөн (Сыраат көпүрөдөн) өткөрөт. Ал көпүрөнүн ары жагында бейиш (жаннат), асты жагында тозок (жаханнам) бар. Ошондон соң чын дүйнө – түбөлүк дүйнө башталат. Мындай мүшкүл адам баласына гана таандык. К. к. маселеси XIX к. экинчи жарымынан баштап бир топ акындардын ырларында, өзгөчө *заманачылардын* чыгармаларында көп кездешет. К. к. акыр заман, *тар заман* ж.б. маселелер менен бир катарда турат.

Л

ЛАО-ЦЗЫ, Ли Эр (жашаган жылдары белгисиз, салт боюнча *Конфуцийдин* улуу замандашы катары эсептелет) – Байыркы Кытай трактаты «Лао-Цзынын» (байыркы аталышы «Дао-дэ-цзин» б.з.ч. IV–III к.) автору. «Дао-де-цзин» китебинде берилген Л.-Ц. окуусу – *лаосизм* башкы принцип катары «Увэй – иш кылбоо» (недеяние) теориясын берет. Бул жөн эле иш кылбоо эмес, бул жаратылышка баш ийүү, табигый тең салмактуулукту бузбоо, адамдын Жаратылыш менен биримдигине жетишүү. Маданиятка жана *мамлекетке* Л.-Ц. ишенбөөчүлүк менен мамиле кылат. Анын көз карашы боюнча акылман-башкаруучу байлык менен согушту четке кагып, адамдарды маданият менен мораль пайда болгонго чейинки жөнөкөй жана карапайым жашоого алып барууга тийиш. Л.-Ц-нын окуусуна ишенгендер аскетизмге барууга мажбур болушуп, акыры I–III к. даосизм дининин пайда болушуна алып келген. Ал диндин негизинде өлбөстүккө жетишүү жана бул үчүн ар кандай алхимиялык аракеттерди жасоо, магия жатат.

ЛЕВАЧЕСТВО – революциялык өзгөрүүлөргө карата саясий багыттын радикалдашкан аныктамасы. Ал көп учурда эркиндик, теңчилик, тууганчылык, бийликсиздик ж.б. идеалдарга карата эмоционалдуу же ойлонулган спекуляциялар менен байланыштуу кеңири социалдык максаттарга жетишүү үчүн күч колдонуу каражаттарын колдонууну дагы жокко чыгарбайт. «Сол» жана «оң» саясатчыларга бөлүү 1789–94-жж. Улуу Француз революциясынан башталганы айтылат, анда Генералдык штаттардын депутаттары королду колдоочулар (жыйындар залынын оң жагында) жана анын каршылаштары (сол жагында) болуп бөлүнүп отурушкан. Бул жагдайда мурдатан эле оңчулдук, тууралык, солчулдук, шайтандык күчтөргө жакындык символикалары ойлонуп табылган. Солчулдар – өзгөрүүлөргө, оңчулдар – салтка, солчулдар – теңчилдикке, оңчулдар – чыныгы эркиндикти камсыздай турган коомдун иерархиялуулугуна багытталган деген түшүнүк бар. Л. – көп учурда мүнөзү боюнча деструктивдүү жана анархисттик болгон, стабилдүү эмес социалдык катмарларды – келечекке болгон үмүттөрү менен студентчиликти, деклассташпаган люмпен-пролетариатты, жаштарды, баарыдан мурда өзүнүн социалдык темпераменти боюнча стабилдүү эместикке жакындаган интеллигенциянын жумушсуз бөлүгүн камтыган саясаттагы солчул күчтөрдүн активдүүлүгүнүн абдан терең көрүнүшү. Л-го саясатта социалдык-класстык куугунтукка катар кошумча басмырлоолорду баштан кечирген расалык жана этникалык азчылыктардын өкүлдөрү, феминисткалардын бөлүгү, «жогортон жашылдар» ж.б. багытталышкан. Ага каалаган социалдык катмардын өкүлдөрү – «курч сезимдерди» сүйүүчүлөр тартылышкан. Л-нун бөлүнгүс сапаттары – саясий философия катары волюнтаризм, программалардагы ультрареволюциячылдык жана *саясий практикадагы авантюризм*, «революциялык жарылууга» көрсөтмө. Л. – карама-каршы багыттагы күчтөр тарабынан жүзөгө ашырылган саясий оюндар үчүн жакшы тосмо. Л. узакка созулган кризистик процесстердин жыйынтыгында дагы пайда болот (60-жж. жаштар кыймылдары), бирок мезгил-мезгили менен капысынан пайда болот. Л-го саясаттагы зомбулук, компетенттүү эмес, бирок экономикадагы шашылыш чечимдерди киргизүү, маданият чөйрөсүндөгү квази чечүүчү «бошотуучу» чаралар чоочун эмес. Мындай шартта эркиндик эң вульгардуу тендөөчүлүк жана авторитаризм менен байланыштуу. Өз мезгили үчүн адекваттуу делген Л-нун саясий анализи – «левизна балдар оорусу» – алар тарабынан ошол эле мезгилде коргоого алынган революцияны болтурбай коюу мүмкүн эместик идеясы жана пролетариаттын диктатурасынын

өзү өзүнө сындаган феномендин мөөрүн басса дагы, Ленин тарабынан берилген. Л. саясий активдүүлүктүн стили катары 60-жж. жаштар кыймылдарында (гошизм, *«жаңы солчулдардын»* активдүүлүгү, бунтарлык формасында) жана андан дагы кеңири – коомдук кыймылдарда байкалган. 70-жж. анын бардык жердеги кулашы, ал эми 80-жж. «Рейган үчүн солчулдар» кыймылы сыяктуу «табигыйлыкка каршы келген» феномендер дагы (1984-ж. «коррупцияланган үчүнчү дүйнөнүн» колдоосунан, советтик тоталитаризмдин индульгенциясынан жана ойлонулуп драмалаштырылган антиамериканизм кырдаалынан толугу менен баш тартуу максатында уюшулган) байкалган.

Мындай шартта «оңчулдар» үчүн «солчулдардын» анча чоң эмес, бирок симптомдуу кыймылдарынын идеологдору ырааттуу *антикоммунизмге* карата линияны колдоо менен СССРде ачык-айкындуулук саясатынын жаралышына алар түрткү болгонун айтышат. Бул кырдаал солчулдарга жана оңчулдарга кескин бөлүүнүн абдан аныкталбагандыгын, Л-нун өзүндөгү көрсөтмөлөрдүн чектен тыш тез жана татаал идентификацияланып алмашылышын көрсөтөт. Ал ошондой эле Л-нун духундагы бир катар саясий демилгелердин тупикке такалгандыгы, «авангарддык» партиялардын («кара пантера» түрүндөгү, «бошонуу теологиясынын» варианттары ж.б.) экстремисттик позицияларын социалдык обочолоо жөнүндө ачык эмес билдирет. Л-дон баш тартуу – бүтүндөй солчул кыймылдардын жаңы багыттарын издөөнүн күбөсү. Бирок өздөрүнүн социалдык активдүүлүгүн кайрадан ойлонуп чыккан «жаңы солчулдардын» көп бөлүгү тарабынан жарыяланган «солчул радикализм боюнча реквием» Л-нун саясатта жана революциялык идеалды (туура эмес, же алар постиндустриялык коомдун чындыктарын эске албайт) тийиштүү интерпретациялоодо таптакыр жок болгонун билдирбейт. Биринчиден, *«жаңы солчулдардын»* жана ал тургай Л-ну карануучулардын көптөгөн саясий демилгелери муниципалдык башкаруу тармактарынын деңгээлинде жүзөгө ашырылат. Экинчиден, жаңы радикализмден үмүттөнгөн, башкаруу чечимдерин чыгарууга түз багытталган «ак» жана «көк» жакачандардын жаңы коалициялары түзүлөт. Үчүнчүдөн, көптөгөн солчул демилгелер борбордук жана ал тургай оңчул саясатчылар тарабынан четке кагылып гана тим болбостон, кайсы бир жерлерде туруштук да беришкендиктен, активдүүлүктүн жаңы чөйрөлөрү: экологиялык жана *согушка каршы кыймылдар* изделет; сапаттык жактан жаңы бийлик структуралары, маданият чөйрөсүндөгү пайдубалдуу иштер издөөгө алынат. Л. жөнүндө бул жагдайда эч нерсе айтпай койсо болот, андагы чектен чыккан нерселер өзү жоюлат. Анын мурдагы карануучуларынын көп бөлүгүнүн арасында жаңы технологиялардын кылымында абдан күчөй турган элитардык структураларга каршы тура алган кеңири демократиялык көзөмөл идеясы басым кыла баштайт. Демократиялык социализмден (Харрингтон) бери келаткан бул идея Батыштын жаштарынын арасында улам барган сайын жакшы тааныльп баратат.

ЛЕГИЗМ (кыт. Фа-цзя – «мыйзам мектеби») – байыркы Кытайдагы саясий-философия- лык агым. Л. б.з.ч. VII–VI к. *Конфуций окуусу* жана *Даосизм* менен бир мезгилде пайда болгон. Мааниси жагынан Конфуций окуусуна каршы турган. Эң көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Гунсун Ян, тарыхта калган аты Шан Ян (Цин падышачылыгы мезгилинде б.з.ч. 338-ж. өлтүрүлгөн), экинчиси Хан Фэйцзы (б.з.ч. 223-ж. ууландырылган) болгон. Л. даону жаратылыштын табигый өнүгүү жолу катары түшүндүргөн. Хан Фэйцзы кудайга жана арбактарга ишенүүгө, алардын амирине адамды садага чабууга каршы чыккан. Л. философиялык-саясий проб- лемалары мамлекеттик курулуштун конкреттүү маселелерине баш ийдирилген. «Мыйзамчылар» же европалыктар айткандай легисттер, жеке менчикти жана башкаруучунун жеке *бийлигин* сактоого багытталган бирдиктүү, жалпыга бирдей милдеттүү *мыйзамдарды* кийирүүнү талап кылышкан. *Мамлекеттик бюрократтык* аппаратты дайыма жаңыртып туруу, ар бир кызматчынын милдеттүүлүгү ж.б. Л-ге мүнөздүү белгилерден. Шан Ян өзүнүн негизги көз караштарын 26 баптан турган «Шан облусунун башкаруучусунун китеби» эмгегинде берген. Анда төмөндөгүлөрдү зарыл деп көрсөтөт: 1) жазалоонун көп болгону жана сыйлоонун аздыгы; 2) жазанын үрөйдү учургандай мыкаачылык менен болгону; 3) майда кылмыштар мыкаачылык менен жазаланса, анда оор кылмыштар өзүнөн-өзү эле болбой калат; 4) адамдар чачыранды болушуп, бирин-бири аңдып турушканы оң. Шан Яндын жана легисттердин позициясы: «күчсүз эл – демек күчтүү *мамлекет*, күчсүз мамлекет – күчтүү эл. Демек, элди алсыздантуу – мамлекеттин башкы милдети.

ЛЕГИТИМДЕШТИРҮҮ (мыйзамдуу) – саясатта кандайдыр бир аракет, окуя, фактыны коомго мыйзамдаштырып тааныпуу. Л. юридикалык функцияга ээ эмес жана укуктук процесс болуп саналбайт. Л. *саясат, бийликти* бекемдейт; *саясий чечимдерди* актайт. Саясатта Л. анын бардык факторлоруна таралат: бийликке, методдоруна, документтерге ж.б. *М.Вебер* Л-нү төмөнкүчө классификациялайт: 1) традициялык (жазылбаган адат-салтка таянуу); 2) харизматикалык, эмоционалдык, б.а. жеке адамга сыйынуу; 3) рационалдуу, *мыйзамдарга* таянуу. Бийликтин куралы катары да, коомдук көзөмөлдүн куралы катары да чыгат.

ЛЕНИН (Ульянов) Владимир Ильич (1870–1924) – марксизмдин теоретиги, РСДРПнын уюштуруучусу жана Совет мамлекетинин биринчи *лидери*. Л-дин саясий ойго кошкон салымы – революциячыл уюштуруу теориясы. Ал революциячыл партиялардын түзүлүшү жана милдеттери, таптар жана алардын саясий мобилдөөчү ролу, социализмге глобалдуу өтүү үчүн зарыл шарттарды түзгөн капитализмдин акыркы доору сыяктуу проблемаларды изилдөөдө айрыкча белгилүү. Марксизмдин мазмуну – таптык күрөш жөнүндөгү окуу Л-ге таандык. Ал империализмге эки антагонисттик таптын – буржуазия жана пролетариаттын ортосундагы карама-каршылыктар курчуп, пролетариаттардын жеңиши үчүн анын диктатурасынын орношу менен аяктаган таптык күрөш күч алат деп ойлогон. Л. жумушчу коммунисттик партиянын болушун пролетариаттын жеңиши үчүн шарт деп эсептеген. *Партия* – жумушчу табынын авангарды. Партиянын максаты – жумушчу жана башка эзилүүчү таптарды буржуазия менен болгон *саясий күрөшкө* тартуу, пролетариаттын диктатурасын орнотуу жана коммунизмге өтүүнү камсыз кылуу. 1917-ж. Октябрь революциясынын алдында *Л. Маркстын* Париж Коммунасына болгон көз карашы менен Советтер идеясын бириктирип, *мамлекет* тууралуу марксисттик окууну өнүктүргөн. «*Мамлекет* жана *революция*» (1917) деген эмгегинде Л. пролетариаттын диктатурасынын формасы катары кеңештердин өзгочөлүгүн анализдеп, мамлекеттин келечегин жана начарлоо шарттарын аныктаган. Коммунисттик Интернационалдын лидери катары ал башка партиялардын мүчөлөрүнө большевиктик уюмдук принциптерди жана Орусиянын революциячыл тажрыйбасын тануулоого мүмкүнчүлүк берген. Ошону менен бирге конституциялык өнүгүүнү жана бара-бара *реформалоо* жолун тандаган Батыш Европанын *социал-демократиясы* менен ажыроо, бөлүнүү процессин тездеткен.

ЛИ – байыркы Кытай философиясындагы өзүнүн мааниси боюнча көп кырдуу түшүнүк, бирок аны которгондо «церемония» (шаан-шөкөт), «ритуал» (жөрөлгөнү өткөрүү тартиби, урматтоочулук, асылзат) деген сөздөрдү түшүндүрөт (бул салт, үрп-адат, каада, ырым-жырымдар жөнүндөгү түшүнүктөр). Л. – мурасчы аристократтар өздөрүнүн үстөмдүгүн жүргүзүүдө колдонулуучу традициялык жол-жобо. Бул иерархия системасынын чокусунда асмандын уулу Тянцзы турат, падышачылыкты анын орун басары – вандар, гунндар башкарышат. Булар тянцзы менен теги (каны) бир болгондуктан байланышта.

ЛИБЕРАЛДЫК ПАРТИЯЛАР – инсанга карата болгон мамлекеттик жана коомдук мажбурлоонун деңгээлин азайтуу максатында, саясий жана экономикалык программаларды, идеялык-саясий көрсөтмөлөрдү корутундуланда түзүлөт. Ушул идеялык негизде XIX к. бир катар саясий *партиялар* түзүлгөн. Алар өз программаларын адам укугун *инсандын* баалуулугун, *бийлик* системасында *бийликти бөлүштүрүүнүн*, иш тандоо эркиндигин жана атаандаштык эркиндигин тааныуга не-

гиздешкен. Саясий *либерализм* агартуучулуктун идеяларына – коомдук келишим, адамдын табигый абалы, адамдын укуктарынын «түбасалыгы» жөнүндөгү окууга (Дж.Локктун саясий философиясы, И.Канттын этикасы жана *укуктук* философиясы) негизделген. Бирок либерализм логикасына ылайык, эркин инсан моралдык жоопкерчиликке да ээ. Ошондуктан индивиддин эркиндиги жана анын социалдык жоопкерчилиги ажырагыс болушат. Инсандын эркиндигинин ушундай түшүнүүсүндө *укуктук мамлекет* ылайык келет. Мамлекет өзүнүн ишмердүүлүгүн инсандын экономикасына (А.*Смит*), рынок экономикалык ишмердүүлүгүнө (М.*Бентам*, Дж.С. Милль, Г.*Спенсер*) кийлигишүүсүз укуктук мейкиндикти сактап калуу менен чектейт. Ушул абалда алардын консерватордук жол менен идеологиялык айырмачылыгы байкалат. Себеби алар коомдук жашоонун «индивидуалдуулуктан жогорку» баалуулуктарынын маанилүүлүгүн жана жашоонун адатта калыптанган формаларынын биринчилигин белгилеп турушат.

ЛИБЕРАЛИЗМ (лат. liberalis – эркиндик, эркиндикке караштуу) – саясий маданияттын башаты, коомдук турмуштун, индивиддин саясий-экономикалык, системалык нравалык багыты. Тар маанисинде Л. – мамлекеттин аз кийлигишүүсү астында эркин конкуренция, рыноктук механизмдерди сактап калууга умтулган *либералдык партиянын саясаты*. Л. идеялык негизин түзгөндөр: 1) адамдардын теңдиги; 2) индивидуалдуу эрк; 3) *рационалдуулук*; 4) тартып алууга мүмкүн болбогон укуктар: жашоо үчүн укукту, менчик, эркиндик укуктарын камсыз кылуу; 5) жалпы *консенсустун* негизинде мамлекетке биригүү; 6) *мамлекет* менен *инсандын* мамилесинин келишимдик мүнөзү; 7) *мыйзам* – социалдык көзөмөлдүн куралы; 8) мамлекеттин ишмердүүлүгүн чектөө; 9) адамдын жеке турмушуна мамлекеттин кийлигишөөсүн камсыздоо; 10) дин эркиндиги ж.б. Ушул шарттардын комплекси конституционализмди түзөт. Конституционализм системасы: 1) Мыйзам чыгаруучулардын ишмердүүлүгүн чектейт; 2) *Мыйзамдын* белгилүү чектерин белгилейт; Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Л. көп касиеттерин жоготкон. 70–80-жж. *консенсустун* бузулушу, *глобалдык проблемалардын* күчөшү Л-ди өзгөрүүлөргө дуушар кылды. Л. айрым принциптерин өзгөртүп, ыңгайлашууга туура келип жатат – жаңы неолиберализм Л. агымдын пайда болушу байкалууда.

ЛИЗИНГ (англ. liesing – ижарага алуу) – юридикалык же жеке жактын түрдүү эмгек каражаттарын өзүнүн менчигине алып пайдалануусу; узак убакыт пайдалануу үчүн товарларды кредиттөөнүн бир түрү. Иш жүзүндө ал пайда алуу үчүн менчигинде машиналардын, жабдуулардын ж.б. мүлктүн болушу милдеттүү түрдө эместигин, эң ириде аларды билгичтикте пайдалануу аркылуу кирешени мол алуу укугуна ээ болуу экендигин ырастайт. Анын ижарадан негизги айырмачылыгына төмөндөгүлөр таандык: анын иш-аракетин үч тарап, тагыраак айтканда Л-ге мүлктү берүүнү Л. берүүчү эмес, атайын Л. компаниясы ишке ашырат, тиешелүү тараптардын өз ара катыштары сатып алуу-сатуу келишимдин шарттарында атайын жайда машиналарды жана жабдууларды техникалык тейлөөнү жана капиталдык ремонтту кардар (Л. алуучу) өзүнүн менчик каражаттарынын эсебинен жүргүзөрү сүйлөшүлөт; келишимде ошондой эле Л. алуучу ижаралануучу каражаттарды сатып алуу үчүн Л. алуучунун тандоосу алдын-ала каралат. Л-дин оперативдүү (кыска мөөнөттүү), финансылык (узак мөөнөттүү), кыймылсыз мүлктөр, эл аралык ж.б. сыяктуу бир нече түрү бар. Л. башка бир катар белгилери, мис., менчик катыштарынын (топтук, жеке менчик ж.б.) жагдайы Л. операциясы ишке ашырылуучу базар (түздөн-түз жана кыйыр, транзиттик, экспорттук ж.б.) боюнча да бөлүнөт.

ЛИТУРГИЯ (гр. – ибадат, табынуу, сыйынуу) – *христиан* динининн эртең менен же түшкө жакын чиркөөдө өткөрүлүүчү, окулуучу намазы. Л. өз кезегинде христиан динине чейинки диний ырым-жырымдардан улам пайда болгон.

ЛИЦЕНЗИЯ (лат. licentia, англ. licence – укук, уруксат берүү) – 1) ишмердиктин белгилүү түрү менен алектенүүгө (мис., банктык, жеке медициналык, басмалык) же мыйзам

боюнча лицензиялоого жаткан аракеттерди ишке ашырууга мамлекеттик орган тарабынан берилүүчү уруксат; 2) лицензиялык келишим же болбосо сот же компетенттүү мамлекеттик органдын административдик чечими боюнча берилүүчү ойлоп табууну, өнөр жайлык үлгүнү, пайдалуу модель же башка техникалык жетишкендикти пайдалануу укугу. Л. түрлөрү төмөнкүчө болот: башкы (ишмердиктин белгилүү түрү менен алектенүүгө); бир жолку (уруксат берилген көлөмдүн, салмактын же сандын чегинде белгилүү бир чарбалык аткарымдарды ишке ашырууга); туруктуу (мөөнөтү чектелбестен берилүүчү); убактылуу (2 жылдан кем эмес убакытка берилүүчү) ж.б. Л. төмөндөгүдөй үч түргө ажырайт: жөнөкөй Л., мында ойлоп чыгарууларды, техникалык билимди ж.б. пайдалануу лицензиардын өзүнө укук берилет, же ушуга окшогон Л-ларды башка кызыккан *инсандарга* берүүгө укуктуу болот; өзгөчө Л., мында белгилүү бир аймакта технологияны (ойлоп чыгаруу ж.б.) пайдалануу лицензиатка монополиялык укук берүү алдын-ала каралат, ошону менен бирге лицензиар Л-ны өз алдынча пайдалануудан жана аны тиешелүү аймакта сатуудан баш тартат (кээде лицензиар лицензиатка өткөрүп бербей калган Л-ны пайдалануу укугун өзүнө ыйгарып калышы ыктымал); толук Л., мында болсо Л-лык келишим иш-аракетинин бүт мөөнөтүндөгү Л. предметинин нугунан келип чыгуучу мүлктүк бардык укук лицензиатка өтөт. Өзгөчө Л. лицензиаттын укугун чектөө менен жүргүзүлсө, анда муну чектелген өзгөчө Л. деп аташат. «Ноу-хау» катышпастан эле тиешелүү патентти берүүгө болуучу Л. патенттик Л., ал эми ойлоп чыгарууга патенти жок «ноу-хау»-ну пайдалануу кеңири таралган Л-ны патентсиз Л. деп аташат. Алардын саны адатта инвестициялык шериктештикте жана жаңы техниканын, технологиянын долбоорлорун сатууда өсөт. Л. термини кандайдыр бир иш-аракеттерге киришүүгө (имарат курууга, пайдалуу кендерди өздөштүрүүгө ж.б.), аңчылык кылууга уруксат берүүчү документ катары да колдонулат.

ЛОББИЗМ (англ. lobby – коридор) – тарыхый жактан «Л.» түшүнүгүнүн семантикасы «lobbies» (парламенттик кулуарлар) же «hallways of parliament» (өздөрүнүн дебаттарына чейин же андан кийин парламентарийлер чогула турган коридор) дегенди түшүндүрөт. Бүгүнкү күндө бул түшүнүк ар түрдүү мааниге ээ. Кең мааниде алганда ал публикалык акцияларды (мис., демонстрацияларды) же ар түрдүү институттардын (ассоциациялардын, адвокаттык конторалардын, «акыл борборлорунун» ж.б.) публикалык чөйрөсүндөгү иш-аракеттерди билдирет. Тар мааниде – бул өзүнүн улуттук же глобалдык деңгээлдеги салмагына ылайык корпоративдик сектордун экономикалык кызыкчылыктарын коргоо. Лоббирлөө чечимдерди кабыл алуу процессине, ага ылайык бул процесске түздөн-түз катышкан адамдарга таасир көрсөтүү тажрыйбасына ээ. Лоббисттик ишмердик анын жардамы менен кызыкчылык топтору саясий чечимдерди кабыл алуу процессине катышып, өз максаттарын иш жүзүнө ашыра турган механизмдердин бири болуп саналат.

Азыркы мезгилде Л. демократиялык саясий процесстин милдеттүү атрибуту болуп калган, бирок анын ар кайсы өлкөлөрдөгү көрүнүшү тарыхый жактан түзүлгөн формалардын бүтүндөй комплексинен көз каранды. Биздин күндөрдө «Л.», «лоббист» түшүнүктөрү дүйнөнүн ондогон өлкөлөрүнүн публицистикасына, *саясат таануусуна*, коомдук-саясий, коомдук-экономикалык жана маданий турмушуна кеңири жайылды. Бирок анык бир нерсени байкабай коюуга болбойт: лоббисттик ишмердик бир эмес, бир нече жылдан бери өнүккөн демократиялык мамлекеттердин иш жүргүзүүсүнүн элементи болуп калды, ар түрдүү легитимдүү каналдар (*парламент, аткаруу бийлиги, массалык маалымат каражаттары* ж.б.) аркылуу шаардыктардын, ал тургай өкмөттүн башын кошуу менен өнөр жай корпорацияларын, профсоюздарды, профессионалдык ассоциацияларды, аялдар уюмдарын, аймактык жана муниципалдык бийлик жана башкаруу органдарын, керектөөчүлүк коомдорун камтыган ар түрдүү факторлордун спецификалык кызыкчылыктарын иш жүзүнө ашырат. Лоббисттер демократиялык башкарууда маанилүү функ-

цияны аткарышат. Алар пайдалуу маалыматтар менен камсыздашат жана ар түрдүү масселелер боюнча өкмөттүк чиновниктерге кеп-кеңеш беришет. Ошол эле учурда лоббисттердин легалдуу технологиялары коом менен бийликтин ортосунда тескери байланышты түзүшөт, *мамлекеттик бийлик* органдарындагы кызыкчылыктардын функционалдык өкүлчүлүгүнүн тутумун цивилизациялуу чектерге алып келет.

Л. – бул глобалдуу практика, көп миллиарддык бизнес. Мис., 2010-ж. АКШнын федералдык деңгээлинде гана лоббисттердин кызматы 3,5 млрд долларга жеткен. Бул бизнеске көптөгөн адамдар тартылышкан.

ЛОЗУНГ (ураан) (нем. losung) – кыска формадагы чакырык; үгүттөөнүн чечмелөөчү ыкмасы болуп саналат.

ЛОКК Жон (1962–1704) – англис философу, либерализмдин негиздөөчүсү. Л-тун социалдык-саясий концепциясын «Мамлекетти башкаруу жөнүндөгү эки трактат» (1690) камтыйт. Биринчи трактат – Р.Фильмердин феодалдык-патриархалдык «королдун абсолюттук бийлик укугу кудайдан» деген көз карашын төгүнгө чыгарууга арналган. Экинчиси – конституциялык парламентардык монархия теориясын камтыйт. Мында акыйкатта 1688–89-ж. көтөрүлүштөн (революция) кийин Англияда бекемделген социалдык-саясий түзүлүштү актаган жана негиздеген. Мамлекеттин болбой койбостугун Л. табигый укук жана «коомдук келишим» теориясынын позициясында сүрөттөгөн. Гоббстун мамлекеттин абсолюттук теориясынан айырмаланып, өкмөт Л-туку боюнча «табигый укуктун» айрым гана бөлүктөрү катары берилет (сот адилеттигин жүргүзүү жана тышкы байланыш ж.б.у.с.), бардык калгандарды сөз эркиндиги, динге ишеним жана менчикти өзгөчө эффективдүү коргоо максатында берилет. Мамлекеттеги мыйзам чыгаруучу бийлик аткаруучу бийликтен ажырашы зарыл (сот адилеттигин кошуп), бийликтин өзү мыйзамга баш ийиши керек. Калк эркин, эрктүү болуп калат жана өкмөттү колдобой коюуга укугу бар, жоопкерсиз өкмөттү кулатууга акысы бар.

ЛОЯЛДУУЛУК (англ. loyal – убадада турган, берилген) – коом, *мамлекет*, индивид, түрдүү катмардагы социалдык топтордун өз ара аракетинин саясий-психологиялык маанилүү механизми. XVII к. Англияда Л. деп, революция мезгилинде монархиялык түзүлүштү жактоочуларды аташкан. Негизинен Л. жаран деп – ак ниет, берилген, *мыйзамды* сыйлаган индивидди айтышат. Л. феноменинде ички жана тышкы, *инсандын* социалдык жактарын бөлүп караса болот. Л. термини биринчи ирет социалдык-саясий *институттарга*, айрыкча *мамлекетке* карата так аныкталат. Көп өлкөлөрдө Л. сакталат, бирок айрымдарында жалданма жумушчуларды кожоюнга карата мамилеси өзгөргөндөй эле жарандардын Л-ка мамилеси төмөндөп бара жатат.

ЛЮМПЕН-ПРОЛЕТАРИАТ (нем. lumpen – самтыраган) – өз алдынча уюшулган кыймылга жөндөмсүз пролетариаттын эң төмөнкү катмары, коомдун төмөнкү катмарынын өкүлдөрү. 1944-ж. А.Кестлер «люмпен-буржуазия» деп *кризис* маалындагы *интеллигенцияны* атаган. Азыркы Л. п. өз проблемаларынын чечүүнүн жолун издегенге караганда, аны чечүүнү мамлекеттен талап кылууну көбүрөөк колдонушат.

М

МААЛЫМАТТЫК КООМ – коомдун турмуштук ишмердигинин бардык тараптары жөнүндөгү ылдам өсүп бараткан, баарын түшүнгөн делген көз караштан алып караганда азыркы коомго болгон көз карашты божомолдогон түшүнүк. «М. к.» деген түшүнүктүн өзү салыштырмалуу сейрек колдонулса дагы, керек болсо анын ачык эмес таасири дагы мындан ары уланган «маалыматтык жарылуунун» шартында адамга эмне болоорлугу жөнүндөгү улам барган сайын курчуп бараткан суроолорго жооп издөөгө аракет кылбайт. Маалыматтык технологиялар менен инфраструктуралардын, анын ичинде массалык маалымат каражаттарынын экономикалык, социалдык жана маданий таасирлери кандай, айталы, кабелдик жана спутниктик дегенди кошо алганда телекөрсөтүү күнүмдүк турмуштун глобалдашуусунда, бүтүндөй планетада руханий турмушту калыптандырууда негизги ролду ойноп калды.

«М. к.» түшүнүгүндө бүтүндөй азыркы коомдун өнүгүүсүнүн башкаруучулук аспектиси өзөктүү болуп саналат. Бекеринен ал кибернетика (б.а., дал ошол эң татаал, жогорку деңгээлде уюштурулган системаларды башкаруучулим) менен информатиканын ийгиликтеринин таасиринде пайда болгон эмес. Аларда маалымат – жөн гана кабар же бир нерсе жөнүндөгү билим эмес, а тигил же бул системаны башкаруудагы сандык жактан белгиленген өлчөм. Биринчи кезекте маалыматтык өндүрүшкө карата А.Тойнби тарабынан «эфирдештирүү» деп аталган тенденция жүзөгө ашат, мында көп нерсе азыраак чыгымдар менен ишке ашат. Азыркы технологиялар негизинен өз таасири жагынан алганда бүткүл дүйнөлүк болуп саналат, бирок биринчи кезекте бул дал ушул маалыматтык технологияларга караштуу, адамдардын борбордук нерв системаларынын уландысы катары аларды бир «глобалдык кучакка» кошот. Турмушунун бардык тараптары күнүгө бири-бирине көз каранды болгон бүтүндөй адамзаттык коом – электр жарыгынын ылдамдыгы менен кыймылдап (300 т. км/сек), б.а., көз ирмемде Жер шарын кыштактардын өлчөмүнө чейин «кыса турган» жайылгычтыктагы маалыматты өндүрүүнү оптималдаштырууну көздөйт. Маалыматтык технологиялардын өнүгүшүндөгү жетекчилик бул өнүттө улам барган сайын азыркы, М. к-го өтүп бараткан доордо үстөмдүк кылуучу абалды камсыздоонун эффективдүү каражаты болуп бараткандыгынан көрүнөт. Турмуштун глобалдык сапатын калыптандырууда жана жаңы дүйнөлүк тартипти орнотууда Батыштын, баарыдан мурда АКШнын толук жоопкерчилигин (укукка ылайык) ырастай турган капитализмдин алдыңкы өлкөлөрүнүн саясатын жүзөгө ашыруу менен байланышкан бир катар изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде ар кайсы булактардан маалыматты интеграциялоого жана анын негизинде тигил же бул аймакта окуялардын өнүгүүсүнүн толук картинасын түзүүгө жөндөмдүү комплекстүү компьютердик системаларды түзүү милдети коюлган.

М. к-дун өнүгүшү менен *массалык маалымат каражаттарынын* маанисинин өсүп баратканы үчүнчү дүйнөлүк согуштун (б.а., бүтүндөй адамзаттын тагдырын чечүүгө арналган согуш) эми келип калгандыгын алдын-ала кабарлайт; бул «аскердик жана жарандык адамдардын ортосундагы айырмачылыкты тааныбаган маалыматтын партизандык согушу» (М.Маклюэн). Улам барган сайын көндүм болуп бараткан нерсе – массалык маалымат каражаттарынын, өзгөчө телекөрсөтүүнүн – анын ага таандык сценаризми жана адам менен коомдун аң-сезимине таасир этүү жөндөмү менен – дипломатиясын жүзөгө ашыруу. Аудиовизуалдык техниканын андан аркы өнүгүшү «массалык маданияттын» өндүрүшүн борбордоштуруу менен концентрациялоону күчтөндүрүү сыяктуу эле руханий өндүрүштү автономдоштуруу, жаңы коомдук күчтөрдү күнүмдүк ачыкка чыгаруу үчүн дагы мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

М. к-ду дагы бир жагдай – анын социалдык жана саясий жүзү менен анын өнүгүш деңгээли: калктын маалыматтуулугу, массалык маалымат каражаттарынын бардык кызматтарынын тоскоолдуксуз иши жана алардын объективдүү маалыматтарды жана аларды баалоону жыйноо жана көрсөтө билүү жөндөмдүүлүгү; ошондой эле, аз эмес маанилүү нерсе, алардын ишине элдин бардык катмарынын кызыкдарлыгы, маалыматтын жетиштүүлүгү жана аны алууга мүмкүндүк бере турган техникалык каражаттардын болушу – айырмалайт.

МААЛЫМДУУЛУК, БАСМА СӨЗ ЭРКИНДИГИ – демократиянын башкы атрибуту; ансыз демократиялык *саясий система* функция аткара албайт. Бир гана М., б. с. э. шарттарында жарандардын сөз эркиндиги, өз көз караштарын билдирүү укугу реалдуу болот. Эгерде шайлоочулар коомдогу жана дүйнөдөгү иштердин (окуялардын), бийлик структураларынын абалы, саясий партиялардын платформалары, алардын лидерлери тууралуу толук маалымат алышпаса, саясий шайлоо эркиндиги болушу мүмкүн эмес. Эгерде *массалык маалымдоо каражаттары* шайлоочуларды бул же тигил идеологиянын артыкчылыгын ынандырууга аракет кылган, аларга *мамлекеттин* жана коомдук проблемалары жөнүндө өз түшүнүктөрүн таңуулаган, өзүлөрүнө пайдасыз (ыңгайсыз) маалыматты жашырган бир *саясий партия* же

мамлекеттик чиновниктер тарабынан тескелсе (текшерилсе) анда М., б. с. э. жөнүндө айтуу мүмкүн эмес. Мындай текшерүү, саясий цензура саясий жаңылыштыкты жетишкендик деп көрсөтүүгө, *коррупция*, *бийликти* кыянатчылдык менен пайдалануу фактыларын жашыруугa, террористтик репрессиялык *саясатты* актоого мүмкүнчүлүк берет. Мындай учурда элдин эркин толук көлөмдө чагылдырбай, колунда барлардын бийлиги тарабынан *саясий манипуляциялоонун* объектиси болуп калат. Албетте, М., б. с. э. демократтык коомдо да абсолюттуу болбойт. Маалыматтуулук ошону менен бирге массалык маалымат каражаттары үчүн тыюу салынган теманын жоктугуна, кандайдыр бир чектөөсүз түрдө көз караштарды жана ойлорду чагылдыруу, түрдүү кабарларды пайдалануу жана басып чыгаруу мыйзам тарабынан куугунтуктала турган мамлекеттик, мекемелик жана коммерциялык сырлардын болгондугун жокко чыгарбайт. Бул кандайдыр бир өлчөмдө кабарларды алуу жана жайылтуу булактарын чектейт. Андан соң, массалык маалымат каражаттары цензурага дуушар болбогонуна карабай (согуш убагынан башкысы), басылып жаткан материалдын тактыгы үчүн жоопкерчиликтүү болушат. Эркин пресса сыяктуу эле, ар бир жаран, менчик компания, мамлекеттик мекеме алардын ишмердүүлүгүн кемситкен жана толугу менен фактыларга жооп бербеген маалыматтын ачыкка чыгышы менен келтирилген залалы үчүн компенсация талап кылуу менен кайрылууга укугу бар. Өзүнчө алынган маалымат каражаттарын толугу менен эркин деп эсептөөгө негиз жок. Газеталар, радио жана телекорпорациялар өзүлөрүнүн окурмандарынын жана угуучуларынын оюндагыларын жана күткөндөрүн эсепке алат, алардын акцияларынын контролдук пакеттерин кармоочулардын жана коммерциялык реклама менен камсыз кылган фирмалардын директорлорунун каалоолору менен эсептешишет. Рынок экономикасынын убагында, *саясий плюрализм* шарттарында массалык маалымат каражаттарынын чөйрөсүнө аракеттенген компаниялар ортосунда атаандашуунун болушу менен бардык газеталарга, радио жана телекөрсөтүүгө жалпы улуттук масштабда бирдиктүү «жолду» камсыз кылуу практикада мүмкүн эмес. Мындан башка көп өлкөлөрдө шайлоо алдындагы кампания убагында бардык талапкерлерге, анын ичинде маргиналдык саясий күчтөрдө көрсөтүүчүлөргө да, бирдей убакытты бөлүп берүүгө телекомпа- нияларды милдеттендирген мыйзамдар бар. Албетте, жетектөөчү партиялардын талапкерлери өз көз караштарын чагылдыруу үчүн кошумча убакытты сатып алууга мүмкүнчүлүктөрү бар. Жалпысынан, басма сөз эркиндигин массалык маалымат каражаттарынын көз карандылыгы эмес, өлкөдө жарандарга түрдүү маалыматтарды эркин алуу укугу менен пайдалануугa мүмкүндүк берген, көп сандаган түрдүү багыттагы басма, радиотелекомпанияларынын болушу камсыз кылат. «Жабык» коомдордун иштөө мүмкүнчүлүгүн абдан чектей турган бирдиктүү дүйнөлүк маалымат мейкиндигинин калыптанышы М., б. с. э-нин өнүгүшүндө зор роль ойногон. Эл аралык радиокабар берүүнүн өнүгүүсү менен тоталитардык мамлекеттердин жарандары да белгилүү өлчөмдө альтернативдүү кабарлардын, анын ичинде өз өлкөлөрүндөгү иштердин абалы тууралуу булактарына жол ачкан. Тоталитардык тартипке эл аралык кабар алмашууну, минимумга жеткизүү менен катуу текшерүүгө умтулуу таандык. Цензурадан өтпөгөн жана санкцияланбаган алмашуу дос эмес өлкөлөрдүн «маалымат *агрессиясы*» катары бааланып, өз мамлекетинин жарандары үчүн, атайын укук берилген адамдардан башка, цензурадан өтпөгөн чет өлкөлүк кабарлардын булагын пайдалануу – начарлатуу ишмердүүлүгүнө теңделген. Бирок ошондой болсо да *адам укугун* гарантиялаган, эл аралык таануугa ээ болгон нормалар, негизинен 1948-ж. *Адам укугунун жалпы декларациясы*, ар бир адам кабарларды жана идеяларды мамлекеттик чек арага карабастан түрдүү каражат менен издеп алып, жыйнатууга эркин деп болжойт (19-берене). 1975-ж. гана СБСЕнин Хельсинкидеги Бүтүрүүчү актысына кол коюу менен бирге Советтер Союзу өзүнө кабар тармагында эл аралык алмашууга жардам берүү милдеттүүлүгүн алган. Бирок, реалдуу түрдө маалымдуулук жана басма сөз эркиндиги СССРде кайра куруу

процессинин жүрүшүндө бекитилип, 1991-ж. августунан кийин Кыргызстанда жаңы өнүгүүгө ээ болгон.

МАДАНИЙ РЕВОЛЮЦИЯ – *революциядан* кийинки *интеллигенциянын* социалдык курамын өзгөртүүгө жана революцияга чейинки маданий мурастарды каада-салттары менен ажыратууга багытталган бир катар чаралар. 20-ж. СССРде жана 60-ж. КЭРде саясий ички партиялык күрөштүн жана диктатордук режимди бекемдөөнүн бирден-бир каражаты катары колдонулган.

МАДАНИЯТТЫК ААЛАМДАШУУ – ааламдашуу Батыш жашоосунун стилинин, көпчүлүк маданияттын жана ой жүгүртүү түрлөрүнүн басып алуусу менен да байланышкан. Ааламдашуунун дал мына ушул багыты адамдардын күндөлүк турмушунда кенен көрүнөт жана көптөгөн өлкөлөрдө улуттук өз алдынчалыкты сактап калууга болгон умтулууларга чакырат. Ааламдашууга жооп иретинде улутчулдуктун жана аймактык, анын ичинде Борбордук Азияда интеграциянын өсүшү мисал.

Европалык элдер интеграция ишине өз салымдарын кошуу аракетин жасап, маданий кенен байланыштар жана кооперациялар аркылуу өздөрүнүн улуттук жаңы баалуулуктарын бекемдеп жаткан кезде, аймактын башка өлкөлөрү сыяктуу эле Кыргыз Республикасына да батыш европалык мамилелерди жана идеяларды киргизүүдөн качышы, батыш жана чыгыш цивилизацияларынын жетишкендиктерин сиңирип алган өзүнүн маданий окшоштугун сакташы, өз ара пайдалуу маданияттар маегин башташы өтө маанилүү. Батыш менен Чыгыштын ортосунда, Улуу Жибек жолунда турган Борбордук Азия мамлекеттери Иран, Индия, Кытай менен кенен маданий байланыштарды сактап келишкен жана маданий өнүгүштүн жогорку деңгээлине ээ.

М. а. эки феномен менен байланыштырышат. Биринчиси, Жер шарынын калкынын көбүрөөк бөлүгүнө батыштын индивидуалисттик баалуулуктарын жайылтуу менен мүнөздөлөт. Экинчи багытты бүткүл дүйнө жүзүндө батыш «оюн эрежелерин» өздөштүрүү деп атоого болот. Албетте, бюрократтык уюм жана рационалдуулук, материалисттик көз караштар, экономикалык натыйжалуулук менен саясий демократиянын баалуулуктары европалык Агартуу мезгилинен бери эле бүтүндөй дүйнөгө таралып келе жатат. Ошону менен бирге эле дүйнөдөгү маданий тил табышуунун өзгөчө маанисин моюнга алуу керек. Дүйнөлүк тутум көп маданияттуу болгону менен: рационалдуулук, индивидуалдуулук, теңчилдик, натыйжалуулук сыяктуу батыш баалуулуктарынын дүйнөнүн башка бөлүктөрүнө таасиринин өсүп бараткандыгына көздү жуумп коюунун кереги жок. Коомдук өндүрүш улам барган сайын жалпы интеллектуалдык, маданий жана рухий жыргалчылыктар менен тейлөөлөрдү түзүүгө багыт алган, ал эми маданият чөйрөсүндө, өзгөчө көпчүлүк маданият чөйрөсүндө атаандаштык жана рынок мыйзамдары катуурааk сезилет.

МАЖОРИТАРДЫК СИСТЕМА, кара: *Өкүлчүлүктүн мажоритардык системасы.*

МАКС Вебер (1864–1920) – атактуу немец социологу, тарыхчы, экономист, юрист. *А.Вебердин* бир тууганы. Негизги эмгектери: «Байыркы дүйнөнүн агрардык тарыхы», «Протестанттык этика жана капитализм руху», «Чарба жана коом». Вебердин методологиясынын негизинде тарыхый процесстердин ойдогу абстрактуу жана ыктыярдык конструкциялары – идеалдуу типтер теориясы, социалдык аракеттери индивидуалдык мотивдерди талдоо аркылуу түшүнүү концепциясы турат. В. *саясий сферада* легитимдүү үстөмдүктүн үч тиби бар деп көрсөтөт. Биринчи тиби – легалдуу деп аталат, бул жеке адамдын бийлигине эмес, мыйзамдын күчүнө баш ийүүгө негизделген укуктук мамлекет болуп эсептелет. Экинчи тиби – салт, үрп-адатка, илгертен бери келе жаткан тартиптин жана бийликтин ыйыктыгына негизделген патриархалдык *мамлекет.* Үчүнчү тиби – харизматикалык үстөмдүк. Башкаруучунун өзгөчө, эң мыкты сапаттарына – *харизмага* негизделген. XX к. *укуктук мамлекеттердин* коомдук турмушунда күчөп бараткан *бюрократташтырууга* көңүл буруп, бул келечекте *бюрократия* менен *демократиянын* ортосундагы конфликтке алып келиши мүмкүн деген.

Демократташтыруу мезгилинде калктын кеңири массасы социалдык-саясий турмушка канчалык көбүрөөк тартылса, анда ошончолук көп сандагы уюмдар пайда болот да, акыры ал уюмдар демократташтыруунун өзүнө тоскоолдук кылаарын байкаган. Бюрократтардын тирандыгын болтурбоо үчүн В. *плебисцитардык демократия* теориясын сунуш кылган. Ага ылайык, плебисцитардык жол (жалпы калктын тикелей добуш берүүсү) менен шайланган харизматикалык лидер парламенттик демократиянын күчүнө дагы кошумча болууга тийиш. Вебердин ою боюнча XX к. *инсан*дын, коомдун жана мамлекеттин ортосундагы өз ара мамилелер маселесин чечүү көбүнесе харизматикалык лидердин гана колунан келет.

МАКИАВЕЛЛИ Николо (1469–1527) – Кайра жаралуу доорунун көрүнүктүү өкүлү, италиялык коомдук ишмер, саясий ойчул, тарыхчы жана аскердик теоретик. Ага карата мамиле ар дайым карама-каршылыктуу болгон: анткени, ал *саясий бийликтин* механизмин, анын максатын, милдетин, каражаттарын ырайымсыздык менен жарыялаган, ал эми экинчи жагынан, анын ойлору жана максаттары бардык убактарда жана түрдүү абалды пайдалануу болот деп табылган. Н.Макиавеллинин мурастарына өтө каршы болгондор анын ойлорун, көз караштарын бурмалап, кандайдыр бир аморалдуу, ырайымсыз нерсе катары көрсөтүү үчүн көп нерсени жасашкан. Спиноза айткандай, бул «акылман адам» белгилүү максатка: бөлүнүүчүлүктү жеңип, бекем, борбордоштурулган, унитардык италиялык мамлекетти түзүүгө умтулган.

МАКИАВЕЛЛИЗМ – *Никколо Макиавеллинин* аты менен байланышкан термин. М. деген түшүнүк алар аркылуу жарандык жана адамзаттык планда эч кандай каражаттардан жада калса кылмыштуулуктан да кайра тартпаган *саясаттын* синоними катары акылга сыйбаган нерседей көрсөтүлөт. Н. Макиавеллинин максаты, принциптери жана көрсөтмөлөрү эки жүздүүлүк, адепсиздик, арамзалык менен байланыштырылган. Чындыгында Н. Макиавелли кулаган феодалдык коомдун жана жаңы орноп жаткан капитализмдин адепсиздигин айгинелеп, колунда барлардын *бийлигинин* ыймансыздыгын ачып берген. «Менин жазгандарымды, – деп белгилеп кеткен ал, – эч качан ыймансыз ишти жашырып жабуу же мактоого татырлык аракетти жамандоого умтулуу болгон эмес». Азыркы мезгилдеги саясий проблемаларды чечүүдө М-ди объективдүү жана сын көз караш менен пайдалануу максатка ылайык.

МАКСАТ жана КАРАЖАТТАР, саясатта – *саясий ишмердүүлүктүн* эффективдүүлүгүн аныктай турган маанилүү структуралык элементтери. Саясий максат каалаган натыйжанын *саясаттын субъектисинин* талаптары жана кызыкчылыгы менен аларды канааттандыруунун шарттарына болгон катышынын элеси катары берилет. Максат – ар бир айкын саясий ишмердүүлүктүн башталышы эмес, эпицентри, ал анын жөнгө салуу функциясын аткарып, саясаттын субъектилеринин талаптары жана кызыгууларына ылайык иштелип чыккан келечектеги социалдык-саясий кубулуштардын моделин калыптандырат. Максат өзү негизги үч компоненттен турат: а) саясаттын субъектисин кызыктыруучу объекттердин маңызы жөнүндө билүү; б) өзүнүн негизи катары саясий проблеманы кабылдоо; в) саясий ишмердүүлүктүн натыйжасында келечек жөнүндө болжолдоо. Бир да саясий максаттын белгилүү каражаттарысыз ишке ашуусу мүмкүн эмес. Саясий каражаттар *саясаттын* субъектиси, *саясий процесстин* жүрүшүн текшерүү жана максатка жетүү үчүн колдонгон ишмердүүлүктүн куралы. Саясаттын субъектиси алдына койгон максатка жетүү үчүн пайдалануучу каражаттардын маанилүүлөрү болуп: а) саясий милдеттерди чечүүгө жөндөмдүү ресурстар (материалдык, адам, маалыматтык, маданий ж.б.); б) субъект тарабынан *саясий системага*, жалпысынан коомго жана анын түрдүү бөлүктөрүнө *мамлекет, саясий партиялар* ж.б. таасир кылуунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында түзүлгөн саясий уюмдар жана мекемелер; в) укуктук жана башка саясий нормалар; г) жалпы саясий максатка карата каражат болуучу жеке саясий максаттар; д) түрдүү саясий билим (кырдаалды билүү, профессионалдык даярдык), саясий тил, саясий сөз өзүнө

мүнөздүү болгон белгилер – фразеология, терминология, саясий риторика, саясий символика ж.б. менен; е) *массалык маалымат каражаттары* (пресса, радио, телекөрсөтүү), искусствонун (театр, кинематограф, көркөм чыгармачылык искусство) мүмкүнчүлүктөрү, бардык түрдөгү үгүттөө; ж) коомдук кыймылдар, агымдар жана алардын чыгуулары – *массалык саясий акциялар*, митингдер, манифестациялар, чогулуштар ж.б. Саясаттын каражаты болуп аң-сезимдүү түрдө *саясий күрөшко* тартылып жана ошого ылайык саясаттын субъекттери тарабынан белгилүү саясий максаттарына жетүү үчүн бурмаланган ар бир социалдык кубулуш, ар бир факт эсептелет. Максат менен каражат бирин-бири өз ара толуктайт. Бирде максат болгон нерсе, экинчисинде каражат жана тескерисинче болушу мүмкүн. Мис., саясий бийлик саясий ишмердүүлүктүн негизги максаты катары чыкса, ага жетишүүнүн каражаттары болуп шайлоо, массалык жарандык акциялар ж.б. эсептелет. Бирок саясий бийлик ошол эле учурда саясаттын субъектилеринин милдеттерин (социалдык-экономикалык ж.б. кызыкчылыктарын) камсыз кылуу каражаттарынын кызматын аткарат.

МАЛЬТУЗИАНСТВО – англис экономисти Томас Роберт Мальтустун (Malthus, 1766-1834) теориясы. Ага ылайык жардылык кандайдыр бир башка себептерден эмес, жалаң гана калктын санынын көбөйүшүнөн улам болот. Калктын саны М. боюнча геометриялык прогрессия менен (1, 2, 4, 8, 16...) өсөт. Ал эми жашоого зарыл болгон каражаттар арифметикалык прогрессия менен (1, 2, 3, 4...) гана көбөйөт. Ушул экөөнүн ортосундагы тең салмакты сактоо үчүн калктын өсүшүн жайлатуу керек. Мальтус анын үч жолун көрсөткөн: жардылык, бузукулук, көңүлдү ооздуктоо. Жардылык өлүмдү көбөйтөт жана калктын санын түздөн-түз кыскартат, бузукулук балдардын төрөлүшүн азайтат, көңүлдү ооздуктоо болсо үй-бүлө курууга каражаты жетпегендерди үйлөнүүдөн өз ыктыяры менен баш тартууга алып барат.

МАМБЕТАЛИЕВА Гүлмира Сулаймановна (1956-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору (2009-ж.)

Фрунзе шаарында (Бишкек) төрөлгөн. 1977-ж. КМУнун тарых факультетин артыкчылык менен аяктаган.

Эмгек ишмердүүлүгүн 1978–1979-жж. Г.Айтиев атындагы Кыргыз мамлекеттик көркөм сүрөт музейинин улуу илимий кызматкерлигинен баштаган. 1979–1984-жж. Кыргыз мамлекеттик медициналык институтунун философия кафедрасынын окутуучусу. 1984–1987-жж. Улуттук илимдер академиясынын философия жана укук таануу институтунун аспиранты. 1987–1996-жж. К.И. Скрябин атындагы Кыргыз айыл чарба институтунун философия кафедрасынын ага окутуучусу. 1996–2001-жж. Улуттук илимдер академиясынын философия жана укук таануу институтунун илимий, андан кийин улуу илимий кызматкери.

1999-ж. «Оптимизация как развивающееся понятие: логико-гносеологический анализ» темасында кандидаттык диссертациясын жактап, философия илимдеринин кандидаты даражасын алган. 2001–2008-жж. НМУда доценттин милдетин аткаруучу, андан соң доцент болуп эмгектенген. 2006–2009-жж. КР УИАнын философия жана саясат-укук изилдөө институтунун докторанты. 2008-ж. КРнын Тышкы иштер министрлигинин алдындагы Дипломатиялык Академиясынын профессору болуп иштейт. 2009-ж. «Содружество наций как фактор политических процессов в странах-участницах» темасында докторлук диссертациясын жактаган.

90дон ашуун илимий эмгектерди, алардын ичинде эки монографияны: «Феномен оптимизации в контексте глобализации» (2007), «Содружество наций как фактор политических процессов: азиатское измерение» (2008); 3 окуу китебин тең авторлукта: «Государственные системы современности: сравнительный анализ» (2011), «Саясат таануу. Окуу китеби» (2014), «Политология» (2015); 4 окуу куралын: «Экономическая политика Содружества наций» (2009), «Процессы интеграции и демократизации в современном мире» (2010), «Акторы мировой политики» (2012), «Глобальное измерение демографии, миграции и экологии» (2012) жана көптөгөн илимий макалаларды жарыялаган.

Илимий изилдөө тармагы: азыркы илимий аң-сезимдин түшүнүктүк аппаратынын проблемалары, эл аралык мамилелердин жана глобалдаштыруунун саясий жана философиялык проблемалары.

Мустафа Кемаль (Ататүрк) Эл аралык илимий жана маданий кайрымдуулук фондунун сыйлыгынын лауреаты.

МАМЛЕКЕТ – улуттун же көп улуттардын жалпылыгынан түзүлүүчү, кыйноону колдонууга мыйзамдуу укугу бар, *саясий элита* орноткон юридикалык тартип сакталган, аныкталган территорияда жайгашкан саясий бүтүндүк. 1) укук теориясында коомду уюштуруунун белгилүү ыкмасы, бардык коомго таралуучу, анын расмий өкүлү катары чыгуучу жана аргасыз кылуу каражаттары менен чараларына таянган саясий тутумдун, жалпы саясий бийликти уюштуруунун негизги катышы. Коомду башкаруучу тутум катары ички түзүмгө, өзүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашыруучу атайын органдарга – М. механизмдерине жана аппаратка ээ; 2) конституциялык укукта бийликтин расмий органдарынын (өкмөт, парламент, сотор ж.б.) жыйындысы, бир өлкөнүн же башка аймактык-саясий бирдикте ошол органдардын (префектери, комиссарлары ж.б.) жергиликтүү агенттери (өкүлдөрү) менен аракеттенүү; 3) эл аралык укукта эл аралык мамилелердин негизги субъекти. Өзүнө уюмдашкан саясий бийликти жана белгилүү аймактагы калкты камтыйт. Негизги аныктоочу белгиси эгемендүүлүк болуп саналат.

МАМЛЕКЕТ БАШЧЫСЫ – жогорку кызмат адамы. Мамлекеттин *аткаруучу бийлигин* алып жүрөт жана тышкы дүйнө менен болгон байланыштарда жогорку өкүлү болот. Азыркы учурдагы *монархияларда* (Улуу Британия, Дания, Жапония, Швеция, Испания ж.б.) М. б. – монарх (падыша, император, эмир). Анын бийлиги эреже катары *мыйзам* орноткон тартип менен бир өкүлүнөн экинчи өкүлүнө мураска берилет. Республикаларда М. б. – *президент*. Ал түздөн-түз калк тарабынан (Орусия, Аргентина) же көп баскычтуу шайлоолордун (Италия, ФРГ, Индия) натыйжасында шайланат. Бир катар өлкөлөрдө индивидуалдуу М. б. бар, президенттик *республикаларда* (АКШ, Мексика, Африканын кээ бир өлкөлөрү) ал бир эле убакта *Өкмөттүн башчысы* болуп калат. Көптөгөн чет өлкөлүк мамлекеттердин конституциялары М. б-на кеңири укуктарды ыйгарган: ал *өкмөт* башчыларын жана министрлерди дайындайт, куралдуу күчтөрдүн жогорку башкы командачысы болот, күнөөнү кечүү *укугуна*, *вето* укугуна ээ, ал орден жана медалдарды ыйгарат, парламенттин сессиясын чакырат, парламентти таркатуу укугуна ээ, шайлоолорду дайындайт, мыйзам чыгаруучу демилге укугуна ээ, парламентке сунуш-талаптар менен кайрылуу укугуна ээ ж.б. Иш жүзүндө болсо парламенттик бийлик түрүндөгү мамлекеттеринде М. б-нын укуктары анын атынан *өкмөт* тарабынан ишке ашырылат, *Парламенттик республиканын* (Франция) – мисалында түзүлгөн кээ бир мамлекеттерде өкмөттүн ролун *президентке* «улуттук көз карандысыздыктын гаранты» катары чыныгы кеңири укуктарды берүү жолу менен азайтуу тенденциясы байкалат. М. б-на өзгөчө абалда укуктарды берүү да практикада кездешет. Президенттик республикаларда М. б. бир эле мезгилде өкмөттүн башчысы болуу менен бирге, өзүнүн укугун өз алдынча ишке ашыра алат. Бул болсо анын бийлик органдарынан көз карандысыз болушуна мүмкүндүк берет.

МАМЛЕКЕТТЕН АЖЫРАТУУ (денационализация) – менчиктин мамлекеттик формасынын башка формага өзгөрүү процесси, тоталдык мамлекеттик экономиканын аралаш, көп түрдүү экономикага өтүүсү. Мамлекеттик менчиктин өзүнчө болок жарандардын, физикалык жана юридикалык жактардын колуна өтүүсү, ошондой эле менчиктин ар кандай формаларынын түзүлүүсү. М. а-нун тескери процесси – *улутташтыруу*. М. а. ар кандай принципиалдык формаларга ээ болуусу мүмкүн, аларды бир катар белгилери боюнча классификациялоого болот: ээ болууга бир гана кызматчыларга же бардык каалоочуларга уруксат берүү; менчикти кайра бөлүштүрүү механизмин акчалай же атайын чек түрүндө ишке ашыруу; сатуунун техникасы; ишканалардын уюштуруу структураларынын жана менчиктештирүүдө фонддук рыноктун жана институционалдык инвесторлордун тигил же бул катышуучуларынын даражасы ж.б. Реалдуулукта бул варианттардын көпчүлүгү эреже катары жыйынды түрүндө колдонулат.

М. а-нун 3 процесси ажыратылат: 1) түздөн-түз М. а. – мамлекеттик органдардын башкаруу боюнча функцияларынын ишканалар тарабынан кыскартылышы жана ишканалардын экономикалык чечимдерди кабыл алуудагы укуктарынын кеңейүүсү. Мындай учурда менчиктин формасы өзгөрбөйт. 2) мамлекеттик менчиктин менчиктин башка (мамлекеттик эмес) формаларынын ишканаларына айлануусу – бул кең мааниде *менчиктештирүү* деп аталат (ААК, шериктик). 3) мамлекеттик жана коллективдик менчиктин ар кандай түрлөрүнүн кайра түзүлүүсү – тар маанидеги *менчиктештирүү*.

МАМЛЕКЕТТЕРДИН ӨЗ АРА КӨЗ КАРАНДЫЛЫГЫ ЖАНА ДҮЙНӨНҮН БҮТҮНДҮГҮ, АНЫН БИРИМДИГИ – XX к. аягындагы эл аралык *саясат*тын теориялык жана көз караштык негиздерине чечүүчү таасир тийгизе турган азыркы дүйнөлүк тутумдун же дүйнөлүк коомдоштуктун негизги мүнөздөмөлөрүнүн бири. Дүйнөнүн бүтүндүгү түшүнүгү дүйнөлүк коомдоштуктагы бардык диндердин органикалык өз ара байланышын, ички биримдигин көрсөтүп турат.

МАМЛЕКЕТТИК АППАРАТ – *мамлекеттин* функцияларын жана *мамлекеттик бийликти* жүзөгө ашыра турган мамлекеттик органдардын системасы. Аппараттын ишмердүүлүгүнүн мазмуну, анын уюштурулушунун жана кызмат өтүү принциптери, адистеринин курамы жана иштөө ыкмалары мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн табиятына, тигил же бул, *саясий тартипке* ылайык алдын-ала аныкталат. М. а. системасына мамлекеттик бийликтин органдары сыяктуу эле *мамлекеттик башкаруу* органдары да кирет. Ага: 1) *парламент* (федералдык чогулуш, Конгресс, Улуттук чогулуш ж.б.); 2) *мамлекет башчысы*, *өкмөт*, министрликтер, мамлекеттик комитеттер, мекемелер, *мэриялар*, *муниципалитеттер*, префектуралар, мамлекеттик ишканалардын, уюмдардын администрациясы ж.б.; 3) сот жана прокуратура кирет. Мамлекеттик бийликтин органдары жана мамлекеттик башкаруу органдарынын мүмкүнчүлүктөрү *мыйзам* аркылуу чечилет, ал эми өтө маанилүү маселелерди чечүү мамлекеттик *бийликтин* жогорку органдарынын (парламент, *президент* ж.б) мүмкүнчүлүгүнө кирет. М. а. *саясий бийлик* менен өтө тыгыз байланышкан. Бир партиялуулук системанын шартында М. а-тын кызматкерлеринин ишмердүүлүгү борборлоштурулган партиялык машинанын кызыкчылыгына баш ийген. *Демократия* убагында, *көп партиялуулук* шарттарында, шайлоодогу саясий партиялардын атаандашуусунун натыйжасында мамлекеттик кызмат орундары эреже катары, жеңген партиянын талаптарына бөлүнүп берилет. Күч алып келе жаткан бюрократташтыруу М. а-тын кызматкерлери жогору жактан дайындалып, алардын алдында гана жоопкерчиликтүү болушуна алып келет. Демократиялык көп өлкөлөрдө М. а-ка адис топтоо сиңирген эмгегине жараша «системасына», б.а. конкурс боюнча жүргүзүлөт, бул болсо өз учурунда профессионалдык артыкчылыкка ээ, социалдык белгилери боюнча тандалган *бюрократтык* түзүлүшкө жол ачат. М. а-гы өнүккөн бюрократтык централизм өкмөттөгү, губернаторлордун, префектердин «министериализм» системасынын өрчүшүнө алып келиши мүмкүн, б.а. аларга шартка жараша мыйзам чегинде же андан тышкары аракет кылууга мүмкүндүк берет. М. а-ты жакшыртуунун башкы жолу болуп, анын ишмердүүлүгүн андан ары демократиялаштыруу жана сөзсүз түрдө аны мыйзамга баш ийдирүү эсептелет.

МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ – *мамлекеттин* милдеттерин жана функцияларын ишке ашырууга багытталган мамлекеттик ишмердүүлүктүн формаларынын бири, мамлекеттик органдардын аткаруу ишмердүүлүгүндө чагылдырылат. Саясий гана эмес, чарбалык жетекчиликти да алып жүрөт. М. б. органдарынын ишмердүүлүгүнүн мазмуну мамлекеттин башкы милдеттери жана негизги функциялары менен аныкталат. М. б. мамлекеттик органдардын аткаруучу жана буйрук берүүчү ишмердүүлүктөрүнөн куралат. М. б. органдары жогорулаган сайын, буйрук берүү укуктары кеңейет. М. б. органдары актыларды, б.а. милдеттүү түрдө ат-

карыла турган иш кагаздарын жазып чыгышат. Актыларга чечимдер, токтомдор, буйруктар, жоболор жана көрсөтмөлөр кирет. Өзүлөрүнүн ишмердүүлүгүндө М. б. органдары башкарылгандардын жүрүм-турумуна жана ишмердүүлүгүнө таасир кыла турган, негизинен ынандыруу жана мажбурлоо сыяктуу түрдүү ыкмаларды колдонушат. М. б. органдары мамлекеттик бийликтин органдарынын алдында жооп жана отчёт беришет. Мамлекеттик *бийликтин* системасы же *парламент* же *президент* башчылык кылат. Демократтык өлкөлөрдө мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун органдары мыйзамдын негизинде, аны аткаруу үчүн иш аракет жасашат. Алардын ишмердүүлүгү мыйзамга ылайык.

МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ – мыйзамдарга ылайык түзүлгөн жана бийликтин ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруучу органдар. М. б. о. өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде мамлекеттин атынан чыгышат жана өздөрүнүн аракеттери менен мүлктүк жана жеке мүлктүк эмес укуктарды жана милдеттенмелерди ишке ашырышат жана өздөрүнө алышат, ошондой эле сотто доочу же жоопкер катары чыгышат.

МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТ – өлкөнүн эң негизги каржы документи. Ал мамлекеттин бүткүл кызматтарынын, өкмөт программаларынын каржылык эсеп-кысаптарынын жыйындысын камтыйт. Анда мамлекеттик казынадан канааттандырыла турган керектөөлөр жана казынага түшүүчү каражаттардын булактары жана саны аныкталат. М.б-ти калыптоо, кароо, бекитүү, аткаруу жана аны аткаруу боюнча отчет берүү ишмердиги *бюджеттик* процесс деп аталат. КРнын бюджеттик системасы 2 деңгээлден турат 1. Республикалык бюджет; 2. Жергиликтүү бюджет. Республикалык бюджет КРнын Өкмөтү тарабынан, ал эми жергиликтүү бюджеттер – *жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу* органдары тарабынан түзүлөт жана аткарылат. Республикалык бюджет КРнын *Жогорку Кеңеши* тарабынан, жергиликтүү бюджеттер айылдык, шаардык кеңештер тарабынан каралат жана бекитилет. Эгерде пландаштырылган кирешелер чыгымдардан көп болгон учурда, ал бюджеттик профицит деп аталат. Эгерде пландаштырылган чыгымдар кирешеден көп болгон учурда, ал бюджеттик дефицит деп аталат. Пландаштырылган чыгымдардын жана кирешелердин барабардыгы – суфицит деп аталат.

МАМЛЕКЕТТИК ИЧКИ КАРЫЗ – ар бир өлкөнүн ичинде түзүлүүчү карыз. Бул экономика секторлорундагы өз ара карыздарынын жыйындысы болуп эсептелет. Мунун өзүнчө түзүмү болот да, төмөндөгүдөй элементтерден куралат: М. и. к.; корпоративдик сектордун карызы жана элдин карыздары. Мамлекеттик баалуу кагаздар М. и. к-дын көп бөлүгүн түзөт. Союз тарагандан кийин Кыргызстандын ички карызынын түзүмүндө негизинен СССРдин убагында чыгарылган жана калктын колунда болгон займ, облигациялар болгон. Көз карандысыздыкты алгандан кийин М. и. к-ына Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн карыз алуусу кошулган. Ички карыздын суммасы 2000-ж. 1-октябрына карата 5393 млн сомду түзгөн.

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызы жөнүндөгү» (1991-ж. 16-апрель № 415-ХП) мыйзамы мамлекеттик карызды жөнгө салуунун негизги ченеми болгон. Бул мыйзамда жалпы абал, мамлекеттик карыздын курамы, мамлекеттик карыздын инструменттери, Мамлекеттик карыз башкармасы, Мамлекеттик карызды төлөө фонду каралган. Каржы министрлигине караштуу мамлекеттик карыз боюнча башкарма мамлекеттик карыз боюнча жалпы саясатты жүргүзөт. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик баалуу кагаздарын Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына жайгаштырууга болот. Жайгаштыруу, төлөө, мамлекеттик карызды тейлөө боюнча техникалык операциялар Улуттук банк тарабынан ишке ашырылат.

Карызды төлөө көйгөйүн чечүү үчүн мамлекеттик карызды төлөө фонду түзүлгөн. Мамлекеттик карызды төлөө булактары жана аны аткаруу Жогорку Кеңеш тарабынан аныкталат. 1992-ж. июлдан баштап Кыргыз Республикасынын өкмөтү бюджеттин тартыштыгын жабуу үчүн Улуттук банктын насыяларын колдонгон. Бирок 1998-ж. баштап Кыргыз Республикасынын улуттук банкы өкмөткө түздөн-түз насыяларды бербей калды. «Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн КРУБнын алдындагы карызын реструктуризациялоо жөнүндөгү» мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын насыялар боюнча негизги карыздарын ж.б. карыздарынын түзүмүн мамлекеттик баалуу кагаздарга айландырып, 2379,6 млн сом суммадагы мамлекеттик реструктуризациялык займдардын облигациясы чыгарылган жана ал Улуттук банкка өткөрүлгөн.

2008-ж. карата ички карыздын жалпы көлөмү 300 млн АКШ долларынан ашкан. Тышкы жана ички карыздарды кошкондо Кыргызстандын мамлекеттик карызы 4 млрд АКШ долларынан ашык. Бүгүнкү күндө дүйнөнүн 140 өлкөсү өнөр жайы өнүккөн мамлекеттерге 3 триллион АКШ долларынан ашык карыз. АКШ, Кытай, Орусия сыяктуу бай өлкөлөрдүн да чоң көлөмдөгү карыздары бар. Карыздарды кайтарып берүү үчүн Республиканын бюджетинен 2013-ж. 5 млрд сомдун тегерегиндеги каражат каралган. Албетте, жыл сайын өсүп отурган мамлекеттик карыз өлкөнүн экономикасына терс таасир тийгизээри талашсыз. Ал тургай улуттун рухун басынтат экен, жыл сайын үстөк пайызын төлөй берип, же алган карызга бир көзгө көрөөрлүк, пайда берээрлик ишкана курулуп калса жакшы эмеспи.

Мамлекеттик карыздын көлөмү өтө эле көбөйүп кетсе, анда эки коркунуч болушу тууралуу айтышат: биринчиси – мамлекет дефолт болуп, улуттук банкроттукка алып келет, экинчиси – төрөлө элек небере менен чөбөрөлөрдүн мойнуна «нар көтөргүс» карызды мураска калтыруу, алардын мойнуна илип коюу.

Биринчи коркунуч жөнүндө көп сөздөр айтылууда, Жаныбек Токтогазиев аттуу мекенчил-ишкер карыздардан кутулуу үчүн атайын фонд ачып, элден акча чогулта баштаган, өкмөт болсо ХИПИК программасына кирүүгө аракеттерди кылган. Бирок, биз күбө болуп тургандай, Кыргызстан жана анын өкмөтү карыздын көптүгүнөн банкрот деле болгон жок. Дүйнөдө бизден да көбүрөөк карызга баткан мамлекеттер бар, бирок алар деле карызды азайталы, биротоло кутулалы, мындан ары карыз албай оокат кылалы дегендей саясат жүргүзүшпөйт.

Конституция боюнча Жогорку Кеңештин элге салык салганга жана салык чогултканга укугу бар. Карыздын үстөгүн жана өзүн төлөө үчүн, албетте, өкмөт салыкты көбөйтө баштаган. Анын үстүнө карызды көп алган мамлекеттин бийлиги, эреже катары, коррупциялуу болот, карызга келген акчанын бир бөлүгүн жеп коюшат. 2009-ж. Камбар-Ата-2 ГЭСинин курулушуна деп Орусия карызга берген 300 млн АКШ долларын М.Бакиев менен анын досу Елисеев чет элдик банктагы өзүнчө счётко салышып, анан бутташтырып, жеп коюшкан. Акаевдин учурунда карыз 2 млрд доллардан ашып, алардын бир бөлүгүнүн кайда кеткен дайынын таппай калышкан.

2013-ж. 30-апрелине карата Кыргызстандын мамлекеттик карызы 3млрд 235 млн АКШ долларын (155 млрд 815 млн сом) түзгөн. Анын ичинен 92%ы (2 млрд 964 млн доллар же 142 млрд 787 млн сом) тышкы карыз, 8%ы (271 млн доллар же 13 млрд 28 млн сом) ички карыз. 2013-ж. биринчи беш айында (январь-май) карыздарды тейлөөгө мамлекеттик бюджеттен 4 млрд 956 млн 151 миң сом сарпталган, анын ичинен 1 млрд 437 млн 882 миң сом тышкы карыздарды тейлөөгө, ал эми 3 млрд 538 млн 269 миң сом ички карыздарды тейлөөгө кеткен.

Каржы министрлигинин басма сөз кызматынын 2014-ж. 2-апрелдеги билдирүүсү боюнча 2014-ж. 28-февралына карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик карызы 3 млрд 406,7 млн АКШ долларын же 178 млрд 633,5 млн сомду түзгөн. Анын 3 млрд 177 млн доллары (166 млрд 589 млн сом) тышкы карыз жана 229,6 млн доллары 12 млрд 44 млн сом ички карыз болуп саналат. Ал эми, 2014-ж. январь-февраль айларына карата республикалык бюджеттен мамлекеттик карызды тейлөөгө 1 млрд 772 млн сом жумшалып, анын 585,7 млн сому тышкы карызды тейлөөгө жана 1 млрд 186,3 млн сому ички карызды тейлөөгө сарпталган.

Кыргызстандын тышкы жана ички карыздарынын чыныгы көлөмү боюнча так маалыматтар жок, ар кайсы министрликтер ар кандай сандарды айтып келүүдө. Ушундан улам Жогорку Кеңештеги КСДП фракциясы 2014-ж. декабрда Кыргыз Республикасынын тышкы карызын тактап-текшерүү боюнча комиссия түзгөн.

Текшерүүнүн жыйынтыгы 2014-ж. 11-апрелде парламенттик фракциянын отурумунда каралып, төмөнкүлөр аныкталган: 1992–2013-жж. аралыгында Кыргызстан көлөмү 4 млрд 807 млн 256 миң АКШ долларына барабар болгон 172 карыз алуу келишимине, көлөмү 1 млрд 299 млн 783 миң АКШ долларына барабар болгон 161 грант алуу келишимине кол койгон. Ошентип, бул мезгилдеги сырттан келген каражаттын жалпы көлөмү 6 млрд 107 млн 40 миң АКШ долларын түзгөн. Комиссиянын маалыматтары боюнча 2014-ж. 1-январына карата тышкы мамлекеттик карыз 3 млрд 158 млн 690 миң АКШ долларын түзсө, ал эми 2014-ж. 11-апрелине карата бул сумма 3,4 млрд АКШ долларына жеткен.

Экинчи коркунуч жөнүндө айтсак, анда мамлекеттик карыз бул бир муундун экономикалык оор жүгүн келечектеги муунга өткөрүп коючу каражат эмес. Башкача айтканда, азыркы карыздын азабын ушу азыркы муун өзү эле тартат. Карыздарды төлөө үчүн деп өкмөт салыктарды көбөйтө берди эле анын кесепети катары азыр кыргыз коомундагы байлар ого бетер байып, кедейлер болсо уламдан-улам жакырланып баратат. Бул элдин бийликке каршы кыжырын гана келтирбестен, ошого катар эле экономиканын өсүшүнө да кедергисин тийгизүүдө.

Кумтөрдөгү он алты млн га жерди 2009-ж. М.Бакиев 1 млрд долларга саткан сыяктуу азыркы коррупцияланган бийлик да кен байлыктарды, Канттагы цемент заводу сыяктуу ишканаларды, Кыргызгазды, ГЭСтерди, жерлерди жана имараттарды чет өлкөлүктөргө жеке пайдасын ойлоп сата беришсе, анда, албетте, кийинки муундун жакшы жашоосуна кыйын болоору шексиз. Мындай аракеттер карыздан кутулуунун эрежеси эмес, тескерисинче, карыздын шылтоосу менен коррупциялык бийликтин жасаган кылмыштуу иштери катары баалануусу керек десек туура болот. Тышкы жана ички карызды заманбап башкаруунун ордуна биздин мамлекет мурунку карызды кийинки карыздын эсебинен жаап отурушат. Өз өлкөсүнөн өзүнүн келечегин ачык көрө албай, эгемендик жылдарында ар бир бешинчи жаран чет өлкөлөргө кетип, кеткендердин жалпы саны 1 млн адамга жеткен.

Эгерде кыргыз бийлиги өзүнүн коррупциялык чыгармачылыгын ушундай, бүгүнкүдөй темпте уланта бере турган болсо, анда бир аз жылдардан кийин бул өлкөдө Ак үйдөгү ууру - кескилер менен эле айылдардагы кары-картаң, мүмкүнчүлүгү чектелгендер калаары бышык. Өз өлкөсүн, өз ата-мекенин биздин мамлекеттик кызматкерлердей карөзгөйлүк, орто кылымдык жырткычтык жана ач көздүк менен уурдап-тоногон бийликти жыйырма биринчи кылымда дүйнөнүн башка бир мамлекетинен табыш чынында эле кыйын.

МАМЛЕКЕТТИК КАРЫЗ – Мамлекеттик карыздар *Мамлекеттик тышкы карыз* жана *Мамлекеттик ички карыз* болуп бөлүнөт. Мындан тышкары кыска мөөнөттүү (1 жылга чейин), орто мөөнөттүү (1 ден 5 жылга чейин) жана узак мөөнөттүү (5 жылдан узак) мамлекеттик карыздар да болот. Булардын ичинен эң эле оор карыз бул кыска мөөнөттүү (1 жылга чейин) карыздар, алардын үстөк пайыздары да жогору, анан аны ылдам эле үстөгү менен кайрып бериш керек.

МАМЛЕКЕТТИК КООПСУЗДУК ОРГАНДАРЫ – мамлекеттик бийликтин административдик аткаруучу жана буйрук берүүчү институттары; жашап жаткан коомдук-саясий түзүлүштүн, коопсуздугун камсыз кылууга чакырылган. Мамлекеттик коопсуздук деп өлкөнүн ички жана эл аралык коопсуздугун камсыз кылууга, жашап турган мамлекеттик жана коомдук-саясий түзүлүштү сактоого, *адам укугун* коргоого милдеттүү системаны айтабыз. Мамлекеттик коопсуздук өзүнө экономикалык, саясий, согуштук, экологиялык, гуманитардык, маалымат коопсуздуктарды камтыйт. М. к. о. коопсуздук маселелерине профессионалдык мамиле жасаганы спецификалык өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Ушул максатта алар атайын уюмдарга, зарыл күчтөргө, каражаттарга ээ болуп, өз ишмердүүлүгүндө атайын, өзгөчө ыкмаларды колдонушат. Эреже катары, алар башка мамлекеттердин өзүнө окшогон органдарына өлкөнүн ичиндеги алардын агентурасына каршы күрөш жүргүзөт. М. к. о. өлкөнүн *мыйзамына* ылайык түзүлүп, өз ишмердүүлүгүнө алар менен жетектелүүгө милдеттүү. Эгерде алар өлкөдө бирдиктүү бийликке жетишсе,

бул мыйзамсыздыкка, *диктатурага, авторитардык* тартиптин орношуна, *демократтык* бардык *институттарынын* кулашына алып келет. Коомдо М. к. о. так ойлонулган түзүлүшүн, алардын ишмердүүлүгүнүн мыйзамдуулукту сактоосун теске салып турушу зарыл. Алардын ишинин айкын структурасы жана мазмуну орун алып калган *саясий системалардын*, бир катар ички жана тышкы абалынын өзгөчөлүгүнөн көз каранды. Анын ичинде эл аралык жана ички мамилелердин абалы жана динамикасы, тигил же бул мамлекеттин экономикалык жана саясий туруктуулугу чоң ролду ойнойт. Азыркы мезгилде М. к. о-нын ишмердүүлүгүндө бир катар жаңы функциялар пайда болду. Алар: жашыруун курал-жарак сатууну токтотуу, *терроризм*, наркобизнес, уюмдашкан кылмыштуулук жана *коррупция* менен күрөшүү, коомду жана ар бир жарандын укугун коргоо.

МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ – ар кандай *мамлекетте* калктын улуттук курамын эске алуунун негизинде иш кагаздарын жана сот иштерин алып барууда, мектептерде окутууда, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөөдө, басма сөздө ж.б. коомдук иштерде колдонулуучу тил. Демократиялык мамлекеттерде М. т. башка улуттук тилдердин өнүгүшүнө тоскоолдук кылбайт, эч бир улут өз тилин башка элдердин өкүлдөрүнө таңуулообосу мыйзамда белгиленет. Кайра куруу доорунда мурунку СССРдин бир катар Союздук республикаларында М. т. жөнүндө мыйзам кабыл алынып, жергиликтүү элдин тили ошол республикада М. т. катары таанылат. Кыргыз ССРинин *Конституциясына* ылайык, 1989-ж. 23-сентябрда Кыргыз ССР Жогорку Советинин сессиясында Кыргыз ССРинин Мамлекеттик тили жөнүндө «Мыйзам» кабыл алынган. Ал Мыйзамда Кыргыз ССРинин аймагында кыргыз тили М. т. катары колдонулаары, ошондой эле СССР элдеринин улуттар аралык баарлашуу тили болуп орус тили колдонулаары белгиленген. Мыйзам 1989-ж. 1-октябрдан күчүнө кирген.

МАМЛЕКЕТТИК ТЫШКЫ КАРЫЗ – тындым кылып жабыла элек тышкы займдар жана ага төлөнбөгөн пайыздар боюнча мамлекеттин карызы. Бул ушул мамлекеттин эл аралык, мамлекеттик банктарга, өкмөттөргө, чет өлкө менчик банктарына ж.б. карыздарынан топтолот. М. т. к. ич ара учурдагы (төлөө мөөнөтү учурдагы же жакынкы мезгилдеги бюджеттик жылдагы) жана капиталдык (төлөө мөөнөтү али келе элек карыз) болуп экиге ажырайт. Кыргызстан 1990–1991-жж. алгачкы узак мөөнөттүү жеңилдетилген карызды Түштүк Кореядан – 200млн жана Итало-Испандык – 50млн АКШ доллар көлөмүндө алган. Бул карыздардын кайда кеткендиги тууралуу А.Акаев өзүнүн 1991-ж. 6-октябрда берген интервьюсунда мындай деген: – «Түштүк Кореядан алгандарыбыз түстүү телевизорлорду, видеомагнитофондорду, стереомагнитофондорду, микро толкундуу печтерди өндүрүүнү уюштурууга жумшалды. Азыркы кезде алар менен 100 миң машина өндүрө турган жеңил автомобилдердин заводунун курулушу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп жатабыз. Алар биздин «Жигулилерден» бир жарым эсе үнөмдүү болгон эң сонун автомобилдер болот. Итало-Испандык насыяларды азыркы заманга ылайык, автоматташтырылган, сигарет чыгаруучу бир нече фабриканы сатып алууга жумшадык». Бирок булар, убакыт көрсөткөндөй, ишке ашпай калган долбоорлор болгон.

1992-ж. көпчүлүк насыя келишимдери (анын ичинде Евросоюз жана Түркия менен түзүлгөн) жогорудагы сыяктуу эле ишке ашпай калган. 1993-ж. 15-январда президент А.Акаев Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн шашылыш жыйынын өткөрүп «...1992-ж. өкмөттүн, мамлекеттик структуралардын чет элдик насыяларды тез, натыйжалуу пайдалануга толук жөндөмсүз экендигин көрсөттү. «....Бардык Орто Азия мамлекеттери, анын ичинде биз да 75 миллион доллар Түркиялык насыя алдык. Мен ушул келишимге кол койгон учурдан бери туура бир жыл өттү. Анан эмне жасалды? Ушул кезге чейин биз дээрлик эч нерсе жасаган жокпуз. Ал эми бул убакыттын ичинде Өзбекстан эки заводду курду. Мен жолдош Матубраимов (өнөр жай министри) өзүнүн адистерин, долбоорлочуларын, журналисттерди алып Өзбекстанга барышын жана бул жерде бар болгону 5 айдын ичин-

де голландиялык, италиялык, франциялык жабдуулар менен иштеп жаткан пахтадан кездеме токуучу комбинатты кургандыгын көрүп келишин талап кыламын». А.Акаев бул жыйындагы сөзүн – «Сөз республика, анын экономикасы болобу же болбойбу, ошол жөнүндө болуп жатат» – деп аяктаган. Бирок, бүгүнкү күндүн чындыгы көргөзүп тургандай мындан да, кийинки мезгилдердеги алынган насыялардан деле көзгө көрүнөөрлүк, сыймык менен кеп кылаарлык долбоорлор ишке ашырылган эмес, жалаң гана кооз сөздөр менен актануулар калган.

Советтер Союзунан мураска калган эгемен Кыргызстандын Орусияга 198 млн АКШ доллар карызын 2012-ж. Орусия кечип жиберген. Айта кетчү нерсе 2009-ж. Камбар-Ата-2 ГЭСнин курулушуна деп Орусия Кыргызстанга 300 млн доллар инвестиция кылган. Бирок, бул насыяны М.Бакиев жеп кеткен. Камбар-Ата-1 жана жогорку Нарын ГЭСтерин курууну Орусия алгандан кийин жана «Манас» аэропортундагы америкалык базаны 2014-ж. июлуна чейин чыгарууга Кыргызстандын жетекчилигинин макулдугун алгандан кийин бул 300 млн АКШ долларлык карызын Орусия 2012-ж. баштап ар кандай жеңилдетилген ыкмалар менен кечип жиберүү чечимин кабыл алган.

2000-ж. 3-ноябрына карата Кыргыз Республиканын өкмөтү кол койгон карыздын көлөмү 1 856,3 млн АКШ долларын түзгөн: анын ичинен КМШ өлкөлөрүнө 257,5 млн доллар, алыскы чет өлкөлөр менен эл аралык каржы уюмдарына – 1598,9 млн доллар туура келет. Булардын ичинен нагыз алынганы 1 362,2 млн доллар. 1992–2000-жж. 208,2 млн АКШ доллары, анын ичинен негизги сумма боюнча 110,1 млн доллар (Өзбекстан, Швейцария, Кытай, Түркия, Ислам өнүктүрүү банкы, Германиянын насыялары боюнча), үстөк пайыздар боюнча 98,1 млн доллар төлөнүп берилген.

Чет элдик займдар менен карыздар реформа жылдарында төмөндөгү максаттарды ишке ашыруу үчүн тартылган: - улуттук валютаны жана төлөм балансын жөлөмөлөө үчүн; - мамлекеттик сектордогу импорттун оор абалын жана мамлекеттик бюджеттин тартыштыгын каржылоого: - экономиканын бардык секторунда түзүмдүк жаңылануу, экономикалык реформанын иш-чараларын жүзөгө ашырууга; - социалдык коргоо системасын жана саламаттыкты сактоону өнүктүрүү жана күчөтүүгө; - Республикада жаңы натыйжалуу өндүрүштөрдү түзүү жана иштеп жаткан өндүрүштөрдү модернизациялоого.

Эл аралык каржы уюмдарынан жана донор өлкөлөрдөн алынган карыздар жеңилдетилген шартта (төлөп берүү мөөнөтү 15тен 40 жылга чейин, жеңилдетилген мезгили 5тен 10 жылга чейин, үстөгү 0,75%дан 2%ка чейин) берилген.

Кыргызстандын ири карыз берүүчүлөрү болуп Кытай, Бүткүл дүйнөлүк банк, Эл аралык валюта фонду, Азия өнүктүрүү банкы, Европа өнүктүрүү жана реконструкция банкы, Жапония, Түркия жана Германия мамлекеттери эсептелет. Кыргыз Республикасына берилген жалпы карыздын 93%ы аларга туура келет, анын ичинен 54%ын Бүткүл дүйнөлүк банк менен Эл аралык валюта фонду берген. Бүткүл дүйнөлүк Банк жана Эл аралык валюта фондунун линиясы боюнча алынган насыялар эң арзан (жылдык кайтарымы 0,5%дан 0,75%ка чейин, мөөнөтү 30–40 жыл болуп, анын 10 жылы жеңилдетилген) насыялар болуп эсептелет. Мындай насыялар экономиканын түзүмүн өзгөртүүгө, улуттук валютаны жана төлөм балансын жөлөмөлөөгө багытталат. Бардык алынган чоң карыздар Кыргыз Республикасынын кепилдиги (гарантиясы) менен алынат.

СССРден калган 198 млн доллар Орусияга карызды эсепке албаганда 1992-ж. карата эгемен Кыргызстандын тышкы карыз 4 млн 968 миң АКШ долларына барабар болгон. 1993-ж. бул көрсөткүч 3 эсеге көбөйгөн, ал эми эгемендиктин кийинки 20 жылында М. т. к-ы 589 эсеге көбөйүп, 2012-ж. карата карыздын жалпы көлөмү 2 млрд 930 млн 558 миң АКШ долларын түзгөн.

Кыргызстандын тышкы карызы 1998-ж. 1 млрд АКШ долларынан ашып, ИДПнын 50%нан ашып, ал эми 1999-ж. тышкы карыз ИДПга карата 104,9%ды, 2002-ж. – 113,9%ды түзүп, эң жогорку чекитке жеткен. Кыргыз коомчулугу карыздын мынча көбөйүп кетишине катуу тынчсызданганын билдирген. 2004-ж. тышкы карыздын көлөмү 1 млрд 949 млн 419 миң АКШ долларына жеткен жана бул көрсөткүч ИДП жалпы көлөмүнүн көрсөткүчүнө барабар болуп калган. Жогоруда айтылгандай, 2012-ж. карата тышкы карызыбыз 2 млрд 930 млн 558 миң АКШ долларына, тегеректеп алганда 3 млрд долларлык чекке жеткен. 2013-ж. 12-августта Кытай мамлекети биздин өлкөнүн түндүгү менен түштүгүн бириктирүүчү кошумча автожолдун биринчи бөлүгүн курууга 400 млн АКШ долларын жана Бишкек ЖЭБин (ТЭЦ) кайра курууга 380 млн АКШ долларын 20 жылдык мөөнөткө 2% үстөк пайыз менен берүүгө макулдугун берген. Шарттары боюнча бул өтө оор карыз. Бишкек–Ош жолунун 1км куруу орточо 1 млн долларга турган, ал эми кошумча жолдун 1км куруу 2,8 млн АКШ долларына бааланууда. Мазмуну боюнча деле кошумча жолдун азырынча зарылчылыгы жок болчу, андан көрө өндүрүшкө жумшаса натыйжалуу болмок.

Эгерде М. т. к. көлөмү ИДПнын 80%ына жетсе, анда бул өтө опурталдуу, 48–80% – чыдаса болот, 48%га чейинкиси төмөнкү карыз катары эсептелинет. Эгемендүүлүк жылдарында карыздын көлөмү жылдан жылга көбөйүп отурган, бирок ИДПнын көлөмү да тездик менен көбөйгөн. Ошентип, 2012-ж. 31-октябрына карата биздин М. т. к. 139 млрд 455 млн сом, ИДПнын көлөмү 2013-ж. 12-январына карата 304 млрд 350 млн сом, карыздын ИДПга карата катнашы 45,8%ын түзгөн, муну төмөнкү карыз катары карасак болот.

Ал эми 2014-ж. 31-декабрына карата М. т. к. 202 млрд 396 млн 905 сомго жетип, (3 млрд 437 млн 068 АКШ доллары) карыздын ИДПга карата катнашы 50,9%ын түзгөн, муну чектен ашып бараткан карыз катары карасак болот. Тышкы карыздын 32,5% – Кытай мамлекетине, 19,5% – Дүйнөлүк банкка, 17,0% – Азия өнүктүрүү банкына, 8,7% (300 млн$) – Орусияга, 5,4% – Эл аралык валюта фондуна, 2,6% – Түркия мамлекетине ж.б. туура келет.

МАМЛЕКЕТТИН (коалициянын) **АСКЕРДИК КҮЧТӨРҮ** – саясаттын каражаты; аскердик кубаттуулуктун белгилүү бир бөлүгү болуп саналат, башка мамлекеттерге же эл аралык мамилелер тутумуна бул кубаттуулуктун тигил же бул максаттарда реалдуу таасир этүүсүнүн деңгээли менен интенсивдүүлүгүн камтыйт. М. а. к-нүн негизги түзүмдүк элементи болуп анын куралдуу күчтөрү эсептелет. Алар эл аралык аренада аскердик-саясий максаттарга жетишүүнүн жана өлкөнүн ичинде өз кызыкчылыктарын камсыздоонун каражаты катары түзүлөт жана жашайт. Ядролук кылым сандык жана сапаттык жактан ракеталык-ядролук курал менен шартталат, М. а. к. белгилүү бир экономикалык шарттарда калыптанат жана өнүгөт, аларга көз каранды. Азыркы мезгилде М. а. к-нүн чоңдугу, анын мүнөзү жана багыты чечүүчү деңгээлде аскердик-өнөр-жайлык комплекс, анын мүмкүнчүлүктөрү менен шартталган. М. а. к-дүн башка тармактык элементтери болуп илимий-техникалык ой, анын аскердик милдеттерди чечүүгө тартылуу деңгээли, ошондой эле аскердик теория, анын өнүгүү деңгээли эсептелет. М. а. к. элдин моралдык рухуна дагы, куралдуу күчтөрдүн өздүк тутумуна, өлкөнүн коомдук пикирине дагы көз каранды. М. а. к. колдонуу анын сандык жана сапаттык параметрлери, ошондой эле аларды колдонуунун ыкмалары менен шартталат. Ыкмалар болсо акыры келип мамлекеттин саясий максаттары, эл аралык аренадагы араздашуунун курчтугу жана тарыхый доордун мүнөзү менен шартталат. М. а. к-дүн иш жүргүзүүсүнүн негизги формалары болуп: тикеден-тике материалдык, физикалык таасир этүү жана жабык түрдө опузалоо иретинде колдонула турган аскердик зомбулук (эң акыркы форма катары) эсептелет. М. а. к-дүн бир нече негизги функцияларын бөлүп көрсөтүүгө болот. Салттуу функция – согушта жеңишке жетишүүнүн каражаты катары – көптөгөн кылымдар бою өкүм сүргөн. Бирок куралдардын кыйраткыч кубаттуулугунун жогорулашы менен бул функция эл аралык мамилелер ж.б. чөйрөлөрдөн, эң башкысы, зомбулуксуз жолдор менен сүрүлүп чыгарыла баштады. Бир катар мамлекеттерде массалык кыйратуучу куралдардын көп санда болушу согушту цивилизация жана дегеле жердеги жашоонун өзү үчүн коркунучтуу кылды.

Ошондуктан согуштун саясий проблемаларды реалдуу чечүүгө, ал эми М. а. к-дүн жеңишке жетишүүнү аткарууга жөндөмдүүлүгү жөнүндө маселе жаралат. М. а. к-дүн башкы функциясы анын жардамы менен мамлекеттер үчүн пайдалуу ар түрдүү – эки жактуу, аймактык, глобалдуу деңгээлдеги позицияларды түзүүдө турат. Күчтөрдүн өзү үчүн пайдалуу катыштарын түзүү аскердик жеке кубатты өстүрүү менен гана эмес, анын башка мамлекеттердин аскердик кубаттуулугу менен биригиши (аскердик саясий союздары, блокторду түзүү) менен дагы жетишилет. Дагы бир функциясы – башка өлкөлөргө (бир же бир нече), эл аралык мамилелер тутумуна басым жасоо. Бул учурда М. а. к. менен саясаттын байланышы ачык байкалат, анткени бул баарыдан мурда саясий басымдан көрүнөт. Көп учурда басымдын формасы куралдуу кагылышууларга, согушка өсүп жетет. М. а. к-нүн ар түрдүү мүнөздөгү – улуттук-боштондук, революциялык, улуттук ж.б. кыймылдарга, ар кайсы мамлекеттер менен аймактарда саясий жана экономикалык туруксуз шарттарды түзүүгө саясий басым кылуунун каражаты катары функциясын дагы айтууга болот. М. а. к-дү ушул максаттарда колдонуу акыркы он жылдыктарда кеңири жайылды. «Кансыз согуштун» аякталуу, мамлекеттердин ортосунда конфронтациянын эмес, өнөктөштүктүн негизинде жаңы мамилелердин калыптаныш шарттарында согушту тыюу жолу менен болтурбоо сыяктуу М. а. к. дагы жарала баштады. Мамилелердин ичинен күчтөрдүн саясатын четке кагуу эл аралык жана улуттук коопсуздукка кызмат кылмак, ал кызыкчылыктардын балансына орун берүүгө тийиш.

МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮК – өз алдынча *мамлекет* түзө же кайра калыбына келтире алган мамлекеттердин тарыхый өнүгүүсү (улуттар, улуттардын топтору, уруулар союзу ж.б. пайда болуусу) менен белгиленген өзгөчө белги. М. коомдун мүлкү жана анын өнүгүүсүнүн көрсөткүчү гана болбостон, ал *идеология*, өлкөнү мамлекеттин өнүгүүсүнө, анын коргоосуна, коомдун саясий уюмдарын жакшыртуусуна багытталган коомдук, саясий жана маданий багыт. Автономдук М-түн бир катар символикалык белгилери болуп – мамлекеттик расмий тилди (же тилдерди), эмблемаларды (герб, гимн, туу) жана коомдун мамлекеттик саясий уюмдарынын өзгөчөлүү формаларын (башкаруу формасы, *мамлекеттик түзүлүш*, *саясий мамилелер*, *бийликтин* курамы ж.б.) колдонуу эсептелет. М. дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринин жана аймактарынын тарыхындагы өткөөл мезгилинде күрөшүүнүн саясий курч көйгөйү жана тармагы. 2001-ж. кыргыз М-үнүн 2200 жылдыгы ЮНЕСКОнун урааны алдында бүткүл дүйнөлүк деңгээлде белгиленген.

МАНАК – VIII–IX кк. Ысык-Көлдөгү Барскан калаасынын акиминин титулу катары белгилүү болгон. XIV к. түрк тилдүү жалайырлардын уруулук курамы «чу-манак» жана «сыр-манак» деген эки ири топко бөлүнгөнү маалым. Жогорудагы малыматтар терминдин «сакчы», «шаар сакчылары», «шаарды кайтаргандар» маанилерин туюнтарын аныктайт десе болот. Сакчылар аймактагы полицейлик милдетти да аткарышкан.

МАНАП (ар. маннаф) – 1. орун басар, которуу, которулуу; 2. тар. уруулук-феодалдык төбөлдөрдүн катмары; 3. ак сөөк. XIX к. биринчи чейрегинде кыргыздын сары багыш ж.б. айрым урууларында башкаруунун М. институту болгондугу ырас. Термин ушул уруудан чыккан, *бийлик* чылбыры колунда болгон М-тын тукумундарынын атынан келип чыгат. Мис., XIX к. I чейрегинде бугу, черик, басыз, тейит ж.б. оң, сол, ичкилик урууларынын төбөлдөрү *«бий»* деп аталышкан. XIX к. пайда болгон титул-термин башка айрым кыргыз урууларына да тарай баштаган десе болот. Тарыхый жазма булактарда энесайлык, андан соң теңиртоолук кыргыздар уруу, аскер башчыларынын «кашка», «бий» деп аташкандыктары чагылдырылат. Укугу жагынан бий менен М. биринен-бири эч кандай айырмасы деле жок. XVIII к. баатыр, текүү бий гана М. деп аталган. XIX к. башынан М. наамы жана бийлик мураска калтырыла баштаган. *Коом*догу кадыр-баркы, ата-тегине жараша – М. чоң М., орто М., чала М. болуп бөлүнгөн. Түндүк кыргыздардын уруу бирикмелеринин чоң манабы болуп, калган орто жана чала М. ага баш ийген. Түштүк кыргыздар М. түшүнүгүн билишкен эмес. Кокон хандыгы мезгилинде М-тар хандын буйругун аткарып, салык жыйнашкан. Кыргызстан Орусияга каратылгандан кийин М. падышалык колониялык тартиптин таянычына айланган.

«МАНАС» ЭПОСУ – кыргыз элинин баатырдык эпосу. Бул эпос болжол менен мындан миң жыл мурда калыптанган. Ошондон бери XX к. орто ченине чейин кыргыздардын арасында муундан-муунга өтүп, оозеки түрүндө айтылып келген. Элүүдөн ашык варианты бар. Бир эле манасчы Саякбай Каралаевдин айтуусундагы «Манас» трилогиясы миллион ыр сабынан турат. «Манас» дастанында кыргыз элинин үрп-адаты, каада-салты, чарбасы, жоокерлик турмушу кеңири чагылдырылган. Ошону менен бирге эле «Манас» эпосу кыргыздардын саясий турмушу, саясий көз караштары жана саясий ойдун өнүгүш тарыхын изилдөө боюнча да көөнөргүс булак болуп кызмат кылат. Бардык кыргыздардын башын коштурган, Ала-Тоону мекендеген, бирдиктүү, күчтүү, көз карандысыз мамлекет түзүү – «Манас» эпосунун башкы идеясынын өзөгүн түзөт. Бүгүнкү күндө кыргыздар бирдиктүү, көз карандысыз мамлекетүүлүккө жетишип, кылымдардан бери аздектеп, сактап келген «Манас» эпосунун 1000 жылдыгы колдоого алынып, 1995-ж. 25–31-августта салтанаттуу өткөрүлгөн.

«Манас» эпосунун үчилтиги – кыргыз элинин рухий аң-сезиминин туу чокусу. Эл башкаруу, эл аралык мамилелерди жөнгө салуу, бирдиктүү мамлекетти түзүү, көз каранды эместик үчүн күрөшүү, улуттук ынтымакты чындоо сыяктуу коомдук-саясий мааниге ээ маселелер эпосто кеңири чагылдырылган. «Манас» эпосундагы коомдук-саясий маанидеги осуяттарга – улуттун биримдиги; улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык; улуттук ар-намыс жана атуулдук милдет; арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу; гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк; табийгат менен таттуу мамиледе болуу; кыргыз мамлекеттигин чындоо жана аны көздүн карегиндей сактоо ж.б. кирет.

Адептүүлүккө, ыймандуулукка, адамгерчиликке, айкөлдүүлүккө, даанышмандыкка, мээримдүүлүккө чакырган көркөм образдардын галлереясынын (Манас, Бакай, Алмамбет, Сыргак, Чубак, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро, Сейтек ж.б.) бийик тарбиялык жана коомдук-саясий мааниси бар. Эпостун үчилтигиндеги адам укугуна, демократиянын принциптерине байланыштуу айтылган ар кыл көз караштар бар.

МАНДАТ (өкүлчүлүк, депутаттык) (лат. mandatum – тапшырма) – өкүлчүлүктүн юридикалык мамилеси, ошондой эле ал өкүлчүлүктүн мыйзамдуулугун күбөлөндүргөн документ. *Депутат*тык М. – эл өкүлүнүн ыйгарым укугунун толуктугун жана мыйзамдуулугун күбөлөндүрө турган документ, ошондой эле парламент депутатына жана да башка шайлануучу бийлик өкүлдөрүнө жүктөлүп, мазмуну (М. мүнөзү) баш мыйзам жана конституциялык-укуктук актылар аркылуу аныкталуучу элге белгилүү иш-милдети. Ал ошондой эле депутаттын өз шайлоочулары менен болгон өз ара мамилесинин мүнөзүн да аныктап турат. Азыркы демократиялык багыттагы мамлекеттерде депутатты кандайдыр бир шайлоо округунун эмес, жалпы улуттун өкүлү катары караган жалпы улуттук М. кабыл алынган. Андай депутат шайлоочулардын эч кандай суроо-талаптарына байланбайт жана М. мөөнөтү бүткөнгө чейин кайра чакыртылып алынбайт.

МАНИПУЛЯЦИЯ, с а я с а т т а (фран. manipulation) – 1) махинация; 2) иллюзиялык элестерди пайда кылууга жана киргизүүгө багытталган адамга жана коомго психологиялык таасир берүүнүн тутуму.

МАНИПУЛЯЦИЯЛОО, с а я с а т т а (фр. manipulation, лат. manus – сөзүнөн чыккан кол) – алардын керектүү бийликтик же коомдук түзүмдөргө карай каналдашуусунда коомдук пикирге жана *саясий жүрүм-турумга* таасир этүү процесси. М-нун максаты – көрсөтмөлөрдү, стереотиптерди, максаттарды киргизүү, массаны популярдуу эмес иш-чараны кабыл алууга түртүү ж.б. Инсандык деңгээлде М. анын нарциссттик сапаттарын арттырат, фантазияларынын салмагын жогорулатат, аны айлана-чөйрөгө (табигый жана социалдык) сезимсиз кылат. Ал перифериялык андалбаган

кабылдоолорго таянат, диний, саясий жана экономикалык пландагы божомолдорду эксплуатациялайт, социалдык идеяларды жарнамалайт, «ыңгайлуу» саясий образдар менен баалоолорду түзөт, массалык *саясий маданият*ты таңуулайт. Массалык коммуникациялар боюнча адистердин ырастоосунда бул «мазмундун инженеринин» «жеке жана жамааттык эркин эркти» четке кагуунун эсебинен түзүлөт. М-го саясатчылар менен диний теле үгүттөөчүлөр, маркетинг жана *массалык маалымат каражаттары* боюнча адистер ж.б. кирет. М-нун биринчи кезекте телекөрсөтүү аркылуу жүзөгө ашырылган азыркы техникасынын өзгөчөлүктөрүнүн бири – объективдүү маалымат эгерде популярдуу стереотиптерге каршы келсе, өчүү тенденциясына ээ болоорлугу, ал эми чын эле жаман жаңылыктар – эстен такыр унутулаарлыгы. Ошол эле мезгилде М-нун техникасы массалык сезимдерге, элестөөлөргө, күтүүлөргө, баалоолорго таянат, жамааттык элестөөлөргө жана массалык психоздорго даяр болот. М-нун каражаттары – саясий индоктринация, социалдык-психологиялык таасир, белгилүү бир мобилдешкен тил түзүлүшүн жана жүрүм-турум формаларын колдонуу, активдүү «мен» жана массалык маалымат каражаттарын комплекстүү пайдалануу.

М. өзүнүн «логикалык эмес логикасына» ээ. Ага таянган индивиддер менен топтор идентификацияланган ой жүгүртүүгө келишет, б.а., өздөрүн кайсы бир идеалдуу homo politicus ке окшоштурушат, «калыс судьянын» ролун аткарышат ж.б.; компромиссиз ой жүгүртүүгө, «алтын ортолукту» табууга, ден соолуктуу ойго; буюмдардын чыныгы абалына эмес, символикалык реалдуулугуна багытталууга келишет. Ал эң эле окшош эмес процесстер менен кубулуштар белгилене турган «эки ойлуулукка», «эки сөздүүлүккө», «тайсалдаган» сөздөргө таянат (кара: *Социалдык мимикрия*).

М-нун көп түрдүүлүктөрүнүн бири – өзүн-өзү ишке ашырган пайгамбарлык. Коомдор согуштан качыш үчүн куралданышат, бирок ошонусу менен алар анын болоорлугун жакындатышат. Улутчулдук менен идеологиялык шовинизмдин күчөшү – буларга башка нерселер күмөн салынып тургандыгынын жыйынтыгы. Оору жөнүндө ойлогон адам ага чалдыгышы мүмкүн... Бул мыйзам ченемдүүлүктөрдү билип туруп, М-го кызыкдар күчтөр (аскердик-өндүрүштүк комплекс, идеалдаштырылган саясатчы, кардары көп дарыгер) тийиштүү механизмдерди иштетип коё алышат.

М-го каршылык дайыма болгон жана боло берет. Муну саясий активдүүлүктүн (чечимди же претендентти тандоо учурунда), экономикалык жакшылыктын (көбүрөөк канааттанган керектөөчүлүк – прожективдиктен алыс), үйбүлөлүк, топтук байланыштардын тереңдеши, баалоодогу тандай билүүчүлүк, пикир айтуудагы ачыктык, коомдун ачыктыгы, социалдык турмушту уюштурууда көп түрдүүлүктү көрө билүү сыяктуу эле маданий өнүгүүнүн деңгээлинин жогорулашы жөндөмдөштүрөт. Азыркы М. тездикке, «бардыгы бир адамдай» принцибине, бир эле мезгилде аудио-, видео- жана басма сөз каражаттары менен таасир этүүгө, компьютерлерди жекелештөөнүн каражаты катары колдонууга, элестөөнүн ыкчамдатылган ишине багытталган. Массалык маалымат каражаттарынын өнүгүшү массалык аудиторияны саясий манипуляцияга аз дуушар кылат (бул биринчи кезекте жаңылыктарды жайылтуу системасына тиешелүү). Бирок бул каражаттар өздөрүнө социалдык көзөмөл жана саясий таасир этүү (ал эми мындай аракеттер улам жогорулоодо) милдеттерин алышат. Жыйынтыгында М-нун жигердүүлүгү күчөшү мүмкүн. Бул көз карандысыз дагы, ошол эле учурда мамлекетке тиешелүү дагы массалык маалымат каражаттарынын ишин кеңири демократиялык көзөмөлгө алууну актуалдаштырат.

М. көп учурда жашыруун апелляцияларга байланыштуу, алар баарыдан мурда тийиштүү аппаратты өзү үчүн камсыздоону жана шпиономанияны көздөйт. Бирок ошол эле учурда ал ашыкча маалыматтар, терс интерпретациялар, фактыларды бурмалоолор жана «кансыз» жеңиштер менен качып кеткис кыйроолор жөнүндөгү ойлонулган сценарийлер менен шайкеш келет. Бышык багыттарга таянган дени сак ой жүгүртүү менен *саясат* М. менен бириккис. М-нун конструктивдүү эместиги жана

аморалдуулугу убакыттын өтүшү менен ар бир коомдо таанылат. М-нун формаларынын бири – «ойдун өзгөрүшү», бул эгерде адам «чыныгы, туура идеологияны» кабыл алса, анда индивиддин саясий жана социалдык баалуулуктары радикалдуу түрдө трансформацияланышын аныктайт. Мындай каражат инквизиторлор тарабынан эле мурда колдонулган, ал 20–30-жж. СССРде «эмгек менен кайра тарбиялоо» тажрыйбасында, Кытайдагы маданий революциянын жүрүшүндө ж.б. колдонулган. М-нун ыкмаларынын эң мыкты иллюстрациялары болуп О.Хаксли менен Ж.Оруэллдин антиутопиялары эсептелет.

МАНИХЕЙЧИЛИК – Мани окуусу (болжол менен Вавилон, б.з.ч. 215–176-жж.). *Зороастризм* сыяктуу эле *дуализмге* негизделген диний идея. Дүйнөнү ак менен каранын, жакшылык менен жамандыктын күрөшүнүн аренасы катары таануу. Дүйнөнүн өнүгүү максаты – акты бошотуу деп билүү. Мани окуусу боюнча адам жана дүйнө жамандыктан (азезилден) жаралган; адам жан-дүйнөсү азгырык менен материалдык байлыктан бошосо гана андан аман калат. Караңгыга аралашкан жарыкты жалгыз гана дүйнөнүн өлүмү бошото алат. *Адам* жакшы жүрүм-туруму менен өзүнүн жакшы жактарын бошотот, ошону менен жамандыкка каршы күрөшүүдө өзүнө жардам берүүгө милдеттүү. Ошондуктан, адам өзүн көп нерселерден чектеши керек, башкача айтканда «тандалгандар» үйлөнбөй, эт жебей, өсүмдүктөргө зыян келтирбей жашоосу зарыл. Мани түшүнүгүндө бул окуу жалпы эл кабыл алган дин деңгээлине чейин өсүп жетип, ошол кездеги сыйынууларды алмаштыруучу ишенимдерден болмок, ошондуктан бул окуу өз заманындагы диний жоролголөрдү өзүнө сиңирип турган. Сасанилер алгачкы учурда М-тин таралышына тоскоолдук жасашкан эмес, качан *мамлекетке*, *чиркоого* каршы агым экендигин билишкенден кийин ырайымсыз түрдө куугунтукка алышкан. Мани камакка алынып, 276-ж. өлтүрүлгөн. Анын жактоочулары жашырынып жашоого аргасыз болушкан. Маникейлер Византияда да куугунтукка алынган, *христиан* чөйрөсүндө да М.о-на каршы көптөгөн китептер жазылган. Орто Азияда Мани Согду шаарында, андан Чыгыш Түркстан, Кытайга чейин тараган. Иранда М. жашыруун жашоосун улантып коомдук турмушка чоң таасир берген. Бирок М. кеңири тарагандыгына карабастан куралдуу көтөрүлүштүн туусу боло алган эмес, себеби пассивдүү каршылык көрсөтүү үгүтү менен чектелген.

МАРГИНАЛДАР (лат. marginalis – четте турган) – түрдүү себептер менен өз маданиятынан же социалдык чөйрөсүнөн ажырап калган, бирок бөлөк маданиятты али толук өздөштүрө элек адамдардын тобу. Башка өлкөгө дайыма жашоо үчүн келген эмигранттар, же айылдан шаарга келгендер ж.б. М. болушу мүмкүн. Азыркы мезгилде Бишкек шаарын тегерете курчаган «жаңы конуштардын» көпчүлүк тургундары же буга чейинки айылдык маданиятын, салт-санаасын кармана албай, же шаар маданиятына кошула алышпай, орто заар абалда калышып, кандайдыр бир шарттуу деңгээлде М-дын катарын толуктоодо. Бир кезде заманбап шаар деген макамга толук жооп берген Бишкек шаары өтө тездик менен «чоң кыштакка» айланып баратканын байкоого болот. 2005- жана 2010-жж. Бишкек шаарында орун алган саясий төңкөрүштөрдөгү М-дын орду жана ролу толук изилдөөлөргө муктаж.

МАРКС Карл (1818–1883) – немец окумуштуусу, революционер. М-тын социалдык жана *саясий* теорияларга киргизген негизги салымы экономикалык чөйрөнүн чечүүчү маанисин көрсөткөн тарыхтын материалисттик концепциясы болуп эсептелет. М-тын теориясына ылайык, *саясат экономикадан* улам келип чыккандыктанбы, саясат тууралуу ыраатташтырылган изилдөөсү болгон эмес. М. *мамлекетти* тарыхый зарылчылык деп эсептеген; мамлекет эмгектин бөлүштүрүлүшүнүн, жеке менчик менен таптын пайда болушунун натыйжасында келип чыккан; Ал мамлекетке таптык башкаруунун куралы катары караган. *М. жарандык коомду* жакшыртуу багытында мамлекет ишмердүүлүк кылат дегенди жокко чыгарган. «Коммунисттик партиянын манифестинде» (1848-ж.) буржуазиялык мамлекетти *революция* аркылуу кулатуучу жумушчу та-

бынын дүйнөлүк-тарыхый миссиясын негиздеген. Бул миссия жумушчу табы диктатура формасында пролетариаттын саясий бийликти орнотуп, тапсыз коом түзмөк. М-тын концепциясына ылайык, буржуазиялык демократия учурунда бүткүл эл эмес, анын кандайдыр бир гана бөлүгү башкарса, социалисттик революциядан соң ал бир эле убакта башкаруу жана башкарылуучу болуп туруп, башкаруу процессине жалпы катышуусу демократияны мамлекеттик башкаруунун формасы катары акыркы чегине жеткизип, башкаруу процессин өзүн-өзү башкарууга айландырмак. М-тын ою боюнча Коммунисттик коом саясат жана мамлекетсиз жашай алмак. М-тын саясий окуусу, марксизмдин башка курамдык бөлүктөрүнө караганда көбүрөөк утопиялык болуп калган.

МАСАЛИЕВ Абсамат (1933, Кадамжай р-ну, Алыш айылы – 2004, Бишкек) – партиялык жана мамлекеттик ишмер. 1960-ж. КПССтин мүчөсү. 1953-ж. Кызыл-Кыя тоо-кен техникумун, 1956-ж. Москва тоо-кен институтун бүткөн. 1964-ж. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети менен Кыргыз ССР Министрлер Советине караштуу партиялык-мамлекеттик контролдоо комитетинин өнөр жай, транспорт жана байланыш бөлүмүндө инспектор, Ош облустунун партиялык-мамлекеттик көзөмөл комитетинин төрагасынын орун басары. 1966-ж. Кыргызстан КП Ош обкомунун өнөр жай-транспорт бөлүмүнүн башчысына орун басар. 1969-ж. Компартиянын Таш-Көмүр шаардык комитетинин биринчи секретары, 1971-ж. Кыргызстан КП БКнын өнөр жай-транспорт бөлүмүнүн башчысы. 1972-ж. Бишкек шаардык Эл депутаттар советинин аткаруу комитетинин төрагасы. 1974–79-жж. Кыргызстан КП БКнын секретары. 1979–85-жж. Кыргызстан КП Ысык-Көл обкомунун биринчи секретары. 1985-ж. КПСС БКда инспектор, ошол эле жылдын ноябрынан 1991-ж. чейин Кыргызстан КП БКнын биринчи секретары. Ошол эле учурда 1990–91-жж. Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин төрагасы. 1991-ж. апрелде пенсияга чыгып, 1991-ж. аягына чейин КПСС БКнын идеология бөлүмүндө кеңешчи. 1993-ж. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тоо-кен тех. контролдоо комитетинин директору. 1979–91-жж. СССР Жогорку Советине, 1971–75- жана 1985-ж. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутат. Октябрь Революциясы, эки Эмгек Кызыл Туу ордендери, медалдар менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын Баатыры жогорку сыйлыгынын ээси (өлгөндөн кийин берилген).

МАСОНДУК (фр. francs macons – эркин каменщиктер) – диний-этикалык окуу жана кыймыл (коом). XVIII к. башында Англияда пайда болуп, кийинчерээк башка өлкөлөргө таралган. Бүгүнкү күндө дүйнө жүзү боюнча М-тун 6 млн ашык мүчөлөрү бар, анын 2 млн ашыгы АКШда. Башкаруу тутуму боюнча М-тун башында «Улуу такта» турат. Ар бир өлкөдө бирден гана «Улуу такта» бар. Курамы 40–50 адамдан турган жергиликтүү такталар «Улуу тактанын» чечими менен түзүлөт. М-тун символу же тумары катары Сулаймандын тактасынын курулушу жөнүндөгү болумушту элестеткен сүрөттөрдүн топтому эсептелинет. Олуттуу глобалдык маселелер М-тардын «көрүнбөгөн колдору» аркылуу чечилээри жөнүндө аңыз кептер көп айтылат.

МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ – азыркы мезгилдеги жогорку өнүгүүгө жетишкен саясий иш-аракеттердин инструменти жана механизми. М. м. к-на басма сөз, радио, телекөрсөтүү, интернет, кино, үн жазуу кирет; келечекте – ири коммуникациялык система ларды пайдалануу мүмкүнчүлүгү бар. Алардын аракеттери саны боюнча түрдүү аудиторияларга ырааттуулук менен маалыматтарды жайылтуу, идеологиялык, экономикалык, маданий жана саясий таасир тийгизүүнү өзүнө камтыйт. Азыркы М. м. к-нын өнүгүшүндө илимий-техникалык революция чоң түрткү берген. Анын жардамы менен XX к. ортосунда эле чоң көлөмдүү сөз, видео, музыкалык маалыматтарды тез убакыттын ичинде жана массалык түрдө көрсөтүү жана тираждоо камсыз болду. Ушуга жараша журналист, техникалык жана кызмат кылуучу персоналдардан профессионалдык топ болгон маалымат жана үгүт кызматкерине чейинки жогорку квалификациялуу М. м. к-нын кызматкерлеринин тобу түзүлгөн.

Бул чөйрөнүн адистери башкаруу аппаратында, массалык профессионалдык, коомдук жана саясий уюмдарда катышышат. М. м. к-нын өнүгүшү жана азыркы коомдун турмушундагы алардын коомдук-саясий ролунун жогорулашы менен маалымдуулук, сөз эркиндиги жөнүндөгү маселелер тыгыз байланышкан. Аларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүгү М. м. к-н бийликтен же коомдук уюмдаштырылган топтордон кандай даражада көз каранды экендиги менен аныкталат. Албетте, М. м. к-нын көз карандысыздыгы куру кыял, чындыгында алар мамлекеттин жана коомдун ар түрлүү топторунун көз караштарын чагылдырышат. Алардын саясий ролу коомдогу социалдык-саясий күчтөрдүн катышы менен аныкталат. Азыркы мамлекеттердин М. м. к-н монополияга алуу же катуу идеологиялык тескөө салганга мүмкүнчүлүгү бар. Айырмасы демократтык мамлекетте М. м. к-нын ишмердүүлүгүн жана продукциясын тикелей тескөө өзгөчө мезгилде гана (мис., согуш мезгилинде) жана аз убакытка гана мүмкүн. Башка убактарда кыйыр текшерүүнүн ыкмаларынан негизинен каржы укугунан пайдаланышат. М. м. к-н текшерүү ыкмаларына карата аларды шарттуу түрдө төмөндөгүдөй бөлсө болот: мамлекет тарабынан көзөмөлдөнүүчү (Би-Би-Си, Улуу Британия, РАИ Италия), жеке коммерциялык (Си-Эн-Эн, АКШ), кооперативдүү (Италиянын ТВ 6-каналы); улуттук же эл аралык маалымат агентстволору, газета тресттери, басма борборлору ж.б. М. м. к-нын өз алдынчалыгынын деңгээлин катаал коммерциялык факторлор да чектеп коёт. Социалдык башкаруунун жана саясий алдоонун, социалдык топтордун мамилесин тескөөнү, маданиятта жайылтуунун ири куралы болуп М. м. к. *коомдук-саясий мамилелердин* башкы элементине айланат. Алар саясий күрөшкө, анын мазмунуна жана формасына, идеологиялык, саясий жана маданий үгүттөөнүн өзгөчөлүктөрүнө бийликтегилердин саясатынын жарыкка чыгып жана бурмаланышына, миллиондогон адамдардын жүрүм-турумуна, жашоосуна көрүнүктүү таасир тийгизишет. Эреже катары М. м. к. башкаруучу чөйрөгө колдоочу мамиле кылып, жашап жаткан түзүлүштүн жактоочулары болушат. М. м. к-нын үстүнөн тике же кыйыр теске салууга жасаган аракеттер коомдук турмуштун ажырагыс бөлүгү болуп саналат. М. м. к-н тике текшерүүнү орнотууга умтулуулар аз эмес, барыдан мурда бул аракеттерге авторитардык, диктатордук, тоталитардык тартиптер кайрылышат. Бул учурда ата мекендик М. м. к-н текшерүү гана орнотулбастан, душмандын М. м. к-га киришине жана жайылуусуна тоскоол кылууга техникалык барьер коюлат. Ошентип, өз коомун маалыматтан четтеп калуусуна дуушар кылышат. М. м. к-н монополиялаштыруу берилүүчү кабарлардын мазмунун бирдейлештирүүгө алып барат. Кабарлардын бардыгы бир гана максатка багытталат – жашап жаткан тартипти жана аны ишке ашырып турган *инсанды* кубаттоо, ошол тартиптин артыкчылыгын күбөлөндүрүү, берилген тартип үчүн бөлөк маалыматка каршы ой пикирлерди жана ишенбөөчүлүктү тарбиялоо. Сөз эркиндиги сыяктуу эркиндиктер жашоосун токтотот же сөз жүзүндө гана сакталып калат. М. м. к-нын жардамы менен жабык коом түзүлөт. Анда маалыматка бир гана роль – техникалык жетишээрлик каражаттардын жардамы менен калктын массасын толугу менен баш ийе турган кылып калыптандыруу ыйгарылат. М. м. к. жада калса тартип үчүн коркунучсуз болгон саясий тең салмактап туруучунун ролун да ойнобой калат. Бирок, мындай абал өтө жагымсыз жана коркунучтуу кесепеттерге алып келиши мүмкүн: көзөмөлгө алынган М. м. к. мурдагыдай, үстөмдүк кылуучу режим менен жалпы калктын жана өзүнчө алынган топтордун ортосундагы чыныгы байланыштын каналы катары кызмат кыла албайт. Башкаруучу күчтөр коомдогу абал тууралуу реалдуу эмес, өзүлөрү каалаган маалыматтарды алышат. Бул болсо карама-каршылыктардын курчушу жана *кризистин* өнүгүшүндө аларды куралсыздандырат. Азыркы М. м. к-нын техникалык мүмкүнчүлүгүнүн өнүгүшү, ири маалымат системасынын түзүлүшү, өз коомун маалыматтан бөлүп салууга же өз маданиятын жана коомун башка жашоодон обочолонтуп салууга мүмкүнчүлүк бербейт. Мунун баары М. м. к-нын саясий ролун маанилүү кылууда.

МАССАЛЫК САЯСИЙ АКЦИЯЛАР – эмгек коллективдери, коомдук уюмдар, жарандардын топтору аркылуу көчөлөрдө, аянттарда, калктуу жерлерде ачык же жабык өз оюн, колдоо же нааразычылыкты билдирүү үчүн өткөрүлгөн иш-аракеттер. М. с. а-дын негизги түрлөрү: митинг – жарандардын массалык чогулушу, тигил же бул уюмдун иш-аракеттерине, коомдук-саясий жашоонун окуяларына жасаган мамилелерин чагылдырышат; көпчүлүк жүрүштө – бул же тигил *коомдук* маселелерге көңүл буруу максатында уюшулган адамдардын массалык кыймылы; демонстрация – адамдардын тобунун коомдук-саясий көңүлүн ачыкка чыгаруу үчүн жүрүш учурунда ураан, плакат ж.б. көрсөтмө каражаттарды пайдалануу менен чыгуу; пикетке чыгуу – жарандардын тобунун өз көз караштарын жана көңүлүн жүрүшсүз көрсөтүү, ачыкка чыгаруу. М. с. а-ды даярдоо тууралуу кабар аларды уюштуруучулар тарабынан жергиликтүү аткаруу бийлигинин органдарына (*мэрия*, префектура, полиция) алдын-ала, болоордон 10–15 күн эрте билдирилет. Билдирүүдө акциянын максаты, түрү, орду же кыймылынын маршруту, *акциянын* баштапуу жана аяктоо убактысы, катышуучулардын болжолдуу саны, медициналык жардамдарды уюштуруу ж.б. белгиленет. Билдирүү алган соң бийлик органы жазуу түрүндө датасын жана убактысын бекитет. Эгерде акция мамлекеттеги адам укугу жөнүндөгү иш кагаздарына каршы болгон болсо, коомдук адептүүлүктүн кабыл алынган нормаларына туура келбесе; уюштуруучулардын коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча милдеттүүлүгү болбосо; мурдатан жарыяланган акцияга формасы окшош болуп, бир мезгил белгиленсе; ишкана, уюм, мекемелердин кадыресе иштешине реалдуу коркунуч туудурса; жүргүнчүлөрдүн же башка транспорттун ишин токтотуу зарылчылыгы болгондо М. с. а-ны өткөрүү жөнүндөгү билдирүү кабыл алынбоосу мүмкүн. Орнотулган тартипти сактап М. с. а-ны жүргүзүү учурунда мамлекеттик жана коомдук уюмдар, кызмат адамдары жана жарандар ага тоскоолдук кылууга акысы жок. Эгерде билдирүү белгиленген мөөнөттө берилбесе же кабыл алынбаса акциянын уюштуруучулары аны өткөрүүгө укугу жок.

МАТЕРИАЛИЗМ (лат. – заттуу, заттык) – философиянын эмне биринчи деген негизги маселесин чечүүдө материя биринчи, ал эми аң-сезим анын туундусу деп эсептеген философиялык багыт, *идеализмдин* карама-каршысы.

МАТУРИДИЯ – *Ислам* дининдеги суннит-тердин акыйда ишениминин негиздөөчүсү Абу Мансур аль-Матуридий ас-Самаркандинин атынан коюлган. М. Акыйдасынын динде болгон негизги максаты рационализм менен дин түшүнүгүн чечмелөө болуп эсептелинет. Бул багытта орто кылымдарда Орто Азиядан бир топ аалымдар чыгып, өздөрүнүн эмгектерин калтырышкан. Алардын катарына Абуль-Муъин ан-Насафи, Абу Умар ан-Насафи, Абул-Лейс ас-Самарканди, Сираажуд-Дин аль-Оший, Абу-Бакр ас-Серахси аль-Узгенди, Ахмад Яссавий ж.б. Бул аалымдардын шарият өкүмдөрүндөгү ыкмалардын бири катары логикага жана келамга (акыл жүгүртүү менен Куранды жана хадистерди түшүндүрүү) таянып динди мультиконфессионалдуу коомдогу калың элге жеңил жеткирүүнү көздөгөндүгүндө болгон. Бул акыйданы Орто Азиялык жана Түркиялык мусулмандар карманышат.

МАФИЯ (итал. maf(f)ia) – саясатта: анын уюштуруучуларынын койгон экономикалык, саясий же кадрдык натыйжаларга жетүү максатында мамлекеттик жана коомдук мекемелердин жана уюмдардын адамдарына мыйзамсыз, кылмыш жолу менен таасир этүүсү.

МАХМУД ИБН ХУСЕЙН ИБН МУХАММЕД АЛ-БАРСКАНИ АЛ-КАШГАРИ – XI к. түрк калктарынын чыгаан энциклопедист окумуштуусу, тилчи, тарыхчы-этнограф, географ, картограф, диалектолог, этнолог. Ысык-Көлдүн Барскоон шаарында 1029–1038-жж. аралыгында туулган. Украин чыгыш таануучусу Омелян Прицактын далилдешинче, Хусейин уулу Мухаммед небереси Махмуд ал-Кашгари хижранын IV к. 20-жж. ичинде, христиандык жыл эсеби боюнча – 1029–1038-жж. ичинде жарык дүйнөгө келген. Өлгөн жылы жана жери белгисиз. Өз атасы Хусейин Мухаммед уулу Барскан дубанын бийлеп турган. Айрым америкалык жана орусиялык окумуштуулар Махмуддун ныспасы «ал-Кашгари» болуп чектелбестен, «ал-Барскани» деп да толукталышы керектигин эскертүүдө. 1072–1077-жж. аралыгында «Түркий тилдер сөз жыйнагы» («Дивану лугати т-турк») чыгармасын араб тилинде жазган. Кашкардын жанындагы Махмуд Кашгаринин күмбөзү делген эстелик – орто кылымдардын кеч мезгилине таандык. Аны Кашгаринин мүрзөсү катары кароого болбойт. Азыр Барскан шаарынын урандылары Кыргызстандын Ысык-Көл облусундагы Жети-Өгүз районуна караштуу Барскоон кыштагынын жанында жайгашкан. 1072–1077-жж. «Дивану лугати-т-түрк» – «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» эмгегин жазган.

Окумуштууну азыркы тапта «он биринчи кылымдын Радлову» деп айтып жүрүшөт. Тескерисинче, «Василий Васильевич / Фридрих Вилгелм Радлов (1837-1918) – XIX к. Кашгариси» деп да баалагандар бар. Кандай болсо да, эки илимпозду окшоштурган нерсе – экөө тең жер кезип, Борбордук жана Ички Азияны байырлаган түрк калктарынын чоң улуттарынан тартып, майда уруктарына чейин кыдырып, алардын диалектилик өзгөчөлүктөрүн, этнографиялык мурасын, санжырасын, макал-лакаптарын, дастандарын терең иликтешкен. Махмуд Барскани Кашгари орто кылымдарда айтылуу «мусулмандык кайра жаралуу доорунун» жемишине каныгып, түрк тилдерин гана эмес, араб тилин да терең үйрөнүп, өз элинин маданий казынасын араб окурмандарына бөксөртпөй жеткирүүнү максат койгон илимпоз.

Ал өзүнүн «Дивану лугати т-турк» – Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» деген эмгегин 1072–1077-жж. араб тилинде жазып бүтүргөн. Эмгектин кириш бөлүмүндө Махмуд бул энциклопедиялык сөздүктү XI к. 70-жж. Аббасийлер халифи ал-Муктадига белекке берүү ниетинде болгонун саймедирлеп жазат: «Касиеттүү, Пайгамбардык, Имамдык, Хашимийлик, Аббасийлик Кожоюнубуз жана Мырзабыз Абулкасым Абдулла ибн Мухаммед ал-Муктади би-Амриллага, – исламга ишенгендердин Эмирининн жана Аламдын Кожоюнунун халифине, – тартуу кылуу үчүн ушул китебимди Алла-тааланын көмөгүн көксөө менен, түбөлүккө эстелсин да, өчпөс издей чектелсин деп жазып бүттүм».

Бул китеп, ошентип, 1077-ж. халифаттын ордо шаары Багдадда жазылып бүтсө керек деп жоромолдоого болот. Багдадда отурган халиф ал-Муктади 1075-ж. бийликке келип, 1094-ж. дүйнөдөн кайткан. Ал кезең – Борбор Азиядан Жакынкы Чыгышка селдей каптаган Селжук түрктөрүнүн ташы өдө кулап турган чак болчу. Багдад халифи ал-Муктади жалпы халифаттын рухий жетекчиси катары таанылган менен, саясий чөйрөдө ал селжук султаны Мелик-шахтын көзүн карап турган. Дал ошол тапта залкар окумуштуу, жердешибиз Махмуд Кашгари Барскани Багдадда болуп, халифке өз чыгармасын тапшырууга ниеттенген. Анын бул ниети жүзөгө ашканбы, же жокпу, азырынча бизге жеткен жазма булактарда ал тууралуу эч маалымат учурай элек. Кашгаринин чыгармасынын түп нускасынан көчүрүлгөн кол жазма бүгүнкү күнгө чейин сакталып жетти. Ал азыр Стамбулдагы Миллет китепканасында бапестелип сакталууда. Багдад менен Кыргызстандын орто кылымдардагы маданий байланышынын бир өрнөгү – дал ушул «Дивану лугати т-турк» эмгеги.

Заманбап дүйнөдөгү эң мыкты түркологдордун бири, кесиптештеринин «XXI кылымдын В.В. Бартольду» деген татыктуу баасына арзыган окумуштуу, журналист, жазуучу Т.Чоротегин 1998-ж. Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын «Дивану лугати-т-турк» сөз жыйнагын изилдеген докторлук диссертациясын коргоп, илимий жыйынтыктарын монография кылып басмадан чыгарган.

МЕМОРАНДУМ (лат. memorandum – эмнени эстөө керек) – 1) эл аралык маселенин фактылык маңызы кеңири баяндалган, тигил же бул жагдайларга талдоо берилген, *мамлекеттин* позициясынын негизи чагылдырылган дипломаттык документ (эл аралык келишимдин түрү); 2) бир нерсени эскерткен кат (соодада); 3) билдирүү каты, кызмат маалыматы; 4) камсыздандыруу жүргүзүлбөгөн, камсыздандыруу полистеринде (өзгөчө деңизде) саналган коркунучтар.

«МЕНИН ӨЛКӨМ» аракеттер партиясы – каттоодон 1998-ж. 19-декабрда өткөн. Координатору – Оторбаев Ж.К. Центристтик багыт-

тагы партия. Өлкөнүн бардык облусттарында баштапкы уюмдары бар, Бишкекте таасири күчтүү. Жергиликтүү шайлоолорго активдүү катышат. 2000-ж. Парламенттик шайлоолордо партиялык тизме боюнча бир орун жеңип алган. Бакиевдин режими мезгилинде М.Садыркуловдун таасири менен бул партия бир кыйла жигердүүлүктү көргөзгөн. Акыркы жылдары саясий аренада көрүнбөй калган.

МЕНТАЛИТЕТ (менталдуулук) – тигил же бул топко кирген адамдардын саясий жана социалдык реалдуулукту өзгөчө кабылдоосунун туруктуу, кеңири таралган жыйындысы. М. таптын же улуттун саясий ойлонуусунун образын, мүнөзүн, ыкмасын билдирет, саясаттын субъектилеринин акыл-оюнун туруктуу абалын мүнөздөйт. М. терминин ой жүгүртүүлөрүнүн жана акылдын оригиналдуу ыкмасын билдирүү үчүн колдонушат (мис., улуттук М. – грузиндик, орустук, кыргыздык ж.б. же регионалдык М. – скандинавиялык, америкалык, Чыгыштык ж.б.); таптык, социалдык М. – майда буржуазиялык, интеллигенттик, маргиналдык ж.б.). Кээде М. ойлонуу шыгынын жана интеллектуалдуулуктун деңгээлин билдирүүчү квалификациялык – баа берүүчүлүк мааниде колдонулат («жогорку же төмөн» М., «бай же кедей» М. ж.б.). Саясий идеологиялык мүнөзүнө карай бөлүнгөн М. да болот (мис., либералдык, тоталитардык, демократтык же пролетардык, революциячыл же контреволюциячыл, реакциячыл М. ж.б.). М. термини илимде XX к. башында пайда болгон. Алгач ирет М. деп тигил же бул улуттук-этностук жана социалдык маданий жалпылыкка таандык болгон өкүлдөрдүн «акыл-эсинин», «психологиясынын» бирдейлигин билдирүү үчүн колдонулган. Убакыттын өтүшү менен, бара-бара М. түшүнүгү адамдардын социалдык жана саясий психологиялык касиеттери жана уюмдашуу өзгөчөлүктөрүн жалпы түрдө сүрөттөп жазыш үчүн колдонула баштаган. Коом же ири социалдык катмар сыяктуу субъектилердин М. төмөнкүдөй кээ бир негизги позицияларга ориентир алышы мүмкүн: *статус-квону* сактоого багытталган консервативдүү коомдук модели; центристтик коомдук модели; либералдык-демократтык жана социалисттик модели; этностордун М-нин өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Алар *саясий жүрүм-турумду* чагылдыруучу улуттук мүнөздүн, психологиялык туруктуу сапаттардын белгилери менен шартталат. Улуттук маданият *саясий баалуулуктардын* жана улуттук приоритеттин иерархиясына таасир тийгизет. *Инсандын* М. көбүнесе анын кайсы социалдык топко тийиштүү экендигине, билимине, үй-бүлөлүк тарбиясына, социалдык-маданий чөйрөсүнө жараша болот жана адам ушулар аркылуу гана өзүнүн керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын ишке ашыра алат. М. саясий баалуулуктарынын объектиси катары коомдун *саясий системасы* толугу менен, анын иш жыйынтыктары, саясий уюмдар жана *идеологиялар*, укуктар жана милдеттер билими ж.б. эсептелет. М-тин маселелери *саясат таануу* жана *саясий социология* тарабынан изилденет жана анын төмөнкүдөй предметтери бар: *бюрократия* жана бюрократташтыруу; элиталар; *партиялар, кызыкчылыктар тобу* жана *кызыкчылыктардын агрегациясы*; шайлоолор жана *саясий катышуу*, саясий *бийлик; мамлекеттин* функциялары жана үстөмдүк кылуучу түзүлүш (*демократия, тоталитаризм, авторитаризм;* коомдук структура, идеологиялар жана алардын коом жана саясат үчүн мааниси; пропаганда ж.б. Азыркы мезгилде жашап жатышкан Кыргыз Республикасынын жарандарынын М. өтө ар түрдүү. Баалуулук жана идеологиялык ориентирдин кескин түрдө бузулушу калктын бардык катмарларын бушайман кылууда. Буга «өнүккөн социализм» жөнүндөгү, «советтик демократиянын артыкчылыктары» жөнүндөгү жана башка калган ураандардын жана постулаттардын кыйрашы себеп болду. Кыргызстанда буга чейин үстөмдүк кылган коммунисттик идеологиялык система саясий М-тин теориялык негизи катары өз күчүн жоготуп, жарандардын сезимине, иштерине, саясий көз карашынын калыптанышына таасир этпейт, демократиялык өзгөрүүлөр менен бирге келген *плюрализм* Кыргызстандын калкынын М-не мүнөздүү белгилеринен болуп калды. Калктын басымдуу көпчүлүгүнүн жашоосунун начарлашы, жумушсуздуктун күчөшү, азыркы мезгилдеги

дагы көптөгөн кыйынчылыктар, кылмыштуулуктун күчөшү, бийлик өкүлдөрүнүн адилетсиз кылык-жоруктары, кошоматчылык, паракорчулук, ж.б. элдердин бийликке карата нааразылычылыгын туудуруп, эртеңки күндөгү жакшы жашоого ишенимин жоготууда. Ушундай шартта бүгүнкү күндүн оор суроосуна жооп издеп кыргыздар улуттук акыл-ойдун түпкүрүнө, башатына кайрылышууда жана бул тенденция улам күчөөдө. Кыргыздардын М-не мүнөздүү нерсе, кыргыздын салт санаасына терең кирип калган көрүнүш – бул мыйзамды сыйлабоо, аткарбоо жана анын ордуна күчтүү саясий *лидерден* үмүт кылуу. *Мыйзамдын* бийлигине таянып, аны колдоонун ордуна, кыргыздар, адамдын бийлигине баш уруп, андан коркуп, кошомат кылып, ал эми бийликке келгендерди элди коркутуп-үркүтүп, «жеп-ичип» көнүп алышкан чыныгы демократиялык принциптерге, укуктук мамлекеттин шарттарына ыңгайлашып, аларды кабыл алууга караганда, уруулук мамилелери күчтүү сакталган кыргыздар үчүн социализмге өтүү алда канча жеңил болгон. Коллективдүү менчиктин жана тоталитардык *саясий режимдин* шартында пайда болгон «балапандай оозун ачып» мамиле жасоо көнүмүшү жаңы кыргыз М-нин калыптанышына тоскоолдук кылууда. Буга кошумча, кыргыздарды коомдогу ар кандай өзгөрүүлөргө ийкемдүү жана тез ыңгайлашуу жана ошону менен бирге өзүнүн кылымдар бою сактап келе жаткан өзгөчөлүгүн, руханий жан-дүйнөсүн, бийлик жүргүзүү салтын сактап калуу концепциясы иштелип чыккан эмес. *Демократия* – эл менен бийликтин ортосундагы ынтымак үчүн, бийлик ал үчүн иштөөсүн камсыз кылуу үчүн керек *институт*. Анын ар кайсы өлкөлөрдө көптөгөн формалары, түрлөрү бар. Кыргыздардын М-не ылайык кыргыздар башка элдерден айырмаланып тургандай эле, башка демократтардан айырмалуу, анын өзгөчө түрү керек. Саясий М-тин калыптанышы үчүн элдин саясатка кеңири тартылышы зарыл. Саясатка тартылганда гана эл саясий билимди алат, жүрүм-турум ыкмаларын, саясаттын нормаларын үйрөнөт, баалуулуктар, көз караштар калыптанат. Ушул мааниде алганда шайлоолордун, *референдумдардын* ж.б. *саясий агитация-лардын* ролу чоң. Кыргызстандын калкынын М-не мүнөздүү терс көрүнүштөрдүн катарына демилгечилик жана чечкиндүүлүктүн жоктугу, өзүнүн ден соолугуна карата кайдигерлик мамиле, трайбализм, улуттарга жана региондорго бөлүнүүчүлүк кирет. Акыркы мезгилдерде, өзгөчө кыргыз жаштарынын аракечтикке берилүүсү өтө зор тынчсыздандыруучу тенденция. Кыргыз М-не мүнөздүү болгон чыдамкайлык жана баш ийүүчүлүк тереңдеп бара жаткан саясий экономикалык *кризистен* жана бийликтен чектелбеген «өзү баштыгынан» улам бузулушу мүмкүн.

МЕНЧИК (лат. privatus) – 1) экономикалык түшүнүк катары – жаратылыш предметтерин, табигый жана эмгек менен түзүлгөн нерселерди жеке адамдардын жана жамааттардын ээлеп турушуна байланышкан коомдук-өндүрүштүк мамилени билдирет; 2) юридикалык түшүнүк катары – мүлктүн белгилүү бир жактарга – жеке адамдарга же жамааттарга белгилүү бир шарттарга жана белгилүү бир таризге таандык экенин тастыктайт (субъективдүү маанидеги менчик укугу), КР Конституциясында жана жарандык мыйзамдарында менчиктин мамлекеттик менчик, муниципалдык менчик, жеке менчик реформалары таанылган жана алардын тең укуктуулугу кепилденген. КРнын Конституциясында менчиктин башка түрлөрүнүн болушуна да жол берилет; 3) менчиктин экономикалык мамилелерин жарандык укуктун усулдары менен жөнгө салуучу укуктук ченемдердин жыйындысын билдирген жарандык-укуктук институт (объективдүү маанидеги М. укугу); 4) кандайдыр бир субъектиге менчик укугунда таандык болгон мүлк.

МЕРИТОКРАТИЯ (лат. meritus – татыктуу жана гр. kratos – бийлик) – жеке сиңирген эмгегинин жана шыктуулугунун аркасында айырмаланган адамдар башкаруучу коом. Бардык социалдык катмарлардан жетектөөчү орундарга ашкере шыктуу жана таланттуу, билими менен айырмалангандарды тандап алуу концепциясы. «М.» термини 1958-ж. англис социологу М.Янгдын «М-нын жогорулоосу: 1870-2033» романында киргизилген. М. – бийлик катары коомдун бардык социалдык тармактарынан келген адамдар кепилдик кылган виртуалдык

эмес, реалдуу экономика жана сюрреалисттик болмуш эмес, реалдуу турмуш.

М. принциби башкаруу түшүнүгү катары натыйжалуулук жана эффективдүүлүк менен тыгыз байланышкан. Агартуучулук доорундагы рационализмдин тамырларынан калыптанган ар бир адамдын натыйжалуу ишмердүүлүгү алдыга жылуунун жогорку максималдуу ылдамдуулугуна негиз болот. М-ны чыныгы адилеттүү коомдук түзүлүш катары кабылдоонун башталгыч булагы дал ушул өзөктөн калыптанган. Иштин натыйжалуулугу менен эффективдүүлүгүн, айтаарлык өсүштү камсыз кылууга жөндөмдүүлөр гана социалдык *иерархия*нын жогорку тепкичтеринде болушу керек. Жөндөмдүү адамдар гана башкарууга акылуу, анткени алар башкаларды өнүгүүгө карай алып кете алышат, заманбап коомдогу М-нын *легитимдүүлүгү* дал ушундайча аныкталат.

Башкарууну интеллектуалдар жүргүзгөн коомдук-саясий түзүлүш тууралуу Майкл Янг аныктаган М. түшүнүгүнө чейин эле жазылган. Мис., Платон мамлекетти философтор башкаруу керектигин айтса, Конфуций дагы бийлик башында билимдүү башкаруучулар туруш керектигин өз окууларында белгилеген. Акылэсти даңазалоо жана билимге умтулуу менен эки ойчул тең Агартуучулук доорунун башатын байыркыдан издеген философторуна айтаарлык таасир этишкен. Бирок, Платон менен Конфуцийдин акыл эске жана билимге умтулуусу өздөрүн ашкере баалоо көрүнүшү эмес, алар коомдун өнүгүшүн алга жылдыруудагы ишмердүүлүк деген жалпы кызыкчылык түшүнүгүнө да байланыштуу болгон.

М. принциби Сингапурда кеңири жайылган. Ли Куан Ю М-ны жактай тургандыгын, тагыраак айтканда, өкмөттү жана мамлекеттик мекемелерди башкаруучуларды татыктуу жана жөндөмдүү адамдардан куруу принцибин колдоорун айткан. 1973-ж. америкалык социолог Даниэл Беллдин «Постиндустриалдык коомдун түзүлүшү» аттуу эмгеги жарык көргөндөн кийин кадрларды тандоо жана даярдоого кеңири маани бериле баштаган, негизинен, натыйжасыз *бюрократия*ны коомдун бардык катмарынан чыккан эмгекчил адамдардан түзүү *технократия*га алмаштыруунун зарылдыгы тууралуу тезистер сунуш кылынган. Бирок, америкалык башка экономисттер жана саясатчылар (Д.Белл, З.Бжезинский, М.Платнер) жаңы интеллектуалдык элита бүткүл коомчулуктун өнүгүшүнө көбүрөөк салым кошот деп ойлошот. Сингапурда «М.» – оригиналдуу интерпретациясын алды. Өлкөнүн башкаруучулары белгилегендей, Сингапурдагы көп расалуу коомчулук М-нын принциптерине ылайык курулгандыгын, б.а. бийлик сиңирген эмгегине жараша берилгендигин, ошондон улам улуттук өзгөчөлүктөр эмес, ийгиликтер гана индивиддин социалдык тепкич боюнча көтөрүлүүсүн камсыз кылууда. Тилекеке каршы Кыргыз Республикасында М. принцибине таптакыр көңүл бурулбай келет. Кадрларды тандоодо жөндөмдүүлүгүнө жана ишкердик сапатына эмес, жеке тааныштык мамилелер негизги орунда турат. Ушундан улам коомдун өнүгүшү улам кечендеп, жөндөмдүү жаштарга жарытылуу көңүл бурулбай келе жатат.

МЕРКОСУР (Mercosur, исп. кыск. Mercado Comun del Sur – Түштүк Америкалык жалпы рынок, базар) – Түштүк Америка өлкөлөрүнүн ортосундагы мамлекеттер аралык экономикалык бирикмеси. М-га Аргентина, Бразилия, Парагвай, Уругвай, Венесуэла (2006, июль), ал эми ассоциацияланган мүчө катары – Чили, Боливия, Колумбия, Эквадор, Перу кирет. Континентте бириккен рынокту түзүүнүн алгачкы кадамы болуп 1986-ж. Аргентина жана Бразилия тарабынан кол коюлган эркин соода тууралуу келишими эсептелет. Торт жылдан кийин ага Парагвай жана Уругвай кошулган. М-дун башкы башкаруу органы болуп – Жалпы рынок Кеңеши саналат. Ал мезгил-мезгили менен жогорку деңгээлде чогулат (өлкө жана өкмөт башчылары, тышкы иштер министрлери) жана интеграциянын өнүгүүсүнүн саясий пландаштыруусун ишке ашырат. Жалпы рынокту тобу – дайыма иштеп турган, башкы аткаруучу орган. Монтевидеодо (Уругвай) башкы кеңсеси менен административдик катчылыгы бар, о.э. жалпы рынок тобуна баш ийе турган жана сооданын, бажылык жөнгө салуунун, техникалык нормалардын, валюта-каржылык саясатын, макроэкономикалык саясаттын, өнөр жай технологиясынын, айыл чарба жана энергетиканын ж.б. маселелери менен иш алып барган 10 техникалык комиссиядан турат.

МЕТРОПОЛИЯ (лат. metropolis, meter – эне жана polis – шаар) – колонияларга ээ болгон *мамлекет*.

МЕЦЕНАТТЫК – жарандардын же юридикалык жактардын искусство, илим, маданият, билим берүү, агартуу тармактарына жарандарга же юридикалык жактарга акысыз мүлк, анын ичинде акча каражаттарын да берүү менен көмөк көрсөтүүлөрү. М. коомдо руханий баалуулуктарды сактоо, түзүү жана таркатуу менен жеке адамдын өсүшүндөгү руханий жана чыгармачылык башаттарды өөрчүтүү максаттарында ишке ашырылат.

МИЛИТАРИЗМ (лат. militaris – согуштук) – ички жана тышкы маселерди чечүүдө согуш каражаттарына багытталган *саясат*. Анын демилгечилери – согуштук-өндүрүштүк комплекстердин кызыкчылыктарын көздөгөн реакциялык чөйрө. М-ге куралдануунун тынымсыз жарышы, согуштук бюджеттин чоңоюусу, согуштук-өндүрүштүк комплекстин мамлекеттин экономикасына жана саясатына таасир берүүсүнүн күч алышы мүнөздүү.

МИНИСТР (фр. ministre, лат. minister – кызматчы) – өкмөттүн түзүмүнө кирген өзгөчө маанилүү мамлекеттик башкаруу органдарынын-министрликтердин жетекчилеринин тектүү аталышы. М. КР мыйзамдары боюнча өкмөт мүчөсү болуп саналат. М. ар кандай аталат, мис., АКШда, Мексикада жана башка бир катар мамлекеттерде М-лердин бардыгы же бир бөлүгү мамлекеттик катчы, Улуу Британияда – канцлер ж.б. деп аталышат. М-дин парламенттик мамлекеттердеги жана президенттик республикалардагы иш жүзүндөгү ролдору, биринчи учурда М. кызматын эреже катары кесипкөй саясатчы, экинчисинде – кесипкөй администраторлор (кадрдык чиновниктер) ээлеп тургандыгына байланыштуу айырмаланат. Жарым президенттик республикаларда бул эки принцип көп учурда айкалышып кетет.

МИНИСТРЛИК (лат. ministro – кызмат кылам, башкарам) – өкмөттүн түзүмүнө кирген, мамлекеттик башкаруунун өзгөчө маанилүү борбордук органдарынын аталышы. КРде М. мамлекеттик башкаруунун, ишмердиктин тийиштүү чөйрөсүндө аткаруучу-бөлүштүрүүчү милдеттерди ишке ашыруучу борбордук органы болуп саналат. М. башчысы (министр) өкмөттүн курамына кирет.

МИССИОНЕР (лат. missio – посылка, тапшырма) – жалпы диний иш-чараларды уюштуруу жолу менен диндик ишеним окууларын таратуучу диний бирикменин өкүлү.

МИСТИКА (гр. – сырдуу) – негизин кереметтүү «күчтөргө» ишенүү түзгөн диний көз караш.

МИСТИФИКАЦИЯ, саясатта (гр. mystes – сыр билген жана лат. facere – жасоо) – пропаганданын жана кыймылдарды имитациялоонун жардамы менен атайын алдоо.

МИТИНГ (англ. meeting) – жарандардын коомдук-саясий турмуштагы окуяларга, кишилердин жана уюмдардын аракеттерине карата өздөрүнүн мамилелерин билдирүү үчүн жыйылган көпчүлүк чогулушу. Көп учурларда ачык жерлерде өткөрүлөт, резолюция кабыл алуу менен аяктайт.

МИФОЛОГИЯ (гр. – уламыш, баян) – алгачкы жамаат коомундагы адамдардын дүйнө жана табигат кубулуштары жөнүндөгү муундан-муунга оозеки баян (миф) түрүндө өткөн түшүнүгү, көз караштары.

МО Ди (б.з.ч. 479–400-жж.) – байыркы Кытай философу, моизмдин негиздөөчүсү. М. жана анын окуучуларынын көз караштары «Мо-цзы» китебинде берилген жана мазмуну боюнча *Конфуцийдин* окуусуна каршы багытталган. Алдын-ала, мындайга жазылган тагдыр болбойт, ар адамдын тагдыры, негизинде «асмандын эркы» турган «жалпы сүйүү жана өз ара пайда» принциптерин кандай деңгээлде ишке ашырганына жараша болот. М. кызмат орундарын мураска калтыруу системасын жоюуну сунуш кылган, «дүлөйдү обончу кылып дайындаган» сыяктуу башкаруучулардын жана «чондордун», «ары жок туугандары» бийликтен четтетүүнү сунуштаган. Бийлик аппаратын акылдуу адамдардан түзүүнү туура деп эсептеген. «Акылман өлкөнү башкарган-

да таңдан турат да, үйүнө кайра иңирде келет. Ал элдин арыз-муңун угат, көрсөтмөлөрдү берет, ушундан улам *мамлекет* тынч болот да, күнөөлүүлөрдү жазалоо туура жүрөт». М. Кытай коомунун төмөнкү эркин катмарларынын – дыйкандардын, кол өнөрчүлөрдүн, соодагерлердин кызыкчылыгын коргогон. Мамлекеттер аралык тынчтык мамилелердин негизи катары мамлекеттердин теңдиги жөнүндөгү тышкы саясий доктрина М. тарабынан иштелип чыккан. Бул ойчул согушту басып алуучулук жана коргонуучулук деп экиге бөлгөн. «Адамдар айбандардан эмгеги менен айырмаланат» деп М. эмгекти жогору баалап, күч эмгегин четке каккан Конфуций окуусуна, «иш кылбоо» теориясын негиздеген *Лао-Цзыга* да каршы чыккан.

МОБИЛДҮҮЛҮК (коомдо) – социалдык структуранын чегинде топторду жана индивиддерди бир социалдык орундан экинчиге жайгаштыруу. Ар бир коом андагы менчик, байлык, *статус*, бийлик, таасир, укук жана милдеттүүлүгүнүн бөлүнүшүнө жараша түрдүү катмарлар, топтор жана индивиддерге бөлүнүшкөн. Бул болсо теңсиздиктин, түрдүү социалдык карама-каршылыктардын, *конфликттердин* туулушуна алып келет да, өз кезегинде социалдык объекттердин коомдогу ордун өзгөртүүгө умтулуусуна алып барат. Ошентип, *социалдык стратификация* жана М. өз ара тыгыз байланышып, түрдүү социалдык системанын перманенттүү мүнөздөмөсү болуп эсептелинишет. Дегинкиси коомдо М-түн эки негизги түрү кездешет. «Туурасынан» – бир деңгээлдеги социалдык топтордун чегинде жайгашуу, жана «тигинен» – бир социалдык катмардан (старттан) экинчиге жайгашуу. М-түн экинчи түрү өз кезегинде жайгашуунун өз алдынча эки түргө бөлүнүп кетет: социалдык баскычта жогору же төмөн. М-түн изилдөө коомдун өнүгүшүндөгү сапаттык тенденцияларды таанып-билүүгө мүмкүндүк берет. Мис., таптардын, башка социалдык топтордун жана индивиддердин өнүгүшү жана начарлашы, алардын ортосундагы мамилелердин өзгөрүшү, келечекте бул процесстердин болушу. Бул теорияны түзүүчүлөрдүн бири П.Сорокин тарыхтын мобилдүү мезгилин (негизинен революциялар, себеби социалдык структура кыйрайт), мобилдүү эмес мезгилин (реакция доору, туруктуу социалдык структура менен мүнөздөлөт) жана коомдун түрдүү типтерин ажыраткан. Бүгүнкү күндө социология жана саясат таануунун *социалдык конфликттерди* чечип, коомдо *консенсусту* камсыз кылган башка каражат катары каралат. М-түн жардамы менен коомдо бир катар социалдык топтордун өз статусун жакшы жакка өзгөртүүгө жаңы мүмкүнчүлүктөрдү пайда кылууда. Ушуга байланыштуу «жашоодо ийгиликке жетишүүгө» мүмкүнчүлүк берген же бере албаган жөндөмдүүлүгү, билими, шыгы, жүрүм-турум өзгөчөлүктөрү сыяктуу факторлорду изилдөөнүн предмети болуп калууда.

МОДЕРНИЗАЦИЯ, кара: *Саясий модернизация.*

МОИЗМ – байыркы Кытайдагы этикалык-саясий окуу. Бул философиялык мектептин негиздөөчүсү Мо Ди (Мо-цзы) болгон. Мо Ди жана анын окуучуларынын (моистер) көз караштары «Мо цзы» китебинде берилген. М. б.з.ч. IV–III к. калыптанган. Мазмуну боюнча *Конфуций окуусуна* жана *Лао-Цзынын* теорияларына каршы болгон. Коомду «жалпы сүйүү жана өз ара пайда» принцибинин негизинде кайра куруу программасын иштеп чыгышкан. Бардыгына бирдей тең сүйүүнүн жоктугу – мамлекеттеги башаламандыктын башкы себеби. Башаламандык деген эмне? Бул, бала атасын эмес өзүн сүйөт, ошондуктан өз пайдасы үчүн атасына зыян келтирет. Азыркы падышачылыктардын башкаруучулары жалаң гана өз падышачылыгына карата сүйүүнү билдиришет, ошондуктан алар башка өлкөлөргө сокку ургулары келишет. Азыркы үй-бүлөлөрдүн башчылары өз үй-бүлөлөрүнө карата гана сүйүүсүн билишет, алар башка үй-бүлөлөрдү сүйүшпөйт. Эгерде адамдардын ортосунда өз ара сүйүү жок болсо, анда өз ара жек көрүүнүн пайда болоору бышык. М. бийлиги мураска калган ак сөөктөргө, алардын коомдук саясий артыкча абалына каршы чыккан. Ошентсе да М. байлыкты жектеген эмес. Моисттердин окуусунда байлык өтө барктанып, жокчулукадепсиздиктин көрүнүшү катары айыпталган.

«Байлык эмгекти сүйүүдөн улам болот, ал эми кедейчилик-жалкоолуктан», деп белгилеген Мо Ди. Мо Динин жолун жолдоочулар (кеч моисттер) анын окуусун андан ары улантышкан. Кытай философиясынын тарыхында биринчи жолу түшүнүп билүү процессин изилдөөнү жолго коюшкан. Түшүнүп билүүнүн предмети катары объективдүү чындык катары тышкы дүйнөнү эсептешкен. Моисттерде математика, физика, инженерия өнүгүүгө ээ болгон.

МОЛДО КЫЛЫЧ Шамыркан уулу (1868–1917) – кыргыздын алгачкы жазгыч акындарынын бири. Кочкор өрөөнүндө туулган. Анын 1911-ж. Казан шаарында араб арипи менен «Зилзала» эмгеги кыргыз элинин тарыхында басмага жарыяланган алгачкы чыгармалардан болуп эсептелет. М. К. «Үчү баяны», «Керме тоо», «Канаттуулар», «Зилзала», «Кол казал», «Кара Кочкор», «Кыз жигит», «Уй казал», «Жатакчылар», «Үчү канаттуулары» сыяктуу ырларында жана поэмаларында табият, турмуш-тиричилик, жүрүм-турум, саясат жөнүндө баяндаган. Акындын мындан тышкары «Бүркүттүн тою», «Он жети бий», «Качаанак молдо Сулайман», «Молдо Дүйшө» сатиралары, «Замана», «Азаматтар», «Сапар» санаттары, «Бай тайлак» ж.б. кошоктору бар. Көптөгөн шылдың-шыкак ырларды, мыскыл, кошокторду жазган. 1925-ж. акындын «Буудайык», «Канаттуулар», «Бүркүттүн тою» поэмалары, 1945-ж. «Иргелген казалдары» жарык көргөн. 1991-ж. жарыкка М-тын «Казалдар» жыйнагы чыкты.

МОЛДО НИЯЗ (1820–1896) – кыргыздын алгачкы жазгыч акындарынын бири. Кыргызстандын түштүгүндөгү Шаймерден өрөөнүндө туулган. Кашкар шаарындагы медреседен билим алган. Ат-Башы, Нарын, Жумгал, Кочкор, Суусамыр, Чүй өрөөндөрүндө болуп, чыгармаларын элге окуп берген жана чыгармалары эл арасында таркаган. Бул аймактардан анын кол жазмалары азыр да табылууда. М. Н-дын бизге жеткен санат ырлары 2 миңден ашык саптан турат жана мазмуну боюнча Орто Азияда жашаган элдердин поэзиясы менен тамырлаш. Анда өмүр, өлүм, аалам, жакшылык, жамандык сыяктуу философиялык мазмундагы темалар менен катар XIX к. экинчи жарымынан тартып кыргыз жергесиндеги тарыхый кырдаалдар баяндалат. «Санатта» 1845–58-жж. Кудаяр хандын кордугуна чыдабаган ферганалык кыргыздардын жер которушу, Кашкарга качып барган кыргыздарга Жакыпбек бийдин көрсөткөн кордугу 1865-ж. орус падышачылыгынын Ташкент, Чымкент шаарларын басып алышы чагылдырылган.

МОМУН – Алла Таалага ыйман келтирген адамды М. дейт. Арапча Мумин деп аталат. *Куранда, Мусулмандар* деп көп айтылган менен М. сөзү да көп жолу колдонгон. М. болбой туруп, өзүн мусулман деп айтууга болбойт. Бирок, *ислам* дүйнөсүндө М. менен мусулманды синоним катары пайдаланышып келүүдө. Кыргыздарда М. сөзү көбүнесе моюн сунган, жоош адамдарга карата айтылат.

МОНАРХ (лат. monarhos) – мамлекеттин жалгыз башчысы (падыша, шах, эмир). Бийлик мураска калат.

МОНАРХИЯ (гр. monarchos, monos – жалгыз + archos – башкаруучу) – мамлекеттик башкаруунун бир формасы; мамлекеттик бийлик жеке бир адамдын колунда болот. Бийлик мураска калат. Тарыхта М–нын алгачкы формасы абсолюттук М. (самодержавие) болгон. Ага кандайдыр бир өкүлчүлүк мекемелеринин жоктугу менен катар эле бардык мамлекеттик бийликтин монархтын, падыша, хан, император ж.б. колунда топтолушу мүнөздүү. Бүгүнкү күндө 40тан ашуун М. өкүм сүрүүдө; М-нын негизин конституциялык: монархтын ыйгарым укуктары өлкөнүн конституциялары тарабынан чектелип турат. Абсолюттук М. айрым өлкөлөрдө: Сауд Аравиясында, Катарда, Оманда, БАЭда (ОАЭ) сакталып калган. Конс- титуциялык монархиялар эки түрдө: дуалисттик жана парламенттик функцияларды аткарышат. Дуалисттик М. артта калган өлкөлөр үчүн мүнөздүү. Ал жерлерде феодализмдин калдыктары дале да болсо зор ролду ойноп, буржуазиянын экономикалык жана саясий позиция- лары алсызыраак. Дуалисттик М. негизинде начарлап жаткан феодализм менен күч алып аткан буржуазиянын ортосундагы компромисс. Саясий мекемелердин эки тиби – феодалдык М. жана буржуазиялык парламент өз ара мамлекеттик бийликти

бөлүштүрүшөт. Буржуазиялык мамилелердин орношу менен дуалисттик М. парламенттик М-га же республикага өсүп жетет. Бүгүнкү күндөгү М. көпчүлүгү парламенттик. Монархтын бийлиги мамлекеттик бийликтин мыйзам чыгаруу, мамлекеттик башкаруу, өкмөттү көзөмөлгө алуу сыяктуу тармактарында чектелет. Монарх өкмөт башчысынын жана министрлерди дайындоо укугун сактап калган. Бирок, алар да парламенттеги көпчүлүк орунду ээлеген партиялык фракциялардын сунушу боюнча болот. Өкмөт монархтын өкмөтү деп эсептелет, бирок парламенттик жол менен түзүлүп, парламенттин алдында гана жооп берет. Монарх чыгарган мамлекеттик актынын бардыгы ылайык келген министрдин макулдугунан соң юридикалык күчкө ээ болот. Өнүккөн өлкөлөрдө монархтар коомду мамлекеттик башкарууда анча деле маанилүү эмес. Ал эми кээ бир өлкөлөрдө монархтар церемониялык укуктарга ээ болуп, жөн гана символикалык фигура бойдон калышкан.

МОНДИАЛИЗМ (фран. monde – тынчтык) – федеративдик негизде дүйнөнү жана анын айрым аймактарын – Европаны, АКШны ж.б. бүткүл дүйнөлүк жалпы өкмөт менен бириктирүү үчүн кыймылы. М-дин келип чыгуусуна 20-жж. биринчи дүйнөлүк согуштан кийин пайда болгон Европанын Бириккен штаттарын түзүү кыймылы түрткү болгон. Улуттар лигасынын кыйроосу, *фашизм*, жаңы дүйнөлүк согуш, дүйнөнүн башкарылбастыгы жаңы, борборлоштурулган дүйнөлүк түзүмдө элдер менен мамлекеттердин ортосунда тынчтыкты жана мамилелерди кайра уюштурууга жол издөөгө түрткү беришкен. Бул темадагы биринчи эмгектер С.Стрейттин «Союз или хаос» (1939-ж.) деген аталыштагы китеби болгон. Андан кийин 1940-, 1941–42-жж. М-дин биринчи теоретиктеринин эмгектери чыга баштаган. 1946–1948-жж. М. кыймылы АКШ жана Европада союздарга жасалгалана баштаган, Гаага жана Брюсселдеги бүткүл дүйнөлүк съезддерде (1948-ж.) федеранттардын биригүүсү. М-дин идеологиясынын жалпы багыты – согушка каршы, пацифисттик, БУУнун *манипуляциясына* каршы багыт жана СССРге, атомдук куралга каршы превентивдик согуш ж.б. М. дүйнөдөгү келип чыккан глобалдык көйгөйлөргө жана процесстерге биринчи жолу көңүл бурган. М. кыймылында СССР менен кызматташуунун күчтүү тенденциясы болгон. Кыймылдын катышуучуларынын курамы өтө эле ар кошкон болгон: фабианецттер, социалисттер, пацифисттер, христиандык демократтар, бизнестин, *саясат*тын көрүнүктүү өкүлдөрү жана окумуштуулар. Ага күч саясатынын жактоочулары да кошулууга умтулушкан, бул дүйнөлүк өкмөттүн жана Бүткүл дүйнөлүк федерациянын идеяларын бурмалаган. Натыйжада кыймыл начарлап, жарымы согушка каршы жана прогрессисттик ар кандай кыймылдарга, көпчүлүк учурда Батыш Европадагы интеграциялык процесстерге өтүп кетишкен. БУУнун эгидасы алдындагы эл аралык уюмдардын өнүгүүсү жана күчөшү М-ди азыраак жагымдуу идея кылган, бирок М. түшүнүгү такыр эле жок болуп кете элек.

МОНИТОРИНГ (лат. monitor – эске салуучу, көзөмөлдөөчү) – кеңири мааниде – объектерди, кубулуштарды, процесстерди баалоо, көзөмөлдөө же божомолдоо максатында алардын абалына атайын уюштурулган такай байкоо жүргүзүү.

МОНОТЕИЗМ (гр. – бир кудай) – политеизмден айырмаланып, бир гана *кудай* бар деп эсептеген диний ишенимдердин топтому. М-тик диндерге дин илими христианчылыкты, иудей жана исламды кошот. Бирок М. шарттуу колдонулат, себеби бир да дин жалгыз кудайга ишенүүнү такай сактабайт. М. б.з.ч. I миң жылдыктын орто ченинде жөөттөрдө пайда болгон. VII к. *исламда* М-ди бекем сактоо киргизилген.

МОНТЕСКЬЕ Шарль Луи (1689–1755) – француз философу, жазуучу жана тарыхчы, XVIII к. Просвещение (Агартуу) философиясынын өкүлү. М-нин философиялык позициясы, анын эң негизги «Мыйзамдар духу жөнүндө» эмгегинде чагылдырылган. Бул эмгегинде кудай жараткан катары бааланат, бирок материалдык дүйнөнүн объективдүү мыйзамы боюнча аракет кылган. Тышкы дүйнөнүн чагылдырылышы боюнча материалисттик идеяны коргогон, бирок тажрыйбанын жыйынтыктарын кайра иштеп чыгууда Локктун рефлекс

таанып билүүнүн өз алдынча булак экендигин ырааттуулуксуз кабыл алган. М. тарыхый процесстерди теологиялык интерпретациясында социологиядагы географиялык мектепти (негиздөөчүсү болуп өзү эсептелген) карама-каршы идеяга койгон. М. ою боюнча климат жана жердин үстүнөн абалын элдик дух жана коомдук өнүгүштүн мүнөзү аныктайт. Тарыхтын жалпы мыйзамы социалдык факторлордун комплекси менен: өндүрүш, менчиктүүлүк, башкаруунун принциптери, үрп-адат жана диндер менен аныкталат. Башкаруунун феодалдык-деспоттук формасын сынга алып М.Локктун идеализациялаштырылган: мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана соттук бийликти ажыраткан англиялык монархиялык-конституциялык саясий режимди кабыл алган.

МОРАТОРИЙ (такоол) (лат. moratorium – басаңдатуучу, мөөнөтүн жылдыруучу) – адатта белгилүү бир мөөнөткө чейин же согуш аяктаганга, табигый кырсык өткөнгө же дагы башка кыйчалыш кырдаал бүткөнгө чейин мамлекеттин өз милдеттенмелеринин, көбүнесе эл аралык келишимдер боюнча, аткарылуу мөөнөтүн кийинкиге жылдырышы. Ал бардык милдеттенмелерге (жалпы М.) же айрымдарына гана жайылтылат. Кээде «М.» аталышы мамлекеттин кандайдыр бир аракетти жасоодон баш тарткандыгын да билдирет (мис., өлүм жазасын аткарууга карата М.). КР жарандык укугу боюнча доо мөөнөтүнүн өтүшүн токтотот.

МОСКА Гаэтано (1858–1941) – италиялык саясат таануучу, социолог. В.Парето менен катар элита теориясын негиздеген. «Башкаруучу тап» (1896) деген китебинде М. бардык коом эки тапка бөлүнгөндүгүн ырастаган. Ал эки тап: башкаруучу «саясий тап» (элита) жана башкарылуучу. Башкаруучу тап бийликке ээлик кылып, бийликтин артыкчылыктары менен ырахаттанышкан. Бийликти колдоо үчүн мыйзам чегиндеги жана андан тышкары ыкмаларды колдонушат. Башкаруучу тап күч жана алдоонун гана эмес, идеологиялык же «саясий доктринанын» жардамы менен башкарат. Диний же улуттук сезимдерге негизделген универсалдык кыялдардын жардамы менен элита калкты өзүнүн үстөмдүүлүгүнүн *легитимдүүлүгүнө* ынандыра алат. Көпчүлүктүн эркин сыяктуу үстөмдүк кылган демократиялык доктринаны М. жалган деп эсептеген. М-нын ою боюнча элитанын үстөмдүгү – бардык мезгилдер жана элдердин тарыхый тажрыйбасы күбө кылган мыйзам. Парето сыяктуу ал дагы, «элитаны жаңыртмайын социалдык стабилдүүлүк мүмкүн эмес» – дейт. М. элитанын күчүнүн үч вариантын көрсөткөн: жаңыртылбастан «түбөлүктүү болуу», жаңыртуу менен «түбөлүккө калуу» жана чыныгы жаңыртуу. Бул варианттардын мамлекеттик башкаруунун эки формасы – автократиялык жана либералдык менен айкалышуусу мамлекеттин төрт түрүн берет, аристократия-автократиялык, аристократия-либералдык, демократия-автократиялык жана демократия-либералдык.

МО-ЦЗЫ, кара *Мо-Ди.*

МУЛЬТИКУЛЬТУРАЛИЗМ – бул кайсы бир өлкөдөгү жана бүтүндөй дүйнөдөгү маданий бөтөнчөлүктөрдү өнүктүрүүгө жана сактоого багытталган саясат, теория же идеология. М. саясий либерализмден маанилүү айырмасы – улуттук жана маданий топтор сыяктуу жамааттык субъектердин укуктарын таануусунда. Мындай укуктарга улуттук жана маданий жамааттарга өздөрүнүн мүчөлөрүн окутууну башкаруу, саясий баа берүү ж.д.у.с. мүмкүндүктөрдү берүү кирет. М. маданияттардын баарынын бир маданиятка кошулуп кетүүсүн болжолдогон «эритүү казаны» (англисче – meltingpot) концепциясына карама каршы коюлат. Мисал катары, М. жайылтылган Канаданы же илгертен эле «эритүү казаны» концепциясы жарыяланып келген АКШны көрсөтүүгө болот. М. – көпчүлүк маданияттын жалпы адамзаттык нукта өз ара жайылыш, байыш жана өнүгүш максатында маданияттардын жанаша жашоосун талап кылуудан турган чыдамдуулуктун аспекттеринин бири болуп саналат. М. идеясы негизинен маданий өнүгүштүн илгертен эле бийик деңгээли бар Европанын жогору өнүккөн коомдорунда сунушталат. Азыркы Европада М. баарынан мурун анын маданий талаасына «үчүнчү дүйнөнүн» (анын ичинде европалык өлкөлөрдүн мурдагы колонияларынан да) иммигранттарынын маданиятынын элементте-

рин киргизүүнү болжолдойт. М. сындоочулар жыйынтыгында көп кылымдардан берки маданий негиздердин, өнүккөн маданий салттардын толугу менен талкаланышын ырасташат, анткени мындай чалмакейлик дайыма ортозаарлыкка алып келет. Алардын пикири боюнча, эгер келгиндердин маданий өнүгүшүнүн төмөнкү деңгээли сөзсүз түрдө жогоруласа, анда М. өлкөсүнүн жогорку маданий деңгээли сөзсүз түрдө төмөн түшөт.

МУНИЦИПАЛИТЕТ (нем. munizipaitat, лат. municipium – өзүн-өзү башкаруучу жамыят) – жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу системасындагы орган. Бир катар өлкөлөрдө (Австралия, Венесуэла) – төмөнкү административдик-аймактык бирдик. М. туура келген административдик-аймактык округдун калкы тарабынан шайланат. Мэрия, бургомистр баш болгон шайланма коллегиядан жана аткаруучу аппараттан турат. Коммуналдык ишканалар жана турак-жай фонду М-тин менчиги. Аларга жергиликтүү полиция (милиция), мамлекеттик мектептер, медициналык мекемелер, социалдык камсыздоо органдары баш ийет. М-тин кирешесинин булагы болуп калктан жергиликтүү салык салуу ж.б. (туризм, кайрымдуулук) эсептелет. Эреже катары муниципалдык кирешелер жашоо керектөөлөрүн толугу менен камсыз кыла албайт. Бул болсо алардын борбордук бийликтен каржы жагынан көз каранды болушуна алып келет. Кээ бир учурларда М-тин иштеринде өз алдынчалык жана көз карандысыздык жоголуп, өзүн-өзү башкаруу органынан жалпы мамлекеттик администрациясынын органына айлануусу байкалган. Бир катар мамлекеттерде борбордон дайындалган өкүлдөр М-тин чечимдерин жокко чыгарууга чейинки кеңири укуктар менен белгиленишет. Өзүн-өзү башкаруучу орган катары М. – демократиянын башкы институту.

«МУХТАСАР ТАРЫХ-И КЫРГЫЗИЙА» – «Кыргыздардын кыскача тарыхы» – Октябрь социалисттик революциясына чейинки доордогу кыргыз тарыхчыларынын бири *Осмонаалы Сыдык уулунун* 1913-ж. Уфа шаарында басылып чыккан китеби. Китеп кыргыз тилинде жазылган. Анда мусулман элдеринин санжыра-салты сакталып, ыр жана кара сөз түрүндөгү кириш бөлүмүнөн кийин адамзаттын санжырасы башталат. Алгач Адам ата, Обо энеден (Ева) баштайт. Экинчи ата катары Нух (Ной), анан Нухтун үч уулу: Хам, Сам, Йафес саналып өтөт. Йафестин уулдары экиге – Арийлерге, Туранийлерге бөлүнөт. Туранийлерге Азия материгинде жашаган кытайлар, инди-кытайлар, жапондор, финдер, осмондор (түркиялыктар), татарлар, кыргыздар, казактар, калмактар, дунгандар кирээрин жазат. Йафестин төрт уулунун эң улуусу Түрк. Түрк уруулары жөнүндөгү главада түрк-моңгол көчмөн урууларынын мусулман элдери үчүн салтка айланган санжырасын берип, андан ары кыргыз уруулары санаганга өтөт. «...Кыргыз Мухаммед алейсаламдан үч миң төрт жүз жыл мурун дүйнөгө келген», – деп жазат. Бул эмгекте негизинен түндүк *кыргыздардын* айрым урууларынын санжырасы кененирээк берилген.

МҮЛК – кандайдыр бир юридикалык же жеке жактын ээлигиндеги буюмдардын жана материалдык баалуулуктардын жыйындысы. М. ич ара кыймылдуу жана кыймылсыз М. болуп бөлүнөт. Кыймылсыз М. – адатта бир орундан экинчи орунга жылдырылбайт (имараттар турган жер участкасы, курулуштар жана кээ бир башка объектилер), ал эми кыймылдуу М. – бир жерден экинчи жерге которулуп, жылдырыла берет. Жарандык укуктардын (эң алды менен менчик укугу) материалдык негизи болуп саналат.

МЫЙЗАМ – кеңири мааниде бардык нормативдик-укуктук актылар, *мамлекет* белгилеген жалпыга милдеттүү бардык эрежелер. Укуктук мааниде мамлекеттик *бийликтин* жогорку өкүлдүк органы тарабынан же жалпы калктын өз эркин тикелей билдирүүсү аркылуу (мис., *Референдум*) кабыл алынып, өтө маанилүү коомдук мамилелерди жөнгө салуучу нормативдик акт. М. мааниси боюнча конституциялык жана жөнөкөй болуп бөлүнөт. *Конституциялык* М. конституциядан, конституцияга өзгөртүү киргизүү максатында кабыл алынган. М. коомдук жана мамлекеттик түзүлүшүнүн негиздерин М. түрүндө бекемдейт. Жөнөкөй М-га кодекстештирилген М. жана учурдагы

М. кирет. М. чыгаруу ишмердиги ар башка өлкөлөрдө ар түрдүүчө. Ошентсе да жалпыга бирдей тиешелүү кээ бир белгилери бар: мыйзам чыгаруу демилгесин көтөрүү, мыйзам долбоорун *парламенттик* комитеттерде талкуулоо, М-ды кабыл алуу жана аны жарыялоо. Кыргызстанда мыйзам чыгаруучу бийлик – *Жогорку Кеңеш.*

МЫЙЗАМ ЧЫГАРУУЧУ БИЙЛИК – мамлекеттик бийликтин бир бутагы. *Мамлекеттик* мыйзамдарды кабыл алуу М. ч. б-тин негизги иши. Азыркы кездеги М. ч. б. *парламентаризмдин* өнүгүшү менен байланышкан. Алгач парламенттердин бири – британдык, ал XIII к. пайда болуп, эки палатадан турган: общиналар палатасы – башында рыцарлар жана бюргерлер, ал эми бүгүнкү күндө жалпы эл тарабынан шайланган депутаттардан турат; лорддор палатасы – пэрлер жана жогорку чиркөө кызматчылары үчүн, ал эми бүгүнкү күндө ага мүчө болуу же тукуму аристократтар, дин кызматы боюнча, же өлкөнүн алдында сиңирген эмгеги (М.Тетчер) боюнча жүргүзүлөт. Швед парламенти башында төрт палатадан турган: дворяндар, дин кызматкерлери, бюргерлер жана фермерлер үчүн өзүнчө болгон. Парламенттин бийлигинин начарлашы (Францияда ушундай болгон) королдун бийлигинин күчөшүнө алып келген. Королдун бийлигинин күчөшү анын *легитимдүүлүгүнүн* жоготулушу менен коштолуп, акыры революцияга себеп болгон. Жалпылап айтканда, Европада М. ч. б-тин ролу дайыма кеңейип келген. АКШда М. ч. б. *аткаруучу бийликтен* өзүнчө бөлүнгөн, кеңири ыйгарым укуктары бар, Конституцияга ылайык, биринчи бийлик катары эсептелсе да, *Мадисондун* кармап туруу жана тең салмактуулук системасына ылайык, *бийликтин бөлүнүшүнүн* балансын буза албайт. *Президент* аткаруучу бийликтин башчысы катары Конгресске баш ийбейт, ошол эле учурда конгрессти таркатып жиберүү укугу Президентте жок. Европанын көпчүлүк өлкөлөрүндө мурунтан келе жаткан салтка ылайык М. ч. б. аткаруучу бийликтен даана бөлүнгөн эмес, ал эми конституциялык соттор өткөн кылымдын экинчи жарымында гана пайда болгон. Өкмөт башчысынын жана министрлердин парламентке мүчө болушу, М. ч. б-тин аткаруучу бийликтин үстүнөн көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүн жогорулатат. Британ парламентинде «суроолордун сааты» бар, ал учурда өкмөттүн мүчөлөрү көлөкө кабинеттин мүчөлөрүнүн катышуусу астында *оппозициянын* суроолоруна жооп беришет. Бул мисал М. ч. б-тин европалык системасынын артыкчылыгына кирсе, анда анын төмөнкүдөй кемчилиги бар: бир *партия* же жеке адам бардык бийликти өз колуна топтоп алышы мүмкүн. Алсак, радикалдык оппозициянын күчөшү, М. ч. б-тин начарлашынын натыйжасында центристтер кырдаалды көзөмөлгө ала албай калышып, мыйзамдуу түрдө Гитлер Германияда бийликке келген. *Мыйзам* чыгаруу ишмердиги ар кайсы өлкөлөрдө ар башка болгону менен мыйзам чыгаруу процессинин бир катар универсалдуу процедуралары бар: мыйзам чыгаруу демилге укугуна ээ субъекттер тарабынан сунуш кылынган мыйзам долбоордун түзүлүшү жана көрсөтүлүшү; комитеттерде жана комиссияларда алдын-ала карап чыгуу; бекитүү. АКШнын конгрессине мыйзам чыгаруу процесси узак жана оор, мыйзам долбоорлору узун жана кыйын жолду басып өтөт. Конгресс кабыл алган мыйзамдын күчүнө кирүү процедурасы да татаал. Ал мыйзам көпчүлүк штаттарда колдоого ээ болушу зарыл.

Ал эми Кыргызстанда мыйзам чыгаруу процесси бир кыйла жөнөкөй жана мыйзамдын күчүнө кирүү процедурасы да татаал эмес. Ушундан улам Жогорку Кеңеш кыска убакыттын ичинде көптөгөн мыйзамдарды кабыл алышы жана күчүнө кийириши мүмкүн. Ал мыйзамдардын тууралыгы жана иштеги жыйынтыктары жөнүндөгү маселе башка. Байыркы Грецияда мыйзамдын автору өзүнүн мыйзамы күчүнө киргенден бир жылга дейре анын кесепеттери үчүн жооп берүүгө милдеттүү болгон, муну «Фон парономон» деп аташкан. Мыйзамды даярдоо сапатын жогорулатуу жолдору ар түркүн. Биринчи кезекте М. ч. б-тин компетенттүүлүгүнө байланыштуу. Парламентке депутаттыкка талапкерлерди каттаганда жана алар үчүн добуш бергенде билимине жана *саясий ишмердүүлүгүнө,* тажрыйбасына

көңүл буруу зарыл. Парламенттик комитеттердин ишине көп сандаган эксперттерди тартуу жана парламенттин ишин ачык маалымдоо, түз радио, теле берүүлөр каралып жаткан мыйзамдардын сапатын көтөрүүгө көмөктөшөт. *Кыргыз Республикасынын Конституциясынын* 70-беренесине ылайык, *Жогорку Кеңеш* – Кыргыз Республикасынын парламенти – М. ч. б-ин жана өз ыйгарым укуктарынын чегинде контролдук кылуу милдеттерин жүзөгө ашыруучу өкүлчүлүктүү жогорку орган болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине ылайык, мыйзам чыгаруу демилге укугу төмөнкүлөргө таандык: 1) 10 миң шайлоочуга (элдик демилге); 2) Жогорку Кеңештин депутатына; 3) Өкмөткө. Ал эми 80-беренеде «Мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңешке киргизилет; Өкмөт тарабынан кечиктирилгис катары аныкталган мыйзам долбоорлору Жогорку Кеңеш тарабынан кезексиз тартипте каралат; мамлекеттик бюджеттин эсебинен жабылуучу чыгымдарды көбөйтүүнү караган мыйзам долбоорлору Өкмөт тарабынан каржылоо булагы аныкталгандан кийин Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынышы мүмкүн; мыйзамдар Жогорку Кеңеш тарабынан үч окууда кабыл алынат. Мыйзамдар, Жогорку Кеңештин чечимдери эгерде ушул Конституцияда башкача каралбаса, катышып отурган депутаттардын көпчүлүгүнүн, бирок Жогорку Кеңештин депутаттарынын 50дөн кем эмесинин добушу менен кабыл алынат. Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик чек араны өзгөртүү жөнүндө мыйзамдар Жогорку Кеңеш тарабынан үчтөн кем эмес окууда, Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат; өзгөчө жана согуш абалы учурунда конституциялык мыйзамды, мамлекеттик чек араларды өзгөртүү тууралуу мыйзамды кабыл алууга тыюу салынат» – деп айтылат. Ошондой эле Конституцияда эгерде конституциялык мыйзам же мыйзам кайрадан каралганда Жогорку Кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмес көпчүлүгүнүн добушу менен мурда кабыл алынган редакциясында жактырылса, мындай мыйзам келип түшкөн күндөн тартып 14 күндүн ичинде Президент тарабынан кол коюлууга тийиш. Мурда кабыл алынган редакциясында жактырылган конституциялык мыйзамга же мыйзамга белгиленген мөөнөттө кол коюлбаса, мындай мыйзамга 10 күндөн кечиктирбестен Жогорку Кеңештин Төрагасы кол коёт жана ал жарыялануусуна тийиш – деп белгиленген (81-берене).

МЫЙЗАМСЫЗДЫК – 1) мыйзамды бузуу; 2) тиешелүү мыйзамдардын жоктугу; 3) талап кылынган мыйзамдарга баш ийбестик.

МЭДИСОН Джеймс (1751–1836) – америкалык мамлекеттик ишмер жана саясий ойчул. М. эл – саясий *бийликтин* жалгыз булагы жана шайлоо – республикалык башкарууну мүнөздөгөн белги деген ойдун талапкери болгон. Бирок көпчүлүктүн фракциясы М-ду коопсуздандырган. Ал белгилегендей, алар бийлик башында туруп, азчылыктын кызыкчылыгын басат деген. «Ошондуктан, – деп жазат «Федералистикада» (1787) М., – бир кызыкчылыкка баш ийген көпчүлүктүн макулдашып аракет кылып, зулум ойлорун ишке ашырышына жол бербей, бир чыгуу жөндөмдүүлүгүн жок кылуу керек». М-дун ою боюнча көпчүлүктүн фракциясынын бузуку кесепеттеринен *республика* гана сактай алат. Ал *демократиядан*: биринчиден, *мамлекеттик башкаруунун* ыйгарым укуктары башка жарандар тарабынан шайланган аз сандагы жарандарга берилет; экинчиден, республиканын укугу жайылган өлкөнүн зор аймагы жана көп сандаган жарандардын болушу менен айырмаланат. Зор аймактагы жана көп элдүү республикада, б.а. социалдык *плюрализм* тартибинде, эл өкүлдөрүн кылдат тандап алуу мүмкүнчүлүгү көбөйөт. М-дун кадыр-баркы *Монтескьенин* бийликтерди бөлүштүрүү принцибин иш жүзөгө ашырууга байланыштуу да өскөн. Бирок М. француз агартуучусунун *бийликти бөлүштүрүү* теориясына чыгармачылык менен мамиле кылган. Ал иштеп чыккан «кармап туруу жана тең салмактуулук» системасына ылайык үч бийликтин (мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана соттук) ар бири салыштырма тең болуп калышат. Бул М-дун кармап туруу

жана тең салмактуулук механизми азыркы күнгө чейин АКШнын *саясий системасында* колдонуп келет. Кара: *Бийликтин бөлүнүшү*.

МЭР (фр. maire, лат. major – чоң, улуу) – бир катар *мамлекеттердеги муниципалитеттердеги* жогорку кызмат адамы. М-ди шайлоо же түздөн-түз калк тарабынан, же муниципалитеттин өзү аркылуу жүргүзүлөт. Кээ бир өлкөлөрдө М-дин кызматына борбордук өкмөт тарабынан дайындалат же бекитилет. М. муниципалдык администрацияны башкарат. Ал муниципалдык бюджеттин даярдалышына жана аткарылышына жооп берет, муниципалдык кызматтарга адамдарды дайындайт, аппараттын иш-аракетин багыттайт. Кээ бир өлкөлөрдө жана алардын шаарларында М. өзүнчө өкүлчүлүк жана төрагалык функцияларды аткарат. Андан башка төмөнкүдөй да муниципалдык башкаруунун формасы жайылган: калк шайлаган Кеңеш шаардын чарбасын квалификациялык жетектөө үчүн башкаруучу жалдашат.

МЭРИЯ – 1) муниципалдык башкаруу; 2) муниципалдык башкаруу жайгашкан имарат.

Н

НАТУРАЛДАШТЫРУУ (фр. naturaliser) – чет элдикти жарандыкка анын арызы боюнча жекелей кабыл алуу. Адатта, Н. чет элдиктин ошол *мамлекет*тин аймагында аздыр-көптүр узакка жашоосунан кийин гана болуусу мүмкүн. Кээде Н. үчүн мамлекеттин расмий тилин билүү шарты (Мис., Латвияда, Эстонияда), жашап кетүүгө каражатынын жетиштүүлүгү, абройунун кынтыксыз болуусу ж.б. талап кылынат. Бир катар мамлекеттерде (жалпыдан сырткары) ал мамлекет менен этностук же лингвистикалык байланышы бар адамдар үчүн (Мис., Бразилияда бардык португал тилдүү чет элдиктер үчүн Н-нун жеңилдетилген тартиби бар) жеңилдетилген тартиби киргизилет. Аз эмес учурларда туулган жарандардыкына караганда (Мис., АКШда жана Эстонияда ошондо туулган жаран гана президент боло алат) натуралдаштырылган жарандардын укуктарынын чөйрөсү бир кыйла тар болот.

НАЦИОНАЛ-КОММУНИСТТЕР – мурдагы СССРдин республикаларындагы саясий агым. Социализмдин жана коммунизмдин идеялары менен кеңири массанын улуттук маанайына аппеляциянын дал келиши.

НЕЙТРАЛИТЕТ (лат. neuter – ал эмес, бул эмес) – бейтараптык эл аралык укукта согушка катышпоо, ал эми тынчтык мезгилинде согуштук блокторго (союздарга) кирбөө. Кең түшүнүгүндө алганда Н-тин мааниси – саясий, экономикалык ж.б. күрөштөрдө каршылашкан топтордун эч бир жагына кошулбоо. *Эл аралык мамилелердин* көз карашында алганда Н. мамлекеттин өзгөчө эл аралык-укуктук *статусу* болуп саналат. Н-тин төмөнкүдөй формалары бар: куралданган Н. (согушка толук даяр болуу менен Н-ти сактоо); эвентуалдык Н. (конкреттүү согушта Н-ти сактоо); позитивдүү Н. (согуштук союздарга катышпоо); туруктуу Н. (*агрессиядан* коргонуудан башка учурларда согушка таптакыр катышпоо жөнүндө мамлекеттин милдеттенмеси. Нейтралдуу мамлекеттин укуктары жана милдеттери (укуктук статусу) эл аралык документтер менен аныкталат, тактап айтканда, 1899-ж. жана 1907-ж. Гаага конвенциясы, 1949-ж. Женева конвенциясы ж.б. Нейтралдуу мамлекет өзүнүн аймагынын, жарандарынын жана мүлк-байлыгынын кол тийбестиги укугуна жана өзүнүн нейтралдуулук абалын куралдуу коргоого укуктуу. Нейтралдуу мамлекеттер согушуп жаткан тараптардын тигил же бул жагына жардам, колдоо көрсөтүүгө, өз аймагы аркылуу согуш күчтөрүн өткөрүүгө, согуш объектилерин курууга, согуш отряддарын түзүүгө, согушка алып келүүчү *саясатты* жүргүзүүгө эч акысы жок жана тыюу салынат. Нейтралдык мамлекеттердин катарына төмөнкүлөр кирет: Швейцария (1815-ж.); Австрия (1955-ж. баштап), Мальта (1981-ж.). Курамына 100дөн ашык мамлекеттерди камтыган блокторго кошулбоо кыймылы позитивдик формаларынын бири. Саясий *плюрализм, көп партиялуулук* шарттарындагы саясий турмушта жана *саясий күрөштө* Н. кеңири колдонулат.

НЕОКОЛОНИАЛИЗМ (гр. neos – жаңы + лат. colonia – кыштак) – Азия, Африка, Латын Америкасындагы мурдагы колониялык абалдан

бошонуп, өз алдынчалыкка жана көз карандысыздыкка жетишкен, өнүгүп келе жаткан мамлекеттерге карата мурунку метрополиянын саясатынын системасы; өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдөн эски колониялык системасынын ордуна келген, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн үстүнөн кыйыр көзөмөлдөө формасы. Н. экономикалык, саясий, социалдык жана маданий өз ара аракеттердин тең укуктуу жана адилет эмес формалардын өнүгүшү менен айырмаланат. Н-дин негизин – көпчүлүк учурда саясий жана согуштук басым көрсөтүүнү пайдалануу жана ички реакциячыл күчтөргө таяныч жасоо менен коштолгон, инвестиция, кредиттер жана субсидиялар түрүндөгү экономикалык экспанция түзөт. Кредит алып, карыз болгон өлкөлөрдүн жылдык пайыздарын төлөөсү эле кредит берген өнүккөн өлкөлөрдүн пайда табуу булактарынын негизгилеринин бирине айланууда. Кредиттерди берген өнүккөн өлкөлөр карызкор мамлекеттерде ички стабилдүүлүктүн жана туруктуу өнүгүүнүн камсыз болушун карыздардын жылдык пайыздарын төлөөнүн кепили катары эсептешет. Жогоруда айтылгандар СССР жоюлгандан кийин өз алдынчалыкка жана көз карандысыздыкка жетишкен, бирок өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн катарына кирген, мурунку союздук республикаларга да ар кандай деңгээлде тиешелүү экендиги ачык. Н-дин өнүгүүсүнүн бул жаңы баскычы атайын, терең жана ар тараптан изилдөөлөргө муктаж.

НЕОКОНСЕРВАТИЗМ (англ. neoconservatism) – адам эркиндигин, коомдун өнүгүшүн демократташтыруу ж.б. колдоп, ал мамлекеттик капитализмге, улутташтырууга, жалпылаштырууга каршы, инсан чарбанын рентабелдүү эместигин даана бөлүүгө тийиш деп эсептелет.

НЕОКОНФУЦИЙ ОКУУСУ – Кытай философиясында Сун (X–XII к). мезгилинде пайда болгон окуу. Н. о-нун негиздөөчүлөрдүн бири – *Чжан Цзай*. Негизинен этикалык-саясий багытта болгон *Конфуций окуусунан* айырмаланып, Н. о-да көп орун онтология, натурфилософия жана космогония маселелерин изилдөөгө берилген. Н. о-нун көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири – *Чжу Си*. Кытайдагы философиялык жана коомдук-саясий ойдун өнүгүшүндө үстөмдүк кылуучу агым катары Н. о. XX к. башына чейин жашап келген.

НЕОМАРКСИЗМ – XX к. 30–70-жж. марксизмди майда буржуазиячыл революциячыл позицияда туруп текшерүүчү, бир тектүү эмес, карама-каршылыктуу агым. Ага марксизм менен жаңы гегелчиликтин, ницшечиликтин ж.б. турмуштун философиясынын варианттарынын (көпчүлүгү Франкфурт мектебинин өкүлдөрү) элементтеринин, «солчул» экзистенциализмдин (Сартр), либерал-гуманисттик чечмелөө иретинде (Фромм) сыяктуу неофрейдизм менен ошондой эле анархо-радикалдык рухтагы социалдык саясий *революция* менен тоталдык «сексуалдык-маданий» революциянын айкашуусунун (Г.Маркузе, В.Райх), структурализмдин (Л.Гольдман), философиялык герменевтиканын (Хабермас) ж.б. аралашмасы мүнөздүү. АКШ менен Улуу Британияда 60-ж. Н. расмий социологияга (Ч.Р. Милле, Н.Бирнбаум, А.Гоулднер ж.б.) каршы турган, сынчыл өзгөчө социологиялык тенденция иретинде чыкты. Н. адатта «философиялык антрополог» жаш К.Маркс менен жетилген Марксты – «Капиталдын» авторун карама-каршы коюп, анын илимий билимге «романтикалуу эмес» багытын сындашат. Н-дин философиялык оолактоо жана затташтыруу (материалдаштыруу) категориясына ашкере кумарлангандар апокалиптикалык бүткүл жалпылык деп билишет. Н. теоретиктери марксисттик диалектиканын баарына таандыктыгын танышат, анын маанисин коомго гана ыйгарышат. Вульгардык социологизмге жакындардын позициясынан жалпы методологиялык категориялар жана логика алсызданып, тарыхый жана социалдык- экономикалык кубулуштар менен кызыкчылыктар таптык шартташкан бүткүл азыркы илим эксплуатациянын эң кылдат куралы, үстөмдүк кылуучу таптын колунда адамды басуунун эң терең булагы катары бааланат. Франфуркт мектебинин Н. концепциясына ылайык илимдин рационалдуулугунун аспаптай ашкере колдонулушунун натыйжасы, баарына алы жеткен адамдын табиятка, социалдык, маданий чөйрөсүнө үстөмдүгүн жүргүзүүсүнүн таламы

ушундай. Натыйжада илимий аң-сезимдин алгачкы боштондукка чыгаргыч күчү баарынан өтө алган идеологияга – адамдын адамга үстөмдүк жүргүзүү идеологиясына алып келди. Адатта Н. марксизмди сциентисттик-позитивисттик ревизионизми үчүн айыптайт. Н. марксисттик коомдук илимдердин практикалык революциячыл багытын, билимдердин мазмунун, таптык кызыкчылыгынан көз карандысыздыгын, бүткүл объективдүүлүктү танууга жөндөмдүү деп бурмалашат. Либералдык позитивисттик объективизмге жана неокантианчыл «баалуулуктан эркин болууга» неомарксизм волюнтаристтик «активизмди» – социалдык объектини таанып билбей, бирок социалдык өзгөртүүнү каршы коёт. Социалдык философиядагы ашкере тарыхый релятивизм жана субъективизм Н-ди мыйзам ченемдүү түрдө волюнтаристтик жана утопиялык саясий корутундуларга жеткирет. Н. «соңку капитализмдеги» жана «мамлекеттик социализмдеги» бардык жерде адамды басмырлаган жатыркоолордун, ар кандай жалган жана оомал-төкмөлүү аң-сезимдин бетин ачуучу универсалдуу сынчыл «аң-сезимдин» ролуна умтулат. Иш жүзүндө өз ичинен бөлүнүп-жарынган менен да реалдуу социализмге маданий нигилизмдин, саясий экстремизмдин жана анархизмдин (ошону менен «*жаңы солчулдар*дын» кыймылындагы) каршы чыгуусунун теориялык негиздөөсү болгон. Н-дин саясий идеологиясы социалисттик өлкөлөрдүн жана жумушчу табынын революциячыл ролунун туура эместигин чагылдырган. Н. саясий күрөштө жана жаңы шартта коомду өзгөртүүнүн жаңы кыймылдаткыч күчү деп «сынчыл интеллигенцияны», козголоңчул жаштарды, студенттерди, «*үчүнчү дүйнөдө*» болсо боштондук күрөшүн эсептейт. Н. дегенде чет элдик адабияттарда марксисттик фразаларды колдонгон бардык философиялык агымдарды түшүнүшөт.

НЕОФАШИЗМ (жаңы, азыркы фашизм) – антисемиттик, улутчулдук жана дагы расалык позициялары менен чыккан популисттик кыймылдын эң эле оң агымынын *идеологиясы* жана ишмердүүлүгү (*Популизм*).

НЕПОТИЗМ (англ. nepotism – тууганчылдык, үй-бүлөсүнө тартуучулук) – каржылык жана башкаруу мамилелерин чечүүдө тууганларга артыкчылыктардын берилиши.

НИГИЛИЗМ (лат. nihil – эч нерсе) – бардык кабыл алынган баалуулуктарды, идеяларды, моралдык нормаларды, маданиятты, коомдук турмуш формаларын тануу. Коомдук-тарыхый өнүгүү процессинин *кризис* доорунда Н. өзгөчө таралып кетет. Н. же майда-буржуазиялык-бунтардык, анархиялык (Штирнер), же жаңыдан байыган таптардын *идеологиясы* (Ницше, экзистенциализм, декадентчилик) катары чыгат. Өткөн кылымдын 60-жж. орус разночиндеринин Н-ин дворяндык маданияттын реакциячыл салттарына каршы багытталгандыктан прогрессивдүү мааниге ээ болгон. Кара: *Нигилист*.

НИГИЛИСТ – И.С. Тургеневдин «Аталар жана балдар» (1862) романынын каарманы Базаровго карата колдонулган жана ушундан кийин Орусияда кеңири таралган түшүнүк. Н. – бул дворяндык маданияттын принциптерин жана салттарын танган, XIX к. 60-ж. разночиндик интеллигенциянын өкүлү. Ал мезгилде революциячыл демократияга каршы болгондор революцияны жактоочулардын бардыгын тең Н. деп атай башташкан.

НОНКОНФОРМИЗМ – индивиддин коомдо калыптанып калган ой-пикирине каршы жеке өзүнүн оюна, жүрүм-турум аракеттерине гана баш ийүүгө умтулуусу. Кээ бир учурларда Н. индивиддин өзүнүн жеке позициясы көпчүлүктүн позициясына каршы келген учурда өз оюн жактоо аракети катары да түшүндүрүлөт.

НОСТАЛЬГИЯ (гр. nostos – кайтып келүү + algos – кыйналуу, ооруу) – мекенине карата сагыныч же эскини көксөө.

НОТАРИАТ (лат. notarius – катчы, жазмакер) – нотариустун КР мыйзамдарында каралган нотариалдык иш-аракеттерди КР атынан ишке ашыруу менен жарандардын жана юридикалык жактардын мыйзамдуу кызыкчылыктарын жана укуктарын коргоону камсыз кылуу милдеттерине жүктөлгөн жеке менчик нотариалдык кеңселердин жана кызмат адамдарынын, мамлекеттик органдардын тутуму.

НОУ-ХАУ (англ. know-how – кандай экенин билем) – белгилүү бир буюмду даярдоо, өндүрүү процессин, технологиясын ж.б. кай-

радан түзүү үчүн зарыл болгон техникалык билимдерди, шыктарды, коммерциялык ж.б. маалыматтарды белгилөө. Н.-х. термини документтер менен алмашууну, кызматкерлерди окутууну, адистерди катыштырууну көздөгөн эл аралык макулдашууларда, келишимдерде колдонулат.

НӨКӨР (моңг. тилинен чыккан деген божомол бар, мааниси боюнча араб. «везир», «уразир», кыргыздын жөкөр, чоро деген терминдери менен бирдей милдет аткарат). «Манас» эпосунда Манас баатырдын согуштук иштерине бирге катышып, жөлөк, таяныч болгон *кырк чоронун* синоними. Мис., «Жанында нөкөр-вазири, Жаан кезген көй баатыр». Байыркы мезгилде Н. деген сөз кыргыз эпосундагыдай эле жоокерчилик турмушта жөлөк боло турган дос, чоро, малай деген маанилерде колдонулуп келгени түрк тилиндеги жазма даректерден белгилүү. «Манастын» текстинде Н. тууралуу мындай делет:

Кырк нөкөрү кашында,
Оён Манас баатырың
Отуз эки жашында
Дөөлөт кушу башында
Тура турсун аң уулап
Таң-Шаң тоонун кашында (СО, 2. 170).

Тарыхый жагынан алганда Н. деген термин моңголдордо вассалдык уруу башчыларына колдонулгандыгын Б.Я. Владимирцов туура аныктап көрсөткөн. Анткени моңголдор менен түрк тилинде сүйлөгөн элдер көчмөн мал чарбачылыкта жашаган жана аларда патриархалдык-уруулук уклад күчтүү сакталган коом болгондуктан бул тарыхый терминдердин «нөкөр» (чоро) мааниси да бирдей болгон деп эсептөөгө толук мүмкүн. Башка бир учурда Н-дүн малайлардан чыгышын да көрөбүз:

Өз жеринде жүргөндө
Өкүмөт күткүн бир далай,
Өзүнчө келип Көкчөгө
Нөкөр болгон бир малай (СО, 2. 297).

Бул саптар илгерки түрк жазма даректериндеги Н-лөр малай деген түшүнүктү билдирет дегенге жакын. Дагы бир мааниси – хандын аялын же кызын жандап жүргөн кыз-келиндер да Н. деп аталган.

НУВОРИШ (фр. nouveau riche – жаңы бай) – согуш учурунда жана согуштан кийинки мезгилдерде алып сатарлык менен байып, ошол байлыгын пайдалануу менен коомдун жогорку катмарына кирген адам; чукул түзүлгөн кырдаалдан пайдаланып, күтүлбөгөн жерден байыган адам.

О

ОБО ЭНЕ – (исл. – Хавва, христ. – Ева) – диний түшүнүк боюнча *Кудай Адам ата* үчүн эркектин кабыргасынан жараткан эң алгачкы аял, адамзаттын түпкү энеси. *Куранда* Алла Таала жараткан дүйнөдөгү биринчи киши *Адам Ата*нын аялы катары айтылат. Иблис шайтандын азгырыгы менен Адам Ата бейиштин алмасын үзүп жеп койгондугу үчүн О. Э. экөө асмандан жерге куулат. Араб уламыштары боюнча, Адам Ата менен О. Э. Меккеге жакын жерде жолугушкан экен. Алла Тааланын амири менен Адам Ата ошол жерге Каабаны салдырат. О. Э., Адам Ата тууралуу жаралган бардык мусулман уламыштарынын башаты Инжилге жана Талмуддук санжыраларга барып такалат. О. Э. жөнүндө түшүнүк кыргыздар *ислам* динин кабыл алышкандан соң тараган. «Манас» эпосунда Манас буудай эгип, түшүмүнө Аккуланы сатып алган эпизоддо:

Мындан ары бастырсак,
Баабедин деген мазар бар,
Билгич айтат, эр да айтат
Баабедин атам бели деп,
Адам ата Обо эне
Кошулушуп ушунда
Оюн салган жери деп (СК,1.173), – деп айтылып кетет.

ОБСТРУКЦИЯ (лат. obstructio – тоскоолдук) – каршылыктын түрү, көпчүлүктүн каршылык көрсөтүүсү, негизинен парламенттеги айрым бир көрүлө турган чаралардын бир нерсени көздөгөн жарылуусу. Парламенттик О. кандайдыр бир депутаттардын (фракциялардын, топтордун) бирикмеси. Парламенттик процедурада (пленардык отурумда бул же тигил суроолор боюнча жарыш сөздөр, бир де-

путаттын сүйлөгөн сөзү) каралып, бир же бир канча көрүлө турган чаралардын нормалдуу өтүшүнө тоскоол кылуу. Депутаттардын бирикмеси муну менен өздөрүнүн терс мамилелерин көрсөткүлөрү келет. Парламенттик О-лардын методдору ар түрдүү болушу мүмкүн: ызы-чуунун түзүлүшү, чогулуш отурумундагы баш-аламандык, уюштурулбагандыктын болушу, каралып жаткан суроонун чегинен чыгып кеткен узун сүйлөмдөрдү айтуу, кандайдыр бир нерсенин жаралышына каршы туруу, тоскоол кылуу ниетинде багытталган башка демонстративдик иштердин болушу. Мындай иштер башка сферада да болушу мүмкүн. О-га катышкан адам – обструкционист деп аталат.

ОБЪЕКТИВИЗМ – көп кырдуу түшүнүк. Биринчиден, О. реалдуулуктун объективдүүлүгү (материализм, реализм, идеализм) тууралуу философиялык окуу катары каралса, экинчиден, экономикалык көз карандылыкка жана эстүү эгоизм принциптерине таянган америкалык жазуучу, ойчул Айн Рэйддин философиясы катары түшүнсөк болот.

ОЖУКЕЕВА Токонай (1954-ж.т.) – тарых илимдеринин доктору (1991), профессор (1995).

1975-ж. КМУнун тарых факультетин аяктаган.

Эмгек ишмердүүлүгүн орто мектепте мугалим болуудан баштаган. 1981–1996-жж. окутуучу, кафедра жетекчиси, Ж.Баласагын атындагы КУУнун мамлекеттик башкаруу жана социалдык изилдөөлөр институтунун директору, 1996–1999-жж. Президенттин администрациясынын кызматкери, 1999–2000-жж. Президенттин администрациясынын жана өкмөттүн аппаратынын аналитикалык борборунун жетекчиси болуп эмгектенген. 2001-ж. – азыркы убакта КР Президентинин алдындагы Башкаруу Академиясынын илим боюнча проректору.

Кыргызстандын окумуштуу-саясат таануучуларынын бири болуп саналат. Бир нече жж. бою Билим берүү жана илим министрлигинин социалдык илимдер боюнча жаңы мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштетүү боюнча окутуу-усулдук комиссиясын жетектеген. 1993–2000-жж. КРнын Жогорку аттестация комиссиясынын эксперти.

Саясий илимдер жана мамлекеттик башкаруу боюнча жаңыча окуу китептерин, 70тен ашуун эмгектерин: 20 монография жана 8 китебин жарыкка чыгарган. Анын ичинде: «XX век: Возрождение национальной государственности Кыргызстана» (1993), «Политические науки» (1995), «Краткий справочник по политическим наукам» (1996), «Политические процессы в современном цивилизационном пространстве» (1996), «Политические процессы в Центральной Азии. Принципы разделения власти» (1996), «Выбор стран Центральной Азии в современном цивилизационном пространстве» (1996), «Современные государственные системы: сравнительный анализ» (1998), «Институт Президентства в Кыргызской Республике» (1998), «Парламент и парламентаризм в Кыргызстане» (2000), «Государственная политика в Кыргызской Республике» (2000), «Сравнительный парламентаризм: международный опыт и особенности Кыргызстана» (2003), «XXI век: Три сценарии развития стран Центральной Азии» (2007), «Межкультурный диалог в полиэтническом обществе» (2009) ж.б.

Илимий изилдөөлөрү негизинен Кыргызстанда мамлекеттүүлүктүн өнүгүшүнө, Борбордук Азиядагы мамлекеттердин этно-саясий аймагынын калыптануу проблемаларына, андагы постсоветтик өлкөлөрдүн саясий модернизацияланышынын теориялык жана практикалык маселелерине жана башкаларга арналган.

ОЛИГАРХИЯ (гр. oligos – азчылык + archia – бийлик) – *бийликтин* бир түрү; экономикалык жактан абдан кубаттуу адамдардын анча чоң эмес тобу үстөмдүк кылат. Мис., байыркы грек шаар-мамлекеттеринде ири кул ээлөөчүлөр. Орто кылымдардагы патрицийлик үй-бүлөлөр. О. деп башкаруучу топтун өзүн да айтышат. Алгач термин б.з.ч. V–IV к. *Платон* жана *Аристотель* тарабынан киргизилген. Алардын ою боюнча бийликтин «байлар үстөмдүк кылып, кедейлер башкарууга катыша албаган» түрү. О-нын тигил же бул түрүн билдирүү үчүн эки түшүнүк колдонулат. Эгерде саясий жана экономикалык жактан үстөмдүк кылгандар ак сөөктөрдүн тобу болсо – аристократтык О. – жана өндүрүш менен каржылык капитал-

дын топтолушунун жогорку деңгээлинен улам түзүлгөн каржылык О. Бир катар өнүккөн өлкөлөрдө каржылык О. экономикада уставдык абалда болуп, *мамлекетке* таасир тийгизе алат, көпчүлүк учурда *саясий чечимдерди* чечүүдө өзүлөрүнүн чечимдерин тануута аракет кылат.

ОЛУЯ, ыйыктар (араб. Валий – кудайга жакын адам деген түшүнүк) — кең маанисинде келечекте боло турган окуяларды алдынала даана билип, күн мурунтан болжоп айтып бере турган адам, коомчулук жана дин уюмдары тарабынан «олуя» деп табылгандар. Адам баласын ар түрдүү жаңылыштыктан, мүшкүл, шордон, азаптан сактап кала турган көзү ачык, даанышман, пайгамбардын катарында турат. *Ислам* дининде кудайдын элчиси, эл менен кудайдын ортосундагы, кудайга жакын адам деп эсептелинет. Пенденин багы тайган учурунда колдоп, ошол балээден куткаруучу, О. эле оору-сыркоодон, кеселден да айыктыруучу керемет сыйкыры бар адам катары сүрөттөлөт. О-га сыйынуу исламдан башка да *иудаизм*, *христиан* ж.б. диндерде кеңири тараган. Ислам дининин негизги жоболорунда кудайдан башка эч кимге сыйынууга болбойт делингени менен башка диндердин ишенимдеринде да О-нын өзүлөрүнө жана алардын аты аталган ыйык жерлерди мазар тутуп, ыйык эсептеп сыйынуу турмушта кеңири практикаланган. Ошол жерлерге (мазарларга) кайыр-садага, курбандык кылуу ислам дининде кенен колдонулат. «Манас» эпосунда мына ушул диний түшүнүк фантастикалык образ катары колдонулат. Мифтик ыйык каарман катары эшен, кожо, молдо, бүбү, бакшылардан жогору коюлат. Эпосто, элдик оозеки чыгармачылыкта О. айрым бир акылман, эл башкарган калыс жана аксакал каармандардын эпитети катары да кеңири колдонулат:

Топ олуя биригип
Тобосунан бүткөн дейт
Бар олуя биригип
Батасынан бүткөн дейт.

Ишенгендердин ою боюнча алар кудайдын жердеги элчиси болуп, адамдардын тагдырына кийлигише алат, көзү ачык, айтып берчүүсү бар деп таанылган адамдар: *Кошой хан* олуя, *Калыгул* олуя, *Кожо Акмат* олуя ж.б.

ОМАРОВ Нур Мелсович (1966–2012) – тарых илимдеринин доктору (2006-ж.), профессор (2010-ж.).

Фрунзе шаарында төрөлгөн. 1990-ж. КМУну аяктаган. 1990–1997-жж. КР УИАнын тарых институтунда кенже илимий кызматкер, аны менен бирге КРнын Президентинин алдындагы стратегиялык изилдөөлөр Эл аралык институтунда Кыргызстандын саясат мамилелери боюнча башкы эксперт болуп эмгектенет. 1997-ж. Миграциялык процесстерди башкаруу боюнча Бишкек шаардык борборунда ассистент-менеджер. 1997–1999-жж. «Кыргызстандын өнүгүүсүн изилдөө институту» коомдук фондунун директору. 1999-ж. Дж.Маршалл атындагы коопсуздук маселелери боюнча изилдөөлөрдүн Европа борборунда окутуудан өткөн. 2000–2003-жж. КР Өкмөтүнүн алдындагы бангизатын көзөмөлдөө боюнча Мамлекеттик комиссиясынын башкы аналитиги. 2007-ж. республиканын саясат таануучулар Ассоциациясынын президенти болуп шайланган.

Аймактык жана глобалдык коопсуздук проблемалары боюнча 7 монографиянын, КР ЖОЖдору үчүн эл аралык мамилелер боюнча 2 окуу китебинин, 50 илимий макаланын жана Борбордук Азиянын өнүгүү жана коопсуздук проблемалары боюнча жарыяланган көптөгөн публикациялардын автору.

ОМУКЕЕВА Джумакан (1950-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору (2003), профессор.

Ысык-Көл облусунун Аксуу районуна караштуу Жыргалаң айылында төрөлгөн. 1975-ж. Мичурин пединститутун (РСФСР), 1996-ж. Ж. Баласагын атындагы КУУну аяктаган. 2003-ж. саясат таануу боюнча докторлугун жактаган.

1975–1996-жж. аралыгында окутуучу, ага окутуучу, доцент, Ош ГПИнин деканы, 1996–2007-жж. КЭАУнун Ош филиалынын директору, андан соң ушул эле университеттин укук таануу, бизнес жана компьютердик технологиялар институтунун директору кызматында эмгектенет. 2007–2008-жж. Ош мамлекеттик юридикалык институтунун биринчи проректору, 2008-ж. бери Кыргыз-кытай гуманитардык-экономикалык институтунун (Ош ш.) ректору.

Илимий изилдөө тармагы: азыркы кыргыз мамлекетинин этносаясаты.

ОҢЧУЛДАР жана СОЛЧУЛДАР, саясатта – европалык классикалык салтка тийиштүү түшүнүк. 1789–93-жж. Улуу Француз буржуазия революциясы жана ал түзгөн парламентте пайда болгон. Себеби парламенттин отуруму болуп атканда күрөшүп жаткан күчтөр залда төмөнкүдөй орун алышкан: сол тарапта – революционерлер, борбордо – олку-солку болгондор жана алардын жактоочулары, оң тарапта – *монархияны* сактап калуу же аны кайра калыбына келтирүү позицияларында турган консерваторлор болгон. Буржуазиялык коомдун орношу жана өнүгүшүндө «оңчул-солчул» түшүнүгү белгилүү өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Дүйнөлүк саясат тануу илиминде С: деп бекем орнотулган капиталисттик түзүлүштү сынга алып, саясий өзгөрүүлөр, өндүрүштү социалдаштыруу үчүн чыгышып, эмгекчилердин кызыкчылыктарын коргогондор айтылса, О. деп буржуазиялык мамлекеттүүлүктөн жана жеке менчик принциптерин жактоочулар айтылат. Өткөн кылымдын 60–70-жж. тарыхый аренада «жаңы солчулдар» деп аталган саясий күчтөр пайда болду. Алар «эски» солчул күчтөрдүн теория жана практикасын сынга алып чыгышты. Алардын ою боюнча «*эскилер*» революциячыл потенциалын жоготуп, бөштондукка чыгаруу процессинин кыймылдаткыч күчү болуудан калышкан. «Жаңы солчулдар» аттуу сөз айкалышы Ч. Р. Миллстин «Жаңы солчуларга катынын» 1961-ж. программалык документ катары басылып чыгышынан соң кеңири жайылды. Миллстин ырастоосу боюнча «тарыхый өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчтөрү» (барыдан мурун жумушчу табы, коммунисттик жана жумушчу *партиялары*) капиталисттик коомдун структурасын өзгөртүүгө умтулган «эски солчулдар» багыты кыйроого дуушар болгон. Анын ою боюнча өнүккөн өлкөлөрдө түп-тамырынан берки социалдык өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчү болуп студенттер, дегинкиси жаштар, дыйкандар же айыл жергеси, шаардык *интеллигенция* эсептелет. «Жаңы солчулдар» *саясий күрөштүн* зордук ыкмаларына, биринчи кезекте куралданган зордук-зомбулукка өзгөчө басым жасашат. Аларды баалабагандыгы үчүн «эски солчуларды» сынга алышат. Батыш Европада, «жаңы солчулдардын» кыймылы эки агымга бөлүнгөн: «парламенттен тышкары» же негизинен студенттик *оппозиция* (лидерлери – Р.Дучке, У.Бергман ж.б.). жана түз иш-аракеттер. Экинчи агымга кийин террористтик уюмдарга (Италиядагы «кызыл бригадалар», ФРГдагы «кызыл армиянын фракциясы» ж.б.) айланган солчул экстремисттик топтор кирген. «Жаңы солчулар» кыймылы ишмердүүлүгүнүн терс жактарынан улам 60-ж. аягында «ата тегинен» кийин начарлап, өзүнүн саясий маанисин жана ролун жоготкон. «О. ж. с.» түшүнүгү парламенттик структуралардын социалдык-саясий күчтөрүнүн, коомдук прогресстин кыймылдаткыч күчтөрүнүн орун алышын анализдөө каражаты катары, ошондой эле саясий парадигмаларга мүнөздөмө берүүдө колдонулат. Коммунисттик кыймылда партияларды жана агымдарды оң жана сол деп бөлүү мисал боло алат. СССРде кайра куруу мезгилинде «Солчул-центристтер-оңчулдар маселеси» жаңы сапатында пайда болгон. Солчул болуп – бул мезгилде демократтык элементтер, оңчулдар болуп, коомдогу кандайдыр бир түп-тамырынан берки өзгөрүүлөрдүн каршылаштары – консерваторлор чыгышкан. Кайра куруунун ишке ашпай калышы коомдо социалдык-саясий күчтөрдүн жаңыча орун алышына алып келген. «О. ж. с.» түшүнүгүнүн мазмунун да өзгөрдү. Ар бири өзүн алдыңкы жана прог- рессивдүү деп көрсөткөн коомдук-саясий күчтөрдүн курч күрөшү болуп аткан мезгилде, саясий күчтөрдүн ордун аныктаган так критерийдин жоктугу дале болсо бул түшүнүккө так аныктама берүүгө мүмкүнчүлүк бербей атат. Коомдогу түрдүү идеялык-саясий агымдардын (солчул, *центристтик*, оңчул) болушу – плюрализмдин пайда болушун көрсөткөн коомдун өнүгүшүнүн белгилүү мыйзам ченемдүүлүгү. Саясаттын мааниси алардын бардыгын коомду прогресс жолунда кыймылга келтирүүчү кубаттуу агымга бириктирүүдө болуп эсептелет.

ОППОЗИЦИЯ (лат. oppositio – карама-каршы коюу) – түшүнүк катары эки мааниде колдонулат: 1) жашоодогу болгондорго каршы ту-

руу, нааразычылык билдирүү, б.а. социалдык мамиле; 2) индивиддин, топтун, уюмдун же партиянын саясатка, конституцияга, өкмөткө же жалпысынан саясий системага каршы мамиле кылышы. Саясий илимде О. термини парламентаризмдин бүгүнкү күндөгү институттарынын бирөөсүн мүнөздөө үчүн колдонулат. О-нын болуусу ой-пикирлердин эркиндигин, массалык маалымдоо каражаттарынын көз карандысыздыгын белгилейт. Парламентаризмдин теория жана практикасында О. бул өкмөткө катышпаган саясий партия. Көбүнчө алар парламенттик азчылыкты көрсөтүшөт. О-нын функциялары – өкмөттүн жана өкмөттүк мекемелердин ишмердүүлүгүн сынга алуу жана көзөмөлдөө, алардын саясий жолуна альтернативдерди табуу жана иштеп чыгуу, ишенбөөчүлүк чечими аркылуу өкмөттүн кызматтан четтелишин талап кылуу, парламенттик жана өкмөттүк кризистерди, жаңы шайлоолорду өткөрүүнүн демилгечиси болуп чыгуу кирет. Парламенттик тартиптин чегинде О-га берилген функциялардын күчү менен алар белгилүү азчылыктын укуктарынан пайдалана алышат. Бийликтин алмашышы, анын парламенттик көпчүлүктүн парламенттик азчылыкка, өкмөттүн О-га өтүшү, саясий системанын негизи, негизги социалдык-саясий суроолор боюнча ой-пикирлердин биримдиктүүлүгүн көрсөтөт. Бирок парламентардык системанын чегинде оңчул жана солчул оппозициячыл топтор да болот. Алардын теоретикалык жана практикалык багыттары берилген коомдун саясий системасынын өкүм сүрүүсүнүн тууралыгын күмөнгө чыгарат. Көптөгөн партиялардын саясий программаларынын идеологиядан арылышы, парламенттик чечимдерди кабыл албоо маселелери боюнча компромисске келишүү тенденциялары кездешкен жерлерде жаңы массалык саясий бирикмелердин, кыймылдардын, партиялардын пайда болушуна өбөлгөлөр түзүлөт. Алар болсо парламенттен тышкары О-ны (жарандык кыймылдардын түрү боюнча ж.б.) түзө алышат.

ОРДО (саясий) – байыркы, орто кылымдардагы жана жаңы доордогу түрк тилдүү элдердеги уруу, уруулук бирикме башчысы, кагандын (хан) көчмө (убактылуу) же туруктуу жашоочу өргөөсү, ордосу, борбору. Көчмө же убактылуу О. көрүнөө жана ыңгайлуу жерге орнотулган. Ал башка боз үйлөрдөн айырмаланып, табияттын шартына жараша ак кийизден жасалгаланып, алтын саймалар менен шөкөттөлгөн. Мындай формадагы хан ордосу аскер жүрүштөрү же согуштук кырдаалда бир жерден экинчи жерге которууга ыңгайлуу болгон. Туруктуу О. *мамлекет*тин борборунан же *аскер*дик-саясий, экономикалык жактан маанилүү шаарларда орун алган. «Ордо» сөзмө-сөз которгондо борбор дегенди туюнтат. Мис., Ордукент, Орду Балык – «Борбор шаар», Алтын Ордо – «Алтын Борбор», Кызыл Ордо – «Кызыл Борбор» ж.б.

ОРМОН ХАН Ныязбек уулу (1791–1854) – XIX к. ортосунда кыргыз уруулларын бириктирип, кыргыз мамлекеттүүлүгүн түзүүгө аракеттенген саясий ишмер. 18 жашынан согуштук жүрүштөргө катышкан. О. х-дын өмүрү өтө татаал тарыхый кырдаалга – кыргыз уруулларынын өз ара чыр-чатактары ырбаган, курчуган учурга туш келди. Отуз жашынан эл башкарууга аралаша баштаган. Анын атак-даңкы артып, кыргыз уруулларынын, атүгүл казактардын арасында дагы таасири күчөйт. Анжиян, Алай, Ферганадагы, аркалык кыргыз уруулларынын билермандары О. х. менен алака кылып турушкан. Боронбай кудасы болгон. Жангарач, Ажыбек баатыр (Атбашылык), Медет датка, Ажыбек датка (Таластык) ж.б. инсандар менен жакшы мамиледе болууга умтулган. О. х. кыргыз уруулларын бириктирүүгө көп күч жумшаган. Көздөгөн максатына жетиш үчүн 1830–31-жж. О. х. солто, сарбагыш, бугу, саяк, черик ж.б. уруулардын өкүлдөрүн, Кокон ханынын элчилерин «Жер ортосу» аталган Орто-Токойдо атайын жыйынга чакырып хан көтөрүлгөн. 1842-, 1843-, 1851-ж. Ысык-Көлдөгү, Курткадагы, Чүйдөгү Кокон чептерин талкалатып, Кокон бийлигине оор сокку урган. Ал хандык бийликти бекемдөө максатында тартипти караган мыйзамдарды чыгарган. Булар «Ормон окуу» деген ат менен белгилүү. О. х-дын тушунда бийликтин атрибуттары – хандык белги (кызыл түстөгү баш кийим – тебетей), туу, мөөр, башкаруу жана аскердик уюмдар, жазалоо (айып салуу, орго салуу, дарга асуу) ж.б. уюштурулган. 1847-ж. Кенесары баштаган казактын кошууну кыргыздарды басып алуу үчүн жортуулга чыгат. Аларга каршы чыккан кыргыз кошуундарына башчылык кылуу милдети О. х-га тапшырылган. Кармаш башталар алдында О. х. күндүз жигиттерине таңгакталган тал, чычырканактарды сүйрөтүп, тиги тоонун, бул тоонун бетин чаңдаттыра берет. Түнүндө алоолонтуп от жактырып, түмөндөгөн кол топтогондой түр көрсөтүп, жоонун үшүн алган. О. х. мындай аскердик айла-амалы эл ичинде «Ормон опуза» деп айтылып калган. Бул жеңишти О. х. өз бийлигин чыңдоо үчүн пайдаланган. Бирок ал канчалык аракет кылганы менен кыргыз уруулары саясий жактан толук бириктире алган эмес.

ОРОЗБЕКОВ Абдыкадыр (1889, Фергана обл., Маргалаң уезди Охна кыштагы – 1938, Фрунзе) – советтик-партиялык ишмер. Кыргызстанда Совет бийлигин орнотуу жана бекемдөө үчүн күрөшкөн. 1918-ж. ВКП (б)нын мүчөсү. О. Жарандык согушка катышып, катардагы жоокерден отряд командирине жана саясий жетекчиге чейин көтөрүлгөн. 1920-ж. Кызыл Туу ордени менен сыйланган. 1920–23-жж. айылдын, болуштун, райондун революциячыл комитеттерин башкарган. 1924–25-жж. Ош округдук эмгекчилер советинин жер бөлүмүнүн башчысы, секретары. О. Кыргыз обл. Жумушчу дыйкан жана солдат советтеринин уюштуруу съездине делегат (1925) болуп, анда Кыргыз обл. аткомунун төрагалыгына шайланган. О. 1926–36-жж. Кыргыз АССР БАКтын төрагасы. КПССтин 15–17 жана Советтердин бүткүл Орусиялык 6–8-съезддеринин делегаты. Анын ысымы менен кыштак жана Фрунзе шаарындагы көчө аталат.

ОРОЗО (кырг. – кандайдыр бир нерседен оолак болуу, бир нерседен тыйылуу) – *Ислам* дининин беш негизинин үчүнчүсү. *Рамазан* айында О. кармоо – мусулмандардын парзы болуп эсептелинет. Рамазан О-су хижраттын экинчи жылында парз кылынган. Рамазан айы мусулмандар үчүн эң ыйык жана куттуу айлардан эсептелинет. Ислам ушул айда туулган, дүйнө жүзүн нурга бөлөгөн, *Куран*-Карим да так ушул айда түшө баштаган. Миң айдан да куттуу болгон Кадыр түн кечеси да ушул айдын ичинде камтылган. Ички дүйнөнү жаман түшүнүктөрдөн, сырткы келбетти туура эмес кыймыл-аракеттерден тазалаган О. Рамазан айында кармалат. О-нун *шарият*тагы маанеси – мусулмандардын атайын ниет менен таң аткандан баштап, Күн батканга чейин О-ну бузуучу нерселерден, тактап айтканда, жеп-ичүүдөн жана напси кумарларынан тыйылуусу. О-нун парзы – жеп-ичүү жана жыныстык байланыштан сактануу. О-нун убактысы Куран Каримде мындайча көрсөтүлгөн: «Таң агарып, ак жип кара жиптен айырмаланган маалга чейин ичкиле, жегиле. Андан соң кечке чейин О. кармагыла». (Бакара сүрөсү, 187-аят). *Хадис*терде көрсөтүлгөндөй, *аят*тагы ак-кара жип каймана мааниде таң агарып келе жаткан мезгилдеги күндүз менен түндүн чегин көрсөтөт. Рамазан айы кээ бир жылдарда 29, кээ бир жылдарда болсо 30 күн болот. Рамазан айы 29 күн болсо да орозо так кармалган болот. Куран Каримде Алла Таала мындай дейт: «Оо, ыйман келтиргендер! Такыбалыкта болууңар үчүн силерден мурункуларга парз кылынган сыяктуу силерге да орозо парз кылынды». (Бакара сүрөсү, 185-аят). «Ислам беш нерсенин үстүнө курулган: Алладан башка кудай жок экендигине жана *Мухаммед* Алланын кулу жана элчиси экендигине күбөлүк берүү, *намаз* окуу, *зекет* берүү, Рамазан айында О. кармоо жана чамасы жеткендер *ажы*лыкка баруу». (Бухарий, Ыйман-34). О. мусулмандарды жамандыктардан коргогон, акыретте болсо тозок отунан сактаган жана күнөөлөрүнүн кечирилүүсүнө себепчи болгон мааниде *ибадат* болуп саналат. «Ким ишенүү менен жана сообун Аллахтан күтүү менен Рамазан О-сун кармаса, жасаган күнөө иштери кечирилет». (Риядус-Салихин, 2 том. 489-б.). О. бүткөндөн кийин мусулмандардын эң беделдүү майрамы – Орозо Айт белгиленет.

ОРТОДОКС (гр. orthodoxos – кандайдыр бир динди бек кармоочу; кандайдыр бир окуунун же теориянын жолун кыйшаюусуз жолдоочу) – көз карашы ыраттуулугу, терең ишенгендиги жана кандайдыр бир окууну жак-

тоочулугу менен айырмаланган адам. Азыркы саясий лексикондо О. түшүнүгү бир нече ирет «догматик», «ретроград» түшүнүктөрү менен окшоштурулгандыктан, кээ бир учурларда бул түшүнүктөрдүн мазмунунун бурмаланып кетишине алып келүүдө.

ОСИРИС – байыркы Египет мифологиясында кайра жаралуунун, табияттагы өндүргүч күчтөрдүн *кудайы*, жер кудайы Геба менен асман кудайы Нуттун уулу, Исиданын бир тууганы жана күйөөсү, Торанын атасы. О. 28 жашында бир тууганы Сет тарабынан өлтүрүлгөн, андан кийин байыркы Египет дининде өлгөндөрдүн соту жана колдоочусу катары эсептелинген.

ОСМОНААЛЫ Сыдык уулу (1879–1942) – *кыргыз* тарыхчысы. Кочкор өрөөнүндөгү Абайылда болушунун Кызыл-Дөбө айылында туулган. Анын аталаш агасы Жаркынбай дубанга таанымал сабаттуу (молдо) болгон киши. О. да өз айылындагы мектепте окуп, кийин Бухарадагы диний жогорку окуу жайын (медресени) бүтүргөн. Бир катар жылдары Чүй өрөөнүндө мугалим болуп иштеген. Чыгыш Түркстанда каза болгон. 1913-ж. Уфа шаарында «*Мухтасар тарых-и кыргызийа*» («Кыргыздардын кыскача тарыхы»), 1914-ж. «Тарих-и Кыргыз Шадманйая» («Шабдан элинин тарыхы») деген эмгектери басылып чыккан. Бул эки чыгарма тең бир китеп болуп 1986-ж. Үрүмчү шаарында араб ариби менен кыргызча кайра жарыяланган.

ОСТРАКИЗМ (гр. ὀστρακισμός,τὸὸστρακον – сынык, кабык) – бай. Афинадагы элдик добуш берүү. Бул учурда жарандар чоподон жасалган карапанын сыныктарына каалабаган талапкердин ысымын жазышкан; эгерде бир эле адамдын ысымын эклесиядагы 5000 жана андан көп адам жазса, ал адамды 10 жылга кууп жиберишкен. Белгилей кетчү нерсе, О. – бул кандайдыр бир туура эмес жасаган иши үчүн жазалоо эмес, ал мис., бийликти күч менен басып алуу ж.б.у.с-ларды алдын-алуу максатындагы эскертүүчү чара болуп саналган. Кең мааниде О. – куугунтук, коом тарабынан жек көрүү.

ОТУНБАЕВА Роза Исаковна – Кыргыз Республикасынын үчүнчү президенти (19-май 2010-ж. – 1-декабрь 2011-ж.). Мамлекеттик жана коомдук ишмер айым, дипломат, укук коргоочу, философия илимдеринин кандидаты, Кыргыз Республикасынын Экс-президенти макамына ээ. 1950-ж. 23-августта Фрунзе ш. (Бишкек) туулган. 1972-ж. Москвадагы МГУнун философия факультетин аяктаган. Философия илимдеринин кандидаты (1975-ж.). 1975–81-жж. Кыргыз мамлекеттик университетинде (аз. Ж.Баласагын атындагы КУУ) философия илимдеринин тармактары боюнча дарстарды окуган, бул окуу жайда окутуучу, доцент, диалектикалык материализм кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген. 1981-ж. КПССтин Ленин райкомунун 2-катчысы, 1983-ж. Фрунзе шааркомунун 2-катчысы. 1986–89-жж. Кыргыз ССР тышкы иштер министри. 1989–91-жж. СССРдин ЮНЕСКО иштери боюнча Комиссия төрайымы, 1991–92-жж. СССРдин Малайзиядагы толук жана ыйгарымдуу элчиси. 1992-ж. Кыргызстандын вице-премьер-министри, тышкы иштер министри. 1992–1994-жж. эгемен Кыргызстандын АКШдагы жана Канададагы тунгуч элчиси. 1994–1997-жж. Кыргызстандын тышкы иштер министри. 1997-ж. Кыргызстандын Улуу Британия жана Ирландиядагы элчиси. 2002-ж. май айынан БУУнун Башкы катчысынын Грузиядагы атайын өкүлүнүн орун басары. Мында ал грузин-абхаз жаңжалын жөндөө боюнча БУУнун аймактагы өкүлчүлүгүнүн ишмердүүлүгүнө жетекчилик кылган. 2004-ж. 13-декабрда түзүлгөн «Асаба» оппозициялык кыймылын Роза Отунбаева жана кыргыз парламентинин депутаты, кинорежиссер Дооронбек Садырбаев жетектеген. Роза Отунбаева 2005-ж. 24-мартындагы «Жоогазын ыңкылабына» жигердүү катышып, анын негизги лидерлеринен болгон. 2007-ж. Кыргыз парламентинин депутаты жана оппозициялык Социал-демократиялык партиясынын парламенттик фракциясынын мүчөсү, 2009-ж. октябрдан баштап аталган парламенттик фракциянын жетекчиси. 2009-ж. баштап Бириккен элдик кыймылынын (БЭК) Бюросунун мүчөсү. 2010-ж. 17-мартта Кыргызстан Элдик курултайы тарабынан Элдик курултайдын Борбордук аткаруу комитетинин төрайымы болуп шайланган. 2010-ж. 7-апрелинен тартып Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүн башкарган. Экс-президент Р.Отунбаева 2013-ж. 5-апрелде Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинде өткөн «Аксы окуясынын жана 2005- жана 2010-жж. революциянын сабактары» аттуу илимий-практикалык конференцияда чыгып сүйлөп: «Мына бүгүн айтып атышат, «Ким Бакиевди чыгарып жиберсе, ошол жоопкерчиликти мойнуна алсын» – деп. Мен чыгардым Бакиевди. Мен жоопкерчиликти алганга даярмын». Анын айтымында, 7-апрелден кийин К.Бакиев түштүктө болуп, күч топтой баштаган. Абал өтө оор эле, жарандык согуш башталып кетиши да ыктымал эле. Мына ошондо, мага Нурсултан Абишевич телефон чалды. Ал киши айтты: «Мен азыр Вашингтондомун. Менин жанымда азыр президент Медведев, президент Обама турушат. Булар мына момундай сунуш жасап атат. «Бакиевди чыгарып жибериш керек. Чыгарып жиберип, мына силер болсо толук өлкөнүн баарын контролдоп, тынчтыкты орноткула, колуңардан келген ишти жасагыла». Мен ошону Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрүнө айттым. Көбү болбой коюшту, жок биз жоопкерчиликти албайбыз дешип. Ошондо мени көбү колдогон эмес, аны өз колума алууга туура келди. Эки державанын президенттери чыгарыш керек дешти жана биздин жардам керек болсо, жардам беребиз дешкен. Биздин баардык чечимдер туура болду деп ойлойм», – деген Р.Отунбаева.

2010-ж. 19-майынан 2011-ж. 1-декабрына чейин Кыргыз Республикасынын өткөөл мезгилдеги Президенти болгон. Р.Отунбаеванын бир жарым жылга созулган президенттик миссиясы мааниси жана милдеттери жагынан башкача болуп, ачык атаандаштыкта өткөн 2011-ж. 30-октябрда шайлоо аркылуу ал президенттик бийликти эгемендиктин тарыхында биринчи жолу колдон-колго тынч өткөрүп бергенге жетишкен.

Кыргыз Республикасынын Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси жана СССРдин Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси деген дипломатиялык рангы бар. Кыргыз, орус, англис жана немец тилдерин билет.

ОФЕРТА (лат. offenus – сунушталган) – жарандык укуктагы бир нече жактын дарегине сунуш менен кайрылуу. Сунуш кылып жаткан жак сунушту кабыл алган жак менен дароо келишим түзүлө тургандыгын ачык-айкын билдирүүгө тийиш. О. даана-так келишим шартын камтуусу керек. О. жиберилген даректеги жак аны алгандан тартып оферент О-га байланган болуп эсептелет. Эгер аны кайра кайтарып алуу тууралуу билдирүү О-дан мурда же аны менен бирге жетсе, О. жиберилген жактын колуна тийген жок деп эсептелет.

ОФФШОРДУК КОМПАНИЯ – белгиленген тартипте катталган чет элдик компания (анын ээлери жана кирешенин булактары чет мамлекетке тиешелүү болот). Ал түшкөн пайдадан алынуучу *салык*тан бошотулуп, адатта шарттуу уставдык фондусу бар жана офис, байланыш каражаттары, кызмат орундарынын болушу милдеттүү түрдө эмес, жоопкерчилиги чектелген коом катарында түзүлөт. Иш жүзүндө мындай компания төмөндөгүдөй документтердин тобун (пакетин) сунуштайт: ишкананын уставына функционалдуу ылайык келүүчү документ; уюмдаштыруу келишимге туура келүүчү документ; компанияны түзүү жөнүндөгү жана ээ болуу укугун берүү жөнүндө мүдүрлөрдүн жыйналыштарынын токтомдору; компаниянын акциялары, анын мөөрү жана катталуу жөнүндөгү документи. Буларга инвестиция, холдинг, соода, кыймылсыз мүлк башкармачылыгы ж.б. компаниялар кирет.

ОХЛОКРАТИЯ (гр. oshlos – топтошкон эл + kratos – бийлик) – топтошкон элдин (толпанын) бийлиги. Топтошкон эл – кандайдыр бир кыска убакытка чогулган, уюшулбаган адамдар. Белгилүү тышкы стимулдардын жана эмоциялык факторлордун таасири менен жөн гана биригишкен. Белгилүү шарттарда топтошкон эл иррационалдуу, сокур, кыйраткыч жана башкарылбаган күчкө айланып кетиши мүмкүн. Илимге О. түшүнүгү байыркы грек тарыхчысы Полибийден улам кирген. Бул кубулушту *Аристотель* менен *Платон* изилдешкен. Грек *мамлекет* теориясында О. абсурдга жеткен, чеги-

нен чыккан *демократиянын* түрүн билдирген. Маңызы боюнча О. саясий *бийликти* иш жүзөгө ашыруунун ыкмаларынын бири. Ал эч качан бийликтин өз алдынча түрү болгон эмес, бирок кризис абалындагы саясий тартиптерди кошумчалап турган. О-нын пайда болушу менен саясий тартиптин, саясий системанын кризистик абалын, бийликтин *кризиске* учурашын билдирет. О. негизинен өткөөл мезгилде, жашоонун бардык тармагы анын ичинде *саясат* да терең кризиске учурап, тигил же бул өлкөгө оор мезгил түшкөндө кездешет. Ошону менен бирге О. эч качан туруктуулук жана узактуулугу менен айырмаланбайт. Экономикалык жана социалдык өнүгүүдөн абалдын нормалдаштырылышы менен О-нын объективдүү базасы тарыйт. Бирок анын рецедивдери коомдук турмуштун түрдүү тармактарында, улуттук, диний жана тиричилик негиздеринде кездешүүсү мүмкүн.

Ө

ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ – өз иштерин башкарууда кандайдыр бир уюмдашкан социалдык коомчулуктун өз алдынчалуулугу. Ө.а.б-нун административдик-аймактык бирдиги *«жергиликтүү өз алдынча башкаруу»* деп да аталат.

ӨЗГӨЧӨ АБАЛ – мамлекеттик бийлик органдарынын жана ишканаларды, мекемелерди жана уюмдарды башкаруу ишмердиктеринин өзгөчө укуктук тартиби. Мында атайын *мыйзам* менен жарандардын жана юридикалык жактардын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөгө жол берилүүсү, ошондой эле аларга кошумча милдеттенмелер жүктөлүүсү мүмкүн. Ө. а. убактылуу чара болуп саналат, жарандардын коопсуздугун жана республиканын конституциялык түзүлүшүн коргоону камсыз кылуунун кызыкчылыктарында, мыйзамдуулукту жана укук тартибин калыбына келтирүү менен жарандардын коопсуздук коркунучун жоюу жана аларга зарыл жардамдарды көрсөтүү менен абалды тезирээк нормалдаштыруу максатында гана киргизилиши мүмкүн. Ө. а. табият кырсыктары, ири кыйроолор, жугуштуу дарттар, эпизоотикалык илдеттер кеңири таралганда, конституциялык түзүлүшкө түздөн-түз коркунуч туудурган зомбулук жана адамдардын өмүрүнө коркунуч келтирүүлөр менен коштолгон жагдайларда киргизилет. КРнын *Президенти* конституциялык мыйзамда каралган негиздер болгон учурда Ө. а-ды киргизүү мүмкүнчүлүгү жөнүндө эскертет, ал эми зарыл болгондо аны айрым жерлерде алдын-ала жарыялабай туруп киргизет, ал жөнүндө *Жогорку Кеңешке* токтоосуз билдирет (КРнын Конституциясынын 64-беренеси). Ал эми Жогорку Кеңеш конституциялык мыйзамда каралган учурларда жана тартипте Ө. а-ды киргизет, бул маселе боюнча Президенттин жарлыктарын бекитет же жокко чыгарат (74-берене).

ӨЗГӨЧӨ МЫЙЗАМ – эреже катары, *парламент* тарабынан жол-жобо алкагында кабыл алынуучу мыйзам (кээде квалификациялуу көпчүлүк талап кылынат), бирок башка мыйзамдарга, *конституцияга* караганда да чоң юридикалык күчкө ээ болот. Ө. м-да кандай гана мыйзам ченемдер болбосун, анын ичинде конституциялык ченемдерге карама-каршы жоболор болушу ыктымал. Ал аларды өзгөртөт же колдонулуусун токтотот. Ө.м. кабыл алуу жалпы эреже боюнча өкүлчүлүк бийлик органынын артыкчылык укугу болуп саналат. КР конституциялык тажрыйбасында кездешпейт.

ӨКМӨТ – *аткаруу бийлигинин* жогорку органы. Премьер-министр (канцлер, Кеңештин же министрлер кабинетинин төрагасы), айрым өлкөлөрдө *мамлекет башчысы* (АКШ) тарабынан башкарылат. Ө-түн мүчөлөрү (министрлер, мамлекеттик катчылар ж.б.) мамлекеттик башкаруунун мекемелерин жетектешет. Ө. парламент тарабынан түзүлөт же мамлекет башчысы (монарх же *президент*) тарабынан дайындалат. Өзүнүн курамы боюнча Ө. бир партиялуу, коалициялуу боло алат. Унитардык жана конфедерациялык *мамлекеттен* айырмаланып, *федерациялык мамлекетте* борбордук Ө. ошондой эле федерациянын курамына кирген мамлекеттик бирикмелердин (штаттар, провинциялар) Ө. түзүлөт. Конфедерациялык Швейцарияда федералдык Кеңеш

– өкмөт болуп саналат. Ал ар бири бир департаментти (саясий, ички иштер, юстиция, аскердик, каржылык, экономикалык, транспорттук, энергетикалык) тейлеген жети федерациялык кеңештен турат. *Президенттик республикаларда* Ө-ту президент башкарат. Себеби Ө. парламент эмес, анын алдында жооп берет. Бул учурда премьер-министр жөн гана администрациялык орун ээлеп калат. Негизги маселелер боюнча Ө. отурумдарын президент өзү өткөрөт. Адатта кабинеттин мүчөлөрү президент мүчөсү болгон партияга таандык. Кабинеттин отурумдарынын туруктуулугу жана күн тартиби президент тарабынан аныкталат. Парламенттик республикаларда Ө. парламенттин алдында жооп берет. Бирок бул жобо ар дайым эле колдонула бербейт. Кээде Ө-түн колуна зор бийлик топтолот (башкача айтканда, парламентаризмге каршы «министериализм» системасы). Айрыкча бул децентралдаштырылган мыйзам чыгаруу аркылуу Ө. норма чыгаруу ишмердүүлүгүнө чагылдырылат. Жалпысынан Ө. түзүүнүн тартиби, анын курамы жана компетенттүүлүгү мамлекеттердин конституциялары же конституциялык мыйзамдары тарабынан аныкталат.

ӨКМӨТ БАШЧЫСЫ – бийликтин жогорку аткаруучу органынын жетекчиси. Башкаруунун парламенттик формасындагы өлкөлөрдө Ө. б. *мамлекет башчысынын* кызматына дайындалат. Эреже катары же парламенттик шайлоолордо жеңишке жетишкен саясий *партиянын лидери*, же өкмөттүк коалицияны түзгөн партиялардын лидерлеринин бирөө Ө. б. боло алат. Формалдуу түрдө премьер-министр жана ал жетектеген *өкмөт* парламенттин алдында саясий жоопкерчиликке ээ. Бүгүнкү күндөгү мамлекеттердеги Ө. б. кеңири укуктарга ээ: ал министрлерди дайындайт, түшүрөт, алмаштырат, өкмөттүн ишин жетектейт. Өкмөттөн чыккан иш кагаздары жана нормативдик актылардын барына Ө. б. тарабынан кол коюлат же уруксат берилет. Ал – башкаруучу партиянын официалдуу өкүлү, анын ой-пикири бардык маселе боюнча чечүүчү болуп саналат. Жазылбаган мыйзамдар боюнча министрлер Ө. б-на сөзсүз баш ийүүгө милдеттүү, муну менен макул болбогон министрлер кызматын таштап кетүүгө мажбур болушат. Бүгүнкү күндө көптөгөн өлкөлөрдө өкмөттүн аткаруу бийлигинин жана анын башчысынын ыйгарым укуктарынын өсүш тенденциясы, башкача айтканда парламенттин мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүнүн эсебинде өкмөттүн бийлигинин күчөө тенденциясы байкалууда.

ӨКМӨТТӨР АРАЛЫК ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАР – эл аралык келишимдин же башка уюштуруучу актынын негизинде, өкмөттөрдүн белгилүү бир эл аралык маселелерди чечүү боюнча аракеттерин координациялоо жана ар кыл социалдык түзүлүштөгү мамлекеттердин ар тараптуу кызматташууларын өнүктүрүүгө өбөлгө болуу максатында түзүлгөн мамлекеттердин туруктуу бирикмеси. Эл аралык уюмдардын бардык белгилерине ээ. Ө. а. э. у. бүткүл дүйнөлүк (БУУ, ЮНЕСКО, ЭЭУ, ЭЭББ, ЭДУ, ЕККУ ж.б.) жана аймактык (ЛАГ, ОАЕ, КМШ, ЖККУ, ГУАМ, ШКУ ж.б.) болуп бөлүнөт.

ӨКМӨТТҮК ЭМЕС ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАР – адам ишмердигинин саясий, экономикалык, илимий-техникалык, маданий, гуманитардык жана башка тармактарындагы эл аралык кызматташтыктарына көмөктөшүү максатында түзүлгөн улуттук топтордун, бирликтердин жана жеке адамдардын өкмөттүк эмес мүнөздөгү эл аралык бирикмелери. Ө. э .э. а. у. статусуна ээ болуу үчүн андай бирикмелер 2 же андан көп мамлекеттерде аракеттенүүлөрү, өзүнүн максаттары, мүчөлөрүнүн курамы, түзүлүшү жана каржылык колдоосу боюнча эл аралык болуусу тийиш.

ӨКҮЛ – 1) КР жарандык мыйзамдары боюнча ишеним катка, мыйзамдагы көрсөтмөгө же болбосо ошондой ыйгарым укугу бар мамлекеттик органдын же *жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы*нын актысына негизделген ыйгарым укугунун күчүнө ылайык башка адамдын атынан, өзү өкүл болгон адамдын жарандык укуктарын жана милдеттерин түздөн-түз түзүүчү, өзгөртүүчү жана токтотуучу адам. Кылмыш-жаза, жарандык жана арбитраждык иштерде, ошондой эле өзү өкүлү болгон адамга юридикалык жардам көрсөткөн, өзү өкүлү

болгон адамдын кызыкчылыгына болсо да, өз атынан иш алып барган адам да Ө. деп аталат. Жарандык иште Ө. өзү өкүлү болгон адамдын атынан белгилүү процесстик жана материалдык юридикалык таасири болгон иштерде (мис., алдешүү макулдугун түзгөндө) гана юридикалык иш-аракеттерди жүзөгө ашырат. Башкалардын кызыкчылыгы үчүн болсо да, өз атынан иш жүргүзүшкөн жактар (коммерциялык ортомчулар, кудуретсиздиктеги конкурстук башкаруучулар ж.б.) Ө-дөр болуп эсептелишпейт; 2) КР кылмыш-жаза-процессуалдык мыйзамдары боюнча мыйзамдын күчү же макулдашуу боюнча жабырлануучунун, жарандык доочунун, жарандык жоопкердин мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоочу ыйгарым укуктуу жак.

ӨКҮЛЧҮЛҮКТҮН МАЖОРИТАРДЫК СИСТЕМАСЫ (фр. magorite – көпчүлүк) – көп мамлекеттерде (АКШ, Улуу Британия, Франция ж.б.) пайдалануучу борбордук жана жергиликтүү өкүлчүлүк бийлик органдарын, *президентти* жана бир катар жогорку кызмат адамдарын – шайлоодо добуш берүүнүн натыйжаларын аныктоо системасы. Ө. м. с. учурунда *мыйзам* тарабынан бекитилген шайлоо округу боюнча добуштардын көбүн алган талапкер (же талапкерлердин тизмеси) шайланган деп эсептелет. Практикада бул системанын үч түрү белгилүү. 1. Абсолюттук көпчүлүктүн мажоритардык системасында, ким абсолюттук (же жөн эле) көпчүлүк добушту (50%+1) алса, анда ал шайланды деп эсептелет. Добуштун абсолюттук көпчүлүгү дайым эле мүмкүн болбогондуктан, бул системада добуш берүү, эреже катары эки турдан турат, бирок экинчи турда добуштарды эсептөө башка система боюнча аныкталат. 2. Салыштырмалуу көпчүлүктүн мажоритардык системасында жеңүүчү атаандаштарына салыштырганда көбүрөөк добуш алышы керек. Бул тартипте ири партиялар көбүрөөк артыкчылык алышат. 3. Квалификацияланган көпчүлүктүн мажоритардык системасында жеңүүчү алдын ала белгиленген добуштардын теңинен көбүнө – 2/3, 3/4, 4/5 ээ болууга тийиш.

ӨКҮЛЧҮЛҮКТҮН ПРОПОРЦИЯЛАШ СИСТЕМАСЫ – *шайлоо системасы*. Анын негизи катары *партия* үчүн берилген шайлоочулардын добушу менен добуш алган мандаттардын ортосундагы пропорциялаш принциби алынган. Бул системада чоң-чоң шайлоо округдары түзүлөт. Алардын ар биринен бир нече депутат шайланат (округдун чоңдугуна жараша *өкүлчүлүктүн мажоритардык системасына* караганда Ө. п. с-нын артыкчылыктары даана белгиленет). Ө. п. с. боюнча жүргүзүлгөн шайлоолордо өкүлчүлүк органдарына талапкерлер жалаң гана саясий партиялар тарабынан көрсөтүлөт (партиялардын ар бири талапкерлердин тизмесин көрсөтүшөт). Ал эми шайлоочу бул же тигил партиянын тизмеси үчүн добуш берет. Кээде эркин тизменин жардамы менен шайлоочуларга талапкерлерге карата мамилесин аныктоого мүмкүнчүлүк берилет (б.а. шайлоочулар партиялык тизмеде өзүлөрү каалаган талапкерлердин фамилиясынын тушуна белги коюшат). Бул же тигил партиянын мандатынын көлөмүн аныктоо үчүн квота белгиленет. Квота – бул депутатты шайлоо үчүн зарыл добуштардын эң аз саны. Ал ар бир шайлоо округуна өзүнчө же ошондой эле, бүт өлкө үчүн жалпы болушу да мүмкүн. Ө. п. с. кеңири жайылган. Аны Финляндияда, Швейцарияда, Швецияда, Норвегияда, Австрияда, Бельгияда, Австралияда ж.б. өлкөлөрдө колдонушат. Айрым өлкөлөрдө (ФРГ, Орусия) бул система өкүлчүлүктүн мажоритардык системасы менен катар аралаш пайдаланылат. Мажоритардык системага салыштырганда Ө. п. с. өлкөдөгү партиялык күчтөрдүн накта катышына ылайык түзүлгөн курамдагы борбордук жана жергиликтүү мекемелерин түзгөнгө мүмкүнчүлүк берет. Кыргыз Республикасында 1995-ж. 5-февралда өткөн *Жогорку Кеңештин* депутаттыгына шайлоолор мажоритардык системага көбүрөөк ылайык ыкмада өткөрүлдү. Көптөгөн чет өлкөлүк жана жергиликтүү официалдуу байкоочулардын пикирлерине караганда, дегеле көпчүлүк шайлоочулардын да, депутаттыкка өткөн жана ат салышып өтпөй калган талапкерлердин да пикирине караганда шайлоонун мажоритардык системасы кыргыз салт-санаасына, дегеле кыргыз *менталитетине* анча туура келбегендей сезилет. Шайлоо

өнөктүгү жүрүп жаткан мезгилдеги, башкасын айтпаганда да, шайлоочулардын уруу-урукгарга, региондорго, улуттарга ж.б. бөлүнүшү жана добуш берүү учурунда ушундай терс көрүнүштөрдүн үстөмдүк кылышы буга далил. 1994-ж. 6-декабрда уюшулган конституциялык кеңешменин жыйындарында колдоого ээ болгон шайлоонун Ө. п. с. бүгүнкү күндө коомчулуктун өкүлдөрү, саясий партиялардын жана көптөгөн коомдук уюмдардын өкүлдөрү тарабынан да мыйзам чыгаруу демилгеси катары колдоого ээ болууда.

ӨНҮГҮП КЕЛЕ ЖАТКАН ӨЛКӨЛӨР – өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдүн алдында колониялык же жарым колониялык абалда болуп келген, бүгүнкү күндө өз алдынчалыкка жана көз карандысыздыкка жетишкен Азия, Африка, Латын Америкасы жана Океаниядагы өлкөлөрдүн тобу. Бул өлкөлөр эмгектин эл аралык бөлүнүшүндө өнөр жайы өнүккөн мамлекеттер үчүн агрардык-чийки заттарды жана эң арзан жумушчу күчүн берип турушкан. Өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнүн салыштырмалуу төмөнкү деңгээли, чарбанын бир жактуулугу, экономиканын көп укладдуулугу, аягына жеткирилбеген социалдык–экономикалык кайра түзүүлөр эреже катары, Ө. к. ж. ө-гө мүнөздүү. Ө. к. ж. ө-дүн бардыгына жалпы тиешелүү проблемалар төмөнкүлөр: экономикалык өсүүнүн темпин тездетүү; улуттук экономиканы бекемдөө; айыл-чарба өндүрүшүн механизациялаштыруу; маданий артта калуучулукту жоюу ж.б. Акыркы жылдары кедей өлкөлөрдөн «акылдын оошу» күч алууда (Брейн-Дрейн). «Отчёт по человеческому развитию 1994» билдиргендей, 1985–1990-жж. Африкадан 60 миң ортоңку жана жогорку деңгээлдеги менеджерлер чыгып кетишкен. Гана мамлекетинде 80-ж. башында даярдалган врачтардын 60% өлкөнү таштап кетишкен. Латын Америкасындагы өлкөлөрдүн университеттерин бүтүрүүчүлөрдүн 20%дан ашыгы эмиграцияда болушкан. СССР жоюлгандан кийин өз алдынчалыкка жана көз карандысыздыкка жетишкен мурунку союздук республикалардын көпчүлүгү Ө. к. ж. ө-дүн катарына кошулушту. Алардын арасында Кыргыз Республикасы да бар. Кыргыз Республикасы жалпы коомдук өнүгүүнүн көптөгөн көрсөткүчтөрү боюнча Ө. к. ж. ө-дүн көпчүлүгүнөн алдыда турат. Бирок, Ө. к. ж. ө-дүн бул көпчүлүгүнүн көрсөткүчтөрү күн санап өсүп, жакшырып, өнүгүү жолунда болсо, ошол эле учурда бул көрсөткүчтөр Кыргыз Республикасында уламдан-улам начарлап, төмөндөө жолунда. Эгер бул төмөндөөнү тез арада токтотпосо, анда Кыргыз Республикасындагы абал начарлап, бүгүнкү күндөгү өзүнүн жетишкендиктерин жана артыкчылыктарын жоготуп алышы мүмкүн. Өз алдынча өнүгүүгө, өз тагдырын чет өлкөлөрдүн кийлигишүүсүз чечүүгө жетишүү – Ө. к. ж. ө-дүн элдерин бириктирүүчү негизги тилек болуп калды.

ӨНҮГҮП КЕЛЕ ЖАТКАН ӨЛКӨЛӨРДҮН КАРЫЗДАРЫ – анын ичинде, тышкы карыздарынын жалпы жыйындысы, 1986-ж. карата карыздардын суммасы 1 трлн доллардан ашкан. Бүгүнкү күнгө бул сумма алда канча көп экени шексиз жана ал күн санап өсүү тенденциясына ээ. Карыз болуу өнүгүп келаткан өлкөлөрдүн экономикасына терс таасирин тийгизип, кризистен чыгууга тоскоолдук кылат. Карыздардын 40%га жакыны Латын Америкасы өлкөлөрүнө туура келет (Бразилия Мексика, Аргентина ж.б). Африка өлкөлөрүнүн ичинен эң көп карыз болгондор: Алжир, Нигерия, Азияда – Индонезия, Филиппины ж.б. СССР жоюлгандан кийинки мезгилдерде мурунку союздук республикалардын тышкы карыздары өтө тездик менен өсүүдө. Анын жыл сайын төлөнүүчү пайыздары эле өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикасы үчүн оор түйшүк. Орточо эсеп менен карыздарды төлөө жыл сайын улуттук кирешенин, карыздын көлөмүнө жана жылдык пайызына 30–60%ы сарпталат. Көп учурларда карыз берген өнүккөн өлкөлөр карыз алган өлкөлөрдүн көз карандысыздыгына шек келтирүүчү саясий-экономикалык шарттарды да коюшат. Мындай шарттарды аткарган өлкө өзүнүн андан ары өнүгүшүндө өз алдынчалыкты жоготот, экономикалык жактан, демек саясий жактан да, дайыма көз каранды болуп калат.

«ӨНҮГҮҮ-ПРОГРЕСС» саясий партиясы – партия алгач саясий кыймыл катары түзүлүп, 2012-ж. 1-февралында өткөн бирин-

чи съездде «Ө.» с. п. түзүлгөн. Партиянын төрагасы болуп Сыдыков Эмил Мурзабекович шайланган. Бул съездде партиянын программасы жана уставы кабыл алынган. 2012-ж. 17-февралда Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинен каттоодон өткөн. 2013-ж. 25-апрелинде партиянын экинчи съезди чакырылып, анда саясий партиянын аталышы «Өнүгүү-Прогресс» болуп өзгөртүлүп, төрагалыгына Төрөбаев Бакыт Эргешович шайланган. Республиканын көпчүлүк облустарында, район-шаарларда жана айыл округдарында «Ө.-П.» с. п-нын координаторлору менен активисттери бар. Учурда партиянын канаты кеңейип мүчөлөрдүн саны он бир миңден ашты деген маалыматтар бар. 2014-ж. «Улуттар биримдиги» (лидери Мырзакматов – Оштун мурдагы мэри) партиясы менен бириккенин расмий билдирген, бирок бийликтин басымы менен «Ө.-П.» партиясы бул биригүүдөн кайрадан баш тарткан. Серепчилердин пикирине ылайык «Ө.-П.» партиясы 2015-ж. октябрь айына мерчемделип жаткан кезектеги парламенттик шайлоого катышууга кызуу даярдыктарды көрүүдө.

ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДИН ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮШҮ, социалдык стратификациясы жана социомаданий шарттары. Саясий жаңылантуунун негизи болуп өлкөнүн экономикалык өнүгүшүнүн кандайдыр бир деңгээли эсептелет. Кыргыз Республикасы жетиштүү түрдө индустриялашкан республика болгон. Эл чарбасында эки комплекс түзүлүп жана өнүгүп жаткан: басымдуу бөлүгү чийки зат түрүндө болсо да агрардык-өнөр жай комплекси жана машина куруу өндүрүшү, ошондой эле тоо-металлургиялык комбинаттар. Өнөр жай көбүнесе түндүк райондордогу ири өнөр жай борборлоруна топтолуп, ал эми агрардык аймак болуп түштүк эсептелип калган. Кыргыз Республикасынын экономикасы Союз ичиндеги эмгектин бөлүнүшүнө негизделген жана ири субвенциялар менен колдоого алынып турчу, мис., алар 1989–91-жж. ИДПнын 10–13%ын түзгөн.

Кыргыз Республикасынын экономикасында кыска мөөнөттүн ичинде олуттуу трансформациялык жүрүштөр болуп өттү: командалык тутумдун механизмдери толугу менен ажыратылды, базар механизмдери түзүлүүдө, жеке менчик институту бекемделүүдө. Жерге болгон жеке менчик киргизилди жана жер базарынын иштеш негиздери түзүлүүдө. Калктын 65%ы жашаган айыл жерлеринде эркин ишкерлер катмары түзүлүүдө. Ири бизнес чөйрөсүндөгү гана эмес, ошондой эле орто жана кичи бизнес чөйрөсүнөн чыккан адамдардан ишкерлер табы түзүлүүдө. Жетишилген өзгөрүүлөрдүн ааламдык мүнөзүн белгилөө менен өлкө базар реформалары үчүн өтө жогорку социалдык бааны төлөгөндүгүн айтпай коюуга болбойт. Калктын кирешесинин орточо деңгээли аябай түшүп кетти, аларды бөлүштүрүүдөгү теңсиздик көбөйдү, чындап келгенде маргиналдашкан топтордон: илимдин, билим берүүнүн, саламаттык сактоонун, маданияттын, инженердик-техникалык кадрлардан, жогорку адистиктеги жумушчулардан турган жаңы кедейлердин өзүнчө бир катмары пайда болду. Колхоздук-совхоздук тутумдун таркашы менен өндүрүштө иштебеген адамдардын көп саны пайда болду, алар шаарларга оошуп, люмпендердин катарын көбөйтүштү. Социалдык пландагы жумушсуздуктун талкалоочу натыйжалары миңдеген адамдарды кедейликке, жакырдыкка дуушар кылуу менен кылмыштын, баңгичиликтин өсүшүнө, экстремисттик топтордун пайда болушуна алып келүүдө.

Булардын баарын объективдүү да, субъективдүү да тартиптеги себептер менен түшүндүрүүгө болот. Эгемендик алгандан соң мурдагы совет республикалары менен болгон иштиктүү байланыштардын баары ыдырады, экономика төмөндөдү, жумушсуздук көбөйдү, товарлар менен байлыктардын жалпы тартыштыгы, инфляция пайда болду. Реформалар дайыма эле натыйжалуу жана жакшы боло берген эмес. «Ортоңку катмардын» атынан демократиянын бекем социалдык негизин тез түзүүгө болгон аракет акталбады, «купондук менчиктештирүүнүн жардамы менен көпчүлүк кыргызстандыктар» жеке менчик ээлерине айланып кетишкен жок. 1990-ж. башталган башаламан менчиктештирүү өзгөртүүлөрдүн биринчи баскычында номенклатуралык элитанын

өкүлдөрү тарабынан мамлекеттик ишканаларды тымызын сатып алуусуна алып келди.

Чындыгында мунун баары реформаны баштоо менен демократиялык лидерлерде кандайдыр бир үлгүнүн, саясий жана социалдык-экономикалык реформаларды жүргүзүүнүн багыттоочу концепциясынын жоктугунун айныгыс натыйжасы болуп калды.

Демократияга өтүүгө көмөк болуучу өбөлгөлөрдү талдоодо батыш саясат таануучулары тышкы саясий шартка чоң көңүл бурушат. Р.Даль белгилегендей, АКШ авторитардык бийликтеги өлкөлөрдүн демократиялык өлкөлөргө айланышында бул өлкөлөрдүн өкмөтүнө акча, курал-жарак жана башка каражаттар менен колдоо көрсөтүшү, аларга өзгөрүүлөр жагына кысым жасашы аркылуу бул жүрүштү жеңилдетүүсү ыктымал. С.Хантигтон тыштан келүүчү жардам реформалоо ийгилиги үчүн керек экендигин, чет элдик агентстволор өкмөттөргө катуу экономиканын, баалардын либералдашуусун жана инфляцияны кармап туруу режимин сактоо менен жардам берүү шарттарын эскертип, тартипке чакыруучу таасир бере ала тургандыгын баса көрсөтөт. Анын пикири боюнча, АКШ менен Европалык союздун колунда өздөрү жардам көрсөтүүгө катышкан Латын Америкасы, Чыгыш Европа жана Чыгыш Азиянын четтериндеги демократиялардын биригишине колдоо көрсөтүүгө керек нерсенин баары бар. Демократияга өтүү теориясында «социалдык жана маданий плюрализм» сыяктуу шартка чоң маани берилет. Мамлекеттеги айрым бир социалдык, кесиптик топтордун болушу анын бийлигин чектөө үчүн негиз түзөт. Коом тарабынан мамлекет үстүнөн көзөмөлдөөдө жана реформалоодо өзгөчө маани «ортоңку тапты ошондой эле ишкерлердин катмарын (бизнес-катмар) түзүүгө жана өнүктүрүүгө берилет.

Маданий-тарыхый себептер, анын ичинде дин көп жагынан мүмкүн болгон өтүү варианттарын аныктайт, жаңылантуу жүрүшүнө тоскоол болот же жардам берет, анткени алар кылымдап түзүлүшөт жана өтө акырындык менен өзгөрүшөт. Борбордук Азия өлкөлөрүндө, ошону менен бирге Кыргыз Республикасында демократияга өтүүнүн түрлөрү менен үлгүлөрүнүн өзгөчөлүгүн аныктоочу бир нече маданий-тарыхый себептерди бөлүп көрсөтөбүз. Экономикалык реформалар жана саясий кайра куруулар патриархалдык ыңгайды бир топ деңгээлде өзгөртүп койду, бирок ал дагы эле жашап жатат жана улуттук аң-сезимдин ойгонушуна, улуттук рухий байлыктын сакталышына негиз болуп калууда. Адамдын жүрүш-турушунун көндүм болуп калган жамааттык, «коомдоштук» өнөкөтү талкалана элек. Адам өзүн жамааттын, жамааттык бирикменин бөлүгү катары сезүүсүн улантууда.

Улуттук аң-сезимдин ойгонушуна дин да көмөкчү болот. Борбордук Азия мамлекеттеринин ички турмушун, кандайдыр бир деңгээлде тышкы багыттанууларын жөнгө салып турган факторлордун бири ислам болуп кала берет. Исламдын мааниси сыяктуу эле мусулман салттарынын мааниси аймактагы мамлекеттердин саясий турмушунда улам барган сайын өсүүдө. Мусулман маданиятына болгон кызыгуу ойгонууда, мусулман дүйнөсү менен болгон байланыштар кеңейүүдө, мечиттердин тездик менен курулушу жүрүүдө. Ислам факторунун күчөшүнүн коомдун ал-абалы менен, тигил же бул саясий күчтөрдүн максаттары жана милдеттери менен аныкталуучу толук так себептери бар. Динге кайрылуу маданий салттар менен байланышкан. Ислам улутту баш коштурууга көмөк көрсөтөт деп эсептешет. Динге ишенгендер көп учурда динге таандыктуулукту улуттук менен аралаштырып жиберген учурлары кездешет жана диндик салттарды сактоону өзүнүн улуттук таандыктыгынын ажырагыс бөлүгү катары карашат.

«Рухий ислам баалуулуктарын» кайра жаратуу идеяларын ишке ашырууга географиялык жана демографиялык факторлор көмөкчү болот. Борбордук Азиянын жалпы саны 50 млн адамды түзгөн жаңы эркин мамлекеттеринин 43 млн адамы мусулмандар болуп саналат. Анын үстүнө өздөрүн мусулманбыз деп эсептеген кыргыздар анын 64,4%ын түзөт (50 жыл мурун мындайлар 40% болчу). «Вестерндештирүү» («орусташтыруу») жүрүшү айыл аймактарына анчалык таасир тийгизбестен негизинен өнөр жайлуу борборлорду, Борбордук Азия мамлекеттеринин борборлорун камтыды.

Кыргыз Республикасында, бүтүндөй Борбордук Азиядагыдай сыяктуу эле, уруу-уруктардын, кландардын, аймактык топтордун ортосундагы саясий жана социалдык милдеттерди бөлүштүрүүнүн тарыхый калыптанып калган салты мурдагыдай эле күчтүү. Административдик иерархиянын бардык жеринде ортоңку жана жогорку баскычтарында динге байланышкан, салттык үй-бүлөлөр менен кландардан чыккандар олтурушат. Кыргыз Республикасы аймактагы башка өлкөлөрдөй эле таасири өтө күчтүү Ислам конференциясынын мүчөсү болуп саналат жана Ислам өнүктүрүү банкынан каржылык жардам алуу аракеттерин жасоодо.

Жаңылантуунун азыркы баскычында маданий-улуттук өнүктүрүүнүн эки варианты болушу мүмкүн: 1) демократияга өтүү үчүн зарыл өз ара коопсуздукту камсыз кылууга, көп улуттуу коомдордо социалдык-саясий тутумдардын туруктуулугуна жетишүүгө мүмкүндүк берүүчү мусулман жана европа маданияттарынын органикалык синтези; 2) Америкада аборигендердин маданиятын европалык маданият басып кеткендей, диндердин жана маданияттардын бири экинчисин басып кетет, Борбордук Азия мамлекеттеринде тескерисинче болушу ыктымал. Анын үстүнө улуттук кайра жаралуу жана биригүү жүрүшү бир жактуу эле болушу мүмкүн эмес. Ошондуктан Кыргыз Республикасында коомду жаңылоо уруучулуктун өнүгүшү менен да коштолот. Бирок, коомдук аң-сезимде улуттук элитаны өзүн-өзү бирдейлештирүүсүнүн социализмден калган европоцентристтик түшүнүгү жашай берет. Кыргыз Республикасынын коомдук өнүгүшү үчүн табигый багыт өткөн кылымдан бери Европа, батыш цивилизациясы болуп келген. Аларга тартылуу Орусия метрополиясынын атынан өбөлгөлөнгөн. Андан ары, өнүгүүнүн Совет доорунда европоцентристтик багыт орус тилин жана орус маданиятын үйрөнүү аркылуу улантылган. Европа цивилизациясынын нугунда тарбияланган Совет империясынын улуттук чет-жакаларынын саясий жана маданий элитасынын мууну көп учурда эки цивилизациянын, эки социалдык тутумдун – өздөрүнүн жана өздөштүргөн, аларга чоң таасир берген маданий-цивилизациялык негиздин өкүлдөрү жана таратуучулары болуп калышты.

Кыргыздардын уруу-уруулук мамилеси эки-үч муун өткөндөн кийин да жок болуп кеткен жок, анткени ал жактан да бир топ жакшы нерселерди кезиктирүүгө болот. Советтик тутум, өзүнүн 70 жылдык жашоосунда, башкаруунун бүтүндөй жазалап-тыюу салуу ыкмалары менен кыргыз уруучулдугун жок кыла албай койгондугун белгилеп кетүү керек. Азыркы кыргыз коому уруучулдуктун аныктөрүнүштөрү менен элдик депутаттарды жана альтернативдик талапкелердин ичинен эмгек жамааттарынын жетекчилерин шайлоо учурунда кездешти. Андан ары бул феномен азыркы Кыргыз Республикасынын коомдук турмушунун улам жаңы жактарын кучагына алуу менен мамлекеттүүлүктүн курулуш жүрүшүндө ачык көрүндү. Азыр ал туурасында публицисттер менен окумуштуулар гана эмес, ошондой эле өлкөнүн саясатчылары жана коомчулук да кеп кыла баштады. Улуттун кайра жаралуу идеясы менен кызыккан элдин көпчүлүк бөлүгү ага салттык түшүнүктүн кайрылып келип жатышы сыяктуу мамиле кылышат. Көпчүлүгү кайра жаралган уруучулдуктун айрым бир көрүнүштөрү жаш кыргыз мамлекетинин бүтүндүгү жана туруктуулугу үчүн коркунучтуу экендигин толук түшүнө беришпейт.

Ошол эле мезгилде Кыргыз Республикасында арабдык-мусулмандык аймактык цивилизациянын маданий-цивилизациялык пайдубалы сакталып калгандыгын эске алуу керек. Совет бийлигинин учурунда да ислам (турмуштук ислам) республикада коомдук аң-сезимге таасир этип, коомдук мамилелерди жөнгө салып туруучунун милдетин сактап калган. Ошондуктан 1980-90-жж. башталган исламдык кайра жаралуу исламдын толук кандуу кайра орношу болуп саналат.

ӨТҮНМӨ (сунуштама) – жогорку баскычта турган *мамлекеттик органга* (коомдук уюмга) даректелген расмий өтүнүч же сунуштама; 1) Ө. жарандардын кайрылууларынын (арыз, петициялары менен бир катардагы) бир түрү катары каралышы мүмкүн. КР жарандыгына кабыл алуу же жарандыгынан чыгуу жөнүндөгү өтүнүчтөр, референдум өткөрүү боюнча демилгелүү топту каттоо жөнүндөгү, кишилерди качкындар же аргасыз ооп келгендер катары таануу өтүнүчтөрү. Төмөнкүлөр Ө. мисалдары болуп саналат; 2) сот өндүрүшүндө иштин катышуучусунун алгачкы тергөө органдарына, тергөөчүгө, прокурорго, судьяга, сотко процессуалдык аракеттерди ишке ашыруу же чечимдерди кабыл алуу жөнүндөгү расмий өтүнүчтөрү; 3) соттолгондор кечирим берүү өтүнүчтөрү менен кайрылууга укуктуу. Ө. түзөтүү мекемелеринин жетекчилиги тарабынан жүрүм-туруму жакшы мүнөздөлгөн соттолгондорго берилүүсү ыктымал; 4) Ө. суроо-талап жана арыз менен бир катарда КР Конституциялык сотуна кайрылуунун дагы бир тизи; 5) Ө. түрүндө райондор аралык сот өндүрүшүндө кудуретсиздик жөнүндөгү иштер козголот.

П

«ПАБЛИК РИЛЕЙШНЗ» (англ. public relations – көпчүлүк менен келишүү) – тенденцияларды анализдөө, алардын натыйжасын алдын-ала айтып берүү, уюмдардын жетекчилерине сунуш кылуу жана коомдун кызыкчылыгына жараша иш-аракеттердин программасын ишке ашыруучу искусство жана илим. «П. р-дин» максаты – жалпы ой-пикирлерди жана жалпы кызыкчылыктарды табуу, билимге жана кеңири маалымдуулукка негизделген өз ара түшүнүүгө жетишүү үчүн эки тараптык мамилени орнотуу, ишенич атмосферасын түзүү. «П. р.» мамлекеттик башкаруу ишмердүүлүгүнүн башкы курама бөлүгү болуп эсептелет. Ошондой эле алар башкаруучу жана башкарылуучу кичи системаларын түзгөн адамдардын ортосундагы контакт түзүүнү жана алардын функцияларын иш жүзүнө аткарууну камсыз кылышат. «П. р-дин» ар бир программасынын башкы милдеттери төмөнкүлөр: байланыш каналдарын жакшыртуу, кабарлоо жана түшүнүүнүн эки тараптуу – агымын түзүүнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу; уюмдардын жетекчилерин коомдук ой-пикир тууралуу маалымат менен камсыз кылуу; жооп ирээтиндеги иш-чараларды иштеп чыгууда аларга жардам көрсөтүү; коомчулуктун кызыкчылыгына жетектөөчү ишмердүүлүктү камсыз кылуу, аны алдын-ала көрө билүү жолу аркылуу түрдүү өзгөрүүлөргө даяр абалында колдоо; *массалык маалымат каражаттары* менен иштөө; уюмдун кадыр-баркын ырастоо. «П. р.» тармагындагы адис билимин жана шыгын төмөнкү чөйрөлөрдө колдонушу керек: *мыйзамдын* негизинде адамдын жүрүм-турумуна кеңеш берүү; мүмкүн болгон тенденцияларды табуу жана алардын натыйжасын алдын-ала айтып берүү; *конфликттердин* жана түшүнбөөчүлүктөрдүн өсүшүнө жол бербөө; өз ара сыйлоо жана социалдык жоопкерчиликтин калыптанышына жардам берүү; жеке жана коомдук кызыкчылыктарды гармониялаштыруу; өндүрүш мамилелерин жакшыртуу; квалификациялуу жумушчуларды ишке тартуу; өздүк кадыр-баркты түзүү. «П. р.» кызматынын кызматкерлери жүргүзүп жаткан *саясатты* гана эмес, керек учурда билгичтик менен аны түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүн колдон чыгарбоо, бул же тигил чечимдин кабыл алынышынын себептерин да түшүнүүсү зарыл. «П. р.» боюнча адис жетекчинин кеңешчисинин ролуна жана ага жеке максат жана милдеттерди коомчулук кабыл ала турган, акылга сыярлык саясатка өткөрүүгө жардам бере турган кеңешчи катары да чыга алат. «П. р.» кызматынын жетекчилери: «П. р.» сүроолору боюнча директор, маалымат кызматынын жетекчиси; «П. р.» сүроолору боюнча кеңешчи; коомдук мамилелердин сүроолору боюнча директор, үгүттөө бөлүмүнүн башчысы. «П. р.» өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт: 1) уюм жана бул уюм менен контактка киргендердин ортосундагы өз ара түшүнүүнү жакшыртуучу нерсенин баары; 2) уюмдун «коомдун жүзүн» түзүү боюнча сунуштар; 3) түшүнбөөчүлүктүн булагы болгон кабарларды табуу жана нейтралдаштырууга багытталган иш-аракеттер; 4) үгүттөөнүн, рекламанын, көрсөтмөнүн, видео жана кинозалдардын ылайык келген каражаттарынын жардамы менен уюмдардын таасир көрсөтүү чөйрөсүн кеңейтүүгө багытталган иш-чаралар; 5) уюмдардын

жана адамдардын ортосундагы мамилелерди жакшыртууга багытталган бардык аракеттер ж.б.

ПАЙГАМБАР (фарс. – Кудайдын элчиси, диндин жол башчысы, негиздөөчүсү) – арабча расул жана наби деп айтылат. *Куранда*, расул менен наби деп айтылган. Куранда П-лар дагы эки категорияга бөлүнөт. Расул менен набинин айырмасы бар. Расул жаңы китеп менен *шарият* алып келген, ал эми наби мурда келген пайгамбарлардын шариятын коомдо бекемдеген. П. сөзү түркий тилдерде, арабча менен бирге фарсий сөздөр дагы киргендиктен, кеңири таркалган.

ПАКТ (лат. pactum – келишим, макулдашуу) – эл аралык келишимдердин аталышы.

ПАНАЗИАТИЗМ (гр. pan – баары жана Азия) – согуштук-саясий кыймыл.

ПАНИСЛАМИЗМ – диний-саясий *идеология*. Анын негизинде бүткүл дүйнөнүн мусулмандарынын социалдык, улуттук же мамлекеттик таандыктыгына карабастан руханий биримдиги жана аларды жогорку руханий башчы – халифтин бийлиги астында саясий биригүүсүнүн зарылдыгы тууралуу көз караш. XIX к. экинчи жарымында чыккан П-дин биринчи идеологу – Джемал ад-Дин ал-Афгани (1838–97). Алгачкы максаты – британдык колониализмден бошонуу, көз карандысыздык үчүн болгон мусулман элинин күрөшүн антиимпериалисттик негизге келтирүү. Исламда алгач мусулмандын этностук же расалык келип чыгышына кайдыгер болуу жарыяланган; мамлекеттүүлүк – диний биримдик катары элестетилген, теориялык жактан дин кызматкерлеринин жүзүндө динге ишенүүчү менен Кудайдын ортосундагы далдалчынын зарылдыгы жокко чыгарылган. Афгани мусулман элдеринин атынан чыкса дагы, анын ишмердүүлүгү объективдүү түрдө алардын чет жерлик үстөмдүктөн бошонууга умтулуусунун даражасына ылайык гана алардын кызыкчылыгын чагылдырган. Акыр-аягында ал буржуазиянын идеологу болгон. Бирок ислам таркаган өлкөлөрдөгү тарыхый, социалдык-экономикалык жана саясий шарттарынын чыныгы көп түрдүүлүгү, П-ди түрдүү социалдык күчтөр пайдаланышына алып келди. Анын ичинде өз абалын бекемдөө жана феодалдык өз алдынчалыкты сактоо үчүн феодалдык-клерикалдык чөйрө тарабынан П-ди пайдаланышкан. Ушундан улам П-дин натыйжаларынын, кесепеттеринин жыйынтыгынын бирдей эместиги келип чыгат. XIX к. аягындагы Афганинин жана анын Египеттеги шакирттеринин ишмердүүлүгү ачык түрдө бөштондук мүнөзүнө ээ болгон. Алар улутчулдукка каршы, египеттик хедивдин же Иран шахынын, же түрк султанынын башында турууcу менен бардык мусулмандардын биримдиги үчүн чыгышкан. Мусулман башкаруучуларынын колдоосун алар мусулман элдеринин бөштондукка чыгуусунун каражаты гана деп санашкан. XX к. башындагы Индиядагы халифаттык агым буга окшош позицияда болгон. Ошол эле учурда Осмон империясы үчүн П. идеясы султан Абдул-Хамид IIнин гегомондук умтулууларынын калканчы болуп калган. 1908-ж. младотүрктөрдүн революциясынын жеңишинен кийин П. түркизм жана *пантүркизм* менен айкалышып, биримдик жана прогресс партиясынын официалдуу идеологиясына курама бөлүк болуп кирди. Младотүрктөрдүн ишмердүүлүгүндөгү реакциячыл тенденциялардын күч алышы менен П. башка элдердин үстүнөн үстөмдүктүн тууралыгын негиздөө үчүн пайдаланышкан. Орусияда П. пантүркизм менен айкалышып, жадидизмдин негизин түзгөн. Жадидизм – кээ бир мусулман элдеринин Орусиялык самодержавие бийлигинен бошонуу, *саясий реформалар*, маданий-диний салт-санааларды сактоо жана өнүктүрүү үчүн буржуазиялык-либералдык кыймылы болгон. Падышалык Орусиянын мусулмандарынын чыныгы биримдигин чагылдыруу менен бирге П. мусулмандардын ортосундагы социалдык карама-каршылыктардын жана мусулман элдеринин жана мамлекеттеринин ортосундагы саясий-экономикалык карама-каршылыктардын жоктугун туура деген куру кыялдарды туудурган. Ошол эле мезгилде П. идеясы мусулман элдеринин мусулман эместер менен кандайдыр бир кызыгуусунун болуусун четке каккан. Бул болсо алардын аракеттеринин бөштондук күрөшүндө биригишине тоскоолдук кылган.

1917-ж. Октябрь революциясынан кийин, П. – Закавказьенин жана Орто Азиянын улутчулдарынын ураандарынын бири болгон. XIX к. аягында пайда болгон мусулман сепаратизминин идеологиясы XX к. башынан тартып Индияда мусулмандардын мамлекеттик же улуттук биригүүсүнө караганда диний биригүүсүнүн артыкчылыгы жөнүндөгү панисламдык идея менен жакындашкан. П-дин кээ бир жактоочулары *исламизм* менен христианчылыктын руханий жакындыгын эске алып, англиялык колонизаторлорго каршы күрөштү туура эмес деп эсептешсе, башкалары, Афганинин жолун жолдоп, бөштондук күрөшүнүн зарылчылыгын туура табышып, бул максатта башка диний коомдордун өкүлдөрү менен келишүүдөн кайра тарткан эмес. Бирок диний негизге басым көрсөтүү П-дин алгачкы улутчулдукка каршы багыттоосу мусулмандык улутчулдуктун идеясына жана Индияда эки улут – индус жана мусулмандардын болушун таануугa алып келген. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин П. негизинен бөштондукка чыгаруу мүнөзүн жоготуп койду. Көп учурларда капиталисттикке чейинки түзүлүштөрдө идеалдаштыруу жана реакциячыл феодалдык калдыктарды колдоо үчүн колдонулат. «Үчүнчү дүйнөнүн» өлкөлөрүнөн тилектештигине тоскоол болот. Себеби, бул же тигил өлкөнүн мусулман дүйнөсүндөгү артыкчылыктуу абалга умтулуусу менен коштолот. Кээде исламды башка өлкөлөргө таркатуу зарылчылык негизде да коштойт. Пакистанды курган соң, П-дин пакистандык идеологдору алгач мусулман дүйнөсүндө руханий үстөмдүккө кол созушса, андан кийин «идеалдык мамлекет» катары Пакистандын чек арасын кеңейтүү жолу менен саясий үстөмдүккө жетишүүгө чакыра баштаган. Акыркы мезгилде П. бир топ өзгөрдү. Эреже катары ал исламдык тилектештикке, эл аралык мусулман уюмдарын түзүүгө чакыруу түрүндө ишке ашырылууда. Алар мусулман эмес дүйнөнүн түрдүү таасирине каршы турууга жөндөмдүү болуусу зарыл деп эсептешет. Бирок бул уюмдарда исламдын тазалыгын сактап калуу үчүн (Сауд Аравиясы) айрым өлкөлөр өзгөчө ролго умтулууда.

ПАНСЛАВИЗМ – славян өлкөлөрүндөгү коомдук-саясий ойлордун агымы, ошондой эле Орусияда дагы. Мында славян өлкөсүнүн биринде же алардын топторунда же славян өлкөлөрүнүн бардык комплексинде келип чыккан курч социалдык-саясий көйгөйлөрдү чечүү үчүн славян элдерин этностук негизде бириктирүүгө умтулуу бир нече ирет байкалган. Ар кандай тарыхый мезгилде П. ар түрдүү саясий түскө жана бирдей эмес социалдык багытка ээ болуп, ыйгарым жана демократиялык чөйрөнүн көз караштары менен татаал өз ара мамиледе болгон. П. славян өлкөлөрүнүн коомдук-саясий жашоосунда иретсиз, туруксуз, бири-бирине каршы келе турган кубулуш болгон. П. XVIII к. аягында – XIX к. башында алгач Чехияда, Хорватияда, Сербияда жана Черногорияда, Орусияда XIX к. 30-ж. аягында пайда болгон.

ПАНТЕИЗМ (гр. – кудай) – дүйнө менен кудайды теңештирген философиялык окуу. П. Кудайдын кереметтүүлүгүн танып, аны табигый нерсе катары карайт. Бул түшүнүктү алгач ирет англ. философ Ж.Толанд (1705) колдонгон.

ПАНТЕОН (гр. – бардык кудайлар үчүн храм) – 1. Байыркы гректер менен римдиктерде бардык *кудай*ларга арналып салынган храм. 2. Тигил же бул диндеги кудайлар тобу. 3. Көрүнүктүү ишмерлердин сөөгү коюлган монументалдуу көрүстөн.

ПАНТҮРКИЗМ – бул түрк тилдеринде сүйлөгөн элдердин түпкү маданий-этностук тектештигин даңазалоо, аларды бириктирүү, түрк мамлекетинин карамагына баш коштуруу максатын көздөгөн XIX к. аягы – XX к. башында айрым түрк элдеринин арасында пайда болгон улуттук идеология жана кыймыл. XX к. башында Түркияда улуттук буржуазия табынын калыптануусу П. идеясынын кеңири жайылышын шарттаган.

ПАРАДИГМА (гр. paradeigma) – саясий реалдуулукту чагылдырган ыкмалар жана маалымат берүүчү принциптердин жыйындысы. Социалдык кубулуштардын берилген тобун түшүндүрүү модели. Бул же тигил П-ны иштеп чыгуу жолу менен изилдөөдө саясий кубулуштарды түшүнүүнүн баштапкы критерийлери, көрсөтмөлөр, ага ылайык фактылардын жыйыны жана интерпретациясы, маалыматты жалпылаштыруу жана системага келтирүү мүмкүнчүлүгү пайда болот. П. термини XX к.

20-ж. америкалык философ жана тарыхчы Кун тарабынан киргизилген. Мезгилдин өтүшү менен бул термин илимдин бардык тармактарына кеңири жайылган. Саясий турмуштун өнүгүү жолдорун жана түзүлүшүн түрдүү концептуалдык түшүндүрүү мүмкүнчүлүгүн сунуш кылуу менен бирге саясат таануу – мультипарадигмалык илим катары чыгат. Анын эволюциясы – өз ара жашоонун маңызы, П-нын жаңырышы жана алмашышы. Көп П-нын арасынан негизгилери бөлүнүп чыгышы мүмкүн. Алар саясаттын табигый булактарын түшүндүрүүдө диний философиялык, социологиялык жана жалпы илимий ыкмаларды пайдаланган-дыгын көрсөтөт. Саясатты түшүнүүнүн биринен-бири айырмаланган критерийлеринин мүнөзүнө жараша жеке концепциялардын жана П-лардын ылайык келген класстары калыптанат. Саясатты интерпретациялоо үчүн табигый, коомдук жана ички саясий факторлорду колдонуу көз карашынан теологиялык, натуралисттик, социалдык жана рационалдык сындоо П-сын бөлүп чыгууга болот. Теологиялык П. бийликтин табияттан тышкаркы жана провиденциалдык түшүндүрүлүүсү менен мүнөздөлөт. Натуралисттик П. геосаясий, биосаясий, психологизатордук ыкмаларды чагылдырат. Социалдык П. саясаттын булагы катары укук, мораль, экономика, маданият жана башка коомдук кубулуштарды көрөт. Рационалдык сындоо П. саясаттын пайдубалы деп бийликтин институттарын, элитаны, конфликттерди жана башка саясий кубулуштарды мүнөздөйт. Булардан тышкары саясий илимде ондогон П-лар бар.

ПАРАКОРЛУК – мамлекеттик бийликке, мамлекеттик кызматтын кызыкчылыгына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматына каршы эки башка кызматтык кылмыш курамын – пара алууну жана пара берүүнү өзүнө камтыган аталгы.

ПАРЕТО Вильфредо (1848–1923) – италиялык экономист жана социолог. Саясий илимге киргизген П-нун негизги салымы – элиталар теориясы. «Жалпы социологиянын трактатында» ал «Адамдардын жүрүм-туруму саясий философия, метафизика, теология сыяктуу анык булактар менен эмес, өз «калдык» деп аталган, терең тамыр жайган психологиялык стимулдар менен түшүндүрүлөт» – деген. П. «калдыктын» эки негизги табын белгилеп кеткен: 1-тап «комбинациялардын инстинкти», элестетүү, ойлоп чыгуу жөндөмдүүлүгү; 2-тап, «агрегаттардын туруктуулугу», башоң, консервативдүү тенденция. П. бардык коом башкаруучуларга (элитага) жана башкарылуучуларга бөлүнөт деп ырастайт. Башкаруучу элитадан карама-каршы сапаттардын болушун талап кылат. Башкаруу ийкемдүүлүккө, куулукка, ынандыруу күчүнө муктаж. Бирок ошол эле учурда ал оппозицияны басуу үчүн зордук-зомбулукту, күч пайдалануу-га даярдыкты талап кылат. П-го ылайык бул сапаттар эки карама-каршы психологиялык типтер – 1-тип – «түлкүлөр» жана 2-тип – «арстандарга» ылайык келип, кандайдыр бир элитада сейрек учурда гана айкалышат. Саясий өзгөрүүлөр элитаны алмаштыруу («элитанын циркуляциясы») жолу менен ишке ашат. Бул элиталардын башкарууну жүргүзүү үчүн психологиялык жараксыз болуп калышынын натыйжасында жүрөт. Саясий интригалардын жардамы менен эң сонун макулдашууга келүүчү «түлкүлөр» зарыл учурда күч колдонууга жөндөмсүз. Ошондо анын ордуна 2-типтин («арс- тандар») мүнөздүү белгилери бар контр-элита келет. Ал чечкиндүү иш-аракет жасоого даяр. Тарыхта элитанын бул эки түрүнөн циркуля- циясын күбөлөндүргөн окуялар көп кездешет.

ПАРИЖ КОММУНАСЫ 1871-ж. – Пролетарийлердин биринчи революциясы жана жумушчу табынын биринчи өкмөтү. 18-мартан 24-майга чейин Парижде өкүм сүргөн. Бонапарттык режимдин 1870–71-жж. франко-прусс согушунда жеңилиши, үчүнчү республиканын өкмөтүнүн элге, улутка каршы саясаты 18-мартта буржуазияны кулаткан Париж пролетариатынын көтөрүлүшүнө алып келген. 15–28-мартка чейин Улуттук гвардиянын борбордук комитети убактылуу революциялык өкмөт болгон. 28-мартта П. к-сы жарыяланган. П. к. буржуазиялык *мамлекеттик аппаратты* жоюп, жаңы типтеги мамлекетти – *пролетариат диктатурасын* орноткон. П. к. мыйзам чыгаруу да, аткаруучу да орган болгон. Туруктуу аскерлердин ордуна элдин куралданышы киргизилген (Улуттук гвардия). Дин мамлекеттен ажыратылган. Калктын кеңири катмарын материалдык чындоо, эмгекти коргоо боюнча бир катар иш-чаралар жүргүзүлгөн Француз банкын улутташтыруудан коркуу, Париждеги контрреволюциячыл күчтөрдү жоюуда чечкинсиз аракет кылуу, дыйкандар менен биригүүнү баалабоо П. к-нын кулашын тездеткен. 21-майда Версалдагы контрреволюциячыл күчтөр Парижде 28-майга чейин коммунарлар баррикадаларда салгылашкан. П. к. талкалоо контрреволюциялык террордун күчөшү менен уланган.

ПАРИТЕТ (теңдештик) (лат. partias – теңчилик) – тараптардын теңдештик өкүлчүлүгүнүн принциби. *Арбитраждык* соттогу эмгек талаш-тартыштарын макулдашуу тартибинде кароодо кеңири жолугат. П. теңчилик, тең ата, баасы бирдей, тең абал деген түшүнүктү билдирет.

ПАРЛАМЕНТ (англ. parliament, фр. parlement, parler – сүйлөө). П. – демократиялык мамлекеттердеги өкүлчүлүк кылуучу жана мыйзам чыгаруу жогорку органынын жалпы аталышы.

ПАРЛАМЕНТАРИЗМ (нем. parlament, англ. parliament, фр. parlement – parler – сүйлөө) – мамлекеттик бийлик системасы. Парламенттин чечүүчү ролу менен мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органдардын функциялары так бөлүштүрүлгөн. Парламент бул системада саясий күрөштүн субъектиси жана объектиси катары өлкөдө демократия тууралуу үстөмдүк кылган көз караш менен тыгыз байланышкан. П. мезгилинде парламент өкмөттү түзөт. Өкмөт анын алдында саясий жоопкерчиликте болот. Парламент өкмөткө ишенич көрсөтпөө укугуна ээ жана башкы саясий иш-чараларды өзү бекитет, П. мыйзам чыгаруу тармагында парламентти толук жана чексиз компетенция менен камсыз кылат. Бирок бул системада мыйзам чыгаруу демилгесинин укугу өкмөт, элдик демилге жана Конституцияда ушул укукка ээ болгон органдарда да болот. П. системасында президенттин ыйгарым укуктары негизинен өкүлчүлүк же протоколдук мүнөздө гана болот. Мамлекет башчысынын башкы ыйгарым укуктарын ал өкмөт менен макулдашып иш жүзөгө ашырат. Бир катар өлкөлөрдө нормалардын бузулушу катталган. Парламенттин ыйгарым укуктары көп учурда атайын делегацияланган мыйзам чыгаруучулуктун жардамы менен өкмөттүк бийлик тарабынан тартып алынган. Бул учурда өкмөттүн парламенттин алдында жоопкерчилиги формалдуу мүнөздө болот. П-ге каршы болгондой, мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтердин функциясы аралашып, мамлекеттик бийликтин бөлүнүшү так болбой калат.

ПАРЛАМЕНТТИК ПАРТИЯ – башка *партиялар* менен атаандаштыкта шайлоодо *бийликти* ала алган *саясий партия. Бийлик* органдарында өзүлөрүнүн өкүлдөрү тарабынан иш жүргүзүшөт, *конституциялык* нормага жетекчилик кылышат. Негизинен П. п. начар уюшулган түзүмдөргө негизделет. Бийликке келгенден кийин П. п. алдыңкы башкаруучу партияга айланат.

ПАРЛАМЕНТТИК РЕСПУБЛИКА – башкаруунун республикалык формасы. *Конституцияга* ылайык жогорку *бийлик* парламентке тиешелүү. Парламент өз алдынча министрлер кабинетин түзөт, премьерди шайлайт, конституциялык көзөмөлдүн органдарын жана башка мамлекеттик институттарды дайындайт. Эреже катары, азыркы П. р-да парламент *президентти* да шайлайт. Ал негизинен өкүлчүлүк жана кеңеш берүүчүлүк функцияларын аткарат, андан тышкары парламенттин ишмердүүлүгүнүн конституциялык нормаларга ылайыктуулугун көзөмөлгө алат. П. р-га мүнөздүү өзгөчөлүк – өкмөттөрдүн стабилсиздиги. П. р-да чыныгы *бийлик* парламентте көпчүлүктү түзгөн *партиянын* өкүлдөрүнөн түзүлгөн *өкмөтко* жана *өкмөт башчыга* (премьер-министр) тиешелүү болот. Мындай өлкөлөрдүн катарына Италия, Австрия, Швейцария, Ирландия, Индия ж.б. кирет. Кээ бир өлкөлөрдө (Франция, Финляндия, Португалия) *президенттик республика* менен П. р-нын белгилерин камтыган «аралаш» башкаруу формасы бар. Кыргызстандагы башкаруу формасы буга көбүрөөк окшошот: жалпы эл тарабынан шайланган президент *мамлекет башчысы* болуп эсептелет, ал эми

өкмөттүн ишин премьер-министр башкарат жана ал парламент тарабынан шайланат жана анын алдында отчёт берет.

ПАРСОНС Талкотт (1902–1979) – америкалык социолог. Социологиядагы аракет теориясынын жана системалык-функционалдык мектептин түзүүчүсү. Америкалык социология маанилүү даражада спецификалык, чектелген, эмпирикалык изилдөөлөрдү жүргүзүп жаткан учурда П. бүткүл көп түрдүүлүгү менен адамзат реалдуулугун камтыган жалпы аналитикалык логика-дедуктивдүү теориялык системасын түзүүгө аракет кылган. Антропологиялык функционализм жана тең салмактуулук теориясынын таасиринде болуп, П. коомдун жашоосунун жана стабилдүүлүгүнүн шарттарын анализдеген. П-тун структуралык-функционалдык ыкмасынын пайдубалы болуп каралган системага коюлган төрт негизги функционалдык талаптарды аныктоо эсептелет. Алар түрдүү системанын жашоосун жана сактоосун камсыз кылышат: адаптация, максатка жетүү, интеграция жана моделди колдоо. Социалдык системанын деңгээлинде адаптация функциясын экономикалык кичи система камсыз кылат, максатка жетүү функциясын – саясий, моделди колдоо функциясын – ишеним, ыйман системалары жана социалдаштыруу органдары (үй-бүлө, эл агартуу институттары ж.б.) камсыз кылышат. Кичи системалардын ар бири функциялардын бирин аткарууга адистештирилген катары каралат. Алардан андан кеңири системанын чектеринин сакталышы көз каранды. Ар бир кичи системанын ишмердүүлүгүнүн натыйжасы кеңири системага кирүү катары интерпретацияланышы мүмкүн. Өз кезегинде ар бир кичи система берилген кичи системага кирүү катары интерпретацияланган калган кичи системалардын ишмердүүлүгүнүн натыйжаларынан көз каранды. П-тун структуралык-функционалдык ыкмасы саясат таануучулар тарабынан саясаттын түрдүү проблемаларын анализдөөдө колдонушат. *Саясат таануудагы* бул ыкманын удаалаш өкүлү болуп *Алмонд* эсептелет.

ПАРТИКУЛЯРИЗМ (лат. particula – бөлүкчө) – биринчи кезекте жеке жана кичи топтук кызыкчылыктарды коргоого багытталган социалдык жана саясий активдүүлүктүн принциби. Бул өзгөчө, жеке же топтук максаттарды өзгөчөлөнтүүдө жана куугунтуктоодо байкалат. П. – бул ошондой эле *мамлекеттин* өзүнчө бир бөлүгүнүн же социалдык жашоонун ар кандай чөйрөсүнүн өз алдынчалыкка умтулуусу. П. инсандын юридикалык укуктарын камсыз кылууну, анын этностук автономиясын бөжомолдойт; бул планда ал – демократиялык өлкөлөрдүн жашоосунун мүнөзүнүн маанилүү бөлүгү болуп саналат.

ПАРТИЯЛЫК ТУТУМ – коомчулуктун саясий уюмдашуусун мүнөздөгөн, бир жагынан өзү дагы *саясий партиялар* менен мамлекеттин ортосундагы мамилелер аркылуу мүнөздөлө турган, экинчи жагынан – партиялардын саясий тутумдар менен жарандардын өз ара карым-катнашы аркылуу мүнөздөлө турган институт. Расмий тыюу салынгандыгына байланыштуу, болжол менен дүйнөнүн жыйырма чакты өлкөсүндө (Бутан, Оман, Катар, Кувейт, Сауд Аравиясында ж.б.) саясий партиялар жок. Калган мамлекеттерде бир партиялуу же көп партиялуу тутумдар бар. *Конституциялык* укук илиминде ар кандай тутумдар кездешет: бири артыкчылык кылган көп партиялуу тутум – «бир жарым партиялуулук» (Жапония, Мексика, Швеция), эки жетектөөчү партиясы бар тутум – «эки партиялуу» (АКШ, Улуу Британия), эки жетектөөчү партиясы бар, бирок анын бири такай кыйла майда партия (партиялар) менен түзүлгөн биримдикке таянууга аргасыз болгон тутум – «2 жана 1/2 партиялуу» (ГФР), көп П.т-дун өзү (Франция, Орусия, Кыргызстан). Дагы бир өзгөчө түрү катары партиялардын саны мыйзамда бышыкталган тутум (1966–1979-жж. Бразилияда, 1976–1990-жж. Сенегалда, азыркы учурда Нигерия менен Индонезияда жашап турат). Бир П.т-дар тоталитардык жана өкүмдар бийлик өкүм сүргөн өлкөлөргө мүнөздүү. Мында көп учурларда жападан жалгыз партиянын «жетекчи ролу» конституциялык бышыктоого ээ болот. Азыркы учурда бир партиялуу системалар КЭДРде, Вьетнамда, Лаосто, Кубада жашап турат. КЭРде көп партиялуулук сымак система жашап турат: чексиз бийликке ээ коммунисттик партия

менен бир катарда аны кыңк этпестен колдоочу дагы бир канча майда партиялар бар.

ПАРТОГЕНЕЗ (гр. genesis – келип чыгуу, пайда болуу, башталыш) – *саясий партиялардын* пайда болуусу, өнүгүүсү жана начарлоосу; партиялардын генезиси.

ПАРТОКРАТИЯ – 1) кайсы бир *партиянын* бийлиги; 2) башкаруучу партиянын жогорку, жетекчи катмары.

ПАСПОРТ (фр. passeport) – 1) КР жана башка бир катар өлкөлөрдө жарандардын инсандыгын күбөлөндүрүүчү жана жарандыгын тастыктай турган мамлекеттик расмий документ. КР аймагындагы П-тор: а) КР жарандыгынын П-у – өлкө ичинде колдонууга арналган; б) жалпы жарандык П. – республика чегинен сырткары жерде колдонууга арналган, КР аймагынан чыгууга жана КР аймагына кирүүгө укук берет; в) кызмат П-у – мамлекеттик кызматтын башкы же жогорку кызмат ордун ээлеп турган КР жарандарына берилип, кызмат иштери боюнча чет өлкөлөргө чыгууда колдонулат; г) дипломаттык П. – кызмат иштери боюнча чет өлкөлөргө чыкканда, КР жарандарынын инсандыгынын мамлекеттик органдарда жогорку кызмат ордун ээлей тургандыгын күбөлөндүрөт; 2) ишканалар, имараттар, курулуштар ж.б. объектилер (мис., турак жайга ээлик П-у) жөнүндө негизги маалыматтарды камтуучу каттоо же технологиялык документ.

ПАТЕРНАЛИЗМ, с а я с а т т а (лат. paternus – аталык) – «аталык камкордуктун», кайрымдуулуктун саясаты, идеологиясы. «Адамзат мамилелеринин» теорияларынын негизинде Америкада, Батыш Европанын өнүккөн өлкөлөрүндө, Жапонияда ишке ашырылат. П. XX к. 20-ж. АКШда «социалдык партнёрчулук» жана «социалдык дүйнөнүн» коомуна жетишүү мүмкүнчүлүгүн негиздөө үчүн пайда болгон. «Адамзат мамилеси» тейлоризмге каршы коюлуп: «Адам көңүл буруунун башкы объектиси», – деген талапты камтыган. Өндүрүштө материалдык стимул менен катар эле психосоциалдык факторлор: топтун биримдүүлүгү, жетекчи менен өз ара мамиле, жумушчу орундагы эң жакшы атмосфера, жумушчунун өзүнүн жумушу менен канааттануусу да чоң мааниге ээ экендиги белгиленген. П-дин теоретиктери формалдуу жана формалдуу эмес топтордун түшүнүгүн иштеп чыгышкан. Муну менен алар эмгектин оңтойлуу шарттарынын ишкананын жумушунун өндүрүмдүүлүгүнө жана эффективдүүлүгүнүн калыптанышына оң таасир бере тургандыгын билдиришкен. Ушул максатта жалданма жумушчуларга карата жүргүзгөн ишкерлердин саясаты өзүнчө бир катар социалдык-экономикалык, уюштуруу-техникалык иш-чараларды камтыйт. Анын ичинде материалдык кызыктыруу, жумушчулардын майда акцияларды ээлөөсүнүн негизинде ишкананын кирешесине катышуусу, спорттук-маданий-массалык, мектептик иш-аракеттерди каржылоо ж.б.у.с. жумушчунун ошол ишканада кармап кала турган жана анын ишинин эффективдүүлүгүн камсыз кыла турган иш-чаралар бар. Социалдык патронаж түрүндөгү П. авторитардык режим үчүн мүнөздүү. Аларда лидерге, алсыздардын колдоочусу – жол башчыга болгон ишеним кеңири таркалган. Ошондой эле түрдүү социалдык жардам, кайрымдуулукту пайдаланган демократтык каада-салттуу өлкөлөрдө пайдаланылат. Дүйнөлүк саясий ойдо көптөгөн кылымдардан бери, ал эми чыгышта – эки миң жылдан ашык убакыт жашап келген инсандын патерналисттик концепциясын Конфуций иштеп чыккан.

ПАТРИОТ, мекенчил (гр. patriotes – жердеш, мекендеш; patris – ата журт) – өзүнүн жашоосун мекендин кызыкчылыгына багындырган *инсан* (Патриотизм).

ПАТРИОТИЗМ (гр. patriotes – мекендеш; patris – ата мекен) – туулган жерди, ата журтту астейдил сүйгөндүк, ага каны-жаны менен берилгендик, бүткүл иш-аракети, ишмердиги менен аны коргоо, мартабасын көтөрүү, байытуу үчүн жан аябай кызмат кылуу идеясы, сезим, иш-аракет. Мекенинин ички турмушунун бардык тармагында ийгиликке жетишүүсүнө, эл аралык аренада кадыр-баркынын бекемделишине жана кубаттуулугунун өсүшүнө көмөк берет. П. кылымдар бою өзүнчө мекендеген жерлерде жашоочу адамдардын кызыкчылыгынын биримдүүлүгү, өз элинин тарыхый өткөндөгүлөрүн сыйлоо, жетишкендиктери

менен сыймыктануу жана ата-бабаларынын жана замандаштарынын бактысыздыгына, кырсыктарына, кетирген каталыктарына кайгыруу, жаңы прогрессивдүүлүккө жетүү үчүн активдүү ишмердүүлүк кирет. Чыныгы П-дин милдеттүү жагы болуп башка элдерди, алардын тилин, маданиятын, тарыхын сыйлоо эсептелет. П. улуттук *нигилизм* жана «квази-патриоттуулукту» эсепке албайт. Себеби алар өзүнүн улутунун артыкчылыгы тууралуу улуттук көз караштарды жалпы адамзаттыкына, ата мекендикти – интернационалдуулукка каршы койгон көрсөтмөлөрдү өзүнө камтыйт. Ошондой эле П. сепаратизм, улутчулдук, шовинизм менен эч айкалышпайт. Бул аномиялардын артында керт башынын кызыкчылыгын көздөшкөн, кызыкчылыктары тарыхый прогресстин тенденцияларына каршы келген коомдук күчтөр турат. Патриоттуулук деп чыныгы элдик жашоонун тереңинен чыккан, берилген тарыхый биримдүүлүктү түзүүчү реалдуу адамдардын жыргалчылыгы үчүн иштелип чыккан жана аракетке келтирилген саясат айтылат. Азыркы жашоо коомдо жана мамлекетте демократтык *реформа* жүргүзүүнүн милдеттерин чечүү жана коомду терең *кризистен* алып чыгуу боюнча бардык патриоттук күчтөрдүн бир элдик кыймылга биригүүсүн талап кылууда. Ал улуттук каада-салтты кайра жаратып жана байытып, башка элдер жана өлкөлөр менен түрдүү карым-катнашты бекемдөөгө жардам берет. «Манас» эпосунда П. адамдардын мүнөздөрүндө кеңири чагылдырылган адеп-ахлактык мыкты сапаттардын бири. Бул асыресе чыгарманын каармандарынын өз элинин, өз жеринин эркиндиги, көз-карандысыздыгы үчүн жан аябаган күрөштөрүндөгү, кыйын кезеңдердеги кажыбас кайратынан, майтарылбас эркинен, күжүрмөндүүлүгүнөн, жалтанбастыгынан, эрдикти көрсөтүүлөрүнөн таасын байкалат. П. муундан муунга уланып, улам жаңы мазмун менен байып, турмуштун, жашоонун ар түрдүү чөйрөлөрүндө орун алып келген. «Манаста» бул адамдардын турмуш-тиричилигинде, каада-салттарында, башка элдер менен ынтымакта болуу аракеттеринде ж.б. жактарда да чагылдырылган. Эпосто П., каармандык эли-жерин сүйгөн баатырлардын күчтүү сезимдери, иш- аракеттери, эркиндик, көз карандысыздык үчүн күрөштө айрыкча көрүнөт жана чыгармадагы негизги идеялык мазмундун өзөгүн түзөт. Патриоттук сезим эпостун негизги каармандарына өтө мүнөздүү көрүнүш. Кубаттуу мамлекетти башкарып турган Каракан дүйнөдөн өткөндө, анын эли-журту, мал-мүлкү, душман тарабынан катуу талоонго алынып, сегиз баласы ар тарапка куулат. Ошондо Жакып, Акбалта баштаган кырк үйлүү кыргыз алыскы Алтайга айдалып келишет. Берекелүү Алтай жеринде эл тез эле тынығып, эгин эгип, алтын казат, байыйт. Бирок, жергиликтүү калмак, манжуу төбөлдөрүнүн алык-салык салып, «келгин», «тентимиш» деп кодулап турушу ар дайым алардын намысына тийип, ылаажы болсо өз мекенине кетүүнү дайыма эңсешет. Манастын туулушу менен акыры эл көксөгөн улуу тилек, илгери үмүт ишке ашат. «Тууган жердин топурагы», «ата журттун асылдыгы» деген ыйык сезим, түшүнүктөр Манаста өтө эрте ойгонот. Ал он эки жашка толуп, эрезеге жеткенден баштап элдин көз карандысыздыгы, өз мекени – Ала-Тоого кайтуу үчүн күрөшкө баш коёт. Буга анын Алтай жеринде көрсөткөн эрдик иштери айкын күбө. «Чөптөй көп кытайдан» жүрөгү өлүп калган Акбалта менен Жакып Жолойдун зордугуна чыдап, кыздарды, малды тартууга берип, аман-соо калалык дешкенде Манас душманга багынгандан көрө согушууну, керек болсо өлүүнү артык көрөт:

Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетейин,
Кырк үйлүү кыргыз журт үчүн,
Курман болуп кетейин.

Каарданган Манас Дөңгө менен Жолойго катуу, эстен чыккыс кыргын согуш кылат. Бул жолку душмандын үстүнөн болгон жеңиш кырк үйлүү кыргызды да, Манасты да рухий-ыймандык жактан абдан чыңдайт, бекемдейт:

Күйүттүн баары ачылып,
Күптүүнүн баары жазылып
Ачылган жери жабылып,
Абийирдин баары табылып (СК, 1. 104).

Мына ушундан баштап Манас – Манас болуп, Манас атка конуп, «күйүттүү кыргыз кырк үйлүү, күтүп алар шер болуп», элинин

чыныгы тирегине айланат. Манастын патриоттук сезимдеринин ойгонушуна, бөтөн жерде өткөн кор турмуш менен катар, ага алгач таалим-тарбия берген акылман Акбалтанын Манаска эли-жерин туюнткан сандыргалуу накыл сөздөрү ага күчтүү таасир берет. Сезимин курчутат. Чечкиндүүлүгүн, жоодон кайра тартпаган жалтанбастыгын өркүндөтөт. Уюткулуу накыл кептерди Манас Кошойдон, Бакайдан, башка көптөгөн нускалуу карыялардан да угат. Өзүнүн көйгөйүндөгү оюн, түпкү ниетин, келечек максатын ачык айтат, кыйноого салган кытайдын кишенинен кутулууга, бул үчүн «арбын аскер курап», «аманат жандан кечип», «кырылышып» болсо да бабалардан калган жерди кайтарып алууга элди үндөйт, катуу чакырык таштайт. Ар бир эл мекенинде жашагандыгы жана анын гүлдөшү, келечеги үчүн эмгектенгендиги менен күчтүү жана бактылуу. Манас да чачылган, азган, тозгон элин ата журтуна кайра ээ кылгандыгы менен айрыкча патриот. Албетте, элге мындан артык жыргал, эл уулуна мындан ашкан сыймык жок! Ушул жерде эки нерсени белгилеп кетүү зарыл. Биринчиден, Манас «кыйын султан кандыкка» күч менен же атадан калган мурас катары эмес, элинин алдында сиңирген зор эмгеги, элдин мүдөөсүн орундатып, колдоосуна ээ болгондугу менен жетише алды. Экинчиден, «кан» дегенде дээрлик бут өмүрү ат үстүндө өтүп, каны-жанын элдин кызыкчылыгына багыштаган, анын эркиндиги, көз каранды эместиги үчүн күрөшкө башын сайып, бөтөнчө каармандык, баатырлык сапаттары менен айырмаланган чыныгы партиот көз алдыга тартылат. Элдин түшүнүгүндө, аң-сезиминде Манас – алты уруу элдин эле каны эмес, жалпы кыргыз калкынын медери, таянар тоосу, душмандардан сактаган чеби. Манастын ысымы менен эл сыймыктанып, душмандары сестенип турушат. Көкөтөйдүн ашында Манас келгенче кытайлар кыргыздарды түгөл кыйратып, олжолоп кете жаздайт:

Кулакты кесип култуйтуп,
Калың казып орлорду,
Кайнатып такыр шорлорду,
Төргө кудук казарда,
Төрт түлүктү чачарда,
Аябаган дүмөктү
Салып салган эмеспи,
Алакандай бурутту,
Ал кытайга кырдырбай
Алып калган эмеспи (СК, 2.71).

Манастын П-и эли-жерин терең сүйгөндүгүндө, бүт өмүрүн элдин көз карандысыздыгы үчүн күрөшкө арнагандыгында гана эмес, анын башка элдерге, ал түгүл каршылашкан өлчөмдүү душмандарына жасаган мамилесинен да ачык сезилет. Анын өз эли, өз жери үчүн тынчтык, бейкутчулук кандай маанилүү болсо, башка элдер үчүн да ошондой эле маанилүү. Деги эле адам баласын урматтоо, тең көрүү, өз элинин кызыкчылыгын башкалардын кызыкчылыгы менен бирдей кароо Манастын патриотизмин жалпы адамдык мазмун менен байытып, бөтөнчө таасирлүү кылып турат. Анын акыйкаттыгына, адилеттигине душмандары да тең берет. Анжияндын каны Алоокенин элди аёосуз эзип, «заарынан баары журт качып сандалып», «азабына жан түтпөй» калганда, Алоокеден куткарып алышын суранып, Манаска арман-азирет менен кайрылышканда Манас Алоокеге каршы аттанат. Өзү келип катылып, Манастан катуу талкаланган Шоорук кан Манаска бекер катылганына кейийт:

Кытайдан качкан качак деп,
Маңгулдан качкан байкуш деп,
Байкабай барып кол салдым.
Кол салбай куруп калсамчы

Балакетке чоң калдым! (СО, 2.216). Манастын иш-аракети негизинен жоокердик согуштук окуяларда көрүнөт. Ал баарыдан мурда баатыр, көптөгөн согуштук аракеттердин башчысы, демилгечиси. Чоң казатта кытайдын баскынчылыгынан элди куткаруну максат кылып, аны ишке ашырат. Бул жортуул эч качан басып алуучулук болгон эмес. Ошол жоокерчилик мезгилдин талабына, жашоонун турмуштук логикасына карата алганда, бул өзүн-өзү коргоо болгон. Б.а. элге тынчтык бербей, дайыма коркунуч туудуруп, мүмкүнчүлүк боло калса ыдык көрсөтүүгө даяр турган душмандын кол салуусун токтотууга, жоонун алдын-алууга жасаган аракет, о.э. Манастын эли-жеринин келечеги үчүн жасаган патриоттук озуйпасы болгон. Ошондуктан, Чоң казатка бара жаткан жолдо:

«жерди айтып бир кейип», «элди санап бир кейип» калкынын келечектеги тагдырын ойлоп бушаймандanat:

Кокустан өлүп кетсем Бээжинде
Биринин тилин бири албай,
Баш аламан кокуй эл
Бирөөн-бирөө көрө албай,
Ала болуп кетет бейм,
Анды жүргөн көп душман
Алакандай элимди
Түбүнө түгөл жетет бейм (СК, 2. 98).

Чыныгы жаран, чыныгы патриот гана Манасча элдин, мекендин кызыкчылыгын өз кызыкчылыгынан жогору коёт. Манастын П-унун бөтөнчө күчтүү жагы – анын адамдык эң мыкты сапаттары менен айкалышып тургандыгында. Мында анын айкелдүгүн бөтөнчө белгилеп өтүү өтө орундуу. Манастын накта баатырлык менен айкелдүктүн ширөөсүнөн бүткөн өзгөчө терең П-и анын бардык элдерге сүймөнчүктүү, жалпы адамдык бийик образын түзгөн. Эпосто П. башка каармандарга да мүнөздүү. Чыгармада П. жөнүндө сөз болгондо Манастын кырк чоросун, асырэсе Бакайды, Алмамбетти, Чубакты, Сыргакты, Каныкейди, Кошойду экинчи жана үчүнчү бөлүктүн Семетей, Айчүрөк, Күлчоро, Сейтек сыяктуу каармандарын айрыкча эске алуу зарыл. Манасты Манас кылган баатырлыгы, акылмандыгы менен элине чоң пайда келтирген, «карангыда көз тапкан, капилеттен сөз тапкан», даанышман: Бакай менен кайгысын тарткан эл-журттун, «үзүлгөндү улаган, чачылганды жыйнаган, ордо күтүп жан кылган, Айкөл Манас султанды ай-ааламга кан кылган» да ушул «калк энеси Каныкей». Каныкейдин патриоттук турпаты асыресе *кырк чорого* жоо кийим, жол азык даярдоодо, Семетейди аман алып калып, ага ата-тегин билгизип, эли-жерине ээ кылууда да Каныкей чон роль ойнойт. Бүткүл өмүрүн, бардык ишмердүүлүгүн элдин, мекендин кызыкчылыгына жумшоо менен чыныгы П-дин бийик үлгүсүн көрсөтөт. Ал эми Алмамбеттин образы П-тун өзүнчө бир көрүнүшүн чагылдырат. Ал – тагдырдын буйругу менен өз мекенинен, элинен алыста калган адам. Адилеттик үчүн күрөшүп, *бийлик* талашууда жеңилүүгө учурап, эли-жерин түбөлүк таштоого аргасыз болот. Акыры келип Манастан баана таап, ага ак кызмат кылат. Чоң казатта кыргыздын колун Бээжинге баштап барат. Бул анын өз элине чыккынчылык катары көрүнүшү мүмкүн. Чындыгында андай эмес. Ал элин-жерин чексиз сүйөт. Анын бир гана көксөгөн тилеги – кордук көрсөтүп, куугунтуктагандардан кегин, өчүн алуу. Тал-Чокуда Манаска дүрбү менен Бээжинди көрсөтүп, ичи эзилип, каңырыгы түтөп, чоң арман кылат. Жерин көрүп толкунданат, сүйүнөт, башынан өткөргөндөрүн ойлоп кейийт, күйүнөт, муңканат. Ал кыргыз, кытай элдеринин жакшылыгын эч унутпайт, эки элди бирдей сүйөт. Эпос- то Семетей, Айчүрөк, Күлчоро, Сейтек ж.б. көптөгөн каармандар жерин терең сүйүп, урматтаган адамдар катары сүрөттөлөт. Элинин биримдиги, бейпил турмушу үчүн ички жана тышкы душмандар менен жан аябай күрөшөт. Атасынан жаш калган Семетей өз жеринен кетип, таятасы Темиркандын колунда чоңоюп, ата-тегин билгенден кийин өз элине, өз жерине ээ болууда зор чечкиндүүлүгүн көрсөтөт. Атасы Манастын кунун кууп, Таласты камап чабуул койгон Коңурбайды өлтүрөт. Эпосто баатырдык, патриоттук иш-аракеттеринде Манас, Семетей, Сейтек жалгыз эмес, аларды колдогон, аларга ак кызмат кылган көптөгөн каармандар бар. Ошол каармандардын колдоосу, жардамы аркылуу гана эпостун башкы каармандары өзүлөрүнүн патриоттук иш-аракеттерин жүзөгө ашыра алышат. Мис., Төкөр уста Бөлөкбай жасаган не бир укмуш куралдардын жардамы менен элдик баатырлар касташкан жоосун жеңет, элин душмандан коргоп калышат.

ПАУПЕРИЗМ (лат. pauper – кедей, жакыр) – эмгекчи массалардын жакырдыгы.

ПАЦИФИЗМ (лат. pacificus – тынчтуучу) – XIX к. экинчи жарымында түзүлгөн, негизинен ар кандай согуштарга каршы чыккан эл аралык согушка каршы кыймыл.

ПЕРИШТЕ (фарс.) – *иудаизмде, христиан* дининде жана *ислам*дагы Кудайдын нурдан жаралган кызматчылары. Алар жыныстык жактан эркек-аялга бөлүнбөйт. Исламда Кудайга жакын делинген төрт периште бар, алар: Жебрейил – пайгамбарчылык алып келүүчү периште; Мекеил – ырыскы жана азык жеткирүүчү периште; Азреил – өлүм жана жан алгыч периште; Ысрафыл – акыр заман болоордогу сурнай тарткан периште. Иблис периштелердин имамы болгон делинет. Качан гана Алла-Таала *Адам* атаны жаратып ага жүгүн дегенде: мени оттон жараттың, аны топурактан жараттың – деп баш тартканы үчүн шайтанга айланган.

ПЕТИЦИЯ (лат. petitio – сураныч) – атуулдар тарабынан *мамлекеттин башчы*сына же бийликтин жогорку органдарына берилген жамааттык сураныч.

ПИКИР АЛЫШУУ – *саясий мамилелер*дин баштапкы учуру. П.а. жеке – ортомчусуз жана аралыктык, оозеки, ошондой эле документтердин, жазуу тилинин ортомчулугунда болуп бөлүнөт. П.а. процессинде *саясат*тын ар кандай субъектилеринин ортосундагы жеке адамдардан мамлекеттерге чейин, коом ичинде жана анын бөлүктөрүндөгү (кичи топтор, лидерлердин коомдоштугунда, каршылаштар, уюмдар ортосунда), ар кандай кырдаалдагы – спонтандык (толпада, митингде), уюштурулган (ишке байланыштуу мамилелерде, саясий эмгек ишмердүүлүгүндө), лидер жана массанын ортосундагы (жыйналышта, көчө жүрүштөрүндө ж.б.), ошондой эле тышкы саясий ишмердүүлүктөгү (эл аралык П.а.) байланыштар ишке ашат. П.а. – *бийлик*тин баштапкы керектүү актысы. Ар кандай формадагы П.а. таасир этүүнү, алмашууну (ойлор, көз караштар, таасирлер ж.б. менен), макулдашууну же потенциалдуу же болбосо актуалдуу *конфликт*ти билдирет. П.а-нун жеңилдиги, тыгыздыгы, активдүүлүгү коомдогу саясий мамилелерди, анын ачыктыгын, саясий жана жарандык маданиятты мүнөздөйт. Формалдуу жана формалдуу эмес П.а-нун катышы коомдогу *демократия*нын абалына баа берүүгө шарттайт. Эл аралык П.а-нун өнүгүүсү мамлекеттин эл аралык мамилелердеги салмагын, анын *авторитет*ин, активдүүлүгүн тастыктап турат.

ПИР (фарс. эски, кары, билерман кары) – түрк тилдүү элдердин мифологиясында ар кандай иштин колдоочусу. Түрк мифологиясында кеңири өнүккөн. *Ислам* дининин пайда болушу менен мусулман мифологиясында көптөгөн П-лер келип чыккан. Мис., иттин П-и – Кумайык, суунун П-и – Сулайман, койдун П-и – Чолпон-Ата, жигиттин П-и – *Шаймерден*, устанын П-и – Доотү, чечектики – Коросон Ата, табыптын П-и – *Улукман* ж.б. Элдер ошол П-лердин атына сыйынган, алар колдойт деп ишенишкен. «Манас» эпосунда П. өзгөчө касиетке ээ, баатыр, акылман адамды жылоолоп жүргөн, кыйын-кыстоо жерде аны колдогон. П. кээде колдоочу адамынын көзүнө көрүнгөн. Манас бала кезинде Ошпурдукунда козу кайтарып жүргөндө кырк чилтенге жолукканы (СО, 1. 94-98) анын тегин киши эместигинен кабар берет. Ошондуктан, эпосто Манас жоого каршы бараткanda андан дайыма арстандын сүрү көрүнүп, капталында жолборс чамынып, көсөө куйрук көк бөрү коштоп жүргөнү айтылат. Таласка келаткан Семетейди «Кан Манастын пирлери кошо колдоп калышынан» (СК, «Семетей», 1. 217) Манастын П-лери анын укум-тукумун да колдоп жүрөрү көрүнөт. Диний ишенимде П. *арбак* сыяктуу эле касиеттүү ыйык делип эсептелет. Ага: «Атасы эле, ээй, атандын Арбак үчүн, ээй, пир үчүн, Мен, амандаша калайын» (СК, «Семетей», 1. 241) деген сaптар күбө. Каныкей менен Чыйырды Манас өлгөндөн кийин алты айлык Семетейди алып, Букарга качып бараткан жолдо байтеректин түбүнө уктап калышат. Каныкей чочуп ойгонсо Семетей жок. Кундагынан суурулуп чыгып кеткен баланы он эки айры ак бугу эмизип турган болот. «Атасынын баласын колдоп эле жүргөн пири экен», Он эки айры бугунун эмчегин ээмп турган Семетейден ажыдаардын түрү, алтымыш эрдин сүрү көрүнөт (СК, «Семетей, 1. 50). Демек, ак бугу Семетейди төрөлгөндөн эле колдоп жүргөн П-и катары айтылат. Кээде зоболосу бийик, ашкере акылман, косом карыя, бирөөлөр ыйык туткан адамы да П. деп эсептелет. Аны эпостогу «Аман жүр Манас пирибиз» (СК, «Семетей», 1. 196) деген ондүү сaптар да далилдейт. «Пир туткан пириң болом деп, Билимдүү Кошой колуң бер!» – деп Манас Кошойду ага жолуккан күндөн баштап П-им деп тааныйт. Ал эми эпосто жолуккан «Он эки пирге кол берип» (СК, 1. 27), – деген сaптардан улам эпостогу он эки айры ак бугуну, он эки пирге кол берүүнү сандык

ишенимдер (ырым-жырымдар) менен байланыштырса болот. Он эки саны байыртадан эле сандын ишеним боюнча кемтиксиздиктин жана жыр- галдын, берекенин саны катары эсептелген. *Христиан* дининде 12 апостол болгон, жыл 12 айга бөлүнгөн ж.б. Ошондуктан, адамды колдоочу П-лер көп болсо да, анын он экисине кол берүү, он экисинин колдоосуна ээ болуу эпосто да диний ырым катары кабыл алынган. П-ге сыйынуу, анын атын ыйык тутуу эпосто кеңири орун алган. Ага эпосто көп жолугуучу: «Айкөл Манас кабылан, Шай колдогон эр эле» (мында «шай» деп жигиттин П-и Шаймерден жөнүндө сөз болуп жатат) же «Коросонго кой айтып, Баабединге бата айтып», – деген саптар күбө.

ПЛАТОН (б.з.ч. 427–347-жж.) – байыркы грек ойчулу. Адамзаттын «эң жакшы жашоо» маселеси жөнүндө тынчсызданып, П. аны акыл-эс ишке ашыра турган (бул мезгилдин ойчулдары үчүн акыл-эс каражат эмес, максат болгон) мамлекеттердин моделин түзүүнүн жардамы менен чечүүгө аракет кылган. П. үчүн идеалдуу мамлекеттин прототиби болуп, байыркы грециялык мамлекеттүүлүктүн негизги формасы, полис же шаар-мамлекет эсептелген. П-дун ою боюнча идеалдуу мамлекет барыдан мурда адамдын өлбөс жан-дүйнөсүн сактап калуу үчүн зарыл. Философ-моралист катары ал жердеги берекесиз, аянычтуу жашоого каршы чыгат. «Мамлекет» диалогунда П. алгачкылардан болуп, саясий формаларды мүнөздөөгө кайрылат. Ал саясий формалардын начарлары деп: тимократия, олигархия жана демократияны сүрөттөп кеткен. Акыркысын ал сөзсүз түрдө көпчүлүктүн тираниясына алып келе турган саясаттын башкы кырсыгы деп атаган. Мамлекеттин начар формасына П. идеалдуу мамлекетти каршы койгон. Идеалдуу мамлекетти – тандалган ойчулдардын акыйкаттуу башкаруусу катары сүрөттөгөн. П. «сейрек кездешүүчү бул адамдар» гана чыныгы билим менен ак ниеттүүлүктүн баасын билет деп эсептеген. П-дун саясий идеалында инсан, коом жана мамлекет полисте айкалышкан. Катардагы индивидге чыныгы билим тиешелүү боло албайт дегенге ишенип, П. аны мамлекетке баш ийдирүүгө умтулган. Ал тарбиялоо жана билим берүү системаларын катуу көзөмөлдөөгө алган катмарлардын бекем иерархиясын киргизген (жогорку тап): ойчулдар – башкаруучулар, жоокерлер жана күзөтчүлөр, кол өнөрчүлөр жана дыйкандар. Башкарылуучулардын жеке эч нерсеси: үй-бүлө, менчиги жок – бардыгы жалпы. Жогорку тап бийликте болгонуна карабай, «мамлекет сунуш кылган жыргалчылыктын биринен да пайдалана алышпайт». «Биз мамлекетти, – деп улантат П. – анда бирөөлөр гана эмес, бардыгы бактылуу болушу үчүн курабыз». П-дун саясий окуусунда тоталитаризмдин башатын көрүүгө болот. Бирок бир нече кемчилигине карабай анын ойлорунда мамлекеттүүлүктүн акылга сыярлык негиздерин, жогорку моралдык жан-дүйнөнү табууга мүмкүн.

ПЛЕБИСЦИТ (лат. plebs – жөнөкөй эл жана scitum – чечим, токтом) – эреже катары, белгилүү бир аймактын тагдырын чечүү максатында жарандардан сураштыруу. Кээ бир өлкөлөрдө (мис., Францияда) референдумдун түшүнүгү болуп саналат. Шарттуу-юридикалык көз караштан алганда П-тин жана референдумдун жол-жоболору дал келет.

ПЛУТОКРАТИЯ (гр. plutos – байлык + kratos – бийлик, кубаттуулук) – 1) байлардын бийлиги; 2) өлкөдөгү мамлекеттик *бийлик* эң бай өкүлдөрдүн кичине тобуна таандык болгон саясий түзүлүш. П. термини саясий түзүлүштүн өзгөчө формасы катары байыркы грециялык ойчул жана жазуучу Ксенофонттун «Сократ жөнүндө эскерүүлөрүндө» кездешет. Байыркы Грециянын бир катар шаар-мамлекеттеринде П. б.з.ч. VII–VI к. бай аристократ уруулук аристократиянын үстүнөн жетишкен жеңишинин натыйжасында орногон. П-нын эң көрүнүктүү мисалдарына байыркы кылымдардагы Карфагендин жана Орто кылымдардагы Венеция *республикасынын* мамлекеттик түзүлүшү кирет.

ПЛЮРАЛДЫК (көптүк) ВОТУМ – конституциялык укукта шайлоочунун бир нече жолу добуш берүү мүмкүнчүлүгү. XIX к. кеңири колдонулган – Улуу Британияда, Германияда жана Батыш Европанын башка бир катар

өлкөлөрүндө мындай тартип өкүм сүргөн: жаран өзү жашаган жердеги шайлоо тизмесине киргизилүү менен бир катарда анын кыймылсыз мүлкү жайгашкан, же ал жогорку билимге ээ болгондугу тууралуу диплом алган университет турган шайлоо чөлкөмүндөгү тизмеге да кошулган. XX к. өз маанисин жоготкон. Австралиянын жана Жаңы Зеландиянын кээ бир штаттарында гана сакталып калган, аларда ири менчик ээлери *жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына* шайлоодо бир канча добушка ээ.

ПЛЮРАЛИЗМ (nin-pluralis – көп түркүн) – саясий-укук теориясында экономикалык, саясий жана маданий турмуштун көп түрдүүлүгү менен субъектилерин камсыз кыла турган *жарандык коом* менен *укуктук мамлекет* түзүлүшүнүн түптүү негизин билдирүүчү түшүнүк. Демократиялык П. – чыныгы элдик бийликтин шартында адамдардын жүрүм-турумунда адеп-актык касиеттерди бекемдөө аркылуу коомдогу пикирлер менен көз караштардын ар түрдүүлүгүн эске алуу менен, өз ара пикир алышуу жана коомдук макулдашуулардын негизинде, жарандардын, ар кандай саясий топтордун, коомдук уюмдардын өз ара мамилелеринин тризи.

ПОЛЕМОЛОГИЯ (гр. согуш) – согушту жана куралдуу кагылышууларды изилдөөчү илим.

ПОЛИАРХИЯ (гр. poly – көп + archia – бийлик) – бүгүнкү күндөгү саясий илимге америкалык саясат таануучу Р.Даль аркылуу көбүрөөк даражада демократтык идеалга туура келген, реалдуу өкүм сүргөн *саясий режимдерге* мүнөздөмө берүү үчүн киргизилген түшүнүк. Р.Далдын ою боюнча, чыныгы дүйнөдө *демократиянын* бардык талаптарын толугу менен канааттандырган *саясий системалар* жок. Демократия деп, ал төмөнкү негизги мүнөздөмөлөрдү: уюмдарды түзүү жана аларга кирүү эркиндиги; өзүнүн ой-пикирин ачыкка чыгаруу эркиндиги; добуш берүү укугу; *мамлекеттик башкаруу* органдарына шайлоо укугу; шайлоочулардын добушу үчүн күрөштө саясий *лидерлердин* атаандашууга укугу; маалыматтардын альтернативдүү булактары; эркин шайлоолор; шайлоочулардын добушунан көз каранды өкмөттүк *институттар* ж.б. камтыган *бийликтин* тең бөлүштүрүлүшүн түшүнгөн. Бул мүнөздөмөлөрдүн бардыгын иш жүзөгө ашыруу, умтулуу керек болгон демократиянын идеалдык моделин сунуш кылат. Бирок дүйнөдөгү көп түрдүү саясий системаларды алардын демократташтырылышынын деңгээлине жараша баа берүүгө аракеттенүү үчүн эки негизги критерийди: тең укуктуу *элитанын* ачык, саясий атаандаштыгы жана калктын *саясий катышуусун* болуп чыгуу акылга сыярлык. Өзүнүн жарандарына өз кызыкчылыктарын кандайдыр бир дискриминациясыз ишке ашырууга мүмкүндүк берген реалдуу саясий режимдерди Р.Даль П. деп атаган. П. – саясий режим. Анын башкы белгилери: жарандардын саясий катышуусунун жогорку деңгээли, шайлоодогу (шайлоочулардын колдоосу үчүн күрөштү түрдүү топтордун жана саясий лидерлердин өнүккөн, ачык, саясий атаандаштыгы. Ошентип, П. – элдин атынан, элдин жардамы менен жана эл үчүн башкаруу эмес, азчылыктын башкаруусуна көпчүлүк макул болуп, көзөмөлдөгөн саясий система. Ошону менен жарандарды элитанын жоопкерсиздигинен жана өзүн билемдигинен сактаган гарантиялар да өкүм сүрөт. Р.Даль П-га барууга таасир тийгизген жети шартты бөлүп көрсөтөт: 1) саясий *реформалардын* тарыхый удаалаштыгы; 2) экономикалык бийликтин топтолуу деңгээли; 3) социалдык-экономикалык өнүгүүнүн деңгээли; 4) теңчилик-теңсиздик мамилелеринин мүнөзү; 5) субкультуралык айырмачылыктын тиби; 6) чет өлкөлүк кийлигишүү; 7) саясий лидерлердин ишениминин мүнөзү.

ПОЛИГАМИЯ (гр. – көп жана нике) – көп никелүүлүк. П. термини кээде көп аял алуучулукту түшүнүү үчүн да туура эмес колдонулат. Улам бири менен ажырашып, кайрадан үйлөнгөн көп аял алуудан айырмаланган П-га ылайык эркектин бир эле учурда бир нече аялы болот.

ПОЛИС (гр. polis, лат. civitas) – байыркы Грекия, байыркы Римде коомдун социалдык-экономикалык жана саясий уюмунун түрү; шаар-мамлекеттер. П-ти толук укуктуу жарандар (коомдун мүчөлөрү) түзүшкөн. Алардын ар бири жер менчигине ээ болуу укугуна жана саясий укуктарга ээ болгон. Шаардын калкы-

нын бир бөлүгү (метектер, париэктер, илоттор, эркиндикке жетишкендер, кулдар) П-ке кире алган эмес. П-терде бийлик түрдүүчө болгон (олигархия, демократия).

ПОЛИЦИЯЛЫК МАМЛЕКЕТ – коомдук түзүлүш үчүн колдонулган образдуу түшүндүрүү. Мында *бийлик* жарандардын социалдык, экономикалык жана саясий жашоосун катуу көзөмөлгө алууга (*репрессия*нын жардамы менен дагы) умтулат. П. м-те *мыйзам чыгаруучу* жана *аткаруучу бийлик* начар бөлүнгөн; мындай *мамлекет* көбүнчө тоталитардык же авторитардык белгилерге ээ. П. м-тин белгилери талашта болуп келет; ал эми мамлекеттер өзүлөрүн мындай аташпайт. Негизи П. м. термини жүрүп жаткан режимдин ички жана тышкы каршылаштарынын ортосунда колдонулат. П. м-ке мисал катары – *апартеид* доорундагы ТАР же Үчүнчү рейх мезгилиндеги Германия, ошондой эле согуштук *хунта* жүрүп жаткан кайсы мамлекет болбосун кирет. Идеалдуу П. м. сталиндик СССР болгон деген ойлор да бар, ал эми азыркы учурда Түндүк Корея П. м. болуп саналат. П. м. жарандардын жеке жана коомдук жашоосун катуу регламентациялоо (жарандардын турган жерин, кыймылын, жүрүм-турумун көзөмөлдөө), жашыруун кат жазышууну массалык бузуу, телефондон сүйлөшүүлөрдү, жолугушууларды, маектешүүлөрдү тыңшоо, *оппозиция*лык кыймылдардын даана жана потенциалдуу катышуучуларына, ишмерлерге тутумдук досье киргизүү менен айырмаланат.

ПОПУЛИЗМ (лат. popylar – эл) – идеялык жана *саясий кыймылдар*. Курч социалдык карама-каршылыктарды башынан өткөргөн коомдун кээ бир катмарларынын: фермерлер, майда буржуазия, төмөнкү квалификациядагы жумушчулардын социалдык-психологиялык күткөндөрүн, каалагандарын чагылдырат. Эреже катары, П. коомдун өнүгүүсүнүн *кризистик* мезгилинде пайда болот. Популисттердин катарына көбүнчө идеялык жана саясий багытын жоготуп, өзүлөрү үчүн өтө керек чечимдерди чыгартууга таасир бере турган бардык ыкма жана каражаттарды издеген адамдар киришет. Бул кыймылдарда көбүнчө харизматикалык *лидерлерге* тартылышат. Ал «Жөнөкөй адамдардын кызыкчылыгын» чагылдырып, «элдин добушуна» таянат. Биринчи популисттик *партия* АКШда 1891-ж. кээ бир фермердик союздардын жана жумушчу уюмдарынын бирикмеси катары түзүлгөн. Алардын негизги программалык талаптары: корпорациялардан ашык жерлерди алып, телефон жана телеграфты мамлекеттин менчигине өткөрүү, салыкты азайтуу жана салыктын прогрессивдүү түрүн киргизүү, 8 сааттык жумушчу күнүн киргизүү ж.б. болгон. Бардык популисттердин кыймылы үчүн жалпы болуп «тең мүмкүнчүлүктүн» принцибин кайра жаңыртуу эсептелет. Ага ылайык «бардык адамдар төрөлгөндөн тең». Алар «көзөмөлдөнгөн атаандашуу» концепциясын сунуш кылып, «чексиз индивидуалдуулукка» каршы чыгышат. П-ге *саясий аракеттердин* коомдук нааразычылык кампаниялары, митингдер, бийликтердин кээ бир аракеттерине (баалардын, салыктардын өсүшү ж.б.) каршы жүрүштөр сыяктуулар мүнөздүү. Солчул, гумандуулук тенденциялары менен катар П-де оңчул, консерватордук маанайлар да пайда болот. Оңчул-популисттик аң-сезимдин башкы өзгөчөлүгү болуп, социалдык *институттардын* көпчүлүгүнө терс мамиле кылуу. Оңчул популист, эреже катары, жетишкендиктерге умтулган жалданма жумушчу. Ал бардыгынан мурда турмуш-тиричилик чөйрөсүн бекемдөөгө аракет кылат. Бул аракеттери ишке ашпаган соң ал адаттагы институттарды жана моралды (үй-бүлө, дин, жашоонун түрдүүлүгү ж.б.) өзгөрүүсүз сактап калуу үчүн козголоңго чыгат. Популисттердин чыгуулары ошондой эле өзүлөрүнүн артыкчылыктарын жана бийлигин көбөйтүп, жөнөкөй эмгекчини унуткан *бюрократияга, мамлекетке* каршы болот. Демократтык жана консерватордук идеялардын, социалдык сындоонун жана мурунку «жакшы мезгилди» эңсөөнүн чырмалышы, өлкөнүн тагдыры жөнүндө тынчсыздануу жана идеологиялык догматтар түз *саясий аракеттерде* коркунуч туудурган «шумдуктай аралашманы» түзөт.

ПОСТИНДУСТРИАЛИЗМ – *индустриалдык коомдун* артынан эрчүүчү коомдун өнүгүүсүнүн жаңы стадиясынын теориясы. Мындай коомдо негизги роль тейлоо чөйрөсүнө, илимге, билимге берилет, ал эми ишмердүүлүктүн негизги объекти болуп маалыматты сатуу эсептелет.

ПОСТКОММУНИЗМ – өнүгүүнүн социалисттик моделинен коомдукка өтүүсү менен (базар экономикасынын принциптерине таянган) байланышкан мурунку социалисттик өлкөлөрдүн тарыхындагы спецификалык мезгилди билдирет.

ПРЕВЕНТИВДҮҮ (лат. praeventus – бир нерсени алдын-ала эскертүүчү, алдын-ала сактоочу) – окуялардын кооптуу өнүгүп кетүүсүн алдын-ала эскертүүчү аракет.

ПРЕЗИДЕНТ (лат. praesident – сөзмө-сөз: алдыда отуруучу) – *мамлекеттеги* жогорку кызматтагы адам, м*амлекет башчысы. Президенттик республикаларда аткаруучу бийликтин* да башында турат. П. башка мамлекеттик, коммерциялык жана коомдук органдарга жана уюмдарга кызматта туралбайт, ишкердик ишмердүүлүккө укугу жок. Кыргыз Республикасында П. эл депутаты боло албайт. Президенттик республикада П. түздөн-түз калк тарабынан, же *парламент* тарабынан шайланат. Жогорку өкүлчүлүк органы – парламенттен көз карандысыз. *Парламенттик республикаларда* П. түз эмес шайлоо жолу менен парламент же калк тарабынан шайланат. П-тин ыйгарым укуктарынын мөөнөтү жана аны кайра шайлоонун тартиби *Конституция* тарабынан бекитилген. Кызматка келгенде П. ант берет. Президенттик республикада кеңири ыйгарым укуктарга ээ: мыйзам чыгаруу демилгесине укуктуу, *вето* укугуна ээ; парламентке кат менен кайрылуу укугуна ээ, анын алдында жооп бере турган *өкмөттү* түзөт; указ, декреттерди чыгарууга укуктуу; өлкөдөгү бардык куралдуу күчтөрдүн башкы командачысы, элчилик кызматтарга дайындоону жүргүзөт; чет өлкөлөрдүн элчилик өкүлдөрүн кабыл алат; өзүнүн каалоосу боюнча министрлерди, бардык жогорку жарандык жана аскердик кызматкерлерди дайындайт жана алмаштырат. Парламенттик республикада П. парламентти таркатуу, анын ишинде тыныгуу жарыялоо, атайын сессияны чакыруу укугуна ээ. Президенттик республикада П. мындай укуктарга ээ эмес. Парламенттик республикада П. партиялык көпчүлүктүн фракциясынын *лидерине* же парламент коалициянын башчысына өкмөттү уюштурууну тапшырат; ал өкмөттүн кызматтан алынышын да көзөмөлдөйт. П-тин указдары өлкөнүн *мыйзамына* жана Конституцияга каршы болушу мүмкүн эмес. П. өлкөдөгү мыйзамдарды, конституцияны же болбосо өзү берген антты бузгандыгы үчүн кызматтан четтетилиши мүмкүн (*импичмент*). Кыргыз Республикасынын 1993-ж. 5-майда кабыл алынган *Конституциясында* «мамлекет башчысын, П-ти, жалпы эл шайлайт» (7-беренө) деп көрсөтүлөт. 43-беренеде «П. беш жылдык мөөнөткө шайланат. Бир эле адам катары менен эки мөөнөттөн ашык П. боло албайт. П. болуп жашы 35 менен 65тин ортосундагы, *мамлекеттик тилди* билген, П-ке талапкер катары көрсөтүлгөнгө чейин республикада 15 жылдан кем эмес жашаган Кыргызстандын жараны шайлана алат». 46-беренеге ылайык П. өкмөттүн түзүлүшүн аныктайт, *Жогорку Кеңештин* макулдугу менен Премьер-министрди дайындайт; Премьер-министрдин сунушу менен Өкмөт мүчөлөрүн дайындайт ж.б. 7-беренеде көрсөтүлгөн мамлекеттик *бийликти бөлүштүрүүдө Мадисондун* «кармап туруу жана тең салмактуулук» принцибин сактоого аракет кылынган.

2010-ж. 27-июнда кабыл алынган жаңы Конституциянын 61–62-беренелерине ылайык, Президент Кыргыз Республикасынын жарандары тарабынан түздөн-түз жана жашыруун добуш берүү аркылуу 6 жылга шайланат. Бир эле адам эки жолу катары менен Президент болуп шайлана албайт. Шайлоого катышуу үчүн потенциалдуу талапкер төмөнкүдөй талаптарга жооп берүүгө тийиш: башка өлкөлөрдө эч жарандыгы жок, Кыргыз Республикасынын гана жараны болгон, 35 жаштан төмөн эмес жана 70 жаштан жогору эмес, мамлекеттик тилди билген жана республикада жалпысынан 15 жылдан кем эмес жашаган, мурда соттолбогон же сот тарабынан укукка жөндөмсүз деп табылбаган Кыргыз Республикасынын жараны шайлана алат. Президент болуп шайланыш үчүн жеңип чыккан талапкер берилген добуштардын жарымынан көбүнө ээ болушу керек. Эгерде бир да талапкер жеңбесе, анда баарынан көп добуш

алган эки талапкер шайлоонун экинчи айланымына (туруна) катышат. Экинчи айланым (тур) шайлоонун жыйынтыктары расмий аныкталган күндөн эки жума өткөн мезгилден эрте эмес өткөрүлөт. Президенттин кызмат ордуна талапкерлердин саны чектелбейт. 30 миңден кем эмес шайлоочунун колтамгасын топтогон, шайлоо фондун түзүп, күрөөгө 100000 сом коюп, кыргыз тил сынагынан өткөн адам Президенттикке талапкер болуп каттала алат. Конституциянын 63,3-беренесине ылайык, Президент өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашырган мезгилде өзүнүн саясий партияга мүчөлүгүн токтото турат жана саясий партиялардын иштерине байланыштуу кандай гана болбосун аракеттерин токтотот.

ПРЕЗИДЕНТТИК БАШКАРУУ – 1) Конституцияга ылайык, өзүнчө алынган региондук администрациялык түзүлүштүн өзүн-өзү башкаруу институттарынын ишмердигинин токтотулушу жана башкарууну президент тарабынан дайындалган, ага баш ийип, отчёт берип туруучу өкүлдөр тарабынан, акыркы каражаттар аркылуу ишке ашыруу; 2) Конституцияда көрсөтүлгөндөй белгилүү бир мезгилге чейин демократиялык институттардын ишмердигин токтотуунун өзүнө камтыган, бүткүл мамлекеттин аймагында мамлекет башчысы – президентке өзгөчө ыйгарым укуктарды берүү. Эреже катары, П. б. мамлекеттин кайсы бир районунун чегинде же мамлекеттин бүткүл аймагы боюнча саясий абалды турукташтыруу үчүн киргизилет. Кээде турукташтыруу шылтоосу менен П. б. бир саясий топтордун позициясын бекемдөө, ал эми экинчилерин алсыратуу үчүн да пайдаланат. Саясий күчтөрдүн ачык каршылашуусун токтотуу үчүн, жаратылыштын, согуштун, эпидемиянын кырсыктарынын оор кесепеттерин тез арада жоюу үчүн, ж.б. учурларда П. б. киргизилиши мүмкүн.

ПРЕЗИДЕНТТИК ИММУНИТЕТ – *мамлекет башчысы* катары президенттин кол тийбестиги; ал өз кызмат ордунда турганда камалышы, кармалышы, сот жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн эмес дегенди билдирет. П. и. конституцияда каралган өзгөчө жол-жобо тартибинде (*импичмент*, кызматтан баш тартуу ж.б.) кызматтан четтетилиши менен бирге гана алынып салынат. Ошондон кийин *президент* кадимки тартипте сот жоопкерчилигине тартылат (АКШ, Бразилия, Венесуэла ж.б.), болбосо куугунтукка алуу биротоло токтотулат (Чехия). Францияда ж.б. кээ бир өлкөлөрдө президент мамлекеттик чыккынчылык кылган учурларда парламенттин уруксаты менен атайын сотко берилиши мүмкүн. КР Президенти КР Конституциясында белгиленген кол тийбестик укугуна ээ.

ПРЕЗИДЕНТТИК РЕСПУБЛИКА – башкаруунун республикалык формасы. П. р-да президент шайлангандан кийин олуттуу саясий өз алдынчалыкка ээ болот: Конституцияда көрсөтүлгөн өзгөчө абал болмоюнча кызматынан алынбайт жана мөөнөтүнөн мурда кайра шайланбайт; парламентти чакырууга жана таркатууга конституциялык укугу болот; АКШнын Конституциясына ылайык президент министрлер кабинетинин курамын түзөт жана анын башчысы болот; Франция Республикасынын жана Орусия Федерациясынын Конституцияларына ылайык, жалпы шайлоолордун жыйынтыгында же саясий күчтөрдүн өз ара мамилесинин өзгөрүшүнүн улам парламентте президенттин оппозициясы көпчүлүгүнө ээ болгондугуна карабастан, президенттер өздөрүнүн функцияларын уланта беришет. Керек болсо референдум*дун* жыйынтыктарына таянып же Конституцияда көрсөтүлгөн башка чараларга негизделип, президент парламентти таркатып, мөөнөтүнөн мурда кайра шайлоолорду өткөрүшү мүмкүн. Кыргыз *Республикасынын Конституциясына* ылайык Кыргызстан жарым П. р. Анткени, бүткүл эл тарабынан шайланган (61-63-беренелер) Президент *мамлекет башчысы* болот, бирок *өкмөт башчысы* эмес. Кыргыз Республикасынын Президентинин *бийлик-укугу* кескин чектелген жана ал 2010-ж. *Конституцияда* так көрсөтүлгөн.

ПРЕЗУМПЦИЯ (лат. praesumptio) – 1. мүмкүнчүлүккө негизделген божомолдоо; 2. факттын тескери далилденбегенге чейин юридикалык туура деп табылуусу.

ПРЕМЬЕР-МИНИСТРЛЕР, эгемен Кыргызстандын премьер-министрлери – Кыргыз

Республикасынын премьер-министри деген жогорку мамлекеттик кызматына биринчи келген Насирдин Исанов болгон, бирок ал *мыйзам* боюнча *өкмөт башчысы*нын бийлик-укуктарына ээ эмес, болгону биринчи-министр макамын алган. Ал бул кызматта 1991-ж. 21-январынан 29-ноябрына чейин, автокырсыктан каза тапканга чейин иштеген. Н.Исанов жөнүндө таза, *коррупция*га малынбаган, өз элине ниети ак, пейили түз, иштин көзүн билген кызматчы катары эл арасында жакшы сөз калган. Принципиалдуу, чынчыл, ак ниет жана ак пейил Н.Исанов эгемендиктин алгачкы күндөрүнөн эле *авторитардык режим*ди орнотууну, аткаруу бийлигин толугу менен колго алууну жана *Б.И. Бирштейн* менен бирдикте Кумтөрдүн алтынын бутага алган президент *А.Акаев* үчүн «не удобный» кадр болгон.

1991-ж. 29-ноябрынан 1992-ж. 10-февралына чейин, үч айга жакын Андрей Иордан премьер-министрдин милдетин аткаруучу болуп турган.

1992-ж. 10-февралынан 13-декабрына чейин, 10 айга жакын, Турсунбек Чыңгышев Кыргыз Республикасынын премьер-министри кызматында иштеп, «алтын маселесинен» улам кызматтан кеткен. 1992-ж. 3-декабрда Канаданын Торонто шаарында Кыргызстандын атынан алтын боюнча Келишимге кол койгон. Кийин кызматтан алынганына карабастан, Кумтөрдүн ызы-чуусу аны бүгүнкү күндө да улам такымдап ээрчип жүрөт. «Биздин өлкөдө жалкоолор менен акмактар гана уурдабайт» – деген сөзү менен элдин эсинде калган.

Эгемендиктин үчүнчү жылында 4-премьер-министр кызматына Алманбет Матубраимов келген. Ал 1992-ж. 13-декабрынан 1993-ж. 14-декабрына чейин, туура эле бир жыл бул кызматта иштеген. Ал кезде биздин коомдо эркин гезиттердин ооматы жүрүп турган. Ошол басылмалардын биринин – «Сиз кайсы гезитти кызыгып окуйсуз?» – деген суроосуна: – «Менин убактым аз, гезиттерди секретаршам окуп, анан мага керектүү жерлерин белгилеп алып келип берет» – деген жообу менен ал тарыхта калган.

1993-ж. 14-декабрынан 1998-ж. 14-мартына чейин, төрт жылдан ашык, Кыргыз Республикасынын 5-премьер-министри кызматында, мыйзам боюнча өлкөдө биринчи жолу өкмөт башчысы катары Апас Жумагулов иштеген. Ошондо эле өзү ээлеп турган Кыргыз ССРинин өкмөт башчылык бийлик-укуктарын президент А.Акаевге өткөрүп берген. Эмгегин баалап, 1990-ж. ноябрда акаевчилер Чүй облусун түзүшүп, анын башчылыгына А.Жумагуловду дайындашкан. Мына ушундан кийин А.Акаевдин өлкөдө авторитардык режимди орнотуу жүрүшү башталган. А.Жумагулов премьер-министр болуп турган жылдары легендарлуу парламент таркатылып, эки палаталуу парламент түзүлүп, Кумтөрдүн аферасына кенен жол ачылып, 1993-ж. 5-майда кабыл алынган Конституция бир күнү дагы толук кандуу иштебей, ал эки жолу референдум аркылуу түп-тамырынан бери өзгөртүлүп, Акаевдин авторитардык саясий режими толугу менен орногон.

1998-ж. 14-мартынан 23-декабрына чейин, 10 ай аралыгында – Кыргыз Республикасынын 6-премьер-министри катары – К.Жумалиев отурган. Мурда политехникалык институтта иштеп жүрүшкөндө профессор А.Акаевдин аспиранты болгондуктанбы, же «үй-бүлөгө» оту менен кирип, күлү менен чыкканынанбы, айтор, ал эл оозунда «лаборант» аталып, тарыхта ошол «лаборант премьер-министр» деген ат менен калган.

1998-ж. 23-25-декабрда 3 күн болсо да, расмий жарыянын негизинде 7-премьер-министр катары Б.Силаев иштеген.

Жумабек Ибраимов 1998-ж. 25-декабрынан 1999-ж. 4-апрелине чейин, 3 айдан ашыгыраак мөөнөткө Кыргыз Республикасынын 8-премьер-министри болуп иштеген.

1999-ж. 4-12-апрелинде премьер-министрдин милдетин аткаруучу болуп экинчи ирет, эми бир жума бою, Б.Силаев иштеген. Ушинтип ыгы келе калганда, тагдырдын тамашасы да, ара-чолодо жогорку мамлекеттик кызматка тура калып, бүтпөй жүргөн иштерин бүтүрүп, тегерегиндегилерди да капа кылбай, акыры ал Орусияга көчүп тынган.

Кыргыз Республикасынын 10-премьер-министри болуп А.М. Муралиев дайындалган. Ал бул кызматта 1999-ж. 12-апрелинен 2000-ж. 21-декабрына чейин иштеген. 2000-ж.

29-октябрда өткөн *президенттик шайлоо*до үчүнчү беш жылдык мөөнөткө шайланып аткан А.Акаев үчүн жакшы кызмат кылган. БШК президенттик шайлоонун акыркы жыйынтыгын А.Акаевдин туулган күнүнө, 10-ноябрга, белек катары тездик менен чыгарып берген. Ошол эле күнү, А.Акаев А.Муралиевди премьерликке анын талапкерлигин Жогорку Кеңешке көрсөтөөрүн билдирген. Бирок, А.Акаев премьерликке К.Бакиевдин талапкерлигин кошо коюп, аны өткөрүүгө парламент тарапка ишарат кылган.

Кыргыз Республикасынын 11-премьер-министри болуп, 2000-ж. 21-декабрынан 2002-ж. 22-майына чейин, К.Бакиев иштеген. Учурунда ал А.Акаевге ак кызмат кылган.. К.Бакиевди кызматтан кетүүгө мажбур кылган Аксы окуясы болгон.

2002-ж. 22-майынан 2005-ж. 24-мартына чейин өлкөнүн 12-премьер-министри болуп Н.Танаев иштеген. Бул мезгилде «үй-бүлөлүк-авторитардык» бийликти толук орноткон А.Акаев жана анын үй-бүлөсү үчүн мамлекетке премьер-министрлик кызматтын кереги деле жок болуп калгандай абал түзүлгөн. Албетте, Н.Танаев А.Акаеге саясий атаандаш эмес эле, өзүнүн бул «артыкчылыгын» ал жакшы билчү.

2005-ж. 25-мартта, кечээ тополондо ээси качып кеткенден кийин бош калган, премьер-министрлик орунга К.Бакиев отургузулган. Бул Кыргызстандын №13-премьер-министри эле. Укуктук баш-аламандык мезгилде М.Керимкулов да премьерлик орунга отурган учур болгон. Бакиев-Кулов тандеминин шартына ылайык К.Бакиев өлкөнүн президенти болуп шайланып, Ф.Кулов премьер-министрликке бекиген.

Ф.Ш. Кулов 2005-ж. 15-августунан 2007-ж. 29-январына чейин Кыргыз Республикасынын 15-премьер-министри болуп турган. Эгерде премьер Ф.Кулов өз ишинде принциптерге таянып, чечкиндүү жана адилет болгондо Бакиевдер мынчалык күчтөнбөйт беле деген ой кетет. Өзгөчө 2006-ж. ноябрь окуялары мезгилинде Ф.Кулов оппозицияга берген сөзүнө турганда, балким, окуя башка нукта өнүгөт беле.

Кыргыз Республикасынын 16-премьер-министри катары А.Исабеков болгону эки ай иштеген – 2007-ж. 29-январынан 29-мартына чейин. Кези келгенде эмне үчүн мындай болгонун балким өзү айтып берээр, азырынча андан ным кабар жок.

А.Атамбаев Кыргыз Республикасынын 17-премьер-министри болуп, 2007-ж. 29-мартынан 28-ноябрына чейин, 8 ай иштеген. Бакиевдер өлкөдөгү өтө курч саясий кырдаал мезгилинде А.Атамбаевди өз тарабына кошуп алуу менен оппозицияга каршы олуттуу сокку урган. Ошондо, оппозиция алсырап, Т.Сариевдердин үшкүрүгү таш жарган экен.

2007-ж. 28-ноябрдан 24-декабрга чейин, бир айга жетпеген мөөнөткө, Кыргызстандын 18-премьер-министринин милдетин И.Айдаралиев аткарып турган. Так ушул күндөрү 2007-ж. 16-декабрда эгемендиктин тарыхындагы эң ыплас *парламенттик шайлоо* болуп өткөн. Буга чейин бийликтин кызыкчылыгы үчүн жер-жерлердеги шайлоо участокторунда бюллетендерди урнага «оптом» салышып, протоколдорду оңдоп, бардык жерлерде ызы-чуу болчу эле. Бул жолу протоколдорду, шайлоочулардын добушунун реалдуу бөлүнүшүн *бийлик* карап да койгон жок. Ак үйдөн туруп гана парламенттеги депутаттык орундарды партиялардын ортосунда өздөрү каалагандай катнашта болуштүрүп коюшкан. Коомдук пикирге ылайык республика боюнча шайлоочулардын добушунун басымдуу көпчүлүгүн алган «Ата-Мекен» партиясына Ош шаарынын теңинин шайлоо участокторунда 0 добуштан алды деп парламенттен бир да орун бербей койгон ошондогу бийлик.

Кыргыз Республикасынын 19-премьер-министри болуп 2007-ж. 24-декабрынан 2009-ж. 21-декабрына чейин И.Чудинов иштеген. Өлкөнүн Президенти өз бийлигин эч ким менен бөлүшкүсү келбей калганда ушинтип өкмөт башчылыгына орус элинин өкүлүнөн дайындап калмай адаты бар эле. Бул жылдары президенттик ыплас шайлоо өткөрүлүп, К.Бакиев экинчи мөөнөткө мөөнөтүнөн мурда шайланган. И.Чудинов Кумтөр боюнча кен саткан келишимге кол коюп, ал үчүн, А.Атамбаев айткандай,

М.Бакиевге Кумтөрдөн 1 млрд доллар пара өндүрүп берген дешет.

Д.Усенов 2009-ж. 21-декабрынан 2010-ж. 7-апрелине чейин өлкөнүн 20-премьер-министри болуп турган. 1995-2000-жж. *Мыйзам чыгаруучу жыйын*дын 35 депутатынын бири болуп жүргөн Д.Усенов «18дин синдрому» тобунун жетекчиси катары да элдин эсинде калган.

2010-ж. 7-апрелде элдик революциядан улам түзүлгөн өлкөдөгү Убактылуу өкмөттү Р.Отунбаева жетектеген. Аны №21-өкмөт башчы десек болот. Анан утурумдук техникалык өкмөт (2010-ж. 14-июлдан 17-декабрга чейин) түзүлүп, анын жетекчилигине А.Муралиев дайындалган. Аны шарттуу түрдө өлкөнүн 22-премьер-министри деп туралы. Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрүнүн ишмердиги чечкиндүү жана адилет болгондо 2010-ж. өлкөнүн түштүгүндө орун алган кайгылуу окуялар болбой деле калмак экен деген жоромолдор алигиче айтылып жүрөт. Жаңы Конституциянын долбоору иштелип чыгып жана кабыл алынган.

2010-ж. 17-декабрынан 2011-ж. 25-сентябрына чейин, тогуз айга, эми экинчи жолу, Кыргыз Республикасынын 23-премьер-министри болуп А.Атамбаев иштеген. Президенттик шайлоого даярдыктар жок эле дегенде бир жыл мурда башталат деген аксиоманы эске алсак, анда А.Атамбаевдин ушул 9 айда негизинен кандай иш менен алек болгону айтпаса да түшүнүктүү эмеспи. Парламенттик республика башкаруу формасына ылайык парламенттеги көпчүлүктүн коалициясынын тандоо жолу менен шайланган биринчи премьер-министр.

2011-ж. 1-декабрынан 2012-ж. 24-августуна чейин республиканын 24-премьер-министри болуп Ө.Бабанов иштеген. У.Ташбаевге окшогон Максим Бакиевдин кадрлары кайрадан жогорку кызматтарга дайындалып, көрүнгөнүн көрүнөө, көмүскөсүн көмүскө, 2010-ж. апрель окуяларынан кийин алдырып жиберген «позицияларын» тездик менен кайрадан кайтара башташкан алар. Ө.Бабановдун ишке ашпаган «100 күндүк программасы» болгон.

Кыргыз Республикасынын 25-премьер-министри катары 2012-ж. 6-сентябрынан 2014-ж. 25-мартына чейин Ж.Сатыбалдиев иштеген. 1996–1997-жж. «Бишкек-Ош» автожолун реконструкциялоо жана эксплуатациялоо боюнча башкы дирекциянын башкы директору, 2006–2007-жж. Ош облусунун мамлекеттик администрация башчысы – губернатор, Президенттин түштүк регион боюнча өкүлү жана 2010–2011-жж. КР вице-премьер-министри – Ош жана Жалал-Абад шаарларын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча мамлекеттик дирекциянын башкы директору кызматтарын аркалап тургандагы иштери элдин эсинде көбүрөөк калган. Бул жолу да ал жалаң гана Кумтөр маселесин чечүү менен алектенип, кайтарым шарттары мамлекет үчүн өтө оор жана баасы өтө кымбат Жогорку Нарын ГЭСтерин, Түштүк-Түндүк альтернативдик жолду куруу долбоорлорун ишке ашырууну баштап кеткен.

2014-ж. 26-мартынан 2015-ж. 23-апрелине чейин Кыргыз Республикасынын 26-премьер-министри болуп Ж.К. Оторбаев иштеди. Илимдин доктору, бир нече чет тилдерди билген, дүйнөгө таанымал окуу жайларынан билим алган, мамлекеттик башкаруу боюнча билими да, тажрыйбасы да бар, дүйнөлүк банк сыяктуу абройлуу эл аралык уюмдарда эң жогорку кызматтарды аркалаган, жемкорлукка аралашпаган, жашоодо бекем принциптери бар мындай адамдын Өкмөт башчылыгына келиши менен кыргыз коомчулугунун көптөн берки тилеги ишке ашкандай эле болгон. Бирок ал деле мурдагы премьер-министрлерге окшоп, тамыры тереңдеп кеткен коррупциялык системаны жоё алган жок. Кыргызстандын Евразиялык интеграциялык бирикмеге – Бажы Союзуна, Бирдиктүү экономикалык мейкиндикке жана Евразиялык экономикалык союзуна кирүүсүнүн активдүү жактоочуларынан болгон. Өкмөттүн бир жылдагы ишмердиги боюнча отчетун Жогорку Кеңешке тапшыргандан кийин, 2015-ж. 23-апрелде Ж.К. Оторбаев өз ыктыяры менен Премьер-министрлик кызматын өткөрүп берген.

2015-ж. 30-апрелинен бери Кыргыз Республикасынын 27-премьер-министри болуп Т.А. Сариев иштөөдө.

ПРЕРОГАТИВА – кандайдыр бир мамлекеттик органга же кызматкерге тиешелүү өзүнүн гана укугу (исключительное право).

ПРЕЦЕДЕНТТИК УКУК (лат. – praecendentis – алдыда бараткан, мурун болуп өткөн) – 1) статустук укуктан айырмаланып, соттук прецеденттер түзгөн англо-америкалык өлкөлөрдүн укук тутумдарынын ажырагыс бөлүгү. П. у-тун алкагында эки бутак: жалпы укук жана адилеттик укугу түзүлгөн; 2) соттук прецедент укуктун негизги булагы болуп таанылган укуктук тутум.

«ПРОГРЕССИВДҮҮ ДЕМИЛГЕЛЕР ФОНДУ» коомдук фонду – 2012-ж. 19-декабрда коомдук ишмер жана меценат Салымбеков А.М. тарабынан негизделген. Фонд жаркын келечекке жол баштай турган жөндөмдүү жаңы муунду калыптандыруу, жаратмандык жана прогресске негизделген жаңы көз караш жана ойлордун багытын түптөө жана коомчулукта жоопкерчилик, биримдик идеясын жайылтуу максатын көздөйт. Эки жылга жетпеген аралыкта Фонд өз деңгээлинде коомго пайдалуу жаратман аракеттерди ишке ашырууга аракет кылды. Атап айтканда, Кыргызстандын идеялык картасы программасынын алкагында илимдин кадыр баркын арттырып, ата мекендик эксперттердин билими аркылуу жаңы прогрессивдүү көз караштарды калыптандырууга багытталган бир нече долбоорлорду ишке ашырды. Бул багытта Фонддун колдоосу менен бир нече атайын китеп жана колдонмолор басылып чыкты. Жаш окумуштуу, мугалим жана студенттерге эл аралык деңгээлдеги иш чараларга катышуусуна колдоо көрсөтүлдү. Атайын краудсорсинг платформасы түзүлүп, анын негизинде көптөгөн окумуштуу адистер мамлекетке керектүү коомдук документтерди иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк алышты. Ошондой эле Фонд тарабынан көптөгөн илимий жыйындар, тегерек столдор уюштурулуп мамлекетибиздеги орчундуу маселелер, чечүү жолдору каралды. Илимий чөйрө менен биргеликте иштелип чыккан мындай сунуш жана документтер мамлекеттик органдарга сунушталып, талкууланып келет. Ал эми эки жылдан бери уюштурулуп келе жаткан Кыргызстандыктардын Бүткүл Дүйнөлүк «Акыл Тирек» жарышы илимдин кадыр-баркын арттырып, даңазалап, жаш окумуштууларды элге таанытып, ЖОЖдордогу маанилүү программа жана эмгектерди коомчулукка таанытkан көпүрө болууда.

Бул эки жылдын аралыгында бүткүл өлкө боюнча 20дан ашык багыт боюнча 120дан ашык жаш окумуштуу илимге кошкон салымы үчүн «Акыл Тирек» наамына татып, коомчулукка таанытылды. Ал эми экономика жана башкаруу, социалдык тармак, илимий-техникалык ойлоп табууларды камтыган «Акыл Тирек» интеллектуалдык жарышына 230 дан ашык конкурстук иш келип түшүп, жеңүүчү окумуштуу эксперттер бир жарым миллион сомдук материалдык колдоого ээ болушту. «Акыл Тирек» сыйлыгынын өзгөчөлүгү болуп Фонддун негиздөөчүсү А.Салымбековдун демилгеси менен көрүнүктүү эксперт, илимий кызматкерлерди жана жаш окумуштууларды даңктап, эмгегин баалаган атайын «Акыл Тирек» китебинин басылып чыгарылышы болду. «Акыл Тирек» китеби илимий чөйрөдөгү жетишкендиктерин баалап коомчулукка жеткирүүчү атайын көпүрө болууда. Жаштар колдоого, туура жол көрсөтүүгө муктаж, ал эми мамлекетибиз таза жана жөндөмдүү жаңы муунга муктаж. Мына ошондуктан 2 жылга жетпеген Фонддун ишмердүүлүгүндө жаштардын билим дарametин арттырып, ишеним жараткан, алардын аң-сезимин жаратман бийик максаттарга бурган бир нече долбоорлор ишке ашты. Жаштарды колдоого багытталган иш аракеттер бир гана Бишкек шаарында жүргүзүлбөстөн өлкөбүздүн бардык аймактарында ишке ашып келди. Фонддун колдоосу менен жаштардын финансылык сабаттуулугун арттырууну максат кылган тренингтер Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Баткен шаарларында 4000ден ашык кишиге акысыз берилип, чоң колдоо тапты. Ошондой эле мектеп окуучуларына багытталган «Менин гениалдуу балам» китеби Фонддун демөөрчүлүгү менен Бишкек шаарынын жаңы конуштарындагы жана аймактардагы 2500дөн ашык мектеп окуучуларына бекер таратылып берилди. Аймактардан келген абитуриенттерге колдоо көрсөтүү максатында Кыргыз экономикалык университетинин студенттеринин демилгесин колдоп 1000ден ашык атайын билим карталары басылып чыгарылып, акысыз тарка-

тылды. Мамлекеттик тил жана жеткинчектерди тарбиялоого кам көрүү максатында Фонддун негиздөөчүсү А.Салымбековдун колдоосу менен кыргыз тилинде А.Кыязовдун башкы редакторлугу астында балдар үчүн «Айтумар» журналы 2500дөн ашык нуска менен жарыкка чыгып, жеткинчектердин колдоосун тапты.

Жогорудагы белгиленген иш-аракеттер менен чектелбей Фонд жаштарга багытталган үч ири долбоорду ийгиликтүү алып барууда. Биринчиси – «Кыргызстандын Жаш лидерлери» аттуу коомдук мектебин ачып, өлкөбүздүн бардык жогорку окуу жайларынан алдыңкы делген 200дөй жаш улан кызга ЖОЖдордо берилбеген ишкерчилик, финансылык сабаттуулук, лидердик сапат сыяктуу багыттарда 3,5 айлык акысыз билим берип жана билим алган жаштар аркылуу башка муктаж болгон жаштарды окутуу максаты коюлган. Экинчиси – мекенге кайдыгер карабаган жаштардын «Ак Дил» ыктыярчылар кыймылын түзүп, ал аркылуу жаштардын аң-сезиминде башкаларга жардам берүү, мекенге кызмат кылуу сезимдерин калыптандыруу болгон. Үчүнчүсү – «Кыялымдагы Кыргызстан – өлкөнүн өнүгүү модели» аттуу теле сынак аркылуу долбоор жазып ишке ашырууну каалаган жаштарга өз кыялын ишке ашыруу үчүн алгачкы колдоо көргөзүү жана ошондой эле жаштар арасында туура багытта жаратман нерселерди кыялдануууну калыптандыруу аракети болгон.

ПРОЗЕЛИТИЗМ (гр. – каратылган, өз ордун тапкан) – башкаларды өз ишенимине каратууга умтулуу, ушундай максатка жетүүгө багытталган ишмердик. Дүйнөлүк диндердин өнүгүшүнүн тигил же бул баскычында П. орун алгандыгы анык. Алсак, христианчылыктын алгачкы баскычында П. күчтүү болгон. Чокундуруу ырымы абдан эле жөнөкөй, жада калса байыркы Орусиядагыдай массалык түрдө чокундуруу жолу менен жалпы орус эли христиан динин кабыл алышкан. Заманбап христианчылыкта П. терминиин ордуна «миссия» сөзү көбүрөөк колдонулат. СССР кулагандан баштап П. өтө эле жигердүүлүктү көрсөтүп, сан жагынан тездик менен көбөйүп келаткан диндик топтордун катарына Иеговдордун Күбөөлөрү кирет. Алар каратылгандарга чокундурууну бекер уюштуруп гана тим болбостон, аларга материалдык жардам бергендиктери жөнүндө эл арасында айтылып жүрөт. Диндин бул тобуна эгемендик жылдарында миңдеген кыргыздар каратылгандыгы жөнүндө ар кыл маалыматтар кездешет. *Ислам* башынан эле күчтүү П. диндеринин катарына кирет. Эгер адам күбөөлөрдүн көзүнчө үн чыгарып шахада (*Алладан башка кудай жок, Мухаммед* анын үмөтү) айтса, анда ал ислам динине каратылды деп эсептелинген. Адамдар төрөлгөндөн эле *мусулман* болуп төрөлүшөт, бирок айрымдары кийин адашып кетет, аларды чыныгы динге «кайтаруу» керек деген сыяктуу көз караш бүгүнкү исламда орун алып келүүдө. Кыргызстандагы эгемендиктин алгачкы жылдарында *даават* кыймылынын кеңири таралгандыгы байкалган.

ПРОКУРАТУРА (фр. procureur, лат. procuro – кам көрүү) – бардык министрликтер, мамлекеттик мекеме, уюм, бирикме, кызмат адамдары, жарандар тарабынан мыйзамдардын так аткарылышын көзөмөлдөөнү иш жүзүнө ашырган органдардын тутуму.

ПРОЛОНГАЦИЯ (фр. prolongation – узартуу) – келишимдин иштөө мөөнөтүн келишим түзүлүп жатканда каралган мөөнөттөн ары узартуу. П. эки ыкма менен ишке ашырылат: а) келишим мөөнөтүн белгилүү бир мөөнөткө чейин узартуу жөнүндө атайын макулдашуу (протокол) түзүлөт; б) узартуу шарты келишим текстине киргизилет (адатта анда төмөндөгүлөр камтылат: эгер келишимге киргизилген мөөнөт бүткөнгө чейин келишимге кирген тараптардын бири тарабынан келишимден баш тартуу тууралуу билдирүү түшпөсө, келишим белгиленген мөөнөткө чейин узартылган болуп эсептелет).

ПРОПАГАНДА (лат. propaganda – таратууга, жайылтууга ээ) – ишмердүүлүк – оозеки же массалык маалымат каражаттарынын жардамы менен коомдук аң-сезимде идеяларды популяризациялоону жана жайылтууну ишке ашыруу (кара: *Агитация*).

ПРОФЕССИОНАЛДЫК УЮМДАР, саясатта – азыркы коомдогу түрдүү социалдык жана профессионалдык катмарлар-

дын жана топтордун социалдык-экономикалык жана корпоративдик кызыкчылыктарын чагылдырган бирикмелер жана союздар. Саясий уюмдар (партиялар) азыркы жарандык коомдун пирамидасынын чокусунда турса, анын экинчи, кеңири катмарын профессионалдык жана корпоративдик уюмдар түзөт. Алар саясий партиялардын түздөн-түз көзөмөлүндө же кыйыр таасиринде болушу мүмкүн. Ошонун натыйжасында өзүлөрүнчө түрдүү даражада саясатташкан же партиялардан көз карандысыз аракет кылышы мүмкүн. Профессионалдык союздар массалык уюм. Алар өндүрүштөгү ишмердүүлүктүн түрү, кызмат кылуу жана маданий чөйрөдөгү жалпы кызыкчылыгы жана аларды коргоо маселелери менен байланышкан жеке жана мамлекеттик сектордун (азыр полиция менен аскерлер) жалданма жумушчуларын бириктирет. Алгач алар түрдүү типтеги өз ара жардамдашуу коомдорунун мүнөзүн алып жүрүшкөн. Уюмдашкан күч катары П. у. мамлекет жана ишкерлер менен өз ара мамилелеринде чартизм (XIV к. 40-ж. Англия), Силезия окуучуларынын көтөрүлүшүндө (1844-ж.) жана Лион көтөрүлүшүнөн (1831–34-ж. Франция) бери көрсөтүп келүүдө. Бирок профсоюздарга биригүүгө каршы мыйзамдар ага чейин эле пайда болгон (Ла Шапельенин мыйзамы, Франция, 1791). Чындыгында бул мыйзам өндүрүштүн өнүгүшүндө тоскоолдук кылган биригүүнүн цехтик жана корпоративдик формаларына каршы багытталган. Профсоюздар мүчөлөрүнүн социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын коргоо механизми катары түзүлгөн. Эмгек акы деңгээлин жана эмгек шарттарын аныктоочу коллективдүү келишимдердин системасы аркылуу иш жүзөгө ашырылат. Өндүрүштүн таатаалдашы менен социалдык конфликттердин деңгээли жогорулаган. Профсоюздар жалданма жумушчулардын социалдык-экономикалык абалына тийиштүү, өндүрүштүн өнүгүүсү боюнча маселелерди чечүүгө коллективдүү келишимдердин аткарылышын, жалпысынан өндүрүштүн өнүгүшүн көзөмөлдөөгө катышууну талап кылышкан. Социалдык-экономикалык кызыкчылыктарды коргоо каражаттарын тандоо боюнча профсоюздар агымдарга бөлүнгөн.

Алар өндүрүштү көзөмөлдөөнү максималдуулукка чейин кеңейтүү жана конфликттин формасын же сүйлөшүүлөр аркылуу бул максаттарга жетүүнүн тынчтык ыкмаларын тандап алышат. Мамлекетке жана ишкерлерге басым жасоо формасы салттуу формага айланган: сүйлөшүүлөр, коллективдүү келишимдер, түрдүү формадагы иш таштоолор. Өткөндө эмгек менен капиталдын кызматташтык формасы катары тармактык жана жалпы улуттук коллективдик келишимдер көпчүлүк орунда болгон. Акыркы жылдары жумушчу таптын адаттагы отрядынын кыскарышы жүрүп, жаңы социалдык-профессионалдык топтор пайда болот. Илимий-техникалык революциянын таасири менен эмгектин мүнөзү жана маңызы өзгөрүп жатат. Массалык-тармактык жана жалпы улуттук-профессионалдык уюмдардын ролу тез төмөндөгөн. Өлкөнүн, тармактын, ишкананын масштабында тар профессиялык топтордун кызыкчылыгын коргогон автономиялык профсоюздардын ролу жана таасири жогорулаган. Профессионалдык союздардын саясатташтыруусунун даражасы көптөгөн факторлорго көз каранды. Мис., алар партиялар менен түзүлгөнбү же өзүнчө пайда болгонбу, өзгөчө шарттарда саясий ролду ойноого умтулабы же өзүлөрүнүн өзгөчө функциясын эле аткарабы. Эреже катары, бул уюмдар саясий функцияларын социалдык-саясий кризистеринин шарттарында партиялар менен тыгыз байланышта иш жүзүнө ашырылат. Бул мезгилде саясий партиялар да кризис абалында болот. Мис., Франциядагы 1968-ж. «кызыл май» учурундагы жана Италияда 1969-ж. «сыск көздөгү» профсоюздун саясий ролу. 70-ж. кризис учурунда Италиянын ишкерлеринин уюму саясий ролду ойноого аракет кылган. СССРдеги шахтёрдук стачка комитеттеринин (1989–1990-жж.), кийин Орусия тоо-кенчилеринин көз карандысыз профсоюзунун, 1993-ж. май–июндагы Украинада Донбасстагы шахтёрлордун иш таштоолорунун аракеттери акыркы мезгилдеги мисалдар болуп эсептелет. XVIII к. аягы – XIX к. башында жалданма жумушчулардын тилектештик уюмдары менен катар тармактык, аймактык жана улуттук белгилер боюнча иш-

мерлердин корпоративдик-профессионалдык уюмдары түзүлө баштайт. Профсоюздарга каршы күрөш менен катар алар чет элдик атаандашуудан улуттук ишмердикти коргоону, мамлекеттин ички жана тышкы саясатына таасир кылууну максаты деп алышкан. Алгачкы ишкерлердин жалпы улуттук уюму болуп АКШнын өнөр жайчыларынын Улуттук ассоциациясы (1895-ж.) түзүлгөн. Андан соң Британдык өнөр жайчылардын федерациясы (1916-ж.), Француз өнөр жайынын жалпы конфедерациясы жана Германия өнөр жайынын Империялык союзу (1919-ж.) түзүлгөн. Ишкерлердин корпоративдик-профессионалдык уюмуна улуттук Соода палаталарын да киргизүүгө болот. Бул бирикмелер мамлекетке, жалданма жумушчуларга жана алардын уюмуна басым көрсөтүү топторунун ролун ойношкон. Ишкерлердин улуттук уюмдары буржуазиянын түрдүү отряддарын бириктирүү менен бирге өз ара атаандашышат. Бирок көп учурда өзүлөрүнүн ишмердүүлүгүн функцияларды бөлүштүрүү аркылуу иш жүзүнө ашырышат. Функциялардын бөлүнүшүнө АКШнын уюмдары мисал боло алат: АКШнын өнөр жайчыларынын Улуттук ассоциациясы жалпы экономикалык саясатты түзүү, ал эми Соода палатасы социалдык саясатка ылайыкташкан эмгек шарттарынын эмгек акысынын маселелери менен алек болушат. Мамлекетке жана партиялык-саясий аппаратка басым көрсөтүү саясий партияларды каржылоодо гана эмес, *мамлекеттик аппараттын* адистерин калыптандырууга катышууда да жатат. Акыркы мезгилде ишмердүүлүгү улуттук чектен чыккан ишкерлердин ири уюмдарына: Соода палаталары, АКШнын өнөр жайчыларынын Улуттук ассоциациясы, Британия өнөр жайынын Конфедерациясы, Француз ишкерлеринин Улуттук Кеңеши, италиялык өнөр жайдын конфедерациясы, германдык жумуш берүүчүлөрдүн Союзунун Федералдык бирикмеси, герман банктарынын Федералдык союзу ж.б. кирет.

ПУТЧ – армиянын (же болүктөн) же офицерлердин бөлүгүнүн күч колдонуу менен өкмөттү кулатуусу. Коомдук-саясий ситуация, баш ийген топ, баш ийүүдөн баш тарткан, бирок кандайдыр бир абалды өзгөртүүдө так максатты коё албаган учур.

Р

РАДИКАЛИЗМ, саясий (лат. radicalis – түп-тамырынан) – социалдык кайра куруулардын иш жүзүнө ашырууга багытталган, чечүүчү чараларды колдоп жана пайдаланган теория жана саясий практика. Радикалдык топтор жана кыймылдар өзүлөрү демилге көтөргөн өзгөртүүлөрдөн терендеши жана масштабы менен айырмаланышат. Өтө радикалдык *саясий кыймылдар* саясий *экстремизм* катары мүнөздөлөт. Р. коомдогу структуралык өзгөрүүлөр, кээ бир социалдык топ жана катмарлардын абалына таасир тийгизген кризистик мезгилдерде жанданат. Капитализм орноп жаткан мезгилде Р. буржуазиялык *революциянын* идеологиясы, феодализмге каршы, иерархиялык коомдун салттарына каршы демократтык *реформаларга* жетүү үчүн күрөштүн формасы катары чыккан. XIX к. экинчи жарымынан тартып антиимпериалисттик багыттагы Р-дин жогорулашы байкалган (анархизм, *коммунизм*) XIX к. аягы – XX к. башында буржуазиялык коргоочу (ультрапатриотизм) жана корпоративдик (фашизм) маанидеги радикалдык агымдар келип чыккан. 1960–70-жж. Батыш өлкөлөрүндө болуп өтүп, ортоңку катмарлардын кызыкчылыктарын көздөгөн технологиялык революция «жаңы солчул» кыймылдардын келип чыгышын шарттаган. Алар Батыш коому менен катары «чыныгы социализмди» радикалдуу сынга алган. Көптөгөн өнүккөн Батыш өлкөлөрүндө калктын көпчүлүгүнүн экономикалык жетиштүүлүгү, социалдык *кызыкчылыктарын* ырастаган *демократияга* жетүүсү азыркы мезгилде Р-ди *саясий турмуштун* чет жакаларына сүрүп чыгарган. Жашоонун төмөнкү деңгээли, социалдык *конфликттер* жана саясий туруктуулугу жок мамлекеттерде Р. кеңири жайылган жана кийинки өнүгүү тенденцияларын сактоодо. Кыргызстандын калкы өз башынан, терең социалдык-экономикалык *кризисти* кечирип жаткан мезгилде коомдун саясий турмушунда радикалдык багыттар жанданууда.

РАЗЗАКОВ Исхак (1910, Баткен обл., Лейлек р-ну, Коросон кыш. – 1979, Бишкек) – мамлекеттик жана партиялык ишмер. 1940-ж. КПССтин мүчөсү. Шахтёрдун үй-бүлөсүнөн. 1918-ж. Ленин-Абаддагы балдар үйүндө тарбияланган. Ташкендеги педтехникумду (1931), Москва пландоо институтун (1936) бүтүрүп, 1936–38-жж. Өзбек ССР мамлекеттик пландоо комитетинде экономист, 1939–41-жж. Өзбек ССР эл агартуу комиссары. 1940–44-жж. Өзбек ССР Эл комиссарлар советинин төрагасынын орун басары. 1944–45-жж. Өзбекстан КП БКнын пропаганда жана агитация боюнча секретары, Өзбекстан КП БКнын бюро мүчөлүгүнө кандидат. 1945–50-жж. Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы. 1945-ж. Кыргызстан КП БКнын мүчөсү, кийин бюро мүчөсү. 1961-ж. августтан СССР мамлекеттик экономика советтин мүчөсү, тамак өнөр жай бөлүмүнүн начальниги. 1965-ж. СССР мамлекеттик пландоо комитетинин аппаратында. 1967-ж. марттан союздук маанидеги персоналдык пенсияда. КПССтин 19–21-съезддеринин делегаты, КПСС БКнын мүчөсү (1952–61). СССР Жогорку Советине (2–6-шайланышынын) депутат. Эки Ленин ордени, 1-даражадагы Ата Мекендик Согуш ордени жана медалдар менен сыйланган.

РАМАЗАН, Рамадан (араб.) – *мусулман* ай календарынын (к. хижра) тогузунчу айы, мусулмандар үчүн милдеттүү түрдө орозо айы, *ислам*дын негизги беш парзынын бири.

РАСИЗМ жана РАСАЛЫК БАСМЫРЛОО – эл аралык укук бузуунун бири. Р. ж. р. б. расистик *идеологияны*, расалык эски көз караштарга негизделген таануулоолорду, басмырлоочу жүрүм-турумдарды, түзүмдүк уюмдарды, расалык теңсиздикке алып келүүчү институтташтырылган иш-тажрыйбаны, ошондой эле моралдык жана илимий жактан алганда, топтор ортосундагы мындай мамилелер өзүн актайт дегендей идеяларды камтыйт; басмырлоочу *мыйзам*дар менен күндөлүк турмушта байкалат. Р. ж. р. б. – адамдар тобунун башка бир топко үстөмдүк кылуу же аны жокко чыгаруу укугуна негизделип, айрым бир расалык же этностук топтун артыкчылыгына же кемчилигине таянган теория. Расисттик теорияны ишке ашыруу иш жүзүндө *адам укугун* расалык жактан басмырлоо саясатынан, т.а. саясий, экономикалык, социалдык, маданий жана башка коомдук турмуш тармактарына негизделген негизги эркиндиктерин терисинин түсү, теги, улуттук жана этностук келип чыгуусу боюнча бөлүүлөрдөн (кемсинтүүдөн, чектөөдөн же артыкчылык берүүдөн) улам көрүнөт. Расалык басмырлоонун бардык түрүн жоюу жөнүндөгү 1966-ж. эл аралык конвенция Р. ж. р. б-ну кылмыш катары жарыялаган.

РАТИФИКАЦИЯ (лат. ratus – бекитемин, тааныйм) – *мамлекеттик бийликтин* жогорку органы тарабынан мамлекеттин ыйгарымдуу өкүлү кол койгон эл аралык келишимдин таанылуусу. Р-лоо мезгилинде атайын документ-ратификациялык грамота тапшырылат.

РЕАКЦИЯ, с а я с и й – мурда болуп өткөн же азыркы коомдук түзүлүшкө катуу карама-каршы багыттагы кыймыл. Р. деп ошондой эле болуп жаткан тартиптерди сактоо жана бекемдөө кыймылы жана ар кайсы *революция*лык же *оппозиция*лык күчтөрдү басуу аталат. Р. менен дайыма либералдык же радикалдык агымдар эмес, эң эле консервативдүү агымдар гана (көбүнчө диний-фундаменталдык, клерикалык, феодалдык, монархиялык ж.б.у.с.) белгиленет, алар көптөн бери эскирип калган коомдук институттарды (кулчулук, крепостук укук, инквизиция, мамлекеттин үстүнөн *чиркөө*нүн басым кылуусу, жашыруун сот, элдик элементтердин катышуусусуз сот, адабияттын, искусствонун жана *массалык маалымат каражаттарынын* үстүнөн цензура формасындагы өкмөттүн камкордугу, атайын кызматтардын кысым көрсөтүүсү ж.б.) калыбына келтирүүгө умтулушат. Р. сөзсүз түрдө эле мурункулар жакты көздөй эле кыймыл болбойт; ал жөн гана өтө консервативдүү кыймыл болушу мүмкүн. Өкмөттүн Р-лык ишмердүүлүгү дайыма коомдогу реакциялык маанайдын чагылышуусу болот, мындай учурларда бул маанай адабияттагы басыдуулук кылуучу агым менен билдирилет (Франциядагы өзгөчө белгилүү Р-лык адабият – Шатобриан ж.б). Типтүү Р-лык партиялар – Франциядагы монархисттер болгон.

РЕАЛИЗМ, с а я с и й – коомдогу иштердин объективдүү абалына ылайык саясий курсту иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу. Р. ишке ашпаган утопиялык милдеттерди өзүнө камтыбайт. Р. төмөнкүлөрдү камсыз кылат: 1) коомдогу экономикалык абалдын, коомдук өнүгүүнүн берилген этабында өндүрүш, башкаруу чөйрөлөрүндө келип чыккан чыныгы карама-каршылыктарды катуу эсепке алуу; 2) кеңири эл массалары тарабынан *саясий чечимдерди* жана аракеттерди колдоого багыт алуу. Эгерде *саясат* элдин чыныгы кызыкчылыгын көздөп, алардын жашоо деңгээлин жогорулатууга жөндөмдүү болсо, анда аны эл колдоосу мүмкүн. СССРдеги 1986-ж. башталган кайра куруунун ордунан чыкпай калышы калктын негизги массасынын абалынын жакшырбай кайра төмөндөшү менен шартталат. 3) Берилген саясий багыттын ар тараптан илимий иштелип чыгуусу. Ал башка эмес, дал ушул багыттын зарылдыгынан, экономикалык, социалдык, саясий, руханий мамилелердин өнүгүүсүнүн объективдүү мыйзамдарына таянуусунан, объективдүү шарттар менен субъективдүү факторлордун өз катышынын реалдуу баасынан, өлкөнүн ичинде жана эл аралык аренада саясий күчтөрдүн орун алышынан турат; 4) субъективдүү фактордун адекваттык өнүгүүсү, илимий негизделген саясий багытты иштеп чыгарууга жана аны ишке ашыруу ишмердүүлүгүн башкарууга жөндөмдүү саясий *лидердин* болуусу. Саясий лидердин жана анын командасынын төмөндөгүдөй касиеттери болушу чоң мааниге ээ: терең кругозор, компетенттүүлүк, жогорку *авторитет* жана массалар тарабынан ишенимдин болушу, чыныгы демократиялуулугу, берилген саясий багытты ишке ашыруудагы туруктуулугу ж.б.

РЕВАНШИЗМ (фр. revance – эсесин кайтаруу, жаза) – согуштук жана саясий кыйроого дуушар болгон жана жаңы саясий жана согуштук кырдаалдын курчушу менен өздөрүнүн алдырып ийген позициясын кайтарып алууга аракет кылган *саясат*тын күчү.

РЕВОЛЮЦИЯ (лат. revolutio – төңкөрүш; бурулуш) – түп тамыры менен өзгөртүү, бир сапаттан экинчи сапатка секирик менен өтүү, коомдун, аң-сезимдин жана жаратылыштын диалектикалык өнүгүүсүнүн эң маанилүү мыйзам ченемдүүлүгүнүн иш жүзүндө көрүнүшү (Словарь иностранных слов, М.: «Русский язык», 1989) болуп саналат. Албетте, бул аныктаманын «пролетардык духта» жазылгандыгы, анын 1989-ж. жарык көргөн сөздүктө жайгашкандыгынан эле көрүнүп турат. Бирок, кеп мааниси туура берилген. «Р.» термини «ре» приставкасынан жана «эволюция» (өзгөрүү) термининен турат. Эми «ре» деген приставканы бир нече терминдин алдына коюп көрөлүчү: революция, реформа, реаминация, реабилитация, ремилитаризация ж.б. Ошентип, «ре» приставкасын кошуу менен «эволюция» (өзгөрүү) жөнөкөй жол менен акырындап өсүп-өнүгүү эмес, секирик, принципиалдуу өзгөрүү жолу менен ишке ашуучу процессти түшүндүрүп турат. Демек, «Р-нын» уңгу мааниси «түп тамыры менен өзгөртүү, бир сапаттан экинчи сапатка секирик менен өтүү» экендиги анык.

Р-лар жаратылышта, саясатта, руханий өнүгүүдө, илимде жана башка чөйрөлөрдө болушу мүмкүн. Бирок, биз азыр «социалдык» Р. жөнүндө кеп кылып жатабыз. Ошондуктан «Р.» деген термин жөнүндө айтканда анын социалдык маанисин түшүнүп жаткандыгыбызды белгилеп кетүүбүз керек.

Р-лар максаты жана масштабы, тарыхый мааниси жагынан классикалык жана классикалык эмес болуп бөлүнүшөт. Классикалык Р-ларга мисал катары, XVI к. Англиялык буржуазиялык, XVII к. Улуу Француз, XIX кылымдагы Италия, Германия сыяктуу батыш европалык, XX к. Орусиядагы Улуу Октябрь, Түркиядагы буржуазиялык жана башкаларды атоого болот. Классикалык Р-лар, койгон максаты жана маңызы жагынан буржуазиялык, буржуазиялык-демократиялык, социалисттик ж.б. болуп бөлүнүшү мүмкүн.

Ал эми классикалык эмес Р-га а) ишке ашпай калган Р-ды, б) түп-тамырынан бери өзгөртүүгө алып барбаган, коомдук түзүлүштүн белгилүү бир чөйрөсүн алмаштырган, салыштырмалуу тынчтык жол менен өткөн Р-ды киргизебиз. Экинчи топтогу Р-ды азыркы саясат таануу илиминде «жибек революциялары» деп аташат.

Революциялардын «тар» (де-юре) жана «кең» (де-факто) маанилери. Р-дын бардык түрүнүн жүрүшү «тар» (де-юре) жана «кең» (де-факто) мааниге ээ. Р-лык акт, окуя болгон конкреттүү мезгил Р-нын тар мааниси (де-юре) болсо, анын максат-милдеттерин ишке ашыруу жана Р-нын жеңиштеринин толук жана биротоло орношу анын кең маанисин (де-факто) түшүндүрүп турат. Мисалга алсак, 1917-ж. 7-ноябры – Улуу Октябрь Р-сынын тар маанисинде (де-юре) ишке ашышы, ал эми 1917–37-жж. ичинде Октябрь Р-сы койгон максат-милдеттердин толук жана биротоло аткарылышын туюндурган процесс Р-нын кең маанидеги (де-факто) ишке ашышы болгон. «Жибек революцияларында» да так ушундай белги мүнөздүү.

Революциялардын «себеп-натыйжа чынжырына» баш ийиши, анын өбөлгөлөрү, себептери жана шылтоосу. Дүйнө тарыхындагы бардык өнүгүүлөрдүн өбөлгөсү, себептери болоору «тарыхыйлык методологиялык принциптен» (историзм) белгилүү. Ошондуктан Р-лар да тарыхый окуя катары кокустан эле пайда боло койбойт, аларда алдын-ала акырындап Р-га алып келүүчү өбөлгөлөр бышып-жетилип, бир катар себептердин натыйжасында *революциялык кризис* чыңалып, анан *революциялык кырдаал* түзүлөт да, кайсыл бир себептерден улам келип чыккан шылтоонун натыйжасында чыңалуу жарылып, *революциялык акт* ишке ашат. Бул процесс албетте «себеп-натыйжа чынжыры» деп аталуучу мыйзам ченемге ээ. Ошондуктан Р-ларды, анын ичинде «жибек революцияларын» да тарыхын «себеп-натыйжа чынжыры» методологиялык принциби менен карашыбыз абзел.

РЕВОЛЮЦИЯЛЫК КЫРДААЛ – революция болоор алдындагы кыска мезгилде процессти революцияга алып келүүчү белгилерди айтабыз. Р. к-ды методологиялык жактан эң туура иштеп чыккандар марксизм-ленинизм окуусунун өкүлдөрү. Алардын Р. к. жөнүндөгү окуусун классикалык революцияларды, «жибек революцияларды» изилдеген тарыхчылар да, саясат таануучулар да кабыл алышкан. Бул окууларда Р. к. ар түрдүү аныкталат, бирок маңызы бирдей. Кыскача ал төмөнкү үч белгини көрсөтөт:

1. «Төмөнкүлөрдүн» мурункудай жашай албай, ал эми «жогоркулардын» мурункудай башкара албай калышы;

2. Эл массасынын жакырдануусунун адаттан тыш төмөндөп кетиши жана алардын бийликке болгон нааразычылыгынын укмуштуудай күчөшү;

3. Эл арасындагы оппозициячыл күчтөрдүн активдүүлүгүнүн жогорулашы жана бийликтин аларга карата болгон репрессиясынын катаалданышы.

Аталган белгилердин суммасы Р. к-ды жаратат да, революциянын себептеринин бири өтө курч деңгээлге жетип, революция чыгып кетчү жагдай түзөт. Ал революциянын шылтоосу болуп, революциялык акт башталып кетет.

Жогорку айтылгандарды кай бир учурларда «кокустукка», «бийликтин айрым бир жаңылыштыгына», «сырткы күчтөргө» шылтап коюу бардык эле революциялардын жыйынтыктарында кездешип келген. (Ал Кыргызстандагы эки жолку «түстүү» революциялардын артында бийликтен алынган топтун революциянын чыгуу себептери жөнүндө актанган сөздөрүнөн белгилүү.) Чынында, революцияларда тышкы фактор дагы таасир эткени менен, негизинен ички фактор чечүүчү мааниге ээ жана процесс мыйзам ченемдүү жүрөт.

РЕВОЛЮЦИЯНЫН (контрреволюциянын) ЭКСПОРТУ – революциялык (контрреволюциялык) процесстердин алардын чет өлкөдө жүргөн демилгечилери тарабынан камсыз кылууга багытталган аракеттер системасы.

РЕГИОНАЛДЫК КООПСУЗДУК – жалпы коопсуздуктун курамдык бөлүгү; Жер шарынын бул же тигил регионуна таандык; суверендүү, көз карандысыз жашоосуна тыштан согуш жана башка коркунуч туулбагандай өлкөлөрдүн тобунун ортосундагы мамилелердин абалы. Р. к. эл аралык коопсуздуктун жалпы белгилерине ээ болуп, эл аралык жана *улуттук коопсуздук* менен үзгүлтүксүз байланышта; бир эле убакта ага бир катар атайын белгилер менен өзгөчөлүктөр, системалык элементтердин өздүк набору, проблемалар жана аны чечүүнүн ыкмалары таандык. Бул болсо Р. к-ка белгилүү өз алдынчалыкты берет. *Биримкен Улуттар Уюмунун* Уставына (52-берене, 1-п.) ылайык, регионалдык келишимдер жана органдар эгер алар жана алардын ишмердүүлүгү БУУнун максаттары жана принциптери менен айкалышкан учурда гана түзүлө алат. Бул уюмдардын компетенциясына региондо коопсуздукту камсыз кылуу, талаш-тартыштарды жана *конфликттерди* тынчтык жолу менен чечүү, курал-жаракты кыскартуу жана куралсыздандыруу маселелеринин чечилишине көмөк көрсөтүү кирет. Коопсуздуктун диалектикасы азыркы дүйнөнүн, ядролук – космостук кылымдын чындыгын чагылдырууда таанылган. Мындай чындыктардын бири мамлекеттердин өз ара көз карандысыздыктары жана адамзат социалдык феномен катары, коом, жаратылыш, адамдын ортосундагы глобалдуу өз ара байланыштардын белгилүү жалпылыгы катары дүйнөлүк коомчулуктун биримдүүлүгү. Мындай дүйнөнүн биримдүүлүгү эл аралык коопсуздуктун ажырабастыгын, элдердин аны бекемдөөдөгү жалпы кызыкчылыгын аныктайт. Эл аралык коопсуздуктун концепциясы ошол эле мезгилде азыркы дүйнөнүн көп түрдүүлүгүн, анын бөлүнгөндүгүн, бирикпегендигин эсепке алууга чакырат. Эки жүзгө жакын түрдүү типтеги *мамлекеттер* кошуна жашашат. Бул көп түрдүүлүк мамлекеттик максаттар менен кызыкчылыктардын объективдүү түрдүүлүгүн, түрдүү таптардын жана элдердин улуттук приоритетин шарттайт. Бул өзгөчөлүктөр жана артыкчылыктар карама-каршы коюлбастан эл *аралык мамилелердин* практикасында тынчтык жол менен ишке ашырылган. «Жалпы саясий бөлүүчү», бул тармактагы түрдүү жолдордун келишүүсүнө бирдиктүү негиз болуп бардыгынын коопсуздукту бекемдетүүгө кызыгуусу эсептелет. Р. к-тун максаты жана милдеттери болуп: 1) эл аралык тынчтыкты жана жалпы коопсуздукту бекемдөөгө жетишүү; 2) региондо тынчтыкты сактоо үчүн зарыл шарттарды жана өбөлгөлөрдү камсыз кылуу, анда согушка жана куралдуу конфликттерге жол бербөө; 3) региондун элинин өзүн-өзү аныктоо, көз карандысыздык, ички иштерине кийлигишпөө укуктарын иш жүзүнө ашырууда зарыл каражаттар менен көмөк көрсөтүү; 4) регионалдык жана улуттук-мамлекеттик мүнөздөгү маселелердин чечилишин оптималдаштыруу эсептелет. Европа, Азия, Тынч океан регионунда, Жакынкы жана Ортоңку Чыгышта, Түштүк Африкада, Борбордук Америкада Р. к. ар түрдүүчө түзүлөт. Бирок алардын жалпы тенденциясы – куралдуу күчтөрдү жана курал-жарактарды чектөө жана кыскартуу тармагындагы прогресс менен байланышкандай түзүлгөн. Европадагы ядролук жана кадимки курал-жарактардын түрүнөн: танк, бронетранспорт, артиллерия жана миномёт, күжүрмөн самолёт жана вертолёттордун көп санда кыскарышы көмөк көрсөткөн. Жөн гана регионалдык эмес, глобалдык маанини жер шарында үч ядросуз зонанын түзүлүшү ойногон. Алар: 1959-ж. Антарктида жөнүндөгү келишимге ылайык – Антарктидада; 1967-ж. Латын Америкасында ядролук куралдарга тыюу салуу жөнүндөгү Тлателолка келишимине ылайык – Латын Америкасында; 1986-ж. Ратонгдун келишимине ылайык – Латын Америкасынын түштүк бөлүгүнө жайгашкан. Р. к. системасында салтка айланган пункттар менен катар *геосаясаттык* мүнөздөгү позициялар же жаңы үстөмдүк кылуучу пункттар пайда болот же актуалдаштырышат. КМШ аймагында Орусиянын жамаатташ өлкөлөр менен болгон мамилеси, Европада – анын батыш жана чыгыш бөлүктөрүн АКШ жана Орусиянын өз ара байланыштары; Азия – Тынч океан регионунда – Орусия, Кытай, Индия жана Жапониянын, ошондой эле АСЕАН ж.б. топторго кирген мамлекеттердин мамилелери. Эки дүйнөлүк согушту башынан кечирген, «кансыз согуш» учурунда Чыгыш менен Батыштын каршылашуусу акыркы чекитке жеткен Европада 1975-ж. баштап, Европадагы кызматташтык жана коопсуздук келишиминин жолу боюнча, мааниси боюнча сейрек кездешүүчү Хельсинки келишимдери орун алган. Жер шарынын башка аймактарында да коопсуздуктун региондук моделдерин түзүү, аскердик маселелер боюнча ондогон документтерге кол коюлган. Анын ичинде Орусия менен катар Казакстан, Өзбек-

стан, Армения, Кыргызстан жана Тажикстан катышкан Ташкенттеги «Коллективдүү коопсуздук жөнүндөгү» (1992-ж.) келишим. Жалпысынан эл аралык коопсуздук сыяктуу эле Р. к. да элементтери өз ара, «тигинен» жана «туурасынан» байланышкан системаны түшүндүрөт. Тигинен: улуттук, регионалдык, эл аралык коопсуздук; «туурасынан»: аскердик, саясий, экономикалык, экологиялык, гуманитардык коопсуздуктар. Азыркы күндө коопсуздукту камсыз кылуу үчүн саясий чаралар, саясий укуктар, каражат жана ыкмалар менен курч эл аралык, мамлекет аралык, улут аралык жана дүйнөнүн түрдүү региондорундагы конфессионалдык конфликттерди чечүү алдыңкы планга коюлган (мурдагы Югославияда, Закавказьеде, Жакынкы Чыгышта).

РЕГИОНАЛИЗМ (regionalism) – бул түшүнүк регионалдык башкаруу тажрыйбасын жана анын зарылдыгына болгон ишенимди көрсөтөт. Р-ди федерализмден айырмалай билүү зарыл. Федерализмдин принциптерине ылайык, жогорку бийлик кийлигише албаган төмөнкү тепкичтеги башкаруунун корголгон ишмердүүлүк чөйрөсү болуп, жогорку тепкичтеги бийлик төмөнкү бийликке өз ыйгарым укуктарын өткөрүп берет. Ошондуктан Р. терминин регионду бар же боло ала турган мамлекеттерге же системаларга карата гана колдонуу туура. Бирок ал региондор борбордук өкмөт тарабынан түзүлүп, ал тараптан кайрадан кандай оңой түзүлсө, ошондой эле жеңил жок кылынышы шарт. Мисал катары регионалдык башкаруу системасы күч алган Франция мамлекетин жана Англия, ошондой эле анын райондорунан тышкары Шотландия, Уэльс, Түндүк Ирландия мамлекеттери кирген Бириккен Падышачылыкты алсак болот. Англия болсо статистикалык жана административдик максаттарда колдонулган, саясий өкүлчүлүгү жок стандарттык райондорго бөлүнгөн. 1993-ж. Европалык Союз жергиликтүү шайланган кызмат адамдары иштей турган региондор боюнча Комитетти түзгөн. Ал эми Бириккен Падышачылыктын өкмөтү жогорудагы Комитетке өз өкүлдөрүн сунуштаган, бирок бардык партиянын каршылыгынан иш жүзүнө ашпай калган.

РЕГЛАМЕНТ (фр. regie – эреже) – 1) кандайдыр бир *мамлекеттик органдын* же анын бөлүмүнүн (парламенттин, анын палаталарынын, өкмөттүн, соттун ж.б.) ички уюштурулушун жана иштөө тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук акт; 2) өкүлчүлүктүү органдардын съезддерин жана сессияларын, жыйналыштарын, отурумдарын алып баруунун тартиби; 3) Франция, Италия жана башка бир катар мамлекеттердин өкмөттөрүндө регламентардык бийликти ишке ашыруу тартибинде кабыл алынуучу актылардын аталышы.

РЕЖИМ (фр. regime, лат. regimen – башкаруу) – *саясат таануда*: басымдуулук кылуучу таптын (*авторитардык режим, фашисттик режим* ж.б.) экономикалык жана саясий бийлигин ишке ашыруунун каражаттарынын жана методдорунун жыйындысы.

РЕЗОЛЮЦИЯ (лат. resolution – уруксат) – 1. чечим, жобо (комитеттин, чогулуштун, съезддин); 2. соттук чечимдин корутунду бөлүгү; 3. кандайдыр бир маселенин чечилиши боюнча башкарган адамдын иш кагазына жазган же оозеки буйругу.

РЕЙТИНГ (англ. rating – баа) – кайсы бир адамдын, уюмдун, топтун, белгилүү убактагы алардын *ишмердүүлүгүн*, программасын, пландарын, *саясатын* баалоонун жекече сандык көрсөткүчү; кандайдыр бир добуш берүүнүн, социологиялык суроо-жооптордун, анкеталардын анализинин негизинде чыгарылат; дегеле калкка кеңири таанымал ишмердин жалпыга белгилүүлүгүнүн деңгээли.

РЕКОНВЕРСИЯ (лат. re – калыбына келтирүү, кайталоо жана conversion – кайрылуу) – согуш аяктагандан кийин экономиканы жарандык продукцияны өндүрүүгө которуу.

РЕНЕГАТ (лат. renegare – баш тартуу) – өзүнүн бекем ишенимдерин өзгөрткөн жана каршылашынын лагерине өтүп кеткен адам; чыккынчы деген мааниде.

РЕПАТРИАЦИЯ (лат. repatriatio – мекенге кайтып келүү) – башка мамлекеттин аймагына түшүп калган кишилерди (ар кандай себептерден улам), алар жараны болгон, туруктуу жашап турган же чыккан өлкөсүнө кайтарып берүү. Адатта, эл аралык келишимдердин негизинде жүзөгө ашырылат (мис., согуш туткундарын Р-лоо), бирок келишимден тышкаркы Р. да болушу мүмкүн. Мындай шарттарда ал кызыкдар мамлекеттин (мамлекеттердин) мыйзамдарында алдын-ала каралуусу тийиш. Жарандыгын өзгөрткөнүнө (жаңысын кабыл алганына) байланыштуу Р. тандап алуунун бир түрү катары болушу ыктымал.

РЕПРЕССИЯ (кийинки лат. repressio – басуу) – мамлекеттик органдар тарабынан колдонулуучу жазалоо чаралары, жазалоо.

РЕСПУБЛИКА (лат. republica – коомдук иш, *мамлекет*) – башкаруу формасы. Мамлекеттик бийликтин жогорку органдары же шайланышат, же жалпы улуттук өкүлчүлүк уюмдары тарабынан түзүлүшөт. Башкаруунун республикалык формасы антикалык доордо *монархияга альтернатива* катары түзүлгөн. Капиталисттик жана социалисттик мамилелердин өнүгүшү менен Жаңы жана Соңку жаңы мезгилде кеңири жайылган. Азыркы мамлекеттердин көбү – Р. бүгүнкү күндө башкаруунун эки негизги формасы өкүм сүрүүдө – *президенттик* жана *парламенттик*. Президенттик Р. президенттин колунда *мамлекет башчысынын* жана *өкмөт башчысынын* ыйгарым укуктарынын топтолушу менен мүнөздөлөт. Премьер-министр кызматы болбойт (Аргентина, Бразилия, Мексика, АКШ ж.б.). *Мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, соттук бийликтердин* компетенциясы жана структурасы так бөлүштүрүлөт. Өзгөчөлүктөрү: президентти шайлоонун *парламенттен* тышкары түз же кыйыр шайлоо жолу; *өкмөттү* түзүүнүн парламенттен тышкаркы жолу жана *өкмөттө* парламенттин алдында жооптуулук *институтунун* жоктугу; өкмөттүн мүчөлөрүнүн депутаттык ишмердүүлүк менен айкалышпагандыгы; президентте парламентти таркатуу укугунун жоктугу. Бул өзгөчөлүктөр парламенттик Р. менен салыштырганда өкмөттө көбүрөөк туруктуулук, ал эми парламентти – көптөгөн чыныгы ыйгарым укуктар менен камсыз кылат. Республикалык башкаруунун көбүрөөк жайылган түрү, парламенттик Р. эсептелет. Ал үчүн парламенттин башчылыгынын принциби, өкмөттүн өзүнүн ишмердүүлүгүндө парламентке жооп берүүчүлүгү, премьер-министрдин кызматынын болушу мүнөздүү. Премьер-министр бир учурда өкмөт башчысы жана башкаруучу партиянын же партиялык коалициянын *лидери* болот. Парламенттик Р-нын өкмөтү парламенттик жол менен таасирдүү партиянын өкүлдөрүнөн түзүлөт. Парламенттик Р. көпчүлүктүн колдоосунан ажырамайынча *бийликте* болот. Колдоодон ажыраган кийин өкмөт иштен четтетилет же кезексиз парламенттик шайлоолорду дайындашат. Парламенттик Р. башкаруу партиялык мүнөздө. Парламенттик Р-да мамлекеттик башчы – президент парламент же анын негизинде түзүлгөн коллегия аркылуу шайланат. Ага көптөгөн формалдуу ыйгарым укуктар берилет: анын ичинде *вето* коюу жана парламентти таркатуу укугу. Чындыгында анын мамлекеттик бийликти иш жүзөгө ашыруудагы таасири анча чоң эмес. Себеби анын ар бир аракети парламент түзгөн өкмөттүн макулдугунан соң гана жүзөгө ашырылат. Азыркы парламенттик Р-да мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтердин юридикалык жана чыныгы компетенцияларынын келишпестиктери мүнөздүү жогорку орган деп жарыяланган парламент өкмөттүн катуу көзөмөлүнүн астында иштейт, парламент түзгөн жана ага жооп берген өкмөт парламентти таркатуу укугуна ээ. Республикалык бийликтин аралаш формалары өзүндө президенттик жана парламенттик Р-нын (Франция) же монархия менен Р-нын (Малайзия) элементтерин айкалыштырат. Кыргыз Республикасындагы бийлик президенттик Р-га көбүрөөк окшош келип, ошону менен бирге эле парламенттик Р-нын элементтерин да өзүнө камтыйт, муну илимде жарым президенттик Р. деп аташат.

«РЕСПУБЛИКА» партиясы – 2007-ж. 5-июнда түзүлгөн. 2010-ж. анын кезексиз съездинде жаңы лидери – Ө.Т. Бабанов шайланган, ошол эле жылдын 30-июнунда Ө.Бабанов Жогорку Кеңешке болгон шайлоодо «Р.» п-нын катышуусу тууралуу расмий билдирүү жасаган. 2010-ж. 10-октябрдагы парламенттик шайлоого катышкан 29 саясий партиянын ичинен төртүнчү орунду ээлеген бул партия 210 594 добуш менен, (6,93%) Жогорку кеңештен 23 депутаттык орунду «Р.» п. алган. 2011-ж. де-

кабрынан 2012-ж. августуна чейин партия лидери Ө.Бабанов өлкөнүн премьер-министри болуп, У.Ташбаевге окшогон Максим Бакиевдин досторун жогорку кызматтарга койгону менен коомчулуктун эсинде калган. Азыркы учурда бул партия парламенттик оппозициянын катарында. Бул партиянын жергиликтүү кеңештерде да өкүлдөрү бар.

РЕСПУБЛИКАЛЫК ЭЛДИК ПАРТИЯ – Кыргыз Республикасындагы саясий партиялардын бири. Уюштуруу конференциясы 1992-ж. 5-сентябрда болгон. Мамлекеттик официалдуу каттоодон 1992-ж. 16-декабрда өткөн. Негизги максаттары – туруктуу өнүгүүгө жетишүү үчүн республикадагы экономикалык, социалдык жана саясий жактан стабилдештирүү, көз карандысыз кыргыз мамлекетин түзүү, адам укугу үчүн күрөш ж.б. Партиянын социалдык курамын: интеллигенттер, өнөр жай кызматчылары, илимдин жана маданияттын өкүлдөрү түзөт. Орус тилине улуттар аралык тил статусун берүүнү колдошот. Партиялардын жолугушууларына жигердүү катышат. Мамлекеттик бийлик органдары менен биргелешип иш алып барышат. 1994-ж. 22-октябрында болгон баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоого элдик партиянын өкүлдөрү активдүү катышкан. 1995-ж. 5-февралдагы Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоодо көрсөтүлгөн талапкерлердин ичинен экөө депутат болуп шайланышкан; Ж.А. Тентиев жана Ю.Тойчубеков партиянын Координациялык Борборунун төрагасы академик Ж.Ш. Шаршеналиев болгон. Кийинки мезгилдерде саясий аренада көрүнбөй калды.

РЕФЕРЕНДУМ (лат. referendum – кабарлана турган нерсе) – конституциялык, мыйзам чыгаруучу, ички жана тышкы саясий суроолор боюнча акыркы чечим чыгаруу үчүн шайлоочу корпуска кайрылуу. Р-дун башкы мазмундуу белгиси – мамлекеттик мыйзам чыгаруу бийлигинин түздөн-түз эл тарабынан ишке ашырылышы. Р-дун объектиси болуп мыйзам, мыйзам долбоору, Конституция, Конституцияга толуктоолор, эл аралык статустун же өлкөнүн ички саясий турмушу боюнча маселелер эсептелет. Р-дун мазмуну, шарттары жана процедурасы өлкөнүн конституциясы жана мыйзамдары менен тартипке келтирилет. Р. процедурасы көп жерде шайлоолордун процедурасы менен дал келет: шайлоолордо да, Р. да шайлоочулар катышат. Негизги айырмачылыктары: шайлоонун объектиси болуп депутаттыкка же шайланма кызматка (президент, губернатор ж.б.) талапкерлер эсептелсе, Р. объектиси – бир маанилүү маселени чечүү үчүн жүргүзүлгөн суроо болот. Р-ду төмөндөгүчө бөлүшөт: а) бүткүл мамлекеттин масштабында жүргүзүлгөн жалпы улуттук жана администрациялык-аймактык бирдиктердин чегинде жүргүзүлгөн жергиликтүү; б) Конституциянын долбоору, конституциялык реформа, Конституцияга толуктоо боюнча жүргүзүлгөн – конституциялык жана мыйзамдуу долбоору жана күчүнө кирген мыйзамдар боюнча жүргүзүлгөн – мыйзам чыгаруучу; в) маанилүү эл аралык суроолорду же курч ички-саясий проблемаларды чечүүдө шайлоочулардын эркин билүү максатында – консультативдик; г) жүргүзүү зарылчылыгы мыйзамда көрсөтүлгөн милдеттүү жүргүзүлүшү өкмөттүн же шайлоочулардын эркине баш ийген – факультативдик. Р-дун жыйынтыгы боюнча кабыл алынган чечимдердин юридикалык күчү эки башка. Мис., милдеттүү Р-дун чечимдери тез аранын ичинде юридикалык натыйжалары менен күчүнө кирсе, консультативдик Р-дун чечимдери мамлекеттик органдар тарабынан чечим чыгарууда гана эске алынат. Р. өткөрүү демилгеси жалпы улуттук суроону чечүүдө парламенттен же мамлекет башчысынан, жер-жерлердеги суроолорду чечүүдө жергиликтүү бийликтерден, Р. макул болгондордун саны мыйзамга ылайык болгондо шайлоочулардан чыгат. Р. өткөрүү укугу мыйзам менен тескелет. Р. көп мамлекеттерде практикаланат. XX к. жалпы улуттук Р. өткөрүлгөн өлкөлөр: Европада 100дөн ашуун, Африка жана Ортоңку Чыгышта – 50дөн ашуун, Азияда – жыйырмага жакын, Америкада – отузга жакын, Австралияда жана Океанияда – элүүгө жакын. Р-да коюлган маселелер ар түрдүү монархияны сактап калуу же башкаруунун республикалык формасын орнотуу (Италия, Болгария, Греция), президентти парламент аркылуу же түз шайлоочулардын добуш берүүсү аркылуу шайлоо (Франция); саясий система бир партиялуу же көп партиялуу болушу керек (Алжир), Пиночетти мамлекет башчысына 9 жылга бекитүү милдеттүү (Чили), өлкөнүн ТАКУда катышуу шарттары жөнүндө (Испания), Жалпы рынокко кирүү жөнүндө (Иордания), Конституцияны жана ага толуктоолорду бекитүү жөнүндө (Франция, Болгария, ГДР) ж.б. Кыргыз Республикасында көп жолу Р. өткөрүлгөн.

РЕФОРМА (саясий, социалдык) – коомдун *саясий системасынын* негизин түп-тамырынан эмес, айрым гана элементтерин өзгөртүүчү *саясий аракеттердин* жыйындысы. Узак убакыт бою Р. марксисттер тарабынан революцияга каршы коюлган. XX к. тажрыйбасы мындай каршы коюунун туура эместигин көрсөттү. *Революция* коомдо пайда болгон проблемалардын чечилишинин *радикалдуу* каражаты болуп эсептелет. Саясий системанын мезгилдүү кризистери, коомдук өнүгүштүн механизмдеринин бузулушун, өнүгүү ресурстарынын толугу менен сарп кылышын күбөлөндүрөт. Коомдун кийинки өнүгүшү үчүн Р. көбүрөөк зарыл болгон кырдаал жөнүндө сөз болушу мүмкүн. Р. коомду жаңы шарттарга ыңгайлаштырса, революция негизинен жашоого мүмкүнчүлүгү бар социалдык организмди бүлдүрүүгө жөндөмдүү. Р. саясий *кризистин* натыйжасы болушу мүмкүн. Же алдын-ала кризистик кубулуштардын симптомуна реакция катары болот. Р-ларды ишке ашыруу башкаруучу топ жана башкаруучу элита белгилүү көрөгөчтүктү жана кыраакылыкты көрсөткөн шартта гана мүмкүн. Айрыкча Р-ларды жүргүзүү элитанын артыкчылыктарынын кээ бир бөлүгүн жоготууга алып келиши мүмкүн. Көбүнчө коомдун стабилдүүлүгүнүн бузулуу, саясий кризистин болуу коркунучу астында жүргүзүлгөн Р. башкаруучу элита тарабынан жамандык катары кабыл алынат. Бул болсо контрреформа коркунучун туудурат. Эгерде реформанын талапкерлери парламенттен тышкары аракеттерге да даяр жарандардын массалык колдоосуна таяныша алышса, анда Р. көбүрөөк радикалдуу мүнөздө болот. Р-ды жүргүзүүнүн субъектиси болуп демократия шарттарында башкаруучу саясий *партия*, *автортардык* режимде саясий *лидердин* тобу чыгат. Алар коомдо көздөгөн өзгөртүүлөрдү иш жүзүнө ашыруу үчүн бийликтин болгон рычагдарын пайдаланышат. *Саясий системанын* ар бир элементи реформалоонун объектиси боло алат. Ал аркылуу реформаторлордун каалоосуна ылайык коомдук жашоонун, социалдык мамилелерди кошкондо, ар бир чөйрөсү да объект боло алат. Эреже катары, башында ылайык келүүчү мыйзамдарды кабыл алуу жолу менен Р-лардын нормативдик базасы түзүлөт. Андан соң Р. институционалдык чөйрөдө (*бийликтин* жана аткаруу органдарын түзүү, эски органдарынын функцияларын аткарат) жүргүзүү механизмин түзүү максатында ага ылайык өзгөрүүлөр жүзөгө ашырыла баштайт. Реформаторлордун саясий эркинин жана ишмердүүлүгүнүн ортосундагы байланыштыруучу кичи система аркылуу өзгөрүүлөр коомдук турмуштун экономикалык, идеологиялык чөйрөлөрүнө таркалат. 1929–33-жж. дүйнөлүк кризистен соң, өнүккөн демократтык өлкөлөрдө Р. процесси үзгүлтүксүз мүнөздө болууда. Эгерде көптөгөн өзгөртүүлөрдүн башында *социал-демократтар* турушса, акыркы он жылдыктарда Р. бүткүл саясий спектрдин саясий партиялары, (анын ичинде неоконсервативдик да) аркылуу ишке ашырылууда. Р. айкын программаларында келишпестиктер болгону менен жалпы багыттары аныкталган. Калктын жашоо деңгээлин жогорулатуучу чаралардын эсебинен коомдо социалдык стабилдүүлүктүн жана башкаруучулуктун даражасын көтөрүү, социалдык теңсиздикти жумшартуу, коомдук турмуштун экономикалык жана саясий чөйрөлөрүндө бардык жарандардын тең мүмкүнчүлүктөрүнүн чегин көбөйтүү аракеттери жөнүндө сөз болот. *Конфликттик* кырдаал туулганда күч менен чечүү аракетине караганда *компромиссти* жана *консенсусту* издөө көбүрөөк кездешет. Р-лардын жалпы жыйынтыгы бийлик жана башкаруу органдарынын функцияларында жана структурасындагы өзгөрүүлөр гана эмес, коомдун өзүндө терең трансформация болгон. Көп укладдуу, социалдык айырмачылыктар багыт алган рынок экономикасы түзүлдү, социалдык ажырымдар жумшарды, көптөгөн социалдык чектер жо-

юлган. Коомдун социалдык структурасы көп деңгээлдүү болуп калды. Өткөөл, таптар аралык абалда турган катмарлар сандык жактан басымдуулук кылышат. Бардык деңгээлдеги бийлик структуралары көбүрөөк демократтык болушту да, саясий жана экономикалык бийликти алып жүрүүчүлөрдүн бөлүнүшү жүрдү, социалдык партнердуулук мамилелери өнүктү. Өнүккөн демократиялык өлкөлөр жеткен стабилдүүлүк жана жашоонун жогорку деңгээлин Р-лардын жардамы менен жете турган, натыйжалардын модели кылып койгон. Алардын тажрыйбаларын *модернизация* стратегиясынын чегинде *авторитардык* режимдер жана *тоталитаризм* менен кол үзгөн өлкөлөр көп жолу көчүргөнгө аракет кылышкан. Бардык эле саясий *режимдер* демократиялык реформалаштырууга ыктай бербейт. Жакын ички жана эл аралык шарттарда Р. тынч демократтык революцияны иш жүзүнө ашырууга жол ачат.

«РИМ КЛУБУ» – эл аралык коомдук уюм; табият таануу, техникалык жана гуманитардык илимдердин тармагындагы окумуштуу-адистерди, ошондой эле дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүндөгү коомдук ишмерлерди бириктирген ассоциация. 1968-ж. Римде чогулган, Италиялык экономист жана коомдук ишмер А.Печчеи (1908–1984-жж.) баш болгон 30 батыш окумуштууларынан турган топтун демилгеси менен негизделген. Ар бир өлкөнүн жараны жеке адам катары клубдун мүчөсү боло алат. Анын катышуучуларынын саны бир мезгилде 100 адамдан ашпоосу керек. Бүгүнкү күндө клубда 30га жакын өлкөнүн өкүлдөрү мүчө болуп турушат (анын ичинде 20дан ашыгы – АКШдан). «Р. к-нун» Уставы, бюджети (туруктуу), басма органдары жок. Администрациялык штатка ээ эмес. АКШ, Жапония, Канада, Нидерланды, Швеция, Бельгия ж.б. өлкөлөрдө «Рим клубунун топтору» түзүлгөн. Бирок алар клуб менен формалдуу түрдө байланышкан эмес. Р. к-нун ишмердүүлүгүн Аткаруу комитети жетектейт. Дүйнөнүн түрдүү шаарларында өткөрүлүүчү клубдун жылына чакырылуучу жыйындары болуп турат. Ишмердүүлүктүн башкы формасы – кеңири чөйрөдөгү маселелер, айрыкча социалдык-экономикалык тармактар боюнча ири масштабдагы изилдөөлөрдү уюштуруу. Изилдөөлөрдүн натыйжасы «Рим клубунун докладдары» түрүндө басылып чыгарылат. Ал болсо дүйнөлүк илимий коомчулуктун кеңири кызыгуусун туудурат. Докладдарды даярдоо көрүнүктүү окумуштуулардын жана адистердин тобуна ыйгарылат. Алардын тематикасы төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт: энергетика, азык-түлүк, жаратылыш реформалары, экология, валюталык маселелер, жаңы эл аралык экономикалык тартип, *курал-жарактарды* көзөмөлдөө, илимий-техникалык революциянын тенденциялары жана социалдык кесепеттери ж.б. Ошондой эле алар тарабынан бүгүнкү күндөн *глобалдык проблемаларын* изилдөө программасы сунуш кылынган: курал-жарактар боюнча мелдешүү, куралсыздандыруу жана эл аралык коопсуздук, айлана-чөйрөнүн жана дүйнөлүк океандын булганышы; табигый ресурстардын азайышы; айрым өлкөлөрдүн өнүгүүсүндө теңсиздиктин тереңдеши; жакырчылык жана кедейчилик проблемалары. Бул докладдарды талкуулоого катышууга түрдүү тармактардагы ири адистер тартылышат. «Р.к-нун» чегинде жүргүзүлгөн изилдөөлөр – «Өсүүнүн чеги», «Адам бурулуш чегинде», «Адамзат үчүн максат», «Окууга чек болбойт», «Келечекке алып баруучу маршруттар», «Үчүнчү дүйнө: дүйнөнүн төрттөн үчү», «Микроэлектроника жана коом» жана башкалар дүйнө жүзүндө кеңири белгилүүлүккө жетишкен. Дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн чыныгы курч *глобалдык* маселелерге бурдуруу «Р.к-нун» окумуштууларынын изилдөөлөрүнүн маанилүү жагы болуп калды. Алар табияттагы көзөмөлсүз адамдын ишмердүүлүгүнүн терс кесепеттерине башкача көз караш менен баамдоого мажбур кылышты. Клубдун мүчөлөрү маселелерди тынч жол менен чечүү, дүйнөлүк кызматташтыктын революциясы, өлкөлөр жана элдердин ортосундагы тилектештик өкүм сүргөн абалды реалдуу анализдөөгө жана тынч жашап өнүгүү стратегиясын ишке ашыруу үчүн жол табууга умтулуу менен мүнөздөлөт.

РОТАЦИЯ (лат. rotatio – «тегерете (*айлануучу*) кыймыл») – кезектешүү, алмашуу; кандайдыр бир кызматты кезектешип ээлөө, курамды жаңыртуу.

РОЯЛИЗМ (фр. royalisme, royal – падышалык) – монархияны жактоого негизделген Батыш Европадагы саясий агым. Орусияда – *монархизм*.

РЭКЕТ (англ. racket – чуру-чуу) – АКШ мыйзамдарында опузалап коркутуп-үркүтүүгө шайкеш келген оор кылмыш. Р. «соодага коркутуу же зомбулук кылуу аркылуу жолтоо болуу» катары аныкталат (АКШ мыйзамдарынын топтому, 18-титул, 95-глава). КР мыйзамдарында бул аталгы колдонулбайт, бирок акыркы кездеги юридикалык публицистикада бул термин көп колдонулууда.

С

СААДАНБЕКОВ Жумагул Сааданбекович (1940-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору, профессор.

Ысык-Көл облусунун Ак-Суу районуна караштуу Шапак айылында төрөлгөн. 1960-ж. Пржевальский пединститутун аяктаган. 1961–1964-жж. Ысык-Көл облусуна караштуу Жети-Өгүз районундагы орто мектепте мугалим болуп эмгектенген. 1964–1967-жж. Жети-Өгүз районунун Барскоон айылындагы орто мектептин директорунун орун басары. 1967–1969-жж. Жети-Өгүз райком партиясынын инструктору. 1969–1974-жж. Кырг.ССРнин ИАсынын философия жана укук таануу институтунун кенже, улук илимий кызматкери. 1974–1977-жж. Кыргызстан КПнын Бишкек шааркомунун агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы, 1977–1981-жж. уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1981–1983-жж. Кыргызстан КПнын Бишкек шааркомунун катчысы. 1983–1984-жж. Кыргызстан КП БКнын партиялык иштерди уюштуруу бөлүмүнүн инспектору, 1984–1985-жж. пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысынын орун басары, 1990-ж. бөлүм башчы. 1990–1991-жж. Кырг.ССРнин Жогорку Кеңешинин туруктуу комиссиясынын төрагасы. 1991–1992-жж. КР Президентинин алдындагы Мамлекеттик инспекциянын төрагасы. 1996-ж. Ысык-Көл облусунун губернатору. 1998–2000-жж. КРнын Украинадагы Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчиси. 2001–2007-жж. КРнын Казакстандагы Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчиси. 2010-ж. КРнын Тышкы иштер министрлигинин алдындагы Дипакадемиянын ректору. 1985–1995-жж. КРнын Жогорку Кеңешинин депутаты.

Илимий изилдөөлөрү негизинен айыл интеллигенциясынын рухий маселелерине арналган.

300дөн ашуун публикациялардын, монографиялардын автору: «Сумерки авторитаризма: закат или рассвет? » (2000), «Авторитаризм и демократия на Востоке» (2003), «Нурсултан Назарбаев: законы лидерства» (2005), «Моя жизнь» (2010), «Философия Ч.Айтматова» (2014). «Ардак Белгиси» ордени менен сыйланган.

САДЫРКУЛОВ Медет Чоканович (1953-ж. 13-декабрь – 2009-ж. 13-март) – көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмер, саясат таануу илимдеринин кандидаты (1999), Орусия Федерациясынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу Академиясынын корр.-мүчөсү, КРдын атайын жана ыйгарымдуу элчиси.

Чүй облусунун Кемин районуна караштуу Ильич айылында төрөлгөн. 1971-ж. Ильич айылындагы орто мектепти аяктап, бир жыл өз айылында жумушчу болуп иштеген. 1977-ж. СССРдин 50 жылдыгы атындагы КМУнун тарых факультетин бүтүргөн. Чынара Джакыпова, Гүлмира Мамбеталиева, Зайнидин Курманов, Аскар Салымбеков, Эркин Мамкулов, Бактыбек Бешимов, Кубатбек Байболов сыяк- туу белгилүү окумуштуулар, ийгиликтүү ишкерлер, мамлекеттик ишмерлер, саясатчылар менен бир курста окуп, алар менен бекем катнашта болгон. Эмгек жолун Кыргыз мамлекеттик медицина институтунда комсомол комитетинин катчылыгынан баштап, бир эле учурда 1977–91-жж. КПССтин тарыхы боюнча студенттерге сабак берген. 1985-ж. башталган кайра куруу жана айкындык саясатынын шарапаты менен 1989-ж. партиянын шааркомунун каршы болгонуна карабай, өзүн-өзү көрсөтүп, атаандаштык кырдаалда шайлоодон жеңип чыгып, КММИнин парткомунун катчысы болуп шайланган. Элдер менен мамиле кылганды билген, сөзмөр,

уюштургуч касиеттери ушул мезгилден баштап коомчулукка кеңири тарала баштаган. 1991-ж. тарта КР Президентинин администрациясына кызматка алынып, референт, сектор жана бөлүм башчы кызматтарын аркалай баштаган. Түркия (1992, 1993), Голландия (1994), Англия (1994), АКШ (1995), Польша (1996), Жапония (1996) мамлекеттеринде мамлекеттик кызматтын теориясы жана практикасы боюнча атайын даярдыктардан өткөн. Ушул алган билимдери анын кийинки саясий карьерасына олуттуу таасирин тийгизген. 1995–1997-жж. Бишкек шаарынын Биринчи Май райондук администрациясын башкарып, ушул жылдары социалдык-экономикалык жана маданий көрсөткүчтөрү боюнча район республикада биринчи орунга чыккан. С. бул кызматтан мамлекеттик башкаруунун баалуу өздүк тажрыйбасын топтогон. 1997–1999-жж. Мамлекеттик салык инспекциясын жетектеген. 1998-ж. Галина Куликова, Эрнст Акрамов, Алмаз Исманкулов, Орзубек Назаров, Жаркын Бапанова, Сувакун Бегалиев, Наталья Щербакова, Досмир Узбеков, Жоомарт Оторбаев ж.б. пикирлештери менен бирдикте «Менин өлкөм» саясий партиясын түзгөн. 1999-ж. баштап Президент А.Акаевдин администрациясын жетектей баштаган. Бул бир жагынан, С-дун менеджерлик сапаттарын баалагандык катары каралып, анын саясий карьерасынын эң бийик чеги болсо, экинчи жагынан, акаевдик-авторитардык саясий режимдин гүлдөй баштаган учуруна туш келген С. «үй-бүлө» мүчөлөрүнүн айрым таасирдүүлөрү менен тил табыша албай, ылдам эле бул кызматтан кетүүгө мажбур болгон. 1999–2000-жж. Эсептөө палатасын башкарып, анан элчилик кызматка которулган. Жогорку кызматтагы, таасирлүү адамдардан «кутулуунун» текшерилген ыкмасы катары элчиликке кетирүү эгемендүүлүк жылдарында кеңири колдонулган. Ошентип, 2000–2005-жж. С. Кыргызстандын Иран ислам республикасындагы элчиси катары, «саясий сүргүнгө» айдалган десек туура болот. 2005-ж. март революциясына жигердүү катышкан С. мамлекеттик резиденциядагы премьер-министр Н.Танаевдин отставкасын кабыл алгандардын арасында болгон. 2005-ж. президенттик шайлоодо талапкер Ф.Куловдун ишенимдүү адамы болгон. Бирок, У.Сарбанов (Улуттук банктын мурдагы төрагасы) менен С.Медеровдун (мурдагы каржы министри) 400 миң АКШ долларын жеп койгон деген ишине катыштыгы бар деп С. да кылмыш ишине тартылган. Баткен окуясынын маалында мамлекеттик казынадан Аскар Акаевге берген 420 миң доллар С-ду коррупциячыл катары айыптоого негиз берген башкы факт болгон. Бул маселе 2006-ж. сотто каралып, бир катар мурдагы мамлекеттик кызматкерлер акталышкан. 2006-ж. сот тарабынан акталгандан кийин гана С-дун жаңы саясий карьерасы башталган. 2006-ж. Президенттик администрациянын жетекчисинин биринчи орун басары, 2007-ж. өкмөттүн аппарат жетекчиси, ал эми 2007-ж. 16-апрелинен 2009-ж. 8-январына чейин С. өзүнүн өмүр баянында экинчи жолу КР Президентинин администрациясынын жетекчиси болуп иштеген. 2008–2009-жж. КР Коопсуздук Кеңешинин мүчөсү.

Бул жылдары бакиевдик кылмыштуу-кландык башкаруу тутумунун пайдубалы түптөлгөн жана бул процессте С-дун ролу орчундуу болгон. 2007-ж. 29-мартта ошол кездеги бакиевдик режимге каршы оппозициянын лидерлеринин бири А.Ш. Атамбаевдин премьер-министр болуп калышы менен оппозициянын таасиринин кескин төмөндөшүн коомчулукта С-дун ишмердиги менен байланыштырышкан. Жыйынтыктары акылга сыйбагандай, өтө ыпластык менен бурмаланган 2007-ж. 16-декабрдагы парламенттик шайлоо да С-дун саясий карьерасындагы ачыла элек «сыр сандык» катары тарыхта калды. С-го жаңы жыл алдында «белекке» почта кызматы аркылуу адамдын кулак-сөөмөйү эскертүү-коркутуу максатында жөнөтүлгөндүгү белгилүү болуп, коомчулукту тынчсыздандырган. 2009-ж. 8-январда С. Президенттик администрация башчылыгы кызматынан өз ыктыяры менен баш тартып, эми К.Бакиевди Президенттик кызматтан кетирүү боюнча олконун ичинде да, кошуна Казакстан мамлекетинде да маанилүү сүйлөшүүлөрдү жүргүзө баштаганы коомчулукта айтыла баштаган. С-дун жогорку кызматтан кетишин коомчулук ар кандай кабыл алган. Мис., Ө.Текебаевдин пикиринде

(«Ата-Мекен» партиясынын төрагасы), – ...командасынын биримдигин сактап калыш үчүн Бакиев бир чечимге келгенге мажбур болду. С-ду өз кланынын биримдигин сакташ үчүн «садага чапты» деп ойлойм. Ал эми саясат таануучу О.Молдалиев тарыхта көшөгө артында жашаган таасири күчтүү саясатчынын тагдыры башкача болушу мүмкүн эмес дейт.

2009-ж. 13-мартта Алма-Атада болгон сүйлөшүүлөрдөн кайтып келе жатканда, чек арадан өткөндөн кийин жанында жүргөн жолдошу С.Слепченко жана айдоочусу К.Сулаймановдор менен бирге карматылып, үчөө тең мыкаачылык менен өлтүрүлүп, анан Бишкектин түндүк жагына алып барып машинеси менен кошо өрттөлгөн. Сөөгү эки жолку генетикалык экспертизадан өткөрүлгөндөн кийин 2009-ж. 12-апрелде Чоң-Арык бейитинде жерге берилген.

САЙФ АД-ДИН АКСЫКЕНТИ, Сайпидин Молдо Аксыкенди, Сайфад-динибндамуллоШах Аббас Аксыкенти (XV к., азыркы Аксы, Алабука районун чегиндеги орто кылымдык Аксыкент ш. – XVI к. башы, ошол эле жер) – кыргыз ойчулу, эң алгачкы тарыхчысы, «Манастын» кара сөз түрүндөгү текстин биринчи жолу кагазга түшүргөн (1503-ж.) манасчы, көрүнүктүү санжырачы; «Мажму ат-таварих» аттуу уникалдуу кол жазманын автору. Ал эмгегинде кыргыз элинин байыртан берки тарыхын алгач жана кеңири баяндаган, кыргыздардын оң, сол болуп бөлүнүшүн, Ак уул, Куу уулдардын 23-атасына чейин атап жазган. Атасы Аббас дин илимининжогорку баскычтарына, шах (хан) деген мансапка жеткен адам болгон. Бир маалыматка караганда Молдо Сайпидин чоң атасы Чурчар (Чычар) кыргыз туугандарына таарынып («Чычар» деген кошумча атына чычалап деп да айтылат), тажиктер арасына көчүп кетип, тили фарсыча болуп калгандыгы эскерилет. Аксыкент шаарында фарсы тилдүү элдер басымдуу жашаган деген да сөз бар. Анын жазмаларынын ичинен бизге жеткени «Мажму ат-таварих» («Тарыхтардын жыйнагы») болуп саналат. Анын азырынча үч нускасы белгилүү: биринчиси Ленинград мамлекет университетинин китепканасынын Чыгыш бөлүмүндө 963-номер менен сакталып турат. Аны 1-иликтеп, советтик жана кыргызстандык окумуштуулар чөйрөсүнө жеткирген тажик окумуштуусу А.Т. Тагиржанов болгон. Ал «Собрание историй «Маджму ат-таварих» (Ленинград университетинин басмасы, 1959-ж.) аттуу китеп чыгарып, 1960-ж. 2-басылышы жарык көргөн. «Мажму ат-таварихтин» 2-кол жазма нускасы СССР ИАнын (азыр Орусия Илимдер академиясы) Азия элдери институтунун Ленинград бөлүмүндө 667-номер менен катталган. Муну орус окумуштуусу В.А. Ромадин Институттун китепканасынан таап, бардык мазмунун өз сөзү менен жазып чыгып, бир нускасын «Извлечение из «Маджму ат-таварих» деген ат менен Кыргызстан ИАнын Колжазмалар фондусуна тапшырган. А.Т. Тагиржановдун жазганына караганда нуска «Жами ат-таварих» деген ката көрсөтүлгөн ат менен сакталып турган. Ал кол жазма мурда эле атактуу тарыхчы В.В. Бартольдго белгилүү болгон. Чыгарма жөнүндө 1899-ж. 11-мартта Археол. коомунун Чыгыш бөлүмүндө кыскача кабар берип, кол жазманы ага В.А. Каллаур жибергенин, жазган автору С.А.-Д.А. китепти жазып бүтпөй каза болуп, аягын уулу Нурмухаммед бүтүргөнүн, бул хижра жыл санагы боюнча X к. (Иса жыл санагы боюнча 1494-ж. башталганы) таандык экенин билдирген. В.А. Ромадиндин Кыргызстан ИАнын Колжазмалар фондусуна жиберген «Извлечениесинин» көлөмү 110 бет. А.Т. Тагиржановдун жогоруда аталган китеби менен бул «Извлечениенин» негизинде алгачкы илимий кабарларды кыргыз окумуштуулары – З.Мамытбеков, андан кийин Ө.Караев, И.Молдобаев жана башкалар кыргыз коомчулугуна жеткиришкен. «Мажму ат-таварихтин» 3-нускасы Алабука районундагы Баймак айлынын тургуну Жайлообаев Назарматта сакталып келген. Бул нусканы Кудаярхандын ордо катчысы болуп кызмат өтөгөн Жайлообайдын агасы Койлонбай ичкериден алып келип, атадан балага мурас катары өтүп келген. Аны 1968-ж. Назармат карыя Академиянын Колжазмалар фондусуна тапшырган. Ошондон 1995-ж. чейин ал колго алынган эмес, анткени, араб тамгасы менен фарсы тилинде жазылган чыгарманы кыргызчага котормочулар табыл-

ган эмес. Ал 1996-ж. «Тарыхтардын жыйнагы» («Мажму-ат-таварих») деген наам менен китеп болуп чыкты (которгондор: М.Досболов менен О.Сооронов). Анда бул кол жазманын жазылуу себептери, Касандык 12 имамдын өмүр-ишмердиги, кыргыздардын Нух пайгамдардан берки тарыхы, оң, солго бөлүнүшү, Ак уул, Куу уул, алардын 23-атасына чейинки санжырасы, Чыңгызхан менен Амир Темирдин өмүр-тарыхы, эң негизгиси Манастын калмак ханы Жолой менен болгон согуштук айкаштары, жеңиштери камтылган. Молдо Сайпидиндин бул атактуу кол жазмасы «Манас» эпосунун биринчи кагазга түшкөнү, ошондой эле кыргыздардын байыркы тарыхынан эң алгач кабар бергендиги жана санжырасын кеңири чагылдыргандыгы менен баалуу.

САЙЫППУРУШ, зайыпбуруш (ар.-фарс. «сахиб» – ээ, ээлөөчү; «хуруж» – чыгаан, баарына ээ болгон мыкты баатыр, чоң жүрүштүн ээси деген мааниде) – илгерки элдерде айрым кишилерге жоокердик эрдиги жана кызматы үчүн берилген атак, сыпат. Дүйнөнүн элдерине мыкты баатыр маанисинде белгилүү тарыхый адамдар арасында өзгөчө чыгаан үч адам: Искендер Зулкарнайн (Александр Македонский); Чыңгызкан; Тамерлан-Аксак-Темир С. деген сыпатка ээ болгон деген көз караш бар. Мына ушул үч жаангердин гана сыпаты болгон С. эпитети уруулардын биримдигин сактап, эл мүдөөсүн коргоп, күрөшүп, жоокердик жүрүштөргө кол башчылык кылган Манас баатырга да колдонулган. Мис.,

«Калыйпадан кат алган
Муну менен Сайыппуруш аталган» (СК, 1. 27) ж.б.

Баба дыйкандын сунушу боюнча эгин айдап анын түшүмүнө Аккуланы сатып алып, аттанып чыккан Манаска Кызыр жолугуп:

Балам Манас угуп тур,
Баба дыйкандан бата алдың,
Жер үстүндө адамга

Сайыппуруш аталдың (СК, 2. 176), – деп айтат. Мындан «Манастын» эволюциялык өнүгүшүнө байланыштуу анын стили да өзгөрүп, о. эле салттык көркөм каражаттары да шартка карата жаңыланып жана өнүгүп олтурарын байкайбыз. Анткени баатырдык эпостордогу салттык эпитет менен салыштыруу башка элдердин тилдеринен өзүнө семантикалык жактан барабар келүүчү эквиваленттерди тез кабыл алып, синонимдерди байытууга жөндөмдүү болот. Ошондуктан, «Манас» эпосундагы «баатыр», «эр» деген эпитеттерге эквивалент келүүчү С. – «Сахиб хуруж» деген арабдын сөзүнөн синоним катарында кабыл алынганын жогоруда келтирилген факты материалдар айгинелеп турат.

САЛЫКТАР – юридикалык жана жеке жактардан бюджетке жана бюджеттик эмес фондуларга алынуучу милдеттүү түрдөгү төлөмдөрдүн тутуму. Алардын өлчөмү жана мөөнөтү *мыйзам* чегинде аныкталат. Бул мамлекетке салык төлөөчүлөрдөн жыйналган (түшкөн) акча катыштарын туюнтат. С. төмөндөгүдөй негизги эки функцияны аткарат: биринчиси, салык салуунун максатына байланыштуу ишканалар жана жарандар (ошонун ичинде чет элдиктер) менен өз ара карым-катнаштарын жөнгө салып туруучу экономикалык рычагы, экинчиси, бюджеттин киреше бөлүгүн калыптандыруучу жана толуктоочу негизги булагы. С. ич ара төмөндөгүдөй ажырайт: түз С. – булар кирешеге жана мүлккө (мис., кыймылсыз мүлккө салык, жер салыгы, табигат ресурстарын пайдалангандыгына салык, пайдага салык ж.б.) салынат; кыйыр С. – бул жасалган жумуштар, тейлөөлөр үчүн сатып алуучулар төлөөчү үстөк түрүндө товарлардын баасына кошулган салык (акциздер, кошумчаланган наркка салык, күйүүчү отунга салык), ошондой эле айыл чарба продуктуларын өндүрүүчүлөргө көмөк көрсөтүү үчүн *мамлекеттин бюджет*тик эмес фондуга жана ведомстволук турак-жай фондусун кармап туруу боюнча чыгымдарды каржылоо (финансылоо) үчүн бюджеттик эмес фондуга чегерүү. С-тардын жана чегерүүлөрдүн өзгөчө тобун *төлөм*дөр түзөт да, аларды алуунун объектиси катары эмгек акы фондусу саналат (чукул салык, мектепке чейинки балдар мекемелерин кармап турууга чегерүү, калкты социалдык жактан коргоо фондусуна жана жумуш орундары менен камсыз кылуу фондусуна чегерүүлөр). С-тардын, чегерүүлөрдүн жана жыйымдардын (салык формасына ээ болгон-

дордун) баарысы үч топко бөлүнөт: продукцияларды сатуудан (жумуштар, тейлөөлөр) түшкөн акчанын эсебинен төлөнүүчү төлөмдөр; продукциянын өздүк наркына кошулуучу төлөмдөр (жумуштар, тейлөөлөр) жана баланстык пайдалардан төлөнүүчү төлөмдөр (кыймылсыз мүлккө салык, товар айланымынан түшкөн пайдага салык, кирешелерге салык). Продукциянын өздүк наркына кошулуучу төлөмдөр өз кезегинде төмөндөгүдөй топчолорго бөлүнөт: эмгек акы фондусунан кармалуучу С. жана чегерүүлөр – чукул салык, калкты социалдык жактан коргоо фондусуна чегерүүлөр ж.б.; жол фондусуна чегерүүлөр – транзиттик салык, автожолду жана автотранспортту пайдалануу боюнча кирешелерден түшкөн каражаттарды жол фондусуна чегерүүлөр; калган дагы башка С. жана чегерүүлөр – жерге салык, табигат ресурстарын пайдалангандыгына салык, мамлекеттик өрт өчүрүү мекемелерин кармап туруу-га жыйым; ведомстволук фондуларга чегерүү – борборлоштурулган инвестициялык фонду, илимий-изилдөө, тажрыйба-конструктордук иш, тармактык жана тармак аралык фондулары жана илимди арбын талап кылуучу продукциялардын жаңы түрлөрүн өздөштүрүү фондуларына. Өзүнүн ишин юридикалык тарапсыз эле ишке ашырып жүргөн жеке ишкерлер бардык С. жана чегерүүлөрдүн ичинен төмөндөгүлөргө төлөйт: акциздерге, кошумчаланган наркка, отунга, кыймылсыз мүлккө, эмгек акыга (жеке инсандардын айлыгына) салык, экологиялык, транзиттик салык, мамлекеттик бажылык акы (төлөм), жерге төлөмдөр, калкты социалдык жактан коргоо фондусуна жана жумуш оруну менен камсыз кылуу фондусуна чегерүүлөр. Тийиштүү бир эле мезгилде бир объектиге салынган салыктын бир эле түрүнөн бир гана жолу алынары иш-аракеттеги мыйзамда алдын-ала каралган. Ошону менен бирге бир эле объектке ар кандай С. жана жыйымдар салынышы мүмкүн. Мис., эмгек акы фондусу – ишканалар үчүн үч төлөмдүн (мектепке чейинки мекемелерди кармап турууга, социалдык жактан коргоо жана жумушчу орунун камсыз кылуу фондуларына) объектиси болуп саналат. Социалдык жактан иш коргоо жана жумушчу орунун камсыз кылуу фондусуна чегерүүлөрдүн өлчөмү салыктык төлөмдөрдүн ар кандай түрү катары саналуу менен бирге, өз кезегинде кошумчаланган нарктын курамына киргизилет да, дагы бир жолу салык кармалат. Иш-аракеттеги салык тутуму али тиешелүү туруктуулукка жете элек. Андыктан анын функцияларын жөнгө салуу жана ургаалдаштыруу багытында бир катар өркүндөтүүнү талап кылуучу иштер али арбын.

САЛЫШТЫРМАЛУУ УКУК – ага ээлик кылган жакка белгилүү бир сандагы милдеткер жактар каршы турган жекече укук. С. у. белгилүү бир жактын же жактардын тигил же бул иш-аракетти жасоо милдетин кабарлайт (мис., сатуучунун буюмду сатып алуучуга берүү милдетин). С. у-ка милдеттенмелик укуктар да кирет.

САНКЦИЯ (лат. sanction – катуу токтом) – адатта, акыркы мүнөздөгү чара, чечим. Анын төрт негизги мааниси бар: а) укук тартибин бузгандарга карата колдонулуучу жана ага белгилүү бир жагымсыз кесепетин тийгизе турган чара. Чара мүнөзүнө жана аны колдонгон органдарга жараша, кылмыш-жаза-укуктук, административдик-укуктук, тартипке чакыруу – укуктук, мүлктүк болуп бөлүнөт. Кылмыш-жаза-укуктук С. (эркинен ажыратуу, жазапул салуу ж.б.у.с.) сот тарабынан гана колдонулат. Административдик-укуктук С. (административдик жазапул, административдик камак) – милиция, полиция тарабынан. Тартипке чакыруу – укуктук С. (кызмат ордунан төмөндөтүү, бошотуу) – кызмат адамдары, администрация тарабынан. Мүлктүк С. (мис., жабырлануучуга зыян ордун толтуруп берүү, анын пайдасына мүлктү чектеп берүү, бүтүмдү негизсиз деп таануу) өз алдынча чара же башкалар менен айкалыштырылган чара катары сот тарабынан гана дайындалат; б) ал ченемди бузуучуга таасир этүү чарасы экендигин көрсөткөн жалпы ченемдердин түзүмдүк бөлүгү; в) кылмыш жасагандыгынан шек саналган жакка карата мажбурлоо чарасын колдонууга (камакка алууга, тинтүүгө ж.б.) уруксат берүүчү прокурордун токтому; г) эл аралык укуктагы бул ченемдер менен эл аралык милдеттенмелерин бузган мамлекетке таасир көрсөтүү чарасы.

САРАЛАЕВ Урмат Кадыкеевич (1946-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору.

Нарын шаарында төрөлгөн. 1975-ж. СССРдин 50-жылдыгы атындагы КМУнун чет тилдер факультетин «Немис тили жана адабияты» боюнча адистигин бүтүргөн.

1975–1988-жж. референт, ага референт, бөлүм башчы жана чет өлкөлөр менен достуктун жана маданий байланыштын Кыргызстандагы коомунун президиумунун төрагасынын орун басары. 1988–1991-жж. Монголиядагы чет өлкөлөр менен достуктун жана маданий байланыштын советтик коомдогу союзунун төрагасынын орун басары (Улан-Батор ш., Чойбалсан), ошол эле учурда Чойбалсан шаарындагы СССРдин Генералдык консульствосунун консулу болуп эмгектенген. 1991–1992-жж. чет өлкөлөр менен достуктун жана маданий байланыштын Кыргызстандагы коомунун президиумунун төрагасынын орун басары. 1992–1993-жж. КР ТИМдин Азия жана Тынч океан мамлекеттери бөлүмүнүн башчысы. 1993–1996-жж. референт, КРнын Өкмөт аппаратынын тышкы байланыштар жана чет өлкөлүк инвестициялар бөлүмүнүн эл аралык секторунун башчысынын орун басары, башчысы. 1996–1999-жж. Өзбекстандагы КРнын Элчилигинде биринчи катчы-консул, кеңешчи-консул. 2000–2001-жж. КР ТИМдин консулдук кызматтар башкармалыгынын начальниги. 2001–2003-жж. ГФРдагы КРнын Элчилигинин консулдук бөлүмүнүн кеңешчи-башчысы. 2004–2006-жж. КР Өкмөт аппаратынын эл аралык кызматташтык бөлүмүнүн башчысынын орун басары, эксперти. 2006–2010-жж. Тажикстандагы КРнын Элчилигинде кеңешчи. 2010-ж. 20-октябрдан 2014-ж. 30-июнга чейин КРнын Тажикстандагы элчиси. Кыргыз Республикасынын Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчиси дипломатиялык рангын алган.

Жүздөн ашуун илимий эмгектердин жана публикациялардын, анын ичинде 7 монографиянын: «Международное общение: теория и практика» (1999), «Теоретические аспекты проблемы международного общения» (2000). «Международное общение как основа межгосударственных отношений» (2001), «Международные отношения Кыргызстана» (2001), «Международное общение как основа межгосударственных отношений и важный фактор укрепления интеграционных связей и сотрудничества» (2010), «Кыргызстан – Таджикистан: добрососедские, доверительные и взаимовыгодные отношения» (2012), «Политические процессы в глобализирующемся мире» (2013) автору. Чүй университетинин ардактуу профессору, Өзбекстан Республикасынын Туран эл аралык илимдер академиясынын академиги.

КРнын ардак грамотасы (2006), Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин грамотасы, КРнын Өкмөтүнүн ардак грамотасы, Монголия Элдик Республикасынын өкмөттүк сыйлыктары, Шанхай Кызматташтык Уюмунун медалы менен сыйланган.

САШУН (Sanggun) – мамлекеттик жогорку чин, VI к. бери маалым. VI-XIII кк. чегинде Кыргыз каганатында бул термин «ханзаада», «тактын мураскери», «кол башчы» маанилерин туюнткан. Кытай императорлору кыргыз кагандарынан расмий элчиликке келген адамдарды мамлекеттеги ээлеген кызмат даражасына карата «сангун» деп аташкан. Тан доорундагы (VII-X кк.) кытай тилинде (диалектилеринде): Sanggun; xiang gong – «ханзаада», «принц» маанисин берген жана хан тукумунан тарагандардын атына жалганып айтылган титул болгон. Барлыктагы (Тува, Элегест) кыргыздарга таандык жазуу эстеликте: «...Байна Сангун уулу Күлүг Чормун, муңсуз улгатым (улгайдым), Теңир берген күнго, жердеги элиме бөкбөдүм тойбодум), өргөөдө кунчайым (канчайым – каныша), уулум калды...» – деген маалыматтар бар. (Орхон-Енисей текстгери, 1982, 149). Ал эми, Улуг Кем-Күлү Кемдеги эстеликте Чочук Бөрү Сангун деген адам аты кездешет (аталган эмгек, 156-б.). Уйбат өрөөнүндөгү (Хакасия) үчүнчү эстеликте: «...Теңирим (мени) жалгады (колдоду), калың журтуму, үч уулуму көрбөдүм, мен Тархан Сангунмун, мен Эл-Чур (Чор) элинин пайдасы үчүн күрөштүм...» – деп жазылат (аталган эмгек, 176-б.). 843-ж. Кыргыз каганынан Тан династиясынын императорунун атайын мамлекеттик-расмий кабылдоосунда кыргыздын

тектүү элчилери Тапказ сангун (Чжу-у-Хэсу), Жоокусол сангун (Табу Хэцу), Ошкор сангун, Дадас Инанч Чорлор (Вэн-у Хэ) болушкан (Кытай императорлорунун кыргыз кагандарына жазган каттары. – Б.: 2003). Байыркы кыргыз (түрк) тилинде Inanch – ишенимдүү, ишеним жүктөлгөн адам («элчи» сөзүнүн синоними) маанисин туюнткан. Ал эми биринчи элчиликти Кыргыз каганынын Тапказ (ж) аттуу элчиси жетектеп барган. Tawgach – байыркы кыргыз тилинде «кытай», «кытай адамы» деген маанини берген. Болжолу, Тапказ (ж) Кыргыз каганына ак дилден кызмат өтөгөн, теги кытай адамы болуусу да ыктымал. Анткени, мамлекеттеги тышкы иштер маселелеринде кошуна элдердин маданиятын, үрп-адатын, тилин билген адамдар өзгөчө зарыл болгондугу маалым. Кыргыздар менен эң оболку дипломатиялык алакалар Тан династиясынын (мамлекетинин) «Сяцяцы ча гунту чжуан суй» («Китепкана казынасы») аттуу жыл баянда чагылдырылат. Бул баян Кыргыз каганынан расмий иш сапары менен келген Тапказ (Чжу-у Хэсу) деген элчиден соң жазылган. Кытай императору (Тан династиясы, IX к.): Падыша урмат менен Кыргыз каганына салам айтат. (Сизден) Дадас *Инанч* Чор сангун ордо шаарга (борборго) келди. Сиз жиберген катты окуп, тартууга келген эки ак боз аргымакты кабыл алдык...» – деп жазат. Болжолу, Кыргыз *каганы* Тан Каттардын соңунда Тан императору: «...Каган ден соолугуңузду жакшы күтүңүз, Сиз сангундарыңызга, жайсандарыңызга, ошондой эле бардык вазирлериңизге менден салам айтып коюңуз. Бул катта аларды бирден атап салам айтууга болбоду» – деп жыйынтыктаган династиясына өзүнүн мураскерлерин же жакындарын элчи катары жөнөткөн болуу керек.

САЯСАТ (грек. politike – мамлекетти башкаруу искусствосу) – бул чоң социалдык топтор арасында (улуттар, катмарлар, мамлекеттер) алардын коомдук маанилүү суроолорун жана керектөөлөрүн ишке ашыруу үчүн *саясий бийликти* жеңип алуу, орнотуу, кармоо, иштетүү жана пайдалануу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүк. «Саясат» – кыргыз тилинде эле эмес дүйнөнүн көптөгөн башка тилдеринде да өтө кеңири таралган жана көп маанилүү сөздөрдүн бири. «Саясат» термини мындан 2,5 миң жыл илгери байыркы гректердин – politike – деген сөзүнөн пайда болуп, ондогон кылымдар бою коомдун өнүгүшү менен бирге келатса да бүгүнкү күндө анын маанисин аныктоо боюнча талаш-тартыштар уланып келүүдө. Күнүмдүк турмушта бир максатты көздөп жасалган ишти – мейли ал *мамлекет башчысынын* болобу, же партиянын, фирманын, айыл өкмөтүнүн жетекчисинин ишмердиги болсун, жада калса кошуна адамдардын бири-бирине карата жасаган мамилесин да «саясат» деп аташат. «Саясат» терминин илимий түшүндүрмөсү анын күнүмдүк турмуштагы маанисинен өзүнүн так логикалуу далилдери, тутумдуулугу жана өзүнө гана таандык болгон белгилери менен айырмаланып турат.

Массалык аң-сезимде С., адатта, кайсы бир максатты көздөө жана ага жетүүнүн жолдорун тастыктоо катары түшүндүрүлөт. Алсак, «экономикалык саясат» же «билим берүү жагындагы саясат» жөнүндө кеп болгондо экономика менен билим берүүдөгү *мамлекет* тарабынан аткарыла турган иштерди, милдеттерди ишке ашыруучу каражаттарды аныктоо түшүндүрүлөт. Ошондуктан С.: социалдык, маданий, улуттук, коопсуздук д.у.с. түрлөргө бөлүнөт. «Саясат» терминин дагы бир түшүндүрмөсү адамдын активдүүлүгүнүн мүнөздөмөсү менен байланышкан, б.а. терең ойлонуп туруп өз алдынча максат коюуга жана ага жетүүнүн жолун жана каражаттарын аныктай алууга жөндөмдүүлүгү, ошондогу чыгымдар менен натыйжаларды салыштырып, өлчөп-эсептөөгө жарай тургандыгы менен байланышкан. «Саясат» терминине аныктама бергенде «максат», «келечек» деген сөздөр көп колдонулат, ушундан улам «саясат» менен «стратегия» терминдери мааниси боюнча жакын келет.

С-ты терең түшүнүү үчүн анын тарыхына кыскача саякат кылалы. С. дайыма эле болгон эмес. С. пайда болгонго чейин адамдардын ортосундагы мамилелерди жөнгө салып турган социалдык механизмдерге – диндик же ишенүү нормасы, адат укугу жана салттар кирген жана алар каны бир туушкандык, уруучулдук мами-

лелерге таянган. Коомдун өнүгүшү менен, металл соконун пайда болушу жана өгүз, жылкы ж.б. малды унаа катары пайдалануу зарыл керектөөдөн алда канча көбүрөөк, б.а. кошумча продуктыларды өндүрүүгө шарт түзүп, акыры бул процесс жеке менчик институтунун пайда болушуна алып келген. Ал эми жеке менчик өз кезегинде жарандык коомдун калыптанышынын негизи болуп калган. Жеке менчик айрым адамдардын башкалардан обочолонушун, уруу бийлигинен көз карандысыз, автономдуу инсандардын, байлардын, баатырлардын болушун шарттаган. Эми бул автономдуу обочолонгон жеке менчик ээлери укук, эркиндик жана өз алдынчалыкты камсыз кылууга багытталган коомдук институттардын калыптанышын жана өнүгүшүн талап кылып, аларды түзө башташты. Эгер мурда ар кандай карама-каршылыктар бир атанын балдары, уруучулук байланыштардын, адаттардын, ыйман-адептердин, салттардын, диний нормалардын негизинде чечилип келсе, эми болсо ал мүмкүнчүлүктөр, механизмдер араздашууларды, конфликттерди жоюга жетишсиз болуп калды. Ошол эле учурда адамдардын укуктарын жана эркиндиктерин коргоого, башка адамдар менен өз ара мамилесин жөнгө салууга болгон зарылчылык, керектөө улам өсүп жатты.

Демек, С. деген табигый макулдашуучулук болбой калган жерде, эски адаттарга таянып эпке келишүү мүмкүн болбой калган кезде пайда болот. Ар түрдүү кызыкчылыктары бар адамдарды, топторду макулдаштыруу, коомдун бүтүндүгүн сактоо зарылчылыгы элдик бийликтин институттарынын: бюрократтык аппараты бар мамлекеттин, армиянын, милициянын, түрмөнүн ж.б. пайда болушуна алып келген. Башка социалдык институттардан (мис., моралдан, салттан, динден) айырмаланып С. жеке керектөөлөрдү канааттандырууга эмес, жалпыга маанилүү топтордун кызыкчылыктарын канааттандырууга кызмат кылат. Адамдын, топтордун, жалпылыктардын дооматтары мамлекеттин кийлигишүүсүз ишке ашпашы айкын болгон чакта гана алардын өз ара аракеттенүүлөрү, мамилелери жана байланыштары саясий мүнөзгө ээ болот. Ошондуктан С. мамлекеттик бийлик менен тыгыз байланышкан.

Кыскача айтканда, С-ка аныктама берүүдө көптөгөн ыкмалар бар: социологиялык, субстанционалдык (материянын, кубулуштун негизин тактоо), тутумдук ж.б. Өз кезегинде булар да бир нече өз алдынча кичи ыкмаларга бөлүнөт. Жагдайдын мындай болушу, биринчи кезекте, С-тын татаалдыгы, анын мазмунунун байлыгы, касиеттеринин жана коомдук функцияларынын көп түрдүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Ар түрдүү ыкмаларды жыйынтыктап, жалпылап келип С-ка төмөкүдөй аныктама берсек болот: С. – бул адамдардын жана социалдык ар кандай топтордун өздөрүнүн карама-каршылыктуу жамааттык кызыкчылыктарын аңдап билүүсү, аларды түшүнүү жана көрсөтө билүүсү, мамлекеттик бийликтин жардамы менен ишке аша турган, жалпы коомго тиешелүү чечимдерди, программаларды даярдоо, кабыл алуу жана ишке ашыруу боюнча ишмердик чөйрөсү.

САЯСАТ ТААНУУ (политология) (гр. politike – мамлекетти башкаруу искусствосу + logos – сөз, түшүнүк, илим) – саясат, саясий процесстер жана саясий бийлик жөнүндөгү илим. «Саясий илим», «Саясат жөнүндөгү илим», «Саясий социология» терминдери улуттук жана региондук саясат таануу мектептеринин салтын жана өзгөчөлүктөрүн чагылдырат.

Объективдүү реалдуулук жөнүндөгү билимдердин жыйындысы катары кайсы гана илимди албайлы, анда: а) изилдөө предмети (таанып-билүү процессине кирген так ошол объективдүү касиеттер, байланыштар менен катыштар); б) предмет тууралуу билимдерди табууга жардам бере турган методдор (таанып-билүүнүн ыкмалары менен жолдору); в) таанып-билингендин мазмунун туюндурган категориялар (түшүнүктөр); эң акырында, г) объективдүү реалдуулук жөнүндөгү түшүнүктү туюндурган билимдердин формалары (мыйзамдар, теориялар, баяндоолор) бар экени белгилүү.

САЯСАТ ТААНУУ илиминин эгемендүү Кыргызстандагы калыптанышы – Кыргызстандагы саясат таануу илиминин адабият,

тарых жана философия сыяктуу коомдук илимдерден өз алдынча бөлүнүшү XX к. 80-ж. аягы – 90-ж. башына туура келет. 1991-ж. Кыргыз улуттук университетинде саясат таануу кафедрасы ачылган.

Мурунку илимий коммунизм кафедрасынын базасында ачылган «Политология» кафедрасы бүгүнкү күнгө чейин философия илиминин таасиринен толук арыла элек. Кыргызстандагы саясат таануу боюнча жазылган алгачкы окуу куралдарынын авторлору да философтор болушкан, алсак, В.П. Тутлис, Т.О. Ожукеева ж.б. Саясат таануу окуу куралын кыргызча жазууга кээ бир аракеттер болгону менен айтаарлык жыйынтык болгон жок. 1996-ж. А.Акунов, К.Байболов жана Т.Ожукеевалардын авторлугунда саясат таануу боюнча алгачкы кыргызча көлөмдүү сөздүк жарык көргөн.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы Кыргызстандын жаңы мамлекеттик башкаруу тутумун курууда, экономиканы базар мамилелерине өткөрүүнүн укуктук-нормативдик негизин түзүүдө, кыргыз коомун демократия багытындагы жолго салууда «легендарлуу» парламенттин, анын көптөгөн жаңыча ойлонгон депутаттарынын сиңирген эмгеги чоң жана кошкон салымы көп болгон. Профессор М.Шеримкуловдун «Көз карандысыз Кыргызстандын парламенти» менен З.Курмановдун «Парламентаризм в Кыргызстане. Первый опыт» аттуу китептеринде кыргыз парламентинин ишмердиги жөнүндө баалуу маалыматтар бар.

Профессор Т.О. Ожукееванын 1993-ж. жарык көргөн «XX кылым: Кыргызстандын улуттук мамлекеттүүлүгүнүн кайра жаралуусу» аттуу илимий монографиясы кыргыз тарыхына, мамлекеттүүлүктү куруу маселелерине, улуттун бүгүнкүсү менен анын келечегине жаңыча көз карашты жана коомдук-саясий ой-пикирди калыптандыруунун алгачкы үлгүлөрүнөн болгон. Т.О. Ожукееванын «Государственные системы современности: сравнительный анализ» жана «XXI век: институт президентства в Кыргызской Республике» деген китептери, М.К. Укушев менен Ж.А. Бокоевдин «Президент Кыргызской Республики» деген эмгеги, академик А.Эркебаевдин «1990 год: приход к власти А.Акаева» китеби жана башка көптөгөн эмгектер эгемендүүлүк мезгилиндеги мамлекеттик бийликти уюштуруу жана ишке ашыруу маселелерине арналган.

2001-ж. профессорлор А.Акунов менен Ш.К. Керимбаевдин редакторлугу менен «Кыргызстандын саясий тарыхы. Байыркы мезгилден бүгүнкү күнгө чейин» деген эки томдук илимий эмгек жарык көргөн. Анын 2-тому «Саясий Кыргызстан» деп аталып, хронологиялык жактан Кыргызстандын 1990-ж. кийинки мезгилдеги саясий тарыхын өзүнө камтыган. Бул эки томдук кыргыздардын жана Кыргызстандын жалпы тарыхынан саясий тарыхты өзүнчө бөлүп изилдөөгө карата ата-мекендик тарыхнаамадагы алгачкы аракеттерден болуп эсептелет.

Кыргызстандын соңку жаңы тарыхынын тарыхнаамасында 2005- жана 2010-жж. саясий окуялар өзгөчө орунду ээлеген. 2005-ж. 24-марттагы жана 2010-ж. 7-апрелдеги саясий төңкөрүштөрдү изилдөөгө жана 2010-ж. июнда өлкөнүн түштүгүндө орун алган улуттар аралык кагылышуунун себептерине жана кайгылуу кесепеттерине арналган бир катар илимий эмгектер, аналитикалык макалалар жана көптөгөн эскермелер жарык көргөн. Алсак, Ч.Айтматовдун – «Экстренный переворот», А. Мариповдун – «Сороку губит не осторожность, а жадность», А.Б. Элебаева, А.К. Джусупбеков, Н.А. Омуралиевдердин – «Ошский межнациональный конфликт: социологический анализ», А.А. Брудныйдын «Вспышка» (мартовские революционные события в теоретическом освещении) жана башка эмгектерди атаса болот. Окумуштуулар К.Исаевдин, Т.Кененсариевдин, А.Князевдин ж.б. илимий макалалары, Т.Тургуналиев, А.Бекназаров, Б.Акаев ж.б. аналитикалык материалдары көптөгөн маалыматтарды, ой-бүтүмдөрдү, көз караштарды камтыйт.

Дүйнөлүк коомчулук тарабынан Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн таанылышы жана заманбап кыргыз дипломатиясынын калыптанышы менен андан аркы өнүгүшүнө, дегеле, Кыргыз мамлекетинин көп багыттуу тышкы саясатынын ой-кырларына арналган эмгектер арбын. Эгемендүүлүктүн ар кайсы

мезгилдеринде өлкөнүн тышкы иштер министрлигин жетектешкен Р.Отунбаеванын, М.Иманалиевдин, А.Жекшенкуловдун, И.Абдразаковдун жана башкалардын илимий эмгектери менен популярдуу-публицистикалык макалалары, көптөгөн диссертациялык иштер көңүл бурууга татыйт. Бул эмгектерде өлкөнүн тышкы саясатындагы улуттук кызыкчылыктардын кандайча корголуп жаткандыктары изилденген.

Кыргызстан көп улуттуу жана көп динди туткан өлкө болгондуктан бийлик тарабынан да, коомчулук тарабынан да, этностор аралык мамилелерди жакшыртуу, Кыргызстан калкынын жалпы улуттук идентүүлүгүн калыптандыруу аркылуу мамлекеттүүлүктүн пайдубалын чыңдоо күн тартибиндеги негизги маселелерден болгон. Бул темага Омукеева Дж.А. жана Сарыков Т.К, Элебаева А.Э., Омуралиев Н.А. тараптан көптөгөн илимий эмгектер жазылган. Бул багытта жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү мамлекеттик органдар да, эл аралык уюмдар да уюштуруучулук жагынан да, каржылоо жагынан да колдоого алышкан. 2010-ж. өлкөнүн түштүгүндөгү этностор аралык кагылышуулардан кийин бул маселе учурдун актуалдуу темасына айланган..

«САЯСАТ ТААНУУ» сабагы – бардык жогорку окуу жайларда тандап алуу курсу алкагында окутулат, ал эми бир катар университеттерде «Саясат таануу» багыты боюнча жогорку билимдүү адистер даярдалат. 2002-ж. «Саясат таануу» боюнча башында кандидаттык, кийинчерээк, 2007-ж. баштап, докторлук диссертацияларды жактоого атайын диссертациялык Кеңеш ачылган жана ал Кеңеш бүгүнкү күндө үзүрлүү иштеп атат. Кыргызстанда бүгүн саясат таануу илиминин ондогон докторлору менен кандидаттары бар.

Кыргызстандын көз карандысыз мамлекет болуп калыптануу маселеси жана анын өнүгүшүнө тарыхый жактан анализ жүргүзген алгачкы эмгектердин бири окумуштуу У.Чотоновго таандык. Окумуштуунун эмгектеринде Кыргызстандын өз алдынча мамлекет болуп калыптанышындагы саясий, социалдык-экономикалык өбөлгөлөрүнө, мамлекеттик башкаруу системасынын түзүмдөрүнө, эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарындагы өлкөнүн коомдук саясий абалына тарыхый жактан талдоо жүргүзүп, баа берген.

Кыргызстандын мамлекеттик башкаруу тутумунун өнүгүшүн иликтөөгө алган эмгектердин катарына окумуштуу А.Акуновдун эмгектерин кошууга болот. Окумуштуу өзүнүн изилдөөлөрүндө мамлекеттик башкаруу жаатында алгачкылардан болуп эгемендүү Кыргызстандын бийлик бутактарынын түзүлүү принциптерине, мамлекеттик башкаруу тутумун тарыхый укуктук жактан талдоого алган.

Көз карандысыз мамлекеттин башкаруу органдарына сереп салган изилдөөлөрдүн катарына У.К. Чиналиевдин эмгектерин атоого болот. Анын «Реализация принципа разделения властей в современном Кыргызстане» аттуу эмгегинде, автор демократиялык коомдун курулушун, жогорку мамлекеттик бийлик органдарынын ыйгарым укуктары менен алардын өз ара байланыш маселелерин талдоого алган.

Эгемендүү Кыргызстандын мамлекетти башкаруу тутумунун жана бийлик бутактарынын өнүгүү этаптарына арналган изилдөөлөрдүн катарына окумуштуу М.М. Кучуковдун Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып, 2001-ж. чейин ишмердүүлүгүн жана өнүгүшүн изилдеген доктордук диссертациясын кошууга болот.

Кыргызстандагы Акыйкатчы институтунун түзүлүшү жана анын ишмердүүлүгү тууралуу маселеге окумуштуу Ч.У. Койчуманова кайрылган. Анда өлкөдө Акыйкатчы институтунун түзүлүү себептери, анын демократиялык коомду куруудагы орду жана институттун структуралык түзүлүшү жөнүндө маалыматтар берилген.

Кыргызстандын саясий тарыхы боюнча изилдөөлөрдүн катарына окумуштуу тарыхчы З.И. Галиеванын монографиясын кошууга болот. З.И. Галиева көз карандысыз Кыргызстандын бир доордон экинчи доорго өтүүдөгү өнүгүү этаптарын караган жана анын өнүгүш динамикасы менен өзгөчөлүгүнө токтолгон. Кыргызстандын тотолитаризмден демократияга өтүшү, мамлекеттик түзүлүш жана башкаруу формаларын тандап алуусу, шайлоо системасынын Кыргызстандагы өзгөчөлүктөрү жана анын бийлик институттарына тийгизген таасирин талдап, Кыргызстандагы мамлекеттик жана жарандык институттардын калыптануу процессин, мамлекетти башкаруудагы авторитардык системага өтүү баскычтарын иликтөөгө алган.

Мамлекеттүүлүктүн тарыхы жана анын калыптануу факторлору Ч.Ж. Чотаеванын доктордук диссертациясында иликтөөгө алынган. Автор кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптануу факторлоруна талдоо жүргүзүп, өзгөчө басымды этномаданий факторлордун тийгизген таасири аркылуу мамлекеттүүлүктүн калыптануу баскычтарын изилдөөгө жасаган.

Н.Ж. Эсенгулов өзүнүн эмгектеринде Кыргыз Республикасынын 20 жылдык өнүгүүсүнө комплекстүү анализ жүргүзүп, өлкөнүн саясий, экономикалык жана социалдык абалынын өзгөчөлүктөрүн ар тараптуу чагылдырган.

Эгемендүү Кыргызстандагы саясий партиялардын калыптануу жана өнүгүү тарыхын жана алардын эволюциясын төрт баскычка бөлүп Г.А. Анарбаева караган. Демократиялык коомдун өзүнчө институту катары түптөлүп калган бейөкмөт уюмдардын Кыргызстандагы калыптануу, түзүлүү жана өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүн караган Э.Т. Шишкараеванын кандидаттык диссертациясы болуп саналат.

Кыргызстандын саясий тарыхы боюнча изилдөөлөрдүн бир багыты эгемендүү Кыргызстандын алыскы жана жакынкы чет өлкөлөр менен болгон алакаларын камтыган, тышкы саясатынын векторлорун иликтөөгө алган эмгектер болуп саналат. Бул багыттагы негизги адис катары белгилүү окумуштуу Каана Айдаркул эсептелет. Окумуштуу А.С. Ормушев илимий эмгектеринде эгемендүү Кыргыз Республикасынын Түркия, Иран, Сауд Арабиясы, Бириккен Араб Эмираттары жана Кувейт өлкөлөрү менен ар тараптуу кызматташуусунун саясий-экономикалык жана маданий багыттарын, аталган өлкөлөр менен дипломатиялык мамилелеринин калыптануу жана өнүгүү баскычтарын чагылдырган.

Кыргызстан менен Германиянын ортосундагы саясий-экономикалык мамилелерди, эки мамлекеттин ортосундагы карым-катыштын баскычтарын жана тарыхын У.Т. Акматбаев монографиясында көрсөткөн. Бул багыттагы эмгектердин катарына Н.К. Момошеванын эгемендүү Кыргызстандын тышкы саясатынын калыптанышына арналган эмгегин, С.Э. Бекибаевдин Кыргыз Республикасы менен Иран мамлекетинин ортосундагы мамилелерди талдоого алган кандидаттык диссертациясын, М.А. Закировдун 1991–2005-жж. аралыгындагы Кыргызстан менен АКШнын ортосундагы мамилесин саясий жана маданий-гуманитардык аспектиде караган монографиясын, Ч.Б. Тобакаловдун кыргыз-өзбек мамилелерин саясий-экономикалык жактан иликтөөгө алган диссертациялык ишин, Т.А. Отамбаевдин Азия-Тынч океан регионундагы өлкөлөр менен Кыргызстандын карым-катышынын тарыхына арналган изилдөөлөрүн кошууга болот.

Көз карандысыздыкка ээ болгондон кийинки Кыргызстандын руханий-маданий турмушундагы өзгөрүүлөр, илим жана билим берүүнүн өнүгүшүнө арналган бир катар илимий изилдөөлөрдө чагылдырылган. Бул багыттагы негизги эмгек катары Т.А. Абдрахмановдун өткөөл мезгилдеги жогорку окуу жайлардын жана жогорку билим берүү абалын чагылдырган изилдөөсү эсептелет.

Биздин саясатчылар Орусиядагы саясий түзүлүштү, саясий институттарды үлгү катары кабылдашат, ал эми өз кезегинде Орусия Батыш Европадан жана АКШдан үйрөнүшөт жана алардын баалуулуктарын кабылдашат. Мис., Орусия менен Американын аткаруу бийлигинин структурасын, президенттик жана вице-президенттик институттарды Кыргызстанга алып келип маңызын бурмалоо менен киргизүү так ушундай болгон. Орусиянын эки палаталуу парламенттик системасын Кыргызстанга чала-була кийирүүдөн жакшы натыйжа деле чыккан жок. Ушу сыяктуу чет өлкөлөрдүн баалуулуктарын Кыргызстанга кийире коюшат да, анан адамдарды ага үйрөтүш керек, окутуш керек дешет. Бүгүнкү күндө мындай ишке сын көз

менен карап, этияттык мамиле кылып, өлкөнүн ичиндеги саясий процесстер менен саясий мамилелерди изилдөөгө көбүрөөк көңүл буруп, саясат таануунун улуттук салттарын иштеп чыгуу күн тартибиндеги биринчи кезекте аткарылуучу, орчундуу маселелердин бири.

САЯСАТ ТААНУУНУН ИЗИЛДӨӨ ОБЪЕКТИСИ – саясат дүйнөсүнүн чегин, анын бөтөнчөлүгүн аныктоочу бийлик болуп саналат. Саясий илимдин мазмунун бийлик табияты, анын калыптанышы, коомдогу аткарган функциялары, саясий топтордун, партиялардын, жамааттардын, индивиддердин, мамлекеттердин бийлик туурасында өз ара мамилелери жана ал мамилелердин формалары, алардан келип чыккан натыйжалар түзөт.

САЯСАТ ТААНУУНУН КАТЕГОРИЯЛАРЫ – коом таануудагы интегралдык категориялар: коом, цивилизация, коомдук-экономикалык формация, жарандык коом, бийлик, эркиндик, революция ж.б-ларга таянат. Ошону менен бирге ал өзүнүн жеке категорияларына да ээ: саясат, саясий кызыкчылыктар, саясий система, саясий бийлик, саясий субъект, саясий режим, саясий процесс, саясий уюм, саясий маданият ж.б.

Мамлекеттин, коомдун жана индивиддин бийликти бөлүштүрүү жана ишке ашыруу боюнча өз ара аракеттери категориялар, б.а. негизги түшүнүктөр системасы аркылуу туюндурулат. С. т. к-н классификациялоо ар кандай критерийлер боюнча ишке ашырылышы мүмкүн. Эгерде критерий катары саясий турмуштун өзгөрмөлүүлүк жана туруктуулук деген абалын алсак, анда түшүнүктөрдү эки топко бөлсө болот. «Саясий кызыкчылык», «саясий тандоо», «саясий өнүгүү», «саясий процесс», «саясий модерндештирүү», «саясий технологиялар», «саясий кырдаал», «саясий альтернатива» ж.д.у. сыяктуу категориялар чагылдырышат. «Саясий бийлик», «саясий режим», «саясий система», «саясий нормалар», «саясий салттар», «саясий маданият» д.у.с. түшүнүктөр саясий өнүгүүнүн динамизмин билдирет. Саясат таануунун тили ийкем, кооз, өзүнүн туюнтуу формалары боюнча ар түркүн келет, бирок, жетиштүү түрдө катуу талап коюлат. Саясий илимдин тили вербалдык (оозеки, лат. verbalis — оозеки) формада болот, б.а. белгилүү бир саясий көрүнүштөрдү туюндурган бийлик, режим, демократия ж.б. түшүнүктөр түрүндө билдирет.

Саясат таануунун ыкмалары – диалектикалык-материалисттик, социологиялык, нормативдик, функционалдык, бихевиоралдык, системалык, салыштырмалуу, тарыхый, позитивдик сындоо, эмпирикалык изилдөө. Саясат таануу эки сапатта: илим жана окуу предмети катары чыгат. Ал илим катары коомдун саясий чөйрөсүн, саясий ойдун келип чыгуу жана өнүгүү тарыхын, саясий системаларды, саясий мамилелер жана процесстерди, саясий аң-сезимди жана маданиятты, дүйнөлүк саясий процессти изилдейт. Ал эми окуу предмети катары окуучуларга саясий маселелер боюнча айкын билимдердин системасын түшүндүрөт, негизги саясий институттар, уюмдар, кыймылдар жана процесстер, саясий мамилелер системасындагы инсандын укуктук абалы жана анын саясий турмушка катышуусунун формалары жөнүндө түшүнүк берет.

САЯСАТ ТААНУУНУН МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДҮҮЛҮКТӨРҮ. Аларды төмөнкүчө бөлүп кароого болот: 1. Коомдун маданий деңгээли, элдин саясий аң-сезими канчалык жогору болсо, анда өлкөдөгү демократиянын деңгээли да ошончолук жогору болот; 2. Мамлекеттик бийлик канчалык легитимдүү (коом, жалпы калк тарабынан ишенимге, кадыр-баркка ээ) болсо, анда мамлекеттик башкаруу ошончолук натыйжалуу; 3. Саясий чечимдерди кабыл алганда аларды ишке ашыруу механизмдеринин сөзсүз болушу зарыл; 4. Саясий бийлик субъекттен (башкаруучудан) объектке (башкарылуучу) жана анын тескери катнашы аркылуу гана иштейт; 5. Мамлекетти башкаруу формасы (унитардык, федеративдик же конфедеративдик) өлкөнүн территориясынын көлөмүнөн жана тарыхый-этностук курамына жараша болот; 6. Бийликтин үч бутагынын ортосундагы тең салмактуулук жана бирин-бири кармап туруу механизми канчалык күчтүү болсо, анда саясий демократтык саясий режим ошончолук туруктуу болот; 7. Саясий кызыкчылыктардын, көз караштардын, теориялардын пайда болушу,

аракет кылышы жана өнүгүшү; 8. Саясий бийликтин, саясий системанын, саясий режимдин пайда болушу, иштеши, алардын мүнөзүнүн жана мазмунунун өнүгүшү; 9. Саясий процесстин жана саясий мамилелердин иштеши жана өнүгүшү; 10. Мыйзамдын алкагында башкаруучу саясий элита канчалык тез алмашып турса, анда ал өлкө ошончолук демократтык деп эсептелет.

САЯСАТ ТААНУУНУН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ. Саясат таануунун өнүгүү тарыхын бир нече мезгилге бөлүп карасак болот:

1. Саясат таануу байыркы дүйнөдө. Тарыхта саясат таануунун алгачкы, баштапкы формасы катары б.з.ч. II–I миң жылдыктарда үстөмдүк кылган диний-мифологиялык окуу болгон. Анын негизинде бийлик жана саясий тартип жөнүндө кудай тарабынан багышталган деген түшүнүк басымдуулук кылган. Байыркы Чыгыштын (Индия, Кытай, Египет, Персия) жана Байыркы Батыштын (Грекия, Рим) өлкөлөрүндө укуктук жана саясий окуулар келип чыккан. Карапайым калк императорлорду, падышаларды, дин кызматкерлерин ж.б. бийлик өкүлдөрү деп билип, аларды өзүлөрүнүн кудайлары менен теңешкен. Бул болсо коомдук турмуштун салтанаттуулугу, алгачкы түшүнүктөрдүн калдыктары, коомдук аң-сезимдин жетилбегендиги менен шартталат.

Алгачкы саясий түшүнүктөр менен категориялар б.з.ч. I миң жылдыктын ортосунда, философиялык-этикалык формада пайда болгон. Ошону менен мамлекет жана саясаттын теориялык негизделишине анын пайдубалын тургузган Конфуцийдин («Ой жүгүртүү жана аңгемелешүү»), Платондун («Мамлекет», «Политика»), Аристотелдин («Саясат», «Этика») эмгектеринде саясий илимди адамдын жана мамлекеттин эң чоң жыргалчылыгы, мыкты мамлекеттик түзүлүш жөнүндөгү окуу түшүнүгү жаткан.

Аристотелдин түшүнүгү боюнча саясат этика менен тыгыз байланышта болуусу зарыл. Ошондуктан саясий илимдин объектисинин маңызы – жакшылык жана акыйкат болот. Ал эми саясий илим адамдарды (кулдарды эмес, эркин жарандарды) өзүлөрүнүн жашоосун бирдиктүү мамлекетте акылдуулук менен уюштырууга үйрөтөт. Саясий илимдин башкы милдетин Аристотель мамлекеттик түзүлүштүн жетилген түрүн иштеп чыгуу да деп билген. Ал мамлекеттин алты түрүн сунуш кылган: монархия, аристократия, полития (туура мамлекеттер) жана тирания, олигархия, демократия (туура эмес мамлекеттер). Бул мамлекеттик формалардын ичинен ал олигархияны (байлардын бийлиги) жана демократияны (элдин бийлигин) бөлүп көрсөткөн. Калгандарын бул экөөнүн түрдүү формалары же көрүнүштөрү катары караган.

Антикалык коомдо саясий жана экономикалык укуктарга жарандык коомдун эркин мүчөлөрү гана ээ болушкан. Ошондуктан үстөмдүк кылуучу элитанын саясий идеяларынын жана концепцияларынын маңызын эзилгендердин макул болуп, баш ийүүсү, социалдык-саясий теңсиздиктин ыйык деп түшүндүрүлүүсү түзөт. Бирок төмөнкү катмардагылардын нааразычылыгы (Рим империясында) б.з.ч. I к. эзилген элдин идеологиясы катары христиандыктын келип чыгышына алып келген. Эрте христиандыктын социалдык-саясий концепциялары теңчилдик, эркиндик, жеке менчикти жок кылуу идеяларына, бардыгынын өз колу менен эмгектенүү милдеттүүлүгүнө негизделген. II к. жарымынан тартып, христиандык коомдор бара-бара демократтык-революциячыл духун жоготуп, мистикага, тиги дүйнөгө ишенүүгө өткөн. Бийлик жана мамлекет жөнүндөгү суроолордо Библияны (Инжил) түшүндүрүүчүлөр каршы болбоо аспектисин – активдүү күрөштөн баш тартуу, эзүүчү тартипке моюн сунууну күчөтүшкөн. Саясий бийлик кудайдын белеги, жеке менчик, теңсиздик, байлык кедейлерди сыноо үчүн кудай тарабынан берилген деген идеяны жактоочулар көбөйгөн. Бара-бара эрте христиандыктын демократиясы унутулган, бирок кийинчерээк анын социалдык-саясий идеяларына еретикалык кыймылдар жана Жаңы мезгилдин саясий ойчулдары (социалист-утописттер) кайрылышкан.

Батыш Европадагы орто кылымдардагы саясат таануу доору үч мезгилге бөлүнөт: 1) эрте феодалдык (V к. аягы – XI к. ортосу); 2) феодал-

дык коомдун гүлдөшү (XI к. аягы XV к. башы); 3) кеч орто кылым же кеч феодалдык коом (XV–XVI к.). Феодализм доорунда саясат көбүнчө диний формада болгон. Коомдун жашоосунда дин зор ролду ойногон. Ал антифеодалдык нааразычылыкты басып туруу каражатына айланган. Чиркөө саясий бийликтин атрибуттарына ээ, өздүк соту, куралдуу күчтөрү болгон. Диний кызматкерлер артыкчылыктарга ээ катмар болгон. Ал эми чиркөөлүк уюм – феодалдык мамлекеттин механизминин башкы элементине кирет. Феодалдар, айрыкча феодалдык мезгилде, саясатта экинчи даражадагы орунда болушкан. Алар баарыдан мурда өндүрүштү кеңейтүү, социалдык-экономикалык байланыштарды өнүктүрүү менен алек болушкан. Феодализмдин гүлдөө мезгилинде диний жана жарандык феодалдардын ортосундагы лидерлик тууралуу маселе курчуган.

Чиркөөнүн биринчилиги теократиялык теорияларга негизделген. Бул теориянын көрүнүктүү өкүлү Фома Аквинскийдин (1226–74) окуусуна ылайык, формалардын иерархиясына (кудайдан – таза акыл-эс руханий дүйнө – материалдык дүйнө) негизделген, бардыгынын башында Кудай турат, ал төмөнкү формалардын жогоркуга баш ийүү принцибин орнотkон. Коомдо ушул принцип үстөмдүк кылат: башкаруучулар падышаларга жана жарандык бийликтерге, кулдар – өз кожоюндарына баш ийишет. Саясий концепцияларында Ф.Аквинский мыйзамдарга, алардын түрлөрүн иштеп чыгууга өзгөчө көңүл бурган. Алар: «түбөлүктүү мыйзам» (дүйнөнү башкаруучу акыл), «табигый мыйзам» (түбөлүк мыйзамдын адамдын акыл-эси тарабынан чагылдырылышы); «адамзат мыйзамы» (адамдардын күч колдонуу менен мажбурлоону камсыз кылуучу феодалдык укук); «кудайдын мыйзамы» (Библия). Бул иерархияны даңазалап, феодалдык укукту кудайдан деп, илимдин жана философиянын өнүгүшүнө чиркөө көзөмөлдөө жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн негиздеген. Ф.Аквинский католик чиркөөсүнүн көрүнүктүү идеологу болуп калган. Анын окуусу 1879-ж. Рим папасы тарабынан «католицизмдин жалгыз чыныгы философиясы» деп таанылган.

Орто кылым доорунда чиркөөнүн күчүнө каршы нааразычылыктардын бардыгы еретиктик кыймылга келип кошулган. Ересттерде диний терминология колдонулган, бирок Ыйык жазуудан чиркөөгө каршы жана феодалдарга каршы корутундулар келип чыккан. Ерестин негизине – Жаңы Осуяттын тексти, айрыкча анда сакталган эрте христиандыктын идеялары салынган. Биринчи ири еретиктик кыймыл X к. Болгарияда башталган да, «Богомилдердин кыймылы» деп (кудайга жакын адам, христиандар) аталган. X–XI к. ерестик кыймылдар Балканда, Батыш Европада (Түштүк Франция, Түндүк Италияда), Киев Русунда кеңири жайылган. Еретиктерди басуу үчүн жогорку католиктик бийлик бир катар крестүүлөрдүн жүрүшүн уюштуруп, цивилизация жана орденderди (доминикан жана францискан) түзүшкөн. Бирок XIV к. экинчи жарымында ерестик кыймылдар кайра жанданган, дыйкандар менен катар эле шаардык, бюргердик ерестер жайылган. Кыймыл негизинен диний кызматкерлерге, алардын байлыгы жана саясий абалына каршы багытталган. Бул ерестер эрте христиандык чиркөөнүн түзүлүшүн, «арзан чиркөөнүн» кайра калыбына келтирилишин, кечилдерди, прелатарларды, римдик куриялардын жоюлушун талап кылган. Бюргердик ерестердин саясий ойчулдары жана идеологдору болуп, Дж.Уиклиф, У.Тайлор (Англия), Ян Гус (Чехия), М.Падуанский (Франция), М.Лютер (Германия) чыгышкан. Мамлекет менен укукка Ыйык жазуунун Кудайга ишенгендердин теңчилиги жөнүндөгү текстин колдонуу менен алар адамдардын мыйзам алдындагы теңчилигин жана алардын диний гана эмес мамлекеттик иштерди чечүүдө катышуу укугун негиздешкен.

2. Саясат таануу кайра жаралуу доорунда. Саясат таануу XVI к. бардык батыш европалык мамлекеттерге таралып, анын негизинде гумандуулук идеялары жаткан Кайра жаралуу маданияты үстөмдүк кылган. Орто кылымдагы чиркөөлүк схоластикалык окууга каршы гумандуулуктун өкүлдөрү Кудайды эмес, адамды, анын башка адамдар, мамлекет, коом менен болгон мамилесин изилдешкен.

Социалдык-саясий илимдерде эки негизги багыт иштелип чыккан. Биринчиси – феодалдык-катмардык теңсиздикти юридикалык теңчилик менен алмаштыруу зарылчылыгы, жеке менчик укугун бекемдөөнү, инсанды диний-феодалдык эзүүдөн сактоонун теориялык негизделиши. Экинчи багыт – негизинде утопиялык социализмдин идеялары жаткан, жумушчу тапка чейинки төмөнкү катмарлардын саясий идеологиясы.

Жаңыдан калыптанып келе жаткан буржуазиянын көрүнүктүү теоретиктеринин бири – италиялык саясий ойчул Н.Макиавелли (1469–1527) болгон. Ал саясий бытырандылыкка каршы, жеке менчиктик буржуазиялык мамилелерге таянган күчтүү мамлекеттик бийликти жактаган. Мамлекетти бекемдөө үчүн Н.Макиавелли түрдүү каражаттарды колдонууну ылайык деп ойлогон. Ал саясий илимди диний-этикалык формадан аягына чейин бошотуп, аны реалдуу, практикалык милдеттерди чечүүсүнө баш ийдирткен. Саясаттын башкы эрежеси жана анын башкы маселеси – мезгилдин мүнөзүнө жана чечим чыгаруу убагына карата абалдын өзгөчөлүгүнө ылайык аракеттердин түрүн аныктоо. Ал «эл бузулуп» турган өзгөчө абалдарда атайы чараларды көрүү зарыл деп эсептеген. Макиавеллизм саясий концепция катары адамзат ишмердүүлүгүнүн өзгөчө чөйрөсү болгон саясатты ишке ашырууда жаңы жолдорду аныктаган.

Ушул мезгилдин саясат таануусунун өнүгүүсүнө англиялык ойчулдар Т.Гоббс (1588–1679) жана Дж.Локк (1632–1704) зор салым кошушкан. Т.Гоббс монархияны жактап, аны башкаруунун эң сонун формасы деп эсептеген. Бирок падышалык бийлик кудайдан экендигин танган. Өзүнүн «Левиафан» деген эмгегинде ал коомдун өкүм сүрүшүнүн эки формасын белгилеп кеткен: «бардыгынын баарына каршы согушу» принциби табигый мамлекетке чейинки мүнөздүү жана акылга сыярлык. Бул учурда коомдук келишимдин негизинде элдер тынчтыкка жана макулдашууга келишишкен. Акыркы түрүндө алар өзүлөрүнүн бардык табигый укуктарын мыйзамдын негизинде аларды коргоочу монархка беришет. Эгер башкаруучу муну камсыз кылбаса, адамдар ага каршы чыгууга укуктары бар. Т.Гоббстун окуусунда – либералдык («коомдук келишим») жана консервативдик («монархтын эркиндикти камсыз кылуу укугу») эки концепция айкалышкан.

Ага караганда чечкиндүү түрдө либерализм позициясында Дж.Локк турган. Ал саясатта жарандык башаттан, монархтын бийлигинин чектөөсүнүн үстөмдүгүнүн зарылчылыгын ынандырган. Ал биринчи жолу «инсан», «коом», «мамлекет» түшүнүктөрүн негиздеген. Адам төрөлгөндөн эле табигый укуктарга (жашоо, эркиндик, менчик) ээ болгондуктан, индивид, инсан коомдон жана мамлекеттен жогору коюлган. Гоббстон айырмаланып, («падышанын бийлиги коом менен чектеле албайт») Локк мамлекет өз кезегинде инсанга баш ийген коомго баш иет деп эсептеген. Өкмөткө адамдын менчикке жасаган аракети менен аныкталган инсандын укуктарынын кандайдыр бир бөлүгү гана берилет. Менчик көп болгон сайын саясий укуктар көбөйөт, бирок ошол эле убакта менчиктин көзөмөлүндө турган мамлекеттин алдындагы милдеттүүлүгү да көбөйөт. Бул функцияны камсыз кылбаган өкмөт мыйзамдуу эмес деп эсептелип, жарандарга өкмөткө каршы чыгууга укук берет. Дж.Локк мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу бийликтин бөлүштүрүлүшү үчүн чыккан. Аткаруучу бийлик иш жүзүнө ашыруучу мамлекеттин саясатын аныктайт.

Дж.Локктун саясий көз караштары башка агартуучулар (Ш.Монтескье, Дж.Мэдисон) тарабынан кабыл алынып, америкалык жана француздук буржуазиялык революциялардын саясий документтеринде чагылдырылган. Француз философу жана саясат таануучу Жан Жак Руссо (1712–78) агартуунун көрүнүктүү ишмери болгон. Ал саясий ойдун жаңы багытынын – буржуазиячыл радикализмдин башталышына жол салган. Анын көз караштары башкы эмгеги болгон «Коомдук келишим тууралуу, же саясий укуктун принциптеринде» толук чагылдырылган. Коомдун келип чыгышын жана өнүгүшүн изилдөөгө, анын ички күчүн түшүндүрүүгө умтулуп, Руссо эркиндиктин регресси тууралуу жыйынтыкка келет. Ал эркиндиктин

регрессин коомдук теңсиздиктин өнүгүүсү менен байланыштырган. Жеке менчик теңсиздиктин биринчи баскычын түзгөн. Аны сактоо үчүн түзүлгөн мамлекет мүлктүк теңсиздикти ого бетер тереңдеткен. Теңсиздиктин үчүнчү баскычы болуп – мамлекеттин деспотияга кайра жаралышы эсептелинет.

Ж.Ж. Руссонун саясий программасынын борбору болуп, республикалык түзүлүштүн негизин түзгөн принцип катары элдик суверенитеттин идеясы эсептелет. Элдик суверенитетти алардын мыйзам чыгаруу бийлигин иш жүзүнө ашыруусунда чагылдырат. Ар бир саясий бийлик мыйзамдык күчкө суверен катары элдин эркине жараша ээ болот. Алар каалаган мыйзам чыгаруучу актысынан баш тартып, жаңыны кабыл алышы мүмкүн. Руссо «жалпынын эркидайым туура» деп ырастаган. Элдик суверенитет бөлүнбөйт. Руссо бийликти бөлүштүрүү концепциясына каршы чыккан. Мамлекеттин органдарынын функциясын чектөөнү сунуш кылган. Элдин бийлиги бийликтин бир гана формасы – республиканын убагында гана мүмкүн. Өкмөттү уюштуруунун формасы түрдүү – монархия, аристократия, демократия болушу мүмкүн. Бул учурда монархтын ыйгарым укуктары өкмөт башчысынын жеткирилген. Руссонун саясий идеялары коомдук ан-сезимге, Улуу Француз революциясынын жүрүшүнө чоң таасир тийгизген. Жалпысынан бул доордогу саясий ойдун өнүгүшүн саясаттагы жарандык концепциянын жемиши, коомдун жана инсандын узак убакытка созулган моралдык жогорулоосунун жардамы менен эркиндикке умтулуусу катары мүнөздөсө болот.

3. Саясат таануу жаңы мезгилде. Бул доор үчүн мамлекеттин жетилүүсү жана анын негизинде саясаттын социалдык концепциясынын иштелип чыгуусу менен мүнөздөлөт. Бул концепцияда катышуучу болуп индивид эмес, социалдык биримдүүлүк: топтор, таптар, улуттар, адамзат чыгат. Саясат таануу батыш өлкөлөрүндө өз алдынча билим тармагы катары калыптанышы дароо эле боло койгон жок. Алсак, АКШда саясат таануу тарых илиминин ичинде узакка өнүктү, батыш Европада – юриспруденция, социология, философиянын бөлүгү болуп келди. 1662-ж. Швециянын Успаль университетинде саясат кафедрасы, 1672-ж. Францияда саясий илимдер мектеби, 1895-ж. Англияда экономика жана саясий илимдин Лондон мектеби, 1857-ж. АКШда Колумбия колледжинде тарых жана саясий илим кафедрасы уюштурулган. Бүгүнкү күндө АКШда эле саясат таануу боюнча 1500 кафедра иштейт, америкалык саясий илим ассоциациясынын 16 миңден ашык мүчөсүнүн 60%ы ушул кафедраларда илимий изилдөө жана окутуу иштери менен, ал эми 25%ы түздөн-түз башкаруу чөйрөсүндө же ири фирмаларда, же мамлекеттик мекемелерде кеңешчи, консультант болуп эмгектенишет.

Мамлекеттин өнүгүү тарыхын, анын коомдук-экономикалык чөйрөсүнө активдүү кириишин изилдөө кызыгууну туудуруп, саясий экономиканын маселелерин иштеп чыгуу жүргүзүлөт. Дүйнөнүн саясий көрүнүшү өзгөрөт, татаалданат, улуттук социалдык-саясий концепциялардын (АКШ, Батыш Европа, Россия) өзгөчөлүктөрү көрүнө баштайт. Европада саясий концепциялардын мазмунун «Эркиндик! Теңдик! Бир туугандык!» ураанын кармап чыккан Улуу Француз революциясынын идеяларынын таасири аныктаган. Революция буржуазиячыл агартуучулуктун бир катар идеяларынын куру кыял экендиги, чыныгы коомдук практикада убадаланган акыл-эстин падышачылыгынын ылайыксыздыгын көрүүдө, үстөмдүк кылган саясий концепцияларды сындоого мүмкүндүк берген. Өнүгүп жаткан капитализмди сындоо менен социалисттик утописттер чыгышкан. XIX к. ортосунда социалисттик идеялар Европада кеңири жайылган. Бирок бул мезгилде саясий ойдун негизги багыты болуп – либерализм чыккан. Негизинде – инсандын эркиндиги, улуттун жана коомдун прогрессинин жана жашоосунун башкы шарты катары таптарды коргоо турган. Мамлекет инсандын коопсуздугун, жеке менчиктин кол тийбестигин, сөз, басма сөз, ой-пикир, ишмердүүлүк эркиндиктерин камсыз кылууга чакырылат. Либерализмдин саясий арсеналында укуктук мамлекеттин, мыйзам чыгаруучу жана аткаруучу органдардын ортосундагы бийликтин бөлүнүшүнө негизделген, конституциялык башкаруу идеялары жаткан мамлекет коомдун экономикалык жашоосуна кийлигише албайт. Либерализмдин концепцияларын терең иштеп чыккандар: Улуу Британияда И.Бентам (1748–1832), Дж.Остин (1790–1859) болушса, Францияда Б.Констан (1736–1831), О.Конт (1798–1857); Германияда – Г.Гегель (1770–1831), А.Штейн (1815–1890) болгон. Жалпысынан Жаңы мезгилдеги саясий концепциялардын өнүгүүсүн буржуазиянын идеялык өкүлдөрүнүн коомдогу демократтык жана революциячыл өзгөрүүлөрдү мелүүн реформисттик жана консервативдик жол менен ишке ашырууга умтулуусу катары мүнөздөсө болот.

САЯСАТ ТААНУУНУН ПАЙДА БОЛУШУ. Алгачкы философиялык-этикалык формасында, саясат таануунун фрагменттери – коомдук идеал, идеалдуу мамлекет жөнүндө, саясаттын маңызы, коомдук жыргалчылыкка жетүү ыкмалары тууралуу түшүнүктөр байыркы дүйнөнүн ойчулдары: Заратустра, Конфуций, Платон, Аристотель, Цицерон жана алардын замандаштарынын эмгектеринде кездешет. Орто кылымдарда, Кайра жаралуу доорунда жана Жаңы мезгилде саясат таануу негизинен философиялык илимдин чегинде гана өнүккөн.

Саясат таануу илимдин өз алдынча тармагы катары өткөн кылымдын 50-жж. аягында калыптана баштаган. XIX–XX к. саясат таануунун бүгүнкү түрүн берген саясат таануу боюнча изилдөөлөр пайда болгон. 1903-ж. АКШда биринчи улуттук саясат таануу ассоциациясы түзүлгөн. Анын өз алдынча илим жана окуу предмети катары калыптанып бүтүшүн үстүбүздөгү кылымдын 50-жж.-нын жарымына тийиш десек болот. 1948-ж. ЮНЕСКОго караштуу саясий илимдин Эл аралык ассоциациясы түзүлгөн. 1948-ж. Парижде өткөн саясат таануунун негизги маселелери тууралуу эл аралык коллоквиумда анын мазмуну жөнүндөгү документ кабыл алынган. Анда саясий илимдин изилдөөсүнүн негизги объектиси деп: 1) саясий теорияны; 2) саясий институттарды; 3) коомдук ой-пикир, саясий партиялар, топторду; 4) эл аралык мамилелерди таануунун чечкен. Бирок, саясий илимдин предмети боюнча жогортодо көрсөтүлгөн эки көз карашты жакындатууга жетишүү мүмкүн болбоду. Кийинчерээк саясий илимдин бүткүл дүйнөлүк конгресстеринде талдоо алкагына улам жаңы темалар, мис., шайлоочулардын шайлоолордогу жүрүм-туруму, чечим кабыл алуу процесси, саясий модерндештирүү, европалык интеграция д.у. сыяктуулар кошулуп жатты, мунун өзү бул илимдин предметин кеңитип жана ар түрдүү көз караштардын бир ымалага келишин татаалдатып жиберди.

СССР мамлекетинде саясат таануу узак убакыттар бою буржуазиялык теория катары саналып, баштапкы абалда сакталып келген. Айрым саясат таануу маселелери тарыхый материализм, илимий коммунизм, КПССтин тарыхы ж.б. коомдук илимдердин чегинде каралып келген. 1962-ж. саясий илимдердин Советтик ассоциациясы түзүлүп, 70-жж. ортосунан тартып, жогорку окуу жайларында саясат таануу проблемалары боюнча өзүнчө лекциялар жана атайын курстар окутула баштаган.

Бүгүнкү күндө Кыргызстанда саясат таануунун илими расмий түрдө таанылган. Азыркы саясат таануу объектилери катары коомдун саясий чөйрөсү, анда болуп жаткан процесстер жана кубулуштар эсептелет. Коом жана саясат жөнүндөгү башка илимдерден айырмаланып, саясат таануунун предмети болуп саясий бийликтин калыптанышынын жана өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү, функцияларынын формалары жана ыкмалары эсептелет. Анын мыйзам ченемдүүлүктөр системасы төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт: а) саясий кызыкчылыктардын келип чыгуу жана өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү, алардын коомдун турмушундагы экономикалык ж.б. тармактар менен болгон өз ара катнаштары жана шарттары; б) саясий бийликтин орношунун, аракет кылышынын жана өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү; в) саясий мамилелердин, процесстердин, кубулуштардын, окуялардын келип чыгуусунун, аракет кылышынын жана өнүгүшүнүн мыйзам ченемдүүлүктөрү; г) инсан менен бийликтин ортосундагы өз ара мамилелердин мыйзам ченемдүүлүгү.

САЯСАТ ТААНУУНУН ПРЕДМЕТИ тууралуу бирдиктүү пикир жок. Бул болсо, дүйнөлүк саясат таануунун өнүгүшүнө таасир эткен конкреттүү өлкөлөрдүн, илимий мектептердин, багыттардын салттары менен шартталган. Айталык, АКШда саясат таануу ар качан практикалык багытты туткан жана америкалык коомдун жалаң саясий практикасынын керектөөсүн көздөп өнүккөн. Батыш Европадагы саясат таанууга академизм, ар кыл кырдаалдарга жарактуу кеңири теориялык жалпылоолор, универсалдуу корутундуларды жасоого умтулуу мүнөздүү.

САЯСАТ ТААНУУНУН УСУЛДАРЫ – 1) институционалдык; 2) тарыхый; 3) бихевиористтик; 4) психологиялык; 5) эмпирикалык усулдар. Ар бирине токтоло кетели:

Юридикалык илимдерде үстөмдүк кылган **институционалдык усулдун** жардамы менен саясий турмуш саясий институттардын (укук, мамлекет, партиялар, бирикмелер, кысым көрсөтүү топтору д.у.с.) иши аркылуу анализденип келген.

Тарыхый усул саясий турмушту саясий процесстин эволюциясынын контекстинде карап, өткөндүн, учурдун жана келечектин байланыштарын аныктоо негизинде изилдейт.

Саясий көрүнүштөрдү элестүү жана конкреттүү көрсөтүш үчүн XX к. 30-жж. **бихевиористтик усул** пайда болду. Бул усул боюнча саясат конкреттүү инсандын жүрүм-туруму менен байланышта каралып, саясий көрүнүштөрдүн сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. Ошондон бери саясат таануу боюнча изилдөөлөрдө математикалык усулдар, статистика маалыматтары, анкеталык сурамжылоо, моделдештирүү ж.б. ыкмалар активдүү пайдаланыла баштады.

Психологиялык усул жана анын көп түрүнүн бири — психикалык анализ менен бихевиоризм органикалык түрдө байланышкан. Психологиялык усулду эң биринчилерден болуп, «Падыша» («Государь») аттуу белгилүү эмгектин автору — Н. Макиавелли пайдаланган. Мунун өзү шык-илхам, каалоо, ышкы-кумарды жана индивид кемчиликтерин (ачкөздүк, кошоматтык, көрө албастык ж.б.) талдоо аркылуу саясий жүрүм-турумдун субъективдүү механизмдерине жасалган эң сонун анализ болгон. Психологиялык усулдун чегинде жүрүм-турумдун өбөлгөсү катары психикалык мотивдердин бүткүл спектри каралат, ал эми психикалык анализде болсо, саясий ишмердиктеги аңдоодон тыш аракеттерге басым жасалат. Психикалык талдоонун жакшы жактары, анын жардамы менен саясий жүрүм-турумдун иррационалдык, б.а. акыл менен андалбай жасалган (латындын rationalis – акыл-эстүү, irrationalis – акыл-эссиз) моменттерин түшүндүрө ала тургандыгында. Ырас, дайыма эле саясий жүрүм-турумдан субъекттин так максатын аныктап, анын идеалын талдоого мүмкүн эмес. Субъекттин кылык-жоруктары андалбаган, б.а. бала кезде алган таасирлери менен да шартталат деп эсептейт, психикалык талдоо усулун түзүүчү австриялык психолог жана психиатр З.Фрейд (1856–1939). Эмоционалдык кызууланган учурларда балалыктын түспөлдөрү жана таасирлери жүрүм-турумдардын мотиви болуп калышат. Психикалык талдоо усулу тоталитаризмдин маңызын ачып көрсөтүүдө, саясий жүрүм-турумдун деструкциячыл жана агрессиячылдыгына, мис., кыжырланган элдин толкунун, пайда болгон проблемаларды чечүүнүн жолу катары согушка чакырган саясатчылардын, өзүнүн жеке бийлигин орнотуу үчүн миллиондогон мекендештерин жок кылууга жөндөмдүү болгон жолбашчылардын жүрүм-турумдарын түшүндүрүүдө өтө натыйжалуу болуп чыкты.

XX к. 50-жж. анализдин **эмпирикалык усулдары** сындоого алынып, системалуу усул калыптана баштайт. Бул усул чегинде саясат деген бүтүндөй бир жетилген курам катары каралып, ал эми анын (саясаттын) өнүгүү логикасы, бир жагынан, тышкы чөйрө менен өз ара аракеттениши, экинчи жагынан, саясатты түзүүчү элементтердин ортосундагы ички байланыштардын мүнөзү менен шартталышы катары эсептелет.

САЯСАТ ТААНУУНУН ФУНКЦИЯЛАРЫ. Биздин коомдук-саясий турмушубузда саясат таануу аткара турган функциялар өтө

кеңири, абдан көп; биз алардын кээ бир орчундууларына жана жалпыланган, бириктирилген функцияларына гана токтолобуз.

Методологиялык функция – саясат таануунун тыянактары, бүтүндөй өзүнчө бир окуяны, коомдук кубулушту изилдөөдө керек болуучу саясий теориянын негизи болуп бере алат. Себеби теориясын иштеп чыкпай туруп, саясий изилдөө жүргүзүү таптакыр мүмкүн эместиги баарыбызга белгилүү.

Теориялык-таанып билүү функциясы – саясат таануу, анын коомдогу ролу жөнүндөгү билимди калыптандырат. Саясий реалдуулукту таанып-билүүгө жана бийлик мамилелеринин табияты менен булактары, аларды ыкчам уюштуруунун жолдору жөнүндөгү фундаменталдуу билимдерди берүүгө багыттайт.

Саясий социалдаштыруу функциясы – жарандардын демократтык саясий маданиятын калыптандырууга, саясий аң-сезиминин өсүшүнө, саясий жүрүм-турумдун жалпы кабыл алынган эрежелери менен стандарттарынын негизинде жарандардын саясий уюмга биригүүсүнө жардам берет.

Көз карашты пайда кылуу функциясы – саясат таануу саясий чындыкка карата белгилүү бир көз карашты иштеп чыгууга көмөк берет.

Саясий рефлекс функциясы – социалдык процесстерди рационалдуу, сынчыл көз караш менен баа берүү жөндөмдүүлүгүн калыптандырууга, саясий турмушта өз ордун, өз ролун, өз тагдырын өзү эркин тандап алууга багытталат.

Аксеологиялык функциясы – саясат таануу саясий институттарга, түзүлүшкө, жүрүм-турумга, окуяларга баа берет.

Диагностикалык функция – саясий программа менен саясий багыттардын конкреттүү коомдун өнүгүүсүнүн реалдуу мүмкүнчүлүктөрү менен абалына, ошондой эле социалдык прогресстин тенденцияларына ылайык келишин саясат таануу так аныктап берет.

Божомолдоочу (прогноздоо) функция – ар түрдүү факторлордун: эл аралык, экономикалык, социалдык-таптык, идеологиялык дагы ушу сыяктуулардын таасирлерин эске алуу менен саясий процесстердин каалаган жана мүмкүн болгон варианттарын иштеп чыгууга багытталат.

САЯСАТТАГЫ БИПОЛЯРДУУЛУК – «күчтөрдүн балансы» тутумунун варианттарынын бири, ал анын бирдигинин бардык түзүүчүлөрү күчтү же анын эң маанилүү өлчөмдөрүн (мис., ядролук курал) монополиялаштыра турган эки негизги күч борборлоруна (полюстарга) бириккендиги менен айырмаланат. Эки лагердин ортосундагы мамилелер конфронтация, конкуренция жана идеологиялык күрөш менен мүнөздөлөт. Теория катары Б. теоретиктердин аң-сезиминде өз чагылышын тапты, эң башкысы Батыштагы саясий реализм мектептеринен, «кансыз согуш» мезгилинде СССР менен АКШ башкарган эки коомдук-саясий тутумунун чыныгы карама-каршылыгынан көрүндү. Б. экинчи дүйнөлүк согуш бүткөндөн кийинки негизги күч борборлору союздаштары жана сателиттер тарабынан курчалган эки улуу держава болуп калган мамлекеттер аралык мамилелердин тутумунун сапаты катары каралган. Башкача сөз менен айтканда, XIX к. жана XX к. биринчи жарымынын үлгүлөрүнүн күч балансын функциялаштыруунун салттуу механикасы сыяктуу эле бул мектептин, аталган тутумунун эл аралык теоретиктеринин ийкемдүүлүгүн талкалай турган «күчтөрдүн биполярдык балансы» түзүлгөн. Эки улуу держава менен бардык калган мамлекеттердин мүмкүнчүлүктөрүнүн ортосундагы болуп көрбөгөндөй ажырымдын аркасында мамлекеттер мурдатан күчтүк жагынан тигил же бул деңгээлде тең болгон баланстын башка катышуучуларынын иш-аракети менен гана чектеле турган сырткы саясий кыймылдык эркиндиктерин жоготту. Жаңы шартта алар идеологиялык жактан өздөрү үчүн көбүрөөк жакын делген улуу державалардын баланстарынан коргоо издөөгө мажбур болушту. Союздаштар катары бул мамлекеттер бири-бирине каршы турган эки негизги аскердик-саясий блокко – Түндүк атлантикалык келишим уюмуна (НАТО) жана Варшава келишиминин уюмуна (ОВД) биригүү менен, алардын айланасына топтолушту. Мындай шарттагы күч балансынын ийкемдүүлүгү эң башкысы блокторго карата арсарсып, эч би-

рине кошулбай, нейтралдуу турган өлкөлөр аркылуу камсыздалды. Күч балансынын мындай түрү бирдиктүү балансирдин жоктугу менен мүнөздөлөт. Тутумдук изилдөөнүн борбордук күч мамилелери аркылуу гана чектелиши (бул шартта мамлекеттер аралык тутумдардын бардык аракети СССР менен АКШга каршы чыгууга багытталган) баарыдан мурда батыштын теориялык ойлорундагы структуралык-функциялык ыкмага таандык. Анын үстүнө эгерде бул көз караштын жактоочуларына согуш бүткөн алгачкы жылдары дүйнөнү дал ушундай биполярдык көрүү, эки гана полюсту таануу мүнөздүү болсо, убакыттын өтүшү менен алар акырындап «мультиполярдуулукка», же күч борборлорунун көптүгү позициясына өтүп башташты. Алардын ою боюнча, деидеологиялаштыруу, идеологиялык жактан жакын мамлекеттерди өз «борборлору» менен байланыштырып турган катаал жипти жок кылуу процесси, экономикалык өнүгүүнүн текши эместиги үч, төрт, ал тургай беш (АКШ, Кытай, Жапония жана Батыш Европа) «күч полюстарынын», ошондой эле көп сандаган аймактык жана субаймактык борборлордун пайда болушуна алып келди. Варшава келишиминин уюмунун ишмердигинин кыскарышы жана СССРдин чындап кыйрашы менен Б-тун мурдагы схемасы өз маанисин жоготту.

САЯСАТТАГЫ ИШЕНҮҮ жана ИШЕНИМ – *саясат*тын жана бийликтин, *саясий мамилелер*дин жана иш-аракеттердин иштешинин керектүү эмоционалдык, интуитивдик кыймылы. Алардын эффективдүүлүгүн жана алардын коом жана белгилүү бир адам тарабынан кабыл алынуусун аныктайт. С.и.ж.и. – бул ошондой эле саясий (коомдук) ойдун негизги булактарынын бири, коомдогу саясий абалды, мамлекеттеги саясий атмосфераны аныктоочу маанилүү фактор. С.и.ж.и. саясаттын жана *бийлик*тин этикалык, моралдык баалары менен толтурулган идеалдык, акыл-ойлук мейкиндигин, көңүлдүн социалдык-психологиялык мейкиндигин, саясатка жана бийликке карата болгон жарандык позициясын пайда кылат. С.и.ж.и бири-бирине айырмалоо өтө татаал, алар бири-бирин стимулдап турат.

САЯСАТТАГЫ МАКСАТКА БОЖОМОЛДОО – максаттарды аныктоо процесси. Анын баштапкы баскычы – кырдаалдарды изилдөө, *саясат*тын жана *бийлик*тин милдеттерин анализдөө, алардын маанилүүлөрүн тандоо, бул милдеттерди чечүүдө тиешелүү чечимдерди кабыл алуу жана тиешелүү *саясий процесс*ти долбоорлоо, бул керектүү максаттарга жетүү менен аякташы керек. М. б. саясаттын теориясынын маанилүү элементи, ал саясаттын субъектилеринин иш-аракеттерин алдыга койгон максаттары, алардын шарттарын билүү жана аларды ишке ашыруунун каражаттары аркылуу түшүндүрүүгө жардам берет. С. м. б. төмөндөгүдөй аспектилерге бөлүнөт: – саясий программаларды, идеологиялык орнотмолорду түзүү аркылуу саясий максаттарды калыптандыруу; – калыптандырылган максаттарды жана социалдык-саясий шарттарды эске алуу менен субъект тарабынан саясий чечимдерди кабыл алуу; – белгилүү бир саясий иш-аракеттерди иш жүзүнө ашыруу жолу менен алдыга коюлган саясий максаттарды ишке ашыруу. С. м. б. саясатта чечим кабыл алуу процедурасынын негизги компоненттеринин бири болуп саналат. Кимдир бирөө тарабынан коюлган максат – берилген коомдун социалдык-экономикалык, саясий шарттарына дал келбеген – ишке ашпайт, бирок бул коомду бир тараптуу, толук эмес, чындыксыз кылат; мындай коом бузула баштайт.

САЯСАТТАГЫ РАЦИОНАЛИЗМ жана ИРРАЦИОНАЛИЗМ – *саясий аң-сезим*дин жана саясий ишмердүүлүктүн эки өз ара байланышкан жана өз ара аракеттенишкен, органикалык башталышы. *Саясат* негизинен рационалдуу, эгерде ал коомдо маанилүү борбордук уюштуруучулук жана жонго салуучу-көзөмөлдүк функцияны аткарса, объективдүү негизде саясий жана кең мааниде коомдук (экономикалык, социалдык, маданий ж.б.) максаттарды көздөсө. Саясаттын реализми – анын рационалдуулугунун негизги аргументи жана далили. Саясатты саясий адамдардын жана коллективдердин, уюмдардын, бийлик аппараттарынын жеке жана коомдук тажрыйбасы, билим, илим, коом тарабынан социалдык көзөмөл ж.б. фак-

торлор, *саясий процесс*тин бир катар шарттары: каталардын коркунучу жана ылайыксыздыгы, бийликтин, партиялардын, саясий күчтөрдүн ж.б. атаандаштыгы рационалдаштырат.

САЯСАТТЫ ИДЕОЛОГИЯЛАШТЫРУУ – *саясий теориянын* жана практикалык *саясий процесстин, саясий аң-сезимдин* бир же бир катар ар түрдүү багыттардын концепцияларына, идеяларына баш ийүү процесси. *Идеология* менен *саясат*тын зарыл өз ара аракеттешүүсү саясаттагы идеалга ашыкча, агрессивдүү кирип кетүүгө чейин өсүп жетиши мүмкүн. Бул адатта *идеологиялаштыруу* жана башка турмуштук – укуктук, экономикалык чөйрөлөргө байланыштуу. Бул процесстин мазмуну эң ар түрдүү – либералдык-демократтыктан, прогрессивдиктен тартып, эң эле радикалдуу солчул же оңчул тенденцияларга, ачык реакциялык тенденцияга чейин болушу мүмкүн. Ашыкча С. и. аны зарыл автономдуулуктан ажыратат, аны идеологиялык экстремизмдин кайсы бир формасына баш ийдирүүгө жөндөмдүү. Гиперидеологиялаштыруу – *авторитаризм*дин мүнөздүү сапаты. Саясий институттар менен саясий иш-аракеттерди толук идеологиялык көз караштан түшүндүрүү *мамлекеттүүлүк*түн, укуктук тартиптин формалары ж.б. со- циалдык-саясий шарттарга ылайык жалпы адамзаттык талаптарды жана социалдык-саясий турмушту уюштуруунун нормаларын дагы чагылдырышы керектигин этибарына албайт. Бул формалардын, бул адамзаттык мазмундун басмырланышы (идеологиялык жана анын аркасынан саясий жана социалдык-экономикалык жактан) мамлекеттүүлүктүн кулашы, солгун тартуу, прогрессивдүү өнүгүүгө өтүү ж.б. аркылуу келип чыккан. Эл аралык мамилелердин реакциялык, тоталитардык идеологиялаштырылышы алардын идеологиялык мотивдер боюнча мамлекеттер аралык күрөштүн милдеттерине тоталдык баш ийүүсүн билдирет. С. и. идеологиялык артыкчылыктарга баш ийгенде аз учурда жалган түшүнүлгөн, ал эми көп учурда антисоциалдык болот да, коом менен айрым адамдардын турмушунда оор кабылданат.

САЯСАТТЫН АДЕПТҮҮЛҮГҮ. Абийирдүү саясат мүмкүнбү? Коомду демократташтыруунун жана базар экономикасына өтүүнүн өткөөл мезгилиндеги көптөгөн кыйынчылыктарды, түшүнбөстүктөрдү, жан кейиткен адилетсиздиктерди баштан кечирип жатканда *саясат* менен адептүүлүк, саясат менен моралдуулук маселелери актуалдуу болуп, абийирдүү саясат мүмкүнбү, саясат – бул булганыч ишпи? – деген сыяктуу суроолор коюлууда.

Саясат менен адептүүлүктүн ортосундагы өз ара мамилелерди таанып-билүүнүн жана түшүндүрүүнүн төрт жолун, ыкмасын карап көрөлү.

Тарыхый биринчи пайда болгону – моралдык ыкма. Буга ылайык саясий бийлик адеп-абийирди (адилеттүүлүктү, намысты, жалпыга бирдей жыргалды ж.б.) максат катары гана көздөбөстөн, кандай гана шарт болбосун адептүүлүк принциптерин (чынчылдык, адамдарга ак пейилден мамиле кылуу, ак- ниеттик ж.б.) эч качан бузбоого тийиш. Саясатты толугу менен адеп-ахлак принциптерине баш ийдирүү практикада сейрек кездешүүчү көрүнүш десек туура болот.

Экинчи ыкма – саясат менен адептүүлүк биринен-бири бөлүнүп турат, бири-биринин ишине кийлигишпеши керек – дейт. Адептүүлүк – бул жарандардын, коомдун иши, жеке адамдын касиети, ал эми саясат – бул адептүүлүктөн бөтөн турган ар кандай топтордун кызыкчылыктарынын күрөшү. Эгерде элдин пейили кетип, коомдо анархия күчөсө, анда мамлекетти жана тартипти сакташ үчүн падыша каалаган каражатты, адепсиз каражатты да пайдаланышы мүмкүн. Ушундан улам Макиавеллинин «максат – каражат тандабайт» – деген учкул сөзү келип чыккан, «Саясатта адеп жок, максатка ылайыктуулук гана бар» – деп В.И. Лениндин айтканы бар. Саясатты адептүүлүктөн арылтуу, аларды бөлүп кароо, иш жүзүндө саясаттын адепсиз иштерин актоого карата болгон гана аракет. Саясат адептүүлүк баалуулуктарын танса, анда ал адепсиз саясат болот. Биздин күнүмдүк турмушта саясаттын адепсиздиги кеңири таралган көрүнүш.

Үчүнчү ыкма – саясат менен адептүүлүк келишпес карама-каршылыктар, жакшылык (адептүүлүк) менен жамандык (саясат) сыяктуу

каршылашып турат. Саясатты жамандык катары сыпаттаган идеологиялар – *анархизм* менен *марксизм*. Анархизм боюнча саясат жана мамлекет – бул зомбулук, зомбулуктун жардамы менен үстөмдүк кылуу, кимде бийлик болсо, анда ал сөзсүз коомду эзүүчү болот. Бийлик ээлери гана бузулбастан, ошол бийликке баш ийгендер да бузулушат. Марксизм боюнча саясат – бул зомбулук, жамандык, бирок ал эзүүчү таптарды жоюуга жана теңчилик, коомдун өзүн-өзү башкаруучу, саясий эмес, коммунисттик (мамлекети жок) коомду курууга керек.

Төртүнчү ыкма – саясаттын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен ага карата адептүүлүктүн таасир этүү зарылчылыгын таануу. Бүгүнкү күндө окумуштуулар менен саясатчылардын көпчүлүгү ушул ыкманы колдошот. Бул компромисстик (бирине-бири жол берүү) ыкманын негиздөөчүлөрүнүн бири М.Вебер болгон. Адептүүлүк менен саясаттын ортосундагы чек араны көрсөтүш үчүн, М.Вебер моралды, адептүүлүктү эки бөлүп караган: ишеним этикасы жана жоопкерчилик этикасы. Ишеним этикасы – кандай кесепеттерге жана кандай чыгымдарга алып келерине карабастан адептүүлүк принциптерин эч кылчайбастан аткаруу. Тескерисинче, жоопкерчилик этикасы – конкреттүү абалды эске алууну, чоң жамандыкты болтурбай коюу үчүн кичине адепсиздикке баруу, жыйынтыгы жана кесепеттери үчүн саясатчылардын ички жоопкерчилигин сезүүсүн көздөйт. Өз ишмердигинде этиканын ушул эки түрүнүн кайсынысын биринчи орунга коёт, аны саясатчы аныктайт. М.Вебердин бул идеялары кеңири таралганы менен алардын бир катар алсыз жактары бар. Биринчи кезекте, Вебер, саясат максатына жетиш үчүн зордукчул каражаттары ачык эле колдонсо болоорун жактап, адептүүлүктүн саясатка тийгизчү таасирин чектейт. Бүгүнкү демократтык мамлекеттерде күч колдонуу менен максатка жетүү саясатка аброй алып келбейт. Жарандар менен дайым эсептешип, бирге иштеп, компромисстерге барбаса, анда *укуктук мамлекетти* куруу мүмкүн болбой калат. Күч колдонуунун ордуна саясат адептүүлүк баалуулуктарын колдонсо максатка ылайыктуу болот.

Эмне үчүн көпчүлүк адамдарда саясат жөнүндө «булганыч иш», «адепсиз иш» сыяктуу ойлор пайда болот? Мунун себеби – ал адамдардын бир нерсени түшүнбөй же жаңылышып жаткандыгында эмес, ал конкреттүү саясаттын чыныгы мүнөзүндө, ошондой эле, дегеле саясаттын өзүнүн өзгөчөлүгүндө.

Саясаттын адепсиздигинин, «саясат булганыч иш» экендигинин саясат таануу илими аныктаган көптөгөн себептери бар, алардын негизгилерине кыскача токтоло кетели.

1. Саясат менен бийлик коомдогу материалдык жана руханий байлыктарды бөлүштүрүү, адамдардын тагдыры менен ойноо касиетине ээ. Бул касиет бийлик ээлерин өтө бийик кадыр-баркка бөлөйт, жеке даңкты жана байлыкты эңсегендер бийликке абдан кызыгышат. Бийликтин үстүнөн эл тарабынан күчтүү көзөмөл механизмдери жок болсо, анда бийликке кызыгуулар андан бетер артат. Бийлик намысы жок адамды бузат, ал эми чектелбеген бийлик адамды чексиз бузат.

2. Адамдардын коомдогу өтө зарыл кызыкчылыктары, керектөөлөрү менен саясаттын ортосунда органикалык, тамырланган негизги байланыштары бар. Саясатта чыныгы, изги кызыкчылыктар, керектөөлөр дайыма биринчи орунда болуп келген, ушул зарыл таламдарына жетиш үчүн адамдар куулук кылып, калп айтып, жакындарына чыккынчылык кылып, кээде киши өлтүрүүгө ж.б. адепсиз иштерди жасоого чейин барышкан. Саясатчы – бул өз мамлекетинин кызыкчылыгы үчүн калп айтууга тийиш болгон сылык адам делет. Бирок, мындай учурлар күнүмдүк көр турмушта да көп кездешет. Айталы, жетекчиң, башчың иштин көзүн билбеген дөөпөрөс адам, кишинин көңүлүн калтырган наадан, бой көтөрүп кекирейген, кекчил, борбордук бийликтеги «колдоочусуна» таянып алып «өтүгүн төргө илген» көндөй неме дейли. А сен болгонун болгондой кылып, анын бетине айта албайсың. Эгер антсең, анда ал сени куугунтукка алып, бир айласын таап, бери дегенде эле жумушуңдан бошотуп жиберйши мүмкүн. Сенин үй-бүлөң, балдарың бар, сени аркалаган туугандарың бар, кандай болсо да (башка мүмкүнчүлүктөр табылганча) сен

бул жумуштан кетпей турушуң керек болот. Мына ушинтип «начальнигиңе» карата өзүндүн «адепсиз саясатыңды» актайсың, актанасың. Кулагыңды жапырып, оозуңду жаап, колуңду куушуруп, жүгүнүп кошоматчы болосуң. Жеке кызыкчылыктардан улам келип чыккан кошоматчынын актана турган себептери да, жолдору да көп.

3. Саясий чечимдерди ишке ашыруудагы жеке жоопкерчиликтин жоктугу, жалпылама, өкүлчүлүк, ортомчулук механизмдери саясатчы же бийликтеги адам үчүн адептүүлүктөн жана моралдан четтөөгө ылайыктуу шарттарды түзөт. Саясий чечимдерди адатта мамлекет жана өкмөт башчылары кабыл алышат, бирок аларды ишке ашырууга өздөрү түздөн-түз катышышпайт, көп учурларда өзүнүн саясатынын ишке ашуусундагы терс кесепеттерин көрүшпөйт жана сезишпейт. Басмачыларды, бай-манаптарды тап катары жойгула деп буйрук берүү жеңил, ал эми эч күнөөсү жок миллиондогон адамдарды «сен байлардын өкүлүсүң» деп өлтүрүү абийирсиз иш экендиги шексиз. Дагы бир мисал, мамлекеттик менчикти приватташтыруу базар экономикасына өтүүнүн зарыл шарты, бул туура саясат болгон, бирок аны ишке ашыра келгенде «Волга» автоунаалары 210 сомдон, чоң-чоң имараттардын, бала-бакчалардын, завод-фабрикалардын текейден арзан бааларга сатылышы, колхоз-совхоздорго тиешелүү техниканын уурдалып тонолушу, мал-жандыктардын «чилдей таркатылышы» ж.б.у.с. терс көрүнүштөр карапайым калктын кыжырын келтирген учурунда.

4. Саясат дайыма натыйжалуу жыйынтыкты жана коюлган максаттарга жетүүнү көздөйт. Ал эми ошол максаттарга жетүүнүн жолдору менен каражаттары көпчүлүктү өтө деле кызыктыра бербейт да, саясатты ишке ашыргандар ушундан пайдаланып кээде адепсиз иштерди да жасап жиберишет, «жеңгендер соттолушпайт» дегенди карманышат.

5. Саясаттын өзү, анын жашоосу карама-каршылыктуу келип, достор (биздикилер) – душмандар (тигилер) мамилелери катары жүрөт. Душмандарга же тигилерге ким эле жакшылык кылсын, байлыкты бөлүштүрүүдө, кадрларды дайындоодо, өзгөчө шайлоо учурунда алар адептүүлүктү таптакыр эле унутуп коюшат.

6. Саясат ачык болот, коом ага дайыма көңүл бурат, ал эми жарандар саясий лидерлерге бийик адептүүлүк талаптарын коюшат. Саясатчылар дайыма эл оозунда болуп, аларды иштерман, иш билги катары эле эмес, анан дагы эл аларды эң мыкты, адамкерчиликтүү, таза, ак ниет, намыскөй деп сезет. Катардагы, жөнөкөй адамдар жазаса көз жаздымда калчу нерселерди *саясий лидер* жазаса, анда эл нааразы болуп, аңыз кептер башталат, мына саясат деген ушундай «булганыч иш» дешет.

Эң башкысы саясатчылар үчүн так сактоого тийиш болгон адептүүлүк эрежелерин иштеп чыгып, анан аларды мыйзам же укуктук норма катары кабыл алуу керек. Эгер саясатчы адептүү болсо, анда эң жакшы. Ал эми саясатчы, жогоруда көрсөтүлгөн себептерге жамынып алып, адептүүлүк эрежелерин буза турган болсо, анда мыйзам алдында катуу жооп берүүгө тийиш. Саясатчылар «өтө мыкты, таза адамдар», «ыйык адамдар» эмес, алар деле башкалар сыяктуу «пенделер» экендигин моюнга алып, алардын саясий ишмердигин мыйзам менен чектөө зарыл. Дүйнөдө кабыл алынган негизги адам укуктары – саясаттын адептүүлүгүн, адамкерчилигин, гумандуулугун баалай турган эң мыкты критерийлерден боло алат. Саясатта коюлган максаттар гана адептүү жана гумандуу болбостон, ал максаттарга жетүү жолдору да, каражаттары да адептүү жана гумандуу болууга тийиш. Албетте, саясатта бул талаптарды аткарыш өтө оор милдеттерден болуп эсептелет. Мындан 200 жыл илгери АКШ Президенти Томас Джефферсон «башкаруунун чеберчилиги – ак ниеттүү болуу чеберчилигинде» деп бекеринен айтпаса керек.

САЯСАТТЫН МАКСАТТАРЫ, МЕТОДДОРУ, КАРАЖАТТАРЫ. Саясаттын максаттары өз ичинен карама-каршылыктуу жана көп түрдүү болот. Саясаттын коомдогу жалпы максаты – коомдун ичиндеги бөлүнүүлөрдү, жеке адамдардын карама-каршылыктуу аракеттерин коомдун жалпы максаттары менен байланыштыруу. Жеке жана жалпы максат-

тарды гармониялуу айкалыштырууну мамлекет кепилдикке алат. *Саясат* өзүнүн маңызы боюнча максатты ишке ашырууга багытталган ишмердүүлүк. Демек, саясат – бул кандайдыр бир максаттын өзү жана аны ишке ашырууга болгон аракет десек туура болот. *Саясий ишмердүүлүктүн* негизги бөлүктөрү – максат, каражат жана натыйжа. Максат – адамдын оюнан жаралган идеалдуу натыйжа жана ага жетүүгө болгон ишмердүүлүк. Мис., экономикалык саясат дегенде, биз, экономиканын өнүгүү багытын, программаларын, ишке ашыруу механизмдерин жана түпкү натыйжасын элестетип, түшүнөбүз. Кыскача айтканда, саясат – бул максат, ал эми максатка жетүү – бул башкаруунун функциясы.

Саясаттын иштелип чыккан, так жана анык жалпы максатын ишке ашыруу жеңил иш эмес. Анткени, мүмкүнчүлүктөрү, салмагы менен таасири бирдей эмес топтордун карама-каршы кызыкчылыктарын канааттандыруу керек. Бул маселелерди натыйжалуу чечүүдө саясаттын каражаттары менен методдору чоң мааниге ээ.

Саясаттын каражаттары – бул максатка жетүүнүн инструменттери менен куралдары, идеалдуу натыйжага жетүүнүн реалдуу аракеттери. Саясаттын «каражаттары» менен «методдору» – бирине-бири жакын түшүнүктөр. Каражаттар – бул *саясаттын субъектилеринин* объектиге таасиринин конкреттүү факторлору: үгүттөө кампаниялары, иш таштоолор, куралдуу аракеттер, шайлоолор учурундагы күрөш ж.б. Саясаттын методдору – бул саясаттын каражаттарынын таасир этүү ыкмаларын мүнөздөйт. Аларга, биринчи кезекте, зордук жана зордуксуз, аргасыз кылуу жана ишендирүү методдору кирет. Илгертеден эле саясатты зордук менен байланыштырып жана окшоштуруп келишкен. Ачык саясий зордукту өз территориясында *мамлекет* гана жүргүзө алат, бирок кийинки мезгилдердин практикасы көргөзгөндөй саясаттын башка субъектилери: партиялар, террордук уюмдар, топтор же кээ бир адамдар да зордук ишин жүргүзүшөт.

Зордук – бул адамды (же башка тирүү жандарды) жоготууга же ага кесепет келтирүүгө багытталган алдап ниет кылынган аракет. Зордук физикалык (дене жагынан), экономикалык, психологиялык ж.б. болушу мүмкүн. Саясатка карата зордук жөнүндө айтканда, адатта физикалык зордукту (же зордуксуз) саясатты ишке ашыруунун каражаты катары түшүнөбүз. Саясий зордук жалаң эле физикалык мажбурлоо жана адамды эркинен ажыратуу, өлтүрүү же денесине аёосуз зыян келтирүүнүн тез мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болбостон, андан тышкары уюмдашкандыгы, системалуулугу жана колдонуунун натыйжалуулугу менен да айырмаланып турат. Бейпил, тынчтык жашоо мезгилинде саясий зордукту атайын даярдалган адамдар (полиция, милиция, армия) ишке ашырышса, көтөрүлүш жана жарандык согуш мезгилинде зордук чөйрөсү адис эмес адамдардын эсебинен көбөйүп кетет.

Демократтык түзүлүш зордукту чектөөгө, конфликттерди тынчтык жол менен чечүүгө керектүү өбөлгөлөрдү түзөт. Бирок саясий зордукту таптакыр четке кагууга, жокко чыгарууга болбойт. Кылмышкерлерге, террористтерге, мыйзамды одоно бузгандарга каршы зордукту колдонуу зарылчылыгы бар. И.Канттын төмөнкүдөй формуласы: «Анархия – бул мыйзам менен эркиндик, бирок зордук жок; демпотизм – бул мыйзам менен зордук, бирок эркиндик жок; варварчылык – бул зордук, бирок эркиндик менен мыйзам жок; республика – бул эркиндик, мыйзам жана алардын чегиндеги зордук». Демек, демократтык укуктук мамлекетте зордук эл тарабынан жол берилген, мыйзамдын чегинде болушу керек. Зордукту жоюу, конфликттерди зордобостон, күч колдонбоо жолу менен чечүү маселелери байыртадан эле адамдарды ойлондуруп келген. Алгачкы жолу зордобоо идеялары *буддизм, индуизм, иудаизм, конфуций, христиан* жана *ислам* диндеринин алкагында пайда болгон. Кыргыздарда зордобоо идеялары элдин салтына кирип, макал-лакаптарга айланып, карама-каршылык- тарды чечүүнүн ыкмасына айланып калган. Чыр-чатактар курчуп кеткен учурларда акылман аксакалдар «Атаңды өлтүргөнгө эненди алып бер» же «Таш менен урганды аш менен ур» сыяктуу накыл сөздөрү менен маселени зордуксуз жолу менен чечүүгө багыт беришкен.

Саясаттагы зордобоо – бул бийликке төмөнтөн таасир этүү каражаты. Көп учурларда муну зордоо каражаттары жок же таасир этүүнүн күчтүү экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болбогон адамдар пайдаланышат. Азыркы мезгилде саясий күрөштүн зордобоо ыкмалары абдан көп. Аларга: билдирүүлөр, элдин алдында чыгып сүйлөөлөр, колдоо же колдобоо ачык каттары, ураандар менен чыгуу, пикетке чыгуу, иш таштоо, ачкачылык жарыялоо ж.б.

САЯСАТТЫН СОЦИАЛДЫК КӨЗӨМӨЛҮ – иш-чаралардын комплекси, кеңири коомдук катмардын кызыкчылыктарынын көз караштарында ири саясий маселелердин азыркы абалы жана аларды чечүү перспективалары тууралуу маалыматтардын жыйындысынан жана кеңири таралуусунан; мыйзам чыгаруу демилгелерин киргизүү, кабыл алуу жана ишке ашыруудан, алар экономикалык, социалдык жана укуктук коргонууну камсыз кылат; өкмөттүк саясаттын тенденцияларынын бардык деңгээлинде тутумдук сындоо ж.б. турат. С. с. к-нүн конкреттүү формалары жергиликтүү, аймактык жана жалпы улуттук деңгээлде абдан ар түрдүү. Акыркы убактарда С. с. к-нүн көңүл буруу объектилери болуп – глобалдуу масштабда мамлекеттердин согуштук-техникалык, тышкы саясий жана жаратылышты коргоо ишмердүүлүктөрү, демографиялык саясатты жүргүзүүдөгү, ачкачылык жана оорулар, расалык, улуттук жана диний дискриминация менен күрөшүүдөгү алардын ортосундагы кызматташтык маселелери. Натыйжада, С. с. к. улуттук чектен чыгууда жана коомчулуктун өз ара байланышкан ички саясий аракеттеринин жана эл аралык акциялардын тутуму болууда. Мис., улуттук экологиялык кыймылдын жана «Гринпис» эл аралык кыймылынын практикасы.

САЯСАТТЫН ФИЛОСОФИЯСЫ – анын коомдун формасынан көз карандысыз *саясий ишмердүүлүктүн* фундаменталдык негизи жана принциптери. Философия бардык *саясаттын* теориялык дүйнөнү таануу жана методологиялык базиси катары чыгат. Ар бир саясатчынын алдында дүйнөгө болгон көз караш жөнүндөгү суроо турат. Себеби, ал *саясий аракеттеринин* теориясы менен программасын иштеп, алардын ыкмасын жана каражаттарын белгилеп жана негиздеп, учурдагы абалдын өзгөрүшүн алдын-ала билип чыгышы керек. Саясатчы кандай саясий долбоорлор чыныгы, кайсынысы жалган, кандай *үмүт, идеялар* иш жүзөгө ашат да, кайсынысы иллюзия бойдон кала тургандыгын ачып алуу маанилүү. Саясатчы өзү жана *саясаттын* башка субъектилеринин саясий ишмердүүлүгүнүн мүмкүн болгон, шексиз натыйжаларын билүүгө, ошолордон улам аракеттенүүгө милдеттүү. Бул болсо саясатчы кандайдыр бир дүйнө таануучулук, философиялык жоболор жана принциптерге таянган шарттарда гана мүмкүн. Албетте, саясий-философиялык негиздөөчүлүк – саясат чөйрөсүндөгү катачылыктардан сактабайт. Саясат – илим жана искусство. Илим катары, ал чындыкты объективдүү анализдөөдөн чыкпай, теорияга айланган корутунду жана жоболорго таянбай коё албайт; саясатта зарылчылыктын жана кокустуктун, зарылчылыктын жана эркиндиктин диалектикасын, чыныгы шарттардын көп түрдүүлүгүн эсепке алуу маанилүү орунда турат. Саясат «мүмкүнчүлүктүн искусствосу», бирок саясатчы саясий жана социалдык мамилелерди бүтүн эмес деп эсептелүүчү жогорку деңгээлге жеткирүү үчүн учурдагы мүмкүнчүлүктөрдүн чегин бузууну ишке ашыруу үчүн аң-сезимдүү тобокелге баруу жөндөмдүүлүгүнө жана шыгына ээ болушу керек. Мис., *М.Вебер* саясатты төмөндөгүдөй чагылдырат: ал катуу тактайларды жай бургулоого – чын дилинен, бирок ошол эле убакта так өлчөө менен бургулоого окшош. Тарыхтагы тажрыйбалар күбөлөндүргөндөй, эгерде адам дайым мүмкүн эместердин дүйнөсүнө басып кирип жүрүшпөсө, мүмкүндүктөргө жетишмек эмес. Саясатта илимий негизделген саясий курсту иштеп чыгууда философия баштапкы негиз болуп кызмат кылат. Ошондуктан ал ар дайым чындыктын объективдүү изилдениши-не, коомдук таптардын абалына жана өз ара мамилелерине, алардын күчтөрүнүн жана кызыкчылыктарынын катышына, ушундан улам пайда болгон коомдун саясий өнүгүүсүнүн тенденциясына багыт алган. *Саясий процесстин,* талаптардын, адамзат баалуулугунун жана

идеалынын мыйзам ченемдүүлүгүн изилдөөдө С. ф-сы маанилүү орунду ээлейт. Ансыз саясатты ишке ашыруунун объективдүү шарттары менен субъективдүү факторлорунун өз ара аракетин оптималдаштыруу, катачылыктарды кетирбөө, саясий ишмердүүлүктү *волюнтаризмден* качып кутулуу мүмкүн эмес. Саясатчы социумдун кыймылынын перспективасын көрө жана түшүнө билүүсү зарыл. Ушул перспективаны көрүп, коюлган максатка жетүүнүн реалдык стратегиясын негиздөө жана белгилөө С. ф-нын башкы милдетин түзөт.

САЯСАТТЫН ФОРМАСЫ жана МАЗМУНУ. *Саясат* ар түрдүү формада – ой, сөз жана адамдардын жүрүм-туруму түрүндө жашайт. Саясаттын түзүлүшү татаал, аны түшүндүрүүдө анын формасын, мазмунун жана процессин (мамилелерин) өз-өзүнчө бөлүп карашат. С. ф. – бул анын уюштуруу түзүмү, б.а. институттары: *мамлекет, партиялар, кызыкчылык топтору* (кыймылдар, комитеттер, ассоциациялар), ошондой эле *мыйзамдар*, саясий жана укуктук нормалар. Бул формалар адамдардын саясий жүрүм-турумдарына ыкчам жооп кайтаруу үчүн саясаттагы бекемдикти жана туруктуулукту камсыз кылышат.

С. м. – бул анын максаттарынан жана баалуулуктарынан көрүнөт, ал чечип жаткан маселелерден, *саясий чечимдерди* кабыл алуудагы мотивдеринен жана механизмдеринен көрүнөт. Саясий процесс – бул *саясий ишмердүүлүктүн* татаал, көп субъекттүү жана конфликттүү мүнөзү, ар түрдүү социалдык топтордун, уюмдардын жана адамдардын өз ара мамилелеринин көрүнүшү.

Саясаттын түзүлүшү, анын формасы, мазмуну жана процесси менен эле чектелип калбайт. Анын өз алдынча элементтери катары төмөнкүлөрдү бөлүп белгилешет: 1) саясий аң-сезим – адамдардын ички дүйнөсү, менталитети, баалуулуктары, ошондой эле саясий көз караштары жана теориялары; 2) нормативдик идеялар – саясий партиялардын программалары жана шайлоо платформалары, кызыкчылык топтордун максаттуу багыттары, саясий – укуктук нормалар; 3) бийлик институттары жана ага жетүү үчүн күрөштөр; 4) бийлик жүргүзүү мамилелери – үстөмдүк кылуу жана баш ийүү, саясий күрөш жана кызматташтык.

Эми саясаттын курамынын конкреттүү бөлүктөрүн тизмелегенге аракет кылып көрөлү, аларга төмөнкүлөр кирет: саясий көз караштар, идеялар, теориялар, программалар, баалуулуктар, ошондой эле салт-санаа, жүрүм-турум, коомдук ой-пикир, өзгөчө саясий тил, адамдардын психологиясы, 'мамлекет, партиялар, кызыкчылыктар тобу, кыймылдар, мыйзамдар, адам укуктары ж.б. саясий жана укуктук нормалар, *бийлик* жана бийлик үчүн мамилелер, *саясий лидерлер*, элита ж.б. Курамынын бөлүктөрү жана элементтеринен тышкары саясаттын жашоосунун үч деңгээлин бөлүп караого болот. Биринчи, чыныгы саясий макродеңгээл – мамлекеттин өзү, анын ачык зордукчул бийлиги, бийликтин түзүлүшү жана анын борбордогу жана жер-жерлердеги ишмердиги. Экинчи, микродеңгээл өзүнчө алынган уюмдар: партиялар, профсоюздар, корпорациялар, фирмалар ж.б. Үчүнчү, мегадеңгээл эл аралык уюмдардын ишмердиги: *Бириккен Улуттар Уюму (БУУ), Түндүк Атлантика Келишим Уюму (ТАКУ), Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму (ЕККУ)* ж.б. Бул үч деңгээлдин ичинен биринчиси борбордук орунду ээлейт жана саясаттын чыныгы маңызын мүнөздөйт. Саясаттын ушул жалпы мамлекеттик макродеңгээли менен анын негизги функциялары тыгыз байланыштуу.

САЯСАТТЫН ФУНКЦИЯЛАРЫ. С.ф-нын саны ар түрдүү болушу мүмкүн. Эгерде коомдо С.ф. канчалык көп сандуу болсо, анда *жарандык коом* ошончолук начарыраак өнүккөн болот. Жарандык коомдун ар түрдүү чөйрөлөрүнө кийлигишүү менен *саясат* өзүнө мүнөздүү эмес, бөтөн функцияларды аткара баштайт. Ушундан улам адамдын өзүн-өзү турмушта көрсөтүү мүмкүнчүлүгү төмөндөйт.

Бирок, коомдо саясат гана аткара ала турган бир катар эң маанилүү С.ф. бар, аларсыз коом нормалдуу өнүгө албайт. Ал функцияларга төмөнкүлөр кирет:

1. Коомдун бүтүндүгүн жана туруктуулугун камсыз кылуу функциясы. Саясат келечектин долбоорун, программасын, социалдык

мерчем-буталарды жана өнүгүүнүн багытын аныктайт. Ошондой эле аларды ресурстар жана ишке ашыруунун механизмдери менен камсыз кылат.

2. Мобилизациялоонун жана жалпы ишмердиктин натыйжалуулугунун функциясы. Саясат ырааттуу өнүгүүнүн маанилүү максаттарын тастыктайт жана индивидге социалдык керектөөлөрдү канааттандыруунун натыйжалуу мүмкүндүктөрүн берип, өнүккөн механизмди түзүү, социалдык макамды бийликтин жардамы менен өзгөртүү аркылуу алардын ишке ашырылышын камсыз кылуу.

3. Башкаруучулук жана жөнгө салуучулук функциялары. Саясат коомдун ар кыл топторунун өкүмчүл маанидеги таламдарын жана керектөөлөрүн билдирүү менен, алардын өз ара аракеттеништерин камсыз кылат жана *саясий чечимдерди* кабыл алуу жолу аркылуу аларга таасир көрсөтөт. Саясат топтордун таламдарына таасир көрсөтүү менен, социалдык мажбурлоону жана зомбулукту колдонуу менен социалдык процесстерди башкарат жана аларды жөнгө салып турат.

4. Рационалдаштыруу функциясы. Саясат топтук жана индивиддик таламдарды көз алдыга келтирип элестетүү менен аларды сунуштарда көрсөтүү жана жүзөгө ашыруу үчүн жалпы эрежелерди жана механизмдерди иштеп чыгат. Ошону менен саясий жаңжалдарды жана алардын цивилизациялуу чечилишин ишке ашырат.

5. Саясий социалдаштыруу функциясы. Саясат топтук жана индивидуалдык таламдардын ишке ашырылышына кеңири мүмкүндүк ачуу менен, инсанды социалдык мамилелерге кошот, ошондой эле аны кайра түзүүчү ишмердиктин, саясий ролдорду жана функцияларды натыйжалуу аткаруунун тажрыйбалары менен камсыздайт.

6. Коммуникациялык функциясы. Жалпылыктардын жашоосунун маңызын тактоо; *саясаттын субъектилеринин* жалпы кызыкчылыктарын аныктоо; бардык субъектилерге бирдей жүрүм-турум эрежелерин иштеп чыгуу; субъектилердин ортосунда функцияларды жана ролдорду бөлүштүрүү.

7. Социалдык тутумдун кээ бир типтери үчүн аткарылуучу саясаттын үстөмдүгүн колдоо; негизги адам укуктарын коргоо; жарандарды мамлекеттик жана коомдук иштерди башкарууга тартуу; социалдык адилеттүүлүктү жана жалпы жыргалды камсыз кылуу ж.б.

8. Америкалык саясат таануучу Габриель Алмонд белгилеген саясаттын функцияларынын эки тобу. Биринчи, «кирүү» функциялары – коомдун саясатка таасири – саясий социалдаштыруу жана жарандарды саясатка катышууга тартуу; *кызыкчылыктардын артикуляциясы; кызыкчылыктарды агрегациялоо*. Экинчи, «чыгуу» функциялары – саясий тутумдун коомго таасири – мыйзамдарды, нормаларды, эрежелерди иштеп чыгуу; аларды колдонуу; алардын колдонулушунун үстүнөн көзөмөлдөө.

С.ф-нын көп түрдүүлүгү анын коомдун бардык чөйрөлөрүнө терең сүңгүп киргендигин күбөлөндүрөт. Өзгөчө өткөөл мезгили учурунда жашоонун бардык тармактары бөтөнчө саясатташып кетет экен. Эгерде саясаттын жогоруда көрсөтүлгөн функциялары, же анын айрымдары аткарылбай калса же туура эмес аткарыла баштаса, анда коомдо адамдардын социалдык абалы оорлоп жана *конфликттер* башталып кетиши мүмкүн. Экономикалык жактан артта калган жана жалпы саясий маданияты өнүгө албаган мамлекеттерде саясат турмуштун бардык жактарынын өнүгүшүн аныктоо менен аларга үстөмдүк кыла баштайт. Экономикасы өнүккөн Батыш өлкөлөрүндө, АКШда саясат турмуштун башка чөйрөлөрү менен тең салмакта болуп, өз ара автономдуу аракеттерди ишке ашырат. Бул өлкөлөрдө жашоо саясатташып кеткен эмес, басымдуу көпчүлүк жарандардын саясат менен иши жок. Өзүнүн бизнесин, өзүнүн жекече ишмердигин аркалаган адамдардын саны көпчүлүктү түзөт. Ошондуктан Кыргызстанда жарандык коомдун институттарын, өкмөттүк эмес уюмдарды, жеке менчик секторун, ишкерликти, фермерчиликти, дыйкан чарбасын ж.б. тездик менен өнүктүрүү, мамлекеттик акыйкат башкарууну орнотуу күн тартибиндеги өтө зарыл милдеттерден болуп эсептелет.

САЯСИЙ ААЛАМДАШУУ – үч негизги түрдө көрүнөт: улуттук өкмөттөр ортосундагы өз ара иш-аракеттерди интенсификациялоодо, улуттар үстүнөн институттарды түзүүдө жана

аймактар ортосундагы өз ара иш-аракеттерди күчөтүүдө. С. а. чөйрөсүндөгү башкы маселелердин бири мамлекеттин орду жана маанисси жөнүндөгү маселе. Мамлекеттин жоголуп баратышы жөнүндөгү көз караштан чыныгы ааламдашуунун өзү дал мына ушул мамлекет экендигин бекемдеген ар кандай ой-пикирлер айтылып келет. Бирок, мамлекет дайыма эле ааламдашуунун жигерсиз жагы болуп кала бербейт. Экономикалык ааламдашуунун орношунун башкы агенттери өкмөттөр, өзгөчө Чоң жетилик өлкөлөрүнүн өкмөттөрү (азыр – Чоң сегиздик) жана *Эл аралык валюттук фонд*, Бүткүл дүйнөлүк банк, Бүткүл дүйнөлүк соода уюму сыяктуу эл аралык институттар болуп келишкен.

Ааламдашуу мамлекеттин маанисине шек туудуруп койду. Ааламдашуунун либералдык үлгүсүнүн жактоочулары жаңы социалдык-экономикалык шарттарда анын эскирээрин жана ошондуктан товарлар менен капиталдардын эл аралык агымынын жолундагы тоскоолдорду жоготуу маселелерин чечүүгө ыклас коюп, акырындык менен көндүм макроэкономикалык жөнгө салуудан жана социалдык чыгымдардын калыптанып калган тажрыйбасынан баш тартууну белгилеп келишет. Мындан тышкары, либералдуулук күчтүү лидер өлкө үчүн дайыма пайдалуу. Күчтүү мамлекет өзүнүн начарыраак шериктеринен көбүрөөк ачыктыкка, башкача айтканда мамлекеттик коргоо менен колдоо көрсөтүү чараларын кыскартууга жетишет. Бул ааламдашкан экономикадагы мамлекеттин орду менен маанисинин дагы бир маселеси.

Эгер АКШ өзүнүн лидердик абалынан улам мамлекеттик жөнгө салуу жана мамлекеттин мартабасынын өзү сыяктуу маселелерде бир нерселерди өзгөртүүгө барбай келатса, европалык мамлекеттерде бул маселе өтө оор кабыл алынат. Дал мына ушул өлкөлөр ааламдашуунун либералдык үлгүсүнө атаандаш иштеп чыгууда, анын ичиндеги мамлекеттин маанисси маселелеринде бир топ алдыга кете алышкан. Алар тарабынан мамлекеттин жардамы аркасында улуттук экономикаларды ааламдык базарларга бириктирүүнү негиздүүрөөк камсыз кылуу, бул базарлардын, тактап айтканда ааламдык атаандаштыктын чакырыктарын чогуу жана биргелешкен түрдө тосуп алуу, улуттук мамлекеттерге караганда алар тарабынан натыйжалуурааак аткарыла турган милдеттерди улуттуктун үстүндө турган деңгээлге берүү өндүү өзгөрүүлөрдүн муктаждыгы түшүнүлө баштады. Мис., 1992-ж. Маастрихт келишимине кол коюлгандан кийин Европа Союзунун улуттуктун үстүндөгү маанилүү уюмдары Европа Союзу, Европарламент, Европалык Сот, Европалык Советтин Комиссиясы ж.б. болуп калды.

САЯСИЙ АЗЧЫЛЫКТАРДЫН УКУГУ

– ар түрдүү себептерден улам коомдо көпчүлүк жарандардын умтулуусунан айырмаланган өзгөчө кызыкчылыктарга ээ азчылыктын тобунун укугу. Кээде алардын кызыкчылыктары мамлекеттин биримдүүлүгүнө, социалдык түзүлүшкө, үстөмдүк кылуучу моралдык саясий көз караштарга эрегишет. Көбүнчө булар *статусун*, жашаган аймагын өзгөртүүгө умтулган этностук азчылык топтору, көпчүлүк колдобогон көз караштардын жактоочулары (коммунистик, улуттук, экологиялык, феминисттик, диний көз караштар) ж.б. Тоталитардык же авторитардык режим мезгилинде мындай азчылыктардын болушу моюнга алынбайт же аномалия катары мамиле жасалат. Алар тарабынан саясий аренада өзүлөрүнүн бар экендиги жөнүндөгү жасалган аракеттери репрессияларга дуушар болот. *Демократия, саясий плюрализм*, шарттарында С. а. у. таанылат, бирок алардын уюмдашуу же кызыкчылыгын көздөгөн саясий *партия* же кыймылдарды түзүү мүмкүнчүлүктөрү талаш мүнөзгө ээ болуусу мүмкүн. Көпчүлүк демократиялык мамлекеттерде күч колдонууну мүмкүн деп тапкан, улуттук жана таптык кастык идеяларын таркаткан, чек араны, өкүм сүргөн түзүлүштү өзгөртүү үчүн чыгышкан программалуу уюмдардын легалдуу жашоосу мүмкүн. Идеялык жана саясий плюрализмдин концепциясын – саясий ишмердүүлүктүн чектүү көз караш, идея, ынандырууга эмес жарандардын жашоосуна жана эркиндигине коркунуч туудуруп, *мыйзамды* бузган аракеттерге каршы көрүлгөн

чаралардан келип чыгуусу керектелет. Ошол эле мезгилде бул жерлерде согуштан кийинки жылдары чектөөлөр болгон. Фашизмдин адамзат үчүн кайгылуу натыйжасын эске алып, Германияда национал-социалдык партиянын (НСДАП) кайра жаралуусу согушта жеңген державалар, кийин ФРГ тарабынан уруксат берүүгө мүмкүн эмес деп табылды. АКШ жана ФРГда «кансыз согуштун» курчуган мезгилинде чет өлкө (СССР) тарабынан багытталган, *Конституцияга* каршы деп коммунисттик партиялардын ишмердүүлүгүнө тыюу салынган. Кийинчерээк бул өлкөлөрдө коммунисттердин ишмердүүлүгү легалдаштырылган, бирок ФРГда «профессияларга тыюу» киргизилген. Алар жарандардын түрдүү көз карашта болуу укугун эч ким талашпайт. Бирок алар көпчүлүктүн позициялары менен келишпесе, мамлекетте бийликтин *легитимдүүлүгүнө* эрегишпесе, *мамлекет* мындай көз карашты алып жүрүүчүлөрдү айрыкча элге таасир тийгизе турган чөйрөлөрдө (мугалим, почтальон ж.б.) мамлекеттик кызмат менен камсыз кылууга милдеттүү эмес деп ойлошкон. БУУнун бир катар Декларациялары (1978-ж. 27-ноябрынан раса жана расалык көз караш жөнүндө, 1978-ж. 28-ноябрынан *массалык маалымат каражаттарынын* адам укугунун жана расизм, *апартеидге* каршы күрөштүн өнүгүүсүнө, тынчтыкты жана эл аралык өз ара түшүнүүнү бекемдөөдө кошкон салымынын негизги принциби жөнүндө ж.б.) бар. БУУнун катышуучулары өз аймактарында адам укугуна шек келтирип, күч колдонууга багытталган *идеялардын* үгүттөлүшүнө жол бербөөгө милдеттендирилген. Бирок бул конвенцияларды ишке ашыруу көп тоскоолдуктарга учуроодо. Бардык эле өлкөлөр алардын катышуучулары эмес, улуттун мыйзам чыгаруулары түрдүү, башкасы сөз эркиндигинин укугунан алып салууну актай турган так, ачык критерийлер жок. С. а. у. проблемаларынын башка да аспектиси бар. Алардын көз караштары сыртынан таң калаарлыктай болгону менен чыныгы кызыкчылыктарды жана коомдун алдында турган маселелерди чагылдырат. Бул кызыкчылыктарды саясий чагылдырууга тыюу салуу алардын аракеттеринин ачык зордук-зомбулук түрүндө чыгуусуна алып келет. Этностук жана диний азчылыктын өзүлөрүнүн статусуна нааразы болушунун күрөшү, пайда болуп келе жаткан кыймылдын чегинде экстремистик *фракцияларын* пайда болушуна алып келет. (Ольстердеги Ирландиялык рес- публикалык армия, АКШнын негритандык кыймылындагы «Кара кабыландар» (Черные пантеры). Алар зордук-зомбулук жана террор жолуна түшөт. Бүткүл кыймылды экстремисттик мыйзамдан тышкары деп кабыл алып, пайда болгон маселени күчкө салып чечүү аракеттери чанда гана өз жыйынтыгын берет. Тескерисинче, кыймылды саясий легалдаштыруу анын чегинде талаптары диалогдун предмети болгон мелүүн фракцияларды ачууга мүмкүндүк берет. Эгерде сөз маданияты, каада-салтты, үрп-адатты сактоо, дискриминацияга туруштук берүү, кээ бир учурларда өзүн-өзү башкаруу, *автономияны* талап кылган этностук кыймыл жөнүндө жүрсө талаптар аткарылышы мүмкүн. Практика көрсөткөндөй, *компромисс*, диалог жолу мелүүн топтордун таасиринин күчөшүнө алып келет. Бул болсо топтордун жетишкен легалдуулукту баалоосуна; экстремисттик фракцияларды обочолонтконго мүмкүндүк берет. С. а. у. үчүн күрөшкөн кыймылдарга сабыр кылуу менен мамиле кылуу *саясий системалардын* стабилдүүлүгүнүн даражасын жогорулатат. Өз каалоолорунун олуттуулугун көрсөтө алган азчылык аз сандагы партия болуу менен бирге жетектөөчү *саясий күчтөрдүн* союздашы катары «чоң» саясатка таасир тийгизе алышы мүмкүн. Башкача чечилүүсү да мүмкүн, тактап айтканда, саясий азчылыктын ураандарын жана программалык талаптарынын жетекчи партиялар тарабынан алынып, толук же кандайдыр бир деңгээлде ишке ашырылышы. Мындай окуя *экологиялык кыймыл* менен болгон өзүнүн өнүгүүсүнүн баштапкы фазаларында алар аз санда болуп, өзүлөрүнүн аракеттери менен (экологиялык коркунучтуу объекттерди пикеттөө, токойлорду кыюуга алып келүүчү курулуштарга тоскоолдук келтирүү, жаныбарлардын терисинен кийим кийгендерге зордук-зомбулук көрсөтүү ж.б.) көпчүлүктүн көңүлүн бурган.

Бир катар өлкөлөрдө (Австрия, Германия) «экологиялык *экстремизм*» жумушчу орундарын жоготуу коркунучун туудурган, профсоюздардын кызыкчылыктарына каршы деп бааланган. Убакыттын өтүшү менен адамдын жашоо чөйрөсүнөн сакталышы үчүн тынчсыздануунун тууралыгы жана негиздүүлүгү жалпы коомчулук тарабынан таанылган. Көп өлкөлөрдө катуу экологиялык мыйзамдар кабыл алынган. Жаратылышты коргоо боюнча чаралар комплекси иш жүзөгө ашырыла баштаган. Натыйжада, 80-жж. өзүн олуттуу *саясий күч* катары көрсөткөн экологиялык кыймыл өзүнүн функциясын кайсы бир деңгээлде ишке ашырган, бир катар өлкөлөрдө *маргиналдуу* саясий топтордун позициясына өткөн. Экологиялык кыймылдын мисалы көрсөткөндөй, С. а. у. үчүн күрөшкөн кыймылдар орун алып калган ой-пикирлерге эрегишип, кандайдыр бир *альтернатива* сунуш кылышса, ийгиликке жетүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар. Бирок бул процесстер цивилизациялык жол менен ишке ашырылышы керек. Азчылык көпчүлүккө өзүлөрүнүн ой-пикирин, көз карашын, жашоо өзгөчөлүктөрүн легитимдүү эмес аракеттер менен таңуулабайт. Көпчүлүк С. а. у. анын ичинде өзүн-өзү саясий аныктоо эркиндигин тааныйт. Бул жол адам укуктарын тануу керектиги жөнүндө коомдун ишенүүсүн талап кылат.

САЯСИЙ АКТИВДҮҮЛҮК (лат. activus – ишмердүүлүк) – коомдук активдүүлүктүн формаларынын бири, өзүнө *саясаттын субъектисинин* абалын өзгөртүүгө багытталган *саясий жүрүм-турумду* камтыйт. С. а. аң-сезимдүү жана стихиялуу болуп бөлүнөт. С. а. саясатка катышкан индивидге, массаларга таандык. С. а. *саясий баалуулуктардан* жана көрсөтмөлөрдөн, коомдук жана индивиддик аң-сезимден ишмердүүлүктүн субъектисинин *саясий маданиятынан*, субкультурасынан *саясий аракеттердин* маңызын, мүнөзүн, багытын аныктаган жүрүм-турумдан көз каранды. С. а. саясий *идеал*, кызыкчылык, баалоо, норма жана принциптер менен тыгыз байланышта. Алардын таасири менен субъекттин *бийликке, партияларга*, кыймылдарга, социалдык-саясий структураларга, жалпысынан *саясий турмушка* жасаган ишмердүү мамилесинин багыты иштелип чыгат. С. а. *саясий мейкиндикте* жана убакытта болот. Ал чыгуу формалары, ишке ашуучу милдеттери, колдонуучу каражаттары жана жетишкен натыйжалары боюнча өзгөрөт. Мазмуну боюнча конструктивдүү жана деструктивдүү; саясий жашоонун инновациялык демократтык формаларын түзүүгө алып келүүчү прогрессивдүү; уюмдарда жана институттарда социалдык топторго, айрым жарандарга карата коомдо туруктуулукту сактоого мүмкүнчүлүк берген консервативдик; социумдун өнүгүшүн кармап турган реакциячыл боло алат. Эгерде прогрессивдүү С. а. коомду бириктирип, анын чыныгы кызыкчылыктарын, индивиддердин эркиндикке умтулуусун, социалдык-саясий мурастарды сактоонун, карама-каршылыктарды гумандуу чечүүнүн объективдүү зарылчылыктарын чагылдырса, реакциячыл активдүүлүк социалдык байланыштарды начарлатат, саясий турмуш үчүн коркунучтуу формаларда (улутчулдук, сепаратизм, *экстремизм*) чыгат. С. а. коомдук жашоонун бардык чөйрөлөрүн (технологиялык, экономикалык, социалдык, саясий, руханий) өзгөртүүгө же сактап жана өнүктүрүүгө, инсанга социалдык топторго (алардын *саясий социалдаштыруусуна* таасир тийгизүүгө) багытталган. С. а-кө социалдык *кризистердин* убагында өзгөчө өскөн саясий пассивдүүлүк каршы турат. Саясий пассивдүүлүк калктын, баалуулуктар, идеалдар, бийлик структураларынын ишмердүүлүгүндөгү стратегиялык жана тактикалык багыттар менен канааттанбоо шарттарында өсөт. Бул болсо баалуулуктардын, саясий курстан четтөөнүн өсүшү менен чагылдырылат да, коомдогу саясий патологиянын симптому жана индикатору болуп эсептелет.

САЯСИЙ АҢ-СЕЗИМ – саясаттын социалдык биримдиктер жана индивиддер менен чагылдырылышы. Саясат менен байланышкан кубулуштар *саясий процесс, саясий турмуш*, саясий *бийлик, саясий система* ж.б. эки жактуу: руханий жана практикалык. Саясаттын руханий жагы катары С. а.-с-дин теориялык жана эмпирикалык түрдө чагылдырылган. Теориялык деңгээли саясий мүнөзгө ээ түрдүү *идеялар*, концепциялар, көз караштар менен көрсөтүлөт.

С. а.-с-дин теориялык деңгээли башкаруучу топтордун, тигил же бул таптын *идеологиясы* жана илими менен тыгыз байланышкан. Саясий теория жана окууларда саясаттын мазмундуу чыгуусун, анын мыйзам ченемдүү тенденция жана процесстерди, аларды пайда кылган себептерди, саясий окуялардын реалдуу жүрүшү, мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана соттук инстанциялар чыгарган *саясий чечимдердин* натыйжаларын изилдөө максат кылып коюлган. Берилген деңгээлдеги С. а.-с-дин өзгөчөлүгү болуп анын экономикалык, укуктук, согуштук стратегиялык ж.б. реалиялар менен тыгыз байланышы, *саясий программалар*, декларация жана доктриналарга ылайык саясий теорияларды жасалгалоо эсептелинет. Иш жүзөгө ашырган алар С. а.-с. саясаттын жетекчи элементи катары бекемдешет. Алардын өнүгүүсүнүн *саясий мамилелер* менен саясий *институттардын*, уюмдардын жана мекемелердин, саясатты жүзөгө ашыруучу материалдык каражаттардын мүнөзү көз каранды. Теориялык деңгээлде саясатты түшүнүүнү анын фундаменталдык (стратегиялык) жана күндөлүк (тактикалык) милдеттерди жана башка максатты чечүүгө; аларга жетүүнүн ыкмаларын жана каражаттарын аныктайт, бышып жеткен маселелерди чечүүнүн жүрүшүндө уюштуруу – саясий камсыз кылуунун жолун жана багытын табууга мүмкүндүк берет. Мындай түшүнүк саясий чечимдерди жана максаттык программаларды иш жүзүнө ашыруунун жүрүшүн социалдык көзөмөлдөөгө концептуалдык мамилени иштеп чыгарууга мүмкүндүк берет. С. а.-с-дин эмпирикалык деңгээли түздөн-түз практикага, айрым адамдардын, кичи жана ири социалдык биримдиктердин саясий процесстерде катышуусуна негизделип, саясий чыңдыкты сезим, кыял ж.б. социалдык-психологиялык акты түрүндө чагылдырат. С. а.-с-дин негизги функциялары: таанып-билүү, нормативдик – регулятивдик, интегративдүү, прогноздоо. *Эл аралык мамилелер* сферасында С. а.-с-дин жашоосунда, структурасында, *саясий максаттарында* жана каражатында белгилүү бир өзгөчөлүктөрү бар *тышкы саясатты* жана *дүйнөлүк саясатты* тануу, сезүү менен чыгат; С. а.-с-дин улуттук жана элдик дипломатиянын дүйнөлүк коомчулуктагы ролу жана орду жөнүндөгү илимий жана практикалык-саясий идеяларды жана элестетүүлөрдү айкалыштырат. С. а.-с. коомдук аң-сезимдин башка формалары менен: экономикалык көз караштар, философиялык окуулар, укуктук теориялар жана нормалар, ыймандуулук концепциялары, эстетикалык баалуулуктар менен өз ара байланышта жана өз ара аракетте болот.

САЯСИЙ АНДУУ – мамлекеттин өзүнүн жарандарынын саясий жашыруун ойлорун аңдуусу. Көпчүлүк учурда аларга таасир этүү үчүн жүргүзүлөт. С. а. демократиялык режимдүү мамлекеттерде негизинен мыйзам тарабынан тыюу салынган, бирок көпчүлүк өлкөлөрдө тигил же бул формада дайыма атайын кызматтардын үнсүз ишмердүүлүгүнүн жардамы менен колдонулуп келет. Тоталитардык жана авторитардык режимдүү мамлекеттерде С. а. *оппозициялык* саясий ишмердүүлүктүн артынан расмий кылмыштуу куугунтуктоо формасына ээ.

САЯСИЙ АРАКЕТ – айрым адамдар же социалдык топтор тарабынан иш жүзөгө ашырылган идеологиялык акт. С. а. *саясий системаны* жана анын институттарын бекемдөөгө жана өнүктүрүүгө же аларды ыдыратып бузууга жана жоюуга багытталат. Топтордун С. а-и таптык, аймактык жана корпоративдик болуп бөлүнөт. С. а. бардыгы белгилүү бир социалдык топтун жана *инсандын* кызыкчылыктарын жана максаттарын ишке ашыруу үчүн жүргүзүлөт. Бул учурда зордук-зомбулук же демократтык мүнөздөгү каражаттардын ар түрдүү формалары, методдору жана ыкмалары колдонулат. Ушуга байланыштуу зордук-зомбулукта С. а-тин эки тиби каралат: «жогортон» зордук – С. а. *бийлик* органдары тарабынан *мыйзамдарды* жана тартиптерди бузуу же көзгө илбөө менен жүргүзүлөт жана «төмөнтөн» зордук – тигил же бул социалдык катмарлардын жана элдердин топторунун, саясий *партиялардын* ж.б. *саясий системаны* зордук-зомбулук жолу менен өзгөртүү же аны бузууга карата аракет кылынат. С. а. мыйзамдуу жана мыйзамсыз, рационалдуу жана иррационалдуу, стратегиялык жана такти-

калык, инерциялык жана чыгармачылык болушу мүмкүн; булар коомдун ичинде жана андан тышкары, регионалдык, субрегионалдык жана эл аралык чектерде ишке ашырылат.

САЯСИЙ БААЛУУЛУКТАР – социалдык субъект тарабынан алардын социалдык тажрыйбаларынан улам ырасталган саясий турмуштун тигил же бул кубулуштарынын, процесстеринин жана нормаларынын маанилүүлүгүнүн таанылышы. С. б. саясий *менталитет* менен бир теориялык катарда турат да, анын курамдык жана динамикалык бөлүгү катары изилденет. Бул түшүнүктөр өзгөчө С. б-ды агрегациялоо, б.а. баалуулук ориентацияларынын системага келтирилиши жөнүндө сөз болсо, бул түшүнүктөр жакындашат. Ошону менен бирге аталган түшүнүктөрдүн ортосунда айырмачылыктар бар. С. б. чыныгы *саясий кырдаалдардын* алмашышына активдүү жооп берет. Алар саясий менталитетке караганда көп деле туруктуу боло бербейт. Саясий *бийликке* карата Кыргыз Республикасынын жарандарынын С. б-да эки багыт байкалат. Бири – бирдиктүү социалдык организмдин бөлүгү катары адамдардын бири-бирине болгон өз ара кызыкчылыктарынын жоголушунан улам *инсандын* С. б-ын издөө. Адамдардын ортосундагы көрө албастык, коркуу, чыналуу жана *конфликттүүлүк* бул багыттын көрсөткүчтөрү катары эсептелинет. Экинчи багыт – социалдык тилектештиктин жарандык сезиминин көрүнүшү, өзүнүн жеке кызыкчылыктарын аңдоо, сезүү жана группалык, коллективдик С. б-ды иштеп чыгуу. Субъекттердин *саясий турмушунун* жалпы позициясын, стереотиптерин жана мүнөздүү формаларын чагылдыруучу С. б. төмөнкү негиздерге карата бөлүнөт: социалдык (жумушчулар, дыйкандар, кызматчылар, жаңыдан пайда болуп келе жаткан буржуазия ж.б.); улуттук (*кыргыздар*, орустар, өзбектер ж.б.); аймактык (Бишкектин, Оштун, Таластын ж.б. жашоочулары); демографиялык (аялдар, жаштар, пенсионерлер); функционалдык (элита топтору, *лобби* ж.б.). Бул структура азыркы Кыргызстан үчүн өзгөчө маанеге ээ болгон топтор аралык С. б. менен толукталууда. Мындай С. б. саясий *консенсусту* табуу жана коомду турукташтыруу үчүн негиз катары чыгууда. Мис., бийлик, *мамлекет*, президенттүүлүк, *парламентаризмдин* ж.б. маанисин түшүнүүгө карата баалуулук жана мамилелер. С. б-ды шарттуу түрдө бир нече типтерге бөлүп караса болот: тоталитардык, идеялык диктатка жана эркин ойлоону *агрессивдүү* таануугa негизделет («эмгекчилердин мамлекети», «пролетариаттын диктатурасы», «партиянын планы – элдин планы» ж.б. жөнүндөгү идеологиялаштырылган элестетүүлөр) конформисттик, жарандык укук жана эркиндиктерди ишке ашыруунун группалык формаларына идеясыз ыңгайлашууга негизделет; адаптациялык, өзүнүн жеке *саясий кызыкчылыктарына* жана бийлик *институттарына* карата социалдык кайдыгерликтен көрүнөт; жигердүүлүк, демилгечилик мүнөзгө ээ жана бийликтин гуманисттик моралдык принциптерине жана жекече ишенимдерге негизделген демократтык формаларын издөөгө багытталган; радикалисттик (экстремисттик), мыйзамга каршы ой-жүгүртүүгө жана зордук-зомбулук, күч колдонуу методдорун колдонгон коомдук кайра түзүүлөргө негизделет. Кыргыз Республикасындагы азыркы кырдаал адаптациялык С. б-дын массалык таралышы (кыргыздардын менталитетине да дал келет), жигердүүлүк, гуманисттик баалуулуктардын алсыз таасири жана авторитардык стереотиптердин күн санап өсүшү менен мүнөздөлөт.

САЯСИЙ БАШКАРУУ – *саясаттын субъектисинин* өз кызыкчылыктары үчүн *саясий мамилелерге* тийгизген аракеттери жана таасирлери. *Саясат* коомдук турмуштун бардык жактарынын бирдиктүү туюндусу катары чыккандыктан, С. б. аларга карата саясаттын, биринчилигинин көрүнүшү болуп, коомдук өнүгүүнүн экономикалык жана руханий маселелеринин *саясий чечимдерин* камсыз кылат. Ушундан улам С. б. бийликти ишке ашыруучу катары чыгат. С. б. жалаң эле *мамлекеттик* каражаттар аркылуу эмес, ошону менен бирге ар кыл коомдук уюмдар, биринчи кезекте, саясий *партиялар* тарабынан да жүргүзүлөт. С. б. толугу менен ишке ашыруу үчүн бийликти колго алуу жетишсиздик кылат. Колго алынган бийликти пайдалана билүү зарылчылыгынан

келип чыгат. Мындай пайдалана билүү, биринчи кезекте, объективдүүлүктү жана субъективдүүлүктү гармониялык айкалыштыруудан көрүнөт. Натыйжалуу башкаруу үчүн саясаттын субъектиси (инсан, элита, *лидер*) объективдүү чындыктын өнүгүү мыйзам ченемдиктерин таанып-билүүгө жана ал билимдерин өзүнүн практикалык ишмердүүлүгүндө жетекчиликке алууга тийиш. Илимге негизделбеген жана баш аламан жүргүзүлгөн С. б. коомдогу терс көрүнүштөргө жана *кризистерге* алып келет.

САЯСИЙ БОЖОМОЛДОО (гр. prognosis – алдын-ала көрө билүү) – *саясий кырдаалдын* конкреттүү келечегин илимий изилдөө.

САЯСИЙ ГЕОГРАФИЯ, кара: *География саясий.*

САЯСИЙ ЖЕТЕКЧИЛИК – *саясий чөйрөдө* жүргүзүлгөн стратегиялык жана тактикалык пландарды ишке ашырууга багытталган коомдук ишмердүүлүктүн бир түрү, агымдагы *саясий процесстерди* бир борбордон башкаруу. Саясий практикада *саясий чечимдерди* иштеп чыгуу, кабыл алуу жана ишке ашыруу менен байланышкан жөнгө салып – башкаруучу С. ж-тин жана үстөмдүк кылган *саясий элитанын* легитимдүүлүгүнө жетишүүгө жана кармап турууга багытталган С. ж-ти айырмалап карашат. С. ж-тин субъектиси ким? – деген көз караштан алып караганда ал персоналдык, элитардык-корпоративдик жана институционалдык болуп бөлүнөт. Персоналдык С. ж. *саясий чечимдердин* кабыл алынуу жана ишке ашыруу процессине олуттуу таасир этүүгө талапкер болгон саясий *лидер* же айрым алынган жаран тарабынан жүргүзүлөт. Саясий бийликтин бутактары жана *массалык маалымат каражаттары* чечүүгө тийиш болгон маселелердин өзгөчөлүктөрү С. ж-тин мазмунун шарттайт. Алсак, *мыйзам чыгаруучу* бийлик үчүн мыйзамдарды иштеп чыгуу ишмердүүлүгү мүнөздүү. *Аткаруучу бийлик* үчүн – ыкчамдуу С. ж. жана *саясий башкаруу.* Сот *бийлиги* С. ж. көзөмөлдөөчү кызматына адистешкен. Массалык маалымат каражаттары кимге тиешелүүлүгүнө жараша, ар түрдүү *саясий күчтөрдүн* кызыкчылыктары үчүн массалык *саясий аң-сезимге* таасир этишет.

САЯСИЙ ЖҮРҮМ-ТУРУМ – субъектинин өзүн курчап турган саясий чындык менен өз ара аракети. С. ж.-т. чөйрөнүн саясий стимулдарына карата жооп берүү системасы катары каралат. Тигил же бул жолду тандоодо жана өз алдынча *саясий чечимди* кабыл алууда адамдын дүйнөгө болгон көз карашына (мындан анын жүрүм-турумунун багыты көз каранды болот) чоң маани берилет. Адамдын С. ж.-т-ун аныктоодо саясий бихевиоризм, неофрейдизм, когнетивизм, гуманисттик психологизм ж.б. агымдар бар. С. ж.-т. *инсандын* аң-сезимдүү *саясий кызыкчылыктарынын* жана *баалуулуктарынын* болушу чечүүчү маанеге ээ. Тышкы факторлор (коомдун саясий-экономикалык системасы, *саясий маданият*, коомдун социалдык структурасы, *улуттук мамилелер*, формалдык жана формалдык эмес бирикмелер ж.б.) адамдын С. ж.-т-га олуттуу таасир кылаарын дайыма эске тутуу чоң маанеге ээ.

САЯСИЙ ИМИДЖ, кара: *Имидж, саясий.*

САЯСИЙ КАТЫШУУ – социалдык-саясий жалпылыктын мүчөлөрүн (уруу, урук, этностук топ, *улут* ж.б.) индивиддик же группалык негизде жалпылыктын (же эл аралык коомчулуктун тарыхый өнүгүшүнүн белгилүү бир стадиясында) ичиндеги *саясат* – бийлик мамилелеринин процессине тартуу. Карама-каршылыктуу кызыкчылыктар жана *конфликттер* менен байланышпаган, *бийликтин* бөлүнүшүнө таасир этпеген маселелердин чечилишине катышуу С. к. болуп эсептелбейт. С. к-нун төмөнкүдөй түрлөрү бар: индивидуалдуу жана коллективдүү, ыктыярдуу жана мажбурлоо, активдүү, адаттагыдай жана жаңыча, легитимдүү жана легитимдүү эмес ж.б. Ушул түрлөрүнө жараша адамдар төмөнкүлөргө катыша алышат: шайлоолорго, чечимдердин кабыл алынышына; башкарууга жана өзүн-өзү башкарууга; саясий *лидерлерди* тандоого жана алардын ишмердүүлүгүн көзөмөлдөөгө; мыйзамдарды кабыл алууга, ишке ашырууга жана сактоого; шайлоо жана башка саясий кампанияларга, саясий митингдерге, жана чогулуштарга; саясий маалыматтарды кабыл алууга жана таркатууга; иш таштоого жана *жарандык баш ийбөөчүлүктүн* массалык кампанияларын-

на; боштондук согуштарына жана *революцияларга*, саясий *партиялардын* ишмердүүлүгүнө ж.б. Көлөмү боюнча С. к. жергиликтүү, регионалдык (облустук, райондук) жана улуттук (республикалык) деңгээлдерде болот. Демократтык коомдун шарттарында ар түрдүү индивиддер, топтор жана катмарлар саясатка ар түрдүүчө катышат. Алардын катышуу же катышпоо даражасына, катышуунун натыйжалуулугуна жалаң эле социо-маданий жана географиялык чөйрө (үй-бүлө, жамаат, жашаган жери, инфраструктуранын өнүгүү деңгээли ж.б.) жана социалдык-демографиялык факторлор эмес, андан тышкары билимдүүлүктүн деңгээли, бош убактысынын көлөмү, акча жана анын башка материалдык каражаттар, маалыматтарга жана анын каражаттарына жолдун ачыктыгы, саясий партияларда мүчөлүгү, саясий-мамлекеттик иерархиядагы ээлеген орду ж.б. да олуттуу таасир тийгизет. С. к. – бул жалаң эле мамлекетти башкарууга жана шайлоолорго катышуу эмес. С. к. – бул *демократиянын* негизги белгилеринин бири, *саясий социалдаштыруунун* жана саясий тарбиялоонун, конфликттерди чечүүнүн, *бюрократия* жана жарандардын саясий четтетилиши менен күрөшүүнүн каражаты.

САЯСИЙ КЛИКА (фр. clique — шайка, банда) – мамлекеттик же саясий ишмерлердин формалдуу эмес бирикмеси. Максаты – мамлекеттик *бийликти* басып алуу же анын үстүнөн мыйзамсыз каражаттарды колдонуу жолу менен көзөмөл коюу. Ички түзүмү жана топ ичиндеги өз ара аракеттеринин мүнөзү боюнча төмөндөгүдөй типтерге бөлүнөт: партнёрдук тип («теңдердин тобу») жана авторитардык тип («лидер-иш улантуучу»), булар өз максаттарына жеткенде, тиешелүү түрдө *олигархия*га трансформацияланат.

САЯСИЙ КОММУНИКАЦИЯ – саясий ишмердүүлүктү иреттештирген жана ага жаңыча маани берген, коомдук пикирди жана жарандардын керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын эске алган саясий социалдаштырууну калыптандырган, саясий маалыматтарды берүү процесси. С. к. – бул бардык деңгээлдеги иңдивиддер менен топтордун ортосундагы, өзгөчө жетекчилер менен аларга баш ийгендердин ортосундагы өз ара саясий маалыматтарды алмашуу процесси. С. к-ны коомдун саясий системасы үчүн маанисин адамдын денесиндеги кан айлануу системасы менен бирдей деп салыштырса болот. С. к-нын методдорусуз саясий турмушту элестетүү кыйын. Лидерлер жана аларды жактоочулар С. к-дан бирдей даражада көз каранды болушат. Адатта С. к-нын үч ыкмасын бөлүп көрсөтүшөт: 1) массалык маалымат каражаттары аркылуу коммуникация; 2) уюмдар аркылуу коммуникация. Саясий партиялар же мис., басым көрсөтүүчү топтор башкаруучу менен башкарылуучулардын ортосунда маалымат берүүчү катары кызмат кылат; 3) формалдуу эмес контакттар аркылуу коммуникация. Бул ыкма жекече (бетме-бет) байланыштар аркылуу жүргүзүлөт.

САЯСИЙ КОНСЕРВАТИЗМ (лат. conservatio – сактоо, куткаруу) – коомдогу саясий жана укуктук уюмдун түзүлгөн формаларын коргоодон жана бекемдөөдөн турган *саясий ишмердүүлүк*түн тенденциясы. С.к. эреже катары коомдук новацияларга болгон сындык-негативдик мамилелери менен айырмаланат; анын жактоочулары жалгыз гана мындай жаңы киргизүүлөрдү жактырышат – алардын ою боюнча болуп жаткан экономикалык, социалдык жана саясий түзүлүштөрдүн сакталуусуна жардам көрсөтүү, анын туруктуулугунун өсүшүнүн кепилдиги болуп кызмат кылган өзгөчөлүктөрүн өнүктүрүү.

САЯСИЙ КОНЦЕПЦИЯ (лат. conceptio – түшүнүк) – тигил же бул *саясий институттун, саясий күчтүн* саясатын толук, системалык негиздөө. С. к. теориялык түшүндүрмө менен саясий практикалык өз ара байланыш формасы катары чыгат. С. к. төмөндөгүдөй элементтерди өзүнө камтыйт: каралып жаткан маселе боюнча белгилүү болгон теориялардын жыйындысы жана маселени чечүүнүн мүмкүн болгон жолдору; саясий институттардын ишмердүүлүктөрүн багыттоо; чечилип жаткан проблеманын теориялык жана саясий негиздерин ишке ашыруу механизми. Адатта, С. к. *саясий партиялардын*, кыймылдардын, коомдук уюмдардын программаларында, декларацияларында,

билдирүүлөрүндө, коомдун өнүгүшү, *саясий система, мамлекет* боюнча официалдуу документтерде көрүнөт жана бекемделет. Азыркы мезгилдеги өнүгүүнүн төмөнкүдөй С. к-лары жөнүндө айтсак болот: коомдук өнүгүүнүн концепциялары (*конвергенциялык, технократтык* ж.б.); такталган практикалык маселелерди чечүү боюнча концепциялар (*кризистерден* чыгуу, экономиканы реформалоо, *тышкы саясаттын* негизги багыттарын аныктоо ж.б.); тигил же бул саясий институттардын, социалдык феномендердин өнүгүү концепциялары (*жарандык коом*, демократтык коом, жаңы *Конституция, укуктук мамлекет* ж.б.).

САЯСИЙ КООМ – 1) азыркы *саясий тутум* иштеген коом; 2) демократиялык коом – катышуучулары өлкөнүн *саясий турмушунда* активдүү, аң-сезимдүү жана өз ыктыярлары менен катышышат. С. к. мыйзамдуу, мыйзамсыз жана жашыруун болушу мүмкүн.

САЯСИЙ КОРКУНУЧ – каалабаган саясий окуялардын мүмкүндүгү. *Саясий процесс*терге таасир этүү факторлоруна жараша – мыйзамдашкан өкмөттүк (*саясий чечим*дерди кабыл алуу менен шартталган) жана экстралегалдык (өкмөткө көз каранды эмес кырдаалдар менен шартталган) болуп бөлүнөт. С. к-тун мүнөзү жана деңгээли ички саясий туруксуздуктун атайын индекстери жана көрсөткүчтөрү менен бааланат. С. к-тун индекси ар кандай эконометрикалык жана математикалык методдордун жардамы менен аныкталат. 180ден ашуун мамлекеттин С. к-нун деңгээлинин баалары жыл сайын атайын адабиятта басып чыгарылат. С. к-тун индексин аныктоодо этностук жана диний айырмачылыктардын деңгээлине, кирешени бөлүштүрүүдөгү социалдык теңчиликке, саясий плюрализмдин деңгээлине, сол радикалдарга, *конституцияга* каршы аракеттердин масштабына, укуктук тартиптин бузулуусуна (демонстрация, иш таштоо ж.б.) көңүл бурулат.

САЯСИЙ КӨРҮНҮШ – көзгө көрүнүп турган, *коом*дун, коомдук топтордун, саясий группировкалардын, уюмдардын жана лидерлердин *саясий турмушунун* жалпы жеткиликтүү көрсөтмөлүү жагы. *Саясий аракеттерди*, окуяларды, символдорду, ритуалдарды (*Саясий символика, Саясий ритуал, Саясий эмблематика*) тике көрүү менен кабыл алуу саясатты түшүнүктүүрөөк кылат, аны пропагандалоо мүмкүнчүлүгүн жана ошол эле учурда анын коомдук көзөмөлүн кеңейтет. Азыркы замандын техникалык каражаттары убакыттын жана мейкиндиктин чектөөсүсүз адамдарды саясий окуялардын – саясий жетекчилердин чыгып сүйлөөлөрү, докладдары жана сөздөрү, саясий мекемелердин жана уюмдардын (*парламент*тин, партиялардын борбордук органдары, саясий ассоциациялар ж.б.) иштеринин, массалык саясий акциялардын (митингдер, жүрүштөр, талкуулар ж.б.) жана бөлөк окуялардын (документтерге кол коюу, «тегерек столдогу» жолугушуулар, саясий атаандаштардын диспуттары, интервью, депутаттардын отчеттору ж.б.у.с.) күбөсү болууга шарт түзөт. С. к. маанилүү демократиялык кызматты аткарат – мамлекеттин саясий жашоосуна коомду тартуу жана саясий катышуусун кеңейтүү, б.а. адамдын, коомдун жана өзүнчө топтордун саясий тике аракеттерин. С. к. ири акцияларда (шайлоолордо, колдоо же каршы чыгуу иштеринде) катышуу үчүн *саясий мобилизациянын* таасирдүү каражаты катары кызмат аткарат. Коомду жана саясий мамилелерди *демократиялаштыруу* саясий жашоону ачыгыраак, жеткиликтүүрөөк кылат, «көлөкөлүү» саясатта, жабык жана көзөмөлсүз саясий иш-аракеттерде аз орун калтырат. С. к. – демократиялык процесстин маанилүү аспектилеринин бири. Жаңы техника саясий жашоонун көрүнүктүү формаларынын өнүгүүсүн камсыз кылат; ал С. к-тү дагы бир, жаңы – саясий окуяларды документтештирүү, саясат чөйрөсүндө маданий жана тарыхый эс тутуму функциялары менен бөлүп берет.

САЯСИЙ КРИЗИС, кара: *Кризис*.

САЯСИЙ КУЛУАРЛАР (фран. couloirs – сөзмө-сөз которгондо – коридор) – сахна артындагы саясий ишмердүүлүк (*Лоббизм*).

САЯСИЙ КҮРӨШ – ар түрдүү *саясий күчтөрдүн* жана алардын уюмдарынын (*партия*, профсоюздар, диндик жана маданий бирикмелер, куралданган топтор ж.б.) өз ара аракеттеринде жана каршылашууларында көрүнгөн кызматташтык (колдоо көрсөтүү,

жардам берүү) жана атаандаштык (конкуренция) менен катар турган саясий *ишмердүүлүктүн* бир формасы. С. к-түн негизинде *саясий мамилелердин* субъектилеринин: *инсандын*, топтун жана социалдык катмарлардын кызыкчылыктары жатат. С. к-түн объектиси – мен чыкти жана *бийликти* ээлөө, сактоо (бекитүү, кайрып алуу) же аларды бөлүштүрүүнүн тартибин өзгөртүү. С. к-түн максаты – өзүнүн саясий эркин ишке ашыруу үчүн коомдун *саясий системасында* туруктуу орунду ээлөө. С. к. ар түрдүү формаларда өтүшү мүмкүн: ар кыл саясий партиялардын, коомдук кыймылдардын, парламенттеги *фракциялардын*, саясий *лидерлердин* кагылышуусу формасында тынчтык мүнөздө; күч менен мажбурлоо жана зомбулук каражаттарын (мамлекеттик көңтөрүш, путч, *жарандык согуш* ж.б.) түздөн-түз пайдалануу менен курч мүнөздө, кандай гана формасында болбосун С. к. каршылашын алсыратуу, анын максаттарын жана кызыкчылыктарынын ишке ашыруусун кыйындатуу үчүн эмес (булар атаандаштыкка мүнөздүү), каршылашын *саясий мейкиндиктен* толугу менен сүрүп чыгаруу максатында жүргүзүлөт.

САЯСИЙ КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР (лат. interest – мааниси бар, олуттуу) – социалдык субъекттердин (индивиддер, топтор, катмарлар, таптар) коомдун *саясий турмушуна* катышууга өздөрүнүн объективдүү мүмкүнчүлүктөрүн аңдап билүүсү; өздөрүнүн абалын турукташтыруу же жакшыртуу максатында ушул субъекттердин саясий-башкаруу ишмердигине карай идеалдуу умтулуусу. С. к. бир нече негиздери боюнча төмөнкүлөргө бөлүнөт: а) алып жүрүүчүлөрү боюнча: улуттук, этникалык, таптык, жамааттык; б) коомдук өнүгүүнүн агымдарына карата мамилелери боюнча: прогрессивдүү, реакциялык ж.б.; в) кызыкчылыктарды көрсөткөн органдары боюнча: мамлекеттик, партиялык, коомдук уюмдар жана бирикмелер; г) саясий багыттын мүнөзү боюнча: ашынган солчулдар, солчул *центристтер*, центристтер, оңчул центристтер, оңчулдар, ашынган оңчулдар; д) саясий *режимдин* мүнөзү боюнча: тоталитардык, авторитардык, демократтык ж.б. С. к-дын өзөгүн саясий *бийлик* маселеси түзөт.

САЯСИЙ КЫЙМЫЛДАР – *саясий мамилелердин* жашоо ыкмасы. С. к. адамдардын белгилүү бир топторунун *саясий кызыкчылыктарын* ишке ашырууга багытталган коомдук ишмердүүлүктүн көрүнүшү катары чыгат. Жаңы коомду курууну максат кылган С. к. илгерки заманда эле башталган. XIX к. орто ченинде пролетариат калыптанып, анын *идеологиясы* – марксизм пайда болгон. Интернационал түзүлүп, бир катар өлкөлөрдө саясий *бийлик* үчүн күрөшкө киришкен жумушчу табынын саясий уюмдары пайда болгон. Жумушчу кыймылында акырындык менен эки агым калыптанган. Биринчиси, бийликти *реформа* жолу менен орнотуу мүмкүн (жана керек) деп эсептеген *социал-демократтар*, экинчиси, революциячыл көңтөрүш аркылуу (тынчтык же тынчтык эмес жол менен) деген – коммунисттер. 1917-ж. Октябрдагы окуя бул талашты коммунисттердин пайдасына чечкен. Бирок бул коомдук түзүлүш да көпкө созулган жок. Анын кулашынын башка себептери менен катар эле, социализмди куруунун жүрүшүндө эмгекчил таптын С. к-дын өчүшү да себеп болду. Мамлекеттик бийликтин органдары болгон – Кеңештер – иш жүзүндө *саясий ишмердүүлүктүн* башкы формасына айлана албады. Азыркы мезгилде улуттук, регионалдык жана эл аралык С. к. үчүн жаңы шарттар калыптанууда.

САЯСИЙ КЫРДААЛ – коомдун *саясий турмушундагы* чыңалып келе жаткан, курч абалды белгилөөчү түшүнүк. С. к-дын өзөгүн негизи *саясий мамилелердин* – *мамлекеттин* жарандык коомго карата жана *жарандык коомдун* мамлекетке карата мамилелеринин мазмуну түзөт. Көп учурда С. к. *бийликтин* мамлекеттин институттарынын *кризиси* формасында чыгат. С. к-дын пайда болушунун негизинде коомдук турмуштун өзөгүндөгү (мамлекеттик бийлик, анын формалары жана багыттары үчүн ар түрдүү *саясий күчтөрдүн* ортосундагы) карама-каршылыктардын өнүгүшү жатат. Акыры келип, сөз *саясат* менен экономиканын, саясат менен социалдык чөйрөнүн ортосундагы карама-каршылыктар жөнүндө жүрөт. Коомдогу төрт сапаттык өзгөрүүлөрдө өбөлгөлөгөн системалык карама-каршылыктардын

өнүгүү процессинде С. к. революциялык кырдаалдын бөлүгү катары чыгат. Коомдун саясий өнүгүшүндөгү терең өзгөрүүлөргө чейинки С. к-дан ал өзгөрүүлөр болуп өткөндөн кийинки С.к-ды айырмалап билүү зарыл. Биринчисинде, саясий күчтөрдүн күрөшү саясий проблемалар жана маселелер менен (бирөөлөрү бийликти сактап калуу үчүн; экинчилери бийликти тартып алуу үчүн) чектелип, эски бийликке каршы күрөшкөндөр, адатта, бирдиктүү фронтко биригишет. Экинчисинде, алдыңкы планга экономикалык жана *социалдык саясат* чыгат. Жеңилгендердин арасында моралдык рух төмөндөп, бөлүнүп-жарылуулар күчөйт.

САЯСИЙ МААНАЙ – тургундар өмүр сүрүп турган саясий тартип чегиндеги өздөрүнүн тилектерин канааттандыруу деңгээлинин социалдык-психологиялык абалы. С. м. сырткы жагдайларга жана субъектинин өзүнүн жагдайына тиешелүү. Бул түшүнүк төмөндөгү түшүнүктөр менен тыгыз байланышта: эмоция, күтүү сезими, *бийлик*ке өзүнүн таасирин тийгизүү деңгээлин сыноо ж.б. С. м. белгилүү бир циклда жүрөт: пайда болуу, бурулуу, көтөрүлүү жана кыйроо. С. м. пайда болгон учурда адамдар өздөрүнүн нааразычылыктарын билдирип, күнөөлүүлөрдү издейт. С. м. бурулган кезде адамдардын көңүлдөрү саясий талаптарга бурулуп, алар өз нааразычылыктарынын себептерин түшүнө баштайт. Ал эми С. м. көтөрүлгөн маалда так маанай аныкталып, аны иш жүзүнө ашыруу аракеттери талап кылына баштайт. С. м. кайра жаралуу маалында эмоционалдык туруксуздук байкалат. *Саясий тартип*тин калыптанышында С. м-дын ролу чоң, ошондуктан *саясий тартип* анын динамикасын болжоого, аны башкарууга умтулат.

САЯСИЙ МАДАНИЯТ – тарыхый жактан калыптанып калган, салыштырмалуу туруктуу, коомдогу саясий процесстердин жаралышын камсыз кыла турган, мурунку муундан калган багыттарды, ишенимдерди, жүрүм-турумду саясий процесстин субъектилерине жеткизүүнү, ишке ашырууну камсыз кылган жалпы маданияттын бир бөлүгү. Бул термин алгачкы жолу XVIII к. немец философу И.Гердер тарабынан киргизилген. Дүйнөлүк деңгээлдеги окумуштуулар Г.Алмонд жана С.Вербе бул түшүнүктү конкреттүү саясий системанын мүчөлөрүнүн жеке көз караштарынын жана позицияларынын жыйындысы катары карашкан. С. м. саясатта алгачкы багыттарды жана анын маани-маңызын аныктоочу субъективдүү чөйрө болуп саналат. Анын негизги мүнөздүү белгилери катары төмөндөгүлөрдү бөлүп карасак болот: саясий процесстин элементтеринин ортосундагы кайталануучу бекем байланышын белгилейт, саясий тажрыйбанын стабилдүү жактарын бекитет; коомдун табигый-тарыхый өнүгүүсүнүн продуктусу, коллективдик саясий чыгармачылыктын натыйжасы болуп саналат; тоталдуу мүнөзгө ээ саясий мамилелер саясий маданият менен «сиңишкен, каныккан». С. м-тын өзөгүн саясий институттардын иштөө маданияты, саясий жүрүм-турумдун маданияты, саясий аң-сезимдин маданияты түзөт. Ал эми коомдогу С. м-тын элементтери болуп мамлекет, саясий партиялар, коомдук уюмдар, армия, мечит, чиркөө, ММК, формалдуу эмес уюмдар ж.б. саналат.

САЯСИЙ МАКСИМАЛИЗМ (лат. maxime – баарыдан мурда, жогорку деңгээлде) – тигил же бул көйгөйдүн эң толук ачылышына, С. м. билдире турган кыймыл алдына койгон максаттарга жетишүү аркылуу аны чечүүгө талапкерлик кылган позициянын жалпы мүнөздөмөсү. Кээ бирде С. м. мүмкүн болгон саясий каражаттардын бүткүл спектрин колдонуу жолу менен кыска мөөнөттө белгиленген максаттарга жетүүгө аракет кылууну билдирет, бул жагынан *саясий радикализмге* окшошуп кетет.

САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕР – саясий бийликти колго алуу, пайдалануу жана кайрадан бөлүштүрүү боюнча саясаттын субъектилеринин өз ара аракеттери. С. м-дин чөйрөсү дайыма кыймылда болот жана коомдук турмуштун саясатталыш даражасына көз каранды. Тоталитардык-бюрократтык коомдордо коомдук мамилелердин бардыгын өзүнө камтыган С. м. демократиянын шарттарында олуттуу кыскартууга багыт алат. С. м-дин субъектилери катары индивиддер, топтор, катмарлар, жалпылыктар, коомдун өзү жана анын уюмдары менен *институттары* эсептелет. *Компромисс, кон-*

сенсус, тилектештик, атаандаштык, *конфликт*, каршылашуу ж.у.с. С. м-ди бөлүп караса болот. Булардын ичинен эң негизгилеринин катарына *саясий башкаруу* (башкаруучу менен баш ийүүчүлөрдүн ортосундагы) жана саясий бийлик жүргүзүү (бийликтегилер менен бийликке баш ийүүчүлөрдүн ортосундагы) мамилелери кирет. Саясий илимде С. м. симметриялык менен асимметриялык, туурасынан жана тигинен, элитардык жана иерархиялык түрлөрү айырмаланып окулат.

САЯСИЙ МАНИПУЛЯЦИЯ (алдоо) – уюштуруучуларга керек болгон багытта саясий көрсөтмөлөрдү киргизүү жана *саясий жүрүм-турумдарды* калыптандыруу максатында коомдук жана индивидуалдык аң-сезимге таасир этүү. Мындай ролду көптөгөн *саясий күчтөр* ойношот, бирок, алардын ичинен кимисинин официалдуу бийлик структурасына жана *массалык маалымат каражаттарынын* таасири көбүрөөк болсо, анда анын бул иште «ийгиликке» жетүү үмүтү ошончолук чоңураак болот. Коомдук пикирдин мааниси жана таасири чечүүчү болгон демократтык механизмдердин жана процедуралардын шартында борбордук бийликти кармап турган «бир ууч» адамдар үчүн коомдук пикирди калыптандыруу жана аны багыттоодо С. м. эң сонун кызматын кылып берет. Адатта С. м. алдоонун жардамы менен ишке ашырылат. Эң башкысы эл өзүнүн алданып жатканын өз учурунда билбөөсү зарыл. Бул максатта элдин саясий сабатсыздыгы, *саясий аң-сезиминин* жана маданиятынын төмөндүгү, саясий окуяларды өз эркинче анализ кылуу шыгынын жоктугу, «сокур ишенимдер», салт-санаанын «ыңгайлуу» жактары ж.б. алдоону өз кызыкчылыгы үчүн уюштурган адамдар жана саясий күчтөр тарабынан өтө ийкемдүүлүк менен пайдаланылат. Мында массалык маалымат каражаттары чечүүчү ролду ойнойт. Алданып калбоонун, С. м-га жол бербөөнүн төмөнкүдөй каражаттары бар: массалык маалымат каражаттарындагы саясий *плюрализмге* милдеттүү түрдө жетишүү; жалган маалыматтарды бергени үчүн журналисттерди катуу жоопкерчиликке тартуу; маалымат каражаттарынын үстүнөн демократтык көзөмөлдү орнотуу; саясий билим берүүнү күчөтүү; *саясий маданиятты* тарбиялоо ж.б.

САЯСИЙ МАРКЕТИНГ (англ. market – рынок) – *саясаттын субъекттерине*, социалдык, таптык, этностук, профессионалдык, региондук жалпылыктарга таасир этүү каражаттарынын, ыкмаларынын системасы; *саясий рыноктун* көрсөтмөлөрүнө жана талаптарына, жарандардын (шайлоочулардын) саясий керектөөлөрүнө багытталган саясий *ишмердүүлүктү* уюштуруу жана башкаруу механизми. С. м. системасында саясий ишмерлер жана уюмдар, саясий атаандаштык мыйзамы аракет кылган өзгөчө рынокто, өзгөчө товар катары көрсөтүлөт. С. м. өзүнүн концепсиясынын, иштелип чыккан стратегия жана тактикасынын жардамы менен рынокто өз товарын алдыга түртүп, «сатат», шайлоочулардын психологиясына таасир этүү үчүн маркетингдик изилдөөлөрдүн негизинде иштелип чыккан көптөгөн саясий механизмдер, *массалык маалымат каражаттары*, өзгөчө телекөрсөтүү ж.б. таасир этүү каражаттары ишке киргизилет. Реклама, маркетинг институттарынын кеңири структурасы түзүлөт. С. м. өтө кымбатка турган, бирок саясаттын субъектилеринин активдүүлүгүн көтөрүүнүн натыйжалуу каражаты болуп саналат.

САЯСИЙ МЕЙКИНДИК – саясий *ишмердүүлүктүн* чектеринин аралыгы жана тереңдиги. *Саясий мамилелер* мейкиндиксиз жашай алышпайт. С. м-ти жалаң географиялык мейкиндик менен окшоштуруп коюу туура эмес. Географиялык мейкиндик саясийдин «үстүнкү катмары» сыяктуу чыгат. *Саясий турмушка* көбүрөөк активдүү катышкан социалдык катмарлар *саясий активдүүлүктүн* талаасын түзүшөт (ушунун өзү С. м. болуп эсептелет), мына ушул жерде мамлекеттик бийлик боюнча мамилелерди түздөн-түз тактоо жүргүзүлөт. Саясий активдүүлүктү көрсөтпөгөн субъекттер С. м-тин чет жакаларынан орун алышат, ал эми жакырданган элементтер бул мейкиндиктен таптакыр чыгып калышат.

САЯСИЙ МОБИЛИЗАЦИЯ (лат. mobilis – кыймылдуу, ылдам) – партиялардын, партиялык коалициялардын, коомдук кыймылдардын ж.б. белгилүү бир акцияларга даярдыгын камсыз кылуучу иш-чаралардын комплекси. Көпчүлүк учурда төмөндөгүлөрдү камтыйт: 1) үгүттүк-пропагандалык ишмердүүлүктү, пландалып жаткан акциялардын мазмунун, аларды өткөрүүнүн конкреттүү мөөнөтүнүн маанисин, андагы тараптардын катышууга болгон социалдык-психологиялык даярдыгын жана каршылаштардын нравалык-психологиялык ж.б. дезавуциясын түшүндүрүү менен байланыштуу; 2) алдыда боло турган акциянын катышуучуларынын ортосундагы маалыматтардын түзүмүн уюштуруу; 3) акциянын каршылаштарынын болжолдуу иш-аракеттери жана пландары тууралуу маалыматтарды өз убагында алуу жана алынган маалыматтарды үгүттүк-пропагандалык ишмердүүлүктө колдонуу; 4) акциянын багытына жараша алдыда боло турган иш-аракеттин катышуучуларын бардык керектүү каражаттар (тамактануу, транспорт ж.б.) менен камсыз кылуу; 5) зарыл болгон учурда – тигил же бул маалыматтардын конфиденциалдуулугун сактоо.

САЯСИЙ МОДЕРНИЗАЦИЯ – социалдык жана саясий өзгөрүүлөрдүн процесси; саясий өзгөрүүлөрдүн белгилүү бир багыт алышын билдирет. С. м-да негизги басым саясий өзгөрүүлөрдүн формациялык өзгөчөлүктөрүнө эмес, *саясий системаны* жакшыртуунун өзгөчөлүгүн аныктаган өлкөнүн салт-санаасына, өнүгүүнүн тарыхый-маданий жолуна жасалат. С. м. кандайдыр бир айкын саясий максатка жетүүгө же өнүгүүнүн кайсы бир моделин көчүрүүгө (*президенттик* же *парламенттик республика*, эки же көп *партиялуу система*, *федерация* же *унитардык мамлекет* ж.б.) маани бербейт. Калк менен өкмөттүн ортосундагы диалогду камсыз кылуучу *саясий институттардын* түзүлүшү С. м. үчүн зор мааниге ээ. Себеби бул өкмөткө жаңы экономикалык жана социалдык проблемалардын келип чыгышына өз учурунда жана эффективдүү чара көрүүсүнө мүмкүндүк берет. Белгилүү америкалык саясат таануучу *С.Хантингтондун* ою боюнча, С. м. биринчиден, *бийликти* рационалдаштыруу өзүнө камтыйт, б.а. улуттук *мамлекеттин* чегинде *мыйзамдын* жогорулуулугу. Экинчиден, ал жаңы саясий ролдордун жана функциялардын бөлүнүшүнө, бул функцияларды иш жүзөгө ашыра турган атайылаштырылган структуралардын өнүгүүсүнө мүмкүндүк берет. Укуктук, согуштук, администрациялык, илимий облустар саясий чөйрөгө автономдуу болуп, ички субординациясы өзүнчө чечиле турган проблемалардын өзгөчөлүгү менен аныкталат. Үчүнчүдөн, С. м. социалдык топтордун *саясатка* катышуусунун жогорулашын жана *кызыкчылык топтору* сыяктуу жаңы саясий институттардын өнүгүүсүн камтыйт. Саясатка катышуунун жайылышы эки түрдүү натыйжага алып келиши мүмкүн. Биринчиден, *авторитардык* мамлекеттерде болгондой, өкмөт тарабынан калкты тескөө күчөсө, экинчиден, *демократиялык* мамлекеттегилердей калктын өкмөттү көзөмөлдөөсү күчөйт. Ошентип, бийликти рационалдаштыруу, саясий структуранын бөлүнүшү жана массалык *саясий катышуунун* өнүгүүсү – С. м-нын зарыл курамдык элементтери болуп эсептелет.

САЯСИЙ ОЙ-ЖҮГҮРТҮҮ – бүгүнкү күндөгү объективдүү чындыктын коомдук жана индивидуалдык *саясий аң-сезимде* чагылдырылуусу. Башка ой-жүгүртүү сыяктуу С. о.-ж. түздөн-түз сезимдик чагылдыруу; сөз, түшүнүк, элестетүүдөн айырмаланып, таанып-билүүнүн жогорку баскычын билдирет. С.о.-ж. өзүнчө бүгүнкү күндөгү саясий, социалдык, экономикалык, согуштук-стратегиялык чындыктарга, жалпысынан дүйнөлүк реалияларга таандык касиеттер, байланыштар, мамилелер жөнүндөгү билимди камтыйт; анын жардамы менен таанып-билүүдө кубулуштан маңызга өтүү ишке ашырылат. Өткөн кылымдын 50-жж. ортосунан баштап, адамзат коомдук өнүгүүгө ой-жүгүртүүнүн татаал жолун басып өткөн. *Цивилизациянын* ири социалдык жана илимий-техникалык жетишкендиктери менен катары анын терең кризиси байкалган. Ал согуш жана тынчтык, коом менен жаратылыштын мамилелеринин чөйрөсүн, эл *аралык мамилелердин*, демография жана адамзат областынын жыйындысын өзүнө камтыган. Курчап турган дүйнөнү көрүүдө интеллектуалдык бузуп өтүү керек болду, конфронтациялык,

метафизикалык ой-жүгүртүүнүн постулаттарын чечкиндүү түрдө кайра карап чыгуу, эскирген догмалар менен стереотиптерди четтетүү зарыл болгон. С. о.-ж-нүн орношунда жана өнүгүшүндө көптөгөн мамлекеттик жана коомдук ишмерлер, окумуштуулар, согушка каршы жана *экологиялык кыймылдар*, прогрессивдүү эл аралык жана регионалдык уюмдар зор салым көрсөткөн. 1955-ж. белгилүү Эйнштейн-Расселдин Манифестинен 30 жыл өткөн соң 1985-ж. жаңы С. о.-ж. деп аталган бир катар ири *идеялар* жана жоболор сунуш кылынган. Кийин алар бир системага келтирилген. Анын маңызы төмөнкүдөй: мамлекеттердин жана элдердин ортосунда түшүнбөстүк жана карама-каршылыктардын болгондугуна карабай, дүйнөдө биримдиктин, өз ара байланыштын жана региондордун, өлкөлөр менен элдердин өз ара көз карандылыгынын өсүшүнө карай багыт үстөмдүк кылат. Дүйнөнүн көп түрдүүлүгү анын биригишине тоскоолдук боло албайт. Ири экономикалык, саясий, экологиялык, согуштук ж.б. маселелердин чечилишинде жалпы адамзаттык кызыкчылык жана баалуулуктар чоң мааниге ээ. Бүгүнкү күндүн *глобалдык проблемаларын*, цивилизациянын *кризисин* жеңүү кызыкчылыктарында бардык мамлекеттердин күчүн глобалдаштыруусуз чечүү мүмкүн эмес. Дүйнөнүн көп түрдүүлүгү мамлекеттердин алдында турган маселелеринин көп түрдүүлүгүнө таасир этет. Ар бир эл өзүнүн өнүгүүсүнүн социалдык жана саясий жолун тандоодо эркиндик укугуна ээ. Эл аралык мамилелердин универсалдык принциби – тынч жашоо жана өнүгүү болуп эсептелет. Бүгүнкү күндөгү С. о.-ж-нүн борбордук пункту ядролук согушка жол бербөө, куралдык атаандаштыкты токтотуу, куралсыздандыруунун зарылдыгы жана мүмкүндүгү болуш керек. Элдер күч колдонбогон дүйнөнүн, коопсуздуктун жалпы системасын курууда биригиши керек. Ядролук коркунуч менен катар алдыңкы планга экологиялык коркунуч чыкты. Аны жеңүү үчүн тез жана эффективдүү биргелешкен аракеттер керек. С. о.-ж-дө жашоонун жалпы баалуулук идеясы зор мааниге ээ. Андан башка маанилүү болуп адамды улуттук жана дүйнөлүк саясаттын чордонуна коюу зарылчылыгы; *адам эркиндиги жана укуктары* гарантиялашы эсептелет. Бүгүнкү күндөгү С. о.-ж. – бул процесс. Анын негизги жоболору дүйнөдө болуп жаткан өзгөрүүлөрдөн эсеби менен ар дайым тактоону жана өнүгүүнү талап кылат. Анын талаптары менен саясий процесске катышуучу тараптардын бардыгы жетектелүүсү зарыл; С. о.-ж-нүн *демократтык принциптерин* саясий аң-сезимдин туруктуу элементине жана өз ара пайдалуу кызматташтыктын платформасына айлантуу, анын илимий негиздешин жана практикалык чындыгын жогорулатуу маанилүү болуп эсептелет. С. о.-ж-нүн бул принциптери жана талаптары менен жетектелген мамлекеттер – дүйнөлүк коомчулуктун мүчөлөрү эл аралык чыңалууну жумшартуу, «кансыз согушту» токтотуу боюнча, чыныгы куралсыздандыруу, бир катар куралдуу *конфликттерди* токтотуу багытында маанилүү натыйжаларга жетишти. Бирок дүйнөлүк *саясаттын* көптөгөн ири проблемалары дагы эле чечиле элек коомдук прогрессти камсыз кылууда жана тынчтыкты бекемдөө боюнча ишмердүүлүктү активдештирүү зарылчылыгы бар.

САЯСИЙ ОЮН – кемчиликсиз саясий мамилелерге жашырын жамынып алуу менен интригалар, көшөгө артында сүйлөшүүлөр аркылуу жүргөн (аткарылган, ишке ашкан) келишимдердин метафорикалык аталышы. С. о. *саясий процесстер* менен окуяларды моделдөө үчүн түзүлгөн оюндардын теориясы менен чаташтырбоо керек. Ал алгач кумар оюнунда (карта оюндары) уттуруу жана уттурбоо үчүн иштелип чыккан математикалык теория, кийинчерээк ыктымалдуулук процессинин ар кандай тибиндеги, анын ичинде саясий атаандашуулардын кызыкчылыгы жана эки тарапка тең эмес шартты моделдөө үчүн пайдаланыла баштаган. С. о. түшүнүгүнүн мындай теорияга жана жашыруун же ачык күрөшүн белгилөө үчүн колдонуудан (өтмө мааниде) башка анын математикалык аппаратына эч кандай тиешеси жок. Публистика, көркөм чыгармачылык, философиялык айрым эмгектерде жана күндөлүк турмуштагы сөздөрдө С. о. түшүнүгүнө

караганда көбүнэсе кенен мааниде *саясатты* кандайдыр бир оюн катары түшүндүрүшөт. Кандайдыр бир деңгээлде анча катуу тартипте колдонулбаса, бул сөздөргө каяша маанисинде каршылык көрсөтүлбөгөнү менен мындай метафоранын чегин көрсөтүү үчүн кандайдыр бир түшүндүрмө керек. Саясатта (саясий аракет жана чыгармачылык) жана оюндун ортосундагы айырмачылык анча сезилбегени менен С. о. түшүнүгүнүн өтмө, метафорикалык мааниси өтө так. Анын накта мааниси оюн деген түшүнүктүн өзүндө жатат. Туурасын айтканда оюн ишмердүүлүктүн өзү эмес, бирок оюндун негизинде жаралган ишмердүүлүктүн белгилүү бир формасы (мындайча айтканда имитациялык оюндар), анын (оюн) калыбына келтирилген имитациясы болуп саналат. Мис., балдарга арналган оюндар чоң кишилер иштеген ишти (үй ичиндеги жумуш, бала багуу, конструкциялоо ж.б.), согушту ойноо – аскер операцияларын, спорттук оюндар – физикалык же акыл эмгегин, кумар оюндары атаандаштык, адамдын турмушундагы мыйзам ченемдүүлүк же кокустуктан болгон ийгилик менен тагдырды ж.б. имитациялайт. Мындай оюндардын милдети – көңүгүү, машыгуу, эмоциялык сезимди сыноо, ырахат алуу, эс алууда пайдалуу эффект менен иш-аракет кылуу (оюндун имитациясы аркылуу); булардын максатында бир гана жалпылык – аны алуу үчүн даярдануу жатат. Саясатта мындай абалды: оюндарга көңүгүү, машыгуу, аны иш жүзүнө ашырууга даярдануу ж.б. кезиктирүүгө болбойт. Булардан тышкары ойноо иш-аракеттери башкалар сыяктуу эле оюнду чектеп турган кандайдыр бир мейкиндиги (оюн талаасы, спорттук аянтча, шахмат доскасы, манёвр жасоо үчүн талаа ж.б.), убакытты катуу тартипте сактаган эреже-жобого баш ийет. С. о. мындай эреже-жобону билбейт. Бул эреже-жобосу жок оюн, анда белгилүү эрежелерге багындыруунун жалгыз жолу – моралдык норма, формалдуу же жашыруун келишимдер, акыл (уят) ченеми ж.б. Ошондой, саясат менен оюнда принципиалдуу айырмачылыктардын болушуна карабай, бул экөөнү бириктирүүгө, сыйыштырууга болот, бирок көбү ушунун метафорасына алданып калышы мүмкүн. Бул ал экөөнө тиешелүү мамиленин түзүмү, анда атаандашкан эки же бир нече тарап катышып; ийгиликтер жана кырсыктар, утуштар жана утулуулар коштоп; утуштар менен пайданын артынан түшүү; күчтүүлөр менен чабалдардын иргелиши; чемпионат (аягына жетүүнү көздөгөн бир кылкалардын мелдеши); ыктымалдуулук жана кокустукка байланыштуу тең салмактуулук; эмгек чыгымы менен анын жыйынтыгындагы тең салмактуулуктун бузулушу; утуп алуу (пайда табуу) максатында көбөйтүү (кошуу), кумарга кирүү; же ошол эле ийгиликке жетүү ишенимине негизделген процесстин маанисиздиги (иррационалдуулук); динамизм, импровизация, тобокелчилик; блеф маданияты, жалган манёврлар; чыныгы максатын жашыруу мүмкүндүгү аркылуу каршылашын адаштыруу; акырында белгилүү жана көбүнэсе татаал жолго алып келген оюн менен саясий иш-аракеттеги көптөгөн профессионалдык мүнөздөр – ушулардын баары оюн менен саясаттын маанисине топтолгон.

С. о. орду саясаттын мүнөзүнө жараша өзгөрүп турат. Оюндун масштабы бир кыйла орчундуу болгон ири пландагы саясий стратегияга чейин жетилиши мүмкүн. Мындай тарыхый жыйынтыгы жагынан эң чоң манёврларды (анын үстүнө жашыруун) жана анын ишке ашырылышын экинчи дүйнөлүк согуштун алдында улуу державалардын келечекте согушка катыша турган тараптарды блокадалоо үчүн күрөшү, Жапонияга каршы согушка кирердин алдындагы АКШнын саясатын, анын ичинде союздаштар бирге болууга тоскоолдук уюштурган изоляциялоо саясатын колдогондорго каршы Ф.Рузвельттин күрөшү ж.б. аркылуу мисал кылууга болот. Бирок баарынан көп тарагандарга аз сандагы жана анча көп эмес масштабдагы тактикалык оюндар кирет. Саясат канча майда болсо, ал жерде майда оюндар ошончо көп болуп, жок нерсеге ишенүү, болгон интрига жана атак-даңкты сүйгөн намыскөйлүк, өздүк симпатия жана антипатиялар ошончо бекем чырмалышып алат.

САЯСИЙ ӨНҮГҮҮ – кең мааниде – коомдогу саясий *бийликтин* тутумун түзүүчү институттардын, көрсөтмөлөрдүн жана баалуулук-

тардын өнүгүүсү. Кээ бир учурларда С. ө-нүн синоними катары *саясий модернизация* колдонулат. С. ө. жалпы түшүнүк катары экономикалык, социалдык жана саясий өзгөрүүлөрдү камтыйт.

САЯСИЙ ПАРТИЯ – саясий бийликке жетүү үчүн же мамлекеттеги бийликти ишке ашырууга катышуу максатында өз ыктыяры менен түзүлүп, бир идеология менен байланышкан ыктыярдуу союз.

САЯСИЙ ПАССИВДҮҮЛҮК – *саясий ишмердүүлүктүн* бир түрү. Анын чегинде субъект (индивид же социалдык топ) өзүнүн кызыкчылыктарын ишке ашырбайт, саясий өз алдынчалуулуктан четтетилип, башка социалдык топтун көз караштарынын жана ойлорунун таасири астында болуп турат.

САЯСИЙ ПЛАТФОРМА – партиялардын саясий практикасы негизделген жана алардын *саясий программаларында* такталуучу бир катар жалпы жоболор; коомдо өкүм сүргөн негиздүү коомдук-саясий агымдар. Бүгүнкү күндө төмөнкүдөй негизги агымдарды бөлүп караса болот: *консерватизм* жана анын азыркы күндөгү модели – неоконсерватизм, неолиберализм; *социал-демократизм; коммунизм;* конфессионалдык мүнөздөгү саясий жана коомдук агымдар. Бир катар саясий *партиялар* негиздеген адаттагы консерватизм согуштан кийинки жылдарда дүйнөдөгү жана коомдо болуп өткөн өзгөрүүлөрдүн натыйжасында өзүнүн көптөгөн баалуулуктарынын *кризисине* учураган. Либералдык рыноктук баалуулукту, принциптерди жана ой жүгүртүүнү сиңирип, ошол эле мезгилде адам жана алар тарабынан түзүлгөн *саясий институттар* акырына чейин жакшыртылбаган, алардын кемчиликтери жоюлбайт, бирок ондолот деген ишенимин сактап калган неоконсерватизм келип чыккан. Кедейлик менен теңсиздикти биротоло жоюуга мүмкүн эмес, бирок жеңилдетүүгө болот, ал эми саясий институттар коомдун өнүгүүсүнүн берилген этабында дал келгендей гана жакшы деп эсептелет. Коомду кайра куруунун кезектеги этабын аяктаган, 80-жж. консервативдик *революцияларды* иш жүзүнө ашырган партиялардын С. п-лары неоконсерватизмдин жоболоруна негизделген. Неоконсерватизм платформасы өзүнө коомдук турмуштун социалдык-экономикалык чөйрөсүнө мамлекеттин кийлигишүүсүн чектөөнү жана мыйзамдуулукту жана *укуктук мамлекеттин* кийлигишүүсүн чектетип жана мыйзамдуулукту, укуктук тартипти сактоодо анын ролунун күчөшүн камтыйт. XX к. башында пайда болгон неолиберализм башка С. п-ны сунуш кылат. Анда *этатардык* белгилерге көбүрөөк ээ боло баштаган этатизм коомдун социалдык-экономикалык жана *саясий турмушун* тескөөнүн башкы куралы болуп тандалган. С. п-да традициялык индивидуализм менен катар неолибералдык партиялардын практикасында коомдук, коллективисттик жана этатикалык аспектилер пайда болот. Согуштан кийинки жылдардагы жетектөөчү өлкөлөрдүн саясатында негизги идеялары ишке ашкан неолибералдык С. п. 70-жж. ортосунда узак убакытка созулган кризиске учураган жана ушул өлкөлөрдүн бардыгында тескөөнүн неоконсервативдик ыкмаларына орун берген. Коомду башкаруунун этатардык жана этатисттик концепциялары азыркы социал-демократиянын С. п-сын толук чагылдырган. Марксисттик концепцияда абсолютташтырууга жеткирилип, алар азыр оор кризисте болгон, коммунисттик С. п-ны пайда кылышкан. Социалисттик партиялар бийликте болгон өлкөлөрдө кандайдыр бир деңгээлде ишке ашкан учурдагы социал-демократтык платформа жалпы жыргалчылыктын мамлекетин куруу концепциясы менен тыгыз байланышкандыктан кризиске учурады, же бул партиялардын саясий практикасы менен келише албай калды. С. п. *саясий идеялардын* жана маанайлардын базалык чагылуусу катары чыгат. Муну менен бир катар партиялардын ишмердүүлүгүнүн негизи катары *конфессионалдык* С. п-нын келип чыгышы байланышкан. Белгилүү убактарда берилген конфессиянын социалдык-саясий доктринасынын кайра жаралуусу коомдун базалык баалуулуктарынын кыйрашы менен аныкталат, же улуттук-маданий турмушунун жоголуу коркунучунда (кээ бир өлкөлөрдүн турмушунда фундаменталисттик саясий тенденциянын күчөшү) өзүн-өзү коргоонун куралы катары чыгат. Түрдүү ба-

гыттагы С. п. *саясий* күчтөрдүн катышын жана *саясий* процесстин үстөмдүк кылган формаларын аныктап, ар дайым жана ар бир коомдо өкүм сүрүшөт жана атаандашышат.

САЯСИЙ ПЛЮРАЛИЗМ (лат. pluralis – көпчүлүк) – көз карандысыз бытиенин баштапкысынын жана саясий билимдердин болушуна негизделген, коомдук-саясий жана социалдык өнүгүүсүнүн идеялык-тескөөчү принциби. С. п. буржуазиялык коомдун чегинде пайда болгон. Бул түшүнүк биринчи жолу 1712-ж. монизмдин антиподу катары немец ойчулу Х.Вольф тарабынан киргизилген. С. п. термини коомдук ой жүгүртүүдө эркиндик, теңдик, *демократия* проблемаларына кызыгуу пайда болгон сайын, философиялык жана социалдык-саясий адабиятта активдүү колдонулган. Эрте *либерализмдин* идеологдору жана көптөгөн агартуучулар (Дж.Локк, Ш.Монтескье, Дж.С. Милль, А.Токвиль) С. п. менен укуктук, *жарандык коомдун* идеясын байланыштырышкан. И.Кант: «Өзүмчүлдүккө адам өздүк «Менинде» бүткүл дүйнөнү камтып алган эмес, дүйнөнүн жараны катары көрүп, алып жүрүүчү ойду, же плюрализмди каршы коюу гана мүмкүн», – деген. Бүгүнкү күндө *саясат таануу* коомдук-саясий турмуш көп түрдүү өз ара байланыштуу, көз каранды жана ошол эле мезгилде автономдуу социалдык жана саясий топторду, *партияларды,* уюмдарды камтуусу керек деп эсептейт. Алардын программалары жана концепцияларды салыштыруунун негизинде коомдук ан-сезимге таасир тийгизүү үчүн мелдешүү, атаандаштык күрөшүү камсыз кылынат. Бул күрөш – концепциялардын жана доктриналардын өнүгүүсү үчүн маанилүү түрткү болуп эсептелет. С. п-дин милдети – чындыкты издөө жана ага жалпы максаттар үчүн *компромисттик* чечимдердин негизинде жетүү, түрдүү *саясий күчтордун* аракетинин биримдигин камсыз кылуу үчүн демократтык талкуулар шартында көз караштарды, ой-пикирлерди, идеяларды салыштыруу аркылуу социалдык субъектилердин кызыкчылыктарын табуу жана легалдаштыруу. С. п-дин кучагы жана терендиги *мамлекеттин* жана коомдун *саясий системасынын* мүнөзү, экономиканын көп тармактуулугу, социалдык структура, жалпысынан коомдук чөйрө менен шартталган. *Бийлик* тарабынан *инсанды* жана коомду көзөмөлдөө, официалдуу *идеологиянын* үстөмдүүлүгү, башкача ой-жүгүртүүгө чыдамсыздык мамиле кылуу менен мүнөздөлгөн *тоталитардык* мамлекетте С. п. кескин түрдө чектелген. Саясий мүмкүнчүлүктүн чегине чейин идеологиялаштырылган, аларды чагылдыруучуларга – жол башчыларга, саясий жетекчилерге түздөн-түз баш ийген тоталитардык партия жана кыймылдарга гана берилет. Бир адамдын же топтун чектелбеген бийлигине, куралдуу күчкө негизделген, *авторитардык* саясий системада С. п-ге партиялар, профсоюздар жана башка уюмдар бийликтегилердин көзөмөлү астында болгон шарттарда гана жол берилет. *Оппозициянын,* көз карандысыз легалдуу ишмердүүлүгүнүн бар болуусуна жол берилбейт. Бийликтин кийлигишпөөсү же анын чектелүүсү *саясаттан* тышкаркы чөйрөдө гана, барынан мурда экономикада мүмкүн. С. п. толугу менен демократтык системада боло алат. Ал бардык жарандарга, саясий партияларга жана кыймылдарга өз кызыкчылыктарын ачык билдирүүгө мүмкүндүк берип, өз ара компромисттердин жардамы менен рационалдык тең салмактуулукту таап, көп сандаган саясий таасирдин көз карандысыз борборлорун түзүп, күчтүү коомдук топтор же саясий көпчүлүктүн бийликти басып алуусуна жол бербейт, коомдун кандайдыр бир катмарынын кызыкчылыгынан улам бийликтин аракетин чектөөчү чечимдерди кабыл алууда бир топтун монополиясын алып таштайт. С. п-дин жашоосунун гарантиясы: бекем рыноктук мамилелердин үстөмдүк кылуусу, атаандаштыктын болуусу, экономикалык чөйрөнүн демонополизацияланышы, мамлекеттик жана коомдук иштерди тескөөдө түрдүү *саясий кызыкчылыкка* ээ социалдык субъекттердин катышуусу; *мыйзам чыгаруучу, аткаруучу* жана *соттук бийлик* бутактардын эффективдүү аракет кылуусуна мүмкүндүк берген, мамлекеттик бийликтин децентралдаштырылышы; инсандын жана коомдун өнүккөн *саясий маданияты;* кеңири көз караштуу, жөндөмдүүлүгү менен айырмаланган саясий лидерлердин болушу. С. п. коом- дун кош партиялуу-

лук же *көп партиялуулук* системасында толугу менен чыгат. Бир нече партиялардын болушу жарандардын кызыкчылыктарын табууда жана эсепке алууда коомдук саясий институттарында алардын калыптанып, чагылдырылышында аныктуулугунун чоң даражасын камсыз кылат.

САЯСИЙ ПРАГМАТИЗМ (гр. pragma – иш, аракет) – адеп-ахлактык мазмунун жана иш-аракеттердин алыскы кесепеттерин тоготпогон, тике артыкчылыктарга жетүүнүн көрсөтмөсү.

САЯСИЙ ПРИОРИТЕТ (лат. prior – биринчи, улуу, тун) – биринчи кезекте кандайдыр маани берип, аракет кылып, көңүл бура турган нерсе (биринчилик). Негизинен илимий жана технологиялык приоритеттер тууралуу көбүрөөк кезигип, алар жогору бааланып, мыйзамдар жана жоболордун негизинде бекитилген мыйзамдын (баалуулук, идея, ишеним) биринчилиги (жогорулугу) башка мыйзамдардын (чечимдер, баалуулуктар, ишенимдер) баш ийүүсүн талап кылат. Дипломатия тармагындагы тажрыйба боюнча ошол өлкөдө иштеп жаткан *эл аралык уюмдарга* артыкчылык, айрыкча укук берүү формасында белгиленет. Саясий мааниде «приоритет» термини *саясий чечим*дердин башкы багыттарын аныктоо жана иш жүзүнө ашыруу максатында XX к. 20-жж. баштап колдонулган. 80-жж. орто ченинен баштап таптар эмес, *адамзаттын* түбөлүк баалуулугу тууралуу идея приоритеттүү болуп таанылгандан кийин бул термин дүйнөгө кеңири таанылды. Ага адамзаттын өмүрүн сактоо, цивилизация жана анын негизин өнүктүрүү, айлана-чөйрөнү сактоо, ачарчылык жана оору-сыркоо менен күрөшүү; мындай максаттардын приоритеттүүлүгү «саясатты гумандаштыруу» деген түшүнүктү камтып, жаңыча саясий ой-жүгүртүүнүн чектерине негизделген. Жалпы *адамзаттын* түбөлүк *баалуулугу*нун жөндүүлүгүн жана керектүүлүгүн кээ бир ойчулдар (Вольтер, И.Кант, Л.Толстой, М.Ганди, Б.Рассел, А.Эйнштейн. М.Лютер Кинг, А.Сахаров) качандыр бир кезде жөн гана түшүнө башташса, азыркы кезде кайсыл мүнөздөгү мамлекеттик-саясий түзүлүш болбосун – ал үчүн приоритеттүү, ал эмес императивдүү, жалпыга милдет катары кабыл алынган. Анын үстүнө анын өтө актуалдуу жана маанилүү болушунун себеби, XX к. экинчи жарымындагы тарыхый тажрыйбалар көрсөткөндөй, мындай терс илдеттер (Кампучиядагы *марксизм*дин урматы үчүн же Чилидеги Пиночеттин диктатурасынын алгачкы мезгилиндегидей марксизмге каршы күрөшүү зарылчылыгы, Хусейн сыяктуу жалтанбас лидерлердин урматы үчүн же Румыниядагыдай саясий лидерлердин артыкчылыгын жоюу үчүн бардыгын теңөө) белгилүү бир жер үчүн гана өтө зыяндуу болбостон, жалпы цивилизацияны дагы бүлгүнгө учуратышы мүмкүн. Бүгүнкү күнү дүйнө элинин биримдүүлүгү көз алдыдагы чындык, анткени кичине аймакта чыккан жаңжал дагы глобалдуу натыйжа туудурушу мүмкүн (Кувейттеги нефти сактоочу жайлардын өрттөлүшү аба-ырайын өзгөрткөндөй), ошондуктан агрессияны бүт дүйнөдө токтотуу же болтурбоо, өз ара макулдашуу аркылуу аймактагы курч мамилелердин чыңалуусун жоюу, өлкө ичиндеги жаңжалды саясий жол менен жөнгө салуу приоритеттүү максат болуп эсептелет. Мунун фонунда жалган приоритеттүү максат менен баалуулуктарга жамынган ашкере улутчулдук жана диний фундаментализм өзгөчө коркунучтуу; мындан тышкары улуттук жана диний өзгөчөлүктөргө таянган идеялар бир кездеги «аёосуз таптык күрөшкө» чакыруу сыяктуу өтө коптуу болуп саналат. Иш жүзүндө бүгүнкү күнү улуттук приоритеттердин сакталышы эл аралык приоритеттердин толук сакталышы аркылуу аткарылат. Бул БУУнун кадыр-баркын формалдуу түрдө гана таануу эмес, иш жүзүндө анын саясий багытын кадам сайын колдоодо билинет. Ошол эле учурда эл аралык саясий жаңжалдарды чечүүнүн моделин ички жаңжалдарды чечүүдө жана анын тескери жагында да колдонууга болот. Адамзаттын жа- шоосунда жок болуунун алдында турган жалпы приоритеттерди тышкы жана ички саясатта жаңы сапатка өткөрүү сунушталууда. Бүгүнкү күнү кээ бир приоритеттерди «экспорттолгон» деп, өлкөнүн ичиндеги башка приоритетке таянуу туура эмес. Социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрдүн жүрүшүндөгү С. п. негизги мо-

менттери – демократиянын механизмдерин эл массасына эмес, айрым кишилерге, ар тараптан камсыз кылынган адам укуктарына багыттоо; мамлекеттик бийликти жана *саясий институттарды* (бийликти бөлүштүрүү, «сабырдуулук жана тең салмактуулук» принциптери, бир партиялуулукту көп партиялуулукка алмаштыруу, коомдук жана жарандык кыймылдарды активдештирүү, социалдык демилгелерди колдоо, чыныгы жана конструктивдүү айкындуулук менен камсыздоо) структурациялоо жана ага байланыштуу социалдык жөнгө салуунун ыкмасы катары мыйзамга таянуу болуп саналат. Ошондуктан демократиялык цивилизациялуу коомдун өнүгүү жолу экономика менен саясаттын, саясат менен маданияттын, саясатты жана жалпысынан турмуштун социалдык сферасын ар тараптуу чектөө жолу аркылуу ишке ашат. Бүгүнкү күнү С. п. алмаштыруу индивидуалдуулукту ашыра баалоого алып келет – мурун бир гана «буржуазиялык» – анан коллективизм – мурун жалгыз «коммунисттик моралдын негизги талабы», «социалисттик турмуштун негизги өзгөчөлүгү» болчу. Бүгүнкү күнү Орусияда биринчиси саясий эркин коомдун баштапкы жана негизги элементтери болгон социалдык жана саясий анык структураларды бекемдөө шарты катары түшүндүрүлөт. Ошондой эле муну менен жөнүнө жана мүмкүнчүлүгүнө жараша *адам укугу жана эркиндигине* кайрадан өзгөртүп түшүнүүгө, саясий, экономикалык, социалдык, маданий сферага умтулуу дагы байланышкан. Буга байланыштуу жеке адам кандай коом болбосун саясий, экономикалык жана рухий структураларды кайра жаңыртуунун башкы булагы жана цивилизацияга жеткен коомдун жаралышынын башкы нугу жана мамлекеттик, ошондой эле саясий институттарга делегат (көп баскычтуу) жиберүү катары кызмат кылат. Ал учурда салттуу түрдө индивидуалдуулуктун принциптерине таянган коомдо коллективизм (коммюнитаризм) принциптери кабыл алынып, пайдаланылат, ошону менен бирге бул ар дайым америкалык коомду колдогон башка авторлор менен бирдикте жазылган Беллахтын изилдөө – китебинде жазылган. Ал топтор – дал ошол Америкага алгачкы көчүп келгендер, жаңы мамлекеттин жарандары, көз карандысыздыктын Декларациясына кол койгон пилигримдер болушкан.

XIX к. эркиндик үчүн башталган (аболиционисттердин) жарандык согушта коллективизм өзүн ачык көрсөтө алды, XX к. 60-70-жж. жаш америкалыктардын кыймылында түзүлгөн коммуналар коллективизмдин жаңы күбөсү болуп эсептелет. Футуролог Несбит белгилегендей, ансыз деле барктуу мындай коомдун мааниси мындан ары дагы жогорулайт. Индивидуализм менен коллективизмдин өз ара жаңы мамилесинин маселеси – *саясий турмуштун* моралдык-этикалык чени боюнча эң башкысы катары мүнөздөлөт; жаңы С. п. өзү адамзатты жаратылыштын бир бөлүгү жана ал аны коргоо үчүн жаралган деп карайт жана принципиалдуу жаңы түшүнүгү боюнча экономикалык, социалдык, рухий жашоо менен үзгүлтүксүз байланыштырат. Саясий-тарыхый планда С. п. айла жоктон алмаштырылат, бирок ал тез-тез болуп турса, абдан кыйынчылыкта өтөт. Мис., Совет мамлекетинин алгачкы жылдарында, толук эмес он беш жылга жакын убакыттын ичинде, бирок декларациянын негизинде болсо дагы,, «социалисттик тандоодон» өлкөнүн көпчүлүгү атайылап, өз эркн менен баш тартканына карабай, 1917–1918-жж. согуштук коммунизм, 1921-ж. – жаңы экономикалык саясат, 1929-ж. – индустриалдаштыруу, 1930-ж. коллективдештирүү саясаты иштелип, приоритеттер үзгүлтүксүз алмашып турган. Ошондой эле 1939-ж. тышкы саясаттагы приоритеттердин эмне себептен жана кандай максат менен алмаштырылып турушу түшүндүрүлгөн эмес. Эл аралык масштабда 1930-ж. приоритеттерди алмаштыруу кыйынчылыктар менен коштолгон: Германиядагы бийликке нацисттер келген, АКШда «жаңы курс» жарыяланган, Жапониянын Азиядагы агрессивдүү кадамы күч алган, Испанияда жарандык согуш тутанган. 1930-ж. социалдык-экономикалык кырдаалга жалпы анализ жасаган Кейнс негизги себептердин бири жок дегенде Европанын масштабында экономикалык кызматташууга көңүл бурулбай, приоритет улуттук экономиканын жетишкендигине карата болгонун белгилейт. Экинчи

дүйнөлүк согуштан кийин экономикалык кызматташтык, ал эмес экономикалык интеграция Европадагы ири державалардын С. п. болуп калды. Ал эми 1970–80-жж. тышкы жана анан ички приоритеттердин алмашышы башкача мүнөздө өтө баштады. Эл аралык чыңалуудагы мамилени жакшыртуу саясатынын негизинде 1975-ж. Хельсинкиде *Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун* түзүлүшү, адамзатты согуш коркунучунан ажыратуу үчүн жасалган кадамдардын негизинде өткөн – Женева, Рейкьявик, Вашингтон, Москвадагы, акыркы жолу 1989-ж. Мальтадагы советтик-америкалык жолугушуулар ал учурлардын негизги пункттары болуп эсептелет. С. п. алмашышы – жашоонун башка сфераларындагы приоритеттерди алмаштырууга натыйжа (андан ары тилек) болот. Мис., согушка каршы, укук коргоо, жаштар, экологиялык, феминисттик кыймылдар бүгүнкү күндүн жарандарын ар кандай чечимдерди кабыл алууга көбүрөөк катыштырып, адамзат жеткен цивилизациянын түркүгүн бекем орнотуу үчүн мамлекеттик саясий структуралардын жоопкерчилигин арттыруу негизги максат болуп саналышы керек. Азыркы учурдагы саясий процесстердин глобализацияланышы жүрүп, жеке адам, социалдык топ, мамлекеттик түзүлүшкө кенен укук мейкиндиги менен камсыз кылуу үчүн, анын бир бөлүгүнүн (улуттук тар кызыкчылыкты көздөгөн) үстүнөн бүтүндөй (адамзаттын) приоритеттерин таануу жүрүп жатат. Ички саясий процесстердин *мамлекеттик бийликке* карата мамилеси приоритеттүү болушуна карабай, анын үстүнө *терроризм*, улутчулдуктун жалындары, митингдерге берилүүнүн натыйжасында өзгөчө оорчулуктун айырмаларына карабай – мамлекеттик эмес, коомдук саясий топтордун жана кыймылдардын активдүүлүгү өсүп жатат. Жеке адам жана топтордун коомдук ишмердүүлүгүн активдештирүү, өзүн-өзү башкарууну бекемдөөнү баштоо, саясий плюрализмдин рухунда жаңы «оюндун жоболоруна» үйрөнүү – учурда «бекемдүүлүккө көнүгүү» үстүндө жүрүп жаткан *саясий процесс*тердин өтө маанилүү мүнөздөмөсү болуп эсептелет.

САЯСИЙ ПРОГРАММА – саясий партиялардын ишмердүүлүгүнүн негизги жоболорунун жана максаттарынын кыска же деталдык баяндалышы. Программа берилген *коомдун ишмердүүлүгүн* багыттаган жалпы жоболору, б.а. *партиянын* платформасы менен аныкталат. Партиянын С. п-лары стратегиялык жана тактикалык болот. Биринчилери *саясий платформа* аныктаган жалпы, көбүнчө абстрактуу баалуулуктар жана максаттардын, аларга жетүүнүн каражаттарынын жыйындысын көрсөтөт. Тактикалык программалар берилген партияны *бийликке* алып келе турган ураандардын жыйындысы катары курулат. Саясий партиялардын кээ бири үчүн С. п. *мамлекетти* коомдун, *инсандын* өнүгүүсү үчүн ыңгайлуу шарттарды камсыз кылуу үчүн берилген партиянын сунушу болуп эсептелет. Ошол эле мезгилде С. п. атаандашынын ураандарын ишке ашпастыгын же анын бийликте турган учурдагы ишмердүүлүгүнүн терс натыйжасын чагылдыруунун каражаты болуп эсептелет. Эреже катары, С. п-га шайлоодо жеңүүнүн натыйжасында партия иш жүзүнө ашырууга умтулган, ал тарабынан жарыяланган баалуулуктардын жыйындысы кирет. Жалпы программанын айрым бөлүктөрү шайлоо компаниясынын деңгээлине же партиянын алдындагы милдеттерге (мис., бийликти сактап калуу) карата конкреттештирилет. Коомдук турмуштун жеке проблемаларына көп көңүл бурулган (АКШдагы Республикалык жана Демократтык партиялардын шайлоо компаниялары жана программалары). Программада жарыяланган партиянын максаттары жана милдеттери *бийлик* структураларындагы анын өкүлдөрү тарабынан аткарылууга милдеттүү. Бирок иш жүзүндө ар дайым партиянын программасы менен анын ишмердүүлүгүнүн дал келбөөчүлүгү байкалат. Себеби, бийлик системаларындагы партиянын функциялары кандайдыр бир өлчөмдөгү автономияга ээ же болбосо жарыяланган идеяларды ишке ашырууга, милдеттерди чечүүгө, берген сөздөрүн аткарууга күчү жетишсиз. Дагы бир себеп бар: объективдүү шарт менен аныкталган программалардын жана ишмердүүлүктүн саясий инверсиясы. Мына ушундай инверсиялык муктаждык менен 80-жж. *социал-демократтык* багыттагы саясий партиялар кагылышкан Италия, Франция, Испания социалисттер шайлоодо жеңип чыгышып, өкмөттү түзүшкөн же башка күчтөр менен бирдикте өкмөттү башкарган (Италия). Бардык учурларда партиялар шайлоолорго *эталитардык-этатисттик* жана дирижисттик принциптерде түзүлгөн социалдык-демократтык программалар менен барышкан. 70-жж. ортосунан тартып жыйынтыктап жалпы жыргалчылыктын мамлекети деп аталган коомдук өнүгүүнүн моделинин кризиси байкала баштады. Бул *кризис* чыгашалар менен жүктолгөн мамлекеттик структуралардын, согуштан кийинки моралдык-этикалык жана маданий баалуулуктардын кризисин, пайдасыз мамлекеттик сектор менен оордолгон экономикадагы төмөндөөнү билдирет. Натыйжада белгилүү эгалитардык-этатисттик программалары менен шайлоодо жеңген саясий партиялар тарабынан түзүлгөн өкмөттөр алардын программалык көрсөтмөлөрүнө мазмуну боюнча каршы болгон неоконсервативдик ыкмалар менен аракет кылганга мажбур болушкан. Жеңген партиялар өзүлөрүнүн программаларын ишке ашырууга аракет кылышкан өлкөлөрдө да (Франция, Испания), объективдүү шарттар аларды «консервативдик революция» менен башкарууга мажбур кылган Италияда социалисттер башында турган өкмөт өзүлөрүнүн принциптерин ишке ашырууга аракет да жасаган жок. Бул инверсиянын жана өздүк программаларынан баш тартуунун натыйжасында партия адаттагы шайлоо массасынын ишенимин жоготот да, шайлоолордо жеңилишет (Франция), же жаңы *электоратка* ээ болот (Испания, 1993-ж. шайлоо). С. п. тигил же бул партиянын бийликке келүүсүнүн каражаты катары карасак болот. Себеби саясий лидерлердин жана алар баштаган уюмдардын прагматизми зор мааниге ээ.

САЯСИЙ ПРОПАГАНДА (лат. propaganda – таратууга, жайылтууга ээ) – кең мааниде – саясий, философиялык, илимий, көркөм ж.б. идеяларды коомдо жайылтуу; тар мааниде – калктын көпчүлүгүндө белгилүү бир көз караштарды, идеяларды калыптандыруу, аларды коомдук аң-сезимге киргизүү жана көпчүлүктүн тиешелүү социалдык-саясий багыттарынын калыптануу процессине таасир этүү максатындагы саясий же идеологиялык пропаганда. Совет бийлиги доорунда, азыркы Түндүк Корей, Иран, Куба сыяктуу өлкөлөрдө С. п. өтө күчтүү болгон.

САЯСИЙ ПРОЦЕСС – белгилүү саясий *максаттарга* жетүүгө умтулган социалдык биримдиктердин, коомдук уюмдардын жана топтордун айрым адамдардын натыйжалуу ишмердүүлүгү; тар мааниде – *саясий чечимдерди* жүзөгө ашыруу боюнча социалдык субъекттердин ишмердүүлүгү. С. п. коомдун *саясий системасынын* чегинде, регионалдык, глобалдык масштабдарда кулач жаят. Коомдун ичинде С. п. мамлекеттик деңгээлде, администрациялык аймактык райондордо, шаарларда жана айыл-кыштактарда; түрдүү улуттар, таптар, социалдык-демографиялык топтор, эмгек коллективинин арасында, бул же тигил саясий *партиялар* жана коомдук уюмдарда иш жүзүнө ашырылат. С. п-те түрдүү факторлор өз ара аракеттенишет. Натыйжада, *саясий сферада* өзгөрүүлөр жүрөт. С. п. салыштырмалуу өз алдынчалык менен айырмаланат. Бирок акырында экономикалык структура, *мамлекеттик* түзүлүш коомдогу социалдык-саясий мамилелер менен тыгыз байланышта болуп, алардан таасир алып турат. С. п-тин негизги стадиялары аны конституциялоодон баштап кийинки реформалоого чейинки саясий системанын өнүгүүсүнүн динамикасын чагылдырат. С. п-тин башкы мазмуну саясий жана башкаруучулук чечимдеринин даярдалышы, кабыл алынышы, зарыл болгон оңдоосу, турмушта иш жүзөгө ашыруунун жүрүшүндө социалдык жана башка көзөмөлдөө менен байланышкан. Бүгүнкү күндөгү С. п. түрдүү тарыхый шарттарда жана өлкөлөрдө, анан субъекттеринин ишмердүүлүгүнүн бул же тигил стадиясында бирдей эмес көрсөткөн бир катар жалпы милдеттер менен мүнөздөлөт. С. п-тин ичинде *революциячыл* жана реформачыл башталыштардын; массалардын аң-сезимдүү, тартипке келтирилген, стихиялуу жана спонтандык аракеттери, өнүгүүнүн жогорулоо жана төмөндөө тенденцияларынын өз ара байланышы жана чырмалышы байкалат. Коомдун татаалдашуусу жана демократташтыруусу менен *саясаттын* структурасы, меха-

низми, формасы, ишке ашыруу каражаттары жана ыкмалары түрүн өзгөртөт. С. п-те өткөнгө караганда өкүлдүк социалдык катмарлар жана кыймылдар активдүү катышышат, анын ичинде саясий партиялар, армия, студенттер жана жаштар, улуттук уюмдар, конфессиялар, колдоо көрсөтүү жана *басым көрсөтүү топтору,* чыгармачылык союздар. С. п. үчүн өнүгүүнүн диалектикалык каршылаш тенденциялары: эски менен жаңы, кайра кайрылууга мүмкүн болбогондук, аягына чейин бүтпөгөндүк, багытталгандык менен алдын-ала айтуунун мүмкүн эместиги; туруктуулук менен өзгөрмөлүүлүк мүнөздүү. С. п-тин өнүгүүсү коомдук күчтөрдүн кубаттуу куралы, бардык социалдык кыймылдарда система түзүүчү звеносу катары саясаттын жана саясаттагы мазмундуу элемент – саясий бийликтин ролунун жогорулашын көрсөтөт. Ошол эле убакта айрым өлкөлөрдүн ичинде С. п-не тышкы фактор, дүйнөлүк саясий жана чарбалык мамилелер менен байланыштар, эл аралык мүнөздөгү экономикалык, саясий, согуштук-стратегиялык ж.б. реалиялардын жыйындысы маанилүү таасир тийгизет. Мында күч алып жаткан интеграциялык процесстер, экономикалык жана социалдык-саясий турмуштун интеграциялануышы, элдердин жана мамлекеттердин кызыкчылыктарынын жана максаттарынын пайда болуп жаткан биримдиги өзүлөрүн көрсөтүүдө. С. п-тин типологиясы, анын критерийлеринин орун алышы, азыркы абалы менен өнүгүүдөгү келечегин баалоо ири социалдык биримдик жана айрым адамдардын экономикалык жана саясий талаптарын жана кызыкчылыктарын канааттандыруу эки түрдүү: инсанды мамлекеттен жана мамлекетти жарандык коомдон четтетүүгө жетишүү менен тыгыз байланышкан.

САЯСИЙ ПСИХОЛОГИЯ (гр. psich – жан-дүйнө, logos – сөз, түшүнүк, окуу) – адамдардын *саясий аң-сезиминин* жана *саясий* жүрүм-турумунун области. Аларды *саясий системага (мамлекеттик бийлик), саясий турмуштун* окуяларына жана фактыларына карата баалоочу жана эмоционалдуу мамиле катары чагылдырат. *Саясий идеологиядан* айырмаланып, С. п. өзүнүн өнүгүшүндө билинбейт, бирок ошону менен катар коомдун руханий жашоосунун областындагы өзүнүн терең катмарында укмуштуудай туруктуу келет. Ал түздөн-түз адамдардын жашоо образы, жашоосунун күнүмдүк шарттары менен байланышкан, адамдардын жүрүм-турумун аныктаган элдин, улуттун саясий турмушунун кылымдап чогултулган тажрыйбасын өзүнүн мазмунунда топтойт. Чыныгы кубулуш катары С. п. саясий турмуш менен бирге пайда болгон жана байыркы кылымдарда эле саясатчылардын, ойчулдардын, диний кызматкерлердин кызыкчылыктарынын предмети болуп калган. *Аристотель* адамдар жаратылышынан саясий жандык, ал эми коомдук инстинкт жашоонун коомдук формаларынын келип чыгышынын маңызы, биринчи негизи деп айткан. Бирок илимий изилдөөнүн предмети катары С. п. XIX к. гана калыптанды. Окумуштуулардын көзүнө барыдан мурда массалык чыгуулар жана кыймылдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү, түздөн-түз байланыштуу шартындагы адамдардын жүрүм-туруму учурады. Кээ бир концепцияларда (марксизмде, айрыкча), зор көңүл таптардын, катмарлардын, социалдык-таптык кыймылдардын психологиясына бурулса, экинчилеринде (негизинен буржуазиялык ойчулдардын доктриналарында) кырдаалдык түзүлүштөрдүн (көпчүлүк топ, публика ж.б.) психологиясына, топтогу индивиддин жүрүм-турумуна, коомдук ой-пикирди калыптандыруу процесстерине дал ошондой мамиле жасалган, XX к. биринчи жарымында кызыгуу кичи социалдык топторго, кылымдын ортосунда – кеңири социалдык топторго *(улут, эл), менталитетине* жылган. Акыркы он жылдыктагы советтик илимде (философия, тарых, социалдык психология ж.б.) түрдүү социалдык *саясий күчтөр* жана кыймылдардын ортосунда өлкөнүн жаңы тарыхый тандоосу үчүн күрөштө өз ара мамилелердин курчушуна байланыштуу саясий психологиянын маселелери курч, өтө маанилүү мазмунга ээ болду. С. п. коомдук психология сыяктуу эле татаал жана көп пландуу. Кандай ыкма үстөмдүк кылганына байланыштуу түрдүү структурага бөлүнүүсү мүмкүн. Советтик философияда, социалдык психологияда эки ыкма кеңири жайылган. Аларга ылайык С. п. анын негизги чыгууларынын жыйынтыгы катары чыгат. Булар касиеттер (суроо-талап, кызыкчылык, баалуулук, *идеалдар* ж.б.), мамилелер (симпатия жана антипатия, достук жана кастык, салт жана адат ж.б.), абалдар (эмоциялар, сезимдер, маанайлар), процесстер (туура жүрүү) андан башка талап жана кызыкчылыкты түшүнүүнүн, чагылдыруунун натыйжасынын психикада тамыр жайышынын даражасы жана тереңдиги; түшүнүк – элестик чөйрө (ой-пикир, көз караш, идеалдар, баалуулуктар ж.б.), эмоционалдык-эрктик чөйрө (маанай, сезим, курамдуулук ж.б.). Биринчи эки чөйрө, өзгөчөлүктөрүнө карабай, коомдук психологиянын эң ийкемдүү, өзгөрүлмө катарын билдирет. Талаптардын жана кызыкчылыктардын, жүрүм-турумдун ыкмалары менен стимулдарынын чагылдырылышынын мазмунун тез жаңыртып турат. Психикалык түзүлүш же акыркы чөйрө, тескерисинче – көмүскөдөгү инварианттык структура (негизги көрсөтмөлөр, стереотиптер, адаттар, салттар, ой жүгүртүүнүн, эстөөнүн, толкундоонун туруктуу ыкмалары жана формалары, социалдык мүнөздөгү белги жана жышаандар). Ал *саясий идеология* тарабынан көзөмөлдөөгө жана тескөөгө бардыгынан аз дуушар болот, ага өзгөчө таасир тийгизет, өзгөчө селекция жүргүзөт, б.а. массалык аң-сезимге улуттун, элдин менталитетине жооп бере турган идеологиянын жоболорун өздөштүрүүгө жардам берет. Социалдык көрсөтмөлөр – адамдардын чөйрөнүн чакырыгына алдын-ала аныкталган жообуна күмөн саноосу, кандайдыр бир окуяга карата аракеттенүү, жүрүм-турум ыкмалары формасында баалуулук ориентациясынын чагылдырылышы. Стереотиптер – кандайдыр бир кубулуштун эмоционалдуу, жеңилдетип – схемалаштырылган субъект үчүн маанисин чагылдырган жолу. Стереотип өзүндө баяндоонун, баалоонун, алдын-ала жазуунун элементтерин бириктирет. Көрсөтмөлөр жана стереотиптер адамдар менен социалдык чөйрөнүн таасиринин астында өздөштүрүлөт. С. п. жалпысынан *саясий аң-сезим* аткарган функцияларды эле аткарат. Саясий идеологиядан айырмаланып, бул алар өзүнүн ишмердүүлүгүндө жетектелген массалардын чыныгы аң-сезими. С. п. идеологиянын идеяларын, принциптерин чыныгы жүрүм-турумдун чегинде өткөрөт да, өз артыкчылыктарын эсепке алуу менен иштеп чыгарышат. Коомдун терең кризисинин шарттарында С. п. өзүн түрдүү формаларда жана абалдарда көрсөтөт: абдан эргүү жана берилүү же тескерисинче чөгүү жана апатия, абдыроо (маң болуу) жана каарданууу, акыл-эске салып карануу жана митингдик чогулуулар. Бул мезгилде С. п. утопиялык, диний көз караштар жана күтүүлөр, түрдүү түшүндүрүүдөгү *революциячыл,* улутчулдук, шовинисттик, реваншисттик багыт алуулар жанданат: саясий партиялар менен *лидерлердин* ишмердүүлүгүндө популисттик ураандар менен билдирүүлөр пайда болот. С. п-ны билүү саясий системанын ийгиликтүү жашоосун, массалык аң-сезимдеги өзгөрүүлөр менен коштолгон реформалар мезгилинде, кризис шарттарында өлкөнүн өнүгүүсүндөгү татаал социалдык-экономикалык маселелердин *саясий чечиминин* кабыл алуусунун башкы фактору болуп эсептелет.

САЯСИЙ РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО – куугунтукталган калктын территориялык бүтүндүгүн, улуттук-мамлекеттик түзүлөрүн калыбына келтирүүгө жана *мамлекет* тарабынан келтирилген залалдардын ордун толтуруп берүүгө болгон укугун таануу жана ишке ашыруу.

САЯСИЙ РЕАКЦИЯ (лат. re – сөздүн алдына жалгануучу аффикс, бул жерде арт жакты көздөй аракетти билдирет жана action – аракет) – өтүп бара жаткан коомдук түзүмдөрдү сактоо же калыбына келтирүү үчүн коомдук прогресске каршылык көрсөтүүнүн ыкмаларынын жана каражаттарынын жыйындысы.

САЯСИЙ РЕАЛИЗМ – эл аралык мамилелерди жана бүтүндөй саясатты изилдөөнүн негизги парадигмаларынын бири. С. р. салттык консерватизмдин идеологиясына киргизилет. С. р. адамдар (*мамлекет, саясий мамилелердин* ж.б. ар кандай катышуучулары) өзүлөрүнүн кызыкчылыктарын көздөшөт (эң негизгиси – жашоону жана коопсуздукту камсыз кылуу) деп божомолдойт. Ал үчүн алар бардык жетки-

ликтүү ыкмаларды, алардын ичинен күч колдонууну да колдонушат. Реализмдин деңгээлинде *саясий процесстерди* ишке ашыруунун негизги учурлары: экономикалык жана социалдык негизди түшүнүү; калктын көпчүлүк бөлүгү бөлүшкөн идеологияны иштеп чыгуу; мыйзамдуулуктун жетиштүү деңгээлде болуусу (бийликтин мыйзамдуулугунун калк тарабынан таанылуусу); саясий максаттарга шайкеш келген *саясий система.*

САЯСИЙ РЕЖИМ – өлкөдөгү саясий жашоонун мүнөзүн аныктаган, саясий эркиндиктин деңгээлин көрсөткөн жана бийлик органдарынын ишмердүүлүгүнүн улуттук негиздерине болгон мамилелерди камтыган коомдун саясий системасынын иштөө ыкмасы.

САЯСИЙ РЕФОРМА – баарынан мурда саясий процесстин эволюциялык жана күч колдонулбаган мүнөзүн чагылдырат. Кайсы бир саясий системанын улуттук коомдун көп түрлүү кызыкчылыгы жана талабы, жаңы структуралык факторлорго (экономикалык, социалдык, а.и. этникалык ж.б.) утуру ылайыкташуу жөндөмдүүлүгү, сырткы чөйрөнүн тийгизген таасирин эске алып, тез-тез өзгөрүлүп турушу менен анын туруктуулугун камсыз кылат. Реформанын эң көрүнүктүү мисалы катары, аткаруу бийлигинде (өкмөттө ж.б.) партиялык система же парламент аралык күчтөрдүн катышын жана анын таасирине жараша конституциялык өзгөртүү киргизүү, жаңыча түзүү болуп эсептелет. Кайсы бир саясаттын узак убакыт бою туруктуулугун сактап турушу – өзгөрүүлөрдүн жоктугунун белгиси эмес, тескерисинче курч кырдаалдарды алдын-ала көрө билүү, саясий-нормативдик механизмдерди тынч жол менен түзөтүү, системалык реформалоонун ийкемдүү, чебер жана күч колдонулбаган методу аркылуу жүргүзүлгөндүгүнүн далили болуп саналат.

САЯСИЙ РИТОРИКА – саясатчынын спецификалык сүйлөө маданиятынын мүнөздөмөсү, тилдин сөз байлыгына, саясий сүйлөөнүн эффективдүү ыкмаларына таянат. С. р. *саясатта* саясий аудиториянын же каршылаштардын ориентациясын жоготуунун негизги каражаты катары кызмат аткарат.

САЯСИЙ РИТУАЛ (лат. ritualis – үлгүлүү) – саясаттын субъектисинин символикалык жүрүм-турумунун тарыхый түзүлгөн формасы, мурастоонун каражаты жана *саясий жүрүм-турумдун* үлгүлөрүн, белгилүү бир баалуулуктарын, салттарын, тажрыйбаларын, сезимдерин өткөрүп берүү. Көпчүлүк учурда адамдардын церемониялуу жүрүм-турумдарында колдонулат, мамлекеттик баалуулуктарды жана *саясий салттарды* сыйлоо сезимин туудурууга чакырат.

САЯСИЙ РОМАНТИЗМ – социалдык чындыктарды идеалдаштыруу, саясий тынчтыкты орнотуу жана жайбаракаттык.

САЯСИЙ РЫНОК – мүмкүнчүлүктөрдүн рыногу; анда өздүк спецификалык товарлар: бул же тигил *саясий чечим* менен байланышкан, мүмкүн болгон пайдалар менен артыкчылыктар өтөт. С. р-то сатуучулар болуп саясий *бийликти* алып жүрүүчүлөр чыгышса, сатып алуучулардын ролунда – шайлоочулар чыгат. С. р-то шайлоочуларга алардын каалоосуна, суроо-талабына ылайык товарларды даярдоого мүмкүндүк берет. С. р-тогу *саясий мамилелердин* жогорку деңгээли камсыз кылынган коомдун өкүм сүрүүсүнүн шарты болуп чыгат. С. р-тун текшерилген куралдары: *саясий субъекттердин* өз алдынчалыгы жана көз карандысыздыгы, алардын бири да саясий аренада монополдук абалга ээ эмес; алардын бирине-бири мамилелерин жана ишмердүүлүгүн тескөөчү, ар бир деталы иштеп чыгарылган нормалар системасы менен камсыз болгон саясий субъекттердин тең укуктуулугу; саясий субъекттердин ортосунда *консенсуска* жетүү үчүн негиз катары баалуулуктардын коомдук системасы. Кыргыз Республикасында С. р. өзүнүн түзүлүү, калыптануу мезгилин өтүүдө. Саясий рекламанын ролунун кескин жогорулашы азыркы мезгилдин мүнөздүү белгилеринен болуп калды. *Массалык маалымат каражаттары*, биринчи кезекте телекөрсөтүү жана радио кеңири колдонулуп, коомдук ой-пикирди сурап-билүүлөр, ар кандай социологиялык изилдөөлөр дайыма жүргүзүлүүдө.

САЯСИЙ САЛТТАР (лат. traditio – берүү, уламыш) – саясий мурастын элементтери; муундан муунга өткөн жана жаңы шарттарга

ылайык келген жактары менен чыныгы *саясий процесске* камтылган идея, норма, мекемелер менен чагылдырылат. Анын жардамы менен саясий тарыхта байланыш, улантуучулук болот. Бирок бул процесс каршылаш жана татаал жолду басып өтөт. Саясий үстөмдүккө жетишкен жаңы таптар өзүлөрүнүн *бийлиги* анын негизги атрибуттары жана бийлик структураларынын *ишмердүүлүктөрүн* өзүлөрүнүн кызыкчылыгына жооп бергендей мазмуну менен орнотушат. Өткөндөн эмнени алышаары – учурдагы өзгөрүүлөрдүн социалдык-саясий мүнөзү менен байланышта болот. Өтө радикалдуу кайра түзүүлөр эски идеяларга, нормаларга, мекемелерге аз орун калтырышса, мээлүүн радикалдар аларды либералдаштыруу жана *модернизациялаштыруу* жолунда болушат. Социалдык кайра куруулардын бардык түрлөрүндө эреже катары, эл тарабынан анын көп кылым аркалаган тарыхында жаратылган жалпы адамзат баалуулуктары менен байланышкан С. с. сакталып калат. Орусиянын элдеринин патриоттук салттары бардык бурулуштарда жана өзгөрүүлөрдө мамлекеттик курулушка терең таасирин тийгизген. Европа элдеринин демократтык салттары континенттеги көп сандаган *революцияларда* маанилүү ролду ойногон. Реакциячыл режимдер (мис., гитлеризм) бул салттарды четке каккан. Өз учурунда алардын жеңилүүсүнө зор өбөлгөлөрдү түзгөн. Биздин өлкөдө демократтык С. с. керек деңгээлде өнүгө алган эмес. Жалпы адамзаттык баалуулуктарды колдонуу менен аларды кайрадан жаңыртып түзүп чыгуу керек. КМШ өлкөлөрүндө *саясий мамилелерди* демократташтыруу, алардын көз карандысыздыгын жарыялоо жолу менен башталды. Бул болсо өз учурунда С. с., анын ичинде улуттук символиканын, кээ бир тарыхый мамлекеттик жана коомдук структуралардын кайра жаралуусу менен коштолгон. Бирок падышачылыкты камсыз кылып турган феодалдык-буржуазиялык коомдун идеялары менен мекемелерин *бийлик* менен толук өлчөмдө эл пайдалануучу жаңы шарттарга механикалык түрдө жайгаштыруу, ынгайлашуу саясаты, б.а. гумандык, адилеттүү коомду түзүү үчүн оптималдуу жолдорду жана каражаттарды издөө эмес, туура саясаты болуп калат. Өткөндүн саясий формалары куруучу да, бузуучу да ролду ойнойт. Элдин жыргалчылыгына аракет кылуучулары пайдалануу татыктуу. Бизде өзүлөрүнүн кызыкчылыктарын коргоо үчүн үстөмдүк кылуучу элита тарабынан эмес, элдин жаратуучу чыгармачылыгы тарабынан, коомдук уюмдардын саясий *партиялардын* жана *инсандардын*, айрыкча саясий *реформаторлордун* ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жаралган ушундай формалар жок эмес.

САЯСИЙ СЕКТАНТТЫК – союздаштарын жана социалдык база менен байланыштарын жоготкон, туюк, өзүн-өзү обочолонткон топторго айланган партиялардагы жана уюмдардагы четки (сол же оң) агым.

САЯСИЙ СИМВОЛИКА – *саясий маданият*тын маанилүү курамдык бөлүгү болуп саналат. Ал саясаттын дүйнөсүн жана анын маданиятын чагылдырат жана идеалдаштырат. С. с-нын элементтери болуп – улуттук-мамлекеттик символикалар (*Конституция, желек, герб, гимн*, акча белгилери ж.б.); саясий-ритуалдык символика (Президенттин инаугурация аземи, улуттук эң кымбат жерлерге гүлчамбар, гүлдөрдү коюу процесси ж.б.); скульптуралык-архитектуралык символика – мамлекетти символдоштуруучу эстеликтерде, скульптураларда, архитектуралык курулуштарда ишке ашырылат. (Өкмөт үйлөрү, Жеңиш Аянттары ж.б.); шаарлардын аталышы, булар менен мамлекеттерди окшоштурушат (Москва – Орусия, Бишкек – Кыргызстан). С. с-га артыкчылык белгиси, желекчелер, эмблемалар ж.б. символдор кирет. С. с. коомдун саясий жашоосун ар түрдүү кылат, көрк берет, ага символикалык-маданий маанини берет. Ал элдин биригүүсүнө, анын өзүнчөлүүлүгүн жана салттарын сактап калууга, калктын улуттук ак-сезиминин жана улуттук сезиминин калыптануусуна, мекенчилдик идеясына, жарандыкка түрткү берет.

САЯСИЙ СИСТЕМА (коомдо) – *саясий субъекттердин*, структуралардын, мамилелердин интеграцияланган, бүтүндүк жыйындысы. Социалдык биримдиктердин жана күчтөрдүн кызыкчылыгын чагылдырат. С. с. коомдун интеграциясын жана жалпы максаттарды ишке

ашыруу үчүн анын ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн камсыз кылат. Айкын социалдык биримдиктин кызыкчылыгын эсепке алуунун даражасы анын өлкөнүн экономикалык жана *саясий турмуштагы* өлчөмү менен аныкталат. С. с-нын эң толук жана адекваттуу болушу анын маңызын, динамикалык, структуралык жана функционалдык параметрлерин чагылдырган системалуу, комплекстүү ыкма эсептелинет. Коомдук системага караганда С. с. башка кичи системалар: экономикалык, социалдык, руханий-идеологиялык, укуктук, органикалык ж.б. менен өз ара аракеттенүүдө функцияларын ишке ашырат. Анын *тышкы саясат* чөйрөсү менен да өз ара аракети ушундай эле тыгыз. С. с. түшүнүгү айкын мамлекеттик уюшулган коомго карата колдонулат, бирок объективдүү регионалдык, глобалдык саясий системалар да өкүм сүрүшөт. С. с. өзүн-өзү тескөөнүн белгилерине ээ. Системанын кирүүсүнө социалдык-саясий импульстар келип түшөт: а) талап, б.а. жарандардын саясий, экономикалык, социалдык, руханий ж.б. кызыкчылыктарын жана күткөндөрүн чагылдыруучу маалыматтар; б) колдоо, б.а. саясий системанын ишмердүүлүгүн айкын аракет, билдирүү же унчукпастан макул табуу менен колдоо көрсөтүү; в) жашап жаткан, жок болуп бараткан же пайда болуп жаткан социалдык күчтөрдүн активдүү же пассивдүү каршы аракеттери; г) С. с-нын өзү тарабынан, анын башкаруучу элитасы тарабынан иштелип чыккан «ички» импульстар (элде жактырылуучу же жактырылбоочу). С. с. бул импульстарды кайра иштетет: өзүнүн чыгуусунда колдойт, же басат, же жок дейт, же нейтралдуу мамиле жасайт: а) саясий *чечимдерди*; б) *саясий аракеттерди*; в) кайра жаратуу импулсун, б.а. системанын кирүүсүнө түздөн-түз түшүүчү саясий акцияларды берет. С. с. ар дайым өнүгүп турат. Ички жана тышкы факторлордун астында ал мейкиндикте жана убакытта өзүнүн сандык жана сапаттык өлчөмдөрүн өзгөртөт. Анын чектери согуштук ж.б. социалдык, саясий катаклизм учурунда кеңейет да, коомдун тынч, туруктуу, эволюциялык өнүгүү мезгилинде тарыйт. С. с-нын негизги структуралык элементтери төмөнкүлөр: саясий *бийлик*, анын ичинде *мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, соттук*; саясаттын субъектилери – индивиддер, коллективдер, социалдык топтор, коомдук саясий уюмдар жана кыймылдар; саясий мамилелер – саясий бийлик боюнча *саясий сферадагы* субъекттердин мамилелери; коомдун саясий уюму – чегинде коомдун саясий турмушу өтүүчү институттар; мамлекеттик мекемелер, саясий *партиялар*, коомдук саясий уюмдар, диний бирикмелер ж.б. системасы; *саясий маданият* – жарандардын саясий билими, баалоосу жана аракеттеринин деңгээли жана мүнөзү. С. с-нын негизги функциялары: коомдун мүчөлөрүн *саясий социалдаштыруу*, б.а. аларды саясий ишмердүүлүккө тартуу; коомдун максатын, милдетин, өнүгүү жолдорун аныктоо, анын жашоосунун айкын программасын иштеп чыгуу жана алардын аткарылуусу боюнча иштерди уюштуруу; социалдык биримдик, топ жана катмарлардын кызыкчылыгы жана абалына ылайык материалдык жана руханий байлыктарды аныктоо жана бөлүштүрүү; мамлекеттик структуралар, социалдык биримдиктер жана индивиддердин кызыкчылыктарын ылайыкташтыруу; руханий-идеологиялык ишмердүүлүк, *саясий ан-сезимди* калыптандыруу же аны менен манипуляциялоо; берилген коомдук-саясий түзүлүштү бекемдөө. С. с-нын типологиясында бир нече ыкмалар бар. Таптык мамилелердин көз карашы боюнча кул ээлөөчүлүк, феодалдык, буржуазиялык, социалисттик, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөн – саясий системаларынан айырмаланышат. Эгерде типологиянын негизинде *саясий режим* коюлса *демократтык, тоталитардык, авторитардык* жана начар өнүккөн саясий системаларды айырмалашат. XX к. экинчи жарымында көп өлкөлөрдүн С. с-нын айтуусунда интенсивдүү эволюциялык жана *революциячыл* процесстер менен мүнөздөлөт. Дүйнөнүн түрдүү өлкөлөрүндө тоталитардык системанын таш-талканы чыгып кыйроосу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анын негизги себептери: мамлекеттин тоталитардык моделинин саясий жана социалдык негизсиздиги; экономикалык өсүүнүн төмөндөшү, калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшү, жарандардын социалдык-касталык катмарланышы, офи-

циалдуу *идеологиянын* мажбурлоо-нигилисттик мүнөзү, илимий-техникалык революциядан өзүн-өзү обочолонтуу; саясий надстройканын эл массасынан четтетилиши ж.б.

САЯСИЙ СОЦИАЛДАШТЫРУУ (инсанды) – саясий мамилелерге толук укуктуу катышуучусу болууга инсанга мүмкүндүк берген, белгилүү билимди, баалуулуктарды, нормаларды өздөштүрүү процесси. С. с. адамдардын мурунку муундагы адамдар чогулткан социалдык тажрыйба менен аны социалдык субъект катары калыптандыруу жалпы процессинин компоненти, бир тарабы болуп эсептелинет. С. с. инсан тарабынан белгилүү саясий билимдердин суммасынын өздөштүрүлүшүн жана коомдук-саясий *ишмердүүлүктүн* ыктарына ээ болууну; өздөштүрүлгөн билимдердин саясий ишенимге айланышын жана аларды коргоо мүмкүнчүлүгүнүн калыптанышын; инсандын саясий багыт алуусун түзүүсүн жана тактоосун, рационалдуу саясий жүрүм-турумду иштеп чыгууну болжолдойт. С. с-нун темпи жана даражасы көп факторлор менен байланышкан. Алардын ичинде: а) чоң чөйрөнүн – коомдук-экономикалык формациянын, мамлекеттин, таптын, улуттук ж.б. социалдык топтордун коомдун саясий маданиятын; б) кичи чөйрөнүн – институттук жана формалдык эмес биримдиктердин, мектептин, үй-бүлөнүн, айрым инсандардын; в) ички генетикалык берилген факторлордун; г) өзүн-өзү тарбиялоонун таасирине да көз каранды. Адамдын саясий билимге, нормаларга жана баалуулуктарга ээ болуусу жана анын социалдык-демографиялык, идеялык, психологиялык мүнөздөмөсү менен тыгыз байланышта. Өзгөчө ролду мында инсандын экономикалык мамилелердин системасында алган ролу ойнойт. С. с. – деп инсандын туулгандан баштап коомдо болгон саясий системадагы ыңгайлануусун карооо болбойт. Бүгүнкү күндө инсан белгилүү деңгээлде тандап алуу эркиндигине ээ, бул болсо ага бойго жеткенде, чыгармачылык жана тандоо аркылуу саясий билимдерге ээ болуп, өзүнүн саясий ишенимдерин жана позицияларын калыптандырууга мүмкүндүк берет.

САЯСИЙ СОЦИОЛОГИЯ – 1) социологиянын тармагы; коом менен өз ара аракети аркылуу жана коомдун социалдык структурасынын, институттарынын жана процесстеринин көп түрдүүлүгүн жана татаалдыгын анализдөө менен *саясаттын* көрүнүшүн изилдейт; 2) *Саясат таануу, саясий психология* менен катар бирдиктүү саясий илимдин бөлүгү. С. с-нын негизги предмети: саясий *бийлик*, анын жашоосунун жана индивиддердин, социалдык – таптын, топтордун, этностук-конфессионалдык биримдиктер жана алардын уюмдарынын реалдуу ан-сезимин, кызыкчылыктарын жана жүрүм-турумун изилдөө менен байланыштырып, мамлекеттик-уюмдашкан коомдо бөлүштүрүүнүн формалары жана ыкмалары болот. Адистешкен тармак катары С. с. Батыш маданиятынын чегинде XX к. 30–50-жж. гана ырасталса, анын предметтик бөлүгү жана саясатты социологиялык жактан кароо байыркы грек ойчулдары, баарынан мурда *Платон* жана *Аристотель* тарабынан белгиленген. Акыркысы мамлекеттин социологиялык теориясынын негизин түзүүгө айрыкча салым киргизип, саясий илимдин *идеяларын* жана кээ бир принциптерин негиздеген. Кийинчерээк саясатты жана мамлекетти социологиялык түшүнүүнүн түрдүү аспектилерин *Н.Макиавелли, Ж.Боден, Т.Гоббс, Ш.Л. Монтескье, А.Токвиль* сыяктуу жаңы мезгилдин көрүнүктүү теоретиктери иштеп чыгышкан. Чыныгы С. с-нын орношуна чечүүчү салымды француз энциклопедисттери: А. Сен-Симон, Ж.Локк, А.Фергюссон, немец философтору: Г.Гегель, жана *К.Маркс* тарабынан киргизилген *жарандык коом* менен мамлекеттин теориялык айырмалануусу кийин XIX к. экинчи жарымынан социологиянын өз алдынча илимий дисциплина катары калыптанышына чечүүчү салым кошкон.

САЯСИЙ СОЮЗДАР, КОАЛИЦИЯЛАР жана БЛОКТОР (коомдо) – эки же бир нече саясий партиялардын ортосунда тигил же бул коомдук-саясий катмарлар жана топтордун бийлигине ээ болуу жана аны ишке ашыруу үчүн болгон келишим. Көбүнчө алар бирдиктүү түрдө бир нече партиялардын өкүлдөрүнөн парламенттик көпчүлүктү түзүп, ошонун негизинде *өкмөттү* негиздөө үчүн биригишет. С. с., к. ж.б. *көп партиялуу* системасы бар өлкөлөрдө, парламентте бир да *партия*

көпчүлүккө ээ болбой же бир партияга туруктуу парламентти түзүүгө мүмкүндүк бербеген салыштырмалуу көпчүлүккө ээ болгон мезгилде кеңири колдонулат. Эреже катары, С. с., к. ж. б-тор кийинчерээк коалициялык өкмөттүн түзүлүшүнөн мурда шайлоо блогу түзүлөт. Ал *президентти*, бийликтин өкүлчүлүк органдарын шайлоодо бирдиктүү талапкерлерди же талапкерлердин тизмесин көрсөтүү боюнча эки же бир нече саясий партиялардын келишими болот. Көп өлкөлөрдө (ФРГ, Франция, Швейцария, Индия, Австралия) шайлоо блокторунун түзүлүшү шайлоо мыйзамдары менен теске салынса, экинчилеринде – мыйзам С. с., к. ж. б-дун түзүлүшүнө тоскоолдук кылбайт. Бирок, эреже катары, партия шайлоодо өзүнүн атынан гана чыга алат. ХДС (ХСС немец партияларынын саясий союзу өзгөчөлөнөт, бирок алар да айрым региондордо өз алдынча аракеттенишет. Партиялар, шайлоо блогунун түзүлүшү жөнүндө шайлоого чейин (1995-ж. Франциядагы парламенттик шайлоо) же добуш берүүнүн акыркы натыйжаларын аныктоонун алдында билдирүү жасашса болот. Биринчи учурда алар күн мурунтан же бирдиктүү талапкерлерди, же талапкерлердин тизмесин көрсөтүшөт. Бир гана талапкер шайлануучу бир мандаттуу округдарда блок түзүүдө блоктун партияларынын бири келишим боюнча биринчи же кийинки турларда өзүнүн талапкерлерин алып таштайт да, өз шайлоочуларын коалициялык партиянын талапкерлери үчүн добуш бергенге чакырат. Көп мандаттуу округдарда (бир нече депутат шайланат) блоктогу партиялар жалпы тизмени көрсөтүшөт, алынган мандаттарды берилген добуштарга ылайык өз ара бөлүштүрүшөт. Шайлоо блогунун же коалициясынын (Австралия) союзу преференциалдык добуш берүү жолу менен ишке ашкан формасын белгилей кетүү зарыл. Ал биринчи турда эле натыйжалуулукту камсыз кылган ыкма катары абсолюттук көпчүлүктүн мажоритардык системасында пайдаланылат. Преференциалдык добуш берүүдө шайлоочу бюллетенде кимдин биринчи, экинчи ж.б. кезекте шайлануусун каалайт, сан менен (1, 2, 3) өздүк префенцияларын коюп чыгат. Добуш берүүлөрдүн натыйжасын аныктоодо алгач, биринчи преференция боюнча талапкерлер чогулткан добуштар гана саналат. Эгерде талапкердин эч кимиси добуштардын басымдуу көпчүлүгүнө ээ болбосо, эң аз добуш алган талапкерлердин добушу биринчиге кошулуп, өзү кийинки эсептөөдөн чыгарылат. Бул эсептөөнүн процедурасы талапкердердин кимдир биреөсү зарыл болгон сандагы добушту алмайынча кайталана берет. Преференциялык добуш берүүнүн түрлөрү – альтернативалык добуш берүү, бирдиктүү берилген добуш берүү системасы – Индия менен Ирландияда пайдаланылат. *Пропорционалдык өкүлчүлүк системасына* кошумча болуп, партиялык тизмеде мандатка укук алган талапкерлерди аныктоо ыкмасы катары преференциялык добуш берүү колдонулат (Италия). Шайлоолор эки турдан өткөрүлгөн өлкөлөрдө (аралаш, мажоритардык-пропорционалдык система), шайлоо блоктору, эреже катары, биринчи турда бир да талапкер берилген шайлоо *округунда* бардык добуштардын басымдуу көпчүлүгүн албай калган учурда (Франция) гана түзүлөт. Шайлоо коалициясынын өзгөчө көп түрдүүлүгү катары тизмелердин биригишин эсептесе болот. Эгерде партиялардын ортосунда алардын тизмеси үчүн берилген добуштарды бир тизме үчүн берилген сыяктуу каралуусу жөнүндө келишим болсо, анда шайлоочу өзүнүн партиясы үчүн добуш берет, бирок анын добушу башка партиянын талапкери үчүн эсептелүүсү мүмкүн. Шайлоо коалициясы парламенттик коалиция же блок формасында түзүлүп, коалициялык өкмөттү түзүүгө алып барат. Парламенттик коалиция парламенттик көпчүлүктү түзүү үчүн бир нече партиялардын келишиминин негизинде түзүлүп, өкмөт ошол көпчүлүктөгү партия тарабынан негизделген тарыхый прецеденттер да орун алган. Мис., Италиянын 1976–79-жж. бир партиялуу ХДП өкмөтү алты партиянын парламенттик көпчүлүктү түзүү жөнүндөгү шайлоодон кийинки келишимине таянган. Бирок парламентте көпчүлүккө ээ болгон парламенттик коалиция, адатта коалициялык өкмөттү түзөт. Эгерде бул көп жылдан бери уланып, салт болуп калган болсо, анда өкмөттөгү орундар адаттагыдай эле бул же тигил партияга бе-

рилет. ФРГда тышкы иштер министрлиги салттуу түрдө СвДПнын өкүлдөрү башкарышат. Кээ бир өлкөлөрдө эки жетектөөчү партиялардын же блоктордун күчтөрү тең болгондо үчүнчү партиянын («үчүнчү күч») ролу чечүүчү болот. Кайсы партия «үчүнчү күчтү» коалицияга макулдата алса, анда ошол партия өкмөт түзө алат. Бул коалицияны «кичи» деп аташат. Анын түрлөрүн ФРГнын саясий тарыхында жолуктура алабыз: СвДП бирде СДПГ, бирде ХДС/ХСС менен коалицияга барып турган. Бул өлкөнүн тарыхын «чоң коалицияга» мисал алсак да болот. Бул учурда жетектөөчү партиялар союз түзүп, «үчүнчү күчтү» оппозицияга калтырышат. Саясий коалициялардын дагы бир тарыхый тиби бар, ага бир партиянын дайыма салыштырмалуу көпчүлүккө ээ болушу менен катар анын туруктуу өкмөттү түзүүгө күчүнүн жетишсиздиги мүнөздүү. Италияда 1947-ж. борбордук орунда ХДП турган, ал акыркы убакытка чейин эки гана жолу 80-жж. башында жана ортосунда өкмөттү түзүү укугун өзүнүн парламенттик коалиция боюнча кичи партияларына берген. Калган мезгилде ХДП традициялуу өкмөттү жетектеп, союздаштарын гана өзгөртүп турган. Бул коалициялар центристтик, оңчул центристтик жана солчул центристтик деп аталышат. Биринчи учурда партиялардын кимиси биринчи кезекте ХДПнын союздашы катары каралат, ошого байланыштуу. С. с., к. ж. б-дун формалары бардык убакта конкреттүү-тарыхый жана жетектөөчү саясий күчтөрдүн стратегия жана *тактикасына* кирет. Жетектөөчү партиялардын басымдуу көпчүлүккө ээ болбой калган учурларында азчылыктын кабинеттерин түзүү сыяктуу саясий ыкмаларды колдонуу да көп кездешет (Улуу Британия, кээ бир учурларда Скандинавияда азчылык кабинети жалпы эреже болуп калган. Ал оңчул жана центристтик партияларга *социал-демократтык* көпчүлүктүн өкмөтүнүн ишмердүүлүгүн кыйыр көзөмөлгө алууга мүмкүндүк берет. Башкаруучу партиянын же коалициянын алмашуусу менен байланышкан саясий *кризистерди* жеңүүнүн дагы бир саясий формасы болуп, парламентти же анын палаталарынын бирин таркатуу эсептелинет. С. с., к. ж. б-дун практикасы жана теориясы *авторитардык* жана *тоталитардык* режимдерде формалдаштырылат. Башкаруучу партиянын ролу мыйзамдаштырылат, калгандары реалдуу саясатты аныктоого мүмкүнчүлүгү жок, көп *партиялуулуктун* көрүнүшүн сактап туруу үчүн гана *блокко* киргизилет. «Коммунисттердин жана партияда жоктордун блогунда» блоктордун системасы абсолюттук формалдаштырууга жеткен. Бул саясий абстракция бир катар өлкөлөрдөгү бир партиянын үстөмдүгүн жаап-жашырып турган.

САЯСИЙ СТРАТЕГИЯ жана ТАКТИКА, кара: *Стратегия* жана *тактика.*

САЯСИЙ СФЕРА – коомдун жашоосунун спецификалык областы. Бардык көп түрдүүлүгүндө жана өнүгүүсүндө саясий ишмердүүлүктүн башаты негизделип, *саясий мамилелер* жана *бийлик институттарынын* жардамы менен таптардын, социалдык топтордун жана катмарлардын, инсандын жана элдердин *саясий* кызыкчылыктары иш жүзүнө ашырылат. Коомдун С. с. – татаал, көп тармактуу, ошол эле мезгилде бир бүтүн түзүлүш. Ага саясий *институттардын*, мамилелердин, процесстердин, кубулуштардын өз ара байланыштарын жана бүтүндүүлүгүндөгү жыйындысын мүнөздөөчүлөрдүн бардыгы кирет. Ал өзүнө *саясий процесстердин* ишке ашышын, мамлекеттик бийликтин жана анын структураларынын функция кылуусун камсыз кылуучу саясий шарттар жана факторлордун жыйындысын жана *оппозициядагы* саясий институттарды, мекемелерди, *массалык маалымат каражаттарын* камтыйт. С. с. коомдун дал келбеген кызыкчылыктары бар таптарга бөлүнүүсүнөн тартып пайда болгон. Анын негизи катары мамлекет эсептелет. Түрдүү таптардын, саясий *партиялардын* жана социалдык топтордун бийликке ээ болуу, бийликти колунда кармап туруу жана аны пайдалануу үчүн күрөшү С. с-нын негизги мазмунун түзөт. Анда коомдук өнүгүүнүн жүрүшүнө позитивдүү (оң) же негативдүү (терс) таасир тийгизүүгө жөндөмдүү саясий *лидерлердин* активдүү ишмердүүлүгү, алардын саясий эркн жана кадыр-баркы көрүнөт. Бирок саясий жетекчинин ролу кан-

чалык маанилүү болбосун, саясаттын сферасындагы адамдардын реалдуу жүрүм-туруму баары бир чечүүчү болуп калат. Ар бир индивиддин өзүнүн коомдук күчүн саясий күч катары аңдап билүүсү өлкөнүн саясий тарыхындагы окуяларды, эл аралык мүнөздөгү саясий окуяларды чечмелөөдө көбүрөөк катышуусунда чагылдырылат. Коомдун С. с-нын структуралык компоненттерине төмөнкүлөр кирет: мамлекет (өкүлчүлүк, аткаруучу жана соттук органдар, прокуратура, армия, коопсуздук органдары, тартип сактоо органдары ж.б.); *саясий тармушка* тартылуу өлчөмүндө саясий партиялар жана *саясий кыймылдар*, коомдук уюмдар жана бирикмелер; *саясий мамилелер*, суроо - талаптар жана кызыкчылыктар; массалык саясий маданият жана үгүттөө каражаттары; коомдогу саясий процесстерди жана мамилелерди тескөөчү саясий жана укуктук нормалар, принциптер жана салттар, *саясий аң-сезим*, *саясий идеология*, саясий коомдук ой-пикир; саясат жана саясий жетекчилик *саясий лидерлик*; саясий билимдердин, баалуулуктардын, саясий жүрүм-турумдун жол-жобосунун жыйындысы катары саясий *маданият*; саясий ишмердүүлүк. С. с-нын бул компоненттери – диалектикалык өз ара байланышта жана өз ара шартталган, алар дайым кыймылда жана өнүгүүдө болот. С. с., анын компоненттери жана кичи системалары экономикалык, социалдык, руханий чөйрөлөр менен тыгыз байланышта болуп, алардын өнүгүүсүнө түрдүүчө таасир тийгизет. Биринчиден, ал башка сфералар менен бирдей багытта өнүгүп, өнүгүүнүн жалпы тенденцияларына ээ. Экинчиден, С. с. коомдук прогресстин логикасына каршы белгилүү чектерде коомдун турмушунун башка сферасына каршы багытта деградация болушу мүмкүн. Үчүнчүдөн, С. с. анын институттары жана кичи системасы социалдык-экономикалык жана руханий өнүгүүнүн белгилүү багыттарында тоскоолдук болуп, коомдук өнүгүүнүн мүмкүн болгон варианттарына түртөт. С. с. үчүн саясий процесстердин алдыга жылуусу үчүн зарыл шарттарды жана өбөлгөлөрдү түзүүчү, анын өзүнүн өнүгүүсүнүн да булагы болгон ички карама-каршылыктар мүнөздүү. Эгер саясий партиялар тарабынан багытталган таптардын, социалдык топтордун саясий суроо-талаптары тарыхый процесстин объективдүү жүрүшүн эске алса, анда берилген коомдук-экономикалык системанын саясий мамилелери коомго доо кетүүсүз өнүгөт. Тескерисинче, мындай эсепке алуунун жоктугу *саясий кырдаалдын* чыңалуусун пайда кылып, саясий *конфликтерге* социалдык карама-каршылыктарды чечүүнүн ыкмасы катары – *революцияга* чейин алып келет.

САЯСИЙ ТАРБИЯ – *саясий аң-сезимге* жана калктын жеке адамдын сезүүсүн жана аң-сезимин, топтук саясий сезим менен коомдук сезимди бүтүндөй калыптандырууну камтыган жүрүм-турумуна тутумдуу жана максаттуу таасир этүү процесси. С. т-нын максаттары, мазмуну жана уюшулушу коомдун саясий тутумунун мүнөзү менен аныкталат жана аны сактоо менен өнүктүрүүнүн кызыкчылыктарына кызмат кылат. С. т-нын негизги милдети азыркы тутумда өкүм сүрүп жаткан саясий баалуулуктардын, саясий жүрүм-турумдун нормаларынын жана нормативдик үлгүлөрүнүн массалык тамыр жайышы жана сакталышы болуп саналат. Мунун өзү тутумда кабыл алынган *саясий маданияттын* түрлөрүнүн жайылышына байланыштуу. С. т. негизги эки: зарыл саясий маалыматты жайылтуу менен жыйынтыкталган рационалдык жана *саясий мамилелердин* жыйындысынын иштелип чыгышына алып келе турган эмоциялык компоненттерди камтыйт (кара: *Саясий мамилелер*). Биринчи компонент – *саясий тутум* үчүн зарыл болгон коом мүчөлөрүндө саясий билимдин минимумун камсыздай турган билим берүү тутуму. Мындай тутум көбүрөөк (тоталитардык вариант) же азыраак (демократиялык) катаал болушу мүмкүн. Эгерде СССРде ал советтик адамдарда марксисттик-лениндик көз карашты калыптандыруу боюнча партиянын негизги иш багыттарынын бири катары трактовкалана турган саясий окуунун кеңири масштабдуу тармагын түшүндүрсө, АКШда, мис., ал мамлекет менен Биллдин Конституциясынын мектептик билим берүүнүн чегиндеги *адам укуктары* жөнүндөгү негизги жоболору менен таанышуу дегендикти билдирет. Ага ылайык, саясий билим берүүнүн көлөмү дагы айырмаланат. Экинчи компонент дагы саясий тутум менен аныкталат жана *саясий чөйрөдө* адамдардын ошол эле саатта аң-сезимден көз карандысыз таасир эте турган туруктуу эмоциялык артыкчылыктарын калыптандыруу менен байланышкан. Эгерде СССРде негизги басым адатта вербалдык окууга коюлса, АКШда «кансыз согуш» жылдарында, атайын эксперименттердин маалыматтары боюнча, жадагалса мектеп курагындагы балдар дагы дүйнөнүн бардык мамлекеттеринин желектеринин ичинен АКШнын жана союздаш мамлекеттердин желектерин «эң жагымдуу сүрөттөр» катары тандашкан дагы, «чыгыш блок» өлкөлөрүнүн желектерин «азыраак жагымдуу» катары четке кагышкан. Бирок теориялык жагынан алганда, С. т. «саясий адамдын» бардык жүрүм-турумун мүнөздөй турган ар тараптуу ишенимдердин, билимдердин, элестөөлөрдүн биримдигин иштеп чыгууга багытталган. С. т-нын ыкмалары түз жана кыйыр болуп бөлүнөт. Түздөргө: 1) зарыл маалымат менен бекемделген жана аргументацияга ылайык келген ишеним; 2) репрессиялык санкциялар менен бекемделген мажбурлоо; 3) элдер тарабынан саясий тутумдун канондорунун сынга алынбай кабылданышына негизделген жооктотуу; 4) нормативдик жүрүм-турумдун ачык үлгүлөрүн жуктарууга негизделген туурроо кирет. Кыйыр ыкмалар: 1) саясий символдор менен ритуалдарды колдонууну; 2) нормативдик саясий жүрүм-турумду оң стимулдар менен бекемдей турган (жүрүм-турум боюнча баалоодон мүнөздөөгө жана ардак грамоталарга чейин) уюшулган стимулдаштырууну; 3) мезгилдүү баарлашуулар, «коомдук-саясий аттестациялар» ж.б. түрүндөгү атайын «багыттоочу кырдаалдардын» тутуму аркылуу конструкциялоону камтыйт. С. т-нын каражаттары көп түрдүү мүнөзгө ээ. Коом мүчөлөрүнүн жеке С. т-нын деңгээлинде маанилүү ролду адамдардын (пропагандисттердин, комиссарлардын, саясий кызматкерлердин) атайын бөлүштүрүлгөн тутуму аркылуу таасир этүү ойнойт. Алар атайын кырдаалдарды түзүшөт, вербалдык таасир этүүнү жана жеке мисалды камсыздашат. Социалдык топтордун деңгээлинде топ мүчөлөрүнүн С. т-нын чогулуштар ж.б. топтук акциялар түрүндөгү жамааттык формалары иштелип чыгат. Ири социалдык коомчулуктардын деңгээлинде С. т-нын каражаттары болуп митинг жана демонстрациялар түрүндөгү массалык кыймылдар эсептелет. Бардык деңгээлдерде С. т-нын эң эффективдүү куралы болуп *массалык маалымат каражаттары* – басма сөз, радио жана телекөрсөтүү эсептелет. Акыр аягы келип С. т-нын бардык каражаттары менен ыкмаларынын эффективдүүлүгүнүн башкы ченегичи болуп тутумга адекваттуу келген жеке индивиддин жүрүм-туруму (айрым саясий-социалдык тутумдарда топтук жүрүм-турумга башкарылган болсо дагы) эсептелет. Ошондуктан С. т-нын эң жеминттүү ыкмаларынын бири болуп каалоого, билүүгө, туруктуулукка жана адамдын анын ою боюнча зарыл деген билим менен ишенимди алуу эркине негизделген инсандын өзүн-өзү тарбиялоосу саналат. Мындай түрдөгү өзүн-өзү тарбиялоо коом жана дүйнө, өз алдынча сабактардын, адабияттар менен максаттуу иштөөнүн негизинде алардын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндөгү билим алуу ыкмасы катары саясий өзүн-өзү өстүрүүгө таянат. Айрым өлкөлөрдө туруктуу саясий өзүн-өзү өстүрүү тутуму аркылуу белгиленген жана атайын уюшулган формаларга ээ (мис., Түндүк Кореянын Башкаруучу эмгек партиясы коом мүчөлөрүн Ким Ир Сендин эмгектерин үйрөнүү жана үй-бүлөдө бири-бири менен талкуу жүргүзүү аркылуу үйдө күн сайын өзүн-өзү өстүрүүгө милдеттендирет).

С. т. саясий социалдаштыруунун жеке учурларын дагы чагылдырат. Социалдаштыруунун максаттуу социалдык уюшулган ыкмасы катары С. т. биринчи кезекте бала бакчадагы С. т-нын элементтеринен тартып, балалык (пионер), өспүрүм, бой жеткен курактагы жана жаштар (комсомол) уюмдарындагы инсан катары калыптануу жылдарын саясий таасирге камтуу менен, масштабдык формаларды алат. С. т-нын интенсивдүүлүгүнүн даражасы коомдогу саясат менен идеологиянын энчилүү салмагынан көз каранды: ал канчалык жогору болуп, саясий тутум өзүн-өзү сактоо маселе-

ри менен канчалык алек болсо, С. т. ошончолук масштабдуу жана интенсивдүү. Азыркы дүйнөнүн өлкөлөрүнүн басымдуу көпчүлүгүндө С. т-ны камтыган тарбиялоо тутуму мамлекеттик мүнөзгө ээ же өкүм жүргүзгөн саясий тутумдан алынып, мамлекеттин көзөмөлүндө болот. Көзөмөл деңгээли тутумдун демократиялуулук деңгээли жана анын плюрализми, С. т-нын башка моделдеринин чыдамкайлыгы менен аныкталат.

САЯСИЙ ТАРТИП – *саясий тутумдун* иштөөсүнүн жана өнүгүүсүнүн максатка ылайыктуулугун камсыз кылуучу шарттардын комплекси. Ал өзүнүн негизги милдеттеринин жана баалуулуктарынын ишке ашуусунун ырааттуулугун; башкаруу тутумунун элементтеринин аракеттеринин макулдашылгандыгын; коопсуздуктун баардык аспекттерин колдоонун эффективдүү кепилдиктеринин жана каражаттарынын болуусун: аскердик, укуктук, экологиялык, технологиялык, экономикалык; кокустан болгон жагдайлардан коомдун жогорку деңгээлдеги көз карандысыздыгы менен камсыз кылууну божомолдойт.

САЯСИЙ ТИЛ – *саясат*тын негизги каражаттарынын бири; анын жардамы менен анын түзүлүүсү, иштеши жана саясий маалыматты эки формада – вербалдык (сөздөрдүн тили, кадимки сүйлөшкөн тилдин ар түрдүүлүгү) жана символикалык (абройдун атайын белгилеринин, шарттуу сигналдардын, эмблемалардын, ритуалдык аракеттердин тили) берүү. Мындан тышкары, С. т. саясий ведомстволордун атайын, кесиптик тили (инструкциялардын, сүйлөшүүлөрдүн, буюртмалардын, кат жазышуулардын) жана саясий публикалык сүйлөөнүн жеткиликтүүрөөк жана жалпы түшүнүктүү тили: маалыматтын, докладдардын, билдирүүлөрдүн, митингдердин, парламенттик иштердин ж.б. Тил *саясий маданияттын* элементи. Ал өзүнө: *саясий мамилелер*, институттар жана ан-сезим чөйрөсүндө коомдун маданий мурасын; инсандын саясий жүрүм-турумунун көбүрөөк же азыраак конвенционалдык идеалын; *бийлик* менен жарандардын ортосундагы мамилелер менен байланышкан *саясий баалуулук*тардын жана нормалардын жыйындысын камтыйт.

С. т. *саясий маданияттын* элементи катары бир катар нормаларды камтыйт: тилдик табу; экпрессиянын эрежелери; публикалык чыгып сүйлөөлөрдө адабий тилди колдонуу. Көбүрөөк мааниге саясий тексттердин императивдик жана ынандыруу функциясы ээ, анткени бул функцияларды ишке ашыруунун ыкмаларына моралдык баа берүү жасалган. С. т. ошондой эле социалдык фактыларды каттоо жана кайра түзүү функциясын аткарат. Саясий текст бийликтин жана жарандардын ортосундагы байланышты кармап туруу ыкмасы. Ал журналистиканын, публицистиканын, пропагандanын жана аз даражада – коомдук илимдин тилин аныктайт. Саясий тексттердин *саясий маданият*та абдан көп болуусу негизинен *бийлик* менен атуулдардын ортосундагы байланышта расмий эмес учурлардын жок экендигин тастыктайт жана саясатты бюрократташтыруунун чеги катары каралуусу мүмкүн. С. т. ачык жана жабык аксиологияны камтыйт. Негизинен саясий тексттерде социалдык жана саясий кубулуштардын баалары камтылат.

САЯСИЙ ТӨҢКӨРҮШ – коомдук саясий турмуштун түп тамырынан бери өзгөрүшү, бийлик системасынын бузулушу же саясий лидерди, мамлекет башчысын алмаштыруу. Төңкөрүштүн себептери түрдүүчө болушу мүмкүн, бирок ар дайым баарына бирдей жалпы шарт – белгилүү социалдык катмарлардын же топтордун нааразычылыгы, коомдо биримдиктин жоктугу сөзсүз болот. Жакшы уюшулган аскерлерден турган же куралдуу күчтөргө таянган топко саясий бийликти тартып алууга мүмкүндүк берген саясий системанын алсыздыгы – С. т-түн маанилүү себептеринин бири болуп эсептелет. Төңкөрүштөрдүн негизинде бийликтин легитимдүүлүгүн, б.а. адамдардын режимдин мыйзамдуулугуна ишенүүсүнүн жана ага баш ийүү каалоосунун бузулушу жатат. Легитимдүүлүктүн деңгээли жогору, жарандардын көпчүлүгү социалдык стабилдүүлүктү каалаган жерлерде, эреже катары төңкөрүштөр орун албайт. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү дайыма болуп туруучу төңкөрүштөр – экономикалык жана саясий туруксуздук шарттарында бийликтегилер өздөрүнө карата жарандардын ишенимин тез жоготушат да, өзүлөрүнүн саясий атаандаштарына оңой эле уттуруп жиберишинин көрсөткүчү. Бирок алардын саясий максаттары бийликтен кеткендердин максаттарынан аз гана айырмаланышат. Төңкөрүштү уюштургандар эл массасын, алардын каалоолоруна жана үмүттөрүнө жооп бере турган ураандар менен өздөрүнө тартышат. Бирок бул ураандарды кандай каражаттар менен иш жүзүнө ашыруу мүмкүн, андай каражаттар барбы? – деген суроо- лорго жооп берүү тууралуу ойлоп коюшпайт. Алар адамдардын өсүп жаткан инфляцияга, ачык коррупцияга, массалык жумушсуздукка, *социалдык саясаттын* эффективдүү эместигине нааразычылыгын пайдаланышат. Узак убакытка созулган жана кыйраткыч согуш, айрыкча ал ийгиликке жетишпесе жана элдик согушка айланбаса төңкөрүшкө орчундуу түрткү берет. Мындай учурда С. т. революциянын курамынын бөлүгү болуп калат. Ал эч качан экономикалык кырдаалды жакшыртпайт, бирок массаларды жаңы төнкөрүшкө психологиялык жактан даярдайт. Тарыхта мындай учурлар көп орун алган: акырында Наполеондун бийлигине алып келген Улуу Француз революциясынын мезгилиндеги төңкөрүштөрдүн чыңжыры, Латын Америкасынын өлкөлөрүндөгү жаңы жана соңку жаңы тарыхтагы жүздөгөн С. т-төр да белгилүү. Күч менен акыры колониалдык империяны кармап калууга аракет кылган Португалиядагы *авторитардык* режим 1974-ж. прогрессивдүү аскерлер тарабынан кулатылган. Кийин алар бийликти демократтык жол менен шайланган жарандык өкмөткө беришкен. Көптөгөн төңкөрүштөр, же алгачкы этабында, көп зордук-зомбулуксуз ишке ашкан. Бирок, кийин калк бийликке келгендерге ишеним көрсөтпөй калгандан баштап кандуу натыйжалар пайда болот. Ошондо алар террор жүргүзүшкөн, ал көп убакта *жарандык согушка* өсүп жетилген. Кыргыз элинин тарыхында ар кандай деңгээлдеги С. т. көп эле болгондугун билебиз. Кыргыздар активдүү катышкан Кокон хандыгындагы бир катар С. т-төр да буга мисал боло алат. *«Манас»*, «Семетей» ж.б. эпостордо да көптөгөн С. т. жөнүндө, таасирдүү адамдардын чыккынчылыгы жөнүндө көркөм сүрөттөөлөр көп кездешет. 1991-ж. августтагы төңкөрүштү да буга кошсок болот. Кыргыз Республикасындагы аскер кызматчыларына жана ички иштер органдарында иштегендерге саясий уюмдарда мүчөлүккө турууга мыйзам түрүндө тыюу салынган. Бирок эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, эч кандай *мыйзам* С. т-ту болтурбай коюунун кепили боло албайт. Анткени окуянын жүрүшү С. т. канчалык жакындаган сайын мыйзамдар аткарылбай, мыйзам менен эл эсептешпей калышат. Экономикалык жана *саясий турмушту* турукташтыруу, төңкөрүшкө карата болгон аракеттерди тез арада токтотуучу, мамлекеттик түзүлүштү коргоонун демократтык практикада текшерилген механизмдеринин болушу – ар кандай төңкөрүштөргө каршы ишенимдүү каражат болуп эсептелет.

САЯСИЙ ТРАНСФОРМАЦИЯ (лат. transformatio – айлануу, кубулуу) – *саясий системанын* бүтүндөй же белгилүү бир бөлүктөрүнүн иштөө механизмдеринин жана шарттарынын олуттуу өзгөрүүсүнүн саясий процесси. С. т. жаңы саясий уюмдардын жана институттардын пайда болуусуна, мамлекеттик башкаруунун же *саясий режимдин* формасынын алмашуусуна алып келет.

САЯСИЙ ТУРМУШ – коомдун жашоосунун негизги сфераларынын бири; анда саясий *бийлик, коомдук, саясий күчтөр* жана кыймылдар аракет кылышып, түрдүү *саясий процесстер* болот; саясатта, *саясий мамилелерде* жана саясий ишмердүүлүктө объективдүү жана субъективдүү факторлордун өз ара аракеттенүүсү. С. т. – так илимий аныктоого жана кабыл алынган идентификациялоого мүмкүн болбогон *саясий* мүнөздөгү көптөгөн кубулуштар жана процесстердин жалпылануусу. Анда белгилүү экономикалык, социалдык-сая- сий талаптар, кызыкчылыктар жана максаттар менен кыймылга келген адамдардын зор массасы түз же кыйыр түрдө катышат. Ошонун жардамы менен коомдук турмуш саясатташтырылат, экономикалык, социалдык, маданий ж.б. мамилелер жана байланыштар бул же тигил даражада саясий түскө жана багытка ээ болушат. Коомдун социалдык негиздерин демократташтыруудан жана *укуктук мамлекеттин* калыптанышынан

улам С. т-тун ролунун жана маанисинин жогорулашы анын мыйзам ченемдүүлүгү болуп эсептелинет. Мындай шартта саясий турмуш үчүн: идеялык жана саясий *плюрализм, жарандык коомго* жооп берүүчү жана *аткаруучу бийлик* органдарынын өнүккөн системасынын функция кылышы: *саясий партиялардын* жана коомдук кыймылдардын активдүү ишмердүүлүгү; калктын кеңири массасын саясий процесске тартуу мүнөздүү. Коомдо түрдүү карама-каршылыктар курчуп, *альтернативдик кыймылдар* пайда болуп жана тез өнүгүп, каршылаш тараптар кагылышып, кризистик кубулуштар жана процесстер күч алып, прогрессивдик жана деструктивдик тенденциялар бирге өкүм сүргөн критикалык, бурулуш доорлорунда жана мезгилинде С. т-тун активдештирилүүсү турат. Кризистик абалдан чыккан сайын С. т. турукташат жана анын өнүгүүсү кадыресе шарттарда өтөт: социалдык субъекттердин (таптар, партиялар, коомдук уюмдар, индивиддер) саясий ишмердүүлүгү тарыхый акталган, цивилизацияланган каражат жана ыкмалардын жардамы менен, адамдын экономикалык, социалдык жана индивиддик укуктарын жана эркиндиктерин сактоо менен иш жүзүнө ашырылат. *Тоталитардык*, авторитардык-бюрократтык же аскердик-фашисттик ж.б. диктатордук режимдер орногон өлкөлөрдө С. т. терс өзгөрүүлөргө учурайт; анын мазмуну жана формасы, демократтык белгилери бурмаланат. Ошол эле мезгилде так саясий сферада С. т., коомду демократтык жаңыртуу үчүн күчтөр жана кыймылдар калыптанат. С. т. мамлекеттердин союзу, мамлекет аралык бирикмелердин чегинде, *эл аралык мамилелер, дүйнөлүк саясий-социалдык* абалдын өнүгүүсү менен тыгыз байланышкан регионалдык жана глобалдык деңгээлде да жүрөт. С. т. дүйнөлүк коомчулуктун бул же тигил тарыхый этабында түрдүү коомдордун жана абалдардын ички индикатору болуп чыгат.

САЯСИЙ ТУРУКТУУЛУК – *саясий тутумдун* абалы. Керектүү шарттардын жана факторлордун бар болуусу менен мүнөздөлөт. Алар коом тарабынан өзүнүн окшоштугун, жарандык тынчтыкты жана ар кандай социалдык субъекттердин жана *саясий күчтөрдүн* кызыкчылыктарынын балансына жетүүнүн негизинде макулдашууну сактоону, келип чыккан көйгөйлөрдү жана саясат чөйрөсүндөгү карама-каршылыктарды *мыйзам* тарабынан каралган механизм жана каражаттардын жардамы менен өз убагында мыйзамдуу чечүүнү камсыз кылышат. С. т. *саясий активдүүлүктүн* деңгээлинен жана мүнөзүнөн, *саясий лидерлердин* позициясынан, алардын жалпы улуттук кызыкчылыктарды билдире алуусунан жана жарандардын саясий эркин консолидациялоону билүүсүнөн, өзүнүн ишмердүүлүгүн сын каштта анализдөөгө жөндөмдүүлүгүнөн, алар тарабынан нравалык жана укуктук нормалардын сакталышынан көз каранды.

САЯСИЙ ТҮЗҮЛҮШ – *саясаттын* объектисинин жана субъектисинин *уюштурулушунун* биримдиги. *Бийликти* ишке ашыруу *саясаттын* субъектисинин уюштурулушунун гана эмес, анын структураларынын өлкөнүн аймагы боюнча жайгашуусун болжолдойт. Бул үчүн саясаттын объектиси ылайык келген бийлик жана башкаруу органдары менен уюштуруу деңгээли боюнча бөлүштүрүлөт. Башында мындай бөлүү эзилген элди бөлүктөргө бөлүп, баш ийүүдө кармап туруу үчүн зарыл болгон. Натыйжада адамдар саясий мамиледе тигил же бул аймакка тиешелүүлүгү менен гана чектелип калышкан. Өлкөнүн аймагында бийлик структураларынын жайгашуу мүнөзүнө жараша коомдун саясий түзүлүшү: унитардык, бийлик органдары социалдык уюмдашуунун жогорку деңгээлинде болот, ал эми калгандарында башкаруу органдары гана; федеративдик, ар бири өзүнүн бийлик органдарына ээ, эркин мамлекеттердин союзу. Ошол эле учурда федералдык саясий структуралар да түзүлөт. Союздук *мыйзамдар* федерациянын бардык аймагында аткарылууга милдеттүү. Анын субъекттери (штаттары, контондор, провинциялар, республикалар) эреже катары өзүнүн *конституциясына, мыйзам чыгаруу* органдарына, өкмөткө, өздүк укуктук жана соттук системаларга ээ; конфедеративдик, конфедерацияны түзгөн өлкөлөр толук көз карандысыздыкты сакташат, мамлекеттик бийликтин жана башкаруунун өздүк органдарына ээ. Конфедерация чегинде белгилүү максатта аракеттерди координациялоо үчүн бириккен уюмдар түзүлөт (мис., аскердик, тышкы саясий ж.б.). Административдик-аймактык бөлүштүрүү материалдык өндүрүштүн объективдүү талаптары менен шартталган. Административдик бирдиктердин чек аралары эмгектин коомдук бөлүштүрүлүшүнүн чек аралары менен аныкталган. Кул ээлөөчүлүк мамлекеттерде ирригациялык жер айдоочулук суу ресурсун бүткүл дарыя агып өткөн өрөөндө пайдалануусун талап кылган. Бул акырында коомдук турмушту монархтын жеке бийлиги менен унитардык уюштурулушуна алып келген. Феодализм доорунда натуралдык чарбанын үстөмдүк кылышы эрте феодалдык мамлекеттерди феодалдык эзликтердин конфедерациясы кылып уюштурган. Феодалдык эзликтерде феодал анын аймагында жашаган калкка карата кожоюндун ролун ойногон. Шаарлардын пайда болушу феодалдык чарбалардын үстөмдүк кылышын токтоткон. Себеби шаарлардын болушу өлкөнүн түрдүү бөлүктөрүнүн ортосундагы экономикалык байланышка жол салган. Объективдүү зарылчылыктын таасири менен бийлик структурасы бара-бара феодалдык эзликтерден социалдык уюштуруунун жогорку деңгээлине өтө баштаган. Феодалдык эзликтердин конфедерациясынын ордуна *саясий турмуштун* унитардык уюштурулушу келди. Пайда болуп келе жаткан буржуазия эркин рыноктук ата-андаштыктын талаптарына жол берген С. т-кө муктаж болгон. Ошондуктан анын ички байланышы өнүккөн сайын, атаандаштык үчүн экономикалык мейкиндик кеңейе берет. Бирок, эски тартипти *революция* менен бузуу аркылуу эмгекчилерди өзүнө каршы күрөшкө чыгарып алуудан коркуп, буржуазия эскини бузбастан, аны өзүнүн кызыкчылыгына ыңгайлаштырууну туура көргөн. Капитализм өзү менен С. т-төрдүн көп түрдүүлүгүнө алып келген. Алар унитардык *монархиялар* жана федерациялык жана конфедерациялык республикалар болгон. Федерация абдан кеңири жайылууга ээ болгон. Тарыхый биринчи буржуазиялык федерация катары АКШ эсептелет (1787-ж. Конституциясы боюнча). Унитардык монархия, кийин республиканын мисалы болуп Франция эсептелет. Ал эми конфедерация болсо өткөн мезгилдер менен кошо артта калган, себеби: азыркы мезгилдеги эмгектин коомдук бөлүштүрүлүшү кеңири *саясий мейкиндикти* талап кылат. Жада калса Швейцарияда да конфедерациялык түзүлүш атын гана сактап, федерация болуп калган (1848-ж.). Эгер социалдык-жиктелген коомдордо уюштуруунун жогорку деңгээли гана бийлик ыйгарым укуктарына ээ болсо, социалдык интеграцияланган коомдо – төмөнтөн жогоруга чейинки бардык деңгээлдери бийлик органдарына ээ. Дал ушуну менен *укуктук мамлекет* менен *жарандык коомдун* интеграцияланышы камсыз кылынат. Ал болсо элдин бийликтен четтетилишин жоюуга мүмкүндүк берет. Тарыхый мындай *интеграция* администрациялык бөлүнүштүн эски негизинен баш тартуусун талап кылат. Өлкөнүн чарбалык жана администрациялык бөлүнүүсүнүн биримдиги борбордо жана жер-жерлерде бийликти камсыз кылууга багытталган.

САЯСИЙ УБАКЫТ – саясий субъекттин ишмердүүлүгүнүн интенсивдүүлүгүнүн чеги, ал окуялардын жыштыгы менен өлчөнөт, өзүнүн окуяларынын мазмундуулугуна жараша ылдамдап же жайлап турушу мүмкүн. С. у. – реалдуулук, болуп жаткан, бирок өзүнүн турмуштук макамы боюнча физикалык убакыт менен дал келбейт. Мисал катары – качан *саясий турмуштун* белгилүү бир жерлерде, көбүнчө борбор шаарларда дароо күчөшү, *саясий окуялардын* санынын көбөйүшү, социалдык жана психикалык чыңалуулардын даражасынын жогорулашы, көп сандаган жана тез саясий өзгөрүүлөр, ал эми башка аймактарда С. у. такыр башка убакытта өтөт. Ар кайсы аймактын тургундары бир эле физикалык убакытта жашап жатып, убакыттын кайсы бир мезилинде ар кандай С. у-та болуп калышат, ар кандай саясий приоритеттерден жана реалийлерден чыгышып өзүлөрүнүн ишмердүүлүгүн кура беришет. Албетте, алардын *саясий аракеттеринин* интенсивдүүлүгүнүн даражасы жана мүнөзү ар башка болот.

САЯСИЙ УТОПИЯ (гр. u – жок жана topos – орун) – идеалдуу коомдун жана *саясий түзүлүштүн* кыялдануу менен конструкцияланган модели.

САЯСИЙ УЮМ (коомдо) – институттар системасы; анын чегинде коомдун саясий турмушу, анын саясий системасынын башкаруучу бөлүгү өтөт. С. у-дун жетектөөчү элементи – *мамлекет* болот. *Бийлик*, материалдык ресурстар жана мажбурлоо аппаратына ээ болуу менен бирге С. у. өлкөнүн *саясий системасынын* институттарынын укуктук *статусун* жана алардын ишмердүүлүгүнүн юридикалык чектерин орнотот; таптардын, улуттардын, коомдогу башка социалдык топтордун кызыкчылыгынын тең салмактуулугун камсыз кылат; эл аралык аренада коомдун кызыкчылыгын коргойт. Коомдун, анын социалдык топтору жана катмарларынын абдан активдүү жана уюмдашкан бөлүгү саясий *партияларга* биригишкен. «Партиясыз» мамлекеттер дүйнөдө бирдеп саналат, көп өлкөлөрдө көп *партиялуулук* өкүм сүрөт. Көп партиялуулуктун калыптануу жана өнүгүү процесси КМШ жана Чыгыш Европа өлкөлөрүндө кызуу жүрүүдө. Ар бир саясий партиянын келип чыгуусунун жана ишмердүүлүгүнүн маңызы – бул саясий бийликке умтулуу мамлекеттин ички жана тышкы саясатынын калыптанышына жана ишке ашырылышына катышуу болуп эсептелинет. С. у-дун маанилүү структуралык элементтери болуп коомдук уюмдар: профессионалдык, коргонуучу, чыгармачыл, жаштар, ардагерлер, аялдар ж.б. Ар кандай даражада: бири системалуу түрдө, экинчилери – эпизоддук түрдө бул ыктыярдуу бирикмелер жарандардын саясий ж.б. кызыкчылыктарын чагылдырышат, алардын социалдык-саясий активдүүлүгүнүн калыптанышына жана өнүгүшүнө мүмкүндүк берет. Реалдуу авторитетине ылайык коомдук уюмдар мамлекеттик жана коомдук ишмердик башкарууда, социалдык-саясий проблемаларды чечүүдө катышышат. Коомдун саясий системасынын активдүү жана өз алдынча элементи катары *массалык маалымат каражаттары* – басма сөз, радио берүү, телекөрсөтүү каналдары боюнча массалык маалыматты чогултуу, иштеп чыгаруу жана жайылтуу менен иш кылган мекеме-уюмдар чыгууда. XX к. экинчи жарымында массалык маалымат каражаттарынын улуттук системасы калыптанып, регионалдык жана глобалдык системалар түзүлүүдө. Алардын ишмердүүлүгүндө жалпы адамзат ориентирлери жана мамлекеттик, партиялык же ведомстволук буйруктан көз карандысыздык зор мааниге ээ болууда. *Саясий турмушта* массалык маалымат каражатынын маанисин эске алып, аларды кээде «төртүнчү бийлик» деп да атап коюшат. Кээ бир мамлекеттерде коомдун саясий уюштурулушунда чечүүчү ролду конфессионалдык уюмдар, мамлекеттен официалдуу түрдө бөлгөндүгүнө карабай чиркөө, мечит ойнойт. СССРде, Чыгыш Европанын бир катар өлкөлөрүндө узак убакыт бою чиркөөгө, мечитке карата мамиле терс мааниде болгон. Бүгүнкү күндө мамлекеттер, саясий партиялар, коомдук уюмдар, массалык маалымат каражаттары планетада тынчтыкты жана жаратылышты коргоо, коомдун ыйманын чыңдоо, руханий маданиятты өнүктүрүү жана байытуу маселелери боюнча ийгиликтүү кызматташууда. Диний кызматкерлер да бийликтин өкүлчүлүк органдарына шайланышат. Практика көбө кылгандай: коомдогу С. у-дын жашоосунун эффективдүүлүгүнөн коомдун саясий, экономикалык, социалдык, руханий өнүгүүсүнүн кеңири жана татаал проблемаларынын чечилиши, социалдык-саясий, экономикалык, руханий прогресстин темптери көз каранды.

САЯСИЙ ЧЕТТЕТҮҮ – саясий *идеялар*, мамилелер жана уюмдар *инсандан* көз карандысыз, ага каршы же кээде кастык позициядагы бир нерсеге айлануучу абал. Инсанды четтетүү бир катар себептердин натыйжасы болот. Ал белгилүү экономикалык шарттар: эмгектин бөлүштүрүлүшү, менчикти бөлүштүрүү, алмаштыруу жана керектүү мамилелеринин өзгөчөлүктөрүнөн улам пайда болот. С. ч. *саясий режимдин* мүнөзү менен шартталат. Анда адам саясатка таптакыр кызыкпай калган абалга коюлат. Четтетүүнүн бул түрү адамдардын *саясат мамилелерге* тартылуусунун мүнөзү менен аныкталат. Мис., расалык, улуттук белгилери боюнча. Төмөнкү деңгээлдеги *саясий маданият*, саясий идеялар, мамилелер жана *саясий уюмдар*дын максаттары жөнүндө билимдин төмөндүгү, кандайдыр бир идеялар жана нормалар, аларды жүзөгө

ашыруунун ыкмаларын аң-сезимдүү түрдө гана ойлонбостон четке кагуу С. ч-нү пайда кылат. С. ч. объектилердин тереңдик даражасы жана мүнөзү боюнча айырмаланат. Объект катары саясий идеялар, мамилелер жана уюмдар чыгат. *Саясий системанын* аталган компоненттеринен четтетүүнүн даражасы алардын бирине-бири ылайык келүүсүнүн, өнүгүүсүнүн бирдейлигинен, инсандын *саясий аң-сезиминин* эволюциясынан көз каранды. Анын саясий идеялары жана умтулуусу коомдо өкүм сүргөн көз караштардан алдыга кетүүсү же артта калуусу мүмкүн. Бул да коомдо таркалган саясий формалардан четтетилүүнүн булагы болуп калуу жөндөмүнө ээ. С. ч. – түрдүү социалдык топтордун *саясий кызыкчылыгынын* ишке ашырылуусунун чегинде социалдык гармонияны жокко чыгаруу процесси жана натыйжасы. Ал чеги жок саясий өзүм билемдүүлүккө жана деструктивдүү конфликтүүлүккө альтернатива катары чыгат. Индустриализм доорунда мүнөздүү С. ч. кырдаалы коомдун саясий системасында ишке ашып, массалардын саясаттан, саясий ишмердүүлүктүн кандайдыр бир аралыкта болуусунун түрдүү формаларында объективдештирилет. С. ч. бул же тигил субъект тарабынан тигил же бул коомдо, социалдык топто үстөмдүк кылган саясий практикант кабыл албоосун, жокко чыгаруусун болжолдойт. Бул *саясий жүрүм-турумда*, коомдук мамилелерде байкалат. Саясаттын субъектисинин (*коом, мамлекет*, инсан) деңгээлине жараша С. ч. түрдүү, салыштырмалуу автономдук формаларда билинет. Объективдүү С. ч. – саясий системанын табияты индивиддерге өкмөттүк чечимдерге, *саясий аракеттерге* таасир тийгизүүгө тоскоолдук көрсөткөн кырдаал. Субъективдүү С. ч. – индивиддер тарабынан техника, чексиз керектөө идеяларына сугарылгандыгынан улам коомдук турмушка саясий жана моралдык суроолордун алынып ташталышын болжолдойт. С. ч-нүн чыгуу формалары ар түрдүү. Ал объективдештирүүнүн түрдүү деңгээлинде болуп, жеке же жалпы кызыкчылыктын, стихиялуулук менен аң-сезимдүүлүктүн, саясатка жана чөйрө менен саясий кыймылдын, *жарандык коом* жана *мамлекет* ортосундагы *конфликт* катары чыгат. С. ч-нүн кырдаалдары саясий программатиканын кеңири жайылган моделдеринде байкалган. Жеке адамдын бийлигин абсолютташтыруу, саясий бийликтин четтетилиши *волюнтаризм, тоталитаризм*, идеологиялык догматизмге алып келет. Партикулярдык кызыкчылыктарды абсолютташтыруу экономизм, технократизм, *охлократия*, прагматизм сыяктуу С. ч-нүн тенденцияларында чагылдырылат. Тарыхта С. ч-нүн жалпы динамикасы байкалат. Индустриализм доорунда объективдүү саясий кызыкчылыктар улуттук мамлекеттердин чегинен чыгат да, саясатка тиешелүүлүктөн, жаңы сапатын: глобалдык жарандык аң-сезим, глобалдык маалыматтуулук, глобалдык конструктивдүүлүктү көрсөтүшөт. Азыркы мезгилдеги *саясий маданият* принципиалдык жана саясий өз ара аракеттердин идеалдарынан артта калган; *саясий катылышуунун* өсүү фонунда бул адамдардын саясий четтетилүүсүнүн өсүшүн камсыз кылат. С. ч-нү жеңүү үчүн аны пайда кылган экономикалык, саясий ж.б. социалдык мамилелерди өзгөртүү зарыл. Андан башка инсанды саясаттын чөйрөсүндөгү идеяларга жана мамилелерге коштоо механизмин түзүү талап кылынат. Эгерде С. ч. калктын көпчүлүк катмарын өзүнө камтыса, аны жоюуга жөндөмдүү механизмдерди түзүү зарылчылыгы пайда болот. С. ч. коркунучу коомдун кыйынчылыктар алдында, маанилүү коомдук милдеттерди чечүүдө биримдигин бузуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендигинде жатат.

САЯСИЙ ЧЕЧИМ – саясат чөйрөсүндө белгилүү натыйжага жетишүү максатында саясий иш-чараларды өткөрүүнү көздөгөн токтом. *Саясий аракеттин* субъектиси тарабынан кабыл алынат. С. ч-дин жогорку сапаты илимий негизделгендикти, реализмди, анын өз убагында кабыл алынышын болжолдойт. Ушундай ыкманын актуалдуулугун жана маанилүүлүгүн субъективдүү, авантюристтик мүнөздөгү С. ч. коом үчүн оор кесепеттерди алып келет. Өзүнчө бир белгилүү процесс катары С. ч. удаалаш баскычтар менен чагылдырышы мүмкүн: даярдоо, иштеп чыгуу, тандоо жана кабыл алынган чечимди ишке ашыруу, натыйжаларды ана-

лиздөө. Даярдоо стадиясында проблемалык кырдаал баяндалат, С. ч. кабыл алууга зарыл убакыт, ресурстар аныкталат. С. ч-ди иштеп чыгуу стадиясында башкы көңүл проблеманы анализдөөгө бурулат. Анын пайда болуу мезгили, орду, себептери такталат, проблеманын шашылыштыгы жана жаңылыгы, болгон шарттарды эске алуу менен аны чечүү мүмкүнчүлүгү бааланат. С. ч-ди тандоо стадиясы мурда алынган маалыматты кайра иштеп чыгууга, аны тандоону негиздөө үчүн пайдалануурга ыйгарылат. Бир нече варианттын тандалышынын жүрүшүндө бирөө аныкталып, саясий документ түрүнө келтирилет. С. ч-ди жүзөгө ашыруу стадиясы ал көрсөткөн иш-чаралардын турмушка ашырылышында жатат. Мында кабыл алынган чечимди түшүндүрүү, тоскоолдуктарды жоюу талап кылынат. Аяктоочу стадия болуп жетишкендиктерди баалоо, алынган натыйжаларды анализдөө эсептелинет. С. ч-ди кабыл алуунун бул ыкмасы анын эффективдүүлүгүн жогорулатат.

САЯСИЙ ФУТУРОЛОГИЯ (лат. futurum – келечек, гр. logos – окуу) – социалдык-саясий процесстердин өнүгүүсүнүн перспективасын изилдөө менен байланышкан илимий окуунун бир тармагы.

САЯСИЙ ЭЛИТА – коомдун ар кандай катмарларынын кызыкчылыктарын саясий көрсөтмөлөрдө бириктирип, кармап жана чагылдырып турганга керек болгон чоң көлөмдөгү саясий бийликти өз колдоруна топтогон жана саясий ой-мүдөөлөрүн ишке ашыруу механизмин түзгөн, салыштырмалуу анча чоң эмес социалдык топ.

САЯСИЙ ЭМБЛЕМАТИКА – эмблемалардын (*герб, желек*, артыкчылык белгилери, ордендер ж.б.) жыйындысын билдире турган *саясий символика*нын ар түрдүүлүгү.

САЯСИЙ ЭМИГРАНТ (лат. emigr – көчүрүү) – саясий себептер боюнча өзүнүн жарандык өлкөсүнөн чыгып кеткен жана башка өлкөдө баш калкалоо укугун колдонгон адам.

САЯСИЙ ЭРКИНДИКТЕР – социалдык эркиндиктин (экономикалык, ыймандык, диндик ж.б. менен катар) түрү; *инсандын* жана коомдун өзүнүн кызыкчылыгына жана максаттарына ылайык аракет кылуу жөндөмдүүлүгү жана мүмкүндүгү. С. э. *мыйзам* тарабынан бекитилген, жарандардын саясий ишмердүүлүккө катышуу укугу жана мүмкүндүктөр системасы катары чыгат. Бул – *жарандык коомдун* жана *укуктук мамлекеттин* негизги институту, адамды *саясий процесстин* активдүү катышуучусу кылган демократтык түзүлүштүн атрибуту. С. э-дин чөйрөсү абдан кеңири. Азыркы күндөгү демократиялык мамлекеттерде жарандар: шайлоого жана мамлекеттик бийликтин органдарына шайлануурга; өзүнүн эркин *референдум*, плебисцит ж.б. формалар аркылуу чагылдырууга; сөз, басма сөз, чогулуш, митинг, демонстрация эркиндиктеринен пайдалануурга укуктуу. Жарандардын саясий *партияларды* жана коомдук уюмдарды түзүү укугу жана алардын эркин ишмердүүлүгү зор мааниге ээ. С. э-дин катарына саясий жана идеологиялык плюрализмди түзүүчүлөр катары жарандыкты, дүйнөгө болгон көз карашты, саясий позицияны тандоо эркиндигин киргизүүгө болот. Коомдун деңгээлинде коомдук түзүлүштү, мамлекеттик жана улуттук суверендүүлүктү тандоо жана коргоо эркиндиги аракеттенет. С. э-дин реалдуу болушу үчүн аларга ылайык келген экономикалык шарттар, анын ичинен эркин эмгектин, чарба ишмердүүлүгүнүн стимулдаштырылышы керек. Бирок С. э-дин өзүлөрү да адамдардын экономикалык керектөөлөрүн жана кызыкчылыктарын канааттандыруу үчүн зарыл. Алар коомдун жана инсандын ан-сезимин жана интеллектуалдык потенциалын көз карандылыктан куткарып, куруу жана тарыхый прогресс максатында коомдук энергияны көбөйтүүгө чыныгы мүмкүндүктөрдү түзүшөт. С. э. анда көп түрдүү керектөөлөрү жана кызыкчылыктары бар чыгармачыл инсан катары адамдын маңызы гана эмес, ал тарабынан объективдүү зарылчылыктын андалышынын даражасы да, канчалык толук чагылдырылса, ошончолук эффективдүүлүгү артат. Бул эки фактор тең эркиндиктердин жана милдеттүүлүктөрдүн, жарандардын жоопкерчиликтеринин, практикалык аракеттеринин биримдигин чагылдырат. Абсолюттук эркиндик жок, коомдо жашап коомго көз каранды болбоо мүм-

күн эмес. Бийлик структураларынын С. э-дин багытын коомдук тартипти, конституциялык түзүлүштү, демократияны сактоого багытталган актылары туура. Бирок С. э-ди ишке ашырууда чектөөчү аракеттер мыйзамга ылайык, конституциянын чегинде гана жүргүзүлүүсү керек. Тескери учурда коомдун демократтык негизинин бедели түшөт, анын саясий потенциалы начарлайт, ар бир адамдын *саясий кызыкчылыгына* жана аракеттерине сокку урулат. Ал эми ар бир адамдын эркин өнүгүүсү бардыгынын эркин өнүгүүсүнүн шарты жана өбөлгөсү болуп эсептелет.

САЯСИЙ ЭТИКА (political atnics, гр. ethika, ethoe – үрп-адат) – *саясий жүрүм-турумдун* жана ишмердүүлүктүн нормалары, эрежелери жөнүндөгү билимдердин тутуму. Этиканын жана *саясат таануу*нун курамдык бөлүгү; *саясий маданият*тын нормативдик-нравалык аспектиси; саясатчынын жана анын интеллектисинин инсандык нравалык сапаттары; жүрүм-турумундагы маданияты, тарбиялуулугу жана демократизми. Саясий этиканын борборунда мораль жана бийликтин көйгөйлөрү турат.

СВОТ (SWOT-анализ) (англ. strength – күч, кубат, weak – бошоңдук, солгун тартуу, opportunity – мүмкүнчүлүк жана threat – коркунуч) – кыскартылган татаал сөз, СВОТ – анализ деп айтылат. Бул термин компания (фирма) менеджери тарабынан экономикалык кырдаалды анализ жасоо үчүн пайдаланылат; мында ал (компания) өзүнүн иш-аракеттерин, ошондой эле колдогу (же мүмкүн болуучу) ресурстарды ишке ашырат. Англис сөзүнүн «кубат», «бошоң», «мүмкүнчүлүк» жана «коркунуч» баштапкы ариптеринен (тышкы чөйрө боюнча алып караганда) түзүлгөн. Бул факторлорду эсепке алуу менен фирманын абалы аныкталып белгиленет да, андан кийин тиешелүү милдеттер коюлуп, кубаттуулукту өстүрүү жана бошоңдукту жоюу, ошону менен мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу жана алдыда кездешүүчү коркунучтун алдын алуу боюнча план түзүлөт. Мында муну эске алуу өтө зарыл болуп саналат – ишкананын тышкы чөйрө менен байланышы динамикалуу болуп, эч качан статикалык болбойт. Ошондуктан күн сайын анын ресурстары табылгалуу жана табылгасыз келишимдерге, жумуш иштөөчүлөрдүн санына, жаңы продукцияларды иштеп чыгуу жана өндүрүп чыгарууга (жаңы жумуштардын, тейлөөлөрдүн аткарылышына), инвестицияларга байланыштуу өзгөрүп турат. Алардын негизгилеринин бири (фирмага карата катышы боюнча алып караганда): экономикалык чөйрө (инфляция, салыктар, пайыздык ставкалардын ченеми ж.б.), саясий кырдаал (өкмөттүн алмашуусу, саясий туруксуздук ж.б.), укуктук чөйрө (ишкананын иш-аракеттерине тиешелүү мыйзамдык өзгөрүүлөр ишкердиктин бул же тигил багыттарын демилге аркылуу өнүктүрүп же тескерисинче жабыркатып, кызматкерлерди жумуштан чыгарууну татаалдантып же жөнөкөйлөтүп жибериши мүмкүн), технологиялык чөйрө (жаңы технология, эгерде аны иштетүүдө атаандаш ийгиликке жетишкен болсо, атаандаш жөндөмдүүлүктү жогорулатууга же аны төмөндетүүгө алып келиши ыктымал), социалдык-маданий чөйрө (жаңы социалдык идея, модалар жана фасондор), табигый-климаттык кырдаал жана демографиялык жагдай.

СЕГРЕГАЦИЯ (лат. segregacio – бөлүнүү) – кандайдыр бир этностук тайпаны же расаны чектелген аймакка отурукташтыруу, социалдык катнашка бөгөт коюу, бөлүп окутуу жана тарбиялоо ж.б. чаралар аркылуу мажбурлап бөлүү же өзүнчө кармоо *саясат*ы. Басмырлоонун өзгөчө түрү катары ага тыюу салынган. Ал АКШда 1950-ж. аягында мыйзамдаштырылган. ТАРда 1990-ж. башына чейин анын эң жаман таризи – *апартеид* сакталып турган.

СЕКТА (диний) – негизги же үстөмдүк кылуучу динден бөлүнүп чыгып, өз алдынча карманган көз карашы бар жана анын айрым саркындыларын, каада-салттарын, окууларын башкача талкуулоочу адамдардын диний тобу. С-га сыртын салуу, обочолонуу, өзгөлөргө догурунуу мүнөздүү. КР мыйзамдары боюнча, эгер ал жарандарга, жалпы эле коомчулукка залалын тийгизбей турган болсо, бардык С. диний уюм катары катталып, диний топ катары иш жүргүзө алат.

СЕКУЛЯРИЗАЦИЯ (лат. saecularis – дин аралашпаган, элдик) – 1) Коомдук жашоонун ар

кандай тармактарынын (мамлекеттин, саясаттын, укуктун, илимдин, маданияттын, мектептердин, улуттук жана үй-бүлөлүк-турмуштук мамилелердин, коомдук жана жеке аң-сезимдин ж.б.) *диндин* жана *чиркөөлөрдүн* таасиринен жана таасир этүүсүнөн бошонуу процесси. 2) Батыш Европада адамдардын чиркөөнүн уруксаты менен диндик абалдан дин аралашпаган абалга өтүүсү. 3) XIX к. аягынан баштап динден жана чиркөөлүк институттардан эмансипациялануунун ар кандай формаларын билдирүү. 4) Чиркөөлүк менчиктин (көпчүлүгү жерлер) *мамлекет* тарабынан дин аралашпаганга айлануусу. С. реформация мезгилинде кеңири жүргүзүлгөн.

СЕНАТ (лат. senātus, senex – кары) – мамлекеттик бийликтин бирден-бир жогорку органы, көбүнчө мыйзам чыгаруу бийлигин (парламентти) аташат. Мис., Австралия, Испания, Италия, Боливия, Зимбабве ж.б. мамлекеттерде парламенттин жогорку палатасын сенат деп аташат. Ошондой эле Орусияда Федералдуу чогулуштун жогорку палатасынын официалдуу эмес аталышы да сенат.

СЕПАРАТИЗМ (фр. separatisme, лат. separatus – бөлүнүү, обочолонуу) – бөлүнүүгө, обочолонууга умтулуу; мамлекеттин бөлүнүшүнө жана жаңы мамлекеттик түзүлүштүн пайда болушуна же өлкөнүн бир бөлүгүн автономияга айландырууга багытталган аракеттер. С. улуттук-боштондук кыймылынан айырмаланып, адатта жергиликтүү саясий жана бизнес элиталардын тегерегиндеги белгилүү топтун кызыкчылыктарын билдирет. Ошону менен катар С. көп улуттуу мамлекеттердеги аз улуттардын өз алдынча мамлекетти жана автономдук облустарды түзүүгө болгон умтулуусун, аракеттерин чагылдырат.

СИНТОИЗМ (жапончо синто – кудайлардын жолу) – Жапониядагы дин. Алгачкы коомдук түзүлүштө пайда болуп, өзүнүн өнүгүшүндө көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болгон. «Синто» термини алгач ирет XVIII к. С-ди буддизмден айырмалаш үчүн колдонула баштаган. 1868–1945-жж. С. Жапониянын мамлекеттик дини болгон. Бабаларга жана кудайга сыйынуу С-дин негизин түзөт. Кудайлар менен адамдардын ортосундагы байланыш күн кудайы Аматерасунун тукуму болгон император аркылуу ишке ашат. Император Жапониядагы бардык уруулардын башаты, теги катары эсептелинет, ага кудайдын жердеги өкүлү катары сыйынышат. Жапониядагы бардык императорлордун бабасы Аматерасу кудайдын тукуму катары Дзимму эсептелет. Ал 660-ж. 11-февралда такка отурган, ушундан улам ал күн 1873–1948-жж. жана 1967-ж. бери өкмөттүн чечими менен империянын негизделген күнү катары майрамдалат.

СИОНИЗМ (Иерусалимдеги Сион тоосунун аталышынан) – *саясий кыймыл*. Максаты – жөөт элин анын тарыхый мекени – Израилде (Эрец-Исраэль) бириктирүү жана кайра жаралтуу. Ошондой эле идеологиялык концепция болуп саналат, анын негизинде бул кыймыл негизделет. С-дин идеологиясы өзүнүн багыты боюнча ар кандай болгон кыймылдарды бириктирет – сол-социалисттиктен баштап ортодоксалдык-диний-ге чейин. Экинчи дүйнөлүк согушка чейин С. жөөт элинин бирден бир ири коомдук-саясий кыймылдарынын бири болгон. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин жөөттүк улутчулдуктун жалгыз кыймылы болуп калган.

СКЕПТИЦИЗМ (гр. – иликтөөчү) – объективдүү дүйнөнү таанып-билүүнүн акыйкаттыгына шек келтирген философиялык багыт. Ал байыркы Грекияда пайда болгон. Буржуазиялык философиянын (орто кылымдарда) чиркөө менен күрөшүндө прогрессчил роль ойногон.

СОВЕТОЛОГИЯ – советтик түзүлүштү жана анын коомдун жашоосунун, маданиятынын, тартибинин бардык жактарына таасир этүүсүн изилдөөчү илимдердин жыйындысы.

СОГУШ жана КУРАЛДУУ КОНФЛИКТ – белгилүү *саясий максатка* жетүү үчүн зордук-зомбулукту колдонуу даражасы менен айырмаланышкан социалдык кубулуштар. Согуш өзүнүн маңызы боюнча – бул же тигил мамлекеттердин (таптардын) *саясатынын* зордук-зомбулук каражаттары менен улануусу. Согуш саясий мазмунга ээ, ал ички жана *тышкы саясаттын* бөлүгүн түзөт. Тарых, анын ичинде эки дүйнөлүк *согуштун* тажрыйбасы көрсөткөндөй, *согуштар*, эреже катары, алдын-ала,

узак убакыттар бою даярдалат, бул даярдык саясий, экономикалык, аскердик, дипломаттык, идеологиялык, моралдык-психологиялык чөйрөлөрдү, мобилизациялоо иш-чараларын, чалгындоо ишмердүүлүгүн өзүнө камтыйт. Согуш өзүнүн айырмаланган, өзгөчө мазмунга ээ; бул ролдо чыгуучу куралдуу күрөш – саясий жана аскердик максаттарга жетүү үчүн мамлекеттин куралдуу күчтөрүн же куралдуу отряддарды элдик башка бирикмелерди уюмдашкан түрдө пайдалануу болуп эсептелет. Куралдуу күрөш саясат тарабынан санкцияланбаган формаларда (айрым аскердик кагылышуулар, аскердик инциденттер, террористтик акциялар) жүрүшү да мүмкүн; андан тышкары айрым мамлекеттердин ортосунда жана алардын ичинде согуштун жалпы абалынын жоктугуна карабай саясатташтырылган *куралдуу* конфликттер пайда болуп, орчундуу орун алуусу мүмкүн. С. ж. к. к. жалпылык – саясий шартталгандык жана куралдуу зордук-зомбулуктун жардамы менен карама-каршылыктарды чечүү ыкмасы. Алар өзүнүн саясий жана стратегиялык максаттары, себептери, масштабдары, куралдуу күрөштүн каражаттары, узактыгы, согуштук аракеттерди жүргүзүүнүн формасы жана ыкмалары менен айырмаланышат. Көбүнчө куралдуу конфликтер этностор аралык жана таптар аралык негизде, мамлекеттик чек араларда аймактык бүтүндүүлүктү бузуу, суверенитетке залал келтирүү ж.б. байланыштуу келип чыгышат. С. ж. к. к-тин токтотулушу, алар менен байланышкан маселелердин чечилиши мамлекеттик деңгээлде, дипломаттык жол менен, үчүнчү мамлекеттер, эл аралык уюмдардын жардамы менен иш жүзөгө ашат; акыркы убакта регионалдык жана локалдык С. ж. к. к. зоналарында абалды нормалдаштырыш үчүн ынтымакташуу, элдешүү саясаты колдонулууда. Куралдуу конфликттин коркунучу анын көпчүлүк учурда катышуучуларынын курамын кеңейтүү, масштабын интернационалдаштыруу, кеңири саясий максаттуу согушка өсүп жетилүү тенденцияга, созулуңку мүнөзгө ээ болушунда жатат. 1990–91-жж. Персия булуңундагы согуштук окуялар көрсөткөндөй, мындай түрдөгү С. ж. к. к-тер айтып бере алгыс саясий, социалдык-экономикалык, экологиялык залал келтирүүчү массалык жок кылуу куралдарын колдонуу коркунучу келип чыгат. Демек, куралдуу конфликттер менен согуштардын ортосунда айырмачылык шарттуу гана болуп бара жатат. Бирок С. ж. к. к. социалдык-саясий жана согуштук-техникалык белгилер боюнча илимий классификациясы негизинен өзүнүн принципиалдык маанисин сактоодо. С. ж. к. к-те эки фактор: адамдар жана курал өкүм сүрөт. Ошондуктан бүгүнкү күндө турмуштан бул социалдык кубулуштарды алып салуунун радикалдуу жолу чечкиндүү түрдө куралдуу күчтөрдү жана куралдарды кыскартууда жана куралсыздандырууда, эл аралык мамилелерди демилитаризациялоодо, бардык мамлекеттер тарабынан тынчтык саясатын жүргүзүүгө жатат.

СОГУШКА КАРШЫ КЫЙМЫЛ – жамааттык иш-аракеттердин жана аң-сезимдүү түрдө өз ишмердигин согуштук коркунучтарга, *милитаризмге, кансыз согушка* же анын кайсы бир аспектилерине, зордук-зомбулук колдонууга каршы көтөрүлүп чыгуулар менен байланыштырган индивиддердин ыктыярдуу топторунун биримдиги. С. к. к-ына катышуучулардын тутумунун туруктуулугу жана бир өңчөйлүгү, башкаруу формаларынын (жеке акциялардын, топтордун, кыймылдардын жана уюмдардын иш-аракеттеринин, *саясий партиялардын*, профсоюздардын көтөрүлүп чыгууларынын ж.б.) жана топтордун (уюшулган жана стихиялуу, партиялык жана профсоюздук, айрыкча диний жана светтик *пацифизмди* камтыган антисогуштук) ар түрдүүлүгү мүнөздүү. Уюшулган С. к. к-дын башталышы XIX к. алгачкы пафицисттик коомдор пайда болгон 20–30-жж. туура келет. XIX к. акырында С. к. к. пацифисттик жана социалисттик деп эки агымга бөлүнөт. Антимилитардык кыймылдарга негизги салымды II Интернационалдын Брюсселдик (1891-ж.) жана Цюрихтик (1893-ж.) конгресстери кошту. *Социал-демократия* С. к. к-дын бир катар таланттуу теоретиктери менен уюштуруучуларын чыгарды. Алардын эң ири өкүлдөрүнүн бири – француз социалисти Жан Жорес. Биринчи дүйнөлүк согуш башталаар алдында II Интернационалдын Штутгарт конгресси (1907-ж.) В.И. Ленин

менен Р.Люксембургдун сунушу боюнча эгерде согуш чыгып кетсе эл аралык пролетариат согуштун чыгышын туудура турган капиталисттик түзүлүштү четтетүү үчүн чыгаарын билдирди. Чукул кырдаалдагы Базель конгресси (1912-ж.) жакындап калган согушту кылмыш катары аныктаган антиаскердик манифестти жарыялады. Согуштун башталышы менен С. к. к-дын пацифисттик канаты активдешет, согушту токтотуу үчүн жетишээрлик бош уюшулган, бирок маданияттын Ромен Роллан, Эдуард Эррио сыяктуу кадырлуу ишмерлери башында турган кеңири демократиялык кыймыл пайда болот. С. к. к. үчүн 1917-ж. тынчтык жөнүндөгү Дек- ретти кабыл алуу сыяктуу алгачкы советтик өкмөттүн саясий актысы маанеге ээ болгон. Ал декретте согуш жана тынчтык маселелери – булар өкмөттөрдүн гана эмес, элдердин дагы иши экендиги айтылат.

Согуштар аралык мезгил үчүн массалык акцияларды (митингдерди, демонстрацияларды) өткөрүү, С. к. к-ды кеңейтүү сыяктуу эле анын тигил же бул саясий партияларга, диний агымдарга тартылган уюмдарга бөлүнүшү дагы мүнөздүү. Түз келишпестиктерге чейин өсүп жеткен бөлүнүп-жарылуу С. к. к-дын коммунисттик жана социал-демократиялык канаттарынын ортосунда байкалган. С. к. к-га жакын болсо дагы таптакыр өз алдынча кыймыл катары кылымдын башында «дүйнөнүн федералисттери» кыймылы катары чыккан федерализм айырмаланып турат. 30-жж. экинчи жарымында антифашисттик жана антисогуштук мүнөздөгү эл аралык жолугушууларды жана конгресстерди өткөрсө дагы, С. к. к. максаттар менен иш-аракеттердин чыныгы макулдаштыгына жетише алган эмес.

Экинчи дүйнөлүк согуштун жүрүшүндө С. к. к. согуштан кийинки мезгилде тынчтыкты жактоочулардын массалык кыймылынын базасы болуп калган демократиялык антифашисттик негизге бирикти. Анын калыптанышынын маанилүү баскычы тынчтыкты коргоону жактаган маданият ишмерлеринин Конгресси (Вроцлав, август, 1948-ж.) жана тынчтыкты коргоо үчүн манифест кабыл алган тынчтыкты жактоочулардын I Бүткүл дүйнөлүк конгресси (Париж – Прага, апрель, 1949-ж.) болду. Варшавадагы II Бүткүл дүйнөлүк конгрессте (1950-ж.) Тынчтыктын Бүткүл дүйнөлүк Кеңеши (ТБК–ВСМ) түзүлөт, ал атомдук согушту адамзатка каршы кылмыш деп аныктаган Стокгольмдук чакырылышка кол коюу үчүн кампанияны уюштурат. С. к. к-ын тар партиялык, андан дагы жөнөкөй конъюктуралык кызыкчылыктарга колдонуу аракеттери, социал-демократтар менен болгон араздашуу *саясаты*, коммунисттик кыймылдагы келишпестиктер, *«кансыз согуш»* саясаты баштапкы кеңири кыймылды бузду. Батыш Европа өлкөлөрүндө неопацифисттик уюмдар активдешет. Ар түрдүү саясий партиялардын (социал-демократтык, либералдык, демохристиандык ж.б.) иш-аракеттерине реакция катары С. к. к-ынын өз түзүмдөрүн түзүү көптөгөн көз карандысыз антисогуштук топторду жана бирикмелерди пайда кылат. Эң маанилүүсү болуп 50-жж. антиядролук пацифизмдин пайда болушу эсептелет. Анын идеялык булагы болуп Стокгольмдук чакырылыш эсептелет, бирок чечүүчү ролду Рассела-Жолио-Кюри Манифести (1955-ж.) ойноду. Ошол эле мезгилде Пагуоштук кыймыл дагы пайда болот. 50-жж. экинчи жарымында массалык антиядролук уюмдар же алардын коалициялары: британиялык Ядролук куралсыздандыруу үчүн кампания (Си-Эн-Ди) (1958-ж.) жана «Жүздүк комитет» (1957–1962-ж.) коалициясы, батыш германиялык «Атомдук өлүмгө каршы күрөш» (1958-ж.) комитети жана пасхалык марштар кыймылы (1960-ж.), италиялык Тынчтык үчүн күрөш кеңеши (1962-ж.), Шведдик атом бомбасына каршы кыймылдар тобу (1958–60-ж.) жана анын ордун алмаштырган Ядролук куралга каршы жүрүш (1961–1964-ж.) уюшулат. 50–60-жж. С. к. к-дын өнүгүшүнө кошулган салым Франциядагы, Улуу Британиядагы, Нидерланды өлкөлөрүндөгү колониялык согуштарга жана агрессивдик кыймылдарга, биринчи кезекте Алжирдеги согушка каршы чыгуулар болду. 70-жж. башында АКШнын Вьетнамга болгон агрессиясына каршы кыймыл өзгөчө кулач жайды.

70-жж. экинчи жарымында озгочо Ооганстандагы окуялардын таасири менен курчуган согушка каршы күчтөрдүн арасындагы

келишпестиктер менен карама-каршылыктар кызматташтыктын бекемделиш тенденциясын өнүктүрүүгө кедергисин тийгизди. Буга карабастан, нейтрондук бомбага каршы массалык кампания ийгиликтүү аяктады, саясий чечимдерге советтик жана америкалык ракеталарды Европада орточо алыстыкта жайгаштырууга каршы чыгуулар маанилүү таасир этти. 80-жж. ортосунда С. к. к-ында күрөштүн формалары менен методдорун кайрадан карап чыгуу, жаңы багыттар менен максаттарды издөө мезгили башталды. Ставкадан бир борбордук проблемага, иш-аракеттердин бир чектелүү жыйынтыгына келүү аракети, саясий кыймылдардын, агартуучулук жана маданий иштердин талаптары менен лозунгдарынын, формалары менен каражаттарынын ар түрдүүлүгүнө умтулуу тенденциясы байкалды. Мамлекеттик деңгээлде ядролук тынчтык концепциясынын пайда болушу, 1987-ж. алыскы жана жакынкы аралык ракеталарды жок кылуу жөнүндөгү советтик-америкалык Келишимге кол коюу С. к. к-га позитивдүү тынчтыктын пайдасы үчүн активдүү иштөөгө мүмкүндүк берди. Бул өз кезегинде С. к. к-нын адамзаттык жашоо жана биосфера, ядросуз, зомбулуксуз жана коопсуз дүйнө, кызматташтыктын С. к. к. өзү түзгөн моделдеринин формасындагы интегралдык планетардык биримдикти камсыздоо кыймылдарына өсүп жетишине мүмкүндүк берди. СССРдин кулашы менен С. к. к. ишмердиктери солгундап кеткен. Ирактагы, Сириядагы, түндүк Африка өлкөлөрүндөгү согуштарга каршы С. к. к. мурдагыдай жигердүү ишмердикти алып барганы кийинки мезгилдерде байкалбайт. 2014-ж. Чыгыш Украинадагы согуштук аракеттерге каршы С. к. к. активисттеринин аракеттеринин кайрадан жандана баштаганын байкоого болот.

СОГУШТУК САЯСАТ – мамлекеттердин, *партиялардын* жана башка социалдык-саясий *институттардын* жалпы *саясатынын* курамдык бөлүгү; белгилүү *саясий максатка* жетүү үчүн куралдуу зордук-зомбулук каражаттарын түзүү жана колдонуу менен түздөн-түз байланышкан. *Саясий ишмердүүлүктүн* өз алдынча жана өзгөчө түрү катары XVIII–XIX к. чегинде бөлүнүп чыкты. Бул мезгилдеги согуштар масштабдарынын бир кыйла өсүшү, мамлекеттердин материалдык жана руханий ресурстарынын кеңири тартылышы, массалык армиялардын пайда болушу менен айырмаланышат. Тарыхый тажрыйба көрсөткөндөй, С. с-тын субъектилери болуп саясаттын бардык субъектилери: *мамлекет* жана мамлекеттердин *союзу*, партия, таптар, элдик кыймылдар ж.б. чыга алат. Демократтык коомдо өзүнүн куралдуу күч колдонууга болгон монополиясын сактоого чакырылган мамлекет гана С. с-тын жалгыз мыйзамдуу субъектиси боло алат. Согуштук кубаттуулуктун компоненттерин түзүүчү коомдук турмуштун бардык чөйрөсү С. с-тын объектиси катары чыгат. С. с. жалпы мамлекеттик саясаттын (ички жана тышкы, экономикалык, социалдык, маданий ж.б.) системасына кирет; башка саясаттардан айырмаланып, ал саясаттын бардык түрлөрү менен тыгыз өз ара аракеттенет, белгилүү шарттарда алар менен интеграцияланат (согуштук-экономикалык, согуштук-техникалык, согуштук-илимий саясат ж.б). С. с-тын максатын жана милдеттерин, анын түзүлүү принциптерин, мамлекеттин ичинде жана эл аралык аренада согуштук күчтү колдонуунун негизин аныктоочу согуштук-саясий көз караш зор мааниге ээ. Негиздөөчү согуштук саясий көз караштар, эреже катары, мамлекеттин конституциясында жана согуштук доктринасында, башка официалдуу мыйзам чыгаруу актыларда бекитилет. С. с-тын күчтөрү жана каражаттары мамлекеттин аскердик уюмдары, барыдан мурда анын куралдуу күчтөрү менен көрсөтүлөт. Согуштук саясий көрсөтмөлөрдү практикалык иш жүзүнө ашыруунун натыйжасында С. с-тын бул же тигил тиби калыптанат. Азыркы күндө мамлекеттердин С. с-нын спектри абдан кеңири: ачык агрессивдүү, авантюристтиктен тартып согуштук күчтөрдү, согушту болтурбоо, мамлекеттин суверендүүлүгүн жана аймактын бүтүндүүлүгүн коргоо кызыкчылыктарына колдонуу менен чектелген удаалаш тынчтыкты сүйүүчүлүккө чейин. С. с-тын функционалдык структурасында: согуштук-саясий абалды, согуштук күчтөрдүн тең салмактуулугун анын өнүгүү тенденцияларын баалоо, согуштук коркунуч системасын анализдөө менен байла-

нышкан илимий-прогноздук функция; зарыл согуштук-саясий чечимдерди иштеп чыгаруу жана кабыл алууну өзүнө камтыган нормативдик-тескөөчүлүк функция, согуштук доктринанын жоболорун, аскердик курулуштун пландарын жана программаларын иш жүзөгө ашыруу зарылчылыгы менен шартталган уюштуруу практикалык (башкаруу) функциясын бөлүп чыгарышат. Ар бир айтылган функцияларды ишке ашыруу үчүн С. с-тын структурасында аларга ылайык келген институттар (органдар, уюмдар, мекемелер ж.б.) түзүлөт. Бүгүнкү күндө позитивдик өзгөрүүлөрдүн таасири астында мамлекеттердин С-с-нын өнүгүүсү бир катар туруктуу тенденциялар менен мүнөздөлөт: – саясий максатка жетүү үчүн согуштук күчтөрдү колдонуунун чөйрөсүн жана масштабынын удаалаш кыскартылышы, куралдуу күрөштүн арсеналынан массалык жок кылуу куралдарын (стратегиялык жана тактикалык, ядролук, химиялык, бактериологиялык) чектөө жана чыгарып салуу, келишимдик негизде кадыресе куралдардын жана куралдуу күчтөрдүн кыскарышы; – С. с-тын багытынын согуш жана куралдуу *конфликттерди* даярдоо жана жайылтуудан тынчтыкты бекемдөөгө, куралдуу кагылыштарга жол бербөөгө жана коопсуздуктун ишенимдүү системасын түзүүгө бурулушу; – мамлекеттик согуштук-саясий кызматташтык чөйрөсүнүн кеңейиши, согуштук-саясий мамилелерде ишенүүчүлүктүн жана бирине-бири ишенүүчүлүктүн бекемделиши согуштук-саясий ишмердүүлүктүн ачыктыгы жана алдынала айта билүүчүлүгү. Берилген позитивдик тенденциялардын бекитилиши мамлекеттердин С. с-ка бир катар универсалдуу принциптерге баш ийүүсүн талап кылат. Алардын ичинде: БУУнун Уставында ж.б. эл аралык макулдашууларга бекитилген эл аралык укуктук нормаларына С. с-тын нормаларынын максаттарынын жана милдеттеринин дал келиши; өлкөнүн ичиндеги жана эл аралык аренадагы конфликтүү кырдаалдарды болтурбоодо, чектештирүүдө жана чечүүдө аскердик-күчтүк эмес, саясий каражаттардын маанилүүлүгү; согуштарга жол бербөөнүн, согуштук-саясий жана *стратегиялык* стабилдүүлүктү колдоонун С. с-тын биринчи кезектеги милдети деп таанылышы: куралсыздандыруу процессине, ядролук, ракеталык технологиянын, курал-жарактардын жайылбоосун көзөмөлдөөнүн күч алышына жардам көрсөтүү; коркунуч факторлорунун сакталып калган шарттарында коргонуу зарылчылыгына жараша мамлекеттин согуштук кубаттуулугун акылга салып чектөө.

СОГУШУУНУН ТЫЮУ САЛЫНГАН КАРАЖАТТАРЫ – эл аралык укук боюнча колдонууга болбой турган каражаттар. Аларды колдонуу аскердик кылмыш же адамзатка каршы кылмыш катары каралат жана юридикалык жоопкерчиликке тартылат. Артыкча кыйроолорго жана кыйноолорго кириптер кылуучу ок-дарыларды, заттарды жана согуштук аракеттердин усулдарын, ошондой эле жаратылыш чөйрөсүнө мүмкүн болушунча кеңири, олуттуу жана узак мөөнөттүү зыян келтирүүчү же ошондой натыйжа күтүлгөн усулдарды жана каражаттарды колдонууга тыюу салынат.

СОГУШУУНУН ТЫЮУ САЛЫНГАН ЫКМАЛАРЫ – согуш курмандыктары жөнүндө 1949-ж. Женева конвенциясында, 1977-ж. кабыл алынган ага Кошумча протоколдордо ж.б. белгиленген. С. т. с. ы. душмандын аскер жоокерлерин чыккынчылык менен өлтүрүү же жарадар кылуу; душман жөнүндө маалымат алуу максатында кыйноо; улуттук жана эл аралык эмблемаларды (эн), белгилерди жана желектерди мыйзамсыз пайдалануу; парламент өкүлүн (элчини) жана аны коштоп жүргөн кишилерди өлтүрүү; жүзү каралык; санитардык жайларга, катардан чыккан, туткунга түшкөн кишилерге, кыйроого учурган учактардан жана башка учуучу жабдуулардан (десанттардан башка) качкандарга кол салуу; *геноцид; апартеид*; жарандык калкка карата террор жүргүзүү; тирүү жан калтырбоо тууралуу буйрук берүү, каршы тараптын аскер туткундарын жана башкаларды куралдуу күчтөрдө кызмат кылдыруу жана өз өлкөсүнө каршы согушууга мажбурлоо, маданий байлыктарды жок кылуу ж.б.

СОЛТОНБЕКОВ Рысалы (Ырсалы) (1887–1965) – Чүй өрөөнүндө Совет бийлигин орнотуу жана чыңдоо үчүн күрөшкө катышкандардан. 1917-ж. октябрынан Пишпектеги большевиктик жашырын топко кирген. Түркстан Компартиясынын 2-съездинин (1918-ж. декабрь) делегаты. 1918–1919-жж. РКП(б) нин Пишпек уезддик-шаардык комитетинин жана уезддик Советтин жооптуу кызматкери. 1919–22-жж. Пишпек уездинин кедейлер комитетинин, «Кошчу» союзунун төрагасы, 1921-ж. Пишпек уезди боюнча жер-суу реформасын жүргүзүү комиссиясынын төрагасы, 1922–25-жж. «Тоо аркасы болушунун» (Кочкор, Жумгал, Суусамыр) аткомунун төрагасы, 1925–28-жж. Каракол–Нарын уездинде администрациялык бөлүмдүн башчысы, 1928–29-жж. Сталин районунда (Кочкор, Жумгал, Суусамыр) милициянын начальниги, 1929–33-жж. Кыргыз ССР жер иштетүү комиссарлыгында сектор башчысы болуп иштеген. 1933-ж. негизсиз репрессияланып, 1957-ж. акталган.

СОЛТОНОЕВ Белек Солтонкелди уулу (1878–1938) – кыргыз тарыхчысы, адабиятчы жана акын. Чоң Кемин өрөөнүндө жашаган Аюке уругунан. 7–8 жашында кат таанып, Караколдо 3–4 ай орус мектебинде, багбандарды даярдоочу Пишпектеги кыргыз мектебинде 2 жыл окуган. 1890-ж. тарыхка кызыгып, уламыштарды, санжыраларды угуп, мусулман жана орус тарыхчыларынын эмгектери менен таанышкан. 1894-ж. Атаке болуштугунда катчы болуп турган. 1895-ж. кыргыздын санжырасын жана жазма маалыматтарын чогултуп, изилдей баштаган. 1916-ж. Атаке болуштугунун *болушу* болуп шайланган. «Үркүндө» Кытайга качып барып, 1917-ж. кайра келген. 1918–20-жж. Алматы калаасы тарапта Кеңеш өкмөтү үчүн үгүттөө иштерин жүргүзгөн. 1924-ж. чейин Түндүк Кыргызстанда элдин сабатсыздыгын жоюу (ликбез) уюмдарында иштеген. 1924-ж. «Үркүндөн» кайтпай калган кыргыздардын ал-абалын билүү жана алардын өз жерине кайтышына көмөктөшүү үчүн Чыгыш Түркстанда (Кулжа шаарында) болгон, ошол эле учурда кыргыздардын тарыхы боюнча маалыматтарды чогулткан. 1927–37-жж. Кыргыз АССР Комиссарлар Советинде илимий кызматтарда иштеген. Жазыксыз жерден камалып атылган. 1955-ж. акталган. «Кызыл кыргыз тарыхы» (башка аты «Кыргыз-казак тарыхы») анын негизги эмгеги болуп саналат. Бул эмгектен кыргыздардын саясий тарыхы боюнча көптөгөн маалыматтарды алса болот.

СООДА жана ТАРИФТЕР БОЮНЧА БАШКЫ КЕЛИШИМ, ГАТТ (англ. General Agreement on Tariffs and Trade) – эл аралык соода мамилелерин алдын-ала билүүгө багытталган бажы жана башка чектөөлөрдү жоюу, тарифтик ставкаларды ылдыйлатуу, дүйнөлүк соодадагы дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жолу менен мүчө мамлекеттердин жашоо деңгээлин көтөрүүгө, жумушсуздукту жоюуга, коопсуздукту камсыздоого багытталган көп тараптуу келишимдердин сериясы. Милдеттүү түрдөгү эл аралык-укуктук мүнөзгө ээ болгон ГАТТ жөнүндөгү документке Женевада 23 мамлекет кол койгон, күчүнө 1948-ж. кирген. ГАТТ БУУнун атайын агенттиги менен алмаштырылуусу пландалган, бирок кээ бир себептерден улам ал агенттик түзүлбөй калган. ГАТТ дүйнөлүк сооданы либерализациялоодогу эң эффективдүү курал болгон, анын акыркы 50 жылда бир кыйла өнүгүүсүнө түрткү болгон (мис., өнөр-жай продукциясына болгон тарифтер 8 эсе төмөндөгөн). 1995-ж. ГАТТ институционалдык түзүлүшү тагыраак болгон Дүйнөлүк соода уюму (ДСУ) менен алмаштырылган, бирок ГАТТ түрүндөгү жалпы келишимдик негиздерди жана соода раундларынын (ДСУнун мүчөлөрүнүн жолугушуулары) чечимдерин сактоо менен. Дүйнөлүк сооданы башкарууну жана мониторингдөөнү божомолдогон ДСУ режими биздин Жер шарындагы товар алмашуунун 90%на жайылган.

СОТ БИЙЛИГИ – мамлекеттик *бийликтин* бир бутагы. Бийликти бөлүштүрүү принцибин ишке ашыруунун зарыл шарты. Бийликтин калган эки бутагынын келишип кетишине жол бербөө, диктатуранын же авторитардык *саясий режимдин* пайда болушуна тоскоолдук кылуу С. б-нин негизги иши. Конституциялык түзүлүштү сот тарабынан коргоо системасы кийин гана пайда болуп, бүгүнкү күндө өзүнүн калыптануу мезгилинде жана ал көптөгөн мамлекеттердин тажрыйбасы менен толукталууда. С. б. боюнча бир катар өнүккөн мамлекеттердин тажрыйбасынан: Дүйнөлүк практикада

конституциялык көзөмөлдү үч түрдүү органдар ишке ашырышат: Жогорку Сот баш болгон жалпы соттор; Конституциялык соттор; Конституциялык көзөмөлдү жалпы соттор жүргүзгөн өлкөлөрдүн катарына: АКШ, Австралия, Индия, Канада ж.б. кирет. Бул система өтө ишенимдүү, чоң гарантияларды берсе да, анын иши өтө узак жана татаал. АКШнын Жогорку соту пайда болгондо эле мамлекеттик бийликтин бир бутагы катары чыгып, конгресстин жана штаттардын мыйзам чыгаруучу жыйындарынын мыйзамдарынын Конституцияга дал келүүсү боюнча акыркы чечимдерди кабыл алып турган. 1789-ж. баштап, эки жүз жылдын ичинде кабыл алынган 85 миң мыйзам актыларынын ичинен 127 федералдык мыйзамдар жана 950 штаттардын мыйзамдары Жогорку Сот тарабынан антиконституциялык деп табылган. Юридикалык жактан Жогорку соттун чечимдери биротоло деп эсептелип, кайра каралууга тийиш эмес. Ушул маанисинде АКШнын Жогорку соту прогрессивдүү реформаларды ылдам жүргүзүүгө тоскоолдук кылышы да мүмкүн. Францияда конституциялык көзөмөлү 1958-ж. түзүлгөн, курамы тогуз кишиден турган, тогуз жылга шайланган Конституциялык кеңеш ишке ашырат. Парламенттин палаталарынын регламенттери, *адам укугун жана эркиндигин* ишке ашыруу максатындагы *мыйзамдар* милдеттүү түрдө көзөмөлгө алынат. Конституциялык Кеңеш ратификацияланууга тийиш болгон эл аралык келишимдерди алдынала карап чыгат, Республиканын президентин шайлоолорго жана *референдумдарды* өткөрүүдө көзөмөл жүргүзөт. АКШнын Жогорку Сотунан айырмаланып, Франциянын конституциялык кеңеши мыйзамдарды өз алдынча жокко чыгара албайт. Мамлекеттик кеңеш аркылуу аракет кылат. Көзөмөлдөө милдетин Италияда 1953-ж. бери жашап келе жаткан Конституциялык сот ишке ашырат. Анын милдети – жарандардын ар-сезимине бийликтин алдында коргоо сезимин кийирүү.

СОТ ИММУНИТЕТИ – *сот бийлигин* алып жүрүүчү катары судьялардын кол тийбестиги; ал тиешелүү органдардын уруксатысыз судья кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылбайт, камакка алынбайт, күчтөп алып келүүгө жатпайт дегенди билдирет. Судья кол тийбестик укугу менен *иммунитетин* пайдаланат, өз статусуна ылайык социалдык, материалдык ж.б. көз карандысыздык кепилдиктери менен камсыз кылынат. Кылмыш үстүнөн кармалгандан башка учурларда, сот камалууга, кармалууга жана жекече тинтилүүгө жатпайт. Судьяга карата кылмыш-жаза иши, мекемелик сот алдында административдик тартип бузуу иши КРнын Башкы прокурору тарабынан гана козголот.

СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯ – бүгүнкү күндөгү солчул күчтөрдүн маанилүү курамдык бөлүгү. «С.-д.» термини XIX к. акырында Европада жумушчу табынын партияларынын түзүлүү мезгилинде пайда болгон. 1918–23-жж. жумушчу социалисттик интернационалдын катарында С.-д-нын реформисттик агым катары идеялык-саясий жана уюштуруучулук калыптануусу болуп өткөн. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин С.-д. көпчүлүк өлчөмдө капиталисттик коомдун парламенттик саясий системасына интеграцияланган. Көп өлкөлөрдө ал мындай система менен бийлик механизминин функция кылуусун камсыз кылуучу күчкө айланган. 1951-ж. С.-д-нын Франкфурт-на Майнедеги эл аралык конгрессиндеги Социалдык интернационал – өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн көптөгөн саясий партиялары мүчө болгон, С.-д-лык кыймылдын эл аралык уюму негизделген. Дээрлик бардык социал-демократтык партиялар анын мүчөсү болушат. Бирок алардын кандайдыр бир бөлүгү башкача аттарды алып жүрүшөт (социалисттик, лейбористтик, жумушчу, эмгекчилердин партиясы). Социнтерн-ге толук *укуктуу* мүчөлөрдүн *статусуна* ээ 52 партия жана консультативдик статусу бар 16 партия кирет. Социнтерндин мүчолору болуп «тектеш уюмдар» – аялдардын социалисттик интернационалы, жаш социалисттердин эл аралык союзу, Агартуунун Социалисттик интернационалы да кирет. С.-д-нын ээлеген позицияларынын бекемдиги 60–70-жж. объективдүү абалдын социалдык ийкемдүүлүк саясатын ишке ашырууга ыңгайлуу болуусу менен шартталат. С.-д. бул саясатты ийгиликтүү ашырууга

жөндөмдүү болгондуктан, калктын көпчүлүк бөлүгү аларды ээрчиген өлкөлөрдө С.-д-лык партиялардын бийликте турушуна олуттуу түрдө эч ким каршы болгон эмес. Өз кезегинде, бул саясаттын өзү С.-д-нын сакталышын гана эмес, массалык колдоолорунун кеңейишин камсыз кылган. 70-жж. ортосунда көптөгөн социал-демократтык партиялар тарабынан согуштан кийинки жылдары теориялык жана практикалык ишмердүүлүктүн негизине салынган маанилүү постулаттарды кайра баалоо жүргүзүлгөн. Өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдөгү коомдук түзүлүштү мактоо, алгач ирет сактык менен, кийин курч сынга алуу менен алмашкан. Профсоюздарда иштешкен социал-демократтык функционерлер күжүрмөн жүрүм-турумга өткөн. Капитализмдин өнүгүүсүндөгү өзгөрүүлөр 80-жж. башында күч алган. 80-жж. экинчи жарымында башталып, азыркыга чейин бүтпөгөн жаңы идентификациялоону издөө процессинде, социал-демократтык кыймылда эки негизги багыт бөлүнүп чыккан. Саясий публицистикада аларды көбүнчө модернисттик жана традиционалдык деп аташат. Бул эки багыт тең реформисттик агымга тиешелүү, ошону менен алар өзүлөрүн революциячыл кыймылдарга каршы коюшкан. Алар өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдөгү коомдук-экономикалык жана *саясий системаны* буга чейин адамзат тарыхында болуп өткөн системалардын эң рационалдуусу деп таанышат. Ошол эле мезгилде багыттардын экөө тең чындыкка неоконсервативдик мамиле жасоо менен бирге ага негизделген экономикалык жана социалдык саясаттын жагымсыздыгын белгилешет. С.-д-нын бүгүнкү күндөгү эки багыты тең өнүккөн капиталисттик өлкөлөрдүн экономикалык, социалдык жана саясий өнүгүүсүнүн неоконсервативдик моделине *альтернативдик* – неоконсерваторлор сунуш кылгандан социалдуурак, гумандуурак моделди каршы коюуга өзүлөрүнүн жөндөмдүүлүктөрүн жана мүмкүнчүлүктөрүн жарыялашат. Традициялык багыттагы партияларга мурунтан эле өнөр жайлык жумушчу табы, профессионалдык союздар жана жумушчу *кооперативдик кыймылдар* менен тыгыз байланыш мүнөздүү. Алар эреже катары, эмгекчилердин кызыкчылыктары үчүн экономикалык жана *саясий күрөштүн* туруктуу салттарына ээ болуп, өз өлкөлөрүндөгү *саясий маданиятта* кубаттуу, терең тамыр жайган. Экинчи багыт – модернисттик жумушчу табы, профессионалдык уюмдар менен анча тыгыз байланышпаган партияларды жана партиянын ичиндеги топторду бириктирет. Жумушчу табынын колдоосу үчүн курч атаандаштык шарттарында, модернисттик агымга кошулган партиялар өзүлөрүнүн табигый социалдык базасынан тышкары таасирге ээ болууга умтулушат. Бара-бара өнөр жай жумушчуларынын кызыкчылыгын коргоо бул партиялар үчүн маанилүү болуудан калат да, алар өндүрүштүн жаңы тармактарында эмгектенишкен акыл эмгегинин кызматчыларынын топторуна, илимий-техникалык жана гуманитардык *интеллигенциянын* ортоңку катмарына (технологиялык революциянын зарылчылыктар менен тыгыз байланышкан) багытталган уюмдарга кайрадан уюмдашат.

СОЦИАЛДЫК АПАТИЯ – социалдык пассивдүүлүктүн эң четки формасы. *Саясий катышуунун* ар кандай формаларын четке кагуу.

СОЦИАЛДЫК КЕПИЛДИКТЕР – коомдун мүчөлөрүнүн социалдык-экономикалык укуктарынын ишке ашуусун камсыз кылуучу материалдык жана юридикалык каражаттар. Эмгекке, эс алууга, турак-жайга, акысыз билим алууга жана медициналык жардамга, карылыкта материалдык жактан камсыз болууга жана ишке жөндөмдүүлүгүн жоготкон учурда ж.б. болгон укуктар. С.к-тер социалдык *саясат* менен камсыз кылынат. С.к-тин көпчүлүк түрлөрүнүн материалдык негизи катары мамлекеттин жана ишканалардын социалдык фонду саналат – улуттук кирешенин бир бөлүгү, коомдун мүчөлөрүнүн социалдык артыкчылыктуу суроо-талаптарын социалдык камсыз кылууга жана акысыз же жеңилдетилген негизде (билим берүүдө, ден-соолукту сактоодо ж.б.) канаттандырууга багытталган. С. к-тин өзгөчө түрү болуп – *мыйзамдуу* бекитилген социалдык жеңилдиктер, б.а. калктын белгилүү бир катмарына (Мис., эмгек жана жашоо шарты начар) көрсөтүлүүчү өзгөчө социалдык укуктар жана мүмкүнчүлүктөр; ошондой эле аялдар, жаштар,

майыптар, карылар сыяктуу социалдык-демографиялык топтор.

СОЦИАЛДЫК КОНФЛИКТ (лат. conflict – кагылышуу, тирешүү) – адамдардын жыргалчылык проблемалары, *статусу*, бирдиктүү ишмердүүлүгүнө жана ой-пикири боюнча, кызыкчылыктарынын, көз караштарынын, салт-санааларынын, артыкчылыктарынын жана жүрүм-турум максаттарынын дал келбөөсүнөн улам пайда болгон социалдык-таптык күчтөрдүн кагылышуусун туюнткан түшүнүк. С. к. индивиддердин, таптардын, башка социалдык катмарлардын ортосундагы социалдык биримдик менен жалпы коомдун ортосундагы өз ара мамилелердин өзгөчө түрү болуп саналат. С. к-тин генетикалык булагы – социалдык – таптык, этностук жана *инсандар* ортосундагы карама-каршылыктар. Алар конфликтке түз алып барбайт, аларды өз убагында таап, чечүүгө мүмкүн. Социалдык процесстердин ушундай өнүгүүсү көбүрөөк колдоого ээ, себеби, ал ачык конфликтке жол бербөөгө мүмкүндүк берет. С. к. коомдун өнүгүү тарыхынын бардык мезгилдерине объективдүү түрдө таандык. Бул азыркы учурдун социалдык бытиесинин да реалдуулугу С. к-тер жараткан карама-каршылыктар сыяктуу эле ар түрдүү, алар субъекттери, чыгуу масштабы жана формалары, курчуу даражасы жана чечүү ыкмалары боюнча айырмаланышат. Эреже катары, С. к. көп деңгээлдеги мүнөздө болушат да, бул же тигил жол менен коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө өзүлөрү жөнүндө билдирет. Алардын мазмуну, тескөө жана чечүү ыкмалары коомдун жана мамлекеттин тиби, экономика, социалдык чөйрө, *демократия*, руханий маданияттын өнүгүү деңгээли, ошондой эле конфликттер жана аларды жеңүүнүн ыкмалары жөнүндөгү илим – конфликтологиянын абалы менен шартталат. С. к-тин коомдук ролу алардын функцияларында билинет. Социалдык көзөмөлдөнүүчү конфликттер алардын өздөрүнүн субъекттеринин ортосундагы мамилелердин жакшырышына, кадыресе өз ара мамилелердин жаңырышына, коомдук-системадагы социалдык-саясий тең салмактуулуктун калыптанышына жардам берет. С. к. социалдык субъекттердин мамилелериндеги карама-каршылыктарды ачуу менен бирге, конфликттешкен тараптардын позициясын, кызыкчылыктарын, максаттарын тереңирээк билүүгө мүмкүндүк берет. Бул болсо алардын позицияларынын жакындоосунун жолун жана ыкмаларын оптимизациялап, мурдагы социалдык багыттарын тактоо, өзгөртүү, оңдоо зарылчылыгын көрсөтөт. Жалданма эмгектин жумушчулары толук же кайсы бир деңгээлде жеңишке жеткен учурда, конфликт алардын материалдык, социалдык, укуктук абалынын жакшырылышына алып келет. Бул болсо С. к. объективдүү түрдө коомдун прогрессивдүү өнүгүүсүн тездетүүгө жөндөмдүү экендигин билдирет. Ошону менен бирге С.к. коом үчүн жаңы кыйынчылыктардын кескин түрдө курчушуна, тигил же бул коомдук системанын дезинтеграцияланышына, кээде кулашына алып келет; ошондой эле коом үчүн маанилүү материалдык жоготуулар, социалдык уу-чуулар болуп, *бийлик* механизминде терс өзгөрүүлөрдү чакыруусу мүмкүн. С.к-ти чечүү боюнча өз убагында тийиштүү чараларды кабыл албоо анын курчушун тереңдетет. Бул процесс көзөмөлдөн бошонуп, тараптардын өз ара мамилелеринин кризисине алып келүүсү мүмкүн. Кризис стадиясында ал саясий *кризиске* өсүп жетилет. Коомдун өнүгүүсү менен социалдык мамилелердин татаалданышы күчөйт. С. к-тин экономикалык жана саясий кризистер менен өз ара байланыштары көп түрдүү, динамикалык боло баштайт. Калктын бардык катмарынын негизги кызыкчылыктары козголгон коомдук системанын түп тамырынан бери кайра курулуу мезгилинде С. к-тин масштабы жана курчтугу кескин жогорулайт. Социалдык - экономикалык жана *саясий модернизациялоонун татаал* этабын башынан өткөрүп жаткан өлкөдөгү бүгүнкү күндөгү кризистик абал социалдык конфронтациянын таркалуу чегин кеңейтип, мүнөзүн өзгөрткөн. С. к-ти коомдук прогресстин кызыкчылыгы үчүн алдын алуу, жеңилдетүү жана аны чечүү актуалдуу маселелерден. Практикада бул проблемаларды чечүүдө мүмкүн болгон саясаттын моделин айтып берүүдө. Ага ылайык төмөнкүлөр сунуш кылынат: 1) кризис алдындагы кырдаалды,

конфликттин себептерин системалуу анализдөө, анын мүнөзүн, конфликттеги тараптардын жана алардын социалдык потенциалын табуу, аныктоо; кризистин жайылуусуна таасирин тийгизген башка факторлорго баа берүү (салт, дин, саясий партиялардын, коомдук уюмдардын позициялары); 2) конфликттин өсүшүнүн жана кесепеттеринин, кризистен кийинки анын катышуучуларынын жүрүм-турумунун мүмкүн болгон варианттарын жана аны тескөө боюнча болжолдуу аракеттерди алдын-ала аныктоо; 3) анын өзгөчөлүктөрү, мүмкүндүктөрү жана каршылаш тараптардын ресурстарын эске алуу менен С. к-тин максатын жана чечүү жолдорун негиздөө; 4) конфликтти чечүү боюнча ишмердүүлүктүн түрдүү варианттарын колдонуу: коргонуучу (конфронтациядан кетүү, баш тартуу); басып алуучулук (артыкчылыгын пайдаланып, эркин талуулоо, алдын-ала аракеттерди жасоо); кызматташтык (келишимдерди, *компромисстерди*, өз ара макулдашуунун негизинде колдонуу); үчүнчү тарап, ортомчуну колдонуу (көз карандысыз комиссия, аткаруучу, мыйзам чыгаруучу бийликтердин, соттун, арбитраждын өкүлдөрүн). Акыркы эки вариант өз ара пайдалуу келип, практикада ага көп токтолушат, ал конфликттин бардык катышуучулары тарабынан тандалат. С. к-ти чечүүдө варианттуу тандоо анын мүнөзүнүн, конфликтеги күчтөрдүн катышынан, өлкөдөгү, региондогу социалдык климатка көз каранды. Кризисттик кырдаалды ийгиликтүү башкаруу, анын кызматташтык саясатынын жардамы менен жеңүү үчүн коомдун реалдуу демократташтырылышынын деңгээли, анын руханий-нравалык бышып жетилүүсү, мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, соттук бийликтин, *жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын* ишинин эффективдүүлүгү, каршы турган социалдык күчтөрдүн *лидерлеринин* компетенттүүлүгү, авторитети жана социалдык бышып жетилүүсү зор мааниге ээ. С. к-ти чечүүнүн укуктук механизмин гана эмес, цивилизациялык ыкма менен конфликттин өнүгүүсүн башкарууга, компромисс, келишим, ортомчул пайдаланып аны чечүүгө жөндөмдүү атайын даярдалган адистер да зарыл.

СОЦИАЛДЫК МАМИЛЕЛЕР – өндүрүштө жана коомдогу башка чөйрөлөрдө ар түрдүү абалга ээ, эмгектин мүнөзү, профессионалдык даярдыгы, *улутка* таандык болушу, жашоо жол-жобосу, *статусу* кирешелердин деңгээли жана булактары боюнча айырмаланган түрдүүчө функцияларды аткарган адамдардын социалдык топторунун ортосундагы көп түрдүү өз ара байланыштардын системасы. Таптар, социалдык топтор жана катмарлар, этностук биримдиктер – С. м-дин негизги субъекттери болуп саналат. Алардын жыйындысы коомдун социалдык структурасын түзөт. Алардын социалдык иерархияда алган орду барыдан мурда өндүрүш каражаттарына карата мамилеси, эмгектин коомдук уюшулушундагы ролу менен аныкталат. С. м-дин өнүгүүсүнүн, өзгөрүшүнүн, татаалданышынын объективдүү негизи болуп өндүрүш күчтөрүнүн өнүгүүсүнүн зарылчылыгы, коомдогу, анын руханий турмушундагы түп тамырынан берки экономикалык жана саясий кайра түзүүлөр саналат. Алардын деңгээли жана багыты С. м-дин динамикасынын мүнөзүн жана багытын аныктайт. Бул объективдүү процесстерге активдүү түрдө саясий *бийлик* кийлигишет. Ал коомдук прогресстин зарылчылыктарын эске алуу менен С. м-дин өнүгүүсүнө жардам берет. Же аларга карата пассивдүү болушу жана алардын табигый кыймылынын жүрүшүнө тоскоолдук түзүшү да мүмкүн. Ар бир коомдогу С. м. татаал структураны берет. Анын өнүгүшү социалдык биримдиктердин түрдүү мүмкүнчүлүктөрүн, алардын жашоо ишмердүүлүгүнүн шарттарын, бирдей эмес статустарын чагылдырат да, объективдүү түрдө социалдык карама-каршылыктарды пайда кылат. Социалдык катмарлар менен топтордун түпкү кызыкчылыктарынын толук же бөлүгү менен дал келишинде алардын ортосундагы карама-каршылыктардын бирден бир кызыкчылыгын эсепке алуу менен чечилиш мүмкүнчүлүктөрү бар. Ошону менен С. м. кызматташтык, өз ара жардам берүү, союздун формасын кабыл алат. Социалдык топтордун түпкү кызыкчылыктарынын дал келбөөсү же кагылышуусу алардын ортосундагы карама-каршылыктардын курчуп, антагонисттик мүнөзгө ээ болушуна, кастык мамилелердин орношуна алып келет. Мындай мамилелер катаал конфронтация, түрдүү

конфликт, социалдык жарылууларга алып келүү коркунучун туудурат. КМШ өлкөлөрүндө жүрүп жаткан демократтык кайра куруулар бардык социалдык топтордун жана катмарлардын кызыкчылыгын коргоп, С. м-дин жаңы субъекттерин – ишкерлер, арендаторлор, фермерлер, банкирлер ж.б. пайда кылды. Бул процесстер социалдык-экономикалык, *саясий кризис* шарттарында жайылууда. С. м-дин мүнөзү айрыкча социалдык-таптык жана улут аралык мамилелердин курчушуна байланыштуу олуттуу өзгөрдү. Мурдагы СССРдин аймагында бир катар региондордо алар коом үчүн коркунучтуу конфликттер менен коштолууда. Бул шарттарда эффективдүү экономикалык *реформалар* жана калктын бардык катмарларын социалдык коргоонун кубаттуу системасы бар рынок экономикасынын бекитилишин; С. м-дин прогресси үчүн укуктук негизди, коомдун жана анын мүчөлөрүнүн кызыкчылыктарын эсепке алуу менен аларды тескөө механизмин түзүү зарыл.

СОЦИАЛДЫК МАМЛЕКЕТ – социалдык карама-каршылыктардын алдын алуу жана кылмыштуулукка каршы күрөшүү, элдин жакыр катмарына жардам берүү, билим берүү жана кесиптик билим берүүгө жардам берүү, адам укугун коргоого, ден-соолукту коргоо системасын мамлекеттештирүүгө, элге камкордук көрүү тармагында адрестик социалдык коргоо системасын өз убагында түзүү жөндөмү бар мамлекет.

СОЦИАЛДЫК МИМИКРИЯ (англ. mimicry – тууроо, маскировкалануу, social; нем. mimikry, soziales) – чөйрөнүн жүрүм-турумун жана ойлорун туураган индивиддин же топтун коргонуу куралы.

СОЦИАЛДЫК ПАССИВДҮҮЛУК – социалдык-экономикалык жана саясий тартипти өзгөртүүгө жана жакшыртууга багытталган ишмердүүлүктө активдүү катышууну каалабоочулук, социалдык каршылыктардын курч формаларында – жүрүштөрдө, митингдерде, иш таштоолордо ж.б. катышуудан баш тартуу. С. п. өзгөчө социалдык түзүмдөн чыгып калган маргиналдык катмарга, социалдык уюмдун салттык формалары жана массалык байланыш каражаттарынын таасири менен курчалбагандарга мүнөздүү.

СОЦИАЛДЫК САЯСАТ (лат. sociolog – коомдук) – социалдык чөйрөнү жана *социалдык мамилелерди* теске салуу боюнча *мамлекеттин* жана коомдук уюмдардын ишмердүүлүгү; калктын турмуштук маанилүү керектөөлөрүн камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын жыйындысы. Бул же тигил өлкөдө С. с-тын эффективдүүлүгү кандай даражада адамдын жашоосу, анын эмгегинин жана эс алуусунун, тиричилигинин шарттарынын жакшыруусу, ден-соолугунун чыңалуусу, аң-сезими менен маданияттын жогорулоосу, этностор жана инсандар аралык мамилелердин өркүндөөсү, декларациядагы укуктар жана эркиндиктердин сакталуусу менен аныкталат. С. с. түрдүү экономикалык, уюштуруучулук, укуктук, өздүк, социалдык, культурологиялык, экологиялык, инсандык – ченемдерге ээ. Ушуга ылайык коомдо жүргүзүлгөн С. с-тын объективдүү критерийлери, сандык жана сапаттык мүнөздөмөлөрү бар. Алардын ичинде социалдык акыйкаттык принцибинин практикалык иш жүзүнө ашуусу; адамдардын түрдүү топторунун социалдык кызыкчылыктарын эсепке алып, алардын рационалдуу зарылчылыктарын канааттандыруу; калкты, анын ичинде айрыкча аз мүлктүү катмарларды, балдарды, карыларды, жумушсуздарды, катуу ооруларды коргоо зор мааниге ээ. С. с. өзүнүн тескөөчү функциясы шаар менен кыштактын ортосундагы, акыл жана күч эмгегин пайдалангандардын, түрдүү улуттардын, элдер менен этностук топтордун, таптардын жана топтордун ичиндеги катмарлардын ортосунда, кесиптик жана башка бирикмелердин мамлекет менен индивиддин ортосундагы мамилелерди камтыйт. С. с. аркылуу социалдык мамилелерди жакшыртуу даражасы бир катар факторлордон, анын ичинде мамлекеттик жана коомдук түзүлүштүн, материалдык-техникалык базанын өнүгүүсүнүн, *демократия* жана *демократтык ыйымылдардан*, коомдун салт-санаасынан жана маданиятынан, адамдардын калыптанып калган жашоо жолунан көз каранды. С. с. мамлекеттик жана коомдук башкаруу жана тескөөнүн айрым механизмдеринин жардамы менен, социалдык мамилелер тармагында мыйзам чыгаруу акцияларын иштеп чыгып аны ишке ашыруу,

социалдык программаларды, анын ичинде экологиялык *саясаттын* чегинде, социалдык абал жана өнүгүү суроолору боюнча айкын чечимдерди кабыл алуу жолу менен иш жүзүнө ашат. Өнүккөн С. с. коомдун прогрессивдүү өнүгүүсүнүн маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири.

СОЦИАЛДЫК СТРАТИФИКАЦИЯ (лат. stratum – катмар, facio – жасаймын) – бүгүнкү күндөгү социологиянын борбордук багыттарынын бири; коомдогу социалдык структураны жана теңсиздиктин өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн издеп, таап жана түшүндүрүүнү алдына милдет кылып коёт. Ар бир коом үчүн абалдары кандайдыр бир анык белгилер боюнча айырмаланган, кандайдыр бир деңгээлде калыптанган катмарлардын, топтордун, индивиддердин жиктелүүсүнүн болушу мүнөздүү. Эң ирисинен майда структурасына чейинки универсалдык сүрөтүн түзүүгө багытталган. С. с. жөнүндөгү илим социалдык түзүлүштөрдүн ушул касиетин пайдалануура умтулат. С. с. теориясынын чегинде страт деп түрдүү критерийлер менен, мис., экономикалык, улуттук, жыныстык же жаштык принциби, кесиптик тиешелүүлүгү же билими боюнча бөлүнүп чыккан таптан кичине катмарга, топко же маргиналдуу топко чейинки социалдык түзүлүш түшүндүрүлөт. Стратификациялардын жана алардын бөлүп чыгаруучу параметрлердин саны практикалык түрдө чексиз. Бирок алардын коомдун жашоосундагы чыныгы маанилүүлүгү бирдей эмес. Байлык, кадыр-барк жана бийлик иерархиясын түзүүчү таптарга, катмарларга коомдун бүлүнүү фактысы адаттагыдай эле өзүнө илимий ойдун көңүлүн бурдуруп, бирдей эмес чечимдерге алып келген. Ошондуктан бүгүнкү күндөгү социология жана саясат таануу С. с-ны ар тараптуу изилдөөнүн зарылчылыгынан улам келип чыгат. Анда социалдык жиктелүүнүн бардык маанилүү белгилеринин бардыгы камтылышы керек. Бул же тигил белгилердин маанилүүлүгү изилдөөчүнүн жалпы позициясы, берилген факторлордун коомдун жашоосундагы жана өнүгүүсүндөгү ролуна берген баасы менен аныкталат. С. с. экономикалык, социалдык, биологиялык ж.б. багыттары боюнча изилдөөлөрдүн багыттооло-рунун артыкчылыгынын болушу ушуну менен байланышкан. Окумуштуулардын көпчүлүгү С. с. теориясынын төмөнкү негизги параметрлерин: *бийлик*, байлык, билим, диний же улуттук тиешелүүлүк, үй-бүлө, этностук топтогу позициясын бөлүп чыгарышкан. Өткөндү жана бүгүнкү күндө социалдык структураларды өзгөртүү тенденцияларын орнотууга мүмкүндүк бергендиктен берилген параметрлер өзгөчө мааниге ээ. Ошол эле учурда кайсы бир белги боюнча С. с. жүргүзүү мүмкүнчүлүгү позитивдүү илимий натыйжаларды берүүсү мүмкүн. С. с-нын маселелерин иштеп чыгуунун жүрүшүндө өзгөчө мааниге социалдык кубулуштарды классификациялоонун негизинде кандай критерий (критерийлер) болушу керек деген суроо ээ. Азыркы учурда жумушчулардын көпчүлүгү пайдалуу классификациялоону бир критерий же белгинин базасында түзүүнүн мүмкүн эместигинде токтолушууда. Себеби, бир белги же критерий бардык суроо-талапка жооп бере албайт. Бул маселени параметрлер системасын түзүү жолу менен чечүү мүмкүнчүлүгү болууда.

СПИЧРАЙТЕР (англ. speech – сөз, writer – жазуучу) – расмий автору катары чыгып сүйлөөчү адамга сүйлөө текстин түзүп берүүчү. Эреже катары С. – жетекчинин кеңешчиси же жардамчысы катары иштейт.

СТАГНАЦИЯ (фран. stagnation, лат. stagnare – кыймылсыз кылуу, токтотуу) – *саясат таануда*: коомдук жашоодогу туруп калуу.

СТАТУС – катмардын, топтун же индивиддин социалдык системадагы абалынын комплекстүү көрсөткүчү, *социалдык стратификациянын* маанилүү параметрлеринин бири. С-тун негизги компоненттери катары: биринчиден, берилген социалдык элементтин коомдогу позициясы анын объективдүү мүнөздөмөсүнөн (теги, жынысы, жашы, билими ж.б.) улам келип чыгат; экинчиден, коомдун берилген позициянын орду, ролу жана мааниси жөнүндөгү элеси эсептелет. Ушуга ылайык С. ардак, урмат, кадыр-барк сыяктуу категорияларда аныкталат, ал эми анын жоголушу жогорку каситтердин жоктугун билдирет. Аны *М.Вебер* индивид-

дердин позициялардын барктуулугу, алардын коом тарабынан позитивдүү (оң) же негативдүү (терс) бааланышы деп түшүнгөн. Ушундан улам С. коомдогу топтордун жана индивиддердин мамилелерин аларга белгилүү жүрүм-турум нормаларын, белгилерин жана мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн бекитүү жолу менен тескөө механизми катары маанилүү ролу келип чыгат. Бул болсо кадыр-барктын белгилүү иерархиясы жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берет. Коомдук мамилелердин убакыт өткөн сайын өзгөрүп туруучу ар түрдүү статустук топторго бөлүнүшү коомдун жиктелишин изилдөөгө жол ачат. Статустук топтордун ортосунда конфликт ар бир топтун өзүнүн С-ун коргоо жана жогорулатуу үчүн объективдүү умтулуусунан улам келип чыгат. Ал эми С-ту коргоо жана аны жогорулатуу башка топтордун жана индивиддердин ар дайым басып алуусу менен оорчулукту туудурууда. Ар бир индивид ар түрдүү ишмердүүлүктүн чөйрөсүндө башка индивиддер менен мамиле түзгөндүктөн, бир эмес, көп сандагы С-ка ээ. Анын ар бири индивиддин өзгөчө статустук топко тиешелүүлүгүн аныктайт. Андан тышкары, бир эле индивид түрдүү параметрлер боюнча дал келбөөчү же карама-каршы кызыкчылыктуу С-тук топторго тиешелүү болуп калуусу да мүмкүн. Бул болсо анын алдында тандоо проблемасын коёт. Чынында социалдык стратификация системасындагы орду жана белгилүү функцияларды так аткаруусу берилген индивидге белгилүү С-ту бекитүүнү камсыз кылат. Индивиддин С-у менен, алар ойногон социалдык ролдун ортосунда тыгыз байланыш бар.

СТАТУС-КВО (лат. statusquo – кайсыл бир абалда) – кандайдыр бир өкүм сүрүп аткан же белгилүү мезгилде болгон фактылык же укуктук абалды белгилөө үчүн эл аралык укукта пайдалануучу термин. С.-к. калыбына келтирүү – болуп өткөн өзгөрүүлөргө чейин өкүм сүргөн абалга кайрылуу.

СТЕРЕОТИП, с а я с и й (гр. stereos – катуу жана typos – из, так) – *саясий мейкиндиктин* түзгөн *саясий аң-сезимдин* же иш-аракеттин туруктуу жана массалык кубулушу. С-тер саясий иерархиянын бардык деңгээлинде кайра өндүрүлөт, ойлонбостуктун жана рационалдыктын чөйрөсүн иреттештирет, ошондой эле саясий практикада басымдуулук кылат. С. коомдо биримдикти түзгөн жана элитанын башкаруучулук ишмердүүлүгүн жеңилдетүүчү саясий клишенин, шаблондордун жана трафареттердин кызматын аткарат.

Саясий С-сиз *саясий уюм* мүмкүн эмес, анткени алар инсандын экстериоризациясы жана анын социалдашуусунун шарты катары чыгышат. Терс мааниде С-тер саясаттын туруктуу кубулуштарын билдирет, алар чындыкка туура келбейт, бирок тастыкталган, түптөлгөн болуп саналышат. Саясий С-тер ар кандай феномендерди билдириши мүмкүн, терең идеологиялык аксиомалардан баштап тышкы учурларга чейин, мис., саясаттардын имиджине болгон мода. С. оң жана терс мааниге ээ болушу мүмкүн. Алар аң-сезимге реалдуу чындыктын түртүү таасири астында түшүнүү менен жана түшүнүүсүз киришет. Терс С-тер – бар болгон саясий структураны, анын элитасынын ишмердүүлүгүн алибилештирет. Ар бир *саясий тутум* алибилештирүүгө муктаж, биринчи кезекте, калктын кызыкчылыктарына адекваттык эмес, мамлекетке бүтүндөй же саясий түзүмдүн практикасынын жана идеологиясынын ортосунда бөлүнүү болсо. С-тер менен өзгөчө тоталитардык мүнөздөгү саясат жүктөлгөн. С-тер оппозициянын, электораттын ж.б. болуп бөлүнөт.

СТРАТЕГИЯ жана ТАКТИКА, с а я с и й (гр. strategia – аскер + taktika – аскерлерди түзүү искусствосу) – *саясий ишмердүүлүктүн* негизги жолун жана аны ишке ашыруунун ыкмаларын белгилөө үчүн колдонулуучу түшүнүк; *партиялардын, мамлекеттин* жана коомдук биримдиктердин жана кыймылдардын программалык жана башка иш кагаздарында аныкталат. С. *саясаттын субъекттери* алдына койгон ири масштабдагы маселелер менен иш алып барат. Анда максаттар жана ага жетишүү үчүн негизги каражаттар союздаштар менен *оппозицияны* камтыган саясий күчтөрдүн болжолдуу орун алышы калыптанат, кыймылдын жакынкы арадагы жана бүтүүчү чектери белгиленет. С. тарыхый жагдайдын, массалык

аң-сезимдин реалдуу абалынын орноп жаткан социалдык-саясий *кырдаалдардын* шартында стратегиялык ыкмалары жана жолдорунун жыйындысы. Ал бүткүл кыймыл үчүн эмес, көбүнчө анын айрым мезгилдери, айкын маселелерди чечүү үчүн иштеп чыгарылат. С. ж. т-га ылайык келген ишмердүүлүктүн субъекттеринин саясатын белгилүү көрсөтмөлөрдө, багыттарда, түздөн-түз саясий, экономикалык, социалдык практикада «материалдаштырат». Анда белгилүү социалдык күчтөрдүн кызыкчылыктары чагылдырылат. Тарыхый процесстин объективдүү мыйзамдарына таянып, коомдун прогрессивдүү катмарларынын кызыкчылыктарын чагылдырат. С. ж. т. илим жана искусствонун деңгээлине чейин жогорулайт. Бул тарыхый процесстин объективдүү мыйзамдарын канчалык толугураак чагылдырган сайын, саясий С. ж. т-нын коомдук өнүгүүгө активдүү таасири ошончолук жогорулайт. Кыргыз Республикасынын азыркы мезгилдеги саясий С. ж. т-сы төмөнкүлөрдү өзүнө камтыйт: башкарууга кеңири коомдук катмарды, биринчи кезекте, эмгекчилерди тартуу жолу менен *бийликти* иреттүү түрдө демократташтыруу, саясий партиялардын жана кыймылдардын ортосундагы *консенсус*, жалаң эле көпчүлүктөн эмес, азчылыктын да кызыкчылыктарын эске алган, өз ара ыңгайлуу чечимдерди табуу, *конфликттерди* чечүүдө «күч» колдонуу методдорун колдонууга жол бербөө, өлкөнүн өнүгүү келечегин аныктоодо чет өлкөлүк таасирлерге жана орой кийлигишүүлөргө жол бербөө, улуттук биримдикти көздүн карегиндей сактоо ж.б. Илимий негизделген саясий С. ж. т-нын болушу төмөнкүлөргө жол бербейт: массанын аң-сезимин бурмалоо жана алдоо; алардын кызыкчылыктарын көзгө илбөө; жүргүзүлгөн аракеттердин тобокелчилиги жана опурталдуулугу; саясий акциялардын шашылыш жана текшерилбей жүргүзүлүшү; *оппозиция* менен күрөшүүдө *цивилизациялык* эмес каражаттарды колдонуу, улуттук маанидеги чечимдерди кабыл алууда олуттуу каталарды кетирүү ж.б. Эгер буларга жол берилсе, анда улут жана мамлекет бөлүнүп-жарылууга учураары шексиз. *Саясаттын* ачыктыгы, маалымдуулугу, калк менен кеңешүү жана анын алдында отчёт берүү эң зарыл. Ошондо гана масса демократтык кайра курууларды колдоп, жигердүү жана чечкиндүү аракеттерге барат.

СТРУКТУРАЛЫК САЯСАТ – бул жалпы мамлекеттик, ички жана тармак аралык, ошондой эле аймактык зарыл болуучу шайкештиктерди калыптандырууга жардам берүүчү чаралардын тутуму. С. с. чарба комплексинин жана анын тармактарынын бир калыпта, ыңгайына карата өнүгүшүн, экономиканы интенсивдештирүү жана анын натыйжалуулугун жогорулатууну, илим менен техниканын жетишкендиктерин билгичтикте кеңири пайдаланып, өндүрүштүн өзөгүн техникалык жактан өркүндөтүүнү, букара элдин жашоо-тиричилигин жогорулатуу чечимдерин камсыз кылууга үндөлөт. Бул эң алды менен *инвестициялык саясат* менен тыгыз байланыштуу жана ишканын, региондун же өлкөнүн экономикасынын өнүгүшүнө олуттуу таасирин тийгизет. Азыркы кезде ишке ашырылып жаткан базар мамилесине өтүү шартында экономиканын тутумун олуттуу түрдө кайра курууну талап кылат. Бул процесстин түпкү маңызы келип төмөндөгүлөргө такалат: биринчи кезекте мүмкүн болуучу түрдүү товардын арбын санын чыгарып, калк үчүн түркүн тейлөөлөрдү көрсөтүп жаткан тармактарды ыкчамдатып тез өнүктүрүү менен чарба комплексинин кубаттуу керектөө секторун түзүү. С. с-тын экинчи бир багыты – чарба комплексинин жана өнөр жайынын бардык тармактарын техникалык жактан өркүндөтүү, ресурстук салымдарга багыт жасап, ички жана тармак-аралык шайкештиктерди тартипке салуу, чийки заттарды (сырьёлорду), күйүүчү майларды, энергияларды ж.б. ресурстарды пайдалануда ысырапкерчиликке жол бербөө жана чарбасыздыкка бөгөт коюу эң негизгиси болуп саналат.

СУННА (араб. – жол, өрнөк, үлгү) – укуктун жана диний табынуунун, коомдук турмуштун принциптери менен *Куранга* түшүнүк берүүнүн негиздеринин бири, *пайгамбардын* жүрүм-туруму менен айткандары.

СУННИЗМ – исламдын багыттарынын бири. Анын тарапкерлери өздөрүн ахль ассунна (суннанын адамдары) деп карашып, *шиизм* тарабынан бурмаланган, *пайгамбар*дын окуусун бирден бир туура колдонуучулар катарында эсептешет. Формалдуу түрдө *суннит*тер деп, биринчи төрт *халиф*ти тааныганды, *хадис*тердин диний жыйнактарын чындык деп эсептегенди жана төрт *мазхаб*дын багытынын бирине ылайык жөрөлгөнү, турмуш тиричилик жана социалдык эрежелерди кабыл алганды аташат.

СУФИЗМ (араб. – жүн чепкен кийген адам; кырг. – сопу) – *ислам*дагы мистикалык-аскеттик агым. Мүнөздүү белгилери: аскетизм, Кудайга сыйынуу, өз жашоосунун маңызын бир гана Алла үчүн багыштап жашоо. Дүйнө иштеринен оолак жашоо.

СҮЙЛӨШҮҮЛӨР – инсандан баштап элдердин ортосуна чейинки *конфликт*терди чечүү же жөнгө салуунун жана көйгөйлөрдү чечүүнүн негизги ыкмаларынын бири. Алардын башка ыкмалардан негизги айырмачылыгы – чечимдер жогорку же соттук инстанциялар тарабынан эмес, С-дүн катышуучулары менен биргеликте иштелип чыгат. С. – баарынан мурда биргелешип чечим кабыл алуу процесси. Катышуучулардын саны жана курамына, талкууланып жаткан көйгөйлөрдүн ж.б. кырдаалдардын мүнөзүнө жараша С. ар кандай типтерге бөлүнүшөт. Алар – эки жактуу же көп жактуу; эмгек талаштарын жөнгө салуу боюнча; коммерциялык; ички саясий же эл аралык болушат. Саясий С., б.а. *мамлекет башчы*лары жана өкмөттөрдүн, тышкы иштер министрлеринин, же дипломатиялык деңгээлде жүргүзүлөт. С-дүн көп түрдүүлүгүнө карабастан, алардын бардыгына С-дүн теориясынын предметин түзүүчү жалпы мыйзам ченемдүүлүктөр тиешелүү. Ар кандай С. мазмундук (предмет) жана процессуалдык (аларды жүргүзүү процесси) тарапка ээ. Мазмундук жагы сүйлөшүү концепциясын иштеп чыгуу менен байланышкан маселелердин комплекси: С-дүн предметин түзүүчү көйгөйлөрдү анализдөө, аларды чечүүнүн варианттарын жана аларды ишке ашыруунун шарттарын аныктоо жана баалоо, С-гө конкреттүү позицияны даярдоо тиешелүү. Процессуалдык жагы С-дүн тигил же бул мазмундук натыйжасына жетүү каражаттарын камтыйт. Мында биргелешип чечим кабыл алуунун ар кандай методдору болушу мүмкүн. С. эреже катары үч негизги баскычты басып өтүшөт, эгерде алар макулдашуу менен аяктаса. Биринчи баскыч – тараптардын позицияларын айтып берүү. Анын өтүүсүнүн (аяктоонун) керектүү болгон шарты – С-дүн катышуучулары тарабынан киргизилген конкреттүү сунуштар. Бул баскычтагы башкы чечилүүчү маселе – С-дүн мазмундук алкагын түзүү: талкуулоолордо катышуучулар тарабынан кандай конкреттүү маселелер, көйгөйлөрдүн аспектилери киргизилгендигин аныктоо. Экинчи баскыч – аргументтештирүү. Анын өтүүсүнүн негизги керектүү шарты – өнөктөрдө тактыктын пайда болуусу жана мүмкүн болушунча, келечектеги келишимдердин жалпы контурунун макулдашылган түшүнүүсү. Бул баскычтын өтүүсүнүн сырткы белгиси болуп көпчүлүк учурда долбоорлордун пайда болуусу эсептелет. Үчүнчү баскыч – редакциялоо. Бул баскычта конкреттүү жоболор, келишимдердин майда бөлүктөрү макулдашылат, макулдашуунун акыркы тексти даярдалат. Ар кайсы мамлекеттин өкүлдөрү жана С-дүн ар бир катышуучулары С-дү жүргүзүүнүн жеке стилине ээ. Бул стилдер бири-биринен олуттуу айырмаланып турушат.

СЫДЫКОВ Абдыкерим (1889–1938) – саясий ишмер; тарыхчы жана экономист, бир катар илимий эмгектердин автору: «Кыргыз элинин өнүгүү тарыхынын кыскача очерки» (1925), «Кыргыздардын урууларга бөлүнүшү» (1927), «Отуздардын билдирүүсү» (1925) ж.б. Кыргыз элинин социалдык жашоосу, көп кылымдардан бери салт болуп калган уруулук бөлүнүүчүлүгү жөнүндө С-дун илимий эмгектери негизинен аны республиканын *саясий турмуштан* четтетип койгондон кийин жазылган. Бул эмгектер кыргыз тарыхын тактоодо көп маалыматтарды берет. 20-жж. орто ченинде Кыргызстандагы компартиянын жүргүзгөн саясатына карата официалдуу *оппозициядагылардын* программалык документи катары С. уюштурган жана негизги автору болгон «Отуздардын билдирүүсүндө» жаңыдан күч алып келе жаткан Совет бийлигинин жергиликтүү органдарынын ишмердигине партиялык органдардын обу жок, мыйзамсыз кийлигишүүсүн айыптап, бул багыттын жакшылыкка алып келбесин белгилеп, ушундай катачылыктарды жоюунун жолдорун сунуш кылган. С. алдын-ала эскертип, сезгендей эле, убакыттын өтүшү менен Компартия бүткүл бийликти өз колуна алып, СССРдин жана социализмдин кулашынын негизги себептеринен болуп калды. 1917-ж. жайында С. Пишпекте «Алаш» партиясынын бөлүмүн түзгөн, бирок ал 1918-ж. «кызыл террордун» шарданы менен таркатылган. 1921–22-жж. С. Жети-Суу облаткомдун төрагасы кезинде *Абдрахманов Жусуп* менен таанышып, кийин анын саясий насаатчысы болуп калган. 1922-ж. 1-июнда С. жана анын шакирттери тарабынан Кыргыз Тоолуу облустунун түзүлүшү – кыргыз мамлекетүүлүгүнүн өнүгүүсүндөгү негизги этаптарынан болгон. Өзүнүн чыныгы патриоттук ишмердиги үчүн С. төрт жолу партиядан чыгарылган. Анын артынан уюштурулган аңдуулардын жана куугунтуктоолордун натыйжасында 1938-ж. 18-февралда «контрреволюциячыл уюмду түзгондугу үчүн» деген жалган айып менен атууга кеткен. 1958-ж. 28-июлда акталган.

СЫЙЫНУУ (табынуу) – адамдардын тооташтарга, бак-дарактарга, сууларга, күн күркүрөө менен чагылганга, ар түрдүү рухтарга, ата-бабанын арбактарына, Кудайга жана мазарларга таазим кылышып, курмандык чалып, алардан бир нерсе жөнүндө өтүнүүсү, жалынып-жалбаруусу.

Т

ТАБИЯТТАН ТЫШКАРЫ КҮЧТӨР – мифтик көз караш боюнча табияттын мыйзамдарынан жогору турган жана аларга баш ийбек турсун аларды башкарган, таасир эткен күчтөр-кудайлар, периштелер, жин-шайтандар, ар түрдүү рухтар, дөөлөр ж.б. Т.т.к-гө болгон ишеним үч бөтөнчөлүк менен мүнөздөлөт: 1) ал күчтөргө болгон далилсиз эле ишенүү; 2) андай динге ишенген адамдардын өз мамилесин ар дайым эмоционалдуу (кубаныч, таң калуу, коркуу, жек көрүү ж.б. сезимдер) түрдө көрсөтүү; 3) ал күчтөр адамдардын тагдырын аныктай алат жана адам өз тарабынан ага белгилүү жол менен таасир тийгизип, анын көңүлүн өзүнө бурат, боорукердик мамилесин пайда кыла алат деген ынануусу ичине камтыйт.

ТАБУ – тыюу салуулардын кеңири тараган түзүмү. Аны бузуу *табияттан тышкары күчтөр* тарабынан жазаланат имиш. Тонга аралдарындагы (Полинезия) жергиликтүү элдердин Т. салтын биринчи болуп Ж.Кук изилдеп, китеп кылып жазган (1771-ж.). Полинезиялыктарда кудайларга жана рухтарга таандык багыштоолор, жрецтерге жана башчыларга тийиштүү нерселердин бардыгы Т-ланган. Т-нун калдыгы азыр да (мис., ислам дининде чочко этин жегенге тыюу салынганы) кезигет.

ТАКЫБА – *Ислам*га тиешелүү түшүнүк. Ыйманы бекем болуп, *ибадат*тарын так аткарып, жүрүм-туруму жана адеп-ахлагы жакшы адам Т. деп айтылат. Т. адам, Алланы сыйлаган жана андан коркқон инсан. Т. адам, башкаларга жамандык кылбайт. Ал дайым башкаларга камкор болгон мусулман адам. Алла *Куран*да мусулмандарды такыбалыкта жарышкыла деп буйруган.

ТАЛМУД – иудаизмдин догматтык, диний-этикалык жана укук жоболорунун жыйнагы. Б.з.ч. IV к. – б.з. V к. түзүлгөн. Т. укук жоболорунан, аларды коштогон миф, легенда, аңгеме, жомоктордон куралган. Талмуд адамдын *Кудай* алдында алсыздыгы жөнүндөгү идеяга каныккан.

ТАЛМУДИЗМ – *библиянын* алгачкы 5 китебинде (Торада) келтирилген ырлардан каалаган жоболорду (жыйынтыктарды) чыгарган иудейлик ыкма (казуистика). Бүгүнкү күндө андай ыкманын 32 түрү бар. Адатта Т-де тексттеги тамгаларды алмаштырып, сөздөрдү орун которуштуруу адатка айланган.

ТАРГАН (Targan) – Кыргыз каганатындагы жогорку мамлекеттик башкаруу титулу (VI–XIII кк.), бийик таасирдүү кызмат даражасы,

наамы, коомдогу өзгөчө укуктарга ээ болгон аскердик катмарды (кыргыз коомундагы өзгөчө социалдык катмар) аныктаган. Бул термин же башкаруу институту кийинчерээк Чынгыз-хан жана анын мураскорлору түптөгөн мамлекеттик-башкаруу тутумунда (XIII–XIV кк.) да кабыл алынып, колдонулгандыгы маалым. Кыргыз тилинде: 1. Согуштук куралдарды жасоочу уста; 2. Өтмө мааниде: Ардактуу, касиеттүү, ыйык, кадырлуу, сыймыктуу дегенди туюнтат. Монгол тилинде төмөнкү маанилерде чечмеленет: Дархан. 1. Уста, устакана; Дархан 2. Ыйык, аяр, кол тийбес; 3. Тарых. Мамлекеттин алдында аткарылуучу ар кандай милдеткерликтен бошотулган эркин адам. Бул *мамлекеттик башкаруу* титулу, *бийлик* мансабы кыргыздарда эрте орто кылымдардан эле белгилүү болгон. Сужи-Давандагы (азыркы Монголия) кыргыз жазуу эстелигинде: «...Мен кыргыз баласымын, буйрукмун, Бойла Бага Тарганмын...» – деген маалыматтар бар. Бул титул Түрк каганатында да (VI–VII кк.) белгилүү болгон. Кыргыз кагандарынын өргөөсү жайгашкан Уйбат өрөөнүндөгү (Хакасия) үчүнчү кыргыз эстелигинде: «...Теңирим жалгады (колдоду), калың журтуму, үч уулуму көрбөдүм, мен Тархан Саңгунмун, мен Эл-Чур (Чор) элинин пайдасы үчүн күрөштүм...» – деген маалыматтар бар. Дархандар (тархандар) орто кылымдардагы монгол хандарынын сарайында «кол тийбес укугуна ээ болушкан». Байыркы түрк доорунда темир уста бир эле учурда шамандык жана кагандык милдетти аткаргандыгын аныктаган фактылар бар. Бул мисал темир устанын коомдогу ээлеген ордун чагылдырган. «Манас» эпосунда Даркан деген эпизоддук кейипкер, белгилүү уста баяндалат. Эпостун айрым варианттарында Манас үчүн Даркан ак болоттон кылыч жасап берет. Т. – таанымал чыгыш таануучу Э.Пуллиблэнктин пикиринде титул катары эзелки хунну доорунан эле белгилүү болгон. Чындыгында эле, Кытайдын Хан династиясынын доорундагы хуннулардын «шаньюй» титулу кытай транскрипциясындагы «Targan» маанисине дал келет. Демек, «тарган» (Targan) термини оболу «уруу бирикмесинин башчысы», «мамлекеттин жетекчиси» маанисин туюнтушу ыктымал. Жогоруда келтирилген айрым мисалдардан «дархан» сөзүнүн баштапкы мааниси «эркин», «кол тийбес», «милдеткерликтен бошотулгандар» дегенди түшүндүрөт деген тыянакка келүүгө болот. Демек, бул термин байыркы кыргыз коомундагы салыктан бошотулган, каганга жакын, эркин аскер адамдарынын өзгөчө катмарын, туруктуу аскер бөлүктөрүнүн мүчөлөрүн – түшүндүргөн. Дархан – Ысык-Көл кылаасындагы айылдын аталышы катары да маалым.

ТЕГИН (Tegin) – орто кылымдар доорундагы Борбордук Азиядагы түркий тилдүү мамлекеттердеги кагандык тактын мураскеринин, ханзаданын синонимдеш аталышы. Изилдөөчүлөр титулдун кытай тилинен келип киргендигин белгилешет. Tegin – кытайча tek – «улуу урматтуу, тектүү, жогорку», him – «адам» же «жогорку тектүү адам, киши» маанисин туюнтат. Мис., КүлТегин, Чоротегин ж.б.

ТЕЙЛОР (Taylor) Фредерик Уинслоу (1856–1915) – эмгектин интенсивдүүлүгүн (ургаалдуулугун) максималдуу жогорулатуу жолу менен пайданы алуу максатында өндүрүштү уюштуруу тутумун сунуш кылган америкалык инженер. Эмгекти терендете бөлүштүрүүгө, эмгек кыймылдарын ургаалдаштырууга негизделген. Т-дун тутуму эмгекти терендеп бөлүштүрүүгө, эмгек кыймылдарын ургаалдаштырууга негизделгендиги менен бөтөнчөлөнөт. Т. оригиналдуу ыкманы иштеп чыккан; ал ыкма боюнча жумуштун ар түрү үчүн, хронометраждын жардамы менен ар бир операция жана жумушчу кыймылын тыкандык менен изилдөө үчүн берилген жумушту аткаруунун өтө ургаалдуу ыкмасы аныкталып белгиленген. Тапшырманын жалпы көлөмү өтө майда операцияларга бөлүштүрүлүп, алардын ар бирин мүмкүн болушунча ар кайсы адам аткарууга тийиш болгон. Мында каталыктардын, жайыраактардын, пайдасыз кыймылдардын баарысы четтетилген, бир кыйла ылдамыраактары, оркүндөтүлгөндөрү (жеткилендери) тандалып алынган. Операциялардын аткарылышын көзөмөлдөө үчүн чыгаан күчтүүлөрү, ыкчамдуулары, шамдагайлары жана уздар, чебер жумушчулар дайындалган. Алардын иштеп

чыккандарынын, хронометражда элементке ажыратып, аныкталып белгиленгендеринин көрсөткүчтөрү, кийин бүт бардык жумушчулар үчүн милдеттүү түрдө норма катары белгиленген. Ошондой эле шексиз болчу өндүрүш чыгымдары, өргүүлөр үчүн зарыл болгон минималдуу убакыт да эсептелип чыгарылган. Бул цех деңгээлинде уюштуруучулук структураны түзүүнүн функционалдуу тажрыйбасы деп аталгандын эң алгачкысы болгон.

ТЕМИР КӨШӨГӨ (англ. iron curtain) – сөз айкаштыгы, XVIII к. аягында өрттөн коргоо үчүн сцена жана көрүүчүлөрдүн залынын ортосундагы тосмону атоо үчүн колдонулган. Бирок, XIX к. бул сөз саясий лексикондо да колдонула баштаган. XX к. саясий реалийлерди мүнөздөө үчүн Т.к. термини биринчи жолу Г.Уэллс тарабынан «Машина времени» китебинде колдонулган. Орусияда бул терминди философ В.В. Розанов 1905-ж. революциядан кийин маданиятты жана тарыхты билдирүү үчүн киргизген. Публицист П.Снеуден бул терминди биринчи жолу Советтик Орусияга саякат жасагандан кийин, «Большевиктик Орусия» (1920-ж.) китебинде система катары капитализм менен социализмдин ортосундагы өткөргүс чекти белгилөөдө колдонгон. 1946-ж. 5-мартта Фултон шаарында (Миссури штаты) АКШнын президенти Г.Трумэндин катышуусунда У.Черчиллдин сөзүнөн кийин «Т.к.» деген айтылышы «эркин» жана «коммунисттик» (элдик-демократиялык) мамлекеттердин ортосундагы чекти белгилөө үчүн метафора болуп калган.

ТЕНДЕР (англ. tender – акчаны сунуш кылуу, тейлөө, сунушту жиберүү, мардикерлик бааларга заказ билдирме) – соодалап сатуу, дүңүнөн сатып алуунун формасы. Мында сатып алуучу белгилүү техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрү менен товарга (объектиге, долбоорго, буюмга ж.б.) конкурс жарыялайт; инжирингди кошо алуу менен комплекстүү курулуштар ж.б. жумуштарды аткаруу үчүн жабдууларды дүңүнөн сатып алууга же мардикерчилерди тартууга заказды жайгаштыруунун конкурстук формасы; жазуу жүзүндөгү сунуш, заявка (табыштама), оферта, ошондой эле фьючерстик биржага мөөнөттүү контракт боюнча товар жеткирип берүүгө ниет кылуу жөнүндөгү билдирме; баалуу кагаздарга жазылуу жөнүндө арыз же (дүңүнөн сатып алуу тууралуу билдирүү жасоо, облигациялар же казыналык векселдер базарындагы сунуш каражаттары; товарга болгон жеке чыгымдардын же сурамдын чондуктарына эмес, баарыдан мурда атаандаштардын бааларынан келип чыккан мүмкүнчүлүктөрдүн негизинде ишканалар сунуш кылып белгиленген баа.

ТЕННОИЗМ (жапончо – тенно – асман императору; көктөн түшкөн император) – Жапонияда императорду кудай деп таануган идеология. Т-дин негизги идеялары 1887-ж. императордук бийликти калыбына келтирүү мезгилинде иштелип чыккан жана официалдуу *идеология* катары Мэйдзи *конституциясында* бекитилген. Император «Тирүү кудай» же «киши кудай» катары көрсөтүлгөн. 1889-ж. 11-февралда кабыл алынган Улуу жапон *империясынын Конституциясы* – Т-дин доктринасынын негизинде иштелип чыккан. Бул негизги *мыйзамды* иштеп чыгууда Европа өлкөлөрүнүн Конституциялары кеңири пайдаланылып, көп ойлорду өзүнө камтыса да, Жапониянын жергиликтүү өзгөчөлүктөрү өтө чыгармачылык жана ийкемдүүлүк менен эске алынган. Жыйынтыгында, *монархиялык* түзүлүш мыйзамдуу негизге ээ болушу *саясий эркиндик* жана укуктарды кеңейтмек турсун кайра аны чектөөгө алып келген. XX к. башында капиталисттик мамилелердин өнүгүшү жана социалдык-таптык структуранын өзгөрүшү менен императордун бийлигин чектөө жана парламенттин бийлигин көбөйтүү зарылчылыгы келип чыккан. *Кландык* өкмөттүн ордуна партиялык кабинеттер доору келген, б.а. бийликтин демократиялык механизмдерин орнотуу башталган. 1947-ж. Жапонияда демократиялык Конституциянын кабыл алынышы менен Т-дин өнүгүшүндө жаңы этап башталат. *Демократия* үчүн бийликти кимдер алып барары анча маанилүү эмес. Ал үчүн жогорку бийликтин башында турган адам элдин жыргалчылыгын ойлоп, элдин мүдөөсүн эске алууга тийиш (Н.Есино). Жапония өкмөтү салттык баалуулуктарды эске

алуу менен улуттук биримдиктин идеологиялык платформасын иштеп чыгуунун үстүндө иштөөдө. Жапония монархиясынын өзгөчөлүгү – коомдогу ар кандай өзгөрүүлөргө дайыма так жана ийкемдүү ыңгайлашып, ошону менен бирге эле, өзүнүн салтка ылайык негизги маңызын сактап келгендигинде.

ТЕҢИР, АЛЛА, ЖАРАТКАН – диний түшүнүк боюнча жер жүзүндөгү бардык жансыздарды да, жандууларды да жараткан *Кудай.*

ТЕҢДЕШТИК (лат. paritas – теңчилик) – тараптардын теңдештик өкүлчүлүгүнүн принциби. Арбитраждык соттогу эмгек талаш-тартыштарын макулдашуу тартибинде кароодо кеңири жолугат. Т. теңчилик, теңата, баасы бирдей, тең абал деген түшүнүктү билдирет.

ТЕОКРАТИЯ (гр. theos – кудай, kratos – бийлик — түздөн-түз кудайдын бийлиги) – *мамлекеттин* түрү; мамлекетти башкаруу көбүнчө дин кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт, ал эми чиркөөлүк иерархиянын башчысы жогорку диний жана жарандык *бийликке* ээ. Т-лык мамлекетте жогорку бийлик үстөмдүк кылуучу чиркөөнүн (диндин) башчысына таандык. Ал «тирүү кудай», «кудайдын жердеги элчиси», «биринчи диний кызматкер» ж.б. деп таанылат. Негизги *мыйзам* деп «кудайдын буйругу» – ыйык жазуу саналат. Алгач Т. түшүнүгү жана термини б.з.ч. I к. жашаган Иосиф Флавий тарабынан Иудей падышачылыгынын *саясий түзүлүшүнө* карата пайдаланылган. Ал жерде биринчи жолу диний кызматкер башында турган жрецтердин Т-лык бийлиги орнотулган. Орто кылымда Батыш Европада римдик папалар Папа областынын Т-лык башкаруучулары болуп калышкан да, «христиандык дүйнөнүн» бардыгынын үстүндө Т-ны орнотууга умтулушкан. Көп кылымдар бою Тибетте башкаруунун Т-лык формасы Далай-Ламанын колунда болгон. Өзүнүн эскилигине карабай Т. биздин күндөргө чейин сакталып калган (Ватикан, Иран ж.б.).

ТЕОЛОГИЯ (гр. – Кудай жана окуу) – *Кудай* жөнүндөгү окуу. Т. боюнча кыйла тилдерде жазылган көптөгөн журналдар басылып чыгып, диний окуу жайларда – семинарияларда, академияларда, мектеп-медреселерде сабак катары өтүлөт. Т. ишенимге негизделип, анын чындыгы «ыйык» китептердин кадыр-баркы менен гана аныкталат. Диний окуу боюнча жүздөгөн адабияттар, журналдар, китептер, гезиттер жарык көрүп, окуулар диний окуу жайларда өтүлөт.

ТЕОРИЯНЫН «КААРМАНДАРЫ» жана «ЖЫЙЫЛГАН ТОПТОРУ» – *саясат таануу* жана саясий психология аспектилеринен алганда «каармандар» менен «жыйылган топтор» коом таануу үчүн негизги маселе болуп саналат. XX к. аны үйрөнүүнүн актуалдуулугу – тарыхый процесстин жүрүшүндө эл массаларынын ролунун жогорулашы жөнүндөгү классикалык марксизмдин рухундагы алдын-ала айтууларга карабастан – миллиондордун тагдырына таасир эткен согуштардан, революциялардан, кризистерден болгон социалдык кескин толкундоолордон улам чукул күчөдү. Ырас, тарыхый ишмерлердин («каармандардын») ысымдары менен байланыштуу маселелер келип чыкты: жетекчилер («каармандар») кандай деңгээлде тарых кыймылынын багытына таасир эте алышат? Саясий курстун бурулушу канчалык деңгээлде жол башчыдан («каармандан»), анын жолун жолдоочу жакындардан (структуралык жактан уюшулган жана моралдык жактан мобилизацияланган), кандай массалык маанайлар менен кыймылдардан көз каранды? Ага ылайык, жасалгандарды кандай бөлүштүрүү керек: күнөөнү баарын билген жана баарынан күчтүү «каармандарга» оодаруу керекпи же жыйылган топтун «биз эч нерсе билген эмеспиз» деген кебинеби, ошондой эле партия, репрессиялык аппараттар ж.б. түрүндөгү кайсы бир ортомчу (жана көп учурда аныктоочу) социалдык-саясий тармаккабы? Тарыхтын кыймылдаткыч күчү катары «каармандар» теориясы XIX к. 40-жж. тартып, XX к. 40-жж. чейин эң жакшы аныкталган көрүнүш болгон. Ал Германияда М.Штирнердин, Англияда Т.Карлейлдин, кийинчерээк Орусияда П.Л. Лавров менен Н.К. Михайловскийдин ысымдары менен байланыштуу болгон. «Каарман» XX к. башындагы Орусиядагы маданияттын Күмүш доорунун борбордук фигурасы болгон. «Каармандын» сапаттары тентимиштерге (М.

Горький) дагы, антикалык ишмерлерге (Мережковский) дагы, болочок «укмуш адамдарга» (көпчүлүк символисттер менен А.В. Луначарский) дагы байланыштуу жазылган. Бирок бул учурда «каарман» менен «жыйылган топтун» жакындашуусу, өз ара окшошуусу жүргөн. Дүйнөлүк согуш каармандардын культуна болгон ишенимди күбүп түшүрдү, 30-жж. «жоголгон мууну» бул культту жана анын теориясына кызмат кылгандарды бүтүндөй четке какты. 40-жж. карай бекемделип калган *тоталитаризмдин* тажрыйбасы, Арендттин акыйкат эскертүүсү боюнча, башкаруучу менен башкарылуучулардын ортосундагы каалаган түрдөгү дистанция четке кагылат, эң ар түрдүү вариациялардагы (Ортега-и-Гасет) «массалык көтөрүлүш» жүрөт, тоталитардык импульстар бирдей өтөт, аларды «жол башчыга» жана «массага» айлантуу менен «каарман» менен «жыйылган топту» теңдейт, «жол башчы» «массанын» гана уландысы болуп калат. Тоталитаризмдин келиши менен «каарман» жана «жыйылган топ» теориясын алмаштырган «жол башчы жана масса» теориясы негизинен шарттуу түрдө этнократтык тоталитаризм деп аталган импульстар менен ар түрдүү улуттук кыймылдардын феноменин түшүндүрүү үчүн пайдалуу. «Жыйылган топтун» саясий теориясы анын жүрүм-турумунун иррационалдык негиздери жөнүндөгү өбөлгөлөрдөн өсүп чыгат. Бирок аны аныктоонун жүрүшүндө айрым теоретиктер аны дайыма боло турган, социалдык турмуштан четтетилбей турган, иррационалдуулукка жана баалоодо өзгөрмөлүүлүккө ээ кубулуш катары эсептесе, башкалары – анын акцияларынын аң-сезимдүү мүнөзүнүн багытындагы иш-аракеттерди структуралаштыруу, координациялоо мүмкүндүгүн божомолдошот. Ага ылайык «каарман» деген дагы аларга ар башкача элестелет. Биринчилери үчүн бул «жыйылган топтун» менталдуулугунун жана анын начар эмоционалдык сапаттарынын көрсөтүүчүсү болсо, – экинчилери үчүн практикалык-саясий кыймылдардын уюштуруучусу жана шыктандыруучусу. Саясат таануучу Бридер белгилегендей, жыйылган топ феноменин түшүндүрүүдө биринчи линияны эң ыраатуу кылып Г.Лебон, экинчини В.И. Ленин жүргүзгөн. Лебондун «Жыйылган топтун психологиясы» (1895-ж.) деген классикалык ишинде адамдын жүрүм-туруму тубаса (ата-бабаларынан мурасталган) жана өздөштүрүлгөн (жеке тажрыйбанын жыйынтыгында) көрүнүштөр менен аныкталаары белгиленет. Жыйылган топко кошулуу менен, тактап айтканда, аны түзүү менен, ал «расанын руху» формасындагы инстинктке баш ийет, ал саясий ишмерлерге жана уюмдарга караганда коомдук кызыкчылыктарды адекваттуураак көргөзөт, инстинктке ылайык иш жүргүзөт. Лебондун ою боюнча жыйылган топко анонимдүүлүк, жеке катыштыктын ойгонгон сезими, бирок ошол эле учурда жоопкерсиздик, анын катышуучуларынын башын бириктирип турган психикалык механизм сыяктуу жугуштуулук, механизмдин багыттоочу жүрүм-туруму катарындагы акыл үйрөтүүчүлүк мүнөздүү. Ушинтип эсептөө менен, Лебон *саясий партияларга*, мамлекеттик тармактарга ж.б. караганда жыйылган топ массанын кызыкчылыгын адекваттуураак көрсөтөөрүн белгилесе дагы, жыйылган топтун мүмкүндүктөрүн пессимисттик маанайда баалаган. Ал жыйылган топтун «сеники туура, сеники ырас» дей бергендерине каршы чыккан, аны жыйылган топтун чыгармачылыгы катары баалоо менен революцияны каргаган жана аны массалык истерия менен салыштырган. Ошол эле учурда ал өнөр-жай революциясынын, шаарлардын өсүшүнүн, *массалык маалымат каражаттарынын* таасиринин кеңейишинин аркасында пайда болгон «сойлоп жүрүүчү» жыйылган топтун дагы коркунучтуулугун белгилеген. Кыскартып айтканда, ал кийинчерээк «массалык коом» деген аталышка ээ болгон нерсени алдын-ала көргөн. Дал ушундай жыйылган топко «каарман» (жетекчи), ошол эле учурда анонимдүү жана өзүнүн «жерге конгон» логикасынын күчү менен кадырга ээ болгон, таанылган, аффективдүү каарман керек. Принципиалдык жактан алганда жыйылган топ «жарыктандырылбаган», социалдык турмушка рационалдуу регуляцияны үмүт кылган социализмди Лебон уурдоо жана кылмыштуу жүрүм-турум менен салыштырган. Көп жа-

гынан Лебондун идеясына таяныч катары азыркы теориялар жыйылган топтун төрт түрүн аныкташат: окказиондук, б.а., кокустук себептер менен чогулуп калгандар; конвенциялык, рационалдуу ачык себептер менен чогулгандар, «жалпы макулдук боюнча»; экспрессивдүү, тиги же бул окуяга же себептерге биринчи кезекте өз мамилесин сезимдер (нааразы болуу, ыраазы болуу) менен билдиргендер; азыр жашап жаткан (агрессивдүү же кымгуут). Ленин таптык, чындай келгенде массалык аң-сезимди революциялаштыруу жөнүндөгү парадигмасын биринчи кезекте «Эмне кылуу керек?» деген китебинде тапшырма катары берген. Бул иштин принципиалдуу тезиси – массалык аң-сезимди стихиялуулук деңгээлинен аң-сезимдүүлүк деңгээлине которуу мүмкүндүгү. Ал азыркы *саясат таануу* үчүн баштапкы маанисин жоготпойт. Оптимисттик маанай мында массанын аң-сезими социалдык көйгөйлөрдү көрүү жана стереотиптерди кабыл албоо горизонтунун кеңейишинин натыйжасында анык болоорлугу жөнүндө билдирет. В. Парето өзүнүн теориясында жыйылган топтун аң-сезимин манипуляциялоо учурларын эстен чыгарган, бирок бул процессти ал каармандарга караганда уюшулган элита менен катар койгон. Г.Тарддын «Коомдук пикир жана жыйылган топ» деген классикалык эмгеги «интеррухтук жана интерденелик» катары индивид менен жыйылган топтун ортосундагы байланыштын мүнөзүн көрсөтөт (бул негизде ал жыйылган топту публика менен аралаштырбоого чакырган). Тард жыйылган топтун жүрүм-турумунда гана эмес, бүтүндөй социалдык кыймылда жетектөөчү катары тууроо механизмине басым койгон. Бул механизмди конструктивдүү сындоо менен, Г.В. Плеханов бул механизмге каршы келген социалдык-психологиялык жана саясий тартиптеги бир катар фактыларды көрсөткөн. Бул – жашап жаткан түзүлүшкө *бийлик* жүргүзгөн таптын айрым бөлүгү тарабынан болгон *оппозиция*, бул – ошол түзүлүш менен камсыздалган артыкчылыктар, буга мисал катары 1688-ж. «даңктуу» революциядан кийинки Англия дворянчылыгындагы атеизм – коомдо такыба пуритандар басымдуулук кылган. Плеханов бул учурда тууроо механизми жөнүндө эмес, карама-каршылык механизми жөнүндө айткан. Фрейд менен Юнг жыйылган топ менен каармандын ортосундагы мамилелер негизинен гипнотикалык мүнөздү алып жүрөөрүн белгилөө менен, аталган феноменди изилдөөдө бүтүндөй багытты ачып, жыйылган топтун калыптанышындагы *жамааттык аң-сезимсиздиктин* механизмдеринин маанилүүлүгүн белгилеген. Ортеги-и-Гасеттин «Массалардын көтөрүлүүсү» аттуу эмгеги – «жыйылган топ жана каарман» темасын жыйынтыктай турган классикалык эмгек. Анын негизги жобосу төмөнкүдөй: «1) массалар азыр мурда таптакыр тандалган азчылыкка гана тийе турган коомдук функцияларды аткарышат, 2) ошол эле учурда массалар ошол азчылыктардын өзү тарабынан тил алчаак болуусун токтотту: алар айыбын моюнуна алышпайт, алардын артынан ээрчибейт, аларды урматтабайт, тескерисинче, аларды четтетишет жана кысмакка алышат». Жыйынтыгында алар тарабынан жыйылган топтун бунту менен талаптарынан кыстоого жана перманенттик «массалык революцияга» өтүү учуру келип турат. «Расалар руху» массаларга эркин билдирүүгө мүмкүндүк берет, ал эми бул рухка жакындагандар «каарман» болушат. Жыйынтыгында «Европа моралсыз жана каармандарсыз калат»: нааразычылык эмес, ыраазычылык басымдуулук кылат. Жыйылган топту мындан аркы саясий, саясий-психологиялык, социалдык-психологиялык жана психоаналитикалык изилдөөлөр же жеке жыйылган топ (40-жж.) феноменин анализдөөгө караганда болуп жаткан саясий тажрыйбаларга көбүрөөк олчомдо кайрылып, анын айрым деструктивдик сапаттарына диагностика кылышты, же өзүнүн теги жана билимди функциялаштыруусу боюнча көбүрөөк гетерогендик катары «массанын психологиясына» жетишүүгө багыт алышты. Эң акыркысы – жана өз алдынча карама-каршылыктуусу – жыйылган топтун аныктамасы Д.Рисмендин «Жалгыз жыйылган топ» эмгегинде камтылган. Анда механикалык түрдө кыймыл кылган жана натыйжада жыйылган топко караганда көбүрөөк массаны түз-

гөн «ичтен багытталган индивиддин» анализи жүргүзүлөт; аны өзү менен өзү кылып жалгыз калтырбай анын үстүнөн массалык маалымат каражаттары үстөмдүк кылат. Бул эмгектен кийин «жыйылган топ» түшүнүгү толук түрдө «масса» түшүнүгү менен интеграцияланат (мунун өзү ар түрдүү социалдык, биринчи кезекте этнократиялык мүнөздөгү, кыймылдарды анализдөөдө биринчи болуп операциялоого болбойт дегендик эмес; бирок ал бул кыймылдардын жетилбеген, «цивилизациялуу эмес» мүнөздөрүн, социалдык жана саясий каражаттардын кеңири палитрасын этибарга албоону көрсөтөт). «Жыйылган топ» жана «каарман» түшүнүктөрүнүн эвристикалык потенциалы эң эле жок дегенде батыштык саясат таануу менен батыштык психологиянын нугунда бүткөн. «Каармандын» ордун анализдөөдө – «лидер», «элита», «партия», «жыйылган топтун» ордун – толук башкарылуу вирусуна: тоталитаризмге, авторитаризмге ж.б. тушуккан «масса», «атомдоштурулган коом» ээлеген. Жыйылган топ, массалык истерия, паника, жугузуу жана тууроо, стереотип айдындары ж.б. жоголгон жок, болгону алар «каарман» жана «жыйылган топ» теорияларына салыштырмалуу багыттардын башка тутумунда бааланат.

ТЕРРОРИЗМ (лат. terror – коркунуч) – *саясий күрөштүн* ыкмасы; саясий жана башка каршылаштарын коркутуу жана басым көрсөтүү максатында эч нерсе менен чектелбеген, согуштук аракеттер менен байланышпаган зордук-зомбулукту системалык колдонуудан турат. Т. өзүнө саясий ишмерлерди, мамлекеттик мекемелердин кызматкерлерин жана катардагы жарандарды өлтүрүүнү, жардырууларды, банктарга, курал-жарак складдарына кол салууну, самолетторду ж.б. айдап кетүүнү камтыйт. Негизинен террористтер – стратегиялык жеңишке эмес өзүлөрүнүн аракеттеринин психологиялык эффектине үмүт кылышат. Т. мамлекеттик жана *оппозициялык*, ички жана эл аралык болушу мүмкүн. Т-дин багытталышына ылайык азыркы күндө анын негизги түрлөрү болуп төмөнкүлөр эсептелет: коомдук түзүлүштү туруксуздаштыруу жана өзгөртүү максатында ишке ашырылуучу социалдык Т. (оңчул жана солчул – Италияда, ФРГ, Түркия, Перу ж.б. өлкөлөрдө), улуттук көз карандысыздыкка жетишүүнү максат кылган улутчулдук Т. (Ольстердеги ИРА, бир катар палестиналык топтор ж.б.); диний ураандардын астында жүргүзүлүүчү Т. (Жакынкы Чыгыштагы прорандык уюмдар ж.б.). Т-дин бул түрлөрү эч бир жерде таза түрүндө кездешпейт, алар бирине-бири айкалышып, терең чырмалышкан. Террористтик ишмердүүлүк байыркы замандан бери эле белгилүү. Анын активдештирилиши экономикада, социалдык структурада, коомдун баалуулук-нормативдик системасында терең өзгөрүү мезгилдерине туш келет. Социалдык статустун төмөндөшү, келечектен коркуу, адаттагы жүрүм-турумдун маданий-нравалык тескөөлөрүнүн артка жылуусу калктын кандайдыр бир бөлүгүн ыгы жок импульсивдүү *саясий аракеттерге* түртөт. Эл аралык Т. БУУ ж.б. бирикмелер, уюмдар аркылуу дүйнөлүк коомчулук тарабынан айыпталган жана азыркы мезгилдеги *глобалдуу проблемалардын* бири болуп эсептелет.

ТЕХНОКРАТИЯ (гр. techne – чебердик, устаттык, kratos – бийлик) – 1) белгилүү типтеги бийликтин теориялык концепциясы; 2) бул концепциянын принциптерин практикалык иш жүзүнө ашыруучу, *саясий режимдердин* мүнөздөмөсү; 3) башкаруунун жогорку функционерлеринин катарына кирген техникалык адистердин катмары. Т. концепциясы техника, социалдык өнүгүүдөгү анын ролу жөнүндөгү теориялык элестерди өзүнө камтыйт. Ошондой эле технологиялык детерминизмдин логикалык аяктаган вариантын көрсөтөт, Т. концепциясында борбордук болуп: билимге, компетенттүүлүккө, профессионализмге негизделген бийлик жөнүндөгү; улуттук техникалык чечим бийлик жөнүндөгү *идея* эсептелет. Т. концепциясынын жактоочуларынын ою боюнча индустриалдык өндүрүштүн зор ролу, окумуштуулардын, инженерлердин, техникалык адистердин санынын, алардын чеберчилигинин өсүшү жана алардын рационалдык башкарууга умтулуусу жакшыртылган социалдык механизмдин орнотулушуна реалдуу мүмкүнчүлүктөрдү түзөт.

«Ошондуктан, – дешет алар, бардык техникалык кызматкерлер биригип, мамлекетти жалпы саботаж коркунучунун астына коюшса, алардын пайдасына дүйнөлүк *революция* иш жүзөгө ашат». 80-жж. башы жаңы техника – компьютерлердин пайда болушу менен жаңы Т-лык идеялардын келип чыгышына алып келди. Буга байланыштуу технократтык концепциялары «маалыматтык коом», «технотрондук коом», «техносфера-2» түзүү концепцияларына кайрадан түзүлгөн.

ТИГИ ДҮЙНӨ – диний-мифологиялык түшүнүктө Т. д. ишеними өзгөчө айырмаланып турат. Элдик ишеним боюнча адам өлгөндөн кийинки экинчи дүйнө, өзүнүн түбөлүк жайы. Ошол жерде өмүрү уланып, кадимкидей жашай берет имиш. Ошондуктан, эл жашап жаткан дүйнөсүн «жалган дүйнө», ал эми өлгөндөн кийинки дүйнөнү «чын дүйнө», же болбосо Т. д. деп бөлгөн. Т. д. түшүнүгү кыргыздардын арасына *ислам* дини таркаганга чейин эле бар экендигин көптөгөн археологиялык, этнографиялык даректер далилдейт. Адам өлгөндө аны менен жоого минчү атын, курал-жарактарын, тамак-аштарды кошо көмчү, ал эми адам бай, мартабалуу болсо кулдарын, күндөрүн, аялдарын кошо өлтүрүп койгон. Ислам дини кыргыздарга тарагандан кийин Т. д. түшүнүгү да татаалдаган.

ТИЛЕКТЕШТИК (фран. solidarite, лат. solidus – бекем, ишенимдүү) – кызыкчылыктардын жана максаттардын жакындыгы жана жалпылыгынын негизинде иш-аракеттердеги жана көз караштардагы макулдашылгандык.

ТОГОЛОК МОЛДО, Байымбет Абдракман уулу (1860–1942) – жазгыч акын жана ойчул. Нарын өрөөнүндөгү Куртка деген жерде туулган. Молдодон окуп кат тааныган. 14 жашынан ыр жаза баштаган, 18 жашында Тыныбек жомокчуга жолугуп, *«Манас»* дастанын үйрөнгөн. *Революцияга* чейин өзүнүн жазган ырлары менен тамсилдеринде элдин азаптуу турмушун, *бай-манап*, кожо-молдолордун зыкымдыгын, залимдигин ашкерелеген. Совет өкмөтүн чоң кубаныч менен тосуп алып, кийинки бүт чыгармачылыгын жаңы заманды даңазалоого арнаган. Т. М-нун чыгармаларында элдин кызыкчылыгы, *саясий түзүлүштүн* акыйкатсыздыгы, бийлик ж.б. маселелер көтөрүлүп, кыргыз элинин *саясий аң-сезиминин* жана *саясий маданиятынын* жогорулашына түрткү берген.

ТОЙНБИ Арнольд Жозеф (1889–1975) – англиялык тарыхчы, социолог. Бирин-бири алмаштырып туруучу цивилизациялардын айлампа теориясын иштеп чыккан. Т. колдонгон тарых философиясына ылайык, ар бир *цивилизация* өзүнүн өнүгүшүндө бирдей стадияларды басып өтөт: пайда болушу, өсүү, бузулуу жана кыйроо. Цивилизациянын өнүгүүсүнүн кыймылдаткыч күчү – бул өзүнүн артынан «көпчүлүктү» ээрчиткен «чыгармачыл элита». Адамзаттын прогресси – бул руханий жактан өркүндөө, эң жөнөкөй анимисттик ишенимдерден баштап универсалдык диндер аркылуу өкүм сүргөн карама-каршылыктардан жана *конфликттерден* чыгуунун жолун Т. руханий жаңылуудан көргөн. Т-нин негизги эмгеги «Тарыхты изилдөө» деп аталат. Ал он эки китептен турат. Биринчи үч томдугу 1934-ж. жарыкка чыккан. 4–6-томдору – 1939-ж.; 7–10-томдору – 1954-ж.; 11-тому – 1959-ж.; 12-тому – 1961-ж. 1–11ге чейинки томдору кыскартылып, бир китепке чогултулуп, «Постижение истории» деген ат менен орус тилинде, биринчи жолу 1991-ж. Москвада жарык көргөн.

ТОКВИЛЬ Алексис (1805–1859) – франциялык саясаттын теоретиги, социолог жана тарыхчы. Анын белгилүү «Америкадагы демократия» китебиндеги Т-дин ой-жүгүртүүлөрүнүн башаты болгон демократтык идеялар көп өлкөлөрдө өзүнө жол ачууда. Анын демократиялык коомдогу саясий теңчилик менен саясий эркиндиктин ортосундагы мүмкүн болуучу конфликт маселеси абдан тынчсыздандырган. Эталитардык коом үчүн аристократтык коомдун корпоративдик структураларын чагылдырган, биринен-бири обочолонгон адамдардын массасына айлануу тенденциясы мүнөздүү саясий натыйжа катары демократиялык республиканизмдин эркиндигиндеги теңчилдик эмес, демократиялык деспотизмдин кулчулугундагы эркиндиги болушу мүмкүн. Т-дин ою боюнча демократияга эки жагымсыз натыйжалар

тийиштүү: 1) демократия элге абдан чебер өкмөттү бере албайт жана 2) көпчүлүктүн саясий тираниясы. Ал муну буржуазиялык индивидуализм жарандардын коомдук турмушка катышуудан баш тартуусу сыяктуу жагымсыз фактыга алып келиши менен түшүндүрүлөт. Демократтык мезгилде жеке турмуш умтулуулар жана эмгектер менен абдан толгондуктан, ар бир адамдын саясий турмушка күчү жана убактысы калбай калат деген. Саясий апатия, – деп көрсөткөн Т., – саясий борборлоштуруу жана социалдык баш ийүү процессинин баштапкы этабы. Ал көбүнчө демократиянын жагымсыз натыйжаларына каршы чыгууга жалгыз өкүлчүлүк бийликтин күчү жетпейт. Бирок Т. өзүнүн уникалдуу артыкчылыктарынын жардамы менен демократиянын аларды бейтарапташтырууга мүмкүнчүлүгү бар деп ишенген. Ал башкаруунун башка формаларына караганда демократиянын эки негизги артыкчылыктарын бөлүп көрсөткөн: 1) демократия көп сандагы жарандардын жыргалчылыкка жетүүсүнө мүмкүнчүлүк берет жана 2) саясий эркиндик же массалардын саясий турмушка кеңири катышуусу. Деспотизмге жол бербөө кызыкчылыгында адамдар аң-сезимдүү түрдө ыктыярдуулук саясатын жана социалдык кооперацияны жайылтып, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруунун эркин мекемелерин жана ыктыярдуу саясий жана жарандык ассоциацияларды түзүүлөрү керек деп ырастаган. Т. алардын жардамы менен адамдар коомду башкарууга түздөн-түз катышат жана саясий маданиятты жана жарандык жан дүйнөнү жөнгө сала алат.

ТОКТОГУЛ Сатылганов (1864–1933) – демократ акын, ойчул, комузчу, обон-күү чыгарган чебер. Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Сасык-Жийде айылында туулган. Бала кезинен ыр-күүгө шыктуу болгон, 13 жашында айыл арасында ырлары тарала баштаган. *Бай-манаптардын,* кожо-молдолордун зулумдугун, алдамчылыгын ашкерелеп ырдагандыгы үчүн 1898-ж. Анжиян көтөрүлүшүнө катышкан деген жалаа менен камалып, өлүм жазасына тартылган, кийин ал өкүм кайра жеңилдетилип, 7 жылга Сибирге сүргүнгө айдалган. Улуу Октябрь революциясынын жеңишин ал «Кандай аял тууду экен, Лениндей уулду», «Жашагын, Кеңеш өкмөт», «Замана» сыяктуу ырларында даңазалаган. Т. насаатчы жана төкмө акын гана болбостон, элдик дастандарды айткан жомокчу катары да белгилүү. Эл арасында демократтык ой-мүдөөлөрдү таратууда Т-дун чыгармалары чоң ролду ойногон.

ТОКТОСУНОВА Адаш Искендеровна (1950-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору (2009), профессор.

Нарын шаарында төрөлгөн. 1972-ж. КМУну аяктаган.

Эмгек ишмердүүлүгүн 1972-ж. Нарын шаарындагы №3-мектебинде мугалим болуп иштеп баштаган. Нарын горком комсомолунун катчысы болуп эмгектенген. 1975–1976-жж. окутуучу, ага окутуучу, финансы-өндүрүштүк институтунун комсомол комитетинин катчысы. 1976–1980-жж. МГУнун аспиранты. 1980–1989-жж. финансы-өндүрүштүк институтунун Ош филиалынын ага окутуучусу, Ош пединститутунун доценти (азыркы уч. ОшГУ). 1989–1992-жж. Бүткүл союздук коомдук пикир борборунун Кыргызстандагы филиалынын жетекчиси. 1992–1997-жж. Тышкы иштер министрлигинин эл аралык уюмдар бөлүмүнүн 1-катчысы, КРнын ЮНЕСКО иштери боюнча Улуттук комиссиясынын жооптуу катчысы. 1998-ж. КРнын Премьер-министринин аппаратынын тышкы байланыштар бөлүмүндө эмгектенген. 1999–2006-жж. КРнын Улуттук комиссиясынын ЮНЕСКО иштери боюнча жооптуу катчысы. 2006–2011-жж. доцент, профессордун милдетин аткаруучу, КРнын Тышкы иштер министрлигинин алдындагы Дипломатиялык академиянын философия жана эл аралык байланыштар кафедрасынын башчысы. 2011-ж. «Диалог культур и цивилизаций» коомдук фондунун жетекчиси.

60ка жакын илимий публикацияларды чыгарган. «Этнокультурная идентичность и диалог культур в условиях глобализации» (2007) монография, «Население кыргызов, или Горный оазис на Великом Шелковом пути» (2008) окуу куралы, «Мировые религии в контексте современной культуры: новые перспективы диалога и взаимопонимания» (2011) эл аралык жамааттык монографиянын тең автору.

ТОЛЕРАНТТУУЛУК (лат. tolerantia – чыдамдуулук, көтөрүмдүүлүк) – кандайдыр бир нерсеге, анын ичинен, башкалардын оюна, диний ишенүүсүнө чыдамкайлуулук, сабырдуулук. Т. термини көптөн бери медицинада (иммунология, токсикология, фармакология) токсикалык жана фармацевтик препараттарды сезүүнүн төмөндөшү, ошондой эле кээ бир антигендерге иммунологиялык реакциялардын жоктугун же начарлаганын белгилөөдө колдонулган. Саясаттагы Т. башка саясий, идеологиялык көз караштарга, концепцияларга чыдамдуулук менен мамиле кылууда чагылдырылган. Саясий термин катары Т. XX к. экинчи жарымынан тартып бул же тигил саясий күчтөрдүн, бийликтин субъектилеринин, идеологиялык саясий *оппозициянын* чөйрөсүндө айтылып, конституциянын чегинен чыкпастан туруп, *жарандык коомдун* түрдүү социалдык топторунун же жалпы өлкөнүн саясий климатына таасир тийгизе турган башкача ойлоого, пикирлерге жана баалоого карата чыдамдуулугун билдирүү үчүн колдонула баштаган. Айрым саясий ишмердин турмушунда саясий Т. анын саясий каршылаштарынын пикирин угуу жөндөмдүүлүгүндө жана даярдыгында, алардын тууралыгын, өзүнүн каталыгын жана жаңылыштыгын таануусунда чагылдырылат. Бул болсо *инсандын* жогорку *саясий маданиятынын* күбөсү болуп эсептелет. Саясий Т. жарандык коомдун калыптануусунун башкы шарты, саясий *компромисстерге* жетүүгө, коллективдик чечимдерди *консенсус* жолу менен кабыл алууга алдын-ала өбөлгө болуп эсептелет. Т. саясий бийликтин принциптеринин бири деген пикир саясат таанууда ырасталууда.

ТОПТУК ЭГОИЗМ – коомдук кызыкчылыктарга залал келтире турган адамдардын тобунун, кандайдыр бир жамаатынын, бирикмесинин өз кызыкчылыгын көздөгөн мотивациясын билдирүүчү сөз айкашы; «топтошуучулук (групповщина)» терминине мааниси жактан жакын, биздин коомдук-саясий адабият менен публицистика үчүн салыштырмалуу жаңы түшүнүк. Андан көрүнүштүн моралдык жагына өзгөчө басым жасалганы менен гана айырмаланат. Айыптоо контекстинде гана колдонулат. Социалдык кубулуш катары Т. э. дээрлик адамзаттык цивилизация сыяктуу эле байыркы. Анын келип чыгышы бир жагынан эмгектин бөлүнүшү жана социалдык-топтук дифференциация менен байланыштуу болсо, экинчи жагынан нормативдик регуляциянын көп түрдүү тутумунун болушу менен да байланыштуу. Топтук ишмердиктин автономдуулугуна жана бир эле мезгилде *саясий турмушта* ар түрдүү моралдык стандарттардын катышынын аркасында үстөмдүк кылуучу социалдык нормалар менен топто кабыл алынган жүрүм-турум стандарттарынын ортосунда ажырым сөзсүз пайда болот. Жалпы кабыл алынган нормалардан минтип четтеп кетүү тике, карама-каршы баалуулук векторуна ээ болуп, айталы, альтруизм, ошондой эле эгоизм менен айырмаланышы мүмкүн. Социалдык нормаларга карата жүрүм-турумдагы маанилүү флуктуациялар моралдык жана укуктук жөнгө салуу менен кармалат, ошол эле мезгилде баалуулук элестөөлөрүнүн өздөрүнүн эволюциясынын фактору болот. Каралып жаткан кубулуштун баалоо критерийлери тарыхый жактан шартталган жана кыймылдуу. Инновациялардын демилгечилери зарылдыгына жараша өзгөчөлөнүүгө, иш-аракеттердин топтук образына түрткү болоору анык. Ошондой эле авангарддык топтор адамзаттык чыгармачылыктын бардык түрлөрүндө орнотулган нормаларды сыйлабагандык, бийик амбиция, топтошуучулук күнөөлөрүн алышкан. Ушул эле ойду алгач ересь, *фракциондуулук, партикуляризм* ж.б. делип четке кагылган жана кийин конституциялык же социалдык норма катары ырасталган саясий идеялар менен элестөөлөрдүн уюшулган алып жүрүүчүлөрү жөнүндө дагы айтууга болот. Жогоруда келтирилгендер дегеле «Т. э.» түшүнүгүнүн баасын түшүрбөйт, бирок аны ашыкча кеңири жана жөндүү колдонууга каршы абайлайт. Ошентсе дагы Т. э-дин аныктоочу белгилери болуп коомго, анын маданий фондуна, адамдардын ден соолугуна тике материалдык чыгым, ошондой эле жалпы адамзаттык нравалык нормаларга зыян келтире турган топтордун активдүүлүгү саналат. Мындай көрүнүштөр согуштардын,

социалдык кризистердин, массалык эпидемиялардын ж.б. кубулуштардын экстремалдык шартында тездейт, аномия жаралганда, нормативдик көзөмөл механизмдери начарлайт.

ТОТАЛДЫК (лат. totalis) – жалпы, бардыгын ичине алуучу.

ТОТАЛИТАРИЗМ (лат. totalis – толук, бүткүл) – коомдун социалдык-саясий түзүлүшүнүн модели, мамлекеттин көзөмөлдөөсү, адамдын саясий бийликке толугу менен баш ийүүсү аркылуу мүнөздөлөт. Адаттагы деспоттук режимдерден Т. кандайдыр бир убакыттын ичинде басым көрсөтүүчүлөр менен басылгандардын ортосунда *консенсусту* сактоочу ички биримдиги менен айырмаланат. Тоталитардык режим массалардын, алардын саясий эркин иш жүзүнө ашырууда деген иллюзияда кармалып турат. Т. учурунда иштеп чыгуу системасы тарабынан багытталып, *массалык маалымдоо каражаты*, билим берүү системасы тарабынан таануланып, мамлекеттик *идеология* чегине жеткирилген официалдуу доктрина үстөмдүк кылат. Т. бардык туурасынан кеткен структураларды тикелик байланыштар, катаал *централизм* менен айырбаштап *жарандык коомдун* кичине эле чыгууларын жокко чыгарат. Т. учурунда көзөмөл менен күч колдонуу «элдин атынан»: «Бийлик буюрганга гана уруксаат» принциби менен ишке ашкан. Ал эми бийликтегилерге баш ийүүнүн бул зарылчылыгын түшүнүп, өзүнө кабыл алган адам гана эркин боло алмак. Саясий сөздүккө Т. терминин италиялык фашисттердин идеологу Дж.Джентиледен өздөштүрүп, кыймылына жана режимине мүнөздөмө берүү үчүн Б.Муссолини киргизген. Т-дин элементтери өткөн *цивилизацияларда*, өзгөчө чыгыш деспотияларда байкалат. Бирок «таза» жана мыкаачылык түрүндө ал өзүн XX к. көрсөттү. Т-дин жалпы таанылган белгилери: жалгыз массалык *партиянын* эч бөлүнгүс үстөмдүгү, бирдиктүү жана жалгыз официалдуу идеологиянын болушу, массалык маалымат каражаттарына монополия, режимдин, көбүнчө партиянын *лидеринин* атынан куралдуу күрөштүн каражаттарына, монополиясына, террористтик полициялык көзөмөлдүн жалпы системасы, экономиканы көзөмөлдөөнүн жана башкаруунун борборлоштурулган жана бюрократтык мүнөзү ж.б. болуп эсептелинет. Т. адамдардын аң-сезимин бузат. Биримдик деп конформизм таңууланат, жалпы коркунуч шарттарында аморализм, эки жүздүүлүк, чагымдуулук, коркоктук, адамдардын кадырын кемсинтүү өкүм сүрөт. Т. жеңген коом кадыресе өнүгүүгө жөндөмдүүлүгүн жоготот жана прогрессивдүү багытта кайра курулууга жөндөмдүү эмес. Ал башталганда эле ишке ашпоого дуушар болот. Т-дин демонтажы оор социалдык доо кетүүлөр менен коштолот. Себеби, ал аркылуу саясий, экономикалык жана руханий кыйроого жеткизилген коом өзүнүн күчүнө таянып *кризистен* тез, эффективдүү чыгууга жөндөмсүз болот. Адамдардын аң-сезими да жай өзгөрө баштайт. Н.Бердяев белгилегендей, кулчулукту жеңүү үчүн, эзелерин эмес, *кулдарды* жоюу керек болгон. Эреже катары тоталитардык режим анын лидери жана демилгечисинин саясий аренадан же жашоодон кетүүсү менен өзүнүн алсыздыгын сезет. Бирок Т-дин структуралары өлүп бара жатып, консервативдик күчтөргө таянып, кандайдыр бир мезгилдин ичинде жашап, аракет жасай берет. Көпчүлүк убакта алар демократтык өзгөрүүлөргө тоскоол болуп, *демагогияга* жол беришет. Мындай каршылык көрсөтүүгө карабай тарыхта тоталитардык режимдер кайра жаралган учурлар болгон эмес.

ТОТЕМ (түн. амер. индеецтердин тилинде – от-отем – анын уруусу деген мааниде) – 1) уруучулук коомдо адамдар сыйынган, касиеттүү деп эсептелинген айбандардын, өсүмдүктөрдүн кээде табият кубулуштары менен жансыз предметтердин түрлөрү; 2) ушундай Т-дин сүрөтү тартылган уруунун герби. Кээ бир элдерде уруу башчысы жана анын колдоочусу катарында диний сыйынуу предмети болгон жаныбар, өсүмдүк ж.б. нерселер.

ТОТЕМИЗМ (түн. амер. индеецтердин тилинде – от-отем – анын уруусу) – адамдардын белгилүү тобу менен *тотем*дердин (айбандардын жана өсүмдүктөрдүн, кээде табият кубулуштарынын жана жансыз предметтердин) ортосунда касиеттүү тууганчылык байланыш бар деген ишенимге негизделген

уруучулук коомдогу түшүнүк, миф, үрп-адат жана салттардын топтому. Ар бир уруунун өз *тотеми* (көбүнчө айбанаттардан) болгон. Уруу мүчөлөрүнө *тотемди* өлтүрүүгө, ага ууга чыгууга, этин жешке тыюу салынган.

ТӨРӨ – титул, ири башкаруучу, ак сөөк, уруу башчысы. Тарыхый термин Т. Чыңгызхандын баласы Чагатайдын хандык такка олтурбаган тукумдарынын титулу, XV-XVI к. ал султан деген термин менен алмашылган. Казактардын бийлик башында көпчүлүк учурда Чыңгызхандын тукумдары тургандыктан бул термин аларда кийинки кездерге чейин кеңири кезиккен. Эл Манасты кан шайлаганда, салбуруунда бирге жүргөн балдарга атын союп берүүдөн аянып, сараңдык кылып, кан болбой калган Көкчөгө аталары Камбаркан, Айдаркан ачууланышат. Анда казактардын эр Көкчө элден өзүнө төрөлүктү сурайт. Чогулган эл: «Казак, калмак алсын деп, Качан такка мингени Төрө атанып калсын деп» (СО, 1. 271) анын өтүнүчүн канааттандырат. Т. канга тең тайлаш, даражасы чамалаш турган мансап экени чоң казатка жөнөөрдө Манас менен Төштүктүн учурашканында көрүнөт. Манаска каршы куралышкан алты кан ага келгенде, анын айбатынан коркуп, аттарынан түшүп кол куушуруп салам беришет. Жалгыз гана төрө Төштүк тең катары атчан туруп саламдашат (СО, 4.49). Эпосто Т. жогорку маанисинен башка да тандамал жоокерлер-чоролордун башчысы катары айтылат. Т. мааниси жагынан моңголдордун тарыхый термини ноёнго жакын. Ноён өкүмдар, бийлөөчү, господин деген маанисинен тышкары, нөкөрлөрдүн (дружинниктердин) башчысы, начальниги деген түшүнүктү билдирет. Чыгаан аскер башчысы – ноёндун тегерегине тандамал жоокерлер-нөкөрлөр топтолгондой, төрөнүн (Манастын) айланасына чоролор өз каалоосу менен биригишет. Манас алгачкы эрдиктерине баш койгондон тартып аны менен бирге жүргөн балдар (келечектеги чоролору) аны өздөрүнүн төрөсү деп аташат. Мис., Манас менен Чегебай (Манастын кийин Кутубий деген атка конгон чоросу) козу жайып жүрүшсө, айылдаш төрт бала өздөрүн кырдуу сынашып ызаламак болушат. Ошондо Чегебай өзүнүн ички сезими менен Манасты төрөм деп тааныганы төмөнкүчө берилет: «Төрөм кантер экен деп, Чегебай көзүн салганы, Төрө демек бир кыял, Оюна келип калганы» (СО. 1. 101). «Төрө мени дегин деп, Козунун этин жегин деп» (СО, 1. 102) бала Манас да козу кайтарышкан жолдошторунун башчысы, камкорчусу (төрөсү) катары көрүнүүгө аракеттенет. Эпостун андан аркы окуяларында Манастын көптөгөн титулдарынын ичинен чоролор менен ымаласы ушул Т. деген титулу аркылуу көрүнөт: «төрөсү менен чоросу», «ошондо төрө муну айтат, ой чоролор деп айтат» ж.б. Чоролор да Манаска көпчүлүк учурда төрөм деп кайрылат. Мис., Чоң казатка баратканда Алмамбет кыргыз колунун иретсиздигин көрүп ага минтип кайрылат:

Колунду баштап нетемин, төрөм,
Колуңдун түрү бу болсо, төрөм,
Корктум кайра кетемин, төрөм,
Узун сөз айтсам суусаймын, төрөм,
Уруксаат берсең узаймын, төрөм,
Чатыраш ойнуң чачылсын, төрөм,
Уйкудан көзүң ачылсын төрөм,
Кумалак ойнуң курусун, төрөм,
Миңткенде катар ырысың, төрөм.
Ушу кылган ишиңе,
Ушу жыйган кишиңе,
Ичим кантип жылысын төрөм! (СО, 4. 115).

«Манас» үчилтигинин экинчи бөлүмүндө Манастын мураскору Семетейге «Төрө бала», «төрө Семетей», «төрө бала Семетей» деп ушул титул арбын колдонулат. Өкүмдардык бийик даража, мансап катары бул титул душмандын эң жогорку бийлөөчүлөрүнө да колдонулат. Мис., Коңурбай көпчүлүк учурда Коңтөрө деген ат менен аталат. «Кытайдан турат Коңтөрө, Кылымга маалым чоң төрө» (СО, 3. 2301). Башка титулдук терминдердей эле Т. эпостогу оң-терс башкы каармандардын эпитети катары да, энчилүү атынын ордуна да колдонулат. «Кабар айтмак болду эми, Кабылан төрө Манаска» (СК, 2. 30). «Алмамбет буйруп салганы, Төрөсү баштап төрт баатыр, Добого чыга калганы» (СО, 4. 214).

ТРАДИЦИЯЛЫК КООМ – агрардык коомду түшүндүрөт. Калктын басымдуу бөлүгү айыл жеринде жашап, айыл-чарбасына тиешелүү примитивдүү эмгекке же өнөргө негизделген жөнөкөй өндүрүштүн үстүндө эмгектенишет. Т. к. өзүнүн көпчүлүк мүчөсүнүн жекече статусу төмөн, тигинен же туурасынан социалдык ыкчамдыкка ээ болуу мүмкүнчүлүгү жок, жабык социалдык структурасы менен айырмаланат. Бул жакта турмуш-тиричиликтин бардык түрүнө диний аң-сезим үстөмдүк кылса, саясий бийлик өзүнүн авторитардык мүнөзү менен чектелет. Т. к. жаратылышы жагынан солгун болуп, инновацияга да тоң моюндук кылат.

ТРАЙБАЛИЗМ (лат. tribus – уруу) – маданий-турмуштук жана коомдук-саясий уруулук тиешелүүлүгүнө карата обочолонуу. Уруулар арасындагы карама-каршылыктардын бир көрүнүшү. Учурда коомдук-саясий турмушту салттык-уруулук мамилелерге негиздеп жүргүзүү көрүнүшү жолугат. Дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринде, айрыкча Африка жана Азия өлкөлөрүндө, *саясий система* уруулук мамилелерди, идеологиялык көз караштарды, маданий-турмуштук өзгөчөлүктөрдү ж.б. эске алуу менен түзүлөт. Мурда колониалдык абалда өнүгүп келген Борбордук жана Түштүк Африканын мамлекеттеринде уруулук өзгөчөлүктөр эске алынбай; *саясий бийлик* өлкөнүн ичиндеги уруулардын бирине өткөн учурда нааразычылыктар күчөп, коомдук-саясий кырдаал кескин курчуп, айыгышкан кан төгүүлөрдө миңдеген адамдар бейкүнөө курман болушкан. Т. түшүнүгүн Кыргызстандын азыркы мезгилдеги коомдук-саясий өнүгүүсүн мүнөздөө үчүн колдонуу илимий-теориялык жана практикалык жактан туура эмес. Анткени, Кыргызстанда саясий система – коомдук-саясий турмуш толугу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын негизинде жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын жарандары улутуна, жынысына, динине, саясий көз караштарына карабастан бирдей укуктуу. Бирок, кыргыз элинин менталитетинде уруулук-салттык коомдо калыптанып калган айылдаштык, жердештик, бирин-бири көтөрмөлөө сыяктуу көрүнүштөр сакталып калган.

ТРАНЗИТОЛОГИЯ – кээ бир өлкөлөрдүн тоталитардык жана авторитардык саясий системадан демократияга карай багыт алуусундагы саясий процесстерди окута турган саясий илимдин бир бөлүгү.

ТРАНСУЛУТТУК КОРПОРАЦИЯЛАР – алардын чыккан өлкөлөрүнө, көз карандысыз жана эки же андан көп өлкөлөрдө алардын макулдашылган *саясат*тарын жана жалпы стратегиясын жүргүзүүгө мүмкүндүк түзүүчү чечимдерди кабыл алуу тутумуна ылайык иштеп жаткан түзүмдүк бөлүмдөрү бар жеке менчик, мамлекеттик жана аралаш уюмдар. Бул аныктама БУУда иштелип чыккан.

ТРЕД-ЮНИОН (англ. trade – кесип жана union – бирикме) – Англиядагы кесипчилик союздары. Жумушчуларды өндүрүштүк эмес, кесиптик таандыктарына жараша бириктирген.

ТРЕНД (англ. trend – тенденция, багыт) – *саясат*тагы, коомдук ой-пикирлердеги басымдуулук кылган багыт.

ТРИБУН (лат. tribus) – Байыркы Римдеги кызмат адамы. Анын милдети плебейлердин укуктарын коргоо болгон. Кийинчерээк Т-дун укуктары көбөйгөн (Элдик чогулуштарды чакыруу, кызмат адамдарынын, кээде Сенаттын жоболоруна тыюу салууга чейин).

ТРИБУНАЛ (лат. tribunal – соттук коллегия) революциялык трибунал. Улуу Француз революциясынын учурунда Францияда саясий кылмыштар боюнча гана иш жүргүзгөн соттор.

ТРИМУРТИ (санскр. – үчилтик, үч деген мааниде) – *брахманизм* менен *индуизм*деги – *брахма, шива* жана *вишну* – деген үч кудай. *Брахма* – жогорку чыгармачыл башталма, *Шива* – бүлдүргүч, ал эми *Вишну* болсо – кайтаруучу, сактоочу кудай катарында сүрөттөлөт.

ТУМАР – диний ишеним боюнча шайтан-жинден, ар кандай кырсыктардан сактай турган, дуба жазылып, үчпөрөк же булгары менен капталган үч бурчтук түрүндөгү кагаз. Т. адамдын мойнуна, колтугуна, бешикке ж.б. жерлерге тагылат. Анын касиетине ишенүү байыркы мезгилдеги *магия* жана *фетишизм*ге байланыштуу келип чыккан. Т-ды тагынуу аз да болсо азыр да кезигет.

ТУРСУНБАЙ Бакир уулу (1958-ж.т.) – 2005–2008-жж. КРнын Акыйкатчысы. 1979–1984-жж. Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетин, 1987–1990-жж. Т.Г.

Шевченко атындагы Киев мамлекеттик университетинин философия факультетинин аспирантурасын бүтүргөн, философия илимдеринин кандидаты. «Ар-Намыс» партиясынын депутаты (2010). 1984–1987-жж. Ош мамлекеттик педагогикалык институтунда окутуучу, 1991–1993-жж. Ош мамлекеттик университетинин окутуучусу, ага окутуучусу. 1992–2002-жж. «Эркин Кыргызстан» демократиялык партиясынын төрагасы. 1995–2002-жж. КР ЖКнын депутаты. 2002-ж. 21-ноябрда КРнын биринчи Акыйкатчысы болуп шайланган. 2005-ж. июнда кызматын убактылуу таштап, БШКнын чечими менен КРнын президенттигине талапкерлигине катталган. 2009–2010-жж. КРнын Малайзиядагы Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчиси.

ТУРСУНБЕК Акун (1959-ж.т.) – 2008–2013-жж. КРнын Акыйкатчысы. 1981-ж. К. И. Скрябин атындагы Айыл-чарба институтун, 2000-ж. КМУУнун «Юриспруденция» адистигин аяктаган. Нарын жылкы заводунда ветеринардык врач, комсомол комитетинин катчысы болуп эмгектенген. 1987-ж. К.И. Скрябин атындагы Айыл-чарба институтунун комсомол комитетинин катчысынын орун басары, ИАнын биохимия жана физиология институтунда кенже илимий кызматкер, Кыргыз илимий-изилдөө ветеринардык институтунун илимий-уюштуруучулук бөлүмүнүн адиси болуп эмгектенген. 1991-ж. *«Кыргызстан» демократиялык кыймылынын* жооптуу катчысы. Мындан кийин беш жыл «Кыргызстандын укук коргоо кыймылы» уюмун жетектеген. 2005–2008-жж. Президенттин алдындагы адам укугу боюнча комиссиянын төрагасы. 2008-ж. «Даңк» медалы менен сыйланган. Учурда Борбордук Азия мамлекеттеринин адам укугу боюнча Конгрессинин координатору.

ТУТУК (Tutug) – Кыргыз каганатындагы (V-XIII кк.) аскердик-административдик титул. Изилдөөчүлөрдүн тыянактарында терминдин келип чыгышы кытай тилиндеги Tutuk chin – «генерал» маанисиндеги берилиши илимий негиздүү. Башка илимий адабияттарда Tutug – «аймактын аскердик башкаруучусу» маанисинде чечмеленип жүрөт. Титул-компонент каталары антропонимдерге (адам аттары) жалганып айтылат: Abak Tutuk, Alp Tutuk, Begu Tutuk, Tutuk Beg ж.б. Өөк Тарлак деген жерден табылган (Тува) кыргыз эстелигинде: «...Атым Эл Туган тутук (Tutuk) мен теңири элимке элчиси эртим, баг будунка бек эртим...» деген маалыматтар бар. Чаа-Көлдөгү (Тува) төртүнчү эстеликте: «...Мен Алп Уруңу Тутукмун, өргөөдөгү канышам, эки уулумдан, жалгыз кызымдан алыстадым (айрылдым), ал эми Означенная кыштагынын жанынан 1847-ж. табылган кыргыз эстелигинде: «...Канышаман, курдашыман айрылдым, муңайып жоого кирдим. Күчтүү Күл Тутук сизден айрылдым, элим, каным сиздерден айрылдым, алтын кештен (кемер) айрылдым» – деген маалыматтар бар. Эң кызыктуусу, Барлыктагы экинчи эстеликте: «...Мен Күнү Тирик, үч жашымда атасыз калдым, мени даңктуу тутук (Tutuk) агам киши кылды, тарбиялады, өргөөдөгү канышамдан, өз энемден, эжеримден айрылдым» – деген маалыматтар баалуу. Ал эми, Кежилиг-Хобудагы (Тува) эстеликте: «...Эр атым Шубуш Инал, атым Күмүл Өгө. Беш жашымда атадан, он тогузумда энемден айрылдым. Эр жетип, отузга толгондо мамлекеттик (каганга) кызматка кирдим. Кырк жыл мамлекеттик Тутук катары журтумду башкардым, тышкы душманды жоолодум, жеңдим...» – деп жазылганы илим үчүн маанилүү. «Өгө» – кадимки эле өгөөнү туюнтат. Мис., Күмүл Өгөө деген энчилүү кыргыз адам аты. Бул маалыматтар кыргыздардын мындай маанидеги атайын эскертүү жазуулары бар эстеликтер мамлекеттин (кагандын) алдында өзгөчө эмгеги сиңген адамдарга гана арналып тургузулгандыгын айкындайт.

ТУУ – асаба, байрак, желек; мамлекеттик аскер бөлүгүнүн ж.б. символу. Кыргыздарда Т. жөнүндө түшүнүк байыртадан эле белгилүү болгон. Т. бийик жерге илинип, аскерлерди чогултуу белгисин билдирген. Орто кылымда аттын куйругун узун шыргыйдын же найзанын учуна бекитип жасаган Т-лар да колдонулган. Т. кыргыздарда да ар кандай шартта түрдүүчө колдонулган. Жоого аттанганда Т. алып жүргөнгө эр жүрөк, ишеничтүү жоокер дайындалган. Ар бир аскер бөлүгү, б.а. ондук, жүздүк, миңдиктердин өз өзүнчө желеги болуп, бардыгы бир Т-га бириккен. Ал ар кандай кездемеден жасалып, каскакка (жумуру ичке узун жыгачка) бекитилет. Байыркы Чыгыш, Индия, Кытай ж.б. өлкөлөрдөн келип чыккан. Салгылашуу учурунда кошуунга дем, кубат берүү максаты менен ал Т-ну көрүнө дөңсөө жерге кармап турган: «Ушул турган Кутубий туу түбүндө турарың» (СК, 1. 106). «Туу түбүндө көп колдун» (СК, 1. 136). Т-нун душмандын колуна түшкөнү, туунун жыгылганы жеңилгенге тете болгон. Ошондуктан, Т. ар дайым ыйык сакталган: «Туу түбүндө турушуп, Туубуз качпай турат деп Кубат кылып урушуп» (СО, 2. 140), «Туу жыгылды, кан өлдү. Тутушкандын баарысы, Туш-тушка качып жөнөдү» (СО, 2. 89). Тынчтык мезгилинде көп эл чогулган жыйын, той-тамашаларда ар бир уруу, эл өз тууларынын айланасында топтолушкан. Эпосто ар бир элдин, этностун өз туусу болгону айтылат, ал муундан мууна өтүп келген. Мис.,

Бай Жакыптын кызыл туу,
Байкаганга сөзү бу:
Кыргыздын кыйла тобунан
Алыс жерден калган туу,
Башкы атасы Бабыркан,

Андан калган ушул туу (СО, 2. 28), «Ногойдон калган кызыл туу Оболотуп таштады» (СО, 1. 79). Эпостон ар бир аскердик топтун да өз туусу, желеги болгонун жана анын түсү да, өздөрүнө гана таандык экендигин баамдоого болот. «Алты жүз миң аскерибиз, Алты тууга бөлүндүк» (СО, 2. 40).

Ак асаба, кызыл туу
Айгайлаган ызы-чуу.
Көк асаба, кызыл туу
Көк жаңырган улуу чуу (СО, 2. 31).
«Торала желек туу алып» (СК, 1. 129).
Кызыл байрак туу менен,
Кыйгылаган чуу менен,
Кытайдын зору эр Коңур (СО, 3. 104).

Адам каза болгондо да сөөк жаткан боз үйдүн жанына же түндүгүнө кара, көк Т. же өлгөн адамдын өз туусу сайылган. Көкөтөй каза болгондо көтөрүлгөн Т. төмөнкүчө сүрөттөлгөн:

Өкүрүп келген кишини
Аркы-терки тиккен үй,
Арасынан өткөрүп,
Көкөтөйдүн кызыл туу,
Көтөрүлгөн мына бу (СО, 3. 51):

Аш берилгенде да Т. көтөрүлгөнү Көкөтөйдүн ашында да айтылат:

Аш берүүчү жерине
Азырданып конгондо,
Көк ала байрак көк тууну
Көтөрүлттү бийиктеп,
Көргөн душман көөнүнө
Көрүнө түшсүн күйүт деп (СО, 3. 102).

Эл намысына жарап, элдин камын ойлогон эр азамат да тууга теңештирилген. Аны Манастын өзүнө карата айтылган төмөнкү саптардан баамдоого болот: «Бурутка бүткөн туу экен» (СК, 1. 137), «Тукумдан бирөө чыгар деп, Сени туу кылып жүргөмүн» (СК, 1. 114). Эпостон о. эле желек, байрактарды майда уруулар, кичине аскердик бөлүктөр пайдалангандыгы байкалат. Т-ну болсо алар бириккен чоң топтор, ири аскердик бөлүктөр көтөргөн. Аны төмөнкү саптардан баамдайбыз. «Желбиреп желек туу болуп» (СО, 2. 79).

Желеги туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Тозоңу тоодой созулуп,
Туу, байрагы кошулуп (СО, 2. 79),
Желек туудан бөлүнбөй,
Жердин жүзү көрүнбөй,
Асаба туудан бөлүнбөй
Асман чаңдан көрүнбөй (СО, 2. 67).

Жогоруда кезиккен «Желеги туудан бөлүнбөй» же «Асаба туудан бөлүнбөй» деген сыяктуу «Манастагы» ыр саптарынын маанисин Т. – бул байрак эмес, желек же асаба эмес, Т. – бул ошол желек байланган каскак-жошого боёлгон талдан жасалган желектин сабы экендигинен кабар берет. Ушундан улам «Туу жыгылды, кан өлдү» деп айтылып калса керек. Азыркы күндө да эл арасында көп айтылып жүргөн «Көк асаба, кызыл туу» (желектин өңү – көк, ал эми анын туткасы же сабы – кызыл, жошолонгон талдан жасалган) деген сыяктуу сөздөрдүн жалгашы да буга күбө боло алат.

ТҮЛӨӨ (кырг. – тилөө дегенден) – рухтардан, *теңирден же кудайдан* жакшылыкты (бала, жаан, бейпил турмуш, малдын өз убагында төлдөшүн ж.б.) сурап, мал союп өткөрүлүүчү ырым-жырым. Байыркы мезгилде адам баласы-

нын табияттын каардуу күчтөрүнөн алсыздыгынан жана табият кубулуштарынын мыйзам ченемдерин билбегенинен улам келип чыккан. Алгачкы мезгилде Т. өткөрүү рухтарга гана арналса, кийинчерээк монотеисттик диндердин чыгышы менен Кудайга да арналат. Адатта Т. алдын-ала бир нерсени суроо (тилөө), ошондой эле өткөн иш үчүн ыраазычылык билдирүү максатында өткөрүлгөн. Т. берүү азыр да кезиге калат.

ТҮРК КЕҢЕШИ (азе. Türk Şurası, каз. Түрік кеңесі, кырг. Түрк кеңеши, түрк. Türk Konseyi, англ. Turkic Council) – түрк тилдүү мамлекеттерди бириктирген эл аралык уюм. Т.к. 3-октябрда 2009-ж. Нахичеванда түзүлгөн. Мүчөлөрү: Азербайжан, Казакстан, Кыргызстан, Түркия. 1992-ж. тартып түрк тилдүү өлкөлөрдүн Саммити өткөрүлүп келет. 2009-ж. 3-октябрда 4 өлкө Нахичеван келишимине кол коюшкан. Уюштуруу борбору Стамбулда жайгашкан. Мекемелери: Катчылык (Стамбул), Президенттер кеңеши, Тышкы иштер министрлер кеңеши, Түрк тилдүү мамлекеттердин аксакалдар кеңеши, Парламенттик ассамблея (TURKPA) (Бакы), Түрк кеңешинин академиясы (Астана), Эл аралык түрк маданият уюму (ТҮРКСОЙ) (Анкара). Президенттер жылына 2 жолу жолугушат. Расмий тили: азербайжан, казак, кыргыз, түрк жана англис тилдери.

ТҮШТҮК-ЧЫГЫШ АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН АССОЦИАЦИЯСЫ (АСЕАН) (англ. Association of South East Asian Nations) – Тынч океан-Азия аймагындагы таасирдүү интеграциялык бирикмелердин бири. Акыркы он жылдыктарда дүйнөгө мурун болуп көрбөгөндөй таң каларлык экономикалык жетишкендиктерди демонстрациялоодо. Экономикалык интеграциянын үчүнчү дүйнөлүк борбору болуп саналат: бул жерде бир нече ондогон интеграциялык бирикмелер кызмат кылышат. 1967-ж. Бангкок декларациясынын негизинде түзүлгөн АСЕАНдын азыркы күндө мүчөлөрү болуп – Бруней, Вьетнам, Индонезия, Камбоджа, Лаос, Малайзия, Мьянма, Сингапур, Таиланд жана Филиппиндер саналат. Жогоруда аталган документти кабыл алгандан кийин анын жоболору күчүнө киргиче толук 10 жыл өткөн. 1977-ж. «Өзгөчө жеңилдетилген соода зонасын» түзүү чечими кабыл алынган, б.а. номенклатурасы дайыма кеңейген белгилүү товардык позициясында преференцияны жайылтуу режими. Бирок өлкө-катышуучуларынын ортосундагы товарды айландыруунун көлөмү боюнча канаатсыздандырылганынан (преференция өз ара товар айландыруунун 5%дан азын кучагына алган) 1992-ж. Сингапур саммитинде АСЕАНдын катышуучулары эркин соода зонасын түзүүнү чечишкен. Мында бажы салыгынын ставкасын кыскартуу жана өз ара соодада көлөмдүк чектөөлөрдү ликвидациялоо, улуттук стандарттарды гармониялаштыруу ж.б. белгиленген. 2000-ж. АСЕАНдын 6 мамлекети эркин соода зонасынын идеясын ишке ашырышып, бажы салыгы 0-0,5%га төмөндөтүлгөн. АСЕАНдын негизги максаты – БУУнун Уставындагы принциптерди жактоо менен аймактарда тынчтыкты жана туруктуулукту орнотуу; – кызматташтык жана өз ара жардамдын негизинде мүчө-мамлекеттеринин экономикалык, социалдык жана маданий өнүгүүсүн тездетүү; – окшош максаттарга ээ болгон жалпы жана аймактык эл аралык уюмдар менен эки тарапка тең пайдалуу кызматташтыкты колдоо.

ТЫНЫСТАНОВ Касым (1901–1938) – коомдук жана мамлекеттик ишмер, тилчи-окумуштуу, профессор (1936), акын жана котормочу. Негизги эмгектери: «Академиялык кечелер» (1931–32), «Кыргыз тилинин синтаксиси» (1936), «Касым ырларынын жыйнагы» (1925) ж.б. «Интернационалды» жана И.А. Крыловдун тамсилдерин кыргызчага которгон. Т. кыргыздын улуттук жазмасын иштеп чыгууга, асыресе араб алфавитин кыргыз тилине ылайыкташтыруу, араб алфавитин латынча, латынчаны кирилик алфавитине алмаштыруу иштерине катышкан. Т. *Сыдыков Абдыкерим, Арабаев Ишенаалы,* Н. Тулиндер менен бирдикте «Алаш-Ордо» партиясынын Пишпектеги бөлүмүн уюштурууга катышкан. 1938-ж. атууга кеткен. 1958-ж. акталган, бирок 1988-ж. Т-дун илимий жана адабий ишмердүүлүгүнө татыктуу баа берилген.

ТЫШКЫ САЯСАТ – *ички саясаттын* уландысы, анын түрдүү каражат жана ыкмалардын жардамы менен башка мамлекеттер менен

болгон мамилесине жараша жайылуусу. Ички саясат сыяктуу Т. с. үстөмдүк кылган экономикалык негиз, коомдун жана мамлекеттин коомдук түзүлүшү менен тыгыз байланышкан жана аларды дүйнөлүк аренада чагылдырат. Анын башкы максаты – бул же тигил мамлекеттин кызыкчылыгын жүзөгө ашыруу, анын элинин жыргалчылыгы үчүн абдан жагымдуу эл аралык шарттарды камсыз кылуу болуп эсептелет. Ошол эле мезгилде Т. с. түрдүү тармактарда дал келбөөчү кызыкчылыктары жана программалары бар көптөгөн мамлекеттердин (азыркы учурда 200гө жакын) болушу менен шартталган бир катар спецификалык өзгөчөлүктөргө ээ. Бул болсо мамлекеттик тиешелүүлүккө көз карандысыз, эл аралык укукта аракеттенген субъекттердин Т. с-нын макулдашуусунун зарылчылыгын пайда кылат. Азыр айрыкча коопсуздукту камсыз кылуу, айлана-чөйрөнү сактоо, экономикалык мамилелерди өнүктүрүү чөйрөсүндө глобалдуу жана регионалдык маселелердин ролу жана мааниси жогорулоодо. Ошондуктан бирдиктүү жана координацияланган аракеттер гана эмес, мамлекеттердин ички саясатында да кандайдыр бир деңгээлде өзгөртүү киргизилиши зарыл. Ошону менен Т. с. ички саясатты улантып, бекемдөө менен эл аралык реалияларга, мыйзам ченемдүүлүктөргө, дүйнөлүк өнүгүштүн критерийлерине ылайык ага өндоо киргизет. Т. с-тын башкы каражаты болуп элчилик – *мамлекет башчыларының,* өкмөттүн жана тышкы иштер боюнча атайын органдардын (мис., тышкы иштер министрлиги) чет өлкөлөрдө мамлекеттердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо боюнча официалдуу ишмердүүлүгү эсептелет. Алардын тышкы саясий максаттары соода – экономикалык, илимий-техникалык, кредиттик-каржылык жана маданий, байланыштарды орнотуу жана жайылтуу жолу менен ишке ашат. Алар официалдуу деңгээлде, ошондой эле коомдук жана жеке уюмдардын жана мекемелердин жардамы менен жүргүзүлөт. Көптөн бери чет жердеги мамлекеттердин кызыкчылыгы менен тышкы чалгындоо органдарынын ишмердүүлүгү да байланышкан. Азыркы шарттарда Т. с. сүйлөшүүлөр, саясий *компромисстерге* жетишүү искусствосуна айланган. Т. с-тын түпкү маселелеринин бири – ар бир элдин жана бүткүл адамзаттын кызыкчылыгында дүйнөлүк иштерди жүргүзүүнүн универсалдык куралы катары мамлекеттердин тынч жашоосунун принциптерин ырастоо болуп саналат.

У

УЗУРПАТОР (лат. usurprator) – бийликти өз колуна мыйзамсыз эле, күч менен тартып алган же жөнү жок эле башкалардын укугун өзүнө менчиктеп алган инсан.

УКУКСУЗДУК – 1) мыйзамдын жоктугу, *мыйзамсыздык;* 2) кимдир бирөөнүн укугунун жоктугу.

УКУКТУК МАМЛЕКЕТ – демократиялык *жарандык коомго* адекваттуу мамлекеттин тиби. Өз аракетинде ал индивидуалдык эркиндикти, *инсандын* негизги укуктарын камсыз кылууга багытталган, *Конституцияда* чагылдырылган суверендүү элдин эркине көз каранды укук менен чектелет. У. м-ти укук үстөмдүк кылган мамлекет катары да аныктаса болот. У. м. термини XIX к. немец юристтери К.Т. Велькер, Р.фон Моль ж.б. эмгектеринде биротоло ырасталган. Бирок анын идеялары менен элементтери байыркы мезгилде эле пайда болгон. Бардык жарандар үчүн бирдей мыйзамдын бийлиги тууралуу б.з.ч. VI к. эле Солон сөз кылган. Адамдын табигый укуктары жана мамлекеттердин мыйзамдарынын катышы тууралуу *Аристотель* менен Цицерон жазып кетишкен. Байыркы Римде *бийликтин бөлүштүрүлүшү* сыяктуу укуктук мамлекеттин башаты келип чыккан. Негизги белгилери боюнча У. м. концепциясы XVII–XIX кк. Локк, Монтескье, Кант, Джефферсон, *Мэдисон* ж.б. эмгектеринде иштеп чыгарылган. Бүгүнкү күндө У. м. концепциясы *бийликтин* реалдуу «туурасынан»: *мыйзам чыгаруучу, аткаруучу, соттук* жана «тигинен»: жогорку (борбордук), жергиликтүү, аралыктык болуп бөлүнүшү коомдун турмушунун бардык чөйрөлөрүндө мыйзамдын жогорулугу; мамлекет менен анын органдарынын мыйзам менен байланышуусу, мыйзамды сактоону кароо жана көзөмөлдөөнүн эффективдүү

формасы; мамлекеттик жана мамлекеттик эмес институттардын функцияларынын жана ыйгарым укуктарынын так бөлүштүрүлүшү, мамлекет органдары менен инсандардын өз ара, анын ичинде соттук жоопкерчилиги; мыйзамдын алдында теңчилик; жарандардын мыйзамдуу укуктары жана эркиндиктеринин кепилге алынышы сыяктуу белгилерди өзүнө камтыйт.

УЛАМА, улемдер (араб. – билгендер, окумуштуулар) – *ислам* боюнча илимпоз, шейх, мусулман аалымдардын аталышы.

УЛУКМАН, Лукман – мусулман жана байыркы араб мифологиясында орун алган адилет, акылман киши. Арабдарга *ислам* дини киргенге чейин өтө узак жашаган даанышман кары, акылман жана баатыр катары белгилүү болгон. Орто Азия элдеринде У. белгилүү дарыгер, табыпчылыктын пири катары да саналат. Кыргыздар У. деп Абу али Ибн Синаны аташкан. «Менин колум эмес, Умай-Эненин колу. Менин дарым эмес, Улукман-акенин дарысы» деген макал буга мисал. «Манас» эпосунда негизинен ушул мааниде учурайт:

Балтачаны, балбаны,
Улукманы, карысы
Жоо кайдалап токтобой,
Келип турду ал жерге
Улуу-кичүү баарысы (СК, «Семетей»,2. 225).

«Кыйла улукман карыңар,
Кытайга элди бергенче
Кырылгыла баарыңар!» (СК, «Семетей», 2. 245).

УЛУТ – белгилүү аймакта тарыхый калыптанган социалдык-этностук биримдик; ага экономикалык, жашоо образы, тилдик биримдик, маданий жана психологиянын туруктуу өзгөчөлүктөрү таандык. У-ту аныктоодогу кыйынчылыктар ортосундагы айырмачылык- тары так белгиленбеген олуттуу жана анча маанилүү эмес белгилердин тиешелүүлүгүндө жатат. Ушундан улам У-ка карата ар бир аныктамасынын шарттуулугу жана чектелгендиги келип чыгат. Аларда же психологиялык, же культурологиялык, же этнологиялык же тарыхый-экономикалык мамилелердин үстөмдүк кылуусу байкалат. У-тун психологиялык теориясынын жактоочусу, «австромарксизмдин» идеологу О.Бауэр болгон. Анын ою боюнча «У. – тагдырдын биримдигинен улам мүнөздүн биримдигине бириккен адамдардын жыйындысы» болгон. Ушул эле агымдын өкүлү К.Реннер У. «маданий союз», «бирдей сүйлөгөн инсандардын союзу» деген мүнөздөмө берген. Алардан айырмаланып, этнологиялык концепция У-та негизги деп этникалык белгилерди: оригиналдуу жүрүм-турум, келип чыгуу өзгөчөлүктөрү, өздүк аң-сезим ж.б. бөлүп чыккан. Бул теориялар Батышта кеңири жайылган. У. татаал феномен жана анын белгилерин, өз ара байланыштагы жана динамикадагы өзгөчөлүктөрүн эске алууда чыгармачылык менен мамиле кылууну талап кылат. Акыркы мезгилде У-ту социалдык-этностук биримдик жана этносоциалдык биримдик катары аныктоонун жактоочулары катары жумушчулардын жана адистердин жасалма бөлүнүүсү болуп өттү. Биринчи учурда улуттагы *социалдыкка*, экинчисинде этникалыкка *басым* жасалат. Диалектика көз карашында, У. бул -социалдыктын этникалыктагы жана этникалыктын социалдыктагы жалпылыгы. У. феноменин изилдөөдө материалдык жана руханий-психологиялык факторлорду, алардын өз ара байланышын, катышын кылдаттык менен анализдебей туруп ийгиликке жетүү мүмкүн эмес. У. жөнүндөгү толук элестетүүнү келтирүүгө умтулууда, обочолонууну жеңил, бул маселедеги тарыхый тажрыйбаны чыгармачылык менен терең ойлонуп көрүп, Н.А. Бердяев, В.С. Соловьев ж.б. саналуу XIX–XX кк. орус ойчулдарынын руханий мурасына да көз жүгүртүүлөрү зарыл. У. өтүп кетүүчү тарыхый функция эмес, динамикалык субстанция. Ал түп тамыры менен жашоонун сыйкырдуу тереңине сүңгүп кирет. Ал турмуштун жакшы жакка баюусун түшүндүргөндүктөн, эл үчүн баалуулук сыяктуу күрөшүү зарыл. «Улуттук биримдик, элдин турмушундагы өтүп кетүүчү тарыхый түзүлүштөрдөн, таптык, партиялык биримдиктерден да тереңирээк турат» (Н.Бердяев). Бул жерде улуттуктун башка коомдук кубулуштардан артыкчылыгы көрүнүп турат. Эгерде биз азыркы мезгилдеги батыш булактарына кайрылсак, улуттук эместин улуттукка

чырмалышын байкайбыз. «Американдык энциклопедиянын эл аралык басылышында» У. «бул өзүлөрүн биримдик деп эсептеген көп сандагы адамдар. Алар бир же бир нече белгилерге ээ: тил, маданият, дин, саясий ж.б. институттар, тарых жана тагдырдын жалпылыгына карата ишенимге ээ. Алар көбүнчө коңшу аймактарда жашашат» делет. Таза түрүндө улуттук саясийден автономдуу. Улуттук саясий менен айкалышканда улутчулдук болуп өзгөрүлөт. Улуттук менен саясийдин тең салмактуулугун улутчулдук нейтралдаштырат. Социалдык уюштуруунун улуттук формасы өзү менен прогрессивдүү – стабилдөөчү факторду элестетет. Ал адамдардын берилген биримдигинин негизинде турмуштук зарыл болгон социалдык туруктуулукту камсыз кылат. У. феноменин түшүнбөй туруп, тарыхый процесстин маңызын түшүнүү мүмкүн эмес. Дүйнөлүк тарых – бөлөк-бөлөк элдердин тарыхы. Жалпы адамзат маданияты – формасы боюнча улуттук жана мазмуну боюнча көп улуттук маданият. Н.А. Бердяевдин ою боюнча «маданият ар дайым конкреттүү – адамзаттык гана болот, б.а. улуттук, индивидуалдык – элдик жана ушул сапаттарында гана жалпы адамзаттыкка чейин чыга алат. Көбүнчө келип чыгуу жана эволюция тарыхы жүздөгөн жылдарды камтыган өнүккөн, «эски» У. жана өз өзгөчөлүктөрүнө ээ жаш У. деп айырмалашат. Алардын башкысы болуп, калыптанып келе жаткан жаш У. полиэтникалуулугу, анын курамына кээде бир нече түрдүү мүнөздөгү мамлекеттердеги эзүүнүн тектештери менен байланышкан түрдүү маданий, диний, ж.б. бирикмелерге кирүүчү күчтүү өнүккөн этномаданий биримдиктердин кириши эсептелет. Жалпы улуттук биримдиктин ийгилиги, анын жашоо мүмкүнчүлүгү жана узак убактуулугу бул үчүн өзүн-өзү жетишээрлик актаган адаттардын (социалдык жана инсандык деңгээлде натыйжалуу этностор ортосундагы өз ара аракеттин социалдык-психологиялык фону) болушунан: жарыяланган жалпы улуттук максаттарда жана милдеттерде бардык этномаданий биримдиктердин, алгач алардын ирилеринин кызыкчылыктары балансташтырылгандыгынан, жалпы улуттук суверенитетти коргоо, сактоо жана регионалдык, эл аралык саясий, экономикалык жана маданий зоналарга жалпы улуттук биригүүнү камсыз кылуу үчүн тандалган багыттардын оптималдуулугунан көз каранды. Жаш улуттардын калыптануусу бүгүнкү күндө көп мамлекеттерге таандык. Азыркы доордун өзгөчө шарттарында бул процесс болуп өтүүдө. XX к. башында «улуттун өзүн-өзү аныктоо» жөнүндөгү суроонун коюлушунда белгилүү алдыга жылуулар байкалган. Өнүккөн У. үчүн бул ураан эскирген, «жарандык» эркиндиктерди улуттук мамлекеттерден тышкары эл аралык аренага алып чыгуу перспективасы ачылган. Жаңы калыптанган жаш У. үчүн тескерисинче улуттук өзүн-өзү аныктоонун, жалпы улуттук жашоону калыптандыруунун «ренессансы» келген. Бул абал улут аралык жана этнос аралык өз ара аракеттенүүнү татаалдаткан. Андан тышкары XX к. социалдык-таптык карама-каршылык абдан курчуган. Каршылыктар чырмалышып көптөгөн регионалдык жана дүйнөлүк үрөй учуруучу окуялардын, анын ичинде, 1914–18-жж. жана 1939–45-жж. эки дүйнөлүк согуштардын келип чыгышына алып келген. Кылымдын акырында гана адамдар бул жолдун кырылууга алып бара тургандыгы жөнүндө ойлоп калышты. Өнүккөн У-тардын ортосундагы улут аралык интеграциянын тенденциясы менен жаш У-тардын улуттук турмушту калыптандыруу тенденциясы бирин-бири жокко чыгарбоосу зарыл. Бул болсо объективдүү тенденциялар бирин-бири өз ара кошумчалап, түрдүү элдер жана мамлекеттердин тынчтыкта өнүгүү жана кызматташуудагы тарыхый тажрыйбасын байыта берүү мүмкүнчүлүгүн берет.

УЛУТ МАСЕЛЕСИ – улуттар, элдер ортосунда, мамлекет ичинде жана мамлекеттер аралык байланышуу процессинде келип чыккан саясий, экономикалык, укуктук, идеологиялык ж.б. маселелердин жыйындысы. У. м-нин тарыхый келип чыгышы жана эволюциясы улуттук теңсиздик мамилелерин улуттарды артыкчылыктуу жана толук укуксуз үстөмдүк кылуучу жана эзилүүчү кылып бөлүнүүнү чагылдырган. Түрдүү улуттардын экономикалык жана маданий өнүгүүсүнүн тең эместиги өнүк-

көн, ири улуттардын жаш алсыз улуттарды жана элдерди эзүүгө карата умтулуусу улуттук келишпестик, шектенүүчүлүк, кастык атмосферасынын пайда болушуна алып келген. У. м-нин ар бир элементи татаалданышынын, курчушунун түрдүү даражасына, келип чыгуунун түрдүү масштабына ээ. Кээде биринчи планда саясий улуттук маселелер болсо, башка учурларда – экономика боюнча суроолор биринчиликке чыгат. У. м. ар дайым тигил же бул өлкөнүн өнүгүүсүндөгү берилген этаптагы улуттук проблематиканын өзгөчөлүгү менен шартталган конкреттүү – тарыхый мазмунга ээ. Бир маселенин чечилиши менен улуттардын өнүгүүсүндөгү жогорулаган деңгээл, жаңы шарттар менен аныкталган, кээде андан да татаал маселелер келип чыгат. Ошондуктан У.м. менен анын бардык аспектилеринде жана ченемдеринде толук жана биротоло чечүү мүмкүн эмес.

УЛУТТАР АРАЛЫК КОНФЛИКТ – социалдык-этностук жана этносоциалдык факторлор жана карама-каршылыктардын чырмалышуу өзгөчөлүгү мүнөздүү болгон *социалдык конфликттин* түрү. Этностук конфликттин тереңиндеги булагын ачууга аракет кылуу менен бир катар батыш саясат таануучулары аны этниканын саясатташынын формасы деп санашат. Бул ой каршылыктарды көп учураткан жок, себеби, өзүнөн-өзү этнос конфликттүү кырдаалдарды пайда кылбайт. У. а. к-тин келип чыгуусунун түздөн-түз себеби, улуттар аралык мамилелердин субъекттеринин (улуттук-мамлекеттик биримдиктер, *улуттар, элдер*, улуттук топтор) кызыкчылыктарынын келишпөөсү жана кагылышуусу сыяктуу карама-каршылыкта жатат. *Конфликт* ушундай карама-каршылыктардын иретсиз жана өз убагында чечилбегендигинен улам пайда болот. Улуттун саясатташуусу, мамлекеттик менен улуттуктун кайчылашуусу конфликттин өнүгүүсүндө кубаттуу катализатор болуп саналат. Маданий-улуттук *автономиянын* авторлорунун бири Карл Реннер айткан: «Улут менен мамлекеттин постулаттары бирине-бири квадрат айланага жасагандай мамиледе болот», айлананын квадраты табылбагандай эле, мамлекет менен улуттардын ортосундагы талаш-тартышты жок кыла тургандай формула табыла элек». *Саясий кызыкчылыктардын* улуттукка чырмалышы менен конфликт курчуунун жогорку чегине жетип, улуттук *антагонизмге* өтөт. Мурдагы СССРдин аймагындагы У. а. к-тин негизинде төмөндөгүдөй улуттук-аймактык маселелердин негизги типтери жатат: 1) суверендүү мамлекеттер – мурдагы союздук республикалардын ортосундагы мамилелердеги чечилбеген маселелер, кээ бирлеринин ортосундагы карама-каршылыктар Азербайжан менен Армениянын ортосундагыдай куралдуу кагылышууга өсүп жеткен. Мезгил-мезгили менен орус-украина мамилелери курчууда. Башка мамлекеттер – КМШнын мүчөлөрүнүн ортосунда да чечилбеген суроолор өзүлөрүнүн таасирин көрсөтүүдө. 2) Республикалардын ичиндеги маселелер. Суверенитеттин абсолютташтырылышы республикалар ортосундагы мамилелердин татаалдашына гана алып келбестен, суверендик мамлекеттердин ичиндеги улуттук азчылыктын сепараттык умтулууларын пайда кылат. Ушул себептен улам Молдовадагы «гагауз», Грузиядагы «абхаз» жана «түштүк осетин» ж.б. көп курмандыктар менен коштолгон конфликттер келип чыккан. Ушуга окшош процесстер дүйнөнүн башка бөлүктөрүндө да жаш мамлекеттер чектелбеген өз алдынчалыкка умтулган жерлерде байкалууда. Африка өлкөлөрү өзүнүн эркиндиги үчүн согушка караганда этнос аралык согуштарда көп курмандыктарга учурашкан; 3) бөлүнүп калган элдердин маселеси. Эки түрдүү бөлүнүүлөр болгон: мурдагы СССРден мамлекеттик чек арасы менен (мис., Тажикстан менен Афганстандагы тажиктер, Азербайжан менен Ирандагы азербайжандар) жана Закавказье, Орто Азия суверендик мамлекеттеринде-ги, Орусия Федерациясында – айрыкча түндүк Кавказ жана Урал – Волга бою райондорундагы – республиканын ичиндеги чек аралар менен. Улуттук-мамлекеттик бирикмелердин ортосундагы чек ара, саясий-администрациялык чектер тарыхый окуяларга байланыштуу бир канча жолу жылдырып турган. Ушунун натыйжасында Орусия Федерациясынын аймагында: Башкырстанда – башкырлар менен татарлардын, Татарстанда – татарлар менен чуваштардын, Дагестанда – аварлар, кумыктар, даргиндер жана лезгиндер, чечен-аккиндер менен лакуамдардын; Түндүк Осетияда – осетиндер менен ингуштардын; Кабардин – Балкарияда – кабардиндер менен балкарлардын ортосундагы улуттук келишпестиктер болгон; 4) бир катар элдерди туруктуу жашоо орундарынан күч менен көчүрүүнүн – депортациянын натыйжалары менен байланышкан маселелер. Аларды мамлекеттик-укуктук реабилитациялоо абдан оор жана татаал процесс болду. Бул жерде акыйкаттыкты орнотуу принциби тарыхый өзгөрүүлөрдүн кайра кайрылбастык принциби менен кагылышты. Акталган элдердин (немецтер, Крым татарлары, месхетин түрктөрү ж.б.) кызыкчылыктары менен карама-каршы болуп калды. Потенциалдык жана реалдык конфликттердин генезисин жана өзгөчөлүктөрүн, улуттар аралык карама-каршылыктардын шартын жана өнүгүүсүн, конфликтүү катары улуттук мамилелердин абалын (прото, -пред жана пост – конфликтик) изилдөөчү билимдердин атайын тармагы – конфликтология илиминин болуу зарылдыгы келип чыкты. *Улуттук саясаттын* илимий негизи У. а. к-ти алдын-алуу маселелерин өзүнө камтыйт. Конфликтеги жактардын кызыкчылыктарын жана талаптарын эске алуу жана оптималдуу айкалыштыруу, улуттар аралык мамилелерде социалдык акыйкаттык принцибин жүзөгө ашыруунун негизинде аларды чечүү мүмкүн.

УЛУТТАР ШЕРИКТЕШТИГИ – бул 53 көз карандысыз суверендүү өлкөнүн ыктыярдуу бирикмеси. Алардын ар бири өзүнүн жеке саясатына жооп берүү менен, ошол эле мезгилде өз элдеринин жалпы кызыкчылыктары, эл аралык өз ара түшүнүшүү жана жалпы дүйнөлүк тынчтык үчүн башка мүчө-өлкөлөр менен кызматташат жана кеп-кеңеш угат. Ш. жалпы идеялар менен максаттарды билдирүү жана аларга жетишүү үчүн позитивдүү, уникалдуу жана эксклюзивдүү форум болуп саналат.

У. Ш. – Британ империясынын урандысында пайда болгон, мүчө-өлкөлөрдүн саясий процесстерине таасир этүүнүн иштелип бүткөн куралына ээ болгон, мүчөлүгү боюнча БУУдан кийинки экинчи өзгөчө эл аралык уюм. Ш. постимпериялык мейкиндиктин, анын өнүгүүсү менен иш жүргүзүүсүнүн уюштуруучусу катары аракет кылат.

Алгач Ш. ири экономикалык блок болчу жана мүчө-өлкөлөр «Шериктештиктин преференциялары» деп аталган (кийинчерээк ал алынып салынган) маанилүү соода артык- чылыктарын алышкан. Либералдык мамиле катары мигранттарга Ш-тин чегинде эркин кыймылдоого мүмкүндүк берген миграциялык саясат айырмаланат. Ш-тин мүчө-өлкөлөрүнүн ортосундагы мамилелер негизинен үчүнчү өлкөлөр менен мамиле түзгөнгө караганда өздөрү үчүн жакшыраак. 1971-ж. Улуу Британиянын Европалык Союзга киришинен кийин Ломейлик конвенция ошону менен катар Британиянын базарына преференциялдуу мүмкүндүктү сактап калды. Ш-тин Британияда жашоого туруктуу укукка ээ болгон бардык жарандары жетишээрлик кеңири саясий укукка ээ, бул, албетте, башка эл аралык уюмдарда прецеденттикке ээ эмес дегендик.

У. Ш. – бул британ элинин жана британ маданиятынын (саясатынын дагы) биримдигине коюлган эстелик жана ошондой эле эл аралык мамилелердин азыркы системасынын маанилүү элементи. У. Ш. – бул дүйнөнүн 53 өлкөсү тарабынан таанылгандык, ал эми тууган-дык укуктук, билим берүүчүлүк, парламенттик системалардын болушу – уюмдун мүчөлөрү үчүн ишенимдүү стимул. Ш. мурдатан эле метрополияга караганда мурдагы колониялар үчүн көбүрөөк маанилүү болуп калган. Бүгүн бул уюмдун механизми аркылуу, айталы, Канада Африка өлкөлөрү менен өнөктөштүгүн өнүктүрүүдө, ал эми Пакистан өзүнөн 1971-ж. бөлүнүп кеткен Бангладеш менен сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт.

Ш-те негизги ролду анын мүчө-өлкөлөрүнүн ишмердигинин дээрлик бардык чөйрөлөрүнө кирген англис тили ойнойт. Бүгүнкү күндө англис тили өзүнүн дүйнөлүк жайылышынын аркасында Ш-тин «эски» өлкөлөрү жөнүндө сөз кылбаганда дагы мурдагы колониялардын иштиктүү турмушунда, билим берүүсүндө, саясатында күчтүү позицияны

ээлейт. Ш-тин жалпы бир иштиктүү тилинин болушу өзүлөрүнүн мүчө-өлкөлөрүнүн позитивдүү тажрыйбасын жайылтуу ишинде секретариаттын милдетин жеңилдетет. Ошол эле мезгилде англис тилинин ролу анын британ маданиятына, ал аркылуу батыш цивилизациясына жетишүүдө чоң курал катары кызмат кылгандыгында турат.

Эл аралык уюм катары Ш-тин чегинде мүчө-өлкөлөр өз элдеринин жалпы кызыкчылыктары, жалпы түшүнүшүү жана бүткүл дүйнөлүк тынчтык үчүн бири-бири менен кеңешип турушат. Бул кызматташтык демократия, адам укуктары, гендер маселелерин камтыган турмуштук маанилүү чөйрөлөрдү камтыйт.

Ш-тин фундаменталдуу саясий принциптери (адам эркиндиги, расасынан, тери түсүнөн, саясий тийиштүүлүгүнөн көз карандысыз түрдө бардык жарандардын бирдей укуктары жана жарандардын эркин жана демократиялуу процесс аркылуу коомду башкарууга катышуу укугу ж.б.) алгач 1971-ж. Сингапур декларациясында айтылган. Сингапур Декларациясынын ар түрдүү жоболору Ш-тин кийинки саясий документтеринде, айрымдарын айтсак, 1979-ж. Лусака декларациясында, 1991-ж. Ш. өлкөлөрүнүн өкмөт башчыларынын Хараре Декларациясында, ошондой эле принциптерди жүзөгө ашыруу боюнча программаларда өнүктүрүлгөн. Ш-тин саясий документтери саясий артыкчылыгы менен мүнөздөлөт жана дүйнөнүн белгилүү бир саясий жана экономикалык реалдуулуктарында актуалдуулукка ээ болот. Хараренин принциптерин «кансыз согуштун» аякталуу, көп өлкөлөрдө демократия менен адилеттиктин өнүгүү, чындап деколонизациянын аякталуу шарттарында ушундайча колдонула баштаган. Ш-тин программалык документтеринде глобалдаштыруу, адамзаттык өнүгүү, демократия, тынчтык жана эл аралык терроризм үчүн өнөктөштүк маселелери дагы орун алган.

Ш-тин саясий баалуулуктары эл аралык укуктун принциптери менен нормаларына, арта калган өлкөлөрдөгү адам укуктары, демократия, социалдык-экономикалык өнүгүү жана толеранттуулук чөйрөлөрүндөгү негизги документтерге ылайык келет.

У. Ш-не мүчө болуунун критерийлери болуп баарыдан мурда Хараре принциптерин кабыл алуу; мамлекеттик толук суверенитет; Ш-тин башчысы катары Улуу Британиянын монархын таануу; Шериктеш өлкөлөрүндө сүйлөшүүнүн каражаты катары англис тилин кабылдоо; Ш-ке өзүнүн мүчө болуусуна карата мүчө-өлкөлөрдүн жарандарынын пикирин урматтоо (Эдинбургдук принциптер) эсептелет.

Ш-тин тагдыры жана ишмердиги үчүн принципиалдуу мааниге 10 тармактын тутумундагы 1965-ж. секретариаттын мекемеси (башында Башкы секретарь турган) ээ. Ш. демократиялык институтташтырылган түзүлүшкө ээ, бул алардын калкынын санынан жана экономикалык потенциалынан көз карандысыз түрдө бардык өлкөлөрдөгү теңчиликтен көрүнөт. Ш-тин демократиялуулугунун башка ырастоочусу – азыркы учурда Индиянын өкүлү Камалеш Шарма ээлеп турган Башкы секретарь кызматынын ротациясы.

Ш-тин ишмердүүлүгү толугу менен эл аралык уюмдардын негизги принциптерине ылайык келет, анткени анын негизинде чечим кабыл алуунун өкмөттөр аралык методу жатат.

У. Ш. төмөнкү багыттар боюнча иш жүргүзөт: демократия; экономика; билим берүү; гендердик маселелер; башкаруу; адам укуктары; укук; кичи мамлекеттер; спорт; үзгүлтүксүз өнүгүү; жаштар маселелери. Алардын ортосунда калкынын этникалык тутуму, билим берүү деңгээли, жашоо образы, маданияты, аймагынын өлчөмү боюнча ар түрдүүлүктөр бар экендигине карабастан өзүнүн мүчө-өлкөлөрүнө Ш. бирдей укук берген. Ш-тин ири өлкөлөрү болуп Индия (1 млрд 289 миллиондон ашык адам), Пакистан (184 миллиондон ашык), Бангладеш (157 миллиондон ашык), Нигерия (171 миллионго жакын) жана Улуу Британия (63 миллион) эсептелет. Ошол эле учурда Ш-ке көбүнесе Чыгыш Индияда (Антигуа менен Барбуды, Багамы, Доминика, Сент-Китс жана Невис, Сент-Люсия ж.б.) жана Тынч океанынын бассейнинде жайгашкан Науру сыяктуу чоң эмес жана эң майда өлкөлөр дагы кирет. Экономикалык өнүгүүсүнүн жана материалдык жетиштүүлүгүнүн деңгээли боюнча мүчө-өлкөлөр абдан айырмаланышат. Бир гана Ш-тин эмес, дегеле дүйнөнүн экономикалык жактан эң өнүккөн өлкөлөрү болуп Канада, Улуу Британия, Австралия, Жаңы Зеландия жана Сингапур эсептелет. Негизинен БУУнун маалыматтары боюнча 2013-ж. Ш-тин 10 мүчө-өлкөсү адамдык жана экономикалык өнүгүүнүн эң бийик көрсөткүчү менен айырмаланган (Австралия, Жаңы Зеландия, Канада, Сингапур, Улуу Британия, Бруней, Кипр, Мальта, Барбадос, Сейшель аралдары). Ошондуктан Улуу Британия, Канада, Австралия жана Жаңы Зеландия өлкөлөрүн гана Ш-тин бирден-бир өнүккөн өлкөлөрү деп эсептөө негизсиз. Башка жагынан алганда Ш-тин көп өлкөлөрү, айрыкча субсахаралык Африка өлкөлөрү, чоң коомдук-экономикалык кыйынчылыктарды баштан кечирип жаткан кез, ал эми алардын калкы өнөкөт болгон чала тоюттук, эң эле төмөнкү эмгек маянасы, жумушсуздук, оорулар, анын ичинде инфекциялык оорулар (мис., АКШ), басымдуулук кылган абалда жашашат. Ошентип, Африканын ири өлкөсү – Нигерия дүйнөнүн 25 жакыр өлкөсүнүн катарына кирет, дүйнөнүн эң жакыр өлкөлөрүнүн тизмесинде Сьерра-Леоне – 4-орунду, Малави – 5-, Мозамбик – 13-орунду ээлейт (БУУнун 2013-ж. маалыматтары).

У. Ш. өзүнө 100дөн ашык ар түрдүү өкмөттүк эмес бирикмелерди, уюмдарды, союздарды камтыйт. Мис., Адвокаттар ассоциациясы, Университеттер ассоциациясы (академиялык байланыштар, студенттердин географиялык мобилдүүлүгү үчүн белгиленген Ш-тин стипендиясы ж.б.), Парламенттик ассоциация, Бизнес маселелери боюнча кеңеш (эл аралык соода жана инвестицияларга кол кабыш кылуу үчүн Ш-тин глобалдык байланыштары менен мүмкүнчүлүктөрүн эң эффективдүү колдонуу), Ш-тин аскердик көмүүлөр боюнча комиссиясы, Адабият менен тилдерди үйрөнүү боюнча ассоциация, Ш-тин көйгөйлөрүн иликтөө боюнча королдук коом ж.б. Ш-те жеке Олимпиадалар өткөрүлүп турат жана бир катар жеке сыйлыктар, маселен, адабий сыйлык белгиленген. Ш. өлкөлөрүнүн мындай көп кырдуу байланыштары уюмдун консолидациялык фактору болуп саналат, ал эми анын ролу Ш-тин турмушка жөндөмдүүлүгүн сактоодо зор. У. Ш-нин өкмөттүк эмес уюмдарынын ири блогунун болушу аны адатта тар предметтик компетенцияга ээ болгон башка эл аралык структуралардан айырмалап турат.

Ү

«ҮЧҮНЧҮ ДҮЙНӨ» – бул термин *«кансыз согуш»* жылдарында пайда болгон жана советтик жана батыштык блокко кирбеген бир катар жаңы улуттук мамлекеттерди (алгач Азиядагы жана Африкадагы, кийинчерээк Латын Америкасындагы) белгилөө үчүн колдонулган. Натыйжада термин индустриализациянын төмөнкү деңгээли менен болгон экономикалык жактан начар өнүккөн мамлекеттерге карата колдонулган. Ага ылайык жакырчылыктын жогорку деңгээли, көп сандаган социалдык көйгөйлөр, мис., калктын сабатсыздыгы. Мындай өлкөлөрдүн көпчүлүгү аарынан мурда европалык мамлекеттердин колониялары болушкан. Убакыттын өтүшү менен алар саясий көз карандысыздыкка ээ болгонуна карабастан, алардын маданий жана экономикалык көз карандылыгы мурдагы метрополиялардан сакталып калган. «Ү. д-нүн» мамлекеттери социалдык, экономикалык жана саясий айырмачылыктардын абдан кеңири спектрин көргөзүшөт. Алардын басымдуу көпчүлүгү агрардык, бирок экономикадагы маанилүү үлүштү өндүрүп даярдап туруучу өнөр жай түзө алат.

«ҮЧҮНЧҮ ДҮЙНӨДӨГҮ» МАМЛЕКЕТ – саясий жана илимий колдонууга салыштырмалуу жакында гана кирген жана дүйнөлүк аренада мурда, эреже катары, колония же жарым колония болуп, анан саясий көз карандысыздыкка жетишкен көп сандаган өлкөлөрдүн пайда болушу менен байланышкан түшүнүк. *Саясат таануда* «Ү. д.» м-тин ролу жана орду жөнүндөгү маселеге карата эки көз караш түзүлгөн. Биринчиси мурдагы колониялык коомдордун көйгөйлөрү өз чечилишин азыркы өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдүн өнүгүүсүн кайталаган эволюциялык жолдон табаарынан келип чыгат. Бул жагдайда *мамлекеттүүлүк-*

түн өнүгүүсүнүн үстөмдүк кылуучусу батыш баалуулуктарынын тутуму болуп калат. Ал өнүккөн *жарандык коомдун, укуктук мамлекеттин,* мамлекеттик *бийлик* формасындагы либералдык парламенттик демократиянын болушун болжолдойт. Экинчи көз караш салттуу баалуулуктар менен укуктук нормалардын негизиндеги (тике эл бийлиги, шарият нормаларына жана көбүрөөк кеңири мааниде теократиянын ар түрдүү формаларына негизделген мамлекеттүүлүк; абсолюттукту реставрациялоо жана сактоо ж.б.) мамлекеттүүлүктүн курулуш чөйрөсүндө «үчүнчү дүйнөдөгү» өз алдынчалыкты абсолютташтырат. «Y. д.» м-ти абсолютташтыруудагы бардык ылайыксыздыгынын шартында азыркы күндө «Y. д.» м-тин алдында башка социалдык-экономикалык шарттардагы өлкөлөр чечкенден көп жагынан айырмалуу милдеттерди чечүү тураарлыгын баса белгилеп өтүү керек. Бул айырмачылыктардын бири болуп «үчүнчү дүйнөдөгү» коомдун мүнөздүү сапаты катары алсыз өнүккөндүк, б.а., экономикалык өнүгүүнүн төмөнкү деңгээли, салттуулук жана социалдык структурадагы иерархиялуулук, бөтөнчө социомаданий фон, укуктук жарандык коомдун түйүлдүк формалары эсептелет. Мунун бардыгы мамлекеттин иш жүргүзүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн аныктайт. Тездетилген экономикалык өнүгүүнүн зарылдыгы жана жергиликтүү ишкердиктин өнүкпөгөндүгү сөзсүз экономикадагы мамлекеттин маанилүү, кээде гипертрофтуу ролуна алып келет. «Y. д.» м-те жогорку бийликтин жүзөгө ашырылышы көпчүлүк учурларда тең катар салттуу түзүлүштөрдүн (трайбализм, кландык мамилелер, фундаментализм ж.б.) болушу менен татаалдашат. Мындай шарттарда жогорку бийлик же аларга ыңгайланышы, же аларды басышы керек болот. Ушул эле нерсени укуктун эки: мамлекет тарабынан киргизилген азыркы жана коомдо терең тамыр алган салттуу түрүнүн болушу жөнүндө дагы айтууга болот. Мамлекеттин экономикадагы гипертрофтук ролу, жогорку бийликтин иш жүргүзүүсүнүн өзгөчөлүктөрү, тең катар укуктук тутумдардын болушу, анын бардык аймагында мамлекеттик юрисдикциянын жүзөгө ашырылышынын атайын формалары сөзсүз, өзгөчө баштапкы баскычтарда, жаңы бонапарттык, авторитардык режимдерди пайда кылат. Мындай шарттарда армиянын ролу кескин жогорулайт. Мамлекеттүүлүктүн мындай формасы «демократиянын» багытталган, жөнгө салынган формасы катары. Ал тургай көбүрөөк жетилген жеке чарбалык капитализмдин өлкөлөрүндө (Индия, Малайзия, Сингапур ж.б.) калыптанган буржуазиялык *парламенттик демократия* авторитардуулуктун жогорку деңгээли менен мүнөздөлөт. Ошентип, «Y. д.» м-тин эволюция тажрыйбасы белгилүү деңгээлде өнүккөн өлкөлөрдөгү мамлекеттүүлүктүн калыптанышынын окшош тажрыйбасын, либералдык парламенттик демократия сыяктуу анын типтерин билсе дагы, ырастайт. Мамлекеттүүлүктүн жана парламенттик демократиянын формаларына карата мезгилден тышкары көз караш «үчүнчү дүйнөнүн» социалдык жана маданий реалдуулуктарын эске албайт. «Y. д.» м-тин дагы бир бөтөнчө сапаты болуп колониялык өткөндөн мураска калтырылган формалар, методдор, нормалар саналат. Ар бир метрополия коомду башкарууну уюштуруунун өзүнө таандык ыкмаларын киргизип гана тим болбостон, экинчи жагынан калыптандырды, азыр дагы бошонгон өлкөлөрдө *бюрократиялык түзүлүштөрдү* калыптандырып жатат. «Үчүнчү дүйнөнүн» өлкөлөрүндөгү *мамлекеттүүлүктүн* мындан аркы эволюциясы белгилүү деңгээлде алсыз өнүгүүнү жөнгө салуу жана заманбап жарандык коомду калыптандыруу менен байланышкан.

Ф

ФАЙОЛЬ Анри (1861–1925) – француз тоо инженери, тоо-кенин өндүрүүчү жана металлургиялык ири компаниялардын 30 жыл бою баш директору болуп иштеген. Ф. өзүнүн ишканаларды башкаруу тажрыйбасын 1916-ж. чыккан «Жалпы жана өнөр жайлык башкаруу» аттуу китебинде жалпылап, корутундулап көрсөткөн. *Башкаруу* Ф-дун ой толгоосу, көп жылдык тажрыйбасына ылайык төмөндөгүнү

билдирет: 1) алдын-ала көрө билүү – келечекти изилдеп үйрөнүү жана иш-аракеттердин программасын тактап белгилөө; 2) уюштуруу – ишкананын кош организмин куруу: материалдык жана социалдык жактарын түзүү; 3) башкаруу, тескөө – ишкананын персоналын иш-аракетке келтирүү; 4) макулдашуу – бардык иш-аракеттерди жана күч-кубатты байланыштыруу жана бириктирүү; 5) көзөмөлдүккө алуу – бардыгынын аныкталып белгиленген эрежелерге жана берилген тапшырмаларга маш келип ишке ашырылышына байкоо жүргүзүү. Бул жоболор, башкалары менен бирге алганда түрдүү ишканаларга туура келет. Бул классификация; ушул күнгө чейин башкаруу илиминин негизин түзөт.

ФАКИР (араб. – жакыр) – суфий бир тууганчылыгынын мүчөсүнүн аталышы, тентиген жакыр, дервиш деп да аташат. Ф-лер VII к. пайда болушуп *Мухаммедд*ин «Менин жакырлыгым – менин сыймыгым» – деген сөзүнө таянышкан. Бир катар Чыгыш өлкөлөрүндө Ф. деп фокусниктерди, дрессировщиктерди, эмчи-домчуларды, көзү ачыктарды аташат. Мурдагы кыргыздар Ф-лерди жолуктурганда кожолор, молдокелер дешип аларды сыйлап да жүрүшкөнү жөнүндө Осмоналы Сыдык өзүнүн белгилүү тарыхында белгилеп өткөн.

ФАКТ (лат. factum – жасалган, ишке ашырылган) – 1) чындык, болгон окуя, кубулуш; кандайдыр корутундуга, жыйынтык чыгарууга кызмат кылуучу, кандайдыр бир божомолдоону ырастап далилдей турган тажрыйбада такталып, аныкталган маалымат. 2) Объективдүү чындык, аныктуулук.

ФАКТОР (лат. factor – жасоочу, өндүрүүчү) – кандайдыр бир процесстеги (кубулуштагы) кыймылдаткыч күч, себеп, олуттуу кырдаал, жагдайын же белгилүү бир белгилерин аныктап бышыктай турган анын зарыл шарттарынын бири. Статисткада Ф. – бул натыйжа менен белгилүү бир логикалык байланыштагы болгон себеп. Мис., экономикалык статистикада техникалык прогресс эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуунун, продукциянын өздүк наркын төмөндөтүүнүн өтө маанилүү Ф-у катарында каралат. Ф. башка көрсөткүчтөр (фактордук белги, чоңдук) менен сандык жактан белгилүү бир өз ара байланыштагы сандык көрсөткүч да болушу ыктымал.

ФАНАТИЗМ (лат. – туталанган) – кандайдыр бир *дин*ге, көз карашка аябай ишенгендик, берилгендик, башка диндерди, көз караштарды өтө жек көрүү, чыдабастык менен мамиле кылуу.

ФАНАТИК – *фанатизм*ге аябай оогон, өз ишине, өз пикирине ишенген, *дин*ине өтө берилген, ашыкча адам.

ФАШИЗМ (итал. fascismo – байлам, бирикме, уюм) – тоталитардык типтеги социалдык-саясий кыймылдар, идеологиялар жана мамлекеттик режимдер. Фашисттик өлкөлөр демократияга ар дайым каршы болуп келишкен, анын ичинде коммунизмге, прогрессивдик уюмдарга каршы багытталган. Биринчилерден болуп Италияда 1922-ж. Фашисттик түзүлүш орногон, андан соң 1933-ж. Германияда орногон. Ф. эл аралык реакциянын күчтүү куралы болгон. Германиядагы гитлердик Ф. экинчи дүйнөлүк согушту жараткан. Фашисттердин идеологиясы – иррационализм, чектен чыккан шовинизм жана расизм, антигуманизм.

ФЕДЕРАЦИЯ (лат. feodereitio – союз, бирикме) – 1) коомдун же уюмдардын союзу; 2) мамлекеттик түзүлүштүн формасы; Ф-нын мүчөлөрү – *мамлекеттин* курамына кирген федерациялык бирдиктер (штаттар, провинциялар, кантондор, жерлер, республикалар) – юридикалык жана белгилүү саясий өз алдынчалыкка ээ; салыштырмалуу өз алдынча мамлекеттик биримдиктерден куралган союздук мамлекет. Федеративдик мамлекеттин аймагы Ф-нын мүчөлөрүнүн аймагынан турат да, чек араларды коргоонун бирдиктүү системасы болгону менен, саясий-административдик мамиледе бир бүтүндүүлүктү түзбөйт. Ф-нын курамындагы мамлекеттик биримдиктери анын субъектилери болуп саналат. Алар өзүлөрүнөн административдик-аймактык бөлүнүүлөргө ээ. Айрым учурларда Ф-нын аймактык бөлүнүүлөрү өз алдынча бирдиктин *статусу*на, өзгөчө аймакка же борборго баш ийүүчү аймакка ээ болуп, анын субъекттери болуп эсептелбейт. Ф-ны түзгөн мамлекеттик бирикмелер толук көлөмдөгү эгемендүүлүккө ээ эмес.

Ф-нын субъекттеринин, эреже катары, союздан чыгууга укугу жок. Ф-нын субъекттеринин өзүлөрүнүн *конституциялары* боло алат. Алар союздук Конституциянын негизинде иштелип чыгат; Ф-нын субъекттеринин конституциялары союздук конституцияга ылайык болот. Бул тартип Ф-га кирген, мурда кабыл алган конституциясы бар мамлекет үчүн да милдеттүү. Кээ бир Ф. өзүнүн субъектерине өздүк конституцияга ээ болууга укук бербейт. Ф-нын субъекттери федералдык конституция тарабынан орнотулган өздүк компетенттүүлүгүнүн чегинде мыйзам чыгаруучу актыларды кабыл алуу укугуна ээ. Эгер Ф-нын мыйзам чыгаруучу актылары анын бүткүл аймагы үчүн милдеттүү болсо, анда, бул актылар Ф-нын субъектисинин аймагында гана юридикалык күчкө ээ. Ф-нын субъектилеринин мыйзам чыгаруучу актылары федералдык мыйзам чыгаруучулукка туура келиши керек, каршы болгон учурда күчүнө кире албайт. Ф-нын субъектиси өздүк укуктук жана *соттук* системаларына ээ боло алат. Федеративдик системаларга карата алар кичи системалар болуп калат: субъектилердин *укуктук* жана соттук органдарынын уюштуруу жана иштөө тартиби жана юрисдикциясынын чети федералдык конституция менен аныкталат. Ф-да, адатта, кош *жарандуулук* орун алган: ар бир жаран бир эле мезгилде Ф-нын жана анын субъектисинин жараны болуп саналат. Мыйзам чыгарууда кандайдыр бир жарандуулуктун башкалардын үстүнөн артыкчылыктарынын болушуна *мыйзам* жол бербеши белгиленет. Демократиялык мамлекеттердин практикасында Ф-нын субъектисинин жарандуулугу укуктук кесепеттерге алып келбейт. Федералдык парламент, кээ бир учурларды кошпогондо, эки палаталык болот. Төмөнкү палата федералдык (союздук) өкүлчүлүктүн органы болуп, шайлоо округдарынан шайланат, Жогорку палата Ф-нын субъекттерин көрсөтөт жана ар бир субъекттен калкынын санына карабастан бирдей сандагы депутаттарды же калктын санын эсепке алуу менен бирдей эмес сандагы депутаттарды шайлоо жолу менен түзүлөт. Кээ бир өлкөлөрдө жогорку палатанын мүчөлөрү дайындалат. Ф-нын борбору менен анын субъекттеринин ортосундагы компетенцияны чектөө федеративдик мамлекеттин татаал жана карама-каршылык маселеси болуп саналат. Көп учурда Ф-нын конституциясы Ф-нын (союздун) гана компетенциясы болгон ыйгарым укуктардын тизмесин аныктайт. Алар боюнча Ф. гана укуктук актыларды чыгара алат. Калган башка суроолор Ф-нын субъектилеринин компетенттүүлүгүнө кирет. Дал келүүчү ыйгарым укуктардын, б.а. Ф-нын борбору жана анын субъектилери биргелешип чечкен маселелердин тизмеси да орнотулат. Федеративдик конституция Ф-нын борборунун жана анын субъектисинин айрым аракеттерине тыюу сала алат. Ф-нын борборунун жана субъектилеринин ыйгарым укуктарынын мамилелеринин башка варианттары да болушу мүмкүн. Ф-нын субъекттеринин *бийлик* жана башкаруу органдары дайыма федералдык структуралардын көчүрмөсү болот. Ф-нын субъектилеринин аткаруучу бийлигинин алып жүрүүчүсү болуп чоң ыйгарым укуктарга ээ, шайлануучу же дайындалуучу губернаторлор саналат.

ФЕМИНИЗМ (лат. femina – «аял») – коомдук-саясий кыймыл. Максаты – жыныс белгиси, расасы, ориентациясы, жашы, этникалык тиешелүүлүгү, социалдык статусу боюнча басмырланган бардык аялдарга социалдык укуктардын бардыгын берүү. Кеңири мааниде – коомдун бардык тармактарында аялдар менен эркектердин тең укуктуулугуна умтулуу. Тар мааниде – аялдар кыймылы, алардын максаты аялдарды дискриминациялоону жок кылуу жана өз укуктарын эркектердин укуктары менен теңдөө. Биринчи кезекте Ф. аялдардын проблемаларын анализдейт (талдайт).

ФЕТИШ – ага ишенгендердин ою боюнча «касиеттүү» деп, ага табынуучу *тумар*, бүркүттүн тырмагы, тоо-таш, бак-дарак ж.б. ушулар сыяктуу буюмдар.

ФЕТИШИЗМ (фр. fetiche – идол, талисман) – өзгөчө күчкө, табийгаттан тышкаркы күчкө, сыйкырга ээ жансыз предметтердин (фетиштер) культу, аларга сыйынуу, ишенүү. Алгачкы общиналык түзүлүш мезгилинде бардык эле элдерге мүнөздүү болгон. Анын сакталган калдыктары катары – тумар, көз мончок ж.б. коргоочу күчүнө ишенүүчүлүк саналат.

ФОРМАЛДУУ (ФОРМАЛДУУ ЭМЕС) ТОП – алардын ишмердигинин өзгөчө фиксацияланган жана социалдык-санкцияланган максаттарынын, нормаларынын жана эрежелеринин болушу же болбошу боюнча айырмаланган топтордун (бирикмелердин, коомчулуктардын) категориялары. Биринчи топту уставдарда, көрсөтмөлөрдө ж.б. нормативдик документтерде бекитилген топтордун иш жүргүзүүсүнүн формалдашкан тартиби түзөт. Бул тартип так белгиленген эмгекти, статустарды жана жетекчилер менен калган иш аткаруучуларды тандоо же дайындоо процедурасына негизделип бөлүштүрүлгөн. Экинчи категорияга, эреже катары, адатта формалдуу тутумга (анын ичинде бири-бири менен байланышпаган бир нече топторго) кирген кичи институтташтырылбаган топтор карайт. Ф. т-дон айырмаланып, алар өз мүчөлөрүнүн жеке жөндөмдөрүнүн, кызыкчылыктарынын, муктаждыктарынын жакындыгына же окшоштугуна, ошондой эле персоналдар аралык байланыштар менен мамилелерге негизделет. Структуралашкан же татаал Ф. т. уюмдары – биргелешкен ишмердикти жүзөгө ашыруунун эң жайылган түрүн элестетет. Аларда эмгекти бөлүштүрүү гана эмес, функциялар менен жоопкерчиликтин бутактанган иерархиясы дагы, анын ичинде бул жана башка жамаат мүчөлөрүнүн жалпы аракетин рационалдуу багыттоого мүмкүндүк бере турган башкаруу жана аткаруу тармактарын жиктөө дагы орун алган. Бир өңчөй майда бирикмелерден – жөнөкөй, анча чоң эмес коомчулуктардан, кружоктордон, патронаждык-клиентелдик коомчулуктардан айырмаланып, – уюмдар татаал тутумга ээ. Алар өз кезегинде элементардык Ф. т. катары карай турган бир катар бөлүмдөрдү, тутумдуу билим берүү катары карай турган өз ара аракеттешүүнү камтыйт. Бул форма өзү өндүрүштүк, маданий жана коомдук чөйрөлөрдө универсалдуу жана жогорку эффективдүү структуралык бирдик болгондуктан, ал социология менен уюмдардын психологиясында, ага катар саясий илим жаатында партиялар менен кыймылдардын социологиясында атайын изилдөө предмети болуп калды. Ф. т-тун ишмердигинин жетишээрлик толук жана адекваттуу теориялык модели болбойт. Ал ортодо бир катар окумуштуулар тарабынан көрсөтмөчүлүк планда баалуу идеялар жана алдын-ала ыкмалар иштелип чыккан. XX к. башында М.Вебер формалдуу уюмдардын бюрократиялык-иерархиялык концепциясын сунуштаган, ал концепция үчүн: ишмердиктин максималдуу адистештирилиши, жетектөөчү функциялар менен жоопкерчиликти катаал иерархиялык бөлүштүрүү, бардык эрежелер менен процедураларды болушунча рационалдаштыруу жана формалдаштыруу муктаждыгы ылайык келген. Ошол эле мезгилде өндүрүштүк уюмдун дээрлик идеялары жагынан жакын административдик-технократтык моделин белгилүү америкалык инженер, эмгекти уюштуруунун өзгөчө тутуму катары тейлоризмдин баштоочусу Ф.Тейлор түзгөн. Жемиштүү функционалдык адистешүүгө катар эки концепция тең ыкманын механистикалуулугу менен бессубъективдүүлүгүн жакындаткан: биргелешкен ишмердик адамдык сапаттарга карата тийиштүү болбогон операциялар менен процедуралардын жыйындысы катары гана трактовкаланган. Ушул эле кемчиликтер уюмдун көп сандаган тутумдук теорияларын (А.Этциони, Р.Кан ж.б.) дагы бөлүштүрөт. Альтернатива катары көбүнесе баштапкы «адамдык мамилелер» доктринасы боюнча белгилүү болгон Э.Мэйо, К.Аргирис ж.б. сунуштаган уюмдун мотивациялык теориясы пайда болгон. Алар уюм өз мүчөлөрүнүн реалдуу муктаждыктары менен кызыкчылыктарын эске алуу аркылуу, адамдык табиятка ылайык гана ийгиликтүү иш жүргүзө алат деп болжолдошкон. Бул көз карашты колдогон Д.Макгрегор өз уюмунун борборуна ар бир адамдын өзүн-өзү өркүндөтүүгө аракет кылуу концепциясын койгон. 60-жж. аягынан тартып мотивациялык багыттын нугунда топтук ишмердикке карата болгон психосоциологиялык ыкма ийгиликтүү өнүтөт, алардын ойлоп чыгуусуна ар түрдүү илимдер менен методологиялык багыттардын адистери катышат. Аталган ыкма өзгөчө жемиштүүлүктү институциялашкан чөйрөнүн өзү сыяктуу эле, саясий топтордун (Й.Галтунг, Дэвис, Р.Фитцджеральд ж.б.) дагы саясатынын анализинен тап-

кан. Ф. т-тун көбүнчө чет өлкөлөрдө жүргүзүлгөн көп сандаган айкын изилдөөлөрү бир нече көйгөйлүү чөйрөлөрдү камтыйт. Биринчиден, Ф. т-тун анын максаттары менен милдеттерине көбүрөөк адекваттуу болгон эффективдүү уюшулган тармактарынын проблемалары иштелип чыгат, алар: эмгекти бөлүштүрүү жана аны координациялоо, жетекчилик, пландаштыруу-ну уюштурууда, оптималдаштырууда чечимдерди кабыл алуу ж.б. маселелер. Экинчиден, процесстер топтук жүрүм-турум менен топтук динамиканын концепцияларынын базасында тармакташкан Ф. т-тун элементтери болуп саналган майда топтордо изилденет. Үчүнчүдөн, саясий чөйрөгө карата колдонууда партия (кара: Саясий партия), кызыкдар топтор, басым кылуу жана топтордун теориясынын алкагында алар менен өз ара аракеттешүү сыяктуу Ф. т. үчүн маанилүү элементтер изилденет. Бул иштердин багытталышындагы белгилүү чектөө методология аркылуу шартталган. Объективдүү уюшулган тармактарды алардын иш жүргүзүүсүндө же баалуулук тутумдарын деперсоналдаштырып кароодо сүрөттөөгө багытталган алардын көпчүлүгүнө структуралар менен процесстер жөнүндө элестөөлөргө негизги бириккен инсандык чен-өлчөм ачык жетишпейт. Ал эми Ф. т-тун саясий изилдөөлөрүндө көбүрөөк кеңири социалдык база менен болгон алардын байланышы жана таптардын, катмарлардын ж.б. социалдык топтордун айырмачылыгы менен шартталган бөтөнчөлүк дагы жетишсиз каралган.

Формалдуу түрдө уюшулган топторду изилдөө акыры келип алардын жашоо жөндөмдүүлүгү үчүн формалдуу эмес байланыштар менен мамилелердин, ошондой эле оң өзгөрүүлөрдү стимулдаштыра турган активдүү, динамикалуу башталыш – өз алдынча чыгармачылык фермент катары чыккан инсандык фактордун толук мааниси жөнүндөгү жетишээрлик пародоксалдуу жыйынтыгына алып келди. Тармак канчалык катаал жана чоң болсо, алардын ролу ошончолук маанилүү. Формалдашкан тармактардын кризиси жана аларга болгон ишеним жоголгон маалда аларга Ф. т-тордун саны ар кандай түрдө уюшулган уюмдардын ичиндеги сыяктуу ага катар дагы адаттан тыш көбөйөт. Алардын көбү коомдук колдоого жетишишет, алгач протопартиянын – болочок саясий уюмдун же партиялык фракциянын функциясын аткаруу менен саясатташышат. Азыркы шарттарда айрым дискуссиялык клубдар, тилдик жана маданий кружоктор менен коомдор, диний белгилери боюнча конфессиядан тышкаркы бирикмелер ушундай. Бийлик институттарынын ичиндеги формалдуу эмес кландык, жердештик, патронаждык-клиентелдик ж.б. буларга окшогон топтор чоң мааниге ээ болот. Бир катар өлкөлөрдө алар партияларга салыштырмалуу чоң саясий салмакка ээ болушат, ал эми көп партиялуулуктун өзү мындай кырдаалда алардын ортосундагы таасирди бөлүштүрүүнү чагылдырат. Мындан тышкары бизде жана чет өлкөдө анын окурман аудиториясынын негизинде тигил же бул басма сөз органынын айланасына чогула турган институтташтырылбаган саясий агымдардын ролу жогорулайт.

ФОРМАЦИЯ (лат. formatio – түзүлүш) – кандайдыр бир кубулуштун же процесстин өнүгүүсүндөгү белгилүү баскычы, стадиясы. Коомдук-экономикалык Ф. – бул берилген тарыхый баскычтагы туруктуу экономикалык мамилелердин белгилүү жыйындысы менен мүнөздөлгөн адамзат коомунун өнүгүүсүндөгү баскыч; ушул экономикалык мамилелерге негизделген *саясий система*, коомдук жана мамлекеттик түзүлүш. Ар бир коомдук-экономикалык Ф-нын негизин анын экономикалык структурасы түзөт. Анын системалаштырылган фактору болуп, өз кезегинде, берилген коомго таандык жана тарыхый аныкталган материалдык жыргалчылыкты өндүрүүнүн системасы менен шартталган өндүрүш мамилелери эсептелет. Коомдук-экономикалык Ф-нын пайда болуу, өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрү, тарыхый типтери жана өзгөчөлүктөрү *К.Маркс* тарабынан ачылып, формулага келтирилген. Марксизмде төмөндөгүдөй коомдук-экономикалык Ф. көрсөтүлгөн: алгачкы коомдук, кул ээлөөчүлүк, феодалдык, капиталисттик жана коммунисттик. XIX к. аягы XX к. биринчи жарымында марксисттик тарыхый доктрина болуу менен бирге Ф-лык теория адам коомунун өнүгүү тарыхынын мезгилине бөлүнүшүнүн негизги концепциялык

жолдорунун чектерин аныктаган. Ушул эле мезгилде саясий илимде адам коомунун өнүгүү процессин салыштырып, тарыхый анализдөөдөн бара-бара *саясий процесстерди* алардын динамикалык бүтүндүүлүгүндө, социалдык процесстер жана адамдардын жүрүм-турумунун психологиялык себептери менен түздөн-түз өз ара байланышында изилдөөгө өтүү ишке ашкан. Бул өз кезегинде бүгүнкү күндөгү процесстин философиялык, социологиялык жана технократтык концепцияларынын пайда болушуна алып келген. Азыркы учурда цивилизациялык концепция көбүрөөк өнүгүүгө жетишкен. Ал коомдук турмуштун формациялык концепция, айрыкча анын советтик баяндоосунда жокко чыгарылган жактарына көңүл бурдурууга жөндөмдүүлүгү менен айырмаланат. Цивилизациялык жолдун жактоочулары коомдук өндүрүштү анализдөөдө маданияттын, инсандын баалуулук көрсөткүчтөрүнүн, жүрүм-турумдук стереотиптеринин активдүү ролдорун эске алышат. Марксисттик тарыхый доктринанын кризиси менен коштолгон социализмдин дүйнөлүк системасынын кулашы формациялык жол такталып жана бүгүнкү күндөгү жалпы цивилизациялык, социологиялык жана *футурологиялык* концепциялар менен кошумчаланышы керектигин көрсөтөт.

ФРАКЦИЯЛАР, саясий (fractio – бүлүнүү, жиктелүү) – саясий *партиянын* обочолонгон болүгү, партиянын негизги принциптик жалпы же жеке жоболоруна карама-каршы өздүк ураандарынын астында аракет кылышат же *саясий программасы* менен чыгышат. Ошондой эле бул түшүнүк бийликтин өкүлчүлүк органдарындагы кайсы бир партиянын өкүлдөрүнүн тобунун жүрүм-турумун жана аракеттерин аныктоо үчүн колдонулат. Ф. бир *саясий платформада* же бирдиктүү уюмда түрдүү *саясий кызыкчылыктагы* жана партиянын жалпы максаттарына жана милдеттерине жетүүнү түрдүүчө түшүнгөн топтордун сакталышына мүмкүндүк берет. Башкача айтканда, Ф-дын өкүм сүрүшү саясий партиянын социалдык жана коомдук негизин кеңейтүүнүн каражаты болуп саналат. Андан тышкары, партияларда Ф-дын болушу, алардын бирге өкүм сүрүшү, уюмдагы *лидерлик* үчүн ар дайым атаандашуу жана күрөшүү жалпы принциптер менен биргелешкен түрдүү топтордун кызыкчылыгынын чагылуусу болуп, кандайдыр бир деңгээлде партияда бир Ф-нын саясий кызыкчылыктардын бир тобунун үстөмдүгүнө жол бербейт, теориялык талаш-тартыштарды жана *саясий программаларды* иштеп чыгууга түрткү берет. Кээ бир убакта Италиянын Христиандык-демократтык партиясында өз алдынча аракет жасаган 15ке жакын Ф. болгон. Бирок дал ушул *автономия* шайлоо кампанияларынын мезгилинде партияны чыңалдырат да, католик-коммунисттерден католиктик фундаменталисттерге чейинки түрдөгү саясий топтордун колдоосун камсыз кылат. Ф. деп парламенттен баштап жергиликтүү бийлик органдарына чейинки бардык деңгээлдеги бийликтин өкүлчүлүк органдарындагы тигил же бул партиянын өкүлдөрүнүн тобу аталат. Мындай Ф-дын жашап турушу эреже катары, партиянын уюмдук принцибинен жана мүнөзүнөн көз каранды. Парламенттик типтеги партияларда өкүлчүлүк органдарындагы фракциясы партиянын анча көп эмес дайым өкүм сүрүүчү органдарынын бири, көп учурда – партиялык механизмдин функция кылуусунун негизи болуп эсептелет. Ф-дын аны түзгөн партия менен байланышы партиялык курулуштун уюмдук принциптеринен көз каранды.

ФРАКЦИЯЧЫЛЫК – саясий партиянын ичинде *фракциянын* түзүлүүсү жана иштөөсү. Ф-нын эң негизги белгилери болуп – фракциянын мүчөлөрү тарабынан коюлган өзгөчө саясий-идеялык платформанын жана топтук тартиптин болуусу эсептелет.

ФРУСТРАЦИЯ (лат. frustratio – 1) алдоо, жаңылтып жиберүү; 2) иш ордунан чыкпай калуу; 3) курулай үмүт) – *саясий психологияда* – коомдук-саясий ишмердүүлүктүн ички жана сырткы сүроттөлүшүнүн туура келишпегендигинин натыйжасындагы дискомфорт абалы.

ФУНДАМЕНТАЛИЗМ – тигил же бул идеяларга, баалуулуктарга жана максаттарга баш-оту менен берилгендиги менен айырмаланган идеология жана саясат. Саясатта көп учурларда «башкача ойлонгондорго» карата террор жана зомбулук колдонуу менен коштo-

лот. Башында протестантизмдеги чектен чыккан консервативдик агым катары XX к. башталышында пайда болгон. Азыркы мезгилде айрым ислам өлкөлөрүндөгү саясаттын аныктоочу мүнөзү катары чыгууда (ислам Ф.).

ФУТУРОЛОГИЯ (лат. futurum – келечек, logos – сөз, окуу) – коомдук турмуштун ишмердүүлүгүнүн түрдүү чөйрөлөрүндө, максаттарында жана адамзаттын келечегиндеги процесстердин мүмкүн болгон динамикасы тууралуу теориялык изилдөөлөрдүн, илимий билимдердин, социалдык алдын-ала айтуулардын жана элестетүүлөрдүн области. Көп учурда прогноздоонун синоними катары колдонулат. Ф. терминин 1943-ж. немец социологу О.Флехтхейм илимге киргизген. Ф. түшүнүгү коомдун турмушунда батыш социологдордун жана философтордун адамзаттын келечегин, боло турган өзгөрүүлөрдүн моделин жана сценарийин анализдөөнүн жаңы ыкмаларын иштеп чыгууга мажбур кылган сапаттык жаңы кубулуштардын, процесстердин, өзгөрүүлөрдүн пайда болушу менен шартталган. Ф. келечекти түзүү жана изилдөө катары 60-жж. ортосунан тартып калыптана баштады. Эл аралык Ф-лык борборлор жана институттар түзүлүүдө: «Келечекти изилдөөнүн бүткүл дүйнөлүк федерациясы», «Келечекти изилдөөнүн Нордикалык коому», «Дүйнөлүк вахтанын институту», «Рим клубу», «Адамзат 2000», «Ысык-Көл шеринеси». Көп өлкөлөрдө да ушундай эле уюмдар келип чыгууда: «Жакынкы 30 жылдыктын комиссиясы» (Улуу Британия), «Футурибль» (Франция), «Келечектеги изилдөөнүн коому» (Германия). Азыркы мезгилде дүйнөдө Ф-лык изилдөөлөрдү иш жүзүнө ашырган 1500дөн ашык коом, уюм, борбор жана институттар бар. Алардын ичинен 600дөн ашыгы АКШда жайгашкан. Алардын эң ирилери: Стенфорд жана Гудзон институттарынын борборлору, Портланд, Принстон жана Түштүк Калифорния университеттеринин алдындагы келечектеги изилдөө борборлору. Нью-Йорктогу дүйнөлүк тартиптин институту ж.б. Келечектин проблемаларын изилдөө АКШнын мамлекеттик департаментинин бөлүмдөрүндө, көптөгөн корпорацияларда, ири банктарда ж.б. жүргүзүлөт. АКШда гана Ф-лык программаларга жыл сайын миллиарддаган долларлар чыгымдалат. Ф-лык концепцияларды иштеп чыгарууга ири экономисттер, философтор, социологдор, саясат таануучулар, математиктер, физиктер, көрүнүктүү мамлекеттик жана саясий ишмерлер тартылышат. Атайын журналдар: «Футурибль», «Футурист» ж.б. басылып чыгарылат, көптөгөн белгилүү адабияттар жарыяланат. Эң эле көрүнүктүүсү болуп О. Тоффлердин «Футуршок» (1971) эсептелет. Бүгүнкү күндөгү Ф-лык изилдөөлөрдүн актуалдуулугу төмөнкү себептер менен шартталган: 1) социалдык прогноздоштуруунун методологиялык принциптерин (альтернативдик, системалуулук) иштеп чыгуу, прогноздорду түзүү ыкмаларын селекциялоо жана колдонуу жалпы илимий мааниге ээ; 2) Ф. бүгүнкү күндөгү кырдаалдардын маанилүү өнүгүү тенденцияларын изилдейт жана келечекте проблемалардын келип чыгышын алдын-ала айтып берет; 3) Ф. коомдук аң-сезимдин калыптанышына таасир тийгизген жана жагымдуу социалдык идеалды түзүүгө багытталган, батыш социологиянын жана философиянын абдан динамикалык области. Ф-лык изилдөөлөрдүн борборунда төмөндөгүдөй маселелер жатат: социалдык түшүнүүнүн жана прогноздоонун методологиялык принциптери; келечектеги коомдун жана *конвергенциянын* модели; социалдык прогресстин критерийлери, утопиядагы прогресстин орду, «технологиялык жана маалыматтык жарылуулар», ИТР жана агартуунун феноменин изилдөө; глобалдык проблемалар; келечекке карата мамилени калыптандыруудa *идеологиянын* ролу; Ф-лык теориялардын классификациясы ж.б. көп мааниге ээ экендигинен улам Ф. «Келечекти изилдөө» деп каралат.

Х

ХАДИС (араб. – сөз) – *Мухаммед пайгамбардын* айткан акыл-насаат сөздөрү менен анын жорук-жосундары жөнүндө Иснад кийирген баян. Х-тердин алты негизги жыйнактары бар. Ал жыйнактар Х. чогулткан адамдардын

атынан коюлган. Алар: Бухарий, Муслим, Тирмизий, Абу Дауд, Ибн Маажа, Ахмад. Мухаммед пайгамбардын мусулмандарга, коомчулукка айткан үгүт насааттары Х. деп аталат. Х-ти, *сүннөт* деп да аташат. Бирок, Х. менен сүннөт айырмаланат. Сүннөт, пайгамбардын кылган нерселери, үлгүлүү жүрүм-туруму жана насааттары. Ал эми, Х. айтылган насааттары. Х. өзүнчө илимдин тармагына айланган. Х. илиминин усулдары жана теориялары бар. Х. *Куран*дан кийинки эле мусулмандар үчүн маанилүү болуп эсептелет. *Куран*дын кээ бир аяттарына Х. түшүндүрмө берет.

ХАЙЕК Фридрих фон Август (1899–1992) – австриялык экономист жана саясат таануучу. Х-тин кээ бир экономикалык идеялары анын белгилүү китеби «Кулчулдукка жол» негизги болуп калган. Бул эмгегинде Х. *тоталитаризмге* экономикалык пландоонун көрө билбеген кесепети катары карайт да, классикалык *либерализмдин* баалуулугуна көңүл бурат. Ал белгилүү мамлекеттик активдүүлүктү көңүлгө алат, бирок аны *мыйзамдын* бийлиги жөнүндөгү идеяга ылайык чектөө зарыл деп эсептейт. 1960-ж. Х-тин «Эркиндиктин конституциясы» аттуу негизги эмгеги жарык көргөн. Анда ал жарандардын материалдык пайдасы жана кичине мажбурлоо – классикалык, либералдык, социалдык тартиптин мүнөздүү белгилери деп көрсөткөн. Бул китептен соң «Мыйзам, *мыйзам чыгаруу* жана эркиндик» (1973–79) аттуу үчилтиги басылып чыккан. Бул эмгегинде Х. классикалык либерализмди эволюционизм идеялары менен бириктирип, укуктук позитивизмге чабуул коёт. Ал социалдык акыйкаттуулук идеясын жокко чыгарып, өз көңүлүн акыйкаттуулукту – мыйзамды жана орнотулган укуктарды сыйлоо сыяктуу адаттагыдай түшүнүүгө басым жасаган. Х. ошондой эле кызыккан топтордун плюралисттик саясатын сынга алган. Ал рынок тартибинин стабилдүүлүк проблемасын талкуулап, бийликти жаңыча бөлүштүрүүнү кошуп, өнүктүрүлгөн либералдык түзүлүш үчүн *радикалдуу* чараларды сунуш кылган.

ХАЛИФ (араб. – орун басар) – *мусулман* жамааты жана теократиялык мусулман мамлекетинин башчысы, бир катар мусулман мамлекеттеринде – *мамлекет* башчысынын аталышы. Х. – Алла-Тааланын элчиси *Мухаммеддин* мурасчысы делет. Чындыгында Х-дер дүйнөдөгү мусулмандардын башчысы катары каралган. *Суннизмде* Х. наамы имам же башкаруучулар менен бирдей, ал эми *шиизмде* Х. наамы колдонулбай, имам же имамат колдонулат.

ХАЛИФТИК, ХАЛИФАТ – араб. орун басарлык б.а. *Кудай*дын жердеги орун басары дегенди билдирет. Теократиялык *бийлик* институту, ал *ислам*дык *сунниттерге* мүнөздүү. VII к. пайда болгон араб-мусулман мамлекеттеринин кеңири таралган аталышы, мусулмандардын феодалдык диний бийлигинин топтому. Жарандык жана диний бийлик халифтин колунда топтолгон.

ХАН (түрк.) – түрк жана монгол элдериндеги феодалдык башкаруучунун титулу. Мурда кыргыздардын шайланган уруу башчыларын да Х. деп аташкан: Ормон-хан, Канат-хан ж.б.

ХАНАФИЙ МАЗХАБЫ – VIII–X к. Ираста калыптанган *сунниттердин* диний-укуктук мектептеринин – *мазхабдарынын* жолун жолдоочулар. Х.м. өзүнүн эң либералдуулугу жана ийкемдүүлүгү менен айырмаланып, жергиликтүү элдердин салт-санаасын эске алуу менен кеңири тараган. Борбордук Азия өлкөлөрү сыяктуу эле Кыргызстанда Х.м. үстөмдүк кылуучу багыт болуп эсептелет. Х.м-нын жол башчысы болуп Имам Азам Абу Ханифа эсептелинет.

ХАНБАЛИ МАЗХАБЫ – укуктук жактан *ислам* динин тутунгандар тарабынан карманган багыт. Исламдагы төрт мазхабтын биреөсү. Бул *мазхабдын* негиздөөчүсү Имам Ахмад бин Ханбал. Имам Ахмад, хадистерди топтоштуруп жана аны китеп кылып жазган. Анын хадис китеби Муснад деп аталат. *Ислам* тарыхында маанилүү, абройлуу аалым болуп эсептелет. Х. м. негизинен Саудия Аравиянын калкы тутунат. Ошондой эле, араб өлкөлөрүндө да таркалган. Бул мазхабдын башка мазхабдардан өзгөчөлүгү улуттук каада-салттар исламга каршы келбесе да дин тарабынан тыюу салынат.

ХАНТИНГТОН Самуэл (1927–2008) – америкалык саясат таануучу. 1984-ж. саясий илимдердин америкалык ассоциациясынын

вице-президенти, 1985-ж. президенти болуп шайланган. Х. структуралык функционалдык ыкманын негизинде жаткан өнүгүү концепциясына негизги көңүлүн бурган. Ал социо-экономикалык модернизациядан саясий өнүгүүнүн бөлүнүп чыгышында зор ролду ойногон. Институттардын начарлашы жана кулашы, алардын пайда болушу, өнүгүшү жана жетилиши – Х-дун изилдөөсүндөгү негизги проблемалардын бири. «Өзгөрүлүүчү коомдордогу саясий тартип» китебинде (1968) ал бир жагынан болуп жаткан модернизациялоо процесстеринин, экинчи жагынан – адаттагы, өткөөл же бүгүнкү күндөгү саясий структуралардын күчү, стабилдүүлүгү же алсыздыгынын ортосундагы «эквиваленттик өз ара аракеттерге көңүлүн бурган. Х-го ылайык саясий уюмдарды жана процесстерди «институтташтыруу» – саясий өнүгүүнүн критерийи болуп саналат. Жакшы институтташтырылган мамлекеттик түзүлүшкө ылайыкташуунун, автономиянын жана келишүүчүлүктүн жогорку деңгээли таандык. Жалгыз гана ушундай түзүлүш дайыма өзгөрүп туруучу социалдык максаттарга ылайыкташууну камсыз кылат.

ХАРИЗМА (гр. charizma – жыргалчылык, кудайдын белеги). Термин *М.Вебер* тарабынан үстөмдүктүн идеалдык типтеринин концепциясын анализдөө үчүн Католиктик теологиядан алынган. Ал саясий *бийликке* ээ болуу үчүн негиз болгон *инсандын* айрыкча касиетин; бул же тигил индивиддин коомдо пайгамбардын, жол башчынын же реформатордун функциясын аткарууга мүмкүндүк берүүчү касиеттерине негизделген *лидерликтин, легитимдүүлүктүн*, бийликти уюштуруунун артыкча тибин билдирет. Бийликтин бул тиби коомдун бир тибинен (салттык) экинчисине (рационалдык) өтүүдөгү катализатордун функциясын аткарат. Вебер боюнча өткөөл мезгилде харизматикалык жол башчы коомду *революциячыл* жаңыртуунун башкы кыймылдаткычы болуп саналат. Себеби, анын *авторитети* жана таасири өткөн менен байланышпаган, ал эми акын массалар менен эмоциялык байланышы мындай лидерди аларды социалдык жаңыртуу милдеттерин чечүүгө мобилизациялоого жөндөмдүү кылат. Ошондуктан Х. белгилүү максаттарга жетүүгө коомдун бардык күчтөрүн мобилизациялоону талап кылган ири коомдук өзгөрүүлөрдүн – революция, согуш, ири социалдык *реформалардын* мезгилинде келип чыгат. Лидерликтин харизматикалык тиби ыкчамдатылган модернизациялоо – кууп жетүү өнүгүүсү боюнча жүргөн артта калган же өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн мүнөздүү. Ушуну менен бийликтин тибинин аз убакытта өкүм сүрүүсү түшүндүрүлөт: өзүнүн тарыхый миссиясын аткарып бүткөн соң Х. бара-бара башкаруунун рационалдык уюштурулган структураларында сиңип жок болот. Х-нын социалдык базасы болуп, анча өнүкпөгөн, «жол башчыга» баштан аяк иштеген, жогорку *саясий маданиятка* ээ эмес кеңири масса саналат. Саясаттагы харизматикалык лидердин мүнөздүү белгилери: демократиянын жоктугу же формалдык түрдө гана болуусу, лидердин жалгыз бийликке, керт башына сыйынтууга умтулуусу, башкача ойлогондорго каршы физикалык жана моралдык репрессияларды актоо үчүн ички жана тышкы душмандарды издөө.

ХАРТИЯ (гр. cbartes – кагаз, сыйбарак) – 1) орто кылымдагы (мис., 1215-ж. Эркиндиктин улуу Х-сы) жана кийинки учурдагы (мис., Улуу Британиядагы 1838-ж. Элдик Х.) саясий мүнөздөгү жарыя-укуктук документ; 2) эл аралык укуктагы кадимки жарнактын түгөй түшүнүгү – жалпы принциптер менен максатты гана тариздеп, адатта милдеттүү күчкө ээ болбогон эл аралык акт (мис., 1985-ж. 15-окт. Европа Бирлиги тарабынан кабыл алынган *Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун европалык Х-сы*).

ХЕЛЬСИНКИ ПРОЦЕССИ – тынчтыкты, коопсуздукту жана кызматташтыкты камсыз кылуу принцибинде эл аралык мамилелердин европалык тутумун кайра куруу процесси. Анын башталышы СССРдин демилгеси менен түзүлгөн Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешмесинин жыйынтыктоочу актысында белгиленген, жыйынтыктоочу стадиясы 1975-ж. Хельсинкиде болуп өткөн. Кеңешмеге 33 европалык өлкөлөрдүн, ошондой эле АКШ жана Канаданын жетекчилери катышышкан. Эл аралык мамилелердин

кыйындагандыгынын басаңдаган шартында жыйынтыктоочу актыга кол коюу мүмкүн болгон. Ал *«кансыз согуштун»* токтотулуусуна жана анын кесепеттерин жок кылууга түрткү болгон. Х. п-нин чегиндеги көп жактуу *сүйлөшүүлөр* кеңири көйгөйлөрдү камтыйт: Европадагы коопсуздук маселелери (мамлекеттер ортосундагы мамилелердин принциби, коопсуздуктун аскердик аспектилери); экономика, илим, техника жана айлана-чөйрө жаатындагы кызматташтыктар; Жер Ортолук деңиз аймагындагы коопсуздук жана кызматташтык маселелери; гуманитардык ж.б. тармактардагы кызматташтыктар. Процесстин өнүгүүсүндөгү маанилүү кадам болуп 1990-ж. Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча Париж кеңешмеси эсептелет.

ХИЖАП (араб. – *мусулман* аялдарынын авратын жаап кийинүүсү) – мусулман аялдары көчөгө чыгар алдында бүткүл боюн жашыра турган жабуу, кийинүү. *Ислам*да аялзатынын жүзү жана билегинен колунун учуна чейинки дене мүчөсүнөн башка жеринин баары аврат деп эсептелинет. Х. *ислам дини* пайда болгонго чейин эле тарыхта белгилүү болгон. Мис., *иудаизм* жан *христиан* диндеринде да динди бекем тутунган аялдар Х. кийишкен. Х. Орто Азия элдерине кеңири тарап, анын ичинде кыргыздарга да таасирин тийгизген. Ал кыргыздардын улуттук элечегинен байкалат. Болгон айырмасы исламда Х. кыз кишиге балакатка жеткенден баштап милдеттүү болсо, кыргыздарда элечек күйөөгө чыкканда гана милдеттүү болгон. Биринчи жолу Х-дан ачык баш тартуу XIX к. 70-жж. Египетте башталып, *мусулман* өлкөлөрүндө демократташтыруу үчүн болгон күрөштүн ураандарынын бири болуп калса да, азыркы консервативдүү агымдар Х-ды исламдык этиканын зарыл элементтеринин бири деп кароодо. Азыр мусулман өлкөлөрүндө Х-дын жеңилдетилген түрүн колдонуу айрыкча жаштар арасында кеңири тароодо.

ХИЖРА (араб. – көчүү, кетүү) – *Мухаммед* 622-ж. Меккеден Мединага көчкөн жыл. Ушул жылдан баштап ай календарына негизделген *мусулман* жыл санагы башталган. 2014-ж. Х-нын 1435-ж. туура келет. Х. Жыл санагында 12 ай бар: Мухаррам, Сафар, Раби аль-авваль, Рабиас-сани, Джумада аль-уля, Джумада ас-сани, Ражап, Шаабан, Рамазан, Шаввал, Зуль-када, Зуль-хижжа.

ХИПИК (HIPC) – алдыңкы финансылык институттардын сунушу менен дүйнөдөгү кедей өлкөлөрдүн карыздарын жоюу демилгеси. 2005-ж. Лондон шаарында 8 мамлекеттин каржы министрлери кедей мамлекеттердин карыздарын жоюу үчүн келишим түзүшкөн. Карыздын көлөмү 40–55 млрд долларды түзөт. Үнөмдөлгөн каражаттар ошол өлкөнүн социалдык абалын өнүктүрүүгө жумшалат.

ХОЛОКОСТ (англ. holocaust, бай.гр. ὁλοκαύστος – «жалпы өрттөө») – тар мааниде – экинчи дүйнөлүк согуш учурунда Германияда, алардын союздаштарынын жана алар тарабынан оккупацияланган территорияларда жашаган жөөттөрдү куугунтуктоо жана массалык түрдө жок кылуу; 1933–1945-жж. аралыгында улутчул Германия жана коллаборационисттер тарабынан европалык жөөттөрдү системалуу куугунтуктоо жана жок кылуу. Кең мааниде – фашисттик Германиянын мезгилинде улутчулдар тарабынан ар кандай этностук жана социалдык топтордун (советтик согуш тутқундары, поляктар, жөөттөр, цыгандар, гомосексуалдык эркектер, масондор, катуу оорулуулар жана майыптар) өкүлдөрүн куугунтуктоо жана массалык жок кылуу.

ХРИСТИАН ДИНИ – *ислам* жана *буддизм* сыяктуу дүйнөлүк диндердин бири, б.з. I к. Рим империясынын *мамлекеттик* динине айланган. Х. д. Европа, Америка, Австралия өлкөлөрүндө, ошондой эле активдүү миссионердик иш-аракеттин натыйжасында Африка, Жакынкы жана Ыраакы Чыгыштын кээ бир райондоруна тараган. Х.д. жактоочулардын саны 1 млрд адамдан ашат. Иудаизм жана исламдай эле Х.д. монотеисттик динге кирет. Х.д. негизги идеясы – Иисус Христостун күнөөдөн арылтуу миссиясы. Х.д-нин догмалык негизин *Библия* түзөт. Бул диндин негизги тармактары: *католицизм, православие, протестантизм.*

ХРИСТИАНДЫК СОЦИАЛИЗМ – социалисттик идеологияны жана тажрыйбаны

негиздөөчү азыркы христианчылыктагы көп сандаган агымдар.

ХРИСТОС – диний миф боюнча *христиан динине* негиз салуучу. Б.з. II к. аягында жалпы жолунан калыптанып калган христиан окуусу боюнча Иисус Христос адамдарды күнөөдөн «арыптуучу», кудай уул, жаңы динди үгүттөөчү.

ХУНТА (исп. junta – чогулуш) – төңкөрүштүн натыйжасында зордук-зомбулук жолу менен *бийликке* келген жана *террордук* методу менен диктатордук башкарууну жүргүзгөн аскерлер тобу. Испан тилдүү өлкөлөрдө Х. деп – уюмдарды жана мамлекеттик органдарды аташат.

Ц

ЦЕНТРИЗМ (лат. centrum – борбор) – Ц. түшүнүгү Улуу Француз буржуазиялык революциясынын убагындагы өкүлчүлүк орган – парламентти үч чоң фракцияга бөлүүнүн классикалык европа салтына таандык. Алар өкүм сүргөн *бийликке* жана анын саясатына карата мамилесине жараша бөлүнгөн: оңчул, борбор, солчул. Борбор бирде солчул (радикалдык), бирде оңчул (консервативдик) *партиялардын* катарына өткөн, ортозаар саясатты жүргүзүүгө умтулган бийликти билгизген. Макулдашуучулуктан, бул саясаттын принциптүүлүгүнөн «саз» деп атап коюшкан. XX к. Ц. (борбордук) идеалык-саясий агым катары жетектөөчү орундардын бирин ээлеген. Мамлекеттик деңгээлде бул тенденция саясий күчтөрдүн шайлоонун натыйжасында саясий бийликке ээ болгон жана башкаруучу партия менен бирдикте каолициялык саясатты жүргүзгөн саясий партиялардын айланасына топтолуусу менен мүнөздөлөт. Партиялык деңгээлде бул мыйзам ченемдүүлүк өзүлөрүнүн программаларынын айланасына болушунча көп калкты бириктирүүгө умтулган центристтик уюмдардын түзүлүүсүндө байкалат. Буга Финляндиянын борбордук партиясы мисал боло алат. Ц. мелүүн социалдык топтордун идеологиясынын жана саясатынын көрүнүшү катары түрдүү коомдук-саясий кыймылдарда анын ичинде жумушчу, социал-демократтык (каутскиандык) кыймылдарда ишке ашкан. Центристтик саясат – аны жүргүзүүдө чоң тажрыйбалуулукту жана чебердикти талап кылган саясий ишмердүүлүктүн татаал түрү.

ЦИ же Юанци – Кытай натурфилософиясынын негизги түшүнүгү. Алгачкы мааниси – «аба», «буу», «дем». Өтө кеңири мазмуну – алгачкы материя, жаратылыштын негизги материясы, «жашоонун күчү» ж.б. *Конфуций окуусунда* жана *неоконфуций» окуусунун* көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири *Чжу-Синин* эмгектеринде дүйнө – Ц-ден жаралат. Ц-нин жеңил жана таза бөлүгү өйдө көтөрүлүп, асманды жаратат. Биринчиси – янци, экинчиси – инци деп аталат. Булардан тышкары дагы беш Ц. бар же болбосо беш алгачкы элементтер – «жаратылыштын стихиялары» бар: суу, от, дарак, темир, жер. Ин жана яндын же беш «стихиянын» гүлдөшү жана өлүмү жылдын төрт мезгилинин алмашышы менен жүрөт. Ц. түшүнүгү Конфуций, даосизм жана *легизм* окууларында кеңири колдонулат.

ЦИВИЛИЗАЦИЯ (лат. civilis – жарандык, мамлекеттик) – бир нече мааниде колдонулат: 1) маданияттын синоними. Материалдык маданият; 2) коомдун материалдык жана руханий өнүгүүсүнүн деңгээли жана тепкичтери. (Антикалык цивилизация); 3) коомдун варварчылыктан (жапайычылык) кийинки өнүгүү деңгээли; 4) терминдин азыркы мезгилдеги мазмунунда – өндүрүштүн, социалдык мамилелердин, *саясий түрмүштүн*, илимдин жана башка маданияттын элементтеринин өнүгүүсүнүн салыштырмалуу жогорку деңгээли менен айырмаланган дүйнөлүк прогресстин баскычы. Ц-нын өнүгүүсүнүн негизги мыйзам ченемдүүлүгү – жаңы муундар тарабынан мурда түзүлгөн баалуулуктарды жаңы шарттарга жана керектөөлөргө ылайык сындап, кайра иштетип чыгуу жолу менен өздөштүрүү. Ушунун жардамы менен Ц-нын этаптарынын ортосунда улантуучулук өкүм сүрүп, тарыхый прогресстин тенденциясы аракет кылат. Ар бир эл өзүнө ылайык дүйнөлүк Ц-нын казнасын байытат. Биздин өлкөнүн элдери дүйнөлүк маданияттын өнүгүүсүнө зор салым киргизип, Ц-ны

экинчи дүйнөлүк согуш жылдары фашисттик канкорлордон сактоодо, «кансыз согушту» токтотууда чечүүчү ролду ойношкон, биринчилерден болуп космоско жол салып, сабатсыздыкты жана массалык ооруларды жоюуда чоң жетишкендиктерге ээ болушкан. Ошол эле мезгилде өкүмчүл-администрациялык системанын үстөмдүгү менен байланышкан, узак убакытка созулган сенектик, дүйнөлүк Ц-нын бүгүнкү күндөгү алдыңкы чектерине чыгуусуна тоскоолдук кылып турган. Ц-нын өнүгүүсүнүн бүгүнкү күндөгү этабын түзгөндөр: бүгүнкү күндөгү коомдун турмушунун негизги сфераларынын органикалык бөлүгү катары камтылган жалпы адамзат баалуулуктары (адамдык мамилелердин гумандык башталышы, адамдардын тажрыйбалары жана ыктары, ыймандуулуктун «түбөлүктүү» нормалары, цивилизацияланган рынок, жалпы адамзат маданияты); илимий-техникалык революциянын жетишкендиктерине, интеграциянын, адистештирүүнүн, интернационалдаштыруунун учурдагы формаларына негизделген өндүрүш күчтөрдү; түздөн-түз коомдун өндүрүш күчтөрү болуп калган илим жана маданият; адамдын ар тараптан өнүгүүсүнө, анын жогорку ыймандуулугуна, маданияттуулугуна багытталган адамдардын жашоо жол-жобосу. Учурдагы Ц-нын *саясий баалуулуктары*: турмуштун демократиялык түзүлүшү, эркиндик, социалдык теңдик, акыйкаттык принциптерин, *укуктук мамлекеттин* негиздерин ырастоо жана камсыз кылуу, тынчтыкты сүйүүчүлүк *тышкы саясаттын*, элдердин ортосундагы өз ара сыйлоону ишке ашыруу, камсыз кылуу. Коомдук түзүлүштү жана саясий бийликти тандоо эркиндиги, *адам укугу* жана *эркиндиги* жөнүндөгү *Декларацияларды* жана Хартияларды тутуу – учурдагы Ц-нын мүнөздүү касиеттеринин бири. Ошол эле учурда Ц-нын өнүгүүсүнүн көптөгөн чечиле элек глобалдык жана регионалдык проблемалары орун алган. Анда гармониялуулук байкалбайт, курч карама-каршылыктар жана *кризистер* сакталууда. Куралдуу эл аралык *конфликттер* улантылууда, алардын жүрүшүндө адамдар курман болууда, ядролук *согуш*, *экологиялык катастрофа* коркунучтары сакталууда, энергетикалык кризис күчөөдө, *кылмыштуулук* өсүп, ыймандуулук деградацияга учуроодо, өнүккөн жана өнүгүп аткан өлкөлөрдүн ортосундагы бөлүнүү күчөөдө. Бул жана башка кризистерди жеңүүнүн негизги жолу – өкүм сүргөн *саясий системаларга* карабастан бардык өлкөлөрдүн жана элдердин аракеттерин карама-каршылыктарды чечүүгө, цивилизациялык каражаттар – *компромисс*, макулдашуу, келишим жолдору менен кыйынчылыктарды жоюуга бириктирүү. Прогресстин башкы булагы болуп бардык элдердин жана өлкөлөрдүн биринин-бирине тажрыйбасы менен байыган материалдык жана руханий өндүрүш эсептелет. Ошол эле учурда өздүк салттарды, адамдардын муундары тарабынан түзүлгөн баалуулуктарды эсепке албай туруп, бөлөк экономикалык, саясий, социалдык, культурологиялык ж.б. мамилелердин моделдерин көчүрүп алуу жакшы натыйжаларга алып келбейт.

Ч

ЧАКАН бизнес – чарбалык иш-аракеттерине өз алдынча ээлик кылуучу, бироонун көзүн карабастан өндүрүшүн уюштура билген *бизнестин* бир түрү. Бул чакан жана орто ишканалардын алкагында уюштурулуп, өндүрүштүн коммерциялык, соода иш-аракеттери менен алек болот. Ч. б-ке биринчи кезекте: көз карандысыз өз алдынча башкаруу мүмкүнчүлүгү, менчик капиталы, иш-аракеттеринин белгилүү бир жерде жүргүзүлүшү, тармакты бүт алганда өлчөмү салыштырмалуу чоң эмес экендиги (мис., АКШда Ч. б-ке 100 дөн кем эмес, ал эми иштеп чыгаруучу тармактарда 500 дөн төмөн адам иштеген ишканалар таандык) – мына ушул көрсөткүчтөрдүн жок дегенде экөөнө жооп берген ишканалар кирет. Ч. б-ти уюштурууда төмөндөгүлөрдү эске алуу өтө керектүү: артыкчылыгына иш-аракеттеринин өз бетинчелиги, жергиликтүү ж.б. шарттарга ылдам ыкташуу жөндөмдүүлүгү, күндөлүк чыгымдарынын салыштырмалуу төмөндүгү, капитал жүгүртүүнүн бир кыйла жогору болушу, кошумча жумушчу орундарын түзүү мүм-

күнчүлүгү, тез натыйжалуу (пайда табуу) ж.б. кошууга болот; кемчиликтеринe болсо финансылык жактан кездешүүчү кыйынчылыктарды, жекече жоопкерчиликке жана тобокелге барышы, контракт түзүүдө өнөктөрүнүн ишенимсиздиги, ресурстарды камсыз кылууда башка жактарга, фирмаларга жана мамлекеттик башкарууга көз карандылыгы сыяктуулар кирет. Эл аралык калыптанган бай тажрыйба боюнча *бизнес* чөйрөсүндө массалык суроо-талапка ылайык бир түрдүү продукцияларды чыгарган ири бирикмелерге, компанияларга багыт алуудан, тескерисинче, жаңы жана келечеги кең, анчалык чоң эмес көлөмдөрдөгү продукцияларды чыгарууга адистешкен чакан фирмаларга багыт алуу туура болуп эсептелет. Ири ишканаларга салыштырмалуу Ч. б-тин артыкчылыгы анын атаандаштыкка кыйла жөндөмдүү болушу, эң башкысы өзүлөрүнүн көлөмдөрү чектелген базарлардын (мис., тез жеткирүүнү жана билгичтикте, ыкчам сатууну талап кылуучу гүл базарларындагы иштер) калыптанышы же ал мекеме, ишканага керектөөчүлөрдүн өзүлөрүнүн баруу зарылчылыгынын болушу (чач-тарач, кафе, ресторан ж.б.), товарлардын жаңы түрлөрүн (мис., кийим-кече, бут кийимдер ж.б.) ыкчам чыгарууга өндүрүш процессин кайрадан жаңыча нукка салуу мүмкүнчүлүгү менен тыгыз байланыштуу болот.

ЧЖАН Цзай (1020–1077) – неоконфуций окуусунун негиздөөчүлөрдүн бири. Ч. окуусуна ылайык дүйнөдөгү жашап жаткандардын бардыгы алгачкы материядан – Циден пайда болгон. Жаратылыш – бул «тамыр», андан өсүп чыккан – аң-сезим. Цинин топтолушу жана таркалышы бардык көрүнүштөрдүн жана нерселердин жаралышын жана өлүмүн аныктайт. Ч-дын философиясында «дао» (жол) түшүнүгүнө чоң көңүл бурулган. Цинин өзгөрүү жана кайра түзүлүү процессин дао менен белгилеген. Алгачкы материянын (ци) кыймылы жана өзгөрүшү эки карама-каршылыктардын – оң көрсөткүч – ян жана терс көрсөткүч – ин (Ин жана Ян) – өз ара аракеттерине негизделет. Алардын биримдиги, Ч. ою боюнча даону түшүндүрөт. Жаратылыштагы кыймыл башаламан мүнөзгө ээ эмес, ал алгачкы материя циге таандык мыйзамдар (ли) аркылуу аныкталат. Мыйзам адамдын эркинен көз каранды эмес. Ч. окуусу неоконфуций мектебинин кийинки өкүлдөрү тарабынан айрымдары өнүгүүгө ээ болгон.

ЧЖУ Си (1130–1200) – Кытай философу, Сун доорундагы *неоконфуций* окуусунун көрүнүктүү өкүлү. Ч-нун эмгектеринде *конфуций* окуусунун идеялары системага келтирилген. Ч-нун окуусуна ылайык идеалдуу башталыш – ли – биринчи, ал эми материалдуу башталыш – ци – экинчи деп эсептелет. Ли форма жана сапатка ээ эмес, ошондуктан аны сезе билүү мүмкүн эмес. Ин жана *Яндын* дайыма алмашып туруу процессинин натыйжасында дүйнөнүн беш материалдык алгачкы элементтери пайда болот: суу, от, дарак, темир, жер. Ч. конфуций окуусунун этикалык-саясий багытын чечкиндүү колдогон. Адамдын «төрөлгөндүгү табиятын» идеалдуу башталыш – лиден деп билген. «Коомдук турмуштун негизин конфуцийдин этикалык-саясий көрсөтмөлөрүн так аткаруу түзөт» – деп түшүндүргөн. Кийинки мезгилдерде Ч. окуусу элге билим берүү системасынын негизин түзгөн.

ЧЖУАН Цзы (б.з.ч. 369–286) – Байыркы Кытай философу, даосизмдин негиздөөчүлөрүнүн бири. Анын өмүрү жөнүндөгү маалыматтар өтө аз. Ал Сун падышачылыгынын мезгилинде төрөлгөндүгү гана белгилүү. «Чжуан-цзы» трактаты притча, новелла жана диалогдор формасында жазылып, *Конфуцийдин* жана Мо-Цзы (Мо Ди) окууларына каршы багытталган. Ч. окуусунун негизин дао концепциясы түзөт. Дао – бул жашоонун маңызы, дүйнөлүк негизи, бардык заттар андан пайда болот да түбөлүктүү жашоонун айлампасында дайыма өзгөрүп турат. Жашоо – бул кыймылдын үзгүлтүксүз агымы. Бардык кубулуштар өзгөрүп жана өздөрүнүн карама-каршылыгына өтүп турушат: ысык муздайт, ийри түзөлөт ж.б. ушундан улам ар кандай сапатта дайыма салыштырмалуу болот. Ч. адамдардын табигый тендигин, жекече моралга ээ болуу укугун жактап, адамдардын «чоңдор» жана «жонокөйлөр» болуп бөлүнүшүнө, кулчулукка, бийликтин бетпактыгына каршы турган. Анын китебиндеги каармандардын арасында көптөгөн эмгекчилер, мыкты зергерлер бар. Ч. мындай деп билдирген: *Конфуций окуусунун «гумандуулук», «адилеттүүлүк»*, «милдет» сыяктуу этикалык принциптери адамдын чыныгы табигатына каршы, «колго алтынчы манжанын кереги жок» сыяктуу эле бул принциптердин адамга эч кереги жок. Ч-ды өзгөчө кызыктырган жашоо жана өлүм проблемалары болгон. «Дененин өлүшү менен адамдын жаны жоголот» – деп чечкен Ч.

ЧИНАЛИЕВ Улукбек Кожомжарович (1946-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору (2004), профессор.

Жалал-Абад облусунун Ноокен районуна караштуу Ленин-Жол айылында төрөлгөн. 1971-ж. Н.Бауман атындагы Москва жогорку техникалык училищесин аяктаган. 1985-ж. Алма-Ата Жогорку партия мектебин бүтүргөн. Эл аралык академиянын мүчөсү (Калифорния, США).

1971–1981-жж. студенттик курулуучулар отрядынын республикалык штабынын комиссары, Кыргызстан ЛКСМ БКнын бөлүм башчысы, Кыргызстан ЛКСМ Фрунзе горкомунун катчысы. 1981–1983-жж. Кыргызстан Компартиясынын БКнын инспектору. 1983–1985-жж. Кыргызстан Компартиясынын Балыкчы горкомунун 1-катчысы. 1985–1991-жж. Кыргызстан Компартиясынын Фрунзе горкомунун 1-катчысы. 1991–1993-жж. КРнын Украинадагы Толук ыйгарымдуу өкүлү болгон. 1998–2001-жж. КРнын улуттук коопсуздук кызматында министрдин орун басары. 2001–2006-жж. КРнын Өзбекстандагы Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчиси. 2006–2010-жж. «Тоо-Таш» ААКнын директорлор кеңешинин төрагасы. 2010-ж. КРнын Россия Федерациясындагы Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчиси.

Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчи дипломатиялык даражасына ээ. Кырг.ССРнин Жогорку Кеңешинин 2 жолку чакырылышындагы депутаты, КПССтин XXVII жана XXVIII съезддеринин, КПССтин XIX партконференциясынын делегаты.

«Кыргызстан и Украина: общее и особенное в развитии политических структур» (1997), «Реализация принципа разделения властей в современном Кыргызстане» (1998), «Политические партии Кыргызстана» (1999), «Становление кыргызской государственности в переходный период» (2000), «Особенности формирования гражданского общества в Кыргызской Республике» (2001), «Кыргызстан на пути к демократии: трансформация политической системы» (2004) аттуу монографиялардын автору.

Кырг.ССРнин «Ардак белгиси» ордени, медалдар жана грамоталары менен сыйланган.

ЧИРКӨӨ (гр. kyriakë – Кудайдын үйү) – 1) христиан динине ишенгендердин диний ырым-жырымдарды өткөрүүчү жайы; 2) бирдей диний көз караштагы уюм же союз. Христиан дининдегилер XI к. экиге: чыгышы – грек-православиелик, батышы – римдик-католиктик болуп бөлүнүшкөн. XVI к. Батыш Европада реформациялык кыймылдардын күчөшүнүн негизинде, католик чиркөөлөрүнөн: лютеран, кальвинизм, англикан жана башка чиркөөлөр бөлүнүп чыккан.

ЧОҢ ЖЫЙЫРМА (англ. расмий аталышы – The Group of Twenty, major advanced and emerging economies, G20 же G-20, орусча – Большая двадцатка) – экономикасы кыйла өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн өкмөттөрүнүн жана борбордук банктарынын жетекчилеринин форуму. Уюштуруу конференциясы 1999-ж. 15–16-декабрда Берлинде өткөн. Топ өндүрүштүк жактан өнүккөн жети алдыңкы мамлекеттердин каржы министрлеринин демилгеси менен – Улуу Британия, Италия, Канада, АКШ, ГФР, Франция жана Япония – өнүккөн мамлекеттер менен экономикалык жана каржы саясат маселелери боюнча диалог түзүү үчүн түзүлгөн. Эл аралык каржы тутумуна тиешелүү маселелер боюнча кеңеш берүү жана кызматташтыктын форуму болуп саналат. 2008-ж. чейин топ жогорку деңгээлдеги саммиттерди өткөргөн эмес, анын ишмердүүлүгүнүн негизги формасы каржы министрлеринин жана борбордук банктардын жетекчилеринин деңгээлинде жыл сайын өткөрүлгөн жолугушуулар болгон. Азыркы учурда Ч.Ж. катышуучулары болуп 19 ири улуттук экономика – Австралия, Аргентина, Бразилия, Улуу Британия, Германия, Индия, Индонезия, Италия, Канада, Кытай, Мексика,

Россия, Сауд Аравия, АКШ, Түркия, Франция, Түштүк Корея, ТАР, Япония жана Европа союзу саналат. Европа союзу төрага катары көрсөтүлгөн. Мындан тышкары, G20 ишмердигине ар кандай эл аралык уюмдардын өкүлдөрү, алардын ичинде Финансылык туруктуулук боюнча кеңеши, Эл аралык валюта фонду, Бүткүл дүйнөлүк соода уюму, БУУ жана Дүйнөлүк банк катышышат.

ЧОҢ СЕГИЗ – (англ. расмий аталышы Group of eight, G8, орус. – Большая восьмерка) – эл аралык клуб, эл аралык уюм болуп саналбайт, ал эл аралык келишимде негизделген эмес, уставы жана катчылыгы жок. Клубдун чечимдери мүчө-мамлекеттер үчүн атайын күчкө ээ эмес. Бул клуб G6 форматында Франция президентинин демилгеси менен Рамбуйе сарайында 1975-ж. 15–17-ноябрда Франция, АКШ, Улуу Британия, Германия, Италия жана Японияның мамлекет жана өкмөт башчыларынын кеңешмесинде түзүлгөн. 1976-ж. «G6» курамына Канаданы кошуу менен G7, ал эми 1991–2002-жж. Орусиянын кошулушу менен («7+1» схемасы боюнча – Улуу Британия, Германия, Италия, Канада, АКШ, Франция, Япония жана Россия) G8 формату калыптанган. Мүчө-мамлекеттердин лидерлеринин расмий эмес форуму болуп эсептелет (Европалык комиссиянын катышуусу менен), анын чегинде актуалдуу эл аралык көйгөйлөргө мамиле кылууну макулдашуу ишке ашырылат. 2014-ж. 1-январынан тарта Ч.С. төрагалыгы Орусияга өткөн. Бирок Крымды өзүнө кошуп алгандан кийин 2014-ж. 18-мартта Орусия G8 курамынан чыгарылган. 2014-ж. 4-июнда Брюсселде G7 саммити болуп, ал Орусияны катыштырбай туруп өткөн.

ЧОРО – Кыргыз каганатындагы аскердик-административдик башкаруу титулу. *Хан* менен бектин ортосундагы мансаптык даража болгон. Антропоним, генеоним катары кыргыздарда (Кара чоро, Кара чор ж.б.) байыртадан белгилүү. Кыргыздардын аскердик-башкаруу титулу болгон «чур» (чор), (чура) «чора» сөзү байыркы фарси тилинде «жоокер, «баатыр» деген түшүнүккө ээ экендиги, бирок соңку мезгилдеги түрк (кыргыз тили) тилдеринин өнүгүү баскычтарында (байыркы кыргыз доору) титул катары (хан менен бектин ортосунда) мансаптык даражаны аныктагандыгы маалым. Мындан сырткары, термин кожоюн, башкаруучу, ээлик кылуучу; экинчи бир маанисинде биримдик, бир жамаат маанисин билдирет. Ойрот-калмак (Жунгар) мифологиясында көптүк түрдө «чорос», «цорос» деген дэрбэт жана жунгар княздарынын байыркы ата-бабалары катары айтылат. Ойроттордо – (жунгар калмактары) «цор», ортоңку кыпчак тилинде – «чора», «шора», «чоро» терминдери «баатыр» деген маанини билдирген. Чур (чор), (чура) чоро титулунун негизинде ошол байыркы түрк доорунан баштап эле көптөгөн адам аттары белгилүү болуп, күндөлүк турмушта колдонулуп келген. Буга байыркы кыргыз жазуу эстеликтерин чагылдырылган Агуш Чур, Бег чур, Ил Чур, Моюн Чур өндүү ысымдар күбө. Ч. термини кыргыз элинин оозеки поэтикалык чыгармаларынын ичинен «Манаста» гана салттуу түрдө туруктуу айтылат. Ч-лор өз алдынча уруу катары XIII к. эскериле баштайт. Изилдөөчүлөрдүн айрымдары чекир саяктардагы чоро уругун Моголстандагы чорос уруусу менен жалпылыкта караган пикирин айтат. Захреддин Бабур өзүнүн мемуарларында («Бабур намэ») Моголстандын аймагында чорос аттуу уруунун болгондугун тастыктайт. Чынында эле, чоростор бүгүнкү Булгаачы (уруулук бирикмеси), тагай (генеоним), кушчу, дуулат, баргы уруулары менен бирге. Этнокомпонент кыргыздардын курамына дал ушул тарыхый доордо кирүүсү мүмкүн. «Чорос» этноними бир эле учурда ойрот-калмактардын да курамында эскерилет. Жунгар (дэрбэт) хандарынын басымдуу көпчүлүгү «чорос» аттуу аристократиялык (ак сөөк) уруудан чыгышкан. Жунгар хандыгы коомдук-саясий түзүлүшү жагынан башында хан турган негизги төрт ойрот уруусунун союзу болгон. Ар бир уруунун башчысы тайжи (да-тобцзи) деп аталчу. Чорос уруусунун тайжиси уруулук бирикменин жетекчиси болуп, бир эле учурда хан деп да аталган. Тарыхый жазма даректердин маалыматтары, иликтөөлөрдүн жыйынтыктары кыргыздардын этностук тарыхында, этногенезинде, салттуу маданиятынын калыптанышында орто кылымдардагы түрк-монгол тилдүү уруулардын тийгизген таасирин чагылдырат. Өз кезегинде кыргыз ж.б. түрк тилдүү элдер, уруулар монгол ж.б. тилдүү элдердин этностук тарыхында, этногенезинде өзгөчө ролду ээлешкен.

Ч. термини түрк тилдүү элдерде орто кылымда кеңири колдонулган. Мис., XI к. жазылган Ж. Баласагундун «Кутадгу билигинде» Ч. «Чагры-бек» түрүндө учурайт. Анда «Чагры-бек» ордо титулу, «чин» деген мааниде түшүндүрмө берилген. Ал эми түрк, моңгол элдериндеги алгачкы мамлекеттик биригүү «ордо» деген элдик термин менен аталган. Ошондуктан, Ч. титулу мамлекеттик бирикме менен да байланыштуу. Өзбек акыны Мухаммед Солихтин XV к. жазылган «Шайбани-Наме» аттуу тарыхый поэмасында «ички» деген термин менен катар «чухра» деген термин да учурайт. В.В. Бартольд XVII к. озбек кандарынын сарай кызматкерлеринин титулдук наамдары менен мансап абалдарын талдап, башка терминдер менен катар «кырк-чохре», «көп-чохре», «чехре-агасы» деген терминдерди да келтирет. Ч.Валиханов «азаматтар», «чоролор» деген сөздөр казактын байыркы поэмаларында көп учурагандыгын белгилеп, чоро – азамат деген сөздүн синоними, бирок бул сөз бир аз эркин болуп, мурун азамат деген кошулбастан эле жеке өзүнчө колдонулган. Чоро – азамат – нукура жоокердик сөз жана аны орусча: товарищ, дружина деп которууга мүмкүн, – деп жазган. «Манас» эпосунда Ч. термини өзүнүн маниси боюнча моңголдун «нөкөр» («жөкөр»), арабдын «везир» («увазир») деген терминдери менен бирдей милдетти аткарат. Ошондуктан эпосто «чоро», *«нөкөр»*, «жөкөр» терминдери өтө жыш учурайт. Демек, Б.Я. Владимирцовдун белгилүү жобосу менен караганда чоролор (вассалдык уруу башчылары) кыргыз уруулары өзүнчө эл болуп биригүү процессинде маанилүү роль ойногон деп эсептөөгө болот. Ч. тарыхый термини Караханийлердин мезгилинде кыргыз элинин түзүлүү процессинин ургаалдуу жүрүү учурундагы биригүү тендендиясын туюндургандыгын белгилүү өлчөмдө аныктап турат. «Жоону сайса эр сайды, аты калды Манаска» деген ылакап да ушул чоролорго байланыштуу келип чыккан. Ч. жөнүндө эпостон төмөнкүдөй көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. «Аты чоро дебесең, Семетейден кем эмес», «Үйдө жүрсөң бир чоро, жоого чыксаң миң чоро», «Төрөсүнөн чоросу эр», «күн тийген жердин чоросу» ж.б.у.с. Манастын *кырк чоросу* төмөнкү саптарда өтө таасын сүрөттөлгөн.

Ал чоронун ичинде,
Найзакерден кабылан,
Ыктуу чоро дагы бар.
Акылга чечен иш билги
Мыкты чоро дагы бар.
Ай балтаны чабуучу
Баатыр чоро дагы бар.
Бир сырын киши билбеген
Капыр чоро дагы бар.
«Туйт» деген жакка басуучу
Жаман чоро дагы бар.
Түрсүлдөп сөздү билбеген
Наадан чоро дагы бар.
Кеп сүйлөбөс, тил айтпас
Чоркок чоро дагы бар.
Түндө эшиккс чыга албас
Коркок чоро дагы бар.
Акыл-айла көп билген
Аалым чоро дагы бар.
Артын бузуп жөн жүрбөс
Залим чоро дагы бар.
Далайынан иш билген
Тунук чоро дагы бар.
Майда ушакты жүргүзгөн,
Бузук чоро дагы бар (СК, «Семетей», 1. 330).

ЧЫГЫШТАГЫ ДЕМОКРАТИЯЛАШТЫРУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ – демократиялык институттарды түзүү үчүн зарыл шарт катары 60-жж. көптөгөн саясат таануучулар социалдык-экономикалык өнүгүүнүн жогорку деңгээлин жана жыргалчылыктын кайсы бир «босогосунун» болушун эсептешкен. Бирок, кийинчерээк бул көз карашты өтө эле детерминисттик деп эсептешип, экономикалык өнүгүш деңгээли менен демократиянын ортосунда түз байланыш болбойт деген жыйынтыкка келишкен. С.Хантингтондун ою боюнча экономикалык өнүгүштүн жетишилген босогосу демо-

кратияга өтө ала турган өлкөлөрдү көрсөтүүгө мүмкүндүк берет; экономикалык өнүгүү натыйжасында алар «транзиттик зонага» (же тандоо зонасына) туш келиши мүмкүн, ал жерде башкаруунун салттык түрлөрүн колдоо улам барган сайын кыйындай берет. Экономикалык өнүгүш маданиятты демократияга ылайык болгудай кылып өзгөртүшү ыктымал. Экономиканын өсүшү мусулман, будда, православ жана конфуциандык коомдорго таасир тийгизиши керек.

Демократияга өтүүнүн маанилүү шарты катары батыш саясатчылары экономиканы децентралдаштыруу (экономикадагы мамлекеттин баркынын төмөндөшүн), базар мамилелерин колдоо деп эсептешет.

Демократияга өтүү теориясындагы бир топ маанилүү маселе «социалдык жана маданий плюрализм» сыяктуу себепке ыйгарылат. Өзгөчө маани «ортоңку таптын», ошондой эле ишкерлер катмарынын (бизнес катмарга) түзүлүшүнө жана өсүшүнө берилет.

Социомаданий плюрализм саясат таануучулар тарабынан ар кандай бааланат. Коомдогу ар түрдүү субмаданияттар менен этностук, диний жана аймактык топтордун болушу сепаратисттик көз караштардын күчөшүнө алып келиши жана демократияга өтүүгө тоскоол болушу ыктымал.

Маданият менен демократия ортосундагы маселе өтө эле курч турат. Бул жерде эки маселе бар. Биринчиси, демократияны өнүктүрүүдө батыш маданияты гана негиз болуп бере алат деген тезистен келип чыгат. Экинчиси, демократияга каршы бир же эки гана маданият бар деп болжолдойт. Ушул учурда конфуциандык менен исламга көбүрөөк кайрылышат. Бирок, экономикалык тез өнүгүү көп кылымдык маданий каада-салттарды жокко чыгарат. Экономикалык жүрүш менен азиаттык маданияттын өз ара катышы демократиянын өзгөчө азиаттык түрүн пайда кылат. Мунун үлгүсү катары Жапонияны көрсөтүүгө болот, андагы демократиялык саясий тутумдун үлгүсү батыш демократиясынын конфуциандык баалуулуктарга ыңгайлашуусунун айкын мисалы. Бул үлгү акырындык менен Чыгыш Азиянын бардык өлкөлөрүнө таралып баратат, андагы бекемделип бараткан демократиялык институттар өзгөрүүнүн жана атаандашуунун батыш негиздерине эмес, тил табышуу менен туруктуулуктун конфуциандык баалуулуктарына негизделген. Ошентип, кайсы гана болбосун чоң жана маанилүү маданиятта демократия менен келише турган баалуулуктар жана ойлор ар качан да болсо табылат деп жыйынтык чыгарууга болот. Балким, качандыр бир учурда саясатчылар ислам же славян (православиеге негизделген) демократиясынын өзгөчө үлгүсү жөнүндө айтып чыгышаар.

Өзгөчө көңүлдү демократияга өтүүнү башкара турган кыймылдаткыч күчтөргө бөлүү керек. Демократиялык бийликтер элдик кыймылдардын негизинде аз пайда болоору, алар элиталардын ишмердигинин жыйынтыгы экендиги белгилүү. Демократиялаштыруу жолдоруна жараша, революциялык же эволюциялык – саясий аренага элиталардын ар кандай топтору чыга келет. Революциялык өтүү учурунда эски бийликтин учурунда башкарууга катышпаган элиталардын ортосундагы келишим жана макулдук талап кылынат. Эволюциялык жолдо өзгөртүүлөр демилгесин бийликтин иштеп жаткан башкаруучу элитасы (радикалдык бөлүгү) колуна алат. Өтүү жүрүшү «жогортон» болгон реформа катары каралат; экинчи даражадагы маани «төмөнтөн», көпчүлүк тараптан басым керек экендиги моюнга алынса да, көпчүлүк элдик кыймылдарга берилет.

Жогорудагы саналып өтүлгөн шарттар Борбордук Азия өлкөлөрүндө, анын ичинде Кыргыз Республикасында да демократияга өтүүгө түрткү болуп берүүсү ыктымал. Бул жүрүштөгү өзгөчө маанини тарыхый өзгөрүштөгү мүмкүн варианттардын түрүн жана мазмунун көп жагынан аныктай турган социомаданий себептер ойнойт. Социомаданий себептин өзгөчөлүгүн түшүнүү үчүн коом кандай каада-салттар менен калыптанганын эске алуу маанилүү. Өзгөрүү жүрүшүндөгү каада-салт Борбордук Азия өлкөлөрүнүн коомдук турмушундагы өзгөчө жөнгө салгычтардан болуп кала бермекчи. Улам барган сайын мусулман каада-салтынын мааниси, саясий турмуштагы исламдын маанисин жогорулоодо. Дин маданиятка жана адамдардын менталитетин калыптандыруу менен алардын жүрүш-турушуна катуу таасир этүүдө. Ал демократияга өтүүгө тоскоол болушу да, ошондой эле жардам бериши да мүмкүн.

Ш

ШАА – титул, этимологиясы көбүнчө фарсы тилиндеги «шах», «падыша» деген сөздөр менен байланыштуу. Эл арасында «дөө-шаа» же эбегейсиз чоң, күчтүү деген мааниде да колдонулат. «Манас» эпосунда мындай титул менен Акуншаа (кээде Акун пашаа деп аталат), Шамыңшаа, Алымшаа, Кейменшаа деген каармандар айтылат.

ШАБДАН Жантай уулу (1839–1912) – Чүй, Кемин өрөөнүндө жашаган сарыбагыш уруусунун тынай уругунан чыккан манап; Жантай хандын уулу. Саясий турмушка жаштайынан катышкан. 1860-ж. акырында Кокон хандыгынын кол башчысы Канаат-шаага кошулуп Ташкенге барган. Узун-Агачтын жанындагы орус аскерлерине каршы урушка катышкан. Канат-шаа менен бирге Ташкенде эки жылдай турган. Сарымсак хандын уулу Шаа-Муратты хан көтөрүшүп, Канат-шаага жана Кудаяр ханга каршы чыккан кыргыз-кыпчак феодал төбөлдөрү курчап алган (53 күн курчоодо калган) Ташкент шаарын коргоодо көрсөткөн каармандыгы үчүн Кудаяр хан аны Түркстан шаарынын беги кылып дайындаган. Бирок Ш. эс алууга өз журтуна кайтып келген. Атасы Жантайдын Орусия букаралыгына өтүү жөнүндөгү саясаты үчүн Рахматулла датка Ш-ды Баякеге кошуп Пишпектеги зынданга салдырган. Бирок алар качып чыгышып, Кеминге кайтышкан. Орусиянын курамына өтүүнү биротоло чечкен Ш. Токмоктогу уезддик начальник жана Жети-Суу аскер губернатору менен тыгыз байланыш түзгөн. 1868-ж. орус букаралыгына өтүүгө каршы чыккан саяк уруусунун манабы Осмондун көтөрүлүшүн талкалоого катышкан. 1876–1877-ж. генерал Скобелевдин алайлык кыргыздарды Орусиянын карамагына өткөрүү жана Абдылдабек жетектеген көтөрүлүшчүлөрдүн каршылыгын басуу үчүн Ш. да өз жигиттери менен алардын жазалоочу жортуулдарын коштоп Ташкоргон, Каратегинге чейин барган. 1878-ж. жигиттери менен Ат-Башынын түштүк аймагында орустардын чалгындоо отрядын коштоп жүргөн. Орус падышалыгына кылган кызматы үчүн Ш. дайыма сыйланып турган. 1883-ж. Ш. падыша Александр IIIнүн тактыга отуруу ырасмысына катышып, аскер старшинасы наамын алган, алтын саат менен сыйланган; 1884-ж. жылына берилүүчү 300 сом пенсия чектелген. Кыргыз айыл чарбасына айрым жаңы нерселерди киргизүүнүн талапкери катары багбанчылыкты, бал челек кармоону, дыйканчылык кылууну жактаган, үй курууга кам көргөн. 1909-ж. Чоң Кеминде жаңы усулда сабак өткөрүүчү «Медресе Шабданийаны» («Шабдан медресеси») ачтырган, бай-манаптардын балдарын Верныйдагы (Алматы) орус гимназиясына ж.б. окуу жайларга жиберткен. Осмонаалы Сыдык уулунун «Тарых-и шадманийа» аталган эмгеги ушул Ш-га багышталган. Ш. XIX к. экинчи жарымы – XX к. башында кош эзүүнү чындоого орус падышалыгына каршы көтөрүлүштү басууга аракеттенгени менен кыргыз урууларынын чарбасы жана маданиятындагы жаңы өзгөрүүлөрдү аздыр-көптүр колдоого алган кыргыз төбөлдөрүнөн болгон.

ШАД (Sad) – «улуу, башкы жетекчи» маанисин берген. Ш. – Борбордук Азиядагы көчмөн элдерде кенен таралган *мамлекеттик* башкаруу титулу. Ш-дар көбүнчө мураскер ханзаадалардан дайындалып, мамлекеттеги эң жогорку административдик жана аскердик жоопту функцияларды аткарышкан. Рун сымал кыргыз (түрк) жазуу эстеликтерде Тоң-Йокук «бойла бага тарган», ал эми Мочжо жана Дусифу «шад жана *ябгу*» титулдарына ээ болушкандыктары баяндалат.

ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ – бийликтин шайланма, барыдан мурда өкүлчүлүк органдарын түзүүнүн жана добуш берүүнүн натыйжасы аныкталган соң, аларда кызматтарды бөлүштүрүүнүн тартиби. Бийликтин шайланма органдарын түзүүнүн белгилүү тартиби катары Ш. с. жыйындысы шайлоо укугу деп аталган укуктук нормаларга таянат. Ал Конституция-

нын туура келген бөлүктөрүнө жалпы түрдө бекитилген да, атайын шайлоо мыйзамдарында деталдаштырылган. Ал жарандардын мамлекеттик шайлоо органдарын түзүүгө катышуу укугуна негизделген: активдүү шайлоо укугу, шайлоолордо жана *референдумдарда* катышууга мүмкүндүк берген добуш берүү укугу. Ш. с. өзүнө шайлоо органдарын түзүүдө шайлоолордун уюшулушун жана жүзөгө ашырылышын камтыйт. Ш. с. формалдуу жалпы кабыл алынган жалпылык жана тендик принциптеринде негизделишет. Бирок айрым колдонууларда аларга «ценз» деп аталган түрдүү чектөөлөр киргизилет. XVII–XIX к. көптөгөн жана кеңири таркаган ценздерден жаш жана *жарандык* ценздери сакталып калган. Андан тышкары, шайлоо мыйзамдарында атайын шарттардан улам шайлоо укугуна ээ эмес кээ бир топтор көрсөтүлөт. Мис., АКШда бийлик органдарын түзүүнүн түрдүү деңгээлдеринде кээ бир топтордун укуктарын чектеген он чакты ценздер өкүм сүрөт. Укуктарды чектөө «плюралдык вотумда», башкача айтканда, калктын ири менчикке ээ кээ бир топторунун бир нече добушка ээ болуу укугунда чагылдырылышы да мүмкүн. Бул система Австриянын жана Жаңы Зеландиянын кээ бир штаттарында жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарын шайлоодо сакталып калган. Добуштун жыйынтыгын келтирүүдө кызматтарды бөлүштүрүүнүн жалпы кабыл алынган системасы да шайлоо укугунун белгилүү өлчөмдө чектелүүсү болуп саналат. Шайлоо – шайлоо процессинин өзү түз жана кыйыр боло алат. Көптөгөн өлкөлөрдүн Ш. с-лары эркин мандатка мүмкүндүк берет. Бир катар өлкөлөрдүн мыйзам чыгаруучулугунда императивдик мандат аныктамасын табууга болот. Бул учурда депутат өзүнүн шайлоочуларына талаптардын системасы менен байланган. Мындай учурда депутаттык мандаттан ажыратуунун жалпы нормаларынан башка депутатты чакырып алуу процедурасы эске алынат. Шайлоолорду дайындоо, эреже катары мамлекет башчысынын артыкчылыгы болот. Алар шайлоочуларды регистрациялоо жана мыйзам орноткон тартипте шайлоо округдарын уюштуруу процедураларына негизделген. Андан соң, талапкерлерди сунуш кылуу болот да, шайлоо компаниясы башталат. Анын нормалары да, шайлоо жана добуштарды эсептөө процедуралары сыяктуу, улуттук мыйзам чыгаруучулук менен тескелет. Добуштарды эсептөө жана орундарды бөлүштүрүү системасы эки негизги системаларга таянат: Мажоритардык жана пропорционалдык же аралаш системага. (Кара: *Өкүлчүлүктүн мажоритардык системасы. Өкүлчүлүктүн пропорционалдык системасы*). Көпчүлүк өлкөлөрдө Ш. с. менен же комбинацияланган (экинчи тур үчүн) же параллель (парламенттин шайлоосу бир система, ал эми бийликтин жергиликтүү органдарын шайлоо экинчи система) колдонушат.

ШАЙМЕРДЕН, шахимардан (фарс. Шахи – *шаа*, колдоочу; мардан – жигит) – баатырлардын колдоочусу, жигиттин пири. Арабдардын төртүнчү калыйпасы *Аалы*нын сыпаты. Кыргыз эли да Аалыны «шайимерден» («Шахимардан») деп, баатырлардын сыйынган адамына, колдоочусуна да айландырган. Ал бара-бара эпикалык баатырлар кайрылуучу жана жардам суроочу «жогорку күч» деген мааниге өтүп кеткен. «Манаста» Шай, Ш., «шай колдогон» деп айтыла берет. Көкөтөйдүн ашындагы «Манас менен Коңурбайдын сайышы» деген окуяда Манас «Жарагын белге чалынып, Шаймерденге жалынып» (СО, 3. 247) сайышка чыгат. Каныкей Кошойго арнап тиккен суп чепкенди:

Колдоп жүргөн Кожосан,
Колтугунан жөлөсүн
Кожо, Кыдыр, Шаймерден,
Кара чаар кабылан

Капталынан көздөсүн (СК, 2. 81) деген тилек менен кийгизет. Эпосто о.э. «Колдой көр деп Шаймерден» (СО, 2. 104), «Шай колдогон бадырек» (СО, 2. 209) деген сыяктуу саптар өтө көп жолугат.

ШАЙТАН – диний ишенимдеги «каардуу рух, амалкөй кара күч». *Исламда* Ш. оттон жаратылган макулук. Ал акыр заманга чейин адамды азгыруу менен алек болот. Карапайым түшүнүк боюнча Ш. деп кандайдыр бир жакшы башталышка каршы турган «арам ойлуу кара күч» аталат. Анын турпаты кыргыз элдик оозеки чыгармаларында да кеңири чагылдырылган.

ШАНТАЖ (коркутуп-үркүтүү) (фр. chantage) – кайсы бир адамды кандайдыр бир жүрүм-турумуна жетүү максатында абийирин кетирүүчү (көбүнчө ойдон чыгарылган) маалыматты жарыялоо, айыбын ачуу менен коркутуу. Кылмыш-жаза укугунда Ш. кылмыш жасоо каражаты (өз алдынча курам эмес) болуп саналат. Мис., жан кумарын кандырууга мажбурлоо, Ш. мындай мажбурлоо ыкмаларынын бири болуп саналат.

ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУ (ШКУ) – Кыргыз Республикасы Шанхай Кызматташтыгы Уюмун түзгөн мамлекеттердин бири болуп саналат. 1996-ж. Кытай, Казакстан, Кыргызстан, Орусия, Тажикистан өлкөлөрүнүн демилгеси менен Кытай мамлекетинин Шанхай шаарында «Шанхай Бешилтиги» түзүлгөн. «Шанхай Бешилтигинин» жылына бир жолу өткөрүлүүчү саммиттери 1997-ж. – Москвада, 1998-ж. – Алма-Атада, 1999-ж. – Бишкекте, 2000-ж. – Дүйшөнбүдө өткөн. Кийинчерээк, 2001-ж. 15-июнунда Шанхайда өткөн «Шанхай Бешилтигинин» кезектеги саммитинде ага Өзбекстан кошулуп, Шанхай кызматташтык уюму (ШКУ) негизделген.

ШКУ кабыл алган алгачкы документтердин бири «Терроризм, сепаратизм жана экстремизм менен күрөшүү боюнча Шанхай конвенциясы» деп аталып, ал азыркы замандын негизги үч коркунучуна каршы багытталган болчу.

ШКУга мүчө болгон жогоруда аталган алты мамлекеттен тышкары дагы беш мамлекет байкоочу статусуна ээ: Монголия – 2004-ж. баштап, Пакистан, Индия жана Иран – 2005-ж. жана Афганистан – 2012-ж. баштап. Булардан тышкары 2012-ж. Түркия менен Украина мамлекеттери да байкоочу-мамлекет статусун алууга ниеттерин билдиришкен. ШКУга мүчө өлкөлөрдүн жалпы аянты 30 млн 189 миң кв. км, бул Евразияның аянтынын 3/5 түзөт, калкы – 1,5 млрд киши болуп, жер шарынын калкынын 1/4 барабар.

ШКУга мүчө – мамлекет башчыларынын жолугушуулары:

1. 2001-жыл, 14-15-июнь – Шанхай, Кытай
2. 2002-жыл, 7-июнь – Санкт-Петербург, Орусия
3. 2003-жыл,28-29-май – Москва, Орусия
4. 2004-жыл, 17-июнь – Ташкент, Өзбекстан
5. 2005-жыл, 5-июль – Астана, Казакстан
6. 2006-жыл, 14-15-июнь – Шанхай, Кытай
7. 2007-жыл, 16-август – Бишкек, Кыргызстан
8. 2008-жыл, 28-август – Дүйшөнбү, Тажикстан
9. 2009-жыл, 15-16-июнь – Екатеринбург, Орусия
10. 2010-жыл, 10-11-июнь – Ташкент, Өзбекстан
11. 2011-жыл, 14-15-июнь – Астана, Казакстан
12. 2012-жыл, 6-7-июнь – Пекин, Кытай
13. 2013-жыл, 12-13-сентябрь – Бишкек, Кыргызстан.

ШКУнун негизги максаттары:

1. Мүчө өлкөлөрдүн ортосундагы өз ара ишенимди жана ынак коңшулукту бекемдөө;
2. Алардын саясий, соода-экономикалык, илимий-техникалык жана маданий жактарда, ошондой эле билим берүү, энергетика, транспорт, туризм, айлана-чөйрөнү коргоо ж.б. чөйрөлөрдө таасирдүү кызматташуусуна колдоо көрсөтүү;
3. Региондогу тынчтыкты, коопсуздукту жана туруктуулукту бирге камсыз кылуу;
4. Демократиялык, адилет жана акылга ылайык жаңы эл аралык саясий жана экономикалык түзүлүшкө карай илгерилөө.

ШКУнун чечим кабыл алуучу жогорку органы мүчө мамлекет башчыларынын кеңеши (МБК). Ал жылына бир ирет чогулат жана уюмдун бардык маанилүү маселелери боюнча чечимдерди жана көрсөтмөлөрдү кабыл алат. ШКУнун өкмөт башчыларынын кеңеши (ӨБК) бир жылда бир жолу көп тараптуу кызматташтыктын стратегиясын жана негизги багыттарын талкуулоо, экономикалык жана башка кызматташтыктын маанилүү жана актуалдуу суроолорун чечүү үчүн өткөрүлөт. Булардан сырткары парламенттердин жетекчилеринин, коопсуздук кеңештеринин катчыларынын, тышкы иштер, коргоо, өзгөчө кырдаалдар, экономика, транспорт, маданият, билим берүү, саламаттык сактоо министрлеринин, укук коргоо органдарынын жетекчилеринин, жогорку жана арбитраждык соттордун, башкы прокурорлор-

дун деңгээлиндеги жолугушуулардын механизмдери аракеттенет.

2004-ж. башынан баштап Уюмда туруктуу иштеген эки орган иш алып барат. Биринчиси Пекиндеги ШКУнун Секретариаты, экинчиси Ташкент шаарындагы ШКУнун Аймактык Антитеррордук түзүмүнүн Аткаруу комитети. Аталган түзүмдөрдө, бөлүнгөн квотага ылайык Кыргыз Республикасынын үчтөн өкүлү иш алып барат. Кезектешүүгө ылайык, 2010-ж. 1-январынан 2012-ж. 31-декабрына чейин кыргыз тараптын өкүлү М.С. Иманалиев ШКУнун Башкы катчысы болуп иштеген.

2012-ж. экинчи жарымынан баштап, ШКУга төрагалык кылуу вазийпасы бир жылдык мөөнөт менен Кыргыз Республикасына өткөн. Төрагалык кылуунун чектеринде кыргыз тарап өлкөнүн аймагында мамлекет башчылардын Кеңешин (2013-ж. сентябрь айында) жана өкмөт башчылардын Кеңешин (2012-ж. декабры), Тышкы иштер министрликтеринин Кеңешин жана башка дагы ШКУнун иш-чараларын өткөргөн.

2010–2011-окуу жылында ШКУ Университети пилоттук долбоору ишке киргизилген, бул долбоордун чегинде Кыргыз Республикасы Бишкектин ЖОЖдорунда бюджеттик негизде магистирдик 20 орун бөлгөн. Бөлүнгөн квоталардын негизинде жана контрактык негизде 12 кыргыз студенти Орусиянын ЖОЖдорунда билим алышууда. Өсүп келе жаткан муундун маанисине өзгөчө маани берген кыргыз тарап Ысык-Көл боюнда ШКУнун Жаштар форумун өткөрүү демилгесин көтөргөн (форум 2011-ж. сентябрь айында болуп өттү).

2013-ж. 13-сентябрда Бишкекте ШКУга мүчө мамлекет башчыларынын кеңешинин 13-саммити болуп өткөн. Ага Казакстандын президенти Н.Назарбаев, КЭР төрагасы Си Цзиньпин, Кыргызстандын президенти А.Атамбаев, Орусия президенти В.Путин, Тажикстандын президенти Э.Рахмон жана Өзбекстандын президенти И.Каримовдор келишкен. Жыйынга ШКУнун башкы катчысы Д.Мезенцев жана ШКУнун Аймактык коррупцияга каршы түзүмүнүн аткаруу комитетинин директору Чжан Синьфэн катышкан. ШКУнун алдындагы байкоочу-мамлекеттердин делегацияларынын башчылары – Афганистандын президенти Х.Карзай, Индиянын тышкы иштер министри С.Хуршид, Ирандын президенти Х.Рухани, Монголиянын президенти Ц.Элбэгдорж, Пакис- тандын тышкы иштер жана улуттук коопсуздук маселелери боюнча премьер-министринин кеңешчиси С.Азиз отурумга катышышып жана сөз сүйлөшкөн.

Ошондой эле, отурумга БУУнун Башкы катчылыгынын атайын өкүлү, БУУнун Афганистан кызматташтыгы боюнча миссиясынын жетекчиси Я.Кубиш, КМШнын аткаруу катчысы – аткаруу комитетинин төрагасы С.Лебедев, ЕврАзЭС башкы катчысынын орун басары А.Диянский жана ЖККУнун баш катчысы Н.Бордюжа катышкан.

ШКУнун Хартиясына ылайык, келээрки саммитти уюштырууга төрагалык кылуу вазийпасы Тажикстанга өткөрүлүп берилип, анын эмки отуруму 2014-ж. Дүйшөнбү шаарында өтүүсү аныкталган.

Кеңири тарыхый перспективанын алкагында ой жүгүрткөндө бүгүнкү ШКУ келечектеги ЕККУнун евроазия материктериндеги Евразиялык Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму катары каралышы мүмкүн. Азыртадан эле Евразиянын көптөгөн мамлекеттеринин ШКУга кирүүгө ниеттеринин бар экендигин эске алсак, анда тарыхый келечекте бул уюм Жер шарынын кеңири бөлүгүн өзүнө кайтышы да мүмкүн. «Үч жамандыкка» каршы күрөшүү идеясы көптөгөн мамлекеттердин улуттук коопсуздугун камсыз кылуу максаттарына шайкеш келип, алардын аскердик чөйрөдөгү өз ара ишенимдеринин кеңейишине жагымдуу шарттарды түзүүдө.

ШАРЫЯТ (араб. – туура жол, иш-аракеттин ыгы) – *Куран*дын жана сунналардын (*Мухаммед пайгамбар*дын кылган иш-аракеттери жана айткан осуяттары) негизинде иштелип чыккан диний-этикалык жана укук эрежелеринин жыйындысы. Ш. VII-XII к. Араб *халифат*ында түзүлгөн. Ал мусулмандардын негизги диний укуктарынан башка *мамлекеттик*, жарандык, кылмыштык укуктар нормасын өз кучагына алган. *Ислам* мамлекеттик динге айланган өлкөлөрдө Ш. үй-бүлө, никө жана мурас укугу жагдайында айрыкча колдонулат. Азыркы күндө Ш-тын эрежелери ырым-жырым чөйрөсүндө жана айрым адамдардын жеке турмушунда гана сакталууда.

ШАФИЙ МАЗХАБЫ – укуктук жактан *ислам* динин тутунгандар тарабынан карманган багыт. Исламдагы төрт *мазхаб*тын бирөөсү. Бул мазхабтын негиздөөчүсү Имам Шафий. Имам Шафий төрт имамдын алгачкыларынан. *Пайгамбардан* кийин, 150 жыл кийин дүйнөгө келген. Имам Шафийнин, «мен бир эле нерсени билем, ал да эч нерсе билбегендигим» деп айткан сөзү мусулман аалымдары тарабынан туу тутулат.

ШЕЙИТ (араб.) – динин, мекенин, элин, тууган-уругун душмандардан коргоо учурунда курман болгон адам. *Ислам* дини үчүн күрөштө курман болгон жана киши колдуу болуп өлгөн адам. *Дин* үгүтчүлөрүнүн айтуусу боюнча Ш. болгон адамдын денеси чирибей, өңү тирүү кезиндегидей сакталат.

ШЕР (парс. Шер – арстан) – Түштүк Сибирдин, Борбордук Азиянын байыркы элдерине Ш-дин образы б.з.ч. VII–II к. алдыңкы Азиянын элдери аркылуу белгилүү болгонун археологиялык эстеликтер кабар берет (Мис., Пазырык дөбөсүнөн табылган эстеликтерде). Ш. (арстан) Борбордук Азиядагы байыркы түрктөрдүн этнографиясында, тарыхында терең орун алганын тарыхый булактар ырастайт. Көк түрктөр кагандыгынын башкы акылман кеңешчиси (кагандан кийинки башкы адам) Тоңукөккө арналган таштагы жазуудагы «түрк сир будун» деген этнонимдик аталыштын курамында учурайт. Мында «сир» (шердин байыркы түркчө фонетикалык варианты) көк түрктөрдүн «арстан» деген уруулук аталышынын табу катары жашырылып айтылган персче эквиваленти. Ушул эле түрк кагандыгынын бийлөөчү уруусу Ашинден кийинки, көрүнүктүү башкы уруу кытай иероглифи менен «Аши-де» деп жазылып келген. Аны транскрипциялап, кайра түркчө калыбына келтиргенде «арстан» болуп чыгат. Ошондой эле Ашиданын уруулук тамгасы арстандын (Ш-дин) стилдештирилген символикалык иероглифи түрүндө берилген. Демек, ал уруунун аталышы өзүнүн тотемдик жаныбары арстандын аты менен байланышкан. Көк түрктөр сыяктуу эле алардын жакын кошунасы байыркы Энесайлык кыргыздар «шер» деген термин менен тааныш болушкандыгынын айрым фактылары «Манас» эпосунда бүгүнкү күнгө чейин сакталган. Манасты колдоочу укмуштуу (тотемдик) жаныбарлардын бири; «арстан» терминининн толук эквиваленти катары негизги эпитеттердин, салыштыруулардын бири. «Арстан» терминининн ордуна кеңири колдонулат. Мис.:

Кабылан болуп бакырып,
Шер болуп бирөө күркүрөп,
Алп кара куш арбайып,
Асмандан буту сарбайып,
Манаска жолдош болуптур (СО, КФ, 571-инв., 238-б.).

Тоголок Молдонун, М.Мусулманкуловдун жана түштүктөн жазылып алынган варианттарда эпостун башкы каарманы Манастын туулганда коюлган өз аты Ашырбек (фонетикалык варианттары Аширбек). Манас эр жеткенден кийинки мансап аты же жогорку күчтөр тарабынан асмандан коюлган ыйык ысымы. Мындагы «Ашыр» деген терминди байыркы түрк кагандыгынын *бийлик* башында туруп келген «Ашын» уруусунун тибинде этимологияласа болот (илимде талашсыз чечмеленген): «А.» – кытайча «эң, мыкты», б.а. эң жогорку нравалуу; моңг. «шин» («чин») – «бөрү» тотем жаныбар. Мында көк түрктөрдүн тотеми катары (түпкү теги) эсептелген көк бөрүнүн аты табу катары жашырылып, тергөө үчүн жогорудагыдай башка тилдеги сөз атайы колдонулган. Буга салыштырганда «Ашырдагы» «А.» – кытайдын жогоруда биз токтолгон сөзү, «шыр» («шер», «шир», «ыр», «шир», «шыр») арстандын перси тилиндеги калкалык эквиваленти. Демек, Ашыр-бек, кыргызчалатып түшүнгөндө «эң мыкты, жогорку нравалуу, Арстан-бек» б.а. Манастын тотем-арстан менен байланышкан аты. Байыркы эне-сайлык кыргыздардын каганы тотемдик атты алып жүрүшү салт болгон. Мис., VIII к. кыргыздын эң күчтүү каганынын толук аты Ынанчу Алп Билге-Барс-бек. Мындагы Ынанчу Алп Билге кагандын такка мингенде-

ги аты (түрк-моңгол элдеринде такка минген хан атын жаңыртарын Темучиндин Чыңгызхан атка конушунун мисалынан талашсыз көрүнүп турат).

ШЕРИМКУЛОВ Медеткан Шеримкулович (1939-ж.т.) – саясат таануу илимдеринин доктору, профессор.

Сокулук районуна караштуу Жыламыш айылында төрөлгөн. 1967-ж. КМУну аяктаган. 1970–1971-жж. КМУда сабак берген. 1971–1973-жж. Кыргызстан Компартиясынын илим жана окуу жайлар бөлүмүнүн инструктору. 1973–1976-жж. КМУнун парткомунун катчысы. 1976–1980-жж. Ысык-Көл партия обкомунун катчысы. 1980–1985-жж. Кыргызстан Компартиясынын БКсынын пропаганда жана үгүт бөлүмүнүн башчысы. 1985-ж. КИФКнын ректору. 1985–1987-жж. Кыргызстан Компартиясынын БКнын партиялык контроль комиссиясынын төрагасы. 1987–1990-жж. Кыргызстан Компартиясынын БКсынын идеология боюнча катчысы. 1990–1994-жж. Кырг.ССРинин Жогорку Кеңешинин төрагасы. 1994-ж. Нагорный Карабахтагы тынчтык жолу менен жөнгө салуу боюнча КМШнын парламенттер аралык тобунун жетекчиси. 1995-ж. Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору. 1998–2002-жж. КРнын Түркиядагы Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчиси. 2007-ж. баштап КРнын Ирандагы Атайын жана Толук ыйгарымдуу элчиси. Кыргызстандын эгемендүүлүгүн бекемдөөдө, ошондой эле өлкөдө парламентаризмдин түзүлүүсүнө чоң салым кошкон. КМШнын Парламенттер аралык Ассамблеясынын «Содружество» ордени жана II даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган.

ШИВА – *индуизмдеги* эң байыркы жана негизги кудайлардын бири. Шиваизмдин башы Инд өрөөнүндө жашаган элдин дини менен мифологиясындагы аң уулоо менен дыйканчылыктын кудайына барып такалат. Кийинчерээк ал кудай Ш. деген атка ээ болуп, *брахманизмдин* башкы кудайына айланат. Адетте Ш. мойнуна жылан оролгон, бийлеп жаткан төрт колдуу адам катары сүрөттөлөт. Ишеним боюнча Ш. дүйнөнү бийлеп жатып, жараткан имиш.

ШИИЗМ (араб. – топ, секта, партия) – *ислам* динindеги *сунnизм* сыяктуу негизги багыттардын бири. Ал VIII к. экинчи жарымында Ирактагы араб урууларынын арасында өз ара феодалдык *бийлик* үчүн күрөштө Азрет Аалы *Халифти* жактоочулардын арасында пайда болгон. Ш. VII к. аягы – VIII к. башында саясий-диний кыймыл катары Иранга да тараган. Ш-ди жактоочулар Куранды Кудайдын өз колу менен жазылган «ыйык» китеп деп билишет. Ш-ге «кыйналуу, азап чегүү» культу мүнөздүү. Ушуга байланыштуу Ш-ди карманган Иран мамлекетинде кайгылуу, аза күндөр көп өткөрүлөт.

ШОВИНИЗМ (франц. chauvinisme – Наполеон I басып алуучулук саясатын жактаган Н. Шовен аттуу солдаттын ысмынан) – улутчулдуктун чектен чыккан формасы, улуттук артыкчылыкты даңазалоо, бир улуттун кызыкчылыктарын башка улуттун кызыкчылыктарына каршы коюу, улуттук негизде көро албастыкты, келишпестикти күчөтүү. Ш. термини Францияда «Үч түстөгү кокарда» (1831) аттуу драматург бир туугандар Конъярлардын пьесасынын жарыкка чыгышынан кийин пайда болгон. Пьесанын башкы каармандарынын бири *агрессивдик* маанайдагы жоокер болгон. Анын прообразы реалдуу инсан-наполеондук гвардиянын ардагери, «Улуу Франция» идеясына абдан берилген Никола Шовин болгон деп эсептешет. Ошондон бери Ш. түшүнүгү көп өлкөлөрдө ашынган улуттук *экстремизмдин* чыгуусу катары пайдаланылат. Англис тилинде Ш. маанисине жакын болуп «джингоизм» термини эсептелет. Ш-дин түрүнүн бири болуп Улуу державалык Ш. эсептелет. Мамлекетте башкы (державалык) абалга ээ улуттун *идеологиясы* жана *саясаты*. Улуу державалык Ш-ден башка (төмөнкү) улуттарга саясий, экономикалык жана маданий үстөмдүк кылууга багытталган. Ш-дин ашкере түрү – фашизм. Ш. формасындагы улутчулдук терең психологиялык жана тарыхый тамырларга ээ. Ш-ди жеңүү үчүн улуттук таандыкка ээ экендигине карабай адамдын *укуктарын* жана *эркиндиктерин* катуу колдонуу экономикалык, саясий жана маданий чөйрөлөргө бардык жарандардын укуктарынын теңдигин камсыз кылуу зарыл.

ШТАТ (англ. state – мамлекет) – кээ бир өлкөлөрдөгү (АКШ, Бразилия, Венесуэла, Мексика, Нигерия ж.б.) кошуундук субъектилеринин аталышы. Ш-тын укуктук абалы, анын бийлик органдарынын ыйгарым укук көлөмү, борбордук өкмөт менен өз ара мамилеси кошуундук конституция тарабынан аныкталат. Айрым өлкөлөрдүн (АКШ, Мексика) Ш-нын өз конституциялары бар. Ш-тын башында ыйгарым укуктары мамлекет башчыныкына кандайдыр бир деңгээлде окшошуп кеткен, шайлануучу же дайындалуучу губернатор турат. Ш-тын мыйзам чыгаруу органы адатта эки палаталуу болот, өз сот тутуму, эреже катары, өз кылмыш-жаза жана жарандык мыйзамдарына ээ. Эгемен мамлекет болуп саналбайт.

ШУМПЕТЕР Йозеф Алоис (1883–1950) – австриялык экономист жана социолог. 1912-ж. Ш-дин «Экономикалык өнүгүүнүн теориясы» аттуу белгилүү китеби жарык көргөн. Анда автор бизнес циклдин негизги идеяларын жана капитализмден социализмге карай эволюциясын анализдеген. Капитализмдин Ш-дин түшүндүрүүсүндө негизги ролду ишкер – экономикалык өнүгүүнүн новатору жана агенти ойногон. 1942-ж. Ш-дин «Капитализм, социализм жана демократия» эмгегин жарыялаган. Анда ал капитализмдин бара-бара начарлоосу жөнүндө сөз кылган. Анын бул алдын-ала айтуусу капитализмдин социализмге карай эволюциясы – капитализмдин натыйжасыздыгы эмес, анын экономикалык ийгилиги деген идеяга негизделген. Ш-дин ою боюнча капиталисттик экономиканын терецинде чыгармачылык кыйроо процесси жатат. Ал капитализмдин динамикалык мүнөзү жана өндүрүш жөндөмдүүлүгү тууралуу жакшы пикирде болгон. Ш-дин саясий жана методологиялык индивидуализмди айырмалоосу социолог катары киргизген жаңылыктарынын бири болуп саналган. Методологиялык индивидуализм концепциясы рыноктук механизм чойросүндө тиешеси жок социалдык кубулуштарды анализдоого негиз болгон. Методологиялык индивидуализм көз карашынан *саясий процесстин* аракет кылуусун жана адамдардын жүрүм-турумун түшүнүү үчүн индивиддин керектөөлөрүнөн, максатынан, баалуулугунан, иш-аракетинен чыгуу зарыл. Бул жаңылык менен демократиянын экономикалык теориясы тыгыз байланышкан. Анын ою боюнча демократиялык тартип – *саясий чечимдерди* кабыл алуу үчүн институтташтырган түзүлүш. Анда индивидуумдар элдин шайлоо демократиянын экономикалык теориясы менен тыгыз байланышкан. Анын ою боюнча демократтык тартип – саясий чечимдерди кабыл алуу үчүн институтташтырылган түзүлүш. Анда индивидуумдар элдин шайлоо добуштары үчүн атаандаш күрөш аркылуу саясат жасоо укугуна ээ болушат. Ш. демократияны элдин эмес, саясатчылардын башкаруусу деп аныктаган. Брокерлер биржада «акция менен соода кылышса», саясатчылар «добуш менен соода кылышат». Саясий процессти рынок процесси катары карайт: талаптарды койгондор – шайлоочулар, бул талаптарды канааттандыргандар – саясатчылар менен *бюрократтар*. Шайлоочулардын колдоолоруна жетишүү үчүн саясаттар *электораттын* талаптарына жана кызыкчылыктарына чоң назар бурууcу зарыл.

Ы

ЫБРАЙЫМ (кырг. – Ыбрайым же Ыбрай; ассир. – Авраам) – Тоорат менен Инжилде Авраам, ал эми Куранда Ыбрайым (Ыбрайым) деген ат менен белгиленген пайгамбар. Тоорат боюнча Кудай Авраам менен келишим түзүп, ынтызарлыгы үчүн аны «улуу элдин атасы» кылууга убада берген деп белгиленет. Исламда Ыбрайым «халилулла» деп кудайдын досу катары айтылат.

ЫЙГАРЫМ УКУК – бир адамдын (өкүлдүн) экинчи адамдын (өкүлдүк берүүчүнүн) атынан бүтүм түзүү укугу, ошонун өзү менен ал өзү өкүлү болгон адамдын укуктарын жана милдеттерин түзөт, өзгөртөт, токтотот. КР жарандык укугу боюнча Ы. у. ишеним катка, атайын укуктуу мамлекеттик органдын, же *жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын* актысына, *мыйзам*га негизделиши мүмкүн, ошондой эле өкүл иш-аракет жүргүзгөн жагдайга байланыштуу болушу да ыктымал (чекене соодадагы сатуучу, кассир ж.б.). Ы. у-гу жок эле башка адамдын атынан иш-аракет жүргүзгөн, же Ы. у-тун чегинен чыккан учурдагы бүтүм, андан кийин эгерде өкүлдүк берүүчү

ал бүтүмдү тикелей ырастабаса, ал аны түзгөн адамдын атынан жана ошонун кызыкчылыгында түзүлгөн деп эсептелет.

ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ – жаңыдан мусулмандыкты кабыл алып жаткан адам ыйман келтирет. Бул Исламдын 5 парзынын биринчиси. Ы.к-нүн кыргызча котормосу төмөнкүдөй: «бир Кудайдан башка кудай жок деп күбө өтөмүн. Мухаммед ошол Кудайдын эл ичине жиберген өкүлү деп күбө өтөмүн. Бир Кудайдын бар экенине ишендим жана анын периштелеринин бар экенине жана анын китептери бар экенине жана бул дүйнөнүн бүтөрүнө ишендим жана жакшылык да, жамандык да ошол жогорку турган Кудайдын колунда экендигине ишендим». Тек адатка, ишенимге айланган бул ырым кыргыздар арасында кеңири таралган.

«ЫЙЫК ЖЕРЛЕР» – динге ишенгендердин табына турган жерлери. Мис., Мекке, Медина, Иерусалим, Сулайман тоосу, Шах-фазил күмбөзү жана башкалар. Ыйык деп аталган жерлерге болгон табынуулар адатта дин майрамдары мезгилинде жана табийгаттын ар кыл кырсыктарынан кийин айрыкча күчөйт.

«ЫЙЫК КИТЕПТЕР» – *христиан*дардын *Инжили*, иудейлердин *Тоораты* жана мусулмандардын *Курану* ж.б. сыяктуу «ыйык» деп эсептелинген китептер.

«ЫЙЫК КҮНДӨР» – православиеде жетинчи январдан тартып эки жума бою өткөрүлүүчү дин майрамы. Бул майрамдын башы байыркы славяндардын жаратылышка болгон табынууларына барып такалат. Ал мезгилде бул майрам оюн, күлкү, бий-тамаша, ырлар менен коштолгон. *Христиан дини* аны сүрүп чыга албагандан кийин, өзүнө сиңирип алып, христиандык багыт берген. *Орозо* айы мусулмандарда «ыйык күндөр» катары каралат.

ЫНАНЧЫ (Inanch) – Кыргыз кагандарынын ишенимдүү жардамчылары, элчилери. Кыргыз жазма эстеликтеринде (V–XIII кк.), кытай жыл баяндарында бул термин кыргыз элчилүү адам аттарына жалганып айтылат. Мис., Inanch han, Inanch Kair han, Dadas Inanch Chor, Inanch bek, Inanch Mengu ж.б. Inanch – «ишеничтүү киши», «ишенич жүктөлгөн чабарман» маанисин туюнткан. Демек, бул сөз (Inanch) дипломатиялык титулду, «элчи» терминининн синонимин туюнтат. Абакан суусунун (Хакас-Минуса ойдуңу) оң жээгиндеги Ачура деген жерден табылган кыргыз жазуусунда: «... ил (эл) эгеси Ынычу Билге ириг өлүг ара..., улуңун аты Күч уры, өз атаңыз Уры бек (башкаруучу), өз элиңиз (мамлекетиңиз) үчүн жакшылык кылып, сиз (айрылдыңыз)...» – деген маалыматтар бар. Бул лексика бүгүнкү кыргыз тилинде «ынануу», «ынаным», «ынанымдуу», «ынанычтуу» формаларында сакталып калган.

ЫРЫМ-ЖЫРЫМ – түздөн-түз практикалык максатка байланыштырганы менен белгилүү социалдык мамилелердин символу, формасы катары кызмат кылган шарттуу иш аракеттердин, каада-салттын жыйындысы. Ал өндүрүштүк (орум-жыйым), үй-тиричилик (үйлөнүү тою, тушоо кесүү) ж.б. диний (өлгөн кишиге куран, жаназа окуу, дооран түшүрүү) ж.б. болуп бөлүнөт. Азыркы мезгилде диний ишенимге негизделген ырым-жырымдар кайрадан таралууда.

ЫСЫК-КӨЛ ШЕРИНЕСИ (Форум) – атактуу жазуучу жана коомдук ишмер Ч.Т. Айтматов башында турган XX к. даанышман ойчулдарынын тобунун демилгеси менен Ысык-Көлдө 1986-ж. октябрда түзүлгөн, эл аралык өкмөттүк эмес уюм. Ы.-К. ш-нин катышуучуларынын алгачкы жыйыны Кыргызстанда (Ала-Арча, Чолпон-Ата) өткөн, кийинки жыйындары жылына бир жолу, шеринеге катышуучулар тиешелүү болгон өлкөлөрдө, кезеги менен өткөрүлүп келе жатат. Бул шеринеинин биринчи отурушуна дүйнөгө белгилүү төмөнкү ишмерлер катышкан: жазуучу жана актёр Питер Устинов (Улуу Британия), футуролог – окумуштуулар Олвин жана Хейди Тоффлерлер (АКШ), сүротчү Афеверк Текле (Эфиопия), Рим клубунун төрагасы А.Кинг, жазуучу, Нобель сыйлыгынын ээси Клод Симон (Франция), анын калемдештери Артур Миллер менен Жеймс Боддуин – экөө тең АКШдан, Лисандро Отеро (Куба), Яшар Кемал (Түркия), ЮНЕСКОнун Генералдык секретары Федерико Майор (Испания), физик Аугусто Форти (Италия) ж.б. Ы.-К. ш-нин катышуучулары дүйнөлүк коомчулукка XXI

к. – «Планетанын кылымы», «Чыгармачылыктын кылымы» деп жарыялашкан. Бул мурда болуп көрбөгөндөй жаңы идеяларды тутандырган «акылдын чабуулу» сыяктуу жолугушуу болгон. Жолугушуунун урааны – «Чыгармачылык аркылуу аман калуу», «өсүп-өнүгүү». Ы.-К. ш-нин катышуучулары элге, маданият ишмерлерине жана бийликтегилерге XXI к. эч согуш алааматы болбой турган «чыгармачылыктын кылымына» айландыруу чакырыгы менен кайрылышкан. Ы.-К. ш-нин президенти – Ч.Т. Айтматов болгон.

Э

ЭВАКУАЦИЯ (лат. evacuato evacuare – бошотуу, алып таштоо) – согуш учурунда, табигый кырсыктарда коркунуч туудурган райондордон аскерлерди, аскер каражаттарын же калкты чыгарып кетүү. Тынчтык мезгилинде калкты пландык эвакуациялоо эреже катары эвакуацияланып жаткан жактардын жоготуулары жана чыгымдарын төлөп берүүнү карайт.

ЭВОЛЮЦИЯ, саясий (лат. evolutio – жайылтуу) – тарыхый процесстин жүрүшүндө ишке ашкан, саясий мамилелердин, институттардын, системалардын өзгөрүүсүнүн удаалаш процесси. Илим жана техниканын жетишкендиктери, экономикалык байланыштардын кеңейиши жана көбөйүшү, коммуникация жана *массалык маалымат каражаттарынын* өркүндөлүшү, *глобалдык проблемалардын* укмуштуудай көбөйүшү менен бирге, планетада ар тараптуу саясий өз ара байланышка жана бири-биринен көз карандылыкка алып келген. Планеталык масштабга Э. процесси XX к. ортосунда өнүгүүнүн альтернативдик варианттарынын пайда болушуна алып келген: же демократтык баалуулуктарга ээ *либерализм*, же ар түрдүү модификациялуу *тоталитаризм*. Тоталитаризмди жеңүү «ачык коомдун» ырасталышына жол ачты, ошол эле убакта көп маселелердин келип чыгышынын себеби болгон. Алардын ичинен – өнүгүп келе жаткан мамлекеттердеги экономикалык жана маданий артта калуунун сакталышы, өнүккөн өлкөлөрдөгү «максаттын өксүктөгү», мурдагы социалисттик өлкөлөрдөгү саясий туруктуу эместик коркунучу. XX к. аягында Э-нын натыйжасында адаттагы саясий ой-жүгүртүүлөр олуттуу өзгөргөн. Тарыхый парадигмалардын алмашуусу ишке ашкан. Бул учурдагы дүйнөгө, эл аралык коопсуздук системасына карата жаңы көз караштa, дүйнөлүк өнүгүүдөгү артыкчылыктардын өзгөрүүсүнөн улам байкалат. Ар бир өлкөнүн Э-сы ар дайым кайталангыс, анын улуттук тарыхынын элементи болуп эсептелет. Ошол эле мезгилде өлкөлөрдүн тобунда Э-нын окшош элементтери болушу мүмкүн. Алардын себеби болуп тарыхый шарттар, маданий жана диний баалуулуктардын бирдиктүүлүгү эсептелет. Мис., Европа жана Түндүк Америка өлкөлөрүндө саясий институттардын өнүгүүсүндө көптөгөн окшоштуктар бар. Аларда өкүлчүлүк мекемелеринин, адам *укугунун* жана эркиндигинин эволюциясы окшош. *Саясий процесстердин* өнүгүүсүнүн Э-лык жолунун артыкчылыгын П.Струве баш болгон орус легалдык марксисттери ар тараптан негиздешкен. Алар демократтык ачык коомдун бир катар негизги принциптерин курушкан. Анда алар коомдун Э-лык өнүгүүсүнүн келечегин көрүшкөн. Э-нын мыйзам ченемдүүлүктөрүн унутуу, революциячыл демократтык ачык коомдун бир катар негизги принциптерин курушкан. Э-нын мыйзам ченемдүүлүктөрүн унутуу, революциячыл чыгуулардын ишке ашышы коомдук өнүгүүнүн кадыресе процессин токтотуп, мамлекетти жана коомду катаал *конфронтация* жолуна түртөт.

ЭГАЛИТАРИЗМ (фр. egalite – теңдик) – коомдогу жарандардын теңчилигин негиздеген саясий теория. Ири менчиктерди жоюу жыктыярдуулук менен андан баш тартууга жана өздүк же коллективдик чарбага таянган мүлктүк теңдикти камсыз кылууга багытталган.

Ашынган Э-дин жактоочулары теңдөөнү адам коомунун турмушун уюштуруунун жалпы принциби катары жакташат. Алардын ою боюнча бул принципти удаалаш жана бардык жерде колдонуу гана социалдык бытиенин акыйкатсыздыгын жана жетишсиздигин жоюуга жардам бере алат. Э-дин тарыхый келип чыгышын алгачкы теңчиликтин, уруулук

түзүлүштүн таптык, социалдык бир типтүү эмес коомго өтүү дооруна алып барып такаса болот. Байлардын жана кедейлердин пайда болушу, менчик институтунун күзөтүндө турган *мамлекеттик аппараттын* келип чыгышы алгачкы элитаристтик кыймылдардын негизинде жаткан. Байыркы дүйнөнүн тарыхы буга көптөгөн мисалдарды бере алат. Инжил жана башка диний булактар ойлонуп туруп байлыктан баш тартып, теңчиликти туу кылган көптөгөн мисалдарга толгон. Э. идеяларынын ишке ашышы дүйнөнүн түрдүү региондорунда кездешет. Жаңы мезгилде Э. эки негизги багытта өнүккөн; либералдык жана радикалдык. Либералдык Э-дин негиздөөчүлөрүнүн бири деп Ж-Ж.Руссо эсептелет. Ал жеке менчикти сактап калуу менен бирге теңчиликти тургузууну көздөгөн. Радикалдык Э-дин көз караштары Г.Бабефтин теорияларында өнүккөн. Анын пикири боюнча мүлктүн жалпылыгы гана теңдиктин шарты болуп саналат. Бул идеялар популисттик жана казармалык-коммунисттик доктриналардын жактоочулары тарабынан кабыл алынган. Тарых көрсөткөндөй бул идеяларды коомго таңуулоо – орой күч колдонуу жана *адамдын укуктары* жана *эркиндиктерин* бузулушу менен коштолот (биздин өлкөдөгү коллективдештирүү, Кытайдагы «элдик коммуналар», Кампучиядагы Пол Поттун режими ж.б.). Э. маанисиндеги саясий ишмердүүлүк түрдүүчө кесепеттерге ээ боло алат (либералдык-демократтыктан ашкере радикалдык жана кыйратуучулукка чейин). Бул болсо ар башка өлкөлөрдө жана региондордо чыгууларын анализдөөнү талап кылат.

ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК (фран. souverainete – жогорку *бийлик*) – бийлик үстөмдүүлүгү менен көз карандысыздыгы. Конституциялык укук илиминде Э-түн бир нече түрү кездешет: 1) Мамлекеттик Э. – өлкө ичинде бийликтин үстөмдүүлүгү жана тышкы чөйрөдөгү көз карандысыздык, т.а. *мамлекет* тарабынан өзүнүн Э-үн чектөөгө ачык-айкын жана өз эркы менен макул болгон учурлардан тышкары, чет мамлекет бийликтерине, анын ичинде эл аралык алака чөйрөсүнө да, баш ийүүнү жокко чыгара турган мамлекеттин өз аймагындагы мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийликтеринин толуктугу; 2) Улуттук Э. – улуттун *бийликке* толук ээ болушу, анын саясий эркиндиги, баарыдан мурда өз мамлекетин түзүүгө чейинки саясий өз алдынчалуулук жөндөмдүүлүгү менен улуттук турмуш мүнөзүн аныктоо мүмкүнчүлүгү; 3) Элдик Э. – элдин толук бийлиги, т.а. коомдук жана мамлекеттик иштерди башкарууга иш жүзүндө катышуу үчүн социалдык, экономикалык, саясий каражаттарга ээ болуусу. Элдик Э. бардык демократиялык мамлекеттердин конституциялык түзүлүш принциптеринин бири болуп саналат.

ЭГИДА (гр. aigis (aigidos) – калкан, тосмо) – саясат таануюда: колдоочулук, коргоо.

ЭДЕМ (байыр. иврит.) – *библия*лык легенда боюнча адам күнөөгө батканга чейин жашаган бул дүйнөдөгү *бейиш* (андан *Адам ата* менен *Обо эне* куулган), Палестинанын чыгыш жагындагы мифтик өлкө.

ЭДИП (гр.) – 1. Байыркы грек мифологиясында – коркунучтуу сфинкстин үч табышмагын тапкан, «мандайга жазылган тагдырды өзгөртөм» деп билбей туруп атасын өлтүрүп, энесин алган, Фив шаарынын мифтик падышасы. 2. Татаал турмуш табышмактарын, түйүндөрүн чечмелеген акылман адам.

ЭКЛЕКТИКА (гр. eklektikos – тандоого жөндөмдүү, тандоочу) – ар түрдүү, ич ара байланышпаган жана дал келбеген көз караштардын, идеялардын, концепциялардын, стилдердин ж.б. биригүүсү.

ЭКОЛОГИЯ (гр. oikos – үй, мекен жана logos – илим) – организмдердин өз ара жана айлана-чөйрө менен болгон байланышын изилдөөчү илим.

ЭКОЛОГИЯЛЫК КЫЙМЫЛ – экологиялык коркунучту азайтуу. Э. к. «жашылдардын», «көктөрдүн» формалдуу эмес, өкмөткө баш ийбеген уюмдардын жыйындысы катары көрсөтүлөт. Көп учурда саны салыштырмалуу көптүк кылган экологиялык уюмдарын өзүлөрү «экологиялык кыймылдар» деп аташат. Мындай жол Э. к-дын кучагын жана кендигин, түрдүү себептер менен экологиялык уюмдарга кирбей калган көптөгөн адамдардын айлана-чөйрөнү коргоодо катышуусун азай-

тат. Структуралык жактан Э. к. экологиялык күчтөрдүн бардыгын, адардын өз ара мамилелерин жана натыйжаларын камтыйт. Анда уюмдардын топтору бөлүнүп турат (Орусия жана КМШнын чегинде): 1) жаратылышты коргоо кошуундары; регион аралык экологиялык союздар («Экология жана дүйнө» ассоциациясы, КМШнын социалдык-экологиялык союзу, КМШнын экологиялык союзу, Экологиялык коом ж.б.); экологиялык фонддор; «жашыл кыймыл», жашылдардын партиясы жана саясатташкан экологиялык уюмдар; экологиялык сактоо комитеттери; жергиликтүү экологиялык уюмдарды өзүнө камтыган коомдук жана өз демилгечи экологиялык уюмдар; 2) коомдук-мамлекеттик экологиялык уюмдар: жаратылышты коргоо секциялары жана комиссиялары; илимий жана коммерциялык экологиялык уюмдар; жаратылышты коргоо комитеттеринин алдындагы коомдук жана илимий-техникалык кеңештер; экологиялык массалык маалымат каражаттары; маданий-чыгармачыл экологиялык уюмдар; 3) *бийликтин* түрдүү органдарынын экологиялык секцияларын, комиссияларын жана комитеттерин, жаратылышты коргоонун мамлекеттик системасын (жаратылышты коргоо боюнча комитеттер, инспекциялар жана прокуратуралар, эксперттик кеңештер ж.б.), жаратылышты рационалдуу пайдалануунун федералдык кызматын мамлекеттик экологиялык структуралар бириктирет. Бүгүнкү күндө Кыргыз мамлекетинде жана эл аралык мамиледе экологиялык *саясатты* күчөтүү зарылчылыгы бар.

ЭКОЛОГИЯЛЫК САЯСАТ (гр. oikos – үй, гр. logos – сөз, түшүнүк, окуу) – мамлекеттердин ички тышкы *саясат*тарынын ажырагыс курама бөлүгү. Мазмуну: социо-табигый процесстерди жакшыртуу, айлана-чөйрөнү коргоо. Учурдагы шарттарга байланыштуу, дүйнөлүк экологиялык кырдаалдын кескин начарлашынан улам Э. с. алдыңкы орунга чыкты; экологиялык коркунучту жоюу эң башкы жана курч, учурдагы *глобалдык проблема*лардын бирине айланды. Э. с. коом жана жаратылыштын өз ара аракеттери иш жүзүнө ашырган тарыхый шарттар менен шартталган; азыркы түрүндө ал 1939–45-жж. экинчи дүйнөлүк согуштан кийин, анын экологиялык кесепеттеринин таасиринен улам жана айрыкча XX к. 60-жж. тартып айлана-чөйрөнүн өсүп жаткан кризистин натыйжасында калыптанган. Э. с. экологиялык коркунучту азайтууга жана жоюуга, жаратылышты коргоо шарттарын турукташтырууга багытталган саясий, экономикалык, каржылык, илимий-техникалык, юридикалык мүнөздөгү чаралардын жыйындысын камтыйт. Бул чаралар улуттук, региондук, эл аралык масштабдарда ишке ашырылат. Жаратылышты коргоо функциялары менен катар Э. с. бир катар башка багыттар менен аспекттерди камтыйт: жаратылышты кайра түзүү, биосоциалдык, демографиялык, социоэкомаданий; анда прогресстин адамдык ченеми, коомдук ыйман, баалуулук ыкмалары чагылдырылат. Акыркы он жылдыкта Э. с. өзгөчө глобалдык деңгээлде болууда. Ал индустриалдык-технологиялык өнүгүүнүн жалпы стратегиясы менен тыгыз байланышта ишке ашырылат, ядролук жана химиялык куралдын таркалуу жана колдонуунун өзгөчө коркунучун эске алат. Э. с-тын мазмунуна жана келечегине космостук факторлордун таасири көчүүдө. Дүйнө коомчулугунун экологиялык проблемаларды чечүүдө аракеттерин бириктирүү зарылчылыгы адамдын табигый жашоо чөйрөсүнүн андан ары начарлашы менен байланыштуу. Ушуга байланыштуу Э. с. жердин газдык айлампасын жакшыртуу боюнча (абадагы кычкылтектин азайышы, көмүр кычкыл газынын, азот, метандын кошулмаларынын, хлорофтор бирикмелеринин басымдуу жогорулашы менен байланыштуу); жердеги тиричиликти космостон келген ультрафиолет нурларынан сакталган планетанын озон катмарын сактоо боюнча; жандуу жана жансыз жаратылыштын гармоналдуу өнүгүшү боюнча (азыр тез темптер менен токойлорду кыйуу, топурак эрозиясы, чөлдөр, такырлар, аңдардын көбөйүшү, өндүрүш калдыктарынын чөйрөнү булгашы, көп түрдүү жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн жоголуп кетиши жүрүп атат); планетанын табигый потенциалын, минералдык, суу жана жер ресурстарын рационалдуу колдонуу; согуштук ишмердүүлүктүн жаратылышка зыян келтирүүсүнө жол бербөө боюнча иш-чаралар

өзгөчө мааниге ээ болууда. Экология саясатташтырылып, саясат экологияланууда. Түрдүү өлкөлөрдө Э. с-та конкреттүү иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн министрлер, комитеттер жана мекемелер түзүлүүдө; жер, атмосфералык абаны коргоо, жаныбарлар дүйнөсүн, токой байлыктарын, суу ресурстарын коргоо жана колдонуу жөнүндө мыйзамдар кабыл алынууда. Коруктар системасы өнүктүрүлүп, айлана-чөйрөнү булгоочу каражаттарды колдонуу боюнча ар түрдүү чектөөлөр жана санкциялар киргизилүүдө. Күчөп жаткан экологиялык кризис айрым региондордун жана эл аралык масштабдарда жаратылыш коргоо уюмдарынын жана мекемелеринин түзүлүшүнө алып келген. Бул багытта БУУ (ООН) – эл аралык уюмдар ЮНЕСКО, ЮНЕП, МАГАТЕ ж.б. комитеттер, союздар, кыймылдар ишмердүүлүгүн уланты-шууда. Бул проблемаларды чечүүдөн көбүнчө *цивилизациянын* тагдыры көз каранды болууда.

ЭКОНОМИКА (гр. oikonomia – үй чарбасын жүргүзүүнүн чеберчилиги) – коомдун өндүргүч күчтөрүнүн өнүгүшүнүн тийиштүү баскычына туура келүүчү өндүрүштүк катыштарынын жыйындысы. Мунун базис катары башкы жана аныктоочу элементи болуп, өндүрүш каражаттарына болгон менчиктин катыштары эсептелет (мис., феодализм, капитализм, социализм экономикасы); тигил же бул өлкөнүн же өлкөлөрдүн тобунун чарба комплекси басымдуулук кылган эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн деңгээли, өндүрүш ыкмасы ж.б. менен айкындалат, (мис., көз каранды эмес шериктеш мамлекеттер өлкөлөрүнүн, АКШнын, Кыргыз Республикасынын экономикасы; чарба комплексинин өнөр жай тармактары жана продукцияны өндүрүү көлөмү (жумуштар жана тейлөөлөр), анын сапаты, ресурстары, пайдалануу деңгээли жана пландуу тапшырмаларды аткаруу даражасы менен бышыкталуучу өндүрүш түрлөрү, алардын абалы, коомдук илимдер тобунун курамдык бөлүгү, чарба комплексинин белгилүү бир тармагынын (өнөр жай, айыл чарба, транспорт, курулуш ж.б.) жана өнөр жай тармактарын (таш көмүр, химиялык, жеңил, токой өнөр жайы, машина куруу экономикасы ж.б.) изилдөө менен иш алып баруучу илим. Э. илимдеринин тутумунда фундаменталдуу жана колдонулма илимдеринин тармактары ажыратылып бөлүнөт. Фундаменталдуу илимдердин максаты – объективдүү экономикалык мыйзамдарды таануу жана аларды натыйжалуу пайдалануу жолдорун негиздөө болуп саналат. Колдонулма илимдерде болсо жеке жана конкреттүү практикалык маселелерди чечүү үчүн фундаменталдуу иштеп чыгууларынын натыйжалары пайдаланылат. Алар функционалдуу белгилери боюнча (эмгек, материалдык-техникалык жабдуу, чийки зат ресурстар экономикасы ж.б.) тармактык (өнөр жай, машина куруу ж.б.) өзгөчөлүктөрү боюнча чектелет. Э-лык илимдер курамына бухгалтердик эсеп, финансы, менеджмент, маркетинг ж.б. кирет.

ЭКОНОМИКА жана САЯСАТ – коомдук турмуштун негизги чөйрөлөрү. Аларда түрдүү социалдык субъекттердин предметтик жана руханий ишмердүүлүгү топтолот. Э. ж. с. диалектикалык байланышта жана бирине-бири көз карандылыкта болот. Экономика саясатка карата анын өнүгүүсүн шарттаган базистик негизи болуп чыгат. Ал эми саясат маанилүү өз алдынчалуулукка, өздүк мазмунуна жана белгилерине ээ болуу менен бирге, экономикага учурдагы шарттарда улам өсүп жаткан таасирин тийгизүүдө. Өндүрүү, алмашуу, болуштүрүү жана керектөө мамилелеринин системалык биримдиги катары экономика саясатка тике жана аракеттеги саясий институттардын (биринчи кезекте мамлекет) саясий мамилелердин жана идеологиялык мекемелердин (уюм) жалпы багытын жана социалдык мүнөзүн, ошондой эле саясатта ишке ашыруунун материалдык каражаттарынын курамын жана ыкмасын шарттоо менен кыйыр таасир тийгизет. Экономика материалдык өндүрүштүн тармактарынын жыйындысы катары (өнөр жай, айыл чарба, курулуш ж.б.), учурдагы *саясий системалардын* негизинде жаткан эмгектин коомдук бөлүнүшүнүн узак убакытка созулган эволюциясынын натыйжасы болуп келет. Демек, ал саясий *партиялардын*, башка түрдүү багыттагы саясий мүнөздөгү уюмдардын келип чыгышынын да натыйжасы болуп саналат. Коомдун саясий уюму өзүнө таандык өздүк мыйзамдар жана социалдык

укуктук нормалар менен, бирок менчиктин жана экономикалык уюмдардын үстөмдүк кылган формаларынын жалпы чегинде аракет кылат.

ЭКОНОМИКАЛЫК БИРИМДИКТИН ДЕМОКРАТИЯЛЫК партиясы – Кыргыз Республикасындагы саясий *партиялардын* бири. Мамлекеттик официалдуу каттоодон 1994-ж. 10-декабрда өткөн. Негизги максаттары жана милдеттери: эркин жана социалдык адилеттүү коомго карай кыймыл, мамлекеттин принциптерине жана жалпы социалдык баалуулуктардын артыкчылыгына негизделген демократиялык коомду куруу ж.б. Э. б. д. п. жаңы түзүлгөндүктөн 1994-ж. 22-сентябрда болуп өткөн баштапкы деңгээлдеги жергиликтүү кеңештерге депутаттарды шайлоодо да, 1995-ж. 5-февралда болуп өткөн *Жогорку Кеңештин* депутаттарын шайлоого да жигердүү катыша алган жок. Бул партиянын өкүлдөрү саясий партиялардын жолугушууларына, мамлекеттик бийлик органдары менен иш алып барууга жана саясий ишмердүүлүктүн башка түрлөрүнө катышып турушат. Э. б. д. п-нын саясий кеңешинин төрагасы Таштанбеков А.Д. Кийинки жылдары саясий процесстерге катышпай калды.

ЭКОНОМИКАЛЫК КООПСУЗДУК – КРдин социалдык, саясий жана коргонуу жактан жетиштүү деңгээлин жана өсүп-өнүгүүсүн, тышкы жана ички коркунучтар менен ар кандай таасирлерден экономикалык кызыкчылыгынын бузулгустугу менен көз карандысыздыгын камсыз кыла турган экономиканын абалы.

ЭКОНОМИКАЛЫК КОШ СТАНДАРТ (англ. dual economy) – өнүккөн өлкөлөрдүн өнүгүп келе жаткан өлкөлөр менен өз ара кызматташтыгынан келип чыккан феномен. Жыйынтыгы катары – үчүнчү дүйнөнүн өлкөлөрүнүн экономикасындагы дисбаланс келип чыгат: бир тармактар заманбап үлгүдө өнүгүп, башка мамлекеттерге ачык болуп, өнүгүү деңгээли барган сайын жогорулап, конкуренттүүлүгү өсөт, ошол эле учурда башка тармактар болсо өнүкпөстөн, артта калып же ошол эле деңгээлде кала берет.

ЭКОНОМИКАНЫ мамлекеттик жөнгө салуу – *мамлекеттин* иш-аракеттеринде маселелерди максатка ылайык коюуну, тагыраак айтканда натыйжалуу принциптерин, коомдун социалдык-экономикалык өнүгүшүнүн туруктуулугун ишке ашырууну туюнтат. Бул принциптерди ишке ашыруу дайыма өзгөрүлүп, жаңыланып туруучу технологиялык негизде товарлардын жана тейлөөлөрдүн улам көбөйүүчү санын өндүрүүгө шарт түзүүнү көздөйт. Чектелген өндүрүштүк (экономикалык) ресурстарды иштетүүдө чыгымдарды кыйла азайтуу дүйнөлүк базарда өз позицияларын бекемдөө, каалагандардын бардыгына жана ишке жарактууларга жумушчу орундарын түзүүгө умтулат. Э. м. ж. с-да базар механизми маанилүү орунду ээлейт. Базар мамилелери экономиканы олуттуу жогорулатып, бирок бир кыйла төмөндөп кетүүлөр күчөп, кризистердин болушу күтүлөт да, тиешелүү өлкө же регионду бир топ артка сүрүп жибериши мүмкүн. Ошондуктан, мамлекет базар мамилелерин божомолдоо жана программалоо механизмин иштеп чыкканга аракет жасоосу табигый көрүнүш. Себеби базардагы олку-солкулуктар экономиканы начарлатып жиберүүчү нукка алып келбеши керек. Э. м. ж. с. турууда анын аткарган функцияларынын өтө олуттуу мааниси бар. Алардын олуттууларына төмөнкүлөр кирет: экономиканын укуктук негиздерин иштеп чыгуу жана бекитүү; макроэкономикалык өнүгүүнүн приоритеттерин аныктоо, б.а. бүгүнкү күндө улуттун кызыкчылыгы үчүн эмне маанилүү; кайсыл жана канча ресурстарды талап кылат, алар канчалык убакытта натыйжасын берет; жасалган иш-аракеттер кандай пуктагы социалдык, экологиялык, дүйнөлүк чарбалык натыйжаларды бериши мүмкүн. Макроэкономикалык милдеттерди аныктоо мамлекеттин негизги максаты болуп саналат. Базар мамилелери ишканалардын жана фирмалардын иш-аракеттерин жөнгө салып, ал эми мамлекет болсо, анын өзүнүн мыйзамдарына таянып, базардын функцияланышын жөнгө салат. Бул болсо, мамлекеттин ишканалардын жана базардын иш-аракеттерине минимум кийлигишүүсүн билдирет. Анткени, мамлекет ыксыз терс көрүнүштөр белгиленген максаттардан олуттуу четтеген учурларда кийлигишет. Мындай кийлигишүү Э. м. ж. с. механизми ар-

кылуу гана ишке ашат. Бул мамлекеттик жөнгө салуу механизми мамлекеттин артыкчылыгына гана эмес, ошону менен бирге ишкана жана фирмалардын кызыкчылыктарына да жооп бериш керек.

ЭКОНОМИКАНЫН ААЛАМДАШУУСУ – бардык ааламдашуу жүрүштөрүнүн негизин түзөт. XX к. акыркы он жылдыгындагы дүйнөлүк экономиканын өнүгүшү чоң маанияе ээ болду. Аны менен саясатчылар жана ишкер адамдар гана эмес, ошондой эле кеңири коомчулук да эсептешүүгө мажбур болду. Ааламдык экономикалык тутумдун чыныгы маанисин 1973-ж. мунай кризиси – ОПЕК картелине кирген негизги өлкөлөр, муңайдын экспортёрлору анын баасын бир нече жолу көтөрүп жиберишкенде бардыгынан ишенимдүүрөөк көрсөтө алды. Мунайга болгон баанын көп ирет жогорулашы инфляциянын өсүшүнө жана өнөр жайы өнүккөн өлкөлөрдө мунайдын импортёрлорунда өндүрүштүн түшүп кетишине алып келди. Бул, «стагфляция» деп аталган экономикалык төмөндөө менен баалардын өсүшүнүн айкалышын ички эмес, тышкы себептер, ааламдык экономикада болгон өзгөрүүлөрдө чакырды. Бул өзгөрүүлөрдүн кесепеттери бир гана жылга созулган жок жана дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнө өз залакасын тийгизип өттү.

Кыргыз Республикасы ааламдашуу таасирин СССРдин тарашынан кийин, 1998-ж. Азия кризисинин натыйжаларынан улам кадимкидей көрө алды. 1998-ж. августунда, бир айдын ичинде доллардын сомго болгон наркы асмандап, бир доллардын наркы мурдагы 13 сомдон 23 сомго көтөрүлүп кетти. Бул жерде биздин республикага болгон чарбалык ишмердиктин өз ара карым-катышындагы тышкы таасирдин натыйжасы көрүндү, ал таасир азыркы күндө дүйнөнүн бардык өлкөлөрүн мурдагыдан да күчтүүрөөк өз кучагына алып турат. Компьютердик техника менен электрондук телебайланыштардын катуу өсүшү, тез ылдамдыктагы жана үнөмдүүрөөк транспорттун пайда болушу континенттер менен мамлекеттердин баарын бири-бирине жакындатып койду. Өлкөдөн өлкөгө агып жаткан товарлар менен тейлөө кызматтарынын, капитал менен адамдардын, байланыштын ааламдык тутумдары менен маалыматтын агымы, эл аралык экономикалык жана каржылык уюмдардын ишмердиги улуттук экономикалардын бири да калбай көп же аз деңгээлде катыша турган ааламдык экономиканы түзөт.

Э. а. заманынын башталган белгилеринин бири өндүрүштү, соода, банк ишмердигин трансулутташтыруу болуп эсептелет. Улуттар аралык корпорациялар (УАК) экономикалык ааламдашуу жүрүшүнүн башкы кыймылдаткыч күчүнө айланышкан, ал эми анын улуттук мамлекеттер катары субъекттери көп жагынан четке сүрүлүп калган. УАК басып алуусунун башкы куралы катары чет элдик түз инвестициялар кызмат кылат. УАК өсүшү акыркы мезгилдерде көптөгөн себептер менен түшүндүрүлөт, алардын ичинде биринчи орунда өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүү жана жаңы технологияларды киргизүү, жаңы базарларды, арзан жумушчу күчтөрүн издөө ж.б. менен чыгымдарды төмөндөтүүгө мажбур кылган атаандаштык турат. 2000-ж. 690 миң чет элдик филиалдары бар 63 миң улуттар аралык корпорациялар болгон. 100 өтө чоң УАК дүйнөлүк экспорттун (2 трлн доллардай) үчтөн бирине туура келген. XX к. анын иштешин биз аларсыз элестете албай турган ааламдык экономиканын жаңы механизмдери жана институттары түзүлгөн. Аларга Эл аралык валюттук фонд, Бүткүл дүйнөлүк банк, Бүткүл дүйнөлүк соода уюму, БУУнун аймактык экономикалык комиссиялары, «Чоң сегиздиктин» үзгүлтүксүз жолугушуулары ж.б. дагы көптөгөн институттар кирип кетет.

ЭКОНОМИКС – коомдук өндүрүштү базардык нукта уюштуруу теориясы. Ал *экономика* илимининн олуттуу бөлүгү болгон макроэкономика жана микроэкономика тармактарын камтыйт. Коомдун экономикалык процесстеринин теориялык негиздерин изилдейт. «Экономикс» терминин кеңири карым-катнашка учурунда Британ окумуштуусу, экономист А.Маршалл киргизип, мурда кеңири пайдаланып келген «саясий экономия» түшүнүгүн толук алмаштырууга жетишкен. «Э.» предметинин негизин сурам жана сунуш теориясы,

базар теңдештигин орнотуу, атаандаштык, базар алкагындагы дүң өндүрүүчүлөр жана керектөөчүлөрдүн жагдайын изилдөө эзлейт. «Э.» англисчеден которгондо «экономика», «экономикалык теория» терминдери менен үндөшүп турат.

ЭКСПАНСИЯ – 1) алгачкы чектерден тышкары чыгып кеңейүү, жайылуу, таралуу; 2) мамлекеттердин жаңы территорияларды басып алуу аракети; басып алып, өзүнүн мамлекеттик чек араларын кеңейтүү жана анын саясий жана экономикалык таасирин башка мамлекеттерге таратуу, жайылтуу.

ЭКСПАТРИАЦИЯ (лат. ex – андан жана patria – Ата-Мекен) – жарандыктан айрылуу. Кээ бир өлкөлөрдүн (мис., АКШ) *жарандык* жөнүндөгү мыйзамдары, анын жарандыкты жоготууга байланыштуу бөлүгүндө «Э. эркиндиги доктринасына» негизденген. Анын маани-маңызы жаранды натуралаштыруу анын дароо адепки жарандыгынан айрылуусуна алып келгендигинде турат.

ЭКСПРОПИРАЦИЯ (лат. expropriatio – менчигинен ажыратуу) – мамлекеттик органдар тарабынан жүргүзүлүүчү кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкүнөн юридикалык мажбурлап же төлөп берип ажыратуу. Бул кунун төлөгөнүнө же төлөбөгөнүнө жараша ич ара айырмаланат. Кунун төлөп бергени – реквизиция, ал эми төлөнбогону – конфискация деп аталат.

ЭКСТРАДИЦИЯ (өткөрүп берүү) (лат. extraditio) – кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартуу үчүн адамды бир мамлекеттин экинчи мамлекетке өткөрүп берүүсү. Азыркы конституцияларда жана мыйзамдарда, эреже катары, өз жарандарын чет мамлекетке өткөрүп берүүгө сөзсүз тыюу салынган (анын ичинде КРде да). Чет өлкөлүк жарандарды жана жарандыгы жок адамдарды өткөрүп берүүгө, адатта, тийиштүү мамлекеттерди байланыштырып турган эл аралык келишимдерде көрсөтүлгөн учурларда гана жол берилет. Эл аралык укуктун жалпыга таанымал принциптерине ылайык, өткөрүлүп берилүүчү адамды өлүм жазасы же кыйноо күтүп турган мамлекетке Э. кылууга жол берилбейт.

ЭКСТРЕМИЗМ – *идеологияда* жана *саясатта* четтен чыккан көз караштарды жана аракеттерди колдоочулук. Коомдо Э-ди пайда кылуучу факторлорго төмөнкүлөр кирет: социалдык, экономикалык *кризистер*, саясий структураның бузулушу, калктын көпчүлүк бөлүгүнүн жашоо деңгээлинин төмөндөшү, бийлик тарабынан *оппозициянын* жана эркин ойлонуунун куугунтукталышы, улуттук эзүү, өз маселелерин чечүүнү жана максаттарды ишке ашырууну тездетүү үчүн саясий партиялардын жана топтордун лидерлеринин амбициялары ж.б. Э-дин социалдык базасын түзүүчүлөр: калктын четтен чыккан көз караштагы катмарлары, улутчулдук жана диндик кыймылдардын өкүлдөрү, интеллигенттердин жана студенттердин үстөмдүк кылган тартипке нааразы болушкан жана кээ бир аскер бөлүктөрү. Э-дин саясий, улутчулдук, диндик жана экологиялык чыгуулары кеңири тараган. Саясий планда Э-ге демагогия, тартип бузуулар, иш таштоолор, жарандык баш ийбөөчүлүк уюштуруу жолу менен жашап турган коомдук структураларды жана институттарды бузуу жана талкалоо, ушундай жол менен өз максаттарына жетишүү мүнөздүү. Алар, адатта, террордук актыларды, партизандык согушту ж.б. күч колдонуу ыкмаларын пайдаланышат; сүйлөшүүлөр, келишимдер, компромисстерди көп учурда танышат. Э. «солчул» жана «оңчул» болуп бөлүнөт. Солчул Э. *революция, анархизм*, солчул *радикализм идеяларын* жетекчиликке алышат, өзүлөрүн «эл массасынын бактысы» үчүн, «пролетариаттын иши» үчүн чыккан талыкпаган күжүрмөндөр деп жарыялашат. Ал эми оңчул Э. болсо, ашынган *консервативдик* чекте туруп азыркы коомду «тартиптин жоктугу», «чоңдордун үстөмдүгү», «адептин, уяттын кетиши», ж.б. үчүн катуу сынга алышат.

ЭКУМЕНИЗМ (гр. oikumene – эл жашаган дүйнө, жер жүзү) – XX к. башында келип чыккан диний конфессияларды бириктирүү үчүн кыймылы. Өз ичине үч багытты камтыйт: 1) христиандык конфессияларды бириктирүү үчүн кыймылы; 2) христиандык эмес диндердин интеграциялык процесси; 3) христиандык экуменисттик уюмдардын христиандык эместер менен макулдашылган аракети. Акыркы – буддисттердин Бүткүл дүйнөлүк

боордоштугу, Бүткүл дүйнөлүк ислам конгресси, Аль-Азхара алдындагы ислам изилдөө академиясы (Каир) ж.б. Христиан дининде экуменисттик процесстердин координатору болуп Бүткүл дүйнөлүк *чиркөөлөр* кеңеши бөлүнүп турат, ага көпчүлүк протестанттык жана православдык конфессиялардын өкүлдөрү, армян-грек чиркөөсү киришет.

ЭЛ – коомдун чоң жана кичине социалдык топтордун жыйындысы, коомдук өндүрүштүн жана анын ишмердүүлүгүнүн негизги күчү, тарыхтын субъектиси. Адатта, Э. дегенде өлкөнүн, *мамлекеттин* калкын түшүнөт, мис., Кыргыз Республикасынын эли, Кытай эли ж.б. Ошентсе да, бул социалдык биримдик салыштырмалуу түрдө гана болот, анткени, жалаң бир тектүү эл болбойт. Ар түрдүү катмарлардын жана топтордун ар кандай кызыкчылыктары болот жана бул түрдүү кызыкчылыктар саясий чөйрөдө ар түрдүүчө чагылдырылат. Ошондуктан «бийлик элге таандык» деген ураан шарттуу гана болот, эч качан бийлик жалпы элге таандык боло албайт. Э. социалдык тажрыйбанын (маданий баалуулуктар, тарыхый эс-акыл, өндүрүш ыкмалары ж.б.) алып жүрүүчүсү болуп эсептелет. *Жарандык коомду* жана *укуктук мамлекетти* курууда Э-дин мүмкүнчүлүгүнө жана ролуна, аны изилдөөгө чоң көңүл бурулат. Маселелер шайлоолор жана *референдумдар* аркылуу чечилген учурларда Э-дин эркин чечүүчү болуп эсептелет.

ЭЛ АРАЛЫК ВАЛЮТА ФОНДУ (ЭВФ) – эл аралык валюталык-каржы уюму, БУУнун адистештирилген мекемеси. Эл аралык соодanын жана валюталык кызматташтыктын өнүгүшүнө көмөктөшүү менен валюталык курстарды жонго салуунун ченемдерин аныктайт жана алардын сакталышын көзөмөлдөйт; валюталык паритеттердин туруктуулугун кармап турат, төлөөнүн көп тараптуу тармагын иштеп чыгат жана валюталык чектөөлөрдү жоёт, ошондой эле өзүнүн мүчөлөрүнө төлөм баланстарынын тең салмаксыздыгына байланыштуу болгон валюталык кысталыштарда кредиттик ресурстарды берет. 1944-ж. Бреттон-Вудс эл аралык валюталык-каржы конференциясында түзүлгөн.

ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР – саясий, экономикалык, социалдык, дипломаттык, укуктук, согуштук жана гуманитардык байланыштардын жана дүйнөлүк коомчулуктун субъектилеринин ортосундагы мамилелеринин жыйындысынын системасы. Мындай субъектилердин катарына *элдер*, *мамлекеттер*, коомдук уюмдар жана кыймылдар кирет. XX к. аягында Э. а. м. азыркы мезгилдин *глобалдык проблемалары*, региондордун жана мамлекеттердин кызыкчылыктарын камтыган көптөгөн чечилбеген маселелер мүнөздүү. Адамзаттын алдында ядролук согушту болтурбай коюу жана жалпы коопсуздукту бекемдөө маселери турат. Э. а. м-де маанилүү ролду БУУ, анын адистештирилген мекемелери: ЮНЕСКО, ПРООН, МОТ, МАГАТЕ, ж.б. эл аралык жана региондук коомдук уюмдар ойнойт.

ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДЕГИ ВЕНА СИСТЕМАСЫ (ЕВРОПАЛЫК КОНЦЕРТ) – Наполеон I (1799–1814; 1815) согушунан кийин түптөлүп, көптөгөн өзгөрүүлөргө дуушар болуп, Биринчи дүйнөлүк согушка (1814–1815) чейин орун алган Европадагы өлкөлөр ортосундагы мамилелердин системасы. Анын негизги принциптери Вена конгрессинде каралып (1814–1815), бекитилген. Э. а. м. В. с-нын өзөгү күчтүү европалык монархиялардын (Орусия да кирген улуу державалар) Европадагы территориалдык жана саясий статус-квого карата жалпы макулдашууга негизделген; ошондой эле жогорудагы система революция коркунуч туудурган өлкөлөрдүн жашоосуна коллективдүү түрдө кийлигишүүгө жол ачып бере алган. XIX к. Европада «улуттук кызыкчылыктар жана күчтөр арасындагы карым-кат- наштардын өзгөрүүсү дипломатиялык оюнду аныктап, союздардын пайда болуусу жана урашы, таасир этүү чөйрөсүнүн озгорүшүнө өболго түзгөн» (Г.Киссинджер, «Дипломатия»).

ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДЕГИ ВЕРСАЛ-ВАШИНГТОН СИСТЕМАСЫ – озогу 1919-ж. кабыл алынган Версал тынчтык келишими (Германиянын онөктөштөрү менен болгон келишим) жана Вашингтон конференциясында (1921–1922) кабыл алынган макулдашууда түптөлгөн тынчтык тартиби. Бул

системанын европалык бөлүгү (башкача айтканда – Версалдык) көбүнесе уткан өлкөлөрдүн саясий жана аскердик-стратегиялык кызыкчылыктарынын жыйынтыгынан түзүлгөн. Алар негизи өз күчтөрүн утулуп калган же кайрадан түзүлүп келаткан өлкөлөрдүн (Европада – 9) кызыкчылыктарын тоотпоого багытталган, ал эми бул системанын мындай кадамдары дүйнөлүк иштерде узак стабилдүүлүктүн сакталышына шарт түзө алган жок. АКШнын Версалдык системадан баш тартышы, Орусиянын изоляцияланышы жана антигермандык багыттар Э. а. м. В.-В. с-н универсалдуулугунан ажыратып, стабилдүүлүк жоголуп, мунун баары дүйнөлүк конфликттин өрчүшүнө себеп болгон. Ал эми Азия-Тынч океан аймактарына тараган Вашингтон системасы аз да болсо өзүнүн тең салмактуулугу менен айырмаланып турган. Анын стабилдүүлүгүнүн начарлашына Кытайдын өнүгүү курсунун белгисиз жакка оошу, Жапониянын тышкы саясатында милитаристтик багыттын күч алышы жана АКШнын изоляцияланышы себеп болгон.

ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ЯЛТА-ПОДСТДАМДЫК СИСТЕМАСЫ – Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин келип чыккан дүйнөлүк тартип системасы. Бул системанын башатын дүйнөлүк конфликтте таасир этүү чөйрөсүн тааныган, жеңишке жетишкен улуу державалардын ортосундагы Ялталык (1945) жана Потсдамдык (1945) конференцияларда кабыл алынган келишим түзгөн. Э. а. м. Я.-П. с-нын негизги мүнөздүү белгилери – эки улуу державалардын аскердик-саясий жана экономикалык артыкчылыгын шарттаган биполярдуулук (СССР жана АКШ), дүйнөлүк тартиптин жаңы полюстарын көп ирет талкалоочу массалык кыйратуучу куралдардын колдо болуусу; конфронтациядагы улуу державалардын тегерегинде орун алган аскердик-саясий блоктордун жайгашышы.

ЭЛ АРАЛЫК РЕЖИМДЕР (англ. international regimes) – эл аралык мамилелердин белгилүү бир чөйрөсүндө (мис., тарифтерде жана соодада, каржы саясатында, космосту пайдалануда ж.б.) дүйнөлүк уюмдун мүчөлөрүнүн күткөн жыйынтыктарынын дал келишине карата болгон такталган принциптердин, нормалардын, чечим кабыл алуу эрежелеринин жана процедураларынын жыйындысы.

ЭЛ АРАЛЫК УКУК – мамлекеттердин макулдашылган эрктерин билдирүүчү жана алардын, эл аралык уюмдардын жана кээ бир башка Э.а.у. субъекттеринин өз ара мамилелерин жөнгө салуучу келишимдик жана демейки ченемдердин жана принциптердин топтому. Э.а.у. ченемдердин өзгочө тутуму катары кайсы бир улуттук укук тармагына кирбейт жана өз ичине улуттук укук ченемдерин камтыбайт. Ошентсе да, 1920-ж. тартып, бир катар мамлекеттер Э.а.у-тун жалпы таанылган ченемдери өздөрүнүн аймактарында түздөн-түз колдонулаарын, андай ченемдердин улуттук мыйзамдардан артыкчылыктуулугун жарыялашкан. Айрым өлкөлөрдө Э.а.у. ченемдери улуттук укук тутумуна тикелей эмес киргизилген. Эл аралык келишимдер жана эл аралык укук салттары – Э.а.у-тун булактары. Эл аралык уюмдардын актылары, эл аралык сот жана арбитраж органдарынын чечимдери, эл аралык укук доктринасы жардамчы булактар болуп саналат. Эл аралык укуктук жонгө салуу чөйрөсү дипломаттык, аскердик, гуманитардык, экологиялык, социалдык, экономикалык, маданий, илимий-изилдөө, полициялык маселелерди өз ичине камтыйт жана андан ары кеңейүү тенденциясына ээ. Ушуга байланыштуу Э.а.у. улуттук укук тутуму сыяктуу эле: эл аралык деңиз укугу, эл аралык гуманитардык укук ж.б. тармактарга бөлүнөт. Өздүк Э.а.у-тан (эл аралык жалпы элдик укук деп да аталган) эл аралык жеке укукту – негизинде улуттук мыйзамдар жаткан таптакыр башка түзүмдү айырмалоо керек.

ЭЛ АРАЛЫК ЭМГЕК УЮМУ (МОТ) – Международная организация труда) – БУУнун атайын органы. 1919-ж. Улуттар Лигасынын учурунда эмгек мыйзам чыгаруунун маселелери жана эмгек шарттарын жакшыртуу боюнча конвенцияларды жана сунуштарды иштеп чыгуу боюнча эл аралык комиссия катары уюшулган. Жайгашкан жери – Женева.

ЭЛЕКТОРАТ – бардык саясий укуктарды жана эркиндиктерди пайдаланган, өлкөдөгү жана эркиндиктерди пайдаланган, өлкөдөгү жарандардын жыйындысы түзгөн, шайлоо-

чулардын корпусу. Коомдогу ар бир олуттуу саясий уюмдун өзүнө таандык шайлоочулары бар. Бул шайлоочулар белгилүү бир аймакта жашоосу же бир уюмга биригүүсү мүмкүн. Бирок, тигил же бул саясий уюмга жан тартпаган, «бош жаткан» шайлоочулардын көптөгөн топтору бар. Демек, саясий күрөштүн сыры ошолорду өзүнө тартууда, добуштун санын көбөйтүүдө жана ушул жол менен бийликке келүүдө жатат. Мындан тышкары, ар бир саясий күчтөн өзүнүн «менчик» шайлоочуларынын көз карашын өзгөртүп жиберүүгө жөндөмдүү көптөгөн шарттар жана себептерди эске алуу зарыл. Азыркы саясий *партиялар* төмөнкүдөй *альтернативанын* алдында турушат: же жаңы катмарларды жеңип алуу, же өзүнүн адаттагы «менчик» шайлоочуларына таянып, акырындык менен өзүнүн таасирин жоготуу. Бүгүнкү күндөгү саясий күчтөрдүн жайгашышынын өзгөрүшү мына ушулар менен түшүндүрүлөт. Шайлоочулардын кандайдыр бир чечимге келишине, биринчи кезекте, төмөнкүдөй төрт себеп таасир көрсөтөт: 1) *саясий системанын, шайлоо системасынын, массалык маалымат каражаттарынын* ж.б. өзгөчө түзүлүшү; *2) саясий маданият*, биринчи кезекте, демократтык салттардын жана *менталитеттин* болушу же болбошу; 3) кырдаал факторлору, саясий партиялардын, саясий *лидерлердин* саны жана таасири, шайлоочулардын каолицияларын түзүү мүмкүнчүлүгү ж.б.; 4) *Эл аралык мамилелер*, экономикалык кырдаал, шайлоолор алдындагы күрөштүн өзгөчөлүктөрү ж.б.

ЭЛЧИ – Кыргыз каганатынын тышкы иштер маселесин тейлеген, ага көз салган мамлекет кызматкери, кагандын өзгөчө маселелер боюнча чабарманы, жакын жардамчысы, мамлекеттик ири чиновник. Кыргыз кагандарынын элчилери Кытай династиялары, Батыш Түрк, Чыгыш Түрк, Экинчи Чыгыш Түрк каганаттары, Түрк, Түргөш, Уйгур каганаттары, Карлук, Тибет, Тангут мамлекеттери менен саясий-дипломатиялык үзгүлтүксүз алакаларды алып барышкан. Кыргыз каганаттарында Inanch (Ынанчы) – «ишенимдүү адам», «ишеним жүктөлгөн чабарман» маанисин туюнткан элчилик термин да колдонулгандыгын тарыхый булактар ырастайт. Дипломатиялык алакалар, өз ара мамлекеттик келишимдер түзүлгөн саясий кырдаалга карата өзгөрүп, өнүгүп турган. Өөк Тарлактагы (Тува) кыргыздарга таандык эстеликте: «...Атым Эл Туган тутук (tutuk) мен теңри элимке (Теңир колдогон элдин элчиси) элчиси эртим, баг будунка (аймактык башкаруусу бар журтка) бек эртим (бек элем)...» деген маалыматтар бар. Бул маалыматтардан аймак (баг) башчысы бек Эл Туган элчилик милдетти да аткарганын көрүүгө болот. Хакасиянын Алтын-Көл аймагындагы Барс-бек каганга арналып тургузулган эстелик жазуудан алыс эмес жерден Тибетке ж.б. өлкөлөргө барган Эрен Улук аттуу кыргыз элчисине багышталган эстелик табылган: «...Болшар уруусунан, күчтүү элден (кыргыздан) чыккан эр атым Эрен Улук..., Менин элим кайраттуу, мамлекетим (өлкөм) чоң (кубаттуу, күчтүү) болгондугу үчүн журт козголгон жок. Энем он ай көтөрдү, эр жеттим, дүйнөнү төрт кыдырдым (тегерендим), эрдигим үчүн Ынанчу алп (атагын) алдым. Болшардан (байыркы кыргыз уруусунун аталышы) чыккан эрдигимен Эсин Алтын Капарга (Капкага?) кирдим. Эрдигим үчүн Тибет канына элчиликке бардым, олжо алып келдим...» (Орхон-Енисей тексттери, 1982, 171-172). Бул кыргыз эстеликтериндеги маалыматтардан дипломатиялык иерархияда (кызмат тепкичтери) «элчилик» («элчи») термини менен катар, Inanch → кызматтык титул наамы колдонулгандыгын көрүүгө болот. Мис., Ынанчу алп ж.б. Ал эми, Кыргыз кагандарынын өргоолорү жайгашкан Уйбаттагы (Хакасия) биринчи жазуу эстелигинде: «... Эрдигим, каармандыгым үчүн Кара ханга бардым, элчи болуп барып, келбедиңиз, бегим...» деген маалыматтар жазылган (көрсөтүлгөн эмгек, 172-б.). Кыргыз элчилери жөнүндө Тан Кытайынын императору кыргыздардын каганына мындай деп жазган: «...Мына бул жоокерлик мөөнөттө (убакыт чеги) сөзсүз убадага бек бололу. Каган толук ишенимде, биз менен бир аракет, бир максатта болот деп ойлоймун. Дадас Инанч Чорду (Чоро) (кыргыз элчиси) өзүм Ли-ды-гу сарайында кабылдагамын, кадыресе аны конок алып, оюн-шоок менен күттүк. Ошону менен бир убакытта Сиз жазган каттын талабы боюнча аны (элчини) көпкө жүргүзбөдүк...» (Кытай императорлорунун кыргыз кагандарына жазган каттары. – Б.: 2003). Байыркы жана орто кылым доорлорунда «элчи» термини «бакшы» маанисин да туюнткан. Себеби, бакшылар көбүнесе кат-сабаттуу, өз мезгилинин билги, коомдун кадырлуу адамдарынан болушкан. Ошондон улам, каганга жакын болгон билги бакшылар (шамандар) мамлекеттик өзгөчө маанилүү дипломатиялык-саясий тапшырмаларды да аткарышкан.

ЭМАНСИПАЦИЯ (азаттануу) (лат. emancipatio – көз карандуулуктан бошоо) – жашы жете элек өспүрүмдү толук бойдон аракетке жарактуу деп жарыялоо. КР жарандык мыйзамдарына ылайык, 16 жашка толгон адам, эмгек келишими (контракты) боюнча иштеп жатса, же болбосо жеке ишкердик менен шугулданып жүрсө (ата-энесинин, асыроочуларынын же камкорчуларынын макулдугу менен), толук бойдон аракетке жарамдуу деп жарыяланышы мүмкүн. Э. көзөмөлчү жана камкорчу органдар тарабынан, ал эми ата-энесинин (асыроочулардын, камкорчулардын) макулдугу болбогон учурда, соттун чечими менен жүргүзүлөт. Ата-эне, асыроочулар, камкорчулар азаттанган адамдын милдеттенмелери боюнча жооп беришпейт.

«ЭМГЕК» саясий партиясы – Кыргызстандагы *саясий партия*лардын бири. Партиянын уюштуруу съезди 2011-ж. 11-апрелде болгон, мамлекеттик каттоодон 2011-ж. 20-майда өткөн. 2013-ж. 29-октябрда «Э.» п-нын II курултайы болуп, партиянын торагалыгына Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 3–4-чакырылыштарынын депутаты, мамлекеттик жана коомдук ишмер, белгилүү меценат Салымбеков А.М. шайланган. Съездде партиянын Саясий Кеңеши түзүлүп, анын курамына А.К. Абдраев, К.Т. Айдаров, А.А. Акунов, А.А. Акматалиев, Д.Т. Долоталиева, Б.А. Досалиева, И.К. Жунусов, А.А. Исаев, Кадыр уулу Султанбек, К.К. Кускаков, Д.А. Муладжанов, А.М. Мураталиев, И.М., С.В. Пономарев, А.М. Салымбеков, Э.К. Сатылганов, Р.Б. Тагаев, М. Тиллебаев, А.А. Турсункулов, В.Н. Хан бекитилген. Съезд партиянын саясатын коомго жеткирүү жана ишмердигин ыраатуу жүргүзүү максатында Саясий Кеңештин алдында аксакалдардын «Акыл Ордо», аялдардын «Айым Ордо» жана жаштардын «Акыл Тирек» кеңештерин түзгөн. Партиянын «Улут намысы» аттуу кеңири программасы кабыл алынган. «Э.» п-нын негизги максаты катары – өнүккөн жана коопсуз Кыргызстанды түзүү, базар мамилелерине негизделген эффективдүү, социалдык багытталган экономиканы өнүктүрүү, саясий стабилдүүлүктү чыңдоо, укуктук тартипти бекемдөө, социалдык адилеттүүлүктү камсыздоо жана саясий элитанын билимдүү жана маданияттуу жаңы муунун даярдоо сыяктуу коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрү боюнча приоритеттер көрсөтүлгөн. 2014-ж. ноябрына карата «Эмгек» партиясынын республиканын бардык облустарында, райондору менен шаарларында уюмдары түзүлүп, кеңселер ачылып, аларда атайын кызмат орундары уюштурулуп, партиянын идеяларын элдин кеңири катмарына тартуу багытында ийгиликтүү иштерди жүргүзүүдө. Партиянын баштапкы уюмдары айылдардын 80%га жакынын камтып, партиянын мүчөлүгүнө 45 миңден ашык адамдар кабыл алынып, аларга бирдей үлгүдөгү катар номерлери коюлуп, моор басылган мүчөлүк билеттер берилген. Түзүлгөнүнө аз убакыт болгонуна карабастан бул партия 2015-ж. боло турган парламенттик шайлоодо жеңишке жетет деген серепчилердин божомолдору маалымат каражаттарында байма-бай айтыла баштаганын байкоого болот.

ЭМГЕК темасы «Манаста» – адамдардын аң-сезимдүү, максатка ылайык иши, аракети, жумушу, о.э. алардын жигердүүлүк сапатынын белгиси. «Манас» эпосунда ак калпак элибиздин бейкутчулукта жашаган турмушундагы кен эритүүчү көөрүкчүлүгү, уста узануучу, төрт түлүк малды багуу, аны аман асыроо, жер иштетүүлүк малды багуу, аны аман асыроо, жер иштетип дыйканчылык менен эмгектенүүсү кеңири, ары таамай, таасын чагылдырылган. Басып алган эл менен уруунун башчысы өз күчү менен каратып алган элдер менен урууларды өкылычтын мизине салып, зордоп иштетүү менен, алардан түшкөн олжону бүт ээлеп алган.

Алсак, эл атасы, журт эгеси Каракан дүйнөдөн кайтканда, сөөк өчтү душмандар Молто, Алооке, Эсенкан көп кол менен капарсыз жаткан кыргыз элин чаап алышып, уюткулуу элдин бирин тереңге, бирин Эренге, бирин Каңгайга, бирин Алтайга тентитип, айдап жиберет. Манастын атасы Жакып кан менен Акбалта кырк үйлүүсү менен Алтай деген жерге айдалат. Эрксизден айдалгандар бөтөн эл, бөтөн жерде эмне кылаар айласын таппай карайлап тургандарга Акбалта: «Эмгек кыл балдар, эмгек кыл, Арыганың семирет, ачкан курсак тоюнат» (СК, 1. 84), – деп азып-тозгондорду эртеңки жакшылыктын болорунан күдөр үзбөөгө чакырып, өзгөчө жаштарды эмгек кылууга үндөйт. Жакып баш болуп сүрүлүп баргандар ак эмгектин аркасында алтын кенин казышып, эгин айдашып, алардын кочушун койго, табагын тайга сатышып, сандыгын сары алтын мүлккө толтуруп, төрт түлүк малынын түмөнү түрүлгөн атагы ай-ааламга тараган эсепсиз бай болот. Э-тин бөлүнүшү байыркы учурларда эле болгондугун «Манас» эпосу да ырастайт. Маселен, койчу башчысы Ошпур, жылкычысы Ыйман, төөчүсү Сарбан, уйчусу Байбол, төлгөчү Кара Төлөгү, Агыдай далы көрүүчү, Ырамандын ырчысы, кабарчысы Жаш Айдар менен эр Шууту, кароолчусу Сереги менен Жоорунчу, тилмечи алтымыш буруу тил билген Ажыбай, кара тилин кайраган чечен, элчиси Үрбү, балбаны алп Кошой, Акаяр, чыканактай эр Агыш, жоокерчиликтеги чалгынчысы Алмамбет, Сыргак, алдыда болуучу жакшылык менен жамандыкты жаңылбай билген акылман – *олуя*, көз ачыгы Бакай, Канықей, чайчысы Тазбаймат, дарыгери Канықей, Момунжан болуп берилишинен эле «Манас» үчилтигинде эмгектин бөлүнүшүнүн бардык түрү, б.а. акыл эмгеги менен күч эмгегинин жиктелишин көрүүгө болот. Ал эми «Капка кармап турчусу, Он эки күзөт бир малай» (СО, КФ, 584-инв., 27-б.), – деп үй кызматына жараша бөлүштүрүү да ачык байкалат. Эпос дыйканчылык тууралуу да аздыр-көптүр кабар берет. Жаш Манас Алтайдан Ала-Тоого көчүп келгенде, атасынын малкорлугуна, ач көздүгүнө таарынып үйүнөн кетип калып, жолдон Баба дыйканга жолугуп, анын кенеши боюнча экөөлөп жер айдашат. Манас өзүнүн мандай тери, ак эмгеги менен тапкан эгиндин мол түшүмүнө Аккуланы сатып алат. Темир узануучулар эл-жерди коргогон баатырлар менен эр азаматтарды «шиберге койсо өрт, шилтегени мүрт кеткен» кылычтар, сайганын тешип өткөн сыр найзалар, чапса кылыч кеспеген, ок жаңылып кетпеген соот, чопкуттар, ат жабдуулар менен камсыз кылып турушкан. Эпосто эркектердин эмгегине караганда аялдардын эмгеги бөтөнчө даңазаланат. Канықей баш болгон аялдар өмүрлүк жолдошторунун жоосун жеңип, аман-эсен жеңиш менен кайтып келүүсүн тилешип: «Керишке кийсе ок өтпөс, Найзанын учу тешпеген. Нар кескен огу кеспеген» (СК, 2. 59) согуштук кийим-кечектер менен камсыз кылып, айлап-жылдап ичсе түгөнбос кулазыктарды даярдап беришет. Акылман Канықей Манас дүйнөдөн кайтканда бир адамга билгизбей, бир адамга туйгузбай, кара зоо бетин ойдуруп, ооз жагынан бир киши баткандай, төр жагына алты миң кой жаткандай жай каздырып, айкөлүнүн сөөгүн коёт. Ичи жарык болсун деп жакут желек каухарды катар-катар койдурат, үстү түшүп кетпесин үчүн алтындан түркүк орноттурат. Салкын болсун үчүн, ичи ылдый суу жүргүзүп, асты жумшак болсун деп арчанын күлүн төктүрүп, кырк жылы суугa чыласа, кылк этип оңуп койбогон алтындан соккон килемди салдырат. Айкөлүнүн эл-жерине кылган эмгеги, көрсөткөн баатырдык эрдиктери, иштери эч унутулбас үчүн:

Жети миң, эркеч бир кырып,
Кыш кайнатып бек салдым
Жети кылым өткүчө

Жетигимдин күмбөзү (СК, «Семетей», 1. 155) бузулбай турсун деп көргон адамды таң калтырган күмбөз салдырат. Эпос ак ниети, адал эмгеги менен жасаган иш эч качан өлбөйт, унутулбайт деген идеяны даңазалайт. Бүгүнкү күндө келечектин ээлери болгон жаш муундарыбызды Э-ке тарбиялоодо «Манас» эпосунун таасири өтө күчтүү.

ЭМГЕК БИРЖАСЫ – жумушчулар менен ишкерлердин ортосунда жумушчу күчүн сатып алуу, сатуу максатында далдалчылык кылуучу адистешкен уюм. Э. б-нын иш-аракети жумушсуздукту толук жок кыла албайт. Бирок ал ишканалардын жумушчу күчтөрүн жалдап алууну тартипке салууга жардам берет жана ишсиз жүргөндөрдү жумуш менен камсыз кылууга олуттуу үлүшүн кошот. Э. б-нын адатта бюро, контор, коом сыяктуу ар түрдүү формалары болот. Менчиктин түрлөрүнө байланыштуу алардын төмөндөгүдөй түрлөрү кездешет: коммерциялык нукта иштөөчү жеке менчиктүүлүк, филантропиялык, коомдук жана мамлекеттик. Э. б. жумушсуздарды жайгаштыруудан тышкары, адатта иш орундарын алмаштырууну каалагандарга дагы жардам көрсөтүп, жумушчу күчтөрүнө сурам жана сунуштарды изилдейт, адистиги боюнча иштеп жүргөндөрдүн деңгээли тууралуу маалымат топтоп, соңунан таратат. Э. б-нын милдетине, ошондой эле жаштарды түрдүү кесипке багыттоо, аларды курстарга жиберүү да кирет. Кыргызстандын экономикасынын базар мамилелерине өтүшү түзүмдүк өзгөрүүлөрдү жүргүзүүнү жана жумушчу күчтөрүн өлкөнүн чарба тармактары жана аймактар боюнча илимий жактан бышыкталган ыкма аркылуу бөлүштүрүүнү талап кылууда.

ЭМИР (араб. – башкаруучу) – чыгыш өлкөлөрүндө *мусулман* башкаруучуларынын титулу (орустардын князь титулуна барабар). *Ислам* дини кабыл алынганга чейин (VII к.) кол башчылар, кийин жарандык жана диний бийликти жүргүзгөн мусулман башкаруучулары Э. деп аталган (Бухара Эмирлиги, Ооганстан Эмири ж.б.). «Эмир» титулу араб монахтарынын урууларына берилген (мис., Сауд Аравиясында, Кувейтте, Бириккен араб эмирлигинде ж.б.). Ошондой эле Меккеге ажыга бараткандардын чоң тобунун жол башчылары да Э. деп аталышкан.

ЭНГЕЛЬС Фридрих (1820–1895) – марксист. 1844-ж. августта Э. менен *Маркс* Парижде жолугушуп, ошондон алардын достугу жана биргелешкен ишмердиги башталат. «Немец идеологиясы» (1845–1846) деген китебинде Гегелдин идеалисттик философиясын, Фейербахтын материализмин жана «чыныгы социализмди» ар тараптан сындап, «илимий коммунизмдин» кенири түшүндүрмөсүн беришкен. «Анти-Дюринг» (1878) – Э-тин эң таасирдүү эмгектеринин бири. Бул эмгегинде ал Маркстын эки ачылышынан – тарыхты материалисттик түшүнүү жана кошумча нарк теориясынан – улам социализм утопиядан илимге айланды, деп белгилеген. Китептин үчүнчү бөлүгүндө илимий социализмдин тарыхын жана теориясын берип, илимий социализм пролетардык кыймылдын теориялык көрүнүшү деп белгилеп жана келечектеги коммунисттик коомду мүнөздөгөн. Мамлекеттин келип чыгышы жана маңызы – Э. «Үй-бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы» (1884) деген китебиндеги башкы проблемалардын бири. Анда мындай дейт: «...эмгек өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнүн белгилүү бир даражасында жеке менчик, адамды адам эзүү, коомдук таптарга бөлүнүшү жүрүп, мамлекет таптык үстөмдүктүн куралына айланат». Э. мамлекеттин төмөндөгүдөй маанилүү элементтерин баса белгилеген: аймактык бөлүнүү, ачык бийлик, салыктар; келечектеги тапсыз коммунисттик коомдо мамлекеттин сөзсүз түрдө жоюуларын көргөзгөн. Бардык марксисттер сыяктуу эле, Э. коомдогу мамлекеттин жашоосунун оң маанисин төмөндөтүп, мамлекет эзүүнүн куралы экендигин ашыкча баалап, мүнөздөгөн.

ЭНТРОПИЯ (гр. бурулуш, айлануу) – 1) физикада бөтөнчө физикалык көлөм, байкоо жүргүзүү процессинде элегейликти (чачырандылыкты) жаратылыштын акыркы бардык телолоруна энергиянын бардык түрүнүн өтүшүнүн тегиз таралышында Э-нын төмөндөшүн мүнөздөйт; 2) учурдагы ситуациядагы башкарган системанын жүрүм-туруму же (белгисиз) дайынсыз абалынын чени (өлчөмү); 3) саясий адабиятта «бийлик энтропиясы» элегей, бийликтин кадырынын кетишин, бийлик органдарынын негизги касиеттеринин башкаруу таасирин көрсөтүү; 4) атайын адабиятта «башкаруу системасынын Э-сы» деген түшүнүк системанын четке чыгуусунун өлчөмү катары же анын бир звеносунун кабыл алынган эталондук абалынын четке чыгуусу, уюштуруу деңгээлинин түшүшүнөн көрүнөт, иштөөсүнүн эффектүүлүгүнүн, системанын өнүгүү темпинин түшүшүн көрсөтөт; мүнөздүү белгиси – баш-

каруу структурасынын көбөйүшүнө, бюрократизмдин өсүшү, бүтпөгөн аз маңыздуу жыйналыштардын, чогулуштардын, текшерүүлөрдүн, чарбасыздыктын ж.б. көбөйүшү. Э-га каршы чаралар жалгыз гана ушул негативдерди жок кылууга гана жыйынтыкталбастан, маданияттуу информациялык башкаруунун жогорулашына, аларда жаңыча ой жүгүртүүлөрдүн калыптанышына жана өз эмгегинин жыйынтыгына жоопкерчиликти пайдалуу жана пайдасыз иштерди ажырата билүү жөндөмдүүлүгү менен жыйынтыкталат.

ЭНЦИКЛИКА (лат. encyclica, гр. enkyklios – айланып жүрүүчү, бардыгы үчүн жалпы) – бардык католиктерге кайрылган жана диний жана коомдук жашоонун принципиалдык маселелерине арналган Рим папасынын каты.

ЭРКИН ГЕЗИТТЕР – Кыргызстанда коммунисттик режим учурунда басылып чыккан официалдуу гезиттер мамлекеттик бийликтин тигил же бул структурасынын органы катары чыккан. Кайра куруу мезгилинин башталышы менен Кыргызстанда Э. г-дин пайда болушуна шарт түзүлө баштаган. Алгачкы Э. г-тин бири болуп Фрунзедеги шайлоочулардын шаардык клубу чыгарган «Независимый вестник» эсептелет. Биринчи саны 1989-ж. ноябрда эки бет көлөмүндө, беш нуска менен чыккан. Кандайдыр белгисиз себептерден улам, бул гезиттин нускасы көбөйтүлбөй, кийинки сандары чыкпай калган. Ушул эле жылы декабрда университеттин студенттери (журналисттер, тарыхчылар, филологдор) негиздеген «Молодёжная информационная газета» – МИГ гезити чыга баштаган. Беш саны чыккан. Көлөмү 22–36 бетти түзүп, нускасы 200–500гө жеткен. Москва элдик фронтунун маалымат борборунун атайын чыгарылышы «Киргизия» (Независимая Республика) деп аталып, 1300 нусканын 500дөн ашыгы 1989-ж. сентябрда Кыргызстанда таркатылган. 1990-ж. февралда шайлоочулардын Фрунзе шаардык клубунун «Улан» Э. г. Литвадан чыгарган. Көлөмү төрт беттен туруп, нускасы 1500дөн ашкан. Экинчи саны даярдалганы менен жарыкка чыкпай калган. *Кыргызстан Демократиялык кыймылынын* багытына үндөш Э. г. «Майдан» болгон (башкы редактору А.Токтогулов). Биринчи саны кыргыз тилинде 1991-ж. февралда чыгып, көлөмү сегиз беттен, жалпы нускасы 5 миң даанадан ашкан. Андан мурдараак, 1990-ж. июнда даярдалган «КДК кабарлары» гезити бийликтин кийлигишүүсү менен басмаканадан чыкпай калган. Бирок ушул эле 1990-ж. 21-августта Ошто «Вестник ДДК» Э. г-и орус тилинде чыккан. Анын нускаларын эл арасында таратуу бир топ кыйынчылыкка турган. Ушул мезгилде Москва шаарында Нарын Айып Идиновдун башкы редакторлугу астында, айына бир жолу, кыргыз жана орус тилдеринде көз каранды эмес гезит «Мүрөк» чыгып турган. Анын биринчи саны 1990-ж. 7-ноябрда 600 нуска менен чыккан. Кийинки сандарынын нускасы 950гө жетип, көлөмү төрт бетти түзгөн. Жалпысынан алганда, Кыргызстандагы *демократтык саясий режимдин* орношуна, кыргыздардын *улуттук аң-сезиминин* өсүшүнө, улуттук-патриоттук, коомдук-саясий кыймылдардын жандануусуна көз каранды эмес прессанын, Э. г-дин тийгизген таасирлери чоң болгон. Бүгүнкү күндө мамлекеттик официалдуу каттоодон өткөн, көз каранды эмес, Э. г-дин саны көп, алган саясий багыттары да ар түрдүү. Алардын катарында «Алиби», «Аалам», «Асаба», «Жаңы агым» ж.б. кирет. Булардан тышкары «Пирамида», «Алмаз», «Азаттык», «Санжыра», «Марал» сыяктуу эркин радио берүүлөр да бар.

«ЭРКИН КЫРГЫЗСТАН» (ЭрК) демократиялык партиясы – уюштуруу съезди 1991-ж. 10-февралда болуп, мамлекеттик официалдуу каттоодон 1991-ж. 4-октябрда өткөн. Уюштуруу съездинде бардык облустардан 104 делегат катышып, партиянын жетекчилигине Ө.Текебаев шайланган. Советтер Союзу жашап турган мезгилдеги, Компартияга *альтернатива* болгон алгачкы официалдуу партия – бул «ЭрК». 1991-ж. 21-июнда ЭрКтин кезектеги конференциясында партиянын Уставы менен Программасы талкууланып, негизги максаты катары көз карандысыз демократиялык мамлекетти куруу, эмгек адамдарын социалдык коргоо, ишкерчилик жана бизнес, *жарандык коомду* түзүү эсептелген. «ЭрК» партиясы 1991-ж. 17-августта *парламент* маселеси

жөнүндө *референдум* өткөрүү тууралуу *Жогорку Кеңештин* Президиумуна кайрылган. Кайрылуунун мазмуну республикада туруктуу иштей турган, профессионалдуу, күчтүү парламент түзүү. Партиянын эксперттик тобу мажоритардык-пропорционалдык системада шайлоолор жөнүндө Мыйзамдын долбоорун иштеп чыгышкан. ЭрКтин II съезди 1991-ж. 7-ноябрда болуп өткөн. Анда партиянын Уставы менен Программасы кабыл алынган. Ө. Текебаев – партиянын төрагасы, Т.Тургуналиев – партия- нын аткаруу комитетинин төрагасы болуп шайланган. Ушул мезгилден баштап партиянын жетекчи органынын ичинде *лидерлик* үчүн каршылашуу, жабык күрөш башталган. Пикир келишпөөчүлүктөр өзгөчө партиянын стратегиялык багытын аныктоодо күч алган. 1990-ж. июнда Бишкектеги митингдерде (Ош окуяларына байланыштуу) өтө популярдуулукка жетишкен Т.Тургуналиев кийинки мезгилдерде бийликти, жергиликтүүдөн жогоркуга чейин катуу сындап, радикалдык талаптарды коюу менен бирге коомдун өнүгүү процессиндеги позитивдүү учурларды колдой алган эмес, ушул жагынан бийлик структурасы менен биргелешкен иштөө методдорун четке каккан. Ал эми эл депутаты Ө.Текебаев бул маселеде либералдык-центристтик көз карашта болгон. Бул тирешүүлөр акыры жүрүп партиянын – радикалдык жана либералдык болуп экиге бөлүнүшүнө алып келди. 1992-ж. 2-ноябрда «ЭрК» партиясынын III съезди болуп, либералдык-демократтык көз караштагы Ө.Текебаев, К.Кененбаева, У.Орозалиев ж.б. бир топ делегаттар съезддеп чыгып кетишип, ошол эле күнү өздөрүнчө съезд өткөрүшүп, «Ата-Мекен» партиясын түзүшкөн. III съезддин калган делегаттары 27 адамдан турган Саясий кеңешти, анын төрагалыгына Т.Тургуналиевди шайлашты. «ЭрК» партиясы экономиканы жана саясатты радикалдуу кайра куруу багытын коздоп, колхоз менен совхоздорду тез арада таркатууну, парламенттин өзүн-өзү таркатуусун, Президентти кайра шайлоо талаптарын койду. «ЭрК» газетасы чыгарылып, кыска мезгилден кийин, пикир келишпестиктерден улам чыкпай калган. «ЭрК» партиясында кыргыз жазмасын латын арибине өткөрүү жөнүндө (1991-ж. күзүндө) жана кыр- гыз жумуриятынын Конституциясы жөнүндө (1991-ж. июнда) долбоорлор иштелип чыгып, Жогорку Кеңештин кароосуна коюлган. «ЭрК» партиясынын курамында бир катар өз алдынча коомдук уюмдардын болушу («Дыйкан ордо», «Кут», «Ата-Журт», «Ак-Өргөө» ж.б.) анын өзгөчө белгилеринин бири. Партиянын кийинки мезгилдердеги ишмердиги реформанын жүрүшү жөнүндөгү, адатта 3–8 пунктардан турган, кескин талаптарды койгон, газета беттеринде билдирүү, кайрылуулар, тегерек столдорду өткөрүү менен чектелген. 1995-ж. 5-февралдагы Жогорку Кеңешке депутаттарды шайлоодо «ЭрК» партиясы 80 талапкерди көрсөтүп, анын ичинен төртөө эл депутаты болуп калышкан: Досбол Нур уулу, Турсунбай Бакир уулу, С.Жээнбеков, Ө.Субаналиев. Бүгүнкү күндө «ЭрК» партиясынын Саясий Кеңешинин төрагасы – Турсунбай Бакир уулу. 2010-ж. парламенттик шайлоодо «Ар-Намыс» партиясы менен бирдикте чыккан. Акыркы мезгилдерде өз алдынча жигердүүлүктү көрсөтө элек.

ЭРКИНДИК – конституцияда же дагы башка *мыйзам* актыларында бекитилген адамдын белгилүү бир жүрүм-турум мүмкүнчүлүгү (мис., *соз эркиндиги*, дин эркиндиги ж.б.). Э. жаран-адамдын жаратман иш-аракетине кийлигишпөөгө шарт түзүп берүү аркылуу *мамлекет* менен коомчулук тарабынан колдоого алынуучу инсандын жигердүү, чыгармачылык ж.б. оң сапаттарынын ачыкка чыгуусу болуп эсептелет. Жекече маанисинен алганда, «Э.» «укук» түшүнүгүнө жакын, бирок акыркы түшүнүк мамлекет же башка субъектилер тарабынан кандайдыр бир иш-аракетти жасоосу үчүн (мис., эмгекке укугу бар болгон учурда жумуш берүү) көбүрөөк же азыраак юридикалык механизми бар экендигин каңкуулап турат. Тескенизми бар экендигин канкуулап турат. Тескерисинче, юридикалык Э. ишке ашыруунун так механизмине ээ эмес, ага ошол Э. аракеттерин кандайдыр бир бузуп алуулардан карануу милдеткердиги мүнөздүү.

ЭРКИН СООДА БОЮНЧА ТҮНДҮК АМЕРИКА КЕЛИШИМИ (НАФТА) (англ. North American Free Trade Agreement, NAFTA; фр. Accord de libre-échangenord-américain,

ALENA; исп. Tratado de Libre Comercio de Américadel Norte, TLCAN) – Канада, АКШ жана Мексиканын ортосундагы эркин соода тууралуу келишими. НАФТА келишимине 1992-ж. 17-декабрда кол коюлган жана 1994-ж. 1-январда күчүнө кирген. Алгачкы кадамы – 1947-ж. кабыл алынган «Эббота» планы болгон. Максаты – Канаданын экономикасындагы алдыңкы тармактарына АКШнын инвестицияларын стимулдаштыруу болуп саналган. 1959-ж. АКШ жана Канада биргелешкен согуштук өндүрүш тууралуу келишимин түзүшкөн, натыйжада канадалык согуш техникаларын өндүрүүдө америкалык стандарттарды киргизүүгө шарт түзүлгөн. Кийинки кадамы – 1965-ж. түзүлгөн машина куруу материалдарын сатууну либерализациялоо жөнүндөгү келишими саналат. Бул башка көптөгөн тармактардын интеграциясына шарт түзгөн. НАФТАнын негизги максаты – АКШ, Канада жана Мексиканын ортосундагы соода жана инвестиция тармагындагы тоскоолдуктарды жок кылуу.

- Бажы жана паспорттук тоскоолдуктарды жок кылуу жана келишимдеги өлкө катышуучуларынын ортосундагы товардын кыймылын жана кызматтарды стимулдаштыруу;
- эркин соода зонасында акыйкат конкуренцияны түзүү жана колдоо;
- келишимдеги өлкө-мүчөлөрүнө инвестицияларды тартуу;
- келишимди киргизүүнүн жана колдонуунун кыймылдаткыч механизмин түзүү, талаш-тартыштарды жана башкарууну биргелешип чечүү;
- келишимди кеңейтүү жана жакшыртуу максатында үч тараптуу, аймактык жана эл аралык кооперация үчүн базаны түзүү.

ЭТАТИЗМ (фр. etat – мамлекет) – коомдун жашоосуна мамлекеттин ашыкча кийлигишүүсү, *патернализм* психологиясынын негизинде түзүлгөн *мамлекеттер* үчүн өзгөчө мүнөздүү. Адамды өркүндөтүү максатында мамлекет жашоонун бардык чөйрөлөрүнө, анын ичинде жеке менчикке да кийлигише баштайт. Германиядагы Э. негиздөөчүсү Х.Вольфтун (1679–1784) айтуусу боюнча, мамлекет бекерчилик жана сүткорлук менен күрөшүүдө, жаштардын эрте никеге киришин, көп балалуу болушун көзөмөлдөөгө, чет өлкөлүк акылдууларды жана билимдүүлөрдү көбүрөөк тартууга, өлкөнүн ичинен жогорку адистеги кызматкерлерди эч жакка чыгарбоого тийиш. Мамлекет академияны түзөт, чиркөөлөрдү курат, майрамдарды белгилейт, билим берүү системасын алып барат. Орусия империясына Э. мүнөздүү болгон. Өнөр жайдын өнүгүшүн, темир жолдун курулушу, академиялардын, университеттердин, ооруканалардын, мектептердин курулушу дайыма мамлекеттин активдүү кийлигишүүсү менен жүргөн. Орусиядагы жана Германиядагы Э. адаттары тоталитаризмдин орношуна ыңгайлуу шарттарды түзүп берген. *Тоталитаризм* чектен чыккан Э. окшош болгону менен, бул эки түшүнүк эки башка маанини берет. Азыркы мезгилдеги коомдордо Э. оң элементтеринин болушу зарыл, ошону менен бирге эле *жарандык коомдун* жана *укуктук мамлекеттин* принциптеринин болгону талапка ылайык болот.

ЭТНОГЕНЕЗ (гр. ethnos – уруу-эл жана генез – келип чыгышы), элдердин келип чыгышы. Э. кайсыл бир элдин пайда болушунун алгачкы баскычтарын, анын андан аркы этнографиялык, лингивистикалык жана антропологиялык калыптанышын өзүнө камтыйт.

ЭТНОС (грек. ethnos – эл) – маданий, психологиялык, тилдик мүнөзү жана өзгөчөлүктөрү жалпы, өздөрүнүн бир жалпылыкта экендигин аңдаган жана энчилүү аты бар адамдардын белгилүү аймакта тарыхый жактан калыптанган туруктуу биосоциалдык тобу. Э. табигый кубулуш. Этностун пайда болушунун зарыл шарттары болуп аймактын, тилдин жана чарбалык ишмердиктин жалпылыгы эсептелет. Алар акырында анын аныктоочу белгилери болуп калат. Ар бир Э. мүнөздүү белгилери боюнча аймактык бүтүндүк, өзүн-өзү аңдоо сезими, расалык өзгөчөлүк, маданий өзгөчөлүк болгон бир маданий бүтүндүктү түзөт. Э-тук тарыхта кандайдыр бир Э. түрдүү тилде сүйлөгөн топтордон түзүлгөн учурлар белгилүү (мис., Американын көптөгөн улуттары), мында тилдин жалпылыгы этногенездин натыйжасы болуп саналат. Э-тор табигый

тарыхый процесстин жүрүшүндө урук-уруугa биригишкен адамдардын биологиялык жана социалдык турмушунун өзгөчөлүктөрүн көрсөтүп, азыр- кы адам менен кошо калыптанган. Алардын чарбалык жана башка байланыштарынын өнүгүшүнүн жүрүшүндө жаратылыш чөйрөсүнүн өзгөчөлүктөрүнүн, башка элдер менен байланышуунун таасири менен материалдык жана рухий маданияттын мүнөздүү белгилери, топтук психологиянын өзгөчөлүктөрү түзүлгөн, Э-тук өзүн-өзү аңдоо сезими пайда болгон. Э-тук өзүн-өзү аңдоо сезимининин жаралышында бул топко кирген адамдардын тегинин жана тарыхый тагдырынын бир экендиги жөнүндөгү түшүнүктөр башкы ролду ойногон. Кээде Э-тун калыптанышына диний жалпылык, ошондой эле расанын жакындыгы же көп санда пайда болгон метистик топтор көмөктөшөт. Этнос- тун түзүлүшүнүн негизин комплиментардык принцип жана тарыхый өнүгүү процессинде элдердин арасында пайда боло турган жалпы жүрүм-турум стереотиби түзөт. Ошондуктан Э-ту болуп көрсөтүүнүн башкы аныктоочу фактору Э-тун өзгөчө жүрүм-турум тибин калыптандыруучу тарыхый тагдырдын жалпылыгы болуп эсептелет. Тегинин, материалдык жана руханий маданиятынын бирдей болушу менен байланышкан Э-ту түзүүчү адамдардын тобу дене түзүлүштүн жана психологиялык мүнөздүн, биосоциалдык өзгөчөлүктөрүн, социалдык-экономикалык шарттардын, турмуш-тиричилик ыктарынын, социомаданий факторлордун бүт жыйындысын өзүнө алат. Калыптанып бүткөн Э. эндогамия жана жаңы муунга тилин, салттуу маданиятын жана турмуш-тиричилигин ж.б. берүү жолу менен жашоосун уланткан социалдык организм болот. Убакыттын өтүшү менен Э. өзгөрөт, айрым бөлүктөрү башка аймакта жашап калышы мүмкүн, көчүп келген топтор ж.б. факторлор маданият менен турмуш-тиричиликтин көп жактарын өзгөртүшү мүмкүн. Э-тун жалпы теориясын иштеп чыгуу, аларды типологиялаштыруу, классификациялоо маселелери али аяктай элек.

ЭТНОСКО ЫЙГАРУУЧУЛУК – адамдын бул же тигил *этностук топ* менен өзүн окшоштуруусу жана өзүн ал топтун бир бөлүкчөсү катары сезүүсү.

ЭТНОСТУК ТОП – кандайдыр бир себептер менен этностун (социалдык-этностук жалпылыктын) өзөгүнөн бөлүнүп калган жана андан тышкары жашаган бөлүгү, этностун «сыныгы». Э. т. ар түрдүүчө болот. Жалпысынан алганда Э. т-ту мүнөздөй турган төрт факторду белгилөөгө болот: Биринчиден, өзүнүн мамлекеттик түзүлүшү жок, ушундан улам эриктүү болууну укуктук механизминен айрылган жалпылыктар. Экинчиден, Э. т. биринен-бири өтө алыс жайгашкан, бирок алардын бүтүндүгүн, бир жалпылыкка тиешелүүлүгүн мүнөздөөчү негизги этностук белгилерин сактап калышат. Үчүнчүдөн, бир кездерде өзүлөрүнүн этноТарыхый мекенин таштап кетишкен жана ар кайсы өлкөлөрдө жана региондордо этномаданий азчылыкты түзгөн адамдар. Төртүнчүдөн, миграциянын, эмиграциянын, депортациянын, чек аралардын өзгөрүшүнөн улам өзүнүн этносунан ажырап калышкан жана башка региондордо жашап жатышкан адамдардын жалпылыгы. Илимий изилдөөлөрдө адамдардын мындай жалпылыктарын улуттук же этноулуттук топтор же улуттук азчылык, этникалык азчылык деп аташат. Э. т. жалпы саны бир нече жүз миллиондоп саналгандыктан, алар менен байланышкан проблемалар кээ бир мамлекеттердин социалдык-саясий кырдаалына жана эл *аралык мамилелерге* олуттуу таасирин тийгизүүдө. Акыркы мезгилдерде Э. т-торду эл аралык союздарга бириктирүү аракеттери күч алууда. Абройлуу эл аралык *өкмөттүк* жана өкмөттүк эмес уюмдар тарабынан Э. т-тун кызыкчылыктарын изилдөө жана ишке ашыруу боюнча бир катар чаралар көрүлүүдө.

ЭТНОЦЕНТРИЗМ – жашоодогу бардык кубулуштарды өзү эталон деп эсептеген «өзүнүн» этностук тобунун көз карашынан мамиле кылууга ыктагандык. Э. түшүнүгүн улуттук маданияттын уникалдуулугу жана автономдуулугу маанисинде биринчи жолу У. Самнер колдонгон. Улуттук мамлекеттүүлүктү Э. этносту бириктирүүчү башталыш катары карайт. Улуттар аралык мамилелер чөйрөсүндө Э. улутчулдукка өтүп кетүү тенденциясына ээ. Э.

ой жүгүртүү башка маданияттарды адилет баалай албайт.

ЭЭЛИК – менчик ээсинин ыйгарым укуктарынын бири. Э. кылуу укугу – мүлккө иш жүзүндө ээ болуу мүмкүнчүлүгүнүн юридикалык жактан камсыз кылынышы. Мүлккө ээси эле эмес, комиссионер, мүлктү сактоочу, ташып жеткирүүчү (ташып жеткирүү үчүн берилген буюмдарга карата), барымта кармоочу, мүлктү жалдоо келишими боюнча жалдоочу (ижарачы), акысыз пайдалануу жөнүндөгү келишим боюнча мүлк берилген жак ж.б. дагы мыйзамдуу (титулдук) ээлик кыла алат.

Ю

ЮРИСДИКЦИЯ (лат. jits – укук жана dico – айтам) – 1) тийиштүү мамлекеттик органдардын укук талаштарын жана укук бузуулар жөнүндөгү иштерди чечүү, адамдардын же укуктун дагы башка субъекттеринин аракеттеринин мыйзамдуулугун же мыйзамсыздыгын баалоо, укук бузуучуларга карата юридикалык санкцияларды колдонуу ыйгарым укуктарынын мыйзам тарабынан аныкталган жыйындысы. Ю. ар кыл белгилери боюнча аныкталат: каралып жаткан иштердин түрү жана мүнөздөрү (кылмыш, тартип бузуу, мүлктүк талаш-тартыштар ж.б.), алардын аймактык тиешелүүлүгү (кылмыш-жаза ишинин кылмыш жасалган жердин соту тарабынан каралышы, жарандык ишти – жоопкердин жашаган жери боюнча кароо); ишке катышкан адамдар боюнча (аскер кызматкерлеринин аскер сотторунда гана соттолууга жатуусу); 2) аймактын белгилүү бир бийлик органына баш ийүүчүлүгү; 3) сот адилеттигинин жөнөтүүсү, ошондой эле мамлекеттик органдардын дагы башка талаш-тартыштарды, укук бузуу иштерин жана *санкцияларды* колдонуу боюнча иштери.

ЮСТИЦИЯ (jim. justitia – адилеттик) – 1) сот адилеттиги деген маанини берет; 2) сот мекемелери менен сот түзүмдөрүнүн тутуму. Түрүнө жана сот өндүрүшүнүн чөйрөсүнө жараша ал кылмыштык, жарандык, административдик, конституциялык, эл аралык, аскердик, электоралдык, ювеналдык ж.б. Ю. болуп бөлүнөт.

Я

ЯБГУ (Jabgu) – Борбордук Азиядагы (Түштүк Сибирь ж.б.) түрк тилдүү мамлекеттердеги кагандан кийинки башкаруучу, вице-каган, мамлекеттеги кагандан кийинки экинчи таасирлүү адам. Хазарларда, булгарларда, батыш түрктөрдө (Чыгыш жана Батыш Түрк каганаттары экиге бөлүнгөндөн соң) алгач Я. өлкөнүн башкаруучусунун титулу (мис., карлуктар, огуздар) болгондугу маалым. Бул мамлекеттик титулду Кыргыз Кагандыгында да пайдаланышкан. Маалыматтарга таянсак, оболу Я. Каган тарабынан өз үй-бүлөсүнүн ичинен дайындалган. Я-лук бийлик мансабы каган тарабынан дайындалган жатындаш кичүү иниси же өз уулуна таандык болгон. Изилдөөчүлөр титулдун келип чыгышын өз кезегинде кушандыктардын мамлекеттик-саясий салттарын уланткан эфталиттерден келип киргендигин белгилешет. Jabgu-iawuga – «башкаруучу», «буйрук берүүчү» маанилерин туюнтат. Кыргыз (түрк) жазуу эстеликтерде Тоң-Йокук «бойла бага тарган», ал эми Мочжо жана Дусифу «шад жана ябгу» титулдарына ээ болушкандыктары баяндалат.

ЯДРОЛУК ТОКТОТУУ – каршылаштардын кандайдыр бир иш-аракеттерин ядролук куралдарды колдонуунун коркунучу тарабынан жоюу. Карманууда кайсы бир мамлекеттин ядролук куралга ээ болуусу калган башка өлкөлөрдө коркуунуу пайда кылат, ал өз кезегинде ага коопсуздукка кепилдик берет жана агрессорлордун кол салуусунан коргойт деп божомолдонот.

ТЕРМИНДЕРДИН БЕРИЛИШИ (А-Я)

А

ААЛАМДАШУУ түшүнүгү, мазмуну жана багыттары 5
ААЛАМДАШУУ жана МАМЛЕКЕТ 7
ААЛЫ 8
АБДРАХМАНОВ Жусуп 8
АБОЛИЦИОНИЗМ 9
АБОЛИЦИЯ 9
АБОРИГЕНДЕР 9
АБСЕНТЕИЗМ 9
АБСОЛЮТИЗМ 9
АБСОЛЮТТУК БИЙЛИК 9
АБСОЛЮТТУК УКУК 9
АБЫКЕ 10
АВАНСА 10
АВАНТЮРИЗМ 10
АВАНТЮРИСТ 10
АВГУСТИН Аврелий Блаженный 11
АВТАРКИЯ 11
АВТОКРАТИЯ 11
АВТОКРАТТЫК БАШКАРУУЧУ 12
АВТОНОМИЯ 12
АВТОРИТАРДЫК БИЙЛИК 12
АВТОРИТАРИЗМ 12
АВТОРИТЕТ 12
АВТОХТОНДОР 12
АГЕНТ 12
АГЕНТТИК 12
АГИТАЦИЯ 13
АГОРА 13
АГРАРДЫК ПАРТИЯ 13
АГРЕГАЦИЯ 13
АГРЕМАН 13
АГРЕССИЯ 13
АДАМ 14
АДАМ-АТА 14
АДАМ МАМИЛЕЛЕРИНИН ТЕОРИЯСЫ 14
АДАМ УКУГУ БОЮНЧА ЕВРОПА СОТУ 14
АДАМ УКУГУ БОЮНЧА КОМИССИЯ 14
АДАМ УКУГУ БОЮНЧА ПАКТЫЛАР 14
АДАМ УКУГУ жана ЭРКИНДИГИ 14
АДАМ УКУГУНУН АЖЫРАГЫСТЫГЫ 15
АДАМ УКУГУНУН ЖАЛПЫ ДЕКЛАРАЦИЯСЫ 15
АДАМ УКУКТАРЫ жана НЕГИЗГИ ЭРКИНДИКТЕРИ БОЮНЧА ЕВРОПАЛЫК КОНВЕНЦИЯ 16
АДАПТАЦИЯ 16
АДАТ 16
АДАТ УКУГУ 16
АДВОКАТ 16
АДВОКАТУРА 16
«АДИЛЕТ» саясий партиясы 16
АДМИНИСТРАТИВДИК АЙМАКТЫК ТҮЗҮЛҮШ 16
АДМИНИСТРАТИВДИК ЖАЗА 17
АДМИНИСТРАТИВДИК ЖООПКЕРЧИЛИК 17
АДМИНИСТРАТИВДИК УКУК 17
АДМИНИСТРАТИВДИК ЮСТИЦИЯ 17
АДМИНИСТРАЦИЯ 17
АЖО 17
АЖЫ 17
АЖЫРАТУУ 18
АЗИЯ ӨНҮГҮҮ БАНКЫ 18
«АЙКӨЛДҮК» ЭЛ АРАЛЫК КАЙРЫМДУУЛУК ФОНДУ 18
АЙКЫНДУУЛУК 19
АЙЫЛ БАШЧЫСЫ 19
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ 19
АКАДЕМИЯ 20
АКАЕВ Аскар Акаевич 20
«АК-ЖОЛ» саясий партиясы 28
АК ОРДО 26
АК ҮЙЛҮҮ 26
АКИМ 27
АККРЕДИТТӨӨ, АККРЕДИТАЦИЯЛОО 27
АККУЛЬТУРАЦИЯ 28
АКСАКАЛДАР КЕҢЕШИ 28
АКСИОЛОГИЯ 28
АКТИВ 29
АКТИВИЗАЦИЯ 29
АКТИВИСТ 29
АКТОР 29
АКТЫ 29
АКУНОВ Алыбек 29
АКЦИОНЕРДИК КООМ 30
АКЫЙДА 30
АКЫЙКАТЧЫ 30
АКЫЛГА СЫЯРЛЫК ЖЕТИШТҮҮЛҮКТҮН ПРИНЦИБИ 31

АКЫР ЗАМАН 31
АКЫРЕТТИК ЖАР 31
«АЛАШ» партиясы 31
«АЛГА, КЫРГЫЗСТАН!» саясий партиясы 31
АЛМОНД Габриэль 32
АЛТЫ АРАМ 32
АЛЬТЕРНАТИВА 36
АЛЬТЕРНАТИВДИК КЫЙМЫЛДАР 36
АЛЬЯНС 34
АМАНАТ 34
АМАНБАЕВ Бактыбек Абдилашимович 34
АМЕРИКА МАМЛЕКЕТТЕР УЮМУ 35
АНАРХИЗМ 35
АНГЛИКАН ЧИРКӨӨСҮ 35
АНИМИЗМ 36
АНКЕТА 36
АНКЛАВ 36
АННЕКСИЯ 36
АНОМИЯ 36
АНТ 36
АНТАГОНИЗМ 37
АНТИКОММУНИЗМ 37
АНТИМИЛИТАРИЗМ 37
АНТИСЕМИТИЗМ 37
АНТИУТОПИЯ 38
АНТРОПОМОРФИЗМ 38
АНТРОПОЦЕНТРИЗМ 38
АПАРТЕИД 38
АПАТРИД 38
АПЕЛЛЯЦИЯ 38
АПОЛИТИЗМ 38
АППАРАТ 38
АРАБ ЖАЗЫ 38
АРАБАЕВ Ишенаалы 39
АРБИТР 40
АРБИТРАЖ 40
АРБИТРАЖДЫК СОТТОР 40
АРГУМЕНТ 40
АРИСТОКРАТИЯ 40
АРИСТОТЕЛЬ Стагирит 40
АРМИЯ 41
«АР-НАМЫС» саясий партиясы 41
АРСТАНБЕК Буйлаш уулу 41
«АРТХАШАСТРА» 41
АРТЫКБАЕВ Мелс Табалдиевич 41
АРХЕТИП 42
АРХИЕПИСКОП 42
АРЫЗ 42
«АСАБА» партиясы 42
АСАН КАЙГЫ 43
АСКЕР 43
АСКЕР САЯСАТЫ 43
АСКЕРДИК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ 43
АСКЕРДИК ДЕМОКРАТИЯ 44
АСКЕРДИК КҮЧ 45
АСКЕРДИК ПОТЕНЦИАЛ 45
АСКЕТИЗМ 45
АССОЦИАЦИЯ 45
«АТА-ЖУРТ» саясий партиясы 45
АТАМБАЕВ Алмазбек Шаршенович 46
«АТА-МЕКЕН» саясий партиясы 46
АТЕИЗМ 47
АТКА МИНЕР 47
АТКАРУУЧУ БИЙЛИК 48
АТОМДУК ЭНЕРГИЯ БОЮНЧА ЭЛ АРАЛЫК
АГЕНТТИГИ 49
АТТАШЕ 49
АТТЕСТАЦИЯ 49
АТУУЛДУК БАШ ИЙБӨӨЧҮЛҮК 49
АТУУЛДУК ДЕМИЛГЕЛЕР 50
АТУУЛДУК КООМ 50
АТУУЛДУК МИЛДЕТ 51
АТУУЛДУК СОГУШ 52
АТУУЛДУУЛУК 52
АУКУМ 52
АФРИКА СОЮЗУ 52
«АШАР» коомдук-саясий кыймыл 52

Б

БААТЫР 53
«БААТЫРЛАР» жана «КӨПЧҮЛҮК» теориялары 53
«БАБУР-НААМА» 54
БАГА 54
БАЖЫ 54
БАЖЫ БИРИМДИГИ жана Орусия, Беларусь жана Казакстан Бирдиктүү экономикалык мейкиндиги 54
БАЖЫКАНА 56
БАЗАР ЭКОНОМИКАСЫ 56
БАЗАРДЫ мамлекеттик жонго салып туруу 57
БАЙТИК баатыр Канай уулу 57
БАКИЕВ Курманбек Салиевич 57
БАКШЫ 60
БАНКРОТТУК 61
БАПТИЗМ 61
БАСКЫНЧЫ 61
БАСМА СӨЗ ЭРКИНДИГИ 61

БАСЫМ 62
БАСЫМ КӨРСӨТҮҮ ТОБУ 62
БАТРАКТАР 62
БАТЫШЧЫЛЫК 62
БАШКАРМА 64
БАШКАРУУ 64
БАШКАРУУНУН СТРАТЕГИЯСЫ 64
БАШКАРУУЧУ КҮЧТӨР 65
БЕКТЕР 66
БЕНТАМ Иеремия 66
БЕРК Эдмунд 66
«БЕШИНЧИ КОЛОННА» 67
БИБЛИЯ 67
БИЗНЕС 67
БИЗНЕС-ПЛАН 67
БИЗНЕСМЕН, БИЗНЕСЧИ 69
БИЙ 70
БИЙЛИК 70
БИЙЛИК КОРИДОРЛОРУ 71
БИЙЛИКТИ БОРБОРЛОШТУРУУ жана БОРБОРДОН АЖЫРАТУУ 71
БИЙЛИКТИ БӨЛҮШТҮРҮҮ ТЕОРИЯСЫ 71
БИЙЛИКТИ ДАЙЫНДОО 72
БИЙЛИКТИН АКТИВДҮҮЛҮГҮ 72
БИЙЛИКТИН ЛЕГИТИМДҮҮЛҮГҮ жана ЭФФЕКТИВДҮҮЛҮГҮ 72
БИЙЛИКТИН НЕГИЗГИ ФУНКЦИЯЛАРЫ 73
БИЙЛИКТИН РЕСУРСТАРЫ жана ТҮРЛӨРҮ 74
БИЙЛИКТИН СУБЪЕКТИЛЕРИ 75
БИЛИМ БЕРҮҮ, ИЛИМ жана МАДАНИЯТ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ 76
БИЛЛЬ 76
БИОСАЯСАТ 76
БИРИККЕН УЛУТТАР УЮМУ 76
БИРИМДИК 77
БИРШТЕЙН Борис Иосифович 77
БЛЕФ 78
БЛОК 78
БЛОКАДА 78
БОДЕН Жан 78
БОЙКОТ 79
БОЙЛА 79
БОЛУШ 79
БОНАПАРТИЗМ 79
БОРБОР 80
БОШОНДОО 80
БОШОТУУНУН ТЕОЛОГИЯСЫ 80
БӨКӨЙ 81
БРАХМАНИЗМ 81
БРЕЙН-ДРЕЙН 81
БРИФИНГ 81
БУДДА 81
БУДДИЗМ 81
БУЙРУК 81
БУКАРА 81
БУРЖУАЗИЯ 82
БУУнун АДИСТЕШТИРИЛГЕН МЕКЕМЕЛЕРИ 82
БУУнун БАШКЫ АССАМБЛЕЯСЫНЫН ЧЕЧИМДЕРИ 82
БҮЙҮР КЫЗЫТУУ 82
БҮТКҮЛ ДҮЙНӨЛҮК САЛАМАТТЫКТЫ САКТОО УЮМУ 83
БЮДЖЕТ 83
БЮЛЛЕТЕНЬ 83
БЮРОКРАТИЯ 83

В

ВАКАНСИЯ 84
ВАЛЮТА 84
ВАЛЮТА курсу 84
ВАЛЮТАЛЫК ИНТЕРВЕНЦИЯ 84
ВАНДАЛИЗМ 85
ВАХХАБИЗМ 85
ВЕБЕР Альфред 85
«ВЕДДЕР» 85
ВЕДИЗМ 86
ВЕДОМСТВО 86
ВЕСТФАЛ ДҮЙНӨ СИСТЕМАСЫ 86
ВЕТО 86
ВИЗА 86
ВОЖДИЗМ 86
ВОЛОНТЁР 87
ВОЛОНТЁРЛУК ишмердүүлүк 87
ВОЛЮНТАРИЗМ 87
ВОТУМ 88

Г

ГААГА КОНВЕНЦИЯЛАРЫ 88
ГАНДИ Мохандас Карамчанд 89
ГЕГЕЛЬ Георг Вилгельм Фридрих Гегель 89
ГЕГЕМОНИЯ 90
ГЕНДЕР 90
ГЕНДЕРДИК МАМИЛЕЛЕР 90
ГЕНДЕРДИК САЯСАТ 90

ГЕНДЕРДИК ТЕҢ УКУКТУУЛУК 90
ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИК 90
ГЕНОЦИД 90
ГЕОГРАФИЯ 90
ГЕОСАЯСАТ 91
ГЕРОНТОКРАТИЯ 92
ГИМН 92
ГЛОБАЛДЫК ПРОБЛЕМАЛАР 92
ГЛОБАЛИСТИКА 93
ГОББС Томас 93
ГРОЦИЙ 94
ГРУППА 94
ГРУППИРОВКА 94
ГРУППОВЩИНА 94
ГУАМ 94
ГУМАНИЗМ 95
ГУМАНИТАРДЫК КЫЗМАТТАШТЫК 95

Д

ДААВАТ 95
ДАЛЬ Роберт Алан 95
ДАО ДЭ ЦЗИН 96
ДАОСИЗМ 96
ДАРЕНДОРФ Ральф 96
ДАТКА 96
ДЕБАТ 97
ДЕВИАНТТЫК ЖҮРҮМ-ТУРУМ 96
ДЕЗИНТЕГРАЦИЯ 96
ДЕИДЕОЛОГИЯЛАШТЫРУУ 97
ДЕИЗМ 97
ДЕКЛАРАЦИЯ 97
ДЕКРЕТ 97
ДЕЛЕГАТ 97
ДЕЛЕГИТИМДЕШТИРҮҮ 97
ДЕМАГОГИЯ 97
ДЕМОГРАФИЯЛЫК САЯСАТ 97
ДЕМОКРАТИЯ 98
ДЕМОКРАТИЯГА ӨТҮҮ: үлгүлөрү, баскычтары, шарттары 99
ДЕМОКРАТИЯЛАШТЫРУУ ТОЛКУНДАРЫ 100
ДЕМОКРАТИЯЛАШТЫРУУНУН ҮЧҮНЧҮ ТОЛКУНУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ 101
ДЕМОКРАТИЯЛЫК КЫЙМЫЛДАР 102
ДЕМОКРАТИЯЛЫК ПРИНЦИПТЕР 102
ДЕМОКРАТИЯЛЫК РЕЖИМ 103
ДЕМОКРАТИЯЛЫК СОЦИАЛИЗМ 103
ДЕМОКРАТИЯЛЫК ТРАНЗИТ 103
ДЕМОКРАТИЯЛЫК ЦЕНТРАЛИЗМ 103
ДЕМОКРАТИЯНЫН ЗАМАНБАП ТЕОРИЯЛАРЫ 104
ДЕМОКРАТИЯНЫН МҮНӨЗДҮҮ БЕЛГИЛЕРИ 105
ДЕМОКРАТИЯНЫН ТҮРЛӨРҮ 105
ДЕМӨӨРЧҮ 105
ДЕМӨӨРЧҮЛҮК 105
ДЕНОНСАЦИЯ 106
ДЕПОРТАЦИЯ 106
ДЕПУТАТТЫ ЧАКЫРТЫП АЛУУ 106
ДЕПУТАТТЫК ИММУНИТЕТ 106
ДЕПУТАТТЫН СУРОО-ТАЛАБЫ 106
ДЕРЖАВА 106
ДЕСПОТИЯ 107
ДЕЦЕНТРАЛИЗАЦИЯ 107
ДИАЛОГ 107
ДИВЕРГЕНЦИЯ 107
ДИВЕРСИФИКАЦИЯ 108
ДИКТАТУРА 108
ДИН 108
ДИН жана САЯСАТ 108
ДИН СЕКТАЛАРЫ 109
ДИНИЙ ИДЕОЛОГИЯ 109
ДИПЛОМАТИЯ 109
ДИПЛОМАТИЯЛЫК ИММУНИТЕТ 110
ДИСКРЕЦИЯЛЫК БИЙЛИК 110
ДИСКРИМИНАЦИЯ 110
ДИСКУРС 110
ДИССИДЕНТ 110
ДИФФАМАЦИЯ 111
ДОБУШ БЕРҮҮ 111
ДОГМАТИЗМ 111
ДОКТРИНА 111
ДОКУМЕНТ 111
ДОНОНБАЕВ Алим Дононбаевич 112
ДУБАН 112
ДҮЙНӨЛҮК САЯСАТ 112
ДҮЙНӨНҮН МАМЛЕКЕТТИК-БОРБОРДУК (ВЕСТФАЛДЫК) МОДЕЛИ 112
ДЮВЕРЖЕ Морис 113

Е

ЕВА 113
ЕВАНГЕЛИЕЧИЛЕР 113
ЕВАНГЕЛИЯ 113
ЕВРОАЗИЯЧЫЛЫК 113
ЕВРОПАРЛАМЕНТ 114
ЕВРОПОЦЕНТРИЗМ 114
ЕЛТЕБЕР 114

Ж

ЖАДИДИЗМ 114
ЖАЛПЫ БАЙГЕРЛИК 114
ЖАМААТТЫК АҢСЫЗДЫК 115
ЖАМААТТЫК КООПСУЗДУК жөнүндө КЕЛИШИМ УЮМУ 116
ЖАН-ЖАК РУССО 117
ЖАҢЫ ДҮЙНӨЛҮК ТАРТИП 117
ЖАҢЫ ОҢЧУЛДАР 117
ЖАҢЫ САЯСИЙ ОЙ ЖҮГҮРТҮҮ 117
«ЖАҢЫ СОЛЧУЛДАР» 117
ЖАРАНДУУЛУК 117
ЖАРАНДЫК АҢ-СЕЗИМ 117
ЖАРАНДЫК БАШ ИЙБӨӨЧҮЛҮК 118
ЖАРАНДЫК ДЕМИЛГЕЛЕР 118
ЖАРАНДЫК КООМ 119
ЖАРАНДЫК МАДАНИЯТ 119
ЖАРАНДЫК МИЛДЕТ 119
ЖАРАНДЫК СОГУШ 120
ЖАРАНДЫК УКУК жана ЭРКИНДИК 120
ЖАШТАР САЯСАТЫ 120
ЖЕКШЕНКУЛОВ Аликбек Жекшенкулович 122
ЖЕНЕВА КОНВЕНЦИЯЛАРЫ (1949-ж.) 122
ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ ИШТЕР 122
ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯ 122
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕР 122
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КООМДОШТУКТАР 123
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ 123
ЖЕРДЕШЧИЛИК 124
ЖИБЕК жана ТҮСТҮҮ РЕВОЛЮЦИЯЛАР 124
ЖИХАД 123
ЖОГОРКУ КЕҢЕШ 126
ЖОГОРКУ СОТ 144
ЖОРОБЕКОВ Жолборс Жоробекович 144
ЖУМА НАМАЗ 144
ЖУМУШСУЗДУК 144
ЖУМУШЧУЛАР КЫЙМЫЛЫ 145
ЖУСУП БАЛАСАГЫН 145
ЖЭЭРЕНЧЕ ЧЕЧЕН 147
ЖЫГА 147

З

ЗАГОВОР 147
ЗАМАН 147
ЗАМАНАЧЫЛАР 147
«ЗАР-ЗАМАН» 148
ЗЕКЕТ 148
«ЗИЛЗАЛА» 149
ЗООМОРФИЗМ 149
ЗОРДУК-ЗОМБУЛУК 149
ЗОРОАСТРИЗМ 150

И

ИДЕАЛ 150
ИДЕНТИФИКАЦИЯ 151
ИДЕОЛОГИЯЛАШТЫРУУ 151
ИДЕОЛОГИЯЛЫК БЮРОКРАТИЯ 151
ИДЕЯЛАР 152
ИЕРАРХИЯ 153
ИЛИМИЙ САЯСАТ 154
ИМАМ 155
ИМАНАЛИЕВ Каныбек Капашович 156
ИМИДЖ 156
ИММИГРАНТ 157
ИММИГРАЦИЯ 157
ИММУНИТЕТ 157
ИМПЕРАТИВ 157
ИМПЕРИЯ 157
ИМПИЧМЕНТ 158
ИНАЛ, Энал 158
ИНАУГУРАЦИЯ 158
ИНВЕСТИЦИЯЛЫК САЯСАТ 158
ИНДЕКСАЦИЯЛОО 159
ИНДИВИДУАЛДУУЛУК 159
ИНДУСТРИАЛДЫК КООМ 159
ИН жана ЯН 161
ИННОВАЦИЯ 161
ИНСАН 161
ИНСАНДЫН КУЛЬТУ 161
ИНСПЕКЦИЯ 162
ИНСТАНЦИЯ 162
ИНСТИТУТТАР 163
ИНСТИТУТТАШТЫРУУ 163
ИНТЕГРАЦИЯ 163
ИНТЕЛЛЕКТ 165
ИНТЕЛЛИГЕНЦИЯ 165
ИНТЕРНАЦИОНАЛИЗМ 166
ИНТЕРПЕЛЛЯЦИЯ 167
ИНТРИГА 168
ИНФЛЯЦИЯ 169
ИНФОКРАТИЯ 170
ИНФОРМАЦИЯ 170
ИНЦИДЕНТ 171

ИПОТЕКА 171
ИСЛАМ 171
ИСЛАМИЗМ 172
ИСТЕБЛИШМЕНТ 173
ИСТОН Давид 173
ИЧКИ САЯСАТ 173
ИШ ТАШТОО 174
ИШМЕРДҮҮЛҮК 174

К

КАГАН 174
КАЗЫ 176
КАЗЫНА 176
КАЙРА КУРУУ 176
КАЙРА МЕНЧИКТЕШТИРҮҮ 176
КАЙРЫМДУУЛУК УЮМУ 176
КАЙТА ЧАКЫРТЫП АЛУУ 176
КАЛЫГУЛ Бай уулу 177
КАМАК 177
КАМЧЫБЕК Шераалы уулу 177
КАНГЕЛЬДИЕВ Азамат Нурказыевич 177
КАНОН 178
КАНСЫЗ СОГУШ 178
КАНТ Иммануил 178
КАНЧАЙЫМ 178
КАПИТАЛИЗМ 178
КАРМАП ТУРУУ САЯСАТЫ 179
КАТОЛИЦИЗМ 179
КАТУН 179
КАЧКЫН 179
КАШКА 179-180
КВОРУМ 180
КВОТА 180
КЕПИЛ 180
КЕПИЛДИК 181
КЛАКА 181
КЛАН 181
КЛЕРИКАЛИЗМ 182
КОАЛИЦИЯ 182
КОДЕКС 182
КОЖО, ХУДЖА 182
КОЖО АКМАТ 183
«КОЖОЖАШ» 183
КОКУТОЙ 183
КОЛЛЕГИЯ 184
КОЛЛЕГИЯЛУУЛУК 184
КОЛЛЕКТИВДҮҮ ПИКИР 184
КОЛЛЕКТИВИЗМ 184
КОЛОНИЯ 184
КОМИССИЯ 184
КОМИТЕТ 184
КОММУНИЗМ 184
КОММУНИТАРДЫК КЫЙМЫЛ 185
КОММУНИСТТИК КЫЙМЫЛ 185
КОММУНИСТТИК ПАРТИЯЛАР 187
КОМПЕТЕНЦИЯ 188
КОМПРОМИСС 188
КОНВЕНЦИОНАЛДЫК ӨЗ АРА
АРАКЕТТЕНИШҮҮ 188
КОНВЕНЦИОНАЛИЗМ 188
КОНВЕНЦИЯ 189
КОНВЕРГЕНЦИЯ КОНЦЕПЦИЯСЫ 189
КОНГРЕСС 190
КОНДОМИНИУМ 190
КОНСЕНСУС 190
КОНСЕРВАТИЗМ 190
КОНСЕРВАТИВДИК ПАРТИЯЛАР 191
КОНСОЦИАТИВДҮҮЛҮК 192
КОНСТИТУЦИОНАЛИЗМ 192
КОНСТИТУЦИЯ 192
КОНТРАССИГНАТУРА 193
КОНТРИБУЦИЯ 193
КОНСТРУКТИВДҮҮЛҮК 193
КОНФЕДЕРАЦИЯ 193
КОНФЕССИОНАЛДЫК ПАРТИЯЛАР 193
КОНФЛИКТ 193
КОНФОРМИЗМ 194
КОНФУЦИЙ 194
КОНФУЦИЙ ОКУУСУ 194
КОНЦЕССИЯ 195
КОНЪЮНКТУРА 195
КООМ 196
КООМДУК БОЛМУШ жана КООМДУК
АҢ-СЕЗИМ 196
КООПЕРАТИВДИК КЫЙМЫЛ 198
КОРПОРАТИЗМ 199
КОРРУПЦИЯ 199
КОЭВОЛЮЦИЯ 200
КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕРДИН
ШЕРИКТЕШТИГИ (КМШ) 200
«КӨК КАСКАЛАР» 200
КӨЛӨКӨ КАБИНЕТ 200
КӨМҮСКӨ ЭКОНОМИКА 201
КӨП ПАРТИЯЛУУЛУК 202
КР ПРЕЗИДЕНТ АППАРАТЫ 203
КРИЗИС 203
КСЕНОФОБИЯ 204
КУЛ 204

КУН 204
КУРАЛСЫЗДАНДЫРУУ 204
«КУРАН» 205
КУРМАНЖАН ДАТКА 205
КҮРӨӨКАНА (ЛОМБАРД) 205
КУРУЛТАЙ 206
«КУТАДГУ БИЛИГ» 206
КҮЛҮК 206
КҮЧ КОЛДОНУУ жана КҮЧ КОЛДОНБОО 206
КҮЧ-КУБАТ 207
«КҮЧТӨРДҮН БАЛАНСЫ» КОНЦЕПЦИЯСЫ 207
КЫЗЫКЧЫЛЫК ТОПТОРУ 209
КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН АГРЕГАЦИЯСЫ 210
КЫЗЫКЧЫЛЫКТАРДЫН АРТИКУЛЯЦИЯСЫ 210
КЫЙМЫЛСЫЗ МҮЛК 210
КЫПЧАКТАР 210
КЫРГЫЗДАР 211
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
КОНСТИТУЦИЯСЫ 211
КЫРГЫЗСТАН АГРАРДЫК-ЭМГЕК партиясы 218
КЫРГЫЗСТАН АЯЛДАРЫНЫН
ДЕМОКРАТИЯЛЫК партиясы 218
КЫРГЫЗСТАН БИРИМДИК партиясы 218
КЫРГЫЗСТАН ДЕМОКРАТИЯЛЫК
КЫЙМЫЛЫ 219
КЫРГЫЗСТАН ДЕМОКРАТИЯЛЫК
КЫЙМЫЛЫ партиясы 220
КЫРГЫЗСТАН ЖАШТАР СОЮЗУ 221
КЫРГЫЗСТАН КАЛКЫНЫН АССАМБЛЕЯСЫ 221
КЫРГЫЗСТАН КОММУНИСТТЕРИНИН
партиясы 222
КЫРГЫЗСТАН СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯЛЫК
партиясы 222
КЫРГЫЗСТАНДАГЫ САЯСИЙ ПРОЦЕСС 223
КЫРК ЧОРО 224
КЫЯМАТ-КАЙЫМ 224

Л

ЛАО-ЦЗЫ 225
ЛЕВАЧЕСТВО 225
ЛЕГИЗМ 226
ЛЕГИТИМДЕШТИРҮҮ 227
ЛЕНИН Владимир Ильич 227
ЛИ 227
ЛИБЕРАЛДЫК ПАРТИЯЛАР 227
ЛИБЕРАЛИЗМ 228
ЛИЗИНГ 228
ЛИТУРГИЯ 228
ЛИЦЕНЗИЯ 228
ЛОББИЗМ 229
ЛОЗУНГ 230
ЛОКК Жон 230
ЛОЯЛДУУЛУК 230
ЛЮМПЕН-ПРОЛЕТАРИАТ 230

М

МААЛЫМАТТЫК КООМ 230
МААЛЫМДУУЛУК. БАСМА СӨЗ
ЭРКИНДИГИ 231
МАДАНИЙ РЕВОЛЮЦИЯ 233
МАДАНИЯТТЫК АЛАМДАШУУ 233
МАЖОРИТАРДЫК СИСТЕМА 233
МАКС ВЕБЕР 233
МАКИАВЕЛЛИ Николо 234
МАКИАВЕЛЛИЗМ 234
МАКСАТ жана КАРАЖАТТАР 234
МАЛЬТУЗИАНСТВО 235
МАМБЕТАЛИЕВА Гүлмира Сулаймановна 235
МАМЛЕКЕТ 236
МАМЛЕКЕТ БАШЧЫСЫ 236
МАМЛЕКЕТТЕН АЖЫРАТУУ 236
МАМЛЕКЕТТЕРДИН ӨЗ АРА КӨЗ КАРАН-
ДЫЛЫГЫ ЖАНА ДҮЙНӨНҮН БҮТҮНДҮГҮ
АНЫН БИРИМДИГИ 237
МАМЛЕКЕТТИК АППАРАТ 237
МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ 237
МАМЛЕКЕТТИК БИЙЛИК ОРГАНДАРЫ 238
МАМЛЕКЕТТИК БЮДЖЕТ 238
МАМЛЕКЕТТИК ИЧКИ КАРЫЗ 238
МАМЛЕКЕТТИК КАРЫЗ 240
МАМЛЕКЕТТИК КООПСУЗДУК
ОРГАНДАРЫ 240
МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ 241
МАМЛЕКЕТТИК ТЫШКЫ КАРЫЗ 241
МАМЛЕКЕТТИН (коалициянын) АСКЕРДИК
КҮЧТӨРҮ 243
МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮК 244
МАНАК 244
МАНАП 244
«МАНАС» ЭПОСУ 245
МАНДАТ 245
МАНИПУЛЯЦИЯ 245
МАНИПУЛЯЦИЯЛОО 245
МАНИХЕЙЧИЛИК 247
МАРГИНАЛДАР 247

МАРКС Карл 247
МАСАЛИЕВ Абсамат 248
МАСОНДУК 248
МАССАЛЫК МААЛЫМАТ КАРАЖАТТАРЫ 248
МАССАЛЫК САЯСИЙ АКЦИЯЛАР 250
МАТЕРИАЛИЗМ 250
МАТУРИДИЯ 250
МАФИЯ 250
МАХМУД ИБН ХУСЕЙН ИБН МУХАММЕД АЛ-БАРСКАНИ АЛ-КАШГАРИ 250
МЕМОРАНДУМ 251
«МЕНИН ӨЛКӨМ» аракеттер партиясы 251
МЕНТАЛИТЕТ 252
МЕНЧИК 253
МЕРИТОКРАТИЯ 253
МЕРКОСУР 254
МЕТРОПОЛИЯ 255
МЕЦЕНАТТЫК 255
МИЛИТАРИЗМ 255
МИНИСТР 255
МИНИСТРЛИК 255
МИССИОНЕР 255
МИСТИКА 255
МИСТИФИКАЦИЯ 255
МИТИНГ 255
МИФОЛОГИЯ 255
МО Ди 255
МОБИЛДҮҮЛҮК 255
МОДЕРНИЗАЦИЯ 256
МОИЗМ 256
МОЛДО КЫЛЫЧ Шамыркан уулу 257
МОЛДО НИЯЗ 257
МОМУН 257
МОНАРХ 257
МОНАРХИЯ 257
МОНДИАЛИЗМ 258
МОНИТОРИНГ 258
МОНОТЕИЗМ 258
МОНТЕСКЬЕ Шарль Луи 258
МОРАТОРИЙ 259
МОСКА Гаэтано 259
МО-ЦЗЫ 259
МУЛЬТИКУЛЬТУРАЛИЗМ 259
МУНИЦИПАЛИТЕТ 260
«МУХТАСАР ТАРЫХ-И КЫРГЫЗИЙА» 260
МҮЛК 260
МЫЙЗАМ 260
МЫЙЗАМ ЧЫГАРУУЧУ БИЙЛИК 261
МЫЙЗАМСЫЗДЫК 262
МЭДИСОН Джеймс 262
МЭР 263
МЭРИЯ 263

Н

НАТУРАЛДАШТЫРУУ 263
НАЦИОНАЛ-КОММУНИСТТЕР 263
НЕЙТРАЛИТЕТ 263
НЕОКОЛОНИАЛИЗМ 264
НЕОКОНСЕРВАТИЗМ 264
НЕОКОНФУЦИЙ ОКУУСУ 264
НЕОМАРКСИЗМ 264
НЕОФАШИЗМ 265
НЕПОТИЗМ 265
НИГИЛИЗМ 265
НИГИЛИСТ 265
НОНКОНФОРМИЗМ 265
НОСТАЛЬГИЯ 265
НОТАРИАТ 265
НОУ-ХАУ 265
НӨКӨР 266
НУВОРИШ 266

О

ОБО ЭНЕ 266
ОБСТРУКЦИЯ 266
ОБЪЕКТИВИЗМ 267
ОЖУКЕЕВА Токонай 297
ОЛИГАРХИЯ 267
«ОЛУЯ, ыйыктар» 268
ОМАРОВ Нур Мелсович 268
ОМУКЕЕВА Жумакан 268
ОҢЧУЛДАР жана СОЛЧУЛДАР 269
ОППОЗИЦИЯ 269
ОРДО 270
ОРМОН ХАН Ныязбек уулу 270
ОРОЗБЕКОВ Абдыкадыр 271
ОРОЗО 271
ОРТОДОКС 271
ОСИРИС 272
ОСМОНААЛЫ Сыдык уулу 272
ОСТРАКИЗМ 272
ОТУНБАЕВА Роза Исаковна 272
ОФЕРТА 273
ОФФШОРДУК КОМПАНИЯ 273
ОХЛОКРАТИЯ 273

Ө

ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ 274
ӨЗГӨЧӨ АБАЛ 274
ӨЗГӨЧӨ МЫЙЗАМ 274
ӨКМӨТ 274
ӨКМӨТ БАШЧЫСЫ 275
ӨКМӨТТӨР АРАЛЫК ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАР 275
ӨКМӨТТҮК ЭМЕС ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАР 275
ӨКҮЛ 275
ӨКҮЛЧҮЛҮКТҮН МАЖОРИТАРДЫК СИСТЕМАСЫ 276
ӨКҮЛЧҮЛҮКТҮН ПРОПОРЦИЯЛАШ СИСТЕМАСЫ 276
ӨНҮГҮП КЕЛЕ ЖАТКАН ӨЛКӨЛӨР 277
ӨНҮГҮП КЕЛЕ ЖАТКАН ӨЛКӨЛӨРДҮН КАРЫЗДАРЫ 277
«ӨНҮГҮҮ-ПРОГРЕСС» саясий партиясы 277
ӨТКӨӨЛ МЕЗГИЛДИН ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮШҮ 278
ӨТҮНМӨ 280

П

«ПАБЛИК РИЛЕЙШНЗ» 281
ПАЙГАМБАР 282
ПАКТ 282
ПАНАЗИАТИЗМ 282
ПАНИСЛАМИЗМ 282
ПАНСЛАВИЗМ 283
ПАНТЕИЗМ 283
ПАНТЕОН 283
ПАНТҮРКИЗМ 283
ПАРАДИГМА 283
ПАРАКОРЛУК 284
ПАРЕТО Вильфредо 284
ПАРИЖ КОММУНАСЫ 1871-ж. 284
ПАРИТЕТ 285
ПАРЛАМЕНТ 285
ПАРЛАМЕНТАРИЗМ 285
ПАРЛАМЕНТТИК ПАРТИЯ 285
ПАРЛАМЕНТТИК РЕСПУБЛИКА 285
ПАРСОНС Талкотт 286
ПАРТИКУЛЯРИЗМ 286
ПАРТИЯЛЫК ТУТУМ 286
ПАРТОГЕНЕЗ 287
ПАРТОКРАТИЯ 287
ПАСПОРТ 287
ПАТЕРНАЛИЗМ 287
ПАТРИОТ 287
ПАТРИОТИЗМ 287
ПАУПЕРИЗМ 290
ПАЦИФИЗМ 290
ПЕРИШТЕ 290
ПЕТИЦИЯ 291
ПИКИР АЛЫШУУ 291
ПИР 291
ПЛАТОН 292
ПЛЕБИСЦИТ 292
ПЛУТОКРАТИЯ 292
ПЛЮРАЛДЫК ВОТУМ 292
ПЛЮРАЛИЗМ 293
ПОЛЕМОЛОГИЯ 293
ПОЛИАРХИЯ 293
ПОЛИГАМИЯ 293
ПОЛИС 293
ПОЛИЦИЯЛЫК МАМЛЕКЕТ 294
ПОПУЛИЗМ 294
ПОСТИНДУСТРИАЛИЗМ 294
ПОСТКОММУНИЗМ 295
ПРЕВЕНТИВДҮҮ 295
ПРЕЗИДЕНТ 295
ПРЕЗИДЕНТТИК БАШКАРУУ 296
ПРЕЗИДЕНТТИК ИММУНИТЕТ 296
ПРЕЗИДЕНТТИК РЕСПУБЛИКА 296
ПРЕЗУМПЦИЯ 296
ПРЕМЬЕР-МИНИСТРЛЕР, эгемен Кыргызстандын премьер-министрлери 296
ПРЕРОГАТИВА 299
ПРЕЦЕДЕНТТИК УКУК 300
«ПРОГРЕССИВДҮҮ ДЕМИЛГЕЛЕР ФОНДУ» коомдук фондусу 300
ПРОЗЕЛИТИЗМ 301
ПРОКУРАТУРА 301
ПРОЛОНГАЦИЯ 301
ПРОПАГАНДА 301
ПРОФЕССИОНАЛДЫК УЮМДАР 301
ПУТЧ 303

Р

РАДИКАЛИЗМ 303
РАЗЗАКОВ Исхак 304
РАМАЗАН 304
РАСИЗМ жана РАСАЛЫК БАСМЫРЛОО 304
РАТИФИКАЦИЯ 304
РЕАКЦИЯ 304
РЕАЛИЗМ 305

РЕВАНШИЗМ 305
РЕВОЛЮЦИЯ 305
РЕВОЛЮЦИЯЛЫК КЫРДААЛ 306
РЕВОЛЮЦИЯНЫН ЭКСПОРТУ 306
РЕГИОНАЛДЫК КООПСУЗДУК 306
РЕГИОНАЛИЗМ 308
РЕГЛАМЕНТ 308
РЕЖИМ 308
РЕЗОЛЮЦИЯ 308
РЕЙТИНГ 308
РЕКОНВЕРСИЯ 308
РЕНЕГАТ 308
РЕПАТРИАЦИЯ 308
РЕПРЕССИЯ 309
РЕСПУБЛИКА 309
«РЕСПУБЛИКА» партиясы 309
РЕСПУБЛИКАЛЫК ЭЛДИК ПАРТИЯ 310
РЕФЕРЕНДУМ 310
РЕФОРМА 311
«РИМ КЛУБУ» 312
РОТАЦИЯ 312
РОЯЛИЗМ 313
РЭКЕТ 313

С

САДАНБЕКОВ Жумагул Сааданбекович 313
САДЫРКУЛОВ Медет Чоканович 313
САЙФ АД-ДИН АКСЫКЕНТИ 315
САЙЫППУРУШ 316
САЛЫКТАР 316
САЛЫШТЫРМАЛУУ УКУК 317
САНКЦИЯ 317
САРАЛАЕВ Урмат Кадыкеевич 318
САШУН 318
САЯСАТ 319
САЯСАТ ТААНУУ 320
САЯСАТ ТААНУУ илиминин эгемендүү Кыргызстандагы калыптанышы 320
«САЯСАТ ТААНУУ» сабагы 322
САЯСАТ ТААНУУНУН ИЗИЛДӨӨ ОБЪЕКТИСИ 324
САЯСАТ ТААНУНУН КАТЕГОРИЯЛАРЫ 324
САЯСАТ ТААНУУНУН МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДҮҮЛҮКТӨРҮ 324
САЯСАТ ТААНУУНУН ӨНҮГҮҮ ТАРЫХЫ 325
САЯСАТ ТААНУУНУН ПАЙДА БОЛУШУ 329
САЯСАТ ТААНУУНУН ПРЕДМЕТИ 330
САЯСАТ ТААНУУНУН УСУЛДАРЫ 330
САЯСАТ ТААНУУНУН ФУНКЦИЯЛАРЫ 330
САЯСАТТАГЫ БИПОЛЯРДУУЛУК 331
САЯСАТТАГЫ ИШЕНҮҮ жана ИШЕНИМ 332
САЯСАТТАГЫ МАКСАТКА БОЖОМОЛДОО 332
САЯСАТТАГЫ РАЦИОНАЛИЗМ жана ИРРАЦИОНАЛИЗМ 332
САЯСАТТЫ ИДЕОЛОГИЯЛАШТЫРУУ 333
САЯСАТТЫН АДЕПТҮҮЛҮГҮ 333
САЯСАТТЫН МАКСАТТАРЫ, МЕТОДДОРУ, КАРАЖАТТАРЫ 335
САЯСАТТЫН СОЦИАЛДЫК КӨЗӨМӨЛҮ 337
САЯСАТТЫН ФИЛОСОФИЯСЫ 337
САЯСАТТЫН ФОРМАСЫ жана МАЗМУНУ 338
САЯСАТТЫН ФУНКЦИЯЛАРЫ 338
САЯСИЙ ААЛАМДАШУУ 339
САЯСИЙ АЗЧЫЛЫКТАРДЫН УКУГУ 340
САЯСИЙ АКТИВДҮҮЛҮК 342
САЯСИЙ АҢ-СЕЗИМ 342
САЯСИЙ АҢДУУ 343
САЯСИЙ АРАКЕТ 343
САЯСИЙ БААЛУУЛУКТАР 344
САЯСИЙ БАШКАРУУ 344
САЯСИЙ БОЖОМОЛДОО 345
САЯСИЙ ГЕОГРАФИЯ 345
САЯСИЙ ЖЕТЕКЧИЛИК 345
САЯСИЙ ЖҮРҮМ-ТУРУМ 345
САЯСИЙ ИМИДЖ 345
САЯСИЙ КАТЫШУУ 345
САЯСИЙ КЛИКА 346
САЯСИЙ КОММУНИКАЦИЯ 346
САЯСИЙ КОНСЕРВАТИЗМ 346
САЯСИЙ КОНЦЕПЦИЯ 346
САЯСИЙ КООМ 347
САЯСИЙ КОРКУНУЧ 347
САЯСИЙ КӨРҮНҮШ 347
САЯСИЙ КРИЗИС 347
САЯСИЙ КУЛУАРЛАР 347
САЯСИЙ КҮРӨШ 347
САЯСИЙ КЫЗЫКЧЫЛЫКТАР 347
САЯСИЙ КЫЙМЫЛДАР 348
САЯСИЙ КЫРДААЛ 348
САЯСИЙ МААНАЙ 349
САЯСИЙ МАДАНИЯТ 349
САЯСИЙ МАКСИМАЛИЗМ 349
САЯСИЙ МАМИЛЕЛЕР 349
САЯСИЙ МАНИПУЛЯЦИЯ 350
САЯСИЙ МАРКЕТИНГ 350
САЯСИЙ МЕЙКИНДИК 350
САЯСИЙ МОБИЛИЗАЦИЯ 350

САЯСИЙ МОДЕРНИЗАЦИЯ 351
САЯСИЙ ОЙ-ЖҮГҮРТҮҮ 351
САЯСИЙ ОЮН 352
САЯСИЙ ӨНҮГҮҮ 353
САЯСИЙ ПАРТИЯ 354
САЯСИЙ ПАССИВДҮҮЛҮК 354
САЯСИЙ ПЛАТФОРМА 354
САЯСИЙ ПЛЮРАЛИЗМ 355
САЯСИЙ ПРАГМАТИЗМ 356
САЯСИЙ ПРИОРИТЕТ 356
САЯСИЙ ПРОГРАММА 358
САЯСИЙ ПРОПАГАНДА 359
САЯСИЙ ПРОЦЕСС 359
САЯСИЙ ПСИХОЛОГИЯ 360
САЯСИЙ РЕАБИЛИТАЦИЯЛОО 361
САЯСИЙ РЕАКЦИЯ 361
САЯСИЙ РЕАЛИЗМ 361
САЯСИЙ РЕЖИМ 362
САЯСИЙ РЕФОРМА 362
САЯСИЙ РИТОРИКА 362
САЯСИЙ РИТУАЛ 362
САЯСИЙ РОМАНТИЗМ 362
САЯСИЙ РЫНОК 362
САЯСИЙ САЛТТАР 362
САЯСИЙ СЕКТАНТТЫК 363
САЯСИЙ СИМВОЛИКА 363
САЯСИЙ СИСТЕМА 363
САЯСИЙ СОЦИАЛДАШТЫРУУ 365
САЯСИЙ СОЦИОЛОГИЯ 365
САЯСИЙ СОЮЗДАР, КОАЛИЦИЯЛАР жана БЛОКТОР 365
САЯСИЙ СТРАТЕГИЯ жана ТАКТИКА 367
САЯСИЙ СФЕРА 367
САЯСИЙ ТАРБИЯ 368
САЯСИЙ ТАРТИП 370
САЯСИЙ ТИЛ 370
САЯСИЙ ТӨҢКӨРҮШ 370
САЯСИЙ ТРАНСФОРМАЦИЯ 371
САЯСИЙ ТУРМУШ 371
САЯСИЙ ТУРУКТУУЛУК 372
САЯСИЙ ТҮЗҮЛҮШ 372
САЯСИЙ УБАКЫТ 373
САЯСИЙ УТОПИЯ 373
САЯСИЙ УЮМ 374
САЯСИЙ ЧЕТТЕТҮҮ 374
САЯСИЙ ЧЕЧИМ 375
САЯСИЙ ФУТУРОЛОГИЯ 376
САЯСИЙ ЭЛИТА 376
САЯСИЙ ЭМБЛЕМАТИКА 376
САЯСИЙ ЭМИГРАНТ 376
САЯСИЙ ЭРКИНДИКТЕР 376
САЯСИЙ ЭТИКА 377
СВОТ (SWOT-анализ) 377
СЕГРЕГАЦИЯ 377
СЕКТА 377
СЕКУЛЯРИЗАЦИЯ 377
СЕНАТ 378
СЕПАРАТИЗМ 378
СИНТОИЗМ 378
СИОНИЗМ 378
СКЕПТИЦИЗМ 378
СОВЕТОЛОГИЯ 378
СОГУШ жана КУРАЛДУУ КОНФЛИКТ 378
СОГУШКА КАРШЫ КЫЙМЫЛ 379
СОГУШТУК САЯСАТ 381
СОГУШУУНУН ТЫЮУ САЛЫНГАН КАРАЖАТТАРЫ 382
СОГУШУУНУН ТЫЮУ САЛЫНГАН ЫКМАЛАРЫ 382
СОЛТОНБЕКОВ Рысалы 382
СОЛТОНОЕВ Белек Солтонкелди уулу 383
СООДА жана ТАРИФТЕР БОЮНЧА БАШКЫ КЕЛИШИМ 383
СОТ БИЙЛИГИ 383
СОТ ИММУНИТЕТИ 384
СОЦИАЛ-ДЕМОКРАТИЯ 384
СОЦИАЛДЫК АПАТИЯ 385
СОЦИАЛДЫК КЕПИЛДИКТЕР 385
СОЦИАЛДЫК КОНФЛИКТ 386
СОЦИАЛДЫК МАМИЛЕЛЕР 387
СОЦИАЛДЫК МАМЛЕКЕТ 388
СОЦИАЛДЫК МИМИКРИЯ 388
СОЦИАЛДЫК ПАССИВДҮҮЛҮК 388
СОЦИАЛДЫК САЯСАТ 388
СОЦИАЛДЫК СТРАТИФИКАЦИЯ 389
СПИЧРАЙТЕР 389
СТАГНАЦИЯ 389
СТАТУС 389
СТАТУС-КВО 390
СТЕРЕОТИП 390
СТРАТЕГИЯ жана ТАКТИКА 390
СТРУКТУРАЛЫК САЯСАТ 391
СУННА 391
СУННИЗМ 392
СУФИЗМ 392
СҮЙЛӨШҮҮЛӨР 392
СЫДЫКОВ Абдыкерим 392
СЫЙЫНУУ 393

Т

ТАБИЯТТАН ТЫШКАРЫ КҮЧТӨР 393
ТАБУ 393
ТАКЫБА 393
ТАЛМУД 393
ТАЛМУДИЗМ 393
ТАРГАН 393
ТЕГИН 394
ТЕЙЛОР Фредерик Уинслоу 394
ТЕМИР КӨШӨГӨ 395
ТЕНДЕР 395
ТЕННОИЗМ 395
ТЕҢИР, АЛЛА, ЖАРАТКАН 396
ТЕҢДЕШТИК 396
ТЕОКРАТИЯ 396
ТЕОЛОГИЯ 396
ТЕОРИЯНЫН «КААРМАНДАРЫ» жана «ЖЫЙЫЛГАН ТОПТОРУ» 396
ТЕРРОРИЗМ 399
ТЕХНОКРАТИЯ 399
ТИГИ ДҮЙНӨ 400
ТИЛЕКТЕШТИК 400
ТОГОЛОК МОЛДО 400
ТОЙНБИ Арнольд Жозеф 400
ТОКВИЛЬ Алексис 400
ТОКТОГУЛ Сатылганов 401
ТОКТОСУНОВА Адаш Искендеровна 401
ТОЛЕРАНТТУУЛУК 402
ТОПТУК ЭГОИЗМ 402
ТОТАЛДЫК 403
ТОТАЛИТАРИЗМ 403
ТОТЕМ 403
ТОТЕМИЗМ 403
ТӨРӨ 404
ТРАДИЦИЯЛЫК КООМ 404
ТРАЙБАЛИЗМ 405
ТРАНЗИТОЛОГИЯ 405
ТРАНСУЛУТТУК КОРПОРАЦИЯЛАР 405
ТРЕД-ЮНИОН 405
ТРЕНД 405
ТРИБУН 405
ТРИБУНАЛ 405
ТРИМУРТИ 405
ТУМАР 405
ТУРСУНБАЙ Бакир уулу 405
ТУРСУНБЕК Акун 406
ТУТУК 406
ТУУ 406
ТҮЛӨӨ 407
ТҮРК КЕҢЕШИ 408
ТҮШТҮК-ЧЫГЫШ АЗИЯ МАМЛЕКЕТТЕРИНИН АССОЦИАЦИЯСЫ 408
ТЫНЫСТАНОВ Касым 408
ТЫШКЫ САЯСАТ 408

У

УЗУРПАТОР 409
УКУКСУЗДУК 409
УКУКТУК МАМЛЕКЕТ 409
УЛАМА, улемдер 410
УЛУКМАН 410
УЛУТ 410
УЛУТ МАСЕЛЕСИ 411
УЛУТТАР АРАЛЫК КОНФЛИКТ 412
УЛУТТАР ШЕРИКТЕШТИГИ 413

Ү

«ҮЧҮНЧҮ ДҮЙНӨ» 415
«ҮЧҮНЧҮ ДҮЙНӨДӨГҮ» МАМЛЕКЕТ 415

Ф

ФАЙОЛЬ Анри 416
ФАКИР 417
ФАКТ 417
ФАКТОР 417
ФАНАТИЗМ 417
ФАНАТИК 417
ФАШИЗМ 417
ФЕДЕРАЦИЯ 417
ФЕМИНИЗМ 417
ФЕТИШ 418
ФЕТИШИЗМ 418
ФОРМАЛДУУ (ФОРМАЛДУУ ЭМЕС) ТОП 419
ФОРМАЦИЯ 420
ФРАКЦИЯЛАР 421
ФРАКЦИЯЧЫЛЫК 421
ФРУСТРАЦИЯ 421
ФУНДАМЕНТАЛИЗМ 421
ФУТУРОЛОГИЯ 422

Х

ХАДИС 422
ХАЙЕК Фридрих фон Август 423
ХАЛИФ 423
ХАЛИФТИК, ХАЛИФАТ 423
ХАН 423
ХАНАФИЙ МАЗХАБЫ 423
ХАНБАЛИ МАЗХАБЫ 423
ХАНТИНГТОН Самуэл 423
ХАРИЗМА 424
ХАРТИЯ 424
ХЕЛЬСИНКИ ПРОЦЕССИ 424
ХИЖАП 425
ХИЖРА 425
ХИПИК 425
ХОЛОКОСТ 425
ХРИСТИАН ДИНИ 425
ХРИСТИАНДЫК СОЦИАЛИЗМ 425
ХРИСТОС 426
ХУНТА 426

Ц

ЦЕНТРИЗМ 426
ЦИ же Юанци 426
ЦИВИЛИЗАЦИЯ 426

Ч

ЧАКАН бизнес 427
ЧЖАН Цзай 428
ЧЖУ Си 428
ЧЖУАН Цзы 429
ЧИНАЛИЕВ Улукбек Кожомжарович 429
ЧИРКӨӨ 429
ЧОҢ ЖЫЙЫРМА 429
ЧОҢ СЕГИЗ 430
ЧОРО 430
ЧЫГЫШТАГЫ ДЕМОКРАТИЯЛАШТЫРУУ 431
ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ 431

Ш

ШАА 433
ШАБДАН Жантай уулу 433
ШАД 433
ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ 434
ШАЙМЕРДЕН, шахимардан 435
ШАЙТАН 434
ШАНТАЖ 435
ШАНХАЙ КЫЗМАТТАШТЫК УЮМУ 435
ШАРЫЯТ 436
ШАФИЙ МАЗХАБ 437
ШЕЙИТ 437
ШЕР 437
ШЕРИМКУЛОВ Медеткан Шеримкулович 438
ШИВА 438
ШИИЗМ 438
ШОВИНИЗМ 438
ШТАТ 438
ШУМПЕТЕР Йозеф Алоис 439

Ы

ЫБРАЙЫМ 439
ЫЙГАРЫМ УКУК 439
ЫЙМАН КЕЛТИРҮҮ 440
«ЫЙЫК ЖЕРЛЕР» 440
«ЫЙЫК КИТЕПТЕР» 440
«ЫЙЫК КҮНДӨР» 440
ЫНАНЧЫ 440
ЫРЫМ-ЖЫРЫМ 440
ЫСЫК-КӨЛ ШЕРИНЕСИ 440

Э

ЭВАКУАЦИЯ 441
ЭВОЛЮЦИЯ 441
ЭГАЛИТАРИЗМ 441
ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК 442
ЭГИДА 442
ЭДЕМ 442
ЭДИП 442
ЭКЛЕКТИКА 442
ЭКОЛОГИЯ 442

ЭКОЛОГИЯЛЫК КЫЙМЫЛ 442
ЭКОЛОГИЯЛЫК САЯСАТ 443
ЭКОНОМИКА 444
ЭКОНОМИКА жана САЯСАТ 444
ЭКОНОМИКАЛЫК БИРИМДИКТИН ДЕМОКРАТИЯЛЫК партиясы 445
ЭКОНОМИКАЛЫК КООПСУЗДУК 445
ЭКОНОМИКАЛЫК КӨШ СТАНДАРТ 445
ЭКОНОМИКАНЫ мамлекеттик жөнгө салуу 446
ЭКОНОМИКАНЫН ААЛАМДАШУУСУ 446
ЭКОНОМИКС 446
ЭКСПАНСИЯ 447
ЭКСПАТРИАЦИЯ 447
ЭКСПРОПИРАЦИЯ 447
ЭКСТРАДИЦИЯ 447
ЭКСТРЕМИЗМ 447
ЭКУМЕНИЗМ 447
ЭЛ 448
ЭЛ АРАЛЫК ВАЛЮТА ФОНДУ 448
ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР 448
ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДЕГИ ВЕНА СИСТЕМАСЫ 448
ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДЕГИ ВЕРСАЛ-ВАШИНГТОН СИСТЕМАСЫ 448
ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕРДИН ЯЛТА-ПОДСТДАМДЫК СИСТЕМАСЫ 449
ЭЛ АРАЛЫК РЕЖИМДЕР 449
ЭЛ АРАЛЫК УКУК 449
ЭЛ АРАЛЫК ЭМГЕК УЮМУ 449
ЭЛЕКТОРАТ 449
ЭЛЧИ 450
ЭМАНСИПАЦИЯ 451
«ЭМГЕК» саясий партиясы 451
ЭМГЕК темасы «Манаста» 451
ЭМГЕК БИРЖАСЫ 452
ЭМИР 452
ЭНГЕЛЬС Фридрих 453
ЭНТРОПИЯ 453
ЭНЦИКЛИКА 454
ЭРКИН ГЕЗИТТЕР
«ЭРКИН КЫРГЫЗСТАН» демократиялык партиясы 454
ЭРКИНДИК 455
ЭРКИН СООДА БОЮНЧА ТҮНДҮК АМЕРИКА КЕЛИШИМИ 455
ЭТАТИЗМ 456
ЭТНОГЕНЕЗ 456
ЭТНОС 456
ЭТНОСКО ЫЙГАРУУЧУЛУК 457
ЭТНОСТУК ТОП 457
ЭТНОЦЕНТРИЗМ 457
ЭЭЛИК 458

Ю

ЮРИСДИКЦИЯ 458
ЮСТИЦИЯ 458

Я

ЯБГУ 458
ЯДРОЛУК ТОКТОТУУ 458

КАБЫЛ АЛЫНГАН КЫСКАРТУУЛАР

АКШ – Америка Кошмо Штаты
АКЭА – Атом кубаты боюнча эл аралык Агенттиги
АСЕАН – Түштүк-Чыгыш Азия мамлекеттеринин ассоциациясы
АЧОЭФ – Айыл-чарбаны өнүктүрүүнүн эл аралык фонду
БДМУ – Бүткүл дүйнөлүк метереология уюму
БДПБ – Бүткүл дүйнөлүк почта бирлиги
БДССУ – Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюму
БУУ – Бириккен Улуттар Уюму
БЭМ – Бирдиктүү экономикалык мейкиндик
ВОЗ – Бүткүл дүйнөлүк саламаттыкты сактоо уюму
ВОИС – Бүткүл дүйнөлүк интеллектуалдык менчик уюму
ГАТТ – Соода жана тарифтер боюнча башкы келишим
ГУАМ – Грузия, Украина, Азербайжан жана Молдова республикаларынын ортосунда түзүлгөн аймактык уюму
ДСУ – Дүйнөлүк соода уюму
ЖККУ – Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюму
ЕврАзЭС – Европа-Азияттык экономикалык союз
ЕАЭК – Евразия экономикалык комиссиясы
ИКАО – Эл аралык жарандык авиация уюму
ИМО – Эл аралык деңиз уюму
КМТУ – Кыргыз Мамлекеттик техникалык университети
КР УИА – Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы
КТИК – Көп тараптуу инвестициялык кепилдиктер боюнча агенттиги
МАГАТЭ – Атомдук энергия боюнча эл аралык агенттиги
МОТ – Эл аралык эмгек уюму
НАТО – Түндүк атлантикалык келишим уюму
НАФТА – Эркин соода боюнча Түндүк Америка келишими
ОВД – Варшава келишиминин уюму
ОДКБ – Организация договора о коллективной безопасности
ТАР – Түштүк Африка Республикасы
ТҮРКСОЙ – Эл аралык түрк маданият уюму
ФАО – БУУнун Азык-түлүк жана айыл-чарба уюму
ФРГ – Федеративная Республика Германии
ЭВФ – Эл аралык валюта фонду
ЭИЖСБ – Эл аралык инвестициялык талаптарды жөнгө салуу боюнча борбор
ЭКК – Эл аралык каржы корпорациясы
ЭКЭБ – Эл аралык кайра куруу жана өнүктүрүү банкы
ЭОА – Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы
ЭЭБ – Эл аралык электр байланыш бирлиги
ЭЭУ – Эл аралык эмгек уюму
ЮНЕСКО – Билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча Бириккен Улуттар Уюму
ЮНИДО – Өнөр жайды өнүктүрүү боюнча Бириккен Улуттар Уюму

БИБЛИОГРАФИЯ

Абдикеримов А.Ш. XX кылымдын 80-жылдарынын экинчи жарымындагы, 90-жылдардын башындагы Кыргызстандын коомдук-саясий кыймылдарында улут маселесинин көтөрүлүшү: тарых илим. кан. дис. – Б., 2011.

Абдрахманов Ю. Письма И.В. Сталину и в ЦК ВКП(б) / Сост. вступ. ст. Дж.Джунушалиев, И.Е. Семенов. – Ф., 1991.

Абдрахманов Т.А, Кубатова А.Э. Байдилдаев Ж.Р. Эки доор инсаны Ишенаалы Арабаев. – Б., 2013.

Абдрашев А.Б., Нурдинова Ж.Т. Компаративистский анализ образовательной политики Республики Казахстан и Кыргызской Республики. – Б., 2010.

Абдуллаев Э. Орток адабий мурас маселеси тууралуу // Кыргызстан маданияты. 1967. 10-февраль.

Абдыкадыров Т.А., Джуманалиев С.Р. Баялы Исакеев. Судьба и время. – Б., 1998.

Абдылдабек к. Жаныл. Шабдан баатыр: эпоха и личность: документы и материалы. – Б., 1999.

Абилдаев Э.Е. Место и роль государства в политической системе общества. Учебно-методическое пособие для студентов гуманитарных факультетов вузов. – М., 2001.

Абрамзон С. М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. – Ф., 1990.

Абрамзон С. М., Потапов Л. П. Народная этногония как один из источников для изучения этнической и социальной истории (на материале тюркоязычных кочевников). – М., 1975.

Абытов Б. К. Ош: факты, события и личности. Б.К. Абытов. – Ош, 2000.

Авксентьев В.А. Этническая конфликтология: в поисках научной парадигмы. – Ставрополь, 2001.

Авторитаризм и демократия в третьем мире. – М., 1996.

Адорно А. Типы и синдромы. Методологический подход // Социологические исследования. 1993. №3.

Айдаркул Каана. Международные отношения кыргызов и Кыргызстана: история и современность. – Б., 2002.

Айтматов Ч. В соавторстве с землею и водою. – Ф., 1978.

Айтматов Ч. Жазуучунун чыгармачылыгы тууралуу очерктер, макалалар жана рецензиялар (орус тилинде). – Ф., 1975.

Акаев А. Кыргызстан на пути становления независимости. – Б., 1995.

Акаев А. Кыргыз мамлекеттүүлүгү жана «Манас» элдик эпосу. Тарыхый иликтөө. – Б., 2002.

Акаев А. Памятное десятилетие. – Б., 2003.

Акаев А. Сост.: М. Эшимканов, К. Иманалиев и др. – Б., 1993.

Акимов А. В. Мировое население: взгляд в будущее. – М., 1992.

Аклаев А. Р. Этнополитическая конфликтология: Анализ и менеджмент: учеб. пособие. – М., 2005.

Акматов К. Окуялар, адамдар (Миң бир күн): даректүү баян. – Б., 1998.

Актон Д. История свободы в античности // Полис. 1993. №3.

Акун Т. Основные выводы и рекомендации независимой комиссии Омбудсмена (Акыйкатчы) Кыргызской Республики по изучению трагических июньских событий 2010 года, произошедших в Ошской, Жалал-Абадской областях и г. Ош // Июньские трагические события 2010 года: причины и уроки // Республиканская научно-практическая конференция. – Б., 2011.

Акунов А. Информационное сопровождение избирательной кампании. – Б., 1999.

Акунов А. Пособие для кандидата в депутаты (Организация избирательной кампании). – Б., 1999.

Акунов А. Государственное управление Кыргызстана в транзитный период. – Б., 1999.

Акунов А. Докторская диссертация на тему «Развитие системы государственного управления Кыргызстана: организационно-функциональный анализ». – Б., 2000.

Акунов А. Кыргызстан – история, общество, политика / Под ред. Т. Бодио и А. Акунова. – Варшава, 2004.

Акунов А. Политическая история Кыргызстана / Под ред. Акунова А. – Б., 2001.

Акунов А. Политические партии Кыргызстана. (на нем. языке) (статья) Бонн // Vostoc. 1998. июнь.

Акунов А. Политический Кыргызстан / Под ред. Акунова А. – Б., 2001.

Акунов А. Саясат таануу. Энциклопедиялык окуу куралы. – Б., 2004.

Акунов А. Акаевдик-авторитардык саясий режимдин пайдубалынын 1990–1991-жж. түптөлүшү // Научно-методический журнал «Право и политика». 2014. №1.

Акунов А. Приоритет прав человека как фактор обеспечения стабильности в обществе // Вестник Ошского государственного университета. 2014. №3.

Акунов А. Кыргызстандын Шанхай Кызматташтыгы Уюмунун алкагындагы көп тараптуу жана эки тараптуу дипломатиясы. Караңыз: Шанхай Кызматташтыгы Уюмунун өнүгүү тарыхынын маселелерин комплекстүү изилдөө. – Б., 2014.

Акунов А. Доор жаңырткан элдик ыңкылаптар. – Б., 2015

Акунов А., Ибраева В. Адам укуктары. Уч. пос. – Б., 1998.

Акунов А., Ибраева В. С. Адам укуктары жана демократия. – Б., 1998.

Акунов А., Иманбекова А. С. Некоторые приемы борьбы с коррупцией на примере Сингапура // Вестник КРСУ им. Б. Ельцина. 2014. Т. 14. №9.

Акунов А., Киютин В. Г., Прытков В. Г., Токтомышев С. Ж. Постсоветский Кыргызстан глазами зарубежных политологов. – Б., 1998.

Акунов А., Мамбеталиева Г. С. Саясат таануу: Окуу китеби. – Б., 2014.

Акунов А., Машанов М. С. Политический плюрализм. Политические партии и партийные системы // Политология, политика и современность. Уч. пос. – Б., 1997.

Акунов А. А., Муса кызы А. Политические традиции и обычаи кочевников по данным эпоса «Манас» // Материалы докладов Всероссийской научной конференции «Древние и средневековые кочевники Центральной Азии». – Барнаул, 2008 г.

Акунов А., Ожукеева И., Прытков В. Права человека и демократия. – Б., 1996.

Акунов А., Ожукеева Т., Байболов К. Политология. Кыскача сөздүк. – Б., 1996. .

Акунов А., Прытков В. Г. Права человека. – Б., 1998.

Акунов А. А., Прытков В. Г. Проблемы реформы государственной и муниципальной службы в Кыргызстане // Вестник КазНУ. 1998. № 1.

Акунов А. Сыдыгалиева Э. Ж. Реализация прав национальных меньшинств как фактор политической безопасности в обществе // Проблемы полиэтнического общества в ЦА: вызовы и возможные решения. Матер. международной научной конф. – Б., 2013.

Акунов А., Токмамбетова Д., Асангазы к. Венера. Как победить на выборах. – 2-е издание. – Б., 1995.

Акунова А.А. Место и роль партийных фракций в Европейском Парламенте // «Право и политика». 2009. №1.

Акунова А.А. Природа общеевропейских политических партий // «Политика и обшество». 2008. №3–4.

Акунова А. А. Партийные фракции Европарламента и Жогорку Кенеша: принципы образования // Вестник КРСУ им. Б.Ельцина. 2011. Т. 11. №2.

Акунова А. А. Политическая идеология европейских партий на рубеже XXI века // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. 2011. №3.

Акунова А. А. Эволюция политико-правового статуса представительного органа Европейских Сообществ: из Ассамблеи в Европарламент // Вестник КНУ им. Ж.Баласагына. 2011. №3.

Акунова А. А. Европарламент и Межпарламентская Ассамблея СНГ как политические институты: институциональный анализ // Этносоциальные и этнокультурные процессы в Центральной Азии: история и современность». – Б., 2010.

Акунова А. А. Региональные и этнорегиональные политические партии как фактор демократизации общеевропейской политической жизни // Право и политика. 2011. №.3.

Акунова А. А. Выборы в Европарламент 2009 года: конфигурация и позиция политических фракций и объединений // Хабаршы – Вестник Каз.НПУ им. Абая. 2011. №4.

Акыл тирек 2014. Түз. А.Салымбеков. – Б., 2014.

Акындар чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. – Ф., 1988.

Алексеева Т. А. Современные политические теории. – М., 2000.

Алмонд Г. Политическая наука: история дисциплины // Полис. 1997. №6.

Алмонд Г., Пауэлл Дж., Стром К., Далтон Р. Сравнительная политология сегодня: Мировой обзор: Учеб. пособие. – М., 2002.

Алтымышбаев А. Октябрь и развитие общественного сознания киргизского народа. – Ф., 1980.

Алтымышбаев А. Ленин и пропаганда марксизма в Киргизии (1905-1923гг.). – Ф., 1967.

Алтымышбаев А. Очерк истории развития общественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. – Ф., 1985.

Альбом схем по политологии (учебно-методическое пособие). – Краснодар, 1995.

Аманалиев Б. Из истории философской мысли киргизского народа. – Ф., 1963.

Анохин М. Г. Депутат, парламент, правительство. – М., 1993.

Аристотель. Политика. Соч.1. Т. IV. – М., 1983.

Арон Р. Этапы развития социологической мысли. – М., 1993.

Арстанбек Буйлаш (Бойлош) уулу. Тар заман // Ала-Тоо. 1989. №10

Арстанбек: Ырлар. – Б., 1993.

Арстанбектин «Тар заманы» // К. Артыкбаев. Акыйкат сабагы. – Ф., 1991.

Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. – Б., 1991.

Артыкбаев К. Кыргыз совет адабиятынын тарыхы. – Ф., 1982.

Артыкбаев К. Кыргыз адабиятынын тарыхындагы түзөтүүгө муктаж айрым маселелер. Китепте: К. Артыкбаев. Талант сыры. – Б., 1994.

Артыкбаев К. Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак // Кыргызстан маданияты. 1967, 1-январь

Артыкбаев М. Т., Артыкбаев А. М. Политическая система в «открытых» и «закрытых» обществах (современный анализ). – Б., 1998.

Артыкбаев М. Т. Политология. – Б., 1993.

Артыкбаев М. Т. Политическая модернизация и трансформация политической системы Кыргызской Республики в постпереходный период (2004–2010 гг.). М.Т. Артыкбаев. – Б., 2010.

Артыкбаев М. Т. «Особенности формирования кыргызской демократии» // Политический Кыргызстан. – Б., 2001.

Асанканов А. Кыргызы: рост национального самосознания. – Б., 1997.

Атышев К., Алиев Т., Суртаев Р. Ишкердик боюнча орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүк. – Б., 2003.

Ахмед Югнеки. Акыйкат сыйы. – Алматы, 1983.

Ачылова Р. А. Политическая культура и гражданское общество в Кыргызстане. – Нью-Йорк-Лондон, 1994.

Базарбаев К., Жумагулов Б. Политические партии Кыргызстана: теория и практика. – Б., 2012.

Бакиева Г. Социальная память и современность. – Б., 2000.

Бакунин М. А. Государственность и анархия. Философия, социология, политика. – М., 1989.

Бакчиев А. Т. «Манас» жана саясат. – Б., 2013.

Баллестрен К. Г. Власть и мораль // Философские науки. 1991. №8.

Барсамов В.А. «Цветные революции»: теоретический и прикладной аспекты // Социологические исследования. 2006. № 8.

Бартольд В. В. Кыргыздар: Тарыхый очерк // Ала-Тоо. 1988. №3.

Баскакова М. А. Толковый словарь бизнесмена (русско-английский, англо-русский). – 6-е изд., перераб. и доп. – М., 1994.

Баталов Э. Я. Человек, мир, политика. – М., 2008

Бек У. Что такое глобализация? – М., 2001.

Бекмурзаева Г. Абдыкадыр Орозбеков – Мамлекеттик ишмер: тарых илим. канд. дис. – Ош, 2010.

Бектурганов К. Б. О становлении и развитии социологии в Кыргызстане // СОЦИС. 2008. №10.

Белекова З. Махмуд Кашгари кыргыздар жөнүндө // Кыргызстан маданияты. 1967, 28-апрель.

Белланже Л. Переговоры. – СПб., 2003.

Белов В. А., Крутских В. Е. Большой юридический словарь / Под ред. Сухарева А.Я., Крутских В.Е. – 2-е изд. – М., 2001.

Бердяев Н. А. Судьба России. – М., 1990.

Бердяев Н. А. Истоки и смысл русского коммунизма. – М., 1990.

Бжезинский З. К. Великая шахматная доска: Господство Америки и его геостратегические императивы / Пер. О.Ю. Уральской. – М., 1997.

Бжезинский З. Большой провал. Агония коммунизма. Квинтэссенция. – М., 1990.

Бжезинский З. Выбор. Глобальное господство или глобальное лидерство. – М., 2005.

Бишкек: Сб. Док. и материалов / Сост. Г.Т. Гуля и др. – Б., 2013.

Боброва А. В., Генриетта Л. В. Современный словарь иностранных слов. – М., 2011.

Богатуров А. Д. Современная мировая политика. – М., 2009.

Богатырев В. Место и роль политической партии в кыргызском обществе // Политические партии в Кыргызстане. – Б., 2006.

Болпонова А.Б. К. Тыныстанов – учёный и государственный деятель Кыргызстана: дис. канд. ист. наук. – Б., 2003.

Большой словарь иностранных слов / Сост. Москвин А. Ю. – М., 2003.

Большой словарь иноязычных слов / Булыко А. Н. – М., 2004.

Большой энциклопедический словарь. В 2-х томах. – М., 1991.

Большой юридический словарь / Под ред. Малько А.В. – М., 2011.

Большой юридический словарь / Под ред. Сухарева А. Я., Крутских В. Е. – 2-е изд., перераб. и доп. – М., 2000.

Боотаев У. Э. Присоединение Северного Кыргызстана к Российской империи. Из сб. Кыргызстан: История и современность / Ответ. ред. док. истор. наук. А.Дж. Джуманалиев. – Б., 2006.

Борубашов Б. И., Галиева З. И. История государства и права Кыргызской Республики. – Б., 2003.

Бромлей Ю. К вопросу о сущности этноса // Природа. 1970. №2.

Бромлей Ю. В. Национальные процессы в СССР: в поисках новых подходов. – М., 1988.

Бромлей Ю. В. Очерки теории этноса. – М., 1983.

Брук С. И. Население мира. Этнодемографический справочник. – М., 1986.

Бугазов А. Х. Социокультурные особенности развития демократии в Кыргызстане // Центральная Азия и культура мира. 2006. №1–2.

Вайнштейн Г. И. Российский транзит и проблема типологического разнообразия «глобальной демократизации» // Политические институты на рубеже тысячелетий. – Дубна, 2001.

Варывдин В. А. Политология в схемах, таблицах, определениях. – М., 1991.

Василенко И. А. Политическая глобалистика. – М., 2000.

Василюк М. А., Клюев А. В. Политический плюрализм. – СПб., 1992.

Вебер М. Избранные произведения. – М., 1992.

Вебер М. Политика как призвание и профессия // Избр. произв. – М., 1990.

Вебер М. Харизматическое господство // Социологические исследования. 1988. №5.

Верховенство права. Сб. статей по политологии США. – М., 1992.

Воропаева В. Введение в историю кыргызско-российских отношений / Воропаева В., Джунушалиев Д., Кемелбаев Н., Плоских В. – Б., 2005.

Воропаева В.А., Плоских С.В. «Академические вечера»: триумф и трагедия Касыма Тыныстанова: Исследование. Документы. Пьеса. – Б., 2011.

Восстание киргизов и казахов в 1916 году. – Б., 1995.

Всеобщая декларация прав человека. Права человека. Сборник международных документов. МГУ, 1990.

Выбор Центральной Азии в цивилизационном пространстве: Курс лекций. – Б., 1996.

Гаджиев К. С. Американская нация. Национальное самосознание и культура. – М., 1996.

Гаджиев К. С. Геополитика. – М., 1997.

Галаганова С.Г., Фролова М.А. Современная западная политическая теория: основы парадигмы исследования. – М., 1993.

Галиева З. И. Исламский экстремизм в Кыргызстане: миф или реальность / Ислам в истории кыргызской государственности: Материалы межд. науч.-практ. конференции. – Б., 2003.

Галкин А. А. Размышления о политике и политической науке. – М., 2004.

Галустова О. В. Конфликтология в вопросах и ответах: учеб. пособие. – М., 2009.

Гапаров Т. Исхак Раззаков – выдающийся государственный и общественный деятель Кыргызстана: дис. канд. ист. наук. – Б., 2001.

Гарр Т. Р. Почему люди бунтуют. – СПб., 2005.

Гегель Г. В. Философия права. – М., 1990.

Гидденс Э. Социология. – М., 1999.

Глазунов О. Н. Государственный переворот. Стратегия и технологии. – М., 2006.

Глобализация мирового хозяйства и национальные интересы России. – М., 2002.

Глухова А. Формирование демократического консенсуса в переходном обществе: опыт проблемы // Социально-политический журнал. 1993. № 1-2.

Гоббс Т. Левиафан. Соч. в 2-х т. Т. 2. – М., 1990.

Горбачев М. С. Перестройка и новое мышление для нашей страны и для всего мира. – М., 1987.

Грамшин А. Ю. Искусство и политика. Т. 1. – М., 2001.

Губогло М. Н., Элебаева А. Б. Гражданские движения в Кыргызстане. – М., 1991.

Гумилев Л. Н. От Руси к России. Очерки этнической истории. – М., 1992.

Гусев В. А. Проблемы государственного устройства в трудах И. А. Ильина // Социально-политические науки. 1992. № 2-3.

Давыдов Ю. М. Вебер и Россия // Социологические исследования. 1992. № 3.

Даль Р. Природа политического процесса // Социально-политические науки. 1990. №10.

Даниленко В. И. Современный политологический словарь. – М., 2000.

Дарендорф. Р. Современный социальный конфликт. Очерк политики свободы / Пер. с нем. – М., 2002.

Дейцев С. Е. Политическая наука в СССР в 80-е годы // Советское государство и право. 1990. №10.

Демографический энциклопедический словарь. – М., 1985.

Джамгырчинов Б. Добровольное вхождение Киргизии в состав России. – Ф., 1963.

Джамгирчинов Б. Д. Очерк политической истории XIX века. – Ф., 1966.

Джекшенкулов А. Д. Новые независимые государства Центральной Азии в мировом сообществе. – Алматы, 1999.

Джигитов С. Наше прошлое, настоящее, будущее. – Б., 1993.

Джилас М. Лицо тоталитаризма. – М., 1992.

Джуманалиев А. Ж. Политическая история Кыргызстана. – Б., 2005.

Джунушалиев Д. Исторические этапы кыргызской государственности / Джунушалиев Д., Какеев А., Плоских В. – Б., 2003.

Джунушалиев Д. В эпицентре восстания / Восстание 1916 г. в Кыргызстане (Сб. материалов науч. конференции, посвященной 75-летию восстания). – Б., 1993.

Джунушалиев Д. Традиционный общественный строй и культура быта кыргызов / Цивилизации скотоводов и земледельцев Центральной Азии. – Самарканд, 2005.

Джунушалиев Дж., Плоских В. Трайбализм и проблема развития Кыргызстана // Центральная Азия и Кавказ. 2000. №3 (9).

Джунушалиева Гульмира Д. Культурная политика государства в Кыргызстане: этапы и пути реализации (вторая половина XIX в. – конец 30-х гг. XX в.). – Б., 2005.

Джунушалиева Гульмира. Роль русского языка в создании Кара-Киргизской автономной области // Вестник КРСУ. – Б., 2012. Т. 12. № 8.

Джунушалиева Гульмира. Стратегии и практики чиновников советского Киргизстана (1924-1938 гг.) // Вестник КРСУ. – Б., 2013. Т. 13. № 9.

Джунушалиева Гульнара Д. Эволюция Кыргызской государственности в советский период (20-80-е годы XX в.). – Б., 2006.

Джусупбеков А. К. Этническая идентичность номадов. – Б., 2009.

Диван лугат ат-Турк пер. и предис. и коммент. З.-А.М. Ауэзов. – Алматы, 2005.

Дмитрев Ю. А., Токмаков К. К. Россия: становление многопартийности. – М., 1992.

Дононбаев А. Д. О политической культуре Центральной Азии: тенденции к демократии. – Б., 2000.

Дононбаев А. Д. Международные отношения и политическая культура. – Б., 2002.

Дононбаев А. Д. Кыргызстан. Политическая культура. Человек и государство. – Б., 2002.

Дононбаев А. Д. «Нация-государство и политическая культура». – Б., 2002.

Доор жаңырткан элдик ыңкылаптар: 2005-жылдын 24-мартында жана 2010-жылдын 7-апрелинде Кыргызстанда жүзөгө ашкан элдик ыңкылаптардын маараке лерине арналган жыйнак / Редколлегия: Д.И. Нарынбаев (төрага), Т.К. Чоротегин, З.Ж. Эргешов ж.б. – Б., 2015.

Доценко Т. Д. История архивного дела суверенного Кыргызстана. 1991-2013 годы факты, события, люди. – Б., 2013.

Древние цивилизации. – М., 1989.

Дубов И. От Монтескье до наших дней // Диалог. 1993. № 1

Дукенбаев А., Танырыков В. Политико-административные отношения в Кыргызстане и Центральной Азии. / Политико-административные отношения: кто стоит у власти? / Под ред. Т. Вертхейна. – М., 2001.

Дьюи Дж. Школа и общество. – М., 1924.

Дюверже М. Политические партии. – М., 2000.

Дюверже М. Однопартийность // Политика. 1990. №6-7.

Дюркгэйм Э. О разделении общественного труда. Метод социологии. – М., 1991.

Европейская конвенция о правах человека и Европейская социальная хартия: право и практика. – М., 1998.

Жалалабат области. Энциклопедия. – Б., 2003.

Жаран таануу: Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын окутуучулары үчүн окуу-усулдук колдонмо / А.Ш. Фаттахованын жалпы редакторлугу, толук. 2-бас. – Б., 2009.

Желев Ж. Фашизм: Тоталитарное государство. – М., 1991.

Жоробеков Ж. Ж. Президент Курманбек Бакиев. – Б., 2009.

Жоробеков Ж. Титульная нация // Кыргыз руху. 1994. № 1.

Жоробеков Ж. Этнодемографические процессы в Кыргызстане. – Б., 1997.

Жорокулов А. А. Политические аспекты сотрудничества Кыргызской Республики с международными организациями в сфере безопасности. – Б., 2012.

Жумалиев К. М., Ожукеева Т. О. XXI век: Институт президентства в Кыргызской Республике // Проект ПРООН «Развитие менеджмента в Кыргызстане». – Б., 1998.

Жумалиев К.М., Ожукеева Т.О. XXI век: институт президентства в Кыргызской Республики. Ч. 1. – Б., 1998.

Жумалиев К.М., Ожукеева Т.О. Государственные системы современности: сравнительный анализ. – Б., 1998.

Жунусова М. «Т.Айтматов – коомдук саясий жана мамлекеттик ишмер»: тарых илим. канд. дис. – Б., 2010.

Жунусова Ж. Х. Республика Казахстан: Президент, институты демократии. – Алматы, 1996.

Жусип Баласагун. Кутты билик. – Алматы, 1986.

Жусуп Баласагын. Куттуу билим: Дастан. – М., 1993.

Жусуп Баласагын. Кут алчу билим. – Ф., 1988.

Загладин Н. В. Тоталитаризм и демократия: конфликт века // Кентавр. 1992. Июль-август, сентябрь-октябрь.

Иванников И. А. Толковый словарь по теории права. – Ростов-на-Дону, 2005.

Ильин В. В. Человек в тоталитарном обществе // Социально-политический журнал. 1992. № 6-7.

Ильин И. А. Наши задачи. – Париж-Москва, 1992.

Ильин И. А. Путь к очевидности. – М., 1993.

Ильин М. В., Коваль Б. И. Две стороны одной медали: Гражданское общество и правовое государство // Полис. 1992. №1-2.

Ильин М. В., Коваль Б. И. Что есть политика и что – наука о политике // Полис. 1991. № 4.

Иманалиев К. К. Политологическая энциклопедия Кыргызстана. – Б., 2013.

Иманова С. С. Этнонационализм: история и реальность. – Б., 2001.

Иордан М. В., Элебаева А. Б., Омуралиев Н. А., Бакиева Г., Бухняк М. Л., Карыбаева М. А. Развитие межэтнических отношений в новых независимых государствах Центральной Азии. Учебное пособие для высших учебных заведений. – Б., 1995.

Исаев К. И. Кыргызская социология: становление и развитие. – Б., 2010.

Исаев К. И. «Общество риска» в условиях глобализации // Социс. 2001. №12.

Исаев К. И. Причины и уроки народной революции в Кыргызстане // Социс. 2006. №4.

Исаев К. И. Кыргыз таануу маселелери. – Б., 2012.

Исаев К. И. Падышанын башын жеген шайлоо. – Б., 2005.

Исаев К. И. Коом жана ынкылап. – Б., 2011.

Исаева Г. Проблемы политического лидерства и восприятии личности политического лидера в современном Кыргызстане. Политический Кыргызстан. Учебное пособие. – Б., 2001.

Искак Раззаков: Жизнь отданная народу: Сб. документов и материалов. – Б., 2000.

Искак Раззаков. – Б., 2003.

Искакова Г.Т. Государственный суверенитет Кыргызской Республики (новые подходы). – Б., 1996.

Ислам: Словарь атеиста. – М., 1988.

Исследование международных конфликтов // Международный журнал социальных наук. 1991. № 3.

Исследования ценностей Кыргызстанского общества: результаты национального опроса. – Б., 2012.

Иссык-Куль. Нарын: Энциклопедия. – Ф., 1991.

Истоки кыргызской национальной государственности и Евразия. Ч.Т. Нусупов. – Б., 2003.

Истоки современной политической мысли и российской многопартийности. – М., 1993.

История Киргизской ССР с древних времен до наших дней / АН Кирг. ССР. Ред. колл. Каракеев К. и др. Т. 3. – Ф., 1986.

История Киргизской ССР. В 2-х т. Т. 1. – Ф., 1968.

История кыргызов и Кыргызстана. Учебник для вузов. – Б., 2003.

История Кыргызстана: XX век: учеб. для вузов / Под ред. У.Чотонов, И.С. Болджурова, Д.Джунушалиев и др. – Б., 1998.

История политических и правовых учений: домарксистский период. – М., 1991.

Ишемкулов Т. Элибиздин сыймыгы, Ата журттун ардагы. – Б., 2012.

Ишенаалы Арабаев. – Б., 1993.

Ишеналы Арабаев. Алгы сөз. Белек Солтоноев. Молдо Кылычтын кыскача тарыхы // Ала-Тоо. 1989. №12.

Йусуп хас хажип. Кутадгу билиг. – Бейжин, 1984.

Каверин С. Б. Потребность власти. – М., 1991.

Казахстанская политологическая энциклопедия / Гл. ред. Т.Т. Мустафин. – Алматы, 1998.

Кадырбеков А. «Механизмы парламентского контроля в странах Центральной Азии / Демократические процессы в Центральной Азии: опыт и перспективы». – Б., 1998.

Какеев А.Ч. Философская мысль в Кыргызстане: поиски и проблемы. – Б., 1995.

Калина В. Ф. Политическое развитие России второй половины XIX – начала XX веков. – М., 1993.

Калыгул Бай уулу. Меселдер. Санаттар. Акыр заман // Ала-Тоо. 1989.

Калыгул Бай уулу. – Б., 1992.

Кант И. Вечный мир. Соч. в 6-ти т. Т. 6. – М., 1966.

Кант И. Метафизика нравов. Соч. в 6-ти т. Т. 4 (2). – М., 1966.

Капустин Б. Г. Демократия и справедливость // Полис. 1992. №1-2.

Караев Ө. Жусуп Баласагын жана анын доору // Кыргызстан маданияты. 1986, 15-май.

Караев Ө. Тарыхый кабарлар менен таанышканда // Кыргызстан маданияты. 1967, 10-март.

Карасаев Х. Өзгөртүлгөн сөздөр. Сөздүк. – Ф., 1986.

Карасаев Х. Камус наамадан жороп: Сөздүк. – Б., 1992.

Каратаев О.К., Эралиев С.Н. Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк. – Б., 2005.

Каратаев О.К. Кыргыз этнонимдер сөздүгү. – Б., 2003.

Каратаев О.К. Кыргыздардын теги, таралуу ареалы, этностук-маданий алакалары. – Б., 2013.

Карпов Л. Россия и правовое государство // Свободная мысль. 1992. №9.

Касым Тыныстан уулу: Адабий чыгармалар. – Б., 1991.

Категории политической науки / Под ред. М.А. Мельвиля. – М., 2002.
Категории политической науки / Под ред. Т.В. Шмачкова. – М., 2002.
Каутский К. Путь к власти. – М., 1959.
Кейнс Дж. Россия // Социологические исследования. 1991. № 7.
Кива А.В. Социальная революция на исходе XX века. – М., 1992.
Кин Дж. Демократия и гражданское общество / Пер. с англ. – М., 2001.
Киреев Г. Н. Социальное насилие. – М., 2005.
Киссинджер Г. Нужна ли Америке внешняя политика? К дипломатии для XXI века / Пер. с англ. – М., 2002.
Кларк У. С. Социальная экология глобальных изменений // Международный журнал социальных наук. 1989. Август.
Клюев А. В. Человек в политическом измерении. – СПб., 2000.
Князев А.А. Афганский кризис и безопасность Центральной Азии. – Душанбе, 2004.
Кожобеков М. Ч. Осмоналы Сыдык уулу жөнүндө маалымат // Ала-Тоо. 1989. № 3.
Козырев Г. И. Политическая конфликтология. – М., 2008.
Койчуев Т.К., Брудный А.А. Независимый Кыргызстан: третий путь. – Б., 1993.
Комаровский В. В. Девять тезисов о рабочем и профсоюзном движении в России // Полис. 1992. № 3.
Кононов А. П. Поэма Юсуфа Баласагунского «Благодатное знание» // Юсуф Баласагунский. Благодатное знание. – М., 1983.
Констан Б.О. О свободе у древних в ее сравнении со свободой у современных людей // Полис. 1993. № 2.
Контанджанян Г.С. Грани согласия – конфликта: Цивилизационные проблемы теоретической и прикладной политологии. – М., 1992.
Концепция современной политологии (введение). – М., 1993.
Королева-Конопляная Г.И. Идеальное государство и идеальное управление в политических учениях Платона и Аристотеля. – М., 1992.
Короленко В. Г. Письма А. В. Луначарскому // Новый мир. 1988. №1.
Косов Ю.В. Мировая политика и международные отношения: Учебное пособие. Стандарт третьего поколения. Для бакалавров. – СПб., 2012.
Коэн С. Американская политика и будущее России // Полис. 1993.
Крамник В. В. Социально-психологический механизм политической власти. – Л., 1991.
Красильщиков В. А. и др. Модернизация России (Мировой опыт и ваши перспективы) // Кентавр. 1992. Май-июнь.
Краснов Б. И. Власть как явление в общественной жизни // Социально-политические науки. 1991. № 11.
Краснов Б. И. Конфликты в обществе // Социально-политический журнал. 1992. № 6-7.
Краткий политический словарь. – М., 1988.
Краткий словарь по социологии / Под ред. Д. М. Гвишиани и др. – М., 1988.
Краткий словарь терминов и понятий по политологии. – Б., 1995.
Краткий словарь основных понятий и терминов, используемых в национальном законодательстве Кыргызской Республики: по состоянию на 1 ноября 2002 г. / Автор-составитель Сабиров А. А. – Б., 2002.
Краткий юридический словарь / Волосов М.Е., Додонов В.Н., Крутских В.Е., Панов В.П. – М., 2003.
Краткий юридический словарь / Отв. ред. Малько А.В. – М., 2013.
Кризис цивилизации и пути социального обновления мира. – М., 1991.

Кропоткин П. А. Анархия: ее философия и идеология. – М., 1911.
Крысин Л. П. Толковый словарь иноязычных слов. – М., 2008.
Кузнецов В. Что такое глобализация?// МЭ и МО. №2. 1998.
Кулик А. Посттоталитарное развитие, политология и информатика: проблемам взаимосвязи. – М., 1990.
Культурология. XX век. Антология. – М., 1995.
Курманов З., Плоских В. М. и др. Абдыкерим Сыдыков – национальный лидер. – Б., 1992.
Курманов З.К. Борьба политических элит Кыргызстана в период возрождения национальной государственности кыргызского народа (1917–1927 гг.): дис. д-ра ист. наук. – Б., 1997.
Курманов З. К. Политическая борьба в Кыргызстане: 20-е годы. – Б., 1997.
Курманов З. К. Абдыкерим Садыков: Личность и история. – Б., 2002.
Курманов З. К. Парламентаризм в Кыргызстане: первый опыт. – Б., 2003.
Курс лекций. Социально-политический журнал. 1993. №3.
Кушнер П. Горная Киргизия: социологическая разведка. – М., 1929.
Кыргыз адабият таануусу жана сыны. – Ф., 1967.
Кыргыз эл оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. – Ф., 1973.
Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Б., 1993.
Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Б., 2003.
Кыргыз Республикасынын Конституциясы. – Б., 2010.
Кыргыз Совет Энциклопедиясы. Т. I–VI. – Ф., 1977-1980.
Кыргыз ССРи. Энциклопедия. – Ф., 1983.
Кыргыз тарыхы. Энциклопедия. – Б., 2003.
Кыргыз тилинин жазуу эрежелери (Жаңы редакция). – Б., 2002.
Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Т. I. – Ф., 1984.
Кыргыздар: Санжыра, тарых, мурас, салт. Т. 11. – Б., 1993.
Кыргызская Республика. Отчет о человеческом развитии. – Турция, 1995.
Кыргызстан цифраларда. – Б., 2013.
Кыргызстан: История, общество, политика / Под ред. проф. Т.Бодио и проф. А.Акунова. – Варшава, 2004.
Кыргызстан. Энциклопедия. Справочное издание. – Б., 2001.
Лазоренко Е. В. Личность или нация? // Полис. 1992. № 4.
Ледяев В. Г. Власть: Концептуальный анализ. – М., 2001.
Лейпхарт А. Демократия в многосоставных обществах. Сравнительное исследование. – М., 1997.
Ленин В. И. Государство и революция. Полн. собр. соч. Т. 33.
Ленин В. И. О государстве. Там же. Т. 39.
Липсет С. Политическая социология. Американская социология. – М., 1972.
Лобер В. Л. Демократия: Исторические корни, содержание и тенденции развития. – М., 1992.
Локк Дж. Два трактата о государственном правлении. Соч. в 3-х т. Т. 3. – М., 1988.
Лоренц К. Агрессия (так называемое «зло»). – М., 1994.
Маанаев Э. Кыргызская интеллигенция: становление, роль в общественно-политической жизни (20–30-е годы). – Б., 2001.
Маджму ат-таварих. Китепте: Материалы по истории киргизов и Киргизии. Вып. I. – М., 1973.
Макаренко В. П. Политическая социология, нормативный подход // Государство и право. 1992. № 7.
Макиавелли Н. Государь. – М., 1989.

Макмерти Д. Кризис Марксизма: возможно ли его марксистское объяснение // Полис. 1992. № 4.

Малабаев Дж. М. История государственности Кыргызстана. – Б., 1996.

Маликова Р. Н. Парадоксы межнационального общения. – М., 1992.

Малов С. Е. Енисейская письменность тюрков. – М.-Л., 1952.

Мамбеталиева Г. С. Акторы мировой политики. – Б., 2012.

Мамбеталиева Г. С. Глобальное измерение демографии, миграции и экологии. – Б., 2012.

Мамбеталиева Г.С. Демократизация как глобальная тенденция мировой политики // Вестник ИФиППИ НАН КР. – Б., 2012. №1.

Мамбеталиева Г. С. Права человека и демократия в Содружестве наций: политические подходы // Политика и общество. – Б., 2007. №3-4.

Мамбеталиева Г. С. Процессы интеграции и демократизации в современном мире. – Б., 2010.

Мамбеталиева Г. С. Политика и акции Содружества наций в сфере прав человека // Известия ВУЗов. – Б., 2007. №3-4.

Мамбеталиева Г. С. Содружество наций как фактор политических процессов в странах-участницах: азиатское измерение. – Б., 2008.

Мамбеталиева Г. С. Феномен оптимизации в контексте глобализации. – Б., 2007.

Мамбеталиева Э., Абдукаримова А. Административдик этика. – Б., 2013.

Мамлекеттик тил жана энциклопедия борбору. Философия (энциклопедиялык окуу куралы). – Б., 2004.

Мамут Л. С. Этатизм и анархизм как типы политического сознания. – М., 1989.

«Манас» энциклопедиясы (Башкы ред. А.Карыпкулов). – Б., 1995. Т. 1-2.

«Манас» жана саясат. – Б., 2013.

Маннгейм К. Консервативная мысль // Социологические исследования. 1993. № 1.

Маннгейм К. Идеология и утопия. – М., 1992.

Маркс К. К критике гегелевской философии права. Маркс К., Энгельс Ф. Соч. Т. 1.

Маркузе Г. Одномерный человек. – М., 1993.

Масалиев А.М. Советтик доордон үзүндүлөр. – Б., 1996.

Масалиев А.М. Народ должен знать правду. – Б., 2004.

Масалиев А.М. Страницы жизни и бедное наше отечество. – Б., 1992.

Масаулов С., Хамисов В. Позиционирование политических партий в Кыргызстане / Политические партии в Кыргызстане. – Б., 2006.

Масленников Н. Международная социал-демократия: политика и ценности // Свободная мысль. 1992. №6.

Массовые движения в современном обществе. – М., 1990.

Матвеев Р. Ф. Теоретическая и практическая политология. – М., 1991.

Махмуд Кашгари. Девону луготит түрк. 1–3-том. – Ташкент, 1960, 1961, 1963.

Медушевский А. Н. М.Я. Острогорский и политическая социология в XX веке // Социологические исследования. 1993. № 1.

Мелис Курманалы уулу Абдылдаев. Түзүүчүдөн // Мурас. – Ф., 1990.

Мельвиль А. Ю. Демократические транзиты (теоретико-методологические и прикладные аспекты). – М., 1999.

Мельвиль А. Ю. Политология. – М., 2013.

Методы изучения общественного мнения. – М., 1992.

Миголатьев А. А. Актуальные проблемы мирового политического процесса // Социально-политический журнал. 1993. № 4.

Миголатьев А. А. Альтернативы века: что впереди? – М., 1992.

Мигронян Д. История теории демократии. – Таллин, 1991.

Миллс Ч. Властвующая элита. – М., 1959.

Милон-Дельсоль Ш. Политические идеи XX века. – М., 1992.

Михельс Р. Социология политической партии в условиях демократии // Диалог. 1990. № 3, 5, 7.

Могунова М. А. Скандинавский парламентаризм. Теория и практика. – М., 2001.

Мокин С. В., Бандура С. И. Человек и власть // Вестник МГУ. 1992. № 2.

Молдалиев О. А. Организованная преступность, наркобизнес, торговля оружием и угроза распространения ОМУ // Содействие стабильности в Центральной Азии // Труды международной конференции 15-19 мая 2000г. – Ташкент, 2000.

Молдалиев О. А. Ислам и политика. – Б., 2008.

Молдалиев О. А. Странная война в Долине Яда // Современные вызовы безопасности Кыргызстана и Центральной Азии. – Б., 2000.

Молдалиев О. А. Современные вызовы безопасности Кыргызстана и Центральной Азии. – Б., 2001.

Молдалиев О. А. Ислам и политика: политизация ислама или исламизация политики? – Б., 2008.

Молдокасымов К. Улут лидери Жусуп. – Б., 2011.

Молдокасымов К. Курманжандын көз жашы. – Б., 1991.

Молдо Кылыч. Казалдар. – Ф., 1990.

Молдо Кылыч. Поэмалар // Ала-Тоо. 1989. №2.

Молдо Кылыч Шамыркан уулу. Зар заман // Ала-Тоо. 1989. №12. 1990. №1.

Молодежь Кыргызстана: социальное положение, потребности, перспективы разработки молодежной политики. ЮНФПА, 2008.

«Молодежь — стратегический ресурс в Кыргызстане». Полный вариант документа доступен на интернет-странице http://www.jashtar.kg/site/ru/index.php

Маммен А. Федерализм и национальное государство // Полис. 1992. № 4.

Монтескье Ш. Избранные произведения. – М., 1955.

Мурадян А.А. Самая благодарная наука: Об основных понятиях международной политической теории. – М., 1990.

Мурас: Калыгул. Арстанбек. Молдо Кылыч ж.б. – Ф., 1990.

Мурзакулова А.Дж. «Политика управления этнокультурным многообразием в Кыргызстане: прошлое, настоящее, будущее?». – Б., 2012.

Мусулман парзы. Мусулманчылык. – Б., 1992.

Мушинский В.О. Укук таануу негиздери: орто мектептин жогорку класстарынын окуучулары үчүн. – Б., 1997.

Мухаев Р. Т. Саясат таануунун негиздери. – Б., 1998.

Мухамметбердиев О. Б. Национальное самосознание. – М., 1992.

Мясников О. Г. Субъекты политики // Социально-политический журнал. 1993. № 5-6.

На пороге кризиса: Нарастание застойных явлений в партии и обществе. – М., 1990.

Назаралиев Ю. Т. Талаштын предметин тагыраак билели // Кыргызстан маданияты. 1967, 12-май

Назарбаев Н. Модернизация на постсоветском пространстве. – Астана, 2010.

Нарта М. Теория элит и политика: К критике элитаризма. – М., 1978.

Нурбеков К. Н. История государства и права Киргизской ССР (1936-1958 гг.): учеб. пособие. – Ф., 1970. Ч. 2.

Нурбеков К. Я., Тургунбеков Г., Альчинов С., Сапгыбеков С., Чокоев С. Русско-кыргызский словарь-справочник юридических терминов. – Б., 1982.

Нурова С. С. Социология культуры и духовной жизни. – Б., 2010.

Нурова С. С. Духовный мир личности и образ жизни (на примере кыргызского народа). – Алматы, 1994.

Нурунбетов Б.А. Рабочий класс и межнациональные отношения Кыргызстана в период репарационной политики // Ренессанс. Тарых жана маданият. – Б–Ош, 1990.

Нусупов Ч. Т. Улуттук аң-сезимдин философиялык – маданияттуулук аспектилери. – Б., 2005.

Нусупов Ч. Т. Национальная идеология, государство и гражданское общество. – Б., 2001.

Нусупов Ч. Т. Философия национального нигилизма, языковая политика и культура. – Б., 2007.

Нысанбаев А. Н., Сулейманов Ф. М. Между мифом и разумом: из опыта духовных исканий XX века. – Алма-Ата, 1991.

О некоторых методологических оценках политики // Социально-политические науки. 1992. № 3.

Образ жизни и состояние массового сознания. – М., 1992.

Ожукеева Т. О. и др. Права человека и демократия. – Б., 1996.

Ожукеева Т. О. Основы политической науки. – Б., 1995.

Ожукеева Т. О. «Государственные системы современности: сравнительный анализ». – Б., 1998.

Ожукеева Т. О. Иманалиев К. Т. Саясат таануу. – Б., 2004.

Ожукеева Т. XX век: возрождение национальной государственности в Кыргызстане. – Б., 1993.

Ожукеева Т. Политические процессы в странах Центральной Азии. Принцип разделения властей. Книга I. «Политические процессы в Кыргызстане». – Б., 1995.

Ожукеева Т. О., Кадыралиева А. Ш., Мамбеталиева Г. С. Государственные системы современности: сравнительный анализ. – Б., 2011.

Олех Л. Г. Проблемы и перспективы социально-политической теории в высшей школе // Вестник МГУ. Серия XII. 1992. №3.

Омукеева Дж. А. Этническая политика Кыргызского государства. – Ош, 2000.

Омукеева Дж. А., Сарыков Т. К. Межнациональные и межэтнические отношения в Кыргызстане. – Ош, 2000.

Омуралиев Н. А. Межэтнические конфликты в Кыргызской Республике: социологический анализ. – Б., 2012.

Омурбеков Т. Ормон хан [Текст] / Т. Омурбеков. – Б., 2003.

Омурбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду: тарых илим. д-ру дис. – Б., 2004.

Омурзакова Т. Курманжан датка. Эпоха. Личность. Деяния: дис. канд. ист. наук. – Б., 1996.

Ортега-и-Гассет Х. Восстание масс // Вопросы философии. 1989. № 3.

Ортега-и-Гассет Х. Старая и новая политика // Полис. 1992. №3.

Орунбеков Б.О. Коомду кайра куруу шарттарындагы саясий партиялар: орду, маңызы жана келечеги. Саясий илим. канд. дис. авторефераты. – Б., 2011.

Орунбеков Б.О. Көп партиялуулук жана парламентаризм келечеги. – Б., 2011.

Орунбеков Б.О. Чайпалган Кыргызстан. – Б., 2009.

Орусча-кыргызча сөздүк. – Ф., 1988.

Орхон-Енисей текстгери. – Ф., 1982.

Осипов Г. Мифы уходящего времени // Социологические исследования. 1992. №6.

Осмоналиев К. М. Уголовное право и уголовная политика: Словарь основных понятий / Учебное пособие. – Б., 2004.

Осмонов О. Ж. Кыргызстан тарыхы (байыркы доордон азыркы мезгилге чейин). – Б., 2008.

Осмонов О. Ж., Асанканов А.А. Кыргызстан тарыхы (эң байыркы доордон азыркы мезгилге чейин): жогорку окуу жайлары үчүн окуу китеби. – Б., 2001.

Осмонова А. Баатыр жөнүндө уккан билгендеримден. Шабдан Баатыр. – Б., 1992.

Основы политической науки. Учебное пособие. В 2-х частях. – М., 1993.

Основы политологии. Краткий словарь терминов и понятий / Под ред. Г.А. Белова, В.П. Пугачева. – М., 1993.

Основы политологии. Краткий словарь терминов и понятий. – М., 1993.

Отечественные востоковеды о своей стране. – М., 1992.

Отчет международной независимой комиссии по исследованию событий на юге Кыргызстана в июне 2010 года. – Б., 2011.

Отчет о работе временной депутатской комиссии Жогорку Кенеша Кыргызской Республики по выявлению и расследованию обстоятельств и условий, приведших к трагическим событиям, произошедшим в республике в апреле–июне 2010 года, и даче им политической оценки. – Б., 2010.

Ош области. Энциклопедия. – Ф., 1989.

Өмуралиев Ч. Жазылык Кулкожакмат жөнүндө // Ала-Тоо. 1990. №10.

Өмурова Ж.Ө. Т.У. Усубалиев – Кыргызстандын көрүнүктүү мамлекеттик жана коомдук ишмери: тарых илим. канд. дис. – Б., 2003.

Паренти М. Демократия для немногих. – М., 1996.

Парламентаризм: опыт зарубежных стран / Сост.: И. Камилов, Ф. Бакаева, А. Абдуллаев / Под общ. ред. Р. М. Алимова. – Т., 2002.

Парламенты мира. – М., 1991.

Парсонс Т. Система современных обществ. – М., 1998.

Партия и новые общественно-политические движения: Проблемы диалога. – М., 1990.

Платон. Государство. Соч. Т. 3. – М., 1971.

Плеханов Г. В. К вопросу о развитии монистического взгляда на историю. Избранные философские произведения в 5-ти томах. – М., 1957.

Плоских В.М. Кыргызы и Кокандское ханство. – Б., 2011.

Плоских С.В. Интеллигенция и власть Кыргызстана: проблема взаимоотношений в советскую эпоху. – Б., 2012.

Плоских С.В. Репрессированная культура Кыргызстана (малоизученные страницы истории). – Б., 2003.

Позняков Э. А. Современные геополитические изменения и их влияние на безопасность и стабильность в мире // Военная мысль. 1993. № 3.

Политика как объект исследования. – М., 1991.

Политическая идеология. Политическое сознание. Политическая культура: Спецкурс по политологии / Сост. Пухова М.Ф., Бегиматов Ж.Б., Арзыматова А.А. – Б., 1995.

Политическая история Кыргызстана / Под общ. ред. А. Акунова, Ш. Керимбаева. – Б., 2001.

Политическая история России в партиях и лицах. – М., 1993.

Политическая Россия сегодня. – М., 1993.

Политическая система и политическая жизнь общества. – М., 1991.

Политическая теория: тенденции и проблемы. Вып. I. – М., 1993.

Политическая трансформация: опыт Кыргызстана в мировом контексте. – Б., 2002.

Политические партии в Кыргызстане. – Б., 2006.

Политические деятели России 1917: Биографический словарь. – М., 1993.

Политический лидер, партия и общество. – Саратов, 1992.

Политический риск: анализ, оценка, прогнозирование и управление. – М., 1992.

Политологический словарь. В 2-х частях. Ч. I. – М., 1994. Ч. II. – М., 1995.

Политология вчера и сегодня. – М., 1991. Вып. 1-3. 1992. В. 4.

Политология студенту в вопросах и ответах. – М., 1992.

Политология. Курс лекций // Социально-политический журнал. – М., 1993.

Политология. Краткий тематический словарь. Вып. 1. – М., 1992.
Политология. Курс лекций. – М., 1993.
Политология. На Российском фронте. Учебное пособие. – М., 1993.
Политология. Практикум // Социально-политический журнал. – М., 1993.
Политология: Словарь справочник. – М., 1991.
Политология. Кыскача сөздүк. А.А. Акунов, Т.Ожукеева, К.Байболов. – Б., 1996.
Политология: Лекциялар курсу. Президенттин астындагы Башкаруу Академиясынын ЮНЕСКО кафедрасы. – Б., 2004.
Пономарев В. Самодеятельные общественные организации Казахстана и Киргизии 1987-1991 (опыт справочника). – М., 1991.
Попов А. П., Зеленцов А. Б. Политология. В 2-х т. – М., 1993.
Попов А. С. Теология освобождения и марксизм: особенности синтеза // Философские науки. 1992. №2.
Поппер К. Открытое общество и его враги. В 2-х т. – М., 1992.
Права человека: Пособие для учителя. – М., 1994.
Православие: Словарь атеиста. – М., 1988.
Приватизация: Опыт Восточной Европы и Азии. – М., 1992.
Приватизация: Опыт Восточной Европы и Азии. – М., 1992.
Приоритеты развития Кыргызстана – проблемы общественных наук / Под науч. рук. Т. Койчуева. – Б., 2010.
Проблемы полиэтнического общества в Центральной Азии: вызовы и возможные решения. – Б., 2013.
Программные документы политических партий (краткий справочник). – Алматы, 1994.
Пугачев В. П. Политология: справочник студента. – М., 2001.
Пугачев В. П., Соловьев А. И. Введение в политологию. – М., 2003.
Пугачев В. П. Субъекты политики. – М., 1991.
Рабочий класс и социальный прогресс. – М., 1992.
Разаков Т. Ош коогалаңы: КГБнын материалдары боюнча. – Б., 1993.
Разъяснения значений терминов. Национальный банк Кыргызской Республики. – Б., 2004.
Раиль Г. К. Россия и Восток: проблемы взаимодействия. В 2-х ч. – М., 1993.
Ратленд П. Глобализация и посткоммунизм // МЭ и МО. №4. 2002.
Рахматуллин Э. С., Модестов В. П. История социально-политических учений. – Казань, 1992.
Революция в Средней Азии глазами мусульманских большевиков. – Оксфорд, 1985.
Рейнвальд Н. И. Личность и характер. – М., 1912.
Религия на войне. Вера и мужество. 1993. № 1.
Ретроспективная и сравнительная политология: публикация и исследования. – М., 1991.
Римский клуб / Сост. Д.М. Гвишиани и др. – М., 1997
Рогачев С. В. Политология: введение к предмету. – М., 1992.
Россия и Восток: проблемы взаимодействия. В 2-х ч. – М., 1993.
Ростоу У. Стадия экономического роста. Нью-Йорк. – М., 1961.
Русская идея. – М., 1992.
Русская нация на грани тысячелетия // Кентавр. 1993. № 2.
Руссо Ж-Ж. Рассуждения о происхождении и основаниях неравенства между людьми. Соч. Т. – М., 1973.
Руссо Ж. Ж. Об общественном договоре. – М., 1998.
Русско-кыргызский толковый словарь юридических терминов и понятий / Юридикалык аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү / Авт.-сост.: Айдарбеков Ч.

А., Бакиев М. С., Бейшембиев Э. Ж., Жусуев Б. С., Имакеев Э. Т., Исакбаева Ж. А., Карагулова Ж. С., Медералиев Ж. А. – Б., 2005.
Руткевич М. Н. Социальная поляризация // Социологические исследования. 1992. № 9.
Рябов В. В., Хаванов Е. И. Общественный интерес, общественные движения и политические партии. – М., 1993.
Сааданбеков Ж. С. Сумерки авторитаризма: закат или расцвет. – Астана, 2003.
Сааданбеков Ж. С. Нурсултан Назарбаев. Законы лидерства. – Астана, 2005.
Сааданбеков Ж.С. Дорасти до этики межнациональной терпимости // Общественный Рейтинг. 06.04.2011.
Саидкасимов С. С. Национальный вопрос в программах политических партий России // Кентавр. 1992. № 1-2.
Саидов А. Х. Национальные парламенты мира. – М., 2005.
Салмин А. М. Современная демократия: История, структура, культурные конфликты. – М., 1992.
Саманчин Т. Кылыч – жазуучу акын. – Ф., 1948.
Самари К. План, рынок и демократия: Опыт так называемых «социалистических» стран. – М., 1992.
Самиева Ж. Бийик интеллектуалдуу жетекчи. – Б., 2012.
Санистебан Л. С. Основа политической науки. – М., 1992.
Сапаралиев Д. Элдик кеменгерликтин акыйкаты (Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаевдин ата-теги тарыхынан). – Б., 1996.
Сапаралиев Д. Шабдан баатыр эпоха и личность. – Б., 1999.
Сартори Дж. Компаративный институт: структура внутреннего запроса и интенсивные результаты. – Л., 1994.
Сартори Дж. Вертикальная Демократия // Полис. 1993. №2.
Сатарбаев А. М. Причины и уроки Ошских и Узгенских событий 1990 года. (Исторический анализ): дис. канд. ист. наук. – Б., 2006.
Сборник международных актов по правам человека в Кыргызской Республике / Под ред. Ч. И. Арабаева, А. А. Сабирова. – Б., 2002.
Сейитбаев Б. Т. Саясий элита жана уруучулук: теориясы, тажрыйбасы. Саясат таануу илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга изденип жазылган дис. автореферати. – Б., 2010.
Сейитбаев Б. Т., Саралаев Т. Н. Теория политической элиты и власти. – Б., 2009.
Словарь античности / Пер. с нем. – М. 1989.
Словарь иностранных слов. – 18-е изд., стер. – М., 1989.
Словарь по этике. – М., 1983.
Смелзер Н. Социология. – М., 1994.
Смирнов В. В. Политическая безопасность. Политический конфликт // Кентавр. 1992. Ноябрь-декабрь.
Смирнов И. П. Демократия в теории, тоталитаризм на практике // Социально-политический журнал. 1992. №20.
Современный словарь иностранных слов. – СПб., 1994.
Сознание в социокультурном контексте. – Алматы, 1993.
Соловьев А. И. Политическое сознание и политическая культура. – М., 1991.
Солтонбеков Б. Саясий ойлордун өнүгүш тарыхынан. – Б., 1992.
Солтонбеков Б. Азаттыктын алдында (даректүү баян). – Б., 2001.
Солтонбеков Б. Жалал-Абад тарыхы – кичи энциклопедия. – Б., 2002.

Салтонбеков Б. Кылымдарды карыткан кыргыздын каада-салттары. – Б., 2000.
Салтонбеков Б. Саясий ойлордун өнүгүш тарыхынан. – Б., 1992.
Сорман Г. Либеральные решения. – М., 1992.
Сорокин К. Э. Российские интересы и рассуждение // Полис. 1992. №4.
Сорокин П. Человек. Цивилизация. Общество. – М., 1992.
Социальная справедливость и проблемы перехода к рыночной экономике. – М., 1992.
Социальные конфликты: Экспертиза, прогнозирование, технология разрешения. – М., 1992.
Социальные основы политологии. – М., 1991.
Социальные ресурсы и социальная политика. – М., 1992.
Спенсер Г. Личность и государство // Свободная мысль. 1991. №13
Становление и развитие парламентаризма в Кыргызстане: Материалы научно-практической конференции / Под ред. Ч. Баековой, З. Курманова, А. Джакишева и др. – Б., 2010.
Стеблева И.В. Поэзия тюрков VI-VIII веков. – М., 1965.
Стеблева И.В. Поэтика древнетюркской литературы и ее трансформация в раннеклассический период. – М., 1976.
Стратегическая матрица Кыргызстана: Ретроспектив, современность и сценарии будущего развития / Под ред. Байшуакова А. Б. – М., 2007.
Сутор Б. Политическая этика // Полис. 1993. №1.
Сыдыгалиева Э. Ж. «Основные принципы реализации прав национальных меньшинств в Кыргызстане» // Хабаршы – Вестник Каз. НПУ им. Абая. 2011. №4.
Сыдыгалиева Э. Ж. «Роль правозащитных организаций в реализации международных обязательств государства» // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. 2011. №4.
Сыдыгалиева Э. Ж., Акунов А. А. «Национальный механизм обеспечения реализации международно-правовых обязательств Кыргызской Республики в области прав этнических меньшинств» // Вестник КРСУ им. Б. Ельцина. 2012. Т. 12. №3.
Сыдыгалиева Э. Ж. Защита прав национальных меньшинств: историко-политический анализ ее системы международных механизмов // Право и политика. 2011. №4.
Сыдыгалиева Э. Ж. О праве национальных меньшинств на самоопределение: принципы и реалии // Право и политика. 2012. №1.
Сыдыгалиева Э. Ж. Система международных механизмов реализации прав национальных меньшинств: политико-правовой анализ // Вестник КРСУ им. Б. Ельцина. 2012. Т. 12. №12.
Сыдыгалиева Э. Ж. К вопросу определения понятия «национальные меньшинства // Право и политика. 2011. №4.
Сыдыкбаев Ч. М. Саясат таануу. Окуу китеби. – Б., 2013.
Сыдыкбеков Т. Мезгил сабактары. – Ф., 1982.
Сыдыков О. Тарихи кыргыз Шадмания. Кыргыз санжырасы. – Б., 1990.
Табышалиева А. Отражение во времени. – Б., 1998.
Тазабек Саманчин. Зар заман казалы жөнүндө // Ала-Тоо. 1990. №1.
Такырбашев А. Байтик баатыр. – Б., 1992.
Тарноский К. Н. Социально-экономическая история России. – М., 1992.
Таштемиров Ж. Орток мурас жөнүндө ойлор // Кыргызстан маданияты. 1967, 28-апрель.
Теория политики / Под ред. Б.А. Исаева. Учебное пособие. – СПб, 2008.
Терехова Е. В. Политология. Международные отношения: Русско-английский словарь-тезаурус [Электронный ресурс] / Терехова Е. В. – 2-е изд. стер. – М., 2012.
Тихомирова Л. В., Тихомиров М. Ю. Юридическая энциклопедия / Под ред. Тихомирова М. Ю. – М., 1997.
Тихомиров В. Б. Политика центризма – путь к стабильности // Социально-политический журнал. 1992. №8.

Тойнби А. Постижение истории. – М., 1991.
Токвиль А. Демократия в Америке. – М., 1992.
Токомбаев А. Чыгармачылыгы жөнүндө сын макалалар. – Ф., 1980.
Топорнин В. Н. Европейские общества: Право и институты. – М., 1992
Тоффлер О. Третья волна. – М., 1992.
Тоффлер О. Смещение власти: Знание, богатство и принуждение на пороге XXI века. – М., 1991.
У истоков кыргызской национальной государственности / Под ред. Т.Койчуев, В.М. Плоских, Т.У. Усубалиев. – Б., 1996.
Укук: Кыскача энциклопедия. – Ф., 1988.
Укушев, М.К., Бокоев Ж.А. Президент Кыргызской Республики. – Б., 1997.
Улуу Октябрь Социалисттик революциясы: энцикл. – Ф., 1983.
Управление – это наука и искусство. – М., 1992.
Урстанбеков Б. У., Чороев Т. К. Кыргыз тарыхы. Кыскача энциклопедиялык сөздүк. – Ф., 1990.
Усенбаев К. Восстание 1916 года в Киргизии. – Ф., 1967.
Усонбаев К. Кыргыз улуттук мамлекеттик башатында. – Б., 1996.
Усубалиев Э. Проблемы территориального урегулирования и распределения водно-энергетических ресурсов в Центральной Азии // Центр. Азия и Кавказ. 2002. №1.
Усубалиев Т. У. Я вызывал огонь на себя. Выпуск I. – Б., 1992. Выпуск II. – Б., 1992.
Ушаков В. Н. Политический ислам в Центральной Азии. – Б., 2005.
Умоталиев. Т., Сыдыкбеков, А. Осмонов, М. Элебаев, Ж. Турусбеков, Ж. Боконбаев, Юнусалиев Б. Молдо Кылычтын революцияга чейинки кыргыз турмушун чагылдырган чыгармаларынын айрым маселелери. Абдырахманов Ыбрай. Молдо Кылыч жөнүндө.
Фарукшин М. Х. Политическая система общества // Социально-политические науки. 1991. №5.
Философия политики. Книги I-IV. – М., 1993-1994.
Философский словарь. – М., 1991.
Фишер Р., Юри У. Путь к согласию или переговоры без поражения. – М., 1992.
Флоренский П. А. Предполагаемое государственное устройство в будущем. Литературная учеба. 1991. №3.
Фрейд З. Введение в психоанализ: Лекции. – М., 1991.
Фромм Э. Иметь или быть? – М., 1990.
Фрунзе: Энциклопедия. – Ф., 1986.
Фукуяма Ф. Конец истории? / Философия истории. Антология. – М., 1995.
Фурман Д. Наша странная революция // Свободная мысль. 1993. №1.
Хабермас Ю. Демократия, разум, нравственность. – М., 1992.
Хазанович Р. Н. Современные американские концепции идеологии. – Харьков, 1991.
Хайек Ф. Путь к рабству // Новый мир. 1991. № 7-8.
Халанский И.В. Ошские события 2010 года: политологический анализ работы международной исследовательской комиссии // Июньские трагические события 2010 года: причины и уроки. – Б., 2011.
Халипов В. Ф. Власть: Кратологический словарь. – М., 1997.
Халипов В.Ф. Политика как наука и искусство // Социально-политические науки. 1992. № 7.
Хантингтон С. Будущее демократического процесса: от экспансии к консолидации // МЭ и МО. 1995. №6.
Хантингтон С. Третья волна. Демократизация в конце XX века. – М., 2003.
Хантингтон С. Столкновение цивилизаций? // Из кн.: Политология: хрестоматия / Сост. проф. М. А. Василик. – М., 2000.
Хейвуд Э. Политология: Учебник для студентов вузов. – М., 2005.

Ховетидтер Р. Американская политическая традиция и ее создатели. – М., 1992.

Хоперская Л. Л. Опыт этнополитического мониторинга ситуации в Киргизстане (2006–2008 гг.). – М–Б., 2008.

Худяков Ю. С. Кыргызы на просторах Азии. – Б., 1995.

Ценности культуры и современная эпоха. – М., 1990.

Цыганов П. А. Раймон Арон о политической науке и социологии международных отношений // Социально-политические науки. 1991. № 5.

Чашин А. Краткий юридический словарь. – М., 2012.

Человек и общество: Основы современной цивилизации. – М., 1995.

Человек, политика, ключевые проблемы общества: Различные регионы мира. – М., 1990.

Чешков М. А. Глобалистика как научное знание. Очерки теории и категориального аппарата. – М., 2005.

Чиналиев У. Становление кыргызской государственности в переходный период. – М., 2000.

Чиналиев У. К. Кыргызстан на пути к демократии: трансформация политической системы. – М., 2004.

Чиналиев У. К. Особенности формирования гражданского общества в Кыргызской Республике: Монография. – М., 2001.

Чиркин В. Е. Государственная власть в развивающихся странах. – М., 1990.

Чичерин Б. Н. Свобода в государстве. Власть и право. Из истории правовой мысли. – Л., 1990.

Чороев Т.К. Махмуд ибн Хусейн ал-Кашгаринин «Дивану лугати т-түрк» эмгеги (1072-1077-жж.) Теңир-Тоо жана Ички Азия түрк элдеринин тарыхы боюнча булак катары. Автореф. докт. дисс. – Б., 1998.

Чороев Т. К. Этнические ситуации в тюркских регионах Центральной Азии до монгольского времени. – Б., 1995.

Чотаева Ч. Д. Этничность и этносы в Кыргызстане: Учебное пособие для преподавателей вузов. – Б., 2011.

Чотаева Ч. Д. Современная межэтническая ситуация в Кыргызстане: по результатам социологического исследования 2011г. – Б., 2011.

Чотонов У. Ч. Суверенный Кыргызстан: исторический анализ становления и развития: дис. д-ра ист. наук. – Б., 1998.

Что есть что в мировой политике: Словарь-справочник. – М., 1987.

Чүй области: Энциклопедия. – Б., 1995.

Шабдан баатыр. – Б., 1992.

Шабо Ж-Л. Государственная власть: конституционные пределы и порядок осуществления // Полис. 1993. № 3.

Шабров О.Ф. Политическая система: структура, типология, устойчивость. – М., 1993.

Шапиро И. Три способа быть демократом // Полис. 1992. № 1–2.

Шаповалов В. О перспективах консервативной партийной политики в России // Социологические исследования. 1993. № 4.

Шаран П. Сравнительная политология. – М., 1992.

Шварценберг Р.Ж. Политическая социология. В 3-х ч. – М., 1992.

Шеллинг Т. Стратегия конфликта. – М., 2007.

Шеримкулов М. Ш. Парламент независимого Кыргызстана. – Б., 1998.

Шеримкулов М. Ш. Парламенты за мир. – Б., 1998.

Шмид К. Демократия – это шанс сделать государство человечнее. – Польша, 1995.

ШОС вебсайты. 2012, март.

Ысык-Көл форуму. – Ф., 1987.

Эволюция партийных систем стран Европы и Америки в 80-е годы. – М., 1990.

Эклунд К. Эффективная экономика. Шведская модель. – М., 1991.

Элебаева А. Б. Межэтническая ситуация в Кыргызстане: новые формы исследования. – Б., 1996.

Элебаева А. Б. Развитие межэтнических отношений в новых независимых государствах Центральной Азии. – Б., 1995.

Элебаева А. Б., Джусупбеков А. К., Омуралиев Н. А. Ошский межнациональный конфликт: социологический анализ. – Б., 1991.

Элебаева А. Б., Джусупбеков А.К., Омуралиев Н.А. Ошский межнациональный конфликт: социологический анализ // Гуманитарные проблемы современности. Вып. 12. – Б., 2010.

Элебаева А. Б., Омуралиев Н. А. Межэтнические отношения в Кыргызстане: динамика и тенденции развития // Центральная Азия и Кавказ. 2000. № 3.

Элебаева А. Б., Пухова М. Особенности политической трансформации в Кыргызстане // Центральная Азия и Кавказ. 2001. №4.

Элебаева А. Б. Политическая трансформация: опыт Кыргызстана в мировом контексте. – Б., 2002.

Элементы теории политики. – Ростов-на-Дону. 1991.

Эмилбек уулу Айбек. Кыргыз Республикасынын баатырлары. – Б., 2014.

Энгельс Ф. Анти-Дюринг. Маркс К., Энгельс Ф. Соч. Т. 20.

Энгельс Ф. Происхождение семьи, частной собственности и государства. Там же. Т. 21.

Эпоха демократии. Переход к демократии на Востоке и Юге // Международный журнал социальных наук. 1991. №1.

Эркебаев А. Молдо Кылыч // Ала-Тоо. 1989. № 2.

Эркебаев А. «1990 год: приход к власти А.Акаева». – М., 1992.

Эркин Кыргызстан (ЭрК) демократиялык партиясы. – Б., 1993.

Эртедеги адабият нускалары. – Алматы, 1967.

Этингер Я. Межнациональные конфликты в СНГ и международный опыт // Свободная мысль. 1993. №3

Эшанкулова Н. А. Сравнительный анализ политической элиты Кыргызстана северного и южного регионов // Гуманитарные проблемы современности. Научные труды молодых ученых. Вып. 10. – Б., 2009.

Юдахин К. К. Кыргызча-орусча сөздүк. Т. I–II. – Ф., 1985.

Юдахин К. К. Кыргызско-русский словарь. – М., 1965.

Юдахин К. К. Русско-кыргызский словарь. – М., 1965.

Юридика аталгылары менен түшүнүктөрүнүн орусча-кыргызча түшүндүрмө сөздүгү. Илимий-маалымдама басылыш / АРД / Чекки долбоору, авторлор жамааты. – Б., 2005.

Юридический справочник для населения. – М., 1989.

Юсупов Р. У. Численность и расселение дунган в Кыргызстане. Диалог ученых на Великом Шелковом пути: Сборник научных статей / Отв. ред. М.Х. Имазов. – Б., 2002.

Юсуф Баласагунский. Благодатное знание. – М., 1983.

Янов А. Л. Изобретение демократии // Диалог. 1991. № 9.

Янов А. Л. Русская идея и 2000-й год. Главы из книги // Нева. 1990. №9.

Яновский Р. Г. Глобальные измерения и социальная безопасность. – М., 1999.

Akunov A. «Multy–party system in the Kyrgyz Republic» (статья) The Central Asian Post, April 1997.

Cooper Robert. The postmodern State and the World Order. – London, 2000.

Held D., McGrew A., Goldblatt D., Perration J. Global Transformations Politics, Economics and Culture. – Cambridge, 2000.

State of the World / Ed. By L.R. Brown. – N.Y., L., 1984–2000.

Акунов Аалыбек Акунович,
Мамбеталиева Гүлмира Сулаймановна

Адам укуктары
Демократия
Бийлик

Энциклопедиялык создук

Корректор: Акматова М.
Басмага даярдаган: Усубалиева Б.
Мукабаны көркомдөгөн: Турумбеков К.

Басууга кол коюлду 24.08.2015
Форматы: 70x100/16. Офсет кагазы.
Көлөмү: 31 б.т. Нускасы: 500

«Maxprint» басмасында басылды.
Адрес: 720045, Бишкек шаары, Ялта көчөсү 114
Тел.: (+996 312) 36-92-50
e-mail: maxprint@mail.ru